74.20(кор
П 24

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

Ш. А. АМОНАШВИЛИ
С. Н. ЛЫСЕНКОВА
И. П. ВОЛКОВ
В. Ф. ШАТАЛОВ
Е. Н. ИЛЬИН
Т И. ГОНЧАРОВА
А. Б. РЕЗНИК
И. П. ИВАНОВ
Е. Ю. САЗОНОВ
А. А. ДУБРОВСКИЙ

700 69
БИБЛИОТЕКА
728635

ФРУНЗЕ «МЕКТЕП» 1989

ББК 74. 03
П 24

Түзгөн *И. Н. Баженова*

Сөз башын *М. Н. Скаткин жазган.*

Которгондор: *И. Бекбоев, А. Андашев, А. Ибраев*

Педагогикалык изденүү /Ш. А. Амонашвили, С. Н. Лысенкова, И. П. Волков, ж. б.; Сөз башын жазган М. Н. Скаткин; Түз. И. Н. Баженова; Котор. И. Бекбоев, А. Андашев, А. Ибраев. — Ф.: Мектеп, 1989.—608 б.
П 24 ISBN 5-658-00537-X

Бул китеп алдыңкы педагогдордун иш тажрыйбасын камтыган өзүнчө антология болду. Буга кирген авторлордун (М. А. Амонашвили, С. Н. Лысенкова, И. П. Волков, В. Д. Шаталов, Е. Н. Ильин, Т. Н. Гончарова, А. Б. Резник, И. П. Иванов, Е. Ю. Сазонов, А. А. Дубровский) эмгектери 1979—1986-жылдары «Педагогика» басмасынан өзүнчө китеп болуп чыккан жана алар коомчулук тарабынан колдоого алынган.

Мугалимдерге арналат.

ББК 74. 03

П $\frac{4306000000-032}{М\ 452\ (17)-89}$ 124—89

Данное издание — своеобразная антология передового опыта педагогов, книги которых были опубликованы в издательстве «Педагогика» в 1979—1986 гг. и получили признание широкой общественности.

Для учителей.

ISBN 5-658-00537-X

© Издательство «Педагогика», 1987
© «Мектеп» басмасы, кыргызча котормосу, 1989-ж

СӨЗ БАШЫ

Чыгармачыл изденүү

1979-жылдан бери «Педагогика» басмасы чыгарып келаткан «Педагогикалык изденүү: тажрыйба, проблемалар, табылгалар» деген сериядагы китептер мугалимге арналган адабияттардын өзгөчөлүүсү болуп саналат. В. Ф. Шаталовдун «Үчтөр кайда жана кандайча жоголду» деген китебин чыгаргандыктары үчүн басма кызматкерлерине терең ыраазычылык сезимим дагы да бекемделип калды жана бул китепке баш сөз жазган СССР ПИАнын академиги В. В. Давыдовдун окуутарбия процессин өркүндөтүүгө багытталган педагогикалык тажрыйбанын көп сандаган жетишкендиктеринин катарында «билим берүүнүн эң керектүү жана кайчылаш маселелерин чечүүнүн жолун табууга далалат кылуу менен граждандык жана кесипчилик эрдикти көрсөткөн донецкилик мугалим Виктор Федорович Шаталовдун ысмы аттын кашкасындай таанымал болгонун турат. Бул маселелерге мектеп окуучуларынын окуу жүгүн жеңилдетүү, алардын окууга болгон кызыгуусун, активдүүлүгүн, өз алдынчалыгын ж. б. тарбиялоо кирет» деген сөзүн толук колдойт.

В. Ф. Шаталовдун китебинин жарыкка чыгышы окурмандар коомчулугунун чоң кызыгуусун туудурду. Борбордук басма сөздө бир кыйла материалдар жарыяланып, алар алдаганчалык курч дискуссияларды пайда кылды: белгилүү мугалимди жактоочулар анын тажрыйбасын жер-жерлерде жайылтууну сунуш кылышса, окурмандардын бир далайы бул тажрыйбага кылдаттык мамиле жасоого чакырышты, дагы бирөөлөрү Шаталовдун идеяларын дегеле жуутпай төгүндөштү... Бирок, убакыт өзү көрсөткөндөй, дискуссиялар басманы кыжаалатпастан кайра аны мындай китептерди чыгаруунун зарылдыгы жөнүндөгү ойго дагы да бекем ынандырды да, серия жашоосун улантууда.

«Педагогикалык изденүү...» сериясынын мындай мисалы мага басманын өз ишин, өз милдетин түшүнүүсүнүн ишенимдүү күбөсү катары көрүнөт, анткени, басма, ведомстволук чектелүүчүлүк, сенектик менен талаш-тартышка баарынан мурда мамлекеттин, элдин таламын көздөөгө тийиш. Биздин коомубузду кайра куруунун шартында, манчыркоолук, кебелбестик жана формализм менен келишпестик күрөш жүрүп жаткан азыркы мезгилде бул эң маанилүү, зарыл нерсе.

Азыр жалпы тиражы 2,5 миллион нуска менен 35 аталдагы китептер чыкты, бул алдыңкы тажрыйбанын жана аның авторлорун тандоодо басма белгилүү бир критерийлерди жетекчиликке алганын даана көрсөтөт. Эң башкысы — педагогикалык эмгектин көптөгөн чеберлеринин, өлкөбүздөгү элдик жана эмгек сиңирген мугалимдердин, прогрессивдүү, азыркы мезгилдин педагогикасынын чегинде турган, практиканы жана илимди жаңы натыйжалар жана жоболор менен байыткан, жаңы көз караштарга жана концепцияларга жол салган адамдардын тажрыйба-

ларын жалпылап, жайылтуу, талдоо болуп эсептелет. Китептерди чыгарууга даярдоодо негизги критерийлер болуп мугалимдин же педагогикалык коллективдин иштин жаңы идеялары, формалары, методдору, тажрыйбанын натыйжалуулугу (көптөгөн жылдар бою алынган оң жыйынтыктар менен дааналөнүшү); тажрыйбаны башка мугалимдер жана коллективдер тарабынан алардын жеке жана инсандык сапаттарына, окуу-тарбия процесси жүрген шарттарга жараша чыгармачылык менен колдонулуу мүмкүнчүлүгү эсептелгендиги эң туура деп ойлойбуз.

«Педагогикалык изденүү...»[1] сериясындагы китептердин негизги өзгөчөлүгүн мугалимдердин тез эле байкагандыгы жашыруун эмес. Ушул — алар педагогикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрөт, чыгармачыл шыкты ойготот, окурманды тарбиялоонун жана окутуунун эң мыкты формаларын өз алдынча изден табууга үндөйт. Мында көрүнүктүү окумуштуу-педагогдордун ар бир китепке жазган кириш сөз түрүндөгү макалалары да маанилүү ролду ойнойт. Менин оюмча басма кызматкерлери тарабынан китептин формасына да — стилине, тилине, мисалдардын даана жана инсанымдүүлүгүнө катуу талап коюлууда: авторлор, эреже катары, бардыгына болбосо да, окурмандардын көпчүлүгүнө түшүнүктүү тилде жазган педагогиканын классиктеринен жазууга умтулушат.

Бүгүн басма саясатынын да стратегиясы айдан ачык: «Педагогикалык изденүү...» сериясындагы китептер үч багытка топтоштурулган.

Биринчиси, окутуу жана тарбиялоо ишинде кыйла көрүнүктүү ийгиликтерге жетишишкен педагогикалык коллективдердин тажрыйбасын ачып көрсөтүү. Алардын айрымдарын атап өтөйүн: В. Я. Ермолаев «Кобахидзенин мектеби» — Тбилиси шаарындагы № 77 мектептин, анын директору, СССРдин эл мугалиминин иш тажрыйбасы жөнүндө; ошол эле автордун «Менин иш академиям» деген китебинде И. А. Лихачев атындагы Москва автомобиль заводунун алдындагы № 1-кесиптик орто окуу жайында жумушчу кадрларын даярдоо жөнүндө жазылган; С. А. Дзекушкайте «Биздин үй»: Литва ССРинин Куршенай балдар үйүнүн тарбиялык иш тажрыйбаларынан; О. Газман менен В. Матвеевдин «Педагогика шөнөр лагеринде» деген китебинде балдар коллективинде тарбиялоонун көп кырдуу формалары жана методдору жөнүндө айтылат. 1987-жылдын планы боюнча СССР ПИАнын мүчө-корреспонденти, Калуга областындагы Мятлевск орто мектебинин директору А. Ф. Ивановдун «Айыл мектеби» деген китеби чыкты, 1988-жылы «Эл күткөн мугалим: Полтава пединститутунун иш тажрыйбасынан» деген китеп жарык көрөт.

Экинчи багыт — окутуу жана тарбиялоонун белгилүү бир чөйрөсү боюнча аймактын (конкреттүү бир шаардын, областтын, республиканын) педагогикалык тажрыйбасын жыйынтыктап жалпылоо. Мисалы, Н. Н. Чистяковдун, Т. А. Буянованын, Н. Э. Касаткинанын «Окуу-өндүрүштүк комбинатта кесиптикке багыттоо» деген китебинде Кемерово областында жумушчу кадрларын даярдоо тажрыйбасы жөнүндө жазылып, анда окуу-өндүрүштүк комбинатынын мектеп, ишкана, үй-бүлө менен байланышынын формалары ачып көрсөтүлгөн. Дагы мындай китептер бар: А. Я. Каруле «Мектепте алты жашар балдарды окутуу: Латвия ССРиндеги мектептердин даярдоо класстарынын иш тажрыйбасынан», В. Б. Стрельцова «Биздин досубуз — жараткылыш: Москва шаарынын мектептеринде экологиялык билим берүү тажрыйбасынан ж. б.

Акырында, үчүнчү багыт — өздөрүнүн иш тажрыйбалары жөнүндө

---

[1] Китептердин тизмесин тиркемеден карагыла (серия алгачкы жолу «Алдыңкы педагогикалык тажрыйба» деп аталган). — *Ред.*

ой бөлүшүп, көчүлүк кесиптеш мугалимдеринин көңүлүн бурган өздөрүнүн чыгармачыл лабораториясы менен окурмандарды тааныштырып, өз ойлорун далилдеп, талашып-тартышкан мугалим-новаторлордун китептери. Мугалимдин педагогикалык ишинде тан каларлык үзүрлүү жыйынтыктарды берүүчү окутуунун жана тарбиялоонун системасын түзүү үчүн новаторлордун ар биринин канчалаган күндөрү жана уйкусуз түндөрү кетти дейсиз!

В. Ф. Шаталовдун китептери менен катар «Педагогика» басмасы башка мугалим-новаторлордун иштерин жарыкка чыгарды. Алардын ысымдары бүгүн биздин коомубуздун көңүлүнүн борборунда турат, буга массалык информация жана үгүт каражаттары, айрыкча телекөрсөтүү бир кыйла даражада көмөк көрсөттү. Ал китептер мына булар: Игорь Павлович Волков, «Чыгармачылыкка үйрөтөбүз: Москва областынын Реутово шаарындагы № 2-мектептин мугалиминин иш тажрыйбасынан», Евгений Николаевич Ильин, «Мамилелешүү өнөрү: Ленинграддагы 516-мектептин адабият мугалиминин иш тажрыйбасынан»: Софья Николаевна Лысенкова, «Окуу жеңил болгондо: Москва шаарынын № 587-мектебинин башталгыч класстардын мугалиминин иш тажрыйбасынан», бул китеп эки жолу чыкты (1981-жана 1985-жылдары) жана анын жалпы нускасы 250 миңди түздү; Татьяна Ивановна Гончарова «Тарых сабактары — турмуш сабактары: Ленинграддагы 536-мектептин тарых мугалиминин иш тажрыйбасынан».

«Педагогикалык изденүү...» сериясынын чыгышы басманын өзүндө чыгармачыл жагдайдын өнүгүшүнө жакшы таасир берген жана ошонун натыйжасында өлкөбүздөгү мыкты мугалимдердин жетишкендиктерин элге таратуунун жаңы формалары пайда болду. Айталык, 1981-жылы көркөм-документтик очерктердин «СССРдин Эл мугалими» деген жыйнагы бул иримди биринчилерден болуп алышкан жети мугалимге арналып, алгачкы жолу даярдалган. «СССРдин Эл мугалими» деген экинчи китеп 1985-жылы чыккан. Жыйнакка СССРдин 21 эл мугалими жөнүндөгү документтик көркөм очерктер кирген. Эгерде «Педагогика» басмасынын пландарына көз жүгүртсөк, анда мындай бир белгилүү ырааттуулукту байкайбыз: үстүбүздөгү беш жылдыкта «Педагогикалык изденүү...» сериясында жогоруда аталган жыйнактын бир катар каармандарынын тажрыйбалары жөнүндө айрым китептер даярдалат, тактап айтканда, 1988-жылы Сахновск орто мектебинин жана Азербайжандагы Холданск орто мектебинин директорлору СССРдин эл мугалимдери Александр Антонович Захаренко жана Загид Гамилович Шоюбов жөнүндөгү китептерди чыгаруу белгиленген.

Басма бүгүн да, биздин мектепти кайра куруу мезгилинде да чыгармачылык менен иштеп жатышкан мугалим-изилдөөчүлөрдүн тажрыйбасы жана табылгалары менен тааныштырууга арналган китептерди даярдоонун үстүндө талыкпай жана максаттуу иштеп жатат. Мен эле эмес, көптөгөн адамдар «Педагогика» басмасынан 1986-жылы чыккан Михаил Петрович Щетининдин «Түшүнбөстүктү түшүнүү» деген китебин зор ынтаа менен окуп чыгышты го деп ойлойм. Менин пикиримче мектеп окуучуларын окутуу жана тарбиялоодо М. П. Щетининдин ырааттуу бир бүтүн системасы жөнүндө айтуу азырынча кыйын болсо да (ушунадан улам китепке «Педагогдун ойлорунан» деген кичине тема берилсе керек), басма сөз салтын бекем сактагандыгы — өз билимин жана бүткүл ой-сезимин, акыл-эсин жана жүрөк сезимин өсүп келаткан жаш муундарды тарбиялоо ишине жумшап, изденген адамдарды колдоп-кубаттоо.

«Педагогика» басмасынын дагы бир сериясы жөнүндө — «Тарбиялоо жана окутуу. Мугалимдин китепканасы» жөнүндө үч кепил сөзү акыйкатсыздык болор эле. Мында мугалим үчүн зарылдык, белгилүү

даражада жалпынын эң чиңисине айланып калган сунуштар жарыяланат. Буга мисал катары төмөнкүлөр эсептелет: Н. К. Щурковдун «Сиз класс жетекчи болуп калдыңыз» деген китеби (тажрыйбалуу мугалим класс жетекчисинин ишин уюштуруунун негиздери жөнүндө кеп салат); Л. С. Айзермандын «Сочинениелер жөнүндөгү сочинение» деген китеби (автор адабият сабагында окуучулар менен иштөө боюнча өз методикасы жөнүндө ой бөлүшөт).

Менин билишимче, мектеп реформасын чагылдыруу планын талкуулоонун жүрүшүндө басмада мугалим-новаторлор жүргүзүп жатышкан педагогикалык изденүүнүн өзүнчө бир антологиясын түзүү идеясы пайда болгон эле. Ошондон баштап, сиздердин, кымбаттуу окурмандар, колуңардагы «Педагогикалык изденүү» деген китепти даярдоо иши башталып, ага биздин эле өлкөдө эмес, чет өлкөлөрдө да эң чоң ынтызарлык менен пайдаланылган сериянын китептериндеги кыйла маанилүү материалдар, эң башкы ойлор киргизилген. Мисалы, В. Ф. Шаталовдун китеби Венгрияда, Кытайда которулгандыгы, анын айрым үзүндүлөрү Болгариянын «Народна просвета» журналына жарыялангандыгы бекеринен эмес.

Мен баш сөз жазып жаткан бул китептин авторлорунун ар бири ургаалдуу ойдун жана турмуштун адамдары, алардын ар бири окуутарбия процессинин натыйжасын жана сапатын кыйла жогору көтөрүүгө мүмкүндүк бергидей өздөрүнүн оригиналдуу методикаларын иштеп чыгышкан. Мугалим-новаторлордун тажрыйбасы — психологиялык-педагогикалык илим менен мектеп практикасынын жетишкендиктерине таянып, классикалык жана советтик педагогиканын идеяларын чыгармачылык менен өнүктүрүүчү ачык, дайыма өркүндөп туруучу система.

Бул жыйнакка В. Ф. Шаталовдун, Ш. А. Амонашвилинин, С. Н. Лысенкованын, И. П. Волковдун, И. П. Ивановдун, А. Б. Резниктин, Т. И. Гончаровдун, А. А. Дубровскийдин, Е. Н. Ильиндин, Е. Ю. Сазоновдун мурда чыккан китептеринин кыскартылган эң маңыздуу материалдары киргизилди. Алардын ар бири — таланттуу педагог, ар бири практикалык жогорку натыйжаларга жетишип, педагогикалык илимге өздөрүнүн салымдарын кошушкан.

Айталык, Ш. А. Амонашвили тарабынан алты жашар бала менен иштөөдө окуунун социалдык жактан маанилүү мотивдеринин калыптанышына, кенже окуучулардын инсанынын ар тараптуу өнүгүшүнө жана билимдерди гумандуу кылууга көмөк берүүчү шарттары, мазмуну жана принциптери илимий негизделген жана мектеп практикасында текшерилген.

Москвалык мугалим, РСФСРдын эмгек сиңирген мектеп мугалими С. Н. Лысенкова мектептин кенже окуучуларынын окуу ишин башкаруунун окуу эмгегинде ар бир балага ийгиликтин кубанычын алып келгидей, балдарга окуу ыкмаларын үйрөткүдөй, окуп-тааный билүү аракетин баланын өзү жөнгө салгыдай иштиктүү системасын иштеп чыккан.

Реутовскидеги № 2 мектептин чийүү жана сүрөт сабагынын мугалими, педагогикалык илимдин кандидаты, РСФСРдин эмгек сиңирген мугалими И. П. Волков кенже мектеп окуучулары менен чыгармачылыктын сабагы деп аталган сабакты өтөт. Анын сабактарындагы окуу материалынын мазмуну жана окутуу процессинин түзүлүшү балдардын шык-жөндөмдөрүн аныктап жана аны максаттуу өнүктүрүүгө, ар бир иште чыгармачылыктын пайда болушун шарттоочу инсандык сапатты жана ишмердикти иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Донецкилик педагог В. Ф. Шаталовдун методикалык системасы педагогикалык эң бир татаал маселелердин бирин — ар бир мектеп окуучусун күн сайын жүргүзүүчү акыл эмгегине тартуу, инсандын сапаты катарында таанып-билүүнүн өз алдынчалыгын тарбиялоо, ар бир

окуучуда өз кадыр-баркын сезе билүүсүн, өз күчүнө жана жөндөмүнө ишенимдүүлүгүн бекемдөө маселесин ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берет.

Ленинграддык тилчи Е. Н. Ильин адабият сабагын өзүн жана турмушту таануу сабагына, «ыймандык тазаруу» (А. Т. Твардовский) сабагына айландыруу менен окуучулардын рухий өнүгүшүн тездетүүгө жол ачкан.

Өткөндөгүлөр менен активдүү, кызыгуучулук маанайда баарлашуу аркылуу тарыхый эс-акылды ойготуу, өзүн жана бүгүнкү күндү түшүнүүдө жаштарга жардам берүү СССРдин эл мугалими, Ленинграддык тарыхчы Т. И. Гончарованын методикасынын маңызын түзөт.

Педагогикалык илимдердин кандидаты, Украина ССРинин Кировоград областындагы № 1-Гайворон орто мектебинин коом таануу мугалими А. Б. Резниктин тажрыйбасынын негизи — коммунисттик улуу идеалдар үчүн ынанган күрөшчүлөрдү тарбиялоо, биздин коомдун жаш граждандарынын саясий маданиятын калыптандыруу.

Педагогикалык илимдердин доктору, А. И. Герцен атындагы Ленинград мамлекеттик педагогикалык институттун профессору И. П. Иванovдун коллективдик чыгармачылыкта тарбиялоо методикасы А. С. Макаренконун идеяларын азыркы мезгилдин шарттарына жараша андан ары өнүктүрөт, коллективисттерди калыптандыруунун, пионер жана комсомол уюмдарында мектеп окуучуларынын коомдук активдүүлүгүн өркүндөтүүнүн, коомдун жыргалчылыгы үчүн балдардын жеке жана коллективдик камкордугун активдештирүүнүн жолдорун ачып көрсөткөн.

Окурмандардын кеңири чөйрөсү үчүн Ленинграддагы А. А. Жданов атындагы Пионерлер дворецинин жаштар чыгармачылык театрынын педагогикалык коллективинин тажрыйбасы талашсыз кызыгууну туудурат. ЖЧТнын тарбиялык максаттары, салттары жана турмушу жөнүндө анын жетекчиси Е. Ю. Сазонов айтып кетет. СССРдин эл артисти Кирилл Лавров белгилегендей, ЖЧТ балдардын адамдык эң сонун таланттын — өз ишин сүйөндүгүн өнүктүрүп, курчап турган турмушта кең пейилдиктин жана кереметтиктин закондору боюнча жашоого, асыл сезимдердин тунуктугун аздектөөгө үйрөтөт. ЖЧТнын тажрыйбасы эң сонун тажрыйба, аны кайталоо кыйын, бирок андан театр коллективдери гана эмес, башка педагогикалык коллективдер өз ишинде пайдаланыдай көп нерсени пайдаланууга болот.

Врач жана педагог А. А. Дубровский оорукчан балдарды тарбиялоо жана дарылоону бир бирдиктүү, максаттуу процесске бириктирүүгө мүмкүндүк берүүчү дарылоо педагогикасын түзүү жөнүндө кеп салат. СССР ПИАнын академиги З. А. Малькова белгилегендей, «А. С. Макаренко жана В. А. Сухомлинскийдин балдар коллективи, балдардын өзүн өзү башкаруусу, тарбиялоодо оюндун, кооздуктун, эмоциялуулуктун ролу жөнүндөгү идеялары балдар салыштырмалуу кыска эле мөөнөткө жашап, окуп жана дарыланган дарылоо-окуу мекемелеринин өзгөчөлүү шарттарында эң эле сонун ишке ашат».

Мугалим-новаторлордун тажрыйбасынын нйкемдүүлүгү, б. а. коомдук жактан бардыгы үчүн маанилүү жана керектүү болгон педагогикалык идеялар колдонууга мүмкүн болгон конкреттүү ыкмаларда, жолжоболордо, методдордо эң эле сонун ишке ашырыла тургандыгы эң маанилүү.

Бул китепте айтылган тажрыйбалар менен таанышуу мектеп окуучуларын окутуунун жана тарбиялоонун түрдүү идеялары менен жолжоболорунун жалпылыгын жана айырмачылыгын, мугалим-новаторлордун чыгармачылыгынын көп кырдуулугун даана көрүүгө мүмкүндүк берет.

«Ар кандай кайра куруу, адатта ан-сезимди кайра куруудан, ой жүгүртүүнүн жана практиканын калыптанып калган бир беткейлигин тануудан, жаңы милдеттерди так жана даана түшүнүүдөн башталат» — партиянын XXVII съездине КПСС-Борбордук Комитетинин Саясий докладынан алынган бул сөздөр мугалимдерге да тиешелүү. Жаңычыл педагогиканын убактысы келди деп айтса болот. Ошондуктан бизнин педагогикалык иште кайра куруунун алдынкыларынын жаңы идеяларын, келечек ишке ишенимдерин, жигер-кайратын канчалык көп мугалим кабыл алса, советтик мектептин жаңылануусу ошончолук тез жүрөт.

СССР ПНАсынын чыныгы мүчөсү
М. Н. Скаткин

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

Ш. А. АМОНАШВИЛИ

МЕКТЕПКЕ — АЛТЫ ЖАШТАН

Алты жаштагы балдар — балдар мамлекетиндеги өзгөчө эл. Ошондуктан бизге, ал балдардын мугалимдеринне жана тарбиячыларына, биринчиден, мына ушуга байланыштуу кандай проблемалар келип чыгарын билишибиз керек; экинчиден, партада отурган балдар кадимки эле жети жаштагы же ошол сыяктуу эле балдар эместигин толук көнүлгө алуу менен иште башкачараак жүргүзүү зарыл; үчүнчүдөн, өзүбүздүн педагогикалык ой-пикирибизди жана аны менен шартталган окутуунун, тарбиялоонун жана эң башкысы, алты жаштагылар менен алака-мамилenин формаларын жана методдорун аныктап алышыбыз керек.

Биз, алты жашар балдардын мугалимдери, инсандык кандай сапаттарга ээ болууга тийишпиз? Эмесе, ошолордун ичинен мага эң башкылары катары көрүнгөндөрүнө токтолоюн.

Биринчиден, биз кең пейил адам болуу менен балдарды ошол балалык турпатында сүйө билүүбүз керек. Шогубу же элпегибиз, зээндүүсүбү же орто заарыбы, жалкоосубу же аракетчилибиз, баарын бирдей сүйүүгө тийишпиз. Анан дагы, биздин кең пейилдигибизди тарбияланууучуларыбыздын баарына бирдей бөлүштүрүүбүз, болгондо да ар бир жагдайга жараша бөлүштүрүшүбүз керек. Балдарга деген мээримибиз ички ой толгообуз эле эмес, биздин педагогикалык ишибиздин, бала менен же жалпы класс менен алака-мамилебиздин башкы мотиви, стимулу болуп калууга тийиш.

Кең пейилдик менен балдарды сүйүү аларга орой мамиле жасоого, алардын беделин түшүрүүгө, аларды коркутуп-үркүтүүгө, алардын ар биринин кайгы-капасын көрмөксөндүккө салууга жана ийгилигине кошо кубанбоого, аларга дарөө жардамга келбөөгө, ишенич көрсөтпөөгө мүмкүндүк бербейт. Балдарды сүйгөн, кабагына кар жаа-

бай, көбүнчөсү жайдары жүргөн кең пейил педагог нукура педагогикалык турмушта жашап, ошонусу менен кесиптик бактыга ээ болот.

Экинчиден, биз балдарды түшүнө билүүбүз абзел. Бала али жаш, бирок анын кылган иши жана көргөн камкордугу чоң. Оюнга берилип, анын кызуусуна баткан балдарга караганда, аларга түрдүү илимди үйрөтүү менен чоң иш жасап жатабыз деп эсептөөбүз туура эмес! Эгер бала калайдан жасалган оюнчук солдатын жоготуп коюп, ошого ыйлап жаткан болсо, анда анын бул капасы биз өзүбүздүн эң аялуу буюмубузду жоготуп койгондогу капабыз менен эле барабар. Балдар минут сайын, саат сайын, күн сайын, эч тынымсыз жашашат да, биздин аларды турмушка даярдап жаткан педагогикалык эрежелерибиз алар үчүн эч кандай мааниге ээ эмес. Эгерде биз балдарыбызды чыныгы адам кылып өстүргүбүз келсе, анда алардын бүгүнкү балалык турмушун токтотуп, аларды өздөрүнүн келечеги жөнүндө баш катырып ойлоого мажбур кылуунун эч кандай зарылчылыгы жок. Балдарды түшүнүү — демек алардын балалык көз карашында туруп, ой-сезимин кадырлоо, алардын иши менен тиричилигин, мүдөө-максатын кадыресе чоң иш катары (чындыгында да ошондой) кабыл алып, алар менен эсептешүү керек. Алардын мындай иштерине жана мүдөөлөрүнө жогортон карабай, чындап кызыгып, иштиктүү мамиле жасап, кадырлоо зарыл. Балдарды түшүнүү — демек, аларды өз бийлигибизге баш ийдирүү эмес, алардын бүгүнкү жашоо турмушунун негизинде, эртеңки турмушунун бүчүрлөрүн пайда кылуу. Баланын көңүл чабыттары менен жүрөк сырларын, анын ички сезими менен ышкысын түшүнүп, баланын турмушу менен жашай алган жакын киши, педагог нукура тарбия ишин жүргүзө алат да, бала өз тарбиясында педагогдун жан жолдошуна айланат. Баланы түшүнүү — демек, кичинекей адамды тарбиялоодо эң бир кылдат чеберчиликтерге ээ болуу.

Үчүнчүдөн, биз оптимисттерден болушубуз керек. Биз өз педагогикабызга, тарбиянын кайра жаратуучу күчүнө ишенүүгө милдеттүүбүз. Кээде айрым педагогдор кежир балдардын алдында алсыздыгын көрсөтөт («Бул балага менин алым жетпей калды!»), акыл-эсинин өнүгүшү убактылуу кечеңдеген баланын жөндөмүнө ишенбей калышат («Мындан эч нерсе чыкпайт, бул киши болбойт!»). Окутуу жана тарбиялоодогу пессимизм, жигерсиздик баланын жаркын келечегин тирүүлөй көөмп коюу менен барабар; биздин оптимизм гана баланы шыктантат, анын уйкудагы

күчтөрүн ойготот. Сөз, албетте, мына эми бала аз күндө акыл-эсине кирип, ардеме-бирдемени түшүнө баштайт, мына ошондо гана анын тарбиясын колго алып аның аңсезимин өнүктүрүүгө киришүүгө болот деп, кол куушуруп үмүт кылып отурган педагогдун куру оптимизми жөнүндө болуп жаткан жок. Сөз, баланын жекече өзгөчөлүгүнө, ички дүйнөсүнө педагогдун терең сүңгүп кирип, ошого жараша окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн методикалык жолдорун издөөсүн камсыз кылуучу *иштиктүү оптимизм* жөнүндө болуп жатат. Иштиктүү оптимизм педагогдон талыкпаган чыгармачылыкты, изденүүнү талап кылат.

Төртүнчүдөн, биз келечектин адамынын жаңы типтеги ажарын чагылдырышыбыз керек. Коммунисттик ынаным, бийик граждандуулук, жалпы ишке берилгендик, элдин, партиянын, мамлекеттин алдындагы, балдардын алдындагы, адамзаттын келечегинин алдындагы өзүбүздүн эң негизги парзыбызды терең түшүнүү бизге так ушундай адам болууга мүмкүндүк берет. Биздин ар бирибиз — бир нече жүздөгөн тагдырларды жаратуучубуз, биздин класстарда, устаканадагы сыяктуу, табияланууучуларыбыздын бакты-таалайларына негиз даярдалат. Өзүбүздүн педагогикалык эмгегибизге Мекенибиздин, коомубуздун андан ары гүлдөшүн, кубаттуулугунун чыңдалышын жогорулаткыдай багытта карашыбыз керек. Бизде баардыгы: жылмаюубуз да, катуулугубуз да, сабырдуулугубуз да, кийимибиз да, билимибиз да, сезимталдыгыбыз да, акыйкаттуулугубуз да, улуулугубуз да, интеллигенттигибиз да, жугумдуулугубуз да, турмушту сүйүүбүз да адамды куштар кылгыдай болууга тийиш. Кишидеги адамга жаккандын бардыгы бизге таандык болууга тийиш.

Окутуу жана тарбиялоо менен мугалим окуучуларды өткөндөгү жана азыркы муундардын материалдык жана рухий нарк-дөөлөттөрү менен тааныштырат. Бул тааныштыруу кандайча жүргүзүлөт? Мугалим бала менен бул нарк-дөөлөттөрдүн ортосундагы орточу, балдар ал аркылуу гана болмушту таанып билишет, кишилерди таанып-билишет. Мына ушул «аркылуу» дегенибиз ар түрдүү нарк-дөөлөттөр илим-билим, моралдык-этикалык нормалар балдарга таза түрүндө эмес, мугалимдин жалпы инсандык турпаты, анын берген баасы, мамилеси жана дүйнөгө көз караштарынын таасири астында барып жетет дегенди билдирет. Гумандуу педагог балдарды билимдерге сугаруу менен бирге ошол эле мезгилде ал балдарга өзүнүн мүнөздүк таасирин да тийгизет, аларга адамгерчиликтүү

адамдын үлгүсү катары көрүнөт. Бала үчүн мугалимсиз билим жоктой сезилет. Ошондуктан эгер бала өз мугалимин жакшы көрүп калса, анда ал билимге кызыгып калды дей бериңиз. Эгерде ал мугалимди анча жакшы көрбөсө, андан корксо, ага өз досу, жолдошундай мамиле кыла албаса, анда окуу бала үчүн түккө турбай калат. Балдардын сүйүүсүнө ээ болуу — биринчи мугалимдин (жана кийинкилеринин да) эң негизги мүдөөсү, мугалимди урматтап сүйүү аркылуу гана бала билим дүйнөсүнө аралашып, коомдун моралдык нарк-дөөлөттөрүн өздөштүрөт. Окутуунун жана тарбиялоонун методдору, ыкмалары, жолдору, формалары педагогдун балдарга деген мээрими жана гумандуулук сезим менен ширетилген анын ички жан дүйнөсү аркылуу өтүп, эң кылдат, ийкемдүү, максаттуу келип, анын аркасында натыйжалуу болуп чыгат. Эгерде эң башкы нерсе: бул методдорду колдоно турган педагог кандай адам экендиги, анын жан дүйнөсү, жүрөк сыры кандай экендиги белгисиз болсо, анда окутуунун жана тарбиялоонун натыйжалуулугу жөнүндө айтууга да болбойт.

Алты жашар балдарды мектеп турмушуна тартуунун максаты. Бул маселенин төмөндөгүдөй үч жагын өзүнчө бөлүп көрсөтүү керек.

1. Жети жашар балага караганда, алты жаштагы бала мектеп турмушун баштоого кыйла даяр десем, таңгалардыктай көрүнүшү мүмкүн. Бирок, бул жерде таңгалычтуу эч нерсе деле жок. Анткени акыркы он жылдыктын ичинде советтик үй-бүлөнүн жана бүткүл советтик коомдун маданий деңгээли өлчөмсүз өстү. Азыркы балдардын баарынын эле эне-аталары, эреже катары, орто жана кесиптик билимге ээ, ал эми алардын көпчүлүгүнүн жогорку билими бар. Бул бала жашап, өсүп жаткан социалдык чөйрөнү сапаттык жактан өзгөрттү. Баланын өсүп-өнүгүшүнө массалык информация каражаттары — теле көрсөтүүлөр, радио, балдар журналдары, китептер, кинофильмдер көп таасир тийгизүүдө. Оюндардын мазмуну да өзгөрдү, балдардын дене-боюн жана акыл-эсин өнүктүрүүгө көмөк берип, аларга курчап турган турмуш чындыгы, адамдардын жашоосу жана эмгеги, азыркы техника менен ар тарантуу таанышууга жардам берген оюнчуктар пайда болду. Советтик балдардын өсүп-өнүгүшүн жана тарбиясын жакшыртууда жана тездетүүдө мектепке чейинки балдардын көпчүлүгүн камтыган балдар бакчалары зор роль ойнойт. Аларда балдар эң жөнөкөй адеп-ахлактык, этикалык нормаларга үйрөнүшөт, тарбиячылардын жетекчилиги менен алардын сүйлөө речи, ой жүгүртүүсү, эмгектик ма-

шыгуулары, эмоциялык-эрк жөндөмдөрү максаттуу өнүгөт. Эреже катары, жети жашка келгенге бала окууну жана жазууну, жөнөкөй эсептөөлөрдү үйрөнүп калат. Анан жети жашка толуп, мектепке киргенде ага окуу материалдары катарында тамгаларды, окууга көнүгүү үчүн, текстерди, жөнөкөй арифметикалык мисалдарды, б. а. татаалдыгы боюнча баланын мүмкүнчүлүктөрүнөн төмөн турган материалды сунуш кылса, анда балада окууга болгон кызыкчылык пайда болбойт, анткени, анын таанып-билүүгө болгон талабы андан ары өсүп-өнүгүүнүн зарыл жана керектүү шарттарына ээ болбой калат. Жети жаштагы балдарга сунуш кылынып жаткан окутуунун бүгүнкү материалдары Л. С. Выготскийдин сөзү менен айтканда, алардын өсүп-өнүгүү чөйрөсүнө туура келбейт да, балдардын активдүүлүгүн пайда кылбайт.

Бирок окутуунун ошол эле мазмуну — окууга, жазууга, жөнөкөй эсептөөлөргө үйрөтүү — алты жашар балдардын таанып-билүү талабынын предмети болуп калды. Бул билимдер алардын өсүп-өнүгүү чөйрөсүнө туура келет, ошондуктан балдарда таанып билүү кызыкчылыгын туудурат, анын үстүнө алардын бул мезгилдеги капааттануусу мектеп менен, «чоңоюу, чоң киши болуу» талабы менен байланышкан.

2. Алты жаштагы курак — баланын акыл-эсинин өнүгүшүнүн жана социалдык даярдыгынын кыйла ынгайлуу мезгили. Мындай жагдайды пайдалануу, ишке ашыруу керек. Антпегенде бул куракка ылайык келген акыл-эстик жана адеп-ахлактык зарыл керектүү көрөңгөсүз жана чоң кишилердин нускалуу камкордугусуз баланын табигый таланты, жөндөмү толук түрдө ачылбай калышы мүмкүн. Жакшы уюштурулган, системалуу окутуу жана тарбиялоо — баланы максаттуу өнүктүрүүнүн эң башкы формасы жана шарты. Бул куракта анын сүйлөө речин ийгиликтүү өркүндөтүүгө (жана өркүндөтүлүүгө тийиш), табигый дилгирлигинин негизинде таанып билүү кызыкчылыгын, билимге деген талабын ойготуп, окуу эмгегинин жөнөкөй жолдоруна үйрөтүүгө болот. Сүйлөө речин өздөштүрүү механизминин табигый ийкемдүүлүгү алты жашар балдар үчүн экинчи тилди (улуттук мектептерде — орус тилин) жеңил үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт.

Айлана-чөйрө, адамдардын жашоо турмушу, жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган нормалары менен үйөшкөндүктө тааныштыруу социалдык жактан калыптанууга мүмкүндүк берет. Алты жашар окуучу мугалимдер жана өз тентуштары менен мамилелеш боло баштайт, бул мами-

ле процессинде ага белгилүү бир милдеттер жүктөлөт, ал өзүнүн каалоолорун жана иш-аракеттерин жалпы кызыкчылык менен ылайыкташтыра баштайт, жалпынын кызыкчылыгына багытталган ишке аралашат, башкалар жөнүндө ойлонууга жана камкордук көрүүгө үйрөнөт. Жаркын жана түркүн окуяларга жык толгон мектеп турмушу өзүнүн көп кырдуу максаттуу аракеттери менен кичинекей окуучунун мүмкүнчүлүктөрүнүн, жөндөмүнүн активдүү ачылышы үчүн, ички күчтөрдүн өнүгүшү үчүн шарт түзүүчү эң эле ылайыктуу чөйрө болуп эсептелет.

Биринчи жылдагы окутуунун мазмуну окуучуга анын андан аркы мектептик турмушунун кубанычтуу келечегине жол ачат. Мектептин шартында атайын программа жана методика боюнча окуп жана тарбияланган алты жаштагы балдар окууну мындай атайын даярдыксыз жети жашта баштаган өзүлөрүнүн тенттуштарына караганда өсүп-өнүгүү жагынан алда канча озуп кетишет. Бул зээндүүлүгүнүн, ой жүгүртүүсүнүн, сүйлөөсүнүн жатыктыгынын жогорку деңгээлинен байкалат. Жалпы интеллекттик ыктар окуу, жазуу, эсептөө, сүрөт тартуу, музыкалык, эмгек иштерине көнүгүү процессинде максаттуу өркүндөтүлгөндүгү маалым. Башталгыч класстардагы андан ары окуу бул балдарда мугалимдердин жардамы менен жоюуга күчтөрү жетпей калуучу кыйынчылыктарды пайда кылбайт.

3. Алты жаштагы балдар үчүн башталгыч мектептин бир бүтүндүү системасында класстарды ачуу окуу пландарын жана программаларын кыйла ыңгайлуу кылып түзүүгө, кенже мектеп окуучуларынын окуу жүгүн жеңилдетүүгө, эне тилин, математиканы, эмгекти, музыканы, сүрөттү окутууга бөлүнүүчү убакытты көбөйтүүгө мүмкүндүк берет. Ал эми улуттук мектептерде экинчи тилди — орус тилин эң эле ыңгайлуу мезгилде окуп үйрөнүүнү баштоо үчүн реалдуу шарт түзөт.

Бала качан алтыга толот? Бул суроо жөн эле айтылган суроо эмес. Кээде ата-энелер октябрь — декабрь айында алты жашка чыга турган балдарды мектепке алып келишет да, баланы 1-класска албай коюшса: «Эмне үчүн, 3—4 ай жетпесе эмне болмок эле, анын мааниси канча?» дешет. Ооба, мунун мааниси зор: бала канчалык жаш болсо, жаш куракты аныктоодо ай да, ал эмес, жума да ошончолук чоң мааниге ээ болот. Бала төрөлгөн биринчи жылы ага канча ай болгондугу гана эмес, канча жума болгондугу да маанилүү, анткени ар бир күн, ар бир жума баланы мүчө-бой жагынан да, психика жагынан да өзгөртүп турат. Бала 7—8 жашка келгенге чейин анын жашын ай

боюнча эсептеш керек, андан ары айын тактабай койсо да болот, анткени чоңоюп-өсүү салыштырмалуу бир калыптагы мүнөзгө ээ болот. 10 жана 11, 13 жана 14 төгү балдарга, 15—16 жаштагы өспүрүмдөргө психологиялык жалпы мүнөздөмө берсе болот. Бирок 6—7 жаштагы балдар үчүн мындай кылуу жарабайт, себеби алар психофизиологиялык касиеттери боюнча сапаттык жактан такыр башка жаш курактык группаларга киришет.

Мында ар бир ай айрыкча мааниге ээ, ал эми алты жашка үч, төрт айдын (мындан көбүрөөк мезгил жөнүндө сөз кылбаганда да) жетпеши ого бетер маанилүү келет. Булар алты жаштагы эмес, алардын өздөрүнүн мүнөздүк белгилери менен айырмаланган беш жаштагы балдар. Мындай балдарын мектепке алып келүү менен ата-энелер балдарынын мектептин шартына көнүшү, сабактарда отуруу жана мугалимдин айткандарынын маңызын түшүнүүсү, анын берген тапшырмаларын түшүнүп аткара билүүсү кыйын экендиги жөнүндө ойлонушпайт. Биздин эксперименталдык окутуунун тажрыйбасына таянып, мындай деп айта аламын: беш жаштагы эки-үч эле бала болгон класста иштеш мугалим үчүн өтө эле оор, анткени алар өзүнчө бир камкордукту, өзгөчө бир мамилени гана талап кылбастан, мектептин окутуу методикасынан башкача бир методиканы талап кылат. Беш жашар баланын боюнун кичинелиги, эпсиздиги, тез таасирленүүсү мугалим үчүн көптөгөн кыйынчылыктарды пайда кылат. Мектеп турмушу мындай «окуучуну» өтө эле татаал абалда калтырат: анын кызыкчылыгы менен керектөөсү мектептин шартына дал келбейт. Ага көңүлсүз болуп, башкалар жасаган ишти жасай албай калат да, акырында окууга кызыгуусу кайтат.

Беш жаштагы бала окууда жетишип, мектептик шартка көнүп, активдүүлүгүн, көңүлдүүлүгүн сактаган учурлар да албетте болот. Бирок, мындай жекече мисалдар жалпы эрежеге жатпайт. Беш жашар баланы мектепке алып келүү менен ата-энелер бала окуганга «өтө эле ынтызардыгына», көп ырларды билип, онго чейин санагандыгына, керектүү суроолорду берип, айрым тамгаларды таанып алганына таянышат. Мындай деп чечкиндүү айтууга тийишпиз: ырларды жатка билүү, санаганды, ал турсун жүзгө чейин санаганды үйрөнүп алуу, тамгаларды тааныу баланын мектепке даяр экендигин билдирбейт. Алты жаш курakka чейин жетилип, баланын мектепке тез көнүшүн жана андан аркы ийгиликтүү өнүгүшүн камсыз кылган бүтүндөй комплекстүү шарттардын (дене күчтүк, психолохиялык, медициналык-физиологиялык) болушу зарыл.

Алты жаштагы балдар жети жаштагылардан эмнелери менен айырмаланышат. Эгерде өзүнүн бүткүл компоненттери менен алганда педагогикалык процесс алты жаштагы балдардын өзгөчөлүктөрүнө жана мүмкүнчүлүктөрүнө толук түрдө туура келбесе, анда балдардын окууга кызыгуусу тез эле тарайт. Ал түрсүн алар эртеби, кечпи, окуганга, жазганга, биринчи ондуктун чегинде санаганга үйрөнүшсө да, окутуу процессинин өзү аларга кубаныч алып келбейт, окуу керектөөгө, инсандык маанилүү ишке айланбайт.

Сөз алты жаштагылардын кайсы өзгөчөлүктөрү, касиеттери жөнүндө жүрүп жатат? Мектептин шартында балдар менен окуу-тарбия иштерин натыйжалуу уюштуруу үчүн өзгөчө мааниге ээ болгон алардын айрымдарына гана токтолуп өтөлү.

Социалдык-нравалык жана таанып-билүүчүлүк тажрыйбасынын жетишсиздиги. Социалдык-нравалык тажрыйба балада милдеттүүлүктү, жоопкерчиликти тарбиялоо үчүн, анын зарылдыкты андап түшүнүшү үчүн негиз болуп саналат. Бул тажрыйбага таянуу окуучуга коллективде өз жүрүм-турумун жөнгө салууга, башкалардын кызыкчылыгына каршы келүүчү капыстан пайда болгон каалоолорду тизгиндөөгө, улуулардын койгон талабын, тапшырмаларын, чек коюуларын кабыл алууга, коомдук тартипке баш ийүүгө, өз күнөөсүн моюнга алууга, коллективдик пикирдин жайылтуучусу жана коштоочусу болууга, теңтуштардын ийгилигине кубануугa, боорукер жана кайгысына ортоктош болууга мүмкүндүк берет.

Албетте, жети жаштагы баланын социалдык-нравалык жана таанып-билүү тажрыйбасы алты жаштагы баланыкына караганда бир жылдык жашоого байыраак жана ар тараптуураак келет десек болот. Алты жаштагылар үчүн жетишсиз болгон бул тажрыйба аларды жети жаштагыларды окуткандай окутууга мүмкүндүк бербейт. Алты жаштагылардын мугалимине дээрлик биринчи жарым жылдык бою окууну ийгиликтүү жүргүзүүгө зарыл болуучу ыктарга жана көндүмдөргө: кунт коюуга, токтоолукка, окуу тапшырмаларын түшүнө билүүгө, жоопкерчиликке, коллективдүү турмуштун эрежелерине баш ийүүгө балдарды сабырдуулук жана талыкпастык менен үйрөтүүгө туура келет. Алты жаштагы айрым балдар мектеп турмушуна кыйынчылык менен барып көнүгүшөт, биринчи күндөрү апасы же атасы жанында болмоюнча мектепке калгылары да келишпейт, ошондуктан мындай балдардын ата-энелерине балдары менен чогуу отурууга же дализдe күтүп турууга уруксат берүүгө туура келет. Алты жаштагы

окуучулар менен сабактарды өткөрүү да өзгөчө методиканы талап кылат, жети жаштагылар менен иштегенден башкача жолду талап кылган педагогикалык жагдайлар да келип чыгат жана бул жагдайлардын өзү да бир башкача болот.

Актуалдуу керектөөлөрдүн жана импульстук активдүүлүктүн басымдуулугу. Алты жаштагы балада, бирин бири үзбөй алмаштырып турган эң эле түрдүү керектөөлөр тынымсыз пайда болуп турат. Бул керектөөлөрдүн өзгөчөлүгү алардын сөзсүз аткарылуучу, б. а. актуалдуу, каалоо катары кабыл алынгандыгында. Бирок иш муну менен эле чектелип калбайт: ага токтоосуз жетүү ушунчалык күчтүү болгондуктан, ал баланы аны тезирээк ишке ашырууга, б. а. мунун арты кандай болору жөнүндө ойлонбостон эле аракет жасоого түртөт. Эгерде мындай керектөөлөр жана аларды канааттандыруунун ыкмалары, формалары тарбиянын жана түзүлгөн жагдайдын максаттарына туура келсе, анда чоң кишилер аларды канааттандырууда балдарга тоскоолдук кылбайт. Ал эми тескерисинче болсо, анда баланын аракетин токтотууга, тыюу салууга, сөзгө келтирүүгө, макул болбой коюуга чоң кишилер аргасыз болушат. Баланын социалдык-нравалык тажрыйбасы канчалык жарды болсо, тыюу салууга бала ошончолук нааразы болот, аны сөзгө келтирүү чоң киши үчүн кыйынчылыкка турат, актуалдуу керектөөдөн баланын өзүнүн баш тартуусу же аны канааттандырууну «кийинкиге» калтыруу ошончолук татаалдайт.

Мындай кылууга болбой тургандыгын бала өзү деле көп учурда эң жакшы түшүнөт, бирок каалоосу акыл-эсин жеңип кетет. Сабактын орто ченинде (биз муну көп эле байкайбыз) бала партанын алдынан үйдөн алып келген алмасын (нанын, момпосуюн) алып чыгып жей баштайт, уруксатсыз эле туруп класстан чыгып кетет, өзүнө жаккан оюнчукту жолдошунан тартып алат.

— Актуалдуу керектөөлөр импульстук активдүүлүк менен, б. а. оюна келгенин дароо жасоо менен эң эле тыгыз байланышкан. Мугалим суроосун айтып бүтө электе эле бала жооп берүүгө шашат, тапшырма түшүндүрүлө электе эле аны аткарууга киришет, ойноп жатканда эгер аны бирөө кокустан түртүп кетсе, анда ал ошол эле замат «күнөөкөргө» жулунат же даттанып жөнөйт.

Импульстук активдүүлүк баланын ассоциативдик сөзгө өтүүсүнө түртөт. Сүйлөм түзүү же сөздүн добуштук талдануышын жүргүзүү үчүн тапшырма берүү максатында мугалим балдарга бир сүрөттү, айталык, күчүктүн сүрө-

728635

түн көрсөтсө эле болду, балдардын көпчүлүгү ошол эле замат өздөрүнүн күчүктөрү же коншуларынын, болбосо көчөдөн көргөн күчүктөрү жөнүндө сөз кылып башташат. Өзүндө пайда болгон ойду бала кармап, токтотуп туруугa сабыры жетпейт, оюна эмне келсе, ошол тууралуу дароо ой бөлүшүүгө шашат.

Импульстук активдүүлүк эркке баш ийбейт, бул мезгилде аз да болсо ойлоно калуу, таразалап көрүү, муну жасоого арзыйбы, ушундай кылсам, азыр айтсам болобу деп бир чечимге келүү деген ойлор балага келбейт. Эмоциялык дүүлүгүүнү жогорулатуучу чарчоо балдардын импульстук активдүүлүгүн күчөтөт, ал эми социалдык-нравалык тажрыйбанын жардылыгы аларга сабырдуу жана жөндүү болууга, акыл-эстүү жана эрктүү болууга мүмкүндүк бере албайт. Актуалдуу керектөөлөр жана импульстук активдүүлүк жети жаштагы балдарга да мүнөздүү, бирок социалдык-нравалык тажрыйбанын кичине көбүрөөктүгү аларга өз жүрүм-турумдарын башкарууга жардам берет.

Оюн-зоок иштерине умтулуу. Алты жашар бала (албетте, алты жаштагылар гана эмес) оюн-зоокко умтулат, оюн-зоок ал үчүн жашоонун маңызы болуп эсептелет. Оюн-зоок деген эмне жана ага балдар мынча неге кызыгышат? Психологиялык айрым теориялар оюн-зооктун маңызын баланын артык баш энергиясынан арылуу менен түшүндүрөт. Бирок мындай көз караш: бул артык баш энергия кайдан чыгат балада? Эмне үчүн ал бул энергияны оюндун бир эле түрүнө кетирип тим болбойт, улам жаңы оюндарды баштайт? Ага мындай түрдүү оюндардын эмне кереги бар? Бир оюнга, айталык «мышык-чычкан» оюнуна жумшалган энергия башка оюнга, мисалы үстөл хоккейин ойногонго караганда кыйла эле башка багытка жана башка энергия булагына ээ болушу мүмкүн эмеспи? деген сыяктуу суроолорго так жооп бере албайт. Болжолу, оюндун психологиялык табиятын түшүндүрүүнүн мына ушул суроолорго жооп берүүдөн баштоо керек окшойт, антпегенде эмне үчүн бала ушунчалык ынтызарлык менен бир оюндан экинчисине өтүп турары, эмне үчүн бир оюнчукту таштап коюп экинчисине жармашары, ойноп жатканда чоң киши тоскоолдук кылып же токтот десе, чырлап жиберери чындап эле түшүнүксүз болуп калат. Мында белгилүү советтик психолог Д. Н. Узнадзе тарабынан негизделген функционалдык тенденция концепциясы бизге жардам берет. Бул концепциянын маңызы эмнеде турат? Ошонун табиятына, мазмунуна токтоло кетүүнү туура көрдүк.

Бала төрөлгөндөн эле генетикалык жактан аныкталган

белгилүү бир тубаса функцияларга, күчкө, мүмкүнчүлүктөргө ээ болот. Алардын айрымдары төрөлөр замат эле же төрөлгөн мезгилдеги алгачкы күндөрдө эле кыймылга келип иштей баштайт (эненин эмчегин эмүү буттарын же колдорун кыймылдатуу, үн салуу), калгандары баланын жашоо тиричилигинде ар башка убакыттарда ишке кирет (басуу, чуркоо, сүйлөө, ойлоо ж. б.).

Баланын күндөлүк жашоосунда акырындап аракетке келип турган айрым функциялардын мындай ырааттуулук, биринчиден тубаса жөндөмгө, экинчиден, функциялардын тигил же бул группаларынын, комплекстеринин өз убагында пайда болушуна өбөлгө түзүп, алардын өнүгүшүнө жана калыптанышына түрткү берүүчү курчап турган айлана-чөйрөгө жараша болот. Айталык, төрөлгөндөн кийин эле белгилүү күчтөрдүн генетикалык жактан шартталган өз убактысы келмейинче бала дароо басып кеталбайт, бирок, ал өнүгүп жана бутуна туруп басуучу форманы алсын үчүн адам камкордугу, баланын кыймылын пайда кылуучу, кас-кас турууга жардам берип көндүрүүчү жыгылбай басып кетүүгө шарт түзүүчү ынгайлуу чөйрө керек.

Атайын уюштурулуучу педагогикалык процесс аркылуу функционалдык күчтөрдү өнүктүрүү жөнүндөгү маселеге биз кийин кайрылабыз, бул жерде азырынча алардын өз ара катнашына, оюндар менен байланышына гана токтолобуз. Ички күчтөр, функциялар аракетке келтирүүчү импульстарга, өнүктүрүүчү тенденцияларга ээ. Ошондуктан тигил же бул функция, функциялардын группасы активдүүлүккө багытталганда, бул учур бала үчүн, баарынан мурда оюнга кызыгуу катары пайда болот. «Ойногум келет» деген сөз түпкүлүгүндө функционалдык күчтөр баланы «эркин» иш-аракетке түрткүлөгөндүгүн билдирет жана анын кайсы оюнду каалагандыгынан улам бул учурда кайсы күчтөр аракетке келип жаткандыгын аныктоого болот. «Ойногум келбей калды» деген сөз түпкүлүгүндө ушул учурда функциялардын бул группасы өз «энергиясын» жумшап койгондугун жана убактылуу эс алууну талап кылгандыгын билдирет, бирок ушул эле учурда функциялардын башка бир группасы аракетке келиши мүмкүн, ошондо бала бул функциялардын өнүгүшүнө мүмкүндүк берүүчү башка оюнга аралашып кетет.

Ошентип, функциялык тенденциялардын маңызы баланын ички, тубаса күчтөрүн аракетке келтирүүчү түрткүлөргө ээ экендигинде, өздөрү өсүп-өнүгүүгө умтула тургандыгында, кыймыл жана өнүгүү алардын табигый шарты экендигинде. «Ойногум келет» жана «Ойногум келбейт»

дегендер ички (интерфункциялык) күчтөрдүн эмоциялык толгонуусунун эле өзү. Демек, оюн артыкбаш энергияларды жумшоо жолу эмес, өсүп-өнүгүүнүн негизги, башкы формасы, функциялык тенденциянын ички эркин формасы болуп эсептелет; функциялар жана алардын комплекстери табияты боюнча бири-биринен айырмалуу болгондуктан, алар баланы ар түдүү мазмундагы оюндарды ойноого аргасыз кылат. Өнүгүүгө умтулган күчтөргө туура келбеген, чымырканган иш-аракетке көмөк бербеген оюндар менен оюнчуктар баланы тез эле тажатып жиберет. Ошол эле мезгилде адамдык жашоо-тиричиликтин көптөгөн элементтерин жана түрлөрүн бала оюндар жана оюнчуктар аркылуу мыкты өздөштүрө тургандыгы ачык-айкын.

Эгерде оюн иш-аракетке ички кыймыл-аракет жана интерфункциялык күчтөр түрткү берсе, анда бул күчтөрдүн аныкталышына, өнүгүшүнө жана калыптанышына жараша оюнга муктаждык азайып, иштин башка түрүнө (көңүл ачуу, окуу, эмгек) орун бериш керек. Чындыгында да ушундай. Көптөгөн функциялардын эң эле ыкчам өнүгүшү баланын 7—9 жашына туура келет, ошондуктан бул куракта оюнга кызыкчылык өтө күчтүү келип, оюн өнүгүүнү башкаруучу иш түрүнө айланат. Анда баланын инсандык сапаттары, анын турмушка, адамдарга жасаган мамилеси калыптанат.

Функциялык тенденциянын күчүнөн улам алты жаштагы бала оюнсуз, жигерсиз жашай албайт. Оюн иштерин токтотуп, баланы интерфункциялык күчтөрдүн аракетине каршы келүүчү башка бир нерсеге тартуу — анын ургаалдуу өнүгүшүн жана шык-жөндөмдөрүнүн ар тараптуу ачылышын кечендетүүгө жатат. Так мына ушул себептен алты жашар баланы окуу эмгегине зордоп көндүрүү зыяндуу нерсеге: баланын мектепти, окууну, китепти, педагогдун өзүн сүйбөй калышына алып келет.

Бул айтылгандарга байланыштуу мындай суроо келип чыгат: мектепте алты жашар баланы кантип окутуу жана тарбиялоо керек, окуу-тарбия процессинин мүнөзү жана багыты кандай болууга тийиш? Буга жооп берүүдөн мурда бүткүл башталгыч класстарда окутууга байланыштуу чоң маанеге ээ болгон психологиялык башка жагдайларды карап көрөлү.

Балалык деген эмне. «Балалык» деген түшүнүк психологиялык жана педагогикалык сөздүктөрдө өз аныктамасын алган эмес. Бул, эң тангалычтуу, анткени анын мазмуну жөнүндө так түшүнүккө ээ болбой туруп балдар психологиясынын, курактык жана педагогикалык - психоло-

гиянын негизги жоболорун, ошондой эле баланын көптөгөн аракеттерин жана жүрүм-турумун ачык түшүнүүгө мүмкүн эмес.

Балалык адамдын алгачкы жашоо-тиричилигинин белгилүү бир мезгили. Бирок, бул курак кийинкилеринен кандайча айырмаланат? Жөнөкөй түшүнүктөн алганда балалык деген сөз баланын бейкапар түйшүксүз жашоосу менен байланыштырылат: эгерде бала өзүнүн керектөөсүн канааттандыруудан башка эч нерсени ойлобосо жана оюн-зооктон башканы билбесе, анда ал балалыктан чыга элек деп эсептелинет.

Балалыкты, албетте, жаш кураксыз элестетүүгө болбойт жана сөзсүз чоң кишилердин камкордугуна, коргоосуна муктаж. Ошондуктан бөбөктөргө карата биздин камкордугубуз кандай болуу керек, аларды эмнеден коргоп, эмнеден сактоо керек экендигин билип алуу талап кылынат. Балалык, бул — бейкапар жашоонун «бейиш» мезгили деген ойго таянып, баланы бул абалдан чыгарууга жана аны турмушка башкача кароого аргасыз кылуучу ар кандай өзгөрүүлөргө каршы болгонубуз туура болор беле? Атайын түзүлгөн шарттардын жардамы менен биз баланы ушул «бейиштик» дүйнөдө көбүрөөк кармасак, ал баланын өсүп-өнүгүшүнө пайдасын тийгизер беле? Албетте, биз муну менен балага зыян гана алып келебиз, бул балалыкты коргоо эмес, анын маңызын бурмалоо болуп эсептелет. Тилекке каршы кээде ушундай болуп, айрым балдар балалык жаштан өтүп кеткенине карабай, балалыктан, б. а. өзүнүн кечээ күнкүсүнөн көпкө дейре чыга алышпайт. Бул жакшылыкка алып келбейт, мындай балдар турмуштун бир тепкичинен экинчи тепкичине өз убагында көтөрүлө алышпай калат.

Бирок бардык мындай көз караштар конкреттештирүүнү талап кылат.

Биринчиден, балалык турмуштун бейкапар жана «бейиш» мезгили эмес. Бул бизге, чоң кишилерге, өзүбүздүн турмуштук проблемаларыбызга салыштырмалуу балдарда эч кандай түйшүк жок, алар дайым эле ойноп, шатыра-шатман жүрүшкөндөй сезилет. Мындай түшүнүк туура эмес. Балдардын турмушунда, чондордукуу сыяктуу эле, татаал, чечүүгө өтө кыйын, ал турсун кээде чечилбей калуучу проблемалар көп болот, ал проблемалар тынчсыздануугa, капаланууга, татаалдыкты жеңүүгө, күрөшүүгө, кубанууга мажбур кылат. Балдардын өз ич-арасында жана балдар менен чоң кишилердин ортосунда татаал мамилелер келип чыгат. Бизге болбогон нерсе катары сезилген — эмнеге

мушташат, эмнеге ыйлайт, кайсыга кубанат дегендер бала үчүн майда-барат нерсе эмес, жашоонун маңызы болуп эсептелет. Ошентип, балалык жөн эле убакыт өткөрүү, шайыр-шатман жашоо эмес. Балдардын жашоосу кээде кыйла татаал болуп, алардын турмушу көп кырдуу жана маңыздуу экендигин байкабаган чоң киши аларды тарбиялоодо жаңылыштыктарды кетирип коюшу мүмкүн.

Экинчиден, чыныгы балалык — бул келечекке умтулуу, бул тынымсыз чоңоюу. Бала чоң киши болгусу келет. Анын күндөлүк турмушунун мүнөзү, багыты чоңоюуга умтулууну, чоң киши болууну каалагандыкты дайым далилдейт. Эгерде баланын кылган ишин, оюндарынын мазмунун кылдат байкап талдаса, анда ал көпчүлүк учурда чондорду туурооого умтула тургандыгын, өзүн чоң киши кылып көрсөтүп, чоң кишилердин ролун аткарарын даана эле сезүүгө болот. Биз көпчүлүк оюндарда балдар эненин, атанын, врачтын, машина айдоочунун, куруучунун, мугалимдин солдаттын, сатуучунун ж. б. ролун ала тургандыгын байкайбыз. Өзүнөн кичүүнүн ролун алган учурду табуу кыйын. Балдардын өз ара талашып-тартышып жаткан сөздөрүнө кулак салсак, анда: кубиктерден кантип үй курууга болот? Оюнчуктарды кантип бөлүштүрөбүз? деген сыяктуу чондор үчүн эч нерсеге арзыбаган суроолорду кадимкидей чоң сөз кылып сүйлөшкөндөрүн байкайбыз. Мына ушундай учурлар алар бейкапар калбай, турмуштук мааниси бар проблемалар менен алек, мындай алаксуу да аларды чоңоюуга жетелейт. Бала дайыма өзүнүн оюну үчүн чоң киши болуу таламын канааттандыруучу оюнчуктарды тандайт. Оюнчук же балдардын жашына туура келген эмгек куралдары — кичинекей күрөктөр, балкалар дал ушул максатта жасалат, буга куурчактарды ж. б. да киргизсе болот. Ал эми балдардын суроолоручу? Алар көп учурда балалык түшүнүктүн чегинен өтүп кеткенин байкоо кыйынбы? Чоң кишилер кээде өзүнүн түшүндүрүп берүүсүн «чоңойгондо билесиң» дешип кийинкиге калтырып коюшат.

Балалык турмуштун, балалыктын маңызы, ошентип тезирек чоң киши болууга умтулуунун эле өзү. Бул тенденцияны балдар өздөрүнүн күндөлүк турмушунун бардык формасында: оюндарында, таанып билүүлөрүн канааттандырууда, тентектенүүдө, өз алдынчалуулукка өжөрлөнүүсүндө ишке ашырат. Буга 5—6 жаштагы азыркы балдардын тамга таанууга, окууга болгон ынтызарлыгы күбө.

Эгерде балалыкты ушул жагдайдан карасак, анда балдарга карата мамилебизди башкача түшүндүрүү керек. Алар менен сүйлөшкөнүбүздө биз баарынан мурда балдар-

дын чоңоюуга умтулуусун эске алууга тийишпиз. Балага дайыма эле анын али кичинекейлиги, жаштыгы жөнүндөгү эске салуунун, өтө эле бөпөлөөнүн, жөнү жок кур насаатчылыктын анча зарылдыгы жок. Бала жөнүндөгү камкордугубуз ал биздин мамилебизден өзүнө чоң кишидей кайрылууну: ишеним көрсөтүүнү, маанилүү иш тапшыруунu, аны менен эсептешүүнү сезип, анын аркасында бой тартуу процесси таасирдүү болгондо педагогикалык маанiге ээ болот.

Тарбиялоонун милдети балдарга алардын чоңоюшуна жардам берүүдө, бул жолдогу эң бир майда иштерди да колдоп турууда. Ушундай гана жол менен алардын нукура балалыгын камсыз кылууга болот. Биз көп учурда баланын эркелеп өсүшүнө, оюнчуктарды көбүрөөк берип, оюндагысын жасоого далалат кылабыз да, аларды эмгек кылуудан, жумуш жасоодон, ал турсун өзүн өзү тейлөөчү иштен да калкалап турабыз. Мындай камкордук баланын чоңоюп жетилишин жайлатып жана ошону менен балалыктын өзүн өксүтөт. Албетте, бөбөктүн өсүп-өнүгүшү үчүн ылайыктуу оюнчуктарды таап берүү да, атасы менен бирге көңүл ачуу да майда-барат нерсе эмес, бирок эң башкысы, биз аларды кандай баамдап түшүнгөнүбүздө, алар менен кандайча ымалада болгонубузда, муну бала кандай кабылдагандыгында турат. Балалыктын кубанычы менен жыргалдуу ой-санаасы дегеле оюнчуктарда же оюндагысын орундаткандыкта эмес, өзүн турмушта тааный билүүсүндө, өзүнүн келечегине жакындап умтулуусунда. Мына ошондуктан балдар өздөрүнүн өз алдынчалуулугун белгилей турган кылык-жоруктарды жасайт, өздөрүн чоң кишилердин дүйнөсүнө жетелеп баруучу оюндарды ойношот жана оюнчуктарды алышат. Не бир күтүлбөгөн окуялуу, татаал жана жеңишчил, келечекке умтулган ишкердик биздин балдардын чыныгы балалыгы болуп эсептелет. 80-жылдардын алты жашар балдарынын көптү билүү үчүн, окууга, жазууга эсептөөгө үйрөнүү үчүн, жаңы досторду күтүү үчүн мектепке барууну каалоосу балалык — бул маани-маңызын мазмундуу, кызыктуу, акыл-эстүү, өз алдынчалуу турмушка умтулуу түзгөн жетилүү экендигинин дагы бир далили болуп саналат.

«Окугум келет!» Алты жашар балдардан биз «Мектепке баргым келет, окугум келет!» деген сөздү көп угабыз. Ошондой болсо да мектеп жашына чейинки балдардын өздөрүнүн «балалык» турмушун өзгөртүүгө умтулуусу — бул али окуу ишинин мотиви боло албайт. Аларды окуунун өзү кызыктырбастан, анын натыйжасы кызыктырат: алар

окуганды, жазганды үйрөнгүлөрү келишет, бирок андай ыкка, көндүмгө ээ болуу үчүн канчалаган аракет, түйшүк керек болору жөнүндө түшүнүктөрү болбойт.

Ошентип мындай суроо туулат: биздин уюштурган окутуу бала күткөндөргө, аны өсүп-өнүгүшүнүн табиятына туура келеби, бул процесстен бала өзү умтулган жашоону таба алабы, окуу ал үчүн инсандык маанидеги ишке айланабы?

Мектеп деген мектеп, ал эми окуу — татаал жана олуттуу эмгек, андыктан өзүнүн мазмуну, өз ара мамилелери калыптанган окутуу процесси мектеп окуучуларынын көнүлүнө төп келиши дегеле милдеттүү эмес, деген бир бетке жөнөкөй жооп менен чектелсе да болор эле. Айрым окумуштуулар ушундай деп эле айтышат: калыптанып калган окутуу процесси модификацияланып, баланын каалоосуна, б. а. жаш өзгөчөлүктөрүнө туура келгидей болуп кайра түзүлбөй мектепке келген алты жаштагы бала мектеп тартибине, калыптанып калган окутуу процессинин шарттарына баш ийиши керек. Жети жашар балдар менен кандай иштесе, алты жаштагылар менен деле так ошондой иштешкен мугалимдер да жогорудагы окумуштуулардын көз карашын жакташат. Бирок мындай жеңил баа мамиле алты жаштагы балдарды системалуу окутуунун тартибине көндүрүү максатына жооп бербейт, анткени ал алардын бардык шык-жөндөмдөрүн жана жалпы эле инсандык жогору өнүгүшүн камсыз кылууга мүмкүндүк бербейт. Ал мүмкүн болсун үчүн окутуунун багыты жана мүнөзү өсүп жетилген психологиялык күчтөрдүн таламдарына жооп берип, алардын андан ары өркүндөшүнө түрткү бериши зарыл. Башкача айтканда, баланын окуп жана тарбия алууну каалоосу педагогикалык процессте таанып-билүү жана өзүн өзү тарбиялоо таламына өсүп чыгууга тийиш. Мында психологиялык кайсы факторлорду эске алуу зарыл?

Мүмкүнчүлүктөрдү өз убагында ишке ашыруу керек. Бала төрөлгөндө эле адамдык маданиятты өздөштүрүүнүн универсалдуу жөндөмүнө, адам болуунун эң жогорку мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуп төрөлөт. Бул универсалдуу жөндөм функциялык күчтөрдү, мүмкүн болгон адамдык кыймыл-аракеттердин механизмдерин (эки аяктап басуу, сүйлөй билүү, ойлонуу, эсте сактоо, кайра түзүү ж. б.) өз ичине камтыйт. Бирок бул мүмкүнчүлүктөрдүн бардыгы тийиштүү социалдык жана материалдык чөйрө, максаттуу окутуу жана тарбиялоо шарты болгондо гана ишке ашырылышы ыктымал. Көптөгөн функциялардын, эң жогорку мүмкүнчүлүктөрдүн жана алардын механизмдеринин ка-

сигналдары белгилүү бир мезгилде гана аракетке келиши жана өнүгүшү мүмкүн, аларды убактылуу токтотуп коюуга болбойт. Тигил же бул функцияның өнүгүшүн кандайдыр бир ыңгайлуу убакытка кечендетип коюу жарабайт. Бул иш жүзүндө өнүгүүнү атайылап, жасалмалуу түрдө кечендетүү болуп эсептелет жана да ал кемчиликтин ордун эч качан толтурууга болбойт.

Айтылгандарды ырастап, белгилүү эки мисалды келтирели.

1920-жылы индиялык психолог Рид Сингх карышкырлардан эки кызды бошотуп ала алган: кыздардын бирөө болжолу сегиз жашка, экинчиси бир жарым жашка келип калышкан. Кыздарды балтыр эт кезинде карышкырлар алып кетсе керек. Алар төрт буттап басып, адамдардан коркушкан, айбат көрсөтүп ырылдашкан, түнкүсүн карышкырларча улушкан. Сингх аларды кайра тарбиялоого, адамча жашоого үйрөтүүгө аракет жасаган, бирок ондуу эч нерсеге жетиште албаган. Кыздардын кичүүсү бир жылдан кийин өлүп калган. Улуусу 17 жашка чейин жашаган. Ал карышкырлык айрым адаттарды унуткан, ошондой болсо да, шашкан кезекте төрт аяктап калчу. Сүйлөй да алган эмес, болгону 40 сөздү туура колдонууга аракет жараган. Адамдык мамиле ал үчүн таптакыр жат бойдон калган.

Газеталарда Африканын токойлорунан жашы болжолу 10—12 ге келип калган ак жүздүү баланы кармап алышканы жазылган эле. Ал маймылдар менен бирге жашап, маймылдардын дал өзүндөй болуп калган. Окутуп үйрөтүү далалатына карабастан ал адамдык сүйлөө речин кабыл албаган, ал турсун күлүп жылмайганды да билген эмес.

Эми башка бир түрдөгү мисалды келтирели. Парагвайда бүгүнкү күндө белгилүү болгондордун ичинен эң артта калгандардын катарына кирген гуайкилердин тукуму жашайт. Негизинен алар жапайы аарылардын балы менен тамактанышат, тамак таап жеш максатында дайыма көчүп-конуп жүрүшөт. Чоочун кишилерден качып турушат, чала моңол жөнөкөй тили бар. Булардын эски журтунан француздук Велар деген этнограф эки жаштагы кызды таап алган. Окумуштуу аны Францияга алып келген да, тарбиялаш үчүн аны окумуштуунун апасы алган. 20 жылдан кийин (1958-жылы) ал өзүнүн өнүгүшү боюнча европалык интеллегенттүү аялдардан айырмаланган эмес, этнограф болгон; француз, испан жана португалия тилдерин үйрөнгөн.

Мына ушул чындыктуу фактылардан эмне деген жыйынтык чыгарууга болот?

Биринчи кезекте балада адамдык өсүп-өнүгүүгө тубаса жөндөмү жашоонун алгачкы 8—10 жылында көбүрөөк же азыраак өлчөмдө ишке ашаарын айтышыбыз керек. Жети жашка чейин карышкырлар менен жашаган кыздын эмне үчүн тили чыккан эмес? Эмне үчүн төрт аяктап чуркаганды ылайык көргөн? Акырында, эмне үчүн адамдык чөйрө, максаттуу тарбия ал кыздын сезимин ойгото алган эмес? Анткени, сүйлөөнүн жаралуу механизми иштей баштап, ага бала толук даяр болгон кезекте ал карышкырлардын үйүрүнө кабылып калган. Бул механизмдер аракетке келүү менен карышкырдын үн сигналдарын кабыл алган да, качан ал толук калыптанып бүткөндө анын функциялары жоюлуп, бала адамча сүйлөөнү үйрөнүү жөндөмүн түбөлүк жоготкон. Ойлонуу процесси да ушундай эле болгон: бул функциялык тенденция да карышкырлардын чөйрөсүндө калыптанган. Ушул эле себептен улам кыз адамдар арасында он жыл жашаса да адамча баспай, төрт аяктап басуудан кутула алган эмес.

Гуайкилдер уруусунун кызынын тарыхы болсо адамга тиешелүү болгон жөндөмдөрдүн өз убагында өнүгүшүнүн жаркын мисалы. Бул кыз эки жашта болбой, 8—10 жашка чыгып калса, бул куракта адамдык ойлонуу жана сүйлөө речине үйрөнүү жөндөмү толук жоголбой тургандыгына карабастан, тарбиянын натыйжасы мынчалык сонун болбос эле. Гуайкилдер тукумундагы эки жашар кызды цивилизацияланган коомдо тарбиялоонун ийгилиги функциялык күчтөрдүн өнүгүшүнүн убактык мезгилдери жаңы эле башталганы же ал али аяктай электиги менен түшүндүрүлөт. Башкача айтканда, кыз максаттуу тарбиянын таасирине өз убагында кабылган, тактап айтканда адамдык шыктардын механизмдеринин кыймылынын жана жетилишинин эң ургаалдуу мезгилине туура келген.

Мында биз экинчи бир маанилүү жыйынтыкка келебиз: бала адамдык чөйрөдө гана, адамдар коомунда гана адам боло алат, ал эми педагогикалык процессти болсо баланын ички күчтөрүнүн жана бардык мүмкүнчүлүктөрүнүн аракетин активдештиргидей жана өнүгүүнү аягына жеткирүүгө, оптималдык деңгээлде калыптандырууга мүмкүндүк бергидей жүргүзүшүбүз зарыл. Белгилүү советтик психолог А. Н. Леонтьев (анын «Психиканын өнүгүү проблемалары» деген китебинен гуайкил тукумундагы эки жашар кызды тарбиялоо жөнүндө келтирилген жогорку мисал алынды) мындай деп жазат: «Эгерде балдар эң кичине

чагынан (бул жана мындан кийинки өзгөчө белгилөөлөрдү мен жүргүздүм — *Ш. А.*) коомдон тышкары жана коом тарабынан түзүлгөн кубулуштардан тышкары өсүп-өнүгүшсө, анда алар айбанаттардын өнүгүү деңгээлинде калышат (Р. Сингх) деген түшүнүктү айгинелеген так жана жеткиликтүү фактылар азыркы мезгилдеги илимге жетишерлик түрдө белгилүү. Балдарда сүйлөө жана ойлонуу гана калыптанбай калбастан, алардын кыймыл-аракети да адамдыкына окшобойт; ал тургай алар адамдарча эки аяктап басууга да үйрөнө алышпай тургандыгын айтуу жетиштүү болот. Мындан тескерисинче учурлар да белгилүү, башкача айтканда, экономикалык жана маданий өнүгүшү боюнча эң төмөн турган элдин балдары жогорку маданияттуу шартка кыйла эрте аралашышса, анда аларда ушул маданиятка толук тартылуу үчүн зарыл болгон бардык жөндөмдөр калыптанат». (Леонтьев А. Н. Проблемы развития психики. М., 1981, 415—416-б.)

Бүгүнкү бала мектепке эң чоң мүмкүнчүлүктөр менен келет. Бирок алар реалдуу күчкө айланып, инсандык касиеттерге ээ болушу үчүн жана алардын негизинде бала «адам болуп чыгыш» үчүн максаттуу, тарбиялоочу, билим берүүчү, калыптандыруучу, өнүктүрүүчү педагогикалык процесс керек. Бул процесске убакыт мезгилдерин киргизүүнүн аркасында функциялык күчтөрдүн аракеттери менен калыптанышы узартылгандай болот, бул аларды эң өркүндөтүүгө мүмкүндүк берет. Бул адамды коомдогу турмушка даярдоо, аны дүйнөнү жана өзүн өзү таануурга, чыгармачыл эмгекке жана болмушту өзгөртүүгө, маданиятты өнүктүрүүгө жөндөмдүү кылуу дегенди билдирет.

Мына ошондуктан балдардын алты жаштан баштап мектеп босогосун аттагандыгынын максатка ылайыктуу экендигинен күнөм саноого болбойт. Бардык маселе окуу-тарбия процессин баланын болгон мүмкүнчүлүктөрүн жана керектөөлөрүн канааттандыргандай уюштурууда турат. Башкача айтканда, кенже окуучулардын мектеп турмушун көп кырдуу, эмоциялык жактан бай, алардын функциялык күчтөрү менен параметтерин ургаалдуу өнүктүрүүгө көмөкчү болгудай кылып уюштурууда турат.

Өнүгүүнүн эртеңкисин эске алуу. Өсүп-өнүгүү кандайча жүрөт? Мында психологиялык мийзам ченемдүүлүктөр кандай милдет аткарышат? Бул суроолордун маңызын мен Л. С. Выготскийдин жана Д. Н. Узнадзенин психологиялык концепцияларынын негизинде чечмелеп берүүгө аракеттенем.

Л. С. Выготский өнүгүүнүн өз ара байланыштуу эки

зонасы жөнүндөгү идеяны: актуалдуу жана жакынкы өнүгүү идеясын айткан.

Актуалдуу өнүгүүнүн зонасы бала үйрөнүп калган иштердин, көнгөн көндүмдүктөрүнүн системасын чагылдырат. Бала алардын негизинде таанып-билүүчүлүк милдеттерин жана башка милдеттерди өз алдынча чечүүгө жарап калат. Актуалдуу өнүгүүнүн деңгээли жакынкы зонаны шарттайт, б. а. бала өз алдынча же окутуу процессинде чоң кишилердин көмөгү менен үйрөнө турган иштердин чөйрөсүн шарттайт. Жакынкы өнүгүү зонасы — бул баланын эртенки күнү. Ынгайлуу учурлардын өтүшү менен ал эртеби, кечпи, өзүнүн эртенки күнүнө келет. Атайын уюштурулган, максаттуу педагогикалык процесстин шартында бул кыйла тез жана натыйжалуу жүрөт. Эгерде тигил же бул ички күчтөрдүн өнүгүшүнө сыртқы шарттар өз ынгайын тийгизбесе, анда ал ички күчтөрдүн дегеле ачылбай калышы же аракеттердин туура эмес формасын алып калышы мүмкүн.

Актуалдуу өнүгүүнүн зонасы менен өз ара аракетке келип, жакынкы өнүгүү зонасы бала тарабынан акырындап өздөштүрүлөт. Ошентип ал актуалдуу өнүгүүнүн жаңы баскычына көтөрүлөт да, натыйжада жакынкы өнүгүүнүн жаңы зонасы келип чыгат. Бул көрүнүштү канчалык жакындаган сайын уламдан-улам арылап алыстай берген горизонт менен салыштырууга болот. Бирок мында айырмачылык да бар, горизонт чексиз арылап жыла берет, ал эми актуалдуу өнүгүүнүн зонасы болсо баланын жашы илгерилеген сайын жакынкы өнүгүү зонасына улам жакындай берет, б. а. болгон бардык мүмкүнчүлүктөр өзүнүн калыптанышын аяктайт. Айтылгандарды дааналап көрсөтүүгө кандайдыр бир өлчөмдө көмөк берүүчү окшоштук жагдайды пайдаланайын. Бала кичинесинде өтө тез өсүп, ага чак кийим-кечекти алып берүүгө үлгүрбөй калабыз. Акырындап анын чоюшу 17 жашка келгенде жайлап, эреже катары чегине жете токтолот. Баланын ички, функциялык күчтөрүнүн, бардык болгон мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүшүн да ушундайча түшүндүрүүгө болот.

Андан ары эмне болот? Психиканын бардык тармагынын калыптанышы адамга ар тараптуу активдүү ишмердикти өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет, бул ишмердиктин өнүгүү процессинде, биринчиден, адам өзүнүн эс-акылын жана жөндөмүн бекемдейт жана өркүндөтөт, жаңы көндүмдөргө ээ болот, экинчиден, материалдык жана рухий байманаларды түзөт, ошону менен жалпы адамзаттын маданиятына өз салымын кошот. Адамдын жашоосунун мына

ушул мезгилинде өнүгүүнү таанып-билүү, эмгек жана башка ишмердиктин ыкмаларын өркүндөтүү, байытуу катарында карасак болот. Баланын болгон бардык күчтөрү канчалык ар тараптуу, гармониялуу жана толук өнүксө, ал чоңойгондо анын иш-аракети ошончолук маңыздуу, көп кырдуу жана ийгиликтүү болот, ал аны ишке ашыруу жолдорун ошончолук тез үйрөнүп, тез өзгөртө алат.

Окутуунун жана өнүктүрүүнүн катнаштары жөнүндөгү маселелердин чечилиши өнүгүүнүн эки зонасы менен байланышкан. Бала ээ болгон бардык нерсе — ал анын кечээки күнү, өтүп кеткен этап. Өнүгүүнүн акыркы циклдерине таянып жүргүзүлгөн окутуу өзгөчө ийгиликтерге алып келбейт, анткени баланы ал алдыга жетелеп кете албайт, демек баланын өнүгүүдөгү функциялык керектөөлөрүн канааттандыра албайт. Окуучу үчүн баары женил болгон окуу баланы кызыктырбайт, таанып билүү жана ийгиликке кубануу сезимине алып келбейт.

Эгерде окутуу өнүгүүнүн актуалдуу деңгээлинен алдыда туруп, жакынкы өнүгүүнүн зонасында жайланышкан күчтөрдү аракетке келтиргенде гана өнүгүүнүн жүрүшү интенсивдүү болот. «Педагогика баланын өсүп-өнүгүшүнүн кечээкисине эмес, эртеңки күнүнө таянууга тийиш. Ошондо гана бул мезгилде жакынкы өнүгүүнүн зонасында жаткан өнүгүү процесстерин окутуу процессинде аракетке келтирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот»[1]. «Өнүгүүнүн алдында жүргөн жана өнүгүүнү өзү менен ээрчите жүргөн балалык курактагы (атайын белгиледим — *Ш. А.*) окутуу гана жакшы окутуу болот»[2]. Л. С. Выготскийдин пикири боюнча баланын өзү жетилип калган өз мүмкүнчүлүктөрүнүн деңгээлинде турбастан, өнүгүүгө даяр турган тенденциялар деңгээлинде турат. Дал ушул тенденциялар баланын эртеңки күнүн аныкташат. Бул идеяны Л. С. Выготский андан ары минтип өнүктүрөт: «Окутуу менен өнүгүү тикеден-тике дал келишпейт, алар эң эле татаал өз ара катнашта турган эки процессти билдиришет. Окутуу өнүгүүдөн алдыда жүргөндө гана жакшы. Ошондо ал жакынкы өнүгүүнүн зонасында жайланышкан жана жетилүү деңгээлинде турган бир катар функцияларды ойготот жана аракетке келтирет... Окутуу жакынкы өнүгүү зонасы менен аныкталган мезгилдин чегинде барып гана бүтсө, ошондо ал кыйла жемиштүү болот»[3].

Эгерде ушул жоболорду алты жаштагы балдар үчүн

[1] *Выготский Л. С.* Собр. соч.: В 2 т. т. I. М., 1982. 251-б.
[2] Ошол эле китепте. 250-бет.
[3] *Выготский Л. С.* Собр. соч. В 2 т. т. I. М., 1982, 252-б.

колдонсо, анда ушул куракта окутуу өнүгүү талап кылган күчтөрдү активдүү аракетке келтирет. Окутуунун жазуу, окуу жөнөкөй эсептөө түрүндөгү мазмуну жети же сегиз жаштагыларга караганда алты жаштагы балдардын өнүгүүчү күчтөрүнө көбүрөөк туура келет. Л. С. Выготский минтип жазат: «Балдарды эрте жашында тамга таанууга жана жөнөкөй эсептөөгө үйрөтүү тажрыйбасын жыйынтыктоо менен лейпцигдик жана американдык мектептер 7—8 жаштагы балдарга караганда 5—6 жаштагы балдарды тамга таанууга үйрөтүү жеңил экендигине ишенишкен. Айрым бир москвалык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы да ушуну эле көрсөткөн: тогуз жашка караган куракта балдардын сабаттуулукка ээ болуусу андан эрте окугандарга караганда кыйла татаал болот[1].

Муну эмне менен түшүндүрүүгө болот? Анткени, өзүнүн өнүгүү процессинде бала сабаттуулукка ээ болуп, математикалык жөнөкөй амалдарды аткарууну үйрөнүп алууга мүмкүн болгон жана өнүгүүнү талап кылган функциялар 9 жашка караган куракта эле эмес, ал турсун 7—8 жаш куракта эле өзүнүн аракетин токтотуп коёт, же мындан да тагыраагы, колдонуунун кыйла татаал тармагын издеп калат. Мына ушул себептен алты жаштагыларга караганда андан улуу жаштагылар 1-класстын программасын кыйналып өздөштүрүшөт. Алты жаштагы балдардын бул программаны жеңил өздөштүргөндүгү алар үчүн материалдын жеңилдигинде эмес, алар зор ынтаа менен окугусу, жазгысы, эсептегиси келишкендигинде, б. а. алардын өнүгүүчү функциялары кыйынчылыктарды жеңүү менен алга жылуу үчүн бул материалдардан эң ынгайлуу шарттарды табат. Мында да, эгерде: жеңил, анткени татаал, татаал, анткени жеңил деп айтсак эч кандай деле баш катырмалуу болбойт. Чечилиши баладан эч кандай күч-аракетти талап кылбаган таанып-билүүчү маселелер ондуу эмоцияларды пайда кылбайт, башкача айтканда, бала мында алдыга умтулуу сезимин баштан кечирбейт, өнүгүүгө багытталган мүмкүнчүлүктөрүнүн канааттанышын сезбейт. Натыйжада мындай маселелерди чечүүнү каалабагандык келип чыгат, окуунун мотиви жок болот. Таанып билүүнүн максатсыздыгынан келип чыккан психологиялык ынгайсыздык кыйынчылыкты пайда кылган тоскоол болуп эсептелет. Акыл-эстин толук иштешин аракетке келтирбеген ишти колго алууда, баарынан мурда ага өзүн өзү даярдоо татаал. Жакынкы өнүгүүнүн деңгээ-

[1] Ошол эле китепте, 394-б.

лине жооп берген таанып-билүүчү маселе таанып билүүчүлүк күч-аракетти, жаңы мамилелерди издөөнү талап кылат, жетилген жана аракетке даяр функцияларды активдештирет. Бала маселеге кызыгып, аны чечүү жолдорун үйрөнүүгө умтулат, реалдуу, бирок колдон келчү кыйынчылыкты кандай да болсо женүүнү каалайт. Ошондуктан окуу процессинин өзү мажбурлоо мүнөзүндө эмес, тескерисинче, кызыктуу сабак катарында, билбегенден билгенге жеңиштүү кадамдоо катарында болот.

Ошентип, нукура педагогиканын милдети баланы анын эртеңки күнүнө багыттоодо турат. Бирок, бардык кыйынчылык актуалдуу жана жакынкы өнүгүштүн деңгээлин так аныктоодо. Айрым бир окуу маселелерине ылайык аларды чечүүдө критерий катарында өз алдынчалуулук даражасы мааниге ээ болушу мүмкүн. Эгерде бала тапшырманы өзү аткарса, анда бул үчүн зарыл болгон ыкмалар актуалдуу өнүгүүнүн зонасында жатат деп эсептөөгө болот. Эгерде бала чоң кишинин (мугалимдин, тарбиячынын) жардамысыз тапшырманы аткара албаса, демек анда маселени чечүү процессинде өзүнө таянууну талап кылган механизмдер али жетилбеген болуп, алар жакынкы өнүгүүнүн зонасында жаткандыгын билдирет. Бала чоң кишилердин жардамы менен да маселени түшүнө албаса, кубулуштун маңызын түшүнбесө, анда бул окуу ишмердигине туура келген функционалдык күчтөр жакынкы өнүгүү зонасынан тышкары жатат деп эсептөөгө болот. Мүмкүнчүлүктөрдү жана аларды ишке ашыруунун натыйжасын аныктоо мугалимдин чеберчилигине, анын жардамды өз убагында берүүсүнө, окуучу менен кызматташтык байланышты түзүшүнө жараша экендиги албетте, белгилүү. «Кызматташтыкта,— деп жазат Л. С. Выготский,— кимдир бирөөнүн жетекчилиги астында, бирөөнүн жардамы менен бала ар дайым өз алдынчага караганда көбүрөөк иш жасап, кыйла татаал маселелерди чече алат... Өз алдынча ишке караганда кызматташтыкта бала күчтүү да, акылдуу да болуп калат экен, ал өзү чечүүчү интеллектуалдык кыйынчылыктардын деңгээли боюнча жогору көтөрүлөт...»[1]. «Окутуунун бүткүл психологиясы үчүн борбордук момент,— деп кошумчалайт ал,— бул, кызматташтыкка жогорку интеллектуалдык тепкичке көтөрүлүү мүмкүнчүлүгү, баланын билгенинен биле элегине өтүү мүмкүнчүлүгү...»[2].

---

[1] *Выготский Л. С.* Т. I. 230-б.
[2] Ошондо эле.

Окуу материалы — мугалим — окуучу. Л. С. Выготский сыяктуу эле Д. Н. Узнадзе да башталгыч класстардагы окутуунун башкы милдетин баланын ички күчтөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылуудан көргөн. Окууда окулуп жаткан предмет башкы эмес, бул процессте активдештирилген күчтөрдүн өнүгүшү башкы нерсе. Таанып билүүчүлүк, эмоциялык, эрктик күч-аракеттер багытталган белгилүү бир окуу материалысыз психиканын бардык тарабы максаттуу өнүкпөшү талашсыз. Бул окуу материалы окуучуга сырттан берилет, анын мазмуну күн мурунтан аныкталат. Мына ушул жагдайда окутуу процесси мажбурлоо мүнөзүнө ээ болот: белгилүү мүмкүнчүлүктөрдү аракетке келтирүү жана алардын калыптанышын багыттап туруу үчүн зарыл болуучу билимдер жана ыкмалар окуучу тарабынан өздөштүрүлүшү керек. Бирок баланын ички күчтөрү менен окуу материалынын ортосундагы катнаш окутуу процессинин алардын өнүгүшүнө түрткү берүүсү үчүн кандай болууга тийиш?

Баарынан мурда окуу материалы, бир жагынан өнүгүүнүн актуалдуу деңгээлине туура келип, экинчи жагынан андан алда канча алдыда болууга, б. а. татаалдыгы боюнча андан ашып түшүүгө тийиш. Андай болбогон учурда өнүгүү негизги багытын жоготуп коёт. Эгерде балага сунуш кылынган окуп-таанып билүүчү маселелер анын күчүнө барабар, б. а. татаалдык деңгээлдери бирдей болуп калса, анда бала андан ары өнүгүүгө түрткү албай калат. Бирок, өз күчүнөн татаал болгон окуу материалдарын окуучу кантип өздөштүрөт? Албетте, өз күчүн толук жумшоого жана аны окуу материалын өздөштүрүүгө багыттоого анын кудурети келбейт: бул иште кандай кылууну билбейт. Мына ушул жерде педагогдун ролу керек экендиги түшүнүктүү. Педагог — окуучу менен окуу материалынын ортосундагы данакерлөөчү мугалим гана окуу материалын түшүнүүгө, кабылдоого, алар менен жүргүзүлүүчү амалдардын жолдорун үйрөнүүгө балага жардам берет, билгенди билбеген, али көрбөгөн менен, белгилүүнү белгисиз менен байланыштырат, ошону менен бирге мектеп окуучусунун билимин кыйла бийик тепкичке чыгарып жүрүп отурат. Окуучулардын окуп таанып-билүү ишмердигин башкаруу системасын мугалим окуучулар тарабынан өздөштүрүлүүчү окуу материалдарын методикалык жактан иштеп чыгуунун негизинде белгилейт. Эгерде ушул учурда мектеп окуучусунун ички күчтөрүнүн өнүгүү багыттарын эске алып, кыйла татаалыраак материалды сунуш

кылбаса, анда мугун өзү окуучуда билимге жана мугалимге болгон терс мамилени пайда кылат. Так эле ушундай учур түшүндүрүү (иштин методикасы) окуу материалынын жана баланын акыл күчүнүн деңгээлдерине ылайык келбей калганда да пайда болот.

Д. Н. Узнадзе окутууда педагогдун инсандык маанисин баса белгилеген. Бала, албетте, андабай туруп эле мугалимдин жардамына таянуу менен окуунун аркасында өз мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүгө умтулат. Ал тургай мектеп дегенде бала эң оболу мугалимди элестетет! Мындан бала үчүн жана анын ийгиликтүү окуусу үчүн мугалимдин инсаны кандай чоң мааниге ээ экендиги көрүнүп турат. Окутуу мугалимсиз ишке ашпайт, бирок ал кадыр-барксыз мугалим боло албайт. Мугалим кадыр-барктуу болгондо гана окуучу педагогикалык таасирге көнүп, педагогдун жардамы, кеңеши, көрсөтмөлөрү окуучунун өнүгүшүн кечеңдетпестен, анын окуу активдүүлүгүн жогорулатат.

Тарбиялоодогу конфликттердин булагы жөнүндө. Бала менен чоң кишинин, тарбиячы менен тарбияланууучунун ортосунда конфликттүү абал көп эле учурайт. Андай учур кээде кыйла курч, терең көрүнүшкө ээ болуп, өз ара мамиленин орой формасына өтүп кетет, айрым учурда бул абал тымызын жана көпкө созулуп, а кээде тез эле токтоп калат. Конфликтти жок кылуу — баарынан мурда чоң кишиге байланыштуу болот.

Тышкы көрүнүш жагынан конфликттик жагдайлар болжолдуу түрдө мына мындай болот: бала бизден бир нерсени талап кылат (айталык, балмуздак сатып бер дейт же көчөгө ойноп келем дейт ж. б. у. с.), а биз болсо кайсы бир себептер менен баланын өтүнүчүн аткарбайбыз, уруксат бербейбиз, тыюу салабыз же тескерисинче өзүбүз балага талап коебуз, ал болсо караманча болбойт, баш ийбейт, нааразы болот. Конфликттик абалдын шарттарында балдар кежирленип, оройлук көрсөтүшү, ал эми чондор болсо сабырдуулугун жоготуп коюшу мүмкүн. Ачуугa, жөнү жоктукка туш келген терс эмоциялык шартта тарбия процесси башкарууга келбей, максаттарына жетпейт.

Конфликттик жагдайлардын келип чыгышынын булактары кайсылар жана алардан арылууга мүмкүнбү? Кайра эле Д. Н. Узнадзеге кайрылып, анын тарбиянын трагедиясы деп аталган концепциясын өзүмчө түшүндүрүүгө өтөйүн. Бул концепциянын маңызы мына мында. Тарбиянын максаттары коом тарабынан коюлат жана тарбиячы аны ишке ашырууга умтулуу менен, өз тарбияланууучулары жөнүндө камкордук көрүү менен көп учурда алардын

бүгүнкү кызыкчылыгын көздөп иш кылат. Балага жасаган мамилесинен алып караганда тарбиячынын ниеттери эң жакшы: баланы анын өзүнүн келечегине жакындаштыруу, анда эң жакшы сапаттарды, жаңы адамдын сапатын тарбиялоо. Бирок бала бүгүнкү кызыкчылык менен жашайт, анын бардык актуалдуу керектөөлөрү ошонун негизинде пайда болот. Ал азыр каалаганын азыр эле канааттандыруусуна талап кылат. Ал өзүнүн утурумдук каалоолорунун жана керектөөлөрүнүн туткуну. Бул каалоо жана керектөөлөр тарбиячынын объективдүү зарыл талаптары менен дал келбеши табигый көрүнүш. Бала телевизордон бир нерселерди көргүсү келет, бирок бул убакта ал укташи керек. Үй тапшырмаларын али аткарып бүтпөсө да, ойноп келүүнү суранат. Сабак жүрүп жатканына көңүл салбай эле, жанында отурган тентушуна жаңы окуучугу жөнүндө кеп салып кирет. Бала ар дайым эле акыл-эстүү иш кыла албайт, өзүнүн импульстук керектөөлөрүн жөнгө сала албайт, «тигинитем, минтем» дегенинен эстүүлүк менен баш тартып «керектүү» нерсенин пайдасына чече албайт. Начар өнүккөн эркин, азырынча социалдык тажрыйбасынын жардылыгы милдеттүүлүк, жоопкерчилик сезимин, өзүн өзү кармана билүүнү иштеп чыгууга балага мүмкүндүк бербейт. Утурумдук, актуалдуу жана инсандык мааниси бар керектөөлөр бала үчүн жашоонун маңызындай көрүнөт. Албетте, ал жакшы болууга умтулат, бирок ошол эле учурда бүгүнкү күндүн утурумдук жыргалынан, кубанычынан кол үзгүсү келбейт. Тарбиячынын милдети белгиленген проблемага ылайык балдарды алардын келечегине кыйшаюусуз жетелеп жүрүп отурууда турат. Бирок тарбиячынын бул аракетин бала анын кызыкчылыгына тиешеси жок, анын укугун басмырлагандай, өздүк турмушуна кийлигишип жаткандай кабыл алат да, өзүн өзү актоого, каршы аракеттерди жасоого өтөт. Мына ушул жагдайды Д. Н. Узнадзе тарбияның негизги трагедиясы деп атаган. Мунун «трагедиялуулугу» тарбиячынын эң жакшы ой тилектерин түшүнбөй туруп, тарбияланууучунун өзүнө өзү зыяндуу аракет жасап, өзүнүн келечегине каршы күрөшкөндүгүндө.

Окутуу жана тарбиялоо, педагогикалык жалпы иш социалдык милдетине ылайык мажбурлоо элементтерине ээ. Бул баланын ички күчтөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн активдештирүү жана өнүктүрүү алардын өздөрү тандап алган материалдын негизинде эмес, тарбиялоонун жана окутуунун коомдук талаптарына, анын маданий-экономикалык өнүгүш деңгээлине, идеалдарына ылайык күн му-

рунтап аныкталган мазмунуна жараша ишке ашырыла тургандыгы менен шартталат. Окутуу жана тарбиялоонун методдору жана формалары да балдардын актуалдуу керектөөлөрүнүн багытына жараша эмес, биринчи кезекте педагогикалык максаттар менен милдеттерден келип чыгат. Ошентип, мектепке келген балага анын оюндагысындай эмес, иш-аракеттердин түрлөрү жана мазмуну, мектептик гана эмес, жалпы турмуштун режими, тартиптери сунуш кылынат. Мына ошондуктан конфликттердин келип чыкчу булактары дайыма болчу көрүнүш болуп саналат.

Башталгыч класстарда, адатта конфликттик жагдайлар ачыктан ачык жүрбөсө да (кичине балдар педагогго каяша айтууга батынышпайт), мындай жагдай дегеле жок дегенди билдирбейт. Башталгыч класстарда алынган тескери эмоциялык таасир кийин тез конфликтиге айланышы ыктымал. Мектепке терс мамиле жасоо, окугусу келбөө окутуунун жана тарбиялоонун мазмуну чондор тарабынан күн мурунтан аныкталып калганынан эмес, окуучуну мажбурлап, аргасыз кылуу, анын кызыкчылыгы менен эсептешпөө сыяктанган педагогикалык процесстин императивдик мүнөзүнөн келип чыгат.

Демек, тарбиялоонун «Негизги трагедиясын» болтурбай коюу чоң кишилердин (ата-энелер, тарбиячылар, мугалимдер) ар бир бала менен жасаган алакасына, педагогикалык процесске түзүлгөн байланышка, мамилеге жараша болот. Бирок, баланы анын актуалдык каалоолорунун жана импульстук активдүүлүгүнүн туткунунда калтырып, анын качан акыл-эске келээрин, бизге ишеничинин пайда болушун күтүп отурууга болбостугу табигый көрүнүш. Муну менен биз анын өнүгүшүнө, адам катары, инсан катары өз убагында жетилишине орду толбогондой зыян келтирген болор элек. Бирок, окуучуну мажбурлап, өз эркине баш ийдирүү — демек, каалаган натыйжага жетишпей калуу: коркутуу, инсандык каспетине шек келтирүү шартында бала өзүнүн оюндагыларын, билимин толук ачып көрсөтө албайт, адептик-этикалык асыл нарктар ишенимге айланбастан бала тарабынан формалдуу өздөштүрүлүп калат. Ошентип, балага башкача мамиле издөө, окуу-тарбия процессин жүргүзүүнүн башка психологиялык негизин издөө керек экен.

Алты жаштагы баланы окуучу деп эсептөөгө болобу? Мектепке кирген баланы окуучу, мектеп окуучусу деп атоо кабыл алынган. Бул эмнени билдирет? Бул баланын он бир жылдык өмүрүнүн сапаттык жактан жаңы мезгилинин башталышын билдирет, бул мезгилде бала илимдердин

негизи боюнча билим алат, көндүм жана шыктардын системасына ээ болот, жүрүм-турумдун ыймандык-этикалык нормаларына, зарыл болгон инсандык сапаттарды иштеп чыгууга үйрөнөт. Түпкүлүгүндө бул жашоо окуучудан окуу, таануу, өзүн өзү тарбиялоо ыкмаларына ээ болууну талап кылган «кесиптик» ишмердиктин мүнөзүнө ээ болот. Бала кандайча окуу керектигин билип, окуу мотивдерине ээ болгондо гана ал окуучу деп аталат. Бөбөк кантип окуу керектигин билбей туруп, окуучунун «кесиптик» негизинде жаткан көндүм жана шыктардын системасына ээ болбой туруп окуу ишине кириште. Башкача айтканда, машинаны кантип айдоо керектигин билбей туруп рулга отурган адамды машина айдоочу деп атаганга болбогон сыяктуу, баланы да, сөздүн толук маанисинде, окуучу деп атоого болбойт. Тилекке каршы, педагогикалык илимде жана мектеп практикасында азыркы жылдарга чейин бул проблемага жетишсиз көңүл бөлүнүп келген. Балдарды мектепте окуганга үйрөтүү талабын ишке ашыруу мектептин программаларында, окуу китептеринде, методикалык колдонмолордо да колго алынган эмес.

Мына ушулар бизди мындай ойго алып келет: алты жаштагы балдарды окутуу б а л д а р д ы о к у у ч у н у н р о л у н а д а я р д о о. Даярдоонун маңызы эмнеде?

Окуучу болуш үчүн жалпы окуу ыктарын үйрөнүүдөн тышкары бала психикалык жана социалдык-адептик өнүгүүнүн белгилүү деңгээлине жетүү керек, алар мына булар:

1) окуу шарттарын өздөштүрүү, б. а., окуу, таанып-билүү ишмердигинин алгачкы ыкмаларына ээ болуу, аларды өркүндөтүүгө, байытууга умтулуу;

2) окуунун мотивациялык негиздерине ээ болуу, б. а., окугусу келүү;

3) кыйла бекем эркке ээ болуу, б. а. түрдүү маселелерди чечүү үчүн бүткүл аракетти жасоо ыкмасына ээ болуу;

4) окуучу катары өзүнүн коомдук милдетин түшүнүү;

5) коллективде жашоого даяр болуу, коллективдүү таанып билүү жана коомдук пайдалуу ишмердикке активдүү катышуу;

6) өзүн өзү жолдошторунун, мугалимдердин жакын адамдарынын көзү менен көрүү жана телегейи тегиздикке умтулуу.

Албетте, бул сапаттарга дароо эле эмес, мугалимдин ар бир сабакта балдардын коллективдүү иш-аракеттерин максаттуу түрдө уюштуруунун натыйжасында акырындап ээ болот. Алгачкы ирет аларды мугалимдин айтканын угууга, көңүл коюуга, окуу маселелеринин маңызын түз-

шүнүүгө, коллективдик таанып-билүү иштерине катышууга классташтары менен достошо билүүгө үйрөтүү керек. Андан ары окуп, жазууну, жөнөкөй эсептөөнү үйрөнгөндөн кийин балдар окуп-таанып билүү маселелерин чечүү ыкмаларын өздөштүрүшөт. Ошол эле мезгилде алардын байкагычтыгын, сезимталдуулугун, ой жүгүртүүсүн (салыштыруу, ойдо жыйынтык чыгаруу ж. б.) өнүктүрүү керек, кыйын учурда бири бирине жардамдашуусуна үйрөтүү зарыл. Биринчи окуу жылынын аягында алты жашар бала окуунун ийгиликтүү болушу үчүн зарыл болгон бардык ыкмалардын жана сапаттардын жөнөкөй түрлөрүн өздөштүрүп калган болот. Андан аркы «кесиптик» калыптануу көбүнчө мугалимге, анын класс менен иштөө ыкмасына, ар бир мектеп окуучусун канчалык деңгээлде ырааттуу жана натыйжалуу окутуп үйрөтө алгандыгына байланыштуу болот.

Тилекке каршы мына ушул эң башкы милдет жөнүндө көптөгөн мугалимдер унутуп коюшат, анын маани-маңызын абдан түшүнүшпөйт жана ага жеткиликтүү көңүл бөлүшпөйт. Окуу, жазуу, математика жана башка предметтерге көп күч жана убакыт жумшоо менен бирге алар башкы нерсеге — окуу ишинин ыкмаларына, коллективдүү эмгекке, өз ара өсүп-өнүгүүгө көмөк көрсөтүүчү ымалага үйрөтүшпөйт. Алар окуп жаттап алууга, эсте сактоого басым жасашып, балдарды көптөгөн көнүгүүлөрдү иштин ыгын жана максатын тийиштүү деңгээлде түшүнүүсүз эле аткарууга мажбурлай беришет. Мындай шартта педагогикалык процесс аргасыз кылуу, буйрук берүү (императивдик) мүнөзүнө ээ болуп калат. Катуу талаптардын, эскертүүлөрдүн, жеменин, жазалоолордун системасы менен жүргүзүлгөн окуу балдарда коркуу сезимин, өзүнө өзү ишенбөөчүлүктү, мектептен көңүлү калгандыкты пайда кылып, аларды таанып-билүү, өсүп-өнүгүү, акыл-эси менен жан дүйнөсүнүн эмгектенүү кубанычынан ажыратат.

Мектептин баштапкы тепкичинин алты жашар балдар үчүн 1-классы. «Жалпы билим берүүчү жана кесиптик мектептердин реформасынын негизги багыттарында» окутуунун баштапкы тепкичинин алдына сапаттык жаңы талаптар коюлган: балдардын *ар тараптуу өнүгүшүнүн* негизин түзүү, *шар* жана *түшүнүп кырааттуу* окуунун, сабаттуу жазуунун, эсептөөнүн ж. б. к е р е к т ү ү к ө н д ү м д ө р ү н калыптандырууну камсыз кылуу. Демек, сөз окутуунун баштапкы, традициялык мазмунун балдардын сапаттуу өздөштүрүшү жөнүндө болуп жатат, анткени ушул этапта пайда болгон ыкмалар жана көндүмдөр кийин

илимдин негиздерин окуп үйрөнүүгө багытталган окуп таанып-билүү ишмердигинин негизги компоненттери, башкы ыкмалары болуп калат.

Жалпы билим берүүчү орточо мектептин баштапкы тепкичин жаңыртуунун дагы бир башкача, кыйла жакшы сапаттуу жагы бар: ар бир класста балдардын жаштарынын составы өзгөрөт. Бул курактык группалар өзүнчө бир психологиялык өзгөчөлүктөр менен мүнөздөлөт, ошондуктан алар менен иш алып баруу башкачараак болуу керек экендиги табигый көрүнүш. Ошентип, окутуунун жана тарбиялоонун мазмуну да, окуу-тарбия иштеринин мүнөзү да балдардын башкачараак курактагы составын жана кенже мектеп окуучуларын окутуунун жана тарбиялоонун жаңы милдеттерин эске алуу менен педагогдор тарабынан терең түшүнүлүшү керек.

Биринчи класска алты жаштагы балдарды тартуу менен башталгыч мектепти төрт жылдыкка кайра өзгөртүп түзүү кандай натыйжаларды берет? Алты жаштагы балдарды окутуу жана тарбиялоону биз башталгыч мектептин бир бүтүн системасынан тышкары, өзүнчө карап жүрөбүз. Бирок чындыгында алты жаштагы балдар үчүн ачылган класс баштапкы окутуунун жалпы түзүлүшүнүн бөлүгү, анын алгачкы звеносу болуп калат. Ошондуктан алты жаштагыларды окутуунун спецификасы жөнүндөгү маселени чечүү менен биз окуу-тарбия процессинин бүтүндөй бир ырааттуулугун жана байланышын камсыз кылышыбыз керек. Мында балдардын кыйла өнүккөн ыктарын жана көндүмдөрүн кийинки класстарда толук пайдалануу жана башталгыч мектептин бүтүрүүчүлөрүн илимдин негиздерин үйрөнүүгө негиздүү даярдоону эске алышыбыз зарыл. Акыры келип биз баланын инсанын калыптандырууну кыйла жашыраак кезден баштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болобуз. Демек, кенже мектеп окуучулары менен жүргүзүлүүчү тарбиялык иштердин методикасы да кайра курууну жана жаңылануу талап кылат.

Окуучуга жасалчу мамиле жана окутуунун мүнөзү. Жогоруда биз алты жашар балдардын айрым бир психологиялык өзгөчөлүктөрүн, өнүгүүнүн психологиялык табиятын, функциялык тенденциянын калыптанышын, конфликттердин келип чыгышынын булактарын карап чыгып, оюнга байланышкан иштердин жалпы мүнөздөмөсүн бердик. Мына ушундан педагогикалык кандай жыйынтык чыгарууга болот? Эң негизги жыйынтык баланын социалдык адам катары тарбияланган жана билимдүү болууга умтулуусунда турат. Тубаса көндөмдөрү менен чөйрөнүн би-

римдиги, табигый жана социалдык факторлордун бүткүл жыйындысы баланы маданияттуулукка үйрөнүүгө жана адам коомуна кирүүгө жетелейт.

Психологиялык-педагогикалык адабиятта «үйрөнүүчүлүк» жана «тарбияланууучулук» деген терминдер көп кездешет. Булар баланын (мектеп окуучусунун) педагогикалык таасирди кабыл алууга даярдыгын аныктоо үчүн колдонулат. Эгерде бала педагогикалык таасир этүүгө каршылык көрсөтсө, б. а. беймаза балдардан болуп чыга келсе, анда анын себеби бул таасирдин, педагогикалык процесстин мүнөзүндө эмес, биринчи кезекте баланын өзүндө деп эсептелери белгилүү. Бирок эгерде баланын акыл-эсине доо кетпей алты саны аман болсо, анда ал өзүнөн өзү эле беймаза болушу мүмкүн эмес. Буга ылайыксыз микросоциалдык чөйрө, педагогикалык жармачтык себепчи болот. Башкача айтканда, баланын мындай болушунун себеби тарбиячылардын анын жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык таасир этүүнүн методдорун таба албаганында, анын инсандык өзгөчөлүгүн өзгөртүү үчүн зарыл болгон шарттарды түзбөгөндүгүндө. Мына ушул ойдун тууралыгын көрсөтүү үчүн мындай бир салыштырууну алып көрөлү. Баланын ден соолугунун абалын терең талдап билбеген педиатр туура эмес диагноз коёт да, ошого жараша дарылоону белгилейт. Оорулуу күндөн-күнгө кайра начарлай берет, ал эми доктур болсо дарылоонун ыкмасын өзгөртүп, өзүнүн күнөөсүн сезгендин ордуна, ошол эле дарылоону дагы да күчөтө берип, дары-дармекти оорулууга көбүрөөк бердирет. Бул акырында эмнеге алып келери айдан ачык. Өзү уюштурган педагогикалык процесс кемчиликтүү келип, «беймаза» баланын жаш куракттык жана башка жекече өзгөчөлүктөрүнө туура келбегендигин моюнга алып, аны менен эсептешпеген педагог да так эле жогорку педиатр сыяктуу аракетти жасайт. Ал өзүнүн методикасын өзгөртпөй өз күнөөсүн көбүнчө тарбиялоого, үйрөтүүгө мүмкүн эмес дегендикке оодара салат.

Үйрөнүүчүлүк жана тарбияланууучулук проблемасы жөнүндө, «беймаза» балдардын келип чыгышына токтолгонумдун себеби, адамдардын жөндөмдөрү жана инсандык касиеттери, алардын жеке өзүнө тиешелүү мүнөздөрү негизинен социалдык чөйрө тарабынан, алардын мектепке чейинки жана кенже мектеп курагындагы балалыктары өткөн үй-бүлөнүн жана мектептин шарттары тарабынан алдын ала аныкталат.

Бала окугусу, тарбияланғысы келет, эртерээк чоюуну каалайт жана коомдук турмушка активдүү катышкысы

келет. Бирок аны биз кандай ыкмалар, мамилелер шарттарында, кандай педагогикалык процессте тарбиялап, өнүктүрүп жана окута тургандыгыбыз ал үчүн баары бир эмес. Бул процессте балдардын жекече жана жаш өзгөчөлүктөрү эсепке алыныш керектиги жөнүндө жобо эч талашсыз нерсе. Бирок сөз кайсы өзгөчөлүктөр жөнүндө болуп жатат?

Эгерде билимди, адептик-этикалык түшүнүктөрдү жана нормаларды өздөштүрүүгө байланыштуу болгон айрым бир функционалдык процесстердин касиеттери гана эске алынса, бул биздин оюбузча, өзүнүн өсүп-өнүгүшүнүн активдүү катышуучусу катарында баланы эсепке албагандык болуп калат. Мындай учурда окутуу процессинде негизги басым акыл-эс, ой жүгүртүү, көнүл коюу сыяктуу функцияларды активдештирүүгө жасалат. Өз кезегинде, тарбиялык методдор да негизинен балдарда тартиптүүлүктү жана тил алуучулукту иштеп чыгууга, чоң кишилердин айткандарын, көрсөтмөлөрүн так аткарууга багытталат. Ошентип, педагогикалык процесске баланын өзү инсан катары толук катышпастан, анын айрым бир функциялары гана катышат. Эс, ой жүгүртүү, сүйлөй билүү (речь), байкагычтык — булар өзүнөн өзү эле зарыл касиеттер, аларды чыңдыгында да өнүктүрүү керек, аларга таянуу зарыл, бирок алар жыйылып келип баланын инсанын түзө албайт, анын өзүн бере албайт. Ал тургай ушул касиеттердин болушуна гана таянган педагогикалык процесс баладан сырткары калып, «балдарсыз» процесс болуп калат. Мында окуучу педагогдун ак пейил жана бийик ой максаттарына каршы турган күч катарында каралат, ошондуктан ал күчтүн каршылыгын мажбурлоо жолу менен жоюуга болот. Натыйжада мугалим өз оюн талкуулайт, суракка алат, талап кылат, жемелейт, колдойт, балдарды кайталоого, аткарууга, өзүнүн кылганын жасоого аргасыз кылат; ал ошентип айтканынан кайтпаган, талабы күчтүү, аз күлүп, аз тамашалаган, ар бир туура эмес иш үчүн дайым жаза колдонгон мугалим болуп калат. Мына ушундай шартта мектеп окуучулары түрдүү инструкцияларга түшүнсө-түшүнбөсө да баш ийип, ар дайым жаңылып калбайын деп коркушуп, өздөрүнүн жеке ой-пикирлерине өздөрү ишенбей калышат. Ар бир мугалимдин эң жогорку максаттарды жетекчиликке алаары белгилүү, бирок ал максаттардын ишке ашырылышы кең пейилдүү, гумандуу кырдаалда жүргүзүлүүгө тийиш, мында педагогикалык процесс баамдоочулуктун жана камкордуулуктун, илбериликтин жана кең пейилдиктин, ийгиликке кумарла-

нуунун жана ар бир баланын адамдык даражасын урматтоонун элементтери менен сугарылышы керек. Мамиле жасоонун мындай нугу биздин социалисттик коомубуздун жашоо нормаларынан гана келип чыкпастан, ал балдардын дээринде болгон жакшы сапаттардын ар тараптуу жана толук түрдө ачылышына түртку берип, алардын бүтүндөй инсандык калыптанышына мүмкүндүк түзөт. Бала педагогикалык тааспрлерге ийкемдүү келип, аны туура кабыл алыш үчүн аны менен алака түзгөн жакын кишилердин (ата-энелеринин, мугалимдердин, тарбиячылардын) мамилеси баланын өзүн өзү өнүктүрүүгө, көрсөтүүгө болгон аракетин колдогон мүнөздө болуп ага көмөк көрсөтүүгө тийиш.

Педагогикалык процесс инсандык гумандуу багытта жүрүшү үчүн, б. а. жаңы адамды тарбиялоонун максатына туура келбегендей болсун үчүн принципиалдуу кандай талаптар ишке ашырылышы керек? Жогоруда баяндалган психологиялык түшүнүктөргө ылайык айрым бир педагогикалык натыйжаларды чыгарууга аракет кылып көрөлү.

Кенже окуучулардын мугалими. Башталгыч класстардагы азыркы мезгилдеги окуу-тарбия процессине коюлуучу талаптарды, принциптерди айтуудан мурун ушул жаштагы балдардын мугалими кандай болууга тийиш экендигин ачып алуу зарыл. Менин ишенимим боюнча өз ишмердигинде окуучулар менен жүргүзүлүүчү иштин методдорун, принциптерин, формаларын жандандыруу менен алар аркылуу мугалим өзүнүн окуучуларга карата кең пейилдүүлүк, талапкерлик мамилесин ишке ашырбаса, балдар коллективинде оптимизмдин, кызматташтыктын жана жолдошчулуктун маанайын түзбөсө, ар бир мектеп окуучусунда өз күчүнө ишенүү сезимин пайда кылбаса, анда иштин колдонулган методдору, принциптери, формалары натыйжасыз болуп кала берет.

Мугалимдик кесипке шаблондуулук, мезгил талабынан артта калуучулук ылайыксыз, туура келбеген жат көрүнүш. Бул кесипке өзүн арнаган адам өз тарбияланууучуларында пайда кыла турган бардык сапаттарга өзү ээ болуш керек. Жаңы адамды жаңы адам гана тарбиялайт. Биздин коомубузда мугалим — балдарга келечектен келген адам, ал балдарды келечек жөнүндөгү ой-тилек менен шыктандырат, келечектин идеалдарын ушул азыр бекемдөөгө үйрөтөт. Мындай деп айтсам, менимче жаңылбасмын деп ойлойм: мугалим өзү инсан болууга тийиш,— анткени ар бир инсан башка бир инсан аркылуу тарбияланат; ал өзү бийик гумандуу адам болуу керек, анткени балада гумандуулукту жалаң гана кең пейилдүүлүк менен жара-

тууга болот; ал сөзсүз түрдө билими күчтүү жана чыгармачыл адам болууга тийиш, анткени тааныш-билүүгө болгон чоң далалатты ошондой далалаттуу киши гана ойгото алат; мугалим патриот жана интернационалист болуу керек, анткени Мекенге болгон сүйүүнү өз мекенин сүйгөн адам гана ойгото алат. Балдар менен түзгөн мамилесинде мугалим жасалмалуулукка, оройлукка, чыдамсыздыкка, кектүүлүккө жол бербөөгө тийиш. Ачууга тез жеңдирип, коркутуп-үркүткөнгө өтүп, өзүн өзү кармана албаган педагог мектеп окуучуларын сыйлыктыкка жана кең пейилдүүлүккө үйрөтө албайт.

Кенже мектептик куракта балдар үчүн эң кадыр-барктуу адам — мугалим. Кенже мектеп окуучулары өздөрүнүн педагогуна, анын билимине, чыр-чатактуу маселелерди акыйкат чечүүсүнө, ар биринин жүрүм-турумун жана ийгиликтерин адилет баалоосуна ишенишет. Биринчиден, мугалим өз кадыр-баркын балдар арасында сактоосу жана бекемдөөсү, экинчиден, аны ар бир мектеп окуучусунун инсандык калыптанышына оңдуу таасир тийгизүү үчүн пайдалануусу эң маанилүү. Балдар өз мугалимин жакшы көрүп сүйүүсү керекпи? Албетте, керек. Тарбиялык таасир этүү өзүнүн жакшы натыйжасын берсин үчүн бул эң эле зарыл шарт болуп эсептелет. Балдар мугалимдин эң жакын досу, кеңешчиси, жетекчини көрүп, бүтүндөй ички сырларын ачып бериши үчүн мугалим өзүн кандай алып жүрүшү керек экендиги жөнүндө ойлонууга тийиш. Кенже мектеп окуучусу бардык билимди мугалим аркылуу алат. Окуу менен мугалим ал үчүн ажырагыс нерсе. Эгер бала мугалимди сүйсө, демек ал окуганды да, мектепти да, сабакты да, китепти да сүйөт; мугалимди сүйбөсө, андан көрсө, анда ал окууну азап катары көрүп, тынчсызданат, мектепке айласыздан барат. Жакшы көргөн мугалимдин пикири, берген баасы окуучу үчүн адамдарга, алардын ишине, болгон окуяларга мамиле жасоонун үлгүсү катары эсептелет. Сүйүктүү мугалим — бала турмушка көз салган тунук айнек. Ал «айнектин» өзүн байкабайт, бирок эң бир кызыгуу, таңыркануу, суктануу, кубануу, тажабагандык менен бала кандайдыр бир «керемет күчтүн» аркасында тааныш-билүү терезесинде пайда болгон нерселерге жана кубулуштарга үңүлө карайт, «эмне үчүн», «а мындай болсочу» деген суроолорду берет, ишенбөөчүлүктү, бекемдөөлөрдү, тыянактарды, көз караштарды, ыймандык түшүнүктөрдү жана шарттарды айтат. Сүйүктүү мугалимдин сабагы — бул тааныш-билүүнү дегдетип, бир дем менен өтүлгөн сабак; педагогдун ыймандык-этикалык

кеп-кенешин, ой-пикири бала тарабынан бирден-бир туура көз караш катары кабыл алынат, аны ал дайым жактап бекемдей берет. Бирок эгерде мугалим көнүлгө жакпаса, эгерде бала андан корксо, анда турмуш чындыгын чагылдырган терезе кыйшык күзгүгө айланып, бул учурда баланын бир нерсени көрүүсү, дегеле ага карашынын өзү, кыйла азаптуу болуп калат. Балдар мугалимди сүйүп, ага ишенип, анын айтканындай болушу үчүн балдар оз мугалиминен эмнелерди көргүлөрү келишет?

Биринчиден, мугалим балдардын баарын жана ар бирин түшүнө билүүсүн көргүлөрү келет. Ар дайым жардамдаш болуп, алардын ийгиликтерине кубанып, иш онунан чыкпаган учурда көнүлүн көтөрүп турган мугалим менен алака түзүү канчалык кызык жана кубанычтуу экенин окуучулары сезип-туюуга тийиш. Балдарды түшүнүү — деп айткан Н. К. Крупская — бул деген «алардын ичикойнуна кирип кетүү», алар менен бирге кубануу, бирге кайгыруу, алардын турмушу менен жашоо.

Экинчиден, эң кең пейил айкөлдүктү, боорукердикти көргүлөрү келишет. Бул албетте, баарына макул боло бергендикке, б. а. «каалаганынды жасай бер, баары сен үчүн кечиримдүү» дегендикке жатпайт. Кайра тескерисинче, мугалим талапты катуу коюшу керек, анын көзүнчө бала оюна келгенин жасап обу жоктоно бергенден тартынып турууга тийиш. Бирок, мында бала мугалимдин боорукерлигин, кечиримдүүлүгүн, жардамдашууга дилгирлигин өзүнүн мугалим менен болгон мамилелеринен даана байкай билгени жакшы. Кең пейилдүүлүк жана ырбериндилик сабырдуулукту, окуунун татаал жолунда окуучунун мүчүлүштөрүнө табигый көрүнүш катарында мамиле жасоону талап кылат. Кенже мектеп окуучулары, айрыкча алты жаштагылар көп жаңылып, тапшырмаларды түшүнүүдө кыйналып, алаксып ж. б. кетишет. Эскертүү жасап, нааразычылыгын билдирүү, сабырдуулукту жоготуп коюу, жардамга ата-энелерди чакыруу сыяктанган нерселер үчүн мугалимге кадам сайын шылтоо табыла берет. Бирок педагогикалык сабырдуулуктун маңызы кең пейилдүүлүк жана кылдаттык менен окуучуларга кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берип, чыр-чатактуу кырдаалды гумандуу чечүүдө, адамдык кадыр-барк сезимин колдоого алууда турат. Педагогикалык сабырдуулук — бул тартипти бузгандыкка, артта калуучулукка, билимсиздикке келишүүчүлүк мамиле эмес, бул окуучунун күчүнө, мүмкүнчүлүгүнө эң оптималдуу мамиле кылуу, анын жекече психологиялык өзгөчөлүктөрүнө таянуу.

Үчүнчүдөн, балдардын ар бири өсүп-жетилип баратканына кубана билүүнү көргүлөрү келишет. Мына ушул учурда гана бала өзүнүн алдыга жылганын көрүп, өзүнө жана өз күчүнө ишенет. Аны сыйлашат, ага ишенишет, анын сөзүн угушат, ал коллективде керектүү киши, мугалим да ага кызыгат, алар бири бирине ишеним жасашат — мына ушундай ички жылуу сезимдер кенже мектеп окуучусунда ар дайым болуу керек.

Балдар коллективиндеги ынтымак, достук, өз ара жардамдашуучулук, сезимталдык жана илбериңкилик бардык жагынан мугалимге, анын окуучулар менен мамилесинин гумандуулугуна байланыштуу болот. Мына ушундай жагдайда гана балдар тарабынан өздөштүрүлгөн билимдер программа жана окуу китептеринде каралган тарбия жана өнүктүрүүчү аракеттерге ээ боло алат.

Педагогикалык процесс кандай болууга тийиш. П. Ф. Каптерев тарабынан киргизилген «педагогикалык процесс» деген түшүнүк өзүнүн ичине балдарды окутуу, тарбиялоо, өнүктүрүү, калыптандыруу, жолго салуу процесстеринин маңызын камтыйт. Мына ушул процесстер турмуштук практикада өз ара ушунчалык чырмалышкандыктан аларды өз алдынча бөлүп кароо кыйын. Педагогикалык процесске жалпы мүнөздөмө берүү менен П. Ф. Каптерев мындай деп жазган: «Педагогикалык процесс мүнөздүү эки негизги белгини камтыйт, алар: организмдин өздүк өнүгүшүнө системалуу жардамдашуу жана инсанды ар тараптуу өркүндөтүү»[1].

Бул айтылгандын ичинен мен биринчи кезекте өзүнөн өзү өздүк өнүгүү жөнүндөгү пикирге көңүл бурмакчымын. Өзүнөн өзү өнүгүү деген эмне, педагогикалык процесстe ага кандайча көмөктөшүүгө болот? П. Ф. Каптеревдин өзүнөн өзү өнүгүүнүн маңызы жана анын педагогикалык процесс менен катнашы жөнүндөгү айткандарынан кеңирээк мисал алгым келет: «Педагогикалык процесс, чыгармачыл мүнөздөгү, өзгөчөлүктүү процесс. Белгилүү бир организм, белгилүү бир чөйрөдө жашайт. Мына ошолорго ылайык организм менен чөйрөнүн касиеттери менен аныкталуучу өздүк өнүгүү процесси дароо башталат. Процесс төмөнкүдөй зарылчылыктан улам башталат: өзүнө таандык закондор боюнча организм таасирлерди жандандырып кайра иштеп чыгат жана алардын таасири аркылуу аракетке келет. Бүткүл процесс өзүнчө өзгөчөлүү чыгармачыл мүнөздө болот, сырттан берилген көрсөтмөлөр

[1] *Каптерев П. Ф.* Изб. пед. соч. М., 1982. 170-б.

боюнча эмес, ички зарылчылыктар боюнча жүрөт. Педагогикалык чыгармаларда өз алдынча иш-аракеттин өнүгүшү тууралуу көп эле айтылган, анын үстүнө аны өнүктүрүү жөнүндөгү камкордуктун зарылчылыгы бул каснеттин турмуштагы баалуулугу менен түшүндүрүлөт. Бирок өз алдынча иш-аракет турмушка керектиги менен гана маанилүү эмес, баарынан мурда ал педагогикалык процесстин түпкү маңызына — чыгармачыл өзүнөн өзү өнүгүүгө жооп берет. Өз алдынча иш-аракеттен башкача жол менен адам өнүгө албайт: анын табияты ушундай. Тарбия жана билим берүү көпчүлүк учурда адамдын табигый чыгармачыл өзүнөн өзү өнүгүүсүнө каршы аёосуз күрөш жүргүзөт да, алар адамды алдын ала даярдалган чекке салууга, иштн тарпы чыккан үлгүгө салып жүргүзүүгө умтулушат, анын үстүнө жалпысынан алганда тарбиянын мажбурлоо жолуна салынышына карабай сөз барып келип эле өздүк чыгармачылык жөнүндө жүрөт. Чыныгы, бурмаланган педагогикалык процесс ары эркин, ары зарыл, анткени өзүнөн өзү өнүгүү процесси. Мында өз алдынча иш-аракет — сөзсүз болуучу көрүнүш. Эгерде тарбия жана билим берүү мажбурлоочулук мүнөздө болсо, өз алдынчалуулук жөнүндө сөз кылууга да болбойт — бул деген башка обонго салып ырдоо, бул бириктирилбөөчү нерселерди бириктирүү дегенди билдирет»[1].

Бул пикирде эң баалуу педагогикалык жана психологиялык идеялар бар. Эң башкысы, организмге мүнөздүү өз алдынча өнүгүү процесси жана да өзүнөн өзү өнүгүүгө каршы багытталган педагогикалык процесс сөзсүз түрдө каршылашууга дуушар болот да, инсандын калыптанышынын бурмалапышына алып келет. Өзүнөн өзү өнүгүү, өз алдынча иш-аракет педагогикалык процесс бир бүтүндүктү түзүп, анда педагогикалык процесске негизги роль таандык болууга тийиш. Чоюуга жардамдашуу мына буларды билдирет: баланын өнүгүшүн, кыймылын, калыптануусун коомдун инсанга койгон талаптарына ылайык багыттоо. Жардам берүү мажбурлоо, басмырлоо, жана өнүгүүнү атайылап эле кечендетүү же тескерисинче ылдамдатуу дегенге жатпайт. Өзүнөн өзү өнүгүүнүн тенденцияларын эсепке алуу жана түшүнүү, ага баланын сезимин ойготуп багыттоо педагогикалык процесстин императивдүүлүгүн жокко чыгарат.

Окутуунун императивдик мүнөзү кайсы учурда орун алат? Эгерде окуучу өзүнүн ички сезиминде педагогика-

---

[1] *Каптерев П. Ф.* Избр. пед. соч. М., 1982. 162-б.

лык таасирге каршылык көрсөтүүгө мүмкүнчүлүгү жок болуп, окуу ал үчүн мүшкүл иш болуп калгандыгына ылайык баланын инсандык өзгөчөлүктөрү жана керектөөлөрү эсепке алынбаган учурда колдонулат. Мындай шартта окуу ишмердигинин же болбосо ишмердиктин башка түрлөрүнүн мотивдерине көңүл бурулбайт, а бала болсо өзгөртүүнүн, педагогдун талаптарына баш ийүүнүн объектиси катары каралат.

Бул учурда бүткүл баалап-баамдоочулук иш мугалимдин энчисине берилет: ал окуучуну доскага чакырып же ордунан тургузат, сурайт, текшерет, көзөмөлдөйт, баа коёт ж. б. Ошондой болсо да баалоонун предмети мотивдердин мазмуну жана мүнөзү, ар бир нерсеге карата инсандык мамиле, өздүк ой жана пикир, аракет, кызыгуучулук, жөндөмдүүлүк эмес, алынган билим, аны өздөштүрүүнүн сапаты, белгилүү бир ыкка, көндүмгө ээ болуунун деңгээли болуп калат. Ошентип, инсандын өзүнө, анын билимге жана моралдык-этикалык нарк-дөөлөттөргө болгон мамилесине эмес, мектеп окуучуларынын эсте тутуусуна, кайра кайталап берүүчү ой жүгүртүүсүнө, жүрүм-турумдун эрежелеринин формалдуу аткарылышына басым жасалат. Башкача айтканда, мында башкы нерсе катары мектеп окуучусу окуу тапшырмаларын кандай мотивдик негизде (өз каалоосу менен же каалабай элеби, таанып-билүүсүн канааттандыруу үчүнбү же педагог менен ата-эненин жемесинен кутулуш үчүнбү) аткарып жаткандыгы эмес, өздөштүрүлгөн билимдин деңгээли, анын түзүлгөн программанын көлөмгө туура келиши болуп калат.

Педагогикалык процесстин жүрүшүнө императивдик мамиле жасоо мугалим менен окуучулардын ортосундагы өз ара мамилени кыйындатат, балдарда коркууну пайда кылат, педагогдон алыстатат, алардын адамдык касиетине шек келтирет; окуунун эң башкы жыйынтыгы баа деген түшүнүккө түртөт. Адамды өнүктүрүүгө мүмкүндүк түзбөгөн императивдик окутуунун таасири башталгыч класстарда анчалык күчтүү эмес. Окуучу өзүн өзүнчө инсан катары сезбей жана мугалимге толук баш ийет. Бирок, ал акырындап өз демилгесинин колго алынбастыгына, анын пикири жана каалоосу менен эсептешпегендикке көнөт да, улам барган сайын активдүү таанып-билүүчүлүккө, өздүк чыгармачылыкка, өз алдынчалуулукка жана чоң киши болууга, умтулуу кубанычынан ажыраган мектеп турмушуна болгон нааразычылыкты башынан кечире берет. Натыйжада «тарбиянын трагедиясы» сөзсүз түрдө пайда болуучу көрүнүшкө айланат.

Мугалимдин жана тарбиячынын аракеттеринде баланын каршылык көрсөтүүсү мүнөздүү көрүнүш экендиги жөнүндөгү түшүнүк эмне үчүн келип чыккан? Чынында эле балдар дайым эле окугусу жана тарбия алгылары келишпейби? Бул суроолордун жообтору баланы таанып-билүү жана аны тарбиялап окутуу шартына, б. а. педагогикалык процесстин мүнөзүнө жана багытына жараша болот.

Узак убакыттар бою окуучу императивдик мамиленин, императивдик педагогикалык процесстин шарттарында таанып-билинип келди. Бул шартка өзү да аралашып калган окуучу мурун мектепке умтулуп жүргөндүгүнө карабай окуудан көңүлү суюй баштайт, акырындап окугусу такыр келбей, мугалимди да жактырбай калат. Мындай болгонунун себеби, аны мажбурлашат, инсан катары көрүлбөйт, чоңоюуга мүмкүндүк берүүчү кызыктуу жашоого умтулуу эске алынбай калат. Мындай шартта балдар өздөрүнө окшобой эле башкача болуп калышат, ошону байкап көргөн соң мындай деген туура эмес жыйынтыкка келишет: балдардын окугусу келишпейт, ошондуктан аларды мажбурлоо керек, ал эми алар жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган нормаларына баш ийиш үчүн талапкердик жана бекем кармоо керек.

Бирок мында табигый шарттар инсандын багытын алдын ала кандайча аныктаары жөнүндөгү К. Маркстын айткандарына таянуу орундуу: «Эгерде адам өзүнүн бардык билимин, сезим-туюмдарын ж. б. сезимталдуу дүйнөдөн жана ал дүйнөдөн алынган тажрыйбадан үйрөнсө, анда адамды курчап турган чөйрөнү андан адам чыныгы адамдык касиетти таанып-билип өздөштүргүдөй, ал өзүн адам катарында таанып-билгидей уюштуруу керек. Эгерде туура түшүнүлгөн кызыкчылык бүткүл моралдын принцибин түзсө, анда демек, айрым адамдын жеке кызыкчылыгы жалпы адамзаттык кызыкчылык менен дал келгидей болууга умтулуу керек. Эгерде адам материалисттик мааниде эркин болбосо, б. а. эгерде ал тигил же бул нерсеге дуушар болбогудай тескери күчтүн натыйжасында эмес, өзүнүн болгон жекелигин көрсөткүдөй оң күчтүн натыйжасында эркин болсо, анда айрым адамдардын жасаган кылмышын жазалабастан, кылмыштын социалдык терс булактарын жоюу керек жана ар бир кишиге ал өзүнүн турмуштук керектүү талантын көрсөтө алгыдай зарыл болгон коомдук эркиндик берилүүгө тийиш. Эгерде адамдын мүнөзү жагдайлар аркылуу түзүлсө, анда ал жагдайларды адамкерчиликтүү кылуу керек. Эгерде адам табиятында коомдук жан болсо, анда ал өзүнүн чыныгы таби-

гый талантын коомдо гана көрсөтө алышы мүмкүн, демек анын табиятынын күчү жөнүндө айрым бир жеке адамдардын күчү боюнча эмес, бүткүл коомдун күчү боюнча баалоо керек»[1].

К. Маркстын бул фундаменталдуу жоболорунан педагогикалык кандай жыйынтык чыгарууга болот? Эң башкы жыйынтык инсандын болгон мүмкүнчүлүгүн ачуу толук түрдө педагогикалык процесстин, педагогикалык чөйрөнүн, педагогикалык шарттардын мүнөзүнө жана алган багытына жараша боло тургандыгында турат. Бир-бирinен айырмаланган педагогикалык процесстер жана алардын атрибуттары өнүктүрүүгө жана тарбиялоого ар кандай багыт бериши мүмкүн, ошондуктан бир курактагы балдардын топтору психологиялык ар кандай өзгөчөлүктөргө ээ. Бул чындык педагогикалык практикада жетишерлик деңгээлде ынанымдуу далилденген.

Ата-энелер демейде өз балдарын жакшы мугалимге, педагогикалык процессти сапаттык жактан башка мүнөздө жүргүзүүчү мугалимге бергилери келиште тургандыгы белгилүү. Так ушундай гана башкача жүргүзгөн процесстe башка мугалимдердикине караганда окуучулар кыйла толук жана ар тараптуу ачылат да, алардын чоң мүмкүнчүлүктөрү айкындалып, окуу-тарбия ишинде мыкты ийгиликтерге жетишилет.

Ошентип, эгерде биз баланын инсандык калыптанышына белгилүү бир багыт бергибиз келсе, анда мүнөзү, шарттары жана уюштурулушу боюнча педагогикалык процесс өзүнүн максаттарына туура келүү керек.

Бул жобонун практикалык маанисин советтик психологдордун жана педагогдордун изилдөөлөрүндө эң сонун далилденген. Айталык, кенже мектеп окуучуларынын жалпы өнүгүшүнө окутуу процессинин багытталышы аларга төрт жылдык курстун программасын үч жылда өздөштүрүүгө мүмкүндүк берген, бул төрт жылдык башталгыч мектепти үч жылдыкка өзгертүп түзүүгө алып келген (Л. В. Занковдун жетекчилиги менен жүргүзүлгөн массалык эксперимент). Окуу материалынын теориялык жагына көңүл буруу жана ой жүгүртүүнүн ыкмаларына максаттуу үйрөтүү кенже мектеп окуучуларынын таанып-билүүчүлүк ишинин деңгээлин кыйла жогорулатат (В. В. Давыдовдун изилдөөлөрү). Ал эми эгерде педагогикалык процесс балдарга инсандык-гумандык мамиленин принциптеринде түзүлсө, анда бул балдарды мугалим окутуу жана тарбиялоо

---

[1] *Маркс К., Энгельс Ф.* Соч. Т. 2. 145—146-б.

өзүндөгү активдүү жардамчысына айландырууга мүмкүндүк берет. «Жагдайды адамкерчиликтүү кылуу» дегенибиз педагогикалык тилде окуу-тарбия процессинде окуучуну кошо катыштырууну анын инсандык ар тараптуу өнүгүшүнө эң жогорку даражада көмөк көрсөткүдөй уюштуруу дегендикке жатат, б. а. балдардын социалдык шалаакылыгын пайда кылуучу булактар жоюлуп, жүрүм-турумдун адептик нормаларын кабыл алгыдай, ыктыярдуу тандап алгыдай жана аны кармангыдай шарттар түзүлүүгө тийиш.

Кенже мектеп окуучунун инсанынын социалисттик багытын калыптандыруу жана аны ар тараптуу өнүктүрүү үчүн кыйла ынгайлуу педагогикалык процесс кандай талаптарга жооп берүү керек?

Биринчиден, алака түзүүнүн мазмуну, жалпы жагдайы, өз ара мамилеңин стили баланын окуп-үйрөнүшүнө, бүткүл адамдык касиетти өздөштүрүүгө, өзүн адам катары таанып-билүүгө, өзүнүн адамдык касиетин, өзүн өзү сыйлоо сезимин өстүрүүгө, аны менен эсептеше тургандыгы, анын да башкаларга керектүүлүгү, аны да баалап, эске ала тургандыгы жөнүндөгү сезимди өнүктүрүүгө жардам берет.

Экинчиден, педагогикалык процесс окуунун социалдык маанилүү мотивдеринин калыптанышына, рухий жогорулоого, ыймандык жактан калыптанууга, бирөөнүн оюн бөлүшүүгө, өз ара жардамдашууга, балдар коллективин бир максаттын, өз ара мамилелердин бирдиктүү принциптеринин негизинде баш коштурууга көмөктөш болуу керек.

Үчүнчүдөн, педагогикалык процессте балдардын чыгармачылыгына, ойлоп тапкычтыгына, өз алдынчалыгына, таанып-билүүчүлүк жана коомдук активдүүлүгүнө кеңири мүмкүнчүлүк берилүүгө тийиш; балдар коллективинде мамилелердин жагдайын ар бир баланын чыныгы адамдык касиетин өстүрүүгө жардам берүүгө тийиш.

Мындан тышкары, педагогикалык процессти тигил же бул жаштагы балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүү зарыл. Биз мурда айтып кеткендей, алты жаштагы балдарга социалдык адептүүлүк тажрыйба жетишпейт, аларда актуалдуу керектөөчүлүк, импульстуу активдүүлүк, оюнкарактык басымдуулук кылат; бул кыймылдоонун жана функционалдык күчтөрдүн өөрчүү курагы, ал эми балалыктын негизги белгилеринин бири — баланын чоюуга умтулуусу. Эгерде ушул психологиялык өзгөчөлүктөргө көңүл бурулбай, педагогикалык процесс императивдик позицияда түзүлсө, балдардын шыкжөндөмдөрү менен потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн толук, ар тараптуу ачуу жана өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлбөйт.

Бала түнт болуп, өзүн өзү коргоого өтөт: өсүп-өөрчүүгө умтулган анын функционалдык тенденциялары мажбурлоонун таасири астында өзүнүн кыймылынын темпин басандатат, ал эми окугусу келбегендик өзүнүн инсандыгын кемсинткендикке карата реакция катары пайда болот. Тескерисинче, окуучуларга дайыма жекече — гумандуу мамиле кылуу, алардын негизги психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу кырдаалды адамкерчиликтүү кырдаалга айландыра алат да, өзүн адам катары сезүү үчүн ар бир балага мүмкүндүк берет.

Баланын инсандыгын өнүктүрүү көз карашынан алганда, жогоруда айтылган негизги психологиялык өзгөчөлүктөрдөн кандай педагогикалык тыянак чыгарууга болот?

1. Педагогикалык процессте балада дайыма *эркин тандоо сезими* болууга тийиш.

Дароо эле эскертип коёлу: бул дегеле каалаганындай кылуу (каалаганын жасай берсин; каалаган убагында окусун), демек, туш келди, стихиялуу өсүү дегендикке жатпайт. Балдар өз келечегин түшүнө албастыгы, өз иштерин ошого жараша жүргүзө алышпагандыгы өздөрүнүн актуалдуу муктаждыктарынын кулу экендиги, алардан бошонуу алар үчүн кыйынга турары белгилүү эмеспи. Алардын учурдагы тилегине жетеленип кетүү потенциалдуу мол мүмкүндүктөрдүн толук өөрчүбөшүнө, ачылбашына алып барат.

Педагогикалык процессте балага эркин тандоо укугун берүү жөнүндө жобо төмөндөгүдөй. Бала өзүнүн функционалдык тенденциясын модификациялаган жана ага багыт берген оюнду өзү тандап алып, ага эркин аралашып кетет жана чоң кишини кийлигиштирбей эле андан ошондой эле эркин чыгып кетет. Бала ойноп жатып перселерди жана кубулуштарды таанып билет, ар тараптуу иштин ыкмаларын үйрөнүп, мамиле-байланыштын, жүрүм-турумдун нормаларын өздөштүрөт. Оюн процессинде тиешелүү болгондордун жана анын шарттарын түзгөндөрдүн бардыгын бала өз алдынча өздөштүрүп алып, аны жаңы маалыматтар, тажрыйба менен байытып, зарыл ыктарды жана көндүмдөрдү өнүктүрөт. Оюн — ички күчтөр менен багытталган жана кыска мөөнөттө адамзат маданиятынан адепки, бирок эң кеңири негиздерин өздөштүрүү үчүн балага мүмкүндүк берген чындыкты таанып билүү методу деп айтууга болот. Албетте, өздөштүрүлгөн негиздин мазмуну жана көлөмү жекече мүмкүнчүлүктөр сыяктуу эле баланы калыптандырган жана тарбиялаган микросоциалдык жана перселер чөйрөсү менен да шартталган.

Ошону менен бирге бала өзү үчүн актуалдуу болгон илим-билимге эле эмес, эртедир-кечтир анын окуусуна, ишине, коомдук иш-аракетине керектүү болгон ыкмаларга да ээ болот.

Окуунун мазмуну коом тарабынан аныкталат. Мына ошентип, бала кандайдыр бир даражада мажбурлоо шартында болуп калат: кааласа да, каалабаса да ал окууга, окуганда да белгиленген мезгилде программада каралгандарды окууга тийиш. Ал өзүнүн активдүүлүгүн өзүнүн актуалдуу муктаждыктарын канааттандыруудан мурда, мугалим белгилеген максатка жетишүүгө көбүрөөк жумшоого аргасыз болот. Бирок бир жагынан алганда бала мажбурлоого караганда, өз каалоосу менен болгондо да экспенсивдик жол менен оной билим ала тургандыгы, ал эми экинчи жагынан алганда педагогикалык процесстин мазмуну анын каалоолоруна жараша болбостугу белгилүү болсо, кандай кылыш керек.

Инсандык-гумандуу мамиле педагогикалык процесстин белгилүү бир мезгилинде өздөштүрүү үчүн з а р ы л н е р с е н и баланын өзү үчүн маанилүү нерсеге айландыруууда, башкача айтканда баланын (педагогикалык жана социалдык жактан милдеттүү) окуу милдетин эркин тандап алган катары көрүп, аны өзү каалап калышында турат.

Окуу процесси, албетте, ар дайым кыйынчылыктар менен коштолот, аларды окуучунун мектептеги турмушунан толук чыгарып салууга аракет кылуу педагогикалык жаңылыштык болор эле. Анын үстүнө, өсүп-өөрчүүнүн маңызын дал ошол кыйынчылыктарды жеңүү түзөт. Ошондуктан бала алардан качпастан, аларды өзүнөн өзү издейт. Ойногон оюндарында да ал ушундай кылат. Бала ойноп жатканда күч жагынан да, акыл жагынан да күч келтирген кыйынчылыктарга дуушар болбойт деп ойлобоо керек. Балким, оюн анын жеке өзүнүн активдүүлүгүн, баамдагычтыгын, тапкычтыгын, чыгармачылыгын талап кылган акыл жеткис көп түрдүү жагдайлары менен кызыктыраар. Бала кыйынчылыктардан коркпойт, бул анын жаратылышына каршы болор эле. Ал тааныш-билүүгө умтулуп, аны ар бир минутада далилдейт. Бирок анын тааныш-билүү муктаждыгы окууга мажбурлаган императивдүү окутуунун шарттарында жоголо баштайт. Окуунун турмуштук маанисин түшүндүрүп, окуучунун тилеги менен окуунун максаттарын дал келтирүүгө, башкача айтканда чоң кишилер сунуш кылган иштерди баланын эркин тандап алгандай кабылдоосуна аракет жасоо керек. Мындай учурда ал педагогикалык таасирге тез эле берилип, муга-

лимдин тилин алып, ага жардам көрсөтүп, окуу-тарбия процессине кызыгуу менен активдүү катышат.

Бала мугалимден даяр, түшүндүрүлгөн билим алып, аларды кыйналбай-кысталбай эле өздөштүрүп алгысы келеби? Жок, антпейт. Мындай сабактар ал үчүн көнүлсүз, кызыксыз болуп, башка ишке алаксып, тынч отурбайт, мугалим болсо, анын бул жүрүм-турумун жоопкерсиздик катары, тартипти бузуу катары карап, өзүн өзү кармана албай жаза берүүгө — жаман баа коюуга, уятка-руурга, айыптоого шашылат. Дайыма болуучу мындай кагылыштардан улам окуучу баш бербей, кежирленип, окууга кызыгуусун жоготот. Эгерде педагог ар кандай иштерге тарткан кезде гана ал окууга кызыгып, берилип кетет, мындай шартта бала өзү эле билимин арттырып, тажрыйба жасап, байкоо жүргүзүп, изилдеп, тыянак чыгарып, өз ой-пикирин эркин айта баштайт. Мындай окуу эмгеги күч-аракеттерди, ички күчтөрдүн бардыгын жумшоону талап кылат, ошон үчүн кубаныч, үзүр алып келет. Окууну окуучу өзү тандап алгандай ишке айландыруу — бул биринчиден, анын максатка ылайыктуу, социалдык жана педагогикалык жактан маанилүү өнүгүшү, тарбияланышы, маалыматтар менен тажрыйбаны арттырышы үчүн эң жакшы шарттарды түзүү; экинчиден, анын жетилип жаткан ички күчтөрүнүн муктаждыгына ылайык, башкача айтканда баланын өзүнүн позициясынан, анын таламдарына жараша бул порцессти башкаруу дегендикке жатат. Бул үчүн мугалим тарбиялоонун илимин гана эмес, бала жана балдар коллективи менен мамиле-байланыштын өнөрүн өздөштүрүүгө тийиш. Класста бири бирине ишенүүнүн, сүйүүнүн, урматтоонун, боорукердиктин, достуктун, бири бирин түшүнүшүүнүн жана бири бирине жардам берүүнүн, кубаныч-кайгыны тең бөлүшүүнүн жалпы кырдаалын орнотуу керек. Педагогикалык процесс жалпынын жана ар кимдин түзүүчү, өз алдынча окуу-таанып билүү ишин ар дайым стимулдаштырууга жана кызыктырууга, балдарды мугалим менен биргелешип жаратууга, кызматташ болууга умтулуусун ойготууга тийиш.

2. Педагогикалык процесс ачык-айкын **өнүгүп жаткан тенденция** менен мүнөздөлүүгө тийиш. Жогоруда биз өнүгүүнүн психологиялык механизмдери жөнүндө айтып кеткенбиз. Анын педагогикалык аспектисин карап чыгалы, анткени мугалимдердин баары эле өнүгүп жаткан окутуунун методикасын өздөштүрүшкөн эмес. Мында, бир катар факторлор аракет кылышы ыктымал: кашандык,

керектүү окуу куралдарынын жоктугу, педагогикалык процессти долбоорлоого чыгармачылыксыз мамиле кылуу, өнүгүүнүн маңызын чала түшүнүү (кээ бирөөлөр проблема «Эмне үчүн? Далилде! Түшүндүр!» деген өндүү суроолор менен тапшырмалар көбөйгөндө гана чечилет деп ойлошот).

Педагогикалык процесс балада дал эмнени өнүктүрүүгө тийиш, өнүгүүнүн мазмунун канткенде аныктоого болот? Бул жагынан алганда К. Д. Ушинскийдин ойлору кызыктуу. Ал мындай деп жазган: «Окуучулар менен аңгемелешүүлөрдө ар дайым эки максатты эске алып, анын бирин унутуп койбош үчүн экинчисине өтө кызыкпоо керек. *Биринчи, формалдуу максат* окуучунун акыл-эс жөндөмдүүлүгүн, анын байкагычтыгын, эсте сактап калуусун, элестетүүсүн, фантазиясын жана акыл-эсин өнүктүрүүдө турат. Окуучуга тигил же бул илим-билимди гана эмес, китептерден, ошондой эле аны курчап турган нерселерден, турмушта болгон окуялардан, өзүнүн ички дүйнөсүнүн тарыхынан пайдалуу билим алуу каражатын да берүү керек экендигин дайыма эсте тутуу керек. Бардык жерлерден пайдалуу билим алууга жөндөмдүү акыл-эске ээ болуу менен адам өмүр бою окуп үйрөнөт жана албетте бул ар кандай мектептеги окуунун эң башкы милдеттеринин бирин түзөт»[1]. Мектепте окутуунун экинчи максаты — материалдык максат, башкача айтканда мазмун. Мазмунсуз «акыл — куру сөз». Билим берүүнүн формалдуу жана материалдык жактары бир бүтүн нерсени түзөт, ошондуктан биринчи максат менен бирге экинчи максатка жетүү үчүн «баарынан мурда байкоолор, элестетүүлөр жана түшүнүү үчүн нерселерди акыл-эстүүлүк менен туура тандоо зарыл»[2].

Жалпы өнүгүү идеясын көтөрүп чыгуу менен Л. В. Занков анын мазмунун мындай деп кеңейтет: «...жалпы өнүгүү деп психикалык ишмердүүлүктүн ар тараптуу өнүгүүсү эсептелет. Бул маанинде алганда жалпы өнүгүү акыл-эстин өнүгүшүнөн таанып-билүү процесстерин гана эмес, ошондой эле эркти жана сезимди (же эмоцияны) камтыгандыгы менен айырмаланат»[3].

Биздин пикирибизче, жалпы өнүгүүнүн мазмунуна эркин тандоо сезими, муктаждыктар жана себептер, чындыкка карата мамиле, таламдар сыяктуу жекече мүнөз-

---

[1] *Ушинский К. Д.* Избр. пед. соч. В 2 т. Т. 2. М., 27-б.
[2] Ошондо эле. 28-бет.
[3] *Занков Л. В.* Дидактика и жизнь. М., 1968. 25 б.

дөмөлөр да кирет. Инсан, албетте, айтылган касиеттердин жыйындысы эмес, «мүнөздүн биримдүүлүгү» болуп саналат, «инсандын наркын жана масштабын мүнөз аныктайт». «Инсан үчүн эң мүнөздүү нерсе эмне? Адам бийик бир нерсеге жетишүүгө умтулуп, өзүнүн бүткүл болмушун ар бир учурда идеяга багындыргандыгыбы... Биз баарыбыз келечекке ишенимдүү көз чаптырган күчтүү, туруктуу, күжүрмөн адамдардан болууга тийишпиз...» (Э. Тельман). Балада анын терең шыктарын, жөндөмдүүлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн багыттуу өнүктүрбөй жана калыптандырбай туруп, мүнөзү бекем жана максатка умтулган инсанды тарбиялоо мүмкүн эмес. Бирок иштин уюштуруунун коллективдүү же социалдык жактан далилдүү жекече формаларында өткөн таанып-билүү, түзүү, кайра өзгөртүү, адептик этика иш-аракеттерде гана ар бир баланын инсаны багыттуу өнүктүрүлүшү жана калыптанышы ыктымал.

Башка балдар жана тарбиялап жаткан чоң кишилер менен байланышта болбогон бала инсан болмок турсун адам боло албайт. Ал тентуштары жана тарбиячылар менен карым-катышта, кызматташтыкта потенциалдык мүмкүндүктөрүн толук ачып көрсөтүп, адамдар арасында гана адам, инсан болуп чыга алат.

Өнүгүү кыйынчылыктарды талап кылат, ал ошол кыйынчылыктар аркылуу өтөт. Мотивдүү, б. а. инсандык жактан маанилүү иштин жүзөгө ашырууда келип чыгып, аны кечендетип артка тарткан кыйынчылык аны жеңип чыгуу үчүн зарыл болгон инсандык күчтөрдү жаңы сапатка өткөрүүчү шарттын өзү болот. Психикалык күчтөрдү модификациялоо жана кыйынчылыкты жеңүүгө багытталган алардын биргелешкен активдүүлүгү, ошол эле учурда жаңы нерселердин пайда болуу, бекемделүү, калыптануу процесси, башкача айтканда өнүгүү болуп саналат.

Педагогикалык процесс — бул **бала менен педагогдун кызматташтыгы,** мында мугалим кыйынчылыктарды жеңүүдө окуучуга жардам берет. Педагогикалык жардамдын мааниси эмнеде? Багыт берүүчү суроолорду түшүндүрүүдөбү, берүүдөбү? Психологиялык адабиятта балага педагогдун жардамы таанып-билүү маселелерине жооп табуу менен гана байланыштырылгандыктан анын педагогикалык кепири мааниси тарып, жокко чыгарылат. Биз баланын өнүгүшүнө чыныгы жардамды багыттуулуктун өзүнөн, педагогикалык процесстин мүнөзүнөн жана инсанды калыптандыруу жана тарбиялоо боюнча ал чечип жаткан милдеттерден көрүүгө тийишпиз. Эгерде педагог окуучунун кыйналганын көрүп туруп, багыт берүүчү суроо берип жана ошол эле мезгил-

де аның баамдабастыгына, артта калуучулугуна, билбегендигине жана башкаларга пааразылыгы (сөз же мимикаем, үнү менен) билдирсе, мунун берер жардамы өтө чамалуу болот. Мындай жардам, албетте, баланын мүмкүнчүлүктөрүнүн өнүгүшүн жандандырбайт.

Педагог түшүндүрүп, көрсөтүп эске салып, багыт берип, негиздеп, калыстык кылып, акылдашып, кеңешип, алдынала ып, ортоктош болуп, кызыктырып, стимулдаштырып, ишендирип, кызыктырып, далилдеп, шыктандырып, жакшы көрүп, урматтап, кызыктыруучу талаптарды коюп, чоңоюунун, эркин тандоонун муктаждыктарын канааттандырууга көмөк көрсөтүп, окуучуга мамиле-байланыштын кубанычын туюндуруп, курбуларынын, жакын адамдарынын арасында аның кадырын бекемдеп турган кезде гана жардам берет. Бул бири-бири менен байланышкан жана максатка багытталган аракеттердин маңызы жана негизи — балдар коллективиндеги ар бир баланын турмушун кубанычтуу, мазмундуу кылып, рухий жактан байытуу үчүн оптимисттик-гумандуу кырдаалды түзүүгө умтулуу. Мындай педагогикалык шарттарда, мындай педагогикалык жардамдын жана балдар коллективинин мындай рухий турмушунун кырдаалында ар бир бала эң оор кыйынчылыктарды жеңүүгө, өзүнүн шыгын көбүрөөк көрсөтүүгө жана ачып берүүгө даяр турган жөндөмдүү бала болуп калат. Мына ошондуктан бала тигил же бул жашында эмнелерди иштей алат деген маселеде, биринчи жактан, аның чыныгы мүмкүнчүлүктөрү билинет, экинчи жактан, аның шыгы ачыла турган окуу процессин уюштуруунун багыты жана мүнөзү белгиленет.

Мына ошентип, кыйынчылыктар өнүгүүнүн зарыл шарты жана булагы. Бирок кээ бир мугалимдер, ошондой эле методисттер кээде бул кыйынчылыктарды окуунун жана окуу куралынын мазмунун объективдүү татаалдыктары менен байланыштырышат. Мында көп учурда К. Д. Ушинскийдин мына бул оюна негизденишет: «Кыйынчылыктын өзү үчүн окуунун кыйынчылыгын издегендик таптакыр акылсыздык болор эле. Ырас, кыйынчылык кээде пайдалуу келет, бирок кунт коюу каражаты катары гана пайдалуу болот». Бул ойду бир беткей түшүнүүгө болобу? Эгерде өнүгүүнүн азыркы психологиялык түшүнүгүнө негиздене турган болсок, албетте, андай түшүнүүгө болбойт. Өнүгүүдөгү белгиленген кыйынчылыктын маанисин түшүндүрүү үчүн бир мисал келтирейин. Тренер баланы бийиктикке секирүүгө үйрөтүп жатат дейли, ал кандай жүгүрүүнү, жерден кандай көтөрүлүүнү, планканын үстүндө

денени кандай кармоону түшүндүрөт, анан бала өзү үчүн эң жакшы натыйжага жетишет — 100 см бийиктикке секирет. Эми тренер эмне кылат: планканы 99 см ге коёбу же аны 101 см ге көтөрөбү жана баланын жетишкен мүмкүндүктөрүнүн чегинде анын дене-боюнун өнүгүшүн стимулдаштыруу менен секирүүнүн техникасын өркүндөтүүнү улантабы? Тренер көнүгүүнү татаалдаштырышы шексиз. Бала дароо эле жаңы бийиктикке секире албаса да, анын ички күчтөрү мобилизацияланып жетилет да, алда канча женил көнүгүүлөргө караганда, секирүүлөрдө жетишилген бийиктиктен секирүүнү алда канча толугураак ишке ашырат.

Таанып-билүү, эмоциялык, нравалык жактарда да ушул өндүү процесс болот. Өнүгүү жетишкен мүмкүндүктөрдүн чегинде денелик жана психологиялык күчтөрдүн аракеттенүүсүнүн шарттарында жүзөгө ашырылат, бул жетишкен чек да кыйынчылыктар аркылуу түзүлөт. Педагогикалык процессте баланын өнүгүшүн мен жогору кеткен ийри сызык түрүндө элестетер элем: жогору кеткен ар бир ийри сызык баланы кандайдыр бир кыйынчылыкка алып келет, аны жеңүүдө баланын күч-аракети топтолуп, алардын структурасын кайра түзүп, жетишкен ийгиликти бекемдөөгө кызыктырат, ошондон кийин жогору көтөрүлүү жана башка ушул сыяктуулар кайра башталат. Кыйынчылык деп атайын кыйынчылык издөө, албетте, акылсыздык, мында К. Д. Ушинскийдин айтканы калетсиз. Бирок кандай кыйынчылыкты белгилөө, психикалык күчтөрдү кандай багытта активдештирүү керек, бала дайыма ойго батып, изденип, акыл жана адептүүлүк жагынан өркүндөп турсун үчүн педагогикалык процессти кандай жүргүзүү керек — бул педагогдон чыгармачылыкты жана чеберчиликти талап кылган эң маанилүү, биринчи даражадагы проблема.

Кыйынчылыктар көнүл буруугa көмөк көрсөтүү үчүн гана керек болбостон, «байкагычтыкты, эсте тутуп калууну, элестетүүнү, кыял жүгүртүүнү, акыл-эсти» (бул тууралында К. Д. Ушинский айткан) жана инсандын мүнөзүн аныктаган психологиялык сапаттардын бүткүл комплексин өнүктүрүү, калыптандыруу, тарбиялоо үчүн да керек.

Окуу — таанып-билүү ишинде келип чыккан кыйынчылыктар кенже класстан окуудан качып, мектепке, мугалимге тескери мамиле жасоону пайда кылышы мүмкүнбү? Алар окуучуну көнүл кош, тартипсиз, орой балага айландырышы мүмкүнбү? Эгерде бул кыйынчылыктар баланын мүмкүндүктөрүнүн чегинен чыгып кетип, биз аны бул кыйынчылыктарды жең деп талап кылып күчкө салсак, ал-

бетте, мүмкүн; эгерде биз аны өз кыйынчылыктары менен жалгыз калтырып, ага сергек, кунт коюп мамиле жасабасак да, ошондой болушу ыктымал.

Инсандык-гумандуу негиздерде түзүлгөн педагогикалык процессте таанып-билүүдөгү жана социалдык тажрыйбага, адептүү жүрүш-туруштун көндүмдөрүнө ээ болуудагы кыйынчылыктар бала үчүн таптакыр башкача психологиялык мааниге ээ болот: колдон келе турган кыйынчылык аны жеңип жаткан кезде канааттануу сезимине бөлөп, психологиялык жагымдуу жагдай үчүн шарт түзөт, башкача айтканда таанып-билүүнүн, адептүүлүк жактан өркүндөөнүн, бойго жетүүнүн кубанычын тартуулайт. Бул процессте бала иштеген иши онунан чыкпай калып, кайгыга баткан учурлар да кездешет, бирок анын эмоционалдык белгиси — ийгиликке ишенүү, өз күчүнө ишенүү, мугалимдин жана классташтардын жардамы менен кабыл алууга даяр туруу. Алар менен биргелешип жаратуу жана кызматташ болуу өзүн өзү таануюга, жолдоштуктун жана достуктун байланыштарын чыңдоого, дүйнөгө куунак кароого көмөк көрсөтөт.

3. Педагогикалык процесс **турмуштун кубанычын балага** тартуулоого тийиш. Бала турмушка гана даярдалбастан, ошондой эле жашап жаткандыгы жалпыга маалым. Бул ойдун чын экендигине карабастан, бүткүл классикалык педагогика баланын эмне үчүн жашоо керек экендигин билгидей кылып педагогикалык процессти уюштурууга ар дайым чакырып келгендигине карабастан, түзүлгөн практика окуучунун таламдары менен көп эсептешчү эмес. Абал азыр да ушундай. Илимдердин негизги маалыматтары менен окуучуларды куралдандыруунун, керектүү ыкмалар менен көндүмдөрдү иштеп чыгуунун педагогикалык процесстин чордонуна коюу менен, мугалимдер жана тарбиячылар көзөде ар бир окуучунун өзүнүн ички дүйнөсү, өзүнүн мактаждыгы, парк-дөөлөттөрү, мамилелери, ойлору, тилектери, умтулуулары, өз кубанычтары жана кайгы-касырети, өзүнүн жекече турмушу бар экенин эстеринен чыгарып жиберишет. Көп педагогдор бала бул турмушту класска кирип келатканда мектептин сыртында калтырып, оюн жалап окууга топтоого тийиш деп эсептешет. Бирок мындай болбойт, бала өзүн толкундантып, капалантып, кубандырган, өзү умтулган нерселерден эч качан ажырабайт. Анын үстүнө ал мектепке окуу үчүн гана эмес, жолдошторуна жолугуу, алар менен бирге ойноо, жаңылыктарды ортого салуу, жаңы оюнчуктар менен ойноо максатында келет. Педагогикалык жактан белгиленген мына ушул мамиле-

байланыш болбосо, балким, окуунун өзү балдарды бат эле зериктирип жиберер эле.

А. Н. Леонтьевдин пикири боюнча, «окуу предметтерин өздөштүрүүдө (дегеле жалпы билим алууда болсун, илимди өздөштүрүүдө болсун) адамдын турмушунда таанып-билүү кандай орунду ээлегендиги, бул таанып-билүү ал үчүн чыныгы турмушунун бир бөлүгү же анын сыртган танууланган шарты болор-болбостугу чечүүчү мааниге ээ болот». Андан ары ал А. И. Герцендин «илим өзүн формалдуу түрдө эмес, терең өздөштүрүү үчүн жашоого тийиш экендиги» жөнүндөгү оюн мисалга алып, «...окууда да материалды формалдуу өздөштүрбөс үчүн, окууга жөн эле келип-кетип кутулбай, аны жан-дили менен кабылдаш керек, окуу турмуштун өзүнө айланып, окуучу үчүн «турмуштук мааниге ээ болуш керек»[1].

Бул бала өзүнүн келечектеги турмушунда билим берүүнүн маанисин түшүнүп, окууну бүгүнкү, азыркы турмушунун бир бөлүгүнө өзү айландырууга жана окуу жана мектеп ага кубаныч же оор кайгы алып келе тургандыгына карабастан, ага жеке өзү үчүн турмуштук зор мааниси бар ишке мамиле кылгандай мамиле кылууга тийиш дегендикке жатабы? Жок, андай эмес, анткени бала ага жарабайт, ошондуктан муну андан талап кылууга болбойт. Окуунун ал үчүн турмуштук маанилүү бөлүгү болор-болбосу баланын актуалдуу керектөөлөрүнүн чөйрөсүнө окуунун кирер-кирбесине, анын бүгүнкү турмуштун уландысына айланар-айланбасына байланыштуу болот.

Л. В. Занков мына ушуга көңүл бурган. «Бүтүндөй эксперименталдык дидактикалык система үчүн да,— деп жазган ал,— ошондой эле биздин эксперименталдык окуунун методикасы үчүн да мектеп окуучусунун турмуштук көз карашы баарынан маанилүү. Дидактикалык жана методикалык эмгектерде кээде окуунун турмуш менен байланышын талап кылуу менен бирге окуучулардын өздөрүнүн турмушун эстен чыгарып жибербөө керектиги жөнүндө айтылат. Бирок мында мектеп окуучуларынын турмушу окуучулар тарабынан топтолгон турмуштук тажрыйба, байкоолор катары түшүндүрүлөт. Биз башка нерсени көңүлгө алабыз: мектеп ишинин спецификасынан четтебей, мектеп окуучусунун окуу ишин баланын турмушунун башка чөйрөлөрүнө, маселен, ачгемелешүүлөрдөгү оюндардагы, үй-бүлөдөгү көнүгүүлөрдөгү же жолдоштор менен жо-

[1] *Леонтьев А. Н.* Деятельность. Сознание. Личность. М., 1975, 300—301-б.

лугушуулардагы аракеттерге окшогон анын психикалык иштмердүүлүгүнүн ар кандай тараптары тартылгандай кылып уюштурган окууну жолго коюу зарыл»[1].

Окуучунун класстан тышкаркы турмушунун ар кандай жактарын анын окуу ишине тартуу жөнүндөгү Л. В. Занковдун бул туура пикирлери, менин оюмча, тереңдетүүнү талап кылат. Асыресе, балага жашоонун кубанычын тартуулоо жөнүндө камкордук көрүү менен биз сабакты бузуп, окуу ишин кызыктыруучулук менен алмаштырып, демек, окуу максаттарына жетишүүнү унутуп салуу мүмкүндүгүбүздөн коркпошубуз керек. Тескерисинче, дал ушул «чегинүүлөр», балдардын кимдир бирөөсүн толкундантқан окуяларга убактылуу көңүл буруу алардын сабактагы кийинки иштерин алар үчүн маанилүү кылат. Айталы, баланын туулган күнүндө мугалим аны куттуктайт, балдар жакшы тилектерин айтышат, андан кийин ошол балага бүткүл сабакты арноону чечишет. Эми алар жолдошун жакшы иш менен кубандырууга аракеттенип, айрыкча активдүү болушат деп айтыш керекпи? Сабак балдардын таламдарынын бүткүл гаммасы менен толукталууга тийиш. Кечээ күнү телевизордон көрсөтүлгөн балдардын турмушу жөнүндө кеп козгоп, пикирдеше тургандай («Күлкүлүүсүн айтпа!» же «Аябай кызыктуу болду, ыраспы!») убакытты тандоо керек, андан кийин математикага киришүү керек; жазуу ишин баштаардан мурда эмеси ооруп калган баланын көңүлүн көтөрүү керек («Эмең жакында айыгат, туурабы, балдар?»); окуу сабагынын планын балдар менен макулдашуу керек; алар сабактын кандай өтүшүн же кандай өткөрүлсө аларга жагарын акылдашып алуу керек, жакпай калса эмне үчүн жакпаганын жана башка ушул сыяктууларды ортого салуу керек. Айтор, бул минуталардын мааниси ээп-эркин кырдаалды түзүүдө, алардын көңүлүн сабакка бурууда, өздөрүн сабактын кожоюнундай сезүүдө балдарга жардам берүүдө, аларга жакшы маанай берүүдө, класска келгендеги терс эмоциялардан кутултууда жана башка ушул сыяктууларда турат.

Бала — өзүнчө инсан, ошондуктан педагогикалык процесс баарынан мурда турмуштук умтулууларга жана мүктаждыктарга аны толук кызыктырууга тийиш. Бул процесстө бала турмуштун ар дайым толукталышын, өзүнүн улам өсүп, улам ар түрдүү болуп бараткан таанып-билүүчүлүк жана рухий керектөөлөрүнүн канааттанганын сезүүгө тийиш.

---

[1] *Занков Л. В.* Обучение и развитие. М., 1975. с. 135.

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

С. И. ЛЫСЕНКОВА

ОКУУ ОҢОЙ БОЛСО

«Ачык сабак бериңиз!»[1]. Чыныгы сабак деген эмне деп сурашканда, мен адатта мындайча жооп берем: «Баарына жана бардыгына көңүл бурулуп жана убакыт жетишкен сабакты айтамын».

Адатта «убакытты үнөмдөгүлө» деп көп айтышат. Мен убакытты утуу керек деп эсептейм. Бардыгын жана ар бирин алга жылдыруу үчүн, ар качан кайталаш үчүн, эң көп көңүгүүлөр үчүн утуу керек.

Мен өз кесибимди абдан жакшы көрөм. Мына кырк жыл бою башталгыч класстын окутуучусу болуп иштеп жатам. Жыл өткөн сайын «Ачык сабак бериңиз» деп алыстан да, жакындан да келген кесиптештерим көбөйгөндөн көбөйүүдө. Ондогон жылдар ичинде канча ачык сабак берилбеди дейсиз! Алар район үчүн, шаар үчүн, окуучулардын көздөрүндөгү окууга кызыгуу оту өчпөсүн, окуу кыйноо менен өкүнүч алып келбей ийгилик кубанычын тартуулашын каалагандар, ишин ондоону каалагандар үчүн өткөрүлүп келет.

Менин методум дароо эле эмес, кыпындайдан куралган. Адегенде балдар томсоруп отурбай сөзгө аралашуусуна, ар бирин ишке тартуу жолун табууга умтулчумун. Мен адатта комментариялоо деп айтып жүргөн **комментариялаган башкаруу** идеясы ушундайча пайда болгон. Мен жалгыз окутпайм. Оюн ортого салып, өз иш-аракетин түшүндүрүү менен калгандарын да «ишке тарткан» класстагы **ар бир** окуучу да окутат. Окутуунун биринчи күнүнөн эле балдарды ачык ойлонууга үйрөтүү — менин методумдун бир принциби. Сүйлөй билүүнүн эле эмес, ойлонуунун, сөзү жана иш-аракети үчүн өзүнүн жана жолдошторунун алдындагы жоопкерчилик сезими, окуу-тааныш билүү ишин өз

---

[1] Бул автордун орус тилин окутуу боюнча кээ бир мисалдары кыргыз грамматикасына ылайык келбегендиктен кыскартылып берилди.

алдынча талдоо, өз алдынча баа берүү, өз алдынча жөнгө салуунун өнүгүшү да мына ушундан улам башталат.

Андан кийин күнү-түнү менен баарына жана бардыгына жете турган убакытты изденүүм башталды. «Издеген табат» деп айтылат макалда. Мунун чындыгына өз тажрыйбамда ынандым.

Мугалимдин чыгармачылыгы окуучунун чыгармачылыгын жаратат. Балдар сабактын барометри. Мага сабак ойдогудай өтүлбөгөн башка класска сабак окутууга туура келди. Менин окуумду кандай кабылдашар экен? деп толкунданып жүрдүм. Балдар көп өтпөй эле: «Эмне үчүн Сиз бизди такыр урушпайсыз?», «Эмне үчүн сабак мынчалык тез өтөт?» — деп сурай баштаган.

Бир айдан кийин окуу бөлүмүнүн башчысы сабагыма кирди, андан кийин мындай деди:

— Мен бул классты билем. Бири партанын астында отурса, экинчиси бурчта туруучу, үчүнчүсү эшикте жүрчү. Эч кимиси окучу эмес. Азыр, болсо, бардыгы иштеп, өндөрүнөн күлкү кетпейт! Буга кантип жетиштиңиз?

— Мына ушунун өзү, менин методикам,— дедим.

Ооба, озуу! Озуу идеясы жөнүндө биринчи жолу 1971-жылы башталгыч класстардын мугалимдеринин Москва шаардык конференциясында айткамын. Конференцияга бара жатып мугалимдер мени түшүнүшпөй, трибунадан кууп түшүшсө кантем деп толкундандым. Программанын татаалдыгы, убакыттын жетишсиздиги жөнүндө бардыгы айтышат, а менчи? Бирок ишенишпесе дагы толук тынчтыкта көңүл коюп угушту. Ал эми бир мугалим сүйлөп бүткөндөн кийин басып келди да мындай деп танданды: «Мына ушундай жөнөкөй нерсени таап чыгыш үчүн канчалык ойлонуу керек эле!»

— Окутуунун адаттагы методикасын кайра ойлоп чыгууга сизди эмне мажбурлады,— деп жолугушууларда көп сурашат.

— Өзүмө болгон нааразылыгым, бардык балдарды, анын ичинде начарларын да жакшы окутуу зарылчылыгы. Программадан озуу менен жеңил окутамын — деп, жооп берем адатта.

Кээ бирөөлөр каршы болушат:

— Начар окуучулар көп, менин классымда буга жетишүүгө болбойт.

— Мындай учурда кайра ого бетер озуу менен иштеш керек.

Өз учурунда мындай «начар окуучулар» мени да абдан толкундантқан. Мага менин көп кесиптештерим сыяктуу

эле балдар менен сабактан кийин кошумча иштөөгө туура келди. Бул жумуштун натыйжасыздыгын сезсем да, иштегемин. Эмне үчүн натыйжасыз? Начар окуучу үчүн кошумча сабак аздык кылат. Сабак артынан сабак өтүүлөр тажатат. «Бул азап качан бүтөт» — деп ойлойт бала. Ал эми мени болсо оюнда жез кемпирдей көрүшөт.

Акырында кошумча сабак мени да, жетишпеген балдарды да канааттандырбады. Эмне үчүн балдар материалды жаман өздөштүрөт деп ойлоно баштадым. Бардыгы ийгиликтүү окуш үчүн эмне керек? Акырындап отуруп теманы өздөштүрүү үчүн көпчүлүгүнө жөн эле убакыт жетишпейт деген жыйынтыкка келдим.

Бардыгыбыз бирдикте канчалык аракет кылсак да Лена Иванова 10 дон 7ни кемитүүнү такыр эсептей албай койду: 10— бул 7 жана 3,7ни кемитебиз, 3 калат деп чогуулап үйрөтсөк билбей койду.

Бүгүн түшүнбөйт, эртең түшүнбөйт, ишти өз алдынча иштөөдө аткара албайт. Бир ай, бир жарым ай өтөт. Жаңы материалды өздөштүрүүдө Ленада баягы эле кыйынчылыктар, ал эми 10дон 7ни алууну же мурда өтүлгөн башка маселелерди чыгара алат. Убакыт, дайыма иштелген көнүгүүлөр жардам берди. Демек, окуп-үйрөнгөн ар бир теманы ар тараптан, бекем жана терең өздөштүрүү үчүн көбүрөөк иштөө жана зарыл болгон убакыт керек. Бирок программа боюнча бекитилген мөөнөттөн артта калбай муну кантип жасоого болот? Жооп карама-каршылыктуу көрүнүшү мүмкүн: программадан озуу керек! Бул үчүн окуу процессин, б. а. сабакты башкача жүргүзүү талап кылынат. Эң баалуу убакыттын ээлери мугалим менен окуучулар. Убакыттын резерви алардын өз ара мамилелеринде, аракеттеринде, кызматташтыгында, окуучулардын ойлонуу аракеттеринин өзгөчөлүктөрүн мугалимдин түшүнүүсүндө жана аны башкаруусунда, аларды активдештирүүсүндө, кызыктыруусунда жатат.

Озуу — тиешелүү түрдө уюштурулган окуунун жыйынтыгы. Озууга жетише билүү керек. Ошондуктан, эң башкысы буга кандайча жетишүүдө.

Эмнеден баштоо керек же эмне үчүн таяныч схемалар керек. Жаңы теманын үстүндө иштөөнүн кайсыл этабында начар окуучулар, ал турсун орто окуучулар сабак учурунда шалаакы тартып, артта кала башташат? Мугалим таасирлүү предметтерди, сүрөттөрдү, чиймелерди, таблицаларды колдонуп түшүндүргөн биринчи учурда, балдар кошо иштешип, суроолорго жооп беришип, ал турсун туура жыйынтык чыгарышпады беле.

Мен бул этапты аныкташ үчүн көпкө аракеттенип, балдар айкын, түшүнүктүү көрсөтмөлүүлүктөн оор материалга өтүүдө, жакшы өздөштүрүлгөн жыйынтыктын негизинде өзүнүн ой-пикирин түзүүдө олуттуу кыйынчылыктарды башынан өткөрүшөрүн байкадым. Буга кээ бир окуучулар көп учурда жетише алышпайт. Алар биринчи эле сабактан баштап түшүнүшпөйт, тез өздөштүрүшпөйт. Мына ушулар пассивдүүлүктү жаратышат жана терендетет.

Ар бир окуучуну бардык сабактарда ишке жигердүү тартуу, окуп үйрөнүүчү тема боюнча элестетүүдөн түшүнүк түзүүгө, машыгууларга жеткирүү — менин максатым. Ага жетүүгө **таяныч схемалары** жардам берет.

Таяныч схемалары же жөн эле таянычтар — бул окуучулардын көз алдында, түшүндүрүү учурунда пайда болуп, таблицалар, карточкалар, чиймелер, сүрөттөр, наборлуу полотнолор түрүндө жасалган корутундулар.

Схемалар менен иштөөнүн маанилүү шарты — алар плакат иретинде дубалга илинбей, бардык сабактарда ишке тартылгандыгында. Ал ошондо гана мугалимге жакшы окутууга, балдарга жакшы окууга жардам берет.

Биринчи класстагылар — балдар бакчасындагы кечээку бөбөктөр. Алар так, образдуу ойлошот.

Мына ошентип, математикалык тажрыйбанын чыгарылышын көрсөтүүчү кооз сүрөт-оюнчуктардан таяныч схемага өтөбүз.

Бул эң биринчи сабакта сүрөттөгү маселени талдоодо түзүлөт: «Табакта 2 алма бар эле. Эне дагы 3 алма салды. Табакта эми канча алма бар?»

Таблицанын максаты — маселенин элементтерин биринчи түшүндүрүүдө көрсөтмөлүү элес калтыруу. Маселенин жыйынтыгын чыгаруу мугалимдин суроосу менен коштолот: «Маселеде эмне белгилүү? Биз эмнени билебиз?». Жалпы айтабыз: «Биз табакта 2 алма бардыгын билебиз жана эне дагы 3 алма салгандыгын билебиз». Ошондон кийин мугалим доскадагы раманы маселенин берилгендери менен мындайча толуктайт:

2 3 ?	
2+3=5	
5	
шарты	
суроо	
чыгарылышы	
жообу	

2 3 «Бул **маселенин шарты.** Биз маселенин шартын бөлүп көрсөттүк — дейт мугалим.— Маселеде эмнени табуу талап кылынат?» «Табакта эми канча алма бар?» Доскадагы схема толуктанат:

2 3? «Бул **маселенин суроосу.** Биз маселенин суроосун бөлүп көрсөттүк. Табакта эми канча алма бар?» — деп, мугалим сурайт. «Беш» деп балдар жооп беришет.

«Кантип билдиңер? Эмне кылдыңар?» — дейт мугалим. «Экиге 3ту коштук» — дейт, балдар. Доскадагы жазуу улантылат:

2 3?

«2+3=5— бул **маселенин чыгарылышы.** Силер маселенин чыгарылышын айттыңар. Табакта канча алма болуп калды, дагы айткылачы».

— «Беш».

Маселенин бүткүл жазылышы доскада мындайча көрүнөт:

2 3 ?

2+3=5

«5— бул **маселенин жообу.** Биз маселенин жообун айттык».

Мугалим андан ары балдарды азыр эле жүргүзүлгөн маселени жалпылоого алып келет: «Маселенин кайсы бөлүгүн, элементин айырмалап жаздык?» (Шарты, суроо, чыгарылышы, жооп.) Схема ушул сөздөр менен толуктанат.

Келерки сабакта схема балдардын көз алдында турат. Мугалимдин тапшырмасы: «Маселенин бөлүгүн атагыла». Жабалактап көтөрүлгөн колдор. Бир дагы окуучу өзүн алсыз сезбейт. «Шарты, суроо, чыгарылышы, жооп» — дешип, балдар схемадан жалпы жана өз алдынча окушат.

— Азыр болсо окуу китебинин 12-бетиндеги сүрөт боюнча маселе түзөбүз: «Балдар бактан алма теришти. Мына, себеттери алмага толгон үч бала келе жатат. Алардын алдынан бир кыз чыкты. Бакта бардыгы канча бала болушкан?» Маселенин элементтерин айрым бөлүп жазгыла.

Окуучулар маселенин шартын, суроосун, чыгарылышын жана жообун бөлүп жазуу менен ой жүгүртүшөт.

Балдардын бардык жооптору мугалим тарабынан схемадагыдай кылып доскада жазылат. Бир дагы ашыкча сөз, чымыркануу да жок. Ал турсун начар окуучуларда да тартынчаактык жоголду.

Улам кийинки сабактарда схема менен иштөөнүн тездиги өсүп отурду. Мугалим эмнени сурарын балдар даана түшүнүшөт. Доскада жазуу азаюуда. Азыр жөн эле ооз эки:

— Шартын бөлгүн.

— Суроону айткын.

— Лена, чыгарууну жүргүзгүн.— Лена жооп бере баштайт:

— 5ти жазамын, «минусту» жазамын, 2ни жазамын, «келип чыгат» деп жазамын. 5 санына көрсөткүчтү коёмун, 2 кемитемин (бир, эки) 3 келип чыгат. (Балдар каалоосу боюнча сызгычта эсептешет.)

— Сережа, жообун көчүр.

Азыр Сережа жүргүзөт:

— Жообун көчүрөмүн: эркек балада 3 гүл калды

Же болбосо мындай таяныч: биринчи жана экинчи ондукту окуп үйрөнүү мезгилинде зарыл колдонмо — абак.

Мындай оюнчук ар бир окуучуда бар. Балдар ойноп жатышкандай сезилет. Чынында бул олуттуу акыл эмгеги — маселедеги математикалык түшүнүк биринчи жолу калыптанат, сандардын составын окуп үйрөнүүдө ыгы өркүндөтүлөт, маселелердеги алгачкы математикалык түшүнүктөр түзүлөт. Мындан башка тапшырманы аткаруу убакыты үнөмдөлөт.

Сабакта 5 санынын составын окуп үйрөнүү жүргүзүлөт.

— 2 козу карынды койгун, эми дагы 3 ту. Бардыгы канча козу карын болду?

— А эми монета менен 5 тыйын чогултукун (досканын рейкасында ар кандай сандагы монеталар).

Окуучу тапшырманы аткарат. Балдар толукташат.



— Эми акырында абакты колдонобуз. Бардык балдар бир убакытта тапшырманы аткарууга киришишет жана абактын бетин мугалимге көрсөтүшөт. «Коля кандай түздүн? Леначы? Ким башкача түздү? — деп сурайм. Балдар жооп беришет: «5 бул 4 жана 1, 5 бул 3 жана 2, 5— бул...»

Биринчи ондукту окуп үйрөнүү мезгилинде ар бир сабакта — абакта сандарды түзүү өтүлөт: «10 санын абакта түзгүлө».

Балдар кайрадан тез жооп беришет: «10 — бул 8 жана 2, 10 — бул 9 жана 1, 10 бул 5 жана 5, 10 бул 4 жана 6, 10— бул...». «Ал эми 7 санын оюнарда түзгүлө». Окуучуларга бул тапшырма эч кандай кыйынчылыкты туудурбайт. Муну туюнтманы чыгаруудагы ой жүгүртүүлөр ырастайт. Мисалы доскада: 9—8. Маселени күчтүү окуучу чыгарат: «9 ду жазамын, «минусту» жазамын, 8 ди жазамын, «келип чыгат» деп жазамын. Эсептеймин: «9 — бул 8 жана 1. 8ди кемитемин, 1 калат. 1 ди жазамын».

Начар окуучулар мындай анализге тез кирише алышпайт. Алар таянычты — сызгычты пайдаланышат. Мунун коркунучу жок. Эң башкысы, алар көпчүлүк менен бирге

иштеп, акырында өздөрүнүн таянычын пайдаланбай калышкандыгында.

Ушул эле учурда тез эсептөөнү үйрөтүү үчүн сигналдык карточкалар (мугалимде) пайдаланылат. Көнүгүү мисалдарды жазуу түрүндө чыгарганга чейин же андан кийин жүргүзүлөт. Мугалим карточканы көтөрөт, балдар андагы туюнтманы окушат (мисал түзүүнү үйрөнүшөт), андан кийин жөн эле жоопторун аташат: 5+3; 4+2; 8−1; 9−6; 7−1; 3−3; 4+1; 10−9 ж. у. с.

Доскanын жогорку кырына бекитилген сызгычтын үлгүсү сабакта таяныч иретинде мисалдарды чыгарууну үйрөтүүгө эле колдонулбайт. «Сантиметр» темасын түшүндүргөн учурда ал балдардын көз алдына тартылат. Балдардын турмуштук тажрыйбасына таянуу менен, түшүндүрүүнү билимди жыйынтыктоодон баштоо максатка ылайыктуу. Сызгычты жана аның үлгүсүн колдонуу менен ангеме өткөрүлөт. Балдар мындай сызгычты кайдан көрүшкөндүгү аныкталат, андагы бардык бөлүкчөлөр түшүндүрүлөт, 1 м —10 дм, 1 дм —10 см, 1 см —10 мм экендигине көңүл бурулат. Кесиндилер менен болгон иштерде сызгычтын үлгүсүн кеңири колдонуу мына ушундан башталат. Сызгычтын жардамы менен доскада кесиндилер (7 жана 5 дм) сызылат жана балдар ушул эле жерде (таяныч дагы жардам берет) сызгычтын үлгүсүнүн жардамы менен алардын чендерин аныкташат (доскага жарык берилгендиктен акыркы партадан да көрүнөт).

— Кайсы кесинди чоң, узунураак? Канчага, чоң узунураак? 2 дм ге чоң дегендик эмнени билдирет?

— Бул 2 дм ашыкча.

— Кайсынысы кичине, кыскараак? Канчага? 2 дм ге кичине дегендик эмнени билдирет?

— Бул 2 дм жетпейт дегенди билдирет.

Мугалим дагы бир жолу балдардын көңүлүн бурат (сызгыч боюнча таякча менен көрсөтөт).

— Туура, экинчи кесиндиге 2 дм жетишпейт. Кесиндилер барабар болуш үчүн эмне кылуу керек? Көтөрүлгөн коллор. «2 дм кошумчалоо керек». Андан кийин мугалимдин таякчасынын кыймылы боюнча сызгычты «окуганды» жалпы үйрөнөбүз: 1 м де — 10 дм; 1 дм де — 10 см; 1 см де —10 мм. Мына ушунун өзү окуучулардын мейкиндик боюнча түшүнүк-элестерин бышыктоо, ошондой эле узундук чендеринин таблицасын окуп үйрөнүүгө даярдык.

Окуучулар дептерлерине кесиндини сантиметр менен чийишет, а мугалим доскага дециметр менен чийет; кесин-

дини нөлдөн баштап чийип, керектүү бөлүктөргө туура токтоп өтүүнү үйрөтөт.

Же болбосо бир нече бирдикке (1-класс) чоюйтуу — азайтуу маселелери берилет. Бул жаңы түшүнүктү түзүп, аны көрсөтмөлүү материалдын мисалында түшүндүрүү керек.

Алды менен абак пайдаланылат:

1. Сол жактагы мамычада 4 тегерекчени, ошончону дагы оң мамычада алгыла. Оң жана сол мамычалардагы тегерекчелердин саны жөнүндө эмне айта аласынар?

2. Эми сол мамычада 4 тегерекчени, а оң жактан ошончо, дагы 2 тегерекче ачкыла.

Оң мамычадагы тегерекчелер жөнүндө эмне айта аласынар? (Алар сол жакка караганда көп.)

Оң мамычада канча тегерекче ашык? (2.)

Мындай учурда — оң мамычада 2 тегерекчеге көп деп айтышат.

3. Сол мамычада 3 тегерекче, ал эми оң мамычада 2 тегерекчеге көп ачкыла.

Бул эмне дегендик: 2 тегерекче ашыкпы? (Бул оң мамычада канча болсо ошончо, дагы 2 ге ашык.) Оң мамычада канча тегерекче ачышты?

Андан ары дептерлерге сүрөт тартуу көнүгүүсү жүргүзүлөт: «Биринчи катарга 4 желекче, экинчисине 3 желекчеге ашык болгон сүрөттөрдү тартабыз. Экинчи катарга канча желекче тартуу керек? Кантип эсептедиңер? Бул эмне дегендик: 3 желекчеге ашыкпы?» (Бул биринчи катарда канча болсо ошончо жана андан 3 кө ашык.)

Маселенин чыгарылышы эң мурда анализ, ой жүгүртүү, далилдөө менен жүргүзүлөт, амалдарды аткарууда балдарга тааныш схема пайдаланылат.

«Сашанын үч козу карыны бар. Мишаныкы 1 ге көп. Мишанын канча козу карыны бар?»

Анализдин натыйжасында доскада жазылат: 3 1 ге К?

Чыгарылыштын жообун балдар дептерлерине жазышат:

$3+1=4$

— Эмне үчүн кошуу амалын аткардынар?

— Изделүүчү сан 1 ге ашык — кошууну аткарамын.

— 1 бирдик көп деген эмнени билдирет?


— Сашаныкы канча болсо, бул ошончо жана андан 1 ге ашык.

Акырында жөнөкөй маселелердин наборунун полотнолору — таяныч схемасы киргизилет. Алар талдоо, маселенин негизги мазмунун кабылдоо, математикалык терминдерди тактоо, адегенде жөнөкөй маселелерде, кийин курама

масселелерде амалдарды тандап алууну далилдөө үчүн ыңгайлуу келет.

Мисалы. Боёк 5 тыйын турат. Калем 2 тыйынга арзан. Калем канча турат?

Бир окуучу ой жүгүртөт (маселенин шартын бөлүп жазат): Биз «Боёк 5 тыйын турарын билебиз; калемдин 2 тыйынга арзан турарын да билебиз.» Башка окуучу (же мугалим) маселенин берилиштери менен схеманын чөнтөкчөлөрүн (сандар менен) толуктайт. Схема катуу картондон жасалган жана досканын рейкасына илинет:



Үчүнчү окуучу суроону бөлүп көрсөтөт («маселеде калем канча турат? — деп суралат».) Төртүнчүсү чыгарылышты түзөт. Бешинчиси аткарылуучу амалды тандайт. Алтынчысы маселенин жообун түшүндүрөт.

Даяр сандардын тобунун башка схемасы боюнча балдарга аткаруу амалы сөзсүз далилденген жазуу же оозеки түрүндө маселе түзүү сунуш кылынат.

Буга дейре жөнөкөй маселелердин бир нече түрлөрүнүн наборлуу иллюстрлоору: сумманы, калдыкты табуу, бир нече бирдикке чоюйтуу, азайтуулар киргизилет. Маселени чыгаруу жумушу *кызыктуу* (балдар мындай иштин оюн иретинде кабыл алышып, мугалимдин бардык схемалардын керектүүсүн тандап алгыла: «Берилген маселени кайсы схемага тандайбыз? Азыр кайсы схема иштейт?» сыяктуу суроштарына жан дили менен жооп беришет), *так* (мугалим доска жанынан схемалар боюнча суроолор берет, окуучу же ордунан жооп берет, же схемаларга басып келип, керектүүсүн тандап алып көтөрөт жана ишенимдүү түрдө айтат: «Изделүүчү сан □ га чон, кошууну аткарамын». Арийне жаңылыштуу жооптор да болот, мындай учурда окуучулар жолдошуна кызуу жардам беришет), *ар түрдүүчө* (схемалардын бирөөсүнөн маселе талдоо учурунда алынат, дал сандардын тобу бар, көбүнчө бир перселердин сүрөтү тартылган экинчилерин балдар маселе түзүүгө пайдаланышат, ал эми мугалим болсо бул наборду суурул алып башка схемага — өзгөртүп түзүү схемасына коёт, кайра жаңы маселе түзүлө баштайт, төртүнчү схема боюнча жөн эле аткаруу амалы далилденет), *тез* (доскада жазуу үчүн убакыт кетпейт) өтөт.

Активдүү жооп — сабактагы жакшы, ишмердүү тескери

байланыштын бирден бир шарты. В. А. Сухомлинский мынтип жазган: кенжелердин акыл эмгегин уюштуруудагы чеберчилик маңызы баланын биринчи учурларда күч жумшоосун сезбей, мугалимди көңүл коюп угууга, эске тутууга, ойлонууга өзүн мажбурлабай мугалимди көңүл коюп угуусуна, эске тутуусуна, ойлонуусуна жетишүүдө». Схема-таянычтар дал ушуга жардам берет.

Окуучу мугалимдин суроосуна схеманы пайдаланып (аны окуйт) жооп берген учурда тартынуу, ката жиберүүдөн коркуу жоголот. Схема — ой жүгүртүүнүн жана далилдөөнүн белгиленген жолу болуп калат, ал эми ойдун бардыгы эске тутууга же үйрөнгөндү кайра айтып берүүгө эмес, иштин маңызына, ой жүгүртүүгө, себеп-натыйжалык көз карандылыктарды жана байланыштарды андап түшүнүүгө багытталган. Бизде балдар үйлөрүндө эрежелерди жана формулировканы окушпайт. Кадимки көрсөтмөлүүлүк жанданып, тилге кирет. Бир дагы, ал турсун эң начар окуучу да өзүн алсыз сезбейт. Эгерде мен мурда тескери байланыштын жетишпегендигин сезсем — менин суроомо класстагы окуучулардын көпчүлүгү жооп бербей унчукпай отурушса (үйдө эрежени окубаса же окуса да унутуп койсо, бир нерсени түшүнө албай койсо), азыр балдардын окууга активдүүлүгү, сабакка кызыгуусу кескин жогорулады.

Математика жана орус тили боюнча схема — таблицанын көпчүлүгү түстүү түш менен батман кагазына жазылып жасалган. Жалпы түс кара, башкаларын ачык боектор: жашыл, кызыл, көк түстөр менен айырмалаймын. Фотографиялык кара кагазды да пайдаланамын. Мындай таблицалар көпкө сакталат. Бул кагаздарга гуаш (аларды түстүү) менен жазуу керек. Кара кагазга таяныч таблицаларын түстүү бор менен жасоого болот.

Таблицалардын, чиймелердин, наборлуу полотнолордун, карточкалардын өлчөмдөрү арткы партада олтурган балдарга жакшы көрүнгөндөй болууга тийиш. Анткени бул таянычтар бардыгы үчүн эмеспи!

Кээде мындай сөздөрдү угууга туура келет: «Мунун эмнеси жаңы? Таблицалар атам замандан бери эле белгилүү го». Командировка учурунда шаарлардын биринде баштапкы окутуунун жакшы кабинетинде болууга туура келди: техникалык каражаттар, жардамчы доскалар, китептер толтура текчелер, топ-топ дептерлер, карточкалар салынган ящиктер (дидактикалык материалдар) бар экен.

— Темалар боюнча чоң таблицаларды кайда сактайсыңар? — деп сурап калдым кызыгып.

— Бизде чоң таблицалар бир класска топтоштурулган. Сабакка керек болгондо алып, сабактан кийин кайра алып барабыз, — деген жоопту уктум.

Бул мектепте көрсөтмөлүү таяныч пайдаланылбагандыгы түшүнүктүү болду. Жаңы сабакты түшүндүрүү учурунда гана типтүү көрсөтмө куралдар пайдаланылат экен.

Таянычтарды (таблицалар, наборлуу полотнолор, карточкалар, чиймелер) сабакты түшүндүргөндөн кийин башка класска алып кетүүгө же «сактоочу жайга» жеткирүүгө болбойт. Алар келерки бир катар сабактарда керек болот жана материалды толук өздөштүрүүгө чейин ар дайым окуучулардын көз алдында болууга тийиш. Менин окуучуларым «Маселени талдоого киришүү» таблицасына толук бир ай кайрылышат. Ошондуктан ар бир мугалимде таянычтар комплекттүү болууга тийиш. Кичине таянычтарды — карточкаларды папкада сактоо, чоң таянычтарды — схемаларды шкафтарга илип коюу ынгайлуу. Сабакка керектүү таблицаларды, карточкаларды тез тандап алууга мүмкүн болгондой кылып сактоо керек. Бул үчүн бардыгын номерлеп, каталог түзүү керек:

МАТЕМАТИКА

Чоң таянычтар-схемалар

1. Маселени талдоого киришүү (I класс).
2. Кошуунун, кемитүүнүн компоненттеринин аттары (I класс).
3. Наборлуу полотно — кошуунун-кемитүүнүн *x*-компонентин табуу (I класс).
4. Наборлуу полотно — көбөйтүүнүн-бөлүүнүн *x*-компонентин табуу (II класс).
5. Наборлуу полотнолор — жөнөкөй маселелерди чыгаруу (I класс).
6. Наборлуу полотнолор—жөнөкөй маселелерди чыгаруу (II класс).
7. Көбөйтүүгө-бөлүүгө болгон маселелерге киришүү (I класс).
8. Пифагордун таблицасы. Таблицалык көбөйтүү-бөлүү (II класс).
9. Компоненттердин өзгөрүшүнө жараша амалдардын натыйжаларынын өзгөрүшү (II класс).
10. Таблицалардын жыйынтыгы — арифметикалык төрт амалдардын касиеттерин окуп үйрөнүү (I класс).
11. Арифметикалык амалдардын тартиби (II класс).
12. Пифагордун таблицасы — таблицасыз көбөйтүү — бөлүү (II класс).
13. Бөлүктөр, үлүштөр (II класс).
14. Наборлуу полотнолор — чондуктар арасындагы көз карандылыктарга берилген маселелерди чыгарууга киришүү (II—III класстар).

Кичине таянычтар — карточкалар

1. «Ондук» темасы боюнча тез эсептөөнү өнүгүшү (I класс)
2. Ондуктардан өтүү менен «Кошуу-кемитүү» темалары боюнча тез эсептөөнү өнүгүшү (I класс).

3. Таблицалардын жыйынтыгы — «100гө чейинки номерлөө» темасы боюнча эсептөө ыгының өнүгүшү (I класс).
4. Аттуу сандарды өзгөртүп түзүү (I—II класстар).
5. Арифметикалык амалдардын айрым учурлары (I—II класстар).
6. Таблицалык көбөйтүү — бөлүү боюнча тез эсептөөнүн өнүгүшү (II класс).
7. Таблицасыз көбөйтүү — бөлүү боюнча тез эсептөөнүн өнүгүшү (II класс).
8. Чондуктар арасындагы көз карандылыктар (II—III класстар).
9. Латын алфавитинин тамгалары (II класс).

Орус тили

Чоң таянычтар-схемалар

1. Сүйлөм жазган учурда ойлонгун (I класс).
2. Алфавит (I класс).
3. Үндүү тамгалар (I класс).
4. Сөздү туура көчүргүн (I класс).
5. Предметтин аттары (I класс).
6. Амалдардын аттары (I класс).
7. Белгилердин аттары (I класс).
8. Сөздүн учусундагы басымсыз үндүүлөр (I—II класстар).
9. Сөздүн ортосундагы жана аягындагы кош үнсүздөр (I—II класстар).
10. Сөздүн составы (I—II класстар).
11. Предлогдор жана приставкалар (II класс).
12. Татаал сөздөр (II класс).
13. Зат атоочтор жөндөлүшөт (II—III класстар).
14. Зат атоочтун үч жөндөлүшү (II—III класстар).
15. Этиш (II—III класстар).
16. Суроо берүү менен сын атоочтун мүчөсүн текшер (II—III класстар).
17. Сүйлөмдүн баш жана айкындооч мүчөлөрү (II—III класстар).
18. Тыныш белгилерин унутпагын (II—III класстар).

Кичине таянычтар-карточкалар

1. Тамгалар, муундар, сөздөр — буквардык окуу мезгилдеги окуу ыкмасын өздөштүрүү (I класс).
2. Катталап үнсүздөрдөн кийинки үндүүлөр (I класс).
3. Ажыратуучу жумшартуу белгиси (I класс).
4. «Басымсыз үндүүлөрдөгү» практикалык кыйынчылыктардан чыгуу (I—III класстар).
5. «Сөз ортосундагы жана аягындагы кош үнсүздөрдөгү» практикалык кыйынчылыктардан чыгуу (I—III класстар).
6. «Сүйлөнбөөчү үнсүздөрдөгү» практикалык кыйынчылыктардан чыгуу (I—III класстар).
7. «Предлогдуу сөздөрдөгү» практикалык кыйынчылыктардан чыгуу (I—III класстар).
8. «Этиштердеги» практикалык кыйынчылыктардан чыгуу (I—III класстар).
9. «Тактоочтордогу» практикалык кыйынчылыктардан чыгуу (I—III класстар).
10. Сөздөрдүн таблицалык жыйынтыгы: «Кош үнсүздөр менен»

(I—III классдар); ажыратуучу ъ менен (I—III класстар); айтылбоочу үнсүздөр менен (I—III класстар); С приставкасы менен (I—III класстар); ё тамгасы менен (I—III класстар).

Таблицага киргизилген амалдардын эрежесин жана алгоритмдерин окуп-үйрөнүүгө тапшырма бербейм. Ушуга окшогон тапшырмалардын пайдасынан зыяны көп экенин айтпагыла! Ата-энелердин каттарынан эки эле үзүндү келтирели: «Эрежени айтып бере албагандыгы үчүн Ларисаны дайыма бурчка тургузуп коюшат. Ал кыжаалат болуп мектепке баргысы келбейт. Класстан коркот, ага тигилген балдардын көз караштарынан коркот». «Ооба, бул сабак эмей эле балээ болду: окутабыз, окутабыз, а эртең кайра эле эки алып келет! Ал эми мугалимдин айтуусу боюнча бала зээнсиз эмес».

Ушул кезге чейин класста баякы эле «эмне үчүн эрежени окуган жоксун? Келе күндөлүгүңдү!» — деген үн жаңырат. Орто (начар окуган окуучуну жөн эле коё) окуган окуучунун күндөлүгүн алып көрчү. Анда канча эскилер, кыжырлуу жазуулар: «эрежени окубайт!» «Көңүл бурунузчу...», «Суранам, келип кетсеңиз...» ж. б. Ал эми сабак учурунда бул жөнүндө канчалык көп талаш-тартыштар чыгат. Мына ушунун бардыгы балдарды окутууга жана тарбиялоого түздөн-түз зыян келтирет, мугалимдин көптөгөн убакытын, күчүн алат, өз ара мамиледе ыйкы-тыйкылыгын пайда кылат.

Ал эми үйдөчү? Мына бир мугалимдин каты: «Жөнөкөй элементтерди жаттоонун өзү мени менен балдардын өздөрүнүн эң көп ара кеттеринин аркасында сабакта эмес, кийинки сабакта ишке ашырылат. Андан соң ата-энелердин алдында айлам кеткендигин мойнума алып, алардан жардам сурайм. Алар да үйдө жардам берүүгө аракеттенишет, бирок бардыгы куру бекерге кетет. Акырында алардын айласы кетип колдоруна кур алышат... Алардын колуна курду мен берип жатам. Муну моюнга алуу канчалык кыйын!»

Балдар, айрыкча кенже окуучулар мугалимдин ар кандай мамилесине жана жеңил окула турган методикасына, ал турсун оор окула турган методикасына да көнүп алышат. Ушундай болууга тийиш деп эсептешет. Менин окуучуларым, мисалы IV класста, алды менен эрежелерди үйдөн окуп келүүгө эч макул болбой жүрүштү. Бирок бул «адетке» акыры көнүп, «башкалардай» эле окушат.

Таянычтар биздин сабактарда менин окуучуларымдын туруктуу жардамчысы, талаш-тартышсыз, ишкер, достук мамилелердин шарты, окуудагы кыйынчылыктарды же-

жүү өз мүмкүнчүлүгүнө ишенүүнүн негизи, күрдөөлдүү, кызуу эмгекке түрткү болуп калды.

Таянычтар — менин методумдагы биринчи кыймылдаткыч күчтөр.

Экинчиси да бар. Ал жөнүндө да толугураак айтып өтөм.

Комментарияланган башкаруу. Сабакта бир гана тартипти — бардыгы жумуш менен алек болгон эмгек тартибин кадырлаймын. Ооба, тартиптүүлүккө жана тынчтыкка баланы жаман баа менен, ата-энелердин жазасы менен, айланадагылардын айыптоосу менен коркутуп жетишүүгө болот. Бирок мындай тартиптин баасы канчалык! Окуучулардын ойлорун жана чыныгы активдүүлүгүн коркунуч байлап-матап, алар ар кандай айла-амалдар издей башташат. Ушунун бардыгы жалаң мектептик гана эмес, кийинки бардык өмүрүнө залал келтирүү менен адамды терс жолго салат. Чымырканган, уюштурулган, ийгиликке жеткизүүчү окуу эмгегинин кубанычын башынан кечирген балдар оптимизмдин, үзүрлүү, аракетчил эмгектин зор байлыгына ээ болушат. Окуучулардын эмгегин сабакта туура уюштуруу, жөн эле убакытты бекер өткөрбөөгө жол бербөө дал ушундан улам эң маанилүү болот. Мен **комментарияланган башкаруунун** (бул ыкманы мен ушундай деп атадым) жардамы менен балдардын окуусун активдештирүүгө, ар бирин ишке катыштырууга жетишип жатам. Сабакта класстын иши мугалим эле эмес балдар да башкарат. Алды менен күчтүү окуучу (андан кийин башка окуучулар да) мугалимдин тапшырмасы боюнча эмне жасагандыгын башынан аягына чейин айтып берип, өзүнүн артынан калгандарын ээрчитет. Комментарияланган башкаруу окуунун биринчи кадамынан, биринчи күнүнөн башталганы эң маанилүү (тамганын, сандын элементтерин жазуу, сүйлөө, жөнөкөй мисалдарды, маселелерди чыгаруу). Мисалы математика сабагы мындайча өтүлөт.

— Павлик, эсеп чыгарууну жүргүз! (Доскада мисал.)

— 5ти жазамын, «кошууну» жазамын, 2ни жазамын, эсептеймин: көрсөткүч таякчаны 5 санына коёмун, 2ни кошомун (бир, эки) 7 келип чыгат, 7ни жазамын.

— Юля, эсепти эми сен жүргүз!

— 10ду жазамын, «алууну» жазамын, 8ди жазамын, «келип чыгат» деп жазамын. 10— бул 8 жана 2. 8ди кемитемин, 2 калат, 2ни жазамын.

— Эми мени ээрчип жазгыла. 6ны жазамын, «алууну» жазамын, 3ту жазамын, «келип чыгат» деп жазамын,

эсептеймин (тынчтык), натыйжасын жазабыз (тынчтык), кол көтөрөбүз.

«Петя, эсепти жүргүз», «Миша сүйлөм жаз». Биздин сабакка «жүргүз» деген термин кичинекейлерди коркутуучу «жооп бер» деген адаттагы терминдин ордун басты.

Окуучу мисалдын, маселенин чыгарылыштарын, сүйлөмдү талдоону жүргүзөт, а бул суроонун так эле өзү. Мында окуучу өзүн сурап, баалап жаткандай эмес, ал классты алып баратканын, жолдошторунун иштери өзүнө байланыштуу экендигин сезет. Демек, бардыгына түшүнүктүү болгондой катуу, так сүйлөө керек. Натыйжада бардыгынын сүйлөөсү калыптанып, сөз байлыктары өсөт. Мындай учурда тарбиялоо өзүнөн өзү жүргөндөй болот. «Коёмун», «жазамын» — бул биринчи учурда: «Артта калба, мени ээрчигин» деген олуттуу сигналдар. Мугалимдин катаал үнүнө караганда бул алда канча катуу таасир берет.

Алёша алагды болуп терезени карайт. Мугалим болсо тапшырманы берип койду. Алып баруучунун сигналы эки жолу угулду: «Жазамын... жазамын...» Шашып калган Алёша калем сабын тез алып, классты куып жетүүгө аша-гат. Артта калууга болбойт да — уят! Адаттагыдай мугалим тарабынан эч кандай шашылыш эскертүүлөр (кай жакты карайсың, эмне үчүн жазбайсың) берилбейт, буга да кымбат минуталар кетет эмеспи. Бардык класс мугалимдин башкаруусуна, өзүнүн жолдошунун-окуучунун башкаруусуна баш иет. Берген жооптун кадыр-баркы, жолдошторунун жообуна көңүлүн буруу жогорулайт, себеби ал мугалимге гана жооп бербестен, партада олтургандардын бардыгын окутат да. Укпасаң — жазбайсың: мугалим жаңы материалдарды түшүндүргөндөн кийин жазбаса, алып баруучуну ээрчип ар дайым эле жаза бербейт. Ошондуктан алып баруучуну ээрчип жаз, аның түшүндүргөнүн көңүл коюп ук. Алып баруучуну мугалим дагы угат, керек болсо бир сөз менен багыттайт же жөн эле мактайт, ошентип окуучунун үнү дагы угулат. А эгерде кокусунан жаңылыш кетирилсечи. Жабалактаган колдор көтөрүлөт — Таня, Лена, Витя, Андрюша... башталган иштин улантууга же «туура эмес» ондоого даяр. Анткени, классташы иштин жүрүшүнө бардыгы көз салып турушат эмеспи. Балдар өздөрүн эркин сезишет, жооп бере албаймын деген коркунуч жок, алар менен иштөөдө мугалим да кыйынчылыкка учурабайт.

Iден III класска өтүүгө жараша комментарияланган башкаруу, маселелерди, теңдемелерди чыгарууда, татаал

грамматикалык тапшырмаларды аткарууда далилдүү комментариялануучу ой жүгүртүүгө өтөт.

Мына ошентип, комментарияланган башкаруу жалаң гана окуу маселесин чечпестен, тарбия-таалимдик өстүрүү маселесин да чечет. Балдарда гармониялуу, комплекстүү окуу ыкмасы (ойлономун, сүйлөймүн, жазамын) иштелип чыгат, жардамдаштык, жолдошчулук сезими тарбияланат, ал эми мугалим болсо «окуучу — мугалим» деген дайыма аракетте болуучу байланыштын аркасында ар биринин окуудагы жылыштарын көрө алат. Сабакта эмгектин ушундай уюштурулушунун натыйжасында окуучулардын өздөрү тарабынан жалпы иштиктүү жагдай, окуу ишинин бирдей темпи түзүлөт, анын үстүнө ар ким өз аракетин алып баруучунун көрсөтмөсүнө баш ийдирет, ошол эле убакта жолдошторунун эмгегин уюштуруучу боло алат, б. а. башкарууну да, аткарууну да, жеткирүүнү да, баш ийүүнү да үйрөнөт.

Буларды биздин сабакка катышкан бардык меймандар белгилешет.

Киевдик мугалим: «Силерден кетким келбейт, балдардын сүйлөй билгендерин айт!»

Горький шаарынан келген мугалим: «Сабакта башкаруу деген эмне экендиги мага эми түшүнүктүү болду, көрсө баары бардыгына жетиште алат турбайбы. А бизде болсо мындайча: бирөө бардыгын жасайт, экинчиси — жарымын аткарат, а үчүнчүсү жана төртүнчүсү эч нерсе аткарбайт».

Балабанов шаарынан келген мугалимдерден өзүм мындай деп сурадым:

— Силердин балдар да ушундай сүйлөшөбү?

— Бир кыз жакшы комментариялайт, дагы бирөөнү ага кошсок болот, калгандары үн дебейт.

Тилекке каршы мугалим окуучуларды «сурап» атып сүйлөткөн сабактар деле аз эмес:

— И, андан ары!

— И, жообун толуктап айтпайсыңбы?

Ал эми бир нерсенин кароого эч уруксат берилбейт. Анан бу жерде темп жөнүндө, андан да озуу жөнүндө кантип сөз кылууга болот! 50-жылдары Липецкилик мугалимдер орус тили сабактарында сүйлөмгө чектелген комментариялоону кеңири колдонушкан. Эмнегедир ушул ыкма көп мектептерде унутулуп калды. Көрдүңөрбү, жаңы дегенибиз, таптакыр унутулган эле нерсе! Ой жүгүртүү жана далилдөө менен комментариялоо — логикалык жактан бир бүтүн ой жана ага теорияны терең билүү негизин-

де гана жетишүүгө мүмкүн. Жооп берүү учурунда таяныч-ты пайдалануу окутуунун бул ыкмасын өнүктүрүүгө жана дайыма колдонууга мүмкүндүк берди. Ал эми башкаруу — бүт класстын аткаруучу окуучуга баш ийиши — бул менин дагы бир табылгам. Натыйжада жооп берүүчү окуучунун кадыр-баркы чексиз өстү жана сабакта бардык окуучулардын көңүл коюшу, алардын активдүүлүгү жогорулады.

Убакытты утабыз! Таяныч схемалары менен комментарияланган башкаруу бүткүл класстын чогуу-чаран ишин жана бардык балдардын окууда алга тез жылышын камсыз кылат. Натыйжада ар бир сабакта кошумча убакыт пайда болот, демек, окуп үйрөнүлгөндөрдү бышыктоо үчүн ар түрдүү көптөгөн көнүгүүлөрдү аткарууга, ошондой эле билимди жыйынтыктоого, ар кандай ыкмаларды жана көндүмдөрдү бекемдөөгө мүмкүнчүлүк болот. Мындан башка дагы бул программанын келерки темаларын иштөөгө, аларды ишке ашырышка келечектүү окуп үйрөнүү же жөн айтканда келечекти камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Келечектин максаты — программанын татаал суроолорун, темаларын, бөлүмдөрүн үйрөнүүгө убакытты көбөйтүү. Келечектин жардамы менен ар бир окуучуга жана бардыгына канча саат керек болсо ошончону берүүгө болот. Муну сөз менен эмес иш жүзүндө, ар биринин өзгөчөлүгүн жана мүмкүнчүлүгүн эсепке алып жүргүзүү керек. Бардыгына жардамчы сабактарсыз, сабак учурунда жетишүү керек.

Келечекке даярдык — бул азыркы учурдагы окулуп жаткан материалдарга жакындатуу жолу менен курстун татаал жана эң керектүү суроолорун кошо киргизүү.

Ушуну менен бирге таяныч-схемалар (жалпылоочу таблицалар), таяныч-карточкалардын комплекти (темалар боюнча) дайыма активдүү пайдаланылат. Алар темага биринчи киргизүүдөн кийин сабакта көп ирет кайталоону оперативдүү жүргүзүүгө мүмкүндүк берет жана ошол эле учурда өтө эле татаал бөлүмдөр боюнча ишти күчөтүл, бардык темаларды жалпылоого балдарды келечекти эске алуу менен алып келет. Келечектүү даярдык үчүн материалды окуу китебинен аламын, ошондой эле негизги жоболорду конкреттештирүүчү, өнүктүрүүчү майда көнүгүүлөрдү да колдономун.

Мына ушундай даярдоо жумушунан кийин жаңы теманы окуп үйрөнүү үчүн алда канча аз убакыт жумшалат, себеби көбү балдарга тааныш. Негизги көңүлдү алган

билимди жалпылоого жана бышыктоого бурабыз. Окуп үйрөнгөн материалдар менен тереңирээк иштеш үчүн жана андан ары келечектүү даярдык үчүн көбүрөөк убакыт пайда болот. Ушинтип **озууну** камсыз кылуучу шарт түзүлөт. Мугалимге убакыттын жетишсиздиги коркунуч туудурбайт, мугалимге да, окуучуларга да жагымдуу жагдай түзүлүп, бир нерсеге жетишпейм деген коркунуч жоголат. Ар качан мугалимге каскак болуп келген убакыт ага шериктеш боло баштайт.

Көп балдар, мисалы, кыйыр маселени чыгарууда кыйынчылыкка кабылышат. Бул түшүнүктүү: программада бул темага берилген үч саат ачыктан-ачык жетишпейт? Келечектүү даярдык бул проблемадан кутулууга мүмкүндүк берет.


Ошондой эле сандарды салыштыруу көнүгүүлөрү сабакка эрте киргизилет. Салыштырууга (келечектүү) берилген өндүү маселелерди киргизген учурда балдардын практикалык тажрыйбасы бар болуп калат. Айкын көрсөтмөлүү материалдар менен кесиндилерди сызып, «салыштыруу таблицаларын» окуу көнүгүүлөрү жетишерлик жүргүзүлгөн. Наборлуу схемалар таянычтарын пайдалануу менен алынган билимди жалпылоо гана калат.

Мына сабактын бир көрүнүшү. Мугалим төмөндөгүдөй тапшырма берет.

— Узундугу 8 см болгон I кесиндини, узундугу 5 см болгон II кесиндини сызабыз. I кесиндинин узундугу, II кесиндинин узундугунан канчага чоң?

Мында маселенин берилгендери наборлуу схемага чогултулат.

Тапшырма доскада (дм менен) жана дептерде (см менен) аткарылат.



— I кесиндинин узундугу II кесиндинин узундугунан канчага чоң?

— Кантип чыгардыңар? Кантип эсептедиңер?

$-8-5=3$ (см).


— II кесиндинин узундугу I кесиндинин узундугунан канчага аз? Кантип билүүгө болот?

Жыйынтык мугалимдин жардамы менен чыгарылат (схемасы мугалимдин колунда): «Бир сан экинчисинен канчага чоң же кичине экендигин билиш үчүн чоңунан кичинесин кемитүү керек».

Эреже жалпы жана жекече окуу менен бышыкталат.


Мугалим кийинки сабактарда наборлуу полотнодогу сандарды салыштыруу менен схеманы активдүү колдонот;

окуучулар кесиндилерди сызышат (берилиштери наборлуу полотнодо), сөздүү маселелерди чыгарышат (талкуулоо кезинде наборлуу схеманы толуктайт). Оор тема боюнча келечектүү даярдык жүргүзүлөт.




Любанын 3 тыйыны, Нинанын 10 тыйыны бар. Нинаныкына караганда Любаныкы канча тыйынга аз?

Сабактан сабакка набор өзгөрөт.




Баш кийим 5 сом турат. Кол кап —2 сом. Баш кийим кол каптан канчага кымбат?

Келерки маселелерди чыгарууда схеманы сүрөтсүз пайдаланабыз.




Китептен Лена 9 бет окуду, Оля —4 бет. Лена Олядан канча бетке көп окуду?

Бакта 6 түп малина бар, ал эми карагат 3 түнкө көп. Бакта канча түп карагат бар?



— Азыр: эгер маселени кайра түзсөм ким окуп бере алат?

Дагы бир маселени оозеки чыгарууга болот: «Ким чыгарууну алып барат?»



Дагы эле: «Жазамын..., жазамын...»

Келечектүү даярдоодо татаал тема айкындалат. Эреже акырындап мындай маселелердин чыгарылышынын далилдөөсүнө кире баштайт.

Келечекке арналган (5—7 мин) мындай кичине көнүгүүлөр 19 саатты камтыйт.

Ушул мезгилде программалык материалдын өтүшү класстык журналда мындайча жазылган:

3. X. 3тү кошуу — кемитүү. Сандарды салыштыруу маселелери менен тааныштыруу (келечектүү даярдык).
4. X. 4тү кошуу кемитүү. Сандарды салыштырууга маселелер.
5. X. 5ти кошуу — кемитүү.
6. X. Сумманын которуштуруу касиети.
9. X. Өтүлгөндөрдү бышыктоо.
10. X. 5, 6, 7, 8, 9 ду кошуу — кемитүү.
11. X. 5—9 кошуу — кемитүү.

12. Х. Белгисиз кошулуучуну табуу менен таанышуу (даярдык көнүгүүлөр).
14. Х. Белгисиз кошулуучуну табуу (*х* тамгасын киргизүү).
16. Х. Белгисиз кошулуучуну табуу.
17. Х. Белгисиз кошулуучуну табуу.
18. Х. Белгисиз кошулуучуну табуу.
19. Х. Теңдемелерди чыгаруу. 5—9ду кошуу — кемитүү.
20. Х. Теңдемелерди чыгаруу. 5—9ду кошуу — кемитүү.
21. Х. Теңдемелерди чыгаруу. 20 га чейинки сандарды оозеки номерлөө.
23. Х. Теңдемелерди чыгаруу. 20га чейинки сандарды оозеки номерлөө.
24. Х. Теңдемелерди чыгаруу. 20га чейинки сандарды оозеки номерлөө.
25. Х. Теңдемелерди чыгаруу. 20га чейинки сандарды оозеки номерлөө.
26. Х. Сандарды салыштыруу маселелерин чыгаруу — жалпылоо. 11—20 сандар. (Сандарды салыштыруу маселелери келечектүү даярдануу иретинде бардык ушул сабактарда аткарылат.)

Ошентип, 26-октябрда — окуу китебинин (64—65-бет. бирге) беттериндеги темалар боюнча иштер. Сабакта жогорку активдүүлүктүн аркасында теманын суроолору тез чыгарылат. Өз алдынча иштөөнүн тапшырмаларын дээрлик бардык окуучулар аткарышат.

Тема: сандарды салыштыруу маселесин чыгаруу. Максаты: сабактын темасы боюнча жалпылоо жүргүзүү; туюнтманы, маселени чыгарууга берилгендерди кайталоо.

I. Өтүлгөндөрдү кайталоо.

11—20 эсептөө (абакты пайдалануу).

7, 10 сандарын түзүү (айрым, өзүнчө).

Карточкалар менен иштөө — ондуктагы тез эсептөөнү өнүктүрүү.

Мугалимдин жана окуучулардын жетекчилиги астында (башкаруу менен) дептерлерге жазуу менен туюнтмаларды чыгаруу: 4+4−5; 5+5−6; 3+3−4.

II. Сабактын темасы боюнча иштөө.

1. 11—20 сандарынын катарын жалпы комментариялоонун астында жазуу. Мугалим балдарды ээрчип доскада жазат жана тактайт: «11 бир ондуктан, 1 бирдиктен турат, 12— 1 ондуктан 2 бирдиктен турат» ж. б. у.

2. Схемада сандарды салыштыруу:

— 10дон 12 канчага чоң?

— 12ден 10 канчага кичине? Кантип билдинер? Жыйынтык.

3. Таблицада туюнтмаларды салыштыргыла (оозеки): 7 * 7−1; 7−1 * 7; 9−2 * 7; 8−5<□.

4. Маселени чыгаруу:

а) 64-беттеги кесиндини ченөө. Балдар жооп бергенде учурда мугалим схеманын чөнтөкчөлөрүн толуктайт.

— II кесинди I ден канчага узун?

— I кесинди жөнүндө эмне айтса болот? Кантип билдинер?

— Чыгарууда кайсы эрежени колдондунар?

б) 64—65-бет. Сүрөттөрдү карап.

— Окуя кайда өтөт? Силердин кимиңер цирктеги болгонсуңар?

— Ушул схема боюнча чыгарыла тургандай кылып (салыштыруу) 1-картина боюнча маселе түзөбүз (65-бет).

Мугалим окуучу жооп берип жатканда схеманы толтойт.


— Түмбочкага караганда күчүктөр канчага аз?

— Түмбочканын саны жөнүндө эмне айта алабыз?

— Ушул маселенин чыгарылышын окугула. Амалды тандоону далилдегиле.

в) 2-картина боюнча маселе түзүлөт. Жооп-чыгарылышын окуучу комментариялайт.

г) Окуучу 65-беттеги № 2-маселени окуйт. Жалпыбыз талкуулайбыз. Маселенин берилиштери схеманын чөнтөкчөлөрүнө толтолот. Чыгарылыш өз алдынча жазылат. Амалды тандоо, текшерүү учурунда жалпы жана өз алдынча далилденет.



д) Жалпылоо: чыгарылган маселенин берилиштери схемага коюлат. Жаңы маселе түзүлөт. Оозеки чыгарылат. Амалды тандоо далилделинет. Башка схемалар каралат. Балдар окушат: «Ордуна — бардыгы — кошууну аткарамын, изделүүчү сан □ га кичине — кемитүүнү аткарамын; калдыгын кемитүү менен табамын».

Бир сабак окуу китебинин беттери боюнча материалды жыйынтыктоого кетет. Кийинки сабактарда салыштыруу-га берилген маселелер өзгөртүп түзүүнүн натыйжасында өз алдынча, орто, начар окуучулардын башкаруусу астында сөзсүз оозеки, жазуу түрүндө чыгарылат (практикалык аракеттердин жана чыгарылышты негиздөөлөрдүн тездиги өнүктүрүлөт).

Балдар текшерүүчү жумушту 21-ноябрда келечектүү иштин башталганынан бери 37-сабакта аткарышкан. Бардык балдар тапшырманы аткара алышты.

Бир аз оозеки эсептөөнүн ыгы жөнүндө айтайын. Новгороддо командировкада жүргөндө математик мугалимдерге жолуккамын. Алар IV класска көчкөн көп балдар ар

ондуктарга өтүүдө кошуунун, кемитүүнүн эсептөө ыкмын билишпейт деп айтышты. Натыйжада — көп маанилүү сандар менен болгон маселелерди каталары менен жай чыгарышат. Бул ыкты I класста эле калыптандыруу керек болучу (мүмкүн да эле). Мен муну мындай аткарам. Менин колумда ушул тема боюнча карточкалардын тобу болот:

9+4	8+5	7+5	6+7	8+5	12—3	14—7

16—9	13—5	8+4	11+6	15—8

Ар бир карточка класста активдүү реакцияны пайда кылат — тез, туура жооптор берилет. Бул акыркы жыйынтык. Биз буга келечектүү даярдыктын жардамы менен келдик. Бул тема боюнча программада көрсөтүлгөн 5 саат эмес, 2,5 ай иштейбиз. Аны «Экинчи ондукту номерлөө» темасын окуган кезде кийребиз.

Келечектүү даярдыкта мисалдар жазылбайт, жалаң гана карточкалар пайдаланылат.

Карточка менен иштөө төмөнкүдөй этаптар боюнча жүргүзүлөт:

1. Өздөштүрүү мезгили — таяныч сызгычты пайдалануу менен амалдын аткарылышы жөнүндө жалпы жана жеке ой жүгүртүү.

Мисалы: 9+2 Ой жүгүртөбүз: «9 га 1 ди кошсок 10 келип чыгат, дагы 1 ди кошуу калды, 11 келип чыгат» (мугалимдин көрсөткүч таякчасы сызгыч схемасында жатат).

Катар тартиби мындай: бүгүн 9га кошууну, эртең —8 ге, андан кийин — 7 ге ж. б. у. с.

2. Сызгычты пайдаланбай карточкалар менен иштөөдөгү жеке өзүнчө ой жүгүртүүлөр (көтөрүлгөн кол боюнча). Эми карточкалар айрым-айрым бөлүш үчүн сунуш кылынат.

3. Карточка менен иштөөдөгү (көтөрүлгөн кол боюнча) ой жүгүртүү. Кемитүүгө берилген 11—2 карточка да жардамчы болот. «11 ден 1 ди кемитебиз, 10 калат, дагы 1 ди кемитебиз, 9 келип чыгат».

4. Жарым-жартылай түшүндүрүү менен көтөрүлгөн карточкага жооп берүү (фронталдык иш).

5. Журналга баа коюу менен каалоочуларды жекече суроо. Кошуу үчүн 4 карточка, кемитүү үчүн 1 карточка сунуш кылынат. Ушул этапта тема боюнча жалпылоо

башталат. Журналда «5», «4» баалардын мамычасы жана үч бош клеткача: үч киши «5», «4» жооп берише элек, бул мезгилде «3» ту койбойбуз.

Ошентип, «Индуктарга өтүү менен кошуу — кемитүү» темасы боюнча жалпылоо, бизде келечектүү даярдыктын башталышынан бери 61-сабакта жүргүзүлөт (4 саат бизге толук жетишет).

Сабакта мисалдарды чыгаруу оперативдүү жүргүзүлөт, түшүндүрүлүүчү материал жеңил кабыл алынат (бул мисалдардын чыгарылыштары жазуу түрүндө түшүндүрмөлөрү менен): бул үчүн экинчи кошулуучуну же кемитүүчүнү ыңгайлуу эки сандын айырмасы же суммасы түрүндө жазуу керек.

Биринчи сабакта карточкалардан эсептөөдөн баштайбыз.

|9+4| Кантип эсептейсиң!

Азыр эми чечмелейбиз:

$9+4=9(1+3)=(9+1)+3=13$

|12−5| ? $12-5=12-(2+3)=(12-2)-3=7$.

Темалар боюнча биринчи үй тапшырмасын балдарга 61-сабакта беремин (темалар боюнча биринчи күнкү жалпылоо окуу китебинин беттеринде).

Биз үй тапшырмасын текшерүүнү (3 мамыча мисалдар жана маселелер) жүргүзгөнбүз. Тапшырманы аткарган 34 окуучудан 30у мисалдарды катасыз чыгарышты, 3 окуучу 1 ден ката жиберишти, бир окуучу 3 ката жиберди.

Бардык тапшырманы чыгарууга сарпталган убакыт:

15 минутага чейин 5 окуучу;

20 минутага чейин 12 окуучу;

25 минутага чейин 11 окуучу;

30 минутада — 6 окуучу чыгарган.

Эгерде мугалим теманы түшүндүргөн күнү окуучуларга тапшырма берсе, ушундай натыйжага жетишилет беле (адатта тапшырма ушундайча берилет)?

Жок деп жооп берүшет, бул суроомо баары.

Ушул жерде кесиптештеримдин: «Силердин балдарынар кандай окушат?» деген суроосуна токтолуу ыңгайлык. Эмне үчүн математика жөнүндөгү сүйлөшүү кокусунан эле окууга өтүп кетет? Бул эң жөнөкөй, логикалуу нерсе. Балдар жакшы окуш үчүн, алардын окушу керек. Балдардын жаман окушу, окууну жаман көргөндүктөн же көптөр айткандай телевизордун тоскоолдугунан эмес. Жок, жазуу түрүндөгү тапшырмалардын көптүгү тоскоолдук кылат.

Өзөкти тапшырмаларга, биринчи иретте окууга көп көңүл бөлүнбөй, эптеп-септеп аткарылат. Кээде такыр аткарылбайт.

Алгачкы окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында үйгө жазуу тапшырмаларын бербөө жөнүндө РСФСР агартуу министерствосунун буйругу бар. Бирок көп мугалимдер программага күчү жетпегендиктен беришет.

Мен бул көрсөтмөнү буйрук боюнча эмес, ишеничим боюнча аткарамын. Дал ушунун өзү окуп үйрөнүүнүн рулу болгон окууну колго алууга жардам берет. Менин окуучуларым биринчи жарым жылдыкта бир гана тапшырманы — окуу тапшырмасын алышат!

Алиппенин бир бетин окуу жана сүрөт боюнча айтып берүү (15 мин).

Кассада берилген сүйлөмдөрдү окуу. Аны талдоо жана кайрадан түзүү, класстагыдай комментариялоо (10 мин).

Класста жазгандарды дептердеги жазуу боюнча окуу (5 мин).

Өз китепканасындагы китептерди окуу (окуй ала тургандар) же улууларга окутуп угуу (15 мин.). Ошентип башталгыч мектепте окуган кийинки бардык жылдарда окуу башкы тапшырма болуп эсептелинет. Ушул тапшырманы аткаруу үчүн кеткен убакыт башка эч нерсеге пайдаланылбайт.

Окуй билүү — балдарды ийгиликтүү окутуунун шарты. Мына ошондуктан жогорку класстарда алар башкалардан китепти шыр окуп, оюй-олтоң айтып бере билүүлөрү менен айырмаланышат.

«Каталар үстүндө кандайча иштейсиз?» — бу да мугалимдердин дайыма берүүчү суроосу.

Илгертен эле иш мындайча жүргүзүлгөн: адатта тема алды менен жакшылап окуп үйрөнүлөт да, кийин мугалимдер каталар үстүндө иштөө менен ар дайым буга кайра-кайра кайрылышат. Бул үй тапшырмасын аткарган кездеги милдеттүү учур. Текшерүү иштеринен кийин бул үчүн өзүнчө сабактар бөлүнөт. Анан каталарды ондойм деп жатып, мурдагыдан эки эсе көп ката кетирет.

Каталардын үстүндө иштебестен, алардын алдын алуу — биздин бардык таяныч схемалар менен окуп үйрөнүүчү системабыз мына ушуга багытталган.

Бул жөнүндө эми менин ишимди улантуучулар да айтышат.

Винницк областынын мугалимдери: «Мурда ар бир дептерде 13 ката табылса, азыр бүт класс 13 ката кетирет».

Пировский (Свердлов шаары): «Дептерди текшерүү —

кээ бирөөлөр эсептегендей азап болбой, жыргалга айланды. Ката дээрлик болбойт. Жакында менин бир окуучу кызым: «Жалаң эле беш ала берип жадап да кеттим» дейт.

Бул шаарлардын биринде сүйлөөр алдымда бир мугалимдин «Экинин ордуна эмне коёсуз» деген суроосуна өзүнчө эле бир берилген жооп болот го дейм.

Мен келечектүү окуп үйрөтүү боюнча бир нече темаларды гана келтирдим. Бирок биз программанын бардык суроолору боюнча дал ушундай иштейбиз. Келечектүү окуп, үйрөнүүнүн аркасында окуу китебинин темалары боюнча иштерди жалпылоодо бир кыйла убакыт үнөмдөп калууга болот. Бул биздеги биринчи карама-каршылыктуу көрүнүш: бардыгына убакыт жетишпейт, ал эми бизде бүтүндөй сааттар үнөмдөлүп калып жатат! Программалык материалдарды өтүүдө жалпы озууга жетишилет.

Татаал тема боюнча иштөө жөнөкөйдөн татаалга өтүп отуруп, бекем ыкмага өсүп-өткөнгө чейин жүргүзүлөт.

Улуу И. П. Павлов дарылоодогудай эле педагогикада да эң башкысы — **акырындык** жана **машыгуу** деген.

Акырын, ырааты менен эң жөнөкөйдөн (конкреттүүдөн) татаалга, абстрактуулукка жетишип, көндүмгө айландырыш үчүн убакыт керек болот. Биз мындай убакытты тантык!

Татаал темалар боюнча биздин иштердин негизги этаптары ачык-айкын бөлүнүп турат.

Биринчи этап — келечектүү даярдык: жаңы түшүнүктөр менен акырындап таанышып, теманы ачып берүү. Бул этапта таянычтарды пайдалануу менен далилдүү сөздүн, активдүү өнүгүшү жүрөт. Практикалык иштер комментарияланган башкаруу жолу менен гана аткарылат.

Экинчи этап — окуу китеби менен иштөө: түшүнүктөрдү тактоо жана материалды жалпылоо. Окуучулар эми жалпылоо-схемасын аң-сезимдүү колдонуп, далилдей билишет, мектепте жана үйдө өз алдынча берилген тапшырмаларды аткара алышат. Татаал тема боюнча үй тапшырмасы жетишерлик даярдалган материалдар боюнча берилет. Дал ушул этапта озуу пайда болот, себеби келечектүү окуп үйрөнүү мезгилинде окуу китебинин көнчүлүк тапшырмасы аткарылып калат.

Үчүнчү этап — үнөмдөлгөн убакытты (озууну пайда кылган) пайдалануу. Схемалар пайдаланылбай калат, тез иштей билүү калыптанат. Ушул этапта жаңы келечектүү иштер белгилене баштайт.

Деги, озуу эмне берет?

1. Бардык балдар үй тапшырмасын тез жана өз алдынча аткарышат.

2. Ар бир окуучу өзүнүн мүмкүнчүлүгүнүн болушунча ийгиликтүү түрдө иштейт да, бардыгы өздөрүнүн илим-билимдерин көтөрүшөт. Өз ара жардам жана кызматташтык, бири бирине көңүл буруулары, ойлоо, сүйлөй билүүлөрү, өзүн өзү контролдоо жана өзүн өзү баалоо өнүгөт.

3. Окуучулардын илим-билимдери — жакшы жана эң жакшы болот (текшерүү иштери да ушуну көрсөтөт). Талаш-тартышсыз окутууга, балдарга тарбия-таалим берип өстүрүүдө алардын ата-энелери менен чыныгы кызматташтыкка шарт түзүлөт.

Эң башкысы мугалим менен окуучулардын иштеринде чымырканууу, ашыкча түйшүккө батуу, шашуу, кошоматтык дегендер болбойт. Ар бир окуучу менен терең иш жүргүзүүгө убакыт калат. Бардык иш-аракеттерди балдар андап-түшүнүп, негиздүү жана далилдүү аткарышат. Алып баруучу окуучунун «далилдеймин, эрежени эске түшүрөмүн, текшеремин» — деген сөздөрү угулат. **Ойлонбостон бир да иш жасалбайт!**

Биздин сабакка катышкан мугалимдер бир ооздон мындай дешет: «Балдар өз курбалдаштарынан ой жүгүртө билүүдө алдыда экен. Алардын ийгиликтеринин сыры ар дайым кайталоодо, таяныч схемалар боюнча иштөөдө, жаңыны алдын ала окууда, иш-аракетти сүйлөп комментариялап сөз өстүрүүсүндө, бир ишти экинчиси менен алмаштыруунун эсебинен дем алууда, мугалимдин колдоо көрсөтүүсүндө, жылуу-жумшак талап коюусунда экен». «Окуу оной болсо» деген китебим боюнча иштегендерден көптөгөн каттарды алып турам. Аның бирөө мындайча бүтүптүр: «Сиздин ийгиликке таянычтар, башкаруулар, келечектүү окутуулар, озуулар гана эмес, миндеген башка нерселер да өбөлгөлөш экен».

«Миндеген майда нерселер» жөнүндө бир аз сөз. 1966-жылдын программалары маселе чыгарууга жаңы талаптарды койду: «Балдарды 2—3 амал менен чыгарылуучу маселелердин чыгарылышын туюнтма түзүү аркылуу жазууга үйрөтүү». Бул болсо балдар үчүн оной болгон жок. Мугалимдер кыйын абалдан чыгуунун жолдорун издеп, маселенин чыгарылышын эң мурда амалдар боюнча жазып алууну, андан кийин зарыл болгон туюнтманы түзүүгө үйрөтүшөт.

Бир ишти кайра кайталоо сабактын убакытын алат. Бир жылдан кийин жогору жактан балдар амалдар боюнча жазуу менен болсо да маселени чыгарышса болду деген

жаңы көрсөтмө келди. Бизде, 1 класста маселенин чыгарылышы окуу жылынын аягына чейин туюнтма түрүндө жазылат — биз бул проблеманы ушундайча чечтик.

Алды менен бүткүл маселе, андан кийин бөлүктөрү окулуп чыгып, кыскача жазылат. Мисалы, мындай маселе чыгарылат: «Бир текчеде 5 китеп бар, экинчисинде 2 китепке ашык. Эки текчеде канча китеп бар?

Мугалим окуучунун ой жүгүртүүсүнөн кийин доскага мындайча жазат:

I—5 китеп
II—2 китепке көп

Маселенин анализин башкы суроодон баштайбыз.

— Маселенин башкы суроосун айтып бергиле.

— Бул суроого дароо жооп бере алабызбы?

— Эмне үчүн бере албайбыз? (Себеби экинчи текчеде канча китеп бардыгын билбейбиз.)

— Маселеде канча амал бар?

Андан ары маселенин амалдарын түзүү ойлонуштурулат.

Окуучу: «Биринчи текчеде 5 китеп, экинчи текчеде андан 2ге көп китептер бар экенин билебиз. Экинчи текчеде канча китеп болгондугун биз биле алабыз. Жазамын: 5+2».

Курама маселенин туюнтмасын окуп үйрөнүүдө биз арадагы амалдарды кыскача жазууну киргизгенбиз. Кыскача жазуу бул эң негизги иштер:

I—5 китеп
(5+2)
II—2 китепке көп

— Кошууну далилдегиле?

— Изделүүчү сан □ ге көп — кошууну аткарамын.

Башка окуучу экинчи амалды түшөт:

— Эми биз биринчи текчеде 5 китеп бардыгын билебиз, а экинчисинде (5+2). (Баланын алдында мурда айтылган ойдун кыскача жазылышы болот. Болбосо ал аны жоготуп, кыйынчылыкка кабылат.) Биз эки текчеде канча китеп бардыгын биле алабыз. Жазамын: 5+(5+2)=12 (кит).

— Кошууну далилдегиле.

— Бардыгын — чогуу — кошууну аткарамын.

Схемалар — жөнөкөй маселелердин наборлуу полотнолору — доскада турат, амалдарды тандоону далилдеген учурда, керектүү схема көтөрүлөт. Курама маселе жөнө-

көй маселелердин жыйындысы экендигин окуучулар өздөштүрөт.

Кыскача жазуунун өзү анчалык керек эмес, ал маселени чыгарууда жардам берет: маселедеги белгисизден белгилүүнү бөлүп көрсөтөт, математикалык терминдерди иштеп чыгат, амалды атайылап тандоого жана негиздөөгө алып келет.

Бир жолу көчөдө эки эненин сүйлөшкөн сөздөрүнө күбө болдум: «Балам маселени чыгарды, а кыскача жазуусун жазалбай кыйналып атат». Балдар өз алдынча иштөөнү биле элек маселени үйгө тапшырма берүү зыян. Эң мурда окутуу керек! Сабакта окутуу керек.

Биз муну жасай алабыз. 1-класста курама маселелерди чыгарууну биз 1-декабрден баштайбыз (окуу китеби боюнча материалды өтүүдө озуу, бизде ушундайча шартталып калган).

Программадан озуунун негизинде курама маселелерди чыгаруу алар менен иштөөдөгү чыныгы убакытты көбөйтүү, шашпастан ырааты менен жеңилден татаалга өтүүгө — маселенин чыгарылышын мугалим менен бирге жалпы комментариялоодон балдардын каалоосу боюнча жекече комментариялоого өтүүгө, акырында программалык мөөнөттө ар бир окуучуну суроого мүмкүндүк берди. Балдар мына ушуга чейин сабакта толук талкуулоо, ой жүгүртүү жана далилдөөлөрү менен жок дегенде 35 маселе чыгарышты (кыскача жазуунун жардамы менен).

Курама маселелерге арналган текшерүү иши 30-январда киргизилген (алар менен иштей баштагандан тартып 48-сабакта). Бул иште 97 окуучулар аткарышты, 81 «5»— «4» алышты.

«Кыскача жазуу бул негизги иштер!» — деп биз кайталайбыз жана балдарды маселе чыгарууга үйрөтүү максатында жаңы амалдарды киргизебиз. Мугалим «Ойлонгун, андан кийин жаз» деп окуучуга көп айтат. Бирок, чыгарылышты жазганга чейин, бала кандай ойлонгонун мугалим текшере алабы? Ошондуктан ойлонууну, андан соң жазганды окутат.

III класска өтөлү. Кадимки эле сабактардын биринде татаал маселенин бирин чыгардык: «Бир мектептин пионерлери 80 т металл сыныктарын чогултушту, ал эми башка мектепте ушул салмактын $^5/_8$ ин чогултушту. Заводдо бардык чогулган сыныктардан рельса жасашты. Эгерде ар бир 10 т металл сынығынан 70 м рельса жасалса, бардыгы канча метр рельса жасалат?»

Анализ — ой жүгүртүүнүн натыйжасында доскада: жа-

на балдардын дептерлеринде төмөнкүдөй кыскача жазуу пайда болот:

I—80 т. } . . (10 т—70 м
II—5/8 } (□—?.

Дагы бир жолу маселенин башкы суроосун окуйбуз. Ошентип, катарына кызыл чекиттерди коёбуз.

— Биз башкы суроого жооп бере алабызбы? (Жок.)

— Эмне үчүн?

— Биз башка мектептин пионерлери канча тонна сыныктарды чогултканын билбейбиз. (Жашыл чекит.)

— Биз эки мектеп биригип канча сыныктарды чогултканын билбейбиз. (Дагы жашыл чекит.)

— Биз бардык чогултулган сыныктар 10 т дан канча эсе көп экендигин билбейбиз. (Кайра дагы жашыл чекит.)

Ошентип маселе 4 амал менен чыгарылат (кыскача жазууда төрт чекит.)

Жумушта карап туруш жок. Балдар маселенин чыгарылышындагы тапшырманы ооздон сөз чыга электе эле түшүнүшөт. Жооптордун тактыгы, жазуудагы тездик, көнүмүш эсептөөлөр — булардын бардыгы ар бир сабактагы ушул багыттагы ынтаа койгон жумуштун натыйжасы. Кыскача жазууну пайдалануу жеңилдик берип, тездикти камсыз кылаары шексиз: таблицага киргизилген аралык амалдар ашыкча жазуулардан арылып, убакытты үнөмдөйт, амалдарды тандоону далилдөөгө таяныч-карточкаларды пайдалануу жардам берет.

Ылдамдыкты, убакытты, аралыкты жана башка чондуктарды белгилөөчү тамгалуу карточкалар I класстан баштап акырындык менен түзүлө баштайт. Алар — түшүндүрүүлөрдүн, байкоолордун, жыйынтыктардын натыйжасы.

Таяныч-карточкалар табышмактуу кылып жазылат. Ачык айтуу жок. Карточканын бир бети (кызыл) — тамгалай белгилениши |ц| экинчи бети (кара) — анын мааниси |с : к| 591-маселени чыгарабыз (II класс).

— Маселе кандай көз карандылыкка берилген? ЦКС арасындагы көз карандылыкка берилген карточканы окуйбуз.

Маселени окуйбуз.

Карточканы көтөрөмүн — балдар окушат.

— Наркын табыш үчүн, баасын санына көбөйтүү керек.

Карточканын бетин которушат — туура! Кайрадан рейкага илем, бирок бетин алмаштырып коём. Башка карточкалар да ушундайча окулат.

Албетте, ар башка сабактарда карточкалар ар башкача колдонулат: бир учурда чыгарууда ката кетирбөө максатында маселени чыгарганга чейин, башка учурда — чыгаруунун үстүндө, үчүнчүсүндө — аткарылган жумушту текшерүү максатында маселени өз алдынча чыгаргандан кийин колдонулат. Натыйжада зарыл тездикке жетишилет: маселени чыгаруудагы амалдарды тандоонун далилдөөсүнүн көп түрдүүлүгү камсыз кылынат. Чондуктар арасындагы көз карандылыктарды билүү тендеме түзүү менен чыгарылуучу маселелер үчүн таяныч кызматын өтөйт. Балдар маселени чыгарууда ушул ыкты жактырып, маселелерди чыгарууда да, текшерүүчү иштеринде да колдонушат.

Балдарды үн чыгарып ойлонууга үйрөтүү керек. Биздин окутуунун бул принциби башталгыч мектептин бардык сабактарынын өзөгүн түзөт. Көнүгүүлөрдү өз алдынча аткаруудагы ойлонуу, далилдөө муктаждыгы ушундайча өнүгөт. Акырындап кыскача жазуу колдонулбай калат, бирок ал баланын ан-сезиминде өзүнүн иш-аракетин айализдөө таламын пайда кылат.

Схема, мисал-туюнтманын, анын касиеттеринин тең салмактуулугун белгилөө кыйынчылыгынан арылууга окууга жардам берет. Бирок, бул аздык кылат. Мен байланыштыруучу жааны жүргүздүм, бул туюнтманы чыгарууга кыйла ан-сезимдүү мамиле кылууга түртку берди. Бөлбогон перседей көрүнөт, бирок биз окуучуну ойлонбой иштелген тапшырмадан алыстатып, адегенде туюнтманы кандайча ыңгайлуу түзүүнү ойлонууга жана аны ушул эле жерде байланыштыруунун жаа менен көрсөтүүгө (өз оюнду бекемдөө) мажбурлагансыйбыз. Мына ошондон кийин окуучу жазуу түрүндегү түшүндүрүүдө андан ары ката кетирбейт.

$$49+4=49+(1+3)=(49+1)+3=53$$

$$48-3=(40+8)-3=(8-3)+40=45$$

$$48-30=(40+8)-30=(40-30)+8=18$$

$$40-16=40-(10+6)=(40-10)-6=24$$

$$20+34=20+(30+4)=(20+30)+4=54$$

Комментарияланып башкаруу учурунда кеңири жазып мисал чыгарууга күн сайын көнүгүүлөр окуучулардын билгендерин бышыктайт. Балдар төмөндөгүдөй «кыйын» жазууларды көңүлдөнүп жазышат: «Экинчи кошулуучуну 30 жана 4 сандарынын суммасы түрүндө көрсөтөбүз. Жаза-

мын: 20 «кошуу» 30 жана 4 сандарынын суммасы. 20 менен 30 кошуу ыңгайлуу. Туюнтманы жаңыча түзөмүн — 20 жана 30дун суммасына 4 түү кошомун. Эсептейбиз. Жообу 54».

Кеңири жазууну түшүндүрүүсү менен бир нече туюнтманы чыгарганда гана пайдаланабыз (бир сабакта 2—3). Андан кийин бардык ой жүгүртүүнү окуучулар оозеки жүргүзүшөт: «48—30=18; 48— бул 40 жана 8. 40 тан 30ду кемитүү ыңгайлуу, 10 келип чыгат жана ага 8ди кошуу, 18 келип чыгат».

Маселени жана туюнтманы ар түрдүү жол менен чыгарууда төмөнкүдөй суроолор жана тапшырмалар берилет:

1. Берилген маселенин же туюнтманын ар түрдүү жол менен чыгарылышы кайсы эрежеде негизделген.
2. Чыгаруунун жолдорун жаа менен белгилегиле.
3. Чыгарылышын ар түрдүү жолдор менен жазгыла.
4. Эсептөө үчүн ыңгайлуу болгон жолду бөлүп көрсөткүлө.
5. Туюнтманын маанисин тапкыла.

Мисал. Маселе: 12 бала жана 17 кыз муз тээп жүрүшкөн эле, алардын 7 өө үйлөрүнө кетишти. Музда канчасы калды?»

Кыскача жазуудан кийин:

12 бала жана 17 кыз болушкан.
7 өө кетти.
Калганы —?

Чыгарылышы мындайча жазылат:

$(12+17)-7=22$ (киши)
$(12-7)+17=22$ (киши)
$(17-7)+12=22$ (киши)

Кээде маселенин (туюнтманын) чыгарылыш жолдорун талкуулап, аларды байланыштыруучу жааны көрсөтүү менен гана чектелүүгө болот.

32 киши турушкан.
5 жана 15 киши кетишти.
Калганы — ?

$32-(5+15)=12$ киши

Жообу: 12 киши калды.

Ошондой эле жазылган туюнтманы туура окууга ар дайым көңүл бурабыз — балдардын математикалык тилин өнүктүрөбүз.

Туюнтманы акырындык менен түшүндүрүп чыгарууну I класста үйрөнүү «Санды суммага көбөйтүү» жана «Сумманы санга көбөйтүү» темалары боюнча иштердин натыйжасына таасир бербей койгон жок. «Санды көбөйтүндүгө көбөйтүү», «Санды көбөйтүндүгө бөлүү» (II — III класстар) темалары боюнча туюнтмаларды толук түшүндүрүү менен чыгаруу балдарга эч кандай кыйынчылык келтирген жок.

Окутуунун өзү эле тарбиялоо. Тарбиялоо окутуудан ажыратылбайт. Мектептин баркы баарыдан мурда сабакта түзүлөт. Окуу сабагы, грамматика сабагы, математика сабагы — ар дайым тарбия берүү деген сөз. Тарбия үлүштөру сабакта кадимки иштерден — мугалимдин суроосунан, балдардын жообунан, мугалимдин аракетинен, окуучулардын аракеттеринен куралат.

«Мен бардык мугалимдерге балдардын шык-жөндөмүн, дилгирлигин, билимге умтулуусун жоготпогула деп кеңеш берем. Мунун бирден-бир булагы эмгектеги ийгиликтин кубанычы, эмгекчил адамдын сыймыктануу сезими» (В. А. Сухомлинский).

Окуучунун башкы эмгеги окуу. Ошондуктан балдарды окутуунун методикасы — бул аларды тарбиялоонун да методикасы.

Кичинекей окуучунун эмгегинин натыйжасы анын көңүл маанайын, окууга мамилесин башкарат, тенттуштарынын арасындагы кадыр-баркын аныктайт.

Сабакка кызыгуу окуу материалын тандоого да байланыштуу экендиги белгилүү. Ал балдардын күндөлүк турмушунда аларды кызыктырган ар кандай проблемалар, жолдоштук жана достук, эмгекке, элге, жаратылышка, класстын, мектептин жана өлкөнүн турмушундагы окуяларга карата мамиле жөнүндө ангемелешип, ой бөлүшүүгө мүмкүндүк бергидей кызыктуу, жандуу жана түрдүү болуусуна тийиш. Бул жөнүндө кез-кезде эмес, ар бир сабакта сөз кылуу керек.

Мындай адептик ангеме-маек үчүн (мейли кыска болсун) ар качан шылтоо табылат.

II класста сөз өстүрүү сабагынан бир көрүнүштү келтиребиз (18-декабрь).

Туура эмес түзүлгөн текстти калыбына келтирүү боюнча иш жүргүзүлөт (№ 394-көнүгүү).

Мугалим: Тапшырманы окугула. Эми сүйлөмдөрдү окугула, алар кандай жазылган. Алар канча, окугула. Биринчи сүйлөмдү аныктагыла.

Сергей биринчи сүйлөмдү алып барат. *(Жазында мек-*

тептин огородуна пионерлер буурчак отургузушту). Катя экинчи сүйлөмдү алып барат. *(Бир жумадан кийин буурчактар өнүп чыгышты).* Лена — үчүнчүсүн *(Балдар жай бою жашылчаларды багышты).*

Мугалим: Дагы канча сүйлөм жазуу керек? Аларды кандай тартипте жазуу керектигин ойлонгула, анан жазгыла.

Буурчактардын узундугу метрден ашык. Алар дүмбүлдөрүн көтөрө албай сынып жатты. Пионерлер күзүндө огороддон 3 кап буурчак жыйнашты.

Текшерүү претинде 3 окуучу ирээти менен өздөрүнүн ангемесин окуп беришет. Бардык балдар аларды кунт коюп угушат да, сүйлөм түзүүдөгү каталыктарды таап оңдошот.

Мугалимдин тапшырмасы боюнча балдар ангемелин атын сунуш кылышат.

Лена: Жазында огороддо.

Женя: Пионерлердин эмгеги.

Жакшыраагын тандайбыз. Бир окуучу ангемени кайталап окуп берет.

Мугалимдин балдар менен корутунду ангемеси:

— Биздин ангемебизден пионерлер жөнүндө эмнени айтууга болот? (Алар эмгекчил.)

— Аларга буурчактан көп түшүм алыш үчүн дагы эмнелер жардам берди? (Достук, бири бирине жардамдаштык).

Мугалим: Эң башкысын: эмгекчилдик жана достук кичинеби, чоңбу ар кандай иште адамдарга жардам берерин байкаганынар эң сонун. Доскада жазылган сүйлөмдү окугула: *Биздин өлкөнүн элдери достугу менен күчтүү.* Мунун маанисин кандай түшүнөсүнөр?

22-апрель. В. И. Ленindин туулган күнүнө арналган сабак.

1. Сөздүк боюнча иш — *салют, костёр, лагерь, барабан, Москва, район, борбор, Россия, көчө, комсомолдук, пионердик, октябряттык* деген сөздөрдү жатык айтуу.

2. Мугалимдин сунушу боюнча балдар окуу китебинин 183-бетин ачышат.

Мугалим: Эмне үчүн бүгүн биз дал ушул бетти ачтык?

Окуучулар: Бүгүн 22-апрель — В. И. Ленindин туулган күнү.

Китептин жогорку сабын жалпы баарыбыз окуйбуз. Балдар дептерлерине кызыл сыя менен жазышат: *22-апрель — В. И. Ленindин туулган күнү.*

Мугалим: «Ленин биз менен» деген ырды окуйт (№ 436-көнүгүү). Балдар ырды акырын окушат.

Мугалим: Ыр кандайча аталат? Ырдын саптарында ушул ой кандайча көрсөтүлгөн.

Балдар: Биздин эл Ленинди осуятын аткарышат. Биздин өлкө Ленинди жолу менен баратат. Биздин өлкө Ленинче жашайт.

Бардыгыбыз чогуу окуйбуз:

Биз Мекенибизди ал каалагандай Мекенге айландырдык.

Балдар достуктун, советтик элдердин эмгектеги каармандыктарынын мисалдарын келтиришет.

Үчүнчү класстан — төртүнчүгө же Чоң келечек. Жаз, апрель — май. Көнүмүш боюнча сабактарда эки окуу жылынын байланыштары өтүлөт. Эми III жана IV класстар арасындагы байланыштар өтүлөт.

Математика сабактарында — «ондук бөлчөктөр» темасына киришүү. Досканын рейкасына схема бекитилген.



Мугалим: Балдар схеманы пайдаланып ондук бөлчөктөрдү жазабыз: 5,375

1,06

0,4

— 1,01 сом ондук бөлчөгүн курама аттуу сандар менен кандайча жазабыз? Ал эми 14 м жана 12 дм сандарын ондук бөлчөк менепчи?

— 0,3 0,4 мисалдын чыгарылышын ким түшүндүрөт?

— Ал эми мындай мисалды ким алып барат?

9—278, 56:32+19000:608—8,955=?

Орус тили сабактарында — «төл сөз» темасы боюнча иштөө.

7-апрель. Сабактын бир учуру.

Сүйлөмдү окуймун: *Командир Зоянын көзүнө тигиле карап турду да мындай деп сурады: «Түндө токойдо болуудан коркпойсуңбу?»*

— Сүйлөм кайсы ангемеден? Ангеменин кайсы учуру?

Балдар эстерине түшүрүшөт. Зоя жоокер болууну чечкен. Ал өз эркн менен кыйратуучу отрядка барат. Мына ал командирдин столунун мандайында турат.

Сүйлөмдү кайталап окуу (азыр доскадагы жазылгандарды).

— Балдар, ушул сүйлөмдөн командирдин Зояга айткан гана сөздөрүн окугула. Бул төл сөз. Командир жөнүндөгү автордун сөзү кайда?

Силерге бул сүйлөмдөн кайсыл тыныш белгилер тааныш? Жаңылары кайсылар?

Берилген төл сөздүү сүйлөмдөгү тыныш белгилерди түшүндүрөмүн.

Схеманы пайдалануу менен жаңы эрежени окуйбуз: автордун сөзүнүн аягына кош чекит коёбуз; төл сөз тырмакчага алынат; төл сөздүн биринчи сөзү чоң тамга менен жазылат; төл сөздүн аягына маанисине карата чекит же башка белгилер коюлат.

Келерки сабактарда төл сөздүү сүйлөмдөрдү жазып түшүндүрүү, каталарды эскертүү, схеманы пайдалануу менен гана жүргүзүлөт.

Командир мындай деди: «Бизге душман тылына барууга буйрук кылынды».

Диктор радио боюнча жарыялады: «Поезд биздин мекенибиздин борбору Москвага жакындады!»

Коён дүмүргө чыгып, кош аяктап отурду да сүйлөп кирди: «Мына мен азыр силерге бир нерсени көрсөтөмүн!»

Петр Иванович мындай деди: «Экскурсияга төртүнчү класс гана барат!»

Тёма кудукка чуркап келип, кыйкырып калды: «Жучка, сен мени көрүп атасыңбы?»

Кемпир абышкасына кайрылат: «Кайра барып балыкка, сурангын андан абышка».

Атам Костяны жана Валяны карап мындай деди: «Костя, ачкычты Валяга бергин!»

Мугалим балдарга кайрылды: «Балдар, жакында көңгуроо болот, ишиңерди аяктагыла».

Кийин төртүнчү классты окута турган математика мугалиминен: «Келечектүүлүктүн жардамын классга сездиңизби?» — деп сурадым. Күткөн жоопту угамын: «Албетте! Класс менен иштөөнүн өзү эле кандай жагымдуу». А орус тили мугалими: «Балдар зээндүү, иштерман, анан да алардын дайыма жайдарысын айтпаңыз!» — деп кошумчалады. Жанымда тарых мугалими туруптур: «Бүгүн сиздин төртүнчү класста сабак өткөрдүм, кантсе да алар башка класстардан айырмаланып турушат, шыр окуп, эркин сүйлөшөт экен.

Биринчи күндөн баштап эле биздин сабактарда эркиндик, окууга кызыгуу абалы түзүлүп, балдар ынтаалуу окушат.

Жыйынтыгында мен муну айткым келет, программадан озуу бул закон ченемдүү көрүнүш. Бул окуу материалын терең окуп үйрөнүүнүн негизинде түзүлүп, татаал темаларды келечекти эске алуу менен окуп үйрөнүүгө түрткү

берет. Мына ушулардын аркасында балдарга бул темалар оордук келтирбейт. Башкы маселе чечилди: түшүнүктүү, демек кызыктуу, натыйжалуу окутууга жетишилет. Балдар жеңил-желпи окушат, себеби алар окуп үйрөнүү жолунда жолдоштору жөнүндө камкордук көрүп, бири бирине жардам берип иштеп, кыйынчылыктарды жеңе билишет.

Эмгекчил-гражданды тарбиялоо... Бул мектеп реформасынын башкы багытындагы азыркы мектептердин алдына коюлган эң негизги маселе. Терең билим — бул талыкпаган көшөргөн эмгектин натыйжасы. Мына ушундай эмгекке, мүмкүн болгон кыйынчылыктарды жеңип өтүүгө умтулууга кандайча үйрөнүп, адатка айландыруруга болот?

Эмгекчилдикке тарбиялоонун, окууну каалоонун жана окуй билүүнүн бирден-бир күчтүү рычагы, баланы окуу иштериндеги ийгиликтерине, билбегенин билип алганына, аткара албаганын үйрөнгөндүгүнө кубана билүүсүн, б. а. өзүнүн күч-аракетинин маанисин жана натыйжасын андан түшүнүүдөй шарттарын түзүү деп эсептеймин. В. А. Сухомлинский: «Натыйжасыз куру бекер эмгек чондор үчүн да жадатма, адамдын акыл-сезимин мокоткон мааниси иштке айланат, ал эми балдар жөнүндө сөз кылып да кереги жок» деп бекеринен жазган эмес да.

Сабакты уюштуруп, балдар менен бирге иштөөдө алардын иш-аракетин ар бири (сөзсүз ар бири) ийгиликтен канат бүткөндөй сезимде калгыдай башкарууга умтулалы. Мындай «окуу каражатынын» айрыкча таасирин эмнеден көрөмүн?

Эмгектеги жетишкендик — адам инсанынын калыптануусунун эң биринчи шарты.

Эмгектеги жетишкендик — жан дүйнөнүн жыргалы, ийгилик кубанычы.

Мектеп үчүн бул бөтөнчө маанилүү. Бала эгерде анын аракети жеңиш менен бүтпөсө, өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө ишенимин жогото баштайт. Дайыма эле жолу болбоо окуудан көңүл калтырып, эмне кереги бар, баары бир эч нерсе чыкпайт дегенге түртөт. Тажрыйбалуу педагогдор муну жакшы билишет. Алар эч качан жемелөө, эскертүү, эки коюуга көп кайрылышпайт. Тескерисинче, жетишпеген окуучуну колдоого, анын көңүлүн көтөрүүгө, ал турсун кичине эле ийгилиги үчүн сөзсүз мактоого умтулушат.

Эмгектеги жетишкендик — мугалим менен окуучулардын, балдар менен ата-энелердин, мугалим менен ата-энелердин ортосундагы өз ара түшүнүүнүн, демек мектеп менен үй-бүлөнүн тарбиялык күч-аракетинин бирдигинин да негизи.

Эгерде бардык балдар алдыларына коюлган милдеттерди аткарышса, эгерде бири бирине жардам берүү менен көңүлдөнүп иштешсе, эгерде бүгүнкү өткөргөн окуу күнүнө ыраазы болушуп, эртенки күндү чыдамсыздык менен күтүп үйлөрүнө тарашса, анда окууну каалоосу бекемделет. Бул мугалимдин ишинин ийгиликтүүлүгүнүн жыйынтыгы, көрсөткүчү. Бизге, мугалимдерге, В. А. Сухомлинскийдин: «Эмгектеги жетишкендик — ийгиликке жетишкен адамдын сыймыгы. Өз эмгеги үчүн сыймыктанбаган чыныгы адам боло албайт» деген сөзүн унутууга болбойт.

Окуудагы ийгилик үчүн күрөшүү — демек балдарды окууга үйретүү, ар бирине өз мүмкүнчүлүгүнө ишенүүгө жардам берүү, уюшкандыкка, өз алдынчалыкка, жоопкерчиликке, эмгек тартибине тарбиялоо. Мектепке кызыгуу менен келген I класстагы баланын билимге умтулуу отун тутандыруу кандай маанилүү. Сабакта бардыгынын окуудагы активдүүлүгүн колдоо үчүн, өз окуучуларынды жакшы билишиң керек, аларга көңүл бөлүп, чарчагандыктарын убагында байкап, иш жөндөмдүүлүгүн жоготпос үчүн көңүлдөрүн башка нерсеге буруу керек. Анан да аларга таанып-билүүгө жардам берип, балдардын окуусун алар өз иш-аракетин, окуу эмгегин өздөрү жөнгө салууну акырындап үйрөнүүдөй башкаруу керек. Биздин методикалык системабыздын бардык элементтери дал мына ушуга багытталган.

Мисалы, комментарияланган башкаруу, таяныч-схемалар боюнча иштөө балдарга сабактагы бардык өтүлүп жаткандарды баамдоого, ой жүгүртүүгө, өзүнүн аракетин түшүндүрүүгө, негиздөөгө, далилдөөгө жардам берет. Мына ошондон улам бардык окуучулар байланыштуу сүйлөп, маселе чыгарууда, грамматикалык көнүгүүлөрдү аткарууда логикалуу ой жүгүртө алышат.

Татаал темаларды, суроолорду, келечектүү, пропедевтикалуу окуп үйрөнүү аларды жакшы үйрөнүүгө, артта калуучулуктун алдын алууга, билимдеги жетишпегендиктерди, өксүктүктөрдү иш жүзүндө жоюуга жардам берет. Эң керектүү темаларды окуудагы оозу, келечектүү иштөө бул терең, күчтүү билим эле эмес, убакытты да үнөмдөө дегенге жатат. Бизде убакыт дайыма жетиштүүлүгү жана «цейтнот» сезимининн бизге жаттыгынын себеби да мына ушунда. Биз эч шашылбай жөн-жай иштейбиз, себеби озуунун натыйжасында үнөмдөлгөн убакыт ар кандай кыйынчылыктарды жеңип чыга аларыбызга, эгер керек болсо татаал материалдарга кайра-кайра кайрылып быштыктай аларыбызга ишеним берет.

Биздин окуучуларыбыз эрежелерди жана формулировкаларды карандай жаттоодон кутулган. Алар аны аңдап-түшүнүү менен өздөштүрүшөт: аларга берилген таяныч-схемалар боюнча практикалык тапшырмаларды аткаруу менен эреже түзүшөт (маселе, мисал, тендеме чыгаруу). Мындай таяныч-схемалар анчалык көп эмес. Бардыгы ченеми менен болгону жакшы!

Таяныч-схемалар кыйла жогорку иштермандыкты, ошондой эле сабактын ургаалдуу темпин камсыз кылат. Тапшырманы аткаруу үчүн зарыл эрежелерди балдар сабактын баалуу убакытын коротуп, эстеп отурбай эле аларды схемадан эле окуп алышат. Окуганда да бир нече күн окушат. Бир жумадан кийин окубай калышат,— себеби аларды өздөштүрүп, эреже боюнча иштөөгө көнүп кетишет. Дагы эки жумадан кийин схемалардын да кереги жок болуп калат.

Комментарияланган башкаруу — бул да сабактын ар бир окуучуну ишке тартуучу кыймылдаткыч күчү. Мисалы, күчтүү окуучу комментариялайт дейли, анда бардыгы андан калышкысы келбей бардык күч-аракетин жумшашат. Ал эми начар окуучу комментарияласа, ал дагы бүт күчү менен аракеттенет, себеби жоопкерчиликти түшүнөт, анткени ал бүткүл класстын ишин алып барып, жолдоштору анын жолун жолдойт эмеспи.

Комментарияланган башкаруу үч аракетти бириктирүү менен (ойлоймун, айтамын, жазамын) окуу эмгегин аң-сезимдүү эмгекке айландырууга мүмкүндүк берип, ошол эле учурда эриш-аркак байланышты камсыз кылат: мугалимге окуучулардын билим деңгелин текшерүүгө, артта калууну өз убагында байкоого, илим-билимге ээ болууга, б. а. окуунун жетишкендигине умтулууну камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Программанын ар түрдүү темалары боюнча таяныч карточкалар (математика жана орус тили) бир учурда катанын алдын алууга, башка учурда кетирилген катаны оңдоого мүмкүндүк берсе, үчүнчү учурда профилактикалуу жалпыланган кайталоону жүргүзүүгө жардам берет.

Темалар боюнча билимди бышыктоо үчүн жана кайталап-жалпылоодо ар дайым фронталдык жана жекече тапшырмалар боюнча карточкаларды пайдаланам. Мисалы, карточка артынан карточканы көтөрөмүн — балдар текшерилүүчү сөздү аташат же карточкалар доскага илинип, орфограммалар кагаз-жапкычтар менен жабылып коюлат. Окуучу керектүү тамганы жапкычтын үстү жагына доска-

га тез жазат. Жапкыч алынат — жоопту текшерүүгө болот. Ошентип, иштиктүү да, тез да иштелет.

Класста тилектештик, өз ара жардам, коллективге таянуунун жагымдуу жагдайын түзүү да ийгиликтин зарыл шартына кирет. Балдар доскага чакырат деп коркпой, ээн-эркин отуруп, чын көңүлдөн жан-дили менен иштешет, себеби мугалим каталар менен жаңылыштыктарга эмес, кичине-чоңуна карабай ийгиликтер менен жеңиштерге көңүл бурат эмеспи.

Окуудагы ийгилик сезими, улам татаал маселелерди чечип, таанып-билүү жолунда алга илгерилей берүүнү каалоо жана ага даяр туруу бардыгы бардыгына жетишкен дал ушул кызматташтык сабагында пайда болот.

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

И. В. ВОЛКОВ

ЧЫГАРМАЧЫЛЫККА ҮЙРӨТӨБҮЗ

№ 2-Реутов мектебине сырттан келген адам адаттан тышкары окуяга туш болот: 1-класстын балдары колдоруна балка кармап сабакка бара жатышканын көрөт. Алардын колунда бакчадагы оюнчук балка эмес, чыныгы эле балкалар. Алар кайда бара жатышат? Эмне кылышат? 7 жаштагы балдарга да ушундай коркунучтуу куралды берүүгө болобу?

Балдар андан соң эмне кыларын карап көрөлүчү. Алар эч кылчактабай «Чыгармачылык бөлмө» деген жазуусу бар классты көздөй жөнөштү. Алар столго отурушуп, балкаларын коюшту. Ар бирөөнүн алдында мурдатан мугалим даярдаган черчение үчүн альбомдор, чийүү жана устачылык куралдары, жыгач таарындылар, зымдар жатат.

Качан баары отурганда, мугалим сабакты түшүндүрө баштайт.

— Балдар! Өткөн сабакта биз кеменин макетин жасаганбыз. Кээ биринер үйдөн жакшылап бүтүрөбүз деп алып кеткенсиңер. Таня, Люда, Коля, катарлар боюнча балдар жасагандарды жыйнагыла!

Мугалимдин столунун үстүндө эскадра турат, ага үйдөн жасалган бир нече иштер кошулат. Бардыгы болуп 40 кеме бар, бирок арасында бир-бирине окшоштору жок: чоңу, кичинеси, жөнөкөйү, татаалы, граждандык жана аскердик кемелер бар. Мугалим алардын бир нечесин алып балдарга көрсөттү

— Бул Серёжаныкы. Анын кемесинин узундугу 20 см, анын палубасынын үстүндө замбирек мунарасы, мачтасы, трубасы бар. В. Серёжа, азаматсың: ал жумушту туура, тыкандык менен аткарган, бул согуштук кеме экени көрүнүп турат, жумушу татаал, мында жыгачтан жасалган 17 майда бөлүктөрү бар. А бул болсо Е. Иранын жүргүнчүлөр кемеси, бул кичинерээк, бирок жасалышы эң сонун, мунун 14 тетиги бар. Кеме түрдүү түстөгү желектер менен кооздолгон. Щ. Саша да бир чоң, бир кичине кеме жасаган.

Албетте, мугалим балдарды көбүрөөк мактайт. Бирок, чынында эле дээрлик бардык макеттер мактоого татыктуу: балдар тапшырманы аткара алышкан. Мугалим 5—7 минуттан кийин жумуштарды карап бүтүп мындай деди: «Ошентип, балдар, биз эми кеменин макетин жыгачтан жасаганды билебиз. Эми биз скульпторлукка өтүп, рыцардын фигурасын жасаганга аракет кылабыз.

Мугалим балдарга орто кылымдын рыцарлары жекемежеке сайышка чыккандыктары, мелдештер жөнүндө айтып берип, ар түрдүү куралдары менен тартылган рыцарлардын сүрөттөрүн көрсөтөт. Андан кийин ал ортонку класстын окуучулары жасашкан рыцарлардын скульптураларын көрсөтөт. Мына ушундан кийин скульптураны кандай жасоо керектигин түшүндүрөт. Ал алды менен доскага каркасын чийет, өлчөмдөрүн белгилейт. Балдар ушул өлчөмдөр боюнча бурчтун жана сызгычтын жардамы менен өз альбомдорунда чиймени аткарышат. Ырас, бардыгыныкы эле ойдогудай боло бербейт, бирок мында корко турган эч нерсе жок — ар качан мугалим жардамга келет. Чийме даяр болгондо, окуучулар мурдатан даярдалган жыгачка аны көчүрүшөт, арааны алып рыцардын тулку боюн араалап кесишет.

Биринчи класстын окуучулары иштеп жаткандарын көрүп туруу кандай кызык. Алар чын ыкластан берилип иштешет. Бурчтук жана сызгычты ишенимдүү колдонушуп, бир нерсени өчүрүшүп, кайра чийишет. Качан алардын түшүнүгү боюнча, чийме даяр болгондо, алар түз эле араалап киришет. Жыгачты араалашкандан кийин зымды алышат, өздөрүнүн чиймелери боюнча өз алдынча ийип киришет. Андан рыцардын колу-бутун, найза-кылычын жасашат. Андан кийин да аларды өз алдынча чиймеге салып көрүшүп, анан бойго кагып бекитишет. Алар алып келген балкалардын дал ушул жерде кереги тийет.

Балдар балка менен иштөөнүн эң ыңгайлуу жолдорун өздөрү табышканы кызык. Алар эң мурда балканы түбүнөн кармашат, канткенде түз урабыз деп, жакшылап карашат. Дагы бир аз убакыттан кийин балканын сабынын ортосунан кармашат, ал эми сабактын акырында сабынын учунан кармап калышат: мындай кармоо ыктуу, мык бир уруу менен кирет — күчтүү урулат. Кыязы, мына ушул жашта ишке ык алуу жогору болсо керек.

Келерки сабакта окуучулар каркасты пластилин менен чапташып, алардын рыцарынын скульптурасы пайда болот. Буга ишенбөөгө такыр болбойт. Рыцарлар соот-чоп-

кутчан, болгондо да бардыгыныкы ар башкача, куралдары, туулгалары да ар башка. Балдардын фантазиясынын чеги жоктугу сезилип турат. Ырас, бир рыцардын бели ийининен үч эсе кенен, экинчиси жез кемпирге окшош, бирок азыр булар маанилүү эмес, эң башкысы бардыгын бала өзү жасагандыгында. Ал скульптура жасоонун технологиясын өздөштүрдү, ал эми пропорциялар болсо бара-бара үйрөнө турган иш.

Биринчи класстын окуучулары башка сабактарда иштөөчү катапульттун моделин жыгачтан жасашат. Көп кылымдар илгери анын жардамы менен камоого алынган чептерди таш ядролор менен атышкан. Бул кыйла татаал модель — анын 25 жыгач тетиги бар, анын ичинде жыгач кашык да бар. Дагы эки жумадан кийин мугалимдин столунун үстүндө согушка даяр катапульттар катар туруп калат.

Эгерде сабактарга жыл бою катышсак, анда I класстын окуучулары металл чегип жаткандарын, куурчак тиккенин, «папье-маше» ыкмасы менен ар түрдүү буюмдарды жасап жатышкандарын, жыгач оюп, тетиктердин чиймесин чийип, акварель менен сүрөт тартышкандарын көрүүгө болот. II жана III класстарда балдар кыйла татаал иштерди аткарышат. II кластта бул резина моторлуу кемелердин жана аэрочаналардын моделдери, инкрустация жана жыгач оюулар; III класста — тетиктери ашталып жасалган столдун макет-копиясы, булчундары даана байкалган жаныбарлардын скульптуралары жасалат. Анын үстүнө бардык жумуштар чебер, кооз жасалат. Балдар үйрөнүшкөн элементтерин ар түрдүүчө айкалыштыруу менен жасалган буюмдун эң башкы жагын көрө билишет. Ошол эле учурда бири бирине окшош иштер жок: ар бирине өзүнчө бир ой, фантазия, өзгөчө деталдар киргизилген. Мындан башка дагы экинчи класстагылар чийүү боюнча «Кесилиш» темасынан маселелер чыгарышат же эки проекция боюнча тетиктин техникалык сүрөтүн жана жара кесилишин тартышат. Муну кандай деп түшүнөбүз? «Кесилиш» жана «Жара кесилиш» темалары VIII класстын курсу го. Ал эми экинчи класстагылар кандай чыгарылышын ойлонбой эле тапшырманы оной аткарышат. Үчүнчү класстын окуучулары фигуранын көрүнүшүн туура берип, көлөкөсү менен кошо тартышат. А бул эмне? Бул деген атайын сүрөт окуу жайынын 2-курсу да! Мына ушул практикалык жана теориялык маселелерди чыгарууда бардык класс, бардык 40 бала катышат.

Деги бул эмне деген сабактар? Балдар эмнени иште-

шет? Техникалык чыгармачылыктыбы? Бирок анда алар эмне үчүн скульптура, куурчак жана жыгачка инкрустация жасашат? Прикладдык искусствобу? Анда бул жерде катапульттун, кеменин, чийменин эмне кереги бар?

Бул кадимки жалпы билим берүүчү мектептин кадимки классы. Мында сабактар гана бир башкача. Эмгек, же сүрөт искусствосунун сабактары эмес, чыгармачылыктын сабактары.

Эмесе темадан бир аз четтеп, ой-бөлүшүүгө өтөлү. Бүгүнкү күндө мамлекеттин күч-кубаты биринчи иретте жогорку квалификациялуу, өз ишине чыгармачылык менен караган, билимдин, техниканын, искусствонун, өндүрүштүн ылдам өсүшүнө өз салымын кошууга шыгы бар адистер менен аныкталат. Ошондуктан партия ИТР доорундагы эмгекчил адамдарга карата коомдун талаптарына негизденүү менен мектептин алдына башкы милдетти — ар тараптуу, гармониялуу өскөн чыгармачыл инсанды тарбиялоо милдетин койду. Чыгармачылык инсандын сапаттарынын калыптанышы дал ушул мектептен башталат. Демек бул иштин туура уюштуруунун маанисин зор.

1952-жылдан бери автор (чийүү жана сүрөт мугалими) өз алдынчалуулукту жана чыгармачылыкты өнүктүрүү проблемасы, окуучулардын шык-жөндөмдүүлүктөрүн сабактан тышкары убакта өнүктүрүү маселелери боюнча иштеп келет. Биздин тажрыйба советтик психологдордун бардык нормалдуу балдардын ар түрдүү жөндөмдүүлүктөрү бар деген жыйынтыгын ишенимдүү ырастайт. Мектептин милдети — аларды балдардын колунан келген кызыктуу иштерде айкындап өстүрүү. Көпчүлүк учурда натыйжалар ушунчалык таасирдүү болгондуктан, окуучулардын иштерин көргөндөр аргасыздан: «Бул таланттуу, шык-жөндөмдүүлөрдүн гана колунан келчү иш!» — деп айран таң калышчу. Бирок элди таң калтырган иштерди биздин шартта кадимки эле балдар, болгондо да бардыгы жасашат. Мунун себеби жөнөкөй, биз шык-жөндөмдөрдү өнүктүрүү бул балага иштин көзүн үйрөтүп, анын шык-жөндөмүнүн ачылып, өсүп-өрчүшү үчүн шарт түзүү деп эсептейбиз.

Ошондуктан эң алды менен мектепте шык-жөндөмдүүлөр көппү? — деген суроону чечип алганыбыз оң.

Кээде басма сөздөрдө мектеп жашында, ал турсун андан мурда эле ар түрдүү иштерде азыркы түшүнүккө ылайык укмуштуудай жетишкендиктерге ээ болушкан балдар жөнүндө кабарлар жазылат. 15 жашында бир нече музыкалык чыгарма жараткан композитор кыз, адистер

тарабынан эң жогору бааланган математикалык теориянын иштеп чыккан 15 жашар бала, же 12 жашында күмүш медалы менен онунчу классты бүтүп, университетке кирүү экзамендерин «эң жакшы» баага тапшырган бала жөнүндө, ырлар жыйнагы чыккан 9 жашар кыз жөнүндө окууга болот. Балдардын жана башка укмуштуудай жөндөмдүүлүктөрү жөнүндө да жазышат.

Эмне үчүн бул балдар мындай чоң ийгиликке жетише алышат? Алар вундеркинддерби, б. а. атайын үйрөтүүсүз өз таланттарын өнүктүрүшкөн ашкере таланттууларбы же кокустук кырдаалдан улам же максаттуу түрдө түзүлгөн ынгайлуу шарттын аркасында өсүп-өнүгүүдө ийгиликке жеткен кадыресе жөндөмдөгү эле балдарбы?

Жөндөмдүүлүктү теориялык терен изилдөө илимдин милдети. Мен бу жерде балдардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өстүрүү боюнча мугалимдик иштим жөнүндө, болгондо да мүмкүн болуучу иштердин бир эле ыкмасы жөнүндө айтамын. Бирок бул тажрыйбаны түшүнүүгө, андан да ийгиликтүү пайдалануурга автор мындай иштерди пландаштырууда жана өткөрүүдө кандай позицияда турганын билүү менен гана жетишүүгө болот. Ал үчүн мектеп окуучуларынын окуудагы, иш-аракеттеги жүрүм-турумдарынын законченемдүүлүктөрүнө, өзгөчөлүктөрүнө, тийиштүү теориялык жоболоруна таянып шык-жөндөм маселелерин чечүүгө аракеттенебиз. Бул жаратылыштын сейрек кездешүүчү тартуусубу же салыштырмалуу көп эле кездешчү кубулушпу? Эгерде биринчи ойду кубаттасак анда «жаратылыштын ырайымын күтүү» керек, эгерде экинчи ойду кубаттасак, анда биздин милдет — ар бир окуучунун айрым бир иштерге тубаса жөндөмдүүлүгүн болушунча өнүккүдөй уюштурууда турат.

9 жаштагы кыздын ырлар жыйнагы жарык көрдү. Сейрек учуроочу көрүнүшпү? Ооба. Балдардын толуп жаткан чыгармачылык жыйнактары жарык көрбөйт. Бирок ошол эле учурда В. А. Сухомлинскийдин мектебинде адабият чыгармаларын дээрлик бардык балдар жазышкан. Бул көрүнүш көздөгөн максаттын — мугалимдердин иштеринин үзүрү эле.

Балдар татаал музыкалык чыгармаларды аткарышат жана өздөрү чыгармалар жаратышат — бул көрүнүктүү иштин же кадыресе эле көрүнүшпү? Автор 50-жылдары, азыркыдай музыкалык мектептердин кенен тармактары жок кезде кадыресе эле мектепте оркестр уюштурган. Үч жылдан кийин окуучулар өздөрү бий музыкасын жазышып, ар түрдүү музыка аспаптары үчүн (трио, квартет,

квинтет) оркестрлештирип, өздөрү аткарышкан. Музыкалык чыгармалардын (өздөрү чыгарган) деңгели жөнүндө мындай бир факт күбө боло алат: окуучулардын бирөө армияда болгон учурда музыкалык ансамбль уюштурган жана өздүк көркөм чыгармачылыктын кароосунун жеңүүчүсү иретинде Советтик Армиянын Борбордук Үйүндө мектепте өзү чыгарган чыгармасын аткарган. Ал бала болсо көнтөрдүн бири болгон.

Бул фактыны кандай баалоого болот? Бул жаратылыштан таланттууларбы же жакшы окуп үйрөнгөн окуучуларбы?

Дагы бир мисал. Басмада кез-кезде сүрөткө айрыкча жөндөмдүүлүгү бар таланттуу балдар жөнүндө билдирүү жарыяланат. Бул жөнүндө окуган кезде: «Балким, 13—15 жашында Репиндей болбосо да ошого жакын сүрөт тартса керек, анткени таланттуу бала да» деп ойлойсуң. Качан алардын чыгармаларын көрсөң, алар эреже катарында, адамдын жана жаныбарлардын сүрөттөрү болуп чыгат. Алар мүмкүн жаман эмес аткарылгандыр, бирок мындай сүрөттөрдүн аткарылышы кадимки балдардын сүрөтчүлүк мектептеринин программасында талап кылынса мунун таланттуулукка, жөндөмдүүлүккө кандай тиешеси бар?

Эгерде адамдардын же жаныбарлардын жакшы же эң жакшы аткарылган сүрөттөрүн таланттуулуктун белгиси деп эсептесек, анда жалпыга билим берүүчү мектептин атайын окутулган 13—15 жаштагы окуучусунун татаал, көп фигуралуу композициясын (акварель) кандайча баалайбыз? Ушундай жумуштун бирөө жөнүндө айтып берейин.

Сүрөт акварель технологиясы боюнча тартылган. Ошондуктан аны түстүү элестеткиле. Аты —«Сезам, ачылгын!». Али-Баба, анын 40 каракчысынын жок дегенде 10у тартылган. Кызыл-тазыл, ала-була, жылдызчалары бар халаттар, каракчылардын талап алгандары салынган оор каптар. Алардын бирине жылтылдаган алтыны, ар түстө кубулган каухар таштар салынган капка сугу түшкөн каракчы үңүлүп карап турат. Жомоктун маанисин жана колорити, ар түрдүү кыймыл-аракет, өндөр, тирн укмуштуу, кооз өсүмдүктөр эң сонун берилген. Ушуну менен бирге композициялык сезими, пропорциялары эң кылдат аткарылган. А автору болсо болгону 13 жашта. Бул нчгн мектептин сүрөт студиясына катышкан окуучу аткарган. Жылдан жылга ушундай татаалдыктагы композицияны түзүүгө жөндөмдүү балдар көбөйгөндөн көбөйө берди.

Булар кимдер — вундеркиндерби же жөндөмдүүлүү

өз убагында байкалып, бапестелип өстүрүлгөн жөнөкөй балдарбы?

Акыркы мисал. Мен бир курдай Бүткүл союздук сүрөтчүлөр көргөзмөсүндө болдум. Декоративдүү-прикладдык искусство бөлүмүндө бир бүтүн жыгачтан оюлуп жасалган чынжыр көрсөтмөгө коюлуптур. Келүүчүлөр көрүшүп, суктанышты. Биздин методика менен окуп жатышкан ар кандай жаштагы окуучуларга ушундай чынжырды жасоону сунуш кылышты. Муну биринчи класстагылар да жасай алары билинди. Жогорку жана төменкү жаштагы балдардын жасаган чынжырларынын айырмасы балардын санында (биринчи класстагылардын чынжыры үч топтон) гана болуп чыкты.

Мен балдар менен иштөөнүн ар түрдүү багыттарын (адабият, сүрөт чыгармачылыгы, фото, кино, кол өнөрчүлүк ж. б.) тандап алдым, мында да ар кандай иштер боюнча жогорку натыйжага жетишкен окуучулар чыгып турду.

Эми эмне десек болот: вундеркинддер барбы же жокпу? Мүмкүн бардыр. Гипертрофиялуу жөндөмдүүлүктөгү балдар төрөлүп, алар башка балдар кандай шартта окуп үйрөнүшпөсүн жетише албаган натыйжаларга өз алдынча жетише алышат деп эсептөөгө болот. Бирок мен мындай балдарды (натыйжага жетише ала тургандарды эмес, жетишкендерди) көрө да, алар жөнүндө мугалим кесиптештеримен уга да албадым. Эгерде мындайлар болсо да эң сейрек болушу мүмкүн, ошондуктан буга ишенич жүктөө болбойт окшойт. Ошентсе да ар бир мектепте (бул жөнүндө, атап айтсак, биздин көп жылдык тажрыйбабыз да ырастайт) окуп үйрөнүүнүн ылайыктуу шарты түзүлсө өздөрүнүн шыгына, кызыгуусуна ылайык иш түрүндө көрүнүктүү натыйжага жетүүгө шык-жөндөмдүү балдар бар. Ар бирине ушундай ишти табуу гана зарыл.

Тилекке каршы, жаратылыш адамга эч кандай билим, эч кандай жумуш ыктарын тартуулабайт. Бала эч нерсени билбеген, эч нерсени жасай албаган алсыз болуп төрөлөт. Балдар арасындагы айырмачылык алар жаратылыштан тигил же бул ишке ар түрдүү даражадагы потенциалдык жөндөмдүүлүктөрү менен төрөлгөндүгүндө гана. «Мисалы, тубаса шык-жөндөмдөр боюнча жекече айырмачылыктар болот. Мына ошонун негизинде адамдардын бирөөлөрү бир ишмердүүлүккө ээ болуу мүмкүнчүлүгү боюнча экинчилеринен артыкчылыкка жетишсе, ошол эле учурда башка бир ишмердик боюнча артта калуусу ыктымал. Мисалы, музыкага шыктуу бала бирдей эле шартта музыкага шыгы жок балага караганда музыка жаатында чоң ийги-

ликтерге жетишет. Мына ушул жагынан алганда жөндөмдүүлүктөрүн өстүрүү боюнча бир тендүү боло алышпайт»[1].

Кандай гана керемет шык болбосун ал өзүнөн өзү, *окуп үйрөнүүсүз, иш-аракетсиз* өнүгө албайт. Бул жөнүндө көптөгөн изилдөөлөргө таянган окумуштуулардын корутундулары ырастайт. Эмгекте жөндөмдүүлүк жөн эле жаралбайт, алар калыптанат, өсүп-өнүгөт да, бекерчиликте текке кетип жок болот»[2]. «Жөндөмдүүлүктөр өсүп-өнүгүүдө гана гүлдөйт... Адамдын иш-аракетинен тышкары жөндөмдүүлүк жашай албайт, а анын калыптанышы окуп-үйрөнүү, тарбия-таалим алууда өтөт[3]. «Адамдын иш-аракетисиз жөндөмдүүлүк пайда боло албайт»[4].

Чындыгында эле, эгерде 10 жыл ичинде күнүнө скрипка кайрыктарын угуп, бирок өзүң ойнобосоң, эң мыкты тубаса жөндөмдүүлүктөрүң болсо 10 жылдан кийин да ойной аласыңбы? Албетте жок.

Бирок белгилүү бир ишке шык жөндөмдүүлүк ар убакта эле жаш куракта билине бербейт. Ошондуктан баланы эмгектин же искусствонун кандайдыр бир түрүнө жөндөмдүүлүгү көрүндү деп бир багытта эле окутуп үйрөтө берүү өтө коркунучтуу. Ошонун өзү менен биз анын иштин башка түрлөрүнө жумшай турган убакытын жана күчүн алып коёбуз.

Баланы, анын мүмкүн эң терендикте жашырынып жаткан жөндөмдүүлүктөрүнүн ачылышына мүмкүнчүлүк берүү үчүн ар тараптуу окутуп-өстүрүү керек деп эсептеймин. Муну окутуу учурунда чоң кишилердин жетекчилиги астында гана ишке ашырууга болот. Бала дайыма бир нерсени билбейт, ал ушул «бир нерсени» билбегенден кийин, ал ошол «нерсеге» өзүн кантип үйрөтөт? Анан ошол иш боюнча эч нерсе билбей туруп, планды, программаны жана окуп үйрөнүү методикасын кантип түзө алат? Адам өз алдынча билим алуу үчүн план түзө алат, бирок бул үчүн ошол илим-билим боюнча керектүү билим кору, б. а. окуй турган предметин андан ары өздөштүрүү үчүн ал жөнүндө аз да болсо жалпы түшүнүгү болушу керек.

Советтик педагогика бир нерсеге жөндөмү жок адам болбойт деп эсептейт. Бирок жөндөмдүүлүктү өркүндө-

---

[1] *Крутецкий В. А.* Основы педагогической психологии. М., 1972. 33-б.

[2] *Ковалев А. Г., Мясищев В. Н.* Психологические особенности человека: В 2 т. Т. II. Способности. М., 1960. 59-б.

[3] *Петровский А. В.* Способности и труд. М., 1966. 13-б.

[4] *Теплов Б. М.* Способности и одаренности//психология. М., 1948. 42-б.

түүгө, же чала өркүндөтүүгө, же таптакыр жок кылууга болот. Балдардын көп кырдуу жөндөмдүүлүктөрүн максаттуу, массалуу түрдө өнүктүрүүгө мектеп гана мүмкүндүк берет. Жана да ушуну ишке ашырыш үчүн окуучуга кичинесинен баштап ар түрдүү иштерде өзүн активдүү көрсөтүүгө мүмкүндүк берүү керек. Биздин көз караш боюнча ар кимдин жөндөмдүүлүгүнүн өсүшүнүн эң майнаптуу жолу, бардык окуучуларды I класстан баштап чыгармачылык үзүрлүү ишке тартууда.

«Чыгармачылыкка үйрөтүү» деген эмне? Биздин оюбузча, чыгармачылык иш-аракеттин бардык учурга жарамдуу, бирден-бир туура объективдүү эрежесин берүүгө такыр болбойт, себеби чыгармачылык иштердин көрүнүштөрү ушунчалык көп түрдүү болгондуктан чыгармачылык иш менен жогорку деңгээлдеги чеберчиликти айырмалаган так чек жүргүзүүгө, кыязы, мүмкүн болбосо керек.

Мисалы, адам ушул кезге чейин жок машинаны ойлоп чыгарды, иштөө принциби да белгисиз болуучу. Бул жерде мындай ойлоп чыгаруу чыгармачылыктын үзүрү экендигине бардыгы макул болушат. Бирок пианист башка бирөөнүн чыгармасын ойноодо аны башкачараак аткарса эмне демекчибиз. Мына ушул жерде пикирлер келишпейт. Бирөөлөр бул чыгармачылык дешсе, башкалары бул аткаруунун чеберднги, квалификациянын натыйжасы дешет. Же болбосо шахмат оюнун алалы. Бул оюн чыгармачылыкты талап кылат деп эсептелет. Ал эми домино оюнучу? Домино ойноо чыгармачылык оюн дегендердин чыга коюшу кыйын. Бирок шахмат оюну чыгармачылык оюн болсо, ал эми домино оюну чыгармачылык ишке жатпаса, анда мындай деп ырастоо үчүн кандай объективдүү негиздер бар? Мындай объективдүү, бирден-бир туура негиздер жок.

Анан да «чыгармачылык иш» терминин (түшүнүгүн) окуучулардын улуу-кичүүлөрүнө карата чечмелөө да ар түрдүүчө болору шексиз. Мисалы Б. М. Тепловдун оюбоюнча «сөздүн өз маанисинде алсак, жаңы, коомдук мааниси жогору оригиналдуу чыгармаларды жараткан иш-аракетти чыгармачылык ишкердик деп айтабыз».

Албетте, окуучулардын көпчүлүгү коом үчүн жаңы жана маанилүү нерсени жарата алышпайт, бул мектептин милдети да эмес. Ошондуктан чыгармачылык иштин мындай аныктамасы жалпы билим берүүчү мектептер үчүн, андан башталгыч класстар үчүн, калыбы, жарабаса керек.

Биз төмөнкү класстын окуучуларынын чыгармачылыгы бул алардын оригиналдуу продуктуну, буюмдарды (ошондой эле маселе чыгаруу, сочинение жазуу ж. б. у.) жара-

туусу деп эсептейбиз. Аларды жасоодо өздөштүрүлгөн илим-билим, ыкмалар, өз алдынча колдонулуп, анын ичинде аларды башка иште пайдалануу, белгилүү иш ыкмаларынын эриш-аркактыгы же окуучу үчүн ишти жаңыча чечүү ишке ашырылат.

Үйрөтүүчү чыгармачылык ишти биз биринчи иретте чыгармачыл инсандын көптөгөн сапаттарын: активдүүлүгүн; тез өздөштүрүүсүн; зээндүүлүгү менен тапкычтыгын; айкын практикалык ишти аткаруу үчүн зарыл билимге ээ болууга умтулуусун; ишти тандоодо жана чыгарууда өз алдынчалыгын; эмгекчилдигин; ар түрлүү иштердеги жалпы, башкы нерсени жана окшош иштердеги айырмачылыктарды көрө билүүсүн ж. б. у. с. өнүктүрүүчү иш катары карайбыз.

Чыгармачылык ишкердик үчүн керектүү сапаттарды мындай кеңири жана натыйжалуу өнүктүрүүнүн үзүрү модель, макет, ыр, оюнчук ж. б. у. с. өз алдынча жасоо болуп калууга тийиш. Чыгармачылык өзүнчөлүк, көркөмдүк үлгүдөн бир аз болсо да четтөөдөн көрүнөт.

Бирок, бир белгилүү нерсени жаратуу үчүн жалпы билимден тышкары жалпы кесиптик билим, анын ичинде иш-аракет ыкмалары жөнүндө да (аспап-куралдар менен иштөө эрежеси, буюмдарды жасоонун технологиясы, сүрөт композициясын жаратуу эрежеси), билим керек, ал эми эң башкысы — алар жогорку деңгээлде өздөштүрүлүүгө тийиш. Ал эми эң кенже окуучулардын өздөрүнүн жекече кызыкчылыктары, жөндөм-шыктары болгондуктан, чыгармачылыкты колдоого алуу менен, окуу процессине эмгектин ар кандай түрлөрүн киргизүү керек. Иштердин мындай ар түрдүүлүгү, өздөрүнүн күчүн түрдүү жагынан сынап көрүү ар биринин жекече жөндөмдүүлүгү, өздөрүнүн күчүн түрдүү жагынан сынап көрүү ар биринин жекече жөндөмдүүлүгүн айкындоого жана өнүгүү шартын камсыз кылууга, окуп үйрөнүү процессин балдарга кызыктуу кылууга мүмкүндүк берет. Окуучуларды жалпы кесиптик билимдин белгилүү минимуму менен жабдыганда гана алардын ар түрдүү оригиналдуу чыгармачылык туундуларды өз алдынча жарата алышары жөнүндө, мектеп окуучуларын чыгармачылыкка үйрөтүү жөнүндө айтууга болот.

Мына ушуга байланыштуу башталгыч класстар үчүн чыгармачылык сабагы деп аталуучу сабактар иштелип чыккан болуучу. Москва областтык элге билим берүү бөлүмүнүн уруксаты менен тажрыйба претинде № 2-Реут орто мектебинде 1970-жылдан бери чыгармачылык сабактары өткөрүлүп келүүдө.

Чыгармачылык сабактарын долбоорлоо. *Сабактын максаттары менен милдеттери.* Эгерде түпкү максат так аныкталбаса «жакшы мазмундуу жакшы окутууну» долбоорлоо деген болбогон кеп. Ушул сыпары эле жалпы чыгармачылыкты үйрөтүүнү, жалпы чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрдү өстүрүүнү караган сабактарды да өткөрүүгө болбойт. Эгерде долбоорлоону «критерийсиз» таншырмадан баштасак, анда кайда барсан анда бар, мен билбегенди таап кел деген жомоктогудай болуп калат. Долбоорлоо түпкү максатты так аныктоодон башталат.

Мындай максатты тандоодо биз чыгармачылыкка үйрөтүүнүн жалпы максаттарына, чыгармачылык сабагын жүргүзүүчү мугалимдин педагогикалык тажрыйбасына, адистигине, квалификациясына жана мектептин конкреттүү шарттарына таяндык.

Биздин учурда мектебибиз жалпы билим берүүчү мектеп, классыбыз атайы тандалып алынбаган кадимки эле класс эле, шартыбыз да кадимкидей эле, чыгармачылык сабагын алып баруучу мугалимдин адистиги — «сүрөт салуу жана чийме чийүү» болчу. Түпкү максат мындайча аныкталган: кенже окуучулардын чыгармачылык инсанынын жалпы сапатын калыптандыруу жана өнүктүрүү. Бул максат балдардын жөндөмдүүлүгүн айкындоо жана өнүктүрүү үчүн ар түрдүү иш-аракетке шарт түзүүнүн аркасында (аларга иш ыкмаларын, чыныгы предметтер жана алардын үлгүлөрү менен иштөөгө үйрөтүү, иште аткаруунун ыктарын жана жолдорун көрсөтүү) ишке ашышы мүмкүн эле. Ошондуктан конкреттүү милдеттер төмөнкүчө аныкталган.

1. Балдарды ар түрдүү иштерге тартуу. Буга практикалык иштердин атайы тандалып алынган түрлөрү аркылуу жетишилет (20—25 иш түрлөрү). Бул иштердин ийгиликтүү аткаруу (өзүнүн кайталангыс вариантында, б. а. чыгармачылык иш) эмгек, сүрөт, чийүү ж. б. боюнча билимди пайдаланууну талап кылат. Конкреттүү буюмдарды жасоо процессинде бул негизги билимдерди өздөштүрүү аларды жогорку класстарда теориялык жактан терең түшүнүүгө түрткү берет.

2. Эмгектин жаңы түрлөрүн (ишкердигин) окуучулардын тез өздөштүрүшүнө мүмкүндүк берүүчү ийкемдүү ыкмаларды иштеп чыгуу, б. а. билим менен көндүмдүүлүктөрдү ар кандай иштерге пайдаланууга үйрөтүү.

3. Практикалык иштерге байланышкан ар кандай жаңы милдеттерди чечүүдө зээндүүлүктү жана баамчылдыкты өнүктүрүү.

Баштапкы принциптер. Биздин көп жылдык тажрыйбабызды талдап, чыгармачылыкка окутуунун максатын жана милдетин, ошондой эле ушул жаштагы окуучулардын психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алып биз чыгармачылык сабактарын долбоорлоодо жана уюштурууда жетекчиликке алуучу баштапкы принциптерди, багыттарды белгиледик.

1. **Билим — чыгармачылыктын пайдубалы.** Окуучунун чыгармачылык ишкердүүлүгү анын билиминин чегинен тышкары чыга албайт. Чыгармачылык ишкердикти окутканга чейин төмөнкү класстын окуучуларында ишти аткаруурга зарыл болгон билим иш жүзүндө жок болот. Алар чиймени да, куралдар жана станоктор менен иштөөнү да, буюмдарды жасоонун технологиясын да ж. б. билишпейт. Ошондуктан алар чыгармачылык менен жасалган нерселерди эле эмес, дегеле эч нерсе жасай алышпайт. Демек балдарга керектүү негизги илим-билим берип, долбоорлонгон (пландаштырылган) продуктуларды, анын ичинде чыгармачылык менен жасалчу продуктуларды да жаратуу үчүн керек болуучу иш ыкмаларына машыктыруу керек. Чыгармачылык нормаларды билүүнү четке какпайт. Тескерисинче, эрежени билүү менен биз аткарылган иштин өзгөчөлүгүн, индивидуалдуулугун жана эрежеден четтөөнүн максатка ылайыктуулугун баалай алабыз. Баланы ал мурда мугалимден алган жана иш үстүндө бышыктала турган информацияга таянуу менен чыгармачылыкка акырындап алып баруу керек. Билген билимге, куралдар менен иштөө ыгына байланышпаган тапшырма пайдасыз гана эмес, зыяндуу болуп майыптыкка дуушар кылып, кыжалатка салып, алган билим менен үйрөнүлгөндөргө залалын тийгизип, бышыкталбаган илим-билимди чаржайытка салышы мүмкүн. Баланы үйрөнгөндөрүн көп кудай бышыктоо менен максаттуу түрдө акырындап окутуу керек.

2. **Окуу материалын талапкердик менен тандоо.** Конан Дойл психолог-илимпоз болбосо да, Шерлок Холмстун сөзү менен биздин мээни үйдүн эң чатырына окшош деп туура айткан. «Ушул чатырды» ыпыр-сыпыр мененби же керектүү нерселер менен толтурабызбы — бул өзүбүзчө байланыштуу болот. Эгер ыпыр-сыпырга толтурсак керектүү нерсеге орун калбайт, ал ыпыр-сыпырда пайдалуу нерсе болсо да, аларды оной менен таппайсың. Демек, убакыттын бир бирдигинде окуучу чексиз сандагы информацияны эмес, белгилүү сандагы информацияны гана үйрөнө алгандыктан, белгилүү милдетти (же мил-

деттерди) чечүүгө керек болгон гана маалыматтарын тандоо керек. Так аныкталган түпкү максатка түз же кыйыр тиешеси болбогон ар кандай маалыматтар окутуунун эффективдүүлүгүн төмөндөтүп, түпкү максаттын ийгилигин узак убакытка, мүмкүн бир нече жылга кечендетет.

3. Окуп үйрөнүүчү материалды ар түрдүүчө уюштурулган кайталоонун көп иреттүүлүгү. Төмөнкү класстын окуучуларына окуп үйрөнүүчү материалдын маанисин 100—200 ирет кайталаганда гана түшүнүктүү боло баштайт. Мисалы, бала А тамгасын жазып үйрөнүү үчүн кандайдыр убакыт аралыгында ал 100—200 жолу жазыш керек (Н. Ф. Талызина). Эгерде ал бул тамганы дароо 100 же 200 жолу жазса да, бул эч нерсе бербейт. Бул мезгилди бир кыйла узак убакытка, мүмкүн, бир нече жумага же айларга созуу керек.

Бирок билимге кызыгууну төмөндөтпөө, чарчоону, окууга кайдыгерликти болтурбоо үчүн, кайталоо, бир эле материалды кайра-кайра бышыктай берүү болбош керек. Тажатмалуулуктан кутулуш үчүн, мурда окулуп үйрөнүлгөн материалдарды ар түрдүү варианттарда (жаңы маселелер, буюмдар) кайталоо керек.

4. Окуучунун ар тараптуу өсүшү. Окуучунун ар тараптуу өсүшү материалды окуп үйрөнүүнү тездетүүдө болсун, окуучу мурда иштеп көрө элек иштерде ык алууда болсун, окуп үйрөнүүнүн натыйжалуулугун жогорулатат. Бул жөнөкөй эле түшүндүрүлөт: эмгектин көп түрлөрүндө, көптөгөн иштерде балдар мурда башка жумуштар боюнча тааныш болгон иштердин кээ бир элементтерине, эрежелерине жана ыктарына кезигет, жаңы материалды окуп үйрөнүүдө болсо ал ага тааныш болгон эрежелерди жаңы жагдайга ылайык колдонот. Мисалы, эгерде баланы жалап гана чаптоого үйрөтсөк, ал бир эле убакта чаптап жасоого, сүрөт тартууга, моделдерди даярдоого ж. б. үйрөткөнгө караганда, чаптоону көп эмгек кылуу менен үйрөнөт. Ошону менен бирге мындай ар түрдүү иштерге машыгуулар, ыктарды үйрөнүүлөр балага эмгектин ар кандай түрлөрү менен таанышууга мүмкүндүк берип, кийин кесипти ар-сезимдүү тандоого көмөк берет.

5. Окуп үйрөнүүгө туруктуу кызыгууну калыптандыруу. Төмөнкү класстын окуучулары бир эле жумушту кызыгуу менен 3—5 сабакта жасай алат. Демек, эмгекке кызыгууну жоготпоо үчүн жумуштун түрүн тез-тез алмаштырып туруу керек: кемеңин моделин жасоого 3—5 сабак, самандын сабактарынан оймо-чиймелер токууга 3—5 сабак ж. б. у. Мына ошентип, балдардын бул «тескери кубулуш»

психикасын (кызыгуудагы туруксуздукту) сабакка активдүү кызыгуусун колдоонун натыйжасында ар тараптуу өсүшүн жана окуп үйрөнүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууну ишке ашыруу үчүн пайдалануу керек.

6. **Чоң кишинин жетекчилиги астында жумушту сабаттуу аткарууга үйрөтүү.** Төмөнкү класстын окуучусу толук бойдон чоң кишилердин таасири астында болот. Бала «шумдуктай таланттуу» болсо дагы чоң кишинин жетекчилигисиз андан чыгармачылыкты (сөздүн түз маанисинде) жана кичине болсо да сабаттуу жасалган жумушту күтүүгө болбойт. Фантазияга балдар өтө бай, олтургуч паровозго, бочка ракетага айланса дешет. Бирок фантазия менен чыгармачылык эки башка нерсе да. Сабаттуулук менен аткарылган жумушка байланыштырбай, баланын жалаң фантазиясын өстүрүү — бул окуучуну акыры туюкка камоо дегендик. Биз бардыгын билишкен, бирок эч нерсе жасай албаган кыялкечтерди, демагогдорду өстүрүп, жогорку квалификацияга жетүү жолун кыркабыз. Сабаттуулукту «кийин» үйрөнүп алат деш негизсиз. Кийин болгондо качан? 20 жашындабы? 30 жашындабы? Адам сабаттуулукка, чеберчиликке 7 жашынанбы, же 20 жашынанбы, кайсы курагынан окуй баштаганына карабай сабаттуулукка, чеберчиликке ээ болуш үчүн көп жылдар керек. Ал эми адамдын бардык күчүн толук берүү менен иштөөчү ак-сезимдүү өмүрү анчалык деле көп эмес, бардыгы 30—40 жыл, анын ичинен 10 жылын сабаттуулук менен чеберчиликке ээ болууга кетет десек, 15—17 жашка чейин аларга толук ээ болууга мүмкүндүгү айкындалат.

Көнүгүүлөрдү көп жолу кайталоо менен окуучу аларга машыгып, көнүмүш ишке айландырат. Ошондуктан башынан эле жумушту туура, сабаттуу аткарууга үйрөтүү керек. Учурдагы сабаттуулук — бул баарынан мурда эрежелер, принциптер жана ишти аткаруу жолдору, куралдар менен иштөө. Иш ыктарын туура аткарбай көнүп алса, аны ондоо кыйын, кээде такыр оңго салынбай калышы да мүмкүн. Балага иштин ондуу жолдорун үйрөтүү менен, биз аны «сыноо жана каталар» узак жолунан бошотобуз. Ыкмаларды өркүндөтүүгө, чыгармачыл ишмердүүлүккө машыгууга убакыт беребиз.

7. **Окуучунун ишин мугалимдин дайым контролдоосу.** Окуучу иштөө ыгын жакшылап андап билген күндө да, ар түрдүү ишти аткаруу учурунда анын бардык аракети мугалимдин толук көзөмөлүндө болууга тийиш. Көзөмөл азайса ык такыр жоголот же туура эмес көнүмүшкө айланат.

8. **Жеке мамиле жасоо.** Биринчи класстын окуучулары эле ар түрдүү себептер менен бири биринен эс-акыл өсүү деңгээли, кызыкчылыктары, жөндөмдүүлүктөрү, психикалык сапаттары боюнча айырмаланышат. Эгерде бардыгына бирдей карасак ар бир окуучу окууда жана тарбияда ийгиликке жетет деп ишенүүгө болобу? Дал мына ушундан улам окутууну долбоорлоодо балдардын кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алуу керек.

Биз чыгармачылык сабактарын долбоорлоодо дал ушул негизги принциптерди колдонгонбуз. Окуп үйрөнүүнүн башка учурларында алардын башкача болушу мүмкүн.

Окуп үйрөнүү процессинин түзүлүшү. Чыгармачылык сабактарында өздөштүрүү үчүн программанын бөлүктөрү болуп калган төмөнкү иштердин (сабактар) түрлөрү көрсөтүлөт: сүрөт тартуу, чийме чийүү, перспектива, моделдерди, макеттерди даярдоо, электротехника, механика, жыгаччылык, слесардык, тунуке иштери, жамаачылык, тигүүчүлүк, жыгач боюнча оймо жана инкрустация салуу, металлды чегүү, папье-маше, самандан жасалган саймалар, мозаикалар жана кагаздан, картондон жасалган буюмдар, популярдуу илимий журналдарын окуу. Ушул бөлүмдөр боюнча пландаштырылган бардык жумуштарды кадимки бөлүнгөн сааттарды аткаруу мүмкүн эмес. Сүрөт тартуу жана эмгек сабактары боюнча мектеп программасы жумасына болгону 3 саат бөлөт. Ал эми бардык ушул бөлүмдөр өз-өзүнчө ырааты менен окуп үйрөнүлсө, анда пландашылган натыйжага жетиш үчүн бул убакыт жетишпейт. Бирок окуу материалдарынын көбүн салыштырмалуу аз эле убакытта өздөштүрүүгө мүмкүндүк берүүчү жол бар: ар бир бөлүмдө иштин ар кандай түрлөрүндө колдонулуучу жалпы билимди, принципти, иш эрежелерин бөлүп көрсөтүү жана аларга көбүрөөк көңүл бөлүү керек. Мына ошонун аркасында чыгармачылык сабактарындагы окуу материалдарынын мазмунун жана мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен биз предметтер аралык байланыштардын жалпы дидактикалык принциптерин ишке ашырабыз. Мисалы, биздин сабактарда окуучулар жыгаччылыкты, жыгачка оймо салууну жана инкрустациялоону, макеттер жана моделдерди, самандан аппликация жасоону үйрөнүшөт. Ушул жумуштардын жалпылыгы эмнеде? Бардык жерде бир эле курал — бычак колдонулгандыгында. Демек, эгерде окуучу бычак менен иштөө эрежесин билсе жана аны менен иштөө ыгын өздөштүрсө, анда жыгач оюуда үч бурчтук формасын терендетебиз же макет, модель үчүн айрым детиктерди жасайбы, ага баары бир да. Ал булардын баа-

рын аткара алууга тийиш. Материалды, өлчөмдөрүн сезе билүү иштн өздөштүрүү менен пайда болот. Ошондуктан биз негизги оюбузду бул эрежелерди балдардын өздөштүрүшүнө, негизги куралдар менен эркин иштей алуусуп үйрөтүүгө бурабыз. Дагы бир мисал. Ар түрдүү буюмдарды жасоодо «чондон кичинеге» деген эреже (лепкада, сүрөт тартууда ж. б.) колдонулат, ал эми симметрия эрежеси тегиздиктеги предметтин сүрөттөлүшү сыяктуу чыгармачыл сабактарынын программасында көрсөтүлгөн бардык иштн аткарууда эске алынат. Биздин окуу программабыздын бардык бөлүмдөрүндө жумуштун бардык түрү үчүн жалпы болгон билим пайдаланылат. Предметтер аралык байланыштар аларды бирдиктүү бир блок сыяктуу бириктирүүгө, чыгармачыл сабактардын программаларына киргизилген ар түрдүү жумуштарды аткарууда окуу материалдарынын негизги суроолорун балдар бир эле убакта кошо окуп үйрөнүүсүн чыгармачыл сабактарда ишке ашырууга бизге мүмкүндүк берди. Бул балдарга бири биринен алыс негизде жаткансыган жумуштардын ички байланышын, эрежелерин, ыкмаларынын жалпылыгын баамдоого, айырмалардагы жалпылыкты жана жалпыдагы айырмачылыкты көрө билүүгө мүмкүндүк берет.

Бул методика жөнүндө тагыраак түшүнүк бериш үчүн, аны окуп үйрөнүүнүн бир кылка (ырааттуу) түзүлүшү менен салыштырабыз. Эгерде биз окуу предметин, мисалы, жумасына 6 саат берилген математиканы шарттуу түрдө 3 бөлүккө (алгачкы үч окуу жылы үчүн) бөлүнгөн түз сызык деп элестетсек, анда ал кесиндилердин ар бирин дагы майдараак бир нече бөлүккө — параграфтарга, главаларга, бөлүмдөргө бөлүү керек. Алардын бардыгы ырааты менен биринин артынан экинчиси окулуп үйрөтүлөт. Мында мурда өтүлгөндү билбей туруп кийинкиге өтүүгө болбойт, же антип өтө кыйын. Материалды окуп үйрөнүүнү параллель жүргүзгөндө программанын суроолору айрым-айрым өздөштүрүлбөстөн, бөлүмдөрдүн бүтүндөй бир блогу алардын арасындагы байланыштарды эсепке алуу менен өздөштүрүлөт. Эмгекке, чийме чийүүгө, сүрөт тартууга тиешелүү жумуштардын бул комплексин биз «Предметтердин сүрөттөлүшү жана даярдалышы» деп атадык.

Бизде чыгармачылык сабагына программа боюнча 2 саат эмгек сабагы (жумасына), сүрөт тартуу сабагы (1 саат) жана сабактан тышкаркы жумуштардын эсебинен дагы 1 саат берилип, ал (администрациянын жана ата-энелердин макулдугу менен) расписаниеге киргизилген: бардыгы жумасына 4 саат. Окуу материалдары ырааты

менен өтүлгөн кадимки сабактардан айырмаланып, блок боюнча өтүлгөндө окуу материалы бир убакта, параллель жана өз ара байланышта үйрөтүлөт. Блокко кирген иштердин бардык түрлөрүндө (сүрөт тартуу, модель жасоо, ийлеп жасоо, папье-маше ж. б.) негизги суроолор бар. Мисалы, симметрия закону. Симметрия законун билүүнү талап кылган практикалык жумуштар I — III класстарда да аткарылат — булар моделдер, макеттер, сүрөт тартуу, ийлеп-жасоо, папье-маше ж. б. Экинчи негизги суроо — бычак менен иштөөнүн эрежеси — ал дагы үч класста тең: модель жасоодо, жыгачты жонуп иштөөдө, самандан оюу жасоодо жолугат. Үчүнчү негизги суроо — чийме чийүүдөгү, сүрөт тартуудагы белги салуу эрежеси. Төртүнчүсү контрасттуулук закону (чоң — кичине, күңүрт — жарык, ачык — бозомук) — искусствонун бардык түрү үчүн зарыл шарт болот, бизде ал сүрөт тартууда ийлеп-жасоодо, самандан буюм даярдоодо, папье-машеде ж. б. эске алынат. Мындай негизги суроолор ар бир бөлүмдө атайын көрсөтүлөт. Башталгыч класстарда окуган бардык жылдарда ар түрдүү буюмдарды жасоо учурунда бул негизги суроолор, фундаменталдуу эрежелер практикада көп ирет колдонулат, бул болсо аларды бекем өздөштүрүүгө (мындай теориялык негизги суроолор көп эместигин айта кетели) мүмкүндүк берет. Мында аларды киргизүү ырааты анчалык принциптүү мааниге ээ эмес; чыгармачылык сабактарда ар бир окуучу алар менен нечен жолу кезигет.

Окутуу процессинин мындай түзүлүшү шахмат оюнун эске түшүрөт, мында оюнчулар жүрүштөрдүн ар түрдүү комбинацияларын жасашса да бир гана түпкү максатка — утууга умтулушат. Бардыгынын максаты бир болсо дагы, мингеп ойнолгон партиялардын ичинде окшош экөө болбойт. Биздин сабактарда да ошондой: мугалим түпкү максатка гана умтулат, ал эми окуу материалын өтүү ирети өзүнчө болот. Эгерде окуунун линиялуу процессинде бардык мугалимдер өлкө боюнча бир эле персени бир эле убакта жасашы керек болсо, окуу процессиндеги биздин вариантыбызда мугалим, тийиштүү окуу мезгилине болжолдонгон так милдеттердин, болжолдуу, бирок көп түрдүү практикалык иштердин тизмесине ээ болуп, бирок аларды өзүнчө ырааттуулукта аткарат. Акыры максатка жетет (жетпей калышы мүмкүн эмес), себеби, окуп үйрөнүүгө арналган суроолордун тобу көп жолу кайталанат, демек ар кандай практикалык иштерди аткарууда бышыкталат.

Биздин блокко киргилген бөлүмдөрдүн саны (жумуштардын түрлөрү, сабактар) чек эмес. Башка бөлүмдөрдү

да киргизүүгө болот, алар блокко коошсо эле болду. Мында бөлүмдөрдүн санына карабай, негизги түйүндүү суроолордун саны же такыр көбөйбөйт, же максимуму бир нече бирдикке гана көбөйөт. Биз слесардык иште киргиздик дейли. Бул учурда ырас эле бир нерсе өзгөрөбү? Ар түрдүү аспаптар менен иштей билсең, анда дагы бир экөөсү менен иштөөнү үйрөнүү кыйын деле эмес. Биз слесардык жумушту киргизбегенибиздин себеби, бизде азыркы учурда ага шарт жок.

Блокко эмгектин түрлөрү (бөлүмдөр) канчалык көп кирсе, бардык бөлүмдөргө жалпы тиешелүү болгон билим ошончолук ац-сезимдүүлүк менен өздөштүрүлүп, ыкмалар ошончолук бекем, балдардын сабактарга кызыгуусу ошончолук жогору болот.

Биздин сабактарды чыгармачыл сабактары деп шарттуу атадык, себеби окуучулар I класстын биринчи күнүнөн эле бардыгына бирдей болгон бир темада практикалык иштерди өзүнүн оригиналдуу, кайталанбоочу (бирдей эки жумуш болбойт) вариантында аткарууга көнүгө башташат. Оригиналдуу буюмду жасоого мүмкүн болбогон учурда (мисалы, чийме чийүү боюнча маселе чыгарууда, белгилүү үлгү боюнча буюмдарды даярдоодо, электротехникалык маселелерди чыгарууда), биз өз алдынчалыкты, активдүүлүктү, демилгелүүлүктү, б. а. чыгармачылыкты коштоп жүрүүчү жана чыгармачылык жөндөмдү өркүндөтүүгө шарт түзүүчү сапаттарды өстүрүүгө аракет кылабыз. Мисалы, доскада формасы жана татаалдыгы боюнча ар түрдүү бир нече тетиктер чийилип коюлган: алардын кесилиштерин жасоо керек. Окуучулар доскада, чакмак сызыктуу дептерлерде же альбомдордо каалаган маселени (же маселелерди) чыгарышат. Ошентип I класстын башынан эле балдар тандаганга мажбур болушат, бул болсо өз алдынчалыкты, демилгени өстүрүүгө түрткү болот, тапшырмадан коркууну жок кылат.

Негизги суроолорду тандоо. Башталгыч класстын окуучусу биз сунуш кылчулардын бардыгын өздөштүрө албайт. Эгерде окуу материалынын көлөмү анын акыл жана дене мүмкүнчүлүктөрүнөн ашып кетсе, анда ал «ашыгын» өздөштүрмөк түгүл, калган материалдарды да начар өздөштүрөт.

Чыгармачылык сабактарга окуу материалдарын тандоодо, биз, төмөнкү класстын окуучусу натыйжалуу үйрөнүүчү окуу материалдарынын санын убакыттын бирдигинде катуу чектөөдөн баштадык. Акыл-эстин катуу чымыркануусу менен байланышпаган иштин бала кызыгуу менен

1,5 саатка чейин натыйжалуу иштей алат, ал эми акыл-эстин катуу чымырканууусунда болгону 10—15 минут иштейт (мисалы оозеки эсептөөдө). Эгерде окуучуну бир иш менен ушул убакыттан ашык мөөнөткө иштөөгө милдеттендирсек, анда анын чарчагандыгы даана көрүнөт: ыкласын койбойт, ката жиберет, ишти ойлонбой аткарат. Ушундай эле, окуучулар убакыттын бирдигинде (саат, күн, ай, жыл) натыйжалуу окуп үйрөнүүчү материалдардын көлөмү мектептеги бардык окуучулар үчүн бирдей болбосо да, келерки окуу жылдарында да чектелет. Ал эми илимий информация болсо, окумуштуулар ырастагандай, ар бир 10 жылда эки эсе көбөйөт. Демек, эгерде биз адамдын турмушунда мааниге ээ болбос, же адамдардын аз гана тобу үчүн маанiге ээ болгон суроолорду программага киргизсек, анда жалпы билим берүүчү пландагы керектүү суроолорду окуп үйрөнүү үчүн табылгыс убакытты алып койгон болобуз.

Биздин ыкта чыгармачылык сабактар 3 жыл гана, жумасына 4 сааттан жүргүзүлөт, ал эми пландаштырылган түпкү натыйжа абдан олуттуу. Ал татаалдыгы боюнча VI—VIII класстардын программасынын жана атайын окуу жайынын башталгыч курстарынын талабына барабар болгон практикалык иштерди аткаруу, эмгектин көптөгөн түрү боюнча түрдүү (анын ичинде чыгармачылык мүнөздөгү да) буюмдарды даярдоо. Ушуну менен бирге, окуучу бул суроолорду түшүнүп өздөштүрүү үчүн, узак убакытка чейин аларды көп ирет кайталашы керектигин эске алуу зарыл. Албетте, ортонку класстын эмгек, сүрөт тартуу, чийме чийүү боюнча программасын башталгыч класстарга жөн эле которуп коюуга болмок: бул балдардын ден соолугуна чоң зыян келтирет эле жана биздин бардык пландарыбызды жана аракетибизди текке кетирмек. Ошондуктан коюлган акыркы максатка жетүү үчүн зарыл болгон билимдин минимумун тандоо керек болду. Барыдан мурда, биз бардык окуу материалдарын камтыган жана башталгыч класстагы балдарга жеткиликтүү болгон негизги суроолорду бөлүп алдык.

Чыгармачылык сабактарынын программасына киргизилген суроолор үйрөтүү жана тааныштыруу үчүн деп эки түргө бөлүнөт.

Белгилүү мезгилде (биздин ыкмада биринчи үч жыл) окуп үйрөнүү үчүн дайындалган суроолордун тармагы катуу чектелген (болгону бир нече оң). Булар блокко кирген бөлүмдөрдүн бардыгына же бир нечесине тике же кыйыр катышы бар, негизги, фундаменталдуу суроолор.

Мисалы, VII—VIII класстар үчүн чийме чийүү окуу китебинде эң эле көп милдеттүү суроолор, анын ичинде сүрөттөп көрсөтүүнүн ГОСТ менен шарттуу белгилениши каралат. Бирок ГОСТту үйрөнүү биздин милдетибизге кирбейт: чыгармачылык сабактарда чийме шрифттер менен жаза билүүнүн, шпон менен туташтырууну сүрөттөп көрсөтүүнү, жантыкты, конустуулукту ж. у. с. шарттуу белгилөөнү билүүнүн кереги жок. Биз чийме чийүү боюнча материалдарды мейкиндиктеги элестетүүнү, тетиктерди белгилегенди, чиймелерди окуганды билүү үчүн киргиздик, б. а. чыгармачыл сабактарга, жогорку класстарда башка предметтерди (геометрия, физика ж. б.) окуп үйрөнүү үчүн гана эле эмес, деги эле бардык жалпы адамдын жашоо турмушунда керек болгон билим менен ыкмаларды бөлүп алдык. Ошондуктан, биз чийме чийүү курсунан профессионалдык гана эмес, баарыдан мурда жалпы билим берүүдө маанилге ээ болгон негизги үч суроону: тик бурчтуу проекция принцибин, кесилиш принцибин, аксонометрияны тандап алдык. Бул суроолор I класстан баштап эле окулат.

Дагы бир мисал. Эмгекке тиешелүү болгон бөлүмдөрдө кээ бир аспаптар (бычак, стамеска ж. б.) менен иштөөнүн эрежесин бөлүп көрсөттүк. Бычак менен иштөөнүн биринчи класстын окуучусу үчүн, өзүнчө жогорку квалификациялуу уста үчүн өзүнчө эрежеси жок деп эсептейбиз. Бычак менен иштөөнүн усталардын көптөгөн муундары жараткан бир нече жалпы эрежеси бар. Мына ушул эрежелерди биз үйрөнүүчү суроолордун тобуна киргиздик. Эгерде окуучу аспаптар менен иштөөнүн эрежесин билсе жана аны практикада үйрөнсө, анда кандайдыр бир моделдин тетигиби же табуретканын буту, эмнени жасаса да ага баары бирдей, анысын да, мунусун да жасай алышы керек деп эсептейбиз.

Биз башталгыч класстардын чыгармачылык сабактарында окуп үйрөнүү үчүн пландаштырылган иштерди аткаруу үчүн билүүгө зарыл болгон төмөнкү негизги суроолорду бөлүп чыктык.

Эмгек боюнча — аспаптар: ийди (жалпак, тегерек), бычак, араа, бургу менен иштөөнүн эрежеси; верстак жана жыгач боюнча токардык станокто иштөө эрежеси.

Чийүү боюнча — тик бурчтуу проекциялоонун принцибн, кесилиштер, аксонометрия.

Перспектива боюнча — бурчтук жана фронталдык перспективада тегиздиктерди жана предметтерди, чекиттин, сызыктын, тегиздиктин көлөкөлөрүн тургузуу эрежелери.

Сүрөт тартуу боюнча — тик бурчтуу, тегерек, жалпак

предметтерди, компоновканын (айрым элементтерден түзүлгөн буюм), сүрөттү белгилөөнүн, акварель менен иштөөнүн эрежелери.

Электротехника боюнча — ар кандай сандагы лампочкалары, өчүргүчтөрү, туташтыргычтары бар электр схемасын түзүү принциби.

Мындан башка дагы негизги билимдердин чөйрөсүнө: симметрия эрежесин, оозеки эсептөөнү, өзгөрмө механикалык берүүнүн схемасын түзүү принцибин киргизебиз (мисалы, айлануу кыймылын алга умтулуу кыймылына, алга умтулуу кыймылын айлануу кыймылына өзгөртүп түзүү схемасын ж. б.; схема зымдан жасалат).

Чыгармачылык сабактарында окуп үйрөнүү белгиленген бардык теориялык суроолордун жана практикалык машыгуулардын чөйрөсү ушулар (бардыгы 30 га жакын). Бул азбы же көппү? Аз эмес болсо керек, себеби эгерде адам бул билимдерди жакшы өздөштүрсө анда ал оюнчуктарды жана ар түрдүү майда буюмдарды да жасай алат; живопись, конструкциялоо, техникалык чыгармачылык менен алектене, мектеп театрын уюштура алат; дубалга мык кагуу же ремонттоо гана эмес, өзүнүн чиймеси боюнча өз квартирасы үчүн мебель жасай алат; ар түрдүү тиричилик буюмдарын ондой алат.

Болгону, тааныштыруу үчүн кээ бир буюмдарды жасоодо гана кезигүүчү, айрым гана маалыматтар алынды. Бул билимдердин башка ишке которулушу мүмкүн эмес. Үйрөнүш үчүн негизги суроолор кандай көп кайталанса, айрым-айрым суроолор да ошондой эле көп ирет кайталанышы керек. Эгерде алардын бардыгын «милдеттүү программага» киргизсек, анда көздөгөн натыйжага ийгиликтүү жетишүү бир нече жылга создугуп кетиши мүмкүн (анткени окуучу убакыттын бирдигинде информациянын чектелүү бир көлөмүн гана өздөштүрө алат).

Мына, айрым-айрым суроолордон бир нече мисалдар.

Биринчи класстын окуучулары кагаз менен иштеп жатышат. Кагаз узунунан жеңил жана түз бүктөлөт, туурасынан кээ бир кыйынчылык менен түз эмес бүктөлөт. Жука кагазда бул анчалык байкалбайт. Ал эми калың же картон кагазда бул ачык көрүнөт. Биз кагаздын бул касиети жөнүндө айтабыз, бирок аны эске тутууга же жаттап алууга мажбурлабайбыз. Иштин ыгы бара-бара үйрөнүлөт.

Экинчи класстын окуучулары папье-машеден маска жасап жатышат. Адегенде маскanын формасын пластилинден жасашат. Алар үчүн бул жумушта орчундуу жаңы эч нер-

се деле жок: алар орнаментти, рыцарды, айрым тетиктерди жасашкан. Алар андан кийин жасалган форманы кагазды кесиндилери менен капташы керек. Балдар мындайды биринчи жолу кезиктиришти. Мугалим: масканы оюй сыйрыш үчүн формага вазелин сыйпап туруп анан газеттин актай кесиндилерин жазылуу кесиндилер менен кезектештирип чаптоо керектигин (калындыгы бирдей болуш үчүн) түшүндүрөт. Бардыгы 5—7 катмар. Ушуларды эстеп калгыла деп балдарды мажбурлоого болобу? Эгерде мындай жумуш мындан ары дагы кайталанса, мугалим бул жөнүндө эскерет, ошону менен бүтөт. Балдардын эске тутуусун керексиз информация менен толтурбай, сактоо керек.

Айкын программаны түзүү. Негизги суроолорду аныктагандан кийин, мугалимдин ишинин эң кыйын бөлүмү — практикалык тапшырмаларды, иштелүүчү иштерди, буюмдарды; моделдерди, макеттерди, оюнчуктарды, куурчактарды ж. б. тандоо жана долбоорлоо башталат. Чыгармачылык сабактары 1 класстын биринчи күнүнөн баштап теория менен практиканын тыгыз байланышын талап кылат. Окуп үйрөнүү үчүн пландалган буюмдарды жасоо үчүн билүү зарыл болгон негизги теориялык суроолор тандалып алынган. Ошондуктан практикалык иштердин аттары жана темалары теориялык билимди толук жана көп жактуу пайдаланууга ылайыктанып тандалып алынган. Ал эми бир эле негизги суроо эмгектин ар кандай түрлөрүндө колдонулгандыктан, балдар өз ара эч кандай байланышы жоктой көрүнгөн көп маселелер менен иштерди чечүүнүн негизинде кандай жалпы эреже жатканын бара-бара көрүп жана түшүнө башташат. Теория менен практиканын ортосундагы ушундай тыгыз байланыш экөөн тең натыйжалуу үйрөнүшкө өбөлгө болот.

Биз азыркы мектеп программасы эмгек жана сүрөт тартуу боюнча белгиленген бардык иштердин түрлөрүн (кагаз менен иштөө, ийлеп жасоо, жыгач менен иштөө, техникалык модель жасоо ж. б.) аткарабыз.

Айырмачылыктар төмөнкүлөр:

1. Жумуштардын саны жана түрлөрү көбөйгөн. Мурда айтылгандай, биздин сабактарда окутуу, үйрөтүү процессин түзүү мүмкүнчүлүктөрүн толук пайдаланыш үчүн: окутуп-үйрөтүүгө арналган теориялык суроолорду иште ар тараптуу пайдалануу үчүн иштердин түрүн көбөйтүп, аларды такай кезектештирип жана алмаштырып туруу керек. Ар бир иштн аткаруу 3—5 саатты алат. Эмгектин түрү менен мүнөзү да ар дайым өзгөрүп турат: 3—5 саат саман менен иштөө (сайма же аппликация), 3—5 саат ийлеп жа-

соо (жаныбарлардын мүчөлөрү, скульптуралары), моделдерди даярдоо ж. у. с. Балдар кээде гана эмгектин бир түрүн катары менен аткарышат, мисалы кеменин моделин жыгачтан жасашат, андан кийин үйдүн макетин — дагы жыгачтан (татаал ыкманы бышыктоо үчүн).

2. Жумуштун татаалдыгы жогорулайт. Мисалы, окуучулар I класстын башталышында эле 5—10 тетиктен турган кеменин моделин жыгачтан жасашат. Окуунун биринчи эле күндөрү көп элементтүү иштн аткаруу мүмкүн эместей көрүнөбү? Анан дагы, балдардын бардыгына кесүүчү аспап берилеби? Бул жерде педагогиялык негизги принциптер бузулбайбы? Чындыгында бул жерде кыйынчылык көздүн коркогунда. Кеменин модели ар кандай формадагы жана өлчөмдөгү жыгачтын кесиндилеринен турат. Аларды жасоо үчүн кесүүчү куралдардан иштөө абдан оңой болгон араа гана керек. Мугалим араа менен кантип иштөөнү түшүндүрөт жана көрсөтөт, окуучулар жыгачты араалап, араа менен иштөөгө машыгышат, кыймылдын координациясын өнүктүрөт, ушунун бардыгы кокустуктардан сактайт. Ал эми чүркө араалангандан кийин аны кум кагаз менен жылмалоо жана чаптоо чоң жумуш эмес. Иш аспаптары менен иштөөнү жакшы үйрөнгөн окуучулар ар кандай татаалдыктагы моделдерди оңой эле жасашат: эми иштин ийгилиги чыдамкайлык, демилге, фантазия жана балдардын кызыгуусу менен байланышат.

Деген менен көп буюмдар чынында өтө татаал. Мисалы, 10 дон ашык тетиги бар резина моторлуу кеменин модели жыгачтан (узундугу 30—40 см) ичи көндөйлөнүп оюлган, сырдалган. Арыстандын жана буканын скульптуралары (узундуктары 20 см) зым каркаста булчундарынын рельефтери дааналанып жасалган — бул балдардын атайын көркөм мектебинин курсу, а бизде бул иштерди үчүнчү класстын балдары жасашат.

Чийүү боюнча программа кадимки программага салыштырганда мындан да татаал. II класстын аягында окуучулардын көпчүлүгү эки берилиши боюнча тетиктин үчүнчү проекциясын тарта алышат, тетиктин техникалык сүрөтүн анын кесилиши менен тартышат, кесилишти аткара алышат. III класстын акырында бардык окуучулар бул маселелерди өздөштүрө алышы күтүлөт.

Айрыкча перспектива боюнча жумуштар татаал. III класстын акырында балдар тегиздикти чийүүнү, буюмду фронталдык жана бурчтук перспективада элестетүүнү, тегиздиктин, буюмдун көлөкөсүн тартууну билүүлөрү тийиш.

Мындай татаалдантыштын өзү максат эмес. Жеңил өз-

дөштүрүлгөн ар кандай билимдер жана ыкмалар балдардын жалпы өсүшүнө, анын ичинде акыл-эсинин өсүшүнө да түрткү болот. Мындан тышкары, алар биздин сабактарда пландаштырылган бардык иштерди түшүнүп аткарууга окуучуларга жардам берет.

3. Эмгектин ар кандай түрлөрүнө сааттарды так бөлүүнүн зарылдыгы жоголот (кагаз менен иштөөгө мынча саат, жыгаччылыкка мынча саат), себеби кайсынысына канча саат бөлүнгөндүгү эч кандай маанеге ээ болбойт. Жыл бою бала эмгектин 20—25 түрүн жана ушуларга негизделген негизги суроолорду үйрөнгөнү маанилүү. Ошондой эле, эмгектин түрүнүн кезектешиши да маанилүү. Ал эми алар кандай иретте жүргүзүлгөнү, эмгектин тигил же бул түрлөрүнөн канча буюм жасалганы принциптүү маанеге ээ эмес: бардык учурда көздөгөн түпкү натыйжа алынат. Эгерде мугалим ар кандай түрдөгү иштерди аткаруу үчүн зарыл болгон суроолорду окуучулар начар өздөштүргөндүгүн көрсө, анда өз каалоосу боюнча ошол суроолорго убакытты көп бөлө алат.

Сабактарда аткарылуучу негизги буюмдардын тизмесин келтирели («Эмгек» бөлүмү боюнча):

кагаздан жасалган буюмдар — үй, мебель, самолёттор;

ийлеп жасоо (пластилин) — жашылчалар, орнаменттер (сүрөт тартуу үчүн гипстен жасалган орнаменттер тиби боюнча), скульптура — рыцарь, арыстан, өгүз (бардыгы зым каркаста);

жыгачты оюп кооздоо боюнча — тепши, үбөлүк, илгерки куралдар (кылыч, найза, чокмор, айбалта);

самандан жасалган буюмдар — сайма, аппликация;

жыгач боюнча инкрустация — козу карын, кайык, үй (4—6 элементтүү);

моделдер — резина моторлуу аэрочаналар, резина моторлуу кеме, планер, кайык, катамаран кайык, катапульта;

макеттер — корабль, аэродром, кудук, үй (устун боюнча), столдун, отургучтун макеттери;

папье-маше — маскалар, куурчактардын баштары;

тигүү — зым каркастагы куурчактар, жумшак оюнчуктар;

электротехника — ар түрдүү сандагы лампалуу, өчүргүчтүү, туташтыргычтуу электр схемаларды түзүү.

Окуу куралдары. Мектептер үчүн ар түрдүү предметтер боюнча көп сандагы окуу куралдары чыгарылат. Бирок биздин чыгармачылык сабактарда алардын көбү пайдаланылбайт. Бул түшүнүктүү. Окуу материалдары темалары, бөлүмдөрү, көлөмү, аны окуп үйрөнүүнүн мөөнөтү жана

убагы боюнча кайра бөлүштүрүлдү, алардын айкалышы өзгөрдү: төмөнкү класстын окуучулары программадан тышкары ортоңку класстардын жана атайын окуу жайынын төмөнкү курстарынын материалдарын предмет аралык байланыштардын негизинде окушат. Ошондуктан окуп үйрөнүүнүн ушул процессине арналган жаңы окуу куралдарын түзүү зарылдыгы пайда болду (биз окуу куралын эмгек сабактары үчүн гана даярдадык: сүрөт боюнча, бир нече учурлардан башкаларында, даяр таблицаларды пайдаландык).

Биз, эмгек сабактарында жасала турган буюмдардын дээрлик бардыгынын: моделдердин, макеттердин, оюнчуктардын ж. б. сүрөттөрү бар таблицаны даярдадык. Практикалык тапшырманы таблица боюнча аткаруу мугалимдин жана балдардын иштерин көп эле женилдетет (алар үчүн таблица С. Н. Лысенкованыкындай ойдун жана аракеттин өзүнчө бир таянычы), сабакты так уюштурууга мүмкүндүк берет: таблицада берилген тапшырманы аткаруу үчүн билүүгө керектүүнүн бардыгы же дээрлик бардыгы бар. Анын үстүнө мугалим ар бир сабактын башталышында таблицанын мазмунун да түшүндүрүп берет.

«Электр схемасы», «Кесилиш», «Перспектива» темалары боюнча таблицалар даярдалат.

Буюмдардын сүрөттөлүү ыктары түрдүүчө: предмет (стол) бир нече проекцияда берилген чийме түрүндө; көрсөтмөлүү сүрөттөлүш түрүндө — катапульта(ошол эле таблицада тетикти кандай араалоо жана кураштыруу көрсөтүлгөн). Сүрөт түрүндө — папье-машеден жасалган куурчактын башы. Предмет эркин абалда, аксонометрияда, перспективада сүрөттөлүп көрсөтүлүшү мүмкүн, бул болсо предметти ар кандай жол менен сүрөттөп көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө элестүү түшүнүк берет (таблицанын өлчөмү ватман барагынын жарымынан төрттөн бирине чейин).

Предметтин кесилиши берилген таблица да бар. Бул тема VIII класста окулса да, ал I класска арналган. Айрым таблицаларда буюмдардын өлчөмдөрү көрсөтүлсө, башкаларында буюмдар өлчөмдөрү көрсөтүлбөй сүрөттөлгөн. Ошентип, I класстын окуучусу предметти сүрөттөөнүн тик бурчтуу проекциялоо, кесилиш, перспектива сыяктуу жолдорун көрөт жана өздөштүрөт (блок «Предметтердин сүрөттөлүшү жана жасалышы» деп аталат эмеспи).

Таблицанын жасалгаланышына чоң маани беребиз. Ачык, жарашыктуу, көрсөтмөлүү, андан ашыкча эч нерсенин жоктугу — мына биздин талабыбыз.

Таблицаларды даярдоого мугалимдин убакыты кетет,

бирок алар анын сабактагы ишин жеңилдетет. Анын үстүнө, даяр таблицалар кийин көп жыл пайдаланылат.

Таблицадан башка көрсөтмөлүү курал катары, ортонку жана жогорку класстын окуучулары сабактан тышкаркы учурда, үйүндө жасашкан өз алдынча жана чыгармачыл иштерин пайдаланабыз.

Бизде колдонулуп жаткан окуу курал экөө. Биринчиси электр чынжырынын иштөө схемасын көрсөтөт. Ал чөнтөк фонарынын батарейкасынан жана лампочкадан турат. Зымды лампочкага туташтырып, биз чынжырдын туюк болгон учурдагы иштешин көрсөтөбүз. Экинчи окуу куралы кыймылдын бир түрүн экинчи түрүнө өзгөртүүчү түзүлүштү көрсөтүүчү түзүлүш. Тактада — зымдардын кесиндилеринен куралган конструкция (муунактуу вал, рычагдар), алар ар түрдүү комбинацияларда туташтырылган. Муунактуу валды айландырып, биз түзүлүштүн экинчи учундагы рычагдардын жардамы аркасында рычагдын термелүү кыймылын алабыз.

Сабактарга болгон талаптар жана алардын ишке ашырылышы. *Предмет аралык байланыштарды колдонуу.* Ар кандай жумуштарды аткарууда жумуштун жалпы эрежелери жана ыктары иш жүзүндө ар бир сабакта (эмгек, сүрөт тартуу, чийме чийүү) ар кандай иштерди аткарууда пайдаланылат. Мисалы, предметтердин ар түрдүү жолдор менен сүрөттөлүшүн окутууда сабактар окуучулар бир эле мезгилде, кээде бир эле сабакта предметтерди эркин абалынан да, аксонометриядан, перспективадан да, кесилиши менен да, кесилишсиз да көрсөтө алгыдай кылып пландаштырылат. Бул предметтерди сүрөттөп көрсөтүүдө жумуштарды аткаруу жолдорунун бирдейлигин жана сактоо зарыл болгон шарттуулуктардын айырмасын түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Окуучулар бир эле мезгилде бардык учурлар үчүн жалпы болгон негизги суроо менен, мисалы, чоңунан кичинесине, параллелепипедден башка формага өтүү, негиздөө эрежелери менен таанышышат. Окуучулардын алган билимдери, ыктары жана чийүү маашыгуулары иш учурунда жүзөгө ашырылат. Эмгек сабактарында предметтерди даярдаган кезде окуучулар аксонометрия, перспектива жана эркин абалда сүрөттөлгөн буюмдарды көрүшөт, бул болсо предметтерди ар кандай жолдор менен сүрөттөп көрсөтүүдөгү эрежелердин бирдейлигин жана айырмасын айкын элестетүүгө мүмкүндүк берет. Чийме боюнча пластилинден тетик жасоодо, балдар кесилишин жасашат, андан кийин аны дептерге же доскага тартышат (II класста эле). Сүрөт тартуунун жана чийме чийүүнүн эрежелерин билүү

биринчи эле класстын окуучуларына жумуштун ар кандай түрлөрүнө (макеттер, самандан жана жыгачтан жасалган буюмдар) белги салууга мүмкүндүк берет. Мисалы, көп бөлүмдөр менен түз же кыйыр байланышкан симметрия законун негизги маселе иретинде, биз негизги суроолордун көпчүлүгү сыяктуу I класстан баштайбыз. Окуучулар, симметрияны сактоону талап кылган көп практикалык иштерди (сүрөт тартуу, нийлеп жасоо, техникалык буюмдарга белги салуу) аткарышат. Предметтерди бир нече жолу тартуу менен, балдар алган ыкмаларын бышыкташат, негизги суроолорду түшүнүп өздөштүрүшөт.

Дагы мисал. Искусствонун бардык түрүнө контраст закону мүнөздүү: чоң — кичине, бийик — жапыз, караңгы — жарык, ачык — күңүрт, ж. у. с. Окуучулар искусство боюнча иш аткарганда, аларга бул закон жөнүндө, мунун искусствонун бардык түрү үчүн милдеттүүлүгү жөнүндө дайыма айтылат. Эгерде окуулар папье-машеден маска же баш жасашса, бардык элементтерин жалаң чоң же жалаң кичине жасоо керек эместигин мугалим эскертет. Кичинекей урчуктун жанында чоң урчук же чуңкур болушу тийиш; тескерисинче, жалпак бетте — мурун, көз, эрин ж. б. рельефтүү көрүнүшү керек.

Эгерде окуучулар самандан оюу жасашса анда аларга да: бардыгын жалаң чондон, же жалаң кичинекей бөлүктөрдөн жасоого болбойт деп айтылат. Чоң элементтин (жылдызчанын) жанында кичинекей же узун элемент (квадрат, тилке) болушу керек. Бул эреже окуунун бардык жылдарындагы чыгармачыл сабактарда көп жолу кайталанылат. Окуу материалын параллель окуп үйрөнүү законду көп жолу кайталоого, демек, аны бекем өздөштүрүүгө мүмкүндүк берет.

Теориянын практика менен байланышы. Окутуунун биринчи күнүнөн баштап, биз теорияны практика менен тыгыз байланыштырабыз. Мына ушуга биз түзгөн программа жардам берет, анда практикалык иштерди аткарууда кезикпеген теориялык суроо жок, ошондой эле окулуп өткөн теориялык суроолор колдонулбаган бир дагы практикалык иш жок (жалпысынан окуу мезгилинин жарымы теорияга, жарымы практикага жумшалат). Ушунун бардыгы теориялык материалдарды тез жана терең өздөштүрүүгө жана аспаптар менен иштөө ыктарына ээ болууга түрткү берет.

Биздин эксперименттик сабактарыбызда теория менен практика бир убакытта жана параллель окутулат. Бирок, бардык суроолор бир күндө каралбагандыктан биринен

бири (1—2 ай) бир аз артта калуу (же озуу) болуп турат. Көбүнчө теория озуп кетет, бирок мындай анча-мынча артта калуу же озуу принциптүү мааниге ээ болбойт. Мисалы I класстын окуучусуна кеменин корпусуна белги салуу керек болсун, ал болсо сызгычты колдонмок түгүл, цифраларды да начар билет. Эмне кылуу керек. Эң жөнөкөй. Кимдир бирөө эмненидир билбесе да, кийин кеменин корпусу болуучу жыгачка сызгычтын жардамы менен кандайча белги салуу доскада көрсөтүлөт. Ырас, бардыгы тең тез эле үйрөнө калбайт. Бирок класстагы мугалим (биздин шартта алар экөө — класс жетекчи мугалим жана чыгармачылык сабакты жүргүзүүчү мугалим) жардам берет. Ал эми кимдир бирөө дагы эле белгини тегиз сала албаса, мында корко турган эч нерсе жок. Бул I класстын гана башталышы да. Анын үстүнө I класска окуучулар ар кандай өнүгүү деңгээлинде келишет эмеспи. Белги салууну аткара албаган биринчи класстын окуучуларына күнөө коюуга болбойт, себеби алардын көбү суроолорду көп ирет кайталоонун аркасында күчтүү окуучуларды кууп жетишет жана андан ары көп бөлүмдөр боюнча класс бирдей болот.

Теория менен практиканын байланышы боюнча кыйынчылыктар, окуучулар теориядан да, практикадан да эч нерсе биле элек кезде, I класстын башында гана болорун байкайбыз. Бирок бул мезгил өтө эле кыска, болгону бир нече ай. Биринчи эле күндөрдө ар кандай иштерди аткарууда бир нече жолу колдонулчу негизги теориялык суроолордун дээрлик бардыгы киргизилет жана оор болгон ушул бир нече айдын өтүшү менен жумушка тартуу проблемасы жоголот, теория жана практика боюнча окутууда балдардын эч кандай орчундуу артта калуусуз өтөт.

Элементтер боюнча окутуу. Окуу материалдарынын бир мезгилде берилген чоң көлөмүн төмөнкү класстын балдары же такыр өздөштүрбөйт, же чала, үстүртөн өздөштүрөт. Окуп үйрөнүү үчүн бөлүнгөн суроолорду жакшы жана тезирээк өздөштүрүү максатында өтүлчү теманын суроолорун бирден кезеги менен киргизебиз. Ар бир (же бир нече) сабакта окуучулар бир гана (кээде гана эки) жаңы элементти окуп үйрөнүшөт. Мисал келтирели.

Кеменин моделин даярдоонун биринчи сабагында окуучуларга бир гана аспап — араа берилет жана аны менен иштөөнүн бир гана эрежеси түшүндүрүлөт. Экинчи сабакта араа менен иштөөнүн эрежеси кайталанылат да, жаңы элемент — көзөгүч менен иштөө эрежеси киргизилет. Үчүнчү сабакта (же башка темадагы сабакта) кайрадан бир

гана курал, мисалы, бычак берилет жана аны менен иштөөнүн бир гана эрежеси түшүндүрүлөт. Баса, кесүүчү аспаптарды ишке кезек менен киргизип, биз окулуучу материалдарды жакшы өздөштүрүүгө өбөлгө түзөбүз жана балдарды кокустуктан сактайбыз. 40 окуучу араа жана бычак менен иштешип жатышса да деле кокустук болбойт. Мисалы, кеменин моделин жасоодо окуучуларга араа гана (ааранын кесиндилери) берилет да, бардыгы бир эрежени сактап ааралашат. Араа менен иштөөнүн ыгын өздөштүргөндөн кийин, балдар бычак менен иштөөнүн бир ыгын үйрөнүшөт. Эгерде бирөө бул эрежени бузса, ал эскертилет; эгерде ал экинчи жолу кайталаса, ошол сабакта аспабы алынып коюлат (бул чанда гана болот). Эгерде буюмду даярдоо үчүн ар түрдүү куралдын колдонулушу талап кылынса жана алардын арасында тааныш эмес, өтө опурталдуусу бар болсо, анда анын иштөө эрежеси түшүндүрүлөт, бирок аспап окуучунун колуна берилбейт. Мисалы, жанагы эле кемеге майда чүркөлөр керек болгондо, аларды стамеска менен жаруу керек. Мугалимдин столунда эки жалпак стамеска жана эки киянка жатат. Бул чүркөлөрдү окуучулар өздөрү ааралашат, ал эми аларды же мугалимдин байкоосунда жарышат же мугалимдин өзү жарат. Эки стамеска менен иштөөнү байкоо кыйын деле эмес. Кокустуктарды болтурбоо үчүн дайым эле бардыгына бычак бир убакта берилбейт. Эгерде окуучулар самандан сайма жасашса анда ар бир ким өз ордунда олтурушат, бардыгы жанында болот, бир гана курал менен иштейт, кылган жумушу бир гана кыймылдан — саманды бычак менен кысып, аны кесүүдөн турат. Мында бычак баарына берилет. Бирок, эгерде модель же бир мезгилде бир нече куралдар колдонулчу татаал, жыгач буюмдарды жасашса, анда бүткүл класска 3—4 бычак берилет. Кимге бычак керек болсо доскага барат да, мугалимдин байкоосунда иштейт. Ошентип, бул учурда да кокустук болбойт. Бизде 10 жыл жүргүзүлгөн чыгармачыл сабактарда бир нече чийилген же бир аз кесилген жараттар гана болду. Алар да, окуучулар курал менен иштөө эрежелерин бузган, мугалим буга көз сала албаган учурларда гана болду.

Биз теорияны да ушинтип, элементтери боюнча окутабыз. Бир сабакта бир, максимум эки жаңы элемент. Мисалы, электр схемасын түзүү принцибин мындай түшүндүрүлөт: тиричиликтеги ар бир электр аспабында — үтүктө, лампочкада, чан соргучта зым спиралы болот, ал аркылуу электр тогу өтүүгө тийиш, ток чынжыр туюк болгондо гана өтөт. Батареянын жана лампочканын жардамы менен

бир же эки зымды бир чекитке кошкондон бул схема иштемек гана турсун, кыска туташуу болушу да мүмкүн экени көрсөтүлөт. Доскага I класстын окуучусуна түшүнүктүү болгон жөнөкөй схема: лампочка чийилет, анын спиралы бар, спиралдын учтарына эки зым келет. Зымдардын туташчу жерлерин чекиттер менен белгилегендей эле, лампочка менен өчүргүчтүн шарттуу сүрөттөлүп көрсөтүлүшү да атайын окутпай эле көп жолу кайталоодо тез үйрөнүлөт.

Кийинки сүрөттө бул схема кээ бир шарттуу белгилерди сактоо менен берилет. Схема бир нече ирет түзүлгөндүктөн, окуучулар бул шарттуулуктарды тез эстеп калышат.

Окуучу али түшүнө элек бир нече жаңы элементтер айкашкан көп пландуу жумуштарды аткарууда, алардын ар бири кезеги менен, мугалимди ээрчип (мен жасагандай жаса) аткарылат. Мисалы, сүрөт тартуучу альбомго тетиктин эскизин натурадан (I — II класстар) тартууда баракка сүрөттү туура жайгаштыруу, чондон кичинесин карай тартуу, проекциялардын арасындагы байланыштарды сактоо, сызыктарды түз жүргүзүү (сызгычты, ал турсун клетканы колдонбой), иштн тыкан жасоо талап кылынат.

Эгерде тапшырманы жөн эле түшүндүрүп жана аны өз алдынча аткарууну сунуш кылса, анда окуучулардын көпчүлүгү жогорудагы айтылган шарттарды (алардын айрымдарын билишсе дагы) толук сактабайт. Биз, ар кандай туура эмес же жаман жасалган иш (эгерде кандайдыр бир шартта түзүк жасоого мүмкүндүк болсо) деле эч нерсе бербейт деп эсептейбиз. Андан көрө аткарылчу жумушту тапшырбаган жакшы, себеби ал үйрөнүлгөн ыкты да «бузуп» коюшу мүмкүн. Ошондуктан биз үйрөнүү үчүн берилген ыкмаларды өздөштүрүүгө, практикалык иштерди аткарууда аларды туура пайдалануу га тыкан көз салабыз жана алардан аз да болсо четтөөгө жол бербешке аракеттенебиз. Муну болсо аларды бөлөк-бөлөк окуп үйрөнүү шартында жасоого болот. Ошондуктан I класста жумуштардын басымдуу көпчүлүгүн, II класста бир далайын, III класста айрым бөлүгүн мугалимдин артынан бөлөк-бөлөк жасашат. Мугалим доскага белги коёт, окуучулар да мугалимди ээрчип белги коюшат, мугалим башкы көрүнүштү толук эмес тартат, балдар ушул толук эмес тартылган башкы көрүнүштү тартышат жана бир эки элементти кошушат. Биз практикалык иштерди да, айрыкча тыкандык менен белгилөө керек болгон учурда, мисалы оюуларды тартууну элемент боюнча үйрөнөбүз. Мугалим бул эрежени формалдуу эмес колдоноору түшүнүктүү. Ал иш кандай жүрүп жатканын, бардыгы аткарышып жатышканын бай-

кан турат. Окуучулардын көнүгүшүнө жараша алардын ишине кийлигишүүнү улам азайта баштайт. Ал турсун I класста да мугалим жалпы түшүнүк бергенден кийин жумуштун айрым бөлүгү, айрыкча практикалык иштер өз алдынча аткарылат. Негизинен жаңы же татаал жана начар өздөштүрүлгөн материалдар элемент боюнча окулуп үйрөтүлөт.

Ушундай методика менен иштегенде II класстын аягында мугалим теманы түшүндүргөндөн кийин окуучулардын негизги массасы көп пландуу иштерди өз алдынча аткара алышат жана конкреттүү ишти жакшы аткаруу үчүн зарыл болгон эрежелердин бардыгын же дээрлик бардыгын сактай алышат. Бирок, окуучулар үйрөнгөн ыкмаларын жоготпошу үчүн кез-кезде кээ бир иштерди элементтери боюнча жасайбыз. Мына ушуну менен өздөштүрүлгөн билим жана ыкма бышыкталат жана өз алдынча иште аларды ан-сезимдүү колдонууга үйрөтүлөт.

Окуп үйрөнүүчү суроону жана эмгектин түрлөрүн кезектештирүү. Мурда айтылгандай, төмөнкү класстын окуучулары бир эле ишти көпкө чейин кызыгып иштей албайт (айкын натыйжа берүүчү кандайдыр бир материалды системалуу жана атайлап окуп үйрөнүүгө байланышкан иш жөнүндө айтылып жатат).

Ишке (демек окууга дагы) такай кызыктыруу үчүн, биз жумуштун түрлөрүн, темаларды, теориялык окуп үйрөнүүчү материалдарды кезектештирип, мезгил-мезгили менен аларга жогорураак деңгээлде кайрылып турабыз.

Бир темага 3—5 сабак бөлөбүз. Бирок, кийин бул темага дагы бир жумушту жөн эле киргизбейбиз, эмгектин башка түрү боюнча, жаңысын, же жаңы теориялык суроону киргизебиз, а эгерде жаңы болбосо, анда өткөн сабакта эмес, мурда окулуп үйрөнүлгөндөрдөн киргизебиз. Мисалы, 5-сабакта папье-машеден маска жасайбыз. Мына ушундан кийин балдар папье-машеге, же нйлеп жасоо боюнча иштешпейт. Анткени маска үчүн форманы жаңы эле жасашпадыбы, эми алар жыгачтан же кагаздан буюм жасашат. Ушу сыяктуу эле, жыгачтан кеменин моделин жасап, биз бул жумушту бир нече жумага же ал турсун айларга чейин токтотуп, ошондон кийин гана кеменин мурдагыдан татаалыраак моделин жасоого кайрылабыз.

Ошондой эле, теориялык суроолорду окуп үйрөнүүнү, мисалы электр схемасын түзүү принцибин да кезектештиребиз. Биз 3—5 саат схемалар менен иштейбиз, андан кийин кесилиш принцибин үйрөнүүгө же техникалык сүрөт тартууга өтөбүз, бирок буга да 3—5 сааттан көп

эмес убакыт сарптайбыз. Бир топ убакыт өткөн соң электр схемасына кайрадан кайрылабыз, кайра техникалык сүрөт тартабыз, берилген эки проекциясы боюнча үчүнчү проекцияны түзүү боюнча маселени дагы чыгарабыз. Бирок биз бул кезектештирүү процесси 3—5 саат болот деген өзгөрбөс катуу регламентти кармайбыз. Кээде теориялык суроолорду үйрөнүүгө (айрыкча кайталоодо) биз болгону 1—2 сабак бөлөбүз. Кээде катары менен эки же үч жыгач буюм жасайбыз, бирок алар бир тема боюнча эмес. Мисалы: үйдүн макети (дөңгөчтөн), резина моторлуу аэрочана, жыгач боюнча инкрустация.

Ошентип, бир эле сүрөөго башкача деңгээлде кайра кайрылуунун аркасында чыгармачылык сабактардын бардык окуу материалдары «өтүлүп жаткан» болуп калат: кайсыл класстын окуучусу болбосун, окуунун ар кандай мезгилинде практикалык же теориялык иштерди аткарууда бардык суроолор менен тигил же бул даражада байланышкан. Биздин бул программа окуучуларга VI—VIII класстар жана атайын окуу жайынын баштапкы курстары үчүн арналган программанын иштерин аткаруруу сунуш кылса да, окуучулар айрыкча чымырканбастан бардыгын класстагы сабактарда гана өздөштүрө тургандай кылып, жетишээрлик запас менен түзүлгөн. Бардык 3 жыл бою бир дагы үй тапшырмасы каралган эмес (эгерде иште класста бүтпөй калып, үйдө бүтүргөндүгүн же мугалим сунуш кылган адабиятты окуганды эсепке албасак).

Ар түрдүүчө өтүлгөн материалды мезгил-мезгили менен көп кайталоо. Биз өзүбүздүн ишибизде ар бир окуп үйрөнүүчү суроону бекем жана баамдап өздөштүрүү үчүн аны ар кандай вариантта жана комбинацияда жок дегенде бир жарым, эки жыл бою 100—200 ирет кайталоо керек (эң башкысын бөлүп көрсөтүү жана ага өзгөчө көңүл бөлүү үчүн методиканын кээ бир жоболорун кайталайбыз) дейбиз.

Биздин сабактардын негизине киргизилген иштин принцибинин өзү көп эмес сандагы бир эле суроону окутуунун бардык үч жылында кайталоону талап кылат. Бирок, алар бир түрдүү, бир эле мисалдарда эмес (бул, чарчатат жана окуудан көңүлдү калтырат), ар түрдүү мүнөздөгү иштерди аткарууда ар кандай комбинацияда, ар түрдүү формада кайталанат. Мисалы, симметрия түшүнүгү мындайча окулат. Окуучу окуунун алгачкы эле күндөрүндө бул түшүнүк менен кеменин моделин жасоодо таанышат. Ал симметрияны сактоо менен кеменин корпусун дептерге чийет. Андан кийин дагы эле ушул эрежени сактап тактайга

белги салат; ал эрежени бир эле сабакта иштин ар кандай шартында бир нече жолу колдонот (анын үстүнө мугалим симметрияны сактоо зарыл экендигине балдардын көңүлүн дайым буруп турат). Кийинки сабакта ал маска жасоодо, оюу тартууда, симметриялуу предметтерди д. у. с. тартууда симметрияны сактап калат. Ошентип, бир эреже чындыгында жүз жолу кайталанат, бирок окуучу иш үстүндө эч кандай чымырканганды гын сезбейт. Ойлонуп маани берүү менен, эреже адатка айланат.

Түрдүү бөлүмдөрдүн суроолорун кайталоого мүмкүндүк берүүчү башка жол — бул аларды сабакта негизги теманын алдында өтүү (10—20 мин). Мисалы, сабак (эмгекпи же сүрөтпү — айырмасы жок) оозеки саноодон башталат. Буга 1—2 мин бөлүнөт. Андан кийин доскада ар түрдүү фигуралардын көлөкөсүн тартуу тапшырылат. Буга да 7—10 мин бөлүнөт. Аларды аткаргандан кийин окуучулар өзүнүн тандоосу боюнча алардын экөөсүн (доскадан) өз дептерлерине тартышат (4—5 мин), анан сабактын негизги темасы жүргүзүлөт. Бул ыкма ар бир окуу жылынын башталышында негизги суроолорду тез арада кайталоо үчүн өтө натыйжалуу.

Теориялык жаңы суроолорду катары менен 4—6 сабакта конкреттүү маселелерде окуп үйрөнөбүз, анан тыныгуу болот, андан кийин кайрадан 2—3 саат маселе чыгарып, андан ары бул суроону үч жыл бою ар түрдүү вариантта кайталап турабыз. Мисалы, биз электросхема түзүүгө үйрөнөбүз (1-класс, февраль — март). Биринчи сабакта мен лампочканы өчүргүчтү көрсөтүп, электр чынжырынын иштөө принцибин түшүндүрөм. Андан соң доскага бир лампочкалуу, бирок өчүргүчү жок электр схемасын тартам да:

— Мен бир лампочкалуу электр схемасын тарттым, бирок мен дагы бир нерсесин тарткан жокмун. Силердин бөлмөңөрдө электр зымдары азыркы мен айткандай, бир нерсеси жетишпей жүргүзүлгөндүгүн элестеткиле. Ушул бөлмөдө болсоңор кандай ыңгайсыздыкты сезет элеңер?— деп сурайм.

Реакциясын, ойлоосун тездетүүчү чыгармачылык сабактардын жарым жылдык курсун окуп өтүшкөн окуучулар үчүн бул суроо кыйынчылык эмес. Бир нече секундадан кийин: «Ал дайыма күйүп турат» деген үндөр чыгат. Жаңы суроо беремин: «Анда бул схемада бир нерсе жетишпейт го?» Эми бүт класс хор менен жооп беришет: «Өчүргүч!» Схемада өчүргүч кандайча шарттуу белгилеперин көрсөтөм да, дептерлерине схеманы кайра тартуу-

ларын сунуш кылам. Мына ушул таанышууга 12—15 мин кетет, андан кийин негизги сабак — сүрөт тартуу башталат. Келерки күнү сабак кайра эле схемадан башталат. Доскага 6—8 киши чакырам, алар бир лампочка жана өчүргүчү бар схеманы чийишет жана аны кайрадан дептерлерине тартышат. Буга дагы 12—15 мин кетет. Үчүнчү сабакта окуучулар кайрадан бир лампочкалуу схеманы чийишет, андан кийин мен эки лампочкалуу, бир өчүргүчү бар схеманы көрсөтөмүн, окуучулар аны дептерлерине көчүрүп алышат. Төртүнчү сабакта үчүнчү сабактын схемасы кайталанылат. Бешинчи сабакта доскага эки лампочкалуу, бир өчүргүчү бар схеманы чийем, бирок лампочкалар ар түрдүү комбинацияда — же вертикалдуу же горизонталдуу жайланышат. Бул схемаларды да окуучулар доскадан дептерлерине көчүрүп алышат. Акыркы, алтынчы, сабакта окуучулар доскада бардык варианттарды кайталашат жана өз каалоосу боюнча 2—3 вариантты дептерлерине акыркы жолу көчүрүп алышат. Андан кийин электр схемасын окуп үйрөнүүдө 2—4 жума тыныгуу жасашат, кийин бул материал балдардын суроолору боюнча окуунун бардык үч жылы бою дайыма кайталанат. Мындай окутуу балдарды жадатпайт, алар өтүлгөндөргө кызыгып кайрылышат, бул болсо маани берип терең өздөштүрүүгө түрткү болот.

Сабак учурунда ишке бардыгы катышышат. Биз сабакты бардык окуучулар ишке катышкандай кылып өткөрүүгө аракеттенебиз.

Мисалы, бул мындайча ишке ашат. Сүрөт сабагы. «Балыкты тартуу» темасы (II класс). Мугалим сабактын темасын атайт жана мындай дейт:

— Алды менен эсеп чыгарабыз: эки кошуу эки!

Окуучулар оозеки эсептөө башталганын билишет жана жалпы жооп беришет.

— Төрт!

— Төрт кошуу төрт! — Мугалим дирижер өндөнүп колун жаңсайт, окуучулар жаңсоону ээрчип жооп беришет:

— Сегиз!

— Сегиз кошуу сегиз! — дагы кол шилтенет жана анын артынан удаа жооп берилет:

— Он алты!

Тапшырма улам кыйындайт. Эми тапшырма үч орундуу цифра менен бериле баштады. Кайра эле көз ачып жумганча реакция жана туура жооп болот. Эгерде туура эмес берилген жооптон хордогу үндөрдө иретсиздик пайда болсо (туура эмес жооп жат угулат), анда мугалим ушул

мисалды дагы айтат, эми бардык окуучулар туура жооп беришет.

15—20 мисалды оозеки чыгаргандан (2—4 мин) кийин мугалим кандайдыр бир тетиктин сүрөтү тартылган таблицаны илет? Окуучуларга негизги көрүнүштү тартуу сунуш кылынат. Каалоочулар абдан көп. Доскага 6—8 киши чакырылат. Досканын жанында ойлонууга уруксат берилбейт. Маселени турган жерден, ошол замат чыгаруу керек. Эгерде окуучу 3—4 секунд ойлонуп калса, ал түз эле ордуна келет, ишти аяктоо үчүн башка каалоочулар чыгарылат. Доскага чакырылбаган окуучулар бул эрежени жакшы билишет жана доскада эмне болуп жаткандыгына көңүл коюп байкап турушат. Катаны ким биринчи байкаса ошол доскага чыгат, «жолу болбогон» окуучу ордуна олтурат. Ошентип, класстагылар бүт доскага көз салып байкап турат жана бардыгына көз ачып-жумганча реакция кылат. Ал эми ким материалды өздөштүрбөсө, доскага кийинки жолу чыгат, аткара албайбы — келерки жолу бир айдан кийин дагы чыгат, анткени 3 жыл бою ар кандай кыйындыктагы суроолорду чечсек дагы алардын баары бир эле эрежеге баш нет эмеспи (ар бир бөлүм боюнча). Бирок доскада биз окуучуну кармабайбыз. Эгерде ал материалды билбесе бир саат турса да эсепти чыгара албайт да. Эгерде ал жөн эле жаңылып калса, анда кийинки жолу туура чыгарат, ал эми калган окуучулар сабакта зериккпей отурушат. Албетте, туура эмес чыгарган үчүн биз эки койбойбуз. Баа эмгек жана сүрөт тартуу боюнча иштерге гана коюлат. Баса, мындай методика окуучуларда окуп-үйрөнүлгөн материалдын чегиндеги ар түрдүү маселелерди чыгарууда өтө тез реакцияны калыптандырат. Тактап айтканда — окуучу тапшырманы бир карап эле чыгарып коёт.

Маселени чыгаргандан кийин сабактын негизги бөлүгү башталат. Мисалы, мугалим балыкты кандайча тартуу керектигин түшүндүрөт, окуучулар сүрөттүн аткарылыш ыраатын колдун жаңсалышы боюнча хор менен кайталашат. Ал эми андан ары практикалык ишти аткарууда бардыгы иш менен алек болушат.

Чыгармачылыкка үйрөтүү. Чыгармачылыкка үйрөтүүнү уюштурууда биз төмөнкү жоболорду негиз кылып алдык (аларды жалпыланган түрдө беребиз).

1. Мектеп окуучусу, төмөнкү класстын окуучусу андан бетер, тиешелүү билими, көнүмүшү жана ыкмасы болбой туруп, конкреттүү өзүнчө продуктуну бере албайт. Ошондуктан окуучуга окуу процессиндеги практикалык тап-

шырманы анын билген билимине таянып, аны мүмкүн болушунча толук пайдалангандай кылып берүү керек.

2. Иш ыгы менен аткарылышы тийиш. Ык — бул эреже. Эрежелерди билүү жана аларды практикада колдоно билүү чеберчиликке алып келет. Чеберчилик — бул квалификация. Биз өзүбүздүн ишибизде (модель, макет, жомок, оюнчук жасоодо) чыгармачыл фантазияны ыгы менен жасалган конкреттүү ишсиз өстүрүү деген жол боюнча барбайбыз.

3. Төмөнкү класстын окуучусу чондордон айырмаланып, көп пландуу чыгармачыл ишти ыгы менен өз алдынча жасай албайт. Ал турсун, эгерде ал ишти аткарууда сактоого керек болгон бардык эрежелерди мугалимдин артынан кайталаса да, иш жүзүндө баары бир аларды сактай албайт. Демек, эгерде тапшырманы түшүндүрүү менен гана чектелсе, иш эреже бузуу менен аткарылат, буга жол берүүгө болбойт. Ошондуктан чыгармачылыкка адегенде тапшырманы акырындап татаалдаштырып жана үлгүдөн бара-бара көбүрөөк четтөө менен окутуу керек.

4. Окуучунун чыгармачылык жана өз алдынча ишкердүүлүгүн биз бирдикте карайбыз жана алардын арасын катуу айырмалайбыз, анткени алар бири экинчисинин өсүшүнө түрткү болуп турат. Окуучунун өз алдынча болушу ал тапшырманын вариантын өзү тандап, жумуштун көлөмүн, буюмдун формасын өзү аныктаганынан көрүнөт. Мындай өз алдынчалык болмоюн, кандайдыр бир олуттуу чыгармачылык жөнүндө сөз болушу да мүмкүн эмес. Ал эми биздин иштеги чыгармачылык, жогоруда белгиленгендей, бардыгына бирдей болгон темада окуп үйрөнүлгөн эрежелерди сактоо менен окуучу оригиналдуу буюмду жасагандыгынан көрүнөт. Ошентип, иштин темасы жана эрежелери бардыгына бирдей болгону менен, окуучу өзүнүн вариантын жасайт.

Мисалы: «Рыцардын скульптурасын жасоо» (зым каркасында пластилинден) темасы. Темасы бардыгына бирдей — рыцарь. Өз алдынча даярдалган чийме боюнча бардыгы бирдей каркас жасашат, каркасты койгучка орнотушат, бардыгы ишти аткарууда бирдей ырааттуулукту сакташат, ал эми сооттун түрүн, туулгасын, курал-жарагын (кылыч же найза, калканы менен же калкансыз) окуучу өзүнүн каалоосу боюнча тандайт. Бала өзүндөгү болгон информациянын чегинде гана жарата ала тургандыктан, ушул информацияны кенейтүү үчүн ар кандай рыцардык сооттор, туулгалар, ар түрдүү куралдар д. у. с. сүрөттөгөн таблицалар доскага илинет.

Ошентип, окуучу өзүнүн билимин кеңейтүүчү, өзүнүн кызыгуусуна бир топ кыйын болгон жумушту (рыцарь — бул I—II классстарда), ыгы менен аткарууга өбөлгө түзүүчү кошумча материалды пайдаланып, анын тетиктерин ар түрдүүчө чогултуу менен өзүнүн чыгармасын түзөт.

Биздин сабактар класста да, чыгармачылык бөлмөдө да өткөрүлөт. Эгерде сабак бир эле убакта бир нече аспапты колдонуу менен байланышпаса (сүрөт тартуу, теория, эмгек боюнча кээ бир жумуштар: самандан, кагаздан, пластилинден буюм жасоо), анда ал класста өткөрүлөт. Эгерде ар түрдүү куралдарды колдонуу талап кылынса (модель, макет) балдар чыгармачылык комнатасына жөнөшөт. Чыгармачыл кабинет — бул кадимки эле класстык бөлмө, бизде ал сүрөт тартуу жана чийме чийүү кабинети, мында зарыл болгон жабдуулар, аспаптар (ааалар, бычактар, көзөгүчтөр, стамескалар д. у. с.) жана материалдар (тактайдын кесиндилери, фанерлер, органикалык айнектер, клей ж. б.) бар.

Илимий-популярдуу журналдарды окуу. Биздин тажрыйбада биз окуучуларды техникалык илимий адабияттарды окууга көнүктүрүү боюнча иштн жөнгө салууга аракет жасадык, бул болсо техникалык илимий информацияга кызыгууну жана ага дайыма ыктызарлыкка көнүмүштү пайда кылат. Мындай информацияны белгилүү: «Жаш техник», «Жаш натуралист», «Билим — күч», «Дүйнө жүзү» ж. б. илимий журналдардан алуу бардыгынан ыңгайлуу. Биз окуучуларга ушул журналдарды окутууга чоң маани беребиз.

Бизде сүрөт сабагына жумасына 2 саат бөлүнөрү жогоруда айтылган. Бирок дайыма мындай болгон эмес. Биздин сабактар өтүлгөн башталгыч класстардын биринчи эки агымында сүрөт тартуудан бир гана сабак болгон, ал эми экинчи сабакта окуучулар чийүү боюнча маселе чыгарышкан, оозеки эсептөөнү жүргүзүшкөн, жомокторду ойлоп чыгарышкан, илимий-популярдуу журналдардан окуган макалалардын мазмунун айтып беришкен д. у. с. Бирок, мындай уюштурууда окуучулар жумасына бир жолу гана теория боюнча сабак алышкан, ошондуктан башка эки класстарда биз теория сабагын алып таштаганбыз жана дагы бир сүрөт сабагын киргизгенбиз. Мына, эми дээрлик ар бир сүрөт сабагында, кээде эмгек сабагында да 5—10 минутаны теориялык суроолорго бөлөбүз. Кайсы вариант жакшы экенин азырынча айтуу кыйын.

Илимий-популярдуу адабияттар менен тааныштыруу үчүн биз кээ бир сабакта бир нече минута бөлөбүз жана

муну мындайча жасайбыз: мугалим ар кандай бир топ журналды класска алып келет да, каалоочуларга ал тарабынан белгиленген (мазмуну боюнча жеткиликтүү) макалаларды окууну сунуш кылат. Мында келерки сабактардын биринде окуучу тандаган жана окуган макаланын мазмунун кыскача айтып берүү шарты коюлат. Мындай кыскача айтып берүүгө өтө тез үйрөнүшөт, 2—3 минутада алар макаланын негизги маанисин айтып бере алышат. Журналды өткөзүп, башкасын алышат. Окугандыгы жөнүндө ушундай үч билдирүү үчүн чыгармачылык күндөлүгүнө баа коюлат.

Мына ушундай өз алдынча окугандан пайда өтө чоң. Ал турсун журналды окубагандар да жолдошторунан илимдин, техниканын жана искусствонун түрлөрү боюнча маалыматтарды угушат, ал эми балдар абдан кызыгып угушкандыктан жана окушкандыктан буларды бекем эстеп калышат да, убакыттын өтүшү менен аларда илимий-техникалык прогресстин багыттары жөнүндө жалпы түшүнүк пайда болот.

Окуучулардын чыгармачыл иштерин эсепке алуу. Биздин сабактардын милдети — окутуунун, тарбиянын, өстүрүүнүн биримдигин камсыз кылуу. Бирок бул жалпы маселелердин арасынан ишкердүүлүккө тиешелүү болгон дагы бир маселе — балдардын жеке шыктарын жана жөндөмдөрүн аныктоо, өнүктүрүү, учетко алуу мүмкүнчүлүгү айкын көрүнүп турат. Бул маалыматтарды кийин окуучунун жөндөмүнө жана кызыгуусуна жараша кесип тандоодо пайдаланууга болот. Ушул максатта биз атайын (ар бир окуучуга) чыгармачыл күндөлүк уюштурдук, мында өз алдынча аткарылган (өз демилгеси боюнча) иштер жазылат.

Буюмдарды жасоодо, окуучуларга жасалуучу буюмдун тетиктеринин минимум саны айтылат. Эгерде окуучу буюмду аз сандагы тетиктер менен жасаса, анда ал үчүн баа гана коюлат. Эгерде тетиктердин саны көп болсо, баадан башка дагы, чыгармачыл күндөлүгүнө белги жазылат. Мисалы, окуучулар кеменин моделин жасап жатышат. Тетиктин минимум саны 5. Жасалган кемеде тетиктин саны 5 тен көп болсо, ал иш чыгармачыл күндөлүгүнө белгиленет, кимдики 5 же андан аз болсо журналга гана баа коюлат. Чийме, перспектива, электротехника боюнча маселелердин чыгарылыштары да так эле ушундай бааланат. Чыгармачылык күндөлүгүнө белгилөө үчүн тетиктердин жана маселелердин сан нормасы окуучулардын өз алдынча ишкердигине жетекчилик кылуунун тажрыйбасы-

ның негизинде мугалим тарабынан такталат. Эгерде тетиктердин саны туруктуу болсо жана өзгөртүүгө мүмкүн болбосо (мисалы столдун жана отургучтун копия-макетинде), анда жакшы аткарылган жана аягына чейин жеткирилген иштер күндөлүккө жазылат. Окурмандар: окуучулардын бардыгы ишти аягына чейин жеткириши керек — дешер. Ооба, ошентиши керек, бирок тажрыйба көрсөткөндөй, бардыгы эле андай жасалбайт. Ар бир буюмду жасоодо, бардыгы тең аягына чыгара жасай ала тургандай жетишерлик сааттын саны бөлүнгөн. Бирок айрым окуучулар ошентсе да жетише алышпайт. Алар ишти сабактан кийин үйүндө, же бардык окуучулар үчүн жумасына 3 жолу ачык болгон мектептин чыгармачылык кабинетинде бүтүрүшөт. Бирок өз демилгеси менен бардыгы муну жасабайт. Ошондуктан чыгармачыл күндөлүгүндө толук аткарылган гана жумуштар белгиленет.

Класстык журналда иш бүтүү даражасы жана аткаруу сапаты боюнча (тетиктердин саны баага таасир этпейт) бааланат. Мисалы, эгерде кеменин корпусунда нормадагы 5 тетиктин ордуна 2 тетик болуп, бирок өтө тыкан менен жасалса, анда журналга 5 коюлат. Эгерде иш аягына чейин жеткирилбесе (мисалы папье-машеден жасалган маска боёлбосо же толук боёлбосо) анда болгону 4 коюлат жана чыгармачыл күндөлүгүндө белгиленбейт.

Сабактан тышкаркы убактарда ар бир окуучу өзүнүн дилгирлигине жараша ишти чыгармачылык бөлмөдө аткара алат. Чыгармачылык комнатасында окуу программасынан тышкары берилип иштеген окуучулар үчүн (мындай окуучулар төмөнкү класстардан да жолугат) башка документ — «Окуучунун «чыгармачылык китепчеси» уюштурулат (IV класстан баштап ар бир окуучуга жүргүзүлөт).

Мындай текшерүү шыгынын жаралышын жана калыптанышын, ишке болгон мамилесин жана бир катар ишкердик сапаттарды байкоого мүмкүндүк берет. Эгерде окуучу эмгектин берилген түрү боюнча ишти ашык аткарууга умтулбаса, демек, анын буга шыгы жок.

Эсепке алуунун мындай формасы менен тааныштыгы жок адамга, биринчи көргөндө бардык окуучулар бир эле ишти иштеп жатышкандыктан алардын натыйжасы дээрлик бирдей болчудай көрүнүшү ыктымал. Бирок, кээде математикалык формалдаштырууга баш ийбеген маселелердегидей «өндөнүп көрүнгөн», «өзүнөн өзү белгилүү болгонсуган», ал эми кээде жалпы кабыл алынган пикирлер да иш жүзүндө бышыкталбайт. Бул учурда да ошон-

дой. Эмгектин бирдей эле шартындагы, бир эле мугалимдеги, сабактын бардыгы үчүн бирдей темаларындагы өз алдынча жана чыгармачылык иштин натыйжасы өтө ар түрдүү. Муну чыгармачылык күндөлүктөн оной байкоого болот.

И. Сашанын жана М. Иранын — эки «уюлдагы» чыгармачыл күндөлүктөрдү салыштыралы. Эмгектин 10 түрү боюнча аткарылса да, Сашанын класстагы иштеринин саны эң эле аз, ал эми Ира иштин саны боюнча да (272), өзү кызыккан эмгектин түрү (28) боюнча да рекордсмен. Саша ишти сабакта гана аткарган, ал эми Ира дайыма чыгармачыл бөлмөдө иштеген. Жаде калса ушул айырма да жалпы окуучулардын ишке ар түрдүү мамилесин көрсөтөт.

Бир дагы класста эки бирдей чыгармачыл күндөлүк болбоптур. Эгерде балдардын ишкердүүлүк сапаты, дилгирлиги, кызыгуусу, окууга мамилелери жөнүндө журналдагы баалар боюнча гана бааласак, анда биз көп нерсени биле албайбыз: дээрлик бардык окуучулардын эмгек жана сүрөт боюнча «4» жана «5» тери бар, болгону ушул. IV—X класстарда улантылган чыгармачылык күндөлүгү жана чыгармачылык китепче окуучулардын өз алдынча жана чыгармачыл ишкердүүлүгүнө бир топ эле толук мүнөздөмө берет деп ойлойбуз. Бул болсо окуучуга кесип тандоодо өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө сергек кароого мүмкүндүк берет жана аларга өндүрүшкө же атайын окуу жайына кабыл алчу адамдын көзү менен кароого өбөлгө түзөт.

Албетте, кесипке багыт алуу бала үчүн же өтө алыстагы максат. Бул максат, окутуунун алгачкы мезгилинде мугалим менен ата-эненин гана алдында турат. Бирок окуучу үчүн чыгармачылык күндөлүгү окууга жана чыгармачыл ишке кызыктыруучу боло алат. Окуучу күндөлүктө канча баа болушу керек экендигин өзү жөнгө салат, анын иши белгиленип тураарын, атүгүл көп жылдар өткөндөн кийин да күндөлүктү башка адамдарга көрсөтө аларын билет. Чыгармачылык күндөлүгү ата-энелер менен мугалимдин арасында байланыш түзүүгө мүмкүндүк берет, баланын жеке жөндөмүнүн өсүшүн жетектөөнү, анын окуу программасынан тышкаркы өз алдынча жана чыгармачыл иштерин текшерүүнү жеңилдетет.

Белгилүү советтик жазуучу Василий Белов өзүнүн «Ыштымак» («Лад») деген китебинде так эле мен ойлонгондой ойду айткан: «Ар бир бала ойногусу, б. а. чыгармачылыкта жашагысы келет. Эмне үчүн жыл өткөн сайын

чыгармачылык биздин турмушубуздан аз-аздап жоголо баштайт, эмне үчүн ар бирибизде чыгармачылыктын башаты сакталбайт жана өнүкпөйт? Орой айтсак, биз же табийгат берген мүмкүнчүлүктү улантканэмеспиз (өзүбүздүн жүзүбүздү, өзүбүздүн ордубузду, өзүбүздүн таланты-бызды тапкан жокпуз), же эмгектенүүгө жана жашоого үйрөнгөн эмеспиз (талантты өнүктүрбөдүк)».

Биз өзүбүздүн сабактарыбызда күчүбүздүн жетишин-че ар бир балада болгон чыгармачылыктын башатын ойготууга, эмгекке үйрөтүүгө, өзүн түшүнүүгө жана өз ордун табууга, кубанычтуу, бактылуу жана телегейи тегиз өмүр үчүн биринчи кадамды шилтөөгө жардамдашууга умтулабыз. Албетте, бул маселени бир педагог жалгыз өзү чече албайт. Бирок, эгерде биздин ар бирибиз ушул максатты көздөсөк жана ага умтулсак, түпкүлүгүндө биздин балдар, биздин келечек утат.

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

В. Ф. ШАТАЛОВ

БАРДЫГЫН ОКУТУУ, АР БИРӨӨН ОКУТУУ

Эң коркунучтуу нерсе — бул партада отурган баланын күн сайын алты саатка созулуп, айларды, жылдарды уурдаган бекерчилиги. Бул адамды адамдыктан калтырат да кийин буга өндүрүштүк бригада да, мектеп участогу да, мастерской да жардам бере албайт. Эң башкы жактагы — акыл-ой мээнеткечи боло турган жердеги жоготуунун ордун эч нерсе толтура албайт.

В. А. Сухомлинский

ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ АРГАСЫЗ КЫЛАТ. Жалпы орто билим берүү. Бул сөздөрдү ойлонуп көрөлүчү. Жалпы орто билим берүүдө мугалим бардык балдарды жакшы окутууга милдеттүү. Педагогика илими мектепти окутуунун жаңы мазмунуна өтүүнү иштеп чыкты. Физиологдор, гигиена адистери, илимпоз-методисттер окуу материалынын бардыгын балдар ийгиликтүү өздөштүрө алат деп эсептешет.

Чындыгында иш кандай абалда болуп жатат? Орто мектептин ар бир бүтүрүүчүсү мыкты бекем билим алып жатат деп айта алабызбы? Биринчи класстан эле окуучуларды орто, начар жана күчтүү деп бөлүштүрүүгө болот деген ойго биз көнгөнбүз. Мындайча бөлүштүрүү X класска чейин созулат. Болгондо да барган сайын күчтүү окуучулардын саны азайып, начар жана орто окугандар көбөйөт. Мындай көрүнүштүн себеби эмнеде? Буга бир маанилүү жооп берүү кыйын.

Биз бардык балдар таланттуу экенине ишенебиз. Жаңы программалар татаал болгонсуп көрүнгөнү менен ал окуучуларга толук жеткиликтүү[1]. Демек, орто окуучуга эсептелинген окутуу методикасынын жеткилең эместигинде: ошондуктан күчтүү окуучуларга тапшырма жеңил, ал эми начар окуучунун ага тиши өтпөйт. Биздин экспериментти методикабыз: бардык балдар — бири да калбай! — мектеп программасын ийгиликтүү өздөштүрүүгө жөндөмдүү деген негизделген. Жалпы орто билим берүү жөнүндөгү закон дал ушуну талап кылат.

[1] Сөз өзүнүн өсүп-өнүгүүсүндө психикалык жактан начар болуп, мектеп программасын өздөштүрүү үчүн атайын режимди түзүүгө болгон балдар жөнүндө болуп жаткан жок.

МУГАЛИМДИН ПОЗИЦИЯСЫ. Жаш педагог биринчи жолу класстын босогосун аттайт. Аны алдыда канча кыйынчылыктар күтүп турат. Анын тажрыйбасы да, ар бир жаңы педагогикалык абалды салыштыргыдай анын эч перссси жок. Ал оор басырыктуулукка да, талап кылуучулукка да, бекемдикке да, камырабастыкка да, шайырдыкка да үйрөнүп көнүгөт... Эгерде анын мына ушундай сапаттарга ээ болуусуна жогорку окуу жайындагы (ВУЗ) педагог тарбиялоочулары жардам беришкен болсо, анда ал өзүнүн өз алдынчалыгын сактап калышы керек. Бирок мындай абал, тилекке каршы, өтө сейрек кездешет. Балдар күтпөйт да. Алардын өздөрүнчө критерийлары жана ойлору бар. Мына ошондо жаш адис айласыздан жеңил желпи жолду издей баштайт. Добушун бийик чыгаруу. Ачууланууу. Эки-лер. Күндөлүктөргө жазылган жазуулар. Ата-энелерге үгүт-насыят үйрөтүүчү ангемелери. Класс жетекчилерине жана мектеп администрациясына даттануу. Ушулардын патыйжасы катарында — балдардын кыжырлануусунун келип чыгышы. Өзүнүн кылган иштерин өзү сындап көрүү менен мугалим эртеби же кечпи баары бир туура чечимге келет. Эгерде жаш адис өзүн өзү сындай албасачы? Мына дал ошондо ал өзүнүн бардык кемчилдигинин алгачкы себептерин өзүнүн тарбияланууучуларынын начарлыгынан көрүп издей баштайт.

Мектепке мугалимдердин келиши ар түрлүү болуп, алардын тагдырлары да ар кандай түзүлөт. Бул аргасыз, анткени педагогикалык жогорку окуу жайынын (вуз) диплому — бар болгону албан, эң татаал эмгекке укук берүүчү гана документ. Ал эми мугалимдин эмгегинин татаалдыгы ар бир окуучуну туура түшүнүп, анын жөндөмдүүлүктөрүнүн өсүп-өнүгүүсүнө керектүү шарттарды түзүүдө турат. Эң негизгиси — мугалим окуучуга ал өзүн инсан катары сезүүсүнө жардам берип, аны өзүн, турмушту, дүйнөнү таанып билүүгө муктаж кылып, адамдык кадыр-баркты сезе билүүсүнө тарбиялоого тийиш. Мындай кадыр-барк — өзүнүн, жолдошторунун, мектептин, коомдун алдында өз кылык-жоруктары, өз иши үчүн жоопкерчиликти сезүүдөн турат. Окуучулардын таанып билүүчүлүк эмгек жолундагы ийгиликтери ар бир окуучунун мүмкүнчүлүгүнө мугалимдин ишенимине, анын туруктуулук, чыдамкайлык менен өз учурунда жардам көрсөтө алышына көз каранды.

АЛДЫДА ТЕОРИЯ. Мектептин азыркы программаларында теориялык кыскача маалыматтан кийин дароо эле практикалык иштер: маселе чыгаруу, көнүгүүлөр башталат. Биз муну туура эмес деп эсептейбиз. Теорияны өздөштүр-

гөндөн кийин практикага гана киришүүгө болот. Бардык окуучулардын алдыга тез өсүшү Л. В. Занков менен В. В. Давыдов тарабынан сунуш кылынган теориялык билимдердин алдыңкы ролу жөнүндөгү принципине негизделген. Теориялык бөлүм окулуп үйрөнүлгөндөн кийин гана практикага таяныч жасалат. Окутууну мына ушундай уюштурууда балдардын билимиңде эч кемчилик болбойт. Адам бир нерсени жалпы өздөштүргөндөн кийин гана ал өзүнүн тааныш билгендерин кеңейтүүнү, терендетүүнү каалоолору жалпыга маалым. Окуучуларга чыныгы бекем билим берүү менен биз аларды ойчул мээнеткечтиктердин духунда тарбиялайбыз.

Материалды ири чоң (тема, бөлүм) боюнча түшүндүрүп өтүү аны жакшылап ойлонуп кабылдоого, мурда айрым гана теоремалар, параграфтар болгон жерлердин логикалык өз ара байланыштарын сезип билүүгө мүмкүндүк берет. Окуучуга жолдун кандайдыр бөлүгүн эмес, аны бүтүн бойдон көрүүгө, алдыда дагы эмне болоорун билүүгө мүмкүндүк түзүлөт. Материалды чоң бөлүмдөр менен өтүүнүн артыкчылыгы П. М. Эрдниев тарабынан да далилденген.

Биздин методикабыз боюнча жаңы материал менен иштөө төмөндөгүчө жүргүзүлөт. Биринчи этап — сабак үчүн тандалып алынган параграфтарды мугалимдин кечири, эмоционалдуу көркөмдөп түшүндүрүүсү. Экинчи этап — окуу материалын таяныч плакат (таяныч сигналдары бар баракчын чоңойтулган көчүрмөсү) боюнча кыскача баяндап айтуу, үндөштүрүү, негизги түшүнүктөрдүн ар түрдүү символдорунун жардамы менен жана алардын арасындагы логикалык өз ара байланыштардын белгилеништерин чечмелөө. Үчүнчү этап — ар бир окуучу өзүнүн альбомдоруна жабыштыра турган таяныч сигналдарды окуп үйрөнүү. Төртүнчү — окуу китеби жана таяныч сигналдардын барагы менен үйдөн иштөө. Бешинчи — таяныч сигналдарды келерки сабакта кайрадан жазып чыгуу. Алтынчы — таяныч сигналдары боюнча жооп берүү (оозеки жана жазуу жүзүндө: акырын үн чыгаруу менен, магнитофон менен, өз ара текшерүү баракчалары боюнча ж. у. с.) Жетинчи — мурда окулуп өтүлгөн материалды дайыма терендеп кайталоо (өз ара жардамдашууларды — «педагогикалык десант» — өз класташтарынын арасында гана эмес, улуу жана кенже балдардын арасында да уюштуруу). Ошентип теориялык материалдын үстүндө иш жети этапта жүргүзүлөт. Теориялык суроолорду терең билүү менен окуучулар өз күчтөрүн практикалык иште сынап көрүүнү каалашат,

теорияны топтоштуруп окуунун натыйжасында үйрөнүлүп калган убакыт чыгарылуучу маселелердин санын көбөйтүп, алардын типтерин, чыгарылыштарынын мүмкүн болгон жолдорун ар тараптан талдоого мүмкүндүк берет.

Доскага маселе чыгарылып жатканда окуучулар унчугушпастан, эч нерсени жазбай, чыгаруунун жүрүшүн жана түшүндүрүүнү күпт коюп карап угушат, анткени бир эле мезгилде эки ишти натыйжалуу иштөө мүмкүн эмес. Доскада иштелип көрсөтүлгөн типтүү маселе үйгө тапшырмага берилет. Ал маселени окуучулардын бардыгы, кала берсе мурда башкалардан көчүрүп алуучу бала да чыгара алат. Теорияны жакшы билүүдө ийгиликтүү өтүлгөн биринчи тажрыйбалардан кийин өз алдынча иштөөгө кызыгуу келип чыгат. Эмнени билсең ошону иштегенин кызык да. Теорияны эң мыкты билүү — жакшы окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн максималдуу ишке ашыруунун, стандарттуу эмес, ар түрдүү чыгармачылыктуу тапшырмаларды аткаруудагы алардын күчтөрүн текшерип көрүүнүн негизги шарты. Чыгармачылык менен анча курч ойлоно албагандар үчүн материалды окуп үйрөнүүнүн жана бышыктоонун жаңы методикасы алдыга жылуунун негизин түзөт.

Мугалим окуучуларга кезек-кезеги менен мурда окулуп өтүлгөн бөлүмдөрдөн көнүгүүлөрдү сунуш кылат. Албетте, окуучулар үчүн ал көнүгүүлөр эч кандай деле кыйынчылык келтирбейт, ошондой болсо да кээде материалдын эбак окулуп өтүлүп, нечен жолу кайталангандыгына карабастан, мурда эске алынбай калган айрым нюанстар, кошумча маанилер байкалат. Эгерде негедир бир нерсе түшүнүксүз бойдон калсачы? Мындай учурда мурда өтүлгөнгө кайрылуу андан бетер пайдалуу. Качандыр бир убакта айласыз татаал болуп көрүнгөндөр эми жөнөкөй болуп калат. Алдыга жылууну, өнүгүп-өсүүнү сезүү бул жаңы кыйынчылыктарды жеңүүнүн эң күчтүү психологиялык стимулу болуп эсептелет.

Ар бир сабакта, ар бир кызыктуу аңгемелешүүдө балдар өздөрүнүн ачык ойлорун, чечкиндүү пикирлерин, далилдүү шектенүүлөрүн айтышат. Чындыгында, мейли аз да болсо, ар бир ушундай жарк этүү эртеби же кечпи чыгармачылыктуу изденүүнүн жалынына тутана турган биринчи учкун боло алат жана болууга тийиш. Дал мына ушул жерде биз окуучулардын чыгармачылык талаасынын потенциалын сактоону жана өнүктүрүүнү камсыз кылуучу көптөгөн методикалык ыкмалардын негизин түзүүчү нерсеге келип такалабыз. Болгондо да мындагы жалгыз бир милдеттүү шарт ойдун башатында биз жаңы төрөлгөн ба-

ланын башатындагыдай эле сак, сезгич болууга милдеттүүбүз...

АЧЫК ОЙЛОРДУН САБАКТАРЫ. География боюнча биринчи таанып сигналдар түзүлгөндөгү эксперименталдык практика ачылган ойлордун сабактарынын келип чыгышына түрткү берди. Программалык материалды тездик менен өтүүнүн натыйжасында пайда болгон бош убакыттын чоң резерви сабакта эң ар түрлүү илимий-популярдык адабияттарды пайдаланууга мүмкүндүк берди. Китептердин айрым главаларын, журналдардагы макалаларды жана газеталардагы билдирүүлөрдү системалуу түрдө сабакта окуп берүү балдардын кызыгууларын туудурду: алар брошюраларды, газеталарды, кээде теле-жана радио берүүлөрдөн кыскача жазууларды мектепке өздөрү алып келишчү болду. Мына ошондо сабакта атайын убакыт бөлүнүп, окуучулардын өздөрүнө сөз берилди. Мына ошентип, ачык билдирүүлөрдүн сабактары жөнүндө ой келип чыкты. Барган сайын көбөйдү. Билдирүү жасоо — бул бар болгону компиляция гана. Ошондуктан окуучулардын чыгармачылыгын ойготуу керек эле. Мына ошондо...

Кезектеги билдирүү жасоо үчүн сөз Светлана Долинкинага берилди.

— Эгерде даректын жашын билгиңер келсе, анда анын жылдык шакекчелерин эсептегиле: ар бир жылы даректын сөңгөгүндө жаңы шакекче пайда болуп турат. Сырткы шакекчелери жоонураак, ал эми ичкилери ичкерээк болушат. Кышында даректын тышкы катмарында муз тоңгондо мен анын ички катмарларына күчтүү басым жасалат деп ойлоймун, анткени суу тоңгондо кеңеет. Ошол эле убакта тышкы катмарда шакек формасындагы кеңейүү пайда болот. Жазында бул кеңейүү шире, клетчаткалар менен толтурулат, натыйжада жаңы шакекче пайда болот. Кийинки жылы анын үстүнкү бетинде дагы бир шакекче пайда болот жана ар бир жылы ушундайча улана берет.

Жарым минутча класста тынчтык болуп турду. Ар бир окуучу Светлананын айтканын баалап чыкты. Алардын көшүлүгүнүн жүздөрүндө кубанычтын белгиси пайда боло баштаганын айтууга болот: кандай мыкты жана жөнөкөй! Анын үстүнө буга чейин эч ким эч качан мындай ойду айткан эмес.

Мына эми — биринчи кол көтөрүлдү. Ал Миша Стреминский эле. Токтоо, терең ойлоочу, далилдүү пикир айтуучу окуучу. Шахматчы.

— Мындай түшүнүктү жеңил эле төгүнгө чыгарууга болот. Экваториялык алкактарда эч качан кыш болбойт,

ошондуктан үстүнкү катмары түбөлүктүү жашыл болуп турган даректардын жылдык шакектери болмок эмес...

Ачык ойлордун сабагы деген мына ушул.

Ар бир окуучунун өзүнүн кадыр баркын сезиши, эч болбогондо бир жолу жөндүү ой айтышы, ошол окуя жөнүндө кыскача билдирүүнү ачылган ойлор летописине жазуу менен бекемделет. Мисалы, Светлана менен Мишанын ортосундагы талаш тартыштар машинкага басылып, класстын архивдик документтеринде сакталып турат.

Ачык ойлордун сабактарында күтүлбөгөн жагдайлар келип чыгат, ошондуктан мындай сабактарда мугалимдин кесиптик устаттыгы эң эле катуу сындалат. Мындай мисалдардын бирөөнө токтололу.

Танапис убагында эле Катя Кружилина кызыктуу билдирүү жасаймын деп суранган. Анын атасы чоң китеп сүйүүчү экенин жана Катя өзү да көп окуй турганын класстагылардын бардыгы билчү. Анын ар бир жолку билдирүүсү балдардын эсинде көпкө чейин сакталчу, бирок бул жолу аның билдирүүсү күүлдөгөн чоң кубанычтуу кумарданууну туудурду.

Кыз бир аз толкунданып шашпай окуй баштайт:

Чаташкан иштин чечилиши дээрлик күтүлбөгөн жерден башталды. 11 октябрда денизде калың фукус балыры пайда болду, мурда мындай балырдын топтолушу жок эле. Андан кийин таякка жабышып олтурушкан үлүлдөргө кызыл мөмөлүү кандайдыр бир бутак кездешти. Адмирал ким жерди биринчи көрсө, ошого эң чоң сыйлык: королеванын атынан он миң мараведис өлчөмүндөгү өмүрлүк рента, ал эми өзүнүн атынан жибек кемсел бермек болду. Ошол эле күнү кеч курун кеменин үстүнөн тоту куштар учуп өтүштү.

Түн ортосунда булуттар тарап асман чайыттай ачылды. Ай көрүндү.

Шамал каравеллага келип урунуп турду.

12 октябрь, түнкү саат эки. «Пинттин» бортунан «Жер!», «Жер!» деген кыйкырык чыкты. Анан соң бомбарданын атылышы угулду. «Пинта» адмиралдын кемесин көздөй сүзүп жөнөдү.

— Силер жерди көрдүңөрбү? — деп Колумб Мартино Алонсодон сурады.

— Матрос көрдү. Бермехо. Ал эми азыр жакшы көрүнүп калды. Карагылачы.

Чындыгында эле. Айдын жарыгы менен жээктин караңгы жээги билинип калды. Бул жолу жаңылыштык болмок эмес. Эгерде дагы арылап сүзө бере турган болсо, анда флотилия жээкке барып урунат. Колумб таң агарып жарык түшкөнчө дрейфке тургула деп буйрук берет.

Тарых мына ушул жерде токтоп калса болмок. Океан биринчи жолу өзүнүн ортоңку бөлүгүнүн бир жак жээгинен экинчи жээгине чейин кесилип өтүлүп отурат, мында Колумб материктин өзүнө эмес, материкке жакын жердеги аралга түш келип калгандыгы анча маанилүү эмес. Укум тукумдар мындай майда-чүйдөгө чейинки толук маалыматты эстеп калпары күмөн, бирок «Христофор Колумб Американы ачты» деген фраза ар качан эч күмөнсүз факт катары сакталып калат. Бирок, бул сөз

адам үчүн өтө эле бийик болуп жүрбөсүн, ал үчүн мындай эрдик өтө эле кымбат, улуу болучу. Анткени дал ошол минутада заардуу демон аны анын турмушундагы эң жаман кылык-жоруктарга ынандырат.

Каравеллалар токтошкон кезде Мартин Алонсо Пинсон «Санта Мартининин» бортуна көтөрүлүп жээкти биринчи көрүп, ал жөнүндө салтанаттуу жарыя кылган матростун атын Колумбга кайталап айтты. Хуан Родригес Бермехонун туулган жери Трнана.

— Жок,— деди Колумб,— мен жерди андан мурда көргөмүн. Кече күнү кечки саат онго жакын карангыда мен кичинекей шамдай үлпүлдөп аран күйгөн жарыкты байкадым. Мен эки кишини чакырдым, алар да көрүштү.

Ошентип, ал күбө болуучу экөөн чакырды: алардын бири — ага жакын киши, экинчиси — анын чарба башкаруучусу эле. Алар адмиралдын сөзүн ырасташты.

— Демек, сыйлык мага таандык,— деп корутундулады Колумб. Айран таң калганынан Мартин Алонсо Пинсон сүйлөө жөндөмүн жоготуп койгон. Эгерде жээкке чейин дагы отуз бештен ашык миль калган болсо, анда адмирал кечки саат ондо жээктеги жарыкты кантип көрө алды? Адмирал, эгер ал өзү чын болгон күндө да, эң жогорку акыйкаттык үчүн сыйлыкты мына ошол байкуш матроско берүү керек экенин кантип эле түшүнбөсүн, ал үчүн сыйлык бүтүндөй байлык[1] болмок.

Бул үзүндү канча ойлонууларды, канча аракеттенүүлөрдү туулурат. Ошол эле замат библиотекага барып Христофор Колумбдун саякатчылыгына байланышкандардын бардыгын бүт карап чыгып, же улуу саякатчыны түбөлүккө актап, же Жорж Блондун сөзүнүн чындыгына ишенгиң келет. Окуучулар менен андан аркы ангемелешүүдө мугалим дал ушундай жолду тандап алууга тийиш. Изденүүнүн жолу.

Мейли биздин окуучулар жаңылышсын, мейли алар талашып-тартышсын, биз менен макул болушпасын. Бирок, алар эч качан кайдыгер болушпасын!

Күндөрдүн биринде мектептин көрүнүктүү жеринде ар биринде проблемалык маселе жазылган 4 планшета бир мезгилде пайда болгонун элестетип көргүлө, алардын үчөөнүн чыгарылышы бар, ал эми төртүнчүсүн чыгаруунун үстүндө рационализаторлор да, ойлоп табуучулар да баштарын катырып жатышат. Бирок балдар бул абалды билишпейт. Алар бир же эки жумадан кийин ачык ойлордун сабактарынын биринде сөз боло турган 4 маселенин гана көрүп билишет. Ал маселелер мына булар.

1. Жолдун жарыктанышын өзгөртпөстөн туруп каршы келе жаткан автомобилдин шоферунун көзүнө тийүүчү жарыктын агымын кантип азайтууга болот?

2. Дарыяга же денизге кокусунан түшүп кеткен буюмдардын жат-

---

[1] *Блон Ж.* Великий час океанов. М., 1978. С. 52.

кан ордун кыйналбастан табууга жардам берүүчү куралды ойлоп тапкыла.

3. Бардык буюмдарга өздөрүнүн «автографтарын» жазып калтырууну жакшы көрүүчүлөрдөн тарыхый эстеликтерди кантип коргош керек?

4. Өзүндө жалгыз бир гана ок болуп туруп, ок атылгандан кийин өткөн убакытты кантип аныктоого болот?

Биринчи үч маселе А. Б. Селюцкий жана Г. И. Селюгинанын «Вдохновение по заказу» (Петрозаводск, 1977) деген китебинен алынган.

Кээде маселелердин бири башкаларынан оңоюраак болуп, анын чыгарылышын балдардын бир далайы бир аз күндөн кийин эле табышат. Мындай учурда маселени чыгаргандардын тизмеси атайын планшетага жазылып, илинип коюлат, бирок чыгарылыштын өзү ачык ойлордун кезектеги сабагына чейин жашырууп сакталат. Ереже катары бул окуучулардын көбүн шыктандырат. Эгерде маселе таталыраак болсо, анда чыгарууга дагы 2—3 жума берилет, андан кийин аны ачык ойлордун сабактарында талкуулашат. Мындай маселенин талкууланышынын боло тургандыгы жөнүндөгү билдирүү, адатта, кала берсе башка предметтерге кызыккан окуучуларды да өзүнө тартат. Мындай маселелердин эч болбогондо бирөөн туура чыгаргандардын бардыгына атайын дипломдор тапшырылат, алардын фамилиялары илимий проблемалар бюллетенине жазылат, ал эми бир нече мындай дипломдордун чыгуусу, эгерде ал ага кошумча мектептин, райондун жана шаардык предметтик олимпиадаларга катышуу менен бекемделсе, айрым окуу предметтери боюнча мактоо грамоталары менен сыйлануугa укук берет. Жеңиш менен эмес, катышуу менен дегенди өзгөчө белгилейли.

БООРУКЕР ПЕДАГОГИКА. Акыркы сабак аяктайт. Бир нече окуучу менен жарым сааттык кошумча сабак өткөрүү керек. Мындай сабакка алып калып окутула тургандардын фамилияларын эң этияттык менен кандайча атоо керек экендиги жөнүндөгү маселе дээрлик бардык учурда эч кимди коопсуздандырбайт.

— Головин, Карулин, Платонов, Суслова...

Ал эми Головин болсо сабактан кийин калууну каалабай турганын, Суслова болсо өзүнүн фамилиясын угаар замат уятынан кызарып кетээрин биз ойлондук бекен? Баланын ишин дайыма — бала, бул жөнүндө дайыма такай ойлонуу керек, ар бир секунда сайын мына ошол сезимде болуп, өзүндүн ар бир кыймыл-аракетинди ошого жараша жасашын керек. Мүмкүн, кимдир бирөөлөр башкача педагоги-

кага көбүрөөк ылайык келүүчү жолду сунуш кылаар, бирок эксперименттик класстарда бардык жылдарда бул проблема дал ушундайча чечилди.

— Веремчук, Губенко, Евтушенко, Козловский, Кандыбина — кош болгула.

Бир аз жым-жырттык, бир нече секундадан кийин бул балдар класстан чыгып кетишет. Алар класста мугалим сабактан кийин кимдер менен калганын билбеген бойдон кетишти. Ал эми калган окуучулар азырынча эч нерсени шектенишпейт: фамилияларды окууда алардын алфавиттик тартиби сакталбайт.

— Шумский, Железняк, Сафронова, Кобзарь, Шаповалова — кош болгула.

Мына алар улам кетип жатышат. Алар өздөрүнүн окуучулук милдеттерин эң жакшы аткаргандык сезими менен токтоолукта, шашылбастан, чыгып кетип жатышат. Мындай группалардын улам кетиши менен мындан минута мурдараак мугалимдин буйругуна каршы турууга даяр болуп өзүнөн көз каранды эместигин жактоочулардын жөнү жок эрдиги жоголот.

— Келгилечи — балдар, мына бул баракты тезирээк бүтүрө коелу, анткени бүгүн мен башка көп ишке жүгүрүшүм керек. Кимге жардам керек?

Мына көрдүңөрбү, мында сөз айрым гана методикалык ыкма жөнүндө айтылууга тийиш эле, бирок чындыгында ар бир күнкү окууга жакшылыктуу катышпаган балдардын эң биринчи, эң кыйын окуу жумалыктарындагылары жөнүндө айтууга туура келди.

Биринчи кезекте жолдоштордун жообун толуктоо, маселенин же мисалдын чыгарылышынын мүмкүн болгон жолу жөнүндө айтуу укугу баарыдан мурда көпчүлүк учурда буга чейин начар же жөндөмсүз деп эсептелинген окуучуларга берилет. Мунун эң чоң мааниси бар. Албетте, бул убакытты өндүрүмсүз сарп кылууну талап кылат, бирок биздин алдыбызда бала турган соң кандай «өндүрүмдүүлүк» жөнүндө сөз кылууга болот! Мындан аркы анын тагдыры биздин колубузда. Анын үстүнө мугалимдин мындайча иштөөсүнө убактысы азыр бар болуп турбайбы. 2—3 эле жума өткөндөн кийин балдар өздөрүнүн ордунан туруп берген жоопторундагы кетирген каталыктарына, мугалим боорукерлик менен кабыл алып, алардын сөздөрүн жана айткандарын жийиркенбестен, ал гана эмес эч көңүл оорутпагандай мамиле кылып жаткандыгын таң калуучулук менен сезишет. Ушундай эле мамиле кылууну ал окуучулардан да талап кылат. Мындай шарттарда тобо-

келге салып, өзүндүн сунуштарыңды класстагы эң алдынкы окуучулар менен бирдикте айтууга аракет кылууга болот. Жаңы жагдайда кечээ күнкү ойноок балдар кокусунан эле ар бир сабакта биринин артынан бири эң сонун идеяларды «берет» деп, албетте, ойлоого болбойт. Мындай болбойт, анткени азырынча алардын билим чөйрөсү бошоңку. Бирок мына эми ошол көп сандаган одоно аракеттенүүлөрдүн жана каталыктардын арасынан ачык айтылган ой да кездешет! Ар бир мугалим аны дароо илип алып кубаттап, анын авторунун адресине эң сонун мактоолорду айтат. Бул — традициялуу окуя. Бирок начар окуган балдарга мына ушундай мактоого арзырлык ачык ойлор дайыма эле келеби? Убакыт өтөт, бул сыяктуу жогору көтөрүүлөрдү балдар да, мугалимдер да унутушат. Чынында унутпаш керек. Мүмкүн, балдардын чыгармачылыктуу ойлоосунун өсүшүнүн алгачкы булактары дал ошолордодур. Мугалим окуучуга «Сенин колуңан келет» деп эскертип турууга тийиш. Балдар коллективи «Анын колунан келээрин» түшүнүүсү зарыл. Окуучунун өзү болсо «Менин колуман келет!» деп өзүнө ишенүүгө тийиш.

УКМУШТУУ УНУТУЛБАЙТ. Адам образдуу (элестетүү менен) ойлонот. Бул илимде жетишерлик даражада бекем орун алган жана жалпысынан айтканда, ал жаңыдан далилдөөгө муктаждык кылынбайт. Бирок адамдын психикасынын бул касиетин окуучуларды окутуу жана тарбиялоо процессинде оптималдуу пайдалануу маселесине окумуштуу-дидакттар дагы өтө көп жолу кайрылаары шексиз.

Эркинче алынган 100 сөздү бир эле жолу шашпай окуп чыгуудан кийин алардын бардыгын бирин калтырбай эстеп калган «укмуштуу» бала жөнүндөгү Я. И. Перельмандын айткандарын эстеп көрөлүчү. Сөздөрдү гана эмес, алардын тизмедеги катар номерлерин да кошо эстеп калган. Биринчи сөздөн акыркысына чейин! Чындыгында анда эч кандай укмуштуулук деле жок экендиги кийин билинген. Ал көрсө элестүү ассоциацияларга негизделинген жөнөкөй эле эстрадалык трюк экен: ар бир жаңы сөздү бала мурдатан даярдап жана автоматизмге чейин жаттап алган сөздөргө байланыштырган. Калгандарынын бардыгы, ассоциативдик байланышка негизделип чечилген. Мисалы, сөздөрдүн негизги тизмесиндеги 39-номерде *муруттар* деген сөз турган, ал эми жаттап алууга берилген тизмеде болсо 39-номерде *машина* деген сөз турган. Бир аз элестеткиле! — *муруттар* машинага тыгылып чыкпай калды. Чындыкка туура келбөөчүлүк? Күлкүлүү? Андан жакшы. Эми 39 деген номерди гана атап коер замат жатталып

алынган *мурруттар* деген сөз ассоциация боюнча *машина* деген сөздү токтоосуз эске түшүрөт. Мындай ассоциациялардын тактыгы өтө чоң.

Ой, элес, сөз бизге эң күтүлбөгөн байланыштыкка келиши мүмкүн. Алардын бирөөлөрү көбүрөөк болуп, башкалары жардамчы роль ойношу мүмкүн, бирок өз ара байланыштыкта болуу менен алар өз алдынча эч качан ажырап бөтөнчөлөнө албайт. Айлана-чөйрөнү, дүйнөнү илимий жактан да, адабияттык жактан да жана башка жактан да кабылдоонун түпкү негизин түзүүчү биздин эсибиздин табигый касиети мына ушунда.

Карезуподи. Дагы бир жолу окуп чыккыла. Окуган бетти жапкыла. Кайталагыла. Тамгалардын абракадабрасы эсте оной сакталат. Ал үчүн канча убакыт талап кылынды? Бир секундабы? Экиби? Мейли төрт секунда болсун. Бул сөздөгү тамгалардын үндүүлөрү жана үнсүздөрү кезектешип түшкөн. Тамгалардын мындай комбинациясын эстеп калуунун эч кыйынчылыгы жок. Маселени бир аз татаалдаштыралы, атап айтканда, ошол эле тамгаларды ар бир эки үнсүздөн кийин эки үндүү келе тургандай кылып бир кыйла татаалыраак комбинацияда жайгаштыралы. *Дреопзашку.* Эгерде силер мына ушул сөз менен биринчи жолкудагыдай эле манипуляцияларды жасай турган болсоңор, анда ал сөз да силердин сезимиңерде аябай так сакталып калганына кыйналбай эле ынанасыңар. Андай болуунун себеби анын экинчи бөлүгү адабияттык сөздөн тургандыгында.

Түрлүү тектеги 10 объектинин аттарын жана жайланышын бир сыйра көз жүгүртүп кароодон кийин эч ким, ал гана эмес акылдуу адам да эсинде сактай албайт. Адатта биз 300 кг ды, ал гана эмес 200 кг ды көтөрө албайбыз да. Албетте, эгерде биз оор атлетика боюнча мелдешке катышууга далалат кылбасак. Ал эми жумушчу жумуш аткарып жатып рычагдардын жардамы менен салмагы 500 кг чейинки кубаттуу автомобилдердин кыймылдаткычтарын жылдырат деген билдирүү кимди таң калтырат? Жүк ташуучу машинаны домкрат менен кандайча көтөргөндү көрдүң бекен. Мына ушул жерден биздин педагогикалык балакетибиз башталат. Бул күнөө эмес, балакет, бактысыздык. Преспстер, вороттор, блоктор жана талилер биздин турмушта кеңири колдонулуп, эмгектенүүнү көп талап кылган процесстерде көнүмүштүү жардамчы болуп калышты. Мындан бир аз мурда эле чоң котлованлар жана ондогон километр узундуктагы траншеялар жалаң күрөк, лом жана чукулуктар менен жасалганын биз эчак унутуп койдук.

Дагы бир аз убакыт өткөндөн кийин кабылдоо, эстеп калуу жана чыгармачылык таяныч сигналдар биздин дал ушундай эле табигый ишенимдүү жардамчыларыбыз болуп калышат. Таяныч сигналдар жөнүндөгү сөздү улантуу менен биз алардын мүмкүнчүлүктөрүнө токтололу.

Телескоптор: жарык көп болсун!

Телескоп деген сөзмө-сөз так которгондо «алыска караймын» дегенди түшүндүрөт. Ал чындыгында да дал ошондой. Жылдыздардын өлчөмдөрүн, алардын түзүлүштөрүн даана көрүнгөндөй өлчөмдөргө чейин чоюлтуу маселеси телескоптун максаты катары деле коюлбайт. Мындай масселенин коюлушу да мүмкүн эмес. Ар кандай телескопто жылдыз жаркыраган чекит катары гана каралат. Бирок, андай болсо телескоп алыскы обьектилерди байкоодо эмнени көрсөтөт жана эмне үчүн окумуштуу-астрономдор өздөрүнүн байкоолоруна диаметрлери 3, 4, 5, ал гана эмес 6 м болгон эң чоң гигант-телескопторду алууга аракеттенишет? Маунт-Вильсон обсерваториясындагы диаметри 5 метрлүү телескоп менен жакында биздин өлкөдө конструкцияланып жасалган диаметри 6 метрлүү телескоптордун гигант-чемпионунун айырмачылыгы канчалык чоң болду экен? Гигант телескопту жасоо укмуштуудай татаал ин эмести. Телескоптун рефлекторун жасоого пайдаланылуучу айнектин эриген массасы эки жылда аран муздаганын айтуу эле жетиштүү. Анын калган башка тетиктери жөнүндө сөз кылбай эле коелу. Эмгектин мынчалык сарп кылынышы кантип компенсацияланат? Ал мына. Жарыктын начар булагын көрүү мүмкүнчүлүгү биздин көзүбүздүн карегинин аянты менен аныкталат. Бул аянт канчалык чоң болсо көздүн түбүндөгү нервдин учтары жарыктын энергиясын ошончолук көп кабыл алат, демек, алар жарыктын булагын ошончолук татыраак белгилешет. Ошондуктан түн ичинде, деги эле карангыда биздин көздөрүбүздүн карегилери кенее тургандыгы кокусунан эмес. Телескоптун обьективинин аянты биздин көзүбүздүн карегинин аянтынан канча эсе чоң болсо, ал ошончо эсе начар жарык обьектилерди тактап белгилей алат. Же башкача айтканда: обьективдин аянты биздин көзүбүздүн карегинин аянтынан канча эсе чоң болсо биз телескоптун жардамы менен бизден ошончо эсе алыстыктагы астрономиялык обьектилерди көрө алабыз. 6 метрлүү телескоптун жардамы менен Ааламды көрүп байкоонун чегин 5 метрлүү телескопко караганда бир жарым эсеге (36л : 25л) кенейтүүгө мүмкүн боло тургандыгы эми түшүнүктүү болду. Мында канча жаңы космостук обьектилер плимге белгилүү болуп калат! Мына дал ошол үчүн эмгектенүү, эмгекти сарптоо, албетте керек.

Обьективдери чоң диаметрлүү телескоптор биздин Күн системасынын обьектилерин байкоодо планеталардын, Айдын, астероиддердин, кометалардын, жана башка космостук телолордун салыштырмалуу анча чоң эмес деталдарын үйрөнүүгө мүмкүндүк беришет. Мындай натыйжага көрүү бурчун 500—600 эсе чоңойтуу жардам берет, бирок бул — азыркы телескоптор чече турган маселелердин бири гана.

Космостук обьектилерге телескоптордун жардамы менен Галилей жана Кеплердин мезгилиндегидей түздөн түз байкоо жүргүзүү эбак эле токтотулгандыгын так билүүгө тийишпиз. Адамдын көзү телескоптун фокусунда болуусу азыр өтө сейрек кездешет. Анын ордунда азыр көбүнчө фотопластинкалар турат. Алар бекемирээк, обьективдүүрөөк, жеңекөй, калысыраак болушат. Фокусунда фотопластинка турган телескоп *астрограф* («граф» — жазуу) деп аталат. Фото аркылуу жазуунун дагы бир артыкчылыгы: фотопластинканы каалаганча узак убакыт сактоого болот. Ал гана эмес! Асмандын белгилүү бир бөлүгүн тартып алып,

бир нече жылдар, кала берсе, кылымдар өткөндөн кийин да белгиленип алынган обьектилердин өнүгүү процесстерин, кыймылдарын, ошондой эле жаңы обьектилердин пайда болушун аныктоого болот. Мына ошондуктан айнектелген деп аталуучу китепканалар түзүлүп жатат. Кийинки кылымдардагы илимпоздорго кандайдыр бир кызыктуу болгудай маалыматтардын бардыгы ошол китепканада сакталат.

Адамдын көзү — уникалдуу, өтө сезгич прибор. Фотоэлементтердин сезгичтиги болсо андан миңдеген эсе жогору. Анын сезгичтигинин эң жогору экендигин мындан байкоого болот: ар түрлүү тоскоолдуктар болбогондо фотоэлемент ширенкенин жарыгын 100 км алыстыктан белгилей алат. Ошондой болсо да жандуу жаратылыштын сезгичтигинен техника азырынча озуп кете алган жок: температуранын өзгөрүүсүн сезгичтиги калдыркандуу жыландын башындагы нервинин сезгичтиги фотоэлементтердин сезгичтигинен бир кыйла жогору. Бул бирок анчейин гана. Иштин эң негизгиси: фотоэлементти телескоптун фокусуна орнотуу менен биз өзүбүздөн эң чоң аралыктагы жылуулуктун жана жарыктын булактарын аныктап белгилей ала тургандыгыбызда турат.

Телескоптун фокусунда жайгашкан астрограф жана фотоэлементтер менен иштөөдө окумуштуулар кездеше турган дагы бир балакет: фокусталган нурлар жалгыз бир гана чекитке келип түшүүлөрү тийиш. Ансыз же обьективинин сүрөтү даана болбойт, же негативде чекиттин ордуна тац каларлык ийри сызык пайда болот. Бирок Жердин суткалык айланышынын натыйжасында бүткүл асман сааттын жебесинин бурчтук ылдамдыгынан эки эсе кичине болгон бурчтук ылдамдык менен тынымсыз жылып тура тургандыктан кандай кылуу керек? Албетте телескопту бизге керектүү жылдыздын артынан тынымсыз жылдырып туруу аркылуу ага «жардам көрсөтүүгө» болот. Бирок бул мүмкүн эмес жана болбогон жөнү жоктук. Мына ушунда астрономдорго сааттык механизм жардам берет. Асман телосу обьективдин көрүү талаасында болоор замат сааттык механизм туташтырылат да асман сферасы менен бирдикте асман телосу кандай бурулуп жаткан болсо, көп тонналуу телескоп «өзүнөн өзү» дал ошондой бурула баштайт. Бул окумуштууларды обьективинин артынан түздөн түз андып отуруу зарылчылыгынан бошотот жана эң негизгиси — обьективи «андуунун» бардык убагында телескоптун обьективинин аянтына келип түшкөн бүткүл жарык энергиясын жалгыз бир гана чекитке топтоого мүмкүндүк берет. Мындай куралдын эсебинен үйрөнүлүүчү космостук мейкиндиктин терендиги канча эсе көбөйөт.

Ошондой болсо да телесконтордун мүмкүнчүлүгү эң эле чектелүү. Ошондуктан окумуштуулар өздөрүнүн иштеринде байкоонун жаңы куралдарын — радиотелескопторду көбүрөөк пайдалана башташкандыгы кокусунан эмес. Абдан ысыган космос телолору жылуулукту жана жарыкты таратуу менен катар ар кандай диапазондогу эң ар түрлүү радиотолкундарын да таратышат. Бул радиотолкундар эң укмуштуудай маалыматтарды камтышат, алардын кадимки телескоптор кармай да жана иштеп чыга да албайт. Жакында пайда болгон радиоастрономия укмуштуудай тез өнүгүүдө. Анын дагы ачыла элек мүмкүнчүлүктөрүн алдын ала көрүү — бул укмуштуудай татаал маселе. Өткөн кылымдын астрономдору планеталарга чейинки аралыкты аныктоо үчүн канча убакытты жана күчтү сарп кылышкан! Радиоастрономиялык куралдар бул суроолорго саналуу гана секундада жооп берет. Радионуру бар болгону 2,5 секундада Айга барып кайта келе алат. Ал нур 300 000 км/сек ылдамдык менен бул убакыттын ичинде 750 000 км ди өтөт. Бул эки жак башына. Ал эми Айга чейинки аралык болсо 384 000 км. Радиолокациялык приборлордун жардамы менен Айга, Чолпонго, Марска чейинки ... аралыктар эчак эсептелинген.

Бул текст астрономия боюнча таяныч сигналдары болгон биринчи баракчагы окуу материалынын үчтөн бирин түзөт. Башкача айтканда, бул X класстын ар бир окуучусу келерки сабакка чейин окуп, түшүнүп жана өздөштүрүп келе тургандан үч эсе кичине. Эгерде сиз китепти жаап коюп, телескоп жөнүндөгү аңгемени бардыгын эстеп кайталай турган болсоңуз, анда сиз үчүн ал оңой эместигине чын ыкластан ишенесиз. Түшүнүктүү да, кызыктуу да көрүнөт, бирок көбүрөөк. Убакыт керек. X класстын окуучусу дагы ушундай 2 көлөмдөгү материалды окуп өздөштүрүүгө тийиш экендигин унутпасаңыздар! Эми төмөнкү 8 пунктту карап туруп бүткүл аңгемени эстеп кайталап көргүлөчү:

1. Көрүү бурчу.
2. Космостун терендиги.
3. Астрографтар.
4. Айнектелген китепканалар.
5. Фотоэлементтер.
6. Саат механизми.
7. Радиотелескоптор.
8. Радиолокация.

Бул сигналдардан пайдаланып телескоп жөнүндөгү аңгемени айтып берүү бир кыйла жеңил жана көңүлдүү да болот.

КӨРГӨНҮН ЭСТЕЙ АЛУУ — ИШЕНИЧТҮҮ МЕХАНИЗМ. Мугалимдин эки жолку айтып түшүндүрүүсүнөн жана бир жума боюнча ушул окуу материалы менен иштөөдөн кийин окуучуларга окуу китебиндеги тиешелүү материалды окуп чыгып, көрсөтүлгөн 8 пунктту эстеп, кайра калыбына келтирүү гана калат. Аларды (эч жаңылышсыз) эстеп калуу үчүн окуучуга канча убакыт талап кылынат? Практика 1 ден 2 ге чейин минута талап кыларын көрсөттү. Азыр жарым-жартылай космостук эки сөздү: КоКоАсАФ, СаРР эстеп калууга канча убакыт керек экенин эсептейли. КоКоАсАФ деген эмне экенин жана ал эмне үчүн кокусунан эле СаРР болгону жөнүндө азырынча окурман тынчсызданбай кое турсун. Бул эки сөздү эстеп калуу үчүн канча убакыт керек? 3 секундадан көп эмес экенин айтсак ал күлкүнү келтирет. Ал эми чындыгында алып карасак $К_о$ — бул көрүү бурчу, Кос — космос терендиги..., булар 8 саптагылардын биринчи тамгалары, аларды эстеп калууга убакыт эми 25 эсе аз талап кылынат. Мына ошентип, биз кайтадан баягы эле чуулгандуу *карезуподиге* бул жолу оюндук эмес окуу максатында кайрылып келдик. КоКоАсАФ сөзүндөгү кичинекей о, о, с тамгалары сөз ыңгайлык-

туу угулсун үчүн коюлган. Ал кичине тамгалар боюнча жок саптарды издеп калуу коркунучу жокко эсе, анткени көргөндү эстеп калуу ишенимчүү механизм болуп эсептелет. Дал ошого таянып сөздү эки Р тамгасы менен аяктоо мүмкүн болду.

Мына ошентип, эгерде ушул сыяктуу символиканы пайдалануунда окуу убактысы кандай үнөмдөлө тургандыгын ойлоп көрсөк, анда жаңы типтеги таяныч сигналдарды колдонуу шартындагы эксперименттик изилдөөлөрдү жүргүзүү өтө кызыктуу. Бирок бул өтө эле коркунучтуу. Компакттуу таяныч сигналдарды алар бүтүн методикалык системанын ажырагыс бөлүгү болгондо гана ишенимдүү колдонууга болот.

Текст ачкычтуу сөздөрдүн, тамга-сигналдардын жана чиймелердин жардамы менен жашыруун белгилениши мүмкүн. Таяныч сигналдардын төртүнчү түрүн түшүнүп билүү үчүн VII класстын тарых сабагына кайрылалы. Бул сабакта балдар «Орус-түрк согуштары» деген бөлүмдү окушат. Мына ушул чоң темадан бар болгону бир эле эпизодду — дүйнөлүк согуштардын тарыхындагы укмуштуу салгылашуулардын бирөөн — Рымник дарыясындагы салгылашууну бөлүп алалы.

Бул салгылаш А. В. Суворов 59 жаш курагында, анын жашоосуна бар болгону 11 гана жыл калганда 1789-жылы болгон.


Суворовдун карамагында 7000 гана, ал эми союздаш австриялыктарда 18000 солдат болгон. Бирок австриялык армия 100 миң солдаттан турган түрк армиясы менен курчалып турган, түрк армиясы австриялык аскерлердин позициясына атчандар чабуулун жасоого даярданып жаткан. Ошол кездеги уставдар боюнча чабуул жасоочу жактын күчү өтө көп болгондо гана ал атчан чабууларга өтө ала тургандыгы шарттардын негизинен болгон. Мындай болбогон учурда коргонуп жаткандар тарабынан уюштурулган каршылык көрсөтүүлөр чабуул коюп жаткандардын согуштук ири бөлүктөрүн, мисалы атчандарды өтө чоң жоготууларга дуушар кылмак: атчандардын чогуу массасына карай атылган ар бир ок жана ар бир снаряд текке кетпейт.

Орус жана австрия армияларынын арасындагы күчтөрдүн кандай экенин жакшы билип, түрк командованиеси Суворовдун отряддарынын аракеттеринде оперативдүү чалгындоо жүргүзгүсү келген жок: орус армиясынын солдаттарынын аздыгынан түрктөр аны этибарына алган жок. Мындан Суворов дароо пайдаланган. Түрк аскерлерине көрүнбөгөн зонада калып, ал терең айланма маневр менен түрк армиясынын флангасына (оң жана сол жагына) жана тылына кирип барып, күчтөрдүн конфронтациясын (каршылык көрсөтүүчүлүгүн) кескин түрдө өзгөрткөн. Эң негизгиси, Суворов атакага атчандарды салган!

«Так калтыруу — женүү!» деген Суворовдук атактуу чакырыктын маанисин мына ушунда. Согуштук психолог катары Александр Васильевич түрктөрдүн абалын даана билген: аларга каршы согушка жөндөмдүү австриялык армия толугу менен турат, андан тышкары согушка али кирише элек Суворовдун армиясы да бар, бирок көкусунан мына бул!— белгисиз орус армиясы (Суворовдун аскерлери мынчалык ойго келбей

турган татаал марш-бросок жасайт деп түрктөр эч күткөн эмес). Ал болсо орус аскерлери саны жагынан түрк армиясынын күчүнөн бир нече эсе артыкчылык кылат дегенди билдирет. Мына ушул жерде Суворов ойлогондой, түрк аскерлери дүрбөлөн түшүп, кым-куут болгон. Калгандардын бардыгы, ошол салгылашууда туткунга алынган түрк аскердик бөлүктөрдүн командирлери кийин эстеп айтышкандай, коркунучтуу жаман түш болгон. Согуштук мындай операцияны ойлоп таап ишке ашыруу Суворовдо канчалык талант, канчалык согуштук тайманбастык, кайраттуулук бар экендигин көрсөтөт. Салгылашуудан бир аз кийинчерээк императрицанын указы менен Суворовдун фамилиясына Рымникский деген ардактуу приставка (жалгама) кошулган, мына ошондон баштап бардык официалдуу отчеттор жана приказдарда аны Суворов-Рымникский деп атап калышкан.

Эми биз Рымник дарыясындагы салгылашууну сүрөттөгөн таяныч сигналдарга көңүл буралы.



Мында, биз бар болгону 25 басма белгини көрүп турабыз. Ал белгилерди мугалимдин ангемесинен кийин бир көрүү менен эле эстеп калууга болот. Ушул план боюнча салгылашуунун жүрүшүн анын майда-чүйдөсүнө чейин ар бир окуучу кайра айтып бере алат. Жеткиликтүү! деп белгилейли. Жаңы методикадагы жеткиликтүүлүк принциби бул жакшы тилек болуп гана калбастан, ар бир мугалимдин практикалык ишине жетекчилик катарында сөзсүз орундалуучу, бир нече ирет текшерилүүчү факторго айланат.

Салгылашуунун датасы таяныч сигналында 1789 эмес, 89 болуп көрсөтүлгөнүн байкайбыз. Бул өтө маанилүү: таяныч сигналдары бар баракгарды түзүүдө, ар бир басма белгини эсепке алуу зарыл. Алардын саны канчалык аз болсо, таяныч сигналдарынын кызыктыруучу күчү ошончолук чоң, сабакка даярдануура окуучулар убакытты ошончолук аз сарпташат, алар сабактын башталышындагы биринчи минуталардагы жазуу иштерди ошончолук тез аткарышат, ал иштерге баалардын проценти ошончолук жогору коюлат.

Автомобиль боюнча иш конспектилерине мугалим «+» жана «—» белгилеринин үстүнө эки сүрөттү: биринчиси жылмайып, экинчиси капаланып турган сүрөттү тартып койгон. Алардын мааниси «+» — жакшы, «—» — жаман көрсөтөт. Транспарант же плакат жасоодо аларды пайдалануу

мүмкүн, бирок таяныч сигналдар үчүн алар таптакыр жарабайт. Салгылашуунун датасындагы биринчи эки цифранын жоктугу окуянын болушун 100 же 200 жылга жылдырып жиберүүсү мүмкүн деп күнөм санооого болбойт: А. В. Суворов Наполеон менен бир мезгилде жашаган, ал эми 1812-жылдагы согушту ар бир окуучу билет. Таяныч сигналдарын түзүүдө мындай фактыларды эсепке алуу да зарыл.

Акырында, Рымник дарыясындагы салгылашуунун планы тарых окуу китебинде да, методикалык колдонмодо да жок. Параграфтын 48 сабында гана ангеме берилген, ал сабактын жалпы көлөмүнүн $^1/_6$ бөлүгүн түзөт. Мындан төмөнкүдөй натыйжа келип чыгат: бул сабактын таяныч сигналынын бети 200 дөн ашпаган басма белгисинен түзүлүүгө тийиш; бул бар болгону сабакта 8—10 минуталык жазуу жүзүндөгү иш дегенди билдирет.

ТАПШЫРМАНЫ АШЫКЧА БЕРҮҮ ЖӨНҮНДӨГҮ МАСЕЛЕГЕ КАРАТА. Дагы бир эсепке ала турган нерсе. «Орус-түрк согушу» деген бөлүмдү окууда жетинчи класстын окуучулары төмөнкү аттарды, терминдерди, аталыштарды өздөрүнүн сүйлөө речтеринде активдүү колдонушуп, төмөнкү сандарды жана даталарды кенен пайдалануулары керек: Ларги д., Кагул д., Рымник д., Яссы ш., м. Кючук-Кайнарджи, Чесменск булуңу, Измаил ш., Херсон ш., Новороссийск ш., Одесса ш., Севастополь ш., Днестр д., Южный буг д., брандеры, Румянцев, Свиридов, Ушаков, Кутузов, Суворов, 70, 30, 80 000, 40 000, 150 000, 38 000, 7000, 18 000, 100 000, 1778, 1774, 1883, 1887, 1889, 1890. 1891 ж.ж.

Бардыгы: 37 сөз (даталар, аттар, сандар жана аталыштар, алардын ичинен жаңысы —26). Тарых сабагынан башка бул күнү эн кеминде дагы төрт сабакта жаңы материал түшүндүрүлгөндүгүн ойлоп көргүлөчү, мына ошондо сиз азыркы мектеп окуучуларынын ишиндеги репродуктивдүүлүк жана чыгармачылыктуулук (продуктивдүүлүк) мына ушундай шарт канчалык даражада боло ала тургандыгын ичиниз бышып кейүү менен түшүнөсүз. Жалпыга белгилүү методика окутуунун эски системасынан окуучуларга коюлуучу талаптардын бардык формаларын алды, бул аргасыз болучу, бирок аларды окуу материалы менен иштөөнүн жаңы ыкмалары менен камсыз кылган жок. Натыйжада мурда эн мыкты окуучулар өздөштүрө ала тургандарды башка бардык окуучулар да өздөштүрүшөт деп тануулануп коюлган. Ошондуктан мында сөзсүз айырмачылык келип чыгышы ыктымал болучу. Кийинки жылдары окуучуларга коюлуучу талаптардын деңгээли анча деле өзгөрүлгөн жок:

бүгүн да, мындан 50 жыл мурдагыдай эле тарых мугалимдерде окуучу кандайдыр бир сөздөрдү так айтпай же, мисалы, Кючук-Кайнарджилик тынчтыгы деген сыяктуу сөздөрдүн ылайыксыз кошундусун унутуп калган окуучуга эч убакта «5» деген баа койбойт. Чындыгында аталыштарды гана эмес, окуянын негизги маанисин эстеп калуу керек эмести.

Жетинчи класстагы балдарга күнүнө тапшырма формасында милдеттүү түрдөгү 100—150 дөп жаңы сөздөр жана аталыштары берилет. Алардын мындай кыйын абалын терең сезип боорукерлик кылууга болобу? Албетте! Досканын жанында туруп жооп берип жатышкан балдар кандай гана «тантык» сөздөрдү пайдаланышып кыйналыша турганын эстеп көрүнүздөрчү. Алар биздин педагогикалык ороилугубуздан эптеп коргонуу менен алек болушат.

1979-жылы «Радяньска школа» басмасында «6-класс үчүн физика боюнча таяныч сигналдары» жана «7-класс үчүн физика боюнча таяныч сигналдары» деген эки кичинекей китепче бир мезгилде басылып чыкты. Бул эмгектердеги биздин оюбузча эң негизгиси VI класстын программалык материалын окуп үйрөнүү акырындык менен IX класстын программалык материалын камтый ала тургандыгында. Окулганда да ал материалга кийин кайрылып токтолобуз деген принципте эмес, бүткүл бөлүмдү 9-класста кайта кайталап өтпөй тургандай деңгээлде окулат, ал эми кайталоо ансыз деле физиканы окуу дайыма ишке ашырылат. Натыйжада IX класстын курсунан 18 параграф! Окуу материалынын текстинин 29 бети же IX класстын физика курсунун 47 бөлүгү «түшүп калат» жана ошонун натыйжасы катарында 18 сабактык убакыт үнөмдөлөт.

Эксперименттик методикага клистрондор, магнетрондор жана таралуучу толкуну бар лампалар мына ошондон келет.

ТАЛАНТТЫН БАШАТЫ. Компакттуу, адаттагыдай эмес таяныч сигналдар окуучуларды абдан кызыктырып, аларды активдүү эмгекке, изденүүгө шыктандырат, алардын активдүү кабылдоолорунда камтылуучу проблемаларга көңүл бурууларын күчөтөт. Ошонун таасири менен эң маанилүү билгичтик — күнделүк билинээр-билинбес тез өтүүчү кубулуштардагы жана көнүмүш предметтердеги адаттагыдай эместикти байкап калуучулук калыптанат, мындай билгичтик таланттын артыкчылык касиети болуп эсептелет. Таланттын түзүүчүлөрү — булар: максатка умтулуучулук, изденүүдөгү туруктуулук, чар жайыт фактыларды жалпылай билүү, байкагычтык жана ойчулдук. Талант ишке бе-

рилүүчүлүк сезимден келип чыгат, муну дайыма эстен чыгарбоо зарыл. Мүмкүн, Алексей Максимович Горький айткандай, талант бул негизинен иштин, жумуш процессин сүйүүчүлүк болуп гана жүрбөсүн. Балдарга мындай иштин кадырлай алууга, изденүүгө мындай такай багытталуучулукту, мындай сонундар алар математикалык формулаларда, адабияттык композицияларда же философиялык карама-каршылыктарда бар же жок экендигине карабастан ачууга мугалимден башка ким көнүктүрөт?!

X класстын физика курсунун бөлүмдөрүнүн биринде «Донбасс» мейманканасы деген таяныч сигнал бар. Ал «үн резонансы» резонансы деген түшүнүк менен байланышкан. Окуу китептеринин бардыгында акустика жагынан, дүйнөдөгү мыкты залдардын бири — Союздар Үйүнүн колонна залында угулбай калгычактагы үндүн басаңдоо чеги 4 секунданы түзөт деп белгиленген. Өзүнүн мындай мүнөздөмөсүндө ал атактуу «Гранд Опера» жана «Ла Скала-дан» гана кийин турат. Донецк шаарындагы «Донбасс» мейманканасынын вестибюлинде үндүн басаңдоосу деп аталуучу ревербация убактысы 7 секундадан ашык экен! Мына кызык. Ырас, бул зал эмес, архитекторлор мында мындай акустикалык керемет түзүү максатын көздөшкөн эмес. Бирок балдарга ал жөнүндө сабакта айтып берүү аларды канчалык кызыктырат. Мындай сигналдар, ошондой эле китептерден алынган кызыктыруучу фразалар окуучулардын өздөрү тарабынан активдүүлүктүн уланма реакциясын пайда кылуучу аракетке жасалган чакырык болуп эсептелет. Баарыдан да методикалык бул элементтеги аныш оюн түрүндөгү (оюндук) бөтөнчөлүгүн белгилеп кетели: үн резонансына байкоо жүргүзүү жөнүндөгү сунушта милдеттүүлүктүн эч кандай белгиси да жок.

Китептерден алынган кызыктыруучу фразаларды таяныч сигналдарга пайдаланууда биз балдардын психологиялык өзгөчөлүгүн эсепке алдык. Мисалы, жарык толкундарынын интерференциясынын жана дифракциясынын ачылышына байланыштуу бир эле эпизодду келтирели. Ал *Френель — Пуассон — Араго* таяныч сигналы менен сүрөттөлүп, окуучуларды таланттуу советтик педагог М. И. Блудовдун «Физика боюнча аңгемелер», Ф., 1975, китебине укмуштуу окуялуу жакшы повесть сыяктуу кызыктырат.

Илим менен техниканын тынымсыз өнүгүүсү мектеп мугалимдеринин көңүлүнөн четте калбоого тийиш. Көркөмдөп айтканда, өзүн-өзү сыйлаган ар бир педагог дайыма даярдыкта болууга тийиш. Бул ар кимге жакшы белгилүү: эгер бир эле окуучу мектепке кандайдыр жаңы ачылыш,

укмуштуудай механизм же жарыялаган гипотеза жөнүндөгү кабарды айтып келсе, анда ал жаңы идеялар бир аз эле күндүн ичинде балдардын дээрлик көпчүлүгүнүн башынан чыкпайт эмеспи. Ошондон кийин мугалим балдар менен дал ушул темада сүйлөшүүгө аргасыз болот. Бирок, эгерде жаңы маалыматтар дайым эле балдар тарабынан айтылып, мугалимдин ал окуялар жөнүндө кабары болбосо, анда тез эле анын педагогикалык жана тарбиялоочулук авторитетинин эч нзи да калбайт. Ошондуктан мугалим илимдин акыркы жетишкендиктери, ошондой эле жаңы илимий идеялар менен сөзсүз кабардар болууга тийиш.

Таяныч сигналдарда оюн элементтери да, убакытты жана орунду үнөмдөө да, балдардын психологиясын билүү да орун алат. Бирок эң негизги максат — окула тургандарды логикалык байланыштуулуктун негизинде материал (темалар, бөлүмдөр) жеткиликтүү болуп, балдардын эстеринде сакталып калгыдай кылып түшүндүрүп баяндоодо турат. Таяныч сигналдардын ар бир барагында программанын тиешелүү бөлүмдөрүндөгү бүткүл окуу материалы белгиленген, ал эми физика жана математика боюнча туруктуу окуу китептериндеги теориялык маалыматтардан башка да материал кошо камтылып берилген. Таяныч сигналдардын баракгары мугалимдин жаңы материалды түшүндүрүүсүндө, окуучулардын сабактарга даярдануусунда, оозеки жооп берүүлөрдүн бардык түрлөрүндө теманын логикалык маанисин ачып көрсөтүүнү камсыз кылат: бул өзүнчө эле бир негиз, ойду, анын ичинде чыгармачылык ойду да өөрчүтүүнүн жолу.

ЖАЗУУ ЖҮЗҮНДӨГҮ ЖАНА МАГНИТОФОНДУК СУРООЛОР. Эми биз балдар СССРдин тарыхы курсун жаңы методикалык негизде окуп жатышкан жетинчи класстарынын бирине кирип көрөлү. Сабактын биринчи минуталары. Класста абсолюттук тынчтык. Балдардын бардыгы дептерлерине үңүлө карашып, дептерлердин таза баракгарында өткөн сабактын таяныч сигналдарын шашпай эстеп жазып жатышат. Бул иш 11—12 минутага созулат. Мугалим эмне кылат? Ал колу менен белги берип эки окуучуну столуна чакырат. Алардын бирөө класстын алдынкы бурчундагы кичинекей столго отурат да «запись» деген кнопканы басып өткөн сабактын материалынын бир бөлүгүн магнитофондук тасмага аран угула тургандай кылып айтат. Бул эч кимге тоскоолдук кылбайт, анын айтып жаткан ангемесине балдардын эч кимиси көңүл буруп да койбойт, анткени ар ким өз иши менен алек. Окуучунун бере

турган жообунун чеги так көрсөтүлгөн, ошондуктан ал эмне жөнүндө айтуу керек экенин жакшы билет. Муну жакшыраак түшүнүү үчүн VII класстын тарыхы боюнча түзүлгөн таяныч сигналдары бар баракчалардын бирөөн карап көрөлү.

Ал бир түстүү схема формасында жасалса да, сөз кылына турган деталдарды эч кыйынчылыксыз талдап түшүнүүгө болот.

Баракчанын сол жактагы астынкы бурчундагы 40 саны — бул сабактын катар номери. Анын жанындагы — үй тапшырма: § 44 жана 45. Бул — балдардын күндөлүктөрүнө үй тапшырмаларды жазып олтуруусунун зарылдыгы жок, ага сабакта да, танаписте да убакыт жумшоонун кереги жок, мугалимдердин жана ата-энелердин күндөлүктөрдүн тиешелүү беттеринде толтурулуп жазыла турган жазуулардын жоктугун көргөндөгү бере турган эскертүүлөрүн угуп олтуруунун да зарылдыгы болбойт дегенди түшүндүрөт. Типографиялык баракка жазылган кыскача жазуу, эч кандай чатак жок. Бул деталды белгилеп, аны убактылуу калтырып туралы. Ал жөнүндө сөз бир аз кийинчерээк болот.

Баракчанын жалпы сүрөтүнө көңүл буралы. Ал бири-биринен формасы, өңү жана контурлары менен айырмаланып бөлүнгөн 4 блоктон турат. Окуу материалын блоктор боюнча компановкалоо эки максатта жүргүзүлөт. Биринчи — балдардын таяныч сигналдарды эстеп калуу жана кайра калыбына келтирүү процессин женилдетүү. Экинчи — оозеки суроо кезинде ар бир окуучунун берген жообунун чегин аныктоо. Бул сабакта магнитофонго 4 окуучу келе турганын түшүнүү кыйын эмес. Өз жоопторун магнитофонго жазууда алардын бардыгы таяныч сигналдары бар даяр баракчаларын пайдаланышат, ал баракчаны мугалим сабак башталаардан мурда эле магнитофондун жанына коюп коет. Даяр баракчалар боюнча жооп берген абдан жакшы: таяныч сигналдарын жазуу жүзүндө кайта калыбына келтирип жазуу ар бир сабактын жаңы материалды түшүндүрүүдөн кийинки милдеттүү элементи жана бул жумушту аткарууга окуучулар дайыма даяр болуп турушат.

Биринчи блоктун таяныч сигналдары боюнча ангемесин айтып бүткөндөн кийин окуучу өз ордуна барып олтурат да, дептерине калган акыркы үч гана блоктун сүрөттөрүн аткарат. Бул ага жалпы ритмде өз алдынча шашылбай иштөөгө жана дептерин текшерүү үчүн мугалимге классташтагы башка окуучулар менен бирге өткөрүп берүүгө мүмкүндүк берет. Мындай бир нерсени белгилей кетели: окутуунун бүткүл процессинде окуучулар мүмкүн болгон пси-

хологиялык ашыкча тапшырмалардан толук бошотулат (бул эң маанилүү!), муну балдар эң жакшы билишет. Өз ара сыйлоо, мугалимдин чын жүрөктөн боорукерлик жардамы балдардын ийгиликтүү окуу ишмердүүлүктөрүнүн чечүүчү факторлорунун бири болгудай ишенимдүү психологиялык атмосфера түзөт.

Ангемени магниттик пленкага айтып жаздыруу 2—3 минутадан ашпайт, жазуу жумушун аткарууга берилген 12 минутанын ичинде 4 окуучунун ангемеси жазылат. Ошентип окуучуларды суроонун традициялык формасы баштапганга чейин эле 4 окуучу окуу материалынын мазмунун оозеки формада айтып берүүгө мүмкүндүк алат, бул болсо оозеки жооп үчүн кошумча дагы 4 баа дегендикке жатат.

Мүмкүндүк алат! дегенди белгилеп коелу. Ар бир сабакта 3—4 окуучу эмес класстагы бардык окуучулардын бири да калбай өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ачып көрсөтүп, жасаган иштери боюнча отчет берүүгө мүмкүндүк алышат. Педагогикалык негизги басым контролдукту күчөтүүгө эмес, окуучулардын жогоруда айтылгандай мүмкүнчүлүк алуусуна шарт түзүүгө жасалат. Окуучулар көлөмдүү, мазмундуу, жакшылап аткарылган иштерин сезимдүү түшүнүп отчет беришет. Балдар эмес биз чоң кишилер деле өзүбүзгө тапшырылган тигил же бул жумушту аткаргандыгыбыз жөнүндө өтө чоң толкундануу жана сүйүнүү сезими менен рапорт беребиз, эгерде биздин бул ишибизге көңүл бурулбаса, ал байкалбай калса, анда биз өтө ызаланып, өзүбүздү эзилгенсип сезебиз. Балдар болсо биздин ар биребиздин ишибизден бир гана адилеттүүлүктү, алардын түйшүктүү эң оор окуу эмгегине боорукерлик менен катышууну каалап, көргүсү келишет.

4 эмес 12! Азыр ошол эле сабактын биринчи 12 минутасына кайта кайрылабыз. Мугалим столго бир эмес эки окуучуну чакырганы эсиңердедир. Алардын бирөө магнитофонду туташтырды. Экинчисичи? Экинчиси мугалимдин жанына келип таяныч сигналдары бар ошондой эле барак боюнча мугалим гана уккудай кылып абзацты айтып бере баштады. Бул **акырын үндүү суроо.** Акырын үндүү жана магнитофондуу суроолордун окшоштугу алардын ишенимдүүлүгүндө, жарым үндүүлүгүндө. Алардын айырмачылыгы төмөнкүдөй акырын суроодо мугалим окуучунун жообундагы каталыктарды дароо түзөтөт жана мындан тышкары окуучу жооп берер замат анын баасы өзүнө угузулат.

Мына ошентип, 12 минута аяктаганча 8 окуучу сурапат. Мына ошондон кийин дагы 4 окуучу дароо доскага чыгып өздөрүнүн жоопторун азыр бардык мектептерде ин-

телип жаткандай эле формада айтып беришет. Бардыгы болуп бир сабактын ичинде 12 окуучу активдүү сүйлөшмө практикасына катышат. Сөз тарых сабагы жөнүндө болуп жатканын эске салалы. Математика сабагында болсо андан да көп — 18—25 окуучу катышат.

Мектептин иш практикасына окуучулардын оозеки жоопторунун жаңы түрлөрүн — акырын үндүү жана магнитофондуу — жайылтуу ар бир окуучунун активдүү сүйлөө убактысын бир жумуш күнүнүн ичинде 2 ден 6 минутага чейин көбөйтүүгө мүмкүндүк берди. Суроонун бул формаларын бүгүн шаардык, кыштактык жана айылдык мектептердин мугалимдери ийгиликтүү колдоно алышат: бүгүнкү күндө мектептин ар биринде 2—3 магнитофону сөзсүз бар. Эгерде окуу кабинетинде бир нече магнитофон болсо, анда мугалим сабакта эч кандай иш убактысын коромжулабай эле, оозеки жооп берүү үчүн 18—20 окуучуга сөз берүүгө мүмкүндүк алат. Мисалы, математиканы окутууда теория сабактары көнүгүүлөрдү чыгаруучу практикалык сабактар менен кезектешип өтүлөт жана IV класстын курсунун бүткүл теориялык материалы таяныч сигналдары бар 20 баракка, ал эми V класстын бүткүл курсу болсо бар болгону 12 гана баракка топтолгон. Бул болсо мугалимге окуучуларды теориялык материал боюнча ар бир экинчи сабак сайын сурап турууга мүмкүндүк берет. Башкача айтканда, ар бир эки сабакта балдардын оозеки жоопторуна 24 минута бөлүнөт жана ошол 24 минутада оозеки жооп берүү үчүн кеминде 20 окуучуга укук берилет. Жаңы материалды мугалим 20 минутага жакын түшүндүрөт, калган убакыттын бардыгы маселе жана мисалдар чыгарууга жумшалат. 46 минутадан көп! Натыйжада математика сабактарында гана ар бир окуучу жума сайын жазуу иштери үчүн 3 баа, оозеки жоопторду үчүн 1—2 баа алат жана андан тышкары ар түрдүү көнүгүүлөрдү талдоого сөзсүз катышат. Мына ушул жумуштарды бардыгы балдардын эмгекке сезимталдык мамиле кылуусун, жоопкерчиликтүүлүгүн арттырууга жардам берет. Мугалим же инженер ар күнү жумушка алардын чыкканын же чыкпаганын, мектепте же ишканада атайын так эсептеп текшерүүгө алып тура тургандыгынан эле келеби?! Алар үчүн эң негизгиси — өндүрүштүк милдеттүүлүк жана тапшырылган ишке ички терең жоопкерчилик. Жаңы методикалык негизде иштөөдө да окуучулардын ан сезиминде дал мына ушундай психологиялык кайра түзүлүш пайда болот. Контроль экинчи планга калтырылат да, активдүү эмгектенүүнү каалоочулук биринчи планга чыгат. Мындай

көңүл сөзсүз кандайдыр бир себептер менен өзүнүн мүмкүнчүлүгүнө ишенимин, аны менен кошо окуп эмгектенүүнүн сүйүнүчүн да жоготуп койгон балдарга эң зарыл болгон ийгиликке алып келет. Мындай иште укмуштуулук өзүнөн өзү жаралбайт. Айрым окуучулар бул сыяктуу чын көңүлү менен эмгектенген абалга иш башталгандан бир жарым жылдан кийин гана келе тургандыгы эксперименттик практикада байкалды.

КИЧИНЕКЕЙ МУГАЛИМДЕР. Эгерде магнитофон бирөө болсо, анда жазылгандарды сабактан тышкаркы убакта угуу үчүн параллель класстагы окуучуга тапшырылат. Мындай ардактуу тапшырма мыкты окуучуларга гана ишенип берилет. Мындай иш окуу чейрегинин ичинде бир эле жолу өткөрүлөт. Ага 15—20 минута убакыт сарпталат. Эгерде магнитофон экөө болсо, анда параллель класстан келишкен балдар магнитофондук жазууларды түз эле сабакта, жазуу жүзүндөгү иштер аткарылып жатканда угушат[1]. Бул күнү жазуу жүзүндөгү иши үчүн аларга билимдерди ачык эсептөөнүн ведомостундагы бардык башка баалардын түсү менен айырмалануучу «бештер-автоматтар» коюлат. Кээде айрым жазууларды мугалим өзү угуп чыгат. Балдар өтө катуу судьялар экенин, көп жылдар бою алар бир да жолу жолдошторунун каталыктарына либералдык мамиле жасабаганын практика көрсөттү.

ИШЕНИМДҮҮЛҮККӨ ЭЭ БОЛУУ. Эгерде мугалим таяныч сигналдардын ар биринин маанисин жеткиликтүү түшүндүрүп, анан өзүнүн айтып берген ангемесин көрсөтмөлүү суреттөр, түстүү схемалар жана акырында таяныч сигналдарын бар жекече баракчалар менен бекемдесе, анда таяныч сигналдарды кайра калыбына келтирүү ошончолук эле кыйынбы? Чиймелерди жана жазмалардын алгачкы формасын аткарууга аракет кыла баштаганда эле окуучу бул иш анын колунан келе турганын сөзсүз сезет! Мунун өзү, кала берсе эң начар окуучу да жетише ала турган ийгиликтин биринчи кадамы болуп эсептелет. 2—3 күн өткөндөн кийин ал ошол ишти ынтызаарлык менен аткарат: класстагы бардык окуучу күн сайын жогорку деңгээлде иштеп жатканын көрүп туруп ал жазуу жүзүндөгү иши үчүн эгер кааласаң күнүгө жогорку баа алууга болот экен деген корутундуга келет. Мейли алар «үндөштүргөндө дагы кошумча татаалдыкты пайда кылсын, мейли практикалык иштерде бардыгы эле туура болуп чыкпасын — мейли! Баары бир билимдердин топтолуу процесси жүрө берет,

[1] Биринчи ишенимдүү эмес жоопторду мугалим гана угат.

иштин маңызын терең сезип ойлонуштуруу процесси жүрө берет, системалык түрдөгү эмгекке активдүү катышуу процесси да жүрө берет. Ал эми көп сандаган оозеки жооп торчу! Болгондо да окуучу ката жооп берүүдөн корко тургандай традициялык мүнөздөгү эмес, окуучунун бүткүл класс алдындагы жоопторчу. Ким эле өзүнүн билимсиз наадан экендигин жалпыга ачык көрсөткүсү келсин? Ал эми мында болсо окуучу мугалим менен, же андан да сонуну магнитофон менен жекеме-жеке гана акырын үн менен ангемелешет. Начар окуучу анын магнитофонго жазылган ишин мугалим эч кимге бербесин жана жооп берип жатканда ал канча ката кетиргенин эч ким укпай тургандын эң сонун түшүнөт. Бирок эгерде анын жообу жакшы болсо, анда аны эртеси бүткүл класс угат. Өзүнө, ишенимдүүлүккө ээ болууга ушунчалык муктаж болгондорго мына ушул эң жөнөкөй эле методикалык ыкма канчалык чын жүректен күч берип жогору көтөрөт! Мына ушундай магнитофондук бир нече жолку суралуудан кийин балдар доскага ишенимдүүлүк менен чыга баштайт да, тарых, география, математика жана физика боюнча таяныч сигналдарды жоп эле «үндөштүрөт».

КОРКУУСУЗ ЖАНА ЖЕМЕСИЗ. Акыркы жылдары дефектологдор менен гигиенисттер белгилүү категориядагы өспүрүмдөрдүн интеллектуалдуу ишмердүүлүгүнө ар түрдүү оорулардын тескери таасир этүүсүнүн себептерин психологиялык изилдөөлөрүнө көп көңүл бурушууда.

Т. А. Власова жана М. С. Певзнер өздөрүнүн иштеринде: «Алардын жүрүм-турумунда да кээ бир өзгөчөлүктөр байкалууда, бирөөлөрү өтө кыймылдуу, тынчы жок, ээликме, кыжырдангыч, жашык (ыйлаак), башкалары тескерисинче жүүнү бош, коркок, тартынчаак, кыбыр, шамдагай эмес. Көп учурда ката жооп берүүдөн коркконунан алар таптакыр жооп беришпейт»[1].

Көп учурда коркконунан... А эгерде баланы акырындык менен коркуу сезиминен, өзүнүн күчүнө ишенбөөчүлүк сезиминен куткарсак, туруктуулук менен аны өз мүмкүнчүлүгүнө ишендирсекчи? Ар бир сабакка жазуу жүзүндө даярдануусундагы алгачкы ийгиликтерин колдоого алып, масселердин ар түрлүү жыйынтыктарынан күчү жете тургандай жеңил тапшырмаларды сунуш кылуу менен, класстагы жолдошторунун жана жогорку класстагылардын тануулanбаган жардамдарын уюштуруу аркылуу иш жүргүз-

[1] *Власов А., Певзнер М. С.* О детях с отклонениями в развитии. М., 1973. 57-б.

гөн жакшы. Достук, жолдоштук өз ара жардамдашуу жана текшерүү кырдаалын түзүү менен иш жакшы жүргүзүлөт. Акырын добуштуу жана магнитофондуу суроолорду пайдалануу сабакта окуучулар өздөрүн психологиялык эркин сезе тургандай атмосфераны түзүлүшүнө ого бетер жардам берет.

Суроолордун жаңы формалары окуучуларды ээликмеликтен да, тынчы жоктуктан да, кыжырдангычтыктан да, жүүнү боштуктан да, кыбыраактыктан да толук арылтат, буга эч күнөмсүз ишенүүгө болот. Анткени бардык ушул аномалиялар (нормадан четтөөлөр) балдардын психикалык толук нарксыздыгынын натыйжасы эмес, көп жылдар бою окуудан жетиште албагандыгынан алардын табигый психикалык коргонуу реакциясы болуп эсептелет жана ошого байланыштуу жеме угуулардын натыйжасы да болуп саналат. Сөз укпоочулук, жөнү жок эрдик жана оройлук — ошол эле психикалык реакциялардын туунду көрүнүштөрү: мисалы, өспүрүмдөр бардык болгон жүрүм-турум адаттарга өчөшүп, эрегишип болсо да көнүккүсү келишет.

Мектептен үйлөрүнө бүгүн кайтып келген миллиондогон балдарга ата-энелери бишбирдей суроолорду беришет. Биринчи: «Суралдынбы?» Эгер «ооба» же, анда аның артынан токтоосуз экинчи суроо коюлат: «Эмне алдың?» Андан кийин боло турган реакцияларды бардыгын сапап чыгуу мүмкүн эмес. Бирок алардын арасында биздин оюбузча жалгыз гана бир эң маанилүү персе бар. Интен жеңил толкундануудан баштап ачык туталанын кыжырданууга чейинки толуп жаткан оттенкалар бар. Аның себеби — мугалимдин аракеттерине макул эместик. Эгерде информациялардын булагы окуучунун өзү болуп жатса, макулдук кайдан болмок эле? Бүгүн биз «үй-бүлө жана мектеп» деп айтабыз, бирок чындыгында үй-бүлө өзүнүн татаал түйшүгү менен өзүнчө, мектеп болсо айласыз көп кыйынчылыктары менен өзүнчө болуп жатпайбы. Алардын информацияларын өз ара байланыштыруучу жалгыз булагы — куулукка үйрөнгөн окуучу. Алмаштыруу бөлүкчөсү «Нимезон». Аның өзүнүн психологиясы жана ишенимдүү иштөөчү коргонуу реакциялар системасы бар.

Балдары окуп жаткан класстагы сабактарга кайсы ата-эне катышкысы келбесин? Класстагы абалды, мугалимдин ишин көрүп, мүмкүн болсо эч болбогондо бир жолу өзүнүн баласының жообун ким уккусу келбейт? Эксперименттик класстардагы сабактарга ата-энелер каалаган күнү, каалаган убакта катышууга укуктуу. Бирок окуучунун аның ата-энеси катышып олтурганда суроо —

бул өтө түйшүктүү жумуш. Магнитофондук суроо мына бул проблеманы чечүүдө да өтө ыңгайлуу: магнитофондук жазууларды класс жетекчилери да, предметтик мугалимдер да, ата-энелер да, ал гана эмес окуучулар өздөрү да уга алышат.

Жаңы методиканын негизги принциптеринин бири ачык айкындык принциби. Бул принциптин бир элементи магнитофондук жазууларды ачык көрүнөө угуу болуп саналат. Окуучулар иштин жаңы формаларынын мазмунун андап түшүнө баштаганда жана алар өздөрүнүн речин өстүрүү боюнча алгачкы гана кадам жасашкан убакта мугалимден бөлөк эч кимдин сабакка катышууга жана магнитофондук жазууну угууга тыюу салынат. Адаптация (үйрөнүү) мезгили азыр бир жыл деп аныкталган. Кийинчерээк бул мөөнөт бир кыйла кыскарат, бирок балдарга байланыштуу болгон ар түрдүү экспериментте ал сакталат. Балдардын жөндөмдүүлүгүнүн өсүп-өнүгүүсү «айланачөйрөнүн» тескери таасирлеринен ишенимдүү түрдө корголууга тийиш.

Магнитофондук суроону өтө этияттык менен, атап айтканда жаңы методикалык шарттарда 3—4 ай иштегенден кийин, инерттүүлүк, жай баракаттык, жашыруун айтып берүүлөр, көчүрүп алуулар, жумушчу убакытты курулай коромжулоо сыяктуу традициялык методикадан келип чыгуучу бардык тескери көрүнүштөрдөн класс толук арылгандан кийин киргизүү керек. Ушундан кийин гана мугалим акырын үндүү суроо үчүн азырынча жалгыз бир гана окуучуну өзүнө чакырат. Класс үчүн бул — өзүнчө эле бир укмуштуудай чоң окуя. Ошондуктан ошол сабактагы окуучулардын реакциясын жашыруун камеранын жардамы менен кинопленкага тартып алган өтө кызыктуу болмок.

Бул сабактагы окуучулардын жазуу иштерине убакыт 15—20% ке көбөйтүлөт. Сыртынан караганда окуучу чыныгы иштин бар болгону жумушчу убакыттын 3—5% ине гана алаксыйт, коромжуланган убакыттын калган 12—15% ине ички процесстер — болуп жаткандарды баамдап түшүнүү, кошо кубануу же кошо кейүү, өзүнүн абалын анализдөө кирет.

2—3 сабак өткөндөн кийин жаңылык натыйжа бербей калат да, эми мугалим суроого 2 окуучуну чакырууга өтөт. Ошондон кийин гана окуучуларга магнитофондук суроо кандайча жүргүзүлөөрүн айтып берүүгө болот.

Магнитофондук суроого өтөөр замат эле үйлөрүндө магнитофондору болгон бардык окуучулар өздөрүнүн

жоопторун магнитофондук тасмаларга жаза башташат жана аларды эртең мененки дене-тарбиялык көнүгүүлөр учурунда, чийме жумуштарын аткаруу кезинде жана мүмкүнчүлүк болгон башка бардык учурда бир нече жолу угуп чыгышат. Натыйжада сабактарга даярдануунун жумшалуучу убакыт кыскарып, окуучулардын жооптору сабаттуураак жана тагыраак болуп, көп окуучунун күндөлүк режими рационалдуу жана тагыраак болуп калгандыгы дароо эле белгиленди. Тилекке каршы, азырынча сабактарга даярдануунун мындай формасы өтө сейрек: магнитофон азырынча биринчи муктаждыктагы буюм боло элек, бирок эртеңки күнү кир жуугуч машиналар, муздаткычтар жана телевизорлор сыяктуу эле магнитофондор да ар бир үй-бүлөдө сөзсүз болот.

Оозеки суралууда окуучулар же таяныч сигналдары бар баракчалардан (магнитофондук жана акырын суроодо), же таяныч плакаттардан (доскага чыгып жооп берүүдө) пайдаланышат. Мындайча суроодо окуучулардын психологиялык эркиндиги анын бир катар объективдүү түзүүчүлөрү менен аныкталат.

1. Айтып берүүчү ангеменин планын эске тутуп туруу, ангеменин өзүн айтып берүү, өз ара байланышкан таяныч сигналдардын арасындагы абзацтарды толтурууга керектүү материалды ойдон иштеп чыгуу сыяктуу бир топ операцияларды бир мезгилде аткаруу зарылдыгы жокко чыгарылат. Профессор В. В. Давыдовдун изилдөөлөрү көрсөткөндөй, бир нече ойлонуу операцияларын бир мезгилде адамды тез чарчатат же ошол операциялардын ар бирин натыйжасыз аткарууга алып келет.

2. Жаңы терминдерди, аттарды жана даталарды пайдалануу жеңилдейт, бул болсо өз кезегинде күтүлбөгөн чоң натыйжа берет: окуучулардын сүйлөө речи «айта турган болсок», «эми болсо», «мындайча айтканда», «анан», «боло турган болчу болсо» ж. у. с. жараксыз киринди сөздөрдөн тазарат. Буга чейин мындай сөздөрдү жооп берип жатышканда окуучулар жаңы сөздөрдү жана керектүү речтик түзүлүштөрдү ойлонууга убакыт утуш үчүн гана колдонушчу.

3. Милдеттүү түрдө айтылып берилүүчү ангеменин чегинин такталып көрсөтүлүшү кокусунан болуучу үзүлүштөрдөн толук арылтат, нйгиликке жетишүү ишенимин туудурат жана ошону менен сабактын психологиялык климатына жакшы таасир берет.

Маселелерди каалагандай тандап алуудан жаралуучу окуучулардын өздөрүн эркин сезиши, окулуп өтүлгөн ма-

териалды эстеп кайра калыбына келтирүүгө жана өзөкчө тин өнүгүшүнө мүмкүндүк берүүчү таяныч сигналдардын көрсөтмөлүү системасы — мына ушунун бардыгы, жалгыз бир максатты: **окуучу жеңиштүү окууга тийиш!** дегенди көздөйт. Ар түрлүү ишмердүүлүктүн шарттарында өткөрүлгөн канадалык психиатр Ганс Сельенин көп сандаган психологиялык тажрыйбалары эң жогорку даражада (стресс) чарчагандык — бул такай көңүл калып иренжигендиктин жана жол болбогондуктун түздөн-түз натыйжасы экендигин ырастады. Ийгилик көңүлдүн көтөрүлүүсүнө, окуу эмгегинин натыйжалуулугунун жогорулашына жардам берет.

ЧЫГАРМАЧЫЛ КОНСПЕКТ. Таяныч сигналдарын түзүүдө окуучулардын чыгармачылыктуу иши канчалык даражада болуу керек? 1971-жылы СССР ПИА сы тарабынан түзүлгөн комиссиянын мүчөсү профессор Л. М. Фридман эксперименттик класстардын бирөөндө эң кызыктуу тажрыйба өткөрдү. Эркинче тандалып алынган тогузунчу класстын 12 окуучусунун ар бирине мектеп китепканасынан бирден китеп берип, алардын 1,5 дан 2 ге чейинки беттеринде тексттердин мазмунун символ түрүндө туюнтуп көрсөтүүнү сунуш кылган. Бул жумушту аткарууга академиялык саат (бир саат 45 минута) убакыт берилген. Иштин жыйынтыгы таң каларлык жакшы болуп чыкты: балдар алдына коюлган тапшырманы эң сонун аткарышты. Алардын тандап алышкан символдорунун кооздугу, тактыгы жана далилдүүлүгү эч кандай келишпестикти туудурган жок. Бул эмнени көрсөтөт? Бул жаңы методикалык системада тогузунчу класстын окуучуларында иштөөдө 11 айдан кийин эле өздөштүрүлгөн билимдерди жана билгичтерди ташымалдоонун кеңири, активдүү жаңа туруктуу зонасы пайда болду дегенди билдирет. Кийинки жылдарда жүргүзүлгөн байкоолор жана ошол окуучулардын жогорку окуу жайларындагы жетишүүлөрүн 5 жыл бою анализдөө да дал ушул корутундуну ырастады.

Эксперименттик класстарда ар бир 15—20 сабактын бир сабагында окуучулар таяныч сигналдары бар баракчаларды түзүү боюнча чыгармачыл жумуш аткарышты. Мисалы, V класста географияны окутууга (32 сабакка) чыгармачыл эки жумуш, VI класста физиканы окутууга (41 сабакка) чыгармачыл эки жумуш, X класста астрономияны окутууга (21 сабакка) чыгармачыл бир жумуш ж. б. каралган. Ушунун өзү эле балдардын чыгармачыл өз алдынча активдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн жетиштүү экендигин практика көрсөттү.

Эгер окуучулар ар бир сабакка таяныч сигналдары бар баракчаларды өз алдыларынча даярдашса, анда эмне болот?

Бардан мурда мугалим бир катар себептерге байланыштуу мындай жумуштарды текшерип чыга албайт.

1. Календарлык ар бир сабакка 1 сааттан көп убакыт жумшоо талап кылынат.

2. Ар бир окуучунун тандап алган символдорун объективдүү баалап чыгуу мүмкүн эмес, ошондуктан аны түшүндүрүү зарылдыгы келип чыгат. Мындай ангемени жарым жылдыкта бир жолу өткөрүүгө болот жана ал керек, бирок ар бир сабакта бул мүмкүн эмес.

3. Баа коюунун ыраатгуулугу жана тартиби бузулат, натыйжада «окуучу — мугалим — ата-эне» үч бурчтугунда көптөгөн чыр чатактар келип чыгат.

4. Балдардын аткарган иштерин ата-энелердин контролдон туруусунун системасы бузулат. Стабилдүү окуу китептеринин тигил же бул белүмдөрү символдор менен камчылык толук жана ыраатгуу көрсөтүлгөндүгүн алар кайдан билишсин?

Бирок, бул дагы баары эмес.

Таяныч сигналдары бар баракчалар кийинки сабакка даярдануу да, окуу иштеринин ар түрлүү этаптарында окуу материалын кайталоодо да өтө керек. Дал ошондуктан алар аябагандай чеберчилик менен жасалууга тийиш албетте, бул ар бир эле окуучунун колунан келе бербейт. Окуучулар өздөрүнүн жеке символикаларына көнүгүп калышса, анда аларды көчүрүү жана бүтүрүү экзамендерине даярдоо үчүн кайта жалпы класстык символикага өткөрүү канчалык кыйын болот?!

Эң акырында дагы бир психологиялык фактор.

Таяныч сигналдардын системасын түзүүдө дароо эле анын жакшы вариантына эч ким, эч качан жетиште албайт. Ал үчүн адатта, анын керектүү эң акыркы вариантынан бир кыйла айырмалуу болгон 3—4 алгачкы жумушчу долбоорун жасоого туура келет. Мына ушуларды эстен калуу керек да! Ал болсо өтө татаал, себеби биринчи варианттардын көптөгөн деталдары эсте сакталып калат. Баракчадан тигил же бул символду алып таштоо — бул оной эле иш, бирок эстен алып таштоо бир топ кыйын.

Демек, таяныч сигналдары бар баракчалар, ошондой эле аларга кошумчалануучу плакаттар да авторлор коллективи тарабынан даярдалууга тийиш жана алар методикалык колдонмолордой эле басмадан басылып чыгарылуусу керек.

Жаңы материалды түшүндүрүү ар кандай сабакта ар кандай мугалим тарабынан эң эле күтүлбөгөн формада жүргүзүлүшү мүмкүн. Бирок мугалим доскага бир дагы нерсени жазбаган сабак болбойт. Мындай жазуулар кээде көп, кээде аз болот. Момундай бир ойго келбей турган вариантты элестетип көрөлүчү. Сабак бүтөөрү менен мугалимдин жазган жазуулары бар класстык доскаңы окуучулардын биринин үйүнө жеткиришти дейли. Натыйжада окуучулардын бардыгы келерки сабакка жалаң окуу китептери менен гана даярданышат, ал эми тигил окуучу болсо сабакка даярданып жатып, улам-улам өзүнө таанып болгон мугалимдин жазууларын, сүрөттөрдү карап турат. Мындай окуучунун ишинин үзүрлүүлүгү жогору болуп калаары эч кимди күнөм санатпайт: айрым маалыматтар, цифралар жана жазуулар бул окуучунун эсине мугалимдин интонациясы жана жандоо, шилтөөлөрү, жоруктары менен ассоциацияланат. Сабакта болгон тамашаларды, ачууланууларды, сүйүнүүлөрдү, өтө кумаранууларды — ушулардын бардыгын доскага күчөтүп көрсөтөт.

Мына дал ушундай досканы сабактан кийин ар бир окуучу өзү менен кошо үйүнө алып кете турганын жаңы методика камсыз кылат. «Таяныч конспект», таяныч сигналдары бар баратар деген эмне экени мына ушунда, алар «досканын түрлөрү» болушат. Мындай методикалык колдонмолорго каршы чыгуу — бул класстык доскага каршы чыгуу, борго каршы болуу, жаңы материалды түшүндүрүү кезиндеги жазууларга каршы болуу... дегендикке жатат. Башкача айтканда, окууну жеңилдетүүчүлөрдүн бардыгына каршы чыгуу.

Жаңы методикалык негизде иштөөчү ар бир мугалим өзүнөн кийин класска калтырып кетүүчү бүгүнкү күнкү доска — бул мыктылардын мыктысы! Ал башкача болуусу да мүмкүн эмес: таяныч сигналдарды компановкалоолор үстүндө, мындай «досканы» даярдоодо бүтүн авторлор коллективи эмгектеништи. Иштегенде да бир күн — же эки күн эмес — айлап иштеди. Сабакта эмес тынч кабинеттерде иштеди. Ар бир деталын, ар бир мүнөздүү сызыктарын өтө ойлоштуруп иштеди. Басма белгилерди эсептеп, мүмкүн болушунча локалдуулукту, элестүү-көрүнүктүүлүктү жана илимий тактыкты камсыз кылып иштеди.

АЧЫК ПЕРСПЕКТИВАЛАРДЫН ПРИНЦИБИ. Ар бир балага мектептен да, үйдөн да, газета-журналдардын беттеринде да, телевизорлордун экрандарынан да «жакшы болуу керек» деп бүгүн көп айтылат. Бирок айлана-чөй-

рөндө ушунчалык азгырык көп болуп жатса, жакшы болмок оюнбу? Жанында жакшы эмес, бирок эч нерседен көр болбой, эч кимден коркпой, өзүнчө «жыргап» жашап жаткандар бар кезде жакшы болмок оюнбу?

«Чоюоюп өскөн кезинде...» деген сыяктуу бала ишенбей турган эң эле коркунучтуу аргументке таянып тим болобуз. Бул куру бекерлик. «Биринчиден, ага чейин көп бар, экинчиден мен үлгүрөмүн. Жаңы окуу жылынан баштап абдан киришпесем!»...»

Келээрки окуу жылы ушундай эле жылуу күздөн башталып жолдоштору короодо моокулары канганча топ тээп жүрүшөөрүн, афишаларда мындан да кызыктуу жаңы фильмдердин аттары жазылаарын, борбордук телевидение «Жаздын 17 ирмеми» же «Адъютант и его превосходительство» дегендерди кайрадан көрсөтөөрүн... он эки жаштагы бала кайдан билсин.

«...Сабак окуу керек» деп биз күн сайын буйругубузду кайталай беребиз.

Ал эми окуучу болсо: «сабак окуу керек, бирок анын кандай пайдасы бар, кече күнү окудум, окудум, ал эми бүгүн мени бир да предмет боюнча сурашкан жок. Анын үстүнө, бардыгын окуп билүү мүмкүнбү? Кече күнү телевизордон да справочниктерден пайдалануу керек деп айтпадыбы» — деп ойлойт.

Эгерде мына ушул айтылгандардын бардыгына дагы бир фактыны — билимдерди баалоонун азыркы көз боемочулдугун, күн мурунтадан жаман ойдо болуучулукту кошумчаласак, анда иштин биз айткандай тез оңолушуна эмне үчүн мугалимдердин көбү эчак эле ишенбей калышкандыгы түшүнүктүү болот. Мындагы логика жөнөкөй эле. Мурда «үч» жана «эки» деген бааларга окуган окуучу күгүлбөгөн жерден эле сабакты эң жакшы окуп келди. Жалгыз бирди гана. Андан көпкө анын күчү да, мүмкүнчүлүгү да жок. Мугалим ага «беш» коебу же жокпу? Мугалимдин психологиясы кандай болоорун карап көрөлү. Начар окуучуга класстык журналга «беш» коюу — бул администрация жана класс жетекчиси тарабынан бүткүл окуу жылы бою коюлуучу жемелөөнүн өз мааниси эч качан жоготпой турган себеби болуп эсептелет. Окуучу андан ары да сабакка ушундай эле жакшылап даярдана турганына мугалим ишене алабы? Мындай ишеним мугалимде жок. Демек, бул окуучунун андан кийинки ар бир үзгүлтүгүндө эми аны мугалимдер да күнөөлөшөт: «Сиз ага мына ушул «бешти» өзүңүз койбодуңуз беле! Демек, ал бешке окуй алат да!» Мына ушул

сыяктуу эмне кылуу керектер — мугалимдин өзүн-өзү коргоо рефлексине мажбур кылат. Бирок мында мугалим өзүнүн ишенимине каршы чыгат деп ойлоого болбойт. Эч качан. Баланын эң жакшы жооп бергендигине карабастан, ал ага мурдагы өтүлгөн материалдар боюнча инструктивдүү нормаларды эч бузбастан, бир нече кошумча суроо берет да үч же төрт коет.

НАРКЫНА ТАТЫРДЫК БААЛОО! Жакында педагогикалык кеңеш алуу үчүн Новосибирскиден Донецкиге VII класстагы окуучунун атасы келди. Анын мындай келишинин себеби орундуу экен. Анын уулу Сергей менен болуп өткөн таржымалы мындай экен. Бир нече предмет боюнча бала эчак эле үмүтсүз артта калган, бирок биологияны жакшы көрчү экен. Атайын адабияттарды көп окуп, үйүндө кичинекей айбандарды багат экен. Бирок мугалим ага биология сабагында эч качан төрттөн жогорку баа койчу эмес. Эмне үчүн андай экенин айтуу кыйын, бирок көптөгөн экилердин арасында аның кое турган беши өтө эле одоно көрүнөт деп корккондугунан болушу ыктымал. Мугалим Сергейге аквариумда өстүрүлүүчү балыктардын турмушу жана жүрүм-туруму жөнүндө доклад жасоону тапшырганга чейин иш мына ушундайча болуп келген. Сергей докладга аябай даярданган. Докладды ал класстагы окуучулар ооздорун ачып, айран-таң калгандай окуган. Коңуроо угулду, мугалим окуучуларды карман турбоо үчүн эч комментариясыз кыскача «төрт» деп айтуу менен чектелди.

III чейректе Сергейдин күндөлүгүнө дагы бир эки коюлду, ошондон кийин ал биологияны окуудан тартакыр баш тартканы.

Мына ушул окуядан кийин сабактын аягында бардык окуучуларга таяныч сигналдары бар баректер таратылып берилип, ар бир жаңы сабак дал ошол сигналдарды кайра калыбына келтирүүдөн башталган шарттагы класстагы каалаган окуучунун абалы кандай болоорун элестетүү кыйын эмес. Бул эч бузулгус окуу традициясы болуп калат, ал гана эмес эч кыйшаюусуз дайыма сакталган ритуал болуп калат. Таяныч сигналдарын кайра калыбына келтирүү боюнча иштелген ар бир жазуу жумушуна күнүнө баа коюлат жана мында коюлуучу баа мугалимдин субъективдүү көз карашына көз каранды эмес. Катасы жок мыкты аткарылган жазма иш үчүн эч кандай кошумча талапсыз беш гана коюлууга тийиш. Демек, ар бир окуучу **каалаган күнү жана каалаган сабакта турмушун жаңыдан баштап алат!** Сергей жөнүндөгү тарыхты эскерип

көролучу, жаңы методика мындай окуяларды практикадан толугу менен айдап жокко чыгара тургандыгын оной эле түшүнөбүз. Бул факторду белгилеп, биздин анализди уланталы.

КҮНҮГӨ! Каалагандай экилердин негизин жокко чыгаруучу башка дагы эки фактор — булар: системалуу түрдөгү жазуу иштери жана ал иштерди күн сайын баалап туруу болуп эсептелет. Бул багытталган аракеттин психологиялык эң күчтүү факторлору болушат. Төртүнчү — кыйыр фактор: алгачкы 2—3 сабактан кийин эле ар бир окуучуга анын биринчи ийгиликтери **эч ким эмес, анын өзү менен гана** аныктала тургандыгы ачык болот. Эгерде традициялык шартта иштөөдөгү мугалимдин койгон баасына макул эместик — бул дайыма сакталуучу педагогикалык өнөкөт оору болсо, анда таяныч сигналдарды кайра калыбына келтирүүдө иштелген жазуу жумушуна коюлган баа өзүнүн жаратылышы боюнча окуучу тарабынан эч кандай кекээрленүүнү пайда кылышы мүмкүн эмес.

ОБЪЕКТИВДҮҮ! Эгерде окуучу өзүнө жакпаган баасын каалаган күнү ондоого акылуу экенин эске алсак, анда бул фактордун психологиялык күчү зор экендиги даана көрүнөт. Жазуу ишине беш деген баа алуу үчүн окуучу аны үйүнөн канча кааласа ошончо жолу иштеп чыгышы жетиштүү болот.

АШЫКЧА ТАПШЫРМАСЫЗ! Алгачкы мезгилде бул кээ бир окуучулар үчүн жеңил эмес, бирок мындай кыйынчылык 2—3 жумага гана созулат. Андан кийин окуучулардын дээрлик көпчүлүгү экинчи, кээде үчүнчү жолу аракеттенүүдөн баштап жазуу жүзүндөгү жумуштарды катасыз, мыкты аткара башташат. Буга жумушчу убакыттын саналуу гана минутасы сарпталат. Мына ушул эң маанилүү фактыны эксперименттик түрдө ырастоо үчүн окуучуларга мектепте сабак бүтөөр замат жазуу жүзүндөгү жумуштарга даярдануу сунуш кылынган. Изилдөөгө баштапкы даярдыктары ар түрдүү деңгээлдеги жүздөгөн окуучулар катышкан. Изилдөө жумуштары IV дөн X класстарга чейинки бардык окуу параллелдеринде жүргүзүлгөн. Окуучунун бир сабакка даярданууга кетирген орточо убактысы 15 минутадан ашпайт (эң азы 8 минута, эң көбү 25 минута).

АТА-ЭНЕЛЕРГЕ ДА ПЕРСПЕКТИВА КЕРЕК. Бешинчи фактор — **ата-энелердин контролдугу.** Бул фактор азыр да орун алат, бирок анын мүмкүнчүлүгү эң эле жупуну, чектелген: ортонку класстарда да, жогорку класстарда да ата-энелер окуу предметтеринин ар бири боюнча окуу-

чунун сабакка даярдануусун текшере алышпайт. Эгерде окуучу мектептен таяныч сигналдары бар баракгарды кошо алып келе турган болсо, анда иш башкача. Бул учурда ата-энелердин жардамы таасирлүү да, багыттуу да болот, эч убакта үй-бүлө ичиндеги өз ара мамиледе жана үй-бүлө менен мектептин катнашында эч кандай чыр-чатактын болушу мүмкүн эмес. Мунун өзү түшүнүктүү; ата-энелерге өздөрүнүн балдарынын жазган жумуштарын мектептен алынган таяныч баракгардын оригиналы менен салыштыруу эч кыйынчылыкты туудурбайт. Бул иш башталгыч класстардагы кенже балдар үйлөрүндө ыр жатташканын, анча татаал эмес маселелерди чыгарышканын ата-энелери контролдукка алып турганга бир кыйла окшош. Контролдукту мындайча уюштурууда мектепте эч кандай кокустуктун болушу мүмкүн эмес. Бирок жаңы методикалык негизде иштөөдө ата-энелер күн сайын өздөрүнүн балдарын контролдоо менен эле алек болушат деп ойлоого болбойт. Мындай эч болгон эмес. Окуучулардын дээрлик көпчүлүгү биринчи эле күндөн баштап беш деген баалардын деңгээлинде иштей башташат жана ошондуктан мындай группадагы балдарга карата ата-энелердин контролдугу адатта аларды өз убагында: дем алууга, спорттук секциялардын занятиелерине же техникалык чыгармачылыктын кружокторуна жиберип туруудан гана турат. Бир аз убакыт өткөндөн кийин бул группанын окуучулары бир кыйла көбөйөт да класста белгилүү гана сандагы окуучулар гана калат, алардын ата-энелери мезгил-мезгили менен өздөрүнүн балдарынын иштерин контролдоп турушат. Педагогикалык бул фактыны Л. С. Выготский мурда эле өзүнүн жакынкы өнүгүүнүн зонасы жөнүндөгү теориясын сунуш кылууда алдын ала көрсөткөн «Бала бүгүн чоңдордун жардамы менен жасаганын эртең ал өзү жасай алат. Мына ошентип, жакынкы өнүгүүнүн зонасы бизге баланын эртеңки күнүн, өсүп-өнүгүүсүндөгү жетишилгенин гана эмес жетилүү процессиндегилерин да эсепке алуучу өсүшүнүн динамикалык абалын аныктоого жардам берет»[1].

ПСИХОЛОГИЯЛЫК СВЕТОФОРЛОР. Төмөнкү эки фактор өз ара бири-бирине байланыштуу. Алардын бирөө — таяныч плакаттын ачык стенддеги түрдүү түскө түшүрүлгөн үлгүсү. Таяныч сигналдын 2—3 үн эстеп калбай

[1] *Выготский Л. С.* Избранные психологические исследования. М., 1956, 448-б.

анын жанынан тим эле өтүп кетүү мүмкүн эмес. Эгерде мындай үлгүлөр мектептин ар кайсы жерине илинип коюлса, анда алар бир эле күндүн ичинде окуучунун көзүнө кеминде 15—20 жолу чалдыгат эле. Ошондуктан алар эч качан таасирсиз калбайт. Онунчу класстын окуучулары мындай стендаларга кадимкидей иштиктүү жоопкерчилик менен, өздөрүнүн ички кадыр-баркын сезүүчүлүк менен мамиле кыла турганын четтен байкап көрүү өтө эле кызык. Жалгыздан өтө сейрек кездешет. Көзүнчө эки-экиден же группа менен карап көрүшөт. Алар стендалардын жанында турушуп ангемелешет, кээде талашышат, кээ бир деталдарды такташат да, акырын тарап кетишет. Жаш балдардын — митаамдыгы жок, алар көөдөк келет. Жүгүрүп келип, көрүнбөгөн тоскоолдукка учураган сыяктуу токтоп, тым-тырс боло түшүп, бир нече секунда бою блоктордун бирөөн тигиле карайт да, андан соң көзүн жуумп, акырын эриндерин кыбыратып, кандайдыр бир абзацтарды кайталайт. Дагы бир секунда өткөндөн кийин кайтадан өзүнүн ойноосун улантат.

ОКУУ — КОЛЛЕКТИВДҮҮ ПРОЦЕСС. Традициялык шартта иштөөдө окуучулар бири-биринен жардам сурап өтө сейрек кайрылыша тургандыгы практикадан белгилүү. Өзгөчө теориялык маселелер боюнча. Эмне жөнүндө суроо керек? Бардыгынын окуу китептери бирдей. Убакытты пайдалана албасаң кем акыл атка коносун. Сигналдардан пайдалануууда иш башкача болот. Алар ушунчалык көп жана татаал, ошондуктан алардын кээ бирөөлөрүнүн ролун жана колдонулушун ким да болсо унутуп калышы мүмкүн. Бирок анын коркунучу жок: жолдоштору дайыма жардамга келишет. Унутулуп калган сигналдарды окуу китебиндеги текст менен салыштыруу боюнча өткөрүлүүчү оюн-иштерге класстагы балдардын бардыгы катышканда спорттук кызыгуучулук кандай күчтүү болот дейсиң! **Коллективдин бирдиктүү эмгек кызыкчылыгы** А. С. Макаренко өзүнүн эмгектеринде талыкпай дайыма айтып кеткен өз ара байланыштарды түзөт.

Үндү акырын чыгарып суроолор да, жазуу жүзүндөгү суроолорго даярдануунун жалпыга жеткиликтүү методикасы да, ачык стенддер да, дайыма жардамга келүүчү жолдошторунун мамилесин сезүү да жана башка көптөгөн методикалык ыкмалар ар бир окуучуда өзүнүн кадыр баркын сезүүгө мүмкүндүк берет.

Окуу эмгегинин сапаттык эволюциясы дээрлик бүт окуучуну окуунун натыйжалуулугунун жогорку деңгээлине жеткирет, окутуунун традициялык шартында мындай деңгээлге

гээлге окуучулардын үчтөн бири да көтөрүлө албайт. Башкача айтканда, ар бир окуучу сөздүн толук чын маанисинде алганда да жакшы окуучуга айланат. «Жакшы окуучу эч кандай кыйынчылыктан коркпостон окуйт, иши кылып илимге ээ болууну каалап... күйүп жанат, ал гана эмес, эмгектен качмак турсун, кайта аны издейт, чымыр» кануудан жана кыйынчылыктан коркпойт...» (Я. А. Коменский).

АВТОГЕН ЖАНА БОЕК МЕНЕН. Методиканын кээ бир жаңы башка элементтери менен таанышуу үчүн эксперименттик класстардын бирөөнө кирип көрөлү. Адегенде эле биздин көзүбүзгө бир орундуу кичинекей столдор урунат. Алардын кээ бирлери кадимки эле стандарттуу түтүк буттуу парталарды автоген менен экиге бөлүп жасалган, башкалары болсо — пластика менен жабылган, бут коюуга ыңгайлуу таянычы бар жана портфель үчүн текчеси бар кадимки эле типтеги столдор. Алардын бети горизонталдуу. Бул атайын ошондой жасалган, анткени эксперименттик программаларда план боюнча өткөрүлүүчү көп сандаган практикалык жумуштар бар, аларды жантык беттүү столдорго аткаруу ыңгайсыз. Кошумча белгилей кетели: бардык практикалык жана лабораториялык жумуштарды балдар жекече аткарышат. Эгерде ал үчүн керектүү жабдуулар жетишпесе, анда бирге иштешет.

Кадимки класстык бөлмөгө 40 столчо коюлат. Алар ар биринде 5 тен болуп, 8 катарга орундаштырылат. Столчолордун арасында 4 өтмөлүк бар. Бөлмөнүн капталдагы жактарындагы столчолор капталга такай коюлат жана алардан балдар доскага бир жаккы өтмөлүк боюнча гана чыгышат.

КЫЙМЫЛДЫН ЭРЕЖЕСИ. Калган бардык окуучулар доскага эки жагынан чыгышат. Бир кичине деталь: окуу жылынын башында эле мугалим балдарга отурган ордунан доскага кандайча чыгуу керек экенин айтып, дайыма ошол эрежени сактоону сураиат, доскага чыкканда мугалим жооп берип жаткан окуучуга тоскоол болбой тургандай өтмөлүк боюнча жүрүү керек, ансыз орто эсеп менен 3 секунда убакыт текке кетет. Кадимки сабакта доскага 15—20 окуучу чакырылып чыкканда убакыттын текке коромжу болушу сезилип турат — 30—40 секунд. Ал эми өз ара контролдошуу сабактарында, же бир эле сабакта доскада 50—60 киши алмашылып өткөрүлүүчү көнүгүүлөрдү чубуртуп чыгаруу сабактарында убакыттын текке кетиши 2 минутадан ашып кетиши мүмкүн, буга жол берүүгө болбойт.

АКСЕЛЕРАТТАРДЫ УРМАТТАГЫЛА! Көп жолку хронометраждар убакыттын текке кетип жаткан дагы бир жагын — окуучулардын ордунан жооп берүүлөрү экендигин аныктады. Эврикалык ангемелерди өткөрүүдө жоопторго карата ар түрлүү кошумча пикирлерди жаңы материалды баяндап айтууда ар бир сабакта окуучунун отургучту артка жылдырып өйдө туруусуна, андан кийин аны кайта алдыга жылдырып ордуна отуруусуна гана 3 минутадан көп убакыт кетет. Мындан тышкары окуучунун ордунан туруп, кайра олтурганына байланыштуу чуулдоодон бардык башка окуучулардын көңүлү алагды болуп бошко кеткен убакыт канча. Корутунду: ар түрдүү суроолорго жооп берүүлөрдө окуучулардын ордунан турушунун кереги жок. Бул жерде линецктиктерди кантип эстебейсиң, өз учурунда абдан даназаланып өткөн линецктик методдо да дал ушул ой жакталып айтылган. Андан бери канча жыл өттү, бирок мына ушул эң соңун ыкма жөнүндө азырга чейин бирдиктүү сунуш боло элек. Ойлонуу инерциясынын күчтүүлүгү мына ушунда. Иш мында убакытты түз үгүп алууда гана эмес, Бул «жаңылыкты» психологиялык көз караш менен баа берип көрөлү. Азыркы онунчу класстын окуучусу деген ким? Согончогунан төбөсүнө чейин 180—190 сантиметр. Мындай жомоктуу эр жүрөк ордунан турат да жөнү жок орунсуз жооп берет. Же анысы аз келгенсип унчукпайт. Кандайча? Бул фактынын өзү кадыресе иш. Биз өзүбүз ар дайым эле бардыгын билебизби? Биз өзүбүз эч качан эч кандай каталык кетирбейбизби? Биздин өзүбүзгө — жаңылуучуларга окуучуларыбыздын каталыктарын элдин көзүнчө көрсөтүү жакшылыкпы? Бул өзү салыштыргысыз: столдо олтуруп же аудиториянын алдында сүйлөп жатып жаңылуу...

ДОСКА, ДОСКА! Класстык досканын өлчөмү 15 квадрат метр (бир керегеден экинчи керегеге чейин), ал эми анын үстүндө негизги доскага карата ар түрлүү 6 абалда жайгаштырыла турган жылып турма 2 канаты бар.

Мындай досканын кээ бир артыкчылыктарын белгилеп кетели.

1. Досканын чоң өлчөмдө болушу оозеки жооп берүү үчүн бир эле мезгилде 6—8 окуучунун даярдануусуна мүмкүндүк берет, бул өзгөчөлүк геометрия сабагында өтө зарыл. Мындай сабактардын өзгөчөлүгү жаңы материалды түшүндүрүп жатканда мугалим чиймелерди аябай так аткарат да, ошолор боюнча жаңы материалды кайталап түшүндүрөт.

2. Окуучуларды улам бири-бири менен алмаштыра ке..

зектештирип суроодо бир эле мезгилде 12—15 окуучу катышат, алардын ар бири өздөрүнүн жообторун кезек кезеги менен чиймелер же сүрөттөр менен коштоп, өз ара текшерүү баракчалары боюнча жооп берип жатышканда чоң доска эч нерсеге тенелгис, эң керектүү роль ойнойт.

Досканын капаттары өз алдынча иштердин тексттерин алдын ала даярдап алып, белгилүү убакытка чейин жашыруун сактап коюуга мүмкүндүк берет.

4. Класста ар бир мисалды чыгаруу анын текстин окуп, шарттарын доскага жазуудан башталат. Бул убакытты өндүрүмсүз коромжулоо болот. Мисалдын шартын доскага даярдап, аны капаттар менен жаап коюп, керек болор замат ачып пайдалануу бир кыйла үнөмдүү.

5. Таанып плакаттар жана слайддар жок болгон учурда таанып сигналдары бар баракчалардын бардык чиймелери жана схемалары сабак башталаарда доскага даярдалат да капаттар менен жабылып коюлат. Досканын чоң аянты аларды кийинки сабакка чейин сактоого мүмкүндүк берет.

6. Капаттардын орундарын өзгөртүү аркылуу сүрөттөрдү тез алмаштыруу окуучулардын байкагычтыгын, эске тутуусун жана кабыл алгычтыгын өнүктүрүүчү толуп жаткан көнүгүүлөрдү аткарууга мүмкүндүк берет.

7. Физикалык кубулуштарды кеңири түшүндүрүүдө досканын капаттары башка куралдар менен бирдикте эң сонун жардам берет. Алардын өзүлөрү болсо бири бирине **бурч** боюнча багытталган кыймылдарды кошууну жана **синусоида** түрүндөгү термелүү кыймылын сүрөттөп көрсөтүүнү жана аткарылышы боюнча эң жөнөкөй болуп, көпкө чейин унутулбай эстелип калуучу толуп жаткан башка тажрыйбаларды демонстрациялоону бир кыйла жеңилдетет.

8. Сабактарда кезек кезеги менен эң күтүлбөгөн жагдайларда кыскача цитаталарды пайдалануунун тарбиялык күчү зор. Кээде аларды жөн эле разрядка үчүн пайдалануу да болот. Мисалы, кезектеги маселелердин арасында мугалим бир аз тыныгуу жасап, ангыча кокусунан досканын капаттарын ачып жылдырат, анда таамай айтылган ылакап сөздөр жазылып коюлган:

«Келесоолор да, акылдуулар да зыянсыз: жарым келесоолор жана кем акылдуулар гана зыяндуу». *И. Гете.*

Буга эч кандай комментариянын кереги жок, ал талап кылынбайт. Ырас бир нече секунда жоголду (?) бирок балдардын ойлонуулары жана өзүн-өзү анализдөөлөрү үчүн канча азык берилди!

Же болбосо физика сабагында айтылган төмөнкү цитатаны алып көрөлү:

Жаңылбас адам болбойт, бирок өз катасын акылсыз гана мойнуна албайт. *Цицерон.*

Дагы бир жакшы нерсе: класстын бүткүл кендиги боюнча досканын төмөнкү негизине 30—35 сантиметрчелик кичине көтөрүңкү орун жасалган. Анын ичи көндөй. Үстүнкү бети 2 бөлүккө бөлүнүп кесилген, алардын ар бири илинип коюлуучу капкактай. Ал көндөйдү ар түрдүү буюмдарды коюу үчүн пайдаланууга болот. Бирок көтөрүңкү орундун негизги колдонулушу таптакыр башкада.

Кадимки класстык доскада окуучунун ийнинен досканын жогорку кырына чейинки аралык 60 см ден ашпайт. Мына ушул ичке тилкеге канчалык аракеттенсе да бор менен бар болгону 2—3 гана сап батырып жазууга болот. Досканын бардык калган бөлүгү ага жазып жаткан баланын ийнинен төмөнкү деңгээлинде, б. а. окуучуларга көрүнбөй турган алкакта калат! Доскада эмне болуп жатканы көрүнбөй калгандыгына байланыштуу окуучулардын кыжырдануулары «Оң жакка жылып койчу бай болгур!», «Көрүнбөй жатат!», «Тоспочу!», «Далдаалап калдың!» деген сыяктуу сөздөр менен туюнтулат. Мындай шартта иштөө — бул биле туруп эле окуучулардын материалды курулай кабыл алып жаткандыгына жол берүү дегендикке жатат. Бул жакшылыкка алып келбейт. Мына эми гана досканын төмөн жагына орноштурулган көтөрүңкү орундун эмнеге пайдаланыла тургандыгы түшүнүктүү. Доскадагы окуучу өзүнүн жазуусун класска көрүнбөй кала турган зонага аткарууга туура келээр замат, ал көтөрүңкү орундан полго түшүп жазат да, ошону менен ал досканын 30—35 см кендиктеги жаны тилкесин ачат.

Класстагы окуучулардын бири да калбай бардыгы бүт бойдон бир дагы сөздү жана бир дагы жазууну калтырбай чогуу ойлонуп иштешкенде гана тааныш билүүнүн кубанычы пайда болот да, бардык математикалык өзгөртүп түзүүлөрдү өз алдынча аткарып, өзүн текшерип көрүүнү каалайт. Мындай абал дээрлик бардык сабактарда болуп турат: эң акыркы патыйжага келмейинче балдар классты таштап, үйлөрүнө кетүүгө эч макул болушпайт. Жеништин энсөөнүн бул сезимин алар көңүлдө ыйык сактала турган эң бактылуу каражат катары мектепте окуунун бүткүл жылдары бою сакташат, анткени ал өзүн-өзү урматтоонун булагы болуп эсептелет. Мына ушул айтылгандардан кийин биринчи эксперименттик класстын бүтүрүүчүсү Рита Резницкаяның «Эмне үчүн сенин зачеткаңдан биринчиден акыркы курска чейин жалаң эле эң жакшы жана жакшы баалар?» деген суроого жообу өзүнөн-өзү түшүнүктүү.

— Кааласаңыздар ишениңиздер, кааласаңыздар ишенбеңиздер, мен башкача боло албаймын. Бул менин жекече милдетим, башкача боло албаймын. Мен мектепте ушундайча көнгөмүн» деп жооп берген Рита.

КҮНҮГӨ ЖОЛДО. Эксперименттик класстын бөлмөсү бай эмес, бирок кичине жаңылык болсо да, ал жөнүндө анда бүтүндөй ачгеме.

Класстын алдыңкы бурчундагы чыга бериш жеринде «справка-автомат» бар. Биз жаңылышканыбыз жок: чынында эле мындагы «справка-автомат» кадимки эле автобустардын станцияларында, темир жол вокзалдарында, шаарлар алдындагы кассаларда топтошкон элдер кыскача, справка мүнөзүндегү информация алуу үчүн колдонулуучу справка-автоматтардай. Бирок бир гана айырмачылыгы бул справкалык комбайндын жеңил алюминий желекчелеринде темир жол рейстеринин расписаниеси эмес, алгебра, геометрия, физика, история жана башка окуу предметтери боюнча таяныч сигналдары бар баректар жазылып жайгаштырылган. Стандарттуу кассетага 152 баракча батат. Физика курсунун VI классында бардыгы таяныч сигналдарынын 39 барагы бар. Алгебра боюнча андан да аз — 22. Бир сөз менен айтканда, кассетада бардык окуу предметтеринин толук курсу бар. Кел дагы каалаган кнопканы басып, каалаган окуу предмети боюнча каалаган баракты карап чык, өзүңдүн билимиңди бекемде, алар азырынча идеялар, жаңы ойлор, жаңы күнөм сапоолор менен байып кете электе иштегин, анткени ансыз чыгармачылык умтулуштардын болушу мүмкүн эмес.

Класстын сол жаккы керегесинде кыскача физика, алгебра, геометрия деп жазылган чоң баректар жайгаштырылган. Алардын бирине жакын барып көрөлү. Бул физика. Баректын сол жаккы бөлүгүндө — класстагы окуучулардын тизмеси. Калган бардык бөлүгү 328 көзөнөктөр — булар стабилдүү «Физика —6» окуу китебине туура келүүчү көнүгүүлөрдүн катар номерлери.

Бул баракты чыгарылган маселелердин эсебин алуу барагы деп атаса да болмок. Маселе доскада чыгарылып жатканда окуучулар эч нерсе жазышпайт. Бирок сабактын акырында дептерлерине бул маселенин чыгарылышын жазып алуу үчүн 2 минута бөлүнөт. Демек, ар бир окуучу маселе доскада чыгарылып жатканда анын мазмунун толук түшүнүп алат да, дептерине аны кыскача жазып алып кетет. Башка учурларда маселенин чыгарылыштарын текшерүү эки методдун бирөө менен ишке ашырылышы мүмкүн.

ТИЗМЕК МЕТОДУ. А Варианты Бул вариантты эң акыркы сабакта колдонуу ыңгайлуу. Маселени биринчи чыгарган окуучу ошол эле замат аны мугалимге текшерүүгө берет. Текшерүү 10 секундадан ашпайт. Дептер окуучуга кайтарылып берилет. Ангыча дагы бир кол көтөрүлдү: маселени экинчи окуучу жазып чыгарды. Экинчи окуучунун чыгарылышынын тууралыгын биринчи окуучу текшерет. Үчүнчү окуучунун чыгарганын экинчиси ж. у. с. текшерипчет. Бул тизмек. Биринчи окуучу экинчисинин чыгарган маселесин текшерип бүткөндөн кийин үйүнө кетет ж. у. с. Тизмек методу боюнча өткөрүлүүчү биринчи сабактарда көнүгүүлөрдү текшерүүгө адаттагыдан 2—3 минута көбүрөөк бөлүнгөн жакшы, мына ошондо ар бир 8—10 секунда сайын класста калуучулардын саны улам бир окуучуга кемий берет.

Контролдук иштердин акыркы минуталарындагы жаңа көнүгүүлөрдү тизмек методу менен текшерүүнүн акыркы минуталарындагы окуучулардын психологиялык абалдарынын бирдей болбостугу ачык: биринчи учурда класстагы окуучулардын жарымы иште башкалардан мурда бүтүрсө, калгандарга кайдыгер мамиле жасап, же андан да жаманы — ач көздүк, көрө албастык кылышат — ар бир контролдук иште баягы эле жакшы окугандар кетпейт эмеспи. Ким жаңа качан «миллион кыйналууларды» баяндап жаза алаар экен, аларга мугалимдер да, ата-энелер да, жолдоштору да, кала берсе алар өздөрү да эчак эле кол шилтеп ташташкан. Он жыл — бул он «миллиондогон кыйналуулар». Кимдир-бирөөнүн математиканы баалар өздөштүрүүгө жөндөмсүз деп аталган кескин ою кылымдар бою каргыш-наалат катары балдардын бүтүндөй муундарын кемсинтип келген. Мына 1968-жылы психологиялык илимдердин доктору, профессор Вадим Андреевич Крутецкий: «Математиканы окуп үйрөнүүгө карата абсолюттук жөндөмсүздүк, мындай алганда, «математикалык сокурчулук» болбойт деп айткан. Психикалык жактан нормалдуу жаңа ден соолугу мыкты ар бир окуучу окутууну туура уюштурууда математиканын мектептик курсун аздыр-көптүр ийгиликтүү өздөштүрүүгө, орто мектептин программасынын көлөмүндөгү билимдерди жаңа билгичтиктерди алууга жөндөмдүү»[1].

«Окутууну туура уюштурууда», биздин оюбузча, азыр сөз дал мына ушул жөнүндө. «Аздыр-көптүр ийгиликтүү»

---

[1] *Крутецкий В. А.* Психология математических способностей школьников. М., 1968, 197-б.

деген кабыл алынбайт. Ал болгондо да ондогон жылдар бою жүргүзүлгөн эксперименттик практиканын негизинде кабыл алынбайт. Азыр эле көнүгүүлөрдүн чыгарылыштары менен тааныштырылган жана кагаздын барагына ошол чыгарылышты кайра калыбына келтирүүдөн башка эч нерсе талап кылынбай турган окуучунун психологиялык абалын байкап көрөлү.

Биринчи сабакта ал өзүнүн алдында турган маселенин маанисин али аягына чейин анча түшүнө элек дейли. Мейли дагы эки сабак өтсүн. (Бул эки сабакта эмне кылуу керек? деген суроону мүмкүн болсо азырынча бербей коё турупуздар. Буга жооп бир аз кийинчерээк берилет). Күндөрдүн биринде өзүнүн математикалык жөндөмдүүлүгүн мурда көрсөтө албагандардын бирөө кокусунан эле (?) көнүгүүнүн чыгарылышын дептерине биринчилерден болуп жазып чыкты, ошондуктан ага отличниктердин биринин дептерин текшерүүгө берди! Класстагы психологиялык абал эң жогорку чекке чейин жетет. Ким текшерет экен?! Биринчи болумуш эткен Першак!!! Кимди??? Назаровду!!! Мына ушул учурда калган «жөндөмсүз» окуучулардын көздөрүн көрүп ал! Кийинки сабакта алардын көзүнчө Першак доскага маселени шакылдатып чыгарат. «Эгерде Першак чыгара алса, анда менин андан эмнем кем?» Чындыгында эле ал андан кем эмес. Першактан гана эмес, Назаровдон да кем эмес. Ал жөн эле кокусунан болуп өткөн шамалдан күйбөй калган очоктун чогундай болот.

Б варианты. Арадагы сабак өтүп, көнүгүүлөр жазылган дептерлер чууруп жыйылып жатат. Аларды текшерүүгө үлгүрбөй калышы ыктымал. Бирок текшерүүгө үлгүрбөйт: биринчи чыгарган окуучу түшкөн дептерлерди кайра-кайра текшерет. Ар бир текшерилген дептерден кийин ага улам-улам жаңы жардамчы кошулат, ошентип отуруп сабактын аягында класста маселенин чыгарылышын жазбаган бир дагы окуучу калбайт.

«Эгерде калып калсачы?» — мындай суроону жаңы методиканын мүмкүнчүлүгүнө такыр ишенбөөчү окурмандардан угууга болот. Бул суроо жогоруда кашаанын ичине алынып коюлган суроого окшош. Ошондуктан азырынча күтө туралы.

В варианты. Класста бир эле мезгилде беш чыңжыр түзүлөт. Алардын ар бири класстын төрүнөн доскага чейин созулган парталар катары боюнча түзүлөт. Бул вариант көнүгүүлөр доскада бир же эки эмес, 3—5 ар түрдүү маселелерден, болгондо да татаалыраак маселелерден

түзүлгөн бүтүндөй комплекстерди чыгарууга окуучулардын даярдык деңгээли жеткенде өзгөчө көп колдонулат. Аларды текшерүү өтө кылдаттыкта жана чыгаруу учурунда айрым гана окуучулар пайдалана ала турган стандарттуу эмес айрым бир варианттарды эске алуу менен жүргүзүлүүгө тийиш.

Ишти мүмкүн болушунча жакшы аткарууга умтулуусу окуучулар аткарган көнүгүүлөрдү текшерип бүткөндөн кийин ар бир окуучу чыгарылган маселелерге дал келүүчү бардык клеткаларын түстүү (адатта көгүш түстө) карандаш менен боеп чыгуу менен бышыкталат. Окурман, сиз өзүңүз ойлонуп көрүңүзчү: көнүгүүлөрдү аткарбай калган окуучунун фамилиясынын тушу бош болуп, ал эми анын жолдошторунун фамилияларынын тушундагы бардык клеткаларынын тилкеси боелуп турса, анда ал окуучу өзүн кандай сезээри түшүнүктүү эмеспи. Бул жүрөктү аралап өтүүчү дарт эмеспи.

САБАКТАРГА КАТЫШПАЙ КАЛУУ БИЛИМДЕГИ КЕМЧИЛИКТЕРДИН СЕБЕБИ ЭМЕС. Эгерде окуучу сабакка келбей калган күндөрү, сабактарда кандай маселелер чыгарылгандыгын дароо көрөт. Эгерде окуучу ал маселелерди өзү чыгара алса, анда бул эң жакшы жөрөлгө ал жөнүндө айтып отуруунун зарылдыгы да жок. Эгерде маселелерди ал өзү чыгара албаса, анда иш башка. Бул учурда мугалим жолдошуна маселе кандай чыгарыла турганын түшүндүрүп берүү үчүн каалаган окуучуга кайрылып суранат. Мында эч кандай педагогикалык тартип бузулбайт: бул маселени чыгарган кезде бардык окуучу катышкан, ошондуктан келбей калган окуучу ошол маселени чыгарып жатканда бүт класс кандай шартта болсо дал ошондой эле шартка коюлуп жатат. Бул — адилеттүүлүк. Биз «каалагандай» деген сөздү бекеринен ажыратып көрсөткөнүбүз жок. Бул жерде да эң чоң психологиялык күчтүн дүрмөтү бар: кала берсе татаал маселени чыгарууда да каалаган консультант боло алат деген ойду ар бир окуучуга жеткирүү керек. Кечээ эле «начар» окуучуга маселени чыгаруу боюнча күчтүү окуп келген окуучуга жардам бер деген сунуш кылуу — бул күчтүү окуучунун «начар» окуучуну урматтоого негиз түзүү дегендикке жатат жана консультанттын кадыр-баркын сезүүсүн күчөтөт. Ал эми эгерде мугалим класстагы эки окуучунун арасындагы бири биринин келишпестигин кокусунан билип калсачы? Көп учурда балдар бири бири менен жарашууга чечкиндүү кадам жасай алышпайт, чындыгында ал үчүн кичинекей бир кадам жасоо гана жетиштүү.

Маселе чыгаруудагы өз ара жардамдаштык нечен жолу дал ушундай кадамдын ролун аткарды.

«ДЕСАНТТЫК» МЕТОД. Окуу жылынын башталышы. Маселени доскага чыгаруу адаттагыдай эле анын чыгарылышын дептерлерге жазуусуз жүргүзүлөт. Бирок иштин эң башталышында каалаган класста, мейли ал IV же VIII класс болсун 10—15 бала азыр эле чыгарылган маселенин чыгарылышын дептерлерине кайра кайталап жаза алышпайт. Бул чындык жана мындан коркпоо керек. Классты көңүл коюп байкоо менен тажрыйбалуу мугалим маселени кантип чыгарууну билбеген, жок дегенде бир нече окуучуну оңой эле табат. Мугалим биринчи дептерди текшерип бүтүп, маселени чыгарган окуучуну башын көтөрбөй тердегенче иштегейсип олтурган окуучунун столуна жиберет. Ал жардамдан эч качан баш тартпайт. Мына ошентип кыйынчылык болгон учурда иштиктүү ангемелешүү башталат. Бир нече секундадан кийин ушундай жардам экинчи, андан кийин үчүнчү столго берилет. Эң акырында мугалим боорукерлик менен, жай гана окуучуларга: «Дагы кимге жардам керек?» деп кайрылат.

Адегенде, уялынкырап бир бала колун көтөрөт, анын артынан башкасы... Иш андан ары уланат. Эртең эң акыркы ишенбөөчүлөктөр жоголот: адамдын чын жүрөктөн боорукерлик менен кайрылуусуна жооп бербей коюуга болбойт. Мына ошентип чабалакейлер өзүнүн балапандарын канатына кондурат. Өзү алар менен кошо айланып учат, эгерде балапан жалкоолук кылса, анда өзүн учкун деп уясынан түртүп да жиберет!

Дагы жана дагы бир жолу айтаарыбыз: **окуучу жеңиштүү окууга тийиш!**

«Педагогикалык десанттар»— аралык методикалык ыкма. «Биринчи эле жарым жылдыктын аягында мындай методикалык жардамга айрым гана балдар муктаж болушат, бирок ар бир жолу маселелердин жаңы татаал классына көчкөн сайын жумуштун бул формасы өтө тез жана так иштелет. Чынжырча болсо мектепте окутуунун бүткүл жылдарында такай пайдаланылат.

ҮЙГӨ ТАПШЫРМА. Кадимки класс. Сабактын аягы. Мугалим балдарга үйдөн өз алдынча чыгарып келүүгө 2 маселе берет. Азыркы педагогика ар бир мугалимди үй тапшырманы орто окуучунун мүмкүнчүлүгүнө карата берүүгө багыттайт. Биз өзүбүздүн көңүлүбүздү мына ушул терминге буралы. Темир жол транспортунда «орточо ылдамдык» деген термин бар, физикада орточо тыгыздык жөнүндө кеп кылууга болот. бирок *орто окуучу* деген эм-

не? Эгерде классты барабар эмес 3 бөлүккө бөлсөк, анда окуучулардын дээрлик көпчүлүгү мелүүн (орточо) алкакта калат. Үй тапшырмасы дал мына ошол мелүүн алкактагыларга эсептелинген деп айтууга болот. Бирок окуучулардын дагы жарымынан көбү уюлдук областтарда жайгашкан да. Алардын бирөө — «күчтүүлөр» (акылдуулар деп түшүнгүлө), экинчиси — «начарлар». Бул начарлык каяктан пайда болгону менен эч кимдин иши жок: ал же кокустуктан үзгүлтүккө учуроодонбу, же көп жылдар бою кароосуз таштап коюлгандыктанбы, же үй-бүлөдөгү чыр-чатактанбы, же педагогикалык мээримсиздиктенби? Үй тапшырмаларынын бул формуласы андай балдарды эң кыйын абалга коет: тапшырма «орто» окуучуларга эсептелинген, алар болсо — «начарлар». Мындай окуучу өзү чыгара албай турган маселени чыгарам деп отурат да (эгер олтургусу келсе), эч нерсе чыкпагандан кийин жардам сурап ата-энелерине, жолдошторуна кайрылат, эң акырында алдамчылыкка да барат. Анан эмне кылсын! Күндөн күнгө ар бир сабакта маселени чыгарууга жөндөмдүүлүк жетишпей калды деп мугалимге «чыныгы» айтууга кимдин жүрөгү чыдайт? Уюлдун башка областындагы окуучулардын группасы андан да жаман абалда калышат: алар күнүгө «кем жүктөлүү» аз иштешет, натыйжада улам барган сайын өздөрүнүн абдан күчтүүлүгүнө «башкалардан артыкчылыгына» ынана беришет. Биздин өлкөнүн масштабында мындай педагогикадан канчалык зыян болуп жаткандыгын ким эсептейт? Албетте, ар кандай окуучуга ар түрлүү тапшырма берип көрүүгө болот, бирок мектептин азыркы иштөө шартында бул өтө эле кыйын, ошондуктан мындай ыкмага бир аз гана мугалимдер көзөө барышат.

Мүмкүн балдарга күн сайын алар өздөрү канчаны кааласа, ошончо маселени чыгаруу укугун берүү керектир? Каалоо — бул опурталдуу нерсе, ал тапшырманы аткарууда сөзсүз боло турган кыйынчылык менен кошулганда «укмуштуу окуяларды издөөчүлөрдү» дайыма бардык жерден андыл туруучу коркунучка да айланат. Табигый процесс кыйынчылыксыз женил жол менен өтөт, ал эми убакыттын жетишсиздиги жана «башкалардан кем болбоого» умтулуучулук акырындык менен, бирок ишенимдүү окуучулардын бүтүндөй группасын татаалдыгы улам жогорулап өсүп туруучу жумуштан ажыратып, оңоюраак же таанышыраак жумушка салат.

Экспериментик IV класстагы үчүнчү чейрек. Балдар V класстын программасын окуп бүтүштү, аларга жогор-

ку окуу жайларына кирүүчүлөр үчүн конкурстук маселелердин жыйнактарынан жөнөкөй, ондук жана мезгилдүү бөлчөктөр менен болгон бардык амалдарга карата берилген мисалдарды чыгаруу укугу берилген. Чынын айтканда, бардык окуучуларды мындай жыйнактар менен камсыз кылуу мүмкүн эмес, бирок анын коркунучу жок: ар түрлүү көбөйтүүчү басма машиналардын, айрым учурда жөнөкөй эле желатиндин жардамы менен мындай китептердин беттеринин көчүрмөлөрү алынат да, балдарга мисалдар айрым баракчалар менен берилет. Мындай мисалдарга балдар өтө кызыгышат. Балдар жалаң эле сыртқы көрүнүшү менен баш айлантма татаалдыктагы, эсти чыгаруучу мисалдардын жообун табууну каалашат. Алар өздөрүн күтүлбөгөн жерден кандайдыр бир жаңы сапатка ээ болгондугун сезе башташат. Мына кезектеги жумушчу күнгө карата бир окуучу ушундай 5 мисалды, экинчиси 6 ны, ал эми Ирина Шепотько болсо 10 ду чыгарыптыр! Жалпысынан алганда, бардыгы 100 дөн ашуун арифметикалык амалдар аткарылган! Жакшыбы? Мындан жаман нерсе жок! Кыз өзүн тим эле чоң эрдик жасагансып сезди, ал эми чындыгында — ал татаалдыктан качып оңойун көздөгөн. Так илимдер — булар миңдеген өз ара кайчылашкан багыттар. Кайчылашкан чекиттерн өтө бекем биригүүгө жана бул биригүүлөрдүн ишеничтүүлүгү дайыма контролдо болууга тийиш. Ансыз ал билимдердин пайдасыз жыйыны болуп калат.

Эми чыгарылган маселелерди эсепке алуунун барагына кайрылалы. Класста чыгаруу үчүн мугалим кайталоого берилген маселени тандап алсын дейли. Бул «Басым» деген главадан класста чыгарылуучу биринчи маселе эмес, эң жөнөкөй да, эң татаалы да эмес. Ал кандайдыр бир аралчага окшош, ал аралчадан каалаган жакты көздөй жөнөп кетүүгө болот. Дал ушундай маселелер, окуучулар азырынча жаңы бөлүмдөрдө биринчи гана кадам жасай башташканда, негизинен класста чыгарылууга тийиш. Маселе чыгарылып жана дептерге жазылгандан кийин ар бир окуучу чыгарылган маселелерди эсепке алуунун барагына маселеге туура келүүчү квадратчаны белгилейт да, окуу китебиндеги ошол маселенин номеринин жанына кичинекей квадратча сызып, аны түстүү карандаш менен боёйт. Мында күмөн саноочулардын 2 суроосу болушу мүмкүн.

1. Окуучулар өздөрү чыгарбаган маселелердин квадратчаларын боеп ала турган учуру болбойбу? Башкача айтканда, мында калп айтууга жол берилбейби?

2. Окуу китептери бир эле жолку пайдаланылуучу китептерге айланып кетпейби? Анын үстүнө 1978/79 окуу жылынан баштап мектептерде окуу китептер балдарга бекер берилгендиктен, алар кеминде 4 жылга сакталууга тийиш.

Экинчи суроо оной, ошондуктан адегенде ошого жооп берели.

Окуу китептери 4 жыл колдонулсун үчүн алардын бардык кийинки басылмаларында көнүгүүнүн номеринин жанына 4—5 көзөнөкчөдөн турган кичинекей торчону кошо басуу керек. Мында жылына бирден көзөнөкчө туура келет. Алар ар бир жылы ар кандай түскө боелот. Бул улам кийинки жылы мурунку окуучулар боеп кеткен көзөнөкчөлөрү бар окуу китептеринен пайдалангандарга кошумча демилге болот деп болжоого болот. Окуу китебиндеги маселелердин бир эле номеринин жанындагы мурунку 3 жылы 3 түрлүү түстө боелгон 3 көзөнөкчөнү көрүп, төртүнчү окуучу өзүн мурдакылардан кемсинткиси келбейт. Бирок бул, албетте азырынча биздин болжолдообуз гана болуп жатат.

Биринчи суроонун жообунда болсо эч кандай болжолдоолор жок. Дептерлерге жазылган маселелер менен китептеги боелгон (штрихтелген) көзөнөкчөлөрдүн арасындагы тиешелүү дал келүүчүлүктү көп учурда ата-энелер кызыгуу менен иштешет. Жогорку класстын окуучулары — консультанттар бул жумушту системалуу жогорку тактыкта жүргүзөт.

РЕЛЕЛҮҮ ТЕКШЕРҮҮ ИШТЕРИ. Текшерүүнүн эң эле таасирлүү формасы релелүү текшерүү иштери болуп эсептелет. Алар VI класста окуу жылынын экинчи жары-

1	2	3	4	5	6	7	8	9	10	11	12	13	14	15	16	17	18	19	20
21																			40
41																			60
61																			80
81				2															100
101								3											120
121																			140
141												4							160
161									5										180
181																			200

мынан баштап жарым жылда (физика боюнча) кеминде бир жолу өткөрүлөт. Аларга эки жолку релелүү жумуштардын арасында окуучулардын чыгарган маселелери кирет. Биринчи жарым жылдыкта окуучу (класста жана үйүндө) 200 маселе чыгарды дейли. Эгерде демейде өткөрүлүүчү текшерүү ишинде окуучуга 3—4 маселе сунуш кылуу мүмкүн болсо, анда релелүү жумушта 6—8 маселе сунуш кылынат. Мунун эч кандай коркунучу жок, анткени релелүү жумушту аткаруунун ылдамдыгы маселелердин чыгарылыштарын доскада чыгарып жатканда аябай талдап бүткөндөн кийин кайта калыбына келтирип дептерлерге жазуунун ылдамдыгына жакын. Эгерде жазуунун ылдамдыгы чыгаруунун ылдамдыгынан 3 эсе чоң болсо, анда релелүү жумуштун маселелерин аткаруунун ылдамдыгы чыгаруунун ылдамдыгынан 2,5 эсе чоң болот. Мунун өзү түшүнүктүү, анткени 200 маселенин бардыгын мурда окуучу чыгарган да. Релелүү ишке даярдануунун бир жумадан кем эмес убакыт берилет. Даярдануу процессин төмөндөгүчө жүргүзүү сунуш кылынат.

1. Чыгарылган бардык маселелердин каталогун түзүү. Ал үчүн кадимки дептердин барагына торчо жасашат. Торчонун периметри боюнча стабилдүү окуу китебиндеги маселелердин номерлери жазылат (...бетти карагыла).

2. Маселелердин чыгарылыштары жазылган бардык дептерлердин баракгары бирдиктүү удаалаштыкта номерленет.

3. Ар бир көзөнөкчөгө дептердин катар номери жана анын жанына ошол маселенин чыгарылышынын бети жазылат. Бул жумуштун бардыгына 20 минутадан ашпаган убакыт кетет. Бул эң эле оңой иштелет: маселелердин чыгарылыштары жазылган дептерди баракгап көзөнөкчөлөргө тиешелүү цифраларды жазуу гана талап кылынат. Сүрөттөгү толтурулган көзөнөкчөлөр № 85 маселе экинчи дептердин 11-чи бетинде дегенди көрсөтөт, № 109-маселе үчүнчү дептердин 5-чи бетинде ж. у. с.

4. Окуу китебин колго алып, маселенин шартын жай, шашпай окуу керек. Эгерде маселе жөнөкөй болсо, анда релелүү жумушка чейин ага кайта кайрылуунун зарылдыгы жок. Эгерде маселе татаалыраак болсо, анда аны чыгаруунун планын ойдон түзүү керек жана мүмкүн болгон учурда тиешелүү оозеки эсептөөлөрдү жүргүзүп, жообун алуу керек. Андан кийин ал маселени каталогдон издеп таап, өзүнүн чыгарганынын тууралыгын текшерүү зарыл. Эгерде бардыгы туура болсо, анда маселеге кайта кайрылуунун кереги жок. Эгерде чыгаруунун планында

же чыгаруунун өзүндө ката кетирилген болсо, анда тиешелүү көзөнөкчөгө карандаш менен белги коюлат. Бул маселеге дагы бир жолу кайрылууга туура келет. Жумушту дал ушундайча жүргүзүү менен 30 минутада көп кыйынчылыксыз эле 60—70 маселени эстеп кайра калыбына келтирүүгө болоорун эксперименттик текшерүү ырастады, болгондо да ал маселелердин тегинен көбү эч кандай шектенүүнү туудурбайт. 6—7 маселе боюнча гана көзөнөкчөлөргө карандаш менен белги коюлат. Мына ошентип, релелүү ишке биринчи жолку даярдануунун окуу убактысынын бир жарым саатка чейинки убактысын сарптоо зарыл. Иш жарым жылдыкта бир гана жолу өткөрүлөөрүн дагы бир ирээт эскертели.

5. Экинчи жолку даярдануунда ушундай эле жумуш биринчи жолку даярдануунда кыйынчылык келтирген гана маселелер менен жүргүзүлгөн. Мындай маселе аз эле (20 га чейин), ошондуктан экинчи жолку даярдануунга 20 минутадан көп эмес убакыт кетет.

6. Эгерде экинчи жолку даярдануудан кийин да чыгырылышы кайта калыбына келтирилбеген маселе кездешип калса, анда дагы үчүнчү (болгону бир нече минута) жолку даярдоону жүргүзүүгө туура келет.

Релелүү иштин баалары өтө катуу талап менен (ар бир чыгарылбаган маселе үчүн баа бир баллга төмөндөтүлөт) коюла тургандыгына карабастан, бул иштери үчүн окуучулар дээрлик канааттандырарлык баа алышпайт. Ал эми эки деген баалар жөнүндө сөз да болушу мүмкүн эмес.

Окуучуларды релелүү жумуштарга даярдоодо ата-энелер чоң роль ойнойт. Мына эми ишенбегендерге төмөнкүдөй суроо коюуга болот: мындай шартта чыгарылбаган маселелердин көзөнөкчөлөрүн боеп толтуруу (штрихтөө) мүмкүнбү? Бирок «өзү боеп коюучулар» менен болуучу күрөш муну менен эле аяктабай тургандыгы кийинчерээк көрсөтүлөт. Релелүү иштер жөнүндөгү өзүбүздүн түшүнүгүбүздү кеңейтели. Баарыдан мурда, эмне үчүн алар релелүү деп аталышат? Реле деген сөз французчадан «кайра токуу» делет. Илгери Россияда жолдогу станцияларды чуңкурлар (яма) дешчү. Мына ошондон «ямщики» деген термин пайда болгон. Францияда ушундай эле станцияларды релелүү деп аташкан. Ар бир станция жолдун кандайдыр бир бөлүгүнүн акыркы жыйынтыгы. Аралыктык финиш болгон.

Албетте, жогоруда айтылгандарды «чуңкурлуу» (ямный) деп да атоого болоор эле, бирок бул анча ылайык-

туу угулбайт. Анын үстүнө реле деген сөз эң эле жетишээрлик даражада орусташтырылган, ошондуктан ал орус тилинде эч кандай кыйынчылыксыз кабылданат.

ТАЙМАНБАСТАН АЧЫК. Мүмкүн оппоненттердин ичинен кимдир бирөөлөрү өзүнүн дептерине: «Релелүү жумуштар бул окуучуларды ары-бери даярдай салуу эмеспи? Кулагына кумдай куюп, ыгы жок жаттатуу эмеспи? Мунун баарынын эмне кереги бар?» деп эчак эле жазып койгон чыгар.

Адегенде оппоненттердин өздөрүнө суроо коелу. Эгерде окуучулар маселелерди өзүнүн мугалиминен кем эмес чыгара ала тургандай деңгээлде жеткирилип даярдалса, анда мындай окуу жумушунун натыйжасын азыркы дидактиканын талаптарынын көз карашында жетиштүү деп эсептөөгө болобу? Бул суроо, мүмкүн кечиримдүү жылмаюуну туудурар: мындай болуу мүмкүнбү? Мүмкүн же мүмкүн эместигин азырынча териштирип олтурбайлы. Бул башка сөздүн темасы. Мүмкүн деп болжолдойлу. Кечиримдүү жылмаюулардан өзүбүздөн өзүбүздү токтотуп туруп, акыркы чекитти коелу: ар бир мугалим ондогон жылдар бою бир эле маселени жүздөгөн жолу кайталайт! Ал аны канчалык көп жолу кайталаса, ал ошол маселе жөнүндө каалаган аудиторияда ошончолук эркин сөз кылат, ал ошончолук ынтызарлык менен жаңы маселелерди чыгаргысы келет, ошончолук өзүнүн билимин жана билгичтигин кеңейткиси келет. Билим агрессивдүү. Улам топтолуп жана өркүндөй берип, билим дагы жаңы билимдерди изденүүнүн чынжырлуу реакциясын жаратат. Диалектиканын өзүнүн түзүлүшү да адамдын баш мээсинин дал ушул өзгөчөлүгүнө негизделген эмеспи?

ОКУУЧУЛАРДЫН ПРАКТИКАЛЫК КӨНҮМҮШТӨРҮНҮН ЦИКЛ БОЮНЧА ӨНҮГҮШҮ. Түшүнөлү. VI класстын физика курсунда (эксперименттик методика) «Басым» сыяктуу 25 бөлүм бар. Бир сабактан ашпаган интервал менен алар биринин артынан бири окулат жана ар бир бөлүмдөн кийин «Басым» деген бөлүмдөгү маселелердей эле маанилүү, ошончолук татаал маселелер жаңы бөлүмдөрдөн кошулуп турат. Эгерде ар бир бөлүмдүн маселелери дайыма татаалданып, окуучуларды бүткүл окуу жылында мурда өтүлгөн бөлүмдөргө улам кайрылтып турса, ошондо гана окуу жылынын аягында физиканын бүткүл курсу боюнча билимге ээ болууга болот. Эгерде билимдердин мешинин жанында от жагуучунун —педагогдун камкор колдору жана жетишерлик санда даярдалган «отун» — маселелер болбосо, анда андагы эң ысык оттон

бир ууч гана муздаган күл калат. Маселелердин материалынын татаалдыгынын методикалык өзүгүшү балдардын ойлоосунун өзүгүү законун да, окуучулардын бүткүл окуу жылы ичиндеги психологиялык абалын да толук эсепке алууга тийиш. «Басым» деген бөлүмдөн сабак сайын 2 ден маселе чыгарып отуруп, окуучу бул бөлүмдөгү бардык 16 маселени 8 сабакта, же (жумасына 2 сабактан) бир айда чыгарып бүтө турганын жөнөкөй эле эсептөөлөр көрсөттү. Бирок иш жүзүндө мындай болбойт, анткени «Басым» деген бөлүм катары боюнча эсептегенде онунчу, ошондуктан аны окуй баштаганга чейин 20 маселе (ар бир бөлүмдөн экиден маселе) запаска жыйылып калат, дагы 4 сабактан кийин —30 маселе болот. Ар бир күнү 10 дон маселе чыгарып жатып окуучу ага кошумча «Басым» бөлүмүнөн кошумча дагы 2 ден маселени эч чыгара албайт. Иштин негизги мазмуну мына ушунда, дал ушул жерде окуучуларга сөзсүз мугалим жардамга келүүгө тийиш. Мугалимдин берген кеңеши боюнча балдар маселелерди цикл боюнча чыгарууга өтүүлөрү зарыл: ар бир сабакка биринин артынан бири келүүчү удаалаш 5 бөлүмдөн гана алынган маселелерди чыгаруу. Кийинки сабакка — кийинки жаңы 5 бөлүмдөн алынгандары чыгарылат. Мына ошентип, II чейректин жарымына чейин эле балдардын активинде окуп үйрөнүлгөн 15 бөлүм пайда болот да, алар 5 бөлүм боюнча 3 циклге бөлүнөт. Бул ар бир циклге окуучулар 10 күндө бир жолу кайрылып тураарын көрсөтөт. Кийинчерээк циклдердин арасындагы аралык 14—18 күнгө чейин созулат, бирок андан эч зыян жок: биринчи циклдердин материалы боюнча билимдердин терендиги жана бекемдиги жогорку деңгээлге жетет да, ошондуктан жаңы бөлүмдөрдөн алынган маселелерге көңүлдүн көбүрөөк бурулушу, окуучулардын мурда окуп үйрөнүшкөн материал боюнча практикалык ыкмалары начарлабайт. Көп жолку кайталоо тегерек боюнча эмес, спираль боюнча жүргүзүлөт.

Тоонун чокусуна бир жолу чыккан адам ар дайым андан да киши жете алгыс бийиктикке чыгууга умтулат. Окутуунун адаттагы шартында окуучулардын сабактан тышкаркы убакта маселе чыгаруусу эмгек же эс алуу болобу деген суроону эч качан эч ким койгон эмес. Бул эмгек — натыйжалуу эмес эмгек, анткени «орто» окуучуга эсептелинген маселелер окуучулардын көбүн кубандырбайт жана канааттандырбайт.

КУБАНЫЧТУУ ЖАНА КАЙРАТ МЕНЕН! Ийгилик маселени чыгаруунун жолун бекем билүү менен камсыз

болгон учурдагы иш башка. Сенин жеңиштериңдин кубанычын сени менен улуу жолдошуң — консультантың кошо бөлүшсө иш башка. Өзүңдүн ар бир жеңишиң жөнүндө кекирейген же мактанчаак деген атка коюм деп коркпостон жалпыга угуза айтуу мүмкүн болгон кездеги иш башка. Бул абал чечмелөөнү талап кылат: көнүгүүлөр консультант тарабынан текшерилип бүткөндөн кийин бардык туура чыгарылган маселелер дептерде, маселелер жыйнагында жана чыгарылган маселелерди эсепке алуунун барагында белгиленет. Бул окуучуга өзүнүн ийгиликтерин жолдошторунун ийгиликтери менен салыштырууга мүмкүндүк берет, келип чыгуучу кыйынчылыктарды көрсөтөт. Белгиленбей бош калган ар бир көзөнөкчө — бул мугалим үчүн да жана консультант үчүн да кооптонуунун сигналы.

Келип чыккан кыйынчылыктарды жоюуга **ачык маселелердин сабактары** жардам берет. Бул сабактарда ар бир окуучу өзү кыйналып чыгара албаган маселени чыгарып берүүсүн өтүнүп, мугалимге кайрылууга акысы бар. Ачык маселелердин ар бир сабагын окуучулар кичине майрам катары сезишет. Бул сабактар көчүрүп алууга аракеттенүүлөрдү толугу менен жокко чыгарат, мугалимге окуучулардын өз алдынча иштерин активдүү башкарууга мүмкүндүк берет.

Биринчи эле иш оңунан чыкпай калганда көчүрүп албоо, ата-энелерден, жолдоштордон жардам сурабоо, чыгарылбай жаткан маселенин чыгарылышын табууга туруктуулук менен изденүү — бул сапаттар бүгүнкү күнү ар бир окуучуга таандык болууга тийиш. Чыгармачылык менен ойлонуу өзүнөн-өзү келүүсү мүмкүн эмес. Эркүүлүктү жана максатка умтулгандыкты тарбиялоо мугалимдин бүткүл тарбиялык камкордугунун негизги бөлүгүн түзүүгө тийиш.

Жаңы методика боюнча иштөө балдарды куру бекер эле телевизордун түбүнө отура берүүдөн алаксытып, алардын ички кызыкчылыктарынын багытталышын өзгөртүүгө мүмкүндүк берет. Мүмкүн биз төмөнкү суроонун жообуна келдик окшойт: көнүгүүлөрдү мажбур болбой, өзүн эркин кармаган жана жарым-жартылай милдеттүү болбогон жагдайды чыгаруу — бул жумушпу же эс алуубу?

Көнүгүүлөрдүн аткарылышын жогорку класстын мыкты окуучулары — консультанттар текшеришет. Акыркы жылдары ушундай кызыктуу жана пайдалуу иштин чоң тажрыйбасы топтолгондугуна карабастан, жалпылоолор жана корутундулар дагы алдыда экендигин белгилеп кетели. Мейли, оңой болбосо да бардык класстары жана бардык окуу сабактары жаңы методикалык негизде иш-

теген мектепти биз өзүбүз оюбузда элестетип көрөлү. Бул мектепте бешинчи класстын бардык окуучулары жумасына 3 жолу өздөрүнүн кичүү жолдошторунун — төртүнчү класстагылардын көнүгүүлөрүн алтынчы класстын окуучулары бешинчи класстын окуучуларынын көнүгүүлөрүн текшеришет ж. у. с. Көнүгүүлөрдүн бир комплектисин текшерүүгө кеткен орточо убакыт 15 минутадан ашпайт. Жыйынтыгында: ар кандай курактагы окуучулардын чыгармачыл пикирлешүүсү 45 минутага созулат. Мунун өзү ынтымактуу жана бирдиктүү мектеп коллективи түзүүнүн жолу эмеспи?

Байланыштардын системасында мурда эч качан байкалбаган көптөгөн педагогикалык нюанстар келип чыгат. Алардын негизгиси — өзүндүн кенже жолдошторундун алдында, алардын ата-энелеринин алдында, мектеп алдында жана сенин өзүндүн алдында биргелешип эмгектенүүнүн натыйжасы үчүн жоопкерчиликтин граждандык сезими. Бул байланыштын таасирдүүлүгү төмөндөгүчө: ар бир окуучу өзүнүн камкордукка алган окуучусуна карата мугалим катары эсептелет. Мугалимдин укугу жана мүмкүнчүлүктөрү кенири. Окуу материалын өздөштүрүүдө ал андан ары өзү менен эле чектелип кала албайт. Тилекке каршы, кадимки шарттарда иштөөдө көпчүлүк учурда ушундай болот. Азыр ал өзүнүн кенже жолдоштору менен информациялык пикир алышууга түздөн-түз мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Ал эми ишмердүүлүктүн бул түрү болсо педагогдорго, лекторлорго, пропагандисттерге жана жалпы эле информациялык маалыматтарды жалпылоого, анализдөөгө жана жайылтууга тиешеси бар бардык адамга таандык. Педагогдордун кимиси болсо да төмөнкү маселе боюнча сөзсүз ойлонбой койбостур: телевизордун экранынан, секциядан же методикалык секциянын заседаниесинен алынган жаңы маалыматтарды кайсы жерде жана кантип пайдалануу керек? Педагогдун сезими материалды келечекте активдүү пайдаланчудай программалык түрдө кабыл алат. Билимге дал ушундай эле мамиле кылууга окууларды да үйрөтүшөт. Жогорку класстардагы «консультант — кенже окуучу» деген системада болгон түздөн-түз контакттуу байланыштар сөзсүз «кенже окуучу — консультант» деген тескери байланышка берилле турганын да эске алуу керек. Жаңы методикалык негизде иштөөдө ар бир окуучу бүткүл окуу курсун эки жолу иштеп чыгат: биринчи жолу окуучу катары, экинчи жолу мугалим — консультант катары. Алдыда турган консультацияларга байланыштуу материалды узак убакытка эстеп калууга багыттоо

теориялык материалды да жана маселелерди чыгаруу-
га методикалык туура киришүүнү да окуучулардын
сезимине ишенимдүү бекемдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Мы-
на ушул бардык айтылгандардан кийин: онунчу класстар-
дын окуучуларынын көнүгүүлөрүн ким текшерет? деген
жаңы суроо келип чыгат. Бул сурооно берилүүчү жоопто
жаңы методиканын дагы бир маанилүү өзгөчөлүгү ачылып
көрсөтүлөт.

IV дөн X класска чейин 6 жыл ичинде маселенин үстү-
нөн окуучулар системалуу, көп жолу жана натыйжалуу
иштешти. Бул жумуш эч качан тажаткан эмес, тескери-
синче, андан балдар дайыма ырахат алышкан, ал эми тео-
риялык билимдердин запасы болсо, көп жылдардын ичин-
де алардын өз күчтөрүнө ишенимин бекемдеген. Эгерде
мына ушулардын бардыгына X классты бүтүп жаткан эр-
теңки абитуриенттердин көпчүлүгү өздөрүнүн турмуштун
жолун тандап алууну өтө катуу аныкташкандыгын кошум-
чалай турган болсок, анда алардын активдүү ички өзүн
өзү текшерүүнүн жана өздөрүнүн билимдерин байытууга
туруктуу умтулгандыктарынын сапаттык жаңы абалына
өтүшкөндүгү да өзүнөн-өзү түшүнүктүү болот. Мындай
окуучулар азыркы шартта мектепте иштөөнүн бүткүл жыл-
дарында колдонулуп жаткан контролдуктун баштапкы
формасына мүктаж болушпайт. Мындан тышкары, бүткүл
мурунку жылдардагыдай эле X класста да чыгарылган
маселелердин эсебин алуу баракчалары менен өткөрүлүүчү
иш токтолбой улантылат жана релелүү жумуштар мын-
да бир кыйла көбүрөөк өткөрүлөт, демек алар өз алдын-
ча эркин иштөөгө көбүрөөк укук алышат да, эч качан өз
дөрүн өздөрү билип кетпейт.

ӨЗ АРА КОНТРОЛДООНУН БАРАКТАРЫ БОЮНЧА
ӨТКӨРҮЛҮҮЧҮ ЖУМУШ. Жаңы методикалык шартт
иштөөдө өз ара контролдоо сабактары окулуп өтүлгө
материалды биринчи жолу кайталоонун эң маанилүү фор
масы болуп эсептелет. Алдыга тез жылуу принциби кон
креттүү практикада программалык материалды окуучу
лардын бири да калбай бүт бардыгы өздөштүрүүсүн кам
сыз кылуучу кайталоонун формаларын пайдаланганд
гана ишке ашырылышы мүмкүн. Бул маселени өз ара кон
тролдоонун баракчалары боюнча өткөрүлүүчү иш чечет
адатта бул ишти да натыйжалуу пайдалануга болот
Конкреттүү мисалга кайрылалы.

IV класстын математика окуу китебинин биринчи 1
параграфтарын окуп өтүүгө экспериментгик программад
5 сабак бөлүнгөн. Алтынчы сабакта, окуучулардын жазу

иштери жана оозеки жооптору аткарылып бүткөндөн кийин мугалим балдарга биринчи 5 сабакта окулуп өтүлгөн бардык бөлүмдөр боюнча суроолорду камтыган барактарды таратып берет.

Өз ара контролдоонун биринчи барагы

1. Класстар.
2. Рим цифралары.
3. Бөлүмү.
4. Алымы.
5. Кесиндинин белгилениши.
6. Кесиндинин касиети.
7. Кесиндинин узундугу.
8. Шкалаларды пайдалануу.
9. Түз сызыктын касиети.
10. Түз сызыктын белгилениши.
11. Параллель түз сызыктар.
12. Нур.
13. Нурдун белгилениши.
14. Чексиз шкала.
15. Натуралдык катар.
16. Натуралдык катардын касиеттери.
17. Амалдын аткарылышы деген эмне?
18. Бош көптүк.
19. Көптүктүн элементтери.
20. Күн системасынын планеталарынын көптүгү.
21. Элементтин көптүккө таандыгы.
22. Конгруэнттүү фигуралар.
23. Конгруэнттүү фигуралардын мисалдары.
24. Чоң жана кичинени белгилөөлөр.
25. Эки сандын кайсынысы чоң?
26. Чын жана жалган туюнтмалар.
27. Тик бурчтуу параллелепипед.
28. Грандар.
29. Кырлар.
30. Куб.
31. Өзгөрүлмө.
32. Өзгөрүлмөсү бар сүйлөм.
33. Сандык туюнтмалар.
34. Өзгөрүлмөсү бар туюнтмалар.
35. Теңдеме.
36. Теңдеменин тамыры.
37. Теңдемени чыгаруу деген эмне?

БИРИНЧИ САБАК. Сабактын биринчи эки этабы 27 минутага созула тургандыктан мугалимдин карамагында дагы 18 минута калат. Мына ушул убакыт барактын бардык суроосуна өзү шашпастан, толук так жооп берүүгө ага толук жетет. Ырас, убакытты үнөмдөө үчүн суроолорду окууну окуучулардын бирөөнө тапшыруу керек. Бул учурда сабактын темпи мүмкүн катары жогору болот да, окуучулардын көңүл бөлүү деңгээли 98—100%ке чейин көтөрүлөт. Ошентип окуучу суроолорду окуйт, мугалим ошол замат алардын ар бирине токтоолук менен толук жооп берет. Мында насыяттуулуктан жана жондотмолуктан алыс болуу керек. Насыяттуулуктун кереги жок, анткени барактын бардык суроолору балдарга жетишээрлик даражада тааныш, ал гана эмес алардын биринчи экөө 12 эле күн мурда сабактарда окулуп өтүлгөн, ал суроолорго окуучулардын көпчүлүгү мындан бир нече күн мурдагыдай эле так жооп бериште алмак. Чындыгында эле, бөлчөктүн бөлүмү — бул бөлчөк сызыгынын астында турган сан, алымы — бөлчөк сызыктын үстүндө турган сан, бөлчөктүн бө-

жумуш — берилген бүтүн сан канча барабар бөлүккө бөлүнгөнүн көрсөтөт, алымы — ошондой бөлүктөрдөн канчасы алынганын көрсөтөт деген түшүнүктөрдү класстагы балдардын көпчүлүгү унутуп калууга үлгүрүшүптүрбү? Мына ошондуктан көпчүлүк мугалимдер ушул жерде фронталдуу ангемелешүү жүргүзбөстөн, жандуу ангеме жүргүзүүнү каалашат, анткени жандуу ангеменин толуп жаткан артыкчылыктары бар деп ойлошот. Ырас, артыкчылыктары бар. Бирок мындай ангеме өткөрүүдө кабылдоосу начар же берилген суроого туш келгендей жооп берип, же такыр эле унчукпаган балдардын абалы кандай болот?

БИРДЕЙ ШАРТТАР ПРИНЦИБИ. Андан тышкары, параллель түз сызыктардын аныктамасын берип, геометриядан жаңа турмуштан ага мисалдар келтирип, нур сызып жаңа доскада нурду жазуу жүзүндө белгилөөнүн жолун көрсөтүп коюуга чоң акылмандыктын кереги барбы? Бул түшүнүктөр балдардын бардыгына жеткиликтүү жана тез ойлонуучу окуучулар мында башкаларга өздөрүнүн артыкчылыктарын көрсөтүп, мактанышат — мунун өзү педагогикалык жактан тайкылык эмеспи. Бирдей шарттар принциби жөнүндө эч качан ойлонбой коюуга болбойт. Бул принцип педагогикалык башка көп принциптердей өзүнүн мазмуну боюнча анча рельефтүү эмес, бирок анын тарбиялоочулук мааниси башкалардан эч кем эмес. Бул принципти эске албай коюунун натыйжасында биздин мектептерде беймаза балдардын жаңы категориясы пайда болуп жатат.

«...Эгерде мурда педагогикалык мааниде алганда эң эле «беймазалар» булар жетишсиз өнүккөн, начар окуган балдар болушса, анда азыр көп учурларда акылдуу, көп окуган, өзүнүн билгендеринин наркын баалай билген, кекиреген, кербезденген жаш адамдар «беймаза» болуп жатышат»[1]. Окуу процессинин жүрүшүндө традициялык методика бирдей шарттар принцибин бузгандай көп сандаган жагдайларды түзөт, ошондуктан биз кааласак да же каалабасак да өзүбүздүн тарбияланууучуларыбызда бой көтөрүп текеберленүү менен мактанчаактыктан цинизмге (уятсыздыкка) чейинки бир катар терс касиеттердин өнүгүшүнө жардам берип жатабыз. «Азыр окутуунун психологиясы менен гана тарбиялоонун психологиясы бири-биринен көз карандысыз өз алдынча эки башка илим катары өнүгүп жатат. Окутуу жана тарбиялоо тармагындагы практикалык иш чаралар да ажырап калган. Бир-

[1] Вопросы психологии, 1978. № 2. 9-б.

диктүү окуу-тарбия процессин жасалма түрдө анатомиялык эки процесске ажыратууну өтө чечкиндүүлүк менен жоюу керек»[1].

Эгерде өз ара контролдоо баракчалары боюнча иштин киришүү бөлүгүн каалагандай трактовкалоодо келип чыга турган коркунуч болбосо, буга азыр биздин көңүлүбүздү мынчалык буруп олтуруунун деле зарылдыгы болмок эмес. Баарынан да мындай сабактардын салыштырма салмагы абдан чон: бир окуу жылында ар бир окуу предмети боюнча өз ара контролдоонун баракчалары боюнча 4 төн 6 га чейин кайталоо сабактарын өткөрүү каралган. Бир жылда 40 сабакка чейин! Ушул сабактардын бардыгында материалды эстеп калуучу программалаштырылган түзүлүштөр эмес, жандуу адамдар — сезимдери, реакциялары жана өз ара мамилелери болгон балдар! катышат. Сабакта жалпы өз ара урматташуучу абалды, адептик тынчтыкты жана психологиялык жагдайды түзүү — педагог-тарбиялоочунун эң биринчи парзы.

Жаңы материалдын үстүртөн жондотулуп өтүлүшү сөзсүз окуучулардын кезектеги сабакка даярдануусундагы иш убактысын чексиз коромжулоого жана анын натыйжасы катары балдарды шалаакылыкка жана үстүртөн окууга алып келет. Ошондуктан бардык 37 сүрөөго негиздүү, толук, далилдүү жана зарыл болгон корутундулар менен жоопторду мугалим өзү берет. Керек болгон учурда жооптору чиймелер, сүрөттөр жана схемалар менен коштолот. Стабилдүү окуу китебинде болбогон сүрөөлөргө өзгөчө көңүл буруу керек. IV класстын күрсүнүн биринчи барагында, албетте мындай сүрөөлөр көп болбоого тийиш, ошондой болсо да мында да алар бар. Алар 16, 17 жана 20 сүрөөлөр. Жогорку класстарга өткөн сайын мындай сүрөөлөр улам көбөйө берет, бул жумуштун жаңы формаларында бир кыйла резерв бар экендигин ырастайт.

Мугалимдин биринчи жолку айтып берүүсү адатта 15 минуттан ашпайт. Бул корутундунун реалдуу экендигине болгон ар кандай ишенбөөчүлүктөр бир эле сабактан кийин жоголот, ал эми мындай сабактар жүз мицдеп өтүлгөн. Калган 3 минутаны мугалим окуучулардын сүрөөлөрүнө жооп берүү үчүн пайдаланат. Бул күнү өз ара контролдоонун баракчалары боюнча жооптарго даярдануудан башка, балдарга эч кандай башка тапшырма берилбейт. Өз ара контролдоонун баракчалары менен иштебеген

[1] Вопросы психологии, 1978, 7-б.

мугалимдерди мугалимдин түшүндүрүп айтып берүүсүндөгү кунт коюучулуктун көрсөткүчү — 98—100% болгондугу тең калтыруусу мүмкүн. Окуучулардын мынчалык активдүүлүгүнүн себеби барыдан мурда алардын ар биринин кезекте боло турган сабакка карата жоопкерчиликтүүлүгүндө. Сабактын биринчи этаптарындагы жазуу жүзүндөгү суроолор окуучулардын сабакка даярданбай келишин болтурбагандай эле аларды өз ара текшерүү барагы боюнча суроо дагы кезектеги сабакка тандоо менен даярданып келиштиби деген ойду жокко чыгарат. Анткени кийинки сабакта ар бир окуучу бардык 37 суроо боюнча суралат. Кадыр-барктуу адамдын эң негизги сапаттарынын бири анын милдеттүүлүгү болуп эсептелет. Мына ушул сапатты тарбиялоого жаңы методикада абдан көп көңүл бурулган. Бул жагынан алып караганда өз ара контролдоонун баректары боюнча балдардын аткарган иштери да ушул максатка багытталган.

ТЕРМИНДИ НЕГИЗДӨӨ. Кийинки сабактын структурасын баяндап жазууга өтүүдөн мурда өз ара контроль деген сөздүн маанисин түшүндүрөлү. Анын мааниси мында: жоопторго даярданып жатып окуучулар бири-бирин бир нече жолу контролдошот, ал эми баректагы суроолор боюнча жүргүзүлүүчү бардык иштер алардын өз ара активдүү жолдоштук жардамдашуусу менен өткөрүлөт. Бул терминдин мааниси өз ара контролдоонун баректары боюнча өткөрүлүүчү жумуштун жыйынтыктоочу бөлүгүндө дагы толугураак ачылып көрсөтүлөт, мында окуучулардын айрымдарынын билимдеринин далили кызматташтыктын жана группалык контролдоонун шартында ишке ашырылат.

Өз ара контролдоонун баректары боюнча суроо сабагы төмөнкүдөй башталат: класска кирүүдө бардык суроолорго жооп берүүгө даяр болушкан бардык окуучулар мугалимдин столунан желекчелерди (алардын формасы жана түстөрү каалагандай) алышат да аларды өздөрүнүн столчолоруна орнотушат. Желекче — даярдыктын сигналы. Жооп берүүчүлөрдүн биринчи группасына 25 окуучуга чейин кириишет. Өз ара контролдоонун баракчалары боюнча иш бир нече жыл такай өткөрүлгөн жогорку класстарда желекчеси жок столчолор бир класста 5—6 дан ашпайт. Түшүнүгү болбогон адамдар буга оной менен ишенбейт, бирок алдыларына желекче коюп алган жогорку класстын окуучусуна коркпой эле беш деген баа койсо болот. Окуучу өз ыктыяры менен өз ара контролдоонун баректары боюнча жооп берүүгө сурапып, кокусунан ал иштн

аткара албаган учурлар өтө сейрек кездешчү. IV класста балдар өздөрүнүн ишине жоопкерчиликти жогору сезүү жана өзүн-өзү сыйлоо позициясында баа берүүнү азырынча билишпейт. Мындай сезим аларда кийинчерээк бир жарым-эки жыл өткөндөн кийин пайда болот, ошондуктан 25 ыктыярчылардын ичинен 20 дан ашпаганы гана 37 суроонун бардыгына жакшы жооп берип өтүшөт.

ЭКИНЧИ САБАК. Мына балдар бая эле орундарында отурушат. Алардын ар биринин алдында анын фамилиясы жана аты жазылган кичине барак кагаз. Жанында — калем сап. Столчонун алдыңкы кырында — желекче.

Суроо башталат. Мугалим окуучулардын бирөөнүн фамилиясын атап, ага биринчи суроого жооп берүүнү сунуш кылат. Анын жообу доскага жазылып, аткарылууга тийиш, ошондуктан ал окуучу өз ордунан туруп барып зарыл болгон жазууларды даярдайт.

Эсептөөнүн башталышы ар бир жолу жаңы. Суроону ар дайым класстын жаңы (чекитинен) орундан баштоо зарыл. Бул түшүнүктүү. Суроонун ирээттүүлүгү — бул башка иш. Ал ар бир кийинки окуучу азыр кайсы суроого жооп берүүсү керек экенин билгидей болууга тийиш.

Суроонун ирээттүүлүгү балдарга белгилүү. Бул, биринчиден, балдарды кезексиз толкундануудан куткарат, экинчиден баланын жообун бир кыйла ирээттүү жана жөндүү кылат, үчүнчүдөн сабактын баалуу секунддарын үнөмдөйт. Бул жөнүндө семинарларда эксперименттти жаңы баштоочуларга көп жылдар бою сунуш кылынып айтылып келе жатат, бирок көп жылдык практикадан табылган бул корутундуну ишке жетекчилик катары кабыл алганы алардын арасынан азырынча табыла элек. Бардыгы тең эле сөзсүз бөлүп жарган суроону колдонуп жүрүшөт. Мында суроолор да бараКта жазылгандагыдай ирээтте берилбейт, окуучулар да туш келди сурала берет. Суроону мындайча жүргүзүүнүн жогоруда айтылган үч кемчилдикке дагы бир төртүнчүсү кошулат: 5 минута өткөндөн кийин мугалим суроолор боюнча да, окуучулар боюнча да өзү абдан чаташып калат да ошондуктан «бөлүп жарган» суроону экинчи кайталоого анын эч көңүлү келбейт. Анын үстүнө бардык суроолорго жооп берүүгө жакшылап даярданышкан жана биринчи кезекте жооп берүүнү ыктыярдуу каалашкан балдарды «эзип кысымдыкка алуунун» эч кандай зарылдыгы жок.

Өз ара контролдоонун баракТары боюнча суроону кагазга түшүрүп баяндоо көпкө созулгансып көрүнөт. Иш жүзүндө бул — сабактын экспрессивдүү минуталары. Эки

окуучу доскага чыккан кезде, үчүнчүсү ордунан чечкиндүү жооп берет: «Бөлчөктүн бөлүмү — бул бөлчөк сызыктын астында турган сан». Анын артынан жоопту төртүнчүсү улантат: «Бөлчөктүн бөлүмү бүтүн сан канча барабар бөлүккө бөлүнгөнүн көрсөтөт». Бешинчи: «Мисалы 5/6 бөлчөгүндө анын бөлүмү бүтүн сан барабар 6 бөлүккө бөлүнгөнүн көрсөтөт. Бул бүтүн сан торт да, дарбыз да, кагаздын барагы да болушу мүмкүн».

Баракта бир гана суроо, бирок ага 3 киши жооп бергенин белгилеп кетели. Ар бир суроонун маанисин дал ушундайча эле кенейтип отуруп баректын 37 суроосун 50—60 суроолорго ажыратып балдарга сунуш кылууга болот. Кошумча суроолор баректын негизги суроолору менен тыгыз байланыштуу жана аларга жооп берүүдө окуучулардын көнүлү кескин түрдө өзгөрүлүп кетпейт. Суроону жүргүзүүнүн мындай формасы ошону менен катар окуучуларга суроолордун иретин алдын ала билүүгө жана жалпы жумушчу ритмден чыгып калууга мүмкүндүк бербейт.

ТАКТЫКТЫН ФОРМУЛАСЫ. Өз ара контролдоонун баректары боюнча берилүүчү жооптордун формуласы абдан так: эгерде окуучу сунуш кылынган суроолордун биреөнө жооп бере албай, калган суроолорунун бардыгына эң сонун жооп берсе да, ага үчтөн жогору баа коюлушу мүмкүн эмес. Эгерде ушундай абал ал окуучуда эки жолу кайталанса, анда анын столчосунан желекче алынат да, андан ары суралбайт. Мындайча айтканда ал оюндан чыгып калат, анткени окуучуларды суроонун бүткүл процесси жандуу, тез өтүүчү кызыктуу оюн катары өтөөрүн окуучулар да жана мугалимдер да жакшы түшүнүшөт. Эмнеликтен мындай тактык керек? Аны түшүндүрүп көрөлү. Мугалим бардык суроолор боюнча суроону аяктап, бүтүргөндөн кийин, ал суроолор 50 дөн ашык экени биздин эсибизде, ошол эле суроолор боюнча суроонун экинчи цикли башталат. Ага биринчи цикддин суроолоруна ийгиликтүү жооп берген балдар гана катышат. Мындай балдар IV класста адетте 20 дан ашпайт, бул жөнүндө мурда айтылган. Экинчи жолку суроонун башталышы, албетте биринчи жолку суралган окуучудан башталбайт, ошондуктан класстагы бир да окуучу бир эле суроого эки жолу жооп берүүгө туура келбейт. Эки циклде ар бир окуучуга жалпысынан 5—6 суроого жооп берүүгө туура келет. Окуучунун өз ара контролдоонун биринчи барагындагы бардык суроолор боюнча даярдыгын баалоо үчүн бул толук жетиштүү. Азыркы мектептеги эч кандай экзамендер-

ди суроону жүргүзүүнүн жыштыгы, өз ара контролдоонун баратары боюнча суроо менен салыштырууга болбойт. Эки мисал: 25 билет менен класстан класска көчүрүү жана бүтүрүү экзамендеринде суроонун жыштыгы 4%ти түзөт, ал эми 33 билет менен — бар болгону 3%ти түзөт. Өз ара контролдоонун баракчалары боюнча суроонун жыштыгы 12—15%ти түзөт. Бул эң мыкты жооп берип жаткан биринчи кезектеги окуучулар. Экинчи кезектеги суроонун жыштыгы эки эсе чоң. Суроонун мындай жыштыгы окуучулардын чыныгы билимин жогорку даражада объективдүү баалоого мүмкүндүк берет жана ар бир окуу чейреги аяктагандан кийинки жыйынтыктоочу бааларга тиешелүү түзөтүү киргизет. Мына ушуну менен кошо ынтымактуулук теориясынын негизинде суроонун жыштыгы 10% болуп турганда бар болгону жалгыз бир гана суроого жооп берүүдөн баш тартуу, бул өз ара контролдоонун барагынын 5 суроосуна жооп берүүдөн баш тартууга барабар, ал эми суроонун жыштыгы 15% болгондо бир суроого жооп берүүдөн баш тартууда окуучунун башка 6—7 суроолор боюнча билимине ишенбей шек санооого туура келет. Окуучунун сабакка болгон мындай даярдыгын «үчтөн» жогору баалоого болбойт. Эгерде окуучу 2 суроого жооп бере албаса, анда бул 50 суроонун 15 суроосуна жооп берүүдөн баш тарткандык болот. Мына ошондуктан мындай учурда окуучуну суроо токтотулат.

КОЛДОН КЕЛЕ ТУРГАНДЫК ПРИНЦИБИ МЕНЕН АЧЫК ПЕРСПЕКТИВАЛАР ПРИНЦИБИНИН КОШУЛГАН ЖЕРИНДЕ. Суроонун экинчи циклы бир аз тезирээк өтөт жана 28 минутанын аягында окуучулардын биринчи группасы менен жумуш аяктайт. Балдар өздөрүнүн баратарын мугалимге өткөрүшөт жана бардык бааларды жыйындысы боюнча бир жыйынтыктоочу баага ээ болушат. Эң жакшы деген баалар ошол эле замат билимдерди ачык эсепке алуунун ведомостуна сыя менен, жакшы жана орто баалар карандаш менен жазылып коюлат: ар бир окуучуга ошол эле барак боюнча кайта жооп берүүгө укук берилет. Бул ачык перспективалар принцибинин дагы бир көрүнүшү болуп эсептелет. Экинчи жолу жооп берүү укугуна балдар экинчи группанын окуучуларын суроо кезинде же каалаган күнкү сабактан кийинки убакта ээ боло алышат.

Экинчи группанын окуучуларын суроо 15—17 минутага созулат. Бул мезгилдин ичинде ар бир окуучуга 2—3 тен ачык эмес суроо берип, баратар боюнча жумуштун биринчи гана циклин аяктоого болот. Бул группадагы

окуучулардын реакциясынын тездиги да, жоопторунун стилистикалык сапаты да төмөн экендигин унутууга болбойт, ошондуктан алардын жооп берүүлөрүнүн жалпы убактысы да узагыраак болот. Бул табигый нерсе, аны мугалим жакшы билиши керек. Адамдардын чоң тобунда зарыл шарт мажбур кылмайынча алдыга кадам жасоого шашпаган бир нече киши болот. Биринчи баракча боюнча суроо дал ушуга окшош. Эгерде биринчи ыктыярчылардын жоопторун угуу мүмкүн болсо жана андан кийин эч кандай тобокелге салбай эле жогорку баа алуу мүмкүн болуп турса, эмнеге шашамын деп ойлошот балдар. Мындай деп ойлонуу же эң эле уялчаак, же жөнү жок сак болуучуларга таандык. Бул позицияга каршы бир нече факторлор аракет этет. Алардын негизгилери төмөнкүлөр:

1. Жооп берген окуучу сабактын аягында көнүгүүлөрдү аткаруу боюнча иштөөгө мүмкүндүк алат.

2. Иши оңунан чыкпай калганда окуучу экинчи топко кошулат.

3. Экинчи топтогулар жооп бергендер бардык суроонун экинчи цикли — кийинки сабакка көчүрүлөт.

Бул факторлордун ар бири жетишээрлик даражада маанилүү, ошондой болсо да алардын комплекстүү аракети дароо эле боло койбойт (мисалы, IV класста окуу жылынын аягында гана).

Алгачкы учурда эки группаны тез суроодон кийин өз ара контролдоонун барагындагы суроолорго жооп бере алган 3—4 окуучу кала турган учурлар да болушу ыктымал. Бул балдар теориялык материалдардын мынчалык чогулуп калган көлөмүнө оздөрүнүн көңүлүн топтой албай калышы да мүмкүн. Алар менен иштөө — мугалимдин эң татаал иштеринин бири болуп эсептелет. Бардыгынан мурда акыл насыят айтуу же кийинки сабакка бардык суроолор боюнча сөзсүз даярданып келүүнү талап кылып, жөнү жок коркутуу менен иште эч качан жүрнарыга салып таштап коюуга болбойт. Бул бутасы жок курулай аткылоо гана болот. Эгерде бир эле мугалимде ар кандай класстардан мындай окуучулар 15—20 га чейин жете турган болсо, анда бул иш андан бетер куру убарачылык болот. Алардын бардыгына күнүгө жетишерлик көңүл бөлүп иштеп көрчү! Бирөөлөрү жылт коюп качып жоголот, бирөөлөрү жетим болумуш болуп көрүнөт, бирөөлөрү жөн эле кетип калат, бирөөлөрү куулук кылат ж. б. Шамдагай болуп, кудуктан азыр эле чыгарылган 5—6 ири карп балыкты колуңуз менен бир убакта карман көрүңүз! Анын бирөөн да кайсы жеринен кантип карман

тураарыңызды билбейсиз, ал колдон суурулуп жылмыгын турат, ийкемдүү, катуу, одоно сиз аны өзүнүн мекенинен боорукерлик же кайрымсыздык кылып куткарып алганыңыз менен анын эч иши жок! Айбан карп менен иш ушундайча болуп жаткандан кийин он бир жаштагы акылман бардыгын өзүн өзү билет да. Бир сөз менен айтканда жалгыздан мугалим бул кыйынчылыкты жеңе албайт. Коллективдүү таасирдүү күч жеңилбес болот. Албетте, эгерде мугалим ар бир окуучунун жөндөмдүүлүгүнө абсолюттук ишенсе, эгерде ал биринчи жумадагы кыйынчылыктарга моюн сунбай чечкиндүү күрөшсө, эгерде ал жалаң эле методикалык көрсөтмөлөргө ишенбестен, иштин оңунан чыкпай калышынын себептерин эч качан балдардан эмес, барыдан мурда өзүнөн издесе иш дал ушундай болору шексиз. Эки вариантты карап көрөлү. Биринчиси, бир кыйла татаал — жаңы методика IV класста жалаң математика сабактарында гана колдонулат.

ЭКИ ЖАКТЫН ТЕҢ КЫЗЫГУУЧУЛУК ШАРТЫНДА. Бул учурда мугалимдин кол алдында ишенимдүү методикалык ыкмалардын белгилүү гана саны болот. Негизгиси — жолдоштук өз ара жардамдашууну уюштурууда. Өз ара контролдоонун баракчалары менен иштөөдөгү биринчи эреже — жок дегенде суроонун биринчи циклиндеги бардык суроолоруна жооп бербей туруп, бир да окуучу мектептен кетүүгө тийиш эмес. Ал үчүн өздөрүнүн шалаакылыгы менен (бул өтө көп кездешет), же эске тутуусунун начарлыгынан (бул абдан сейрек кубулуш) өз ара контролдоонун барагындагы суроолорго даярдана албай калган бир аз балдарга сабактан кийин дароо эле экинчи группада жооп бергендердин ичинен бир окуучу бекитилет. Ага жолдошторуна түшүнүксүз болгон суроолорду түшүндүрүү жана андан кийин контролдук суроо жүргүзүү тапшырылат. Ар бир консультантка классындагы балдардан калып калган 1—2 окуучусун гана тапшырып иш жүргүзгөн бардыгынан ыңгайлуу. Эң жакшы жагдайлуу учурда консультанттын түшүндүрүүсү жана суроосу 30 минутага чейин созулат, жагдайсыз учурда 45 минутага чейин созулат. Консультант өзүнүн группасынын жооп берүүгө даяр экендигин айткандан кийин мугалим ар бир окуучуга 7—8 суроо берет. Жолдошторунун даярдыгына жооп берүүчүлөр өздөрүнүн милдеттерине эң эле жоопкерчилик менен мамиле кылыша турганын жана даярдык жөнүндө айтылгандан кийин иш үзгүлтүккө учурап калуучу эч бир учур болбогонун кошо белгилеп кетели. Суроодон кийин артта калган окуучуларга баа

коюлат, эми кийинки сабакта аларга экинчи группанын жооп берүүлөрүнүн экинчи циклине катышууга уруксат берилет. Консультанттар экинчи циклдин суроолорунан бошотулат жана аларга билимдерди ачык каттоо ведомостуна баалар коюлат. Ошону менен бирге алардын иши сарпталган убакыт толук акталат жана кийинки сабакта алар биринчи группанын балдары менен кошо көнүгүүлөрдү аткаруу боюнча гана иштешет. Биринчи күндөн мектепти бүткөнгө чейин бардык класстарда бир дагы окуучуда эч качан кандай гана сабакка болбосун даярданбай коюу жөнүндө таптакыр ой болбой тургандай абал өкүм сүрүүгө тийиш. Биринчи жумалардагы жумуштун бүткүл методикасы мына ушул проблеманы чечүүгө багытталат жана ал эгерде зарылдык болуп калса жаңы материалды окуп өтүүнүн календарлык мөөнөтүн бузуунун эсебинен болсо да аткарылууга тийиш. Программадан 2—3 сабакка артта калуу контролдоонун ишенимдүү формаларынын жоктугунан окуучулардын сезиминде пайда болуучу кайра кайрылып ордуна келбес процесске салыштырганда эч нерсеге арзыбайт. Контролдоонун жөндүүлүгү (укуктуулугу) болсо педагогикалык боорукерлиги, окуу материалынын жеткиликтүүлүгү, сабактан сабакка карай жолдошторунун ийгиликтеринин өсүшү, ошондой эле көптөгөн башка окуу-тарбиялык факторлору менен аныкталат. Өзүнүн чыныгы мааниси боюнча окуу-тарбиялык дебестен, тарбиялык-окуу деп атоо керек эле, анткени окуу процессинин тарбиялоочулук жагы окуучулардын ийгиликтерин көбүрөөк алдын ала аныктайт. Мектепте гана эмес, алардын бүткүл турмуштук жолунда да ийгиликтери тарбияга байланыштуу.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы дал ошондой эле өлчөмдө окуучулардын өз ара контролдоонун баарактары боюнча иштерине жана мурда өтүлгөн сабактардын таянып абалдарын кайра калыбына келтирүү формасында окуучуларды күнүгө суроого толук тиешелүү. Окутуунун жаңы системадагы методикалык ыкмаларынын кудуретине ишенип, кээ бир педагогдор балдар сезимдүүлүктүн жогорку деңгээлине өздөрү жетишет деген анкоолук ой менен контролдукту өзү бүтөткө салуучулук абалда жүргүзүп жатышкан учурлары көп миндеген экспериментатор мугалимдердин иш практикасында бир нече жолу байкалды. Жаңы методикалык негизде иштөөнүн биринчи эле жумаларында балдардын дээрлик көпчүлүгүнүн окуу активдүүлүгүнүн кескин түрдө жогорулашы да мына ушул туура эмес ойдун өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизди.

Мына ушул ийгиликтин фонунда билимдерди ачык эсепке алуунун ведомостунда беш көзөнөкчөлөрдүн пайда болушу алгачкы мезгилде эч кандай тынчсызданууну туудурбайт, иштин кандай болоорун мугалим күтүп гана турат. Бирок, күтүп турбоо керек! Окуучулардын билиминдеги биринчи кемчиликтерди күч келүүчү конструкциялык тетиктердин биринчи дат басуусунун сигналы катары токтоосуз жок кылуу зарыл. Бул процесстердин агрессивдүүлүгү өтө зыяндуу. Акыркы 10 жылдын ичинде жумуштун жаңы формасына өтүү IV класстан X класска чейинки бардык параллелдерде текшерилген. Бул өтмөлүк жалгыз бир гана окуу предмети боюнча жүргүзүлгөн учурларда IV жана X класстар эң эле инерттүү, VIII классар эң эле мобилдүү болуп чыкты. Биз азыр фактыны констатациялоо менен чектелебиз, анткени бул багыттагы изилдөөлөр дагы алдыда.

БИРӨӨ БАРДЫГЫ ҮЧҮН ЖАНА БАРДЫГЫ БИРӨӨ ҮЧҮН. Жумуш жаңы талаптардын шартында үч жана андан көп окуу предметтери боюнча жүргүзүлүп жаткан да, мурда начар окуган окуучулар да 2—3 айдан кийин эмгектенүү ыкмаларына көнүгүшөт. Мында таң калаарлык эч нерсе жок: балдардын артта калуу коркунучунун ар бир сигналына мугалим жалгыз өзү оперативдүү кам көрүүгө дайым эле үлгүрө албайт. Бир эле класста бир мезгилде пикирдеш бир нече мугалим иштеген учурда иш анча татаалданбайт. Буга түшүнүү үчүн конкреттүү мисалга кайрылалы. VII классагы бир окуу күнүнүн расписаниеси мындай болучу: тарых, география, математика, орус адабияты, физика. Бул күнү сабак берүүчү беш мугалимдин төртөө өздөрүнүн сабактарын жаңы методикалык негизде өткөрүшөт. Мейли, тарых сабагында эки окуучу жазуу жүзүндөгү суроого даярданышкан эмес дейли, география сабагында дагы бирөө, математика сабагында — үчөө даярданышкан эмес болушсун. Мындай шарттарда тарых мугалими да, география мугалими да, математика мугалими да акыркы сабакты күтүп олтурбастан, шалаакы окуучулар менен алардын үйдөн даярдабаган материалдарын дароо иштеп чыгуулары тийиш. Бул милдетти бүгүн физика мугалими аткарат. Ал тарых, география жана математика боюнча таяныч сигналдары бар баракчаларды үлгүлөрүн алат да, эч кыйналбай эле ар бир окуучунун жазуу жүзүндөгү даярдануусун ар бир предмет боюнча текшерип чыгат. Мындай текшерүүнү ошол окуучулардын ата-энелери деле жасамак. Жазуу жумуштары жазылган дептерлерди болсо кийинки күнү предметтик мугалимдер

өздөрү текшеришет жана зарыл болгон учурда окуучулар менен кыскача аңгемелешип материалдын кээ бир деталдарын такташат. Сабактардын расписаниеси ар бир мугалим балдар менен сабактан тышкаркы жумушту жумасына 1—2 гана жолу өткөргүдөй болуп түзүлөт. Ушуга байланыштуу ишти туура уюштурууда экинчи эле айдын аягында сабактан тышкаркы сабактар кескин түрдө азайып, сабакка ооруп келбей калуучуларга гана жардам көрсөтүлүп калаарын белгилеп кетүү зарыл. Класста, андан кийин мектепте бирдиктүү эмгек ритми бекитилет, кайсы гана сабакка болбосун ага даярдыктын жоктугу — эң эле күтүлбөгөн окуя. Окуу процесси туура түзүлүп, туруктуу жана ишкердүү абалга келет. Окуучулардын күндөлүктөрүнө жемелөө, эскертүү сыяктуу ар түрлүү жазуулар толугу менен жоюлат. Донецк шаарынын № 13 орто мектебинде иштеген 7 жылдын ичинде окуучулардын күндөлүктөрүндө бир дагы акыл-насыят берүүчү же ата-энелерди тигил же бул ишке чакыруучу жазуу жазылбагандыгын айтсак жетиштүү. Бир дагы. Эч качан. Балдар математика, физика, астрономия же электротехника сабактарында алардан күндөлүк талап кылынаарын ойлоп да коюшпайт. Ал гана эмес, күндөлүк мектеп менен үй-бүлөнүн катнашуусунун каражаты катарында колдонулбай калды. Күндөлүктөрдүн жоюлушу — жаңы методикалык эң маанилүү натыйжаларынын бири болуп эсептелет.

БИЛИМДЕРДИ АЧЫК ЭСЕПКЕ АЛУУНУН БАРАКТАРЫ. Жогоруда булар жөнүндө көп жолу эскертилди, бул документтин маанилүүлүгүндө шек жок деп ойлойбуз. Окуучунун алган ар бир баасы чоң баракка — билимдерди ачык эсепке алуунун барагына түшүрүлөт. Жаңы методикалык негизде иштеп жатышкан класстарда класстык журналдын жашыруун сыры жок. Балдардын сабактан тышкаркы убакта алышкан бардык баалары ошол замат билимдерди ачык эсепке алуунун баракчаларына түшүрүлөт да, класска гана эмес, бүткүл мектепке белгилүү болот. Мектептерде азыр колдонулуп жаткан кадимки методикада баалардын жаңы методикадагыдай тарбиялык мааниси жок, алар андай ролго ээ боло алышпайт. Биздин ар бирибизге — окуучуга болсун, инженерге болсун — биздин ийгиликтерибиз кымбат, анткени биздин турмуштук позициябыз, биздин жаңы умтулууларыбыздын жана изденүүлөрүбүздүн аракети дал ошол ийгиликтерде. Традициялык методикадагы баалардын туруму жок, тез өтмө. Алар сезимге анча таасир бербейт, балдардын эсинде эч нерсе калтырбайт. Мындай ырастоонун тууралыгын да-

лилдөө үчүн төмөндөкүгө токтололу. Окуу жылынын экинчи жарымында класстагы окуучулардын бир тобунан: биринчи чейректе Х окуучу У предметинен кандай баалар алган? деп сурасак бул суроого Х окуучунун өзү да жооп бере албайт. Бирок, балким мунун кереги деле жоктур? Мүмкүн «күндөлүк» баа бүткүл окуу жылы өткөнчө такай кызмат кылбас? Билимдерди ачык эсепке алуу барагы — ар бир окуучунун кызматчы тизмеси. Андагы ар бир баа — бул печать менен күбөлөндүрүлгөн эмгек книжкадагы жазуу сыяктуу нерсе. Койчу! Эмгек книжкадагы жазуу жаманбы же жакшыбы түбөлүктүү болуп жазылат, ал эми билимдерди ачык эсепке алуунун барагындагы бааны окуучу каалаган күнү ондоого акылуу эмеспи. Дал мына ушунун өзү окуучу менен мугалимдин ортосундагы, үйбүлө менен мектептин арасындагы, мугалим менен класс жетекчинин ортосундагы, класс жетекчи менен мектеп администрациясынын арасындагы — иши кылып мектептин жумушу жана анын күндөлүк проблемалары менен байланышкандардын бардыгынын арасындагы чыр-чатактардын түбөлүктүү булагын жокко чыгарат.

Эң жакшы бааларга көнүлүбүздү атайын бөлүп олтурбайлы. Алар ардактуу наам, өндүрүштүк сыйлык катарында бүткүл коллективдин алдында окуу жылы бою күзгү болуп турат. Мына ушундан кийин бааның кандай бат өтмөлүгү же кокустугу жөнүндө сөз кылууга болот? Алар чыныгында эле такай таасир берүүчү факторлор болушат жана азыр окуунун биринчи айларында жалаң эң жакшы деген бааларга окуган окуучу күтүлбөгөн жерден эле үчтөрдү же төрттөрдү алып кала турган окуучунун болушу эми мүмкүн эмес. Окуучулардын сабакка жетишүүлөрүнүн бир окуу жылынан экинчи окуу жылына карата такай жогорулашынын себептеринин бири дал мына ушунда. Билимдерди ачык эсепке алуунун баарактары менен түзүлүүчү психологиялык абал окуучулардын окуу ишиндеги регрессивдүү көрүнүштөрдү биротоло жана түбөлүккө жокко чыгарат. Ондогон жылдар бою өткөрүлгөн эксперименттик иштер буга ачык далил боло алат. Класстардын көбүндө айрым предметтер боюнча окуу жылынын аягында класстык журналдарда жалаң эң жакшы деген гана баалар, 38 окуучу — 38 эң жакшы болгондугун эле айтуу жетиштүү.

Көп учурда мугалимдер бардык педагогикалык проблемаларды чечүүгө жардам берүүчү кандайдыр универсалдуу методдун ачылышын күтүп үмүттөнүп жүрүшөт. Мындай методду издөө — философиялык ачкычты издөө

менен барабар. Бирок мектептин күндөлүк кымкуут убаракерчилигинде биз, эреже катары өсүп келе жаткан жаш муундарды коомдун жыргалчылыгы үчүн активдүү эмгекке даярдоо деген негизги көздөгөн максатыбызга салыштырганда майда болуп көрүнгөн арзыбаган нерселерге маани бербейбиз. Бирок педагогикада арзыбаган нерселер болбойт. Ар бир методикалык ыкма, окуу жагдайлар окуучунун инсандык сапатына кандай тарбиялык таасир этээрин мугалим алдын ала ойлонуп пландоого тийиш. Педагогиканын имараты жалпысынан алганда майда кирпичтерден — мугалимдин инсандыгы анын педагогикалык позициясы менен бекемделүүчү методикалык ыкмалардан курулуп түзүлөт. Бир гана мисал келтирейин. Сабак жүрүп жатат. Мугалим класска суроо берди, ошол замат парталардын үстүндө чыдамсыз колдор токой болуп көтөрүлдү. Бирөөлөрү колдорун отуруп, башкалары улам өйдө боло калып көтөрүп жатты, алдынкы партада олтурган бала улам өйдө боло берип, партадан чыгып да кете жаздады, ал тим эле колу менен мугалимге жетүүгө аракеттенет.

— Мени! Мени! Мени гана!!! Аны сурабаңыз! Мен мыктымын! Мен эң мыктымын! Суран эле көрсөңүз, мен бул суроого кандай жооп берээр экемин!

Жооп берүүгө чакырылбай калгандардын жүздөрүндө канча таарыныч, канча ызалануу, канча өкүнүч, канча ич күйдүлүк көрүнүп турду! Ушинтип күнүгө ар бир сабакта. Күнүнө ушундай 6 сабак. Бүткүл окуу жылы бою ушундай. Катары менен 10 жыл ушундай. Ал эми биз болсок убакыт өткөн соң мына бул өзүмчүл, мактанчаактар каяктан пайда болгонун эч бир түшүнө албайбыз? Чындыгында биз сиздер менен өзүбүздүн системалуу педагогикалык жаңылыштыгыбыздан биздин балдарыбызда адамдык кулк-мүнөздүн терс сапаттарынын өнүгүүсүнө жардам берип жатпайбызбы. Мына алар троллейбуста же метродо тегерегиндеги аялдар менен улгайган кишилерге эч көңүл бурбастан, кекирейип салтанаттуу олтурушат. Меники! Мына алар, тегерегиндегилерди чыканактары менен түртүлөп кинонун же театрдын кассаларынын терезечелерине жакындап кирип жатышат. Мага!! Мына алар жумушка же аспирантурага «жайлуу» жолдомо кагаз алуу үчүн өздөрүнүн бардык тааныштарына же алыс туугандарына жан алы калбай жүгүрүшөт. Мени!!! Мына ушулардын бардыгы — кече күнкү биздин окуучуларыбыз, биз менен силердин көп жылдык «тарбиялык» ишибиздин жыйынтыгы!

Бирок, мүмкүн мына ушул кемчиликтердин бардыгын кандайдыр бир бөтөнчө тарбиялык ыкмалар менен жоюу керек болуп жүрбөсүн? Жетишет. Өткөн замандын педагогдору жолдошун сыйлай билүү эмне экенин, кичи пейил деген эмне, кадыр-барк деген эмне экенин эң сонун билишкен. Буларды билүү менен алар окуучу сабакта өзүн кандай алып жүрүүгө тийиш экендиги жөнүндөгү жана ал тигил же бул маселе боюнча өз пикирин мугалимпне кандайча билдире тургандыгы жөнүндөгү эрежени билишкен. Окуу процессин туура уюштуруп өткөрүүдө айрым окуучулардын башкалардан айырмалануусуна умтулуусун балдар өздөрү эле токтотуп жөнгө салышат. Бир гана маанилүү нерсе; алар өздөрүнүн сыртынан караганда эч кандай күнөөсүз болуп көрүнгөн мектептик жалпы эрежеден четтеп кетүүлөрү, кийинчерээк кандай абалга келтире тургандыгын толук түшүнүүлөрү тийиш. Балдарга карама-каршы туруу таандык, бирок алар курулай административдик башкарууга каршы турушат. Эгерде биздин талаптарыбыз терен мааниге негизделинсе жана аларды балдар түшүнүшсө, анда алардын ар биринен биз сезимдүү жана ишенимдүү шерик табабыз. Жолдоштук сезим төмөндөгүдөн да көрүнөт: мен даярмын, мен билем, бирок менин жанымда менин досторум турат, мүмкүн алардын кимдир бирөөнө менин жардамым керектир.

Педагогика илим катары эң татаал. Жаратылышта педагогикадан татаал илим жок болушу да ыктымал. Анын татаалдыгы барыдан мурда анын жүз миңдеген компоненттеринин өз ара байланыштарынын баш айланма айкалыштарында. Анын жоопкерчилигинин чеги — адам! Мына ушуну биз өзүбүздүн мугалимдик турмушубуздун ар бир күнүндө, ар бир минутасында эстен чыгарбайлы.

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

Е. Н. ИЛЬИН.

БААРЛАШУУ ЧЕБЕРЧИЛИГИ

ТАЯНЫЧ ИЗДӨӨ. Окутуу жана тарбиялоо — бул күрмөгө тагылган сыдырма сыпаты: күрмөнүн эки өңүрү сыдырманын шашылбаган (!) кыймылы — чыгармачыл ой менен бир эле мезгилде жана бекем топчуланат. Аларды бириктирүүчү мындай ой кандай болууга тийиш!

Бүгүнкү күнү китеп көп адамды адабиятка чакырууда, мени болсо, көбүнчө турмушка чакырып жаткандай. Анткени китеп менен баарлашуу — бул баарыдан мурда турмуш менен баарлашуу! Адамдын турмушун билүүнүн ачкычы-адабият сабактарында. Балдарга адабиятчы ушул иштери менен керек жана кызык. Анын бүткүл ишинин жана турмушунун маанисин, бийик максатын мына ушул иштер түзөт. «Олуттуулук болмоюнча сонундук жок» деп айткан Чехов. Турмуш өзүнүн бардык көрүнүштөрүндө, адам өзү — мугалимби, окуучубу, адабияттык каармандыбы — баары олуттуу. Адамдык, турмуштук нерсе эмнеде гана көрүнбөсүн, ал окутуу менен тарбия ишин камсыз кылат. Мугалим сабакка негизинен китепти, балдар болсо турмушту алып келет! Окуучуларга жакыныраак болуу, алардын суроолорун, талаамдарын, мүдөөлөрүн түшүнүү жана билдирүү — бул турмушка жакындоо, китеп аркылуу балдар менен, б. а. турмуш менен ишенимдүү, терең байланышты бекемдөө дегендикке жатат. Баарлашуу чеберчилиги — биздин окуучулар менен болгон окуу жана турмуштук байланыштарыбыздын ийкемдүү айкалышуусунда. Китеп боюнча гана болгон билим көп балдарды кызыктырбайт. Эгерде турмуштук таяныч болбосо китеп китепти туюкка такап таштайт.

Мектептеги маалымат көбүнчө акылды капыктырып, сезимди анча козгобойт. Мисалы, жогорку класстагылар күндөлүк жазышпайт, аз окушат, ыр жазышпайт. Чынығы, эмоциялуу билимдүү жана чыгармачылык эң биринчи жана өтө зарыл керектөөсү болгон жетик дүйнөлүү адамда бардыгы бар.

Мектеп мугалим кандай гана чыгармачыл ыкка жана жөндөмгө ээ болбосун, кандай гана көптү билген адам болбосун жана кайсы гана предметти окутпасын: математиканыбы же физиканыбы, химияныбы же черчение сабагыбы, эң негизгиси ал — Тарбиячы.

Анан адабияттагы адеп-ыйман менен инсандын этикалык негиздерин калыптандыруучу, анын рухий потенциалын өнүктүрүүчү адабиятчы жөнүндө эмнени айтууга болот?

Так калаарлык, эмне үчүн азыркы балдар бири-бири менен мамилелешүүдө адабий каармандардын жалпы аттарын пайдаланышпайт? Эмне үчүн азыр бул каармандар өздөрүнүн турмуштук зарылдыгын жоготуп коюшту?

Адабият сабагы көбүнчө көркөм китепке мунун аныч, тигинин бирдиктүүлүгүсүз ал китепти окуп чыгуу мүмкүн болбогон өндөнгөнсүгөн «илимийлешкен кириш сөздү» элестетет! Мына ушул «бирдиктүүлүктүн» азабы ай! Канча адамды ал адабияттан оолактатты! Китептин «механизмине» албетте, кайрылуу керек. Бирок сабактын этикалык резонансы жетишээрлик жогору болгондо гана. Мына зарыл (анда да дайыма эле эмес) эмне үчүн жогору экенин түшүндүрүү керек. Эмне үчүн балдарга бул кызык? Мында жазуучу кандай роль ойногон? Алардын китепке кызыгууларын китеп аркылуу түшүндүрүп, биз ошол эле учурда китептеги жандуулукту, адептүүлүктү, эстетикалыкты эки эселенткен болобуз. Искусствонун «алгебрасынын» артынан түшүп жатып күтүлбөгөн жерден алгебраны кантип акырындык менен адабият сабактарында «жасап» жаткандын көрөсүң. Балдарды баарыдан мурда жана көбүнчө каармандар кантип «жасалгандыгы» эмес, алардын турмуштук тажрыйбасы кызыктырын, толкундантат. Тигил же бул каарман кантип «жасалгандыгы» тарбиялык кептин оптималдуу варианты болгондуктан, албетте, балдарга аны да түшүндүрүү керек.

Көп учурда мындай болот: мисалы Н. В. Гоголдун «Өлүк жандар» поэмасындагы, жанр, гиперболалар, метафоралар толук «чечмеленип» түшүндүрүлөт, бирок сабакта чыруу, ачуу күлүп турган Гоголь жок. Ал «чечмеленип түшүндүрүлбөгөн» бойдон эң керек эмеспи. Анын заардуу, уу тилдүү, көзүнө жаш алып туруп күлгөн күйдүргү күлкүсү керек. Адегенде көзүнө жаш алып туруп күлгөн жана ошондон кийин гана (эң кылдат!) көркөм каражаттар аркылуу берилген күлкүсү керек. Адабиятчынын милдети — окурмандын табигый, түздөн-түз кабылдоосуна текстти профессионалдуу көрө билүүнүн элемен-

тин кошумчалоодо. Ордун алмаштырбастан (анан да бирин экинчиси менен жок кылбастан!) кошумчалоо керек. Кадимки салыштыруу менен метафоранын, жөнөкөй поэма менен прозадагы поэманын айырмасын билбегендик Адам болуп өсүүгө эч тоскоолдук кылбайт, буга ишенип коюңуздар. Бирок, мисалы карыя Болконский князь Андрейди, жалгыз уулун (!) согушка жөнөтүп жатып аны согуштун «ыңгайлуу» эмес, «коркунучтуу» жерлерине жөнөткөндө князь Андрей ал үчүн атасына алкыш айтканы жөнүндө сценаны билбөө — кимдир-бирөөнүн тагдырына сөзсүз таасир этиши мүмкүн...

«Эч нерсени түшүндүрүүнүн кереги жок, ансыз түшүнүктүүрөөк болот!» деди бир жолу окуучу кыз, мен илимий трактовкага берилип кетип, күтүлбөгөн жерден «Аталар менен балдардын» корутунду сценасын өзгөчө Базаровдун сөөгү коюлган мүрзөнү сүрөттөөчү акыркысын эң эле тыкандык менен комментариялай баштаганда. Көрсө тирн карак-жан дүйнөгө керектүүлөрдүн бардыгы жазуучунун таланты менен алдын ала камтылган экен. Эгерде балдарга чеги жок эле «китеп окууга» профессионалдуу жардам бере берсек, анда алардын көбү жакшы көрүп, сүйгөн нерсесин китеп окууну гаштап коюшат!

«ТЕМАБЫ» ЖЕ «УЗУНДУБУ?» «Мугалимдин жашоосунун мазмуну — окуучу! Ал биздин позициябызды, чыгармачыл принциптерибизди аныктайт. Алардын бири мына: адабий чыгарманы талдоо китепке чейин жана андан кийин болгондорго баяндама берүүгө эмес, этикалык проблемага өтүп өнүгүүгө тийиш. Бул «чейин» менен «кийин» дегендер маанилүү болушса да, китептин өзүн адабият аркылуу түшүндүрүшсө да, сабак үчүн алар чечүүчү мааниге ээ эмес. Мектептик китеп адабияттын теориясы менен тарыхынын узундусу эмес, ал бардыгынан мурда эң чоң даражадагы ыймандык тема экенине ишенем. Албетте, китепти өзүндүн ыракаттануун үчүн үйүндөн окуганын бир иш, ал эми класста окуу — таптакыр башка иш. Булардын айырмачылыгын тактап ажыратайын. Кээде композицияны олуттуу талкуулоо керек, анткени ал чыгармачыл методду, ритмиканы, лексиканы... көкөйдө сакталган нерсеге алып келет. Кээде бардыгы, баары тең керек. Адабиятчыга мыкты филологиялык маданият керек экени талашсыз. Балдарга болсо негизинен — анын натыйжасы, чондордун алар менен мамилелешүүдө китептин рухий тажрыйбасы менен байый билүүсү керек, анткени класска «типтүү көрүнүш» эмес, жандуу каарман кирүүгө тийиш.

Тажрыйбалуу чебердин сабагында «типтүү көрүнүш» да жандуу болуп кетээри түшүнүктүү. Ошондой болсо да теорияны, муздак суу сыпары, кичине-кичине порциялар менен пайдаланган жакшы. Анткени балдар биздин сабакка илимий-теориялык база алуу жана адабияттык процесс үчүн эмес, турмушка азыр, бүгүн керектүү, ансыз жашоого болбой тургандарга ээ болуу үчүн келишет. Көп жылдар өткөндөн кийин эмгелерге кайрылышаарын билүү үчүн келишет. Алар балким «сюжеттүүлүк менен композициялуулуктун бирдигине» эмес, айталык, Пушкиндин «Сизди сүйгөм, балким дагы сүйөрмүн...» деген ырына, ырдан мурда «окулбаган» Көңүл эргүү гимнин угуу үчүн келишет. Андан кийин Пушкин сыяктуу эле, ал үчүн да сүйүү «сууган жүрөктүн мотору иштей баштаган» абал болгон Маяковскийди жаңыча түшүнүү үчүн келишет. Анын чыгармачыл манерасы, сөздөрү бөлөк, бирок ою бир. Манераларды да иликтесе болот, бирок кругозорду кенейтүү үчүн эле эмес, бири экинчисин эмне менен толуктаганын, ал экөө тең аларды түшүнгөн сен жөнүндө айтып жатканын жакшыраак түшүнүү үчүн иликтесе болот. Мектеп балдарды окутуу менен гана чектелбейт, ал ошондой эле деңгээлде аларды тарбиялайт. Балдардын таглырларынын «композициясын» ким изилдейт? Алардын «портреттериндеги» жашыруун сырды ким окуп чыгат? Алардын ар биринин «ролун» ким аныктап билет?

Көркөм чыгарманын бүтүндүгүн жана класс менен татаал чыгармачылык байланыштарды бузбастан эмнени жана кантип анализдөө керек — бул ар ким жекече чече турган проблема. Мен үчүн сабак — бул **искусствонун** сабагы, анткени искусство жаш өспүрүмдү тарбиялоого, турмушка, «адамкерчилик иштерге» кызыктырып тартууга жөндөмдүү. Демек, көркөм чыгарманы анализдөөлө да жазуучу колдонгон каражаттардан пайдалануу рационалдуураак болот. Ошондуктан сабакты **ачык конструкциялык** деталдын, адеп-ыймандын татаал маселесинин, **чыгармачылык ыкманын** негизинде түзөмүн. Балдар менен, китеп менен мамилелешүүнүн методикасын жана стилин адамдагы жакшы нерсени көрүүгө жана өстүрүүгө умтулуп аныктаймын.

Арзыбаган маалымат жана... Өз убагында «образдарга», «проблемаларга», «композицияларга» көп күч жумшалган. Методисттердин кимдир-бирөөлөрү «тажрыйбалуу» башка бирөөнүн тар, оңгон көйнөгүн мага кийгизген учурларда конфликттер да болгон. Пугачев кийген көйнөктөндой болуп ал көйнөк туш-тушунан согулуп кеткен.

Кандайдыр бир чоң нерсеге чечкиндүү кадам шилтөө керек экенин түшүнүп билгемин. Мугалим — сабактын жаратуучусу, демек, ал **өзүнүн жолун** ачуучу. Мектептик практикада жекелик — бул жалпылыктын таянычы, ошондуктан жөнөкөйдөн татаалга көтөрүлүү рационалдуураак. Бардыгын көрүп турсаң, анда эч нерсени көрбөй турганың. Кичинени теңсинбеген акырындап олтуруп ошол кичинесинен да ажырайт деп акылмандар эскертишкен. Мына ошол «ажыроону» жалгыз эле мен сезген жокмун.

«Бүл-бүл учкундан — жарык билим...» Сенин учкунуң да кайсы бир жерде тутанып жатпайбы, эгер күйүп каламбы деп коркпостон аны козгоп үйлөсө, ал жалын болуп жанышы мүмкүн. Маяковский айткандай, «Бирок турмуш башкача жагдайдан көрүнүп, нерсени болбогон нерсе аркылуу түшүнгөн учур болот». Бардык улуу адамдар мына ушундай «жагдайга» умтулушкан. Достоевскийдин Раскольникову кемпирди өлтүрүүдөн кийин канды бардык жеринен: балтасынан, колунан, пальтосунан... жуубады беле. Баары бир анда кан калды. Даанышман сүрөтчү канды кайсы жерге «калтырууну» билет — ал жыртык өтүктөн булайып чыгып турган кир байпакта. О кудай! Мына ошол «эч нерсеге арзыбаган нерсе» менен канча сырлар айтылган.

А эгерде биз да балдар менен сүрөтчү биз менен сүйлөшкөндөй сүйлөшсөкчү? Китептер, ырлар, кинофильмдер турмушту кандай «жагдайлардан» караса, аларды да дал ошондой эле «жагдайлардан» карап көрсөкчү? «Образдан» же «проблемадан» баштабастан, образга жана проблемага кандайдыр бир жеңил, адеп караганда майда **деталдан** баштап келүү керек. Ал (деталь) — жарытпаган майда-чүйдө да, бүтүн бир поэма да боло алат. Мунун бардыгы аны ким жана кантип карап көрө тургандыгына жараша болот. Мүмкүн «деталь» ошол учкун болуп жүрбөсүн, андан... Искусство чоң нерсенин, улуу нерсенин башы кичинеде экенин нечен жолу далилдеп көрсөткөн.

Мени күтчү («Жди меня») деген атактуу ырында сүйүүнүн сактоочу ишенимин, фашизмдин жеңилбей койбостугун, адамдык рухтун улуулугун туюнтуу үчүн К. Симоновго поэмада көп кайталанган «жди» деген сөз гана жетиштүү болгон. Деталга таянып алып сүрөткер көп учурда бүтүн нерсени түзөт, философиялык терең идеяны ачып көрсөтөт. Эмиль Верхарн эстетикалык асылдыкты көркөм контексттин бир «бүртүгү» — деталь аркылуу кабылдап түшүнүүнү: «Дүйнөлөр кумдун бир бүртүгүндө ачылат» деп салтанаттуу жарыялаган Чыныгы искусство

жаратылышы боюнча дудук. Таң калаарлык. Мына ошол көп сөзсүз «дудук» каражаттар — деталга көңүл буруу менен искусство адабият сабагына көптү тартуулайт. Айтмакчы, деталды пайдалануу — анализдөөнүн эчактай берки ыкмасы. Бирок, эгерде эски проблемадан жаңы аспектини издей турган болсок, бул ыкма анализ методу сыяктуу тексттин «клеткасынан» бүтүнгө алып баруучу кадимкидей эмес жолго туш келтирет. Мына ошондо деталь тексттин чоң жана майда структураларын ажыратуунун конструктивдүү элементи, китепке кызыктыруучу кадам болуп калат.

Иликтөө жолдорунун биригиши. Коробочканын («Өлүү жандар») жалгыз бир гана репликасын, ал гана эмес репликадагы бир эле сөзү жөнүндө ойлонуп көрөлү: «Мен өлүктөрдү алиге чейин эч качан саткан эмесмин да». Мүнөз да, убакыт да: Гоголдун (жаш аралаш) күлкүсү да мына ушунда. Ошол эскичил, куник кемпир ага чейин, көрсө, тирүүлөрдү шыпылдатып сатып жүрүптүр да, өлүктөргө али жете элек экен. Динчилдикке жана желмогуз алдындагы коркунучка да карабай, өлүктөрдөн да кире-ше алууга болот (!) — деген ишенимдин күчтүүлүгүн кара! Кичинекей деталга «Өлүү жандардын» сатиралык мааниянын мини-образы берилген.

Кичинекейде чоңдун жарыгы жылтылдай баштаганда тигинисине да, мунусуна да, жалпысынан — алардын байланышына кызыкчылык туулат. Олуттуулукту күн мурунтан сезүү менен кызыгуу эки эселегенсийт. Балдарга — бири калбай бардыгына! — деталь психологиялык жактан түшүнүктүү жана жакын. Бул — алардын искусствого, алыскы жана жакынкы Балалыкка, Эмоциялардын эң сонун дүйнөсүнө багытталган жолу. Белгилүү бир ырда: «Балалыкка чейин плацкарттык белет бериңизчи»,— «Белет жо-ок!» деп ырдалат бир белгилүү ырда. Ал калп, адабият сабактарында, алар дагы көркөм деталдардын асыл мүлктөрүндө, бардыгын камтыган кичинекей перселерде, ири планды кайра калыбына келтирүүгө жөндөмдүү майда клеткаларда мындай белеттер бар. Бирок, балдар кичинеден бүтүндүн бир бөлүгүнө баратып, дайым эле бүтүндүн өзүн сезе алышпайт. Мына ушул учурда аларга мугалим жардам көрсөтүүгө тийиш, анткени ал «бүтүндөн баштап» иштегенди билет. Кездешүүдө, тактап айтканда, ар түрлүү эки жолдун синтезинде (алар өздөрүнчө алганда жемишсиз, анткени мугалим менен балдар анда ар түрлүү тилде баарлашат, адабиятты бүгүнкү окутуунун негизги карама-каршылыгы дал ушунда) — сабактын чоң ийгилиги

жатат. Класс менен болгон контакт баштапкы позицияларды жалпылыгы менен да, балдардын мугалим менен кошо ойлонуп, анын метод тандоодо окуучулардын эмпирикалык тажрыйбасынан озуп, кичине нерседен бүт китепти көрө билүүсүн анын так өзүндөй кайталоо мүмкүнчүлүктөрү менен да камсыз кылынды.

Деталды жандыра ачып пайдалануу сабакка сюжет, конценция берет, балдарды под текст менен иштөөгө үйрөтөт. Проблемалуулук, образдуулук, анализдүүлүк.— мунун бардыгы тексттин көп жиптен туруучу түйүнүндө, уюлунда камтылган. Чынында мына ошол жиптер мугалим менен балдарды, балдар менен китепти байланыштырат. Кездемедеги уюл — брак, ал эми көркөм адабиятта болсо ал ачылыш, табылга. Ачылыштар менен ойлонуу кызыктуу. Эгерде жеке учурларда көмүлүп калбастан (эпизоддун сценанын, главанын...) жалпылыгына чейин жетсе, анда тескери жүрүшкө — ошондой экенин, ошондон башталганы, ошоякка жөнөгөнү чын экенин текшерүү үчүн деталга кайра кайрылуу зарыл болот. Кайрадан артка кайрылуу — бул терендик! Албетте, ар кандай эле деталь өзүнө бир бүтүндүктү камтып, ал бүтүндө өзү ачылып жана бүтүндү ачып символго чейин көтөрүлө албайт, ошондой болсо да алар тиешелүү көңүл бурууга татыктуу.

Маңызды көрө билүү чеберчилиги. Формулалар бүгүн «физиктерге» гана эмес, «лириктерге» да керек, анткени алар көптөгөн фактылардан байланыштарды изден табуунун жана фактылар менен эмес, алардын байланыштары менен иштөөнүн бөтөнчө искусствосунун натыйжасы болуп эсептелет. Формуланы колдонуу бул көп нерсеге умтулбастан, ошол көп нерседен негизгини изден таап, табылган негизги аркылуу калгандарынын бардыгын чыгаруу дегендикке жатат. Бүт Пушкинди (!) жана Пушкин жөнүндө бардыгын (!) эң ачык-айрым чыгармадан «Онегинден «окуп чыгышат» (албетте, мектептик варианттта). Бул чыгармада, Белинскийдин сөзү боюнча, акындын инсаны толук жана ачык чагылдырылган. Мында акындын тиричилик, рухий турмушунун, чыгармачыл биографиясынын моменттери, ошондой эле ыр саптары менен строфалар жана алардан лирикага тартылган жиптер, Пушкиндеги романтика жана реализм, ж. б. чагылдырылган. «Онегин», эгер кааласаң,— бул орус элинин XIX кылымдын башындагы турмушунун гана эмес, улуу акындын өзүнүн да инсандык «энциклопедиясы». Сааттар жана аракеттер кетет, бирок натыйжа — жакшы болбой койбойт. Эмнеси болсо да балдар формулаларды жакшы көрүшөт, жана аларды чеч-

лей билишет. Адабиятты угуу, окуу кызык эмес. Бирок, чечмелөө, ал эми жасоо андан бетер баарын кызыктырган нын. Пушкинден «үнөмдөлүп калган» убактыны Пушкинге беремин! Биз ойлонуунун искусствосуна үйрөнгөн сыяктуу, улуу акындан сөз искусствосуна үйрөнөбүз: ыр жазабыз, проза жазабыз, черновиктерди чиймелеп чыгармачылыктын чоң-кичинне жашыруун сырларын ачабыз...

Мисалы, Горькийдин «Изергиль кемпир» деген аңгемеси Горькийдин жаш кезинин да, кийинки курагынын да формуласы. Ларра, Данко жана жалындап күйүп турган жүрөктү басып алган «этият» неме, кемпирдин өзү да Горькийдин бардык каармандарын, болбоду дегенде эле, мектепте окулуучу каармандарын символдук түрдө ача алат.

Формула кандай гана формада болбосун ал мастерликтин маанисине — жыйынтыктоого жана тандап алууга, конкреттештирүүгө жана концентрацнялоого, рационалдуулукка жана аның негизинде эстетикага үйрөтөт. Бир түйүн менен бардыгын чечүү жана кайтадан бир түйүнгө жыйноо — бул деталдын артыкчылыгы: ал деталдын ролун китептеги айрым сөз да, жана... адабияттын формуласы боло алуучу бүткүл китеп да аткара алат.

САБАКТЫН ТИЛИ. Адабият кабинети менен, айталык, мектеп мастерскоюнун ортосундагы жалпылык биз ойлогондон кыйла көп. Ал жалпылык кызыгууда чымырканган чыгармачыл эмгекте гана эмес, тигинде да, мында да өздүк өркүндөтүлгөн аспапка ээ болуунун жана андан пайдалана билүүнүн зарылдыгы менен түюнтулат. Адабият сабагындагы мындай аспап — деталь. Балдарга сабактын (макаланын, окуу китебинин, мектеп чогулушунун...) тили эчалык түшүнүктүү эмес, анткени мында күтүлбөгөндүктүй учкуну, кичиненин бардыкты камтыган маңызы жок. Деталь бардыгын конкреттүү кылат, баллар менен алардын жана өзүнүн деңгээлинде, алардын жана өзүнүн тилинде сүйлөшүүгө үйрөтөт. Бардыгын тагыраак жана маанилүүрөөк сүйлөөгө үйрөтөт, көп сөздүүлүктөн, стандарттуулуктан, керексиз сөздөрдү пайдалануучулуктан арылтат. Адабиятчылардан «Мындай бир деталды келтиргим келет» деген сөздү көп угабыз. Бул — жаман нерсе! Анткени деталь — бул ойдун иллюстрациясы эмес, ал өзү ой, сабактын материалы. Деталды мисал келтирбейт, аны атабаш керек, ага акцент жасабаш керек, аны жандырып, ачуу керек. «Деталдан» башталуучу жол — бул сормо саздагы өңгүл-дөңгүлдөрдүн биринен экинчисине кеткен кыймыл, ошондуктан жалпы сөздүй сормосуна өзүң тыгылып калып жана башкаларды артыңан кошо эзрчите

кетпес үчүн. Өңгүл-дөңгүлдөр менен маршрут боюнча улам артты карап жана кайра алдыны көздөй басуу балдарга гана эмес, эгер убакытты, көңүл коюуну, күч жумшоону баалай билсе мугалим үчүн да кызыктуу. Көптү көргөн, бирок (айла канча!) жыл өткөн сайын улам карып бараткан мугалим акындын сөзү менен айтканда «азыраак сүйлөп, көп нерсе айткысы келет». Мүмкүн, дал ушул жерде ал бардык куралтагыларга, манераларга жана жөндөмдөргө жеткиликтүү болгон деталдын иштиктүү акылмандыгын толук түшүнүп билет. Жандуу «майда-чүйдөлөрдүн» тегерегинде калып өзүмө эч өзгөрүүсүз бир эле: мындан эмне келип чыгат? а тигинденчи? а ошондончу? деген суроону беремин. Ачыктык, кызыктуулук, рационалдуулук кайсы жерде көбүрөөк? Тигил же бул майда-чүйдөнүн информациялык жана тарбия берүүчүлүк потенциалы канчалык, клеткадан бүтүн нерсени чагылдыра алабы? Конструктивдик деталдар (сөздөр, репликалар жана тексттин башка компоненттери) канча болсо, китепти окуунун, талдоонун, талашуулардын концепциялары, б. а. китепке болгон көз караштар ошончолук болот, сабактын тилдик формалары, стилдик нюанстары ж. б. да ошончолук болот.

БАЙКОО ГАНА КЕРЕК ЭМЕС.

Ачык сабакты талкуулап жатканда кесиптештер «Кечиресиз! Балдар тексте жок нерселерди айтып жатышты. Сиз болсо угуп туруп аларды түзөткөн жоксуз» деп күнөөлөштү.

Сөз Некрасовдун Матренасы жөнүндө болуп жаткан. Балдар 11 сапты — портретти комментариялашкан. Лермонтовдон... башташты.

Карегинде кадалса бир карегим, катып калам
ошол бойдон бир топко үн-сөзү жок сурап
сенин дарегиң...

Ошол эле замат: «Жашырын сүйлөшүү» деген тема жазышты. Андан кийин Рита А. үн чыгарып төмөнкү ырды окуду.

Матрена Тимофеевна,
Келбеттүү аял келишкен.
Туурамжыл, чымыр деneси,
А жашы отуз сегизде.
Чачында аз-маз агы бар,
Балбал көз, катуу тартипчил.
Туурук жүз, коюу кирпиктүү,
Айбат-сүр алган кантип бир.
Кийгени көйнөк апапак,
Кийгени кыска сарафан.

Орогун илип ийнине,
Оо, ана, кетип барат ал.

— Матрена эмнеси менен сулуу?

Кээ бирөөлөрүн «чоң, сүрдүү» көздөрү таң калтырды: өзүнө да, күйөөсүнө да, өзүнүн дыйканчылык ишине да Матрена жалган мамиле кылбайт. Башкалары анын жасалма эмес калың каштарына аябай суктанышат. Дагы бирөөлөрүнүн көңүлү анын буурул чачына түшөт, ал чачы жайык төштүү толук дыйкан аялга бөтөнчө көрк берет, «ичтеги бороон» аны сындырган жок, тескерисинче, жагымдуураак, назигирээк кылып койду. *Келбеттүү* деген эпитетке туура келүүчү синонимди көпкө чуулдап издешти; көңүл үчүн келбеттин кандай ролу бар экенин кеп кылышты. Блокту эске түшүрүштү.

— Кемитпегин келбетиңдин берметин!

— Өзүңдү-өзүн текшер өзгө кишидей!

Келбет — өзүн кармоо! Ойлонушуп туруп дептерлерине жазып алышты. Матренанын «ак» көйнөккө контрасттуу «кара тору» денесин да көңүл буруусуз калтырышкан жок. Ал тим эле талаада иштебегендей. Албетте, мында аялдык тыкандык жана эмгектин жогорку маданияты көрүнүп турат. Баса, Матренанын эмгек стажысы канча? Эсептешти да таң калышты — 33 жыл! А өзү болсо 38 де.

Дыйкан аялдын жандуу, толук кандуу жана скульптура сыяктуу образына кайта баштан көпкө тигиле карайбыз. Кайтадан «жашыруун сырдуу сөздөрдү» козгойбуз.

Дыйкан аялдын портрети анын куп келишкен кең ийнине коюлган орок менен аяктайт, бул да аялдык сулуулуктун дагы бир белгиси.

— Кээ бир аялдар тагынган сөйкө, шакектер аларга кадимки эле орок Матренага көрк бергендей көрк кошо албайт.

— «Сарафаны да кыска», ал мода үчүн эмес, жумуш иштегенге ыңгайлуу болсун үчүн ошондой.

— Матренаны «айыл турмушунан» орус пейзажынан тышкары дегеле элестетүү кыйын.

Чынында эле Некрасовдун каармаңы кыштактык кечтин жөнөкөй, бирок ачык панорамасына жеңил жана жарашыктуу куюлушуп турат. «Үйлар үйгө келе жатат: жол чандап калды, сүт жыттанат...» Каяктадыр алыс жактан өтө бышкан (даны күбүлүп жаткан) кара буудай: кыштактын ары жагында сол-сол тарта чабылган чөп, анын ары жагында Матренанын көйнөгүндөй ак көйнөктүү жана Матренадай келбеттүү, бакыбат ак кайындар. Кызгылт көк асмандан чачтын арасындагы агындай болуп жаңыр-

ган ай чыгып келатат. Чарчаган бирок талыкпаган дыйкан аялды орок кандай жашартып сулуу көрсөтүп турса ал да кыштактагы кечти дал ошондой жашартып көркүнө чыгарып турат. Кара буудайдын арасында Матрена өзү да гүлгө айланып кеткенсийт. Өз жаратылышын жандандырып өзү да аны менен кайраттанат, шыктанат.

Ооба! Мунун баары Некрасовдо жок: саргарган эгин талаасы да, жашыл чырмоок да, кайындар да, жаңырган ай да жок... Бирок, эгерде поэманын саптарын салкын көз жүгүртүп, объективдүү окубастан, **көркөмдүк кызыгуу** менен сүңгүп окуса, анда, мүмкүн, кандайдыр бир деталдар, штрихтер тексттин өзүнөн да табылат. Улуу персонж ээрчүү деген — бул жалаң эле аны сырттан байкоо гана эмес, кээ бир жерде «кайып өтмө бирдиктүү чыгармачылыкты жаратуу» укугуна ээ болуу дегендикке жатат. Эгерде балдарда адабияттык каармандыкчиневкей болсо да «кошумчалап сүрөттөөгө» умтулуу жок же ал өлтүрүлгөн болсо, анда аларга жашай алышабы? Аны сүйүү жана билүү мүмкүнбү?

Ошондуктан балдар менен мен Некрасовду ээрчип отуруп, андан көргөндөрүбүздү бизден тартып алууга уруксат кылбооого уруксат этиниздер.

КИТЕП КАНДАЙ ЖАШАП ЖАТАТ? «Сиз сарыны дуплет менен ортосуна... жакшы». Бул студент Трофимовдун Чеховдук Гаевге берген баасы. Бир заманда сабакта «буурул чач бала» жөнүндө кызыгуу менен көп айтышчу, эми азыр... Азыр Трофимовдун репликасы күтүлбөгөн жерден комсомолдук чогулушта болбогон кепти сүйлөгөндөргө карата шылдындап жемелөө катарында угулду.

Бир күнү мен бир баланын өзүнүн классташына: «Мобунун кейпин кара!» деген тикендүү сөздөрүн уктум (анын сөзү тамашабы же чыпбы — билүү кыйын эле), айткени берки бала турмуштагы бардык кыйынчылыктар, чечилбеген маселелер бардыгы акча менен чечилет. Эң негизгиси акчаң болсо деген эле болду. Калган окуучулар каткырып күлүштү, алар ойлорунда тыйындын рыцары жана романтиги Чичиковдун кейпин элестетип жатышты. Бул реплика — деталь «Өлүү жандарды» талдап жатканда ошол эле «кейиптин» башка бир түрү болгон Маниловду, Коробочканы, Ноздревди кыйыр элестетип айтылган эле.

Жок, бул жөн эле «Ура! Биз талкалап, шеддер айлып жатат» деген сыяктуу эске сакталып калган жаңа таралып кеткен фразалар. Бул деталь, сабактын, анын бардык майда-чүйдөлөрү менен толуктангандагы образы.

Бул китепти чыгармачылыктуу кабылдоонун правалык концепциялары. Ал китеп окуучулардын эсинде беттери же главалары боюнча эмес, айкын деталдары менен жашайт. Ошондуктан алардын жардамы менен китепти окуп чыгып, талдап көрүп, «майда-чүйдөлөрүндө» анын ири планын бышыктоонун маанисин чон. Мына ошондуктан сабактардын, сочиненнелердин, оозеки тапшырмалардын диспуттардын темасын деталь деп атоо маанилүү. Жана атап гана тим болбостон, деталга арналган сабактарды, сочиненнелерди өткөрүү керек. «Менин тапкан табылгам...»— жалпылоочу сабактын темасы. Доктор Старцевдин («Иоңыч») нравалык төмөндөөсүн ачып көрсөтүүчү «Эң негизги үч деталь!»— бул сочинение. Жандуу «майда-чүйдөлөрдүн» поэзиясын мектептик турмуштун бардык өферасына киңирүү керек. Алардын эстетикалык негизинде класстык, комсомолдук чогулуштардын жана ата-энелердин чогулуштарынын темаларын формулировкалоо керек. Мындай ар бир тема — турмуштук жалпылоолордун татаал комплексинен турган өзүнчө эле бир көркөм формула. Мисалы Маяковскийдин келтирген «Жагымдуу адамгерчиликтүү бир гана сөз үчүн...» дегени ата-энелер чогулушунун темасы боло алат. Албетте, чогулушту Маяковскийден, анын сөздүн шыктандыргыч күчүнө чексиз «ишенимине» баштоо керек. М. Пришвин: «Социализмдин этикасы — кичинекейге чондун демин берүүдө» деген. Мына ушул этиканы турмушка гана эмес, көркөм китептерди талдоодо да үйрөнөбүз.

АЛЫС БАРБАЙ ЭЛЕ... Демек, ар бир сабак — ачылышпы? Ооба. Ар бир сабак. Окуучуну да, мугалимди да сабакка экөөнүн тең чыгармачылыгынын, кызматташтыгынын сүйүнүчүн пайда кылуучу жана аларды өздөрүнүн окуу ишмердүүлүктөрүндө сабактын бир башкача «көралына» ээ кылуучу жана аны мугалимдин деңгээлинде пайдаланууга мүмкүндүк берүүчү ачылыш алып барат. Эгерде «ачылыш» жөнү жок болуп калса деле коркунуч жок. Ал ошондо да наркка ээ. Биринчиден, сабак болоорлук ката катарында: экинчиден туура эмес болсо да билимге ээ кылуучу жол катары. Бул жерде, ошондой болсо да, начар жагына токтололу. Деталдын искусствосу бийик эстетикалык маданият менен: сөздү, ишарат кылууну, ички жолду, кошулган жерди сезүү менен түйүндөш. Ар кандай эле деталь масштабдуу «иштебейт». Көркөмдүк сезим, профессионалдык сезгичтик деталдын окуу-информациялык жана эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүн, илимий чындыгын контролдойт.

— Сиз «деталдарды чыгаруу» боюнча кандай иштеп жатасыз?— деп сурашты менден.

Бул анкоо суроо эмес эле. Чындыгында эле сөз «чыгаруу» жөнүндө б. а. деталдарды образга, проблемага, композицияга, бир сөз менен айтканда, кандайдыр бүтүндүккө көтөрүлүп чыгарылуучу тексттин клеткаларын табуу жөнүндө болуп жатат.

Мына ошентип, сабакты күтүлбөгөн жерден ачык кылып балдарга бурууга, балдардын өздөрүн китепке, китеп аркылуу турмушка жана турмуштан кайра китепке бурууга жөндөмдүү деталдарды чыгаруунун технологиясы эмнеде? Гераклит айтса керек: «Эгерде силер кандайдыр бир күтүлбөгөндүктү күтпөсөңөр, анда аны таба да албайсыңар». Чыгарманын илимий концепциясын (мында сынчылар, адабиятчылар жардам беришет) билүү менен, жазуучу-сүрөтчүнү толкундатуучулардын бардыгын бирге баштап өткөрүү менен, сен өзүң да автордун образдуу ойлоосуна баш ийген сыяктанып, аны менен кошо китеп жазгансып, адабиятчы эң ачык-айкын көркөмдүк маанилердин түйүндөрүн жана түйүндөргө келүүчү жана алардан чыгуучу жиптерди издеп табат. Текстти адаттагыдан бөтөнчө ачтара казуу менен мугалим жана анын окуучулары ачылышка багытталышат, анын программасын түзүшөт. Бир эле бетти нечен жолу кайталап окуп чыгышат, кээде, тескерисинче, ондогон жана жүздөгөн беттерди бир эле окушат. Кандай гана болбосун кызык, күтүлбөгөн нерсени издеп табуу жолу «деталдан» башталат. Ал саптардын арасынан: кээде саптардын өзүндөгүдөн көптү көрө билүүгө үйрөтөт. Мындай билгичтиксиз адабият сабагы «жашыруун сырлуу» алгебрага салыштырмалуу эч нерсеге татыбайт. Өзүмдүн ишимде «Чоң болуш үчүн балалыкка кайрылуу керек» дегенди жетекчиликке аламын. Балдарды тексттен керектүү деталдарды «чукуп чыгарууга» үйрөтөмүн. Жалпы күлкүнүн алдында алардын бардыгына белгилүү балдар бакчасындагы ырды эске түшүрөмүн.

Ко-ко-ко! Ко-ко-ка-ка!
Кетпегиле алыстап.
Жерди шилеп бут менен,
Жем табасың күтпөгөн.

«Байланышсыз» деталь эч нерсе эмес экенин эске алышып, балдар образдуу ойдун данектерин издешет. Аны бүткүл китеп боюнча «сүйрөп өткөрүү» керек. Эгерде деталь сөзгө кызыктырса жана көңүл бөлдүрсө, анда тескери процесстин болушу да табигый иш. Алгачкы убакта жаңыдан, оригиналдуу, өзүмчө окуп чыгуу үчүн, мүмкүн

болушунча деталь жөнүндө аз билүүгө тырышамын. Китепти балдардын көз карашы менен окуймун. Алар «майда-чүйдөнү» курчуурак, даанарак көрүшөт. Филологиянын профессорлору менен гана эмес, балдар менен да искусствонун басылбаган жолу боюнча эң биринчи кадамдарды жасаймын. Тема ыңгайлуу же ыңгайсыз болобу? баары бир, анын мен үчүн мааниси жок. Ачылыш темада эмес, деталдарда камтылган. Ким ушул «методду» өзүнүн практикасында билгичтик менен пайдаланса, анда ал окуучу кыз мектептин китепканасында «Мага «Эне» романын жана көркөм адабияттан дагы бир немени берицизчи» деген сыяктуу балдар тарабынан болуучу таарынычтарга жана репликаларга эч шылтоо, эч себеп калтырбайт.

Көркөм деталдан жана ал ачкан жолдон «көркөмүрөөк» эмне бар?

Мына ошентип **эстетикалык сабактын** бирде жай, бирде шар аккан бирок ар дайым толук суулуу дарыясы айрым сөздөрдүн, репликалардын, эпизоддордун булакчаларынан башталат. Ал дарыя өзүнүн жолунда анын кенейүүчү агынына кошула алуучулардын бардыгын айланып өтпөстөн кошо ала кетет.

СУРОО КОЁ БИЛҮҮ ЧЕБЕРИЧИЛИГИ.

— Эмне үчүн Раскольников эжесинен келген катты ачпай туруп, конвертти жабыша өбөт?

Түшүнүксүз: суроону өзүмөбү же класска берип жатамбы? Бирок класс жымжырт боло түшөт. Демек, өзүмө да. Мен балдарга жыйынтык менен эмес, жыйынтыкты өзүнө камтуучу башталыш менен келдим, алар көп нерсени билишчү эмес жана менсиз билише да алышпайт болучу. Бирок, аларсыз мен да бардыгын биле алмак эмесмин. Ошондой класста тынчтык. Мейли бул дымыроо узагыраак болсун. Бул жаңылыштык эмес, искусство. **Суроонун татаал искусствосу.** Эгерде эмоция — интеллектин башталышы, ойдун алдын ала сезилүүсү болсо, анда ойдун өзү мына: кат — жаман ойду токтотуунун акыркы шеними болуп жүрбөсүн? Эгерде эне токтотпосо, анда ким?

Эмне үчүн Сальери Моцарттын «Даанышмандык менен кара санатайлык сыйышпас нерселер» деген сөзүнөн кийин дароо эле анын стаканына уу салат? Адептүүлүк проблемасы күтүлбөгөн жерден философиялык, эстетикалык проблемалар менен жалгашат. Балдар менен кошо мен дагы ойлономун. Аларга жаңа өзүмө билим ачамын. Пушкиндин «Кичинекей трагедиялары» эми мектептик трагедия болуудан калды.

«Менин балам жок да...» деп кайгырат Катерина («Гроза»). А эгерде «балдары» болсо — дарбазадан чыгып Бориске бараар беле? Дегеле — өмүрүн кыяр беле?

Менин суроом — бөтөнчө. Менин өзүмө. Бирок аны балдар менен чечемин. Мына ушуну менен аларды өзүмө чейин көтөрөмүн, өзүм-аларга чейин өсөмүн. Эр жетүү — татаал процесс, экі жакка тең: биз кимди көтөрсөк, ошолор менен өсөбүз. Өзүнө берилген суроо бардыгын толкундатып жатса, андан ачык, андан маанилүү нерсе болобу? Өзүндү башкадай, башканы өзүндөй суроо — искусство мына ушунда. Өзүнө таандык сапаттарынан ажыратылган билим ыймандуу боло албайт, жана ал жалпысынан алганда сабакка да, адабиятка да, адабият сабагына андан бетер туура келбейт, Герцен айткан, Луначарский деген, Горький белгилеп көрсөткөн... Мунун бардыгы, албетте, эң маанилүү жана керек. Бирок, мугалим инсан катары өзү эмнени айтты, эмнени белгилеп көрсөттү? Аз айтышат, аз көрсөтүшөт. Ошондуктан Герцен да, Луначарский да, Горький да эч нерсе айтышкан жок, эч нерсе көрсөтүшкөн жок... Чыгармачыл инсан менен мамилелешүү гана өзүндүн чыгармачылыгыңды чыгарат жана көрсөтүлгөн чектен ары барууга аракеттентет. Педагогикада, алдыда, турган чектер бардык жерде жана дайыма, мына ошентип, инсандар менен, инсандык касиеттер менен гана баш ийдирилип алынат. Албетте, ар бир эле адам эмнени түшүнө албагандыгын сурооого батына албайт. Бирок биздин тобокелге салуубуздун негизи бар. Окуучулар алар менен сен өзүң да кошо чындыкты издешсең, жанданып сүйүнүшөт. Ал эми адабият сабагындагы чындык — бул сен издеген нерсе. Сен чындыгында өзүң кандайсың, балдарга кандай мамиле жасайсың, кандай камкордук, ой-санаа менен жашап жатасың, эмнеге умтуласың — мына ушулардын бардыгы жөнүндө эртедиркечтир суроолор айтышат. Кээде «адабиятчы эмнелерди билүүгө тийиш?» деп сурашат. Аз болсо да, көп болсо да, адабиятчы өзүн, өзүнүн инсандык сапаттарын билүүгө тийиш. Суроону таба билүүдөн эмес, суроолордун системасы катары өзүн табуудан суроолордун искусствосу башталат. Мына ушул жерде инсандын диапазону канчалык кең болсо, табылгалар да ошончолук көп жана көрүнүктүү болушат. Проблемалуу жана проблемасыз суроолор жок. Бардыгы проблемалуу, эгерде жеке сеники болсо.

ТАБУУ УЧУН ЖОГОТУУ. Сурооно реакция кылуу жооптон маанилүү экенин дароо белгилей кетели. Анткени окуучулар жоопторду эмес, суроолорду эстеп калышат

жана аларга байланыштуу өздөрүнүн реакциясын — табылган жыйынтыктарды эстешет. Балдардын активдүүлүгүн примитивдүү, унчукпаса, демек, пассивдүү деп түшүнүүгө болбойт. Унчукпаган, көзүндө бир ойдун учкуну бар, мугалимге жана өзүнө тике караган окуучуну жакшы көрөмүн. Айткан жоопторуна караганда көздөрү боюнча мен өзүмдүн туура же туура эмес кадам жасаганымды көбүрөөк аныктап билемин. Өзүм токтогондо алардын мага жасаган жашыруун, угулбаган кадамдарын билип турамын. Келе жатышат! Ар бири өзүнчө да, чогуу да! «Беш» коюлчу! жооптор да, «эң жакшыга» баалангаи унчукпоо да мына ушул жерде. Бар болгону бир гана суроо коюлуп, бирок балдар бүт сабак бою сүйлөшкөн учур болот: кээде, тескерисинче, суроолор көп, бирок, негизинен мугалим жалгыз өзү сүйлөйт... Жакшы сабакта окуучуну издөөнүн кереги жок унчукпаса да, сүйлөп жатса да ал бар! Аны витринага коюлган сезондук жандуу сыяктанган манекендей кылып көрсөтүүгө болбойт. Балдар сабакта барбы же жокпу бул суроону алар өздөрү чечишет. Алар өздөрү менен өздөрүбү? Мугалим менен биргеби? Мугалимдин оюндабы? Же мугалим алардын оюндабы? Мунун бардыгы балдар менен көрүнбөгөн мамилелешүүнүн ар түрдүү аспектилери, алар ар кандай нйгйлнкке, ар кандай натыйжага жана мугалимдин нйгилнги негизги болгон натыйжага алып келишет. Чынын айтсам мага оор, күтүлбөгөн суроодон кийин унчукпай калышкан балдарды карап турган жагат. Кээ бир учурда чыдай албай кетип мындай дейм: «Кандай тынчтык! Ойлонуп жатканынар үчүн, балдар, силерге рахмат». Бул табууга кетирилген жоготуу. Суроо коюу аркылуу мен балдарга эң бактылуу мүмкүнчүлүк—ойлонууга, «көпкө чейинки ойлонууларга» мүмкүндүк берүүгө аракеттенемин.

«ЖОК, МУНУ СЕН АЙТТЫН, СЕН!» Бирок тынчтык аны менен ыракаттанып олтура берүү үчүн эмес, окуучунун ойлонуу жана сүйлөө активдүүлүгүнүн бир катарында керек. Суроо менен көңүл бурдурсам, жооптор менен аны кармап турам. Суроого кызыгуу — ага жооп берүүгө болгон мүмкүнчүлүктө. Окуучу мени менен бирге иштеп жатканда: менин күчүм жеткенге аның да күчү жетет — дегенди эреже кылып колдоном. Эгерде, бул окуучу унчукпаса, башкасын чакырууга шашпаймын, «башканы» бул окуучунун өзүнөн издеймин. Жана өзүмдөн издейм. Окуучунун өз алдынчалыгын жалап аның өз күчү менен өнүктүрүүгө болбойт. Суроо — бул каалагандын жана мүмкүн болгондун көлөмүн билүү, б. а. өзүндүн балдарга

берүүчү жардамындын өлчөмүн билүү дегендикке жатат. Ал билинбеш керек. Мына ошондуктан окуучуну доскага эмес, өзүмдү окуучуга чакырамын. Анын көп учурдагы жупуну бир маанилүү оюн негизги жумушту ал өзү аткаргандай сезилиш үчүн керектүү учурда окуучуну да катыштырып өнүктүрүүгө аракеттенемин. «Жок, муну сен айттың, сен! Мен болсо кошумчаладым, тактадым...» деп, ким өзүнүн кеңири берилген жоопко катышкандыгына ишенкиребесе, аны ишенимге ынандырамын. Же: «Сен дал ушуну айткың келди беле? Ушундай эмеспи?» деймин. Күчтүү окуучуга башкача мамиле: «Сенин муну айтпай калганың өкүнүчтүү. Бирок сенин оюнда бир кызык момент бар. Мен аны кичине улантайын...» дейм.

Жоопту окуучунун жөндөмдүүлүктөрүнө эмес, суроонун мүнөзүнө түздөн-түз көз каранды кылып коемун, мындай суроого жооп бермейинче тынчтана албайсың. Суроо кандай болсо, окуучу дал ошондой! Бул — менин эрежелеримдин бири. Мугалим окуучудан жөнөкөй болбогон суроого жоопту зордуктап, «тартып чыгарганынан» жаман эч нерсе жок. Муну көбү окуучу менен жекече иштөө деп ойлошот. Чындыгында бул убакытты жана күчтү курулай сарп кылуу, анткени ким кимден тартып чыгарып жатканы белгисиз. Суроочолорго окуучунун оюнда жана сезиминде из калтыруучу жоопторду эмес, кандайдыр жоопчолорду гана алабыз.

ӨЗ ОЮН АЙТА БИЛҮҮ САПАТЫН ОЙГОТУУ. Козголгон, тынчсызданган көңүл өзүнө өзү бат эле келе албайт, керектүү, башкаларды ынандырууга керектүү сөздөрдү таба албайт.

Жаш адамды куру намыскөйлүктөн — эң күчтүү «чеңгелден» кантип куткарууга болот? Бул үчүн жооп берүүнү же бербөөнү окуучунун өзүнө калтырса, берсе да, жоопту баа үчүн эмес, жөн эле өз пикирин билдирүү үчүн укук берсе болот. Анча-мынча жылыштар болду. Балдарды күлкү келтире турган мындай афоризмдер менен тынчтандырдым: ойду мейли эң ката болсо да, тартынбай, катуу айтуу керек? — же: сүйлөгөн адам дайым ойлойт! Күндөрдүн биринде элге кеңири белгилүү ыр жазылган плакатты илип койдум. «Айткын, мейли мага оор тийсин, бирок унчукпай койбочу». Балдар тез-тез жана көп сүйлөй башташты. Аларга: «Баса, сен эмне Казбич Беланы карагандай мени тиктеп калгансың? Бирдемени айтчы!» деген юморду айтып, көңүлдөрүн көтөрдүм. Адабият сабагынан сүйлөбөй туруучулукту кууп чыгуучу башка ар түрдүү ыкмаларды пайдаландым. Эң акыры, айла кет

кенде: «сеники чын, туура болсо жооп берүүнүн кереги жок» деген кеңеш бердим. Шектенген киши кызыктуу, анткени ал ойлонот! Жарым жыл бою унчукпай жүргөн бала, күтүлбөгөн жерден тердеп-кургап эки-үч эле, бирок кадыресе маңыздуу фразаларды айтып, өзү өзүнө таң калды. Ойгонуп б. а. өсүп жаткан адамдын сүйүнүчтүү бул абалын көзмө-көз көрөсүң.

Зордуктап сүйлөтүү кыйын. Ар бир сөз акыл-ойдун жемиши болуусун камсыз кылуу андан да кыйын. Ал үчүн коркунучтан арылтуу, чымырканууну жоюу жетиштүү эмес. Кандайдыр бир башка чаралар керек.

ДОСТУКТУН ЗАКОНУ БОЮНЧА. Биринчи майда өткөрүлүүчү демонстрациянын алдында Саша Павелге: «Сиз туу көтөрөсүзбү? Аны башка бирөөгө бере албайсызбы...» деп айткан («Эне»), суроосуна «жок» деп бекем айтылган жооп угат. Эмне үчүн Андрейге, Находкага, Самойловго, Фера Мазинге «берүүгө» болбойт. Анткени Павел жумушчулардын арасындагы эң барктуусу катары эркиндикте болуу керек да. Ал өзүнүн жолдошторун тенсинбей жаткан жокпу?

Тамара биринчи болуп өз пикирин айтууга батынды. Бирок ал бүдөмүктөнүп, түшүнүксүз сүйлөдү. Акыры унчукпай калды. Класс да унчукпайт.

— Ким менен достошуп жүрөсүң Тамара? — деп сурадым.

— Надя менен.

— Анда Надя эмне үчүн унчукпайт? Ал эмне үчүн сага жардамдашпайт? Надя, сен достукту кандай түшүнөсүң?

Достук жөнүндө сөз козголду.

Ошондон бери, эгер бирөө сүйлөй албаса, достуктун закону боюнча аны башка бирөө куткарууга милдеттүү болуп калды.

СУРОО «ЫЛГАЙТ»... Менин бир коллегам, эң сонун адам жана өз ишинин устаты, күндөрдүн биринде балдар андан «Сурабаңыз, доскага чакырбаңыз, биз менен сүйлөшүңүз» деп суранышканын айтты. Ооба, суроолорду коюунун, аларды берүүнүн кереги жок. Суроолорду тике суроо катарында койбостон, окуучунун ой-пикирин, жүрөгүн козголткудай сүйлөшкөн жакшы, жооптон ал кандайдыр өзүнөн-өзү жеңилденүүнү издеп тапкандай болсун. Бирок, суроо балдарды активдештирүү менен катар ага активдүү көңүл бурууну, б. а. терең анализдөөнү талап кылат. Суроонун өзүнө караганда анын органикалуулугу менен, анын китепке байланыштуулугу менен, мугалимдин жана окуучунун инсандыгы менен таасир эткен эң

маанилүү. Албетте, ар кандай суроо бардыгы үчүн, бирок кимдир — бирөөгө ал өзгөчө тиешелүү. Мени менен иштей турган окуучуну мен эмес суроо «тандайт».

— Морозка да («Талкалоо») Андрей Болконский да («Согуш жана тынчтык») өлөөрүнөн көз ирмем мурда ойлонушат. Бирок эмне үчүн Болконский муну өзү, (ички монолог), ал эми Морозка үчүн — автор жасайт.

Келечектеги филологду уккуң келет, кайсы бир маселелер боюнча талашып-тартышкың келет. Калгандары — «кошумчалар». Балким алардын, арасынан, күтүлбөгөн жерден дагы бирөө филолог болуп чыгаар.

Окуучудан ал өзүнөн сурагысы келген нерсе жөнүндө сураганында анын ойлоосу тез, продуктивдүү жана курч иштейт.

— Түнөк подвалдагы жалгыз бир китеп («Түпкүрдө») аялдын колунда. Эмне үчүн?

Тигини да, муну да сурасам болот... Бирок, ангеме китеп рухий байлыгы болуп кала элек бала менен болуп жатат.

Сенсацияларды, күтүлбөгөн бурулуштарды сүйүүчүлөр үчүн суроо башкача, алар ойлонушсун жана текстти казып жатышсын:

— «Мен бүт кан болдум...» дейт Раскольников болгон иштен аябай коркуп кетип. Эсептейли: анда «канча» кан болгонун? Анткени ал өзү бекиткен «чекти» бузду.

Ошондой болсо да, кээде окуучунун мүмкүнчүлүктөрүн атайлап эле байкамаксан болуп, аны да, өзүмдү да рухани секириктин зарылдыгына дуушар кыламын.

Ясная поляна дөңсөөсүнүн акылман бийиктигинен Л. Толстойдун өмүрүндө жана издөөлөрүндө эмне ачылат?

Биздин көзүбүзчө эң кыйын абалда болгон окуучуларды суроонун системасын мен суроо менен чечемин. Суроо аркылуу суроо! Көп жылдардан бери мен ушул ыкманы колдоном. Менин балдарым жооп берип жатышканда доскага чыгышпайт, орундарынан турушпайт. Тынчый түшүү мындан да сезилээрлик, ал эми мектептин коридорунда (сабактан кийин) бир азга да болсо тартип болсун үчүн көп учурда суроолорду так конгуроо болоор алдында берем.

— Саша! Ойлонуп көрчү: «Талкалоонун» акыркы баракчарын Фадеев эмес, сен жазып жатасың дейли. Деги кимиси өлүүгө тийиш: Баклановбу же Левинсонбу?

— Кана, эми бүткүл танапис учурунда ойлон,— ойногонду, кымкууттукту жакшы көргөн Саша кобурап, күңкүлдөп калды. Анын үчүндө канааттануу жок эмес эле.

Ачык сабакта өзү суроо бергенин эсимде. Кимдир бирөө чыгатко деп күттүм. Эч ким. Убакыт болсо өтүп жатат. Катышып отургандар да бири-бирин карашып жатышат. Ангыча болбой уялыңкы, унчукпаган бир кыз колун көтөрдү... Мен аны чакырганым жок: кол көтөргөнү гана үчүн, тактап айтканда, анын мага сунган колу үчүн «беш» койдум. Жооп берүү жоопкерчилик болуп жаткандагы анын адамдык сапаты үчүн. Ачык сабакта билинбеген, «орточо» адамдын — Светлананын ачылганын катышып отургандар, балдар, мен — баарыбыз тең түшүндүк. Ошол күндөн баштап: кол бул адам! Башкача айтканда инсан деп кайталаганды жакшы көрөмүн. Балким бул өзүмө гана түшүнүктүүдүр. Ошондон кийин кол көтөргөндөр көбөйдү. Бирок жалпысынан мен жалгыз колго көңүл бурбаймын: бир нече кол көтөрүлүшүн күтөмүн. Светлана жөнүндө балдарга көп жылдардан бери Наташа Ростова жөнүндө айткандай эле эң кызыктуу кылып айтып берип жүрөмүн.

О. Берггольцтун ырын окуймун:

Көлөкөдөй жер кучактап жоокерлер,
Көтөралбай жерден бооруп турганда.
Аты-жөнүн эч бир адам билбеген,
Кимдир бирөө ыргып турчуу бул жайда.
. . . . . .
Турду бирөө, анын аты — Ар-намыс,
Турду баары Ар-намыстын артынан!..

Мамилелердин объективдүүлүгү бирдейликти билгизбейт. Балким ар бир мугалимдин өзүнүн «симпатиялары» бардыр жана болот, жана ал мындайлар деги эле болбосо экен деп самабайт, ар бир класста алар эң болбогондо отуздан кем болбосо деп тилек кылат. Азыр, мына ушуя саптарды жазып жатып, күтүлбөгөн жерден кылт этип оюма келе түштү: суроо жөн эле окуу активдүүлүгүн тарбиялашы менен маанилүү.

БААНЫН ЭТИКАСЫ. Адабият боюнча коюлуучу баа, айталык, физика, химия боюнча коюлуучу баадай эмес. Ар бир бааны нравалык шкала менен түзөтөмүн. Окуучунун жообунан толстойчулап, б. а. анын жана өзүмдүн ички үнүмдү угууну үйрөнөмүн... Жалган кубангандыкты, мурдатадан даярдалган жасалма ишенимди, башканын «бетинин кызылын», өздүк катнашты баамдап түшүнө билүүнү үйрөнөмүн. Окуучу сүйлөп жатып эмне жөнүндө ойлойт? Ал оюндагысын айтып жатабы? Же беш алыш үчүн гана жооп бериш керек деп ойлойбу? Бешке айтыл-

ган, бирок жүрөгүнөн чыкпаган жооп кубаныч алып келбейт. Башкалар унчукпай олтурганда бир нерсени айтууга, тактоого, кошумчалоого жасалган аздыр-көптүр аракетти да жогору баалаймын. Ойлоону каалоонун өзү эле натыйжа! Оор суроолор жөнүндө кыял-жоругу «оор» балдардан сураймын, ошентсек аларды иштетүү жеңил болот.

Өз жообун өзү чечмелеп, балдар өздөрүнө өздөрү баа коюшкан учур да болот. Окуучуларда жоопкерчиликтин жана таланттуулуктун сезими мугалимдин ишениими менен гана пайда болот.

СУРАГЫЛА — ЖООП БЕРЕМ. Сабакты аяктап жатып, адетте: суроонор барбы? деп сурайбыз. Суроолор жок болсо-теманы мына ушундай түшүндүрүү керек — дегенсип компоюп калабыз. Жок, ал туура эмес. Ийне-жибине чейин өзү айтып берүүнү өнөр көргөн мугалимге суроо да аз берилет. Суроо бере билбеген балдар жооп да бере албай калышат. Анткени, суроо деген ар тараптан талдоону жана текшерүүнү талап кылган жооптун бир үзүмү болуп саналат да? «Инсандык сапат кайсы жерде көбүрөөк ачылат: суроодобу же жооптобу?» — деп сурадым мен балдардан күндөрдүн биринде. Суроодо дешти. Ошондуктан олуттуу сүйлөшүүгө убакыт калбай калгандагы сабактын аягында эмес, анын орто ченинде, сабак кызуу өтүп жатканда балдарга: «Сурагыла жооп берем» деп кайрылам. Берген суроолоруна карап, алардын билимдеги кемчиликтерди, окуучунун жалпы деңгелин аныктайм. Ким суроо берсе, ошол ойлонот — дегенге ынандырууга тырышам. Дагы бир эрежебиз: суроо сурап инсан болосуң!

Окуучунун суроосу сабактын чегинен чыгып кеткен учур да болот. Андай кезде «өзүм билемдикке салып, башка жакка өтүп кетпестен, сабактын чегин кеңейтүү керек. Мисалы: балдардын бирөө Болконскийлердин рухий дүйнөсү, Ростовдордун кең пейилдиги жөнүндө эмес, биз уялып айтпай жүргөн Наташа менен Курагиндин «мамилеси» жөнүндө, укканын үрөйүн учурган Наташа — «ургаачы» деген сөз колдонулган табигый башталыш жөнүндө айтып калды дейли. Анысы аз келгенин, адамдарга ушундай мамиле керекпи? деген суроо менен ого бетер курчутуп ийди. Окуучу тартынбай туруп ушундай суроо берип туруп калды. Сен мындай ойлобоого тийишсиң! — деп айтууга болбойт. Анда ошол замат эле «Унчукпайм, бирок баары бир ошондой ойлойм» деп Мольерге каяша айтат. Ошондуктан жооп берүү керек.

Демек окуучуну жеке эле өзүмдүн «оюм» менен бо-

лууга көндүрбөйм. Мугалимге берилген суроолор аркылуу ага рухий жактан өсүүгө мүмкүнчүлүк беремин.

СУРООНУН ТААСИРИ. Суроо — жооптон кийин «элөбү?» Андай болсо, жооп канчалык жакшы болсо да, суроонун өзү жаман. Анткени татаал суроонун түшүнүлбөгөн, так айтылбаган бирдемеси калат, алардын тереңдиги кийинчерээк чечилет, келечекте ойлонууга калтырылат.

— «Сизди сүйөм (амалданып не керек?) бирок...» дейт Татьяна Онегинге. Эгерде Онегин Татьянага кымбат болсо, аялга «амалдануу» керек болуп жүрбөсүн? Сүйбөймүн дей сал, ошону менен баары бүтөт да калат. Бул Онегинге жеңил болобу?

Класстын демилгеси менен жооп табылды: мүмкүн эмес, каалабайт, антүүгө тийиш эмес! Бирок суроо-кала берет. Ал жөнүндө дагы көпкө ойлонушат. Кимдир-бирөөнүн башына ал күтүлбөгөн жерден келе калат, мисалы: балык кармап же таң атпай козу карын терип жүргөндө, кимдир-бирөө дал ушундай жагдайды өз башынан өткөрүп жатып, (турмушта бардыгы болот эмеспи) балким, Татьянага карама-каршы иш кылар. Суроонун кийинки таасири — сабактын эң маанилүү жана кубанычтуу жыйынтыгы. Бардыгына эмес жооп берүүнүн, бардыгын эмес чыгаруунун мааниси чоң. Адабият сабагынын максаты — бул билимдердин панорамасы эмес, анын келечеги.

Жеңил эмес, мен үчүн да маанилүү суроого балдардын мамилеси көчөдөгү неон шамдарын күйгүзгөндү элестетет. Бирөө жарк дей түшөт, бирок текши күйбөйт; экинчиси дароо жанат бирок, араң эле үлпүлдөп, күңүрт күйөт, дагы бирөө бирде күйүп, бирде өчүп тура берет, ал эми мунусу болсо ток менен гана урат. Ошентсе да тереңдеги жаркыратып кубаттуу күйгөндөрү да аз эмес, көп, тим эле дамамат күйүп тургандай. Отуз окуучу тең бир учурда жарк этип жанган учурду эсимде эмес. Ошондо алардын жооптору да бири-биринен айырмаланат жана ушул мааниде алардын жооптору баа коюлбаса да «беш» болушу мүмкүн, «бешке» татырлык төрт болушу да мүмкүн.

Окуучунун эмгегин оор суроо менен жеңилдетем, мындай суроого берилген жооп кыйналып ойлонуудан кийин каалап күткөн жеңилдикти — эс алууну берет. Эгерде чымырканууга барабар жазылуу болбосо, анда кантип чымырканууга болот. Ар бир суроонун үстүндө Гамлет сыяктуу ойлоном: дүйнөдө бар болуубу, жок болуубу? Бар болуу керек! — эгерде анын чегинде мугалим гана толтура ала турган мейкиндик калса. Дал ошондо гана ал кызыктуу болот? Дал ошондо гана ал мугалим болот! Класс-

ка мен текшерүүчү суроолор менен эмес, текшерилген суроолор менен таасир этемин. Балдарга суроо берүү жана балдардын суроосун пайда кылуу — бул бир эле искусствонун эки жагы. Окуучуларга жалаң эле өзүмдүн суроолорумду бербейм. Деңгээлине жана жашына карап, тексттен окуучулардын суроолорун да издеп табамын.

— Эмне үчүн Горький Данко жөнүндөгү легендага Ларра жөнүндөгү легендадагы «кызды» киргизген эмес?

Балдар мен берчү суроону беришип, өз деңгээлин көрсөтүштү, бул, албетте, кыйыныраак жана кызыгыраак.

Суроолор! Суроолор! Менин энсегеним жана кумарым. Суроолор болгондо, болгондо да олуттуу болушканда — жан дүйнөнүн майрамы, «жүрөктүн туулган күнү» деп айтмак эле Гоголдун Манилову. Алардан мугалимдин жана окуучунун үнү көбүрөөк угулат. Алардын атакалоочу ою каалаган инерттүүлүккө каршы туруп, аны жоюп талкалайт.

Ошого карабастан, кызык жана мазмуундуу суроолор да кээде кимдир-бирөөлөрдүн делебесин козгобойт! **Чыгармачылыктуу ыкма** бардыгына жана дароо таасир этет!

Көрүп алып таң калышты! Бир күнү, дал экзамен алдында, мен сабакка чоң портфелге толтура китеп салып келдим. Балдар унчукпай күтүп калышты, анткени мурда мындайды көрүшө элек болучу. «Сабакка даярданып жатып мен мына ушул китептерди окуп чыктым»,— дедим да портфелден алардын бирөөн суруп чыктым. Бирдемелерди чечмелеп бердим, кимдир-бирөөдөн бирдемелерди сурадым. Андан кийин экинчи китепти, үчүнчү китепти... Акырындап отуруп китептер столдун үстүнө дөбө болуп үйүлдү. Класстын ичи болуп чоңдуктан, ачылып, жаздын жылуу жыты каяккадыр көчөгө, скверлерге кызыктырып чакырып турган кез болчу. Ошого карабастан, онунчу класстын окуучулары мени кызыгуу менен үгүп жатышты, эң негизгиси, сабак эчак эле башталып, калганын унутуп коюшуп, тандана карап олтурушту. Алардын жүздөрүндө: «мугалимдин кыйындыгы» ушунда тура! Бир эле сабак үчүн канча бир китепти окуп чыккан!» дегендей таң калуу пайда болду. Эң акыркы китеп жөнүндө конгуроо болоор алдында кеп салганы эсимде. Аны атайлап столдун үстүндөгү үйүлгөн китептер «батпаганынан» полго чачылып түшүп кеткендей кылып койгом. Балдар дагы бир жолу таң калышып, алардын көңүлүн канчалык кыйынчылык менен өзүмө тарта турганымды көрүшкөнүн каалаган элем.

Эгерде окуучу жана анын реакциясы, негизинен, муга-

лимдин толкундануп күткөнүндөй болсо, анда класска жөн эле кирбестен, келиш керек. Тан калтыра, күтүлбөгөн жерден кирип келиш керек. Андан соң, бир аз чегинип, акырындык менен ойлонуп көрүп, балдардын демилгесин өзүнө «тартып», сабакты алардын үн чыкпаган жана үндүү пикирлери менен толтурасың.

САБАКТЫН ДИНАМИКАСЫ. «Кыймылдын жашыруун сырын кинематограф тапкан» деген ой Лев Толстойго таандык. Мындай кыймыл кала берсе жакшы деген адабият сабагына да жетишпейт. Азыркы балдардын ойлоосуна көбүнчө «көгүлтүр экран» таасир этет, мында: диалогдордун динамикасы ири пландар монтаждык контраСттуу коюлушу, окуялардын көз ачып жумгуча алмашып туруусу, детективдик учурлар, айтылып бүтпөгөндүк... бар. Сабакчы? Сабакта материал негизинен кыска, так айтылат, иллюстрацияланып берилет. Мугалим менен класс ар башка темпте-ритмде иштешкенсип көрүнөт. Окуучунун мүмкүнчүлүктөрү биздин «каражаттарыбыздан» алда канча ашып түшөт. Экран сабактан кыймылдын көрүнүп турушун талап кылып, «үстөмдүк» жасайт. Ошолор эле жөнүндө, бирок башкача, сахналык — бул аз көбүрөөк жана азыркы кылып айтуу. Адабият сабагынын эффективдүүлүгү техникалык каражаттарда эмес (бул проблеманын эң эле жөнөкөй чечилиши), ал биздин балдар менен мамилелешүүбүздүн өзгөчө ыкмаларында.

Тургенев «Аталар жана балдар» жөнүндө: «Базаров — менин жакшы көргөн балам, ага мен өзүмдөгү болгон бардык боёкторду жумшадым...» деп жазган. Эмнегедир Тургеневге анча ишенгиң келбейт. (Отуздан ашуун тан калган жүздөр: Тургеневгеби!?) Мынакей Базаровдун портрети: «чап жаак», «мурду чуштугуй», «эриндери жука», «көздөрү көк». Болгон «боёктору» ушубу?

Баятан берки тынчтык бузулуп: «жазы мандайы», акылдуулукту көрсөтүүчү бети, «жайдары жылмаюу», «өктөм үн»; акырында узун бой (бул майда-чүйдө эмес да!) — булар эмне, «боёк» эмеспи?! Адамдын сырткы түзүлүшү пропорциялар, сызыктар менен гана эмес, барыдан мурда духтуулук менен сулуу жана кызык, Базаровдун ички дүйнөсүндө да, автордун чыгармачылыктуу манерасында да жана Тургеневдик өзүнүн революциячыл жаштарга болгон мамилесинде да «боёктор» бар.

Адабияттык-каарманды ачык элестетиш үчүн мына ушундай «укмуштуу» ыкмалар менен сабакты жандандырууга аракеттенип жатамын. Каарманды экрандан көргөнсүп, материалды жакшы түшүнүп калышты.

КУНТ КОЙДУРА БИЛҮҮ. Сабактын жагымсыз минутасы — окуучунун кайдыгерлиги. Ар бир сабакта балдардын тынч олтуруп, тартиптүү болуп, кыңгыр этпей угуулары үчүн эмес, окуучулардын көңүлүн өзүмө буруу үчүн күрөшөмүн. Дээрлик балдардын баарында жана алардын ар биринде терс кыял бар экендигин тажрыйбамдан билемин. Аларды кунт койдура билүү — алардын өздөрүн жеңип алуу дегендик. Бирок кантип? Ким класска даярданып келсе, ал акыры иштин көзүн табат. Анткени ал мугалим, өзү да жаш кезинде ушул балдардай болгон. Ошондуктан класска мурда кандай болсо ошондой эле акыл токтотуп, салабаттуу гана кирүү керек. Класска отургандарга алыста калган балалыктын көзү менен карап, балдарга бүгүн эмне керек экендигин, эртең эмне зарыл боло турганын көңүлгө түйүп жүрүш керек. Алар менен сөздүн коозун тандап, кекирейип-керсейбей педагогикалык ыкма менен сүйлөшүү зарыл, мындай терс көрүнүштү акыры биринчи класстын окуучулары да сезет. Балдарды баласынтпай, жакшы көрүү өтө кыйын иш. «Акылман сезгич —бул мугалим үчүн таң калаарлык мүнөз эмес, тескерисинче ал — балдар менен тил табышуу, тактап айтканда, аларга, б. а. өзүнүн ишине болгон мамилеси. Мындай мамиле дароо класска белгилүү болот да, сабакка мугалимдин жасаган мамилеси өтүлүүчү темага тартат.

Мүнөттөр-ай тыбырчылап-тытынган,
Мүнкүрөтөт добул уруп өмүрдү.
Достор да көп коомайланбай кол сунган,
Кастар да көп — көчкү алса дейт көңүлдү.

Акыр бир күн жашоо-түйшүк мынабу,
Түпсүз кара туңгуюкка бармакчы...
А жымжырттык асан-үсөн сынары,
Анын үстүн секин ээлеп калмакчы...

Бул — Блок боюнча өткөрүлүүчү эң биринчи сабак. «Түшүндүңөрбү,— көзүңөргө элестете алдынарбы? — деп класстан сураймын. «Жок». — «Жалпысынан ырды түшүндүңөрбү?» — «Жок». — «Дагы угууну каалайсыңарбы?» — «Каалайбыз!» Экинчи жолу, үчүнчү жолу окуймун. Балдар кунт коюп угуп, класс тынчтанат. Окулуп берилген ыр сабында айтылгандай «акырында» жымжырттык өкүм сүрөт да калат.

— Мына ушунун өзү — Блок! — деймдалдарга кайрылып. — Баары түшүнбөсө да, эң сонун!

Анан поэзиянын төмөнкүдөй музыкасы шыктандырат: «Кимдир бирөө өзүн түзөп, көңүл коё...» Бирок ким? Бел-

гилүү Блок символу! Мына ушуну табуу керек. «Берилип тике карайт көздөрүнө...» Деле ал ким?

Мына ушундан кийин кайдадыр хордо ырдаган «бейтааныш» кыз элестелип, сезим ага жетеленет. Ошол өкүм сүргөн жымжырттыктагы таасирдүү күчтү, колубузда гана күч болбостон, сүйлөгөн сөзүбүздө, көргөн көзүбүздө да рухий күч бар экендигин билгибиз келди дейли. Блок мына ошону да билүүгө жардам берет.

Балдар: «Дагы бир жолу окуп бериңизчи»,— деп сураныпат.

Дагы окуп берем...

«Акылман сезгич» ыкмасы бир сабакта күтүлбөгөн жерден кызыктырып Блоктун «сыйкырдуу дүйнөсүн» бир аз ачып койду. Кадимки эмес, адаттан тышкаркы элес көптү эске салып, көпкө багыттап койду. Мындай эскерүүлөр менен иштөө сабактын милдеттеринин бири жана кызыктыруучу элементтерди тез-тез, ар түрдүү пайдаланууга түрткү берет. Албетте, ыкма проблеманы чечпейт, бирок аны тырышчаак жана жакшы иштеген он баланын эмес, бүткүл класстын демилгеси менен чечүүгө жардам берет.

Сабакты эки бөлүктөн (турмуш жана китеп) түзгөндү жакшы көрөм. Алардын бирөө экинчисине терендеп кирүүгө шарт жана негиз түзөт. Алардын орундары алмашып турат: көбүнчө китептен баштайм. Мындай структура ар түрлүү чыгармачылык ыкмаларга жол ачат. Кимдир-бирөө, мисалы, биринчи сабактын жарымында өзүн толук ачып көрсөтө алат жана ошондойду жакшы көрөт, мындай убакта, албетте, ошондон баштоо керек: а кимдир-бирөө экинчи жарымында. Мен өзүм болсо биринчисинде да, экинчисинде да планды бирдей ишке ашыра аламын.

МУЗЫКА КОЙГУЛА. «Алчалуу бак» оюнунун 3-актысынын аягы. Азыр эле Лопахиндин: «Бардыгы үчүн төлөй алам» деген репликасы угулган. Сахнада ушул аймактын мурунку ээсинен башка жан адам жок. Кылымдар бою жашап келген дворяндык үй-бүлө тарап, жок болгон. Любовь Андреевна «бүрүшүп, солуктап ыйлап олтурат». Музыка акырын ойноп жатат.

Драмалык текстке үндөш болгон төрт скрипка, флейта жана контрабас үчүн үнү басыңкы, кайгылуу музыканы тандап алышты. Ал жөнүндө 2-актыда эскертилген. Мыкты гитаристтер, кокусунан, Моцарт жана Бах боюнча билермандар болуп чыкты, ал эми классиканы сүйүүчүлөр болсо, цыгандардын репертуарын мыкты талдашты. Башкалары эмнегедир унчугушпады, бирок эриндерин был-

кылдатып жарым-жартылай унутулуп калган обонду эстөөгө аракеттенип жатышты. Бул учурда «техниканы» пайдалануудан башка (мисалы, магнитофонду туташтырып) жеңил эч нерсе жок эле... Бирок мен ушул сабакта балдардын ар бири мен айткандарды жүрөгү менен сезип бекем эстеп калуу үчүн мени угуп жатып, өздөрүн да кошо угуусун каалаган элем.

— Балдар! Ар кимиңер өз музыкаңарды кайрыгыла. Олуттуу сөз бар,— дедим.

Балдардын жүздөрү өзгөрүлө түшүп, ар бири кыялындагы үнсүз оркестрге берилип, тынчтанышып калышты.

...Сахнага Аня «шашып кирет». Энесин көздөй барып, тизелеп тура калат.

«Аня. Апаке!... Апа, сен ыйлап жатасыңбы? Менин сүйүктүү, ак көңүл, боорукер апам, мен сени сүйөмүн... мен сага өмүр тилеймин. Алчалуу бак сатылган, ал эми жок, бул чындык, чындык, бирок апаке, ыйлаба, сенин турмушуң алдыда, сенин таза, жакшы пейлиң да алдыда... Жүрү мени менен, жүрү сүйүктүүм, бул жерден кетели? Биз жаңы бак тигебиз, ал мындан да чоң болот, сен аны көрөсүң, ошондо кубанычың батпай, көңүлүң өз ордуна келип, күүгүмдө чыга калган күнгө окшоп жылмайып күлөсүң! Жүрүчү, сүйүктүүм! Жүрү!...»

— Силердин киминер — дейм өзүмө да, балдарга да,— апаңардын оор минутасында ага кайрылып, Анядай мамиле киминер апаңарга Анядай тизелеп туруп, жалбарып өмүр тиледиңер да акындар айткан эң назик («кубанычты, астейдилдикти, күүгүмдө чыга калган күн сыяктуу жан дүйнөңдү ойготкон») сезимди сездиңер, врачтай болуп көңүл жубаткан сөздөрдү («ыйлабачы, апаке, сенин өмүрүң, түнүк сезимиң, ак пейлиң алдыда») айттыңар жана жөн гана адам катары «жүрөктөн чыккан сүйүүнөрдү» билдиңер? киминер жолу болбой катардан чыгып калган апаңарга барып, анын оор абалын сезип, Анядай тизелеп, өзүңөр менен алып кетүүнү өтүндүңөр? Аняның үнүндө жан-дилден айткан боорукерлик, ата-энелер жөнүндө ойлонуп, кам көргөндүк билинип турду. Бул дайыма жана бардык жерде ажырашпай бирге болууга чакыруу, өтүнүү, жан-дилинен жалынып-жалбаруу жана өзүнүн сүйүктүү апасын «мындан-ичип-жеп бүтүрүп, карыздан башы чыкпай жашаган, бактагы ар бир алча, анын ар бир бутагы үчүн азап чеккен шумдуктуу турмуштан куткарып кетүүгө жасалган үмүтсүз аракет. «Жүрүчү, сүйүктүүм! Жүрү!» Ошол замат көшөгө түшүрүлөт. Чехов жан дүйнөсү жаркыган кызынын артынан Раневская кетеби же

жокпу деген ойго салат. Биз, эгерде сенин жүрөгүндө апак болсо ошол учурдагы жолдун тазалыгы жана ыйыктыгы жөнүндө ой жүгүртөбүз.

Мен токтоп туруп балдардын ойго чөмүлгөн жандуу көздөрүнө тигиле карадым. Алардын унчугушпаганын угуп турдум. Менин өзүмдөгү ойду да «угуп» көрдүм. Балдарда кандай ой болсо, менде деле ошо: «музыка тынч ойноп жатат. Кайрадан: өзүмдүн ак көңүл, боорукер апакем, менин сүйүктүүм, мен сени жанымдай сүйөм...» деп кайталап айткым келди жана аны кайрадан айттым.

Сабактарымда жөн эле сүйүүнү эмес, алар кандай гана болушпасын өз ата-энелери үчүн жоопкерчиликтүү болууга тарбиялоого аракеттенемин.

ИСКУССТВОНУН ДЕҢГЭЭЛИНДЕ. Бизге, педагогдорго, негизинен эмне керек? Балдардын окуусу. А эгерде кээде алар окушпасачы? Анда алар окушсун үчүн аларга эмне керек экенин ойлоштуруш керек. Аларга болсо алар менен тамаша катары өткөрүлүүчү эмес, өтө чебердик менен кызыгына батып өтө турган сабак керек. Окуучулар жөн эле «класс», «кабинет», «аудитория» эмес. Алар ошондой эле көрүүчүлөрдүн залы. Менин көксөгөн тилегим — парталарды партерге айландыруу! Анткени кино, телевизор эбактан бери эле менин союздаштарым гана эмес, эң коркунучтуу атаандаштарым, алар адабият сабагы кадимки «Окуу каражатынан» искусство чыгармасына көтөрүлүп, өнүгүүгө тийиштигин ачык эле туйгузуп келатышат. Сабак — искусство болгон жерде гана искусствого оруп бар. Мындай болбогон бардык учурларда биз өткөндүн көлөкөсү: образдардын, фигуралардын, каармандардын (буларга күтүлбөгөн жерден «академист» — мугалим өзү да жансыз адабияттын «типтүү өкүлдөрүнүн» бири катары кошулуп кетет) «галереялары» менен гана иш кылып калабыз. Көркөм ойду «артынан түшө ойномоюн» жана сахналык сюжетти түзүп анализдемейин мектепте изилдөө мүмкүн эмес. Искусствонун деңгээлинде жана искусствонун каражаттары менен балдарды адабият сабагынын керектүүлүгүнө жана кызыктуулугуна ишендиремин, өзүмдү болсо өзүмдүн сабагымдын **сүрөтчүсү** боло алууга, б. а. сценарист, режиссер, аткаруучу жана, албетте, кемчиликтерди жана жетишкендиктерди көрө билген талапчыл сынчы, китепке болгон өзүнүн жана баланын кызыкчылыгын тагыраак туюнтуп, **илимий** жактан түшүндүрө билүүчү адабиятчы боло алууга ынандырамын. Адабиятчыга өзү изилдеп жаткан жазуучуну, өзү жашаган турмушту; өзү менен иштешип жаткан балдарды; эч кандай башканы

эмес сөзсүз адабиятты тандап алган өзүн билүүдөн башка да кандай билим керек? Менин өзүмдүн иш боюнча эрежелеримдин бирөөнөн пайдаланайын: эгерде текст көркөм болсо, анда тексте бардыгы бар жана бардыгын тексттен алуу керек! Мындай учурда бардыгы даяр: боёгу да, үнү да, динамикасы да көрүнбөгөн, бирок ар бир сабакта көрүнүп турган фильмдерден. Кандайдыр бир деңгээлде жазуучудан кызыгыраак болууга да тырышамын. Бул мага эмес, жазуучуга дегинкиси, балдарга керек. Бир жолу «Эңсеткен... мугалим» деген темада сочинение бердим. Эмне болду дейсиңер? Балдар кимди эңсешет? Акылдуунубу — ооба, көптү билгендиги — албетте, чебердиби — сөзсүз. Бирок, балдардын бардыгында тең биринчи планда, «бир нерсени ойлоп чыгара билген кызыктуу адамды» деп көрсөтүлгөн? Бала биз кээде ойлогондон бир кыйла олуттуураак келет, ошондуктан андагы ошол олуттуулукка таянуу керек, бирок ар дайым эле олуттуу таянуу керек эмес... Таң калтырбасаң — үйрөтө албайсың! Ал эми таң калтыруу үчүн концепциялар, фактылар эмес, мугалим өзү жана анын устаттыгы керек. Устаттык эмне боюнча болбосун жана ал ким тарабынан көрсөтүлбөсүн, ага кызыкпаган адам жер жүзүндө жок. Эгерде адабият негизинен алганда жогорку класстардагы искусствонун жалгыз түрү болсо, анда бул эмнеге милдеттендире тургандыгы жөнүндө өзгөчө белгилеп айтуу керек. Тарыхчынын, географтын... артист эместигин кечирсе болот, бирок адабиятчыга кечирим жок. Ал сабактын эң негизги «көрсөтмө куралы». «Жазып да, карап да, мугалимди карап олтургун келет»,— деп жазышат балдар. Жазып да, карап да: адабият сабагындагы акыл менен сезимдин эң татаал рухий түйшүгү дал ушунда болуп жүрбөсүн! Сөздүн жана жандоонун, интонациянын жана мимиканын, позанын жана паузанын эң кызыктуу жана мазмундуу оюнун карап көрүү. Ырас эле кээде мен жазып алууга уруксат бербейм, актер көрүүчүлөрдөн талап кылган сыяктуу балдардын толук көңүл буруусун талап кыламын. Артистизм инсандын жөнөкөй эле бир өзгөчөлүгү эмес, ал — сабактын эң маанилүү каражаттарынын бири.

Сабактын көздөгөн жыйынтыгы — мугалимдин кереги жок болгону. Чыгармачылык ыкма, ереже катары, ушул «жыйынтыкты» — балдардын сабакка ынтызарлыгын берет. Ал — сабактын өзөгү да жана эң негизги аспабы да болот. Бирок педагогика прокаттан пайдалануу мүмкүн болгон чөйрө эмес. Ыкманы көчүрүп ала албайсың, аны шыгыратып чыгара да албайсың. Бирөөгө жаккан ыкма

башкага тескери таасир этиши ыктымал. Бул калып боюнча көбөйтүп, «ач да» андан сөздөрдү, проблемаларды, каармандарды «ала бер!» деп ар кимдин портфелине салып коюучу «ачкыч» эмес. Көп учурда бул ачкыч эмес эле ачкыч ордуна колдонулуп жүргөн кол өнөрчүлүк «илинчек», ал аны чебер пайдаланганды билгендердин колунда гана иштей турган нерсе. Кээде ичиң тарып Плюшкинге көз артасың, анткени анын колунда ачкычтардын түрлөрү бар! «Алчалуу бактагы» экономка Варячы. Биз да аныкындай бирок, педагогикалык(!) ачкычтардын бир боосу менен баарыдан мурда өзүбүздү кызыктырыш үчүн класска келсек кана.

«Акылман илинчек» ыкмасынын негизин «Өзүнүкү, өзүнчө бардыгы үчүн!» деген принцип түзөт.

БӨТӨНЧӨ МААНИЛҮҮ НЕРСЕГЕ КИРИШ СӨЗ. Журнал боюнча класста 30—40 окуучу. Алардын ичинен адабият сабагындагысы канча? Мейли, ошончолук эле болсун. А эгерде алардын жүздөрү боюнча эсептесекчи? 30—40тын ичинен 5—6сы эле калып, башкалары «качып кеткен» учур болбойбу? Ошондой элестетип көрсөк, албетте, качып кетишкени чын. Ким кайда кетти экен? Аларды кайта кайрууга болобу? Ооба! Ойлонтуучу деталь менен! Эмне үчүн балта илген бүчүлүк Раскольниковдун пальтосунун сол жагына тагылган? Мына ушул суроо бүчүлүк Раскольниковдун туюкка кептелиши менен кошо балдардын бардыгын кызыктырат. Ушундай эле натыйжага күтүлбөгөн суроо менен жетишсе болот. «Менин башыман ылдый алтын куйсаң да түшпөйм» — дейт паровоз жөнүндө Кабаниха. Эгерде чын эле (сарай көпөстүн башына) «алтын куйса ал бараар беле?» «Качып кеткендер» ошол замат «кайта келишет» да, сөзгө аралашат.

Илинчек ыкмалардын мүмкүнчүлүктөрү мындан да көп. «Кайыкта биз көп адам элек» — деп жазат Пушкин «Ариондо». Бирок, эгерде декабристтердин көтөрүлүшүнүн мезгилинде ал сүргүндө Михайловскийде жүрсө, анан кантип «тигилердин» арасында болуп калды? Мындай суроодон кийин балдардын бардыгы, даана көрүнүп турган нерсени далилдөөнү каалабагандары да, жигердене түшөт. Бирок, «качып кеткендердин» бардыгын сабакка кайтаруунун дагы бир мүмкүнчүлүгү бар, ал окуу каражаттарынын бүткүл арсеналына максат жана маани берүүчү мүмкүнчүлүк биздин адистигибиздин максаты жана мааниси болуп эсептелет.

ТИЛ ТАБЫШУУ. «Карангылыкка жамынган өзүнүн аскерлерин көрдү» (князь Игорь. — *Е. И.*). Ал кезде Күн-

дүн тутулушун жаман жышаан дешчү. Бирок, тутулуу экөө да! Бирөө — асманда, экинчиси Игордун башында: «Кназдын акылы каалоосуна жендирип койду». Кыпчактарды бирден талкалагысы келди. Акыл каалоого жендиргенде акыры кейиштүү болот. Сеники да, сенин артыңан ээрчигендердики да. Биздин артыбыздан дайыма кимдир-бирөө ээрчийт да — чынбы? Мисалы, сенин артыңан ким?

Көргүлөчү, биринин артынан экинчиси ээрчишип сабакка «кайра келип жатышат». «Эгерде дал ушул минутада классты камера менен тартып алсак, анда алардын жүздөрүндөгү кубангандыкты да, көзү ачылгандыкты да (чын эле: акыл артта калбаш керек!); уялып өкүнүүнү да (акылым канча жолу каалоомо жол берди?!); актангандыкты да (көбүнчү эле ушундай — тигине «байыркы» Игордуку деле, ал эмес береги партада отурган Игордуку деле толук даана көрүүгө болот. Сабакты шаштырбайлы: мейли балдар ойлонушсун. «А программачы?» — дешет мага.— Адабият сабагында адабият менен иштеш керек! жана да адам, адам менен!

— Игорь жаш, кызуу кандуу, эр жүрөк. Мындайлардын күчтүү акылы да уттурат. Баса, бул акыл менен каалоонун күрөшү болгонбу же жокпу, ансыз образдын рухий негизи күмөндүү болот эмеспи. Чыгармадагы «жендирип койду» дегенге караганда — болгон! Ар кандай эле каалоону акылга баш ийдирүү керекпи?

Бул талаш персе: бардык 30—40 окуучу тең класста да, сабакта да! Анан кандай болмок эле: князь Игорь менен окуучу Игорь кокусунан жалпы тил табышат жана ал гана эмес кээ бир маселе боюнча бири бирине кенеш да беришет.

БАРДЫГЫ ЖӨНҮНДӨ БАРДЫГЫНЫН КӨЗҮНЧӨ! Бардык эле класста «кечиктирилбес жардамга» муктаж балдарды табууга болот. Алар менен сабактан тышкаркы убакта жекече ачгемелер өткөрүлөт. А эгерде «ачгемелерди» сабакта өткөрсөкчү?

«Адам бардыгы үчүн өзү төлөйт, мына ошондуктан ал — эркин!..» («Түпкүрдө»). Балким, силердин ичинерден кимдир-бирөөлөр ушинтип ойлоор — деп класстагылардын улам бирөөн карап коём. Коля, бардыгы үчүн өзүм жооп берем! дегенге анча ишенбе. Сатин ушундай ойлонушу мүмкүн — ал «көптү көргөн киши», тентимиш. Анын эч нерсеси кетпейт. А сенчи? Атаңа, энеңе, бир тууганыңа, эки эжеңе жана мугалимиң мага да төлөөгө туура келет. Албетте, ар бирине өзүнчө төлөөгө туура келет. Өзүңдөн өзүң, өзүңдө жана сени кыйбас, сен үчүн жооп берүүчү-

лөрдө болгон бардык жакшы нерселерден бош болууга умтулуу — мындай каалоодо жагымсыздык, адилетсиздик көп болот. Ойлоп көрчү.

Ойлонуп көрөт... Сабакта!

Сабакты дайыма бардык балдарга эмес, кимдир-бирөөнө багыттаймын. Бирөө менен иштөө — бардыгына жол ачат!

Сатинден жана класстан «ажыратпастан» туруп Коля менен иштөө кызыкчылык туудурду. Ушул минутада баары ал Надя, Таня... болсо да, өзүн Колядай сезди... Мугалимдин тынчсызданган үнүндө калган «отузу» да камтылган, алар өздөрүнүн тынч олтуруп олуттуу болушу менен анын ар бир сөзүн ого бетер салмактуу кылышты. Класс башка да **эрудиция** менен тең калтырылды: көрсө мугалим Горькийди жана Горький жөнүндө гана эмес, Коля жөнүндө да билет экен... Балким бардыгыбыз жөнүндө билип жүрбөсүн! Дал ушундай сабактар менен сабакта балдардын көңүлүн буруп, Коляны «качып кетүү» мүмкүнчүлүгүнөн ажыратамын. «Оор» мүнөз баланы өзү менен элдештирип, ишендирип, ата-энелерин эмес, анын өзүн сабакта ишендирүү керек! Бала (улуулардын тажатма жардамысыз) өз күчү менен ага тоскоолдук кылып жаткандардын бардыгын жеңип чыксын үчүн аны өзү менен өзү кеңешүүчү ангемеге тартуу зарыл. «Мугалим — окуучу» деген диалогдун маанисин дал мына ушунда. Бул, албетте, татаал жана кыйын иш, бул диалогдо өзүмдүн тынчсызданууумду күмөндүүлөрүмдү жашырбайм. Оорлорду жакшы көрөм! Аларсыз — кыйыныраак! Биз үлгүлүү деп эсептеген балдар «оорлорго» ыктап тураарын байкадыңар бекен? Эмне үчүн? Алар менен кызыктуу. Мага, мугалим катары, андан бетер. Пушкиндин Татьянасындагы «укмуштуулуктардан» рухий байлыктарды, Рахметовдун «обу жоктугунан» — натуранын бөтөнчөлүгүн, а Нагульновдун аша чабууларынан»— революцияга берилгендикти таап жатпайбызбы... Бирок, адабияттык каармандын «бөтөнчөлүгүн» көкөлөтүү менен азыркы жаш адамдын «бөтөнчөлүгүн» түшүнүүдөн коркобуз, же ал адабияттык каарманга караганда көңүл буруурга татыктуу эмеспи?

Адегенде адамды башкалардан айырмалап тургандар эмне экенин жана ал өзү башкаларга эмнеси менен пайдалуу жана керек экенин билүүгө аракеттенем. Менин «таң калыштуу» эрежелеримдин бири: окуучу, орто, эч артыкчылыгы жок окуучу да, кудай бар, көркөм китепке караганда бир перссси менен кызыктуу, албетте, эгерде аны китеп сыяктуу «ойлонуп» «окуй турган» болсок. Китеп ме-

нен китептин байланышын эмес, китептеги берилгендердин ушул сабактагы ушул окуучу менен болгон байланышын издеймин. Китепти да, окуучуну да даана жана метафоралар менен метаморфозалардын айырмасын көрө билүүнү үйрөнөмүн. Эгерде тилчи «сөздөрдөн» баштаса, тарбиячы — «беттерди» тандоодон баштайт. Сөз менен бет бирдиктүү болгон кезде сабак — көзү ачылуу, китеп — турмуштун окуу китеби, мугалим — окуучуларды качыруучу эмес, артынан ээрчитүүчү болуп калат.

Өзүмдүн практикамда мен класстан тышкаркы жекече аңгемелешүүнү чанда пайдаланам, анткени бардыгы жөнүндө бардыгынын алдында (албетте, чеги менен ачык-айрымданып) сабакта сүйлөймүн.

«Вася, сен мени узатып койчу? Бирдемелер жөнүндө сүйлөшөлү»,— деп мугалим окуучуга кайрылат. Бул, албетте, жекече мамиле жасагандык. Анын үстүнө, мында пайдалуу нерсе жагымдуу нерсе менен (аңгеме сейилдөө менен) айкалыштырылып жатат. Бирок Вася өзүн өзү «узатып», өзү менен өзү «сүйлөшсө» болот. Эгерде сабактын ыймандык деңгээли окуучуга тандама көңүл буруу менен толуктанса мындай болушу толук мүмкүн.

«АЧЫК ЭТИКА». Окутуу менен тарбиялоонун байланышы дагы бекем болсун үчүн кээде ал байланышты үзүп, сабакта жалгыз гана тарбиялоону калтыруу керек. Бул ыкманы мен ачык этика деп атаймын.

Окуучунун моралдык сезими, анын көңүлү, психологдор айткандай — тонусу мугалимдин башкы камкордугу болгондо адабиятчы тарбиялап жатып окутканда сабак эң жогорку чекитине жетет. Таанып-билүүнүн ыйман менен «байланышынан», «синтезинен» сабактын ачык этикасына, окуучу менен түз баарлашууга өтүүдө ушундай болот.

...Уулунан ал күндө кечинде эмне окуп жүргөнүн суроодон мурда сабатсыз карангы Ниловна («Эне») эмне үчүндүр «колдорун таза жууду». Эмне үчүн? Себебин издей башташты. Мында, балким, китепке горькийче мамиле кылуунун таасири болсо керек, аны оюнда да таза кол менен кармоо керек. Мүмкүн. Азыр эми биз өзүбүз билимдүү болуп туруп китепке кандай мамиле жасай турганыбызды текшерип көрөлү. Сабактабы? Албетте кимдир бирөөлөрү бул жолу өздөрүнүн китебин ала келгенине, балким, өкүнөт. Кайтадан Горькийге кайрылалы. Уулу энесинин суроосуна кандай жооп кайтарды? Ал бул китепти окугандыгы үчүн... Жок. Адегенде энесине отурууну сунуш кылды. Кээде дал ушундай майда-чүйдөлөрдү» китепте да, турмушта да байкай албаганыбыз өкүнүчтүү!

Эки-үч кыскача «толуктоодон» кийин сабак дагы тезирээк өттү, мында каармандарга болгон кызыгуу балдарды далдалап калган жок. Адетте, жетишпей калуучу 45 минутадан бир нерсе текке жумшалдыбы? Эч нерсе, эч канча. Ыймандык суроолорго жумшалган минуталар зыян эмес, ал талкуу (разрядка) катары да жана шыктануу (заряд) катары да пайдалуу.

Чыныгы ыймандуулук майда-чүйдөлөрдөн улам көрүнөт. Аларды көрө билүү керек. Бул мааниде алганда адабият эмес айрым китеп, китепте — глава, главада — эпизод, эпизоддо — деталь этикалык көңүлдү буруунун эң жакшы жолу. Ыймандык ачылыштардын искусствосу болуп калуучу «ачык этика» кургак дидактизмдин негизинде эмес, көркөм тексттердеги ачылыштардан өнүгүп чыгат. Китепти колду жуун кармоо жөнүндө гана сөз болду беле? Таза колдон — китепти урматтоого, даңктоого, андан — адамдагы адамгерчиликке. «Ачык этика» өтө кылдат, эгер ал — моралдык сүйлөшүүлөрдүн төмөнкү деңгээлинде, жарым маданияттын, примитивдүүлүктүн деңгээлинде калса опурталдуу.

Окутуу менен тарбиялоо жалаң гана грамматикалык сызыкча менен кошулбастан, адамдын жан дүйнөсү менен реалдуу мамилелердин жана керектөөлөрдүн көп сандаган тамырлары менен кошулганда алардын экөө тең, тигиниси да, мунусу да жалпыга түшүнүктүү болот. Практикалык тарбиялоонун эң керектү учурлары сабактын стандарттуу моделинде көрсөтүлгөн эмес. Класстык чогулуш болот, ошондо... деп гана чектелишет. Анда да өзгөчөлүү эч нерсе болбошу ыктымал. Адабият сабагына кыска болсо да акыл жана жүрөк менен сезилүүчү ыймандык «бекеттер» далдаланбаган дидактикалык үгүт-насыяттар, чакырыктар, кеңештер керек. Эгерде тексттен «азыр» жаралып жаткандардын бардыгын «анан» деп калтыра бербесек, мүмкүнчүлүктөр чексиз көп.

Советтик паспорт Маяковскийге «Баа жеткис жүктүн дубликаты» болуп көрүнгөн. Табышмактуу бул метафораны өздөрү жакында эле паспорт алышкан онунчу класстын окуучулары чогуусу менен түшүнүшөт. Алган укуктардын жана Мекен алдындагы граждандык милдеттердин чоң «жүгүнүн» кубанычын күтүлбөгөн жерден алар акын менен бирдикте советтик паспорттун «баа жеткис» салмактуулугунан сезишти. Укук алып жатып кимдир-бирөө милдеттер жөнүндө унуткан жокпу? Айтмакчы, алар кандай милдеттер жана алардын мааниси эмнеде? «Кечириңиз, бул суроолор тарых, коом таануу сабактарында ка-

ралат да. Деги бул сүйлөшүүнү класстык саатка көчүргөн жакшы болот го?» — дешет кээ бирөөлөрү мени жактырышпай. Эгерде орчундуу бирдемеки балдардын сезимине «көчүрүү» зарыл болсо, ал үчүн Сабак керек. Адамды калыптоочу милдет бул жерде курч жана натыйжалуу көрүнөт. Этикалык бийиктикке ээ болуп, сабак эми окутуунун да дал ушундай эле деңгээлге көтөрөт. Маяковскийдин метафоралары, гиперболалары жөнүндөгү сүйлөшүү эми кызыксыз тиркеме эмес, чыныгы ички каалоонун этабы болуп калат.

Дагы бир мисал. Сабакта Давыдовдун хуторго ала келген чемоданын «ачып көрүү» («Көтөрүлгөн дың») кызык болуп жүрбөсүн? Анын ичинде слесардык аспаптардын тобу бар болучу, аны менен путиловчу биринчи трактордуремонттоюн деген. Ал чемоданда чынында кандай аспаптар болуш керек эле? Шолохов кээ бирөөлөрүн гана атаган. Мына силерге «Кызыл путиловчу жумушчусу» деген темада «эң мыкты слесарь болууга» берилген өзүнчө сочинение. Балдар 10—15 минута ичинде эмнени билишет? Эмнени тапса ошону билишет. Кимдир-бирөө балким мына ушул «жумшалган» минуталардын натыйжасында кокустан өзүнүн кесибин табат, болгондо да Давыдов сыяктуу өмүр бою аркалап өтөр кесибине туш келет. Бул азбы?

«Ачык этика», негизинен, окутуунун тарбиялоого өтүшүнүн эле өзү (бирок тескери процесстин кээде бир кыйла кармалуусу менен). Иштин бардык мааниси «кармалууда». Окутууну күндөлүк камкордук жана балдардын турмушу менен айкалыштырып, мугалим (сабакта!) класс жетекчи болбосо да анын милдетин аткарып калгансыйт. Сабактан «тышкаркы» жана «кийинки» тарбиялоого багыт алуу адабият сабагынын ыймандык деңгээлин начарлатып жиберди, адабиятчыдан окуучулардын сезилген жана сезилбеген — турмуштук суроолорунан, керектөөлөрүнөн өзүнө жана өз сабагына таяныч таап, ошону менен ар бир сабакты алардын сабагы кыла турган мүмкүнчүлүгүн тартып алды. Албетте, сабакты «токтотуп», айрым жерин «талкалоо» жана жогорку деңгээлде кайрадан «куруу» оной иш эмес. Бирок мындай чеберчиликсиз биз эми балдарды көңүл бурдура албайбыз.

«ВАРВАРАНЫН АЧКЫЧТАРЫ». Менин бир жаш кесиптешим бир жолу: «Мен ар түрдүү ыкма менен иштегендерди көрдүм. Сиздикин жана мага чоң жардам көрсөткөн дагы бир мугалимдикин. Сиз анын сабагын көргөн болсоңуз! Көптү билет. Китепти жаттап алгандай. Ал эми балдар антитеза, инверсия, матафора... деген сыяктуу тер-

миндерди шатыратышат. Сабакта — кошумча адабият: сын, монографиялар окулат. Кээде аны кадимки сабак эмес эле факультатив же семинарий деп ойлойсуң. Деги укмуш. Окуучулардын жарымы угушпаганы гана өкүнүштүү. Алардын кээ бирөөлөрүн мен тим эле класстан «кууп чыгараар» элем. Алар мындай мугалимден окууга татыктуу эмес! Сиз —башкасыз (анын жүзү боору ачыгандыкты туюндурду), бирок сизди балдар угушат. Эч болбогондо бирөө башка жакка бурулсачы же акырын (кыялында!) сабактан кетип калсачы...» деп айтты.

— Коюңузчу! — деп мен каршы болдум. — Эгерде бешалтоо (ишенициз, андан көп эмес) терминдер менен коздопушса, калгандарына эмне кылуу керек? Эгерде балдардын өздөрүн китептин жардамы менен эмес, китепти балдардын жардамы менен окусакчы? Айтмакчы, сиз абдан керектүү балдарды «кууп чыгууну» каалайсызбы? Терминдерди шатыраткандар эмес, дал ушулар сабактын башкы каармандары болушат. Бул жерде алар эч качан сурабаган суроолорго жооп беришет, тилекке каршы, алардын өмүрү балким ошол суроолордон көз каранды болоор. Мен үчүн ыйман арнети филологиялык билимге караганда маанилүүрөөк. Ал эми ыймандуулук делип бул окуучунун кандай иштеп жатканы жана канчаны биле турганы гана эмес, ошону менен бирге, ага кандай чындык айтылганы жана аны турмушка канчалык жакындатканы да эсептелет.

...Эмне үчүн Варвара Катерина жашырып да, жаап да коё албасын билип туруп өзү каалап ага дарбазанын ачкычтарын Борис менен жолугуу үчүн кармата берет («Чагылган»)?

Балдар төмөндөгүчө ойлошот: «боорукерлигинен», «аялдын кылар иши да», «окуялар менен үйдөгү кунарсыз маанайды жандандыруу үчүн».

— Болуптур, ошондой. Бирок, башкача ойлор да бар: метафора менен айтканда, кээде бизге ачкычтарды кандай максат менен (дос катары) бериле турганын билүү кызык эмеспи?

— Мында балдар кетип калмак турсун алагды болуп да коюшпайт. Алар маселенин чыгарылышын издегенсип ойлонушат. А эгерде маселе ыймандык болсочу? Жалгыз чыгаруу оор болгон маселени биргелешип ойлонуу жеңилдик бербейби? Терең ойго баткан тынчтыкта бир кезде бирөөнүн оюна кылт эте түштү: Катеринаны «булгоо» үчүн Варвара ошондой кылган. Айыпсыз, уяттуу бирөөнү окшоштуруу жана ошону менен өзүн актоо үчүн ошентип

жүрбөсүп? Мүмкүн. Кээ бирөө башканы жаманатты кылбай жаны тынчыбайт. Бир эле ачкыч Катеринаны азапка салып, а Варваранын жанын жай алдырды. А. Островскийдин каармандарынын күчү, анын жан дүйнөсүнүн асылзаадалыгы мында: ал ачкычты алса да, айыптуу болсо да булганган жок.

Мен балдарды өзүмдүн билимим менен басынтпаймын, бирок ал болмоюнча, балким, эки моралисттин: мугалим менен жазуучунун чыгармачылык кызматташтыгына карата «кадамымды» шилтей алмак эмесмин. Танаписте же класстык чогулушта кимдир — бирөөнүн кенешин же көшөкөр кызматын четке кагып күтүлбөгөн жерден балдардын ичинен бирөө: «Варваранын ачкычтары» деп калса, анда анын мындай репликасы биздин инверсиялар жана антитезалар менен өткөргөн көп сабагыбызга татыктуу болот... Метафоралар жана антитезалар болгон жерде ыймандык алакага орун жок деп ойлоо, албетте, аңкоолук болор эле. Метафорасыз түк мүмкүн болбой турган жагдайлар бар. Ошол эле сыяктуу «Катерина жөнүндөгү» сабактарда негизинен Варвара жөнүндө сөз болот.

Адабияттык каармана келүүчү жолду мен көбүнчө окуучудан баштаймын, ал үчүн анын тагдырын, турмуштук тажрыйбасын сабактын мазмунуна киргизем. Биздин ар бирибиздин артыбызда адамдар бар, ошондуктан ар кимге ак дилдүү жана кичи пейил болууга тийишпиз. Тарбиялоо — бул билим берүүнү кыскартуу же жөнөкөйлөтүү эмес, бардыгына тең мектептик жана курактык туура вариантты жана ченди издөө дегендик. Китепти турмуштук материал менен жандандыруу, китеп менен турмушту алга жылдыруу үчүн бет алам. Мында балдарга сабак дегеннибиз — сабактын өзүнөн сабак алуу! — дегенди бекем карманам. Менин сабакта негизги «таркатып» берүүчү материалым: кенештер, каалоо-тилек жемелөөлөр...

Ыймандык чындыктын кашкайта далилденүүсү кээ бир менин сабагыма катышкандарды кыжырлантат: «Бул класстан тышкаркы, сабактан тышкаркы материал да...» дешет алар мага дайыма. «Тышкары» деген кандай ыңгайлуу сөз. Иши кылып бул жерде эмес жана азыр эмес, башка жерде жана кийинчерээк. Бирок, эгерде азыр колдон чыгарып жиберсек кийин кеч болбойбу? Жана баарын эле кийинкиге калтыра берүү мүмкүнбү?

Эмнеге **«даярдоо»** керек? Адабияттык каармандын тагдырын ыймандык оңуттан талкуулоо — бул али тарбиялоо эмес. Ошол тагдырды өзүнүкүндөй же жакын адамыныкындай кабылдап, өзүн анын ордуна коюп көрүү — бул

ар кандай эле мыкты мугалим көтөрүлүп жете ала турган бийиктик эмес. Бирок мунсуз ыймандуу сезимдерге чулганган сабак, б. а. бардык балдар активдүү катыша турган сабак жок жана болушу да мүмкүн эмес.

«Мунуңуз кандай «Шолоховду» бүтүпсүз, ал эми «Адамдын тагдырын» өтө элексиз... «деп күнөөлөштү мени бир ирет. Өткөрүп жибербеш үчүн өткөн жокпус... «Тагдырды» Жеңиш Күнү түшүндүргүм келген. Анда бул класстык саат да, митинг да, ар кыл муундардын өзгөчө жолугушуусу да (согуштун ардагерлери чакырылмак), кандайдыр адабияттык семинар да... жалпысынан алганда талапка ылайык келе турган жана ылайык келген Сабак болот. Анын финалы мына ошол.

— Жолдошторун, досторун, жакындарын, сүйгөндөрүн жоготуу менен Соколовдор согуштун кандуу жолдорун басып өздөрүн өлбөс-өчпөс даңкка бөлөшкөн. Аларды унутпай эскерүү бул алар сыяктуу турмуштагы туура жолунду тандап алуу жана андан чыкпоо дегендик. Өзүбүздүн жолдорубуз жөнүндө жакшылап ойлонуп көрөлүчү? Эгер алар биз үчүн курман болушса, биз өзүбүз үчүн жашаганыбыз — бул уят, ары мажестик. Биздин эсибизди текшерип Абийир ушул жөнүндө айтып жатпасын. Согушта курман болгон баатырларды бир минута унчукпай туруп эскерели...

Сабактын өзүндө элеби? Ооба. Мугалим менен бирдикте анын бардык (!) 30 шакирти ойлуу жүздөрү менен какайып турушканынан ашкан маанилүү эмне бар? Мындай сабак — бул жөн эле акылдуу эмес, бийик сезим. Өрнөктүү иш менен тарбиялоо — «ачык этиканын» пафосу жана маңызы. Адатта, мектеп турмушка даярдайт деп калышат. Мектеп өзү турмуш, ошондуктан ал окуп жаткандардын акылы жана колдору менен турмушту дагы жакшыраак, дагы кызыктуураак кылуу үчүн балдарды ошого даярдоого тийиш. Мына ошентип, сабак менен тарбиялоону сабакта тарбиялоо менен толуктаймын.

ӨЗҮНДҮ ТҮШҮНҮҮ. Оюңа бүлүк салуу, беймаза кылуу... Албетте, мунун баарынын мааниси чоң. Бирок, мойнума алышым керек, тынчын кетиргенден тынчтандырууну, адамды дарылоону, ага жеңилдик көрсөтүүнү көбүрөөк жактырам. Бардыгы эле балдардын акыл эмгегинин оорлоп бараткандын айтышат, а чынында алардын психикалык дарманы жагында эмне болуп жаткандын жакшылап эсепке алгандар барбы?

Бир күнү мен мектепте өзүмдүн мурунку окуучуларымдын бирөө В. менен жолугуп калдым. Аны-муну жөнүндө

сүйлөшүп, өткөндөрдү эске түшүрдүк. Анчыча ал: «сабагыңызга катышууга мүмкүнбү?» — деп суранды. Албетте, Ал негедир тынчсызданган өндүү, турмушу кыйчалыштуу экен. Ошондуктан В. мурдагы көнүп калган адаты боюнча өзүн түшүнүү үчүн сабакка кирүүнү каалаптыр. Ошондуктан мен мурда окуп кеткен жалгыз бирөө үчүн өзүмдүн сабагымды кайра ойлоштуруп өзгөртүүм керек болду. Бирөө үчүн!? Кандайча, бардыгы үчүн бирөөнө эсептеп иш кылуу керек? Бардык жакшы сабактагыдай эле. Чынында эле, дал ошондо гана сабак сабак болот. Эгерде «бирөө» болбосо, анда класс бул жөн гана «кунарсыз» масса.

— ...Корчагинге аттан түшүп, бардыгындай эле маневрлерди жөө басып өтүүгө буйрук берилди. Бирок аның кызыл жүгүрүк менен ооруган буттары шишип чыккан болчу. «Инвалиддерге армиядан орун жок!» — деген «кероох франттын репликасы угулду. Павел тизгинди катуу силкип, обдула калды — эми орду толгус иш болуп кетпегей эле. Жок. Болгон жок. «Корчагин аттан түштү да муундарынын сыздап ооруганына чыдай басып, батальондун оң жаккы флангасына кетти». Аның буту эле ооруп-жатты беле? Жок, жан-дүйнөсү да. Ага, революцияның жоокерине мынчалык орой-одоно айтылган кеп ыйлагынды келтирбейт бекен. Корчагиндер таарына билишчү. Ошондуктан бизди арабызда ырайымсыз таш бооруор жана кайдыгер камаарабастар болбосун үчүн, мындайларга оң фланганы бербөө үчүн алар өздөрүн чыдамдуулук менен кармап дайыма «оң» жаккы флангага жөнөшкөн. Сен ошенте аласынбы (байкамаксанга салып мурункуокуучума жана бардыгына кайрылам), сен да ушул Корчагиндей катарда калуу үчүн өзүндүн кайгы-капаң жана ызаңды көөдөнүңдө бекем тутуп жүрө аласынбы? Турмушта тагдыр сени чини чоң кероох бирөө менен бетме-бет кездештирип калган учурда адамдарга, турмушка болгон ишенимиңди, үмүтүңдү сактай аласынбы? Эгерде ошенте алсаң сен чыныгы адамсың, бизди, менин замандашымсың. А эгерде ызаң ташып баратсачы? Анан сен, көркөмдөп айтканда, өзүндү өз колуң менен «бир койсончу?» Анда бир эле сен жапа чегесинби? Сен деп сага жан тарткан башкалар дагы, сенин ишиң да, сен жеңип чыкпай эле жеңилип берген акыйкаттык да— ушунун баары жапа чегет. Канчалаган, атүгүл көө бир чоң адамдарга ыза турмушта татыктуу орун эзлөөгө тоскоол болгон! Мына ошондуктан Корчагиндин «чыдамдуулугунун» биз үчүн социалдык мааниси бар. Павел «франтка» караганда өзүнө — батальондун комиссарына көбүрөөк ачууланган.

Мен мындай сабакты акыл-эс педагогикасы деп атаар элем. Ишендирем, пускайм, кепеш берем. Чынында бирине жана баарына (өзүмө да) китепти — анын ар бир сабын — адамды ойготуу(!) үчүн ачамын. Сабактын маңызын балдардын бүгүнкү турмушунда бир нерсени сөзсүз жакшыртуудан, өзүмдүн мугалимдик эрким менен алардын орун-очок тапкан тагдырынан, турмушундагы өзүмдүн эмгегимдин акыбетинен көрөм.

Эгерде балдарга ушунчалык таасир этип, жардам көрсөтүп сүйлөшө турган болсок, анда биздин сабактарыбызга мурда бүтүп кеткендер да келишет, а азыркылары коңуроо болгондон кийин да кетишпейт.

Мен иштеген мектепте «ортонку звеподогу» балдар өздөрүнүн көчөдөгү жолдошторун ээрчитип келип, көп учурда менин сабагымды «угуп көрсүн!» деп суранышат. Каршы болбоймун «угуп көрсүн» деген сөздүн төркүнүндө жардам алууга болгон умут катылып жатпайбы.

БИЛИМ КЕРЕК БОЛГОНДО. Жардам берүү — бардык нерсенин маңызына жетүүгө жардам берип, толкундануугa мажбурлоо. Биринчи ирэтте аларды бардык биз менен болуп жаткандар, биздегилер жана бизге байланыштуу болгондор толкундатат. Китептен аяктабай анын татаалдыгын жөнөкөйлөтпөй олуттуу сүйлөшүүгө **шылтоо** издейм-мин. Мага, мугалим-этик катары шылтоо кээ бир мааниде темадан да орчундуу. Бир күнү «Онегиндин» 8-чи главасын түшүндүрүп жатып шыр эле (мындай кылса да болот) кандайдыр 2—3 минутанын ичинде үнүмдү өзгөртүп, жандап, сынай карап оюн-чынга салып экинчиси, үчүнчүсү — класстагы кыздардын баары менен аңгеме өткөрө салдым: Муну кээ бирөөнү зекип, кээ бирөөнү сыпайы мыскылдап, кээ бирөөлөрүнө ыраазылыгымды билдирип иштедим. Мунумду мен пушкиндик текстте илеп белгилер менен белгиледим:

Ал бечара алактап бир шаңчу эмес,
Тунт да эмес, ашык сөз да айтчу эмес.
Башкаларды жөөлөп-түртүп кутурбай,
Ийгиликке ирегеден жутунбай.
Майда иштп албай эч бир капарга,
Жек көрчү эле шаан-шөкөттү жасалма.
Бут-баарысын орду менен жасачу,
Жөп-жөнөкөй, жай турмушта жашачу.

Эч арамдыгы жок, астейдил ак ниеттен айтылган акыл кептин төркүнүн туя коюшуп, өздөрүнө астыртан баа берип кыздар Татьянага суктанып жатышты, аларга ал: токтоо, жөнөкөй, сүйкүмдүү болуп **көрүндү**. Бирок бейпай сезимди акыл жетелебесе өчөт. Жетелетебиз. Бизди эмне,

жоошутуп жөнөкөй кылат? Мына эми Татьянанын жан дүйнөсү жөнүндө, анын тагдырындагы бороон-чапкындар тууралуу сөз козголот. Ошондон барып токтоолукту да, жөнөкөйлүктү да ачабыз! Пушкиндин «сүйкүмдүү идеалынан» күтүлбөгөн жерден бизге анын «ойлонуу, кыйналуу үчүн жашоо керек» дегени ачылат.

Образ менен турмуштун (Татьяна менен сегизинчи класстын кыздарынын) түз байланышы, эгерде ал романдын мазмуну терең анализдөө менен, ойлонуп (өзүнө салыштырып көрүү менен) окуу менен бекемделбесе примитивдүү болмок. Билим керек болуп калды, анткени ал инсандык маанилүү мүнөзгө ээ болду.

БЕШ ЖЫЛДАН! Менин практикалык ишимде конок-тор кирбеген аз эле сабак болду.

Наталья Юрьевна (Подмосковьеден) — жаш адабиятчы. Бирок, токтоосуз, азыр эле өзүнүн жактырган адистигинин жашыруун сырларын билүүгө өтө ынтызар. Бир сабакты бердим, анан экинчисин... Бирок ал үчүн кээ бир перселер табылбаган жана чечилбеген бойдон калды.

«Балдардын керектүү кеңеш беришин каалайсызбы?» — деп мен.

Жүзүндө «кантип» деген таң калуу пайда болду.

— Эң жөнөкөй эле. IX «А» да эки сабак катары менен болот. «Согуш жана тынчтыкты» баштайбыз. Биринчи сабакты өткөрүңүз, экинчисинде болсо балдар менен талкуулаңыз. Алар эң катаал, бирок кайрымдуу судьялар. Албетте, кээ бир перселерди мен да айтамын.

Наталья Юрьевна сабакты өзүнчө чыйыр менен көркөмдүү өткөрдү. Чарчап, толкунданып балдардын оюн угуу үчүн столго барып олтурду. Алар чын дилден сабакты макташтыы. Андан кийин бири-бири менен макулдашып алгандай, өздөрүнүн «чын пикирлерин» айта башташты.

— Кириш сөз бүткүл чыгарманы бир сабакта камтыды? Анан «бөлүктөр» боюнча окуу кызык да. Бирок чынында «чыгарма» болгон жок да.

— Анна Шерер өзүнүн салонуна кандай киргизсе, темадан алыстап кетпес үчүн мугалим да бизди сабакка ошондой киргизүүсү керек.

— «Ойлонгула» дегендин ордуна, «ойлонолу» деген жакшы.

— Столдун жанына туруп албастан, класста басып турунуз. Мугалим жанында турганда өзүндү жеңил сезип, ойлонгун келет.

— Мугалим колун сенин ийнине койгондо дегеле коркунуч болбойт, эмнени ойлосоң ошону айта берсең болот.

— Сабакты күтүлбөгөн жерден баштаңыз да, теманы кийинчерээк айтыңыз. Ошондо кызыктуу болот.

— Сиз алдыңкы партадагылар менен сүйлөштүңүз, арттагылардан баштаган жакшы. Карасаң, «ортодогулар» да түйшөлүп иштей башташат.

— Биз китепти талдоо менен гана чектелбестен аны «жазабыз». Мисалы, мен жакында «Достоевский» болдум. Ал эми бүгүн эч ким «Толстой» болгон жок.

— «Тарыхый» парта да болгон жок. Мугалим бизге качандыр бир кезде азыр биз отурган парталарда олтурушкан балдар жөнүндө сүйлөп берет. Ал алардын аттарын, ойлорун, табылгаларын, ал гана эмес алар сүйлөгөн сөздөрдү да унутпай. Мисалы, мына бул партада мыкты окуучулардын бүтүндөй «тизмеси» бар. Кээде олтурган партага өзүң татыктуусуңбу деп, өзүңдү онтойсуз сезесиң.

— Бааларды кийинки сабакта коюңуз. Антпесе магниттик плёнкага жазылган жазуудай, бардыгы өчүрүлүп калат.

Балдар дагы көп нерселерди айтышат. Андан кийин Наталья Юрьевна өзүнүн суроолорун мага жаадырды: эмне үчүн бааларды кийинки сабакта коюу керек? Класста сөзсүз басып жүрүү керекпи? «Тарыхый» парта деген эмне? Китеп «жазуу» деген эмнени билдирет? Эмнеликтен теманы дароо жарыялабайсыз?

Берилген суроолордун ар бирине жооп берүүгө аракет кылайын.

Сабакты эч качан баа коюу менен аяктабайм, тескерисинче, аны менен сабакты баштаймын. Ким эмне жөнүндө, канчалык жакшы айтканын үнүмдү катуу чыгарып эстөөгө аракеттенемин. Кээде тамашалайм, талашам, бир нерселерди толуктап айтам. Бир сөз менен айтканда кайталайбыз, бышыктайбыз, жооп берүүгө үйрөнөбүз. Албетте, баарлашабыз да! Көп анча жагымдуудай сезиле бербеген баанын негизинде ошентип баарлашабыз. Мындай ыкма кетирилген кемчиликтерди эске алуу жана талдоонун негизинде жаңы баарлашууга киришүүгө жардам берет. Кезектеги сабакты балдар күтүшөт. Эң жакшы же жөн эле жакшы баа эмес, көбүнчө менин кызыктуу тамашалуу түшүндүрүүлөрүм аларды кубандырат. Ал эми шайырдык кандай темага болбосун зыянын тийгизбейт! Эгерде балдар менен жалгыз бир гана байланыш — журналга коюлуучу баа — болсо, анда кандайдыр бир дөөлөттөр жөнүндө кеп кылуу күлкүнү келтирет да. Баса, бардык нерсе өзүнө карап туруп бааланат эмеспи. А бул жерде убакыт керек, анткени дагы жана дагы бир жолу сабакты

«талдап алууга» туура келет — ал кызыктуу, ачык боло алдыбы, кандай суроолор, кимдерге жана кандай берилди, шашылышкан жокпу, себеби ойлонуу үчүн башка бирөөнүн оюн кайталоо керек да. Кыскасы «көрөңгө» керек, бааның объективдүүлүгү анын фундаментине таянат. Кээ бирөөнө эч бир баа койбогон учур да болот, ал үчүн өзүмдү күнөөлүүдөй сезип, ал жөнүндө өкүнүп, кечирим сурап окуучуларга ачык айтамын. Балдарды гана эмес, өзүңдү да «курушун» керек да. Дагы айтаарым. Сабактын жүрүшүндө же анын аягында баа коюп, өтө тез чыгарылган «жыйынтык» чынында эле көңүлдө калган издердин жаңылыгын, күрчтугун, көтөрүңкү маанайды өчүрүп жоготот, ошентип ыймандык-эстетикалык маанеде алганда сабактан эч нерсе деле калбайт.

Ырас, балдар менен аңгемелешүүдө мен бир орунда турбай класста басып жүрөмүн. Балдардын баарынын «жанында болууга» тырышамын. Бул сөздү тырмакчага алдым, анткени жанында болуу — бул жөн эле бала экөөбүздүн арабызды чукулдатуу эмес — бул түздөн-түз жакындык, бардыгына тиешелүү көңүл буруу, сабакта жагымдуу шартты, өз ара ийгиликтин жана достуктун жагдайын түзүү. Мында, бирок, башкача да маселе бар. Балдар мугалимдин жүзүн көрүшөт, бирок өздөрүнүн жүздөрүн көрүшпөйт. Ал эми классташтын жүзү — бул адабият сабагындагы эң жакшы «көрсөтмө курал!». Окуучунун «жүзү» менен кээде китеп менен иштегенден кем иштебейсиң. Классты аралап төрүнө өтүп кеткенимде балдардын бурулуп кароосуна уруксат беремин. Балдар бири бирин чымырканып күч коротпой эле айланып көрүшсүн үчүн айланма стулдардын болушун эңсеймин. Жакындан бери менин сабактарыма келген методист же инспекторду өзүмдүн столума олтургузчу болдум, алар сабак жөнүндө балдардын желкелерин эмес, жүздөрүн көрүп жыйынтык чыгарышсын.

«Тарыхый» парта... Бул баарлашуунун өтө бөтөнчө жана ишенимдүү стили. Ал гана эмес — окутуунун эң эле маанилүү ыкмасы. Бирок мен даяр табылганы дайым эле демонстрациялабаймын. Башкача да болот. Класска мындай дейм: мына бул ойду баланчанчы жылы мобу партада отурган бала мындайча айтып берген! Эми карагылачы, мен ошол ойду кантип өнүктүрдүм жана андан эмнени алдым. Таң калышат. Балдардын гана эмес ар бир партанын да өзүнүн жүзү бар!?

Сабактардын ичинен эң кызыктуусу, эң маанилүүсү кириш сабагы! Биринчи сөз экинчисинен кымбат. Бардык жагынан кымбат. Жашоо-тиричиликте, өндүрүштүк ш-

терде жана педагогикада да. Окуучу адегенде чыгарманын кандайдыр бүтүн образын көрүшү керек, ансыз ал чыгарма менен таанышуу керекпи же жокпу — чече албайт. Кээде чыгарманын бетин комментарилап түшүндүргөн пайдалуу, башка бир учурда реплика гана жетиштүү, а көбүнчө китепти таптакыр жаап коюп, эстеп калгандарды айтып, андагы эң көрүнүктүүлөрдүн бардыгын деталдуу көрсөткөн пайдалуу. Кириш сабак — негизинен эстеп калгандарды жатка окуу! Сандык мааниде эмес ачыктык жана курчтук мааниде алганда мында текст баарынан көп.

Туура. Китепти талдап гана тим болбостон аны «жазабыз» да. Менин «жазуучуну түшүндүрүү бул аны менен чыгармачылык кызматташ болуу» деген сунушум балдарга абдан жагат. Алып жыйнай бергин, кийин кайтараарсың дегенди жогорку класстардын окуучулары жактырышпайт. Алар алгандарын азыр бергиси келишет, аларга бүгүнкү кубаныч керек. Мына ошондуктан Пушкинди же Чеховду балдарга ылайыкташтырбастан, тескерисинче, алардан бир аз пушкиндерди жана чеховдорду... жасаймын.

Теманы качан жарыялоо керек? Эгер салыштырып айтсак, сабак — бул костер жаккан сыяктуу. Адегенде кургак чамындыларды, андан кийин кургак жыгачтарды, анан акырында суу дүмүрлөрдү да саласың. Чамынды, жыгачы, дүмүрү. Эмне экенин айтып олтурбайын. Айтаарым: костер күйгөн кезде — алардын бардыгы жалын берет! «Тема» чийки, академикалык мүнөздө болсо да. Ал бардык эле учурда костерду алоолотпосо да дайыма от кошот.

Наталья Юрьевна менен дагы көпкө сүйлөштүк. Мен аны төмөнкүлөргө ынандырдым: ар кандай эле сабакты, айрыкча биринчи сабакты балдар мугалимдин колундагы китепти окушту же окуй башташты деген ой менен баштоого болбойт, методикалык идеяларды жана андан башка да көп нерселерди балдардан алуу керек. Биз алар менен баарлашууда өзүбүз рухий жактан байыйбызбы же жокпу, аны балдар биздин ар бирибизден сезип көрүп турушат. Эгерде жок болсо, анда баарлашуунун эч кандай пайдасы болбойт. Эң акырында айтыла турган нерсе: класска кирүү — бул бир жумуш, сабакка кирүү — бул таптакыр башка, ал эми балдарга кирүү — бул эң жогорку чеберчилик. Баса, мен алар менен келишим түзгөндү жакшы көрөм. Окуу китебин кантип окуйлу: бөлүктөрү боюнчабы же бүтүнбү, же бөлүмдөрү боюнчабы, жазуучуну качан изилдейли? «Бүтүн бойдон!» — дешип амалданышып дароо эле кол көтөрө салышат. Мен макул болом. Анткени менде да өзүмдүн, алардыкынан ашкан амалым бар.

Жазуучуну окуп чыгышат, менин айтып түшүндүргөнүмдү угушат, өздөрүн өздөрү угушат, андан кийин кааласа-каалабаса да окуу китебин ачып көрүшөт. Карап көрүшүп, окуп чыгышат, эгерде кызыккандары болсо, албетте, «суроо үчүн». Мисалы: окуу китебиндеги өзгөчө кандай маанилүү ойлор, тилекке каршы сабакта айтылбай калды? Мугалимдин оюна түзөтүү киргизүү алар үчүн дайыма кызык эмеспи. Мына ошентип балдар китептен ар түрдүү ойлорду издешет, албетте, бул иште кызыксыз, кургак, тажатма деп айтууга болбойт,

Эми мен кесиптешимден ал өзүнүн сабагынан кандай пайдалуу табылгаларды алганын сурадым. «Табылга болбосо — сабак да жок».

— Мен Лениндин Толстой «бардык жана ар түрлүү маскаларды сыйрып таштагандыгы» жөнүндө сөзүн цитата келтирдим. Жазуучу кимдин маскасын биринчи сыйрып таштаган? Балким, өзүнүкүндүр!

— Кантсе да сизди оригиналдуу суроолуздун жаралышы менен куттуктаймын.

Коштошоор алдында Наталья Юрьевна менин тогузунчу класстагы окуучуларымды кайрадан эскерип, аларга «ачык» сабак үчүн алкыш айтты:

— Ишениңиз, ошол 45 минут институттагы беш жыл окууга тете болду.

Сабак кандайча түзүлөөрүн жеке эле мугалим эмес, балдар да билүүгө тийиш. Бул ыкмага үйрөтүүнүн ишенимдүү жолу.

САБАК — БУЛ ЖАРДАМ. «Бардыгы — билим аркылуу!» — дейт мектептин теориясы жана практикасы. Бирок, мен адабият сабагында таанып билүүчүлүк — бул түпкү максат эмес, андагы негизги максат ыймандык теманы ыймандык билим катары козгоп, курч өнүктүрүү деп ойлоймун. Кээ бир суроолорду, кээде көп эле материалды окуучу үйүнөн өз алдынча активдүү окуп «толуктап ала алат».

Атайын билимдерди өзүнчө окуп толуктоого да болот. Ыймандуулукка биргелешип жетишилет! Жүрүм-турумдун адамдын адамга болгон мамилесинин моралдык негиздери коллективде өзгөчө жакшы үйрөнүлөт. Ыймандуулук «тематиканын», «проблематиканын» атына жамынбастан сабакта ачык көрүнүп чыкканда балдар ар кандай тапшырманы ынтызарланып аткарышаарын байкайсың. Окуу китебин окуп чыгуу, талашып-тартышуу сочинение жазуу менен гана чектелишпестен, мектептин коридорунун полун сүрүп тазалашат, кабинетти жабдышат,

комсомолдук чогулушту активдүү өткөрүшөт, экскурсияга чыгышат. Ооба, сабак балдарды өзүнүн «кырдаалдары» менен эмес, бүткүл маани-маңызы менен тарбиялайт. Бирок кырдаалдарда маани маңыздын өзү да жоголот. Көпчүлүк үчүн катылып коюлгандар — алар жок нерселер. Мына ушул жерде биз балдарды «колдон чыгарып» жиберип жаткан жокпузбу? Сабак — бул жардам! Бирөөлөрүнө тез, бирөөлөрүнө кечиктирилгис жардам, а кимдир-бирөө азырынча күтө турат. Балдардын өзүнө болгон көңүл буруусунун деңгээлин алардын ар бирине менин өзүмдүн көңүл буруумдун натыйжасы менен аныктаймын, окуучунун ички оюнда адабияттык каармандын эпизоддук тагдыры гана эмес, этикалык тагдыры да канчалык таасир кылганын эсепке аламын. Ошентип, бардык 30—40 бала сабакта болушат! Анан «кыйынчылык кыстап келген учурда» улуулардын сезимталдыгын ыраазылык менен эстеп, сабакты узакка улантышат.

Сабакта: турмуштук, эстетикалык, ыймандык үч сабак бири биринен ажырагыс болуп айкалышканда гана ал тарбиялоочу сабак боло алат.

— Саша! Сен өзүндүн ата-энеңди сүйөсүнбү? Миша, сенчи? А сен? Мына ушул эле суроого Базаров кандай жооп берген...

ПРИНЦИПТИ ФОРМУЛИРОВКАЛАЙМЫН. М. Горькийдин: «Китепти сүйгүлө... ал силерди үйрөтөт...» деген сөздөрүн адабият кабинетинен көрүүгө болот. Ошону менен бирге мугалимдер: «Окуучулар аз окушат жана негизинен алар «Ладоганын», «Рекорддун», «Рубиндин» (проигрывателдердин) жардамы менен «окушат» деп даттанышат. Ал эми ар бир өзүн окуп чыккан китептин артында— мектептик, райондук китепканалардын текчелеринде кысылышып турган көптөгөн башкалардын тагдыры, балдардын өздөрүнүн тагдырлары турбасбы. Китепти класста айтып берүүгө да окуп берүүгө да, экранда «көрсөтүүгө» да болбойт. Аны менен баарлашуу — бул жекече, купуя, үйдө болуучу процесс.

Мен пайдалануучу бүткүл «инструментарий» окурманды тарбиялоо максатын көздөйт. Гоголь «Өлүк жандардын» экинчи томун өрттөп таштап, үчүнчүсүнө киришпей калгандыгына сүйүнгөн маалыматтуу дилетантты эмес, китепти сүйүүчүнү! Кудай жалгаптыр, болбосо, аларды да окумак экенбиз,— демек дилетант! Бирок мурдатадан сыналган каражаттардын ичине (деталь, суроо, «илинчек» ыкмасы; «ачык этика») дагы бирөөнү кошууга болот.

Балдардын негизги көпчүлүгү китепти окуп чыгып, аны

талкуулай баштаганын (мындай учур аз кездешет) күтүп олтурбаймын, талкуулоонун өзү менен аларды жалпы окууга чакырам. Талдоонун жардамы менен талдоо үчүн шарт түзөмүн. Китепти окуп чыгууга мажбур кыла турган бетти издеймин. Бирок аны табуу— иштин жарымы гана. Аны эми кызыктуу талдоо керек. Беттеп башталган талдоо бүткүл китепке тарта тургандай болсун. Балдарды сабактан китепти көздөй «алып баруу» керек. Аларды өзүмдүн окуу чеберчилигим менен тан калтыруурга аракеттенемин: жөн эле тексттин негизинде эмес, тексттин өзү менен көркөм ойдун бүткүл көлөмү менен чечиле турган проблемаларды коёмун; жеткиликтүү, «элементардык» материал менен кызыктыруу үчүн женил эмес, татаалдан баштаймын. Менин жашыруун сырым — китепти батыраак ачуу жана бардыгын ага баш ийдирүү. Бүттү! Китеп «сүйлөмөйүнчө» класс менен баарлашуу — бул өтө машакаттуу иш. Сабактын милдети, сыягы, китепти ийне-жибине чейин окуп чыгуу эмес, тандалма анализ менен ага кызыкчылык туудурууда окшойт. Окуучу китепке ишенип, окуп чыгууну каалап, кийинчерээк ага кайта кайрылсын үчүн ал андан өзүнүн беттерин табуусу керек.

Ошентип: **«кызыктыруу менен катыштыруу!»** деген принципти формулировкалаймын. Окуу — бул жооп издөө. Мен бараткан жол (бөлүктөн — бүтүнгө карай) бул жерде да орун алат.

ЖООП ИЗДӨӨ. «Өлүк жандар» жөнүндө окуучу: «Баштап эмне кылам — баары бир бүтпөймүн. Киносун көргөм»,— деп айтты. Ал туура айтат: китеп өзүнүн фабулалык жанылыгын жоготту, ал эми Гоголдун деталдаштыруу өнөрү болсо бардыгын эле кызыктыра албайт. Ошондой болсо да китепке чакыруу үчүн аракеттенип көрөлү.

....Бизге Чичиковдун губерниялык кандайдыр бир Н. шаарына келгендиги белгилүү. Анын арабасы мейманкананын дарбазасына кирип жатканда анын арткы дөңгөлөгү жөнүндө эки киши: Москвага чейин жетет, Казанга жетпейт! деп айтышты. Казанга караганда Москвага жакын жайланышкан бул кайсы шаар? Мүмкүн Ярославль болуп жүрбөсүн? Гоголь сонун араба жасаган «Ярославдык шамдагай мужик» жөнүндө бекеринен эскерткен эмес чыгар. Текстте мындан башка орчундуурааак далилдер жок бекен? Эгерде «казып көрсөк» кызык корутундулар чыгышы мүмкүн, анткени Чичиков «өлүк жандар» үчүн кайсы жакка бараарды билген да!

Акыры келип, поэмадагы окуя кайсы шаарда болуп жатканынын анча маанеси жок: Н — ошол мезгил үчүн

типтүү шаар. Негизгиси башкада: поэма окулуп чыкты. Балдар орустун учу кыйырына көз жетпеген «Баатырлар гана мекендечү» мейкиндиги жөнүндөгү сапка келип жетишти да: чексиз мейкиндикти баатырлар ээлебестен маниловдор, коробочкалар, плюшкиндер — «тыйындын рыцарлары» мекендешкенин көрүп үрөйлөрү учту.

ТҮШҮНДҮРҮҮ — ДЕМЕК ОКУП ЧЫГУУ. Окуучунун кабыл алуусунда кандайдыр бошлукту түзөмүн, аны китеп гана толуктай алат. «Окуу» жазуучунун өзү «катышпаган» кезде алынган ал жөнүндөгү «маалыматтардын» кандай гана суммасынан болбосун маанилүү.

— ...Кылмыш жасалды. Кандуу балта чакадагы сууга шашылыш жуулду. Эми кетип калуу гана керек. Раскольников дендароо болуп тепкичтен ылдый түшүп келатат. Бир тепкич, экинчиси. Ангыча болбой кимдир бирөө дворник менен анын бет алдынан чыгат. Раскольниковдун байкалбай кетип калышын каалайбызбы?

Мына сага суроо! Мындай суроонун коюлушу тууралбы? Эмне үчүн туура болбосун. Кана, балдарды угуп көрөлүчү.

— Эмнегедир мурда өзүмдүн бул жөнүндө суроо оюма келбептир.

— Каалаймынбы? Раскольниковдо кандайдыр бир нерсе бар. Албетте, каалайм! А балким... Жок, баары бир анын кетип калышын каалаймын.

— А дагы, бу дагы, тиги дагы ушинтип ойлойт.

— Балдарда башкача ойду пайда кылууга умуттанып, мен аларга: «Бирок ал Лизаветанын кантип сазайын бергенин эстеп көргүлөчү» — дейм.

Коркунучтуу ал көрүнүшкө ошол замат комментария берилет.

— Кана эми эмне дейсиңер?

Көрсө, баары бир ошондой эле экен: каалайм! Каалайбыз!

Андай болсо каарманга карата так калаарлык мамилени түшүндүрүүгө туура келет.

Түшүндүрүү — бул романды окуп чыгуу. Балдарга китепке «баруунун» бир жолун — өз жолумду беремин. Бирок алардын ар бири өзүнүн жолу менен барат жана ошондуктан бул сабакты түрдүү мазмун менен да толуктоочу ар түрдүү жол болуп чыгат.

«Окугун! Көңүл коюп оку!» деп мин жолу талап кылууга болот, бирок, тигинисин да, мунусу да аткарылбашы мүмкүн. Окубай коюу же көңүл койбой окуу мүмкүн болбой тургандай шарттарды түзүү керек, б. а. жооп издөө

чымырканта ойлонтуп, текстти окууга олуттуу мамиле жасоону талап кылгыдай суроо коюу керек.

«Мен кандай үй-бүлөдө жашап тарбияланганды каалар элем: Болконскийлердикиндеби же Ростовдордукундабы?» негизинен, бул «Согуш жана тынчтык» боюнча биринчи жана жыйынтыктоочу да сабак. Тема дароо эле бүткүл романды өзүнө ушунчалык тарткандыктан, натыйжада балдардын бардыгы романга тартылышты. Ар ким, албетте, өзүнүн үй-бүлөсүн кымбат көрөт, ал кандай болсо да негизгиси бар да. Ошентсе да... Үй-бүлөнү тандап алуу — бул өзүндү тандап алуу; бүгүнкү гана эмес, ошондой эле эртеңкини да.

Болконскийдикин жактыргандар класстын оң жагына, Ростовдукун жактагандар класстын сол жагына жайгаштырылды. Булар көбүрөөк. Парталардын үстүлөрүнө мектептик, райондук, заводдук китепканалардын үч бурчтуу, тегерек жана төрт бурчтуу печаттары басылган «Согуш жана тынчтыктын» көлөмдүү томдору коюлган. Алардын бардыгында чөп каттар салынган. Аргументсиз (текстти билбей) айтылган ойлор — куру сөз! А аргументтер — мына...

Диспуттун жыйынтыгы кандай болуп чыкпасын максат орундалды: ойлонгон окурмандар талашып-тартышты. Өткөн муундардын ыймандык тажрыйбасына жакындашып, балдар бардык жакшы нерселерди өздөштүрүштү. Алардын бири бирине, өзүнө, мугалимге, оюнда — ата-энелерине айта тургандары аз эмес. Ата-энелердин кээ бирөөлөрүн мен дискуссиянын жыйынтыгы менен тааныштырдым: алардын балдары эмне менен жашап жаткандын жана кандайча жашоону каалашаарын билишсин. Чоң кишилер балдардын кызуулана талашып-тартышып жаткандары эчак эле габылган деп ойлошот. Эчак эле табылганбы? Деги табылганбы? Мүмкүн курч жана бүгүнкүгө ылайык ойлоочулар менен бирге кайрадан издеп табуу жакшы болуп жүрбөсүн.

...Биз Чеховду эчак эле өткөнбүз, а Никита болсо дагы эле Толстойду окуп жатат, дагы эле «тандай албай» жатат. Мен аны шаштырган жокмун — мейли! Терең ойлонуп окулган Толстой өз кезегинде Чеховго, Горькийге, Фадеевге... жардам берген.

«РАХМЕТОВДУН ТИЗМЕСИНИН» СЫРЫ. Калк китепканасынын окуу залына киргенинде китептердин көптүгүнөн башың маң болот! Алардын канчасына сенин колуң тие элек, мүмкүн, эч качан тийбейт дагы! Китептердин мындай эбегейсиз тизмесинен дүйнөдөгү эң жакшы

китептерди камтыган өзүндүн тизмеңди кантип аныктай аласың? Рахметов («Эмне кылуу керек?») кызыктуу принципти сунуш кылган: «нукура» чыгармаларды тандап алуу керек, калгандарында, анын ою боюнча, көп нерселер чачыранды кайталанат. Чынында эле Рахметовдо «нукура» чыгармалардын тизмеси болгон. Күндөрдүн биринде биз балдар менен бирдикте бул тизменин «жашыруун сырын» көпкө чейин иликтедик, романдын главаларын бир нече ирээт окуп чыктык. Анан Рахметовго окшоп ар ким өзүнүн «рахметовдук тизмесин» түзсүн деген чечимге келдик.

Анын чоң болушу кажет эмес. Эгерде китептердин көптүгүнө корстон болбой, алардын кадырына жете билсең, кээде кичинекей китепкана да сага чоң таасир бере алат. Чынын айтсам, китептердин санына «мода куун» умтулуу мага анча жакпайт. Кимдир-бирөөнүн китепканасында миңдеген китептер бар, меникинде ошол миңдин ичинен жүздөйү болсо кудайдын бергени. Бирок алардын ар бири — кайра жаңыдан жашап өткөн өзүндүн жана башканын өмүрү сыяктуу бүтүн дүйнө. Горький жазып кеткен ашпоз Смурый китепти кандай окуганын эстейличи. Ыйлап, жан дүйнөсү тазаланып, акылы жетилген. Сандыктын капкагын ачып жатып дайыма сүйүнгөн. Биздин бардыгыбыз ошондой «китепканага» ээ болуп, дал ошондой окусак жаман болбос эле.

Өзүндүн китептериңди билсең башкаларды да окуйсуң, алардан өзүндүкүн издейсиң. «Тизмеге» кызыктыруу менен мен балдарды китептердин чексиз дүйнөсүнө үндөдүм, аларга чектегич эмес, компас бердим.

АКЫЛМАНДАРДЫН МЕЛДЕШИНДЕ. Эгерде сабак бардыгынын (!) башталышы жана бардыгынын (!) жыйынтыгы болсо, анда үй тапшырмалары — минимум болсун. Булардын ичинен ачылыштарды, талаш тартыштуу ойлорду пайда кыла тургандарын, жаңычылдыгы менен кызыктуу жана кубанычтуу ой алакетин талап кылгандарын калтыруу керек. Анткени оорчулук чыгармачыл чыныгы эмгектенүүнүн жетишсиздигинен да болот. Бирок, мындан башка маанилүү жагдайлар да бар. Тапшырма сабакка «тиркеме» болуп берилбейт», ал түздөн түз сабактан келип чыгат. Элестүү айтканда балдар менен бирдикте китепти казам да күрөктү алардын колуна берем. Сабактын, мүмкүн эң кызыктуу, бирок анализ кылынбаган бөлүгү тапшырма болот.

«Мен билем, сенин жолуң ар-намыстын жолу»— дейт Кутузов князь Андрейге («Согуш жана тынчтык»). Ооба, ошол «жол» аны согуштук даңктын ачуусун татып көрүүгө

мажбурлап көкүрөктү бук кылган сөөлөттүү Шерер салонунун бейкапар турмушунан буруп кеткен. Ошол «жол» менен ал «калтыроосун» басып жана өзүн «корко албаймын» деген ойго ынантып Тушиндин батареясына барган. «Ар-намыстын жолу» менен Болконский падышалык төрөчүлүктү Кутузовдун штабын кыйгай өтүп полкко, солдаттарга карай бет алып, 12-чи жылдын күрдөөлдүү окуяларын аралап өтөт...

Сабак акыркы чекит коюлбастан, балдарды аябай кызыктырып өзүнө тартуучу көп чекит менен аяктады. Мейли ар-намысты учкул сөз менен ар бири өзүнүн түшүнүгүнө жараша каармандын турмуштук өмүр баянына жана мүнөзүнө таянып туюнтсун. Ошол жетеби? Ооба. Тапшырма бербеш керек — өзүлөрү алышат. Жумуштун көлөмүн жана анын бөтөнчө оорлугун — чыгармачыл мүнөзүн окуучулардын бир азы гана сезип билишет. Бирок мындай кыйынчылык коркутпайт. Учкул сөздөр жөнүндөгү ойлорду мугалим гана эмес класс да айтат. Ар ким өзүнүн билгенин жарыя айтат. «Суроо» балдар өздөрүнүн билими менен жөндөмүн көрсөтө турган мелдеш түрүнө айланат. Аларга өткөн сабакты кайталоо эмес, жаңы сабакты баштоо укугу берилген. Балким мына ошондуктан алардын сабакка кызыкчылыгы, ошондой эле өздөрүнө болгон кызыкчылыктары ушунчалык чоң болсо керек.

Мектеп окуучулардын эсинде анда өткөн көптөгөн бактылуу учурлар менен сакталып калат. Өздөрүнүн учкул сөздөрү да. Баарлашуу чеберчилиги мен көтөрүлүп жеткен эталон эмес, ал мен андан ары карай — балдардын өз алдынча чыгармачылыгын көздөй өтүп кетүүчү чек.

АЛАРДЫН КРИТЕРИЙЛЕРИ. Математика, физика... Аларда — маселелер! А адабияттачы? Иши кылып бирдемелерби? Адабиятта да өзүнүн кызыктуу маселелери болсун да чабыттай албаган акыл көп учурда ыкшоо келип, ошол себептен чоң эмес аз билимди да өздөштүрө албайт.

Кан төгүлгөн каргашалуу ирмемде
Түшүнбөдү эмнеге кол көтөрдү...

— Лермонтов жаңылган жокпу? Балким башкача айтуу керектир: ал кимге колун көтөргөн? Сөз акын жөнүндө жүрүп жатпайбы.

Класс Лермонтовду жактоодо! Пушкин — ал Пушкин гана эмес, ал... ал... Андан ары — жандоолор. Сөз билим жетишпейт. Үйдөн ойлонуп көрөлү: «Эмнеге ал (Дантес) колун көтөргөн?» Балдар бул суроону өздөрү коюшту, өздөрүнө бул тапшырманы алышты. Тапшырманы аткаруу

үчүн окуу китебин да, Белинскийдин макалаларын да окуп чыгууга туура келгенин балдар кийинчерээк айтышты. Ал гана эмес азыркы пушкиноведдердин эмгектерин баректап чыгышкан, акындын музей-квартирасына барышкан. Билинээр билинбес «эмнеге» деген суроо эбегейсиз эмгекке айланды. Бирок балдар үчүн женил тапшырма да, оор тапшырма да жок. Кызык же кызык эмеспи — бул алардын критерийи. А кызыктуу нерсе дайыма проблемалуу, ошондуктан ага көңүл көбүрөөк бурулат. Проблема көп учурда изденүүлөргө, табылгаларга алып келет. Мисалга алсак, балдар Лермонтов сөздү туура тандаганын байкашты: Пушкинге «сокку урулган», ал эми «кол» «Россияга, искусствого, маданиятка...» көтөрүлгөн.

Бирок алар Лермонтовду «ал (Ленский — *Е. И.*) сыяктуу камкор колдоп апаат болгон» деген сабы үчүн жемелешкен. Онегиндин колу кайдан камкор болсун. Анткени мунун баары бул айтылгандардан бир кыйла татаал да.

Үйгө бир гана чыгармачыл суроо берүүнү сунуш кылам ын! А 15 суроо,— бул, чынын айтканда, 15 жолу эч нерсе жөнүндө эмес дегендикке жатат.

Кайрадан бир нече минутага класска кайрылалы. Сабак Шолохов боюнча өтүлүп жатат.

«Тоок колхозу таратылып жатабы?— деп Банник Нагульновдон сурайт да, жооп күтпөстөн кер какшык менен: «Алардын ан-сезими колхозго чейин өсүп жете элек го?— дейт Нагульнов тамаша-провокацияга кандайча жооп бериши керек эле? Адегенде, балким, бир гана тамаша менен жооп кайтармак. А Макарчы? «Жогол шумшук бу жерден, контр, болбосо сенин жаныңды көзүнө көрсөтөмүн, бир коемун ошону менен тиги дүйнөгө учуп түшөсүң» дейт. Бирок ал тегерегинде кулактардын тамашасынын уусуна ууланышкан башка көп жандар турганын унутуп коюп, «жаның көзүнө» кара күч менен гана көрсөтө алат. Аларды кандай кылуу керек. Банник «жоголуп кетсе» да, ал «учуп түшсө» да баары бир ал мында, казактардын арасында, душмандын кыйытып айткан сөздүн төркүнүндө. Нагульнов үчүн «тамаша» кылып көрөлү!? Аның **ордуна эмес** ал үчүн. Банниковго аны катуу шылдыңдоо менен жооп бербейбизби? Тамашалаганды да билүү керек. Күлкү — бул оной иш эмес. Кээ бир кырдаалдарда күлкү гана кыйын абалдан чыгарат.

Сабактабы?! Ооба, сабакта! «Анда сабак өзү тамашага айланып кетпейби?»— деп сурашат «билимдин» сакчылары. Эч качан. Биринчи эле жолку сынап көрүүлөрдөн:

класс мурда болуп көрбөгөндөй тамашасыз, олуттуу болуп калганын байкадык! Ролго кирүү — бул Нагульновго, өзүнө, романга кирүү болот. Ошондон улам күтүлбөгөн жерден: «Мүмкүн, үйдө адегенде тамашалап көрбөйлүбү...» деген өтүнүч пайда болду. Үйгө мындай тапшырма менен кетүү балдарга кубанычтуу, а мектепке болсо — жагымдуу.

ӨЗГӨЧӨ ТЕМА. Лениндин уулдук сезими канчалык күчтүү экенине таң каламын. Саясий турмуштун эң курч, чыңалып турган кездеринде бир минута да бош убактысы болбогондугуна карабастан ал энесинин мүрзөсүнө барып, анын жаркыраган элесинин астында башын ийип турууга убакыт тапкан. «Волков көрүстөнүндөгү кичинекей дөнсөөгө кетүүчү жалгыз аяк жол Владимир Ильичтин эң оор жолдорунун бири болчу»— деп эскерген Бонч-Бруевич. Өзүмдүн окуучуларымда бүткүл бардык нерсенин башаты катары энени урматтоо сезимин өнүктүрүүгө аракеттенемин. Анткени мына ошол сезимден элди, Мекенди сүйүү сезими өсүп чыгат. Кандай гана тапшырмаларды ойлоп таппадым! Бир мезгилде адабияттын бүткүл курсунан энеге арналган беттерди өзүнчө бир элестетилген китепке чогулттук. Мына мен көп жылдардан бери темасы жөнөкөй, бирок эң кымбат сөз — Эне деп аталган сабактын үстүндө иштеп келе жатамын. Сабакты дайыма балдардын ичинен энесине болгон сүйүүсүн иш жүзүндө, өзүнүн конкреттүү жүрүм-турумунда көрсөткөн кимдир бирөөнө ачык, үн чыгарып арнаймын? Бирок балдарды менин адеттегидей эмес бир өтүнүчүм баарынан күчтүү таң калтырды.

— «Ларранын энеси жок болчу»... деп жазат Горький. Кандайча жок болучу? Арып-азып сүлдөрү эле калган, үмүтү үзүлүп аргасы түгөнгөн эне келишимдүү уулунун жанында турат. Ошондой болсо да Горький туура жазган: өз керт башын гана ойлогон өзүмчүлдөрдө, элден чыккан азгын-бозгундарда эне болбойт.

Бул жолу өзүндүн энеңди көңүл коюп карап көр,— дегенден бөлөк эч кандай бөтөнчө тапшырма болбойт.

Балдар чын көңүлдөн жылмайышты. Энесин кароо — демек өзүн кароо. Эне — биздин адамдар менен мамиле-биздин күзгүсү. Көп жылдар бою өзүнө кымбат жана жакын киши менен жаңаша жашап, бирок аны көрбөгөн учурлар болот, анткени өзүн менен алексиң. Эми Горькийче өзүндөн сенин энең барбы?! деп сурайсың. Өзүнүн энесин ал эчак жок болгондо гана «көргөндөрдүн» тагдыры суктанарлык эмес. Кээде: эмне үчүн менин балдарымдын бардыгы ушунчалык ак көңүл, боорукер деп ойлоймун? Мында бардык сабактардын өзөгү аркылуу өткөн «эне

темасы» өзүнүн кандайдыр оң таасирин тийгизген жокпу?

ТУРМУШКА СҮҢГҮП КИРҮҮ. Сочинениени окуучулардын жөн эле окуу активдүүлүгү гана эмес, алардын социалдык активдүүлүгү деп эсептеймин. Каалаган жанрда жазууга укук беремин жана жанр менен стилди, көлөмдү, мазмунду аныктаймын. Турмушка байланыштуулук сочинениенин негизги өзөгү! Кээ бир темалар мына мындайча аталат: «Тажаткан турмуш!» (М. Е Салтыков-Щедриндин «Акылы ашынган чабак» деген жомогу боюнча ой жүгүртүү).

Ар кандай эле эмгек адамды бийиктикке көтөрөбү? Ойлонуп көрүп публицистикалык очерк жанрында жазабыз.

«Жакшы» болуунун эмне кереги бар? Бул «Убакыт. Мораль. Адамдар» рубрикасына карата журналдык макала.

Сенин атаң — «байланышы» чоң киши. Андан пайдаланасыңбы? («Күндөлүктөн» түшүп калгансыган беттер).

Үзүлгөн телефондук трубканы (сындырылган отургучту бузулган лифтти...) көрүп эмне жөнүндө ойлоймун? Бул турмуштагы же ойдон чыгаралган досума, жалпысынан алганда менин өзүмө жазылган кат.

Сен турмушту сүйөсүң. Бирок ал сага жылмайбайт. Сен ага жылмая аласыңбы? Тагдыр менен өз убагында Гейне, Бетховен, Н. Островский «маек» курган.

Эгерде сенин рюкзагыңда бир гана китептик орун болсо, анда сен кайсы китепти салаар элең? Бүгүн, балким, муну же ал гана эмес, мүмкүн тигини салаарсың. А эртенчи? А бир топ жылдан кийинчи?

Өмүр бою бирге болууну каалаган адамым: ал кандай? Албетте, китеп сыяктуу эле ал ар кандай мезгилде ар башка. Бирок, негизинен — окшош. Анын жанында өзүң да жакшырасың. Ал жөнүндө айтып көргүн!

Өзүмдүн тарбияланууучуларымдын келечеги жөнүндө кам көрүүнү алардын өздөрүнүн колуна беремин. Кеңештер менен гана эмес, түбөлүк ыймандык изденүүлөрдү талап кылуучу проблемалар менен да толук камсыз кыламын. Алар мектептик сочинениелеринде жаңы агымдар жана мезгил талабы жөнүндө, адам сымак жана чыныгы адамдар жөнүндө, милдеттер жана парз жөнүндө, поза жана позиция жөнүндө, кызмат жана кызмат кылуу жөнүндө, баа жана дөөлөт жөнүндө, турмушту өз колуң менен куруу же ага ыңгайлашып жашоо жөнүндө — ушулар жана ушуларга окшогон көп маселелерди козгоп жазышты.

«Бороон! Бороон жакындап келатат!» XX кылымдын

башындагы чындыкты сезе билген жазуучуларынын кимиси болсо да, балким, ушундай деп айтмак. Бул ойду улуу Горькийдин «Мейли, бороон сого берсин!» деген сөзү менен уланты. «Мейли, деген чакырыкта искусствонун партиялуулугу өзүнчө туюнтулган, ал: турмушту чагылдырууга жана алга жылдырууга, коомдук прогрестин күзгүсү жана куралы болууга чакырылган. Мектептик сочинениени партиялуулук принциби менен баалаймын! Эң оор күнөө — бул өзүндүн позициянды таба албоо. Менин мандайыма илинип туруучу эрежелеримдин бири: ким темадан четтеп кетсе ал эч нерсеге жетпейт! Темадан кетүү — бул өзүндөн, өзүндүн граждандык «Менинен» кетүү.

Анткени, биз балдар өздөрү сыяктуу бири бирине окшошпогон ар түрлүү сочинениелерди жазышын каалайбыз да. Демек аларга окшош эмес темалар керек.

Кабаниха өзүнүн уулу Тихонго: «Мен сени менен үйдөн сүйлөшөмүн» деп тиштенип сүйлөдү. Бирок «сөз» болбойт, ошондуктан «чагылган» да ошону менен аяктайт. Баса, Тихон үйүнө келеби? Же эжеси Варвара сыяктуу качып кетеби? Келет, каякка бармак эле! Андай болсо сүйлөшүү болбой койбойт. Кабаниханын монологун жазып чыгалы. Ар ким ишенгендей болсун — Кабаниха!!! Сүйлөшөөр киши ким-бирөө эмес, Тихон, Катеринанын өлүмүнө чейин эмес, андан кийин.

Мына ошентип 30—40 монолог 30—40 көркөм кең-кесири жооптор! Окуучуга анын өздүк чыгармачылыгында аз болсо да улуулуктун деңгээлине чейин көтөрүлүүгө жардам берүү — бул жетиште билгендерди гана эмес, таланттарды тарбиялоо болуп эсептелет.

Эң эле жекече болуп эсептелүүчү тема да өзүнөн өзү таасир этпейт, ал өзүнүн сабак менен болгон жандуу ички байланыштары менен таасир этет. Бул байланышты бошондотууга же жоготууга эч болбойт, анткени чыгармачылыктын негизги тамыры мына ошондо.

Корчагин жөнүндө дагы бир жолу эскерели. Анын «керооз франтка» болгон мамилесин эстеп көрөлү. «Корчагинди камчы менен тартып жиберген окшоду. Атты темиңип жулкунтту эле, бирок Гусевдин карылуу колдору аны кармап калды». Павелдин «таарынуусун» жана «токтоолугун» баалоо менен Гусевди да унутпайлы. Мына бул байкалбаган достуктун колдору жөнүндө. Кимдин турмушунда өзүнүн Гусеви болсо ага жакшы. А жанында болгону — жыргал. Гусев сыяктуулар (булар Жухрай, Токарев, Рита, Устинович...) менен бир катар Павел Корчагин жетилген жана өзүнүн оң флангасына келген.

«Менин Гусевим...» Бул — насаатчыл сочинение. Бул сочинение эң ишеничтүү дос жөнүндө билдирет. Кийинчерээк мен да балдарга өзүмдүн Гусевим жөнүндө айтып беремин. Сабакта окуйбуз да, сүйлөшөбүз да.

Сочинениени адатта баарактарга жазабыз. Кагаз дайыма жетпей калууга тийиш! Ошондой кезде адам жакшы ойлонот жана жакшы жазат. Андан тышкары булганып калат деп, же туура эмес ой жазылып калды деп коркпойсуң. Элүү баарактуу калың дептерге караганда барак алда канча ыңгайлуу. Жалпы дептерден, эгер мен унутуп эле калбасам, жакшы жазылган сочинениени дегеле көргөн жокмун.

Баарлашуунун туу чокусу. Деталдар, суроолор, ыкмалар, тапшырмалар монологдор — бүткүл ушул комплекс эмне үчүн керек? Мугалимдин чеберчилиги менен тең салтыруу үчүнбү? Адабиятка кызыктыруу үчүнбү? Инсан кылып, тарбиялоо үчүнбү? Ооба, тигил үчүн да, бул үчүн да, бирок бардыгынан мурда баарлашуу үчүн. Мугалим сабакта эч бир башкы киши эмес, ал бирдейлердин ичиндеги биринчиси: бир эле убакта жетелөөчү жана жетеленүүчү. Жетелеп гана тим болбостон өзү да бирөөнүн артынан жүрүүсү эмне үчүн мынчалык маанилүү? Биринчиден, сабакта көп учурда күтүлбөгөн жерден мугалимдин пландаштырганынан кызыктуу жана мазмундуу кырдаалдар пайда болот. Экинчиден, (мен өзүм буга бир нече жолу ишендим) жетелөөчү окуучунун демилгеси эмнегедир мугалимге күчтүүрөөк таасир этет жана балдарды ойлоо активдүүлүгүнө катуу чакырат. Үчүнчүдөн, окуучунун артынан баратып (аның же өзүндүн жолуң менен) адабиятчы ага инсандыкка өсүп жетилүүгө жардам берет, анткени артынан ээрчигендери бар ар кандай адамда чыгармачылык менен катар инсандык да калыптанат. Төртүнчүдөн, чоң киши туура эмес кылганда балдар ага көбүнчө каршы чыгышпайт, алар андан көрө унчукпай коюуну туура көрүшөт. Өздөрүнүн тентушу болсо, анда иш башка. Мында талаш-тартыш өзүнөн өзү күчөйт, аны жаратмак турсун кээде басууга да туура келет. Баса, мындай талашып-тартышуулар жыл өткөн сайын биздин сабактарда азайгандан азайып баратат, биз алардын зарылдыгын улам курч сезип жатабыз. Эң акыры, бешинчиден... Бирок ал жөнүндө бир аз кийинчерээк. Азырынча төмөнкүнү белгилей кетейин: мен педагогикалык баарлашууну лекция, анггеме, монолог, диспут деп кандайдыр бир формаларга бөлүүгө каршымын. Менин сабагымда бардык формалардын элементтери ар түрлүү өлчөмдө катышат.

Дегинкисинде мен сабактын «жандуулугу» үчүнмүн. Ал гана эмес өзүм үчүн да уникалдуу, кайталангыс сабак болушун эңсеймин. Мен эң жакшы көргөн жанр: сабак — бир жолкуга! Мындай сабак жагдайга карата айрым алынган ар бир класстагы реалдуулуктун жана мүмкүндүктүн негизинде курулат.

Мындай сабакта арасында милдеттүү түрдөгү «дистанциясы» болгон ар кандай «тараптар» жана «объектилер» эмес, проблеманы өздөрүнүн билимдеринин жана жөндөмдүүлүктөрүнүн чегинде талкуулашуучу **адамдар** баарлашат. Алардын ар кимиси ошондо жалпы ойдун нугун таба билип, айрым бөлүктөргө эмес бүтүн сабакка түшүнөт. Элестүү айтканда эстафета колдон колго өтөт, иштин маңызы 45 минута ичинде ким мугалим же окуучу ага көбүрөөк жана узагыраак катыша тургандыгында эмес: Негизгиси — жандуулук болсун үчүн аны колдон чыгарбоо керектигинде. Спорттук лексиконду пайдаланып айтканда, адабиятчы ойноп жаткан тренерге окшошот, б. а. анын катышуусу оюндун бардык мезгилинде: чабуулдун максаттарында жана патыйжаларында көрүнөт. Кимдир бирөөнү чабуулга» чыгаруу мен үчүн, мисалы, «өзүм ыргыткандан» маанилүү. Эгер кимдир бирөөлөр мени да ыргытуу позициясына «чыгарса» анда, албетте, мен да андай оңтойлуу учурду бошко кетирбеймин. Оюнда тренердин квалификациясы жана устаттыгы өсөт, командanын «классы» жогорулайт, комбинациялар ооштурулуп өзгөртүлөт. Бирок салыштыруудан сабакка өтөлү. Бул рухий тең укуктуулуктун сабагы, демократиялык мүнөз тарбиялана турган сабак, мында окуучу мугалимдин мурдатан атайын даярдаган схемасын иллюстрациялап көрсөтпөйт, ал мугалим менен бирге, кээде ансыз деле өзү чындыкты түшүнүп билет.

Мына эми убада кылган «бешинчиге» өтөлү.

Башкы «булак». Ар бир 5 жылда адабиятчы жылдык жайкы жогорулатуу курстарынан өтөт. Бирок, мисалы, бир айдын ичинде дароо эле 5 жылга, башкача айтканда 500дөн ашык сабакка дүрмөт ала алабы?

Эмне үчүн тааныш эмес класска кээде апкаарып кире тургандыгынды түшүнүү оңой. Бул жалаң эле балдар жаңы болгондуктан эмес, андан тышкары алардын ар бири өзүнчө жана бардыгы чогуусу менен алып жүргөн нерсенин жаңылыгында. Жайкы каникул болот, ошондо артта калбас үчүн баарын окуп чыгам, ойлоштурам деп көп жолу өзүмдү өзүм далай ынандырып сооротком. Бирок, сентябрь айынын кирип келгенин сезбей да каласың. Жаңы менен,

демек, эскичеби? Балдарга эми кече күнкүлөргө бергендин өзүн эле алып барасынбы? Эгерде «ошол эле» болсо, анда ал азыраак болуп калды дей бер. Мына ошол «кичине азыраакты» мугалимдин адистик стажысын түзүүчү жылдардын санына көбөйткүлө. Ошондо мугалимде балдарга берүүчү эмне калганы белгилүү болот. Анын өзүнүн да партага олтуруусуна убакыт жетип жүрбөсүн?!

Бактыбызга жараша, биздин ар бирибизде баалуу колдонмолор, рекомендация сунуштар, көрсөтмөлөрдөн башка дагы негизги «булак» бар, биз ошол булактан бардык зарыл болгондорду кенен сузуп алабыз, ал булак — сабак. Турмуш, илим, сен өзүң, балдар азыркы чоң, б. а. узгултүксүз билим деген так формулага кошулуп, ал формула сабакты, теманы, сени окуу каражаттарын ондогон жылдар бою кайталай бербестен ар бир жолу жаңылап турууга мүмкүндүк берет. Сабакка бара жатып адабиятчы мугалим балдарга эмне берээрин ойлонот, бирок алардан эмнени **алаарын** ойлонбойт. Мугалим балдардан ал гана балдар үчүн да, мугалим үчүн да өтө маанилүү. Ишке мындайча мамиле кылганда кайсы — бир класста окуучулар нормадан көп («норманын» өзү нормативдүү эмес болгондугуна карабастан) деп наалыбайсың. Балдардын ар биринде (!) кандайдыр кызыгуу пайда болот, анткени ал өзүнүн билимин, турмуштук тажрыйбасын өзүнүн мугалимине көрсөтөт. Балдар канчалык көп болсо мүмкүнчүлүк да ошончолук арбын болот. Ошондо адистикти өркүндөтүүнүн курстарындагыга караганда өзүндүн сабактарынан көбүрөөк аласың. Жыл өткөн сайын ар башка окуучулар — булар чындыгында чоңдордун тажрыйбалары жана жөндөмдөрү менен иргелип бекемделген ар башка, жаңы билимдер. Мурда мен балдарды билимге ээ болууга үйрөтүүчүмүн, азыр буга мен өзүм алардан үйрөнүп жатамын. «Айтып бердим түшүнүштү текшердим»— деген бул окуучулар менен баарлашуунун эскирген схемасы. Демилгесиз керектөөчүлөрдүн ролунда болуп алар, албетте, көптү биле алышкан эмес жана билгилери да келген эмес, дал ушундай эле мүмкүнчүлүктү алар билинтпей мугалимге да беришкен. Мына ошентип мен сабакты адистикти жогорулатуунун жана өз алдынча билим алуунун негизги формасы кылууну максат кылып койдум. Анткени курстарда жана семинарларда эмес, дал сабактын өзүндө мугалимге көш кабат (анын жана балдардын) тажрыйбасы менен көп ирет текшерилип такталган эң зарыл болгон нерсе — практикалык билим келет.

«Кимисинде «инсандык» көп: Мечикадабы же Мороз-

кадабы?»— бул суроо алдынча билим алуу сабагынын темасы. Бул сабак өтүлөөрдөн мурда канчалык убактым жетишпегендигине карабастан, нечен жолу окулган болсо «Талкалоону» дагы бир сыйра карап чыгууга туура келди, андан тышкары, мисалы, жекечеликти инсан менен чаташтырбас үчүн кээ бир социологиялык, философиялык адабияттарды баратап чыгуу керек болду. Инсан менен «интеллект», «билим» деген түшүнүктөрдүн өз ара байланышы, алардын айырмачылыктары жөнүндө ойлонуп көрүү муктаждыгы келип чыкты. Бирок эң негизгиси — бул боюнча балдар эмне дешер экен?

Алардын иши мындан да ыкчамыраак: ишенбөөчүлүктөр, теориялар аз, бирок чыныгы турмуштун өзүнөн калыптанган жаңы, конкреттүү маалыматтар балдарда көп. Анткени алар мугалимге караганда кинофильмдерди көп көрүшөт; алар үчүн согуштун жана эмгектин атактуу ардагерлери менен (инсан менен) эсте каларлык жолугушуулар өткөрүлөт, кандайдыр ара-чолодо окулган макалалардан курч таасирлер алышат, китептерди окуудан көп маалыматтарды билишет, тилекке каршы, аларды окууга көп учурда мугалимдин колу тийбейт. Эми мындай, карасан: бир окуучу кече күнү атасы (философия илимининин доктору) менен, экинчи окуучу энеси (искусствовед) менен болгон дискуссия жөнүндө, үчүнчүсү чон энеси менен сүйлөшкөнүн (ал качандыр бир убакта «...Инсандын ролу жөнүндө...» диссертация жазган экен)... айтышат. Мына ушулардын бардыгы жөнүндө, биринчи— «булактарды» билбей туруп сабактан угам. Кызыкса «булак» менен жакында боло турган ата-энелердин чогулушунда таанышууга болот.

Ошентип, мугалим менен жана бардыгы менен бирдикте ар ким сабактын жалпы жана өзүнүн сценариясын жазат, алардын жыйынтыгы — проблеманын чечилиши болот. Мында колдонулган булактарга: китептерге, журналдарга, фильмдерге, лекцияларга, жолугушууларга шилтемелер сөзсүз көрсөтүлүшү керек. Дал ушул түрүндө гана сценарий — сабакта болуп өткөн өз алдынча билим алуунун актысы жана үйдөн өз алдынча билим алууга мугалимдин түзгөн планы боло алат. Бирок демилгени ойготуу — бул түшүнмөксөн, билмексен болуп чектелип калуу дегендик эмес. Тескерисинче, класска салмактуу, чоң ошондой болсо да, жетишпеген билим менен кирүү керек. Мугалим канчалык көп билбесин, жетишпегендик дайыма болот, ошонун өзү ага да, балдарга кенен эркиндик берет. Билбеген этүү ар кандай эле жалгандык

сыяктуу чыгармачылыкты басып өчүрөт. Чоң киши балдардан көп билет деген ой мугалимге баарынан күчтүү тоскоолдук кылат. Эгерде балдар мугалимдин артынан ээрчип жөн эле жазып олтурушпастан, сабактын сценарийин өздөрү жазышса, анда балдар мугалимди мындай оңдон жандырышат.

Бир ирет алардан өздөрүнүн Чеховдун каалаган ангемесин тандап алып ага комментария берүүнү өтүнүп сурандым. Жыйынтыгы эмне болду. Көрсө, мен кээ бир ангемелердин аттарын да билбейт экемин, кээ бирлерин окубаптырмын, а башкаларын унутуп коюптурмун. Чеховго кайрадан кириишүүгө туура келди. Жетишпегендерди толуктоо үчүн гана эмес, жаңы балдардын келгендигине байланыштуу өзүм үчүн жана алар үчүн билгендеримди жаңы деңгээлде кайрадан иштеп чыгышым керек болду. Мына ошондуктан бир топтон бери өзүмдүн сабагыма өзүм «барып катышып» бир аз убакыт өзүмдүн окуучуларымдын окуучусу болуу мен үчүн ар кандай маалыматтан баалуу болуп калды. Буга мектептик сочинениени баш ийдиремин. «Образды» же «проблеманы» эч качан «чыгармалар боюнча» бербеймин. Мындай жалпылоонун пайдасы аз. «Жеңиштин кубанычы...» (Советтик азыркы прозанын чыгармалары боюнча) деп берген жакшы эмеспи. Тигил же бул окуучу **эмнени** окуйт жана **эмне** үчүн ал **дал ошону** окуйт, мен тезинен эмнени окуп чыгышым керек, мына ушул маалыматтын бардыгын тема берет. Баса, окуучунун айткандары менен канааттанып, кайсы бирөөлөрүн окуп чыкпаса да болот. Эгерде ар бир сочинение — китеп боло турган болсо, анда балдар өздөрүнүн сочинениелеринде көбүнчө жакшылап комментариялаган канча китеп алып келиише турганын эсептейличи! Алардын баарын эле китепканадан ала албайсың. Ушул кезде балдар жардам кылат; кимдир бирөө өз кезегинде мен сунуш кылгандай, өзүнүкүн сунуш кылат. Өз алдынча билим алууда ушундай жардам да керек.

Массалык мектепте эгерде балдарга таянбасаң көпкө жете албайсың. Баарлашуу — эки жактуу демилгелүүлүк. Бирок сабак кандай гана формада өтпөсүн, карым-катнаштык тизгини менин колумда болот. Тактап, комментариялап, б. а. окуучунун айтпай калгандарын «жеткире айтып толуктап жатып» баары бир ангемени өзүмдүн планым боюнча өткөрөмүн. Эркин сабак — бул баш аламандык эмес, ал бардыгы үчүн, бардыгы тарабынан кабыл алынган жана бардыгына тең кызыктуу болгон багыт. Өзүмдүн идеямды, балдардын колу менен ишке ашырам.

Өзүмдүн идеямды — балдардын колу менен! Биздин ар бирибиз капчалык даражада «өзүнчө» экенин, кимди ким менен дос кылса болорун аныктайм: мына момуну... Дон Кихот менен достоштурса жаман болбос эле, тигини Фауст менен, а бул жерде К. Паустовскийдин «Алтын розасы» жардамга келмек эле — деген маселелерди чече кетем. Эң негизгиси — керектүү багытка өз учурунда бурулууда. Педагогикада да транспорттогудай эле «стрелочник»— жоопкерчиликтүү фигура. Эгерде 45 окуучу өз билгенинче компассыз жана чектөөсү жок «иштеп кетишсе» анда сабакта пландаштырылган жумуштун 1/45 бөлүгү гана калышы мүмкүн. Балдарды алар менен баарлашып өзүндүн артынан ар түрдүүчө ээрчите аласың: бирде, көркөмдөп айтканда, аскерлер аны менен кошо жүгүрүшөбү же жокпу деп артын кылчактап карабастан тууну алып салгылашууга жулунуп кирген Болконскийдей: бирде артын кылчактай карап улам токтогон Левинсондой; бирде өздөрүн окуучулары менен курчап алышкан Макаренко менен Сухомлинскийдей. Анысын да, мунусун да сынап көрдүм. Ар бир жагдайдын өзүнчө поэзиясы бар. Бирок, жыл өткөн сайын Ясная Поляналык мектептин акылман принциптери мени өзүнө баарынан көбүрөөк тартат. Толстой окуучуларына: «Ким жакшы жазат? Мен да силер менен мин»— дечү экен. Бул принцип өз алдынча билим алуу сабагынын негизин түзөт, мындай сабакта жеке мугалим гана эмес, окуучу да «өзүнүн» Пушкинине, Некрасовуна, Блогуна... ээ болууга акылуу.

— Мектепке барып иштөөгө сизди эмне мажбур кылды?— деп сурашты бир жолу.

— Рухий жактан эңсөө! Өзүмдү балдарга бергенди жакшы көрөм. Жана кайрадан «өзүмдү» алардан — класста канча бала болсо ошончо санда алганды сүйөм.

МЕЗГИЛ ТАЛАБЫ. Эгерде класс жардамга муктаж болсо, анда мугалим — жардамчыларга муктаж. Азыркы учурда өзүн өзү тейлөө элге кеңири таралууда, балким ал педагогикалык тармакка, мисалы, өзгөчө адабият сабагына да жайылаар. Мисалы, эгерде балдарды дептер текшерүүнүн татаал эмес сырлары менен тааныштырып, аларга мугалимдин укугун берип (албетте такай контролдуктун астында) көрсөк, анда иштин жыйынтыгы биз күткөндөн да ийгиликтүү болуп чыгат. Жогорку класстын окуучулары жардамчынын, консультанттын, лаборанттын ролун бир жолу, эки жолу жана дайыма! канааттануу менен кубаныш аткарышат. Анткени балдар биздин ишибиздин мак саты жана маңызы гана эмес, алар биздин негизги таян-

чыбыз да. Аларга канчалык жакындашсак өзүбүздүн окутуучулук, коомдук жана турмуштук милдеттерибизди ошончолук жеңилирээк жана ошончолук көңүлдүүрөөк аткара алабыз. Балдарга өзүндүкү менен бирдей укук бере турган болсоң, алар канчалык акылдуу жана ак дилдүү болуша тургандыгын өзүмдүн тажрыйбамдан билемин. Мугалимдин кээ бир милдеттерин окуучуларга өткөрүп беремин. Бул туюктан чыгуунун жолун издеген жалгыз жарым бирөөнүн жок нерсени эңсөөсү эмес, мезгилдин талабы. Адабиятчынын «жүгүн жеңилдетүү» балардын «жүгүн оорлотууга» айланып кетпесин үчүн жардамчылардын санын улам көбөйтүп, күчтүү окуучуну күтүлбөгөн жерден начары, ал эми начарын — орто окуучусу текшерип турушуна жетишүү керек.

Балдар текшерген сочиненнелерди талкуулоочу сабактарда атаандашуулар, талаш-тартыштар, ачылыштар толтура болот. Мугалим ар дайым «автор» менен «рецензенттин» ортосундагы келишпес эрөөлдүн калысы болуп, тигинисин да, мунусун да үйрөтөт жана өзү үйрөнөт. Кыскасы, бул — пайдалуу жана чыгармачыл иш. Демилгелүү балдар жүздөгөн дептерлерди аябай тыкандык менен окуп чыгышат. Чындыгында, аларга да, бизге да керектүү нерсе мына ушул. Бешинчи, алтынчы класстагы балдар менен иштеген адабиятчы кандай кылат?— деп айтышат. Мында дептерлерди күнүгө текшерүү керек да, антпесе... Ортонку жана жогорку параллелдерди айкалыштыруу менен бул проблеманы да чечүүгө болот. Мисалы, адабиятчы IV жана X класстарды окутат дейли. Төртүнчү класстын ар бир окуучусунун дептери тогузунчу класстын ар бир окуучусуна бекитилип берилет. Сабакка чейин же сабактан кийин беш-он минутада алар, демек класс классты текшерип бүтүшөт. Тейлөөчүлөргө жана тейленүүчүлөргө мындай карым-катнаш өтө жагат жана көп учурда ал жолдоштук кызматташтыкка чейин өсөт.

Мына ошентип, окуучуларга таянуу — бул аларды барктуу эмес, кайра өзүнө чейин көтөрүү алардын ар биринде бардык жакшы нерселерди өнүктүрүү дегендик.

КЫЗМАТТАШТЫККА ҮЙРӨТҮҮ. Дептер — окуучунун күзгүсү, анын акыл-эс дараметинин экраны, изденүүлөрүнүн, жүргүзгөн тажрыйбаларынын каталыктарынын улам өзгөрүлүп турган керектөөлөрүнүн, каалоо-таламдарынын ж. б. көрсөткүчү экендигин талашпаймын. Ал гана эмес, мектептик дептер — мугалимдин столундагы эң кызыктуу жана керектүү «китептердин» бири. Анда жалаң эле орфографиялык эмес, биз окуп чыгып өзүбүздүн ишибизде

эсепке ала турган, керектүү турмуштук каталар да көп. Кыйшайып, ийрейип, жазылган саптардан өзүңдүн сабагыңдын баасын, жаңы табылганы көргөнүң жакшы. Эгерде мугалимдин редакторлук да шыгы болгон болсо, анда ал канча сонун табылгаларды көрө алат! Ал таамай сөздөрдү, грамматикалык белгилерди саптардын арасына кыскача көрсөтө жазып окуучуларды шыктантат, үйрөтөт, ойлонтот. Дептерлер — өз алдынча билим алууга карата шыкак болот. Келтирилген үзүндүнү текшере баштап айласыздан бүткүл китепти окуп чыгасың, бул үчүн окуучунун берген жандуу түрткүсүнө чоң рахмат, ансыз мугалимдин өзүнүн жеке демилгеси менен мындай иш сейрек иштелет. Экинчи бир дептерден сен өзүңдүн өздүк планыңа акырын байкабай киргизген, бирок азырынча ага колуң тие элек маалыматты көрөсүң. Дептер — бул үн чыгарып айтылбай турган, бирок көкүстөн жазылуучу кайтарылма жообу бар байланыш. Бирок аны карап көрүү деген текшерүү, кайра иштеп же түзүп чыгуу, эмес. Машыгуу иштерин окуучулар аткара алышат жана аткарууга тийиш. Пушкиндин Татьянасы Онегиндин китептеринин четиндеги «карандаш менен жазылгандар боюнча» китепти да, Онегиндин оюн да жана ал жөнүндөгү өзүнүн күмөндүү ойлорун да «окуп чыккандыгы» белгилүү. Окуучулар тарабынан текшерилген дептерлерди да адабиятчы ушундайча окуй алат. Окуучулардын табылгаларынын алтын күкүмдөрүн жоготпой, алар эмне менен жашап жатышканын билүү үчүн кээде дептердин четине «бирде кыскача сөз жазып, бирде тырмакча же суроо белгисин коюп» кеткен сочинениенин авторунун жана текшерүүчүнүн өзүнүн оюнун жүрүшүн байкап чыгуу эле жетиштүү болот.

Албетте, өзүңө ишенгендей ишене турган башка бирөө табылбайт. Тобокелге саласың. Бирок, мындагы тобокел кылуучулук, албетте, машинанын рулун аны айдаганды билбеген адамга ишенип бергендегидей эмес. Мында башкача: балдар мугалимге билгизбей бири бирин «текшеришет» жана башкалардын каталыктарын өздөрүнүкүнөн жакшы байкашат. Ошондуктан, алар муну ачык жасай беришсин! Дептерлерди аларга берүү бул иштен четтеп калуу эмес, тескерисинче, алар менен карым-катнаштын чөйрөсүн кеңейтүү, аларды мугалимге, классташтары менен кызматташ болууга үйрөтүү, чыгармачылык жана социалдык жетилүүнүн келечегин ачуу, өзүңө болсо китепке аяктап бүтпөгөн жол ачуу, б. а. кайтадан дагы эле балдарга жол ачуу болот. Сочинениелердин бардыгы бал-

дар тарабынан текшерилбей турганын эскертүүнүн зарылдыгы жокко деп ойлоймун, текшерүү иштери жана окуучунун ички сыры жазылган иштер менин столума келип түшөт. Арасынан тандап алып эң мыктысынын же начар окуганының, ошондой эле башкалардыкын текшергендикин текшерем. Мына ошентип, менин үлүшүмө да жумуш калат.

Адабият кабинетине баш багып, рецензиялар кандай жазылаарын карап көрөлү.

Класстык доскада Пушкиндин белгилүү сапгары: «Беймааниликтин эки түрү бар: бирөө сезимдин жана ойдун жоктугунан сөз менен алмаштыруудан улам келип чыкса, экинчиси сезим менен ойдун толуктугунан жана аларды туюнтуучу сөздүн жетишпегендигинен келип чыгат». Биздин арабызда ушунчалык кеңири таралган бул беймааниликтн шарттуу түрдө Б—1 жана Б—2 деп белгилейли. Рецензиянын жарымы — мына ушунда. Ар бир окуучу өзүнүн дептеринен каргашалуу Б лардын бирөөн көрүп алып Пушкиндин сөзүн окуп чыгат да, эмне үчүн баасы төмөндөлгөнүн, эмнелердин үстүндө дагы иштөө керек экенин түшүнөт. Досканын сол жагында «Сочинение жазганда эске алгын» деген төмөнкүдөй плакат илинип коюлган.

1. Анализдөө — бул кайталап айтып берүү эмес, түшүндүрүү.

2. Негизги ой жок болгон жерде материалды туура тандоо жок жана болушу да мүмкүн эмес.

3. Жазуу чеберчилиги — бул өз убагында чекит коё билүү.

4. Жазуу-көчүрүп алуу эмес.

5. Аз жаз, бирок сөз жаз, жөнөкөй жаз, бирок таап жаз, ж. б.

Текшерүүчү жумуштун четине же аягына бул сочинение жооп бербеген талаптарды көрсөтөт, ошону менен рецензиянын экинчи жарымы жазылып бүткөн болот. Досканын оң жагында текшерүү белгилеринин таблицасы илинип коюлган: ж. б.— жол башынан; т. э. с.— так эмес сөз; л. ж.,— логикасы жок; н. к.— негизги ката; к.— кайталанма, ж. у. с. Программалык ыкма менен текшерүү такыр күтүлбөгөн психологиялык натыйжа берет: Б—1, Б—2, пункттарды, белгилерди эстеп калышып, окуучулардын көпчүлүгү мүмкүн болуучу үзгүлтүктөрдү алдын ала көрүшүп, «күтүлбөгөн жерден» жакшы, сабаттуу жаза башташат.

ПОРТФЕЛГЕ ЭМНЕНИ САЛЫП ЖҮРҮҮ КЕРЕК?

Адаттагыдай эле класстык сочинениелер: контролдук, зачеттук, жыйынтык сабактар өткөрүлөт. Балдар жазышат — мугалим байкап турат, тагыраак айтканда — көз болуп турат. Иш жүзүндө эки саатка чейин иштебей калат. Ал гана эмес мындай учурда ал мугалим да эмес. Окуучу жазбай эле көчүрүп алууну каалайт, анткени ким-кимди деген формула сунуш кылынбады беле? Кийин кечинде көпкө чейин үйүлгөн дептерлерди карап башын оорутуп, сабактагы анын эбегейсиз зор эмгегинин кайда жоголуп кеткенин аныктай албай алек болот. А баса, иштин көпчулүгүн өзүнүн кичинекей коллегаларына жана аларга болгон өзүнүн ишенимине таянып башкача кылууга мүмкүн болуп жүрбөсүн.

Сочинениенин ар кандай түрү — бул баарынан мурда окуучуга берилүүчү көмөк. Кимдир-бирөөнү колунан карман алуу үчүн классты аралап басып жүрбөстөн, класс менен иштеймин. Кимдир-бирөө, мисалы, ишин баштай албай жатат, биринчи саптар ал үчүн өзгөчө оор. Аны биргелешип баштайбыз! Кимдир-бирөө (Лев Толстойчо) бир фразаны жарым бетке шилтеп салат, албетте ал чаташат. Аны бөлүктөргө бөлөмүн да, ошол эле учурда грамматикалык каталарын кызыл паста менен оңдоп кетемин. Жардам берүү эсепке кирбейт, мындан башка каталары болбосо болгону. Кимдир-бирөө ылайыктуу сөздү тапкандыр, бирок анын угулушу начар. Мүмкүн, ушундай болгону жакшыдыр? Эми кызыл паста менен эмес, окуучуга белек катары, керектүү сөздү көк же башка түстөгү паста менен кошуп жазамын. Жакпайбы? Өзүңдүн вариантыңды изде. Мына мобу эң сабатсыз... Кечиришиз, дешет бизге, бул мезгилде мугалимдин аркасында балдар эмне кылып жатышат болду экен? Анчалык деле эч нерсе: жазып жатышат! Мугалим баланын жанына келсе ал коркпостон кайра кубанат: процесс натыйжадан маанилүү. Анчыча жыйынтык да даяр болуп калыптыр. Илберинкилердин ичинен кимдир-бирөө көрсөтүлгөн убактан мурда жазып салды. Бир-эки минутада анын иши текшерилип, журналга тиешелүү баа коюлат, анткени иштин бардыгы эмес, аны мугалим карап чыкпаган гана бөлүгү текшерилет эмеспи. Эми мага ишти жазып бүткөндөр жардам беришет. Алар азыр аз эмес, анткени «узун» сочинениелер сунуш кылынбайт.

Коңгуроо кагылды. Бирок мугалимдин столунда кээде портфелге кантип батырарды билбеген үйүлгөн дептерлер эмес, болгону бир-нече гана дептер бар. Алар ошол эле замат үйдөн текшерүү үчүн балдарга таратылып берилет.

Мугалим өзүнүн портфелине эмнени салып жүрөт? Мектеп китепканасынын жаңылыктарынбы. Аларды да бүгүн эмес, эртен ачат. Бүгүн, мисалы, мектептик диспут, ал эми эртең болсо — өзүнүн коллегаларынын астында лекциясы, ага даярдануруга үлгүрүү керек. Баса, театрга алынган билеттер да бар. Анан бүт класс менен бирдикте эс алуу да жаман болбос эле.

Баарлашуу — барыдан мурда байланыш, б. а. рухий зор эмгек. Тигини жасаш керек экенин, муну да унутууга болбой турганын ким эле түшүнбөсүн? Бирок, бардыгын чогуу дароо жасоого мүмкүндүк болбосо, анда иштн башкысынан, негизгисинен — жашоонун, окуунун жана кылымдын талабына шайкеш окуу керектигин түшүнүп билүүдөн баштоо керек.

Сабакта мага жардам беришип жана менин үйдөн иштей турган ишимдин бир бөлүгүн өздөрүнө алышып, балдар мага, көп мүмкүнчүлүк бериштн; менин аларга дагы көбүрөөк көңүл буруп, аяр, этият жана ыкластуулук менен мамиле жасап окутуунун жана турмуштук тажрыйбанын мүмкүнчүлүктөрүн мындан да көбүрөөк жана тагыраак пайдаланып учурдун мугалими болуума, б. а. азыркы жана өзгөчө бүгүнкү күнгө, азыркыга жооп берүүмө мүмкүндүк түзүштү.

КЕЛЕЧЕКТИ АЧУУ. Адабият сабагына эки деген баадан башка эч нерсе зыян келтире албайт. Мисалы, Тургенев же Чеховдон, дегеле улуу адамдардан, эгерде алардын ар бири инквизитордун ролун аткарса, эмне калат?! Канчаны билсең ошончону аласың деген — бул адабият сабагынын чен-өлчөмү эмес. Мында сабакка жетишүүнүн таптакыр башкача чен-баасы колдонулат, анда эсеп бир дагы жалбырагы же бутагы жок «сөңгөктөрдөн» эмес, эчактан бери эле мөмөлөрү ийилген даректан башталат. Чыгармага баа берүүдө окуучунун билими гана эмес, анын сезими да чоң роль ойнойт. Биз балдардын сезимдерин баалаганды билебизби? жетишпеген окуучу — бул башкаларга үлгүрүп жете албаган, демек кээ бир нерсени билбеген окуучу эмес, ал өзүнүн керектөөлөрүн али таба элек, ошондуктан өзүнүн талабын дагы тактап биле элек гана окуучу экенин түшүнүү керек. Жетишпеген бала — бул өзүн али таба элек окуучу! Инсан боло элек адам! Кайдыгерликтин курчоосуна камалган бечара!

Сабакта биздин айрымдарыбыз экзаменде балдардын өң-алеттен кетип, үрпөйүп, шаштысы кеткенин көрүп, шерденип калышканын көп байкадым. Мына көрдүңөрбү, силердин бардыгынар менин колумдасынар! Баарынар! «Бар-

дыгы» болгону да, «колунда» болгону да жакшы. Бирок эмне үчүн ийгиликтин анык негизин — окуучунун ден соолугун бузуу керек? Тайманбастар бир мааниде алганда: өзүнүн да, балдардын да, алардын ата-энелеринин да тынчын алгандар эмеспи. Айрым тажрыйбалуу насаатчылардын экинчи ушунчалык көп койгонун көргөнүндө эмне кылаарынды билбей дабдаарып каласың. Балдар чуулдаса — эки, унчугушпаса — эки, кайталап айтышса — эки... Сураганга уста, бирок окутканга, үйрөткөнгө? Өзүм иштеген жылдардын ичинде бир дагы жолу окуучуга чейректик, жылдык же экзамендик эки койгонум жок. Азыр болсо эки коюудан такыр баш тартсам деп ойлом. Азырынча кээде эки коюп жатамын. Бирок кээде гана, ушул эле жерден эскертейин, мында Тургенев күнөөлүү эмес, окуучунун өзү да эмес, алардын колдорун кошо албаган мен, мугалим күнөөлүүмүн. Эми кайрадан ишке киришели: мен некусствого баруучу жалгыз аяк жаңы жол үчүн, алар мага өзгөчө көңүл бурушу үчүн. Сабакта болуу жана иштөө — ийгиликтин ачкычы. Бул акыйкатты ар ким билет. Өзүң эмнени билбесең, аны башкалардан билип аласың. Эгерде башкалар өздөрүн өздөрү билгенге караганда, сен аларды көкусунан жакшыраак биле алсаң, анда алар сага-ооруук келтирбейт.

Окутууда жана тарбиялоодогу өз убагында кетирилген кемчилик дароо эле жоюлбайт. Кимдир-бирөөнүн, мүмкүн, бир-эки жолу ынандырып, тынчтандырууга болот. Мындай учурда жогорулатылып коюлган баа мугалим менен окуучу экөө тең кетөрүлүп чыгуучуга бийиктикке окшошот. Эгерде экөө тең болсо, демек алар кулап дагы, жылмышып түшүп да кетишпейт. Башка бирөөнү, тескерисинче, арына келтирип жемелөөгө туура келет, мына ушул максатта төмөнкү балл (кээде) өзүнүн таасирдүү ролун ойнойт. Үчүнчүсүнө тигил же бул чаралардын бири да туура келбейт. Мында коюлуучу баа кандай болууга тийиш? Белгилүү убакытка чейин баа ар кандай, бирок тескери болбоого тийиш. Мүмкүн, эч бир баа болбос. Баанын ордуна — жекече же чогуу-чаран (кийинкиси жакшы) сүйлөшүү керек. Аны, мисалы: «VIII же X класстарда окуган I класстагыдай эле кызык, жеңил жана оор, кубанычтуу жана кызыктуу болсун үчүн мугалим (мугалим!) дагы эмнени иштөөгө тийиш» деген темада өткөрүүгө болот.

Эң «начар» окуган бала да шылдындоону, жөнү жок жапакечтикти жактырбайт... Эгерде окуучунун ала турган билими анын жеке мүмкүнчүлүктөрү менен дал келтирилген болсо жана ал билимге окуучу өзүнүн мүмкүнчүлүгү-

нүн чегинде ээ боло ала турган болсо, анда башка эмнеңин кереги бар? Бул, албетте, окуучунун мүмкүнчүлүктөрү аягына чейин пайдаланылып бүттү дегендикке жатпайт. Окуучу окуйт — негизгиси мына ошондо. Адегенде ал өзүнүн мүмкүнчүлүгүнөн төмөн, кийин карап көрсөң, мүмкүнчүлүктөрүнүн деңгээлинде окуйт. Максат — бирөө, ага жетүүнүн жолдору көп, алардын ичинде төтө жолдору да болбой койбойт. «Адам — жакшылыкка эң эле жөнөкөй үйрөтө алат». Горькийдин бул акылман сөзүнө чын жүрөгүм менен ишенемин. Ооба, адам эркелетип, үйрөтүп... — бардыгын жасай алат. Адам деген эмне? — деп өзүнөн жана бизден сурайт Горький. Наполеон менен эле бир катарда — күйүттүү Настя, кумарпоз Сатин, аракеч Актер... Өспүрүм кылмышкерлердин колониясын тарбиялоого алган А. С. Макаренко жаңы педагогиканы бекеринен Горькийден окуган эместир. Эң эле айласыз кырдаалдарда өзүбүздүн тарбияланууучуларыбызды көрө билип, аларды айласыз абалдан куткарып Адам кылып тарбиялоодо бизге эмне тоскоолдук кылып жатат? Ар кандай чыныгы мугалимдин самаган тилеги жана көкүрөктөгү дымагы — окуу-адистик негиз адамга ар тараптан жардам көрсөтүүдөн турат. Зилинде барып мына ушул негизди изденүү чыгаан тайманбастарды педагогикалык окуу жайларына алып келет.

ӨЗ ТЕМПИ МЕНЕН ИШТӨӨГӨ УКУКТУУЛУК. Жалпынын ийгилиги көлөмүлүктүн алга жылышы менен эмес, ар биринин ийгиликтүү алга жылышы менен аныкталат. Бирок ар кимдин алга жылышы өзүнчө болот. Демек, ар ким өзүнүн темпине, өзүнүн жолуна жана өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн потенциалына укуктуу. Башка сабактарга караганда адабият сабагы бул укукту ишке ашырууга толук мүмкүнчүлүк берет: качандыр бир кезде элирип толкундануп, бир колуна гүл, экинчи колуна жогорку класстын окуучуларынын жолдомо сөзү жазылган куттуктоо-открыткасын кармап мектептин босогосун аттаган ар бир баланы Адам кылып чыгаруу үчүн ар түрдүүлөр менен ар түрлүү этаптарда, ар башка деңгээлдерде ар түрдүүчө иштөө зарыл. Дүң, бирок оптималдуу эмес педагогика менен жалан тунгуюктар гана түзүлөт. Өзүмдүн предметимдин графаларын гана эмес, бүт журналды баракатап чыктым. Окуучу кээ бир жерде артта калып, айрым жерлерде башкаларынан алда канча алдыга озуп кеткенин көрөсүң. Калгандарын жеткирүү үчүн аны токтотуу же анын артынан ыкчамдап шашуу, андан кийин (аны менен бирге ага-билгизбей) өткөндөргө, өздөштүрүлбөй калгандарга кай-

ра кайрылуу менен кыймылдын инерциясы бузулбай турганын камсыз кылууга болот. Балдардын ар биринин жакшы көргөн сабагы жана жаман көргөн предметте жакшы көргөн темасы болот. Тигини да, муну да эсепке алуу — жакшы көргөн предмет аркылуу калган сабактарды, жакшы көргөн тема менен жаман көргөн предметти «сүйрөп» чыгаруу дегендикке жатат. Калгандарына караганда башка багытка бараткан окуучуну, же баары менен, бирок жай темпте баратканды токтотпоймун. Акырындык менен алгачкыга кайрылып, анан андан ары кетүүсүнө жардам беремин.

Маалыматтардын азыркыдай көлөмү көп болгон шартында окуучу өсүүгө кам көрбөстөн, иши кылып үлгүрүүгө, б. а. артта калбоого умтулуп убараланат. Эреже катары, өсүүчүлөр эмес, сабакка жетишкендер бааланат. Өсүүчү, бирок жетишпегендер көп учурда тилазар болуп калышат. Өсүүчүлөр жетишип, жетишкендер өсүп турсун үчүн аракеттенип иштеймин. Кошумча сабактарга катуу «тыюу» саламын. «Бардыгын сабакта бүткөрүү керек!» Сабактан тышкаркы окуу процесси бул ЧП, ал тынчсызданууну пайда кылышы керек: биринчиден, ошол сабак үчүн (ал жетишээрлик даражада профессионалдуубу?); экинчиден, башка сабактарга бөлүнгөн убакыт уурдалып, сарп кылынгандыгы үчүн; үчүнчүдөн, окууну каалабаган жана ага жөндөмү жок окуучу үчүн, анткени ал «эки сменада» окугусу келбейт жана ошондон улам ал бир сменада да окубай калат. Агартуу ишин азыр жалаң эле мектеп ишке ашырбайт. Мында радио, кино, театрларга чоң роль таандык. Ошондуктан маалымдоочу башка каналдарды көңүлгө албастан окуучунун өздүк бүт убактысын калтырбай тартып алуу жакшы болобу? Окутуунун жашыруун сыры билимдердин бардык булактарын толук пайдаланып аларды негизги бир жыйноочуга — сабакка келтирүүдө турат. Демек, анын рамкасынан балдарга мектептен тышкары жана мектептен кийин келе тургандын көбүн чыгарып таштап, ага мугалимдин активдүү жардамы жок эле, мүмкүн, башка эч жерден ала албай тургандардын бардыгын киргизүүгө болот жана ошондой кылуу керек. Башка эч жерден — демек, сабакка кошуп берип, бирок андан кемитпөө керек.

Түйшүктөр болот, албетте, алар өсүүгө тийиш. Кубаттуу маалымдоо толкундарынын алдында класстардын эшиктерин жаап таштоого, мезгилдин талабынан артта калууга мектептин укугу жок. Бирок ал түйшүктөр менен катар чыгармачылык демилгелүүлүк, ойлоп чыгаруучулук,

устаттык — баарынан мурда окуучу — Адам үчүн жооп берүүчү мектеп мугалиминин жалпы жана кесиптик маданияты да кошо өсүп өнүгүүгө тийиш.

ЖАҢЫДАН БАШТООЧУЛАРГА КЕҢЕШТЕР. Тарбиялоо өнөрү — эң байыркы жана татаал. Бирок ал укмуштуу куулук-шумдуксуз эле жөпжөнөкөйдөн башталат, окуучуну ал кандай болсо дал ошондой бойдон кабыл алып жана жакшы көрүү керек.

Эгерде сабак — бул жөн эле жумуш эмес, баарлашуу, сабак гана эмес, чеберчилик, расписаниедеги сааттар эмес, турмуш деп билсеңер, анда сабакка эмне кылуу үчүн барамын? деп өзүңөргө дайыма суроо койгула! Биз балдарга бара жатабыз? Эмне үчүн? Алар биздин көбүбүзгө караганда жакшыраак, боорукерирээк, адамкерчиликтүүрөөк болушсун үчүн, биз менен сиздерге караганда күчтүүрөөк жана эр жүрөктүүрөөк болушсун үчүн; артка кетпей алга жүрүп, ар кандай кыйынчылыктарды жеңе билишсин үчүн; ар кимиси ким бирөөнүн жеңил, ыңгайлуу турмушуна көз артпастан жеке өз тагдырынын ээси болушу үчүн барабыз. Өзүңөргө Толстойчулап, азаптуу жана курч суроолорду бериңиздер. Балдарга кайсы Ойду калтырдым? Аларда кандай Сезимди ойготтум? Алардан сен адамдарды көрдүңбү же окуучулардыбы? Сени угуп жатып, алар эмне жөнүндө ойлошту? Мүмкүн, уккан сыяктанып олтурганы менен эч нерсе жөнүндө ойлошпогондур? Же сабакта болбогондор жөнүндө ойлошкондур, ошондо сени карап туруп өздөрүн угуштубу жана өздөрүнүкү жөнүндө ойлоштубу? Ар бир эле окуучу эки программа боюнча окуйт. Алардын бирин мектеп сунуш кылат, ал эми экинчисин — көп учурда турмушка жакынын — кошуна квартирадагы аял, подъезддеги досу, кээде жолунан тайыган өзүнүн атасы сунуш кылат. Эки программанын экөөн тең эске алып чагылдыргыла. Сабакка баруу — бул ким болгонуна карабастан адамга терендеп баруу, б. а. окуучуга аның ата-энелери, достору, жазуучулары, адабияттык каармандары менен терендеп кирүү дегендикке жатат. Билип койгула: жүзүндөгү ыймандуулук — бул чындык, кылган иштеги, ыймандуулук — бул адилеттик!

Бир күнү окуучунун «Мугалим — жашоонун адамы» дегенин эшиттим. Ооба, бул туура. Бирок «жашоо» деген сөздү жөнөкөйлөтүп түшүнүүгө болбойт. Жашоо — бул биздин трамвайда бара жатканыбыз, көчөдө жүргөнүбүз, айланадагылар менен болгон карым-катнашыбыз эле эмес. Жашоо, турмуш — бул колхоз талаасында, заводдун цехинде, окумуштуунун кабинетинде, жазуучунун столунда,

сүрөтчүнүн өнөркапасында жаралып жаткандыр. Турмуштун маанисин чыгармачылыктын башаты барлардын бардыгынан көрөмүн, анткени жан-дүйнөнүн байлыгын чыгармачылык катары түшүнөмүн.

Кээ бир тилчи адабияттагы алп каармандар Базаров, Раскольников, Болконский, Гамлет, Фаусттардын арасында өтө чаалыккан жана эмне кылаарын билбеген адамдай болуп көрүнөт. Алар жөнүндө ангеме дүкөн куруп берүү үчүн алардын ар бирине чейин рухий жактан өсүп жетилүү керек. Ырас, адабияттык билимсиз — мүмкүн эмес! Бирок китепти китеп менен ача албайсың, көптөрдү китепке окшоштуруу аркылуу гана түшүндүрүүгө болсо да, өмүрдүн «ачкычы» керек.

Класс — бири бирине окшошпогон ар түрлүү 30—40 киши, ошону менен катар алар бирдей дагы, а бул болсо аларды ажыраткандан татаал. Өзүндүн окуучуларынды билүү жана алар билгендерди, алардын ар бири өз алдынча жана бардыгы бирге биле ала тургандарды билүү— демек бул мугалим болуу дегендикке жатат. Балдарды театрда байкап үйрөнгүлө: эгерде алар майда-чүйдө арзыбаган нерселерге эле күлө беришсе, анда демек, алардын эстетикалык сезими өсүп жетилген эмес. Окуучуга идеалга чейин интеллектуалдуу жогору көтөрүлүүгө жардам берүү жана аны менен бирге ошол эле бийиктикке көтөрүлүү — сабакка татыктуу иш.

Ар бир курактагыларга китепте өзүнүн беттери бар. 16 жашында «Согуш жана тынчтыкты» баректап жатып согушту, сүйүүнү кызыгып окуйсуң, 50 жашта эпилогго кызыгасың, ага жетүүгө ар кандай эле окуучунун күчү жана чыдамы жетишпейт. Сабакта ар түрдүү убакытты курактарды кандайдыр жалпыланган «адамда», окуучуда, мугалимде бириктирүү менен жогорку айгылгандарды жана өзүндүн жазган бетинди балдарга комментарилап берүү — чыныгы жетилген баарлашуунун үзүрү болуп эсептелет. Сабактын акылмандыгы — беттердин дал келүүсүндө.

Билимдердин өлчөмүн, сабактын формасын, стратегиясын эмне менен аныктоого болот? Окуучунун демилгеси менен! Ага эмне, кандай жана канча керек экенин аның өзүнөн башка эч ким билбейт. Мисалы, балдардын ар бири «Согуш жана тынчтык» боюнча өткөрүлүүчү сабактардан кызыктуу болсун үчүн окуучулар өзүнүн системасын сунуш кылсын. Ошондо окуучунун реалдуу керектөөлөрү менен катар, алар менен баарлашуунун базасы да кенейет. Балдардын методикалык демилгесин тартынбай пайдаланғыла. Эмне кылабыз? Кандай кылабыз? Акыры, эм-

не үчүн кылабыз? Бул суроолорду жалгыз өзүңөр же тажрыйбалуу коллегалар менен гана эмес, балдар менен да чогуу чечкиле. Ошонун өзү окуучуну үйрөнүү, өзүнө жана ага зыянсыз болгон иштөөнүн мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу дегендикке жатат. Сабакка канчалык көп жана жакшы даярдансаң ошончолук сүйлөөнү, өзүңдү угууну каалоо күчтүү болот. Класстын активдүүлүгүн ойготуу үчүн өзүңдүн «даярдыгыңды» тутуу — адистиктин даанышмандыгы.

Эч кимдин иштөө ыкмасын кайталабагыла. Окшоштуруп, туурроо — бул улантуу. Тажрыйбалуу устаттар сабакты кандай өткөрөөрүн карап көрүңүз да, өзүңүз да окуп үйрөнүңүз. Биздин иште да искусствоногудай эле кайталанбас, өткөрүлүп берилбес алдыңкы тажрыйба баалуу. Адабият мугалиминин профессионалдык этикасы эмнеде? Өзүңдүн жеке жүзүң болуп туруп башканын жеке чыгармачылыгын таануу жана урматтоо. Өзүңдү жана өзүңдүн идеяларыңды теориялык дискуссиялар менен эмес, сабак менен ырастоо. Өзүңөрдүн жолуңар менен баруудан коркпогула! Мүмкүн, кандай үйрөтсө колуңуздан келишинче ошондой баштаңыз, эмнеден баштасаңыз ошондон алыстап акырындык менен өзүңүздүн жеке чыгармачыл «менициздиң» көздөй жакындай бериңиз. Устаттыктын башка жашыруун сырлары жок чыгар. Сиз мурда өзүңүз кабыл албай койгондорунузга Маяковский Пушкинге кайрылгандай кайта кайрылышыңыз да мүмкүн. Өзүңө кайрылуу — бул өзүңө ээ болуу дегендик. Устаттык өсүп жетилүүгө тийиш! «Сабактын он жети көз ирмеми» дегендей, өзүңүздүн тажрыйбаңыздын летописин жазыңыз жана өзүңүздү чыдамкайлуулук менен өзүңүзгө тез-тез салыштырып турунуз. Өзүңүздүн башкаларга сезилбеген ар бир эң кичинекей ийгилиңизди белгилеп коюңуз. Андагы законченемдүүлүктү табыңыз: мугалимдин бүткүл таланты толук жаркырап ачылып тура турган сабак болбойт. Биздин ар бирибизде жасап жатканыбыздан алда канча терең жана кызык мүмкүнчүлүктөр — чыгармачылыктын резерви бар. Бирок ошондой болсо да ар түрлүү жекече стилдер адабиятчыга коюлуучу бузулгус төменкү үч талаптын бирдиги менен байланышкан: инсандык, мезгилдик, артисттик.

Мыкты жөндөмдүүлүккө болгон жол өзүңүздүн предметиңиздин чегинде гана башталып аякталат да, бардык (!) мектептик сабактар аркылуу өтөт. Математика, физика, черчение сабактарына да катышыңыздар.

Биздин башкы звенобуз — сабак. Ал болбой калганы — мугалимдин болбогону. Окуучунун үй-бүлөсүнө баруу үчүн сабакка даярдангандан көбүрөөк даярдануу керек деген

«учкул сөзгө» ишенбеңиздер. Эгерде ар бир сабакта шыктангандык менен тырышып иштесеңиз, анда үй-бүлөгө баруунун да кажаты жок.

Конспектини сабактан кийин да жазыңыз — анда класстын сабакка болгон мамилесин, сабакта жетишилген ийгиликтерди жана кетирилген кемчиликтерди көрсөтүңүз. Ар бир сабак нечен жылдар бою улам ондолуп келсе да, баары бир кандайдыр бир маселе боюнча биринчи, сынамык сабак болуп эсептелет. Эгерде изденүү токтоп калса, анда чыгармачылык шаблонго айланат. Көчүрүп алуу үчүн өзүңдү табышың керек? Балким кимдир бирөөнүн даяр стандартын пайдалануу жакшы болуп жүрбөсүн. Мен, мисалы, тигил же бул окуучу кайсы класста окуганын ар дайым эле эстей албаймын, бирок чыгармачылыктын кайсы мезгилинде тагдыр аны мени менен кез кылганын жакшы эстей аламын.

Туюкка кептелген учурлар да болот. Кимдир бирөөлөр ага кубанышат, макташат. Ал эми сен болсоң Левинсондун алдында Морозка күнөкөр болгондой, эмне үчүн башкача эмес дал ушундай жасадым экен деп башыңды шылкыйтып өзүңдүн алдында турасың. Башың маң болуп турганда кандай болуу керек экенин көрсөтөт деп өзүңдүн «алты канаттуу Серафимиңди» күтөсүң. Бүгүнкү бойдон калсаң — эми сен кызык эмессиң.

Мугалим балдарга гана кадимкидей ачылат. Мугалимдин ишине берген алардын баасы бардык омоктуу ойлордон да маанилүү. Бул жөнүндө ойлонуп көрүү керек. Башка жөнүндө да. Өзүңдү Ларра сыяктуу сактайсыңбы же Данко өңдүү бүтүндөй бересиңби? Бул философиялык гана суроо эмес: мектептик, практикалык суроо. Өзүңдү бүтүн бергенде гана бүтүн бойдон каласың. Жалгыз «коколой» методика менен биздин сабактан эч нерсе чыгара албайсың. Жүрөк керек! Анын методикасы башкача!

Инсандык, чыгармачылык жагынан өзүңдү өзүң талдоону мүмкүн болушунча жогорулат. Эмпирикалык мыкты тажрыйба кайсы бир этапта илимий эрежеге каршы келип калбас үчүн жетишкендикке ретроспективдик баа берүү керек. Башкача айтканда, «өзүңдүкүнөн» башкалар үчүн «милдеттүүнү» издеп таап, өзүңдү илимдин авторитетине салыштырып тууралап көрүүң керек, анткени эч кандай башка авторитет (иштеген стажың, пикирлер, сыйлыктар) жардам бербейт. Мугалим өзүн бүт бойдон балдарга берет,— дешет. Ал эми өз ишиндин теориясынчы? Окуучуларга дагы көп берүү үчүнбү? Муну менен ким иштейт? Чыгармачыл мугалимдин эмнелерди кайра кайрылып

карап, эмнелер жөнүндө ойлонуп, эмнелерден дагы андан ары алга кетүүсүнө керектүүлөрү толуп жатат. Ошондуктан ал мына ошону менен иштейт — мугалимди үйрөнүү деген илимдин жаңы тармагын ачат, мугалимди үйрөнүү— бул жекече тажрыйбанын жана чеберчиликтердин өзүнчө бир антологиясы. Чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрдүн типологиясы иштелип чыкмак турсун, баштала да элек. Ошону менен катар эле иш жүзүндө «акын» мугалимдер, «журналист» мугалимдер, «психолог» мугалимдер, «адабиятчы» мугалимдер... бар. Өзүңүздү аныктаңызчы — сиз кимсиз? Өзүңүздүн жеке тажрыйбаңызды бардык параметрлер боюнча ойлонуп чыгыңыз. Эгерде ал чын эле ойдогудай болсо, анда мугалимге жана балдарга, мугалимге жана анын коллегаларына керектүүлөрдүн бардыгы болот.

Окуучулардын негизги көпчүлүгү чын дили менен окууну каалашат, бирок алар сапаты башкача, демократиялык негизде окусак дешет. Алар өздөрү биздин колубузга алар менен иштөөнүн методун мезгилдин терең процесстерин, жаштардын инсандык керектөөсү — ааарлашууга болгон керектөөнү чагылдырган жолдорун берип жатышат. Мугалим катары мен өзүмдүн күндөлүк ишиме балдардын чыгармачыл демилгесин өзүмдүн демилгем менен толуктап пайдалануунуу тайманбай батынып колдодум жана колдондум.

Баарлашуу — бул баарынан мурда рухий байланыш, аның тартыштыгын окуучулар өзгөчө ачык сезишет. Адабиятчы-мугалимдер үчүн да баарлашуу, ошондой эле даражадагы керектөө болуп эсептелет. Мындан бир аз мурдарааката ал маалыматчынын, лектордун, ацгемечинин ролдорун аткарчу. Азыр болсо бул ишти андан кино, радио, телеэкран, газет-журнал тартып алып жатат. «Айтып бердин — түшүнүштү — текшердинъ» деген эски схема менен иштөө барган сайын кыйыныраак болуп баратат, ал эми кесиптик чеберчилигин жетишпей турган болсо иштешке таптакыр мүмкүн болбой калды. Баарлашуу чеберчилигине ээ болбогон адабиятчы азыр адабияттык терең билим берүүгө күчү келбейт.

Баарлашуу — бул бирге жаратуунун, бирге ойлонуунун сабагы, ар бир адам кимдир-бирөөнү ээрчибестен, өзүнүн билгенин, оюн айта алган жана айтууга тийиш болгон эркиндиктин сабагы. Баарлашуу, эң акырында — бул өзүндүн рухий «менине» башканы кошуп алуунун, өзүндү башкалардын рухий «менине» кошуунун сабагы: тең жана ар түрлүүлөрдүн бири бирин көздөй жасаган кадамдары. Өзүндө жана өзүндүн тарбияланууучуларында адамды сый-

лоону терендетүү мындай сабактын башкы милдети жана муктаждыгы болуп эсептелет.

Жазуучу, мугалим, окуучу кандай деңгээлде баарлаша алат деп сурашат? Мен дароо эле үч деңгээлде тең, деп жооп беремин. Кырк беш минуттун ар бир минутасын рухий жумуш менен толтурушуз. Чындыгында мына ушунун өзү — түздөн-түз жана өтмө мааниде,— бардык балдар үчүн көркөм адабиятты ачат, анткени — билим аркылуу баарлашуу жана баарлашуу аркылуу билим алуу деген чыгармачыл позициясы таасын түшүнүктүү болду. Баарлашуу окуучуга өзүнүн темпи менен иштөөгө, өз жолуна жана өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн потенциалына укук берет... жана аны чыгармачыл инсан тарбияланып жаткан рухий тең укуктуулуктун сабагына кайта кайтарат. Класс менен мен китеп менен иштегендей иштеймин: тексттен учкул сөз издеген сыяктуу, класстан да чыгаан окуучуну издеймин. Аны менен өзүмдү жана калгандарды кошо катыштырып сабакты курамын. Ар бир сабактын өзүнүн окуучусу бар! Бирок «бирөөнү», болгондо да «чыгаан» окуучуну жана ар бир жолу «башкасын» табуу үчүн окуучулардын экөөнү же үчөөнү эле эмес, ар бирин (!) көрүү жана билүү керек.

Баарлашуу сабагында түз жана тескери байланышты түзүү проблема эмес. Мында окуучу окуп жаткан китеп эмес, анын өзү — эң биринчи асыл нарк. Бул мааниде алганда Пушкин жана Чехов менен мен Пушкинге, Чеховго эмес, окуучуга жана эми аны менен бирдикте өзүмдү андан ажыратпастан — Пушкинге, Чеховго, маданияттын, илимдин, билим берүүнүн бийиктиктерине (албетте, алар-сыз азыркы сабак болбойт) барамын. Эгерде китеп окуучуну кызыктырбаса, анда өзүмдөй эле окуучуга да ал китепти окубай коюуга укук беремин. Көркөм ойду китепти милдеттүү түрдө окуу учурундагыдай эч нерсе өлтүрбөйт! Бирок мында мен сабакты жана өзүмдүн окуучу менен баарлашуумду ал мурда жаратпай койгон китепти сөзсүз окугусу келгендей кылып түзөмүн. Көп учурда сабактын темасын да окуучу менен бирдикте талаш-тартыш жүргүзүп, анан анын айткан учкул сөзү менен атап коёмун. Мисалы: «Достоевский — эмне үчүн аны улуу дейбиз?»

«Дептерлериңерди алгыла» — деген бул биздин көнүмүш болгон кадимки эле талабыбыз, ага балдар эч кандай деле терс мамиле жасабайт. Баарлашуу сабагындагы натыйжа бардыгынын жана ар биринин иштөөсүнө жараша болот, мында окуучулар менен бирге мугалим деле өзүнүн дептерин столго коёт да: «Дептерлерди алалы» — дейт,

Сабактын жүрүшүндө бардыгына көрүнөө ал улам-улам окуучулардын бири бирине, ага айткандарын жана өзүнүн аларга айткандарын жазып отурат. Коллективдүү чыгармачылыктын башкача интеллектуалдуу бийиктигинде кызуу сүйлөшүүлөр болот.

Баарлашуу жана рухий жактан байып, мугалим менен окуучулар ар бир сабакта бири биринен жана бардыгынан окуп үйрөнүшөт. Мисалы, окуучунун: «Эгерде Онегин Ленскийди өлтүрбөгөн болсо, анда аны Ольга өлтүрмөк» деген репликасын жазып алуу эң эле кызык эмесби. Жазып алуу менен бирге анын стилин да ондоого болот: «аны» дегениң кандай — кимди? Тактайлычы! Чоң адабияттын алдында мугалим менен окуучу бирдей. Чындыгында мына ошол чыгармачылык менен (!) окуп (!) баарлашууга жол ачат.

Баардыгын артыңдан эрчитүү ал эми, кокусунан сенден алга кеткен кимдир-бирөөнүн артынан өзүңдүн баруун, б. а. акыйкатты көздөй дагы жигерденип алга жылуу — биздин ишибиздин маңызы мына ушунда.

Окуучулар менен биз баарлашканга рухий дүйнөбүз кенейеби же жокпу? — мына ошону алар байкашат. Эгерде жок болсо, андай сабактын да, китептин да, биздин өзүбүздүн да кандай пайдабыз бар? Кызматташтык — бул эки жагы тең кызыктуу! Демек, эки жакты тең бирдей укук менен камсыз кылуу керек. Жок, мугалим менен окуучунун ортосундагы теңдик болуу керек. Бирок ал аттап өтүүгө болбой турган тосмо же дубал эмес, ал бийигирээк гана тепкич, ага окуучулар көтөрүлүүлөрү тийиш жана аны өздөрүнүн эркин менен мугалимдер көтөрүшөт, антпесе, «төмөндөп түшүп кетүүлөрү» мүмкүн. Окуучу менен мамиленин «сени мени түшүнгөнүң — жетишет!, мени менен болуу сага кызык — андан артык дагы эмне! менин сабагыма өз ыктыярың боюнча келсең — эң жакшы!» деген принципте түзбөйлүк. Ал эми мугалим окуучуну түшүнөөр бекен? Окуучу менен жана окуучулар менен болуу ага кызыкпы? Окуучулар ага барышкандай эле, ал окуучуларга өз ыктыяры менен барабы?

Окуучудан барынан мурда аны башкалардан айырмалап тургандын жана ал башкаларга эмнеси менен пайдалуу жана керек экендигин көрүүгө аракеттенемин.

Менин жумушчу эрежелеримдин бирөө: орто окуган, ал гана эмес начар окуучу да ар дайым адабияттагы каармандан бир нерсеси менен кызыктуурааk, эгерде албетте, аны китеп сыяктуу шашпастан, ойлонуп «окуп чыга» турган болсок. Окуучуну Толстойдой, б. а. анын көөдөндөгү

үнүн укканды жакшы көрөмүн. Сүйлөп жатканда ал эмне жөнүндө ойлойт? Же эң жакшы баа алуу үчүн эмнени айтсам деп гана ойлойбу? Кээде «отличник» өз жүзүн унутуп, өзгөнүн кейпин кийип калган учурлар кездешет. Ал коомдук турмушта да дал ошондой жол менен доорон сүрөт. Бирок эң сонун айтылган өзүнүкү болбогон жооптор баарлашуу сабактарында кубаныч тартуулабайт.

Окуучулар өздөрүн жана бизди аларга жана бизге эң жакын — сабак аркылуу кабыл алышат. Сабак бардык билимдердин (адабияттык, турмуштук, ыймандык ж. у. с.) элементтери менен толтурулса жана адамды калыптандыруучу маанайда таасир этсе, анда ал аны жараткандардан жогору турат. «Эгерде сабак жакшы өтсө, анда сабак — бизден жогору!» — деймин окуучуларга. Бирок, сабак дайыма ойдогудай жакшы болот, анткени баарлашуу — бул мугалим «бүт бойдон» окуучуларга берилип, өзү окуучуларда болуп калган сабактын тиби. Лекцияларда, ангемелерде, диспуттарда мугалим окуучулардан оной эле «жашына алат» — эрудиция, маданият, устаттыгынын кемчиликтерин билгизбей кете алат. Баарлашуу мугалимдин рухий жана чыгармачылык дараметин, анын кесиптик мүмкүнчүлүгүн толук ачып көрсөтөт. Бирок негизгиси мында эмес. Коллективдүү эмгекти уюштуруп баарлашуу окууну кызыктуу кылат, билим берүүнү жана өз алдынча билимге ээ болууну, тарбиялоону жана өзүн өзү тарбиялоону бир бүтүндүккө бириктирет. Ашыкча, оор программаны кыскартуу жолу менен эмес, мугалим менен окуучунун карым катнашынын жаңы тиби менен аны жоготот, мындай өз ара мамиленин негизин боорукерлик, кеңпейил жөнөкөйлүк, өз ара түшүнүшүү жана дилгирлик түзөт. Баарлашуу — бул сабактын формаларынын, стилдеринин, структураларынын ар түрдүүлүгү, анткени ал туруктуу методика менен жандуу чыгармачыл процесстердин ийкемдүү биримдигинде ишке ашырылат. Баарлашуу — бул дайыма ачык сабак! Баарынан мурда — мугалимдин өзү үчүн, анткени ал балдардын жардамы аркылуу өзүн жана өз инсанынын ачкычы менен алардын ар биринде инсанды ачат. Чыгармачыл баарлашуунун урааны жөнөкөй да, кыска да: сабакта болуу жана иштөө — ийгиликтин гарантиясы!

Менин тажрыйбам адабиятчыларды, же мугалимдерди гана эмес, бардыгын кызыктырат деп ойлоймун, анткени сөз көп жылдар бою ниш жүзүндө текшерилип көрүлгөн, жогорку жана стабилдүү натыйжа тууралуу болуп жатат. Албетте, мындай натыйжасыз эч кандай жаңылык: мей-

ли алар эң эле кызыктуу болсо да орчундуу маанiге ээ болбойт. Анткени, кандай гана тажрыйба болбосун, аны түшүнүү үчүн аягына чейин билүү керек, б. а. өзүң көптү жасап чыгышың зарыл. Эч кимди өз ыкмама үндөбөймүн. Жакса жасап көр, жакпаса башканы изде. «Рецепттер медицинада жакшы, ал эми адабиятка алар жарабайт»,— деп М. Шолохов акылмандык менен айткан. Бул мектептеги адабиятка да тиешелүү. Рецепттерди эмес, окурмандарга мен практикалык тажрыйбаны сунуш кыламын, ар ким мындан өзүнө пайдалууну таап алып, өзүнүн жекече чыгармачылыгында аларды андан ары жакшыртып, өөрчүтөт деп үмүттөнөмүн. Ооба, антпесе болбойт да?! Кээде адабият кабинетинде илинип турган улуу сөз чеберлеринин портреттеринин астында өзүңдү онтойсуз сезип уяласың, ар кими өз билгенинче салтты бузуп, аны өзүнүн жекече изденүүсүнүн кайталанбастыгында улантып жана сактап келген. Мугалим да ошондой кылууга тийиш деп ойлоймун. Улууларга башкача позициядан туруп мамиле жасоого болобу? Адабиятчы мындай «тецдиктен» уялынкырап корксо, анда ал үчүн улуулардын дүйнөсү жана анын китептери ага жабык болот.

Адабият сабагы... Жакшылыкты билдирүүнүн жана Инсандын калыптанышынын сырдуу дүйнөсү. Жөнөкөй каражаттар менен «жөнөкөйгө» чейин бийик көтөрүлүү оңой олтоң иш эмес: ал китеп аркылуу адамды турмуш менен байланыштыруу, адамды адам менен достоштуруу, адамды өзү менен өзүн табыштыруу, ага бүгүнкү ары ажайып, ары татаал дүйнөдө ыймандуу жашоого, ошол дүйнөнү өзгөртүп курууга жардам берүү. Ар ким дүйнөнүн албандыгына жана андагы өзүнүн олуттуулугуна тен берсин үчүн, турмуш элегинен өткөн ар кимдин көңүлүнүн түпкүрүндө боштук эмес, аруулук болсун үчүн китепти жөн эле окуу куралы гана кылбастан, турмушту жана андагы өзүнүн ордун таанып билүүнүн аспабына айлантуу керек. Китеп жана Турмуш, Турмуш жана Китеп — Бүгүнкү күндүн жана өз мезгилинин деңгээлиндеги сабактын толук маани-маңызы мына ушунда.

Мүнөздөр тарбияланып эле тим болбостон, кайра жаралып жаткан, өзүнчө бир поэмадай мындай сабакты өткөрүү — музыка чыгарып, ыр жазып, эстеликтер орнотконго тете иш.

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

Т. И. ГОНЧАРОВА

ТАРЫХ САБАКТАРЫ — ТУРМУШ САБАКТАРЫ

33 жыл мектепте иштеп келем. Көнбү! Ооба. Бирок мен ушул азыр да окуучуларымды көрөм деп дегдеп класска кубанычтуу кирип, «Саламатсыңарбы, балдар!» дейм.

Мен жогорку класстагы балдардын сүйкүмдүү, ажардуу, акылдуу жүздөрүн, бешинчи класстагыларымдын ойноок шок көздөрүн көрөмүн. Алар да жаңы сабак, турмушубуздун бүтүндөй 45 мүнөтү кандай өтөр экен? деген-челик кылып күтүп отурушат.

Эң эле башкысы жана эң эле татаалы азыр — ой жүгүртүүнүн эски көндүмдөрүн жоюу, педагогикалык ан-сезимди өзгөртүү, жаңылыш түшүнүктөрдөн кутулуу, өсүп келе жаткан муундарды окутууга жана тарбиялоого карата жаңы, азыркы кездин талаптарына жооп берүүчү ыктарды издөө. Окуучуларды өндүрүмдүү эмгекке үйрөтүү — мектеп реформасынын эң башкы багыттарынын бири. Өндүрүмдүү, коомдук пайдалуу эмгекке аралашуу окуучуларга алардын мүмкүндүктөрүнө жана кызыкчылыктарына жооп берүүчү адистикти тандап алууга жана оболу ошол адистикти өздөштүрүүгө, инсандын эмгекчилдик өндүү негизги белгисинин калыптанышына жардам берүүгө тийиш. Реформанын чектерин көздөй улам жакындап жаткан бардык мектептер бүгүнкү күндө окутууну жана тарбиялоону өндүрүмдүү эмгек менен бириктирүүгө чыдап жаңа көз көрүнөө жетишүүдө. Ар бир окуучусу — өзүнүн жаш курактык мүмкүндүктөрүнө жараша өндүрүмдүү эмгекке катышып жаткан мектептер эмнеден эле бар. Кенже окуучулар окуу-көрсөтмө куралдарын ондошот, мектепке жана балдар бакчасы үчүн ар түрдүү пайдалуу буюмдарды даярдашат, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүшөт, кол эмгегинин ыктарына ээ болушат. Жогорку мектеп окуучуларынын коомдук пайдалуу, өндүрүмдүү эмгеги окуу цехтеринде, базалык ишканалардын устаканаларында, мектептер аралык окуу-өндүрүштүк комбинаттарда

жаңа мастерскойлордо, окуучулардын өндүрүштүк бригадаларында, ар түрдүү эмгек бирикмелеринде ишке ашырылат.

Бирок мына булар тынчсыздандырбай койбойт. Өндүрүмдүү эмгек көбүнесе күч эмгеги катары гана түшүнүлөт да, акыл эмгеги да өндүрүмдүү эмгек болууга тийиш экендигин, а эми мугалимдин биринчи кезектеги милдети — акыл-эс жагынан окуучулардын чымырканган, чыгармачылык өз алдынчалуу иш-аракетин камсыз кылуу экендиги унутулуп калат. Мына бул эмгек тарбиясына карата эскиче мамиле өнөкөт алган ой жүгүртүүнүн таасири менен түшүндүрүлөт. Бүгүнкү күндө: ким жакшы ой жүгүртсө ошол жакшы иштээрин, а эми чыгармачылык менен ой жүгүртүү, эң оболу тааныш-билүү процессинде өнүгөрү белгилүү экенин билүү маанилүү.

Н. А. Некрасовдун «Руста жашоо кимге жакшы» деген поэмасынан муну окуйбуз:

Көпкө чейин Гриша,
Көк жээкти жалгыз кыдырды.
Көңүлү эргип, ойлонуп,
Көп ырды ойдон сыдырды.
Чарчаган экен акыры,
Чанкоосу канып жатыры.

Ошондуктан мугалим окуучусунун башы «эмгекчил» баш болушу жөнүндө кам көрүшү керек. Ал эми буга, бала окуунун колдон келе турган кыйынчылыктарын жеңип, өз алдына суроолор коюп, аларга жооп издеп, акыл-эсине күч келтирбесе жетишүүгө мүмкүн эмес.

Тилекке каршы, окуу сабактарынын басымдуу көпчүлүгүндө өспүрүмдөр, уландар менен кыздар суроолор беришпейт. Дегеле, бүгүн болобу, ушул жумада болобу, ушул айда болобу, үстүбүздөгү окуу жылы болобу... суроо беришпейт. Тарых боюнча райондук методист катары, мен жыл сайын ондогон сабактарга катышам. Балдардын дилгир жүздөрүн, курчап турган чөйрөнү таанып-билүүгө кызыккандыгын, өзүлөрүнүн жер жүзүндө жашоосунун маңызын түшүнгүсү келгенин көргөндө менин педагогикага берилген жүрөгүм кубанычка батат. Бирок бардык убактарда эле мына ушундай боло бербейт. Көбүнчө мугалим суроолор берип, а эми окуучулар суроолорго окуу китебине гана таянып жооп беришет. Ошентип окуучуларда чындыкты мурда эле окуу китебинин авторлору менен мугалимдер таап коюшкан деген тескери түшүнүк түзүлөт. Дагы эмнени издемек элек? Издеп кереги эмне? Чын-

дыктар аныкталган соң, аларды кабыл алып, эске тутуп, ой жорумуш болуп отурбай эле, кайра айтып берүү керек дешет.

Чыныгы сабак — бул мугалим менен окуучулардын чындыкты биргелешип издөөсү, ой жүгүртүү маданиятынын устаканасы. Мындай сабак болбогон жерде — зеригүү, сенектик өкүм сүрүп, эргүү болбойт. Менин ишенимиме караганда, окутуудагы башкы кедергилик окуучулардын башкы эмгеги болгон окуунун эмгек тарбиясынын башкы жагы болуп калбагандыгында.

Жыл сайын бир нече мектептерде тарых боюнча экзамендерге катышып, институттун же университеттин тарых факультетине киргендер менен аңгемелешүү менен, дайыма бир эле нерсени байкаймын: көбүрөөк эсинде туткан, демек билген окуучу же абитуриент жогору баалапат. Мындай кароо туурабы? Анткени коомго тарыхты билген адамдар эле эмес, ошондой эле аны сезип-туюп, түшүнгөндөр аны иликтеп-изилдөөгө өзүнүн сын ой-пикирлерин кошкон, тарыхтан үзүрлүү иш-аракети үчүн таяныч таба билгендер керек эмеспи.

Тарыхка кайрылуу бүгүнкү чындыкты таанып-билүүнүн каражаты. Бирок бул чындыктын өзү бир маанилүү эмес. Тарых сабактары мектеп окуучуларына өткөндөгү улуу жетишкендиктерди сезип-туюп, аздан түшүнүүгө, өткөндөгү дурус нерселердин бардыгын пайдаланууга жардам берүүгө чакырылган. Анткени балдарды адамзат түзгөн материалдык жана рухий байлыктарды мураска алып, аларды өсүп-өрчүткүдөй тарбиялоо телегейи тегиз коомдун алмустактан берки энсегени эмеспи.

Тарых — бул элдин жан-дүйнөсүнүн көрүнүшү, анын алтын казынасы. А. С. Пушкиндин «Өткөндү урматтоо — билимдүүлүктү ааадандыктан айырмалоочу белгинин өзү» деген сөзү калетсиз.

Тарыхый эске ээ болуу бардык адамдардын таалайлуу турмушу үчүн мурда өткөн муундардын күрөшүнүн бүткүл тажрыйбасын өздөштүрүү жана аны турмушту андан ары өркүндөтүүнүн, адамда адамкерчиликти байытуунун куралына айландыруу дегендикке жатат. Белгилүү жазуучу В. Белов: «Баарын унутуп, салт-санаадан жана маданияттан кур жалак калган инсан боло албайт. Эсте сактоо адамдын рухий сепилин жаратат» деп адилеттүү белгилеген. Бул ой-пикир Пушкиндин төмөндөгү саптарына үндөш:

Айырмасыз эки бирдей сезимден
Жүрөгүм бу азыктанып жашайт бек:

Ата-Журтту сүйөм туулган үчүн мен,
Сүйөм жана Ата-бабам жатат деп...

Жаратылыш эркі менен абалтан
Жашаса да пенде өзүн башкарып,
Өз тегинин өңүтүн ким табалса —
Калмак анын улуулугу сакталып.

Бүгүнкүнү жөндөп, эртеңкиге кам көрүү менен, биздин коомубуз тар жол, тайгак кечүүлүү белгисиз жолду басып баратат. Турмуш-тиричиликти жакшыртуу үчүн ушам жаңы күч-кубатка ээ болгуң келсе, өткөнгө көз чаптыруу зарыл. Дал ошондуктан азыркы совет адабиятынын эң олуттуу чыгармаларында тарыхый эстелик-эстин мотивдери кубаттуу жаңырып келген жана дале жаңырууда. Мындай мотив мисалы Ч. Айтматовдун «Кылым карыткан бир күн» романына ыктуу киргизилген.

Романда манкурттар жөнүндөгү байыркы легенда берилген: Жуань-жуандардын уруусунун кул ээлөөчүлөрү колго түшкөн жаш туткундардын тасырайта кырылган баштарына жаңы эле союлган төөнүн желин кабын каптап салышкан. Төөнүн жаңы желин кабы башка чапташып кургап, башты катуу шакшактай кысып кирген. Чач төөнүн терисин тешип өсүп чыккан, бирок көп учурда кайра кайрылып өсүп, учтары терисине кирип кетүүчү. Ошентип адам эс-акылын жоготуп, манкурт болуп калган. Манкурт өзү ким экенин, кайсы уруу-уруктан экенин, өз ысмын, улутун, балалык чагын, ата-энесин билбей калган — кыскасын айтканда, өзүн адам деп сезбей калган.

Биздин элдин тарыхында — уникалдуу рухий тажрыйба эң бай интеллектуалдуу жана нравалык эстетикалык күч, түгөнгүс чыныгы кенчтер жана чыгармачыл акылдын кубаты бар. Элдик мүнөздүн мыкты белгилери — бул Мекенди чексиз сүйүү, анын алдында граждандык парзды сезүү, эмгекте жан аябагандык, социалдык оптимизм, адамдын күчүнө кадиксиз ишенүү, айлана-чөйрөнү тааныш-билүүнүн жогорку пафосу жана аны жакшыртуудагы демилгелүүлүк, башка адамдардын турмушундагы ой-санааларды бөлүшө билүүгө жөндөмдүүлүк жана аларга иштиктүү жардам берүүгө даяр туруу, эң аруу ариет. Биздин коомубуз өсүп келаткан муундардын улуулардын баа жеткис тажрыйбасын сактап калуусуна гана умтулбастан, ошондой эле аны байытышына умтулат: келечектеги коммунисттик коом биз көрүп жүргөн азыркы адамга караганда өркөнү өскөн адамды талап кылат.

Тарых бизди турмуштун алгалаган кыймылын анын революциячыл түрдө өнүгүшүнүн билими менен, каарман

иш-аракеттин адамынын билими менен, жаңы дүйнөгө биринчи чыйыр салуучу болгон биздин коом жалпы элдик чыгармачылыктын турмуш майданындагы натыйжасы экенин түшүнүү менен байытат.

Бирок өткөндөгүнү сынчыл талдоо өткөн турмушту кынтыксыз байгерчилик катары кабыл алууга жарабай тургандыгын көрсөтөт. Биздин бабалардын жана андан кийин өткөндөрдүн турмушунда тетири-терс жактар көп эле болгон. Тарыхты үйрөнүү өткөндөгү терс нерселерден арылууга бизге жардам берүүгө чакырылган.

Биздин коомго сезимтал граждандык позициясы, кенири тарыхый жана азыркыга ылайык түшүнүгү бар, бирөөнүн таасирисиз жана мамлекеттик көз караштан ойлой билүүгө, өлкөдөгү жана дүйнө жүзүндөгү окуялардын бардыгын сезимтал-ариет кабыл алууга жана өтүп жаткан иштерге жеке жооп берүүгө, марксизм-ленинизмдин улуу идеяларын турмушка ашырууга багытталган күндөлүк жан аябаган чыгармачыл ишке өзүнүн рухий жана каруу күчүн мобилизациялоого жөндөмдүү адам керек. Дал ошондуктан мындай адамды тарбиялоо — бүткүл биздин педагогдук ишибиздин башкы максат-мүдөөсү. Жалпы билим берүүчү мектептин продуктусу жумушчу эмес, дыйкан эмес, кызматчы эмес, а инсан.

Инсан болуу деген өзүн адамдар арасында адам деп түшүнүү, көптөгөн кылымдардан берки элдик тажрыйбада түзүлгөн рухий маданияттын көөнөргүс нарк-дөөлөттөрүн өздөштүрүү жана аларды түзүүчү күч катары эмгектик, социалдык мааниге ээ болгон иштерге, коомдук турмушка, адамдык мамилелерге, күнүмдүк тирликке тартуу деген сөз. Инсан — бул өз элинин ишине, болмуштун жаңы формаларын түзүүгө арналган массанын чыгармачылыгына белсемдүү жана аң-сезимдүү катышуучу, коомго пайдалуу болууга дили берилген граждан.

Тарыхый эс элдик дурус тажрыйбаны топтоого көмөк көрсөтөт. Ошентсе да тарыхты окуп үйрөнүү — бул дегеле өткөн турмушту эсте тутуу жана тарыхый материалдын мазмунун кайталап айтып берүү деген сөз эмес. Тарыхты үйрөнүү — өткөн турмушту андап түшүнүү, коомдук болмуштун закондорун таанып-билүү дегендик. Эгерде биз тарых — башка сабактар менен бир катарда — окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө түрткү берүүсүн кааласак, алардын ойлоосунун өз алдынчалыгын бардык чаралар менен активдештиришибиз керек. А эми бул үчүн эң оболу өз сабактарыбызда кайдыгерликке жана зериктирмеликке, сенсордук жардылыкка жол бербе-

шибиз керек. Окуучулар тарыхты үйрөнгөн кезде окуу материалын жадыбалдай. куру жаттабаса, тескерисинче «лирикага» берилип, өткөн турмуштун окуяларына жана адамдарына карата жекече мамилеси бар болуп, ошол өткөн турмуштун тажрыйбасын жакшылап өздөштүрүп алса, өткөн турмушту окуп үйрөнүүдө чын дилинен кызыкса, алар рухий бийиктикке көтөрүлөт.

С. М. Соловьевдин «Россиянын тарыхы» деген китебине акын Ярослав Смеляков мындай эң сонун кыскача ырын жазган:

Тактыкты талап кылат Тарых деген,
Тарых бул — желдин эмес, элдин жолу.
Ар сөзү жазылсын дейм капыл менен,
Азаптуу ар бир кыры, ар бир оюу.
Акылды пештеп аны сүйгүн деги,
Акылдан ажырап да сүйгүн мейли...

Мектептеги тарых сабактары жаш адамды байланыштуу ой жүгүртүүгө, чоң иштерге бел байлоону пайда кылууга, элдин залкар ишине тилектеш болууга, турмуштун жогорку маңызын Мекенге, коомго кызмат кылуудан көрө билүүгө түрткү берүүгө тийиш. Биз адамдар — Прометейдин отун алып жүрүүчүлөрдөнбүз. Биз мурдакы доорлордун издери менен баруубуз керек, бирок божомолдобостон баруубуз керек, а эми жаңы бытие түзүү үчүн бабалардын мурасын чыгармачылык менен өздөштүрүү керек. А эми мунун өзү укмуштуудай кыйын: жеке биринчи чыйыр салуучу адамга да жана биринчи чыйыр салуучу коомду бүт алганда да кээде зор сыноолор дуушар болот. Мындай мезгилдерде тарых дарыгердик роль аткарат жана көп нерсеге үйрөтө алат.

В. М. Шукшиндин «Мүрзөдө» деген аңгемесинин кейипкери болгон кемпир азыркы жаштар жөнүндө маектешине мындай дейт:

— Билбегендери жок, дүйнөдөгүнүн баарын эле түшүнгөнсүшөт, а эми жашай билишпейт. Ушундай эмеспи ыя?

Маектеши мындайча жооп берет:

— Аларга көптү билгенди ким коюптур! Билим жагында болсо... деле чети оюла элек да.

Кемпир:

— Нечендеген жылдар бою окуп жатышпайбы!

Маектеши:

— Окушса эмне экен? Кандай окушса, ошондой билишет да. Билим үчүн окуп жатышыптырбы?

Тарыхты окутуунун натыйжасы, башка өзгөчө сабактар, гуманитардык сабактар сыяктуу эле, ар бир окуучубуз-

дун ан-сезими менен жашоо-тиричилигинин шайкештиги болуп калууга тийиш. Бул эң эле кыйын педагогикалык милдет, бирок, эгерде ал орундалбаса, башкаларды чечүү мааниге ээ болбойт. Мектеп окуучулары тарыхтын болуп өткөн окуяларын закон ченемдүүлүктөрү, тарыхый процесстеги инсан жана масса, адамзат коомунун бардык өнүгүү этаптарындагы материалдык фактор, коомдун тарыхында эволюция жана революция сыяктуу негизги түшүнүктөрүнө ээ болушу абдан зарыл.

Мектепти мында нечен жылдар мурда бүтүрүшкөндөрдөн ар дайым мынтип сурайм:

Силер он жыл бою мектепте агарып-көгөрдүңөр. Силер андан эмне алып чыктыңар? Натыйжа кандай?

Жаш адамга жакшы мектептин таасири өлчөөсүз.

«Мектептен кийин мен билимди арбытуунун гана үстүндөмүн. Мунун себеби, мугалимдер мени ойлонууга үйрөтүшкөндүгүндө».

«Мектеп мени мааниликүү эки нерсеге: адамдар менен алакалашууга жана өзүмчө ой жүгүртүү үчүн өз алдымча билим алууга үйрөттү. Мунун бардыгы турмушума аябагандай керегин тийгизди».

Эки ар башка бүтүрүүчүнүн — алардын бири врач, экинчиси юрист болуп иштейт — бул сөздөрүндө кадыресе жакшы мектептин маани-маңызы билдирилген. Эң мыкты мектепти бүтүп чыккан, врач болуп иштеген дагы бир бүтүрүүчүнүн жообу мына мындай:

«Качан мен мектеп жөнүндө эстегенимде, көкүрөгүм сыймыкка толот; андан мен башым менен да, колум менен да, бирок бөтөнчө башым менен иштей билүүгө үйрөндүм».

Мындай мектептерден салтка айланган жолугушуу кечелеринде мектебине ыраазы окуучудан кээ-кээде төмөндөгүдөй сөздөрдү да угуп каласың:

«Өзүм өсүп-өнгөн мектебиме башымды ийип таазим этем. Мен рухий көрөңгүгө жана күч эмгегине үйрөткөн мугалимдерге өзгөчө милдеттүүмүн».

Мен эми мектеп бүтүргөндөрдүн жумушчу табынын катарына кошулгандарга: токарларга, куруучуларга, шоферлорго, турмушу чыгармачылык изденүүлөргө толгондорго кайрыламын. Алардан анан жалаң момундай сөздөрдү угамын:

«Мектеп мага акыл билимин берди, сабактар аркылуу илимдин азыркы кездеги өндүрүш үчүн органикалык түрдө керектүү экенине ынандырды. А эми жигердүү эмгекке таптакыр үйрөткен жок».

Балдар Ленинграддын жумушчу гвардиясынын мыкты өкүлдөрү менен жолугушуп, алардын сөздөрүн угуп, алардын макалалары менен китептерин окуп, эмгек баатырлары «жан үрөгөн мээнеткечтер» эмес; чыгармачыл адамдар, ойлоп табуучу жумушчулар экенин көрүп жатышат. Алардын бардыгы балалык, өспүрүм жана улан-кыз чагында эмгекке такшалуунун эң сонун мектебинен өтүшкөн. Жок, алар тегиз отличниктер болушкан эмес, бирок алардын адам катары калыптанышынын негизин окуу эмгеги түзгөн. Алар болмуштун эң маанилүү маселелерин күрч-кабылдашып кээде аябай түйшүккө батышкан. Дал ушул тааныш-билүүгө дилгирдик бул маселелерге жооп табууга, китепке үңүлүүгө, өз алдынча билим алууга түрткөн.

Азыркы кездеги адам өзүндө чыгармачылык күчтү козгоп, бардыгы колунан келгидей жөндөмдүүлүккө жетишет, башы ишке «бышып» калганда турмушка тойбос иш-аракетке ээ болот. Өз ишинин устаты болуу үчүн андан турмушту кайра түзүүчү өркүндөтүүчү каражатты көрүү үчүн илимге, маданиятка ээ болуу керек, бөтөнчө бир башкараак ой жүгүртүүнү өздөштүрүү керек. Бул үчүн күч-акылды толук жумшап иштөөгө үйрөнүү керек.

Биз өсүп келаткан муунду ар тараптуу информация менен камсыз кылууда чоң ийгиликтерге жетиштик, биз окуучулардын дүйнө жүзү жөнүндөгү билимдерин өркүндөтүүгө жетиштик, балдардын ылдам жана көп билүү мүмкүндүктөрүн арттырдык. Бирок азырынча бир башкача ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө, дүйнөнү кабылдоону кыйла интеллектуалдуу кылууга, мектеп окуучуларынын ойлоо жөндөмүн жогорулатууга азырынча али азыраак аракет жасоодобуз. Бул жаатта иштин чети оюла элек. Курчап турган дүйнөнү мандай-тер агызбай эле тааныш-билүүнү жаңы ушул жол менен биринчи чыйыр салуучулардын катарларын толуктоону каалагандар уламдан-улам көбөйүп, ал эми аларды башка жолго салуу уламдан-улам кыйындоодо.

Эмгекке «бышкан» баштан — эмгекке бышкан колго өтүү керек. Мектеп окуучуларын өндүрүмдүү эмгек процессинде эмгекке бышыктыруунун башка жолу жок: адам кандайча окуса, дал ошондой иштейт.

Биздин мектебибиздин өнүгүшүнүн кайсы бир баскычында жүйөсүз эле коркуу чындыктардан эмес, чындыктарды окуучулардын өздөрүнүн издөөсүнөн, өз алдынча коюлуучу суроолордон, окуу китептеринен, мугалимдин түшүндүрүүсүнөн кенедей эле четтөөдөн коркуу пайда болгон. Бара бара, аз-аздап отуруп чыгармачылык менен из-

денүүнүн руху биздин сабактарыбыздын көбүнөн жок болуп кеткен.

Өзгөчө мектеп реформасынын шарттарында келишүүгө болбой турган бул кемчиликти кантип жоюу керек? Анткени дал реформа жалпы билим жагынан даярдоонун деңгээлин чукул жогорулатууга, илимдин негиздерине чыгармачылык менен, активдүү жана өз алдынча ээ болууга бизди багыттайт эмеспи.

Реформа процентомания сыяктуу кемчиликти ылдамыраак жоюуну талап кылууда. Коюлган милдетти шашылбастан жана даанышмандык менен чечүү керек. Оор жана жооптуу окуу эмгеги канааттануунуу туудурат жана кесип алууга тикелей алып барат дегенге гана негизденбеши керек. Окууну мотивдештирүү керек — биз өзүбүздүн педагогикалык изденүүлөрүбүздү багыттоого тийиш болгон башкы нерсе ушул. Мектеп окуучуларында адамды, коомду жана жаратылышты тааныш-билүүдө рухий керектөөнү бапестеп өнүктүрүүгө өзгөчө маани берүүгө убакыт жетти, бул жерде мен мындан башка өтө тагыраак сөздү тандап алалбадым. Ошондо сабактарда ар бир чыныгы мугалим эңсеген чыгармачылык сезим эргиткен жагдайлар келип чыгат.

Өсүп келе жаткан адамды өнүгүүнүн жалпы процесстери, адамзаттын алгалаган кыймылынын закон ченемдүүлүктөрү гана кызыктырбастан, ошондой эле тарыхый адамдардын керт башы, алардын граждандык турпаты кызыктырып жатканын жыл өткөн сайын уламдан-улам катуурак сезип жатам. Эгерде окуучу тарыхый фактыларды, коомдук формацияларды, процесстерди акылы менен гана кабыл алса, ал, албетте, өзүн интеллектуалдуу жактан байытат. Ошондой болсо да сабак жарды болуп чыгат. Тарыхый билимдердин, пикирлердин, жалпылоолордун негизинде ичтен толгонуу, а кээ бир учурларда — катуу толкундоо пайда болгон кезде гана тарых сабагы өз ордун ээлейт. Чыныгы сабак бир эле учурда интеллектуалдуу да, эмоциялуу да болот.

Тарбиялануучулардын ой-пикири менен сезимдерине кандай жолдор менен таасир этүү жөнүндө ойлонуп отуруп дайыма мындай корутундуга келемин: зор коомдук процесстердин ички мазмунун терендете ача билүү жана улуу тарыхый адамдардын ажарын айкын-ачык сүрөттөө керек. Сабак окуучунун интеллектин, анын эмоциялык маданиятын, кыял чабытын, эске тутуусун өнүктүрүүнүн биринчи булагы болууга тийиш. А эми тарыхый эс — чыныгы патриотизмдин, өзүнүн улуу элинин өткөндөгүсүнө ар-

дактоо менен, ал тургай ардактуу мамиле жасоонун пайдубалы.

Менин шериктештерим окуучуларым! Мына бул сөзгө көптөгөн адамдар ишене беришпейт. Ал тургай, кээ бирлери минтишет: «Сабыр этиниз! Шериктештер дегениниз деги кандай! Эселек немелер шериктеш боло албайт! Билимдин кени, түшүнө билүү, акылмандык менде, жогорку педагогикалык билимдүү менде гана.

Мындай болгондо айтылган ойду эмне кылабыз. Далилдөөгө болбой турган жобону далилдегим келип жатпасын? Маселе татаал жана бир жагынан алганда талаштуу, а балким кычыктуу болушу мүмкүн. Мугалим али рухий жактан жетилип-жетиле элек балага чондор, ар тараптуу даярдыгы бар адам гана чече ала турган нерсени чечүүгө чеңемсиз ишеним көрсөтөт, ал балдардын чыгармачылык жөндөмүн өтө эле батымдуу баалайт.

Буйдалбастан эле минтип айтам: мен үчүн окуучу дайыма баш тамга менен жазылган Адам. Анда катылуу күчтөр өлчөөсүз көп. Аны ушуга гана бекем ынандырып, жогорку адамдык сапаттардын айкын билиниши үчүн шарт түзүү керек.

Ийгиликтүү чечилишине көптөгөн башка проблемалардын тагдыры көз каранды келген негизги жалпы педагогикалык жана айрым методикалык проблема окууга дилгирдик проблемасы бойдон калууда. В. И. Ленин «Философиялык дептерлеринде» дүйнөнү рухий өздөштүрүүнүн эки жагынын—рационалдуу жана эмоциялуу жактарынын биримдигин баса белгилеген: «Идея дегенибиз адамдын *таанып-билүүсү* жана умтулуусу (каалоосу)...»[1]

Лениндик мураста сезим аркылуу чындыктын маңызы айкындалат: «адамдын чындыкты издөөсү «адамдын эмоциясысыз» эч убакта болбойт, жок жана болушу мүмкүн эмес»[2] деген пикир бар.

Дал ошондуктан бизди көптөгөн окуучулардын тарых сабагына карата кайдыгердиги тынчсыздандырат. Биз балдарда тарыхый эсти, диалектикалык ойлоону жана жогорку адеп-ахлактык сапатты: ата-журтту чексиз сүйүүнү, жан аябай эмгектенүүнү, коом, адамзат жөнүндө ишкердүү камкордук көрүүнү калыптандырууга чакырылганбыз. Адам эмгектеги, таанып-билүүдөгү жана өз ара катнашуудагы ийгиликтери менен жогорку сезимдерге дайыма милдеттүү.

---

[1] *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы, 29-том, 177-бет.
[2] Ошонун өзүндө. 25-том, 112-бет.

Бирок көптөгөн окуучулар үчүн окуу иши, ошонун ичинде тарыхты окутуу өзүнүн чыныгы адамзаттык маңызы менен чыкпагандыгынын түпкү себеби кайда? Маселенин өзөгү мектепте окуучунун туура эмес абалда тургандыгында: ал билимди окуу китептеринен жана мугалимдердин айтып бергендеринен алат, жаттайт, кайталайт, даяр билимди, бирөөнүн билимин кайталап айтып берет. А эми мындай билим адамга өзүнүн жеке рухий дүйнөсүн түптөөсүнө аз жардам бере алары түшүнүктүү. Мына бул пикирди текшерип көрөлү.

Ондогон жана жүздөгөн сабактарга жыл сайын катышып отуруп, дайым балдардан минтип сурайм: «Силер тарых сабагына авторлош болгон учурлар, башкача айтканда, мугалим менен бирдикте сабактын темасын жана анын максат-мүдөөсүн аныктоого, мазмунун пландоого жана сабакты уюштурууга, ошондой эле суроолор, кошумчалоолор, аңгемелер менен мугалимди сабактын жүрүшүн өзгөртүүгө аргасыз кылган учурлар болгон беле?» Көбүнесе: «Жок андай болгон эмес» деген жоопту угамын.

Бул суроодон кийин экинчи суроо пайда болот: «Силер тарых сабагында эмнелерди иштегенди жакшы көрөсүнөр?» Дээрлик бардыгы: «Мугалимдин сөзүн укканды» деп жооп беришет. Көптөгөн мугалимдер айтып берүүнүн устаты жана көркөм окуунун устаты болгону эң сонун: чыныгы мугалимдин сөзү — алтын. Бирок окуучулардын өзүлөрүнүн эмгеги кайда кеткен? Алар эмне үчүн аңгемелешүүлөргө жана диспуттарга, семинарларга жана конференцияларга катышканды, окуу китеби менен өз алдынча иштегенди, биринчи булактарды үйрөнгөндү, жазуу жүзүндөгү чыгармачылык иштерди аткарганды, билдирүүлөрдү жана докладдарды даярдаганды, тарыхтын башка илимдер жана искусство менен байланыштарын аныктоону жакшы көрүшпөйт?

Сөздүн түз маанисинде ой жүгүртүүнү талап кылган милдеттерди уга билүү жана өз бет алдынча чечүү бирдей эле нерсе эмес. Татаал маселелерге жекече табылган жооптор гана чыныгы билимге айланат. А эми психологиялык жактан жагымдуу шарттарда сабактан сабакка мугалимдин сөзүн угуу — бул рухий маданияттын негиздерин өздөштүрүүдө оңой жолго качыруу дегендикке жатат.

Көп мектеп окуучуларында өмүрдүн ушул мезгилинин негизги ишин — окууну — мүмкүн катар мыкты, мүмкүн катар ак ниет, мүмкүн катар талаптуу орундатууга умтулуу жок. Таанып-билүү эмгеги эмес, жөн эле жеңил-желпи мамилени көбүрөөк байкайбыз. Мунун натыйжасы жокко

тете. А эми «Илимди эмнеге ушунчалык жаман өздөштүрөмүн! Менин окуум эмнеге чыныгы окуу эмес!» деп кейип-кепчип уялуу дегеле болбойт? Көпчүлүк окуучулар аябагандай чымырканууудан улам баш «кецгиреген» абалдын эмне экенин билишпейт. Бул болсо түшүнүктүү: окуунун оюн катары өткөрүшүп, окушпайт. Төрөпейилденишет, эмгектенишпейт. Көп учурда эмгектенимиш болушат. Коомго мыкты турмуш үчүн күрөшүүгө жөндөмдүү, даяр оокаттын бардыгына маашыркабаган, эмгектенүү менен өздөрүнүн потенциалдуу чыгармачылык күчтөрүнүн бардыгын ойготууну самаган, эмгексиз ыракатка качырбаган адамдар керек. Булар жөнүндөгү сөздөр тажатып бүтүрдү, бирок проблема чечилбей жатат, жок боло элек. Демек, биз окуутарбия процессинде бирдемени эске албай жатат окшойбуз. Окуучуларды жемелейбизби? Бардык нерселер үчүн аларды күнөөлөйбүзбү? Мындан натыйжа чыкпайт. Демек, аларды башкача окутуу керек.

Окуучулардын ынтаасыздыгы тескери, жасалма педагогикалык шарттардын кесепети: окуучунун мээси көбүнесе ишсиз абалда болот. А эми курчап турган чөйрөнү таанып-билүү адамдын тубаса мүдөөсү болот.

20 жылдай бою жогорку класстагылардын төмөндөгүдөй суроолорго берген жооптору чогултуп жана талдоого алып келатабыз: «Силер тарыхый билимиңер үчүн сабактын кайсы түрлөрүн өтө кызыктуурааК, үлгү болорлук, баалуурааК деп эсептейсиңер: а) ацгеме сабагынбы; семинар сабактыбы; в) диспут-сабактыбы; г) лекция-сабактыбы; д) окуу китебинин текстин үйрөнүү сабагынбы; ж) тарыхый-адабий чыгармаларды көркөм окуу сабагынбы? Көрүнүш дайыма эле бир жактуу: сабактын дал эле ой жүгүртүүгө, өз алдынча иштөөгө, фактыларды, окуяларды, кубулуштарды башкача карап чыгууга түртkү берген түрлөрү жогорку класстардын окуучуларына өзгөчө жакын келет. Буларга ацгемелер, семинарлар жана өзгөчө диспуттар кирет.

Бүгүнкү күндөгү эң эле башкы педагогикалык милдет— окуучуларды, алардын ичинде таанып-билүүнүн даяр жолуна берилип акыл эмгегин өз алдынча аткарганды жакшы көрбөгөндөрдү; мугалимдер менен окуу китептеринин авторлорунун иш үзүрүн пайдалангандарды өзүбүздүн кызматташтарыбызга айландырууда турат. Рухий керектөөчүлөрдү чыгармачыл кызматкерлердин катарына талыкпай тартуу керек. Бул жагынан учу-кыйырына көз жетпеген педагогикалык дың жатат. Ал дыңды кантарып, эгин эгип, иштетүү жагы алдыда турат. Бул үчүн бардыгынан

мурда биз, мугалимдер өзүбүздүн психологиябызды өзгөртүүбүз керек. А бул жеңил-желпи иш эмес.

Мектеп майданындагы өзүмдүн алгачкы кадамдарым дайыма эсимде. Көп окуучумун. Окуучуларга ар кандай цифраларды, легендаларды жана аңгемелерди шатырата жаадырып турууну ушундай бир эңсеп турар элем. Өзүмдүн ушундай толгон материалдарга ээ болгондугума кубанып, жаш угуучуларга ошол материалдарды айтып берүү жана тарыхтын закон ченемдүүлүктөрүн түшүндүрүп берүү мүмкүнчүлүгүмө аябай ырахаттануучумун. Балдарга өзүмдүн кеңири билимимди, өткөндү жана азыркыны көрө билүүмдү, ыймандай сөзүмдү тартуулар элем. Балдар менден түгөнгүс кенчти табышты. Менин сөзүмдү алар жөн эле арбалгандай ыклас менен угуп жаткан учурлары болучу. Менин сөзүмдү угуп отурганда кээ бирөөлөрүнүн оозу ачылып калчу. Кээде мага: алар рухий азык алууга тумшуктарын ачып турган чөкө-таандарга окшоп кетүүчү. Бирок мен жыйынтык чыгарганда көп убакта эле: «тескери байланыштын» жок экени байкалчу. Тарбиялануучулар суроолорду кое билишчү эмес, проблемаларды так белгилей алышчу эмес, кыйынчылыктарды баамдап, эчаккы иштелип чыккан, адаттагыдай жол менен чыгууга болбой турган кырдаалдарды так белгилей билишчү эмес. Бул болсо менин аларга даяр билимди берүүмдүн эсеси эле: балдар бирөө чайнап бергенди гана «жута» билишчү. Ошондо азаптуу ой-санаалар башталуучу.

Өспүрүм чагымда мага улуу француз жазуучусу Франсуа Рабленин «Гаргантюа жана Пантагрюэль» деген романын окуу ырахаты туш келген эле. Менин эсимде калганы «Телемиттердин турмуш образы кандай болгондугу жөнүндө» деген глава эле. Мени таңгалтырган төмөнкүлөр эле:

«Алардын бүт турмушу законго, уставга жана эрежеге баш ийбестен, алардын өз көөнүнө жана каалоосуна жараша болчу: Алар каалаган убагында турушкан, тамак-аш ичишкен, укташкан; эч ким аларды ойготкон эмес, бирдеме ич-же деп эч качан кыйнаган же башка бирдеме жаса деген эмес. Мындай тартипти Гаргантюа киргизген. Алардын уставы бир гана эрежеден турган: эмне кааласаң, ошону жаса, анткени жакшы эне-атадан туулган, билимдүү, жакшы коомго тийиштүү эркин адамдарда табияттын өзү тубаса сезимди жана түрткү болуучу күчтү энчилеп берет, бул болсо аларды ар дайым жакшы ишке үгүттөп, жаман иштен алаксытып турат, ал эми бул күч болсо аларда абийир деп аталат. Бирок ошол эле адамдарды ыплас зордук менен мажбурлап басмырласа, алар

ыктыярдуу түрдө жакшылыкка умтулган асылзат дем-күчүн кулчулуктун моюнтуругунан кутулууга жумшашат, анткени биз эзелтеден тыюу салынгандарга кызыгабыз жана бизге кол жеткистерге жетүүнү эңсейбиз».

Ошол эркиндиктин аркасында телемиттерде, кыязы, алардын кимдир-бирөөсү каалаганды бардыгы жасагысы келген мактоого татыктуу умтулуу пайда болгон.

«...Алардын баары аябагандай маалыматтуу адамдардан болушкан, алардын арасында окуй билбеген, жаза билбеген, музыкалык аспапта ойноп билбеген, беш же алты тилде сүйлөй билбеген жана ошол тилдердин ар биринде ыр, аңгеме жаза билбеген бир да эркек жана бир да аял болгон эмес».

Бул үзүндүдө мени аябай таң калтырганы — алардын ар бири өзү үчүн да, башкалар үчүн да мугалим боло билгени. Анан ошол эле учурда мындай бир ойго келдим: Сабактарды өзгөртүү жолун ушул багытта издеген туура болбосун.

Болжолу мына ушул убакта менин педагогикалык көңүлүм байыркы заманга, атап айтканда, Сократка кайрылган эле. Сократ жөнүндө жазган авторлордун жамысы мындай дешет: маданиятка тартылуу Сократ менен жолугушууга катышкандардын ортосундагы кызыктуу аңгемемаек түрүндө жүргөн; суроо-маселелер диалектикалуу жана диалогдуу каралган. Аңгемелешүүчүлөр биргелешкен күч-аракет менен проблемалуу кырдаалдарды аныкташып, карама-каршылыктарды айкындашкан, талдоо жолу менен аларды чечүүнүн жолун табышкан. Аңгемелешүүчүлөр талашка чыгышкан, бирок талашууну макулдашып, чогуу алып барышкан. Мунун өзү чатакка айланган эмес. Сократ өзүнүн угуучуларын окуучуларым деп, а эми өзүн алардын мугалими деп эсептеген эмес. Алардын ар бирин өзүмдүн досум деп билген да, ага даяр акыйкатты берген эмес, кайра аны менен бирге келип чыккан суроолорго жооп издеген жана ал суроолорду мурда өздөштүрүлгөн рухий байлыкка таянуу жана бул байлыкты өзүнүн чыгармачылык дараметн аркылуу байытуу жолу менен чечкен. Бул рухий маданиятты чындап өздөштүрүүнүн жолу эле.

Бир курдай мага Л. Н. Толстойдун педагогикалык чыгармаларын жана ал жөнүндөгү эскерүүлөрдү окуп чыгууга кеңеш беришти. Мен гениалдуу жазуучунун китебин ачып, «Балдар сабак алууга келет, мен да алар менен кошо окуймун» деген саптарды жолуктурдум. Бул мени таң калтырды. Сабатсыз жана тарыхый шарттардын аркасында өзүлөрүнүн жөндөмүн өнүктүрбөгөн айыл-кыштак бал-

дарынан даанышман адам кантип үйрөнсүн? Бирок мен Л. Н. Толстойго ишенбей койбодум. Ошентсе да анын пикирин досторума, тааныштарыма, кесиптештериме айтканымда, бирдей жооп уктум: «Алар менен окуймун дегени— бул жөнүнчө эле сөз». Мени бул иренжитти. Мен шашылбастан — адатта ылдам окусам да — эскерүүлөрдүн эки томун тең окуп чыккым келди. Славян тилин изилдөөчү француз окумуштуусу Поль Буайэнин аңгемеси менин көңүлүмдү бурду, ал 1901-жылы Лев Николаевичтин мурдакы окуучусу менен жолугушуп, бул окуучунун сөзүн угуп отуруп, кандай ыраазы болгону жөнүндө Толстойго айтып берген. Мени Л. Н. Толстойдун жообу кубандырды: «Туура, бул адамдар да устаттар... Мен алардын сөздөрүнүн баарын калтырбай белгилеп өткөм... «Караңгылык бийлиги» деген чыгарманы жазуу үчүн мен өзүмдүн жазып алгандарымды кеңири пайдалангам...».

Андан соң мен окугандарымдан таптакыр күтүлбөгөндү жана ал тургай укмуштуу нерселерди билдим. Көрсө, өзү сабак берип жүрүп, фольклордон классиканын чыгармаларына карата «өткөөл адабиятты» табууга туура келгенде, ал балдардын жардамын пайдаланбай кое алган эмес экен. Ал бир катар чет өлкөлүк жана орус китептерин тандап алган, бирок алардын бардыгын кайра ондоп чыгууну талап кылгандай өндөнгөн. Ошентип Л. Н. Толстой ал китептерди өркүндөтүүнүн адаттагыдан башкача жолун тапкан: мугалим өзү тандап алган чыгарманы окуп берген, ал эми окуучулар окулганды кайра айтып беришкен, өзүлөрүнүн жеке сын-пикирлери менен кошумчаларын кошуп кайра айтып беришкен. Бүт класстын редакциялоосунан өтүп, сунуш этилген текст жазып алынган. Л. Н. Толстой «Азбуканы» жана «Окуу китебин» түзгөн кезде, ушул уникалдуу ыкты пайдаланыптыр. Андан ары карай ал ыкты элге арналган бардык чыгармаларында пайдаланган.

Ойлонуп көрөлүчү! Теоретиктер да, мугалимдер да — бардыгыбыз ойлонуп көрөлүчү! Мен болсо өзүм үчүн олуттуу сабак алдым — балдарга өйдөдөн да, төмөндөн да карабоого, а аларды тең катар көрүүгө, аларды окутууга жана алардан окууга сабак алдым. Ушуга байланыштуу Ленинди «Мамлекет жөнүндө» лекцияларынан маанилүү төмөндөгүдөй жобону эске түшүрөлү: «эгерде сиз бул маселе боюнча өз алдыңызча териштире билүүнү үйрөнө алсаңыз, ошондо гана сиз өзүңүздүн ынанымыңыздарды бекем деп эсептей аласыз жана ал ынанымыңыздарды кимдин алдында болсун жана кайсы убакта болсун толук ийгиликтүү коргой аласыз».

Ленинграддагы А. И. Герцен атындагы мамлекеттик педагогикалык институттун СССРдин тарыхы боюнча методисти Изабелла Васильевна Гиттис 1959-жылы менин IV класстагы тарых сабагыма катышып калды. Сабактын темасы сүйүктүү темам — «Декабристтердин көтөрүлүшү» эле. Чын ыкласым менен даярдангам. Менин ангемем балдардын көңүлүн бийлеп алды, алар дымырабастан угушту. Сабактан кийин Изабелла Васильевна менден минтип сурады: «Кана, Татьяна Васильевна, сиздин пикириңиз боюнча, сабак ийгиликтүү болдубу?» Мен: Ийгиликтүү болду. Мен бардыгын айтып, көрсөтүп үлгүрдүм» дедим.

— А эми балдар эмне иштешти? — деп сурады андан соң Изабелла Васильевна.

— Эмнени иштеди дегениңиз кандай? Угуп отурушту.

— Чын, угуп отурушту, бирок иштешкен жок.

— Алар менин суроолорума жооп берип жатышпадыбы!

— Сиздин суроолорунуз репродукциялык мүнөздө болду.

Анан Изабелла Васильевна эки саат бою менин сабагымды талдап чыкты. Ал менин жетишкендигим жана кемчиликтерим жөнүндө айтып, ошол эле замат маселени кандай коюп, айтып жатканда кайсы жерге тыным жасоо керек экенин көрсөттү. Менин ыңдыным өчкөнүн көрүп, Изабелла Васильевна капыстан жаштарча жарк эте жылмайып мындай деди: «Дегинкиси, Татьяна Васильевна, сиз акылыңыз жетик, азамат экенсиз. Сиз өз сабагыңызды жакшы көрөт экенсиз, көп билет экенсиз. Сиздин колуңуздан баары келет экен. Сиз балдардын оюн чындап түшүнүп, аларды жакшы көрүшүңүз керек, анан, кийинки сабакты сиздин класста менин өткөрүшүмө уруксат берсеңиз кантет». Ошентип кийинки сабакта менин классымда И. В. Гиттис мугалимдик кылды. Жумшак үнү, укмуштуудай мээримдүү көздөрү, ажарлуу жылмаюусу заматта балдарды тартып алды. Ал окуучулар менен шашылбастан ангеме өткөрүп, дайыма алар менен акылдашып жатты. Ошентип окуучулардын бардыгы, а тургай эң эле тартынчаактары сөзгө аралашышты, ал эми сабактын аягында өзүлөрүнүн жаңы мугалимине таптакыр берилип калышты. Ага көптөгөн, мейли так аныкталбаган, тайкы суроолорду берүүдөн ийменбей калышты. Ушул азыр да ошол класстагы жабалактап көтөрүлгөн колдор мени өз окуучуларымды кадырлоого жана түшүнүүгө үйрөткөн таланттуу педагог И. В. Гиттисти көз алдыма тартат. Кийин Изабелла Васильевнадан дайыма консультациялар алып турдум, ал менин сабактарыма катышып жүрдү (а эми менин саба-

гыма келип турушу ага кыйыныраак болучу: негизги иши институтта болуп анан катуу оорукчан эле).

Ошентип IV класста СССРдин тарыхы боюнча кайталап-жалпылоочу сабактын учуру келди. Бул сабакты даярдоону Ленинграддагы А. И. Герцен атындагы педагогикалык институттун студенттери чакырылгандыгына карабастан, Изабелла Васильевна толук бойдон мага тапшырды. Сабак дурус болуп чыкты. Изабелла Васильевна сабактын аягында мени, окуучуларды мактап, минтти:

— Бир жыл бою, балдар, мен силердин сабагыңарда болдум, эми мен силер тарыхты жакшы биле турганыңарга ынандым. А эмне үчүн ынандым? Ким жооп берет?

— Биз тарыхты жакшы көрөбүз.

— А эмне үчүн?

Изабелла Васильевна балдарга суроолор бергенде, алар анын «эмне үчүн?», «ким!», «качан?», «кантип?», деген жана у. с. суроолоруна кызыгуу менен жооп бериштн. Изабелла Васильевнанын дүйнөдөн кайтканына көп жыл болду. Мен 1965-жылы 431-мектепте тарых мугалими болуп иштей баштаганымда, анын кеп-кеңешинин жетишкенин айт! Изабелла Васильевна Гиттис балдарды чыныгы чыгармачылык ишке тартууга үйрөттү, окуучу мугалим сыяктуу эле, окуу-тарбия процессинин жаратуучусу экенин иш жүзүндө көрсөткөн. Ал окуучуларды мугалимдин соратниги жана сабакты бирге жаратуучу деп билген. Изабелла Васильевна менен мамилелеш болуп жана андан үйрөнүп отуруп, мен сабактын натыйжалуулугу окуучулардын өзүлөрү чындыкты өз алдынча издөөгө кайсы бир даражада тартылгандыгы менен көп жагынан аныктала турганын түшүндүм. Билимди өз алдынча көтөрбөсө чыныгы окуу болбойт жана окуу болбосо билимди оз алдынча көтөрүү болбойт.

Ленинграддагы 431-мектептин директору В. К. Моровиков билими боюнча биолог болуп туруп, менин сабактарымды кандайча кылдат талдоого алганын эсиме саламын. Ал кыраакы, баамчыл көздөрү жайдары карап, минтип айтты:

— Билесинби? Менимче, «Жаңы адамды тарбиялоо» деген тема боюнча сабак-диспут уюштуруу керек. А эми суроолорду окуучулар өзүлөрү коюшсун. Аларга келерки сабакта тапшырма бер, суроолорду ойлонуштуруп көрүшсүн. Анан бул диспутка санжыргалуу адамдарды чакыр.

— А кимди, Виталий Карпович?

— Чогуу ойлонуп көрөлү. Мына, мен сага деп тема боюнча бир топ китептерди жана макалаларды тандап койгом. Карап көр, балким, пайдалуу бирдемелер бардыр.

Кечинде мен китептерди, макалаларды карап чыктым, анан пландар, ойлор пайда болуп, келечектеги сабак-диспут көз алдыга тартылды. Мен Виталий Карповичтин пикирин, кеңешин угуу үчүн, жаңы сунуштарым менен ага келдим. А эми дурус өткөн сабак-диспуттан кийин анын картаң көздөрү кытмыр жүлжүйдү да, анан ал мага карап көзүн кысып көңүлү куунак сүйлөдү: «Эми биз мындан да сонун диспуттарды өткөрөбүз, убакыт гана керек». Бирок убакыт болбой калды, бул эң сонун директор, таланттуу педагог жана эң сонун адам менен аз гана иштеп калдым. Виталий Карпович мени сабактардын, диспуттардын, кечелердин оптималдуу варианттарын дайыма изденүүгө үйрөттү. Ал дайыма минтип баса белгилөөчү: «Тарых мугалими — мектепте борбордук фигура». Мен мектептеги идеялык саясий, адеп-ахлактык тарбия маселелерин көп жагынан мага, менин сабактарыма, саясий информацияларыма, конференцияларга, кечелерге байланыштуу экенин түшүнчүмүн. А эми даярдануу үчүн убакыт ушунчалык жетишсиз болучу? Анда да директор жардамга келчү.

— Сенде,— деп үйрөткөн ал,— ондогон жардамчылар бар экенин унутпа. Сенин саясий информаторлоруңа алардын бири, эң эле ишенимдүүсү, эң эле жоопкерлүүсү башчылык этсин, ага түйшүктөрүңдүн жарымын жүктөп кой. Ар бир класста бир нече ассистенттерди шайлап кой, алар картаны же картинканы илип, классты эле желдетпестен, ошондой эле өзүнүн катарындагылардын кимиси кандай окуганын, эмнени окуганын текшеришсин, анан бир нече мүнөт ичинде булар жөнүндө сага маалымат беришсин. Ошентип ар бир класста сенин 6—8 тарых мугалимиң болот. Ата-энелерди, кайталайм ата-энелерди бат-бат катыштырып тур. Бул деген чоң күч эмеспи?

Ошентип менин окуучуларымдын ата-энелери ар жекшембиде балдардын бир аз тобун алып Эрмитажга да, Александр-Нева лаврына да, Петропавловск сепилине да ээрчитип жөнөшчү, Петродворец менен Павловскиге алып барышчу, шаардын көчөлөрүн кыдыртып экскурсияга чыгышчу. А эми жылдын аягында «Өз шаарыңды билесиңби?» деген конкурстарды өткөрүшчү. Мен 431-мектепте жакшы университеттен, Моровиковдун университетинен өттүм. Эгерде ар бир мугалимге өзүнүн Моровикову жолукса кана?

Эми мен биздин педагогикалык оор кеселдин диагнозун өтө так коюп, аны дарылоонун каражаттарын таба аламын. Бул эмне деген кесел жана дарылоонун каражаттары кайсылар?

Диагнозу: мектеп окуучулары чыныгы чыгармачыл иш-ке сейрек тартылышат, татаал маселелерди өз бет алдынча чечүүгө өз жөндөмдөрүн көнүктүрүшпөйт; алар көбүн эсе билимди даяр түрүндө алышат, аларды эстеринде сактап калышат да, кайта айтып беришет, алар мугалим түзгөн сценарий боюнча окуп эмгектенишет: алардын ролу — оркестранттардын, сценарий аткаруучулардын ролу, акыры келип класс бир актердун театрын эске салат, окуучу — окуй жана тарбиялана турган жан болуп гана кала берет, ал — курчап турган дүйнөнү таанып билүү процессинин субъектиси эмес, объектиси бойдон калат: анын жармач позициясы — окуу-тарбия процессин уюштурууда башкы кесепет.

Дарылоо: окуучу окуу-тарбия процессинин мугалимден кем эмес маанидеги катышуучусу, анын чыгармачылык көрөңгүсү зор, ошондуктан дүйнөнү ачып билүү процессин мугалим окуучуларды үйрөтүп, а эми окуучулар — бирин бири жана мугалимди үйрөткөндөй уюштуруу табигый көрүнүш: өзүнүн окуучуларынан мугалимдерге, кандайдыр бир даражада кесиптештерине айланткан мугалим бүгүнкү күндүн мугалими: мугалим жөн эле пикирдештери менен эмес, соратниктери менен курчалган мектеп гана чыныгы мектеп: таанып-билүүгө дилгирлик маалыматтын мазмунуна гана байланыштуу болбостон, ошондой эле окуучулардын окуу процессин уюштурууга катышуусуна байланыштуу болот. Окутуунун натыйжалуулугу окуучулардын өзүлөрү кайсы бир даражада чындыкты өз алдынча изденүүгө катышкандыктары менен аныкталат: өз алдынча билим алуусуз чыныгы окуу жана окуусуз өз алдынча билим алуу болбойт, ошондуктан ар бир сабакта окутуунун жана өз алдынча билим алуунун биримдигине жетишүү керек.

Билимди керектөө эмгегин көнүлсүз деген окуучулардын интеллектуалдык жигери өзүнүн таанып-билүүдөгү активдүүлүгүнө, өз алдынчалыгына жумшалсын. Активдүүлүк болсо тынчсыздандырган маселелерди чечүүдөгү мүдөөлөштүк менен аныкталат. Окуучуларды суроо коё билүүгө же жок эле дегенде алар жөнүндө ойлонууга үйрөтүү — биздин парзыбыз.

Окуучуларда ар дайым акылга чакыроону козгоп жана аларда курчап турган дүйнөгө карата «суроочул» мамиле жасоону өнүктүрүү зарыл. Мындай мамиле жасоо өзгөчөлүү, чыгармачыл, дилгир адамдарга таандык. Мисалга, В. Г. Белинскийди эске түшүрөлү, ал качан кандайдыр бир «каргашалуу маселени» чечүүнүн үстүндө «күндөп-түндөп» отурганда «делбеленип» кетүүчү.

«Аны азапка салган,— деп эскерген И. С. Тургенев,— уйкудан, аштан калтырып, отко-чокко салган күнөм сапоолор эле, ал алаксууга өзүнө жол берген эмес жана чарчаганды да билбечү... Мен чарчап чаалыгып кетүүчүмүн... менин эс алгым келчү, сейилдеп келүү жөнүндө ойлочумун, тамактангым келчү, Белинскийдин аялы болсо эринеп да, менден да алиги талашууларды бир аз кое турууну, эч болбосо убактысынча токтото турууну жалбарып суранып, врачтын айткандарын күйөөсүнүн эсине салчу, бирок Белинскийди сөзгө келтирүү оной-олтоң эмес эле.

— Биз кудайдын бар экендиги жөнүндөгү маселени али чече элекпиз,— деди ал бир жолу мени жемелеп,— а сиздин болсо тамак ичкиниз келет!..»

Чындыкка карата «суроолуу» мамиле жасоо сыяктуу бактылуу шыкка ээ адамдарда турмуш суроолордун тизмегиндей тургандай көрүнчү.

Баланы сурай берип тажатчулар дешет. Бул калетсиз. В. Песков чоң эне менен небереенин ортосундагы дайыма болуп берүүчү аңгемени мындайча көрсөткөн;

— Чоң эне, бул жыгачтын кумубу?

— Жок, бул таарындылар.

— Чоң эне, а гүлдөрдү ким боёп койгон?

Суроолор артынан суроо туула берет:

— Чоң эне, а эмне үчүн ат гүлдөрдү тиштеп жеп жатат?

Чоң эненин эс алгысы келди. Ал чөптүн үстүнө түйүнчөгүн жайып, помидорду, нанды, алманы алып чыгып койду.

— Лена, Лена!

Лена болсо жалбыректардын астынан үлүл таап алды.

— Чоң эне, бул эмне?!

Бирок улам жыл өткөн сайын ажайып дилгирлик басаңдайт. Бул кайгылуу көрүнүштүн себеби — кээ бир окуу жайларында окуу-тарбиянын туура эмес коюлгандыгында. С. Я. Маршак бул жөнүндө өзүнүн миниатюраларынын биринде мына мындайча айткан;

«Эмне үчүн?» деп сурай берчү чондордон,
Аны кичик «философ» деп коюшчу.
А бой тартып, эс акылы толгондо,
Суратпастан жооп беришчү болушту.
Кудай жалгап, жакшы иш болду быйыл бу —
«Эмне үчүн?» деп тажатканы тыйылды...

Жалаң гана информациялык, тагыраак айтканда, ал тургай материалды көрсөтмө баяндоого негизделген окуу-

тарбия процесси адамда чындыкка, илимге, искусствого «суроочул» мамиле жасоону начардатат, далайдан бери суу алынбай калган кудук сыяктуу соолутуп коет. Бара-бара курчап турган чөйрө ал үчүн суроолордун жана проблемалардын булагы болуудан кала баштайт. Адам өзүнөн өзү айкын болуп турган чөйрөдөн башкача маани-маңызды издегиси келбейт. Анын билими күнүмдүк боло берүүчү негизинен тиричилик жагдайынан алынган, көрүнүштөрдүн сырткы белгилерин сын көз менен карабай аңкоо кабыл алган, топтолгон догматтардан турган билим боло баштайт. Ал шек саноолордун кыйноосун тартпайт.

Окуучуда турмушка карата «суроочул» мамиле жасоону өнүктүрүүгө болобу? Болот. Анын далили — жаштардын көрүнүктүү насаатчыларынын ишкердиги, алар өзүлөрүнүн тарбияланууучуларында дилгирдик, терең ойлоочулук жана сынчылдык, көндүм болгондон башкача ой жүгүртө билүүчүлүк сыяктуу сапаттарды колдошкон жана атайылап калыптандырышкан. Илим менен искусствону эң сонун пропагандалоочу А. И. Герцен өзүм жаштарга тигил же бул маалыматтарды билдиргенден, кайсы суроолор болбосун даяр жоопторду бергенден көрө аларды сурай билгенге үйрөтүүнү каалар элем деп айткан. Платондун академиясын да, Аристотелдин лицейин да эске салсак айып болбойт, бул академия менен лицейде билим берүү мугалим менен окуучулардын ортосундагы тикелей аңгемелешүү формасына айланган.

Окуу сөздүн өз маанисинде алганда окуучуларды курчап турган чөйрөнү таанып-билүүгө дилгир кызыгуу болгон кезде ишке ашат. Кызыгуу рухий бийиктикке алып баруучу ачкыч. Сабактарда ал канчалык аз болсо, биздин педагогикалык ийгилигибиз ошончолук аз болот.

Ондогон тарых жана коом таануу сабактарына жыл сайын катышып, көбүнесе балдардын жүздөрүнөн кайдыгерликти байкап, бир эле нерсени көрөм: өткөн мезгил өзүнчө бир баалуу нерсе катары берилип азыркы учур менен жана келечек менен байланыштырууга далалат жасалбайт. Натыйжада тарых учурду талдоонун жана келечекти алдын ала көрө билүү үчүн илимий база боло албайт да окуучуларда, натыйжада өткөн мезгилдин азыркы учур менен байланышын баамдабай калышат.

Бир нерсе айкын: бүгүнкү күн тарых сабагына күрдөлдүү кирүүгө тийиш. Бирок кантип? Бул эң татаал маселе. Мен бул маселени чечүүгө батына албайм: буга даяр эмесмин. Бирок менин ишимдеги кээ бир нерселер кесиптеш жолдошторума керек болуп калат го деп ойлойм.

СССРдин педагогикалык илимдер академиясынын Жалпы педагогика илим-изилдөө институтунун илимий кызматкери В. Е. Храпов менин тажрыйбамды изилдеп көрүп мындай деп сурады:

— Жума бою сиздин сабактарыңызга катышып жүрүп, менин көңүл бурганым: сиз, бардык насааттарга карабастан, сабак баштоого шашылбайт экенсиз. Бирде окуучуларга Станциялык бекетчинин музейине жасалган экскурсия жөнүндө айтып берсеңиз, бирде алар менен «Литературная газетадагы» макаланы талкууладыңыз, бирде кайсы бир проблемаларды чечүүгө кириштиңиз. Бу эмне балдарды өзүңүз менен кошо рухий бир нукка сала турган педагогикалык өзгөчө ыкмабы?

Мен № 2 мектеп-интернатта бирге иштеген Александра Ивановна Бельскаяны эстедим. Александра Ивановна — башталгыч класстардын мугалими болуучу, анын турмушу жеңил-желпи эмес эле: өзү катуу оорулуу болучу, күйөөсү инвалид, эки баласы бар эле. Александра Ивановна уйкусуз түндөн кийин класска дайыма күлүп-жайнап кирип, бул жагымдуу жылмаюусун жаш, тажрыйбасы жок бизге да тартуулачу. Дайыма тыкан, жакшынакай кийинип, жарашыктуу жүрүүчү — биз аны ушундайча көрүп жүрдүк, окуучулардын эсинде да ошо бойдон калды.

«Кечээки күндү биз кандайча өткөрдүк?» — ал эртең менен өз сабагын ушундайча баштоочу. Балдар өзүлөрүнүн өкүнүчтөрү менен кубанычтарын айтып беришчү, андан ары сабак жүрүүчү, сабакты эми жөнүнчө эле педагог алып барбастан, балдарга эң жакын адам алып баруучу. Александра Ивановна: «окуучуларды мен өзүмдүн бир пикирдештерим деп билем, ар биринен инсанды көрөм» дээр эле. Ал мени да ушуга үйрөткөн.

Тарых — бул мурдаакы же кечээки эле күн эмес, ал бүгүнкү да күн. Өткөндү жакшы билүү менен биз азыркы учурду жакшыраак түшүнөбүз жана келечекти жакшыраак элестетебиз.

Ошентсе да сабакка азыркы мезгилди дайыма киргизип, анын жүрүшүн биздин доорубуздун духу менен толтуруу керек. Бул жерде жол бирөө гана — программанын горизонтторун кеңейтүү, коомдун жүрүшүнө же окуяларга өз убагында күн сайын үн кошуу, сабакка темадан тышкаркы маалыматтарды киргизүү.

Кимдир бирөөнүн илимий кабарды, макаланы, брошюраны, китепти окуганы, адабий чыгарма, фильм спектакль менен таанышканы, көрүнүктүү окумуштуу, жазуучу менен жолугушканы, техникалык жетишкендиктердин жана ис-

кусствонун көргөзмөсүндө болгону жакшы, ошо замат класстагылар бул жөнүндө биле алышат.

Азыркы кезде болуп жаткан олуттуу эч бир нерседен: тарыхчылардын конгресси, мамлекеттик ири ишмерлердин жолугушуусу, археологиялык жаңы казуулар ж. б. у. с. нерселерден биздин мектептин тарых кабинети, окуучулар кабарсыз калбайт. Ошентип окуучулар тарых жана азыркы күн проблемасынан кабардар болушат. Мына ушундайча турмушка тарыхый жактан аралашуу балдарда биздин убагыбызга кулак сала билүү жөндөмүн иштеп чыгарат. Класстагы маанайдын өзү тарыхка жана азыркы мезгилге каныккан. Балдар өлкөдөгү, чет өлкөлөрдөгү, бүт аалам-дагы болуп жаткандардын баарына эмоциялуу — рухий жактан катышкандай болот. Ар бир окуучу класска ата мекендик негиздин жана дүйнөлүк негиздин бир бөлүкчө-сүн алып кирет.

Өсүп келе жаткан жаш киши тарыхты үйрөнгөн кезде сөзсүз эки жактуу көз караш керек: өткөн мезгилдин фак-тыларын дал эле өткөн мезгилдин фактылары катары көрө билүү өткөн мезгилдин фактыларын азыркы кездин фак-тыларына байланыштыра билүү керек.

Менден ар дайым минтип сурашат:

— А сиз сабактын эң башында окуучулар али чарчай электе сабактын эң кымбат убагынын беш-жети мүнөтү «куру кеткенине» өкүнбөйсүзбү?

Дайыма мындайча жооп берем:

— Жок, өкүнбөйм. Балдар ызы-чуулуу танаптстен кийин мени менен, бири-бири менен байланыш жасоого ык алышат. А бул өтө маанилүү. Мындан тышкары, эгерде окуучу тарыхты гана үйрөнө турган болсо, өзүнүн тары-хый билимин жөндөй албайт жана өзүнүн тарыхый ой жү-гүртүүсүн калыптай албайт. Рухий дүйнөнүн кеңири мей-киндиктерин өздөштүрбөстөн туруп, тарыхка чыгармачы-лык менен жетишүүгө мүмкүн эмес. Бул дүйнө философия, экономика, социология, психология, укук боюнча маалы-маттарды өз ичине алат жана албетте, көркөм байлыктар-ды өздөштүрүүнү талап кылат.

— Бирок мындай болгондо,— деп каршы болушат ма-га,— сиз сабактын темасын толук көлөмүндө айтып берүү-гө үлгүрбөйсүз да.

А мен үлгүрөйүн деп деле умтулбайм. Качан кечинде эртенки сабакты ойлонуштуруп отурган кезде, балдарды эмне менен кызыктыруума, эмнени айтып берүүгө, а эмне-ни калтырып кетүүгө баарынан көбүрөөк токтоломун: окуу китеби менин ангемем окууну жеке эмгектен, интеллек-

туалдуу кыйынчылыктарды жеңип чыгуучу күч-аракеттердин муктаждыгынан арылта турган негиз болууга тийиш эмес. Окуучу өз алдынча, эч кимден жөлөк-таяксыз билим алууга көнүгүүгө тийиш. Чыныгы сабак — бул класста отургандардын бардыгынын: мугалимдин жана окуучулардын пикир алышуусу. Сабак — бул мугалим менен окуучулардын бирин бири байытышы. Бул кандай шарттарда жүрөт!

Окуучулар адатта сабактан кийин иштешип, сабакка чейин эч качан иштешпейт.

Окуш процессин окуучулардын өзүлөрү да сабакка даярдангыдай багыттоого болобу? Оорчулуктун салмагын сабактан кийинки этаптан сабактын алдында которуштуруп, класстагылардын таанып-билүүчүлүк, интеллектуалдуу деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк барбы? Эгерде кырдаалды ушундайча ооштурганда, балдар интеллектуалдуу маектешүүнүн табигый муктаждыгын сезишет деп үмүттөнүүгө болот. Бирок муну кантип жөндөө керек? Кимдир бирөөлөр окуучуларга окуу китебин окууну жана сабак үчүн суроолор даярдоону сунуш этет. Мен ошондой иштөөгө талаптанып көрдүм, бирок натыйжа жокко эсе болду: окуу китептери суроолор үчүн дээрлик негиз түзө албайт. Ошондо башка жолго түштүм. Жайкы каникулдун алдында программанын жаңы окуу жылында окула турган бардык темаларын, анан ар бир тема боюнча илимий жана көркөм адабиятты сунуш кылып, ал адабияттар жөнүндө жалпы түшүнүк бердим. Жаңы окуу жылынын башталышында мунун баарын кайтадан эстерине саламын. Сабакка окуучулар жаңы тарыхый таанып-билүү жагынан түшүнүк алышып, жаңы окуу материалынын мазмуну менен жалпы таанышышып, бир нерсеге кызыгып келишет. Суроолор кызуу маектешүүгө түрткү берет.

Эгерде мугалим бардыгын аягына чыгарып айтып берсе, анда окуучулардын үлүшүнө эмне калмакчы? Бирок, эгерде ал бардык байланыштарды так белгилеп өтпөсө, түшүндүрүү үзүл-кесил болуп калат. Анда кээ бир нерселер атайын калтырылып, кээ бирлери үстүрт, кээ бирлери чолуп-чолуп баяндалат. Эч бир нерсе аягына жете түшүндүрүлбөйт. Бу эмне — мугалимдин шалакылыгыбы? Же бул көбүрөөк жана чып-чыргасын калтырбай айтып берүүгө сөздүн чукактыгынанбы? Же атайыланган ыкмабы? Ооба, мунун өзү атайылап чала бүтүрүлгөндүк. Бул окуучунун чыгармачылык мүмкүндүгүнө багышталган, мектеп окуучусунун бардык психикалык аппараттын ойлоосун, сезимин, элестөөсүн, эсин, эркин атайылап активдештирүүгө эсеп-

телген, кыйытуунун, педагогикалык чебердиктин искусствосу. Эски санат сөздү эске түшүрөлү: «Көп сөздүн маңызы тайкы». Төмөнкү накыл сөздү да эске түшүрөлү: «Сөзү саналуу, ой-пикир терең болгондой жазуу керек». Кыйытуулар окуучуну ойлонууга, мугалим айтып бере ала турган, бирок айтпай калгандарды толуктоого, суроолор берүүгө аргасыз кылат. Мугалим менен окуучулардын ортосундагы өтө иштиктүү карым-катыш мына ушундайча түзүлөт. Бул жерде кыйытуунун мүнөзү маанилүү. Мугалим маанилүү нерсени, окуучунун сезимин козгоп, толкундатып, кызыктыра тургандарды кыйытат. Таанып билүүгө кызыктыра турган күч мына ушунда.

Бешинчи класста «Байыркы Грециянын мифтери» жана «Гомердин «Илиада» жана «Одиссея» поэмалары» деген темалар окулат. Иш жүзүндөгү, бирок репродуктивдүү суроолорду беремин: мифке караганда, гректер адамдын кайсы жагын өзгөчө жактырышкан? Элладанын кайсы баатырларынын эрдиктери мифтерде жана Гомердин поэмаларында даңазаланат? Бирок изилдеп иликтөөгө түрткү берүүчү суроолор мына булар: сен «Иллиаданын» жана «Одиссеянын» авторун кандайча элестетесиң? Ал жөнүндө класс алдында, мага эмнени айтып бере алар элең? Проблемалуу суроолорго жооп берүү үчүн жалаң эле окуу китеби менен чектелүүгө болбойт. Класстан тышкаркы окуу процессинде жаңы маалыматтарга жана фактыларга ээ болуп, аларды классификациялап, алардын бардык окуучулар үчүн үлгү боло тургандарын тандап алуу керек. Тандап алуу керек. Тандап алуу — демек талдап чыгуу, өз мамилесин айкындоо, түшүнүү деген сөз. Ошондуктан мен көрсөтүп өткөн поэмалардын үзүндүлөрүнө, А. И. Немировскийдин «Тексиз гений» деген очеркине көңүл буруунун зарылдыгы келип чыгат. Троя шаарына гректердин жортуулу жөнүндө, тарыхтын ошо мезгилинин барабара айкындалышы жөнүндө айтып берип отуруп, белгилүү археолог Г. Шлимандын изилдөөлөрүнө кайрыламын. «Озуп кеткенден, эң эле аша чаап кеткенден көрө, башкача айтканда балдардын үлүшүнө эчтеке калтырбай баарын айтып бергенден көрөкчө жеткире айтып бербеген мыктыраак» деген педагогикалык эрежени эсте тутам. Кыска, так айтып берүү керек, тактап берүү керек, тактап айтканда кызыктуу жана маанилүү экендигинин четин чыгарып, жеңил эмес экендигин, бирок чечмелеп берүү кызыктуу экендигин четин чыгаруу керек. Дал четин гана чыгарып айткандан өзү окуучуну изилдеп-иликтөө эмгегине бурат, зээндүүлүккө, ой жүгүртүүгө түртөт.

Байыркы гректер түзгөн бай маданият жөнүндө, ал маданиятты биз али толук ача албай жаткандыгыбыз, аны изилдеп келишкен жана изилдеп жатышкан окумуштуулар жөнүндө айтамын. Эң акырында Г. Шлиман жөнүндө айтып беремин. Анын портретин окуучуларда эмоциялуу таасирленүүнү пайда кылгандай, окумуштуунун толук портретин тартууга кызыгууну ойготкондой, жаңы жана так коюлган суроолорду берүүгө ынтаа коюуну пайда кылгандай сүрөттөп берүүгө далалаттанамын. Шлимандын сөз жүзүндөгү портретине жандуу жана конкреттүү жагдайларды киргизем: качан жана кайсы жерде туулган, кандай үй-бүлөдө чоңойгон, кандай окуган, мүнөзү кандай болгон, анын сырткы кебетеси кандай эле, аны Микенадагы казууларга эмне түрткү бергенин айтып өтөм. Менин көп жылдык байкоолорума караганда, өспүрүмдөрдүн көрүнүктүү адамдын инсанына кызыгуусу адепки угуп-билүүдөн, эң майда-бараттай көрүнгөн фактылардан башталат. Булар жөнүндө айтып берип, бир сырдуу үн катпай калам. Ошентип бирпастан кийин эле: менин айтып бергендерим эң башкы нерсе болбостон, кайра айтпай калгандарым башкы нерселер болуп чыгат. Жөндүү кыскалык, атайылап эле сөздүн жетип чыгаруу өзүн актайт. Балдар мурдатан эле сөз байлашып алышкансып, жарыша сурай башташат: «Андан ары эмне болуптур? Шлиман эмнеси менен атактуу болгон? Менден жооп күтүп отурушат. Бирок мен минтип айтам: «Суроо бергениңер үчүн силерге рахмат. Суроолор кызыктуу да маанилүү да. Ошентсе да суроолорго жоопту өзүңөр тапкыла. Мен силерге макалаларды гана айтып берейин, аларды, эгерде кааласанар, окуп чыккыла да, алардын негизинде археолог Шлимандын изилдөөлөрү жана табылгалары жөнүндө ангеме даярдагыла».

Класста ар түрдүү авторлордун эмгектерин табышып окууну жана өзүлөрүн толкундаткан суроолорго жоопторт табууну, андан кийин эмне окугандарын айтып берүүнү каалаган балдар дайыма чыгат. Каалагандары макалаларды окуп чыгып, окугандарын ойлонуп көрүшү жана өзүлөрүнүн байкоолору менен ой-пикирлерин кыскача ангеме түрүндө айтып бере алышы үчүн айтып берүүлөрдү эки-үч жумадан кийин сабакка чектейм. Бир нече окуучу чыгып сүйлөйт. Калгандарынан айтылып жаткандарды жана жеткире айтылбай калгандарды кылдат угуу, бүтпөй калгандарын байкоо, изилдөөчүнүн образын толуктоо, казуулардын толук көрүнүшүн элестетүүнүн жардамы менен сүрөттөп чыгуу, ангемелерге мазмунуна жана формасына карата

баа берүү жагы талап кылынат. Бир нече айтып берүүлөр ойлонууну, элестөөнү, сезимди козгойт. Балдар кайдыгер калбастан, талаш-тартышка түшүшүп, ой-пикирди, ашкемени толукташат.

Өспүрүмдөрдү суроолор берүүгө кызыктыруу үчүн мугалимдин маалымдоосуна иштиктүүлүк менен кызыктыруучу шайкеш келтирүү (бул мүмкүн болгон жерде) зарыл: өспүрүмдөр үчүн кадыресе эмес, күтүлбөгөн, сырт жагынан көрүнүктүү нерсеге кызыгуу табыгый нерсе. Бирок ошол учурда окуучуларды изи сууп калган өткөндөгү нерсе, тарыхтын күлү кызыктырбай турганын эске тутуу керек. Өткөндөгүлөрдөн балдар эскирбей турган, күнү бүгүнкүдөй байлыктарды, биз үчүн, бүгүнкү күн үчүн өзүнүн мааниси жоготпой тургандарды жакшы көрүшөт.

Мисалы, азыркы доорубуздан алыс өндөнгөн «Италиянын дыйкандарынын жакырданышы жана алардын жер үчүн күрөшү» деген теманы алалы. Класстагылардын көңүлүн момундай окуяга бурамын: Римде жыл сайын сулуулуктун конкурсу өткөрүлүп турган. Ага Римдеги эң эле бай аялдар катышышкан. Бул кароолорго Корнелия Гракх да жыл сайын катышуучу. Ал өзүнүн сулуулугу менен, ошондой эле баалуу жасалгалары менен көп аялдардан ашып түшкөн. Күйөөсү өлгөндөн кийин Корнелия кароолорго катышпай калып, бир нече жылдар өткөндөн кийин кайта катышат. Ал эч жазанып-түзөнбөй Римдик кадыресе кийим менен чыккан. «Корнелия! — деген үндөр угулган.— Сенин укум-тукумдан калган жасалгаларың кайда?» — «Азыр көрсөтөм! — деп жооп берген сулуу аял өзүнүн үч баласын, Тиберий жана Гай деген уулдары менен кызы Корнелияны жетелеп чыккан: — Мына менин байлыктарым!»

— Балдары энесинин үмүтүн актадыбы? Биздин сабагыбыз мына ушу жөнүндө. Окуу китеби менен иштейбиз. Мындан тышкары, силердин аранардан кээ биринер менин сунушум боюнча сабактын темасы боюнча кошумча адабияттар менен таанышкансынар.

Жоопту ойдон чыгарууга, ойлоп табууга болбойт. Ал тарыхый материал боюнча берилген. Класстагылар биргелешип иштешет. Окуу маселесин чечүүдө, албетте, сабакка даярдануууда сунуш кылынган материалды өз алдынча окуп чыккандар чоң үлүш кошушат. Сабактын маанилүүлүгү — сабакта өз ара маалымат алмашуу болгондугунда, суроолорго жоопторду издеп табууда өнөктүктүн ишке ашырылгандыгында. Биргелешип издеп табууну бирин-бири толуктап туруучу суроолор менен бекемдөө максатка

ылайыктуу келет, ал суроолор окуучуларга жакын келип, ой жүгүртүүгө тартат. Мисалы мындайча суроо берем:

— Балдар! Карл Маркс бала чагында атасынын: «Сен ким болгуң келет?» деген суроосуна: «Бир тууган Гракхтардын бири болгум келет» деп жооп бергенин билесиңерби? Силер кандай деп ойлойсуңар, эмне үчүн ошенткен?

Ар түрдүү жооптор берилет. Окуучулардын пикирлери менен эсептешүүнүн маанилүү жагы бар бул пайда болгон суроолорду талкуулоодо эркиндикке жана кысынып-кысталбоого, окуучулардын жаңы суроолорду беришине алып келет:

— Балким, сенатта, бир туугандарчылап аристократтарга ачык каршы чыгуунун кереги жок эледир? Балким, күрөштүн башка формаларын пайдалануу керек эледир?

Тарых ассоциациялуу келет. Анын табыяты мына ушунда. Мугалимдин окуучулардын ассоциациясын кайсы жакты көздөй багыттаганы маанилүү. Үстүртөн жана чаржайыт кыйытып айтууларга жол берүүгө болбойт. Тарыхый материал окуучулардын жан дүйнөсүн козгоого а демек, балдардын өз алдынча активдүүлүгүнө чакыргандай болууга тийиш.

Афиныда «Демостун жеңиши жана мамлекеттердин чыңдалышы» деген тема окулат. Бешинчи класстагылар өз ичтеринен Афинылык уландардын аскердик кызматка кирген убагындагы антын окушат. Көңүл коюп жана шашылбастан окуп чыгышкандан кийин анттын тексттери боюнча бири бирине суроолор берүүнү өтүнөмүн. Бөтөнчө жакшы суроолор жогору бааланат. Биринен кийин бири сурай беришет:

— Анттын кайсы сөздөрү сага өзгөчө жакты?

— Ант эмнеге үгүттөйт? Граждандарга кайсы сапаттарды тарбиялайт?

— Антка көз карашың кандай?

Ушул убакта балдарга байкоо жүргүзүүнү жакшы көрөмүн. Суроолор жөнүндө алардын ыклас коюп ойлонгондорун, качан суроолор берилип жатканда кунт коюп көңүл бурушканын, ынтаалуу жүздөрүн, жоопту кызыга күтүшкөндөрүн, ал жоопко активдүү эмоциялуу таасирленүүсүн байкап отурганды жакшы көрөм: өткөн мезгилди бүгүнкү күн менен салыштырып көрүү алар үчүн кызыктуу болот. Бул жөнүндө мага арналган мындай суроо далил болот:

— Биздин жоокерлерибиз ант бергенде кандай шерт беришет?

Антты окуй баштайм: аны афиналык уландардын анты

менен чогуулап салыштырабыз. Бул иш ошондой эле көбүрөк кызыгууну талап кылат.

Азыркы кездеги турмуш чоңдордо да, ошондой эле балдарда да көптөгөн татаал маселелерди пайда кылат. Адатта: мугалим баарын билет, окуучулар эчтеке билбейт деп эсептелип келген. Бирок бул дегеле андай эмес да! Эгерде бала мугалимдин шериктеши болбосо (башкача айтканда өзүн өзү окутпаса, өз курбуларын жана мугалимдин өзүн окутпаса), мугалимдин күч-аракети текке кетет. Дал ошондуктан окуу ишин окуучулар бара-бара суроолорду акырындап түзө билгидей, ал суроолорду так аныктагандай жана аларды окуучулар өзүлөрү менен мугалим бирдей абалда болчудай: бир нерсени билбей тургандай интеллектуалдуу бийик деңгээлде бере билүүгө үйрөнгөндөй кылып куруу керек. Мына ушундан улам биргелешип иликтөөнүн сөзсүз зарыл экендиги келип чыгат. Адатта булар бир да окуу китебинде жообу жок суроолор болот. Бул жакшы! Башкалардын пикирлерин өздөштүрүп алуу жеңил. Көбүнесе дал жеке байкоолор менен пикирлер жогору көтөрүп чыгат. Балдарга маселени оригиналдуу чечүүгө, көркөм китепти чыгармачылык менен окууга, техникалык ойлоп табууларды жасоого мүмкүндүк берүү (буга түрткү берүү) керек. Жаңы жол салуу оңой эмес, бирок бактылуу үлүш.

Окуучулар коом таануу жана тарых сабактарында беришкен кээ бир суроолор мындай:

— Айыл чарбасын жогорулатуу проблемасы эмне үчүн жалпы элдик проблема болуп калды?

— Биздин улуттук мүнөзүбүздүн пайда болуп калыптанышына кандай тарыхый факторлор өзгөчө таасир берген?

— Улуу муундарда ар кандай — «Терс» жана «оң» — сапаттар бар. Биз кайсы сапаттарды кармап калып, кайсы сапаттардан арылышыбыз керек?

— Ар бир доор адамга өзгөчө талаптарды коёт. Биздин убагыбыз кандай адамды талап кылат?

— Соңку кездерде пара алуу таралып кетти. Совет бийлигинин алгачкы жылдарында пара алууга каршы каардуу чаралар көрүлгөн. Азыр андай чараларды көрүүгө эмне үчүн болбойт?

— «Турмуштун маңызы жана бактысы эмнеде» деген суроого тарых кандайча жооп берет?

Суроолордун эң эле татаал экенин айтып отуруунун кереги жок, бирок алар талашуу, полемика үчүн мүмкүндүктөрдү ачкандыгынан улам абзел. Полемика болбосо турмуштун кыймылы болбойт. Чыныгы талашуу — педаго-

гикалык процесстин жетиктигинин көрсөткүчү. Бирок талаша билүү керек. Талаша билүүнүн маданияты керек. Ага ээ болуу убакытты талап кылат.

Албетте, окуучуларды ынандыруусуз максатка жетишүүгө болбойт. Андай ынандыруулардын кээ бирлери мына мындай:

— Талашта силердин ой-пикириңер кучак жайып тосуп албастан, кайра каршылык көрсөтүү, ишенбөөчүлүк менен кабыл алына тургандыгына даяр болгула. Мындай мамиленин жасалышын келесоолук деп да, эскичилик деп да, өзүнө карата жасалган кыйды мамиле деп да эсептебе, ал мамиле туура болуп чыгышы мүмкүн. Интеллектуалдык жөндөмгө жана далилдүү жүйөөлөр менен каршылыкты жеңип чыгууга өзүңдү даярдашың керек.

— Талашыш үчүн эле талашпагыла.

— Жаңылбас адамдарды жакшы көрүшпөйт. Жаңылгандан коркпогула?

— Суроо сала билген адам гана чындыкка жетишет.

— Эгерде сени талашта жеңип чыгышса, бирок сен талаштын маңызы жөнүндө ойлоно берсең, бул: жеңилгенің менен сен жеңиш салтанатына батканың болот.

— Талашуу — акыл жагынан ат салышуунун кырдаалында өткөн шартта жагымдуу көрүнүш болот. Пикир келишпестиктер болбой койбойт, бирок талаш эч кимди ыза кылбаш керек. Талаш өз ара кусаматка айланбаганы маанилүү.

— Сүйлөө маданиятын үйрөнгүлө. Сөзгө келген, жааланбаган, жылуу-жумшак киши жеңип чыгат. Адатта муштумун кезеп, буркан-шаркан түшкөндөр ийгиликке жетишпейт.

Бирок эң башкы нерсе — мугалимдин пикири, анын полемика жүргүзүүдөгү устаттыгы жана кеңири алганда окуучулардын илимге тартуунун мүнөзүнүн өзүндө. Чыныгы педагогдордун ар бири окуучулардын турмушунда А. С. Пушкин «Муза» деген ырында жазган музанын ролунда болот.

Насаатчынын турмуш жолуна кирүүчү балага, адамга терең таасир беришинин керемети — сүйүүдө. Сүйүүдөн улам чыгармачылык алака башталат. Ырдын эң эле биринчи саптары төмөнкүчө башталганы да кокустук эмес:

Мени сүйчү мен наристе кезимде...

Андан арычы? Окуучуга даяр билимдерди берүү керекпи же адегенде эле аны чындыкты өзү издеп тапкыдай

абалга коюу керекпи? Окуучунун чыгармачылыгы бирдемелерди ачууга өзүн сынап көрүүдөн башталат.

Муза жөнүндө акын мындай деп жазган:

Тапшырды жети атаарды дал өзүмө...
. . . . . .
Камыштын түтүкчөсүн чоорго окшотуп,
Илмийген манжам менен ойноп кирдим.
Ойнодум койчумандын ырын толук,
Ойнодум кудайлардын сүйгөн гимнин.

Окуучунун таанып билүү жолундагы алгачкы кадамдарына обочодон байкоо салбастан, тескерисинче, жан тартып, ал тургай сүйкүм менен, андан да бетер — сүйүү менен байкоо жүргүзүү кандай маанилүү! Дал эле ушундай мамиле балага ааламды ачуу үчүн керектүү күчтү берет.

Акын ошол эле жерде мындай деп белгилейт:

Күлө карап көңүл бурчу ал мага...

Минтип сурайбыз:

— Жылмайып эмнеге назар салды?

— Окуучуда жана окуучу ачып жаткан жаңы нерселерге.

Чыныгы окуучунун өзгөчөлүгү — мугалим жасаган нерсени кадырлоосунда:

Кунт койчу элем сабагына сыр алдырбас кыздардын...

Мугалим, муза сыяктуу эле, көп учурда окуучунун колунан «чоорду» алып, кандай ойногонду көрсөтөт. Бирок, адегенде «чоордо» окуучу өзү ойноого, башкача айтканда бир тапшырманы, экинчисин, үчүнчүсүн... аткарууга тийиш. А эми мугалим «чоорду» окуучу ойногондо мукамы келишпей жаткан учурда гана колуна албастан, көбүнчө окуучу пайгиликке аткарып жатканда... илим менен искусствонун эң назик, байкалбас өндөнгөн, бирок маанилүү «үндөрүн» сезиши үчүн да колуна алат. Чыны менен эле «чыгарууну» обон мукамдуу чыга баштаганда колго алган эң маанилүү. «Чоорду» окуучуну чүнчүтүү үчүн эмес, кайра аның чыгармачылык күчүн арттырып, өз алдынчалыкка жеткирүү үчүн колго алуу керек.

Жетиналбай өнөрүмө күтүүсүз,
Шарт алды ал чоорду менин колуман.
Камыш байкуш созолонду бир укмуш,
А жүрөктөр сыйкырланат оо улам...

Мугалим ар бир көз карашка дит буруп, кулак төшөөгө, талашкандардын кимдир-бирөөсүнүн намысына тийбөө-

гө, ой-пикирлердин маанилүү жактарын терендетүүгө, ар түрдүү көз караштарды айкындоого, өзүнүн пикирине басым жасабоого тийиш. Бардык көз караштарды, пикирлерди, ар башка бааларды каршы коё билүүгө, ошондой эле ар кандай позицияларды күчөтүүгө, маселеге ар түрдүү жактуу мамиле жасоого мүмкүндүк түзө билүүгө тийиш. Ушулардын баарынын маани-маңызы бардык көз караштарды каршы коюудан чындыкты айкындоодо.

Сырттан караганда мугалим бардык позицияларга бирдей токтоо карагандай көрүнөт. Бирок бул токтоолук кайдыгерликтен тап-такыр алыс. Мугалим полемика жүргүзүп, толук жооп болбосо да, ал жоопко жакын жооп издөөдө окуучуларга жардам көрсөтөт. Мугалим фактылардын түшүндүрмөчүсү, оригиналдуу идеяларды берүүчү, сынчыл акыл эсти таркатуучу болуп чыгат. Анын милдети — окуучулардын берген бааларын жымсалдап, ал аркылуу аларды эпке келтирүү (бул мүмкүн болгон жерлерде), рационалдуу чечимди, ар түрдүү позициялардагы, пикирлердеги жалпы, бириктирүүчү нерселерди табуу. Буга жетишүү оной эмес, бирок мүмкүн. Кантип? Мугалим талкууланууучу маселеге карата ар түрдүү мамилени өз ара керектүү жана тууралыгы бирдей маселелер катарында карайт, аларды проблеманын маңызына өтө терендеп кирүү үчүн ынгайлаштырат. Бул кыйын — кээде карама-каршы далилдөөлөрдө бирин бири толуктап туруучу нерселерди издеп табуу, обочолонгон көз караштарды жакындатуу кыйын. Маселеге мамиле жасоо ар түрдүү экенин, бирок каршылаш эмес экендигин, бирин бири жок кылбастыгын, кайта кубулуштардын ар башка жактарын, татаалдыгын чагылдыраарын, ар түрдүү түшүндүрүүлөр бири бирине зарыл экендигин, көрсөтүү маанилүү. Көрсө, бүтүндөй абалды көрсөтө турган ар түрдүү пикирлер чыныгы пикирлер болуп чыгат экен.

Кээде талаш эч нерсеге алып келбегендей көрүнөт: ар башка пикирдегилер өз пикирлеринде кала беришип, сабак акыркы тыянаксыз аяктайт. Бирок мындай учурда да мугалим «өзүнүн акыркы сөзүн» айтпайт. Бул эмне — башаягы жок келесоолукпу? Жок? Кээде жооп, акыркы натыйжа маанилүү болбостон, кайра ага баруучу жол, ой жүгүртүүнүн диалогдуулугун калыптандыра турган бир тендүү талаш процесснин өзү баалуу болот. Бул мугалим жетекчиликке алган: окуучулар менен тең укуктуулар катары мамилелешүү керек деген эреженин натыйжасы.

Окуучу мугалимдин сценарий боюнча аткаруучу катары ыккан позиция мага жат: ал позиция сабакты кызык-

сыз кылат, балдарга өзүлөрүн көрсөтүүгө мүмкүндүк бербейт. Мугалим окуучуларды сабактын мурдатадан жазылган конспектисинин ичинен чыгарбай, алардын жеке активдүүлүгүн басат, бири бири менен жана адам катары өзү менен, педагог менен кызматташуу кубанычынан ажыратат. Устаттык менен өткөрүлгөн сабак окуу-тарбия процессинин эки негизги түзүүчүнүн: тарбиячынын жана тарбияланууучунун аракеттеринин шайкештиги. Бул процесстеги мугалимдин ролу багыт берүүчү, уюштуруучу роль болуп эсептелет.

Өз алдынча билим алуунун зарылдыгы мектеп окуучусу үчүн качан ал өзү мугалимдин ролун аткарууга киришкен кезде түшүнүктүү боло баштайт. Дал ушул убакта ал экзамен берүү үчүн эмес, чындап окуй баштайт. Билимди иш үчүн жумшоо керек! Окуучунун позициясын түп-тамырынан бери өзгөрткөн, анын өзүн да өзгөртүп башкага айланткан дал мына ушул. Баягы азын-оолак билимге макул болгон, «мына-мына эми доскага чакырып жүрбөсүн» деген ойдон зирилдеген, сабактын бүтүшүн чыдамсыз күткөн, коншулары менен көз ымдашып, башка иштер менен алек болгон окуучу, эми ишкердүүлүккө, жоопкерчиликке, абройго ээ болуп, окуу китебинде айтылгандагыдан көбүрөөк билүүгө, билгендери жөнүндө жолдошторуна далилдүү айтып берүүгө кызыгат.

Мектеп реформасынын негизги багыттары окуучулардын таанып-билүү ишин жандандырууну талап кылат.

Айрым окуучулардын күчтөрүнө жана мүмкүндүктөрүнө эсептелген чыгармачылык, өз алдынча иштер, экскурсия-сабактар, саякат-сабактары, конкурстук тапшырмалар, олимпиадалык иштер, диспуттар, конференциялар, «Билгичтер» клубу, тарыхый кечелер — класстык жана класстан тышкаркы сабактардын мен колдонуп келе жаткан ушул жана башка активдүү формалары көздөгөн максаттын максаты эмес, тарбиялоо каражаты, окуучулардын жан дүйнөсүнө жана жүрөгүнө алып баруучу жол. Анткени билимдин өзү, эгерде ал жүрөгүн менен кабыл алынбаса, жогорку аралдарга умтулуунун, жалпы жыргалчылыкка кызмат өтөөнү каалоонун отун тутантпаса эчтекеге арзыбайт, жалпы жыргалчылыкка кызмат кылуу, А. П. Чехов айткандай, «сөзсүз жан дүйнөнүн талабы, жеке бакыттын шарты болууга тийиш». Мага окуучуларым эл менен жана дүйнө менен «эң маанилүү, өмүр — өлүмгө тете байланышты» (Н. Рубцов) сезиши үчүн өздөрүн аларга чейинкилердин уландысы катары андан билүүлөрү жана да өзүлөрүнөн кийинкилер жөнүндө ойлонушу, «Өткөндөгү-

дөн келечек көз жарса, келечектен өткөндөгү башбаккандыгын (А. Ахматова) сезип-туюуга тийиш. Ыймандуу адамды ушундайча гана тарбиялоого болот. Ушул жөнүндө баарынан көбүрөөк камкордук көрөм жана ушундан өзүмдүн мугалимдик бактымды сезем.

Биз өзүбүздүн ар бир окуучубуз үчүн жооптуубуз. Алардын кайсынысын болсун, ал тургай эң эле «ишенимсизи» болсун жакшы жактарын таба билүү керек жана өзүбүздүн тарбиялык аракеттерибизде мына ушуга таянып, балдардын өз ордун изденүүлөрүн, туура турмуштук багыттарды аныктоого жардам берүүнүн аркасында акылман кылдаттык менен колдоо көрсөтө билүү керектигине терең ишенем.

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

А. Б. РЕЗНИК

ОКУУЧУЛАРДЫН ГРАЖДАНДЫК ЖАКТАН КАЛЫПТАНЫШЫ

Совет коомунун бүт турмушу азыркы кезде КПССтин XXVII съезди белгилеген саясий багыт менен аныкталат. Бүт өлкө, анын ичинде мектеп чукул бурулушта турат. Съездге Саясий докладда мектеп реформасынын жүзөгө ашырылышына карата, реформанын арымы жана терендиги бизди канааттандыра албайт деп принциптүү баа берилген. Коюлган милдеттерге үстүртөдөн мамиле кылбоо, өсүп келаткан муундарды окутуунун жана тарбиялоонун, аларды коомдук пайдалуу эмгекке даярдоонун сапатын кескин жакшыртуу талап кылынат.

XXVII съезддин эң эле маанилүү талаштарынын катарында совет адамдарынын, өзгөчө жаштардын жогорку граждандыгын калыптандыруу аталган, бул алардын социалдык-саясий активдүүлүгүн, социализмге жат нерселердин бардыгына келишпестикти өнүктүрүүнүн таасирдүү каражаттарынын бири болуп калууга тийиш.

Айрым мугалимдердин чар-жайыт күч-аракеттери, айрым бир тарбиялык иштери менен ушунчалык жооптуу милдетти ишке ашырууга болбойт. Эмгек коллективдери ата-энелер, коомдук уюмдар биргелешип аракет кыла тургандай комплекстүү, системдүү мамиле жасоо керек. Бирок мектеп бириктирүүчү жана демилге берүүчү борбор болуп чыгат. Бүткүл окуу-тарбия процесси биздин коомдун болочок граждандарынын инсанын калыптоого багытталган. Окуу предметинин ар бири мектеп окуучуларынын дүйнөгө илимий жактан көз карашын калыптоого өз салымын киргизет, анын уюткусун инсандын граждандыгы түзөт. Бул жерде гуманитардык сабактар, эң оболу коом таануу сабагы өзгөчө роль ойнойт. Мектепте билим алуунун аяктоочу этабында бул курсту үйрөнүү окуучулар алган билимдерди жана ыктарды, алынган тажрыйбаны жана курчап турган чөйрөгө карата козголгон кызыгууну, андагы өз ордун андап түшүнүүнү жана В. И. Ленинди

сөзү менен айтканда, «нагыз коммунисттерди», биздин коммунисттик идеалдарыбызды турмушка ашыра турган күрөшүүчүлөрдү тарбиялоо үчүн жакшыраак пайдалануу-га мүмкүндүк берет.

Киришүү сабагында аңгемени сөзсүз эле жаңы предметтин мааниси жөнүндө баштаймын. Эң оболу биз эмнени окуй турганыбыз жөнүндө айтамын. Илимдердин негиздеринин мурда өздөштүрүлгөн билимдерин айкалыштырып, бул курс дүйнөгө илимий жактан көз караштын чордонун маркстик-лениндик философиянын, саясий экономиянын, илимий коммунизмдин негиздеринин биримдигинде үйрөнүүнүн базасында түшүнүүгө жардам берет. «Коом таануу» деген термин коомдук илимдердин жыйымын бириктире турганын, партиялык съезд коомдук илимдердин алдында мааниси зор, абдан татаал милдеттерди койгондугун жогорку класстагылар түшүнгөнү маанилүү. Бул илимдердин социалисттик курулуш практикасынын конкреттүү суроо-талаптары менен терендеги байланыштары жөнүндө, турмушта өтүп жаткан өзгөрүүлөрдү кылдат сезе билүүнүн керектиги жөнүндө түшүнүктүү формада айтып беремин. Коом таануусу окуп үйрөнүү менен биз да конкреттүү, практикалык милдеттерди чечебиз, өлкөдөгү, дүйнө жүзүндөгү, шаардагы, мектептеги окуялардын баардыгына үн кошмокчубуз. Мейли илимий жалпылоолордун деңгээлинде чечпесек да, аларды эске алуу менен чечебиз.

— Силердин ар биринерде окуу китеби бар, аны ачып, карап чыккыла.

Ошентип биз курстун мазмуну менен таанышабыз. Эми башка суроону да аныктап алышыбыз керек: **кандайча** окумакчыбыз?

— Силер, албетте,— деймин балдарга,— эң мыкты окуу китеби да турмуш агымын толук камтый албай турганын билесиңер. Алдыда турган милдеттердин бардыгын, эгерде окуу китеби менен гана чектеле турган болсок, орундата албай тургандыгыбызды түшүнүү үчүн бул жөнүндө эсибизден чыгарбашыбыз керек. Биз колдон түшүрбөй пайдалануучу башка бир китебибиз силерге белгилүү, бул В. И. Лениндин чыгармаларынын «Орто мектептердин, орто кесиптик-техникалык окуу жайларынын жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары үчүн жыйнагы». Биз В. И. Лениндин сөздөрүнө сабактарда дайыма кайрылып турабыз. Азыркы турмуштун проблемаларын жана коомдун өнүгүшүнүн перспективаларын талкуулаган кезде биз КПССтин XXVII съездинин материалдарына, партиялык

жана мамлекеттик маанилүү башка документтерине, эң оболу КПСС БКнын пленумдарынын чечимдерине кайрылбай коё албайбыз. Билимдердин дагы бир булагы — бизди курчап турган турмуш. Ал биздин сабактарыбызга тикелей жана кыйыр маанисинде кирүүгө тийиш. Турмуштан биз сабактар үчүн темаларды табабыз, биздин мектепке чарбачылар жана экономисттер келишет, а эми кээ бир сабактарды биз партиянын райондук комитетинде, Эл депутаттарынын Советинде, шайлоо участокторунда, эмгек коллективинин лениндик коммунисттик жекшембилигинде өткөрөбүз, бизге силердин мектеп аралык окуу-өндүрүштүк бирикмедеги, базалык ишканалардагы иш тажрыйбалар да, ошондой эле коомдук ишмердигиңер да керектелет. Биз пропагандисттердин, эл аралык маселелер боюнча адистердин, башка адистердин лекцияларын угабыз жана талкуулайбыз, колдон келүүчү социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзөбүз.

«Билүү,— В. А. Сухомлинскийдин оюн жазып алууну өтүнөмүн,— эң оболу билимдерди пайдалана алуу деген сөз...» Мына ошон үчүн эң эле кызыктуу жана маанилүү окуялар жөнүндө силер кенже жолдошторуңарга, ишканалардагы жумушчуларга саясий информацияларда, жыйындарда, кечелерде айтып бересиңер. Сабак үчүн да, эл алдында чыгып сүйлөөгө даярдануу үчүн да газеталардын, журналдардын (өзгөчө жаштар журналдарынын) материалдарына, теле көрсөтүүнүн, радионун берүүлөрүнө дайым кайрылып туруу талап кылынат (ошону менен бирге окуучулардын үй-бүлөлөрүндө мезгилдүү чыгуучу кандай газета, журналдарды алышаарын айкындап билемин, дагы эмнелерге жазылуу керек экенин сунуш этемин).

Балдарга айтканымдын баардыгы — сабактардын «суу үстүндөгү» эле бөлүгү. Негизги жана чоң бөлүгү сабакка даярданган кездеги менин үлүшүмө калат. Эң эле керектүү, пайдалуу жана максатка ылайыктуусун тандап алуу оной эмес. Бирок мунсуз мугалимдин эмгегин интенсивдештирүү проблемасын чече албайсың, чечүүгө болбойт. Сабактарды талдоого көп эле учурда үстүртөдөн мамиле кылышат. Мисалы, «Окутуунун техникалык каражаты колдонулган жок» деп көрсөтүшүп, эң башкысына, аларды колдонуу керек беле же жок беле жана бул сабактын сапатына кандайча таасир кылаарына көңүл бурушпайт. Бул болсо экстенсивдүү ыкманы жогору коюу иштин маңызы эмес, сырткы көрүнүшү, сапаты эмес, саны жөнүндө камкордук көргөндүк. Оптималдаштыруу методикасын колдонуунун — белгилүү болгон жана мугалим топтогон

окутуунун каражаттарынын, формаларынын, ыктарынын жана методдорунун бардыгынан мыктыларын, эң майнаптууларын тандап алуунун зарылдыгын турмуштун өзү алдыбызга коюп отурат.

Мектеп реформасынын талаптарына ылайык коом таануну окуу убактысынын саны бир топ көбөйтүлдү, а эми маркстик-лениндик философиянын негиздерин жана саясий экономияны үйрөнүүгө жогорку класстагылар эми IX класста экинчи жарым жылдыкта киришишет. Демек, балдарды алар алган коом таануу билимдерин мектептеги акыркы жылдын босогосунда, өз алдынча чоң турмушка кирердин алдында, жайкы өндүрүштүк практикада пайдаланууга кандайча багыттоону мугалимдин ойлонушу зарыл.

Коом таануу курсунун жалпылоочу, интеграциялоочу мүнөзү — анын эң маанилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири. Бул эмне деген сөз? Эң оболу дээрлик бардык окуу предметтери боюнча окуучулардын билимине таянуунун зарылдыгы дегендик. Өзгөчө муну баса белгилемекчимин: жазуучуну жөн гана эскербестен, закондун формулировкасын кайрадан кайталабастан, окуучуларга белгилүү жобого таянбастан, окугандарды иретке келтирүүнүн, аны системалаштыруунун, бирдиктүү диалектикалык-материалисттик идеяларга салуунун таасирдүү ыктарын табуу керек. Ошол учурда жасалмалуулуктан жана эптеп-септөөдөн арылып, коомдук турмуштун балдарды толкундаткан (а эгерде толкундатпаса толкундаткыдай кылуу керек!) жана туура чечмелөө талап кылынган окуяларын көз жаздымында калтырууга болбойт. Коом таанууда билимдерди актуалдаштыруу мугалимдин чыгармачылыгынын ажырагыс бөлүгү. Анын окутууну турмуш менен бириктире билүү чебердиги баарыдан мурда биздин коомубуз чечип жаткан маселелер окуучулар үчүн жеке маанилүү маселелер болуп калгандыгынан көрүнөт. Мугалим өз убагында жана кечиктирбестен, методикалык сунуштардын жана көрсөтмөлөрдүн келишин күтпөстөн, партиялык жана мамлекеттик маанилүү документтер менен тааныштырууга, өлкөнүн ички жана эл аралык турмушунун орчундуу окуяларына көңүл бөлүүгө тийиш. Анан муну курулай ой жоруугa жана курулай жатгооого жол бербестен ачык-даана, ишенимдүү, түшүнүктүү иштөөгө тийиш.

Мектептик билим берүүнүн илимий деңгээлин жогорулатуу (атап айтканда, азыркы илимдин фундаменталдуу идеялары менен теорияларынын негизинде окуу материалын генерализациялоо, окуу процессинде илимий методи-

каның ролун күчөтүү, жалпылоочу темаларды киргизүү жана б. у. с.) предметтердин ортосун ыкташтыруунун зарылдыгын талап кылат, мында коом таанууга демилге көтөрүүчү гана эмес, ошондой эле уюштуруучу роль таандык болот. Ушул жобону кенен-кесири жүйөлөштүрүп отурбастан эгерде башка предметтерди окуган кезде предметтер ортосундагы байланыштардын болгону дурус көрүлсө, кээде максатка ылайык келсе, анда коом таануусу үйрөнүү бул байланыштарга негизденерин гана айтып өтмөкчү бүз. Мисалы, физиканын, химиянын, биологиянын, тарыхтын курстарында окулуучу жалпы жана жеке закондорго таянбастан философиянын маңызын эч бир түшүнүүгө болбойт. Ошону менен бирге бул предметтер үйрөнүлүүчү кубулуштарды диалектикалык-материалисттик жактан түшүнүүгө карата даярдайт, коом таануу мугалим таяна турган фактылык негизди берет. Бирок эгерде философиялык, методикалык жалпылоолор жасалбаса фактыга жармашуунун өзү дүйнөгө көз караштык жактан алганда, бейтараптуу, а тургай зыяндуу да болуп чыгышы мүмкүн экенин так түшүнүү зарыл.

Кырдаалды айкын-ачык кылуу үчүн, лекция ишинин жагдайынан алынган мисалды келтирейин. Бир жолу мага атеисттик окуулардын циклине кирген «Ааламдын түзүлүшү жөнүндө азыркы илим» деген темадагы лекцияны рецензиялоо тапшырылды. Лекторду бушайман кылбас үчүн, мен акыркы катарга өтүп, бир абышка менен жанаша отуруп калдым. Лекция аяктаган кезде коншум терең ойлуу минтти: «Кудай бардыгын мына ушундайча акылмандык менен жасаган экен да». Айтылып жаткан маалыматтарды философиялык жактан түшүндүрүүнүн калпыстыгы дүйнөгө көз караш жагынан ушул өңдүү жоготууга алып келиши мүмкүн.

Предметтер аралык координациялоо окуучулардын негизин философиялык, экономикалык жана социалдык-саясий көз-караштардын бир бүтүн жана такталган системасы катары марксизм-ленинизм түзгөн дал дүйнөгө илимий көз карашын калыптандыруу үчүн баарынан көбүрөөк керек. Бүт педагогикалык коллективдин бирдиктүү багытталган максаттуу жолу болгон кезде гана мектеп окуучуларын граждандык жактан тарбиялоого болот, бирок коом таануунун бул процесстеги башчылык ролунда шек жок.

Предметтер аралык конференциялар биздин мектептин практикасында кеңири кирген. Андай конференциялардын түрлөрүнүн бири — акыркы коңуроо күнү өткөрүлчү жыйынтыктоо конференциясы. Бул мектепти бүтүрүүчүлөр-

дүн алган билими менен билгичтиктери жөнүндөгү өзүнчө бир отчету. КПССтин XXVII съезди өткөн жылы конференцияны «Азыркы кездеги илимий-техникалык прогресс» деген темага арноо чечилген. Партиянын экономикалык саясатынын түпкү маселесин ачып көрсөтүү көп мугалимдердин-предметчилердин күч-аракеттерин бириктирүүнү талап кылат жана андан тышкары, билимдин тигил же бул тармагына куштар балдардын кесиптик жана таанып-билүүчүлүк кызыкчылыктарын эске алууга мүмкүндүк берет. Эң башкысы, билдирүүлөрдү даярдаган кезде балдардын партиялык позициялардан туруп коомдук кубулуштарга жана тенденцияларга баа бере билүүчүлүгү калыптанат.

Предметтер аралык конференциялар — мектеп окуучуларынын өз алдынча билим алууга канчалык көнүккөндөрүн текшерүү. Ал эми алардын окуу эмгегинин ушул тарабына биз өзгөчө көңүл буруп, маани беребиз, муну мектеп реформасы да талап кылат. Саясий информаторлордун мектебинде, «Окуганды үйрөн» ийримминде жана албетте, сабактардын дал өзүндө жогорку класстын окуучулары алардын маркстик-лениндик методология менен таанышуусуна жардам берүүчү жалпы окуулук жана атайын көнүгүүлөргө ээ болушат. Балдардын, мындайча айтканда, мындай машыгуулардын жыйынтыгы жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн болушу жана аларды үйрөнүп алуулардын зарыл экенин түшүнүшү маанилүү. Окуу жылынын башында «Коом таануусуну ийгиликтүү үйрөнүү үчүн эмнени жасай билүү керек» деген эскертмени (программанын талаптарына ылайык түзүлгөн) сунуш этемин.

1. Окуу жана практикалык иш-аракеттер процессинде коомдук көрүнүштөрдү баалоодо жана илимий жактан негизделген чечимдерди иликтөөдө
   а) теориялык билимдерди;
   б) историзм принцибин;
   в) партиялык-таптык мамилелерди;
   г) жалпылоону
активдүү колдонуу.
2. Өзүнөрдүн коммунисттик ишенимиңерди далилдүү жактоо.
3. Социалисттик коом инсанга койгон талаптарга таянып, өзүлөрүнө жана өз жүрүм-турумдарына баа берүү.
4. Совет элинин алдында турган милдеттерди жүзөгө ашырууда колдон келишинче салым киргизүү.
5. Саясий адабият менен иштөө.
6. Өзүлөрүнүн коомдук саясий билимдерин өз алдынча толуктоо.
7. Окуу ишинде
   а) марксизм-ленинизм классиктеринин чыгармаларын;
   б) партиялык жана мамлекеттик документтерди;
   в) күн сайын чыгуучу басма сөздөрдү;

г) маалымат адабиятын;
д) ... (дагы башкаларын өзүң кошуп жаз)
такай үйрөнүү жана пайдалануу.

8. Күндөлүк саясий информацияны тастыктай билүү, белгилүү тема боюнча маалыматтарды тандап алуу жана системага салуу.

9. Коомдук-саясий билдирүүлөр менен чыгып сүйлөө; саясий информация өткөрүү, рецензия, доклад, газетага заметка жазуу; күжүрмөн жана эмгек даңкы музейине экскурсия даярдоо.

10. Коом таануу боюнча билимдерди колдонуу

— Ар кыл татаалдыктагы жана даражадагы аңдап түшүнүлүүчү бул билгичтиктер бара-бара калыптанат,— дейм окуучуларга,— силер ал ыкмаларга коом таануу курсун үйрөнүүгө жараша ээ болосуңар. Жылдын аягында ар биринер биз белгилеген максаттарга жетишүүдө канчалык илгери жылганынарды текшере аласыңар. А эми бул үчүн тааныш-билүү ишмердигин өркүндөтүү зарыл. Аны түшүнүүгө анкета жардам берет. Балдарга «негизги интеллектуалдуу ыкмалар. Аларды канчалык билем» (колуман келет, колуман келбейт, билбейм) деген анкетаны таратып берем.

1. Курчап турган дүйнөнүн кубулуштарына байкоо жүргүзүү.
2. Ойлоо керек: а) теңештирүү; б) салыштыруу; в) карама-каршы коюу; г) түшүнүксүз нерсени табуу; д) тандануу.
3. а) көргөндөр; б) байкалгандар; в) аткарып жаткандар; г) ойлогон ойлор жөнүндө ой-пикир билдирүү.
4. Окуу: а) ылдам; б) ачык-айкын; в) ан-сезимдүү.
5. Жазуу: а) ылдам; б) жетишерлик тез; в) туура.
6. Окулгандардан бөлүп чыгуу: а) логикалык жактан бүткөн бөлүктөрүн; б) алардын ортосундагы өз ара байланышты жана өз ара көз карандылыкты.
7. Кызыккан маселе боюнча китеп табуу.
8. Китептен керектүү материалды табуу.
9. Текстти окуу процессинде алдын ала логикалык талдоо жасоо.
10. Мугалимдин айткандарын угуу жана бир эле мезгилде анын ангемесинин мазмунун кыскача конспектилөө.
11. Мугалимдин талабына ылайык тапшырма орундатуу.
12. Сочинение жазуу.

Окуучулар жоопторду жакшылап ойлонуп, жазып чыккандан кийин толтурулган баракларды чогултамын. Сабак аяктаганга чейин дагы бир нече мүнөт калышына тырышам. В. А. Сухомлинскийдин «Мектептин жаш директору менен маек» деген китебин ачам. Алтынчы аңгеме — «Окуучунун акыл эмгегин жетектөө жөнүндө. Мектепте үйрөнүүгө тийиш болгон эң маанилүү ыктар жана көнүгүүлөр». Окуй баштайт: «окуучу ээ боло турган бардык маанилүү ыктар жана көнүгүүлөр...» Ошондо, адаттагыдай, коңгуроо шыңгырайт.

— Аттиң, үлгүрө албадым,— деймин кейип.

— Кийинки сабакта аягына чейин окуп чыгабыз,— деген үндөр жаңырат.

— Келерки сабакта биздин ишибиз ансыз да көп.

— А сиз, китепти таштан кетириңиз, биз өзүбүз окуп чыгабыз,— деп кимдир бирөө сөзсүз сунуш кылат.

Дал ушуну күтүп турганымдан китепти кубануу менен балдарга беремин. Мага В. А. Сухомлинскийдин айткан төмөндөгүдөй пикири жагат: «Сабак жакшы болууга тийиш, эң оболу өспүрүмдүн интеллектуалдуу турмушунда жалгыз эле сабак болбошу үчүн жакшы болууга тийиш. Эгерде буга жетишилсе, сабак өспүрүм үчүн рухий турмуштун керектүү очогуна, мугалим бул очок ээсине жана аны сактоочуга, китеп — маданияттын баа жеткис кенчине айланат».

Кийинки сабакты алынган жоопторду кыскача талдоого алуудан баштаймын. Сухомлинскийдин өз алдынча билим алуу жөнүндөгү пикирлерине кандайча мамиле жасашкандыгын сурап көрүп, кетирилген кемчиликтердин ордун толтырууга боло тургандыгын дайыма баса белгилеймин.

— Кантип? — деп сурашат адатта.

— Сабактан кийин сүйлөшөлү.

Дем алышта «Билим алганды үйрөн» ийримин жөнүндө айтып берем. Эрежеге катары, бардыгы эле анда эмгектенгиси келишет. Кружокто «Лениндей үйрөнөлү», «Лениндик ой пикирге алып баруучу жол», «Коомдук көрүнүштөрдү таанып-билүүгө карата лениндик ык» деген темаларга карата өзгөчө көңүл бурабыз. Занятиени адатта райондук китепканада өткөрүп, каталогду, библиографиялык көрсөткүчтөрдү, адабияттын тематика боюнча тандалмаларын пайдалануунуу иш жүзүндө үйрөнөбүз. Балдар топ-топ (3—4 кишиден) болушуп, рефераттар даярдашат, андан кийин биз аларды чогулуп талкуулайбыз. Эң эле орчундуу маселелерди сабакта талдайбыз.

Теманы ачып берүүгө эң керектүү жана ошол эле убакта дүйнөгө көз караштык жагынан маанилүү нерселерди, эмнени окубай койсо боло тургандыгын, а эмнени тескерисинче, жакшылап карап чыгуу керектигин кантип тандап алуу керек. Окуучулар менен жолугушууга даярданганда, бул проблеманы эң башкы проблемалардын бири деп эсептеймин. Партиялык форумдун документтерине кайрылуу бул жерде баа жеткис жардам көрсөтөт. Айталы, өндүрүш ыктарын окуп үйрөнгөн кезде Робинзонго шилтеме жасабай койсом да болот. Өндүрүштүк мамилелердин өндүргүч күчтөрдүн мүнөзүнө жана өнүгүшүнүн

деңгээлине ылайык келүү законунун маңызын кыскача баяндап берем, бирок. «КПССтин XXVII съездинин материалдарынан» социалисттик өндүрүштүк мамилелерди дайыма өркүндөтүү, алардын динамикалуу өнүгүп жаткан өндүргүч күчтөргө ылайык келишинин зарылдыгы, алардын ортосундагы антагонисттик эмес карама-каршылыктарды өз убагында айкындоо жана чечүү коомдун социалдык-экономикалык прогрессин тездетүүнүн эң маанилүү фактору экендиги жөнүндөгү жобону издеп табууну сөзсүз сунуш кылам. А андан кийин муну кенен-кесири талдап чыгабыз. «Өндүргүч күчтөрдөгү революциячыл кайра куруулар жумушчулар менен дыйкандардын эң кеңири массасынын ишинде акыл эмгегинин ара салмагынын өсүшүнө алып келет»[1]. Принциптүү мааниси бар экинчи бир татаал программалуу көрсөтмөнү да ушундайча талдайбыз. СССРдин эл мугалими Т. И. Гончарованын: «Эмгекчил баштан — эмгекчил колдорго!» деген образдуу айтылган ою ангемени конкреттештирүүгө, эмгекке карата өзүндүн мамилең жөнүндө жакшылап ойлонууга жардам берет.

Социалдык революция жөнүндөгү маселени да партиянын XXVII съездине КПСС БКнын Саясий докладынын Октябрь революциясы баштаган жана XX кылымдын турпат-турушун аныктаган боштондукка чыгуу революциялары жөнүндөгү, «...революцияга тыштан түрткү берүү, анын үстүнө согуштук каражаттар аркылуу түрткү берүү, пайдасыз жана жол берилгис иш экендигине[2] бүгүнкү күндө да бекем ишенээрибиз жөнүндөгү маанилүү жоболорго таянуу менен ачып беремин.

Бул жөнүндө мугалимдер менен болгон жолугушуулардын биринде айтып бергенимде, мындай сөздү уктум:

— Тексттеги бул жоболорду издеп тапкычакты сабак өтүп кетет да.

— Сабак эмес,— деп жооп бердим,— бир нече секунд эле кетет.

Балдардын керектүү цитатаны издөөсүн кандайча жеңилдеткенимди түшүндүрдүм. Китептин бетин эле эмес, ошондой эле съезддин материалдарынын абзацынын номерин да көрсөтөмүн (документтин текстин окуп мен ошо замат абзацтарга номер коемун, а эми материалдардын жыйнагы ар бир окуучуда бар), ошондуктан алгачкы булакка жасалган шилтемени момундайча көрсөтөмүн: «Партиянын программасынан 38-абзацты, андан кийин 100-аб-

---

[1] КПССтин XXVII съездинин материалдары, Фрунзе, 1986, 180 бет.

[2] Ошондо эле, 14-бет.

зацты изден тапкыла» (өндүрүш жолдору жөнүндөгү маселени окуп үйрөнгөн кезде) же «съездге Саясий докладдын 20, 46-абзацтарын ачкыла» (социалдык революция жөнүндөгү маселени окуп үйрөнгөн кезде). Ылдам жана оной табышат. Биздин мектептин бүт мугалимдери да КПССтин XXVII съездинин материалдарынын үстүндө ушундай эле методикалык жол менен иштешет. Ушул жөнөкөй эле ык сабактын эң кымбат убагын бекер жоготпостон, кайра ар бир мүнөттү съезддин маанилүү көрсөтмөлөрүн мазмундуу окуп үйрөнүү үчүн пайдаланууга мүмкүндүк берет, ал көрсөтмөлөрдү бардык совет адамдары, өзүлөрүн жана биздин турмушубузду партиянын таланта-рына ылайык кайра куруу менен жетекчиликке алууга тийиш.

«ФИЛОСОФИЯСЫЗ АЛДЫГА ЖЫЛЫШ БОЛБОЙТ». Жаш Карл Маркстын атасына жазган катынан алынган бул сөздөр курстун философия бөлүмүн окуп үйрөнүүнүн өзүнчө бир лейтмотиви болуп эсептелет.

«Комсомольская правдадан» алынган (3-июнь 1982-ж.) эчактан өзүм сактап келаткан: «Кошчуга философиянын кереги эмне?» деген кабарчаны окуймун. «Чынын айтканда, мага, алалы, философия сыяктуу илимдин кереги эмне? Менин ишиме анын кандай тиешеси бар?» — деп сурайт жаш тракторчу. Менин окуучуларым дагы бир кошчунун, бирок көп жашап, көптү көргөн, Социалисттик Эмгектин Баатыры, колхоздук дыйкан жана Ленин атындагы Бүткүл союздук айыл чарба илимдер академиясынын академиги Т. С. Мальцевдин төмөндөгүдөй жообун зор көңүл буруу менен угушат.

«Мен философ эмесмин, бирок философиялык илимдерге эчактан бери ынакмын. Менин турмушум ушундайча болуп калды: жогорку окуу жайында эмес, башталгыч жана орто мектепте тилекке каршы, окууга туура келбеди: бизде мурда айтып келишкендей, билимимди өз алдымча алдым. А эми билимге дайыма ынтызар элем, андай ынтызарлыгым эми да солгундаган жок.

Мен философияга акыл токтотуп калган кезимде кызыгып калдым, кызыкканда да чындап кызыктым. Анан дегеле философ болоюн, билимдин ушул тармагы боюнча адис болуу үчүн эмес, өзүмдүн ой-пикиримди мыктыраак, тууралаак өнүктүрүү үчүн, жаратылыштын кубулуштарын, турмуш кырдаалдарын өз ишиме — дыйканчылыкка ылайыктап пайдалануу үчүн кызыккам».

Диалектиканын законун үйрөнө баштаганыбызда Терентий Семеновичтин ой-пикирлерине көп жолу кайрыла-

быз, ал жөнүндөгү китептерди, а эми азырынча балдар төмөнкүдөй бир нерсени билишин каалаймын: тандап алган ишинде жөн эле аткаруучу эмес, чыгармачы болгусу келсе жана дегеле турмушту чыныгы адамча андап түшүнүп, максаттуу жана татыктуу жашагысы келген ар бир кишиге философиялык билим керек. Игнат Панкратов (Н. Островскийдин «Болот кантип курчуду» романынан) философияга карата өз оюн «жалаң куру сөздөр менен куру кыялдар дегенинен» философияга зор, акыл иши деп, кандайча өзгөрткөнүн эске салабыз.

— Дал мына ушул «зор жана акыл ишинин» негиздерин биз үйрөнө баштайбыз,— дейм мен. — Негиздерин гана, чыйыр гана салабыз, анткени андан ары аны өзүңөр өздөштүрөсүңөр, себеби «философиясыз алдыга жылыш болбойт» эмеспи.

Бардык көңүлдү дүйнөгө илимий жана диний көз караштардын карама-каршылыгын, материализм менен идеализмдин келишпестигин, маркстик-лениндик философиянын партиялуулугунун жана илимий объективдүүлүгүнүн ажырагыс биримдигин, анын илимий таанып-билүүнүн методологиясы катары ролун ачып көрсөтүүгө бурамын.

Алгачкы булактар менен сөзсүз иштөө керек. Албетте, окуу китебинен: «Маркстин окуусу баардыгынан күчтүү, анткени ал туура» деген сүйлөмдү алууга да болот, бирок эң оболу Владимир Ильичтин өзүнө кайрылабыз. Ар бир окуучунун столунда «В. И. Лениндин чыгармалар жыйнагы...» бар (бир эле басылыштагы). Жолбашчынын биринчи макаласын — «Марксизмдин үч булагы жана составдуу үч бөлүгүн» окуп-үйрөнүү эле балдарды М. Шагиняндын: «Лениндин өзүн окугула, Ленинди өзүңөр окугула, бирок Ленинди окуй билүүнү үйрөнгүлө» деген (бул сөздөр жазылган плакат коом тааныу сабагы өткөрүлө турган Лениндик комнатада жайгаштырылган) кыска, таасын пикирин андап түшүнүүгө алып келүүгө тийиш.

Бөлүмдүн «Мамлекет жөнүндөгү маркстик-лениндик окуу» деген эң маанилүү темасына карата биз момундайча киришебиз.

— «Комсомольская правда» газетасына басылган (9-декабрь 1967-жыл.) «Күтүлбөгөн рецепт» деген кабарды уккула,— деп сабакты баштайм.

«Илимдер академиясынын китепканасынын сейрек учуроочу китептерди сактагычында уникалдуу басылмалардын жана кол менен жазылган китептердин арасында немец тилиндеги кичине китепче жатат. Мукабасында — буусу көтөрүлгөн мискейдин капкагын көтөргөн кол жана

тема бар: Алиса Рессинг. «Ашпозчунун рецептери. 50 түрдүү тамак-аш». Баасы 50 пфеннинг». Кулинардык бул арзан китепче сейрек учуроочу китептердин катарына кандайча кирип калган? «Колбаса аралаш жасмык» деген баракты ачамын. Дагы бир баракты ачамын. Дагы рецепт: «Музоо эти күрүч менен» ... Анан күтпөгөн жерден майда ариптер менен терилген, темасыз беттер. Биринчи, экинчи, үчүнчү... А эми ортосунда дагы рецепт. Анан кайтадан майда саптар.

Фашисттик Германияда 1935-жылы немец коммунисттери Потсдамда В. И. Лениндин «Мамлекет жөнүндө» деген китебин ушундайча басып чыгарышкан.

Ашпозчунун рецепттери менен чумбөттөлгөн ал китеп трамвайларда, поезддерде, көчөлөрдө таркатылган, анан төмөн жактагы байкалбаган шилтемеси гана окурмандарга макала революциянын жолбашчысына таандык экенин кабардайт»...

Окуучулардын лениндик лекцияга карата кызыгуусу козголду. Ал кандайча окуп үйрөнүлөт? Кириш сөзүн класста окуйбуз, а эми андан ары балдар текстти үйдө жакшылап окуп чыгышып, пландын төмөндөгүдөй суроолоруна жооп беришет:

1. В. И. Ленин мамлекет жөнүндөгү маселенин орду жана мааниси тууралу. Бул маселенин буржуазиялык илимде чаташтыгын эмне менен түшүндүрүүгө болот?
2. Мамлекет деген эмне? Аны мүнөздөөчү негизги белгилер.
3. В. И. Ленин мамлекеттин келип чыгышы жөнүндө.
4. В. И. Ленин эксплуатациялоочу мамлекеттердин маңызы жана формалары жөнүндө.
5. В. И. Ленин буржуазиялык демократиянын маңызы жөнүндө.
6. КПССтин XXVII съезди азыркы кездеги буржуазиялык мамлекеттин маңызы жөнүндө.

Технологиялык жактан алганда бул мындайча аткарылат. Тексттен жоопту таап алып, окуучу ичке учталган (кийин белгини оной өчүрүү үчүн) карандаш менен пландын пунктун коюп чыгат, ал эми дептерге болсо суроо менен катар жооп жазылган бетти көрсөтөт. Акыркы (алтынчы) суроого келсек, абзацтардын номерлерин саясий докладдан жана партиянын Программасынан жазып чыгат.

Бир эле суроого көп учурда бир нече, дээрлик бирдей эле жооптор берилет. Эмне үчүн Владимир Ильич мындай ыкмага баргандыгын ойлоп көрүүнү өтүнөмүн. Сабакта текст менен иштөө процессинде суроого «бир аз башкача

жактан карооо» деген эмне экенин өз көзүбүз менен көрөбүз (өз ал..ынча иштөө жөнүндө жолбашчынын жазылып алынган пикирлери да муну түшүнүүгө жардам берет).

Анан дагы Ларра жөнүндөгү легенданы эске түшүрүүнү сунуш этем (М. Горькийдин «Изергиль кемпири» адабият курсунда окулат). Анан биз кайтадан мамлекет жок болгон кезге, «коомдун өзү, тартип, эмгектин бөлүштүрүлүү иреги «адаттын, салттардын, абройдун жана кадыр-барктын күчү менен»[1] кармалып турган кезге «бир топ башкача жактан» карайбыз.

Сабактын аягында В. И. Лениндин Чыгармаларынын толук жыйнагынан 33-томду ачып, «көк дептердин» мукабасын (фото сүрөтүн) көрсөтөмүн, Эм. Казакевичтин «Көк дептер» повестинен үзүндү окуймун.

Окуучулар «Марксизм мамлекет жөнүндө» деген лениндик эмгекке кызыгыша турганын тажрыйбаман билемин. Сабакта ал эмгек жөнүндө кенен-кесири айтып берүүгө убакыт болбойт, бирок «Окуганды үйрөн» деген ийрим бар. Ийримдин сабагында даярдоо материалдарына көз чаптырабыз, алардын жардамы менен Ильич октябрдын алдындагы подпольенин кыйын убагында «Мамлекет жана революция», «Мамлекет жөнүндө марксизмдин окуусу жана пролетариаттын революциядагы милдеттери» деген даназалуу эмгегин жазган. Даярдоо материалдарын (азырынча көлөмү боюнча болсо да) жана аткарылган ишти салыштырып көрөбүз. Мунун өзү эле кандай таалим-таасирлүү! Көчүрүлүп алынган жазмалардагы көптөгөн маргиналияларга көз жүгүртөбүз. Лениндин чыгармачылыгын артыкча жакшы түшүнгөн М. Шагинян ошол көчүрүлгөн жазмаларды Ильичтин жазуу жагындагы жандоосу деп атаган. Бул Лениндин өзү менен карым-катыштык, Лениндин ой-пикир лабораториясына көз жүгүртүүгө далалат жасоо.

Ар кандай эле нерселер болучу. Кантип Б. Сергей Ленин колдонгон көптөгөн астын сызууларына жана тегеректөөлөргө (бир, эки, кээде үч жоон жана ичке сызыктар менен), өз-өзүнчө жана кызыктуу айкалыштарда пайдаланылган илеп жана суроо белгилерине, бир-эки ооз сөз менен айтылган таасын пикирлерине кызыгып калганы эсимде. Ушуга окшогон белгилердин маанисине өз алдынча түшүнүш үчүн ал кеңеш сурап калды:

— А сен издеп көргүн, Ленин үзүндү жазып алган чыгармалардын арасында мектепте окугандарың да болуп

[1] *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы, 19-том, 69-бет.

калышы мүмкүн. Таап калсаң, лениндик баракгарга карабай, өзгөчө маанилүү деп эсептегенинди өзүң жазып чык. Анан кийин салыштырып көрсөң, ойлонто турган иштерди табасың.

— «Коммунисттик партиянын манифестин» таптым,— деп ал бир нече күн өткөндөн кийин мага келди.

— Эмесе жакшы болуптур. Ишке кириш.

— Эмне, бүт китепти конспектилейинби?

— Лениндин чыгармасы эмнеге арналган?

— Мамлекетке.

— Анан ошо жөнүндө изде, көчүрүп чык, белгилерди коллон.

Мына ушундайча аракет жасап, жетилген марксизмдин биринчи документин да, мамлекет жөнүндөгү маселени да терең түшүнө билди жана Ильичтин өзү колдогон өз алдынча иштөөнүн кээ бир ыктарын бир убакта өздөштүрө баштады. Анын мыктылап окуганынын жыйынтыгы окуучулардын конференциясында «Лениндин маргиналияларынын үстүндө ой жүгүртүү» деген темадагы билдирүүсү болду.

Башка бир окуя да эсимде, «Марксизмдин үч булагы жана составдуу үч бөлүгүнүн» биринчи бөлүгүн окуп үйрөнгөндөн кийин Лениндин бул жөнүндө дагы кайсы эмгектеринен окууга болот деп бир окуучу кыз сурап калды.

— Адегенде ошол эле «В. И. Лениндин чыгармалар жыйнагынан»... окусаң болот. Анда, үзүндү-үзүндү түрүндө болсо да «Карл Маркс» деген макала бар.

Лениндин эмгектерин өз алдынча окуганды жана үйрөнгөндү кубаттап, мектеп окуучуларында философия билимдерине кызыгууну козгоого умтуламын. Бул жөнүндө окуучу кыз мындай деп жазат:

«Коом таанууунун философия бөлүмү мени өзүнө тартып, кызыктырды. Биздин курчап турган чөйрө жөнүндө, адамзаттын абсолюттуу чындыкты таанып-билүүгө кантип жакындай турганы жөнүндө жана у. с. жөнүндө көбүрөөк билгим келди. Философия мени ушунчалык кызыктыргандыктан, мен кез-кези менен болсо да, «Вопросы философии» журналынан кээ бир макалаларды, «Политическое самообразованиеден» ... философиялык макалаларды окуй баштадым. Кээде кайсы бир справочникке кайрылбай туруп, жакшы түшүнүүгө мүмкүн болбогон сөздөр, түшүнүктөр кездешти. Андай справочник мен үчүн «Философиялык сөздүк» болду».

Окуучулар билдирүүлөрдү жана рефераттарды даярдаганда, класстык жана мектептик конференцияларда жана

семинарларда сүйлөөгө даярданган кезде лениндик мурастарга кайрылышат. Окуунун бул активдүү формалары биздин мектепте жогорку класстардын окуучуларында кеңири таркалган. Чыгармачылык иштердин тематикасын иштеп чыгып олтуруп, биз ар бир окуучу өзүн толкундаткан, кызыкчылыгына жана турмуштук планына ылайык келген, бирок ошол учурда чымырканган ой-пикирди, булактарды таба билүүнү жана ал булактар менен иштей билүүнү сөзсүз талап кылган проблеманы тандап ала алышына умтулабыз. Сурооно жооп, керектүү китептерди, маалыматтарды издеп балдар мектептик жана шаардык китепканаларга гана кайрылышпастан, китепканалар аралык абонементке, Марксизм-ленинизм институтуна, «Билим» коомуна кайрылышат. Өз алдынча жүргүзүлүүчү ишке жетекчилик кылуу мугалимден ийкемдүүлүктү, кылдаттыкты, окуучулардын мүмкүндүктөрүн, алардын кандай кесип тандап алгысы келгендигин билүүнү талап кылат. Иштин ийгилиги жардам берүү чараларын жана формаларын туура тандап алууга, ошондой эле даярдоо ишин уюштурууга байланыштуу келет. Теманы бир окуучу же окуучулардын тобу даярдай алат, өзүлөрүнүн иликтөөлөрүнүн натыйжасы жөнүндө алар класстагы тематикалык саясий информацияда, жалпы мектептик кечеде жана конференцияда билдиришет. Варианттар көп, максат бирөө: коом таануу курсунун философиялык бөлүмүн окуп үйрөнүү окуучулардын ойлоо, курчап турган чөйрөнү аңдап билүү турмуштун маанилүү окуяларын түшүнүү деңгээлин сөзсүз жогорулатууга тийиш.

Теманы жана аны терең окуп үйрөнүүнүн зарылдыгын окуу материалынын өзү эле айтып турат. Алсак, «В. И. Ленин таптар жөнүндө» деген тема бүткүл курсту жана окуу материалдарын жалпылоочу, системалаштыруучу билим катары сунуш кылынган. «Таптык күрөш — антагонисттик коомдун өнүгүү закону» деген тема кийинки: «Таптык коомдо рухий маданияттын таптык мүнөзү» (IX класс) жана «Социалисттик коомдун социалдык-таптык структурасы. Тапсыз социалисттик коомдун калыптанышы — толук социалдык бир тектүүлүккө баруучу жолдогу маанилүү этап» (X класс) деген темаларды окуп үйрөнүүгө алдын ала чыйыр салып, даярдайт.

Окуучулар көп жылдардан бери эле тарыхты окуп үйрөнүү процессинде «таптар», «тап күрөшү» деген түшүнүктөргө таянышат. Аларга кээ бир лениндик аныктамалар да белгилүү. Сегизинчи класстагылар комсомолго өткөнү жатышып жолбашчынын комсомолдун III съездин-

де сүйлөгөн сөзү менен таанышышат, анда мындай деген түшүнүк берилген: «А эми жалпысынан таптар деген эмне? Бул коомдун бир бөлүгүнө экинчи бөлүгүнүн эмгегин ээлеп алууга жол бере турган нерсе». Окуу китебинде түшүнүктүн маанисине логикалык жактан эң сонун аныктоо (дефиниция) берилген, а эми, лениндик «Улуу демилге» деген эмгекке кайрылып, окуучулар дагы бир аныктаманы таба алышат. Мына ушинтип башкы белгилерди салыштыруу, баса көрсөтүү үчүн мүмкүндүк түзүлөт. Бул талдоо ишин андан ары күчөтүп, Ленинден окуучулар үчүн жаңы аныктамаларды гана эмес, ошондой эле ар түрдүү салыштырууларды (таптар жана партия, таптар жана сословиелер), сөз айкалыштарын (таптык жактан мамиле жасоо, таптардын келип чыгышы, таптык күрөштүн формалары, таптарды жок кылуу жана б. у. с.) издеп табууну сунуш этемин. Бул терминдердин жана көрүнүштөрдүн түшүндүрмөсүн башка булактардан издебестен, дал В. И. Лениндин эмгектеринен, табуу керектигин тактап өтөм. Кантип? В. И. Лениндин Чыгармаларынын толук жыйнагына карата маалыматтык томдун жардамы менен табуу керек.

Биз Лениндин чыгармаларына карата Маалыматтык томду пайдалануу өнөкөтүнө көндүрбөсөк, тарбиялануучуларыбызды Ленин менен кеңешүү мүмкүндүгүнөн ажыратып коёрубузга терең ынанам. Эгерде кеңешти кай жерден жана кантип алууну билбесең, анда кантип кеңеше алмак элең? Дал ошон үчүн ушул оной, бирок керектүү ыкка атайылап үйрөтөмүн. Ошондуктан бизде сөзсүз колдонулуучу эреже сакталып келе жатат, ар кандай маалыматты, ангемени даярдоону балдар: ушул жөнүндөгү нерсе Владимир Ильичте барбы? деген суроого жооп берүүдөн башташа турган болду. Албетте, тема боюнча кайсы бир макаланы, иштелип чыккан корсөтмөнү китепчени сунуш этүү жеңил жана оной. Бирок мунун өзүн женилдетилген вариант деп эсептеймин, анткени сөз үйрөнүүчүлүк, өз алдынча билим алууга тартуу жөнүндө жүрүп жатпайбы.

К. Анжела «В. И. Ленин жана музыка» деген темага кызыгып калды. Социализмдин рухий маданияты менен байланыштуу бир катар маселелерди караган кезде билдирүү керекке жарамак:

— Эмнеден баштоо керек? — деп мага кайрылды окуучу кыз.

— Демейдегидей эле — Лениндан изде.

Бир нече күн өткөндөн кийин мага келди.

Маалыматтык томдо «музыка» деген сөз жок экен.

— Жакыныраак келгендерин изде көр.
— Кандайларын?
— «Маданият», «искусствону» караса болот.

Биринчи термин максатка жеткире албады. Экинчиси «Карацыз: ошондой эле... Пролетардык, революциячыл ырды» деген экинчиси ой жүгүртүүгө түртку берди. Билдирүүгө: «Ленин жана ыр» деген маселе кирет деп чечти окуучу кыз. Маалыматтык томго кайрылды. Изде отуруп, «Революциячыл жана элдик ырлар» деген теманы тапты. Изденүүнүн дагы бир багыты Владимир Ильич жөнүндөгү эскермелерге алып барды. Ошентип Анжела керектүү материалды таап, кызыктуу жана мазмундуу доклад даярдай алды.

М. Жанна мындай суроо менен кайрылды.

— Атамдын партбилетин ачып көрдүм. Лениндин портретинин алдында анын: «Партия — биздин доорубуздун акылы, сыймыгы жана ар-намысы» деген сөздөрү бар экен. Ал сөздөр чыгармаларынын кайсынысынан алынган?

Мен кайдан алынганын билсем да, жооп берүүнүн ордуна Марксизм-ленинизм институтунун адресин бердим.

— Ал жерде маалымат бөлүмү бар.

Кыз шилтемени алып, китепканага барып, керектүү томдон көрсөтүлгөн бетти табат.

Ошентип, албетте, окуу китебинен даяр билимди алуу оной. Бирок, бул билимдин баасы жана ага карата жасалган мамиле (эгерде сени кызыктырган маселеге жооп табууда кыйынчылыктарды жеңүүдө күч-аракет жумшалбаса) кандай болмокчу? Мына дал ушул үчүн менин окуучуларым маалыматты өзүлөрү таап чыгышып, өзүлөрү иштей алышы үчүн ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланып, Т. С. Мальцевдин өзүнчө деген сөзүн колдоном.

Бир жолу балдардан:

— Окуу китебиндеги тапшырманы канча жолу окуйсунар? — деп сурап калдым.

Көпчүлүгү эки-үч жолудан,— деп жооп бериштн.

— А эми силер момундай иштеп көргүлөчү: биринчи жолу окуу китеби, экинчисинде — сөздүк боюнча, үчүнчү жолу — дагы кайсы бир булак боюнча окугула. Жооп берген кезде кандай кыйынчылыктарга кездешип, кандай корутундуга келгениңерди айткыла.

Ошондой иштеп көрүштү. Анан эмнени айкындап чыгышты? Керектүү нерсени (бир эле тексти нечен ирет окуй бергенде мындай зарылдык болбойт), таталыраак нерсени тандап алуу кыйын, көрсөтүлгөндүн баарын бир эле билдирүүгө кошуу андан да кыйын экенин көрүшкөн. Бирок

баардыгы: ушундай иштеген кызыктуураак болот экен — салыштырып, тенеп, көрөсүң, а эми натыйжада проблеманы мыктыраак түшүнө баштайсың, билимди бекемирээк жана тереңирээк биле баштайсың деп чечкиндүү билдиришти.

Дал ошондуктан (муну да мен окуучуларга түшүндүрөм) үй тапшырмасын дайыма тема боюнча (2—3 темаңын атын) кошумча адабиятты көрсөтүү менен чогуу берем, газеталардагы журналдардагы алгылыктуу макалаларды окуупу сунуш кыламын. Мындай тактика окуучулардын тааныш-билүү ишин өнүктүрүүгө, ал ишинин активдүүлүгү менен өз алдынчалыгына дурус таасир бере тургандыгына ишенем. Менин кенештеримдин баары эле пайдаланыла бербесе да, башкысы (буга В. А. Сухомлинский көңүл бурган) — класста акылды уйкудан, жалкоолуктан, кайдыгерликтен ойгото турган жогорку интеллектуалдуу жагдай түзүлөт.

Мисалы, тааныш-билүү жөнүндөгү маселени окуп үйрөнүүдө класска О. И. Скороходованын «Курчап турган чөйрөнү мен кандай кабыл алам, элестетем жана түшүнөм» (М., 1972), Э. В. Ильенковдун «Жаш кезиңден ой жүгүртүүгө үйрөн» (М., 1977) — бул китепте атап айтканда, сокур-дүлөйлөрдүн психикасын өнүктүрүү жөнүндө сөз болот — В. В. Апраушевдин көзү көрбөй жана кулагы укпай калган балдардын тагдыры жөнүндөгү, алардын адам катары өсүп жетилиши жөнүндөгү «Оптимизм менен тарбиялоо» (М., 1983) деген китептерин ала келишкен. Китептердин мазмунун кыскача айтып берем. Сабактан кийин кимдир-бири сөзсүз эле: «Окуп чыгалычы» деп суранат. Ушул китептерге гана эмес, ошондой эле, эң маанилүүсү, өзүн өзү тааныш-билүүгө карата, адамдын потенциалдуу мүмкүндүктөрүнүн проблемасына карата туташ кызыгуу мына ушинтип башталат.

Ой-пикир бөлүшүүгө умтулуу пайда болот. Ошентип, биз «Адамдын акыл-эсинин жеңишчил күч-кубаты» (М. Горький) деген жалпы конференция өткөрүүнү чечтик.

Чыгып сүйлөө үчүн маселелерди төмөндөгүдөй түздүк:

1. Адамдын аң-сезиминин калыптанышынын жолдору.

2. Тилсиздик жана карацгылык каргашасын жоюу (сокур-дүлөйлөрдү окутууга жана тарбиялоого карата эки мамиле: «Элен Келер феномени» жана М. А. Соколянский менен А. И. Мещеряковдун окуусу).

3. О. И. Скороходованын «Курчап турган чөйрөнү мен кандай кабыл алам, элестетем жана түшүнөм» деген китеби жөнүндө.

4. Сенсацияларсыз сенсация (Загорскидеги сокур-дүлөй балдарга арналган балдар үйүнүн тарбияланууучулары Н. Корнеева, Ю. Лернер, С. Сироткин, А. Суворов жөнүндө сөз).

5. Корчагин жана корчагинчилер турмушта жана адабиятта.

6. К. Маркстын: «Илимде даңгыраган кеңири жол жок, анын жаркыраган чокусуна чарчап чалыкканды билбеген, тар жол, тайгак кечүүсүн кажыбай баскандар гана жете алат»[1] деген учкул сөзү жөнүндө ой-толгоолор.

Албетте, мурда эле окуп чыгышкан китептерден башка адабияттар да сунуш этилген болучу[2].

Бир жолу сабакка академик Б. М. Кедров «Философиялык сүйлөшүүлөрдүн жумалыгын»[3] жарыялаган «Наука и жизнь» журналынын номерлерин алып келип, биринчи ангеменин далай жерлерин окуп бердим.

Балдар аябай кызыгышып, кийин анын «Диалектика жөнүндө ангеме» деген китеби менен да таанышып чыгышты. Адегенде ангемелердин формасы (главалар — жуманын күндөрү боюнча: главалардын ар биринде — үчтөн: эртең мененки, күндүзгү, кечки ангеме бар; философдун маектеши менен диалогу: философиялык эмес жөнөкөй ангемеден философиялык проблемаларга өтүү, андан кийин мазмуну да кызыктырды.

Коом таанууну окуп үйрөнүү башка предметтер боюнча жүргүзүлгөн сабактарда карала турган маселелерге карата Философиялык позициялардан туруп мамиле жасоого жардам берет. Химия мугалими Н. С. Чепкая Д. И. Менделеевге арналган конференцияны өткөрүүнү ойлонуштурган. Бул жөнүндө билип туруп, ага катышуучуларга төмөндөгүдөй маселелердин үстүндө ой жүгүртүүнү сунуш эттим: диалектиканын закондору мезгилдүү системада эң айкын даана көрүнөт, бирок ушунчалык зор ачылыштын автору өзү бул закондорду билгенби? Жоопту өз алдыларынча издеп табууга балдарды жакындатуу жана ой-пикирди туура жолго багыттоо маанилүү болучу.

Маркс менен Энгельстин чыгармаларынан Менделеев жөнүндөгү эскерүүлөрдү издеп табууга кеңеш берем. Окуу-

---

[1] *Маркс К., Энгельс Ф.* Соч., т. 23, с. 25.

[2] *Горький М.* Письма к М. А. Соколянскому и О. И. Скороходовой. Собр. соч. В 30 т. *Твен М.* Собр соч., В. 8 т. т. 8, с. 215—220. *Островский Н.* Болот каптип курчуду. Каттар. *Полевой Б.* Чыныгы адам жөнүндө повесть. *Бойченко А.* Молодость. *Осипов А.* Корчагинцы пяти континентов. Пермь. 1973.

[3] Караңыз: Наука и жизнь. 1985. № 3, 4, 6, 8—11.

чу кыздардын бири Ф. Энгельстин төмөндөгүдөй сөзүн тапкан: «Менделеев, Гегелдин сандык сапатка өтүшү жөнүндөгү законун ойлонбостон эле колдонуп, илимий эрдик жасаган, аны Луверьенин орбитада дагы бир белгисиз планетаны — Нептундун бар экенин эсептеп отуруп таап чыкканы менен бир катарга тартынбастан коюуга болот»[1]. Сураймын:

— «Ойлонбостон» деген сөздү кандайча түшүнүүгө болот? Эгерде билбесе, кантип колдоно алган?

Ой жүгүртүүнүн натыйжасында окуучу кыз закондорду төмөндөгүдөй объективдүү мүнөзү жөнүндө корутунду чыгарат:

— Биз закондорду билген-билбегенибизге карабастан, алар аракет кыла берет.

— Энгельстин чыгармаларын Менделеев билгенби-жокбу, кандай деп ойлойсуң?

— ???

— Билүүгө далалаттанып көрчү.

— Кантип?

— Адегенде кайсынысы мурда болгонун: мезгилдүү закон ачылганбы же В. И. Ленин «Марксизмдин үч булагы жана составдуу үч бөлүгү» деген чыгармасында, ар бир аң-сезимдүү ар кандай жумушчунун үстөл үстүндөгү китептери деп аталган чыгармалар мурда жарыяланганбы?

Тапшырма толук колдон келгендей болуп чыкты. Мындай деген «ачылыштарды» жасап келиштн:

— Менделеев мезгилдүү законду ачкан убакта «Анти-Дюринг» менен «Людвиг Фейербах» али жарыялана элек болучу. Мен, бирок, Дмитрий Ивановичтин китепканасынан Маркс менен Энгельстин чыгармалары бар экенин көрдүм.

— А эми өзүн таап чыккан цитатада Энгельс сандан сапатка өтүү законун эмне үчүн «гегелдики» деп атаганынын себебин айта аласынбы?

— Маркс менен Энгельстин материалисттик талдоо жүргүзүшүн Менделеев анда биле албайт эле.

Сабакта (конференцияга чейин эле) М. Еленага өзүнүн изденүүсүнүн натыйжасын айтып берүүнү сунуш эттим.

— Кандай деп ойлойсуңар, — дедим класска кайрылып,— эгерде Менделеев материалисттик диалектиканын закондорун билсе, ой максатына ылдамыраак, ишенимдүүрөөк барат беле?

---

[1] *Маркс К., Энгельс Ф.* Соч. т. 20. с. 389.

Балдардын туура тапкан жообун советтик көрүнүктүү окумуштуу академик В. А. Амбарцумяндын сөздөрү менен бекемдеймин: «Менин жеке өзүм үчүн диалектиканын негизги жоболорунун бири, анын «ядросу» — карама-каршылыкты өнүгүүнүн булагы катары кароо өзгөчө зор маанини ээлейт. Дал ушул жобону фактылык материалды кылдат талдоо менен айкалыштыруу стационардык космос объектилери жөнүндөгү идеяны космос эволюциясынын закон ченемдүү фазалары катары идеяны жаратууга мүмкүндүк берди».

Жогорку класс окуучулары мына ушундайча акырындык менен гипотеза көтөрүп, ага далилдер издөөнү үйрөнүп, чымырканган акыл ишине көбүрөөк кызыга башташат. Бул өндөнгөн ишти эмгекчилдикти инсандык сапат катары тарбиялоо жолдорунун бири да деп ойлоймун.

Материалисттик диалектиканын закондорун андап түшүнүүгө окуучуларга кандайча жардамдашам? Бул маанилүү жана татаал милдетти чечүүдө ар түрдүү ыктарды колдономун. Мисалы, сабактардын бирөөнү Т. С. Мальцевдин жүйөөлүү сөзүнөн кайтадан баштап, «Коммунист» журналынан алынган (1982, № 6) анын макаласынан цитата келтиремин: «Материалисттик философия накта илимий жалпы саясий маселелерди эле эмес, чарба маселелерин чечүүгө да эң керектүү... Ал тургай бул эреженин эрежеси болуп калууга тийиш. Жаратылышты бир бүтүн ажырагыс перспе катары, бардык бөлүктөрү өз ара татаал диалектикалык көз карандылыкта турган кабыл алууга үйрөнүү керек, ошондо анын байланыштарын закон ченемдүүлүктөрүн оңой түшүнүүгө болот».

Материалисттик диалектиканын негизги закондорун түшүнүүгө төмөндөгүдөй схема жардам берет[1]:

Кыймыл, өнүгүү

Булак (эмне кыймылдатат?)	«Механизм» (кандай кыймылдайт?)	Багыты (кайсы багытта кыймылдайт?)
Карама-каршылыктардын бирдиктүүлүгүнүн жана күрөшүнүн закону	Сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү закону	Танууну тануу закону

[1] Караңыз: *Шерстнюк В. П.* «Логическая структура учебного курса «Диалектический материализм». М., 1981, с. 109.

— Кашаадагы проблемалар бизди кызыктырбай турган иштин түрү барбы? — деп сурайм.

Бул маселеге терс жооп берип, бирдей пикирге келгенден кийин, корутунду чыгарамын:

— Демек, диалектиканын закондорунун өзгөчөлүгү өмнеде?

Кимдир-бирөө сөзсүз мындай дейт:

— Ал закондор бардыгына тийиштүү.

— Туура,— деп ырастап, аныктамасын беремин: — Диалектиканын закондору жалпыга бирдей, бардыгына жарамдуу.

Андан кийин тапшырманы сунуш кылам: «Негиздери мектепте окула турган илимдерге тийиштүү келген диалектиканын закондорунун көрүнүшүн айкындагыла».

Ошентип кайтадан Т. С. Мальцевдин макаласына кайрылабыз. Диалектиканын закондорун дыйканчылыкка кандайча колдонуп жатканын айтып, атактуу дыйкан мындай деп жазат: «... бардык турмуш процесстери түзүлүү-талкалануу формасында өтөт: бара-бара бир-нерсе талкаланат жана бир эле убакта бир-нерсе синтездешет, түзүлөт. Өсүмдүк дүйнөсүндө да, жаныбар дүйнөсүндө да ушундайча болот. Ушуга окшош нерсе кыртышта да болуп өтөт, анда бир нерсе ажырап бөлүнөт да, артынан бир нерсе пайда болот. Турмуш диалектикасы ушундай. Кыртышта диалектика өзүнүн мүнөздүү өзгөчөлүгүнө, өзүнчө ар түрдүү цикддүүлүккө жана кайра тескерисинче аракетке ээ. Түзүлүү-талкалануу, ошондой болсо да, бирдиктүү процесс болуп эсептелет жана диалектиканын карама-каршылыктардын бирдиктүүлүгү жана күрөшү сыяктуу белгилүү закону боюнча келип чыгат. Адамзат үчүн түзүлүү функциясы же талкалануу функциясы кандай кырдаалдарда же шарттарда көбүрөөк көрүнө тургандыгын билүү эң маанилүү. Андан да алардын биринин басымдуу болушу сөзсүз болуучу шарт, чындыгында материянын кыймылы да мына ушунун аркасында пайда болот. Тигил же бул шартта эмне басымдуулук кылаары — зор практикалык жана илимий мааниге ээ маселе».

Буга түшүндүрмө берүүнүн эч кереги жок: философиялык жактан акылдуу жана эң таасын айтылган. Эреже катары, балдар Терентий Семеновичтин өзү жөнүндө көбүрөөк билгилери келишет. Элдик академик жөнүндө кыскача айтып берем, ал жөнүндөгү китептер менен макаларды сунуш кылам (мындай китептер үй китепканада бар, атап айтканда И. Филоновдун «Кошчу». И. Ивановдун «Терентий Мальцев — элдик академик» деген китеп-

тери, Т. С. Мальцевдин өзүнүн эмгектери бар). Анан кийин «Окуганды үйрөн» деген ийримде ал иштеп чыккан дыйканчылыктын интенсивдүү технологиясынын мааниси жөнүндө, анын турмушунда өз алдынча билим алуунун ролу жөнүндө, бул эң сонун адам көңүлү сүйгөн ишинде эмнеге жетишкендиги жөнүндө, анын жаштарга осуяттары жөнүндө маегибизди улантабыз.

Коомдук тарыхый практиканын ролун окуп үйрөнүүгө өзгөчө көңүл бурам, анткени окуучулар кээде практиканы өтө эле бир тараптуу түшүндүрүшөт. Балдар практиканы материалдык өндүрүштү, коомдук-саясий иштерди, илимизилдөө ишин, искусствону өнүктүрүү жана таанып-билүүнү камтыган турмуш чөйрөсү катары түшүнүшүнө жетишүүгө аракет кылам. Окуу китебиндегиге караганда, практиканын функцияларын негиз, баштапкы пункт, кыймылдаткыч күч, таанып-билүүнүн максаты жана анын чындыктыгынын критерий катары так аныктап бөлүү да талап кылынат.

К. Маркстын «Фейербах жөнүндөгү тезистеринен» алынган мурда каралып өткөн: «Философтор дүйнөнү ар башкача түшүндүрүшүп гана келишкен, бирок маселе аны өзгөртүүдө болуп эсептелет»[1] деген жобосуна биз дагы бир жолу, мурдагыдан жогорку таанып-билүү деңгээлинде кайрылабыз.

Өспүрүмдөрдүн граждандык жактан жетилиши үчүн эң маанилүү келген теория менен практиканын бирдиктүүлүгү сыяктуу маселеге келсек, аны терең жетишпей тургандыгын түшүнүү үчүн окуу китебиндеги бир абзац түшүнүктүү. Бул маселени окуп үйрөнүү бул бирдиктүүлүктүн көрүнүшүнүн ар түрдүү тараптарын, мисалы, сөз менен иштин биримдиги сыяктуу маанилүү маселени, талдоону талап кылат.

КПССтин Программасынан мындай көрсөтмөнү окуйбуз: «Сөз менен иштин биримдиги — бүткүл партиялык жана мамлекеттик иштин эң маанилүү принциби...» Бул турмушта өзүнүн алган орду жөнүндөгү, сыймык жана аброй жөнүндөгү, мектептик комсомол уюмундагы иштердин абалы жөнүндөгү ачгеменин башталышына карата түртку берет.

Коом таануу курсунун философия бөлүмүнүн потенциалы зор, ал окуучуларга билимдердин атеисттик маанызын ачып көрсөтүүгө, аларда диний идеологияга карата келишкис позицияны калыптандырууга мүмкүндүк берет.

---

[1] *Маркс К., Энгельс Ф.* Соч. т. 3, с. 4.

Биринчи кезектеги милдетти В. И. Ленин: массадагы ишенүүнүн жана диндин булагын материалисттик жактан түшүндүрүү[1] деп баяндаган. Бул булак, КПССтин Программасында айтылгандай, башка терс көрүнүштөр сыяктуу эле, адамдардын ан-сезиминдеги жана жүрүш-турушундагы эскилик саркындыларына, коомдук турмуштун ар түрдүү жактарындагы практикалык иштин кемчиликтеринде, бышып жетилген проблемаларды чечүүнү кечиктирүү менен байланышкан. Атеисттик тарбиялоо ошондой эле адамдардын эмгектеги жана коомдук белсемдүүлүгүн арттырууну, советтик жаңы салттар менен үрп-адаттарды кеңири таркатууну[2] талап кылат.

Сабакка өз китепканамдан адабияттарды: П. Гольбахтын «Карманное богословие», Ем. Ярославскийдин «Библия для верующих и неверующих», В. Яертихиндин «У истоков религии», А. Осиповдун «Откровенный разговор с верующими неверующими», Л. Лепихиндин «Мир призрачный реальный», «Карманный словарь атеиста», «Настольная книга атеиста» китептерин, «Улан-кыздар үчүн философия китепканачасы» сериясы боюнча чыккан, Германия Федеративдүү Республикасынын белгилүү философ-марксисти Р. Штайгервальддын «Введение в марксистскую философию» деген китебин ала келдим. Бул китептердин кыскача мазмунун айтып берем да, эң акыркысынан «Дүйнөнү кимдир-бирөө жаратканбы же жокбу?» жана «Дин жөнүндө бир аз сөз» деген главалардан үзүндүлөр окуймун[3]. Таанписте бардык китептерди талашып алышат.

Тапшырманы мындайча түзөм: «Силер динге ишенүүчү адамга диндин жалганчылыгын кантип далилдемекчисиңер?» Окуучуларга бул тапшырма адеп караганда анчалык деле татаал эместей сыяктанат. Бирок дароо жооп берүүгө жасалган бир топ далалаттар алгылыксыз болуп чыгат: туура сөздөр айтылат, бирок далилдер жок. Үйгө окуучулар жүйөөлөрдү табууга дилгирленип келишет.

Бир жолу окуучулардын бирөө сабакка Библия алып келди. Эмне кылыш керек? Аны алып келген окуучуга бир бетти угуза окууну сунуш эттим. Бир нече сапты араң дегенде окуп, албетте, эчтеке түшүндүрө алган жок. Ошол учурда А. Осиповдун китеби бар окуучудан минтип сурадым:

---

[1] Караңыз: *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы, 17-том, 418-бет.

[2] Караңыз: КПССтин XXVII съездинин материалдары. 191-бет.

[3] Караңыз: *Штайгервальд Р.* Введение в марксистскую философию. М., 1982.

— Эмне окуп үлгүрө алдың?

— Үч главаны гана,— деп жооп берди.

7-беттеги биринчи жана акыркы абзацтарды окуп көрчү.

Окуду: «Ооба, Ленинграддагы православиелик диний академия менен семинариянын эски осуяттын ыйык жазмасынын байыркы еврей тилинин кафедраларынын профессору, алардын мурдагы инспектору кудай тануу магистри жана протонерей, чиркөөдөн жана динден кол үздүм... Мен бул чечимге кандайча келдим? Кыскача айтканда: Инжилди тарыхый сын көз менен чын дилден окуу, диндин тарыхын кылдат окуп үйрөнүү, табият илимдеринин өнүгүшүнө байкоо жүргүзүү, капиталисттик дүйнөнүн ыкластагы жана аякта диндин бирде бечаралык, бирде жийиркеничтүү роль ойноосу менен чындап таанышуу, марксизм-ленинизмди жана анын философиясын окуп үйрөнүү аркылуу жана акыры келип өзүнүн бирден бир туура жолуна тарткан советтик чындыктын өзү аркылуу келдим».

«Мына ушундай,— деп түшүндүрө кеттим, сага бере салышкан китепти эң мыкты билген бул адам динден кол үзгөн. Кыйналып жатып, арак бир-эки сабын эжелеп окуган китепти кантип түшүнө аласың. Айтмакчы, кандай деп ойлойсуңар,— эми класстагыларга кайрыламын,— чиркөө жамаатының карапайым мүчөлөрү ал китепти түшүнө алабы?

— Билмек кайда,— деп жапырт жооп беришет.

Дин кызматкерлери жамаатындагылардын башын кантип айландыргандыгын далилдүү болду го дейм силерге. Атеисттик тарбия ишинде ийгиликке оной жетишем деп ойлоого болбойт. Адеп карагандагыдан бардыгы алда канча кыйын. «Чыныгы илимий атеизм,— деп жазган В. А. Сухомлинский,— бул жаратылышты материалисттик жактан түшүндүрүүнүн чындыгын ырастоо гана эмес, ошондой эле адамда анын дүйнөнү оптимисттик, көңүл куунактык менен кабыл алышын, анын турмуштун максаты менен маанисин түшүнүшүн бекемдөө»[1].

Адамдын жашоосунун маңызы жаштарды өзгөчө толкундатат, ошондуктан аларды мына бул кыжаалат ой-саная менен жалгыз таштоого болбойт. Бул боюнча павлыштык педагог мындайча ой жүгүрткөн: «Адамдын организми, бут курчап турган дүйнөдөй эле, химиялык элементтерден турат, демек, «өлбөй турган жан» жок деп окуучуларыбызды ишендирүү менен аларда диний окууга... каршы иммунитетти иштеп чыгармакчыбыз деп ойлоо аңкоолукка

[1] *Сухомлинский В. А.* Избр. пед. соч: В 3 т. т. 2. М., 1980. с. 284.

жатар эле. Мунун бардыгына окуучулар канчалык терең ирээк ой жүгүртүшсө, кантип эле адам органикалык эмес жана органикалык жаратылышта кадам сайын жолугуша турган химиялык элементтерден турсун? деп таң калуу, канааттанбоо сезимин ошончолук көбүрөөк башынан өткөрүшөт»[1].

Бул маселелерге биз бир нече жолу кайрылабыз. Мисалы, адеп-ахлактыкты талкуулаган кезде Дроновдун жаңа дин кызматкери Серафимдин «Бардыгы адамдарга кала берет» деген кино фильмдеги ангемесинин, атап айтканда поптун окумуштууга: «Эмне үчүн биз чогулуп адамга камкордук кылбашыбыз керек?» деген сунушунун үстүндө ой жүгүртүүнү сунуш этем. Анан талаш-тартышта бардык ойлор айтылып бүткөндө Дроновдун жообун окуп берем: «Жер жүзүндө сен иштеп бүтүргөндөрдүн баары — сенин өмүрүң... Тигил жакта сен эчтеке алалбайсың. Ал жакта эчтеме жок. Баардыгы: жамандык менен жакшылык, менин дайынсыздыгым же эл эсинде калышым адамдарга калат. А эми тигил дүйнө тургай жомоктогудайы да жок. Бул маанисиз, куру бекер жомок».

КПССтин Программасы адамды жаңы эмгектик жана чыгармачыл ийгиликтерге үндөгөн коммунисттик моралдын активдүү, иштиктүү мүнөзүнө кандай басым жасаганын карап чыгабыз.

Окутуу процессинде балдарды идеялык жактан таймашууга алып баруучу, ошол таймашта өзүн сынап көрүүгө мүмкүндүк берүүчү формаларын издейм. Көп учурда жеке өз алдынча аткарылуучу тапшырмаларды сунуш этем, ал тапшырмаларда, мисалы, төмөндөгүдөй ой-пикирлердин алгылыксыздыгы же туура эместиги далилденүүгө тийиш:

«Өзгөрүүлөр бар, бирок заттар болбойт» (А. Бергсон).

«Акыл-эс закондорду жаратылышка тануулайт» (И. Кант).

Закондор — окумуштуулардын ой-кыялдарынын жемиши» (Л. Бриллюэн).

«Материализм доору атом бомбасы Хиросиманын үстүндө жарылган күнгө чейин созулган» (Ф. Франк).

«Болуу, жашоо — кабыл алынгыч болуу деген сөз» (Дж. Беркли).

«Бүткүл дүйнөлүк тарых... негизинен улуу адамдардын тарыхы дегендик» (Т. Карлейль).

«Жаратылыштын ар бир закону кудайдын закону, жаратылыштын ар бир күчү кудайдын кылганы дегендик» (теолог).

Евклиддин геометриясын Гегель «эмнегедир бир бүткөн, андан ары тарыхка ээ болууга жөндөмсүз катары кароону» сунуш кылган.

Улуттук өзүнүн буржуазиялык теоретиктер «адамдын табиятынын» өзүнө негиздөөгө далалаттанышат.

---

[1] Ошонун өзүндө.

«Совет эли — бул али да болсо элдердин тобу гана» (француздук саясат иликтөөчү).

Окуучу маселени дароо эле албайт, ишенимдүү жүйөлөрдү таба албайт, ошентип мугалимдин жардамы керек, бирок ал жардам таңуулоочу жардам болбостон, багыт берүүчү жардам болууга тийиш, окуучунун милдетин аткарбастан, тескерисинче анын өз алдынча ой жүгүртүшүн стимулдаштырууга тийиш. Эгерде окуучу алдыга карай баруучу жолду, так жоопту таба албаса гана «сүрөмөлөө» керек.

Окуучунун жообун угуп жатканда, өзүмдөн дайыма мынтип сурайм: «Ал баарын түшүнөт болду бекен?» же эң оболу «Эмнени айтып жатканын түшүнөбү, жокбу?» Айтып жаткан сөзүн бузбайм, бирок ар бир калпыстыкта, андан да катасын, кийин аларды түшүнүп билүүсүнө демек чындыкты табуусуна жардам берүү үчүн жазып коём.

Эң эле олуттуу коркунучтардын бири — жаттап алынган жооп. Мындайча айтканда жаттап алынгандар көп кездешкендиктен андагы сөздөр өзүнүкү өңдөнүп кетет. Ал сөздөрдөгү ой-пикирлер ошондой көрүнөт. Бирок бардыгы эле өзүнүкү болду бекен? Китептеги сөздөр менен окуучу өзүнүн жеке көз карашын билгизиши — лексикасын байытышы, сөз маданияты жогорулатылышы толук мүмкүн. Кантүү керек? Стандарттуу эмес коюлган суроо — лакмус кагазы. Ошентип мага бул жагынан окуучулар — мурдагы окуучулар өздөрү жардам беришет. Окуучунун жообу жазылган карточка беремин. Жоопто бирдеме өз жайында болбосо, так эмес жерин же катасын жазуу керек. Бул жерде жаттап алынган сөз жардам бербейт. Мындай мисалдарды алабыз:

Окуучу В. мындай деп жазган: «Материя — бул бизге сезүү үчүн берилген объективдүү реалдуулук». Макулсуңбу? Жок, баары эле ойдун бурмалангандыгын (эгерде «сезүү» үчүн делсе, демек кимдир-бирөө берди да) байкабайт.

«Карама-каршылыктардын күрөшүү закону мындай дейт» — деп жооп бере баштады окуучу. Бул жерде эмне туура эмес? Калтырылып кеткен «бирдиктүүлүктү жана...» таап алышат,— демек, диалектиканын законунун маанисин түшүнүшөт.

«Бирдиктүүлүк жана карама-каршылыктардын күрөшүү закону...» зат атоочтогу санды алмаштырып коюу ошондой эле зыянсызбы?

«Материя ан-сезимден мурда келип чыккан». Каталык эмнеде? Эгерде «келип чыкса», демек, кимдир бирөө тарабынан жаратылган экен да.

Окуучулардын берген жоопторундагы бул өндүү так эместиктер менин картотекамда көп чогулган. Ката эмнеде экенин түшүнүү жана туура чечмөлөө үчүн эң эле маани-

лүү. Ой-пикирди сөз жүзүндө айтуунун ачык-айкындагы жана тактыгы — аны түшүнгөндүктүн далили. «Орфографиялык кыраакылык» Бул жерде дүйнөгө көз караштыктын көрүнүшү.

«МАРКСТЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ТЕОРИЯСЫНЫН ПАЙДУБАЛ ТАШЫ». В. И. Ленин кошумча нарк жөнүндөгү окууну ушундайча баяндаган. Ушул идеяны түшүнүүгө биз курстун тогузунчу класстагылардын капитализмди акыркы эксплуататордук түзүлүш катары караган билимин жалпылоочу жана терендетүүчү экинчи бөлүгүн окуп үйрөнүүнүн натыйжасында келүүгө тийиштиз. Бул жерде биз кээ бир кыйынчылыктарга дуушар болобуз. Ал кыйынчылыктар, бир тараптан, саясий экономиянын негизги категорияларынын татаалдыгы менен, ар түрдүү коомдук-экономикалык формацияларда алардын көрүнүшүнүн өзгөчөлүктөрү менен, экинчи тараптан, туулгандан эле социализмдин нарк-дөөлөттөрүнө тунган муунга жат түзүлүш жөнүндөгү түшүнүктөрдүн конкреттүү эместиги, китеп стилинде болгондугу менен шартталат.

В. Маяковскийди эске түшүрөлү:

Урпактар сураар болсун:
— Эмне,— деп,
— капиталист?

Албетте, окуучулар теориялык жактан бир кыйла даражада даярдалган. Буржуазия табына аныктама беришет, капиталисттик түзүлүштү мүнөздөшөт, анын тарыхый жактан күнү бүткөндүгүн жана б. у. с. жөнүндө айтып беришет. Бирок, капитализмдин эксплуататордук чөйрөсү, өзүнүн өнүгүшүнүн туу чокусунан өтүп кетсе да, али күчтүү экенин түшүнө алышабы[1]. Дал ошондуктан жалпы эле капиталисттик өндүрүү жолун, анын капиталисттик стадиясын, айрыкча азыркы этаптагы стадиясын үйрөнүүнү «капитализмдин тегин кырчындай улап кезинен, картайганда обу жок семирип, тарыхка бөгөт болуп калган кезине чейин билүү» менен окуучулар «аны айланып да, аттап өтүүгө болбой турганын» таасын андап түшүнгүдөй жүргүзүү керек (тырмакчадагы сөздөр — В. Маяковскийдики).

Бул бөлүм боюнча сабактар азыркы доордун мүнөзүн жана негизги мазмунун, анын татаалдыктарын жана карама-каршылыктарын теренирээк түшүнүүгө даярдоого жана К. Марксту сөзү менен алганда, «жүрөк байланышы»[2] болууга тийиштүү болгон биздин коммунисттик идеал-

[1] Караңыз: КПССтин XXVII съездинин материалдары, 152-бет.
[2] Караңыз: *Маркс К., Энгельс Ф.*, соч. Т. 1, с. 118.

дарыбыз үчүн активдүү күрөшүүчүлөрдүн калыптанышына өз салымын киргизүүгө тийиш.

Саясий экономиянын бөлүмүн үйрөнүүгө киришип, биз эң оболу балдарга эмне белгилүү жана кандай даражада белгилүү экенин, а эми эмне жаңы экенин айкындап билүүгө умтулабыз. «Саясий экономия» деген түшүнүктүн өзү жаңы түшүнүк болуп эсептелет. Албетте, бул терминди угуп, окуп жүрүшкөн. Бирок жөнүнчө эле жазуу жүзүндөгү тапшырма берип көрсөң, кимдир бирөө «экономия дегендин ордуна «экономика» деп жазганын көрөсүң. Бир даары ушундайча жазып, бирок катанын мазмунун эч кимиси таба албайт. Ошондуктан саясий экономия: экономика; конкреттүү экономика; экономия деп жазып, ар бир категориянын маңызын түшүндүрөм, азырынча башталыш деңгээлде, булардын бардыгынын негизине биринчи категория жатат деген корутундуга алып келем.

Саясий экономияны өндүрүштүк мамилелердин өнүгүшү жөнүндөгү илим катары аныктоо менен чектелүүгө болбойт деп эсептеймин. Анын себеби анын туура эместигинде эмес. Ал туура аныктама. Мына ошондо гана балдар бул илимди тарыхый-материализмдин составдуу бөлүгүндөй эле кабыл алышат анткени тарыхый материализмдин негиздерин окуп үйрөнүүдө бул мамилелер жөнүндө сөз болуп өтөт.

Аныктаманы жазабыз: (Ф. Энгельстики боюнча): саясий экономия ар түрдүү адам коомдорунда продуктуларды өндүрүүнүн жана алмашуунун шарттары менен формалары жана бул продуктуларды бөлүштүрүүнүн тийиштүү жолдору жөнүндөгү илим[1]. Анан сөзсүз лениндик аныктаманы жазабыз: «Саясий экономия дегеле өндүрүштү эмес, адамдардын өндүрүш боюнча коомдук мамилелерин, өндүрүштүн коомдук түзүлүшүн иликтейт[2]. Андан кийин экономикалык закондорду окуп үйрөнө тургандыгыбызды аныктайбыз, (закон деген эмне экенин эске салабыз) биз экономика жагында аракет кылуучу закондор жөнүндө сүйлөшө тургандыгыбызды баса белгилейбиз. Албетте, коомдун турмушунда экономиканын ролун айкындап чыгуу талап кылынат. Бул үчүн КПССтин Программасына кайрылабыз, анда экономика адамдын ишкердигинин чечүүчү чөйрөсү катары аныкталган. «В. И. Лениндин чыгармалар жыйнагынан» эчак тааныш «Марксизмдин үч булагы жана составдуу үч бөлүгүн» табабыз да, экинчи бөлүгүн окуйбуз (үй-

---

[1] *Маркс К., Энгельс Ф.* Соч. т. 20, с. 153—154.

[2] *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы, 3-том, 53-бет.

лөрүндө, бизде адат болуп келаткандай, дагы бир жолу окуп чыгышат), түшүнүксүз жоболорду жазып алышып, окуп үйрөнүп чыкканына жараша аларды айкындап тактап чыгышат.

— В. И. Ленин кайсы чыгарманы ар кандай ак-сезимдүү жумушчунун кол китеби деп мүнөздөгөн? — деп окуучулардан сурайм (Ошол учурда, кайсылары философия боюнча экенин эске түшүрөбүз).

Токтоосуз жооп берилет: К. Маркстын «Капиталы».

— Бул эмгек жөнүндө эмне билесиңер?

Тарых курсунан аздыр-көптүр билишет. Бирок мен бул эмгекке кандай залкар күч жумшалганын түшүнүп билүүлөрүн каалайм. Бардыгын өзүнүн сыпайылыгы менен таң калтырган автор бул эмгекке «буржуазияга, анын ичинде жер ээлеринде карата атылган снаряддардын коркунучтуусу[1] катары баа берген.

Менин столумда «Капиталдын» бүт 7 китеби (23—26-томдору) бар. Биринчисин баракгайм. Көптөгөн кириш сөздөргө көңүл бурдуруп, бул эмнеге байланыштуу экенин түшүндүрөм.

Андан кийин «Капиталдын» өзүнчө бир уландысын — Лениндин «Империализм капитализмдин жогорку стадиясы катары» деген эмгегин колума алам. Бул эмгек жөнүндө көбүрөөк билишет — «Империализмдин тарыхый орду» деген үзүндүнү окушкан. В. И. Лениндин чыгармаларынын толук жыйнагынын 28-томун — «Империализм жөнүндө дептерлерин»: 740-беттеги даярдоо материалдарын, көчүрмөлөрдү да көрсөтөм, аларды ойлонуштуруу маргиналялар менен белгиленген. Залкар эмгектин дагы бир ачык-айкын мисалы!

Бөлүмдү окуп үйрөнүүгө, ансыз да аябай аз бөлүнгөн убакытты эмне үчүн коромжу кылам? Анткени, ар бир сабак келечек менен үн алышып турууга тийиш. Мектепте балдар, албетте, бул чыгармаларды мазмунуна терең жетип үйрөнө алышпайт. Бирок, стол үстүндөгү китептерге кызыккан сыяктуу эле, ар бир ак-сезимдүү гражданда аларга болгон кызыгуу ушул учурда сөзсүз пайда болууга тийиш.

«Капиталдын» биринчи томун ачабыз. Маркстын «товар» деген аныктамасын, окуй берип (окубай койсом деле болор эле, бирок аныктама китептин кайсы жеринен алынганын билип калышсын), анын маңызын талдай баштайбыз.

---

[1] *Маркс К., Энгельс Ф.* Соч. т. 31, с. 453.

Нарктын жана керектөө наркынын катышы, капитализм тушунда жумушчу күчүнүн товар катары өзгөчөлүгү, сыяктуу кыйын маселелер али алдыда. Эч ким түшүнбөгөн нерсе калбашын тактайбыз. Мындайча караганда түшүнүшкөндөй сыяктанышат. «Керектөө наркы бар ар кандай нерсе товарбы?» — деп сурайм. Ырастаган жооптор аз кездешпейт. Атайын «кыйды» суроо берем: «Керектөө наркы көппү же нарк көппү?» Бир даары — биринчисин, башкалары — экинчисин аташат, билбегендердин талашы башталат. Мындай чаташуу менен түпкү негизге жакындай албайсын. Дал ошондуктан окуучулардын өз ой жүгүртүүлөрүнүн каталыгын андан түшүнүүлөрү үчүн убакытты аябаймын. Качан чындыкты аныктап чыкканда буржуазиялык социологдордун таркалып келаткан ырастоолорун төгүнгө чыгарууну сунуш кыламын. Бир даарларына — кошумча адабияттардан бир нерселерди окуп чыгууну, башкаларына — башка сабактар боюнча мурда окугандарын кайталап чыгууну сунуш этем. Сабакта татаал маселени карап чыгууну көп учурда мындайча уюштурабыз: кайталап окуп чыккандардын ичинен кимдир-бирөө баштайт, булактардын үстүндө ишттегендер кошумчалашат.

Өркүндөтүлгөн программалардын эч бири аларды окуп үйрөнүү боюнча мугалим өзү түзгөн оптималдуу методиканы жокко чыгара албайт, атүгүл алмаштыра да албайт. Мисалы, маселени эртеңки күн жөнүндө дегеле камкордук көрбөй туруп, бүгүнкү сабактын деңгээлинде окуп үйрөнүүгө болот. Ал түгүл ийгиликке жетишүү кыйын эмес — мыктылап жаттап алышат. Мен үчүн эң эле башкы нерсе — келечекке жол ачып берүү. Мисалы, капитализм тушундагы товар өндүрүшүн окуп үйрөнгөн кезде ушул эле маселени кийинчерээк социализмге ылайык кароо жөнүндө сөйлөйм. Качан «социализм тушундагы товар-акча мамилелери» деген темага киришкенибизде сөзсүз эле өзүнчө мурда өткөнгө кайрылабыз. Бул нарк законуна да, формациянын негизги экономикалык законуна да тийиштүү. Дал ошондуктан, тигил же бул түшүнүктү киргизип, ал түшүнүктүн жалпы, маани-маңызынын аныктамасын берүүгө умтулам. Ушуну негиз кылып алабыз, ушуга таянабыз.

— Нарк законунун таасири капитализмдин тушунда же социализмдин тушунда бирдей болобу же жокпу,— деп сурайм,— силердин оюнар кандай?

Эреже катарында бир беткей жооп беришет: жок. Бирок ага жүйөө таба алышпайт. Билимдеги байкалган өксүктүк проблемага кызыгууну күчөтөт. Нарк законунун функцияларын төмөнкү таблица боюнча окуп үйрөнөбүз:

Капитализм тушунда	Социализм тушунда
1. Өндүрүштүн жана алмашуунун стихиялуу регулятору 2. Өндүргүч күчтөрдүн стихиялуу өнүгүшүнүн кыймылдаткычы 3. Капиталисттик өндүрүштүк мамилелердин өнүгүшүнө чечүүчү таасир көрсөтөт.	

— А эми социализмдин тушундачы? — деп сурашат адатта.

— Социализм тушундагы товар-акча мамилелерин окуп үйрөнгөн кезде өзүңөр жооп таап, өзүңөр жазгыла.

Негизги экономикалык законду айкындап билүүгө ушундай жол менен барабыз. Мындай деп аныктайбыз: экономикалык көрүнүштөр менен процесстер ар кандай коомдо өзүнүн күчү жана терендиги, өз ара байланышынын формалары жана коомдук өнүгүүдөгү ролу боюнча айырмаланышат. Ушунун аркасында коомдо ар түрдүү экономикалык закондор аракет кылат. Алардын ичинен өндүрүштүн башкы максатын (мотивин) жана бул максатка жетүүнүн жолдорун (каражаттарын) билдиргени негизги экономикалык закон болуп саналат. Капитализмдин негизги экономикалык законунун маңызын бир аныктама менен ачып көрсөтүүгө аракет кылууга окуучулардын өзүлөрүнө сунуш этемин. Айтылган пикирлерди салыштырып көрүп, балдарды окуу китебинде берилген аныктамага тартамын. Анан, кайрадан кээ бирлери минтип сурашат: «А эми социализмдин тушундачы?» Өтө эле тырышчаактарына коом таануу китебинен окубастан «1986—1990-жылдарда жана 2000 жылга чейинки мезгилде СССРдин экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн негизги багыттарын» окууну сунуш кылам:

— Он экинчи беш жылдыктын башкы милдетинин аныктамасын издеп тапкыла.

Тапшырманы көңүлдөнүп жана оной эле аткарышат. Ошондон кийин болгон иште — «Социализмдин экономикалык законунун советтик беш жылдыктардын негизги милдеттеринде көрүнүшү» деген коллективдүү эмгекти сунуш кыламын.

Саясий экономиканын негизги категориялары монополиялык капитализмге чейинки материалда окуп үйрөнүлөт. Ошентсе да окуучуларга азыркы кездеги капитализмдин кемчиликтери жана адамга жат мүнөзү жөнүндө айтып берүүнү милдеттүү деп эсептеймин. Аларды социалисттик

мамлекеттин гражданынын позициясынан карап, ашкерелей билүү керек.

Капиталисттик эксплуатациянын механизмин — кошумча наркты окуп үйрөнөбүз. Анын маңызын ачып көрсөтүүгө турмуштан алынган конкреттүү мисалдар жардам берет. Америка Кошмо Штаттарынын коммунисттик партиясынын Генеральный секретары Г. Холлдун «Карл Маркс жана азыркы кездеги жумушчу кыймылы» деген макаласынан цитата келтиремин: «Бүгүнкү 8 сааттык жумуш күнү кезинде ортого алынган жумушчу өзү үчүн 2 саат 9 мүнөт иштейт, а эми босс үчүн 5 саат 51 мүнөт иштейт... Капиталисттер кошумча нарк өздөрүнүн пайдасынын негизин түзө турганын эң сонун түшүнүшөт. Бул а тургай өнөр жай ээлери үчүн чыгарыла турган рекламалык материалдарда ар кандай түрдө баса белгиленип жатат. Мисалы, Нью-Йорк штаты Нью-Йорктун өнөр жай жумушчулары өзүлөрүнүн эмгеги менен алардын кызмат акысынын ар бир долларынан 4,5 долларга ашып түшкөн кошумча наркты өндүрүшө тургандыгы менен мактанат. Башкача айтканда, өндүрүлгөн нарк кызмат акынын наркынан төрт эсе көп. Нью-Йорк штатынан озуп өткөн штат — бул Техас, мында түзүлгөн нарк кызмат акынын ар бир долларынан 5 долларга ашып түшөт»[1].

Маалыматтарды мындайча салыштырууга кайрылабыз, К. Маркс «Капиталда» журналдык макаладан жактыруу менен цитата келтирген: «Капитал пайданын же эң аз пайданын жоктугунан жаратылыш боштуктан коркондой коркот. Бирок жетиштүү пайда колдо болсо капитал өткүр боло баштайт. 10 процентти камсыз кылсаң, анда капитал кандай ишке болсо да макул, 20 процент болгондо жандана баштайт, 50 процент болгондо башын кошо сайып коюудан кайра тартпайт, 100 процент болгондо ал бардык адамзат мыйзамын тебелеп-тепсейт, 300 процент болгондо ал даргага асылуудан да коркпой тобокел дебей турган кылмыш калбай калат»[2]. А эми азыркы кездеги далилдер мындай: Пентагонго курал-жарак берип жатышкан 130дан ашуун монополиялардын иштерин тергөө алардын ичинен 94 монополия 50% таза пайда алганын, 49 монополия — 100% тен ашуун, 22 монополия — 200% тен ашуун, 3 монополия — 500% тен ашуун, а эми бирөө — дээрлик 2000%[3] таза пайда алганын көрсөткөн.

---

[1] Коммунист, 1983, 20-бет.
[2] *Маркс К., Энгельс Ф.* Соч. т. 23, с. 770.
[3] Караңыз: На фронтах идеологических битв. М., 1979, с. 182—183.

Ушул өңдүү маселелерди талкуулоонун мектеп окуучуларынын граждандык жактан калыптанышына тикелей тиешеси бар. В. И. Ленин мына момундай деп жазган: «Адамдар нравалык, диний, саясий, социалдык сөздөрдүн, маалымдамалардын, убадалардын кайсынысы болсун арт жагында тигил же бул таптардын *мүдөөлөрү* турганын үйрөнө билүүгө үйрөнгүчө алар саясатта алдоо менен алдануунун дайыма аңкоо курманы болуп келген жана ар качан ошондой боло берет»[1].

Буржуазиялык идеологдор өзүлөрүнүн чыныгы максаттарын дайыма эле ачык жарыялашпагандыгы белгилүү. Алар ой-максаттарын көбүнесе жылмалап, жаап-жашырышат. Жарыша куралдануунун шыкактоочулар өздөрүн тынчтыкты жактоочулар деп көрсөтүшпөй жатабы? «Советтик коркунуч» дегенди бетке кармап чуу көтөрбөй жатышабы?

Мектеп окуучуларында коомдук жана экономикалык көрүнүштөрдү талдоого ленинче мамиле жасоону тарбиялоого умтуламын: «Белгилүү бир сунуштарды, чараларды, дагы у. с. кандай саясий же социалдык топтордун, күчтөрдүн, чоңдуктардын жактай турганы заматта көрүнө койбосо, ар качан эле: «Кимге пайдалуу?» деген суроо коюу жөндүү.

Окуучулар империализм деген эмне экенине аныктама бералбай калган кырдаал менен сейрек кездешем. Анын белгилерин бирден санап беришет. Бирок эмне жөнүндө айтып жаткандарын түшүнүшкөнүн да сейрек сезип-туясың. Окуучуларга империализмдин маңызын анын гумандуулукка жаттыгып жеткире түшүнүшүнө жардам берүү керек.

Жооптордуу угуп олтуруп, адатта минтип сурайм:

— Тарыхта 14000 ден ашуун согуш болгону белгилүү. Бул жерде империализмдин эмне тиешеси бар? Эмне деп жооп бересиңер?

Балдарды Ф. Энгельстин таптык коомдун чыгышы менен гана согуш такай өтүүчү каракчылык иш боло баштайт деген ой-пикирин түшүнүүгө акырындап илип келем. Империализм болсо өзү менен кошо дүйнөлүк согуштарды алып келген. Капитализмдин империалисттик стадияга кириши менен анда эмне сакталып калды жана эмне өзгөрдү? — деген жөнөкөй өңдөнгөн суроону акылга салып билбей туруп, империализмди түшүнүүгө болбойт.

Империализм тушунда ири капиталисттик өлкөлөрдүн ортосунда жерди территориялык жактан бөлүштүрүп алуу

---

[1] *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы 23-том, 47-бет.

[2] Ошонун өзүндө. 61-бет.

аякталаары, ошонун аркасында мурда артта калган өлкөлөр алдыга озуп чыгары айкындалган кезде, алардын да дүйнө жүзүн кайра бөлүүгө умтулушу түшүнүктүү болуп чыга келет, демек, мындай деген идея такталат: империализм — дүйнөлүк согуштардын булагы, анткени анын таасири чөйрөсүнө ири капиталисттик державаларга көз каранды да өлкөлөр тартылат. Дүйнө жүзүн бөлүшө турган капиталисттердин эл аралык союздарынын түзүлүшүнүн коркунучтуулугу, мамлекеттик-монополисттик капитализмдин (азыркы учурга трансулуттук корпорациялардын) маани-маңызы каргашалуу: монополия (курал-жарак чыгаруучу) — Пентагон (курал-жаракка заказ берүүчү жана куралдардын системаларын да, ошондой эле алардын наркын да аныктоочу) — конгресс (курал-жарактарды өндүрүүгө каражаттар берүүчү үч бурчтугунун иш-аракеттеринин механизми түшүнүктүү болгондо айкын-ачык болуп калат.

Коом таануу боюнча жаңы программада империализмге арналган тема алда канча кеңейтилген жана аны менен бирге окууга убакыт кеңейтилген. Дагы бир маанилүү кырдаал: тема тарых курсунда мурда империализмдин маңызы капитализмдин жогорку жана акыркы стадиясы катары үйрөнүлгөн IX класстын төртүнчү чейрегине берилген. Мунун баары илим-билимди өтө тереңирээк жана ар тараптуу өздөштүрүүгө жардам берет. Коом таануу мугалим үчүн эң башкы нерсе — окуу программасы билимдин башкы булагы катары КПССтин XXVII сьездинин материалдарына таянууга мүмкүндүк бергендигинде.

«Империализм жана анын азыркы этаптагы өзгөчөлүктөрү» деген суроодон баштайбыз. Биринчи бөлүгү тарыхтын курсунда үйрөнүлгөн. Экинчи бөлүгүн окуп үйрөнүү үчүн КПССтин Программасынан жана партиянын XXVII сьездине КПСС Борбордук Комитетинин Саясий докладынан артык өтө маанилүү жана алгылыктуу эч нерсе жок.

Окуйбуз: «Азыркы капитализм XX кылымдын башталышындагы, ал түгүл орто чениндеги капитализмден көп жагынан айырмаланат. Монополиялар менен мамлекеттин күчүн бириктирип турган мамлекеттик монополиялык капитализмдин шартында абдан өскөн өндүргүч күчтөр менен капиталисттик өндүрүштүк мамилелердин ортосундагы жанжал улам курчууда[1]. Бул түпкү негизин кара, өндүрүштүк мамилелердин өндүргүч күчтөрдүн өнүгүү мү-

[1] КПССтин XXVII сьездинин материалдары. 152-бет.

нөзүнө жана деңгээлине ылайык келүү законун кайталап чык, капиталисттик өндүрүштүк мамилелердин мазмунун терең түшүн деген сөз.

Татаал маселелердин бардыгына Программадан жооп табууга болот. Тек гана текстти көңүл коюп окуганды үйрөнүү керек. Партиялык документтердин негизинде иш алпарууда деп мугалимдин жетекчилиги астында окуучулардын коллективдүү таанып-билүү иш-аракеттерин иштин эң алгылыктуу формасы деп эсептеймин. Сунуш этилген ыкма натыйжалуу башкаруу үчүн шарттарды камсыз кылат. Уюштуруу муктаждыгы жоюлат (абзацтын аталып кеткен номерин издеп табууга эң эле аз убакыт керек) да көңүлдү иштин маңызына толук бурууга болот.

Практика көрсөтүп жаткандай, окуу процессинде сөздүк менен иштөөгө көбүрөөк көңүл бөлүүгө туура келет. Мектепте окуучулар библиографиялык окууну жана жалпы сөз маданиятын, анын ичинде саясий сөз байлыкты байытууну канчалык аз үйрөнүшсө, сөздүк менен иштөө ошончолук татаал болот.

Албетте, эгерде кабинетте — саясий, экономикалык, философиялык, илимий коммунизм боюнча, кадыресе түшүндүрмө, чет элдик сөздөрдүн сөздүктөрү болгону жакшы. Окуучулар үчүн арналган «Словарь-справочник по обществоведению и основам Советского государства и права» (М.: Просвещение, 1985) тилекке каршы үмүттү актаган жок (макалалары опсуз чоң, түшүндүрмөлөрү татаал берилгендиктен аларды кайра чечмелөө керек), ал аз келгенсип бул сөздүк сөздүк ишин бир түргө салууга мүмкүндүк бергидей жетиштүү эмес. Ошондуктан терминдерге түшүндүрмө берүүнү өзүнө алууга туура келет. Окуучулар сөздүк менен үйдө иштешет (муну балдар үйрөнүп алышкан). Жогоруда эскертилип кеткендей, сабактан кийин китепканадан жолугушабыз. Окуучулардын көпчүлүгүнүн саясий информацияларга, конференцияларга активдүү катышуусу сөз маданиятын жогорулатууга көмөк берет. Бизде балдар мазмуну түшүнүксүз жана чала түшүнүктүү сөздөрдү колдонушпайт.

Курсту окуп үйрөнүү окуучулардын турмуштук жана социалдык тажрыйбасын, азыркы кездин орчундуу, татаал жана карама-каршылыктуу проблемаларын түшүнүүнү, кубулуштардын формасын жана мазмунун салыштыра билүүнү, алардын түпкү маанисин айкындай билүүнү өнүктүрүүгө тийиш. Көп учурда балдар процесстерге алардын түпкү тамырларына карабай тышкы көрүнүшү боюнча баа беришет.

Бул жагынан мага көп учурда көркөм адабияттын пайдасы тиет.

Жетемин деп 7000 чакырымга алдыга,
Желим чыкты мынаке — артта калдым 7 жыл.

Максаттуу идеологиялык түшүндүрмө берүү үчүн кандай бай мүмкүндүк! Ал эми В. Маяковский кандай таасын, кандай образдуу аныктамалар берет: «капитал — ыпластык башы», «Кудай — доллар, доллар — ата, доллар — ыйык колдоочу».

Акча жөнүндөгү маселени окуп үйрөнгөн кезде, анын «Менин ачкандарыман» (бул И. Ильфтин жана В. Петровдун «Бир кабаттуу Америкасын» жана анын өзүнчө бир уландысы сыяктанган — Б. Срельников менен И. Шатуновскийдин «Онду-солду Америкасын», Г. Боровиктин «Бет ачарын» жана В. Коротичтин «Жек көрүүнүн жетегиндегисин» өз алдынча окууга кызыктырууга шылтоо болуп берет) чакан үзүндү окуйбуз:

«Американдык сага жолугушкан кезде көнүмүш болгон:

— Кутмандуу күнүңүз менен,— дебейт.

Ал жан тартып:

— Мек моней? (Акча жасап жатасыңбы?) — дейт да, басып кетет.

Американдык куру сый-сыпаттанып:

— Сиздин өңүңүз жаман (же жакшы) — дебейт.

Американдык буруу-терүүсүз мындай дейт:

— Бүгүн алың эки эле центтей го.

Же:

— Бүгүн тим эле миллион доллардай жаркырап-жайнап калыпсыз дейт. Угуп жаткан кишини бул акынбы, сүрөтчүбү, философбу деген ой жорууга түртүп, убара кылышпайт.

Американдык таамай-таасын кесе айтып салат:

— Мына бул киши 1 230 000 долларга турат.

Бул сөздөрдө баардыгы: сиздин тааныштарыңыз ким экени, сизди кайда кабыл алары, сиз жайында кайда бара турганыңыз жана б. у. с. айкын болот. Өзүңүздүн миллиондорунузду кандай жолдор менен тапканыңызга Америкадагылар кайдыгер карашат. Бардыгы — «бизнес», долларды көбөйткөн иштин баардыгы жакшы. Таркалып кеткен поэмадан проценттер алындыбы — бизнес, уурдадыңбы, кармап калышпадыбы — ал да бизнес.

Бизнеске балалык кезден үйрөтүшөт. Бай ата-энелер өзүлөрүнүн он жашар уулу китептерин таштап, газета сатып тапкан алгачкы долларды үйгө алып келсе, кубанычка батышат.

— Ал чыныгы америкалык болот өкен».

Мындай кырдаалда адабият боюнча программадан озуп кетем. Цитата алууга туура келет. Кээде балдардын кичинесинде окугандарына таянамын. Мисалы, нарк законун окуган кезде, анын өндүрүштү жөнгө салуучу катары таасирин тактап чыгып, М. Ильиндин «Рассказ о великом плане» деген китебинен бир окуяны — акчалуу болуп калган мистер Фокс калпак фабрикасын кантип курганы; анын артынан ушундай эле фабрикаларды мистер Нокс, Коркс, Покс дегендер кандай курушкандыгы жөнүндө эске салам. «Анан капысынан эле — иш токтойт», эл калпактарды албай калышат, фабрикалар токтойт. А эми бир нече жыл өткөндөн кийин кайтадан керектөө күчөй баштайт, анан ошондо мистер Фокс, мистер Дудль фабрика курат, анын артынан Будль, Фудль, Нудльдар курушат. «Ошентип баары кайта башынан башталат».

Эгерде чыгарма мурда окулган болсо, текстти кайталоонун кереги жок. Кээде чыгармага, мисалы, Гоголдун «Өлүү жандарына», Бальзактын «Гобсегине», же андагы кайсы бир окуяны мисалга алуу эле жетиштүү.

Жалпы эле социалдык тажрыйбаны өзгөчө алганда таптакыр белгисиз дүйнө турмушу жөнүндөгү маалыматтардын жетишсиздигин толуктоого мезгилдүү басма сөз жардам берет. Сабактарга керектүү макалаларды чогултуп, темалар боюнча бөлүштүрүп жүрүп отурам! Керектүү материалды ылдам издеп табууга карточка жардам берет. Чыныгы маалыматтардын, фактылардын, окуялардын, айтылган сөздөрдүн негизинде төмөндөгүдөй түрдөгү жеке жана коллективдүү тапшырмаларды иштеп чыгам: «Капиталисттик ишканада: «Кожоюнга жакшы болгондо, жумушчуга да жакшы» деген ураан илинип турат. Аны түшүндүрүп бергиле», «Би-би-си радио станциясы бир жолу жумушсуздуктун бар экенин минтип актап чыккан: «Албетте, иштен ажыроо өтө кайгылуу, бирок жаңы иш мурдакыга караганда жакшы жана жагымдуурак болуп чыкса, бул көп учурда жакшылыкка алып барат». Сөз сага берилет, «Б. Боулдингдин илимий-техникалык революция «жаратылышты эксплуатациялоону ушунчалык пайдалуу кылгандыктан, адамды эксплуатациялоо анахронизмге айланууда» деген ырастоосунун жүйөөсүздүгүн далилдеп бергиле».

Албетте, бул өндүү пикирлерди ишенимдүү түрдө төгүндөө жеңил эмес. Туура эмес ой-пикирлер эле эмес, адамдар кабылган карыяларды түшүнбөгөндүк да болушу мүмкүн. Капитализм тушундагы өндүрүштүк мамилелер-

дин маңызы теориялык жактан түшүнүктүүдөй көрүнгөнү менен, чыныгы тиричилик кырдаалдарда дайыма эле аңдап түшүнүлө бербейт. Балдардын жоопторун талдоого алып жана аларды туура корутунду чыгарууга жетектеп отуруп, капиталисттик өлкөлөрдөгү азыркы кездеги жумушчу кыймылынын проблемаларын (реформизмдин, жиктелүүнүн башаттарын, атап айтканда, кыймылдын биримдигин камсыз кылуудагы кыйынчылыктарды) ишенимдүү аныктап чыгууга жана ал проблемаларга партиялык баа берүүгө, башкача айтканда теорияны практикада, чындыктын көрүнүштөрүн тааныл-билүүнүн жана талдоонун куралы катары колдоно билүүгө жардамдашам.

Адамдын граждандык позициянын айкындыгы жана түшүнүктүүлүгү анын саясий маданиятынын деңгээлине байланыштуу. Аны калыптоону коом таануу мугалиминин эң маанилүү жана эң кыйын милдеттеринин бири деп эсептейм. Негизинен, бардык ыктар жана каражаттар саясий көз караштардын, ишенимдердин жана аракеттердин, сөз менен иштин биримдигин иштеп чыгууга да багытталган. Бул үчүн курстун үчүнчү бөлүгү —«социализм — коммунисттик формациянын биринчи фазасы» зор мүмкүндүк берет.

ӨЗҮБҮЗ ЖАШАП ЖАНА ЭМГЕКТЕНИП ЖАТКАН КООМДУ БИЛЕЛИ. — Мындай кырдаалды көз алдыга келтирели,— деп баштайм тема боюнча биринчи сабакты.— Биздин Гайворонго силердин курбалдашыңар капиталисттик өлкөдөн келди дейлик. Силер өзүңөрдүн райондук борбор боюнча анын гиди боло аласыңарбы? Эми силер жолдо кетип баратасыңар. Орус тилин билген мейман: «КООП дүкөнү», «Партиянын райкому», «Райсоветтин аткаруу комитети»... деген көрнөктөрдү окуду. Булардын мааниси эмнеде экени аны кызыктырат. Түшүндүрүп бере аласыңарбы?

Окуучуларды «эгерде ачык айтсак, өзүбүз жашап жана эмгектенип жаткан коомду тийиштүү даражада ушул кезге чейин али үйрөнө элекпиз» дегенге ынандыруу менен курстун эң чоң бөлүмүн окуп үйрөнүүнүн жүрүшүндө биздин алдыбызда турган милдеттерди көрсөтөмүн. Жаңы программага ылайык бул бөлүмдү окуп үйрөнүүгө бүтүндөй окуу жылы бөлүнгөн (35 сааттын ордуна 45 саат). Демек окуп үйрөнүлгөндү терең жана жакшылап аңдап түшүнүүгө убакыт көбүрөөк калат. Бүткүл методикалык ыкмаларды: киришүү сабагында айтылып кеткен жолугушууларды, социологиялык изилдөөлөрдү, дискуссияларды жана кечээки күндө чыккан газетадан окулган орчундуу

материалдарды талкуулоону, телевидениеден көргөн жана радиодон уккан толкундатуучу берүүлөрдү дал ушул үчүн пайдаланам. Азыркы учур өзүнүн бардык проблемалары менен кошо сабакка киргизилип, саясий информациянын же коомдук маанилүү иштин темасы болуп калат, ал иште мектепти бүтүрүүчүлөр демилгечилерден жана активдүү катышуучулардан болууга тийиш.

В. И. Лениндин дааныштмандык көрөгөчтүгү. Бөлүмдүн алгачкы сабактарынын бири коммунисттик коомдук-саясий формациянын калыптанышына, анын фазаларына арналган.

«В. И. Лениндин чыгармаларынын жыйнагын...» алып, анын комсомолдун III съездинде сүйлөгөн сөзүнүн аяк жагын окууну сунуш кыламын.

— Суроолор барбы?

Эреже катарында, суроолор болбойт.

Өзүм окуймун: «...азыркы кезде 15 жашка толгон муун коммунисттик коомду көрөт да, өзү да бул коомду курат... коммунисттик коомдо жашайт»[1]. Революциянын жол башчысынын ушул ой-пикирин түшүнүү — биз жашап жаткан коом жөнүндө, анын андан ары өнүгүшүнүн перспективалары жөнүндө, коммунизмдин түзүүчүлөрү катары өзүлөрү жөнүндө так көз караш алуу деген сөз. Мындай түшүнүк заматта эле келбейт. Кээде таң калуу пайда болот: «1920-жылы он беш жашта болгондор эчак эле аябай карыган чалдар, коммунизм болсо али боло элек».

Окуучулар ушул жөнөкөй эмес проблемаларды өзүлөрү тактап чыгуулары эң маанилүү. Эң оболу «коммунизм» деген түшүнүктүн өзү эмнени билдире тургандыгын билип алабыз. Сөздүктөргө кайрылып бул сөздүн жана ошол эле убакта кереги тие турган дагы бир сөздүн — «социализмдин», келип чыгышын билип алабыз.

Коммунисттик формациянын эки фазасын жана алардын өнүгүү этаптарын көз-көрүнөө салыштырууга төмөнкүдөй схема мүмкүндүк берет:

— Схемадан кайсы жерден «коммунизм» деген сөз менен же андан келип чыккан туунду сөз менен кездешебиз?

Табышат:

— Эки жолу жолугабыз. Эки формация тең коммунисттик деп аталат, а эми экинчиси, анын жогорку фазасы — коммунизм деп аталат.

— Бул сөздү Владимир Ильич кандай мааниде колдонгон?

Жооп бере алышпайт. Кайтадан түшүндүрүп берген же-

---

[1] *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы. 41-том, 317—318-беттер.



нилирээк, бирок балдардын өзүлөрү туура түшүнүккө келишкени андан бетер маанилүүрөөк. В. И. Лениндин биринчи жана экинчи фазалардын ортосундагы айырмачылык «күн өткөн сайын зор болушу мүмкүн, бирок азыр, капитализмдин тушунда, аны моюнга алуу адам күлөрлүк нерсе болор эле жана аны алдыңкы катарга тек айрым анархисттер гана коё алар эле»[1] деген эскертүүсүн келтиремин. Цитата «Ленин муну качан жазды эле?» деген суроону сөзсүз пайда кылат.

Мурда эле башка жагынан байланыштырып эскертилип өткөн, алиги сөздөр алынган «Мамлекет жана революция» деген классикалык эмгекти кыскача мүнөздөп отуруп жооп беремин, Владимир Ильичтин ушунчалык татаал маселени изилдеп жүргөн кезиндеги эбегейсиз зор илимий ишин кайтадан баса белгилеп кетүү үчүн «көк дептер» жөнүндө («Марксизм мамлекет жөнүндө») дагы бир жолу эске салып, андан кийин минтип сураймын:

— Владимир Ильич комсомолдордун алдында кайсы жылы чыгып сүйлөгөн? Ошол кезде айырмачылыктар эбегейсиз зор болушу мүмкүн беле?

Жооп беришкенден кийин, кайтадан окуучулар жооп бере албаган суроону берем; «В. И. Ленин «коммунизм» деген сөздү кандай мааниде колдонгон?»

— Албетте, «фаза» деген мааниде эмес,— «формация» деген мааниде,— деп жапырт жооп беришет.

— А эми 15 жашка толгон муун эмне болмокчу? Тек гана цитатадагы этиштин убактысын гана өзгөртөбүз: ал муун жаңы коомду куруп, анын биринчи фазасында — социализмде жашаган жана жашап жатышат.

---

[1] *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы, 33-том, 98-бет.

— Азыр эки фазаны кенен-кесир талдап чыгабыз. Партиянын XXVII съезди бекиткен КПССтин Программасынын текстин колуңарга алгыла (37 абзац).

Окушат: «Социализм — бул туусунда «Баардыгы адам үчүн, баардыгы адамдын жыргалчылыгы үчүн» деген сөздөр жазылган коом. Бул...»[1]

Саналып өткөн жоболордун ар бирин бирден аягына чыгара окуйбуз.

— А эми азыр «Коммунизм — бул... тапсыз коомдук түзүлүш...»[2] деген 99-абзацты тапкыла.

Кайтадан аягына чейин окуйбуз да, ар бир ой-пикирди талдап чыгабыз. Андан ары салыштырууларды табабыз: социализмдин убагындагы жана коммунизмдин убагындагы өндүрүш каражаттары; социализмдин жана коммунизмдин тушундагы таптар жана б. у. с. Андан ары карай саналып кеткен жоболордун улам бирине өтүп, талдап чыгабыз. Ошондо бардыгы эсте да калат. А эми азыр дептерге КПСС Борбордук Комитетинин Генеральный секретары М. С. Горбачевдун КПСС Борбордук Комитетинин октябрь (1985-ж.) Пленумундагы докладынан алынган сөздөрдү жазабыз: «Бирдиктүү коммунисттик формациянын эки фазасынын ортосунда чоң айырмачылыктын жоктугуна жана болушу мүмкүн эместигине таянып, биз коммунизмге карай бекем багыт алабыз. Социализмди өз бет алдынча формация катары туура эмес элестеткендей эле, социализмди аттап өтүп түз эле коммунизмдин жогорку фазасына өтүүгө болбойт. Социализмдин коммунизмге өсүп өтүшү коомдун өнүгүшүнүн обьективдүү закондору менен аныкталат. Коомдун материалдык жана рухий жетиктигинин деңгээлин эсепке албастан алдыга озуп чыгуу үчүн ар кандай далалаттар, коммунизмдин принциптерин киргизүү, тажрыйба көрсөтүп жаткандай, ийгиликсиздикке дуушар болот. Бирок бышып жетилген кайра түзүүлөрдү жүзөгө ашырууда, жаңы милдеттерди чечүүдө жай баракаттыкка да жол берүүгө болбойт»[3].

— Схемага кайтадан кайрылабыз. Бул схемадан эмнелер таанып, эмнелерди биз мурда окуп өттүк эле?

Кыйналбастан эле табышат:

— Капитализмден социализмге карай өткөөл мезгил.

— СССРде социализмдин толук жана биротоло жеңиши.

---

[1] КПССтин XXVII съездинин материалдары, 149-бет.
[2] Ошонун өзүндө, 161-бет.
[3] Коммунист, 1985, № 15, с. 5—6.

— Таштап кеттиң; социализмдин негизинен жеңишиң. Буга согушка чейин эле жетишилген болучу.

— А эми биздин үйрөнө турганыбыз...

— Өнүккөн социалисттик коом,— бардыгы бир ооздон жапырт айтышат.

— Эмесе,— деймин,— партиянын XXVII съездине КПСС Борбордук Комитетинин Саясий докладынын алтынчы бөлүмүн үйдө окуп чыккыла, анда өлкөнүн коомдук өнүгүүсүнүн жетишилген этабына мүнөздөмө берилген.

— Эмне үчүн «социализм» схемада этаптарга бөлүнгөн, ал эми «коммунизм» бөлүнгөн эмес? — деп балдар суроо беришет.

Кайтадан партиянын Программасына кайрылабыз. «КПСС толук коммунизмдин белгилерин майда-чүйдөсүнөн алдын ала билип айтуу максатын койбойт. Коммунизмге карай илгерилеп, коммунисттик курулуштун тажрыйбасы топтолгон сайын жаңы коомдун жогорку фазасы жөнүндөгү илимий түшүнүктөр байып жана айкындала бермекчи»[1].

Ошентип биз В. И. Лениндин даанышман көрөгөчтүгүн далилдүү негиздөөгө келебиз: 1920-жылы 15 жашка толгон муун коммунизмдин биринчи фазасы катары социализмди негизинен, толук жана биротоло курууну камсыз кылды жана анын улуу жеңип алууларын сыймык менен коргоду.

— А эми силердин алдыңарда эмне турат? — деп сураймын.

— Аталарыбыз жетишпей калгандарды жеткире куруу.

— Мейли, бул жооп да туура.

«Акыл эмгеги болобу күч эмгеги болобу — деген программалык жобону цитата келтиремин,— жалпы жыргалчылык үчүн ак ниет эмгектенүүгө терең урмат көрсөтүүсүн жана даяр тургандыгын калыптандырууну тарбия ишинин борборуна коёт»[2].

— Эмне үчүн ушундай? деп сурайм.

Эреже катары туура, бирок так жана ишенимдүү жүйөөлөрү жок пикир алмашуулар келип чыгат.

— Тактап, тереңдетүү керек. Кандайча иштейбиз?

— Ленин менен кеңешебиз.

— КПССтин Программасынан издейбиз.

— Комсомолдун III съездинде сүйлөгөн сөзүндө Владимир Ильичтин эмгек жөнүндө айтканы эсиңердеби?

— Эсибизде. Мектептер аралык окуу-өндүрүштүк ком-

---

[1] КПССтин XXVII съездинин материалдары, 162-бет.

[2] КПССтин XXVII съездинин материалдары. 189-бет.

бинатта дээрлик ар бир жума сайын окуйбуз. «Жумушчулар жана дыйкандар менен бирге эмгек кылганда гана чыныгы коммунист болуп чыгууга мүмкүн»[1].

— Бул жобону «...В. И. Лениндин чыгармаларынын жыйнагынан» издеп тапкыла. Анын уландысы бар.

— «Ошентип жаштардын союзуна кирүүчүлөрдүн кимиси болсо да сабаттуу экенин, ошону менен бирге эмгек да кыла биле турганын бардык эл көргөндөй болсун. Биз эски мектептен эски муштуровканы кууп чыгып, аны аң сезимдүү дисциплина менен кандайча алмаштырганыбызды, ар бир жаш жигиттин ишембиликке кандайча катышып жаткандыгын, элге жардам кылуу үчүн алар шаардын тегерегиндеги ар бир чарбаны кандай пайдаланып жаткандыгын бардыгы көргөндөн кийин, ал эмгекке мурдагыдай карабай калат»[2].

— Бул жерде ошол убакка ылайык нерселер берилген. Эмнени түшүнүп турасыңар?

— Биздин күндөрүбүздө сабаттуу болуу аздык кылат, сөзсүз орто билим алуу милдеттүү.

Эмгектин сапаты жөнүндө жана ага мамиле жасоо жөнүндө биз кийинчерээк, «В. И. Ленин, КПСС социализм тушундагы эмгек жөнүндө». деген тема боюнча сабакта сүйлөшөбүз. А эми азыр Партиянын программасына кайрылабыз окуйбуз: «Эмгек — коомдун материалдык жана рухий байлыгынын негизги булагы, адамдын социалдык кадыр-баркынын башкы критерийи, анын ыйык милдети, адамды коммунисттик тарбиялоонун негизи»[3].

— Бул жерде төрт пикир белгиленген. Аларды таап, бирден ажыратып көрсөткүлө. Ар бирин талдап көрөлү.

— Теманы жазгыла: «Социализмдин экономикалык түзүлүшү». Теманы дээрлик эки ай бою окуп үйрөнөбүз. Кадимки сабактардан тышкары экономисттер менен жолугушуу алдыбызда турат: өткөн жылы окуп кеткендерибизден көптөрүн кайра бышыкташыбыз керек. Силерге өзгөчө бир тапшырманы сунуш кылам. Аны орундатууга силерге эки жума берилет. Бирок эң мурда биздин өлкөбүздүн Негизги Законун — СССРдин Конституциясын, 40-статьяны алгыла (текстин ассистент дем алышта эле таркатып берген). Мында кесип жөнүндө эмне деп айтылган?

— «СССРдин граждандары шыгына, жөндөмүнө, кесип жагынан даярдыгына, билимине ылайык жана коом-

---

[1] *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы, 41-том, 317-бет.
[2] *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы, 41-том, 217-бет.
[3] КПССтин XXVII съездинин материалдары, 189—190-беттер.

дук керектөөлөрдү эске алуу менен кесипти, кызматтын түрүн жана жумушту тандап алууга укуктуу».

— Бул саптардын силерге тиешеси барбы?

Түздөн-түз тиешеси бар. Биз жакын арада кесип тандоого киришүүбүз керек.

— Эмитеден эле караштырып жатабыз.

— Кандайча караштырып жатасыңар?

— Мектептер аралык комбинаттарда кесиптерди үйрөнүп жатабыз.

— Базалык ишканаларда иштейбиз.

— Демек, ар бириңер кесип алган экенсиңер да?

— Жок, кээ бирлерибиз гана.

Ал эми паровоздун машинисти (паровоздуку болгонун карабайсыңбы) тогузунчу класстагы окуучулар менен кандайча кезигишкени менин эсиме түштү. Ал жакшынакай сүйлөп берип, окуучулар көңүл коюп угуп, ага «эстеликке» деп китеп тапшырып, ырахмат айтышкан эле. Коштошуп жатып, өндүрүшчү минтип айткан:

— А эми силердин кимиңер, балдар, деподо иштегиңер келет?

Көрсө, эч ким каалабайт экен.

— Анда мени эмнеге чакырдыңар эле? — деген ал таңгалып.

Мен ошондо анын турмуштук жолун, көп жылдык тажрыйбасынын, ак ниет эмгегинин үлгүлүүлүгү жөнүндө айттым, бирок ошентсе да, анын жөндүү сөзүнө оңтойсузданып, кийин бул жөнүндө ойлондум. Баары бир, бул өндүү жолугушуулар, албетте, пайдалуу келет, бирок жогорку класстагылар менен иш алып барганда башка нерсе да керек. Эмне? Тарбиялоо ишинде, деп көрсөткөн М. С. Горбачев XXII съездде докладында, эң жогорку конкреттүүлүк абдан маанилүү, ошондуктан жеке жүргүзүлүүчү иш — тарбиялоонун маанилүү каражаты.

Ошентип кесип жагынан багыт берүү, келечектеги адистикти өзүнө ылайыктап көрүү үчүн мындай мамиле тажрыйбасы жетик устат менен анын ордун басуучунун чын ыкластан аңгемелешүүсү баа жеткис нерсе.

Ошентип биз адабият мугалими менен бирдикте момундай тапшырмаларды өзүң инсан катары да, адис катары да баалаган адамдан интервью алууну, анын иши менен таанышууну, алдыдагы турмушта жана эмгекте толкундаткан жана тынчсыздандыргандардын баардыгы жөнүндө сурап билүүнү колдоно баштадык. К. Маркстын «Уландын кесип тандаган кездеги ой жүгүртүүсү» деген гимназиялык сочинениесин (текстти кабинетте бар) алдын-ала окуп чыгууга

кеңеш берип, интервью үчүн төмөндөгүдөй болжолдуу суроолорду да сунуш кылабыз.

1. Фамилиясы, аты; ким болуп жана кайсы жерде иштейт; ал жөнүндө көрүнүктүү эмнелерди билесиң?
2. Ишке карата мамилеси; а) зарылчылык (кызмат акынын кереги жок болсо иштебейт беле); б) шыгы; в) иште баарынан көбүрөөк эмне кубандырат? г) Эмне капаландырат?
3. Бул кесиптин эмнеси көбүрөөк жагат: а) өзүн инсан катары сезүүгө мүмкүндүк бергендигиби?; жогорку кызмат акысыбы; в) коомдук зарылдыкпы?
4. Кесибиндин терс жактары кайсылар?
5. Кесип билимин, окуусун дайыма өркүндөтүп турууну талап кылабы — жокпу?
6. Кесипке ээ болууда жетишкен ийгиликтери: а) квалификациялык разряды; б) коомдук кадыр-барк күтүү.
7. кесипке алып баруучу жол; а) талап кылынуучу билимдин минимуму; б) перспективалары кандай?
8. Ушул кесипти тандап алган адам кандай сапаттарга ээ болууга тийиш?
9. Бош убак: а) андай убак канча? б) кандай пайдаланат?

Эскертме «өзүнүн» суроолорун да түзүүгө жардам берет. Жолугушкандан кийин аңгемелешүүнүн натыйжасын берүүнү өтүнөбүз: тандап алууда бекем чечимге келүүгө жардам бериби? Ниетинен баш тарттырдыбы? Эмне жөнүндө ойлонууга аргасыз кылды?

Алынган жоопторду талдоо предметтин теориясын окуучулардын иш-максаттарына жакындатууга, а ошондой эле кесипти тандоо ниетине коомдук жүйөлүү оңдоо киргизүүгө жардам берет. Окуучулардын бардыгы жогорку окуу жайына киргиси келгендигин билген соң жоопторду талкуулоону мындайча баштадым:

— Айталы, силердин оюңар ордунан чыгып, ар биринер каалагандай кесип алдынар дейли. Силердин арандардан баланча-түкүнчөлөр (кесиптердин наамын санап чыгам) чыгат. Тагдырдын жазуусу менен жомоктогудай нерсе болуп калды: тагдыр биздин баарыбызды (бизди гана) адам жашабаган аралга туш кылды. Ар биринер өз иширер менен алексиңер. Эмне жейбиз? Эмнени киебиз?..

Жок дегенде ойлонушсун. Ойлоно тургандар анча деле аз эмес, андан да сен кайсы жерге керек болоруң жөнүндөгү аңгемени сабактан кийин («Ким болуу керек?» деген диспутта, кечеде) улантабыз. А эми программадагы «Социалисттик эмгек тартиби» деген тема проблеманын дагы бир жагын көрүүгө мүмкүндүк берет. Тартиптин зарылдыгын түшүнүшөт, жооп бере алышат, ал тургай кечээ эле жөндүү себепсиз сабактан калган, экинчисине кечигип, үчүнчүсүндө эчтеме жасабай олтурган окуучу да туура жооп берет.

— А сен өзүң айткандай жасап жатасыңбы?

Сабакка ата-энелерди да чакырабыз, а эми жалпысынан тапшырма мындайча болуп көрүнөт: «Тартип. Бул жөнүндө газеталар эмнелерди жазып жатышат? Ата-энемдин жана менин түшүндүрүүлөрүм». Бул иш оңой болбой чыкты. Эң башкы кыйынчылык — ата-энелер ачык-айкын, терең ойлуу, граждандык жагынан таламдаш жана өзүнө сынчыл аңгемелешүүгө даярсыздыгы. Демек, мугалим демилгени өз колуна алышы керек.

Балдарга областтык газетадагы макаладан үзүндүнү — бригадирдин тартип жөнүндөгү ой-пикирин окуйм. «Эмне үчүн,— деп сурайт бригадир,— бирөөлөрү өз ишканасын экинчи үйүм деп эсептеп, анын иши өргө чаап, үзүрлүү иштеши үчүн күчүнүн, билиминин жана шыгынын бардыгын жумшашса, а эми экинчи бирөөлөрү ишкананы эч баркташпайт?

Окуучуларга бул маселеге жооп берүүнү өз ата-энелерине сунуш этүүгө кенеш берем. Күткөнүмдөй эле, суроолордун тике, граждандык жактан таламдаш, конкреттүү коюлушу ошончолук чынчыл жооп берүүнү талап кылган. Онунчу класстагылар жазып алышкан аңгемелешүүлөрдөн алынган кээ бир үзүндүлөр мына булар:

«Тепловоз ремонттоочу заводдун жумушчусу болуп иштеген менин энем мындайча жооп берди: «Мээнеткечтердин басымдуу көпчүлүгү өз ишканасын чыны менен үйүндөй көрөт. Андан башкача болушу мүмкүн эмес — анткени биз өмүрүбүздүн жарымын андагы эмгекке жумшайбыз. Ошондой болгон жердеги цехтери таптаза, короо-жайлары гүлзарлуу, жумушчулар ынтымактуу (жалпы иш аткарабыз), ардагерлер өз тажрыйбасын чын дилден жаштарга үйрөтүшөт, а эми жаштар болсо алардын ишин илгиртпей үйрөнүшөт. Баардыгыбыз жана ар бирибиз үчүн эң зор кубаныч өз ишкананын алдыңкы катарда болгондугу. Ийгиликте сенин да үлүшүң бардыгына сыймыктанасың. Тилекке каршы, өз ишин сүйбөгөндөр да, ишкана жөнүндө ойлобогондор да бар. Мындайларды түшүнө албайм».

«Өз ишканасы чексиз кымбат, өзүнүн таламдарын өзү иштеген коллективдин таламдарынан бөлөк кароо оюна да келбеген, эмгек ыргагын бузгандарга (а эми мындай учурлар болот) деми кыстыккандай жаны ачыган адам гана ушундайча суроо кое алат. Талкуулагандан кийин ата-энем жана мен мына ушундай пикирге келдик».

Жооптордун көпчүлүгү мына ушундай. Бирок башка жооптор да бар.

«Атам мындай деп жооп берди: «Мен ишканада иш-

тейм, өзүмө тапшырган ишти чын дилден жакшылап аткарам, өзүмдүн бардык шыгымды жана билимимди эмгегиме жумшайм. А эми башкалары ишке кандай мамиле жасашат — бул алардын жеке иши».

Бул өңдөнгөн жоопторду талдап отуруп, сөздү ишке келбей коюучулар менен аракечтерге бурамын, балким аларга так ошондой эч кимдин көңүл бурбаганы керек чыгар. Тартип бузуучуларга, шылуундарга жана «кымтыкейлерге» карата дал ушундай кайдыгердик, көрмөксөнгө салуу — биздин башкы душмандарыбыз. Бүгүнкү күндө өзүңдүн жакшы иштегениң аздык кылат, бүткүл коллективдин жакшы иштешине жетишүү керек. Бригадалык, үй-бүлөлүк подряд мына ушуга багытталган.

Эмгекке коммунисттик мамиле кылууну жакшы үлгүлөрдүн мисалында эле эмес, жарактан чыккан көз караштарды ашкерелеп, өзүндөгү жана курчап турган турмуштагы кемчиликтерге карата граждандык элдешпестикти бекемдөө үчүн күрөшүү менен жөнгө салуу керек. Илдетке каршы күрөшүү үчүн, аны жакшылап көрө билүү керек.

Бизде эмгек майрамдары — лениндик коммунисттик ишембиликтер граждандык жактан тарбиялоонун таасирдүү каражаты болуп бара жатат.

Сабактарда В. И. Лениндин «Улуу демилге» деген эмгегин окуп үйрөнөбүз. Адабият мугалим менен бирдикте өз алдынча иштелүүчү тапшырма беребиз: коммунисттик жекшембиликке катышуучудан, ошол эле күнү өзүнүн жумуш ордунда — станокто, рулда, фермада иштеген адамдан интервью алууга тапшырма беребиз. Көңүл бурула турган суроолорду коллективдүү талкуулайбыз, ал суроолорду эскертме катарында жазабыз;

Онунчу класстагылардын ишембиликке тикелей каты-

1. Кадыресе күндөгү жана жекшембилик күнүндөгү иш башталганга чейинки маанай.

2. Марттагы жана жекшембилик күнүндөгү эмгек өндүрүмдүүлүгү.

3. Ишембилик күнүндөгү эмгек өндүрүмдүүлүгү кадыресе күндөгүдөн жогору болоорун эмне менен түшүндүрүүгө болот.

4. Эмгек өндүрүмдүүлүгүн күн сайын ишембиликте жетишилгендеги деңгээлге жеткирүүгө мүмкүнбү? (Эгерде «мүмкүн болсо», ага кантип жетишүүгө болот? Эгерде «мүмкүн болбосо», себеби эмнеде?)

5. Суроо керек: «Силер, сыягы, көп ишембиликтерге катышсаңар керек, ушул жылдагы ишембиликтин өзгөчөлүгү эмнеде?»

6. Москвадагы заводдун бригадири: ишембилик — бул жумушчу кийимчендердин майрамы деп айткан. («Силер мындай аныктама менен макулсуңарбы? А балким, башкача түрдө айтарсыңар?» — деп суроо керек.)

шына өзгөчө маани беребиз. Эреже катарында алар ушул күнү базалык ишкананын эмгек коллективи менен бирге иштешет. Ишембиликтин штабы менен мектеп окуучуларынын иштей турган ишин аныктайт, алардын иштеп тапкандары эмгектик маалыматтарга кошулат. Ишембилик бүткөндөн кийин окуучулар саясий агартуу кабинетине чогулушат. Штабдын начальниги күндүн жыйынтыктары жөнүндө жана мектеп окуучуларынын жалпы жетишкендикке кошкон салымы жөнүндө бардыгын кабардандырып, окуучуларга заводдун жумушчуларына берген жардамы үчүн рахмат айтат. Ишембиликтин таасирлери жөнүндө онунчу класстын окуучулары көлөмү кичине сочинениелеринде: «Бизди музыка менен тосуп алышты, а эми...узатышты,» «Кирпич эмне үчүн салмактуу болуп баратат», «Көңүл бурууга арзыбаган иш, бирок...» деп жазышкан. Балдардын сочинениелеринен үзүндүлөрдү келтиребиз:

«Коммунисттик ишембилик күнүндө заводдо иштей турганыбызды укканыбызда мен акыры эми биз чындап, бардык чоң кишилердей эле, цехте же ал түгүл станокто иштейт экенбиз деп абдан кубандым.

Бирок көңүлүбүз кайт болгонун айтпагыла... Бирөөлөрүбүздү кирпич жыйнооого, экинчи бирлерибизди — көчө шыпыруурга, а бизди, алтообузду — складга жиберишти. Барганыбызда, кайдагы бир коробкаларды жакшылап преттөөгө, текчелерди тартипке келтирип, чаңын сүртүүгө буйрук беришти. Адегенде мындай жумушту иштегибиз келген жок. Мунун кимге пайдасы бар? Бирок бара-бара кызыгып кеттик. Бардыгына көңүл коюп карай баштадык. Складда жыйнактуулуктун жана тазалыктын болгонунун мааниси көп экенин түшүндүк. Көрсө, заводдун бүт ишинин ыргагы ушуга байланыштуу экен. Тетиктердин, запас бөлүктөрдүн токтолбой берилгени кандай маанилүү дейсиң! Ар бир секунд маанилүү. Жайбаракат иштеген кишини көрбөйсүң. Складда бир нерсе кеч беришти дегиче, цехте убакыт текке кетет. Ошентип, биздин эмгек күнүбүз аяктады. Текчелердегилердин баары өз жайына келди. Керектүү нерселерди заматта таап алууга болот. Кечиктирүү жана үзгүлтүк болбойт. Ошентип мында арзыбагандай көрүнсө да, биздин эмгегибиздин да үлүшү бар...

Бул күнү көп нерсени түшүндүм. Эң башкысы, көңүл бурууга арзыбаган керектүү иш болбогонун түшүнгөнүм болду. Кээде көңүл бурууга арзыбаган нерсе — башкы нерселердин бири».

«Бул көңүл бурууга арзыбагандай иш биринчи караганда гана керексиздей көрүнөт. А эгерде тереңирээк карасакчы? Адамдын колунан жаралгандардын баардыгы биздин өлкөбүздүн сыймыгын түзөт. Майда иштердин булактары Мекендин жыргалчылыгы үчүн иштелген даңктуу эмгектин күргүштөгөн мол дайрасына кошулат... Мен муну ишембиликте иштегенде сезип-түйдүм.

Көп убакытта эки коллективдин жалпы эмгегинин натыйжасында биргелешкен тарбиялык иш жүргүзүүнүн идеясы пайда болору кызыктуу. Мисалы, мектеп окуучулары менен механикалаштырылган карьердин жумушчу-

ларынын «Улуу демилге» боюнча конференция даярдап, өткөрүшкөндүгү эсте каларлыктай болду.

Кожоюндук сезимди тарбиялоо — биздин маанилүү милдеттерибиздин бири жана аны күн сайын иште, жөнөкөйлөштүрбөй чечүү керек. Бул багытта көп нерселер жасалып жатат: окуучулар «Курулат дүйнө майдадан» деген девиздин алдындагы кыймылга активдүү катышып, тийиштүү милдеттенмелер кабыл алынган, алардын аткарылышына контролдук уюштурулган. Ошондой болсо да, экономикалык жактан тарбиялоо ишинде тажрыйбага таянуу менен чектелүүгө болбойт деп ойлойм. Советтик мектепти бүтүрүп чыгуучулар уюмдашкандыкты, иреттүүлүктү, тартипти иштин кайсы чөйрөсүндө болсун бекемдөө үчүн күрөшкө (КПССтин XXVII съезди койгон милдеттерди түшүнүүгө таянып) даяр болуп турууга тийиш.

Мына бул орчундуу проблемага эртеңки күндөгү мээнеткечтерди кантип тартуу керек? Толук бере алам деп айта албайм, тек коом таанууну окуп үйрөнүүнүн процессинде эмнени колдонгондугум жөнүндө гана айтып өтөм.

Биздин сабактарыбызга экономисттер менен чарба кызматкерлери көп эле келип турушат. Социалисттик экономиканын көп маселелери алар менен жолугушкандан кийин түшүнүктүрөөк болуп калат. Бирок, эгерде алар жакшы даярданышкан убакта гана, мындай жолугушуулардан педагогикалык кайтарым болот.

Сөз сүйлөй турган кишини тактап, реалдуу мазмунга ээ боло турган окуу темасы менен тааныштырам, бир тараптан, өндүрүш үчүн өтө эле орчундуу, а эми экинчи тараптан, теориялык материалдагы башкы нерсени айкындап билүүгө жардам бере турган маселелерди талкуулайбыз. Бирок ишкана эмне менен жашап, тездетүүнүн, кайра куруунун чарбалык механизминин гана эмес, ошондой эле кызматкерлердин ак-сезимин, алардын ишке мамилесинин милдеттерин да кантип чечип жаткандыгы жөнүндө айкын-ачык жана ишенимдүү айтып берүү андан кем эмес маанилүү. Жолугушуудан алган таасирлери менен бөлүшүүнү балдардан өтүнөмүн. Базалык ишкананын (аристештирилген механизациялаштырылган гранит карьеринин) директору В. Н. Кушнаревдин сөзү жөнүндө К. Людмила мына момундай деп жазган: «Бригадалык подряд жөнүндө айтып келип, менин атам да иштеген коллектив жөнүндө жылуу сөздөрүн арнаган Василий Николаевичке ыраазымын. Башка окуучулар техникалык жактан кайра жабдуу; пайданы бөлүштүрүү (анын бир бөлүгү мектепке да чегерилет); дем алышты уюштуруу; чарбалык эсеп, аны

бригадалык деңгээлде уюштуруунун принциптери; чарба жүргүзүүнүн социалисттик методу катары үнөм режими; жалпы элдик, коллективдүү жана өздүк таламдардын биримдиги; пландоо чарбалык механизмдин негизги звеносу катары жана бүт алганда ал механизмдин таасири сыяктуу маселелерге көңүл бурушту.

Ушул эле маселелер тийиштүү өзгөчөлүктөрүнө ылайык РАПОнун адистери менен болуучу жолугушууларда каралат, каралганда да ой-түшүнүктө эмес, жергиликтүү колхоздордун жана совхоздордун, бүт агрардык-өнөр жай бирикмесинин материалында талкууланат. Ошону менен бирге балдар өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүнүн жалпы мүнөзүн, ар бир мээнеткеч өзүнүн кесибине жана ишинин түрүнө карабастан, ошол закон ченемдүүлүктөрдү билишинин зарылдыгын терең түшүнүшөт. А эми КПССтин XXVII съездинин чечимдерине арналган жыйынтыктоочу семинарда окуп үйрөнүлгөндөрдүн укканларынын негизинде балдар теория менен практиканын биримдигинин позициясынан туруп илимий-техникалык прогрессти тездетүүнүн, ырааттуу интенсификациялоонун, өндүрүштүн эффективдүүлүгүн жана иштин сапатын жогорулатуунун зарылдыгын, ошондой эле биздин коомубуздун турмушунун бардык тараптарын кайра курууда адам факторунун ролун, атап айтканда ар бир мээнеткечте өзүн бүйрө кожоюндун катары сезишин калыптандыруу үчүн экономикалык жактан даярдоонун маанисин ачып көрсөтүшүп олтуруп, КПССтин экономикалык стратегиясынын негизги багыттарын карап чыгышат.

«Үнөмчүл болууга милдеттүүсүң» деген темадагы кече жогорудагы сөздүн өзүнчө бир уландысы болду. Кече «тегерек столдогу» ангемелешүү формасында өткөрүлүп, ага окуучулар менен катар экономисттер да катышышты. Кечени даярдап жүрүшүп, балдар электр энергиясынын, суунун, нандын сарпталышына байкоо жүргүзүүнү уюштурушту, «Ойлонтуучу маалымат» — мектеп чарбасындагы үнөмдүн резервдери жөнүндө стенд түзүштү, «Мектепте эмнени үнөмдөөгө болот жана үнөмдөө керек?» деген аукцион өткөрүштү. Окуу эмгегин уюштуруу, «Сабак — бул 2700 секунд болот, ар бир секундду үнөмдө!» ураанын жүзөгө ашыруу маселелерине өзгөчө көңүл бурушту, ошону менен катар саясий информацияларда өлкөнүн масштабында мүнөттүн баасы жөнүндө маалымат келтирилди. Ошондой эле «Биздин китептер», «Үйдө эмнени үнөмдөөгө болот?» деген рейддерди өткөрүштү.

Кечения корутундусунда мектептин комсомол комите-

тинин жана мектептер аралык окуу-өндүрүштүк комбинаттын (УПК) окуучулук өзүн өзү башкаруусунун өкүлдөрү мектепте үнөм режимин күчөтүү боюнча өзүлөрү кабыл алышкан чечимди окуп беришти.

Албетте, кечелердин даярдык ишинин жана программасынын мазмуну ар кыл, максаты бирөө — биздин убагыбыздын рухуна ылайык келген экономикалык ой жүгүртүүнү калыптандыруу, кожоюндук сезимди, эмгекке жана социалисттик менчикке коммунисттик мамиле жасоону тарбиялоо, экономикалык билим берүү, сарамжалдуулук, жыйнактык, жоопкерчилик, жалпы элдик ишке кол кабыштык өңдүү маанилүү сапаттарды өнүктүрүү.

Акылга сыярлык керектөө маданиятын тарбиялоо милдетти да эң маанилүү болуп эсептелет. Биз бул проблема боюнча диспут уюштурууну чечтик. Акындын төмөндөгү саптары ой жүгүртүүгө түрткү болду:

Жашасам да керек нерсем жетишпей,
Жашай албайм артыкбаш бир нерсесиз...

Диспутка даярдык көрүү бир нече айга созулду, ал «Коммунисттик курулуштун процессинде адамзаттын талаптарын обого чыгаруу. Инсандын акылга сыярлык керектөөлөрүн калыптандыруунун зарылдыгы, адамдын материалдык жана рухий суроо-талаптарынын ортосундагы шайкештикке жетишүү» деген программалык темага өзүнчө бир беткей кириш сөз болуп калууга тийиш эле.

Тарбиялык иштин формасы катары диспуттун бөтөнчө өзгөчөлүгү эң оболу — ал бир адамда дүйнөгө көз караштык жана моралдык мааниси чоң маселеге карата мамилесин адеп түшүнүүгө түрткү берүүчү, проблемалык кырдаалды түзгөндүгүндө. Окуучуларды социалдык маанилүү корутунду чыгарууга жакындатуу менен, биз лениндик момундай жобону жетекчиликке алабыз: «Айтыштарсыз, талаштарсыз жана пикирлердин күрөшүсүз эч кандай кыймыл болушу мүмкүн эмес»[1]. Диспутту, албетте, даярдоо керек. Биздин түшүнүгүбүздө бул эң оболу мектеп окуучуларында маани-маңызы жаңылыш же жалган түшүнүктөр, ар башкача чечмелөөлөр менен чаташтырылган чындыкка жетүүгө умтулууну пайда кылуу дегендикке жатат. В. И. Ленин жазгандай, «дарыянын кыймылы — үстү көбүк, асты терең агым. Бирок көбүк да маанинин көрүнүшү»[2]. Балдардын өзүлөрүнүн күч-аракеттери менен

---

[1] *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы, 24-том, 166-бет.
[2] *Ленин В. И.* Ошондо. 29-том, 116-бет.

ар кандай көрүнүштөр аркылуу маани-маңызды издеп, көбүгүн калпып алып, терендеги агымга чейин жетүү керек.

Диспуттун темасы пикирлердин кагылышуусунда жана күрөшүндө чындыкты айкындаш үчүн ар кандай көз караштарды ичине алууга тийиш.

Зарылдык деген эмне жана анын өлчөмү эмнеде? Маселе жөнөкөй эмес. «Артыкбаштарын» аныктоо андан бетер татаалыраак. Бүгүнкү артыкбаштар эртең зарылдык болуп чыгышы мүмкүн. Анан бул материалдык керектөөлөргө гана эмес, ошондой эле рухий керектөөлөргө да тийиштүү... Ыйман-адептик проблемалардын бул түйүндөрүн андап түшүнүүгө онунчу класстын окуучуларына Н. Н. Михайловдун «Социализм и разумные потребности личности» (М., 1982) деген китебин окуу көп жагынан жардам берди.

Балдарды диспут жүргүзүүнүн маданиятына жана — кененирээк алганда мамилелешүүнүн маданиятына да үйрөтүү керек. Алар диспут деген эмне, анын өзгөчөлүктөрү кайсында, ал кантип өтүүгө тийиш, кантип ага даярдануу керек экенин жана б. у. с. билүүгө тийиш.

Бул маселелерге берилген жооптору биз атайылап чыгарылган стендде жайгаштырганбыз. Ушул эле жерде— тема, мурда эле айтылган карама-каршы көз караштар, рубрикалар бар: «Суроом бар», «Сөз берүүнү өтүнөм», «Макул эмесмин», «Колдоого алам». Ар бир окуучу диспутка чейин эле өз пикирин баяндап, талкууга кошула алат.

Китепканада «Заттар жана сен» деген тематикалык адабият көргөзмөсү жасалгаланып, мезгилдүү басма сөздөн алынган материалдардын жыйындысы чогултулган болучу. Бирок, «Сөзсүз окуп чык!» деп эч ким талап койбойт. Диспут конференция эмес. Талап кылынган эң эле маанилүү, ал тургай бирден-бир зарыл нерсе — өзүндүн көз карашың жана аны жүйөөлүү коргоо. Бирок талашты так аныкталган максатты көздөй багыттоо керек, ошентип бул жерде көп нерсе диспутту алып барган мугалимге байланыштуу болот.

— Маяковский менен макулсуңарбы?

— Атап айтканда эмнеси менен? — деген суроо чыгат.

— Кана, муну эле алалы. «Жаңы жуулган көйнөктөн башка, чынын айтсам, мага эчтекенин кереги жок».

«Бардык үн жеткичектини» окушканда ырастоонун карама-каршылыктуулугун байкашпаса да бир ооздон «жок» дешет. Талкуулоого чакырабыз. Албетте, Маяковский да

өзүнүн керектөөлөрүнө муну менен эле чек койгон эмес. Бул жерде акындык толгонуу, курч ой-пикир — байлыктын артынан түшкөндөргө каршы ой бар («колунан көөрү төгүлгөн жыгач усталар үйгө мебель жөнөтүшкөн жок»).

«Жагдайды азыркы кезге ылайыктоого» далалат жасап көрөбүз.

— Эки кыздын сүйлөшкөн сөзүн угуп калдым. Бирөө ушунчалык суктануу менен минтти: «Билесиңби, анын эмнеси гана жок. Тим эле ашыгы менен десе болот» Ушундай болушу мүмкүнбү жана ошого суктанууга болобу?

Качан бардык окуучулар оюн айтып бүткөндө, туура жолго алып чыгам. «Адамдын коомчулуктун кадыр-баркына ээ болуусу да, материалдык жактан жыргалчылыгы да эң оболу анын кандай иштегени менен аныкталууга тийиш... Анткени адам эмгекте материалдык байлыктарды гана түзбөйт, ошондой эле өзүнүн мыкты сапаттарын арттырат, эркин такшалтат, чыгармачылык күчтөрүн өнүктүрөт, өзүн граждан, коммунизмдин активдүү куруучусу катары бекемдейт»[1].

Айкын иштин маани маңызы. Менин картотекамда «Учительская газетасынан» кесип алынган, полковник Н. Н. Тараториндин «Зоя көзгө атар эле» деген макаласы бар эле. Ал макала мындайча башталат: «Мындан он жыл мурда мен танкалык полкто командалык кылчумун. Биз орто мектептин бүтүрүүчүлөрүнөн аскерге толуктоо алдык. Жаңы кабыл алынгандар аскердик техниканы тез эле өздөштүрүп кетишти, а эми солдаттык тартип жагына келгенде иш кыйыныраак болду. Тартип бузган солдатты чакырып, жемеге алдым:

— Сен солдаттык кызматыңды аткарышың керек да...

Ал болсо мындай деп турбаспы:

— Мен бар болгону он тогуз жаштамын, мен али эч кимге карыздар боло элекмин!»

Бул үзүндүнү онунчу класстын окуучуларына окуп бердим да, анан жаш солдаттын сөзүн төгүндөөнү сурандым. Ошонун алдында эле балдар бир ай бою социологиялык изилдөө жүргүзүшүп, анда коомдук керектөө фондуларынан ким канча аларын аныктап чыгышкан. Бир жылдын ичиндеги төмөндөгү көрсөткүчтөрдү эсепке алышкан:

1. Үй-бүлөнүн составы (анын ичинен канчасы иштейт, окуйт, пенсиядагысы канча?).
2. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бир жылдын ичинде алган жалпы кызмат акысы.

[1] КПСС борбордук Комитетинин Пленуму. 14—15-июнь, 1983-ж. 14-бет.

3. Коомдук керектөө фондусунан үй-бүлөгө канча жумшалат (бардык акча), анын ичинде:

а) жалпы билим берүүчү мектептеги окууга;

б) узартылган күндөгү топто;

в) мектеп-интернатта;

г) студенттердин окуусуна жана стипендияга;

д) балдар бакчасын жана яслилерди күтүүгө;

е) пенсия төлөп берүүгө;

ж) балдарды багуу үчүн пособиелерге;

з) путевкалар үчүн жарым-жартылай төлөөлөргө (санаторийлерге, дем алуу үйлөрүнө, профилакторийлерге, пионер лагерлерине);

и) эмгекке убактылуу жарамсыз болуп калганда төлөөлөргө;

к) кезектеги отпускаларга төлөөгө;

л) квартиралардын наркы жана аны эксплуатациялоодогу чыгымдар;

м) сырттан окугандардын жана жумушчу жаштар мектебинин окуучуларынын кошумча отпускаларына төлөөгө;

н) дарылануугa;

о) окуу китептеринин наркы.

4. Ар бир адам өмүр бою мамлекеттик коомдук фондулардан канча акча алган.

Албетте, маалыматтык материал керек. Андай материал жарым-жартылай окуу китебинин жаңы басылыштарында бар. Ойго салууга түрткү берүү үчүн алардын кээ бирлеринен жалпы түшүндүрмө берем. Мисалы, окуу китебинде мындай деп айтылган: жалпы билим берүүчү мектептин бир окуучусуна жумшалган чыгым — 200 сом. Окуу китебинин 20-басылышын көргөзөм: 170 сом, а эми андан мурдагысы — 90 гана сом. Сарптоолор көбөйүүнүн ичинде!

Борбордук статистика башкармасынын акыркы билдирүүсү боюнча орточо айлык кызмат акылар, керектөөнүн коомдук фондуларынан төлөөлөр жана жеңилдиктер жөнүндөгү маалыматтарды жаңыртып чыгууну сунуш кылам. Басма сөздөрдөгү акыркы жарыялоолорго же Гайворон шаарындагы Пабло Неруда атындагы № 5 орто мектептин Интернационалдык достук клубунун (ИДК) жазышкан каттарына таянып, капиталисттик өлкөлөрдөгү билим берүүнүн, медициналык тейлөөнүн наркы жөнүндөгү маалыматтарды келтирем. Бул ысымды клубка комсомолдун райондук комитети аябагандай зор иликтөө жана саясий-тарбия ишин жүргүзгөндүгү жана өзгөчө чили элинин күрөшү менен интернационалдык тилектештикти чыңдагандыгы үчүн берген эле. Клубдун катышуучулары башка клубдар менен, «Сальвадор Альенде» теплоходунун, «Пабло Неруда» танкеринин экипаждары менен кат алышып турушат. Булардын биринин экипажы Японияда болду деген кабарды угуп, япондуктар кандай турушат? — деп кызыгып сурашкан эле. Катка мына мындай жооп келген:

«Японияда жумушчунун кызмат акысы ай сайын 15 миң иенден 50 миң иенге чейин өйдө-ылдый өзгөрүлүп турат, а эми бир кишинин бир айлык жашоого керектөө минимуму 34 миңден кем эмес иенди түзөт. Орточо кызмат акы — 30—40 миң иен. Ар бир кызмат акы алуучудан алынган киреше салыгы —2500—4000 иен. Ар бир адамдан ошол турган жерде жашагандыгы үчүн салык жана мүлкү үчүн салык жылына 15 миң иенге чейин. Жумушчулар менен кызматчылардан социалдык камсыздандыруу фондусуна кызмат акыдан 6%тен 10%ке чейин кармалып калат. Квартира акысы —15 миң иен. Өрткө каршы камсыздандырууга жана жолдогу коопсуздук үчүн төлөөлөр —5—6 миң иен; тамакка жана кийимге 7—8 миң иен. Японияда медициналык жактан тейлөөгө акы төлөнөт. Тишти жулдуруу 2 миң иенге турат, а эми 3—4 күнү тишти дарылатуу 30—60 миң иенге турат...»

Мындай каттар социализмдин улуу жеңип алууларын, Совет мамлекетинин өз гражданларынын жыргалчылыгын, турмуш деңгээлин дайыма жогорулатуу жөнүндөгү камкордугун конкреттүү түшүнүп билүүгө жардам берет, капиталисттик бейиш жөнүндөгү буржуазиялык пропагандаңын жалган ырастоолорунун бетин ачат.

Онунчу класстын окуучуларынын социологиялык изилдөө жүргүзгөн иштерин окуймун, аларда ошол изилдөөлөрдүн корутундулары жалпыланган эле. Бир окуучу кыздын жасаган корутундусу момундай: «Ар бир үй-бүлөгө коомдук фондулардан бир жылда 2000 сом чамасында берилет». Андан сурайм:

— Сенин үй-бүлөңдө канча киши бар?

— 4 киши.

Акыркы статистикалык маалыматты билдирем: коомдук керектөө фондуларынан ар жылдагы төлөөлөр жана жеңилдиктер ар бир кишиге чагып эсептегенде 404 сомдон 495 сомго чейин көбөйгөн.

Бүт класс кубанычка батты: маалыматтардын ушунчалык тушма-туш келгенин!

Бул, албетте, кокусунан туш келүү. Бирок, эгерде мисалга, жүз үй-бүлөдөн кылып ылгап чыгарсак, жыйынтык бир топ эле негиздүү болмокчу. Анан так эле ошондой жасайбыз. Биздин корутундуларыбызды, эреже катары, СССРдин мамлекеттик статистика комитетинин маалыматтары бекемдейт.

Балдардын ой жүгүртүүлөрүнөн үзүндү келтирели:

«Мен мамлекеттен алган жардам көп, а эми аны өтөлгөсүнө чыга элекмин. Кайтарып бере алам бы?» (К. Люда).

«Менин эсептөөмө караганда, бир жылдын ичинде мамлекет коомдук фондулардан биздин үй-бүлөгө атам бир жылдан алгандагыдан көбүрөөк (ал көпкө чейин ооруган болучу) сарп кылган болуп чыкты» (К. Людмила).

«Менин жашоо турмушум мамлекет үчүн 2700 сомго турду, а мен азырынча эчтеме кайтарып бере элекмин».

«Мен кымбатка турган адаммын!»

А эми солдатта жүргөн уланга онунчу класстын окуучулары мына момундай жооп беришкен:

«Сен ал түгүл өзүңдүн туулушуң менен эле карыздар болдуң, анткени сен СССРде туулгансың, а эми медициналык жардам бизде акысыз. Сен мектепте окудуң, сен үчүн мамлекет төлөдү. Же сен буларды эчтемеге арзыбайт деп эсептейсиңби?» (В. Лариса).

«Мага мамлекет эчак эле 3461 сом сарп кылганын эсептеп чыгып, мен ал бала үчүн 19 жылдын ичинде андан кем эмес акча сарп кылынган деген жыйынтыкка келдим» (К. Светлана).

«Чынын айтсам, эгерде ушул изилдөө иши болбогондо, мен жашаган мезгилдин ичинде мамлекет мага 5632 сом сарп кылды деп эч качан ойлобойт элем. Бирок мен 17 жашка гана чыктым, а эми алиги солдат эчак 19га чыккан. Эки жылдын ичинде акчанын суммасы көбөйөт деп ойлойм. Эгерде ага бул эсептөөлөрдү көргөзө турган болсок, андан да өзүң эсептеп чыккын дешсе жакшы болор эле, мен ал өзүнүн көз карашын өзгөртөр деп ойлойм» (П. Алла).

Бир жолку «Көрүнбөгөн кирешелер» деген жалпылоочу конференция өткөрүштү. Талкуулоого мына момундай маселелерди тандап алышты:

1. Марксизм-ленинизм социализм тушундагы бөлүштүрүү жөнүндө.

2. Коомдук керектөө фондулары жана эмгекке жараша бөлүштүрүү.

3. Коомдук керектөө фондулары биздин райондун бюджетинде.

4. Коомдук керектөө фондулары кайдан алынат?

5. Коомдук керектөө фондулары жөнүндө улуулар менен сүйлөшүү.

6. Коомдук керектөө фондуларынан биз эмнелерди алдык?

7. Биздин окуучулардын үй-бүлөсүнүн мисалында коомдук керектөө фондуларын бөлүштүрүү жөнүндө ойлонуштуруу.

Конференцияны шаардык клубда өткөрүштү, ага жо-

горку класстын окуучулары эле эмес, алардын ата-энелери да катышты. Чыгып сүйлөгөндөрдүн биринин сөзүнөн үзүндү келтирели.

— Мага,— деди К. Ирина,— коомдук керектөө фондулары деген эмне экенин жана алардын кандай чоң маанизи бар экенин таптакыр түшүнбөгөн киши менен жолугушууга туура келди.

Качан мен ишти жазып жана эсептеп жатканымда, биздикине кошунабыз кирип калды. Апам экөө башка бөлмөдө сүйлөшүп жатышкан, а мага болсо апамдан ар түрдүү маалыматтарды сураш үчүн алардын үстүнө улам кирүүгө туура келди. Менин эсептөөлөрүм кошуна аялды кызыктыргандай болду окшойт, анан ал мен айткан суммаңы угуп; «Бул эмне, мындай жыргалчылык коммунизм тушунда болобу?» деп сурады,

Менин кошунамдын ден соолугу жакшы деле эмес эле, темир жол менен акысыз жүрүү билетин пайдаланат, ар жылы санаторийге барууга акысыз путевка алат, башкача айтканда фондулардан башкалардан көбүрөөк пайдаланат. Өзүнүн көзүнчө мен эсептеп чыктым. Көрсө, өткөн жылы анын эңчисине 1500 сом туура келет экен. Кошунам өзүнүн 50 жылдык өмүрүндө, ал фондулардан ошончо алаары түк оюна келбегенин мойнуна алды.

Советтик граждандардын саламаттыгы, ийгиликтери, алардын эртеңки күнгө ишенимдүүлүгү жалпы элдик мамлекет аркылуу камсыз кылынаарын жана гарантияланарын онунчу класстын окуучулары терең түшүнүп, жетиштүү түрдө ишенерлик ачык көрсөткөндөй эле болду. Бирок парз-милдетти материалдык жакка эле такап коюшка болбойт. Биз бул проблемага курстун жаңы темаларын окуганда кайтадан кайрылабыз.

«Жер жүзүндөгү эң көрүнүктүү демократия». Өнүгүп жаткан социалисттик коомдун социалдык-саясий түзүлүшүн окуп үйрөнүүгө онунчу класстын окуучулары Совет мамлекетинин негиздеринин жана укуктарынын совет коомунун тарыхынын курстарын жана албетте коом таануу курсунун мурдакы бөлүмдөрү окуп үйрөнүү аркылуу бир далай эле даражада даярдалган. Биз тема үчүн сунуш кылган сөздөр онунчу класстын окуучуларына Горькийдин «Эне» романындагы кейипкерлердин: «Россия жер жүзүндөгү эң көрүнүктүү демократия болот» деген кыялдануларынан алынгандыгы белгилүү.

Мурдакы өздөштүрүлгөн билимге таянып тема боюнча сабактарды экономика менен саясаттын өз ара байланышта экендиги жөнүндөгү Лениндин негиздөөсүнөн баш-

тайбыз. Ар кандай демократия, деп жазышат окуучулар В. И. Лениндин сөзүн, «акыркы эсепте, өндүрүшкө кызмат кылат жана, акыркы эсепте, белгилүү бир коомдун өндүрүштүк мамилелерине карай белгиленет»[1].

Демократия, инсандын эркиндиги, адамдын укуктары проблемалары бүгүнкү күндө эки дүйнөнүн идеологиялык күрөшүнүн өзөгүндө турат. Империалисттик монополиялардын кызматындагы антикоммунисттик пропагандanын методдорунун маңызын түшүнүүгө кайтадан В. И. Ленинге кайрылуу жардам берет. «Мамлекет жөнүндө» деген лекцияны ачып, лениндик төмөнкү сөздөрдү издеп табабыз: «Азыркы кезде өз газеталарын таратууга ондогон миллион акча жумшап отурган жана анын ондогон миллион даанасында буржуазиялык ушак-айыңды, империалисттик саясатты таратып отурган эң бай өлкөлөрдүн эң бай газеталарынын ичинде: Америка, Англия жана Швейцария — эл бийлигине негизделген алдыңкы катардагы мамлекеттер, большевиктик республика болсо — каракчылардын мамлекети, ал боштондук дегенди билбейт, большевиктер эл бийлигинин идеясын бузуучулар... деп большевизмге каршы ушул негизги далилдер менен айыптоолорду кайталабаган бир да газета жок. Большевиктерге каршы ушул шумдуктуу айыптоолор бүткүл дүйнө жүзүндө кайталанып жүрөт»[2].

Социализмди жаманаттылап, жалаа жабуулар, буржуазиялык жашоо образын мактай берүү — империалисттердин идеологиялык диверсиясынын мурдагыдай эле башкы куралы. Бүгүнкү күндө коммунизмге каршы уят-сыйытсыз пропагандага буржуазиялык өлкөлөрдүн лидерлери да түздөн-түз кошулуп жатышат.

Капиталисттик дүйнө — эксплуататордук коомдун шарттарында демократия жана инсандын эркиндиги жөнүндө көз боёмолоонун мекени, шарттоочусу жана экспорттоочусу. Бул, крест жортуулу сыяктуу эле согушчан болумуш. Бул «соот-чопкуттуу болумуш, анткени аны адамдардын ан-сезимине кылыч мизи менен киргизүүгө мүмкүндүк болгон кезде, ал үндөн тез учуучу согуштук самолеттор, танктар, пулеметтор жана башка курал-жабдыктар түрүндө ишке ашырылат... Бул болумуш самолеттор менен танктарга ишенимдүү бөгөт коюлганда перилердин азгырыктуу мукам үнүнө айланат; ошондо ушул болумушту брон түрүндө экспорттошпостон, тескерисинче радио тол-

---

[1] *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы, 42-том, 276-бет.
[2] *Ленин В. И.* Чыгармалар толук жыйнагы, 39-том, 80—81-беттер.

кундары, телевизор экрандары, кызыл-тазыл журналдар менен сансыз газеталардын салмактуу баракгары аркылуу экспорттошот»[1]. Биздин контрпропагандалоо ишибиздин негизги максаты — бул болумуштун жана калптын бетин ачуу, биздин советтик жашоо турмушубузду, социалисттик коомдук мамилелерди ишенимдүү ачып берүү. Эң оболу мектеп окуучулары адамдын укуктарынын ишке ашышын камсыз кылбай туруп эле, аны жөн гана жарыя кылган, жалган буржуазиялык демократиянын маңызы менен бул укуктарды жарыялап тим болбостон, ошондой эле иш жүзүнө ашышына гарантия берген чыныгы, социалисттик демократиянын мазмунун так түшүнүп алууга тийиш.

Түшүндүрүүнү «демократия» деген эмне экенинен баштайбыз жана окуучуларга тааныш математикалык ыкты колдонуп туруп, так эле уу-чуулу «элдин буржуазиялык бийлиги» деген сүйлөмдү алабыз. Бул а тургай түшүндүрмөнү да талап кылбайт, тек гана түшүнүктөрдүн сандыракгыгын, айкалышпастыгын, өз ара бирин-бири төгүнгө чыгарышын ойлонуу жана байкоо керек.

Андан ары окуучуларды биздин турмушубуздун чындыгын байкоого жана андан түшүнүүгө тартабыз. Онунчу класстагылар өз алдынча жүргүзүшкөн социологиялык изилдөөгө кайтадан таянабыз. Темабыз — «Социалисттик демократия — аракетте». Иш жүргүзүүгө жардам катары төмөндөгүдөй эскертме сунуш кылынат:

1. Ата-энеңден сурап, өзүлөрүнүн депутаттары ким экенин (фамилиясын гана эмес, ошондой эле кесибин, кызматын, адамкерчилик сапатын) бил.

2. Депутаттардын бирөө жөнүндө айтып бер (алдынала аны менен аңгемелешип алгын).

3. Депутаттан анын иши жөнүндө кайталап сурагын (кандай комиссияда иштейт, өзүнүн шайлоочуларынын алдында отчет береби, сессияларда эмнелерди талкуулайт).

Эгерде Советтерге шайлоолор (кайсы деңгээлде болсо да) жүрүп жатса шайлоочулардын жыйналыштарына (кенешмелерине) катышууну; ата-энелердин добуш берген шайлоо участокторуна барууну; агитаторлордун шайлоочулар менен болгон аңгемелерин угууну; шайлоо болгон күнү кереге газетасына билдирүү, кабар жазуу үчүн материалдар топтоону (шайлоо участогунан репортаж, добуш берердин алдында жана андан кийин аңгемелешүүлөр) өтүнөбүз.

---

[1] *Чаковский А.* Литература, политика, жизнь. М., 1982, 217—218-беттер.

Кээде шайлоочулардын тизмесин түзүүдө, шайлоо участогунда концерт уюштурууда, шайлоочулар менен аңгеме өткөрүүдө мугалим-агитаторго жардам берүү үчүн практикалык тапшырма да беребиз. Балдар керектүү пропагандалык тажрыйбаны саясий информатор мектебинен алышат.

Ушуга окшогон тапшырмаларды аткарып, окуучулар социалисттик демократиянын маңызын чыныгы эл бийлиги катары билет. Интервьюлар көбүнчө момундайча башталат: «Мага алыска баруунун кереги жок болучу — депутат биз менен эшиктеш турат: «Мен интервьюну апамдан алдым, апам темир жолдо стрелочница болуп иштейт жана эл депутаттарынын областтык Советине депутат болуп шайланган».

Биздин коомдо КПССтин ролу жөнүндөгү теманы талдап жатып, балдарга чет өлкөлүк адамдын: «Мага СССРдеги коммунисттер башка граждандарга караганда бир далай артыкчылыктарга ээ деп көп эле жолу окушка туура келди. Ушул туурабы?»[1] деген суроосуна жооп берүүнү сунуш эттик. Онунчу класстын окуучулары бул ойду өтө берилип, далилдүү төгүндөштү: «Менин атам да, апам да — коммунисттер, бирок алар эч кандай артыкчылыктардан пайдаланышпайт: квартираны биз кезек күтүү тартиби менен алдык, кызматында алар башкалардан эчтемеси менен айырмаланышпайт, тескерисинче, а түгүл алардан көп талап кылышат»; «Менин апам — коммунист, а атам — партияда жок. Эч кандай артыкчылыктарын байкабайм»; Өзүм билген коммунисттерди мисалга алып, айта турганым: жападан-жалгыз артыкчылыгы — алар алдыңкы катарда жүрүшү керек».

Биздин коомдо КПССтин ролун түшүнүүгө партиянын райондук комитетиндеги, эл депутаттарынын райондук Советинин аткаруу комитетиндеги жолугушуулар жардам берет.

Партиянын райондук комитетиндеги жолугушуулардын биринде онунчу класстын окуучуларынын алдында (көп учурда райондук борбордогу бардык мектептердин окуучулары чогулушат) коммунисттик курулуштагы КПССтин уламдан-улам күчөп бараткан ролу жөнүндө райкомдун секретары лекция жасады. Ал партиянын директивалары турмушка ашыруудагы райондук партия уюмунун ишин айкын мисалдар менен ачып көрсөтүп, райондук комитетинин составы жана структурасы жөнүндө, коммунист-

[1] СССР: 100 вопросов и ответов. М.: 1978.

тердин комсомол уюмдарынын иштерине жетекчилик жүргүзүүсү жөнүндө айтып берди.

Эл депутаттарынын райондук Советинин аткаруу комитетиндеги кабыл алууда окуучулар менен райондук аткаруу комитетинин бөлүм башчылары, председатели, секретары ангемелешишет. Жолугушуунун алдында мугалимдер жана райондук аткаруу комитетинин кызматкерлери окуучулар тааныша турган зарыл суроолорду тандап алышат. Биздин депутаттын статусу, депутаттык иш жөнүндө, аткаруу комитетинин структурасы, үстүбүздөгү жылы сессияларда жана аткаруу комитетинде талкууланган маселелер жөнүндө, депутаттардын шайлоочулар алдында отчеттуулугу жөнүндө айтып берүүлөрүн өтүнөбүз. Бөлүмдөрдүн башчылары да жолугушууга даярдык көрүшөт, баарыдан мурда жолугушуунун тарбиялык натыйжасы жөнүндө ойлонуштурушат. Мисалы, финансы бөлүмүнүн башчысы бюджет жөнүндө гана маалымат берип тим болбостон, ошондой эле финансыны толуктоонун резервдери жөнүндө айтып берет, ишканалар өндүрүштүк пландарды ашыгы менен аткаргандыгынын натыйжасында мектептерди, мектепке чейин балдар мекемелерин, ооруканаларды финансылоонун көбөйгөнүн айкын мисалдар келтирип айтат, социалдык камсыздоо маселелерине кенен-кесири токтолуп өтөт. «Мамлекеттин эмгекчилер жөнүндө көргөн камкордугу» деген сөздөр конкреттүү маани менен толукталса, эми социалисттик демократиянын реалдуулугу — ачык-айкын далилге ээ болот.

СССР Жогорку Советинде эмгекчилердин кызыкчылыгын жактоочу өкүл биздин жердешибиз, КПССтин XX съезди атындагы колхоздун трактордук бригадасынын бригадири, Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры Александр Васильевич Гиталов болуп эсептелет. Бул киши окуучулардын арасында да кадыр-барктуу. Анын сүйлөгөн сөздөрү, макалалары ар дайым кызуу талкууланат. Балдар анын «Дан жөнүндө ой» жана «Жаш досума карата сөз» деген китептерин да жакшы билишет. Анын Гайворон шаарындагы 5-мектептин интернационалдык достук клубунун мүчөлөрүнүн суроолоруна берген жоопторун, өзгөчө эмгек жөнүндөгү түшүнүгүн: «Эмгек — менин бүт өмүрүмдүн мааниси. Анткени эмгек — биз жер жүзүндө ээ болгондордун баарынын жаратуучусу. Ар бир киши эмгектенүүгө — өзү үчүн, өзүнүн үй-бүлөсү үчүн, өзүнүн жери үчүн эмгектенүүгө — милдеттүү. Эмгек мен үчүн — зарыл керектүү нерсе да, шык жөндөмүм да жана Мекен алдындагы милдетим да. Мен кесибимди сүйөм жана эгер-

де кайтадан тандоого туура келсе, мен кайтадан ушул кесипти тандап алмакчымын» деген сөздөрүн кунт коюп окушат.

Кировград областынан «Заря коммунизма» колхозунун саанчысы Мария Антоновна Монаша да СССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган эле. Мындай маалыматтарды келтирем: Америка Кошмо Штаттарынын конгрессинде жумушчулар жок. Биздин областтан өлкөнүн жогорку органына депутат болуп: жумушчу, механизатор, саанчы, министр (ишин жумушчу болуп баштаган) жана обкомдун биринчи секретары (адегенде башкы механик, андан кийин колхоздун башкармасы болгон) шайланышкан.

Мына, биздин депутаттар! Бут турган турпаты менен элден чыгышкан данктуу мээнеткечтер. Мунун өзү социалисттик коомдогу чыныгы демократиянын сөз жөнүндөгү эмес, иш жүзүндөгү демократиянын ачык-айкын далили.

Социалисттик демократиянын маңызын түшүнүү, биздин коомдун турмушундагы анын ачык-айкын көрүнүшүн билүү контрпропагандалык ишке активдүү катышууга онунчу класстын окуучуларына мүмкүндүк берет. Алар идеологиялык күрөштүн проблемасы боюнча өздөрүнүн кичүү жолдошторунун алдында саясий информациялар өткөрүшөт, ошондой эле чоң кишилерге да лекциялар окушат.

Сабакка даярданып жатып, эмнени жана кантип окушубуз керек деп ойлонуп отуруп, баарыдан мурда менин окуучуларым мектептен турмушка жана класста кеп кылынган татаал проблемаларга жөнөкөй көз караш алып чыкпасы жөнүндө камкордук көрөм. Көп учурларда: баардыгы силер үчүн, силер үчүн бүт эшиктер ачык, бардык жерлерде силерди чыдамсыздык менен күтүп турушат деп балдарды жөн эле сооротуп жүрбөйлү? деп ойлоном. Ошондуктан партиянын жана элдин өсүп жаткан жаш муундар жөнүндөгү камкордугу тууралу айтып жатып, өз тагдыры үчүн ар биринин жоопкерчилигин сөзсүз белгилеп кетем: эшик ачык болгон менен өндүрүш үчүн да, жогорку окуу жайлары үчүн да керектүү кишилерди күтүшөт, а эми ишти бүлдүргөндөрдөн арылышат. Бюрократчылык жана чайкоочулук менен, жатып ичерлер жана кошоматчылар менен чечкиндүү жана аесосуз күрөштү силер үчүн эч ким жүргүзбөйт деп да айтам.

Мен идеологиялык кармашка окуучуларды тартпастан туруп коом таануу сабагын окутууну элестете албайм. Окутуунун активдүү формалары (өз алдынча иштөөлөр,

диспуттар, талкуулар, тематикалык кечелер жана б. у. с.) идеалисттик жана метафизикалык далилдөөлөрдүн алгылыксыздыгын ишенердик жана жүйөөлүү далилдөөгө балдарды үйрөтүүгө; империализмдин гумандуулукка каршы мүнөзүнүн бетин ачууга; буржуазиялык пропагандanын реалдуу социализм жөнүндөгү бурмалоосун төгүнгө чыгарууга; болуп жаткан иштерге таптык баа берүүгө; социализмдин идеалдарын жана рухий дөөлөттөрүн бекемдөөгө да багытталган. Бул жерде «Идеологиялык күрөш жана жаштар» деген факультативге өзгөчө роль таандык. Курстун программасына биз коом таануунун татаал жана маанилүү маселелерин эле эмес, азыркы кездин орчундуу проблемаларын да терең окуп үйрөнүүнү киргизгенбиз. Сабактардын кээ бир темаларын атап кетейин: «КПССтин программасы идеологиялык күрөш жөнүндө», «Бурмалоону төгүндөп, чындыкты ырастайбыз», «Жер жүзүндөгү эң ачык-айкын демократия», «Советтик турмуш образы», «Сенин турмуштук көз карашың», «Тартиптүүлүк жана иреттүүлүк — социалисттик демократиянын ажырагыс тарабы» жана б. у. с.

Угуучулардын өз алдынча иштөөсүнө (Н. Яковлевдин «ЦРУ СССРге каршы» М., 1985, деген китеби менен, «Аргументы и факты» бюллетенинин материалдары менен, «СССР. 100 суроо жана жооп» басылмалары менен таанышуу), жалпы мектептик конференцияны даярдоого көп көңүл бурабыз.

Сабактарда, факультативдерде, сабактан кийинки талкууларда жана кечелерде: «Бул маселени өз алдыңызча талдап чечүүнү үйрөнгөн кезде гана,— тек ошондо гана сиздер өз пикирлериңизге өзүңүздөрдү бекем ишене турган адамдар деп санап, бул пикирлерди кимдин алдында болсо да, кайсы кезде болсо да абдан ойдогудай коргой ала турган болосуздар»[1] деген лениндик көрсөтмөнү жүзөгө ашырууга умтулат.

Сабак эле эмес, ошондой эле иштин сабактан тышкаркы формалары да тарбиялык милдетти чечүүгө, эң оболу окуучулардын граждандык көз караштарынын калыптанышына багытталуусуна умтулам. Окуучулардын ой-пикирин, үйрөнүлүүчү материалга карата жеке маанилүү материал катары активдүү мамиле жасоону жана кызыгууну кантип ойготуу, өз ан-сезимин, кишилердин жана турмуштун алдында жоопкерчилик сезимин кантип өнүктүрүү жөнүндө ар дайым ойлойм. Бүткүл методикалык арсенал

[1] Ленин В. И. Чыгармалар толук жыйнагы, 39-том, 65-бет.

проблемалуу суроо-тапшырмалар, изилдөөлөр, ар түрдүү өз алдынча иштер, анан, албетте, конференциялар, кечелер, жолугушуулар, диспуттар жана б. у. с. мына ушуга багытталган. Мына дал ошондуктан кандай гана теманы окуганда болбосун көп убакытта мындай деген суроолор туулат: а сен ушул проблемага кандай мамиле кыласың? Сен кандай иштейт элең? Айтылып кеткен көз карашка сен макулсуңбу? Өзүңдүн пикириңди кантип негиздейсиң? Каралып жаткан маселе боюнча сенин түшүнүгүң кандайча өзгөрүлдү жана эмнеси боюнча өзгөрдү? ж. у. с. Ушул эле максатка «Сыр ачуу» («Маркстын анкеталарынын» суроолоруна жооптор), интервьюлар, анкеталар кызмат кылат.

Жыйынтыктоочу (бышыктап-корутундулоочу) сабакта, курсту окуп үйрөнгөн кезде биздин өткөн жолубуздун негизги учурларын эстөө үчүн окуучуларга жардам кылып: коом таануу сабагын окуп үйрөнүү мага эмне берди? деген суроо берем. Тажрыйбам боюнча: Лениндин өзүн окууну кантип үйрөнүшкөнү, Ленинди өзүлөрү кантип окушкандары жөнүндө баарынан көбүрөөк айтышаарын билем. Биз «Марксизмдин үч булагы жана составдуу үч бөлүгү» деген макаланы окуп үйрөнүүдөн баштаган биринчи сабактан тартып биздин алдыга карай жылганыбызды кайра баштан карап өтөбүз. Бардыгы жана ар бири тикелей аябай бышыктап окуган, «Улуу демилге» деген макала жана «Мамлекет жөнүндө» деген лекция тууралу жана да ар түрдүү предметтер боюнча мектепте окуган бүт мезгил бою мектепте окулган 106 бет жөнүндө (21 эмгек толук көлөмдө жана 6 эмгек үзүндү түрүндө) сүйлөшөбүз. Бул болсо лениндик мурастын (дээрлик 9000 чыгарма жана документ Чыгармалар толук жыйнагынын 55 томуна кирген) бир азы гана экенин эскертем. Р. Рождественскийдин ушундай бир эң сонун кайрыктар менен жазылган «Лениндик кол жазмалар» деген ырын окуйм».

Лениндин кол жазмасын,
архив дебей.
Лениндин кол жазмасын,
арсенал де!..

Окуучулар ар кайсы жылдарда жеке жана коллективдүү түрдө иштеп чыгышкан темалар булар: «В. И. Ленин жана жаштар», «В. И. Ленин комсомолдун башатында», «Партиянын үч программасы», «Партиянын съезддери Мекендин тарыхында» (коллективдүү эмгек), «В. И. Ленин жана табият таануу илимдери», «Советтик беш жылдыктардын таржымалы», «Советтик конституциялар», «В. И. Ле-

нин сүйүү жөнүндө», «В. И. Лениндин энесине жазган каттары», «Сөздүктөр В. И. Лениндин турмушунда», «Китептер Ульяновдордун турмушунда» ж. б.

Балдар «өз» темаларын ар түрдүүчө табышчу. Мисалы, К. Людмила Лениндик комната советининин председатели болучу. Бир жолу момундай суроо менен кайрылып калды: «Владимир Ильичтин өмүрү жөнүндө билдирүү жасоо үчүн, ал жөнүндөгү эскертүүлөрдөн пайдаланабыз, а эми ал өзү жөнүндө эмне айтканын же жазганын биз биле ала турган материалдар барбы?». Менин берген кеңешим боюнча Люда маалымат тому менен иштеп, Ильич толтурган анкеталарды издеп таап, аларды аябай көңүл буруп окуп чыгат, түшүнүк алуу үчүн КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы марксизм-ленинизм институтуна кайрылып, кандай жагдайларга өзгөчө көңүл буруу керек экенин тактап билип чыккандан кийин гана, эскерүүлөрдү окуп чыгат. Кызыктуу материалдарды жыйнап чыгып, Людмила «В. И. Ленин өзү жөнүндө» деген билдирүү жасады. Ильич менен кеңешүү адаты бара-бара түзүлдү. Бүтүрүүчү класста момундайча иштейм: сабактардын биринде тапшырма берем (аны даярдоого эки жумадан кем эмес убакыт бөлөм).

— Коом таануууну окуп үйрөнүүнү биз В. И. Лениндин комсомолдун III съездинде сүйлөгөн сөзүнөн баштаганбыз, кийинки сабактарда да ага бир нече жолу кайрылабыз, эми бул эмгекти кайтадан колуңарга алгыла. Маяковскийдин жазганы эсиңердеби?» «Бөлмөдө экөөбүз. Мен жана Ленин...» дегени. Келгиле уландысын бир аз өзгөртүп көрөлү: иш столунда улуу насаат сөздөрдү айтты дейли. Бул силерге да, мага да берилген тапшырма. Мен эчак ондогон жолу окуп чыгып, карандаш менен белги койгом. Эмнегедир ар кайсы убактарда белгилегендерди салыштырып чыктым. Анан билип койгула, көрсө, окуп жаткан убакыт үчүн өтө маанилүү жаңы ойлоруна ар бир жолу көңүл буруптурмун. Канчалык үңүлүп окуган сайын лениндик ойлордун ошончолук зор терендигин ачып чыгам. Бул чындыгында түгөнгүс кенч. Силердин ишиңерде, балким, мындай болбой калышы мүмкүн. Сыягы буга убакыт керек. Дегинкиси... Аракеттенип көргүлө.

Эчак белгилүү жоболорду таап чыгабыз, эмнеге байланыштуу жана качан бул жоболорго кайрылганыбызды эстейбиз. Бул өзүнчө бир түрдүү бирок жаңы деңгээлдеги кайталоо болуп саналат. Бардык өз ара байланыштардын ичинен эң башкылары, негизгилери бөлүнүп алынат. Окуучулар лениндик жобону өтө терецирээк түшүнө башта-

шат — жыл бою иштешкендери, бой жетип чоңоюшкандыгы жана коом таануусу окуп үйрөнүшкөнү таасир берет.

Жолбашчынын сөзү, андан аркы, кадыресе турмушта да зарыл керек болуп күрөшүүгө, коммунизм куруугa жана үйрөнүүгө жардам берүүгө тийиш. Балдарда ата-энелер үчүн педагогикалык билимдердин университетиндеги окууга чакыруу билетин көргөзөм. Анын темасы — «Улуу накыл сөз» (В. И. Лениндин «Жаштар союздарынын милдеттери» деген сөзү жөнүндө). Андан ата-энелерге арналган төмөндөгүдөй кээ бир кенештерди окуп берем: улууraак балдарынар менен лениндик ошол сөздөр жөнүндө ангемелешкиле; лениндик осуяттарды аткарууда кандай иштеп жатышкандыктары жөнүндө сурагыла; өзүңүздөр комсомолдук жаштык курагыңыздарда лениндик сөздөрдү кандайча окугандыгыңыздар жөнүндө балдар менен ойлорунарды бөлүштүргүлө. Ушинтип жолбашчынын сөздөрү аркылуу да балдар советтик адамдардын мүүндарынын ажырагыс байланышын, келечек алдында өздөрүнүн жоопкерчилигин сезип түшүнүшөт.

«Жаштар союздарынын милдеттери»— бүт өмүр үчүн айтылган улуу накыл сөз. Азырынча өзүң, а эми кийин балдарың үчүн да айтылган накыл сөз болот.

* * *

Эгерде максаттуу түрдө жана ырааттуулук менен башкы максатка: ар бир сабакты мектеп окуучусунун граждандык жактан калыптанышы үчүн жасалган кадамга айландырууга жетишсек коом таануу курсунун тарбиялык ролу зор болот. Сабак — бул мугалимдин бир күнгө да токтолбогон, аябагандай зор даярдануу ишинин натыйжасы, жыйынтыгы. Өзүмдүн методикалык арсеналымды кантип толуктап келе жатканымды менден көп сурашат. Көп жылдан бери карай ар түрдүү материалдарды чогултуп, аларды тематикалык папкалар боюнча бөлүштүрүп келе жатам. Менин китепканамда предметке арналган керектүү теориялык жана методикалык адабияттын бардыгы (ага ар дайым кайрылып турам), ар түрдүү сөздүктөр жана маалымат китептери бар, жыйырмадан ашуун наамдагы журналдарга жана газеталарга жазылып алам, райондук китепканадагы жаңы толуктоолор менен таанышып турам. Бирок иштеги башкы көмөкчү — картотека. Бардык кызыктуу фактыларды окуган же көргөн кызыктуу фактыларды картотекага жазып коём. Мисалы, «9-студияны» (телефильмди, пресс-конференцияны жана д. у. с.) карап ол-

турсам, жанымда мурдатан даярдалып коюлган карточкалар болот: көңүл бурууга арзыгандардын бардыгы арсеналга кирет. Ошентип сабакка карточкаларды алып барам. Карточкалардын кээ бирлерине окуучунун жообундагы кайсы бир кызык нерселерди жазам, башкаларын сураштыруу үчүн же зачеттук иш үчүн пайдаланам.

Айрым карточкаларда сабактын планы, максаты, керектүү жабдуулардын тизмеси, тапшырмалар болот. Ар бир сабакка конспект жазуунун зарылдыгы жок, анткени конспект карточкалардын арасында бар: эскирип кеткен карточкаларды ыргытып жиберем, ушул сабакка анча керек болбогондорун кийин пайдалануу алып коём, пайда болгон идеяны жазып коём да. пландын ылайыктуу келген пунктуна кошом. Мунун бардыгы сабактын максатын ишке ашыруу, башкы стратегиялык максатка — коом таануу окуп үйрөнүүнү окуучулардын граждандык жана адамдык жактан бийигирээк көтөрүлүүсүнүн куралына айландыруу ишке ашыруу үчүн тактикалык ыкты аныктоого жардам берет. Эң башкысы —сабактан чыгууга берилген коңуроо, эгерде бул сабак Тарбия сабагы болсо, балдар үчүн жан-дилдин жана акылдын ишинин башталышы болууга, бул иштин уландысы — бүткүл өмүр болууга тийиш деген Ленинграддык мугалим Е. Н. Ильиндин оюн кайталаймын.

Качан окуучулардын, «Коом таануу окуп үйрөнүү сага эмнелерди берди?» деген суроого: «Мен өзүм эртеңки күнү кура турган келечек үчүн зор жоопкерчиликти түшүнө баштадым», «Качан адам күн сайын эле эмес, кайра саат сайын да өсүп жетиле турган мезгил болот. Коом таануу окуп үйрөнгөн кезде так мына ушундай болду» деп жооп бергенин уккандан артык мага жагымдуу эчтеме жок.

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

И. П. ИВАНОВ

КОЛЛЕКТИВЧИЛДЕРДИ ТАРБИЯЛОО

Өз эмгегин, өз күчүн жалпы ишке жумшоо керек. Коммунисттик тарбиянын мааниси мына ушунда.

В. И. Ленин

Изденүүгө чакыруу

Коллективизм — советтик адам инсанынын буржуазиялык, мещандык индивидуализмге жана эгоцентризмге каршы турган ажырагыс белгиси жана негизги сапаты. Бул коммунисттик ыйман-адептин пайдубалы.

Өсүп келе жаткан муундарда коомдун таламдары менен жашай билүүнү тарбиялоо — мектептин маанилүү милдети. Маркстик-лениндик педагогикалык илим коммунисттик, маңызы боюнча коллективчил мамилелерди калыптандыруунун теориялык негиздерин иштеп чыккан. Н. К. Крупскаянын, С. Т. Щацкийдин, А. С. Макаренконун жана тарбиянын советтик теориясы менен методикасын биринчи түзгөн жана башкалардын эмгектери — ар бир педагогду тарбиялоочу коллективдүү түзүүнүн жана бекемдөөнүн эң натыйжалуу жолдору менен каражаттарын чыгармачыл издөөгө шыктандыруучу ой-пикирлердин соолгус булагы. Мындай коллектив өзүнүн башкы милдетин: ар бир инсандын эң негизги таламы башка адамдардын жыргалчылыгы жөнүндө таасирдүү камкордук көрүү болгон инсандын өсүшүн жана толук жетилишин камсыз кылууну ишке ашырууга тийиш. Бул, бардык коомдук мамилелерди биздин түзүлүшүбүзгө ички табиятына таандык коллективдүү, демократиялык башталыштарда кайра куруу башталган азыркы кезде өзгөчө маанилүү.

Комсомолдук жана пионердик уюмдарда мектеп окуучуларынын коомдук турмушунун өркүндөө тажрыйбасынын этаптары жөнүндө айтып жатып, биз коллективчилдерди тарбиялоого карата мамилебиздин негизги идеялары-

нын жаралышын жана өнүгүшүн көрсөтөбүз, коллективизм мамилелерин калыптандыруунун методикасын айкындап чыгабыз.

Мындай мамилелердин маңызы — жакын жана алыс адамдар жөнүндө, курчап турган чындыкты жакшыртуу жөнүндө жолдоштук камкордук, өркүндөп өсүп, өз билими менен шыгын байытуу менен аларды жалпы ишке багыттоого умтулуу жана ага жөндөмдүүлүк экенине жана адам турмушунун маңызын жана бакты-таалайынын чечүүчү шартын мына ушундан көрүү керек экенине ынанабыз.

Улуу муун өз тажрыйбасын, өзүнүн рухий жана адеп-ыймандык байлыктарын, коммунисттик идеалдарын балдарга, өспүрүмдөргө, жаштарга берүүгө жан дилинен таламдаш. Бирок бул тажрыйбанын өсүп келе жаткан жаштардын өз ишенимине, мүнөзүнүн белгилерине айланып отуруп, инсандык мааниге ээ болуп калышы олуттуу. Андан да мектеп окуучулары улуулардын тажрыйбасын өнүктүрө жана байыта билүүгө даяр турууга үйрөнүшүнүн мааниси да мындан кем калышпайт.

Ал эми муну биргелешкен, күн сайынкы, активдүү, конкреттүү коомдук зарыл иштердин процессинде гана аткарууга болот.

Биздин көп жылдык тажрыйбабыз көрсөтүп отургандай, башка адамдардын кубанычына жана пайдасына аткарылган жалпы иш гана тарбиячылардын жана тарбияланууучулардын биримдүү коллективин түзөт жана бекемдейт, ошол коллективде ар бири өзүнүн мыкты жактарын ачып көрсөтөт жана өнүктүрөт. Бирок бул дароо эле эмес, тескерисинче, тарбиячылардын коллективчил, нравалык, тарбиялык мамилелерди түзүү жана өнүктүрүү жөнүндөгү атайын уюштурулган иштеринин аркасында ишке ашат. Ошондуктан тарбиячыга балдардын улуу жолдошу жана жалпы иштин алдыңкы катышуучусу катары өзүнүн объективдүү педагогикалык позициясынын зарылдыгын сезе билиши эң маанилүү келет.

Тилекке каршы көп учурда мектеп турмушунда аныктоочу педагогикалык жоболордун бири: тарбиялоо — эки тараптуу процесс экени унутулуп калып жатканы өкүнүчтүү. Педагог мектеп окуучуларынын ички жан дүйнөсүнүн абалын, алардын чыныгы мамилелеринин бул мамилелердин өнүгүү мүмкүндүктөрү менен келечегин көрө билиш жана түшүнгөн учурда гана педагогикалык таасир ийгиликтүү болот. Иш жүзүндө тарбияланууучуларды өз артынан ээрчитип жүрүү үчүн, адамдарга карата граждандык, чыныгы коллективдүү мамилелер жагында алар үчүн үлгү

болуш үчүн, тарбиячы өзү инсан катары өсүп турууга, өзүнө балдардын көзү менен кароону үйрөнүүгө тийиш. Анын ички көз карашын мындайча билдирүүгө болот: «Силер менен бирге болуу мага кызыктуу, мага силердин эмне иштеп жатканынар да ушунчалык аябай маанилүү, силер адам катары мага кызыксыңар. Бирок мен силерге адам катары канчалык кызыктуумун? Мен силерге эмнелерди бере алам? Силерди биздин жалпы ишибизде эмне менен байыта алам?

Жалпы граждандык иште коомдук жана окуу жактарында — тарбиячы өзү уюштуруучу катары тынымсыз өркүндөп-өсүп турат жана балдарды көнүлдүү, пайдалуу күнделүк чыгармачылык турмушка үйрөтөт. Аларды граждандык максаттуулукка, демилгелүүлүккө жана өз алдынчалыкка, жоопкерчиликке жана тартипке үйрөтөт. Аларды адамдык бакты-таалайды жаратуу жөнүндө кам көргөн коллективчилдер болууга үйрөтөт.

ЖОЛДОШТУКТУН КҮЧҮ

> Эң башкысы — адамга жаңыча мамиле жасоо, адамдын коллективдеги жаңы позициясы, ал жөнүндө жаңыча камкордук көрүү...
>
> *А. С. Макаренко*

Х Адагы табышмак. Ленинграддагы 202-мектептин мугалимдери мындай кызуу талашты деле угуп-көрүшкөн эмес. Бардыгы биздин карыя жолдошторубуздун биринин адегенде жөн-жай эле башталган кезектеги педагогикалык советтеги күтүлбөгөн сөзүнөн улам башталды.

— Жок, директордун докладында сынга алынган Х Аны жөнгө келтирүү оңой-олтоң иш эмес! Анан буга кантип жетишүү жөнүндө баарыбыз катуу ойлонушубуз керек. I чейректин аягындагы жайнаган экилер менен үчтөрдөн да коркунучтуу нерсе — көп предметтер боюнча окууга кош көңүлдүүлүк жашырынып жатат. Анан да бул зээндүү жана дилгир окуучулар, окуганды жана музыканы, театрды жана хореографияны жакшы көргөн, Ленинграддын тарыхын жана кооз жерлерин... жакшы билгендер эң көп класста өздөрүнүн вожатыйы менен, дружина советинин жана окуучулар комитетинин мүчөлөрү менен, комсомол жетекчилери менен атагы чыккан класста болуп жатканын

карагылачы! Анан так гана ушул класста окуу китептерине далдаалап алып, сабак убагында килейген калың китептерди окууну, үйгө берилген тапшырманы акыркы тапшыруу тетрадына карбаластап жасай коюуну, шыбырап айтуунун улам жаңы түрүн издеп табууну, мугалим түшүндүрүп жаткан маалда жашыруун күндөлүк же эзилишкен ынактык каттарды жазышууну, педагогдордун карикатурасын тартууну жана дагы толгон терс кылыктарды жасоону эрдик катары көрүшөт. Бул — сабак убагында, а эми коомдук иштердечи? Бул жерде да тапшырылган иштен эбин таап буйт берүү же калп эле аткарымыш болуу, жыйналыштарда эптеп отуруп чыгуу жана аны куулук менен «пайдалануу» бар.

Х Анын класс жетекчиси чочулоо менен көз алдыга келтирген көрүнүш ушул класста жана башка класстарда иштеген мугалимдердин көңүлүндө калган таасирлерди жалпылап, биздин көбүбүздү толкундатып жана бул абалдан чыгуу жолун издөөдө бириктирип салды.

Мектептин директору бул талашка уюшулган түрдөгү талкуу өндөнгөн мүнөз берем деген аракетинен эчтеме чыкпай калгандан кийин атайын комиссия уюштурууну, ага Х Ада түзүлгөн жагдайды айкындап, себебин аныктоо жана зарыл чараларды ойлонуштуруу жагын тапшырууну сунуш кылды.

Ушул саптардын авторуна, ошол кезекте жаңыдан иштей баштаган мугалимге, тагдыр күтүлбөгөн белекти тартуу кылды: ага ленинграддын эң мыкты деген мектептеринин биринин мугалимдеринин жогорку класстын окуучуларын тарбиялоо жөнүндөгү эң татаал жана курч маселелер боюнча коллективдүү ой жүгүртүшүнүн чок ортосунда болуу бактысы туш келди. А түгүл эң таланттуу жана ишкер окуучулардын окууга жана коомдук ишке көңүл коштук мамиле кылуусу качан пайда болот? Бул эмнеликтен келип чыгат? Биздин тарбияланууучуларыбызда жалкоолук, тартипсиздик, бой көтөрүүчүлүк жана башка терс сапаттар кайдан келип чыгат?

Адегенде өз балдарын кичине чагынан ыгы жок эркелетишкен жана эмнеге кызыкса ошону гана иштөөгө үйрөтүшкөн, аларды «каалаганын жасаганга» уруксат кылышкан жана ар кандай көңүл ачууга акча беришкен ата-энелерди күнөөлөшкөн каардуу жемелер ынанымдуудай көрүндү.

«Бирок бардык эле үй-бүлөдө мындай эмес да,— дешип каршы турушту бул педагогдорго.— Анын тескерисинче, биздин жогорку класстагы окуучуларыбыздын көпчүлүгү-

нүн ата-энелери эмгекчилдик жана жөнөкөйлүк жагынан аларга өрнөк боло алат, мектеп койгон талаптарды аткарууга тырышышат». Ошентип бардык маселе бизде, мугалимдерде турбайбы? Бирок сабак берүүдө эмес (анын сапаты жөнүндө эч ким шек санабайт), тарбия ишинде болуп жүрбөсүн? Тарбия ишинин жетишсиздигинде го? «Балким,— дешти бул педагогдор, класс жетекчини анчалык таарынтып албоого аракеттенишип,— жогорку класстын окуучуларына ишенич көрсөтүп, алардын өз алдынчалыгына жана демилгесине бел байлашка болбойт. Мына ошондуктан алар ээнбаштанып жатышат да...»

Бул пикир өзүнө-өзү сын коюп айтылганы менен өзүнө тартып алды. Бирок баарыбыз эле бул пикир менен толук макул боло койгон жокпуз. Класс жетекчиси согуш убагында бузулган дең соолугу жөнүндө ойлонбостон, өзүнүн тарбияланууучуларына бүт күч-аракетин жумшаган эле. Биз анын сабактарга кирип отурганын, танапис убагында жана сабактан кийин окуучулар жана алардын ата-энелери менен ангемелешип жатканын, класста ар түрдүү иш чараларын өткөрүү жөнүндө кулактандыруулардын дайым илинип турганын көрчүбүз. Класс жетекчилеринин кимдир бирөөлөрү ар бир планды ушундай майда-баратына чейин иштеп чыкпаса («Идеялык-тарбиялык жана саясий иштен» жана «Терең жана бекем билим алуу үчүн күрөштөн» баштап, «Маданияттуу жүрүш-турушка көнүгүүнү үйрөтүү» менен «Дене тарбиясына» чейин ондон кем эмес бөлүмдөрдү белгилеп чыккан), ар бир бөлүм боюнча белгиленген ушунчалык көп сандагы иш чараларын ошончолук өтө тактык менен аткарбаса керек. Х Ада жума сайынкы саясий информациялар, сый-сыпаттык тизмектеги ангемелер — жалпы эле эмес, ошондой эле окуучулардын ар түрдүү топтору менен (жекече ангемелер жөнүндө сөз кылбасак да болот), ар биринин отчетун угуу менен класстык жыйналыштар, монтаждары жана концерттери бар тематикалык кечелер өткөрүлүп, стенддер кооздолуп чыгарылып турчу...

Ошентип онунчу класстын окуучуларынын көп предметтерди окууга терс мамилелеринин, коомдук ишке кайдыгердигинин, тартиптин чукул төмөндөп кетишинин... себеби эмнеде?

Талапкердик! Бирок кандай талапкерлик керек? Мына ошентип ачык пикирлердин карама-каршылыгынан чындыкты чогуу издейбиз.

— Биз окуучулар менен эң эле көп убараланабыз, а түгүл онунчу класстын окуучуларын алпештейбиз. А чын-

дыгында талапкердик гана керек! Биз болсо эмне кылабыз, дагы кандай керектүү пайдалуу иш жасасак деп, отуруп баш көтөрбөй окуйбуз, бирдемелерди ойлоп таап, сабактарды, экскурсияларды, аңгеме, кечелерди иштеп чыгабыз. Класска эмнелерге гана даярданып келбейбиз, а аларчы? «Бул кызык эмес, бул белгилүү, бул эски, муну жүз жолу өткөнбүз...» Аларды уяткарып, көндүрүп, кызыктырып, алардын активдүүлүгүн жана өз алдынчалыгын ойготуп, өсүп-өнүктүрөбүз. Бирок жүз жолу суранмайынча, эч кандай активдүүлүк жана өз алдынчалык болбойт десең. Сабакта да, ошондой эле көпчүлүк турмушта да ошондой. Жок, алар азырынча окуп жатышкан соң — эч бир акыл-насаатсыз эле бизди бардык жактан угушу керек. Окууну бүтүшөбү, ошондон кийин өздөрүнүн демилгесин жана өз алдынчалыгын көрсөтө беришсин. А эми азырынча окуучулар, эмне талап коюлса, ошону аткарууга жана кандайча талап кылынса, ошондой аткарууга тийиш. Талап кылуудан коркпошубуз керек!!!

— Бирок, кымбаттуу коллегалар, ушул жерде отургандардын бардыгын талапкердиктин жоктугу үчүн, а түгүл эми эле айтылган талапкердиктин жоктугу үчүн күнөөлөө акыйкаттыкпы? Эч кимди күнөөлөбөй туруп, белгилеп кетейин, биздин X А көп эле жылдардан бери кээ бирлерибиз үчүн так эле ошондой диктатордук талаптын объектиси болуп келе жатат деп айтар элем. Эмне үчүн эле мурда бизди кынк этпестен угуп жүрүшүп, а эми азыр укпай калышты? Эмне үчүн? Ал талап кылуучулук өзгөрүлгөн жок да? Ооба, албетте, ал талапкердик өзгөргөн жок. Тескерисинче, балким, көбөйсө керек. Эмне өзгөрүлүп кетти?

— Балким, биздин балдар өзгөрүлгөн чыгар...

Бул пикир тарых мугалими С. Г. Нанкинанын сөз алышына түртку берди.

— Мен так эле балдар жөнүндө, биздин X А классынын чоңоюп калган балдары жөнүндө айткым келет. Комиссиянын мүчөлөрү менен ачык-айкын сүйлөшкөндөрү, өзүлөрү «пешка» болуудан жадаганын моюндарына алышты. Класс жетекчиси (аны алар чындыгында жакшы көрүшсө да) бүткүл иш-чараларын өзү белгилеп коет. Мурда, алар кичирээк болушканда, ошондой болуш керек деп ойлошсо, а эми азыр өздөрү каалагандай чечкилери, өз акылдары менен жасагылары келишет. Түзүлгөн жагдайдын себеби чындыгында талапкердиктин, бирок бул жерде сөз болгондой, таптакыр башкача талапкердиктин жетишсиздигинде. Мен окуучуларга карата эң чоң талап-

кердиктн жактаймын, бирок, мейли өтө эле активдүү болсо дагы, алардын ордуна жана алар үчүн ойлонулганды жөн гана аткаруучу катарында болгондугуна каршымын. Аларга биздин жолдошторубуз катарында карашыбыз керек. Мейли жаш болушсун, бирок А. С. Макаренко айткандай, мамлекеттик маанилүү иш боюнча жолдошторубуз катарында карашыбыз керек. Биздин балдар, өзгөчө жогорку класстын окуучулары, чоңдордун так гана ушундай мамилесине муктаж, качан андай мамиле жок болгондо, алар даяр оокатка көнгөн эркелер болуп өсүшөт.

Анан ошол эле замат кызуу талаш башталды, бардык жактан суроолор жана кыжырлуу каяшалар чыга баштады.

— Бул эмне болгон «мамлекеттик маанилүү иш?»

— Бу деген, кечирип коюңуздар, демагогия, балдар, окуучулар анан капысынан эле «жолдошторубуз» болуп калабы?!

— Сиз эмне, ыксыз тенгтушсуздукту жактайсызбы? «Эркин» тарбиялоо жагындасызбы?

— А эми «жолдошторго» педагогикалык жетекчилик кылуу жагы кандай болот?

— Жок, бул жөн эле куру чечендик, а иш жүзүндө окуучулар сизден тим эле коркушат...

Кайтадан С. Г. Нанкина сүйлөй баштады.

— Мамлекеттик маанилүү иштер деп А. С. Макаренко Горький колониясындагы жана Ф. Э. Дзержинский атындагы Коммунадагы тарбия берүүнүн башкы куралын атаган. Азыркы кездеги мектепте окуу жана көпчүлүк иш маанилүү иштер болуп эсептелет. Ошол эле убакта бул биздин бардыгыбыздын, педагогдордун жана окуучулардын иши. Ошол иштерде тарбиялануучулар биздин жолдошторубуз болууга тийиш. Тааныш достор эмес, кичүү болушса да, дал эле жолдошторубуз болуулары тийиш.

Кайтадан кызуу талаш чыкты.

— Бирок Макаренко болсо тартип бузуучу балдар менен иштеген да! А эми биздикилер кадимки эле балдар да!

— Ошол кездеги шарттарды азыркы кездеги шарттар менен салыштырышка болобу?

— Анан ал акылман педагог болгон да, а эми биз — кадыресе эле педагогдорбуз. Юпитерге берилген мүмкүнчүлүк...

— Ошону айтпайсынбы?

— Сиз мени кечирип коюңуз, мен да «Педагогикалык поэманы» окугам, бирок, анда мектеп жөнүндө, сабак жө-

нүндө, мугалимдер жөнүндө эч кеп жок, а эми бизде булар эмнеси болсо да эң башкысы да!

— Эмесе сиздин Антон Семеновичиңиз тарбия ишинин планын кандайча жазган? Кичүү жолдоштору менен чогуу жазган беле?

Бул ачыктан-ачык мыскылга өткөндүк эле...

Мына ошол учурда Х А нын класс жетекчиси сөз алды.

— Мен, уятымды жашырбай эле коёюн, тарбия ишинин планын улуу Макаренко кандайча жазганын билбеймин: бирок башка бир нерсени анык билип калдым, пландарды ал биз жазгандан таптакыр башкача жазган. Анткен себеби, ал өзүнүн балдары үчүн бакма энеси болгон эмес, алар үчүн иш чараларын өткөргөн эмес.

Ошентип класс жетекчи өзүнүн көп жылдык тажрыйбасындагы аның көзүн ачкан бир окуя жөнүндө айтып берди. Х А ны эптеп «жандандырсам» деген жашыруун максаты менен ал сабакка жетишүүгө жана тартипке арналган дагы бир жыйналышты өткөрүүнү чечет. Староста менен комсоргдун отчетун даярдайт. Мына эми — кайтадан класс тартибинин бошоп кеткендиги жөнүндө, мындан ары минтип жүрө берүүгө болбой тургандыгы жана б. у. с. жөнүндө активисттердин жалпы сөздөрү болду. Онунчу класстын окуучулары болсо жапырт унчукпай отурушат, көпчүлүк адаттагыдай эле өз иштери менен алек боло башташат. Ошондо класс жетекчиси ордунан турат. Бардык предметтер боюнча сабакка жетишүүнүн, тартиптин жана коомдук иштин абалын майда-баратына чейин сүрөттөп айтып, милдетти сезүү деген жоголгонун түшүндүрүп, кечикпестен экилерди ондоп, «сабактардагы терс кылыктарды» тез арада жоюуну талап кылат. Класс кайтадан үндөбөйт. Бирок жыйналышты ушундай бойдон бүтүрүп коюуга болбойт, анан класс жетекчиси сөздү ошол кезде ушул эле класста мугалим болуп иштеп жүргөн, ушул саптардын авторуна берди. Бардыгы үчүн жана өзүм үчүн да күтүлбөгөн жерден эле мектепте окуган кезимден тартып эмнени жакшы көргөндүгүм жөнүндө — А. С. Макаренконун «Педагогикалык поэмасы» жөнүндө... айта баштады. Улуу жана кичүү горькийчилдер менен дзержинчилердин жакшынакай жолдоштуктары жөнүндө, алардын жалпы кубанычтуу келечектери, адаттары жана достору жөнүндө, мамлекеттик маанилүү иштер жөнүндө»— токойду сактоо жана өздөрүнүн театрынын спектаклдеринен баштап Куряжды жана федчилердин заводун жеңип алууларына чейин айтты. Тартип жана мажордуу үн жөнүндө, ар бир тарбияланууучудагы ишеним жана ар биринин өздө-

рүнө талапкердиги жөнүндө... айттым. Бул ачгеме бүт бойдон: А, эмне, биз деле ушундай жашай албайбызбы?» деген чакырык катары чыгып, Поэманы улантуу жөнүндөгү мүдөө эле. Балдардын кандайча назар салып укканын карап отуруп, биз чыныгы жолдоштукка ушунчалык катуу дилгирдикти сезип, булардын үмүтүн актай алабызбы, буларга биз улуу жолдоштордон боло алабызбы? деген ойдон адегенде коркуп да кеттик.

Жолдоштук талапкердик ушул азыркы кездеги өтө татаал педагогикалык жагдайда кандай роль ойнорун иш жүзүндө көрүүгө биздин алдыбызда ушунчалык сонун мүмкүндүк түзүлдү.

Бирок мектептин директорунун Х А менен «Макаренко боюнча» иштөө керек деген сунушун мурдакы класс жетекчи ишке ашыра албай калды. Анын муну жасоого болгон кызуу умтулуусун ушул саптардын авторуна турмушка ашырууга туура келди.

Х А менен алардын класс жетекчиси катары менин биринчи кезигүүм макаренкочуларча жашоону биз кантип баштайбыз деген ой толгоолордун уландысына айланды. Биздин жалпы кубанычтуу келечегибиз барбы? Эң эле жакынкысы — Улуу Октябрь социалисттик революциясына арналган майрам. Жалпы элдик салтанатка биздин катышуубуз «мамлекеттик маанилүү иш» эмес бекен? Бирок эгерде бул биздин жалпы ишибиз болсо, анын планын да биргелешип түзмөкчүбүз. Ошол убакта биздин методиканын арсеналында «коллективдүү пландаштыруу» деген термин али да пайда боло элек болучу. Коллективдүү уюштуруучулук ишкердиктин бул звеносун майда-чүйдөсүнө чейин аныктап иштеп чыгуу жагы, дегинкиси, анын бүткүл системасы сыяктуу эле, алдыда турган болучу.

КОЛЛЕКТИВДИН ЖАРАЛЫШЫ. Биринчи старттык ачгемеден кийин бир күн өткөндө Х А да өткөрүлгөн комсомолдук ачык жыйналыш адаттагыдан башкача болду. Биз майрам кандай болуш керек, биз аны кандайча даярдашыбыз керек экенин биргелешип талкууладык.

— Бизге даяр монтаждардын кереги жок!

— Концерттерге да күчтөп алпарышат. Дегинкиси эч кандай куру көрсөтмөлүүлүк жана олуттуулуктун кереги жок. Бул эмнеси болсо да майрам эмеспи.

— А майрам болгон соң,— демек түрдүү сюрприздер болот да.

— Туптуура! Күтүлбөгөн кубанычтар болуш керек!

Анан ушул убакта класс жетекчисинин үнү жөндүү чыгат:

— Эң оболу бул сюрпризднрдин эмне кереги бар экенин чечип алуу керек.

Жооп бирдей чыгат: «Бири бирин кубандыруу үчүн, майрам кызыктуу өтүш үчүн, ким эмне жасай аларын билиш үчүн».

— А сюрпризднрди ким даярдайт. Бюробу? Бир бирденби?

— Келгиле бириктирилген отряддар болуп даярдайлы. Горькийчилдер сыяктуу!

— А отряддарды кантип бириктирүү керек?

— Мында ойлоно турган эчтеме жок! Белгилүү да: достуктарына жараша! Ким ким менен иштөөнү каалагаиы боюнча биригет.

— Келгиле эмитеден чечип алалы. Тек талуулоо болбосун...

О-о, бизде кандай гана бириктирилген ар түрдүү отряддар келип чыкпады дейсиңер! Кээ жерде үчтөн, а эми кээ жерде ондон да түзүлдү. Бирок баарынын ыраазы болгон түрлөрү бар. Бири бирине кыналып отурушат: аларды ажыратып көр эми! Өз ара ымаланы бузуп кереги эмне? «Жолдоштуктан ыйык жакындык жок» деген Н. В. Гоголдун акылман сөздөрүндөгү түйүндөр ошондой бойдон кала берсин.

— Кана эми эмне кылабыз? Бириктирилген отряддарга командирлер керек. Дайындайбызбы же шайлайбызбы?

Жапырт: «Шайлайбыз!» деп кыйкырышат.

Ошентип командирлер да шайланды: кээ бирлеринде эч кандай талашсыз шайланса, кайсы биринде ой-пикирлердин күрөшү аркылуу шайланды.

— Эми бизде өзүбүздүн командирлер совети бар! Ошол совет эле — майрам өткөрүүчү штаб да болот. Бир гана маселе, чыны эң эле маанилүү маселе калат, күтүлбөгөн кубанычтуу окуялар кандайча болот?

Бирок ошо жерде бардыгы класс жетекчинин түшүнбөстүгүнө кыжаалаттанышат: «Күтүлбөгөн сюрприз болгон соң, демек, өзүбүз жашыруун ойлоп табабыз жана жасайбыз». Бирок класс жетекчиси өз оюн бербейт:

— Кимден жашырмакчыбыз?

— Башка бириктирилген отряддарданчы!

— А эгерде бардыгы бирдей сюрпризднр болуп калсачы?

— Бирдей дегениниз кандай?

— Мисалы, үч бириктирилген отряд ыр окушсачы. Бул жакшы деле болбойт да.

Ойлонуп калышты. Бара-бара, бири бирибизди жактап,

же тескерисинче, сынга алып отуруп, мындай чечимге келебиз: ойлонулган сюрприздер жөнүндө командирлер өз ара айтышсын, анан, эгерде кээ бирлери окшошуп калса, бириктирилген отряддардын кайсынысы башкача сюрприз жасоо керектигин макулдашып алышсын. Командирлер да бардык эле жашыруун сырларды бири бирине ача бербеши керек, а эми өздөрүнүн бириктирилген отряддарында штабдан эмнелерди билгендерин таптакыр айтышпасы керек. А штаб болсо, командирлер бири бири менен, өзгөчө кыйын маселелер боюнча кеңешип турушу үчүн керек.

— А сиз өзүңүз болосузбу?

— Кеңешчи катарында гана. А эми майрамга даярдануу ким командалык кылаарын штаб чечет.

Бардыгы активдүү, арасында класс жетекчиси да бар жана мугалим — предметниктер да катышкан, эки жумалык чымырканган, кубанычтуу биргелешкен иш жүрдү. Акыры, жалпы элдик салтанаттын бөлүкчөсү болгон биздин майрамыбыз да келди.

Жарык өчтү, анан тарых жана физика мугалимдеринин жардамы менен бириктирилген отряд даярдаган биринчи сюрприз: революциячыл Петроград боюнча «саякат». Проекциялык аппараттын нурлары аркылуу сүрөттөр жана фотографиялар менен, Джон Риддин китебинен жана «Дүйнөнү дүңгүрөткөн он күндүн» башка катышуучуларынын эскерүүлөрүнөн алынган үзүндүлөр менен, «жандуу картиналар» (мына ушул жерде балдардын китеп окууга, тарыхка, Ленинграддын эң сонун кооз жерлерине, театрга кызыгуусунун пайдасы тийди!) менен саякатка чыгышты.

«Эс алуу үчүн»— тамак-ашты баптап жасоонун сырын жакшы көрүшкөн энелердин жана чоң энелердин катышуусу менен жана алардын жетектөөсү аркылуу жасалган торт жана майга бышырылган катырак нандар менен майрамдык чай ичүүлөр болду.

Андан кийин — советтик жана чет элдик акындардын «Революция уланып жатат» деген жалпы темага бириктирилген ырлары.

Майрам аяктаарында дагы бир сюрприз: «Революциянын музыкасы» деген концерт-викторина өткөрүлдү. Баатырдык симфониядан жана «Эгмонттон», Бетховендин «Аппассионатасынан» үзүндүлөр, Шопендин жана Скрябиндин этюддары... угулат.

Качан баарыбыздын жалпы каалообуз боюнча кайталанган Баатырдык симфониянын акыркы аккорду басылгандан кийин, биз жаңы толкундаткан биримдик сезимге чулганып, дагы көпкө чейин отурдук.

Бири бирибизди сөздүн чети чыкканда эле түшүнүшүп, имаратты «жумуш абалына» келтирген кезде да, бириктирилген отряддар «бирине бири жашыруун түрдө» өздөрүнүн классы үчүн эле эмес, ошондой эле кичүү балдар үчүн да даярдашкан жасалгаларды жана майрамдык атрибуттарды алып бүт мектеп менен чогуу демонстрацияга баратканда да бул сезимдин бийлигинде жүрдүк.

А эми биздин майрамыбыз, биздин жалпы биринчи ишибиз кандай болгондугун II чейректин башында чогуу талкууладык. Талкуулоону бириктирилген отряддардан баштадык. Анткени андагылар достор да, ошондуктан ар кимиси оюн толук айтып, талаша алышат эле. Отряддардын жалпы оюн алардын командири бүт класстын тергөөсүнө коёт.

Бири бирине карата болгон мамиле чогуу пландаштырылып, даярдалып жана ишке ашырылган биринчи жалпы иште келип чыккан байланыштын керектиги келечекке таалим алуу, ийгиликтүү болгондорун бекемдеп жана улантуу үчүн иштелген нерселерди ойлонуп көрүүнү табигый түрдө пайда кылды.

Бирок балдар үчүн чондордун даяр баа берүүсүнө канааттанбай өздөрүнө өздөрү баа берүүсү, кандай кыйынга турду дейсин! Алар өзүлөрүнүн биринчи коллективдүү ишин өз бет алдыларынча ойлонуштургусу, кубанычка толгон сезимдерин өз алдынча билдиргилери келишти. Ошондуктан аларга мындай мүмкүндүктү бериш керек эле.

Онунчу класстагылар кандай жыйынтыкка келишти? Ооба, кече менен демонстрация баарына жакты («Бизде биринчи жолу ушундай болду»,— деп баса көрсөтүүнү тимеле ар бир командир өзүнүн милдети катары эсептеди). «А эмне үчүн.— Анткени бардыгыбыз үчүн кызыктуу болду. Достордун кубанганы жагымдуу болду. Бири бирибизди башкача, жаңыча карай баштадык. Качан сюрпризderди даярдаганыбызда, революция жөнүндө, анын каармандары жөнүндө жаңы көп нерселерди билдик. Көп нерселерди үйрөндүк». Штабдын, кээ бир командирлердин, жалпы командanын наамына да сын-пикирлер айтылды.

Мындан ары биз эмне кылуубуз керек экендигибиз жөнүндөгү конкреттүү сунуштар бардыгы үчүн кубанычтуу перспективаны: жаңы жылдык майрамды өткөрүүнү (мындан жакшы кылып), аны (шашылбай!) ошол эле бириктирилген отряддар менен ноябрда жана декабрда даярдоону, сюрпризderди даярдоого тууган-туушкандарды, жалпы ишке катышкысы келгендерди тартууну белгиледик.

Бир жарым айдын ичинде газеталардын жана журналдардын тапгактары каралып чыгып, илимий-популярдык жана фантастикалык ондогон макалалар жана китептер окулду. Эң чоң бириктирилген отряд «Эртеңки күнгө саякатты» даярдады. Башка отряддардын штаб-квартираларында мурда болуп көрбөгөн — өздөрү ойлоп табышкан — ёлка оюнчуктарынын, гирляндардын жана кар бүртүктөрүнүн, карнавалдык маскалардын жана жомоктогу кийимдердин складдары пайда болду. Онунчу класстын окуучулары менен бирге мугалимдер жана балдардын тууган-туушкандары нечендеген кечтер бою отурушуп, ойкыялга батып, жаңы жылдык елка үчүн белектерди жасашты. А эми жекшемби күндөрү бардыгы шаардын чет жакаларына чогуу лыжа тээп чыгышты. Коллективдин ынтымагы акырындап күчөй берди.

Биздин баардыгыбыздын көңүлүбүздө жаңы жылдык жалпы майрамыбыз: адегенде мектептин салт болгон елкасына карата «кайрымдуу сыйкырчылардын белектери», андан кийин «Эртеңки күнгө саякат» жана акыркы, Орус музейинин арт жагындагы бактагы, уу-дууга толгон, көңүлдүү «эс алуу»; «бугу чаналарын жарыштыруу», жана аркан тартыштыруу, ойкуп-кайкып (конькиси жок) муз тебүү, фантазиялуу фигуралардын конкурсу жана кардан жасалган чептерди штурмалоо... эсте далайга сакталып калды.

Жалпы камкордуктун кучагында. Кышкы каникулдан кийин иштелгендердин жыйынтыгын жакшылап ойлонуштуруп талкуулоону чечтик. Ошондуктан III чейректин башталышында «Биздин класс жөнүндө менин ойлорум» деген сочинение жазсакпы деген класс жетекчисинин сунушу бышып жетилгендей, зарылдыктай кубаныч менен кабыл алынды.

Балдардын ой толгоолоруна багыт берүү эң маанилүү болучу. Үч суроо сунуш кылынган эле: биздин турмуштагы (октябрдан тартып декабрга чейин) эмнелер өтө көбүрөөк таасир калтырды? Азыр силерди баарынан көбүрөөк эмнелер тынчсыздандырат? Силер мектепти бүтүрүп жатып, эмнеден көбүрөөк үмүт кыласыңар?

Жаңы чейректин биринчи эле күнү, сабактан кийин көпкө күттүргөн жооптор биринин үстүнө бири келип мугалимдин столуна түшүп жатты.

Ал сочинениелер — стили, далили, көлөмү боюнча ушунчалык ар түрдүү, бирок ошол эле убакта өзүнүн мааниси боюнча бирдей болучу.

Биринчи суроого жооптордун лейтмотиви: бири бири-

биз жөнүндө жалпы кам көрүүбүз деген пикир болду. Иш чараларын белгилеп чыгуу эмес, а чыныгы иш, чыныгы майрам, чогуу кура баштаган кубанычтуу турмуш баарынан көбүрөөк таасир калтырды.

«Бизди көптөрү: кечелерге, майрамдарга кызыгып кеттиңер деп жемеге алышат. Эмне, мурда бизде кечелер жана утренниктер болгон жок беле? Канчалары болчу дейсиң. Бирок бардыгы бизге деп жана биздин атыбыздан жасалчу. Ошентип план да түзүшчү, монтажды да тандап алышчу, концерттерди да уюштурушчу, ролдорду да бөлүштүрүшчү, тапшырмаларды да таркатып жиберишчү, анан, жаңылып калбас үчүн, жандалбастаган жүздөгөн репетициялар болот. Ушу да майрам болдубу? Бардыгы жатталып бүткөн, бардыгы белгилүү. Биз мурда да «Педагогикалык поэманы», «Мунаралардагы желектерди» окуганбыз. Окуп суктанып тим болчубуз. Мына эми биз биринчи жолу, чогуу, бирибиз бирибиз үчүн иштеп жатабыз, жок, иштеп эле жатканыбыз жок, жалпысынан жашап жатабыз, бири бирибиздин кубанычыбыз үчүн, бүт класстын кубанычы үчүн аракеттенип жатабыз. Чогуу биргелешип план түзөбүз, чогуу бириктирилген отряддарды уюштурабыз, чогуу сюрприздерди даярдайбыз, саякатка чыгабыз, ырларды тандап алып, анан окуйбуз. Музыка угабыз, ойнойбуз, кыялданабыз, талашып-тартышабыз...»

Ошентип, чыныгы турмуш башталды. Бири бирин кубанткан көп кырдуу иштер башталды. Ар биринин кубанычтуу турмуш жөнүндө ойлогон, бүткүл класстын чын дилден чыккан камкордугу ишке ашырылууда.

Анан жооптордун башка тобу момундай. Ал жооптору: «Өзүмө таң калып турам» деген бир темага бириктирсе болор эле.

«...Кечелерди башка бирөөлөрдүн урматы үчүн... өткөрүүгө жарайм деп эч качан ишенген эмесмин... Өзүмдүн демилгелүүлүгүмө да... А эми, көрсө, колуман келет экен! Бир-эки айдын ичинде толгон илимий-популярдуу китептерди окудум, болгондо да эч бирөөнүн кысымысыз окудум... Үйдөгүлөрдүн баары таң калып, сен колуң менен да иштей алат турбайсыңбы... дешет. Мурда мен класстагылардын көпчүлүгүнө кайдыгер кароочумун, а кээ бирлерин а түгүл жаман да көрчүмүн. Анан капысынан эмнегедир өзүнөн өзү эле баары менен достошкум келди, билгенимдин, жасай алганымдын, жакшы көргөнүмдүн... бардыгын ортого салгым келди. Мурда мектепке баргым келчү эмес, такай эскертүүлөр, экилер, экинчи катарда болгонуң тажатып жиберчү. Анан эми эмнегедир азыр андай сезим

жок, тескерисинче, таптакыр башка адам боло алат экемин деген сезимде турам. Башкаларды да жакшы жакка жетектей алам...»

Кайтадан өзүмдүн ички дүйнөмдө жаңы, чыныгы нерсенин пайда болушу же ачылышы жөнүндөгү жана «кокусунан», «көрсө» «эмнегедир өзүнөн өзү эле...» деген сөздөр менен айтылган таңгаларлык көрүнүш жөнүндөгү ойлордун айкалышы келип чыкты. Ырас, сочинениенин кыраакыраак авторлору класс жетекчиси «эң башынан тартып» эле жалпы кубанычтуу турмушта «биздин жакшы жактарыбыз» ачыла башташына жеткиси келгенин түшүнүшкөн. Бирок «эмнегедир бизге байкатпастан» жетишти.

Биздин бири бирибиз жөнүндөгү жалпы камкордугубузда, иштерибизде тарбияланууучулардын көз караштары, алардын айланадагы турмушка мамилелери байкалбастан өзгөрүлдү. Кубанычтуу, толук турмушту жигердүү түрдө өздөрү курууга үйрөнүүнүн керек экендигин бара бара түшүнө башташты, өз иштери үчүн өзүнүн жана жолдошторунун алдында жоопкерчилигин сезүү, жакшы жүрүүгө умтулуу сезими пайда болду. Анан бул жаңы ички көз караш балдарды өздөрүнүн башкы ишине — окууга башкача кароого, өздөрүнүн келечеги жөнүндө ойлонууга мажбур кылды.

«Класс жетекчиси биздин ар бирибизден жакшы окушубузду эмне үчүн талап кылбайт? Балким, ал биздин кетирген каталарыбызды оңой ала турганыбызга ишенбес чыгар? А эми ишенбеген соң, демек, талап кылганды пайдасыз деп эсептейт да? Анткени, педагогдордун бизге ишеничи, бизди жолдоштору катары кадырлоосу биздин ага жооп катары өзүбүзгө ишенүүбүздү пайда кылды, бирок анда сабактан тышкаркы иштерге гана пайда кылган эле. Азыр, бир бирибиз менен чогуу болуу бизге кызыктуу боло баштаганда, бир бирибизди урматтай баштаганыбызда, өзүбүздүн классыбыз бизге чындап кымбат боло баштаганда, ар бирибиз мектепти ийгиликтүү бүтүрүүбүз үчүн биз окууда чоң бурулуш жасай алабыз жана жасоого тийишпиз».

Өз ара талап коючулук жана жалпы иштин ийгилиги үчүн жоопкерчилик, чыныгы коллектив болууну каалоо сезими ушинтип пайда болуп жана бекемделди: «Анткени жакында биз бой тартып кадыресе турмушубуз башталат эмеспи. Биз ага даярбызбы? Биз ал турмушта кандай болор экенбиз?»

Экинчи жарым жылдыктагы биргелешкен турмушту пландоого арналган комсомолдордун ачык жыйналышын-

да кызуу талкуудан кийин эки башкы коомдук иш; Ленинграддагы тажрыйбалык 1-мектептин тарбияланууучуларынын жана педагогдорунун жалпы жолугушуусун уюштуруу (март айында) жана жалпы мектептик «Жаш гвардия» газетасынын эки санын чыгаруу (февралдын аягында жана апрелде) тандалып алынды. Эки иш тең башка адамдар жөнүндө камкордук көрүү болуп, онунчу класстын окуучуларына кесип тандоого, өз алдынчалык турмуштун («Ким болуу керек жана кандай болуу керек?») келечегин айкындоого жардам көрсөтө алат эле. Ошону менен эле бирге алар негизги маселени чечүүгө: бардык предметтер боюнча накта өз ара жардамдашууну жөнгө салып отуруп, ар бир окуучунун сабакка эң жогорку жетишүүсүнө да жардам берди.

— Кандайча аракеттенишибиз керек? Мурдакы бириктирилген отряддар мененби? Булар эми эле «бириктирилген» отряддарбы? Алар эчак туруктуу отряддар болуп калды да. Анан кийинчерээк, биздин аз сандагы отряддарыбызга эң эле оорчулук болбойбу? Анткени, майрамга сюрприз даярдоо бир башка иш, ал эми — жалпы эле окуу жана коомдук иштер менен... иштөө таптакыр башка иш да.

Кызуу талаш-тартыштарда компромисттүү вариант келип чыкты: отряддардын составы өзгөрүлгөн жок (ырас, алар бригадалар деп аталып калды), а эми окуудагы өз ара жардамдашуу консультанттардын жетекчилиги астында уюштурулмакчы болду. Тигил же бул предметтерге өзгөчө кызыккан балдар консультанттар болуп калышты.

Мына ошентип январдын ортосунан тартып физика же математика, химия же адабият боюнча «алдыңкыларга тенелүүнү» каалаган топтор сабактан кийин класста күн сайын калып жатышты. Консультант «өз» предмети боюнча мугалим менен дайыма кеңешип отуруп, түшүнүксүз нерселерди өзү гана түшүндүрүп тим болбостон, ошондой эле билими, маселелердин варианттары боюнча шефке алгандарынын ортосунда пикир алмашууга, пайда болгон суроолорго жооптору талкуулоого жетишүүгө аракет кылган.

Ал бириктирилген отряддардын составы (аларды С деп атап коюшкан, бул сабак дегенди билдирет) ар дайым өзгөрүлүп турчу анткени эреже катары бир эле предметтин консультацияга муктаж болбогон консультация алуучулар да, ошондой эле консультанттар да (алардын ар бири жуманын өздөрүнө ылайыктуу 2—3 күнүн тандап алышкан) алмашып турууга тийиш болучу.

Мындай сабактарды кандайча жакшыраак алып баруу керек? Мугалимдер жана консультанттар менен жетишкендиктерди жана каталыктарды талкуулап, көңүлү чөккөндөрдү эргитип, эң эле демилгелүүлөрдүн (ойлоп тапкычтары эми таптакыр башка иштерге колдонулуп жаткандардын) табылгаларын жалпынын кенчине айландырып, жолдоштордун ар бири жөнүндөгү чыныгы камкордуктун тажрыйбасына ээ болууга жардам берүү менен мындай сабактарды алып барууга жогорку класстардын окуучулары өзүлөрү үйрөнүштү, класс жетекчиси да үйрөндү.

Жогорку жетишүүнүн эң зарыл шарттарынын бири — акыл эмгегинин маданияты экенин бара бара иш жүзүндө консультанттар да, консультация алуучулар да аңдап түшүнүштү. Ошондуктан алар үчүн педагогдор өткөргөн «тарбиялык иш чаралары» өз алдынча билим алуунун негиздери жөнүндөгү лекциялар, көңүл коюу, ойлоо жана эсте сактоо жагында өзүн өзү тарбиялоо боюнча аңгемелер, окуу материалы менен рационалдуу иштөөнүн конкреттүү методикасы боюнча практикум керектүү жана таасирдүү болуп чыкты.

Февралда эле эки алуу же окуу тартибин бузуу өтө чектен чыккан окуя болуп калды. Х А үчүнчү чейректи сабакка жетишпегендери жок болуп аяктады. Ошентсе да класстык комсомол уюмунун жаштардын лениндик осуяттарды аткаруусуна арналган жыйналышы, сыягы, эң эле курч болду. Бир гана нерсе жөнүндө ойлонушту: мектепти «чыныгы коллектив болуп» бүтүшүбүзгө дагы эмне жолтоо болуп жатат, ар кимиси өздөрүнүн кемчиликтери жөнүндө, акыры эмнеден кутулгусу келет жана кутулушу керек экендиги жөнүндө айтып чыгышты. Анан ар кимиси өздөрүнүн, азырынча «жеңдирбей» жаткан «душманын»: башка бирөөлөргө ишенмей адатын, же түнттүгүн, жыйнаксыздыгын же шалакылыгын, эсинин начардыгын же талдоону жана жыйынтыктоону билбегендигин... айтышты.

Өз ара камкордук көрүүдөгү жеке тажрыйба, жолдоштук ишенимдин жана кадырлоонун кырдаалы жакшы баалардан гана билинбестен, ошондой эле бул өзгөчө маанилүү — ар биринин өзүнө карата аңдап түшүнүлгөн талапкердигинен да билинди.

Онунчу класстагылардын жеке аң-сезиминин өсүшүнө 1-Тажрыйбалык мектептин мурдакы окуучулары жана педагогдору менен жолугушууларды уюштурууга алардын активдүү катышуусу да көп жагынан жардам берди. Согушка чейин бул мектеп Ленинграддагы мектептердин эң алдынкыларынын бири болучу. 1-Тажрыйбалык мектеп-

тин тарбияланууучуларынан анын эң сонун салттарына берилген жүздөгөн адамдар, ондогон эң сонун мугалимдер калышкан.

Балдар өздөрүнүн класс жетекчиси менен бирге чакыруу билеттерин даярдашты (бригадалар боюнча), эстелик значокторду жасашты, анкеталарды басып чыгарышты, аларды тапшырышты, анан аларды иштеп чыгууга жардам беришти, имаратты кооздошту, а эми эң башкысы — 1-Тажрыйбалык мектептин мурдагы педагогдору менен бүтүрүүчүлөрүн «тизмеги боюнча» издөөлөрдү жүргүзүштү, алар менен жолугушушту, алардын турмуш жолу жөнүндөгү, тандап алган кесиптери жөнүндөгү, аларга турмуш берген сабак жөнүндөгү айткандарын угуп, жазып чыгышкан.

Февралдын аягында Х А чыгарган жалпы мектептик «Жаш гвардия» дубал газетасынын санынын мазмунун дал ушул материал түзгөн эле. Адегенде биз бригадалардын ортосунда газетанын эң мыкты долбооруна, анын темасына конкурс жарыялады. «Ким болуу керек жана кандай болуу керек?» деген теманы жактырышты жана сөз кылууну каалашкан 12 кесипти тандап алышты. Анан мындайча иштөөнү чечишти: алты бириктирилген отряд чогултулган материалдарды жалпы корутундулашат жана фотографияларды, интервьюларды, очерктерди, заметкаларды, эскерүүлөрдөн үзүндүлөрдү, кат-кабарларды даярдашат, а эми бир отряд газетанын бул санын жасалгалайт.

Газетанын бул санын даярдоо жагындагы биргелешкен иш коллективдүү иштин тажрыйбасынын топтолушунун дагы бир этабы болуп калды, балдардын билим-түшүнүктөрүн кеңейтип, алардын кызыгууларынын өсүшүнө жана эң кыйын «душманын» — терс адаттарын жоюуга жардам берди. Биргелешкен отряддар такай аракеттене турган отряддарга, коомдук тажрыйбасына ээ болушуп, бири бирине жолдоштук камкордук көрүүнүн, ошонун ичинде ар кимисинин окуудагы жетишкендиги жөнүндө камкордук көрүүнүн мектебине айланды. Аларда окуучулардын бүтүрүүчү экзамендерге өз алдынча даярдануусу кеңири жүргүзүлүп, илим-билим бөлүшүү күчөдү.

Бул тарбиялык камкордуктун маңызын, ар биринин мыкты жактары үчүн күрөшүүнү биз «Ленинче иштейли, окуйлу жана дос бололу» деген девизде чагылдырдык. Бул девизди кандай түшүнөөрүбүздү жалпы мектептик «Жаш гвардия» газетасынын улуу көсөмдүн осуяттарын аткарууга арналган лениндик санынын мазмунунда ачып берүүгө аракеттендик. Адамга ленинче мамиле кылуу де-

ген эмне? Келечекке ленинче мамиле кылуу деген эмне? Өзүндүн керт башына ленинче мамиле кылуу деген эмне? Окууга ленинче мамиле кылуу деген эмне? Биздин ленинче жашообузга эмне кедерги болуп жатат? В. И. Ленин-дин кайсы оюн мен өзүм үчүн эң башкысы деп эсептейм жана эмне үчүн? Бул суроолор мектеп окуучуларынын ой жүгүртүүсүнүн эң башкысы болуп калды.

Албетте, дубал газетага ар кимисинин китептен окуп билгендеринин бир азы гана кирип, негизгиси, окуу китептери менен дептерлерди жаап коюп, лениндик эмгектерден жана улуу адам жөнүндөгү эскерүүлөрдөн жазып алынгандар портфелдерден чыгарылып, балдар эмне жөнүндө сүйлөшүп, талашып-тартышкандары, ортого салган ойлору кирген. Анкеталар үчүн жана педагогдор, комсомолдор жана пионерлер менен, өздөрүнүн тууган-туушкандары менен, 1-Тажрыйбалык мектептеги жаңы достору менен интервью үчүн суроолор ойлонуп табылган. Анан аларга жооптордуу кандайча кызуу талкуулашканын айтпагыла...

Газетада Х А окууну аяктаар алдында өздөрүнүн көңүл сырларын мектептик жолдоштору менен бөлүштүргүлөрү, турмушка, андагы өз орундарына карата мамилелерин билдиргилери келген. Жалгыздап да, жолдоштор менен чогуу чаран да алдын ала иштелген акыл жана жан дүйнөнүн иши онунчу класстагыларга кандай көп нерселерди берди дейсиң!

Байкалбай атып экзамен маалы да келип калды. Анан кайтадан ар бир экзаменге биргелешип даярдык көрүү, а андан кийин — Неванын жээгинде, туулуп-өскөн шаардын бак-даректарынын арасында жана чет жакаларында эс алуу башталды. Келечек жөнүндө талкуулап-талашуулар жана кыялдануулар, достуктун түйүндөрүн сактоого, турмушту өркүндөтүү, адам мамилелеринин жакшы санаалаштыгы үчүн күрөштүн улуу идеалдарына берилгендик жөнүндө жаштык анттар берилип жатты. Анан албетте, Х А бүтүрүү экзамендерин эң көп жакшы жана эң жакшы баалар менен аяктады. Бул баалар билимдин гана көрсөткүчү болбостон, ошондой эле окууну бүтүрүүчүлөрдүн граждандык жетиктигинин, алардын турмушка даяр экендигинин көрсөткүчү болду.

АЛДЫДАГЫ ОЙЛОНУУЛАР. Бизди, педагогдорду Х А менен болгон иш эмнеге үйрөттү, өзүбүздүн педагогикалык көз карашыбызды талкуулап жана аныктап олтуруп, биз кандай корутундуларга келдик?

Баарыдан мурда биз бирөөлөрү окутуш керек, а эми

экинчи бирөөлөрү алардан окуш керек деген мектеп жөнүндөгү түшүнүктөн алыстай баштадык. Биз, балдарыбызды кандайча жакшыраак тарбиялашыбыз керек? Активдүү жана чыгармачыл инсанды кантип өстүрүшүбүз керек? Жашоого жана жалпы жыргалчылык үчүн иштөөгө даяр жана аны биле ала турган адамды кантип өстүрүшүбүз керек? деген өзүбүздүн башкы милдетибизди улам айкыныраак түшүнө баштадык.

Комсомолдун III съездинде сүйлөгөн сөзүндө Ленин алдыга койгон «...өзүндүн ишиңди, өзүндүн күчүңдү жалпы иш үчүн берүүң керек. Коммунисттик тарбия мына ушундан турат» деген гениалдуу формуласынын улуу маани маңызына түшүнүүгө биз мына ушундай жол менен келдик. Алуу эмес, берүү керек! Тактап айтканда — кайта берүү үчүн, алуу керек! Өздөштүрүп алып, кайта берүү керек. Жалпы иш үчүн берүү керек!

В. И. Лениндин «Улуу демилгесиндеги» коммунизм ар бир адамдын өз жакындары жөнүндө гана эмес, ошондой эле алыс адамдар үчүн да жан аябаган камкордук көрүүсүнөн башталат деген маанисн терең пикири экономикага гана таандык болбостон, ошондой эле тарбияга да тийиштүү экендигине ишенүүбүз улам барган сайын бекемдей берди.

Мына ошондо Х Анын «табышмагы» (башка класстардагы ушундай жагдайлар да) биздин алдыбызда жаңыча көрүнө баштады. Окууга жана коомдук ишке кайдыгерлик же тандамал (эмнеге кызыксам, ошону гана иштейм) мамиле жасоо, өзүмчүлдүк жана эч ойлонбой аткаргычтык («тапшырса, аткарууга берсе — аткарам...»), билимдин жана иш-аракеттин ортосундагы ажырым жана окуучулар коллективин «иши оңундагыларга» (жакшы жетишип окугандарга) жана иши оңдуу эместерге (беймазалуулардга) бөлүү, туруктуу активдүүлөргө жана ошончолук эле туруктуу шалаакыларга бөлүү сыяктуу ар башкача көрүнүштөрдүн себеби бир болуп жүрбөсүн? Булардын жана башка көп терс көрүнүштөрдүн себеби окуу жана тарбиялык иштин көнүмүш мүнөзүндө болуп жүрбөсүн? Тактап айтканда, педагогдор менен окуучулардын — даяр тажрыйба үйрөтүүчүлөр жана үйрөнүүчүлөр, уюштуруучулар жана аткаруучулар катары өз ара аракетинин көндүм мүнөзүндө жашырынып жатпасын? Башкача айтканда тарбиялык мамилелердин мүнөзүндөдүр? Мына ошондуктан тарбиячылардын жана тарбияланууучулардын бул мамилелерин, бул өз ара аракетин башкача: педагогдор коллективи жетекчилик кыла турган мугалимдер менен окуучу-

лардын **биримдүү коллективинде чечүүгө аракет кылсак** кандай болор эле?

Мына ошентип, акылман чеберлер эле эмес, кайра кадыресе мектептердеги жана класстардагы педагогдор жалпы түйшүк жагынан окуучулардын улуу жолдошторуна айланышат. Алардын ордуна эмес жана аларсыз эмес, кайра алар менен бирге жана алардан мурда класстын турмушун жана курчап турган турмушту кантип жакшыртуу керектиги, тегеректеги жакын жана алыскы кишилерге — эмне жагынан жана кантип пайда келтирүү керектиги, ар бир окуучуга куунак жана акылдуу жашоого, ленинчил болуп өсүүгө кантип жардам берүү керектиги жөнүндө *ойлошот;* алардын ордуна эмес жана алар үчүн эмес, кайра алар менен бирге жана алардан мурда *ойлонуштурулгандарды биргелешип жүзөгө ашырышат;* алардын ордуна эмес жана алар үчүн эмес жана алардан мурда *иштелип бүткөндөргө баа беришет* жана келечек үчүн сабак алышат.

Жалпы камкордук көрүү мамилелери тарбияга деги эмнени берет? Жалпы камкордук көрүүдө педагогдордун даяр социалдык тажрыйбаны ачык-айкын бериши жана окуучулардын ачык-айкын өздөштүрүшү жокбу же барбы? Албетте жок! Бирок ачык-айкын берүү жана өздөштүрүү педагогдордун **байкалбаган** таасир көрсөтүүсү, алардын жеке **граждандык өрнөгү аркылуу** күчөтүлөт. Өздөштүрүлгөн тажрыйба ар бир тарбияланууучу тарабынан жалпы чыгармачылык иштерде байып жана өнүгүп олтуруп, жаңы коомдук милдеттерди жана окуу милдеттерин чечүүдө колдонулат. Бул коллективдүү тажрыйбаны уламдан-улам өтө терең жана толук алмашуу жүрө берет, ал алмашуу салттарда бекемделип, ар бир окуучунун энчисине айланат. Өзүмчүл-дүнүйөкордук көз-караштарга, сезимдерге, өнөкөттөргө каршы ар бир окуучунун жана бардыгынын кыйла аңдап түшүнүлгөн күрөшү жүрөт.

Педагогдор тарбияланууучуларды жалпы чыгармачылык иште, биримдүү коллективде окуп үйрөтүшөт. Аларды окутуп гана тим болбостон, ошондой эле өзүлөрү — бири-биринен жана өзүлөрүнүн тарбияланууучуларынан такай үйрөнүшөт. Тарбияланууучулар да тарбиячылардан гана үйрөнбөстөн, ошондой эле бири биринен үйрөнүшөт; а эми алардын ар бири өзүн өзү мурдагыдан дилгир жана чебер окуп үйрөтөт...

Тарбиялык таасир көрсөтүүнүн мындай көп кырдуулугу жана максаттуулугу тарбия процессинин бир бүтүндүгүн, коммунисттик тарбиянын бардык бөлүктөрүнүн ор-

ганикалык биримдигин, аларды тарбия ишинин айрым обочолонгон бөлүмдөрүнө ажыратып бөлүүгө (теорияда эмес, практикада) мүмкүн эместигин шарттайт.

Коомдук иште өз чөйрөсүн жана курчап турган чөйрөнү жакшыртуу жөнүндөгү коллективдүү практикалык иш алдыңкы орунду ээлейт. Мындай камкордуктун процессинде ага катышуучунун ар бирине *байкалбаган* тарбиялык таасир көрсөтүлөт («Биз кишилерди кубанткандай жана аларга пайдалуу бир нерсени иштедик, андан өзүбүз да мыктыраак да болуп калдык»). Бул таасир тарбияланууучулар үчүн конкреттүү тарбиялык иш-чаралар түрүндөгү (ангемелер, экскурсиялар, кружоктук занятиелер жана б. у. с.) *ачык-айкын* тарбиялык (окутуучу) камкордук менен (жаңы, өтө татаалыраак коомдук маанилүү иштерди мүмкүн катар мыктыраак пландоо, даярдоо, өткөрүү үчүн кошумча эмнедир — бир нерсени билүү да керек) күчөйт.

Окуу процессинде (сабактарда жана көбүнесе сабактан тышкары учурларда) ар бир окуучунун программалык билимдерге, шыктарга, көнүгүүлөргө чыгармачылык түрдө ээ болуусу жагындагы жалпы, бирок эми ачык-айкын тарбиялык (окутуучу) камкордук да негизги ролду ойнойт. Мына бул камкордукта педагогдордун (а эми алардын өрнөгү боюнча — уламдан-улам көбүрөөк окуучулардын өзүлөрүнүн да) *ачык-айкын* тарбиялоочу таасири ишке ашырылат, мындай таасир коллективдүү практикалык камкордук аркылуу *байкалбаган* тарбиялык таасир менен бекемделет (мисалы, кабинет үчүн көргөзмө курал жасоо, сабакта «билермандардын турнирин» уюштуруу, тааныш-билүү оюнун өткөрүү, кол жазма журналы үчүн сочинение жазуу).

Биздин алдыбызда окуу жана коомдук иштин биримдиги жалпы камкордуктун: практикалык жана тарбиялык (ачык-айкын жана байкалбаган камкордуктун) эки түрүнүн диалектикасы катары жаңыча ачылып олтурат.

Мындан ары биз жалпы практикалык (байкалбаган тарбиялык) камкордукту муундардын чыгармачылык кызматташтыгы деп, а эми ачык-айкын тарбиялык (окутуучу) камкордукту жолдоштук чыгармачылык түрдө окутуу мамилелери деп атадык.

Ошентип, дароо болбосо да, адегенде анча анык, так эмес формулаларда болсо да, алгачкы изденүүбүз коллективчилдерди кантип тарбиялоо керек деген суроого жооп табууда бизге көп нерселерди тартуулады. Биримдүү коллективде жана биримдүү коллектив аркылуу: педагогдордун окуучуларга бир жактуу таасир көрсөтүүсүнүн орду-

на — тарбияланууучулардын тарбиячылар менен бирге жана алардын жетекчилиги астындагы жалпы камкордуктун мүнөзүнө ээ болгон жалпы чыгармачылык иш-аракетинин логикасы бара бара айкындала берди.

Дал мына ушул жерде талапкердик жана кадырлоо жөнүндөгү маселе биринчи катарга чыгат. Бул эмне дегендик? Бул эми тарбиячылардын тарбияланууучуларга карата өздүк, ички, рухий мамилеси дегендик. Мунун өзү алардын өз ара таасиринин мүнөзүн (биргелешкен ишкердиги) чагылдырган жана өз кезегинде, өз ара таасирге түртку берүү менен ушул өз-ара таасирден көрүнгөн мамиле.

Бирок мындай мамиле эң ар кандай болушу мүмкүн! Бул мамиленин негизинде же балдарга карата жаңы тажрыйбаны керектөөчү жана өзүнөн улуу адамдын эркин жөнөкөй аткаруучу (пассивдүү жана активдүү) катары авторитардык талапкердик жатат же балдарды жалпы иш боюнча кичүү жолдош катары кадырлоо жатат. Мындай кадырлоо балдардын мүмкүндүгүнө ишенүүдөн, алардын күчтүү жана начар жактарын түшүнүүдөн, татыктуу жактарын арбытып, кемчиликтерин жоюуга жардам берүүгө умтулуудан келип чыгат. Тарбияланууучуларга карата мындай кадырлоонун таасирдүү көрүнүшү жолдоштук талапкердик да болуп эсептелет, ал жалпы камкордукта өнүгөт жана бекемделет, мектеп окуучуларынын бири бирине жана педагогдорго карата мамилелеринин нормасы болуп калат.

Биз ошондой эле чыныгы коллективдүү мамилелердин орношунда педагогдордун өзүлөрүнө мектеп окуучуларынын улуу жолдошу катары сыйлоосу жана талапкердиги да зор роль ойной тургандыгына ишендик. Алардын бул инсандык позициясы, жеке үлгүлөрү акыры келип Х Ада жалпы камкордуктун реалдуу мамилелеринин өнүгүшүнүн эң маанилүү стимулу болуп калды.

Коммунисттик тарбия мамилелеринин — реалдуу (жалпы камкордук) жана рухий (жолдоштук кадырлоо жана талапкердик) мамилелердин бир бүтүн системасы коллективдерди тарбиялоонун олуттуу шарты катары мына ушундайча түзүлө баштады.

Биз тарбиячылардын жана тарбияланууучулардын жолдоштугунун күчүн жана шарапатын айкын түшүнүп, анын класстык комсомол коллективинин турмушундагы мүмкүндүктөрүнүн чексиздигин сездик. Бул жолдоштукту өз тажрыйбабызда жана башка шарттарда көрүү, андан да тереңирээк сезүү жагы биздин алдыбызда турду.

КОЛЛЕКТИВДҮҮ УЮШТУРУУЧУЛУК ИШ-АРАКЕТ

Коллективдүү турмуштун тажрыйбасы... бул максаттуу түрдөгү коллективдүү кыймылдардын эң эле татаал тажрыйбасы, ал кыймылдардын арасында буйруу, талкуулоо, көпчүлүккө баш ийүү, жолдоштун жолдошко баш ийүүсү, жоопкерчилик жана макулдашкандык эң көрүнүктүү орун ээлешет.

А. С. Макаренко

ДИЛГИРЛЕРДИН СОЮЗУ. Жаңы окуу жылынын сентябрдагы күндөрүнүн биринде СССРдин педагогикалык илимдер академиясынын Ленинграддагы педагогика илимизилдөө институтуна жети киши — улуу пионер вожатыйлар жана институттун кызматкерлери «Пионер сбору кандай болуу керек?» деген темада кенен-кесири сүйлөшүү үчүн чогулушту. Сборлордо пионерлердин көпчүлүгүнүн болуп жаткан ишке кызыгуусу эмне үчүн ушунчалык бат сууп калат? Эмне үчүн, классы жогорулаган сайын, пионердик ишке кайдыгердик ошончолук көбүрөөк болот? Эмне үчүн көп балдарды иш чараларына, репетицияларга тим эле күч менен тартууга туура келет? Эмне үчүн отряд советине, дружина советине кыздарды бир далай эле көбүрөөк шайлашат, а эми балдарды шайлашса, эмне үчүн жооштурун шайлашат? Эмне үчүн дегеле жакшы уюштуруучулар аз да, балдар үчүн камкордук көрүүгө, алар үчүн бардыгын — план менен тапшырмалардан тартып монтаж менен рапортторго чейин ойлонуп чыгууга туура келет?

Чогулгандарды урматтоо менен өзүлөрүнүн жеке өзгөчөлүктөрүнүн бири бирине жуушпаган айырмаларына карабастан алар бир жалпы сапатка — пионердик иштин кемчиликтери кейип-кепчибей, жогортодон болгон көрсөтмөлөрдү күтпөй эле турмушта келип чыга турган проблемаларды чечүүнү өздөрү издеп табууга умтулуу сапатына ээ болушкандыгын айта кетүү керек. Анан да муну жалгыздап эмес, пикирлеш бир максатка умтулгандар менен бирге аткаруу канчалык кызыктуу жана ийгиликтүү да болоорун айтпа!

Ар бир пионердин демилгесин жана өз бет алдынчалыгын ар тараптан өнүктүрүү үчүн эмне кылуу керек? деген негизги маселеге жооп издөө дал ушул биринчи кездешүүдөн башталды. Бул, өз кезегинде, бүтүндөй бир майда сыяктанган, бирок, пионердик иштин эч талашсыз эң маанилүү маселелерин чечүүнү талап кылды. Пионердик иш-

тин эффективдүүлүгүн дегинкиси эмне аныктайт? Иш чараларынын саныбы? Бирок мурдатан белгиленип сунуш кылынгандардын бардыгы орундалып жаткан жерде биздин баардыгыбызды толкундантканкөрүнүштөр жокпу? Ал түгүл эң жөн жай өткөрүлгөн рапорт-монтаждары кошо аткарылган отчеттук кайра шайлоо сбору пионерлерди адаттагыдай камкордукка алуунун натыйжасы — чоң кишилер түзүшүп, актив даярдаган сценарийдин ишке ашырылышы эмеспи? Калган пионерлер мындай сборго көрүүчү катары катышышат? Бирок **ар бир пионер** өз отрядынын же дружинасынын ишин бүт бойдон баалашы үчүн өзүнүн жалпы ишке кошкон салымын аныкташы, өз коллективи, анын өзү жаш ленинчи катары андан ары кантип жашоосу керек экени жөнүндө ойлонушу керек эмеспи. **Коллективдүү** уюштуруучулук иш-аракет керек. Ошондо гана көп пионерлердин, атап айтканда жашы улуу пионерлердин пионердик ишке карата мамилеси өзгөрөт, ошондо гана ар бир пионер өзүн бул иш үчүн жоопкер сезип, ал ишке катышкысы келет.

Биз Н. К. Крупскаянын осуятына жаңыча ой жүгүртүк: пионер болуу деген — мектептеги жана мектептен тышкаркы курчап турган турмушту жакшыртуу жана муну кантип аткаруу жөнүндө өзүн ойлонуу дегендик.

Бирок буга кантип жетишүүгө болот? Коллективдүү пландаштырууга үйрөнөбүз! План түзүүгө ар бир пионерди кантип кызыктыруу керек? Балким, конкурс уюштурабызбы? Пландын мыкты долбооруна конкурс уюштурабызбы? Планга карата мыкты сунуштарга конкурс керектир? А эми жыйынтыгын — отряддын атайын сборунда талкуулайбызбы? Жана делегаттардын жалпы дружиналык слетунда талкуулайбызбы? Же дружина советинин ачык сборунда талкуулайбызбы? А эми келерки жылдан тартып — отчеттук кайра шайлоо сборлорунда талкуулайлыбы? Варианттарын караштырып көрөлү... Сыягы, пионердик ишти коллективдүү уюштуруунун методикасын чыгармачылык менен иштеп чыгуу боюнча өзгөчө бир түрдүүчө борбор керек болду. Бул борборду биз дилгирлердин союзу, кыскартканда ДИС деп атадык.

Бара бара биз улам көбүрөөк бир пикирдештерге ээ болдук, союздун уюткусу өсүп, чыңдала берди. Ар шаршембидеги жолугушуулар институтта гана өтпөстөн, ошондой эле дисчилер иштеп жатышкан мектептерде да өтүп жатты. «Шаршембиликтер» салтка айланды. Биз Н. К. Крупскаянын, А. С. Макаренконун китептеринин үстүндө ой жүгүртүп, педагогикалык адабияттын жаңылык-

тарын, «Вожатый» журналы жана комсомолдук газеталар үчүн өзүбүз даярдаган макалаларды, мугалимдер менен вожатыйлар үчүн докладдардын материалдарын талкууладык: пионердик коллективде тарбиялоонун эффективдүү азыркы кездеги методикасын биргелешип издөө жүргүзүлдү, пионердик дружинанын турмушун уюштуруунун конкреттүү варианттары иштелип чыгылды. Бул варианттар мектепте жүзөгө ашырылды, айтмакчы дисчилер такай бири бирине жардам беришип, тажрыйбалар алмашышты, аткарылган иште талдоого алышты, иштин андан аркы келечегин аныктап чыгышты.

ПИОНЕРДИК ДРУЖИНА ПЛАНДАЙТ. Мурда айтылып кеткен коллективдүү пландаштыруунун тажрыйбасына таянып (Х А), дисчилер ар бир пионер отряды жана пионер дружинасы өз турмушунун планын түзүшүнүн эки негизги вариантын иштеп чыгышты. Бул варианттарды тажрыйбада текшерүү эң оболу Ленинграддагы Фрунзе районундагы 317-мектепте жана Смольный районундагы 157-мектепте жүргүзүлдү, аларга улуу пионер вожатыйлары болуп Людмила Глебовна Борисова жана Наталья Александровна Сыч иштешчү.

317-мектептин дружинасы болгону сегиз пионер отрядан турчу. Ошондуктан Л. Г. Борисова пионерлерди, алардын вожатыйларын жана класс жетекчилерин коллективдүү пландоого үйрөтүү үчүн, өзү ар бир отрядда күн мурдатан (старттык) аңгемелешүү өткөрдү: пионерлер катыша ала турган коомдук маанилүү иштер жөнүндө айтып берген, бардык балдар үчүн өтө кызыктуу темаларды тандап алууга, өз сунуштарын талкуулоого жана негизделгөнгө, звенолордун ортосунда отряддын жана дружинанын иш планына карата мыкты сунуштар үчүн конкурс өткөрүүгө сунуш берген. «Коллективдүү пландаштыруунун жумалыгы» мына ушундайча ачылган. Мына эми дружинанын жалпы сбору да өткөрүлө турган болду. Ал адаттагыдан башкача өттү. Адегенде пионерлер жана алардын улуу жолдоштору (мугалимдер менен вожатыйлар) отряддар боюнча иштешти: звенолордун дружина иштери жөнүндөгү сунуштарын угушуп, талкуулашты. Андан кийин баары мектептин чоң залына чогулушту, тегерете турушту, анан ар бир класстын атынан отряд советинин өкүлдөрү кезектешип сүйлөштү. Сунуштар көп киргизилди, бирок ар бир пионердин адамдарга чындап майда жана кубаныч алып келе ала турган иштери гана бардыгынын жактыруусуна ээ болду: Алыскы Түндүктүн мектептери үчүн белектер жасоо жана камдоо, Мало-Дет-

скоесельск проспектисин көрккө келтирүү, өз классын жана мектебин мыктыраак жасалгалоо жана жашылдандыруу үчүн мелдеш уюштуруу иштери жактырылды. Ырас, бул сунуштар ошентсе да жалпы мүнөздө эле. Сборлорду алып барышкан улуу пионер вожатыйына жана дружина советинин председателине суроолорду тактоого туура келди. Силер белекти кимге берүүнү сунуш этесиңер? Проспектти көрккө келтирүү боюнча ишке ким жана качан катышат? Бул ишке ким жетекчилик кылат? Ар бир пионер эмне иштемекчи? Жана б. у. с. Слеттун катышуучуларына өз сунушун конкреттештирүү үчүн отряддарда дагы ойлонуп көрүүгө бир нече мүнөт берилген. Иликтелүүчү милдеттерди конкреттештирүүгө коюлган мындай талап өспүрүмдөрдүн көптөрүнүн башкалар (өзүлөрүнөн улуулар жана активисттер) эмне сунуш кылып жатканын ойлонбостон эле, макул боло берүү же чечимдин биринчи, эң эле жалпы варианты менен канааттана берүү адатына каршы күрөшүүнүн натыйжалуу каражаты болуп чыкты.

Конкреттүү пландаштыруунун дружина сборунда алынган сабактары отряддардын жалпы сборлорунда бекемделген. Мындай сборлордун ар биринде пионерлер жана алардын улуу жолдоштору: алар жалпы дружиналык иштерге кандайча катыша тургандыгын талкуулашып, өз отрядынын 1 чейректеги иш планын түзүп чыгышкан. Ар бир пионер өз пикирин айта алышы, конкреттүү пландаштыруунуу үйрөнүшү үчүн бардык сунуштар адегенде звенолордо талкууланган: ар түрдүү сунуштар салыштырылган, мыкты вариант коллективдүү бекитилген, класстын көпчүлүк турмушунун келечеги биргелешип аныкталган.

317-мектептегиге караганда пионер отряддары 2 эсе көп болгон 157-мектепте коллективдүү пландаштыруунун башка варианты — дружина сборусуз пландаштыруу иштелип чыккан жана пайдаланылган. Отряддын жана дружинанын ишинин планына карата мыкты сунуштар үчүн звенолордун ортосунда конкурс жарыяланган. Улуу пионер вожатый пионерлердин изденүүсүнө багыт берген: пионердик радио берүүлөрдөн жаш ленинчилердин кандай кызыктуу иштери жөнүндө угушкандыгын, «Пионерская правдадан» жана «Ленинские искрадан» эмнелер жөнүндө окушкандыгын, өз отрядындагы жана дружинасындагы турмушту кандайча жакшыртууну каалашкандыгын сурайт. Улуу пионер вожатыйы башка адамдар жөнүндө ойлонууну, жакшылык жасоого умтулууну, ар бир пионер жолдошуна ылайык конкреттүү ишти активдүү издеп табууну ойготууга умтулган. Конкурстун жыйынтыктарын

дружина совети отряд вожатыйлары, отряддар советинин председателдери жана звенолор менен бирдикте чыгарды. Отряддын атынан адатта председатель сүйлөгөн.

Бардыгы 70ген ашуун сунуштар айтылган, бирок пионерлер бүт дружина менен ишке мыкты ашырыла турган иштерди тандап алууну тез үйрөнүштү. Балдар пионерлердин эстелигин курууга акча иштеп табууну, отряддык ырларды мыкты аткаруу үчүн конкурс өткөрүүнү, кызыл из кубарлардын иликтөөлөрүн уюштурууну — дружинанын планына, а эми оюн-тамаша кечелерин, экскурсияларды, кенже балдар менен оюндар өткөрүүнү отряддардын планына киргизүүгө сунуштар айтылган.

Кээ бир сунуштар талкууланып чыккандан кийин бүт окуу жылы үчүн келечекки жалпы иш план болуп кала берген. Мисалы, мына бул момундайча болуп өткөн.

...Биз Аспан заводунда болгон кезибизде, комсомолдор бизге алар менен биргелешип Баатырлардын музейин түзүүнү сунуш этишти. Алар мындай музейди заводдун клубунда уюштурууну каалашты. Биз отрядда сүйлөшсөк, балдар макул болушту.

— Балким, бүт дружина менен иштеп көрсөк кантет?— улуу пионер вожатый ушинтип сурады.— Бирок мындай музейди дароо түзүү кыйын, эмнеси болсо да ишти бөлүштүрүп алыш керек. Бирок кантип?

Дружина советинин сборуна катышуучулардын бардыгы ойлонушту. Акыры: биринчи чейректе, 29-ноябрга карата заводдун мыкты комсомолдору жөнүндө көргөзмө уюштурууга (улуу отряддарга жана алардын дос комсомолдоруна тапшырылган), 23-февралга карата заводдун жумушчулары жана ветерандары — граждандык жана Ата Мекендик согуштардын катышуучулары жөнүндө материал топтоого жана иретке келтирүүгө (бул алтынчы класстардын отряддарына тапшырылган), а эми 19-майга карата бешинчи жана төртүнчү класстардын отряддары «Баатыр пионерлер» деген экспозицияны ачууга чечим кабыл алынды.

— А эми жайында партизандык салгылашуулар болгон жерлерге баруу жана музей үчүн көп материал чогултуу керек.

— Ушул иштин баарына жетекчилик кылууга кимге ишенич көрсөтөбүз?

Жалпы пикир боюнча эң мыкты чалгындоо ишин жүргүзгөн жана жалпы иштин демилгечиси болуп чыккан «Искра» отрядына ишенич көрсөтүлдү.

Дружинанын турмушунун I чейрек үчүн планы ушин-

тип иштелип чыккан жана ошол эле маалда анын иш-аракетинин андан аркы келечеги айкындалган. Бул план отряддардын жалпы сборлорунда талкууланып, анда ар бир отряддын жалпы дружиналык иштерди орундатууга катышуусу аныкталып, отряддык план түзүлгөн.

Дисчилер иштешкен ар бир дружинада коллективдүү пландаштыруунун методикасы өз-өзүнчө турмушка ашырылган. Биргелешкен уюштуруучулук чыгармачылыктын жаңы формалары: эң эле кызыктуу отрядык планга конкурс жана «сунуштар сандыкчасы», «чагылгандар» (IV Б отрядынын пионерлери дружинанын оюн аянтчасын уюштурууну сунуш кылышты. «Макулсуңарбы? Эгерде макул болсоңор, мындай оюн аянтчасы үчүн силердин звено эмне иштей алат?» деген түрдөгү билдирүүлөрдү жана мектептин директорунан, китепканачыдан, мугалимдерден, комсомол комитетинин мүчөлөрүнөн алынган интервьюлардын тексттери менен); звенолордун сунуштары жазылган стенд; ар бир пионерге, мисалы, сен Улуу Октябрь революциясынын майрамын кандай пайдалуу иштер менен тосуп алууну сунуш кыласың, өзүңдүн звеноң, отрядың менен кошо кайда жана эмне үчүн баргың келет? деген сыяктуу суроолору бар «багыт берүүчү анкета» пайда болду.

АР БИР ПИОНЕР — УЮШТУРУУЧУ. Дисчилердин дружиналарында коллективдүү пландаштыруунун тажрыйбасын талдап отуруп, биз бир далай корутундуларга келдик.

Эң оболу пионерлердин иш планын биргелешип түзүүнү каалагандыгы эле ар бир пионердин ишке чыгармачылык менен катышуусу үчүн жетишсиздик кылаары айкындалды. А түгүл мыкты сунуштар үчүн звенолордун ортосундагы конкурс көп учурда балдардын өздөрүнө белгилүү иштерди эстерине түшүрүп жаңы шарттарга ыңгайлаштырып алууларына гана алып келчү, ошол эле учурда звенодогулардын бардыгы эле эмес адаттагыдай эң активдүүлөрү сунуш киргизип, калгандары алардын сунуштарына макул көрүп тим болушчу (анын үстүнө кошумча сунуштардын өзү, эреже катарында тигил же бул майрамга карата сбор өткөрөбүз, аскердик оюн уюштурабыз, куурчак театрын уюштурабыз деген жана б. у. с. жалпы мүнөздө болучу); конкурс кырдаалы иштин маанисине көңүл бөлбөй эле көп иштерди санап өтүүгө умтулууну пайда кылды. Отряддын жалпы сборунда ар бир звено чынында бардыгы үчүн мыкты чечимдердин кабыл алынышына жетишүү үчүн эмес, эң оболу конкурста жеңишке

жетишүүгө аракет кылышкан. Балдарды бирге ойлонууга, башка бирөөнүн акыйкат сөзүн моюнга алууга, өз кызыкчылыгын жалпыныкына айкалыштыруурга, көнүмүш жолго түшүү адатынан качууга үйрөтүү керек болучу. Коллективдүү уюштуруучулук иштин үч бөлүгүн: пландаштыруунун, аткарылган ишке талкуулап баа берүүнүн, ойлогон ишти жакшыраак аткарууга багытталган күндөлүк уюштуруучулук ишке ар биринин катышуусунун бекем биримдигинин, бири бирин толуктап турушунун зарылдыгын түшүнүүгө биз ушундайча жетиштик.

Дисчилердин жолугушууларында мындай биримдикке кантип жетишүү жөнүндө ойлонуштуруп көрүп, кайрадан X А классынын тажрыйбасына кайрылдык. Бул класста конкреттүү ишти коллективдүү даярдоонун (контролдоо жана тажрыйба алмашуу, өз убагында жардам көрсөтүү, кечиктирилгис күндөлүк практикалык маселелерди биргелешип чечүү үчүн) өзүнчө бир борборлору — штабдар түзүлгөн болучу.

Бул тажрыйбаны чыгармачылык менен пайдаланып, дисчилер отряддарда жана дружиналарда убактылуу жетекчи органдарды түзө башташты, аларды биз *иш советтери* деп атадык. Иш советинин ар бирине бардык звенолордун (дружинада — отряддардын) өкүлдөрү (1—2) киришкен; анын председатели — отряд советинин мүчөлөрүнүн бири, а эми комиссары — мындай иштерди мыкты билген дилгир улуу жолдоштордун, комсомолдордун бири болуп калган. Иш советтеринин достору-консультанттары адатта улуулар-педагогдор, окуучулардын тууган-туушкандары, мектепти бүтүрүүчүлөр болушкан. Иштин ийгилиги ушундай кызматташтык менен аныкталган, анда ынгызарлык, кызыгуучулук, улуулардын билими менен шыгы башкы роль ойногон.

Бүт чейрек бою отрядда бир нече иш аткарылган, ар бир пионер жок дегенде бир советке мүчө болгон да (каалоосу боюнча!) бул ишти өз звеносунда, аны башкы аткаруучу катары уюштурган. Калган иштерде болсо башка советтерге кирген звенолош жолдошторуна баш ийген.

Бирок ар бир пионерди күндөлүк уюштуруучулук ишке тартуунун бул каражаты мыкты жактарына карабастан биздеги бирден бир каражат боло алмак эмес жана болгон да жок. Жалпы отряддык эң жооптуу туруктуу иштерди уюштурууну отряд совети өзүнө алган.

Уюштуруучулук иш-аракеттин чыгармачылык мүнөзү жетекчилердин балдардын ой-пикири менен күч-аракеттерине багыт бере турган проблемалуу суроо-милдеттерди

коё билгендиги менен аныктала тургандыгына да биздин көзүбүз жетти. Ишти уюштуруучу ким болушу керек экендиги жөнүндөгү маселе ушундай милдеттердин бири. Ушул жана ал өндүү башка маселелердин мааниси иштин натыйжаларын талкуулаган кезде пионерлерге өзгөчө айкын-ачык болуп калды. Алсак, биринчи жалпы сборлордо эле, белгиленген иштердин кээ бирлери эң оболу «убакыттын жетишсиздигинен» начар аткарылгандыгы айкындалды. Бул — пионерлер үчүн да, алардын улуу жолдоштору үчүн да — «качан иштөө керек» деген суроо накта техникалык, экинчи даражадагы суроо эмес, аны «эмне иштөө керек?» деген суроодон бөлүп таштоого болбойт дегендикке жаткан. Ошондуктан биздин пионерлерибиз планга карата сунуштарын даярдоодо өздөрү белгилеген иштердин ар бирөөнү кайсы убакта (чейректин башындабы, анын ортосундабы, же аягындабы, кайсы жумада, кайсы майрамга карата, жекшембидеби же кадыресе күндөбү ж. б. у. с.) өткөрүү жакшыраак экендиги жөнүндө ойлонууну тез эле (бирине бири эскертүү менен) үйрөнүп, көнүп кетишти.

Бул маселени чечүү менен балдар өз күчтөрүн туура бөлүштүрүшсө, аз эле убакыт ичинде көп нерселерди жасоого боло тургандыгын тез түшүнүштү. Чыны менен эле, эмне үчүн бардыгы бүткүл ишке жабыла киришүүгө, тийиш? Ушуга байланыштуу дагы бир суроо-маселе келип чыкты: сунуш этилип, пландалып жаткан иштердин ар бирине кимисинин катышканы жакшы? Эң эле татаал иштердин бир даарын бүтүндөй звенолору менен отряд аткарганы, бүткүл отряддары менен дружина аткарганы жакшы болор эле. Экинчилерин айрым звенолордун же отряддардын күчү менен жакшыраак даярдап, өткөрүүгө болот (тандоо боюнча). Үчүнчүлөрү — бардык звенолордон (отряддардан) чыккан ыктыярдуулардын (кызыгуусу боюнча) бирикмелеринин жана алардын улуу досторунун (мисалы, «куурчак театрынын спектакли» операциясы) күчү менен даярдалып, өткөрүлсө болот.

Кимисинин катышканы жакшы деген суроого жооптордун көп түрдүүлүгү, өз кезегинде тигил же бул ишке жетекчилик кылууну кимге ишенип берүү керек? деген маселени чыгармачылык менен чечүүгө жаны мүмкүндүктөрдү ачат. Эгерде отряддын же дружина советинин жалпы сборунда бул ишке бардык пионерлер катыша албастан, каалагандар гана катыша алышат деген пикирге келишсе, ошол эле сбордо ыктыярдуулардын чыгармачылык бирикмесинин жетекчиси: куурчак театрынын директору, жүрүш-

түн командири, жекшембиликтин бригадири жана б. у. с. шайланат.

Ойлонулган иштн ийгиликтүү жүзөгө ашыруу күндөлүк жетекчиликке байланыштуу экенине, уюштуруучуларды ойлонуштурбай шайлоо эң кызыктуу ойду да ойрондой тургандыгына пионерлер өз тажрыйбасында ишеништи. Ошондуктан ар бир ишке жетекчилик кылууну кимге — отряд (дружина) советине же ушул иштин атайын советине же звенолордун (отряддардын) бирине, же ыктыярдуулардын чыгармачылык бирикмесинин жетекчисине берген оңбу деген маселе бөтөнчө так, кең-кесири, ар тараптуу талкууланды.

Бирок, мындай суроо-маселелердин ичинен эң маанилүүсү, негизгиси, «эмне кылуу керек?» жана «ким үчүн иштөө керек?» деген суроолор болду. Калганы бардыгы — кимдин катышканы жакшы, качан жана кайсы жерде өткөрүү керек, жетекчилик кылууну кимге ишенип берүү керек — акыры келип иштин граждандык маанилүүлүгүнө ылайык аныкталат. Уюштуруучу-коллективчил болуу — айлана-чөйрөдөгү турмушка үңүлө кароо, андан өзүн жана жолдошторун менен бирге жакшырта ала турган, бири биринердин, жакындарынардын, бөлөктөрдүн кубанычы, пайдасы үчүн жасай турган иштн табуу, чыныгы керектүү (а демек, чынында кызыктуу) иштерди белгилөө дегендик болот. Дружина советинин сборуна (отряд сборуна) пионерлер өзүлөрү кызыктуу, конкреттүү материалды (салыштыруу, ой жүгүртүү, тандоо үчүн) канчалык көп алып келсе, жолугушууга даярдануда канчалык көбүрөөк көрүп, окуп, угуп келишсе коллективдүү пландаштыруу ошончолук үзүрлүү, ошончолук ийгиликтүү (демек ошончолук мыкты окутуп, үйрөтөт) болуп жатты. Ошондуктан пионерлерди иштерди турмуштун өзүнөн издеп табууга, башка коллективдердин тажрыйбасы менен таанышууга адамдар жөнүндөгү өздөрүнүн практикалык иштерин кыйла так, ийгиликтүү ойлонуштуруу үчүн улуулар менен кеңешүүгө үйрөтүүнү ого бетер күчөтүү керек эле.

ИШТЕРДИ ЖАНА ДОСТОРДУ ЧАЛГЫНДОО. Бирок буга ар бир пионерди кантип үйрөтүү керек? Буга жоопторду дисчилер эң сонун педагогдордун —20-жылдардагы вожатыйлардын, пионердик иштердин демилгечилери менен теоретиктери В. С. Ханчиндин жана В. Г. Яковлевдин эмгектеринен табышты. **Чалгындоо!** Коллективдүү уюштуруу иштеринин кереметтүү куралы ушул. Мугалимдеribиздин идеясын колдоого алып, ал боюнча көптөгөн жолугушууларды өткөрдүк. Пионердик чалгындоо жакшы-

бы же тимурдук чалгындоо дегенибиз оңбу? Бирок пионерлер чалгындоого өзүлөрүнүн улуу жолдоштору менен бирге барышат эмеспи. А, балким жалпы иш боюнча иштерди жана досторду чалгындоо десекчи? Анткени өзү кызыкканга башкаларды тартууга даяр турган жана тарта билген, аларга биргелешкен иште өз тажрыйбасын үйрөтө ала турган иш билги, дилгир адамдарды табуунун маанисин чоң эмеспи. Мындай чалгындоону кантип уюштуруу керек, анын тарбиялык мүмкүндүктөрүн канткенде эң ийгиликтүү айкындап, пайдалануу керек?

Чалгындоо эки этапта жүргүзүлдү. Алдын-ала жүргүзүлгөн биринчи этапта улуу пионер вожатый жана пионердик активдин мүчөлөрү өздөрүн жетекке алган ишканаңын, аскердик бөлүктүн комсомолдук уюмунун жетекчилери менен жолугушту, райондук комсомол комитетинин, райондук Советтин кызматкерлери менен жолугушушту, өздөрү шефке алган айылдык районго барышты, биздин өлкөбүздүн башка мектептеринин дружиналарынын советтери менен, бүткүл союздук курулуштардын комсомол уюмдары менен кат алышышты.

Ушул биргелешкен жүрүштөр жана рейддер граждандуулуктун, демилгенин, максатка умтулуучулуктун эң сонун мектеби болуп чыкты, мындай жүрүштөр менен рейддерде улуу вожатый тарбияланууучулары менен бирге жана алардын алдыңкы катарында «мамлекеттик маанидеги иштерди» жалпы иликтөө боюнча улуу жолдош катары аракет кылды. Байкоолордун, каттардын, макалалардын материалдарын, өзүлөрүнүн ой-пикирлерин жана сунуштарын активисттер бардык пионерлердин алдында ортого салышты. Андан кийин жапырт чалгындоого кезек жетти. Дружина советинин мүчөлөрү ар бир отрядга жана звеного маршрут тандоого жардам беришти жана алар менен чогуу кызыктуу жана пайдалуу иштерди, бул иштерге дилгирлерди иликтешти.

Дисчилер бара бара бир катар өркүндөтүүлөрдү киргизишти: коллективдүү пландаштыруу үчүн проблемалуу милдеттердин сериясын «Бул ишти ким менен өткөргөн мыктыраак?» деген суроо менен толукташты, алдын ала жүргүзүлгөн чалгындоонун натыйжалары менен класс жетекчилерин тааныштырышты (көп педагогдор коллективдүү уюштуруу ишмердигинин бул ыгын дароо колдоого алышты), иликтөөнүн мүмкүн болуучу маршруттарынын сунуш этилген тизмесин же картасын — Жаш пионерлердин законуна ылайык түзүштү жана дайыма толуктап турушту, кезектеги чалгындоону да пайдалана башташты.

Ар бир звенонун пионерлери кезектешип (үч күнгө же бир жумага) чалгынчылык кылып, мектепте, мектептен тышкаркы иштерге кечиктирилгис иштерди издеп табышты да шарт мүмкүндүк берсе бул иштерди өздөрү аткарышты («эки иштен бир иш» деп) же «Чалгындоо билдирет» деген атайын стендде «шашылыш кабарларды» жарыялашты.

«Куруучуларга биздин жардамыбыз керек! Курулуш аянтын акыр-чикирден арылтып, короону тазалоо керек».

«VI А классынын балдары чоң залдагы 40 отургуч жапкычты жуун беребиз дешти. Дагы ким алат? Ыктыярдууларды эртең чоң танаписте пионер комнатасынан күтөбүз».

«Пионерлер үйүндө октябряттар үчүн жаңы оюндардын үлгүлөрү жана оюнчуктар пайда болду...»

«321-мектепте жетинчи класстагылар комсомолдор менен бирдикте үгүт-насыят жүрүшүн өткөрүшөт. Бизди катышууга чакырып жатышат. Толук маалымат VII А классында...»

А эми мындай билдирүүлөр менен катар адатта чалгынчылар звеносунун алардын чакырыгына ким үн кошкондугу жана эмне иштелгендиги жөнүндөгү кыскача рапорттору илинчү.

Демилгечилер союзу иштеп чыккан пионер отряддарынын тажрыйба алмашуу үчүн жолугушуулары иштерди жана досторду чалгындоонун өзүнчө бир башка түрдүү формасы болуп калды, бул жолугушууларды биз достуктун кароолору деп атаган элек. Ар бир отряд (так айтканда отряд совети) белгилүү бир күнү калган отряддардан чакан делегацияны (2—3 киши) кабыл алып, аларга өз турмушу жөнүндө, жыл ичиндеги эң эле кызыктуу иштер жөнүндө айтып берүүчү, кийин жалпы отряддык сборлордо делегациялар өз отрядына өзүлөрү эмне укканды ктарын, жолдошторунун тажрыйбасынан келерки окуу жылында эмнелерди пайдалануу га боло тургандыгы жөнүндө... айтып беришчү.

БИРГЕ ЖАНА АЛДЫҢКЫ КАТАРДА БОЛУУ. Биздин отряддарыбыз менен дружиналарыбыздын уюштуруучулук иштеринин тажрыйбасын топтоп ойлонуштуруп чыккандыгыбызга жараша жалпы иштердин ийгилиги аларды тарбиялоочулардын иш-аракетинин мүнөзүнө көз карандылыгы улам айкын боло берди. Улуу пионер вожатыйы иликтөөгө катышкан ар бир пионер жөнүндө досторчо камкордук көрсөө: ар бир пионердин байкоолоруна жана ой-пикирлерине чын дилинен кызыкса; балдар чыныгы

керектүү иштерди издеп тапканына, барган адамдарына чындап камкордук көрүшкөнүнө кубанса; иш онунан чыкпай калганда ындыны өчпөй тамаша, кыял, кызыктуу ацгеме менен көңүл көтөрүп, өзү да иликтөөгө ынтызар жетекчи болсо гана курчап турган чөйрөгө карата граждандык мамиле жасоону чындап үйрөтө алган. Ошондо ар бир активист ой жүгүртө баштаган, курчап турган чөйрөгө үңүлүп караган, кантип жакшыраак жасоо керек экени жөнүндө да талашка чыккан, а эми эң башкысы — өз звеносун иликтөөгө көңүлдөнүп тартып; улуу вожатыйдын өзү звено жөнүндө кандай камкордук көрсө, жолдоштору жөнүндө ошондой камкордук көргөн.

Улуу вожатый жалпы иштин негизги катышуучусу катары аракет кылган, биргелешкен уюштуруу иш-аракетинде пионерлердин улуу жолдошунун ордун ээлеген. Дал ошондуктан пионерлердин өзүлөрүнүн ишмердиги да айланадагы адамдар жөнүндөгү чыгармачылык иштин мүнөзүн алган. Бирок тилекке каршы, башка жагдай да болгон. Чалгындоонун онунан чыкпай калган учурларын, тигил же бул пионерлердин шалаакылыктыгын талкуулап отуруп, биз кедергинин тамыры — вожатыйдын «көнүмүш» аракетинде деген тыянакка келгенбиз. Ал, а түгүл чалгындоого пионерлер жана комсомолдор менен бирге барганда да, иликтөөнү алар менен бирдикте жана алардын алдыңкы катарында жүргүзгөн эмес, ал өзү эчтеке издеген эмес жана ачкан эмес (Эмне издемек эле. Ал бардыгын мурда эле билет да), анын ордуна кайда баруу, эмне көрүү керектигин, ким менен жана эмне жөнүндө сүйлөшүү керектигин чечип, көрсөтмө берген, байкоо жүргүзгөн, контролдук кылган, кеңеш берген, мактаган же жемелеген, иштин аягында жыйынтык чыгарган, баа берген. Вожатый жалпы уюштуруучулук иштин ынтызар, тең укуктуу катышуучусу болгон эмес. Аның аракеттери даяр тажрыйбаны пионерлерге жана комсомолдорго жөнөкөй эле үйрөтүүнүн өзү болуп, жаңы шарттарда баягы эле жетектөө же а түгүл педагогикалык диктатордук мүнөздө өткөн. Ошондуктан балдар вожатыйдын эрк-каалоосун активдүү жана пассивдүү аткаруучулар катары аракет кылышкан: көңүлсүз ой жүгүртүшкөн (вожатый муну алардан талап кылганына жана демилгелүү эмессиңер деп жемелегендигине карабастан!), мындай чалгындоого жолдошторун тартууну каалашкан эмес, а эми кээ бирлери өзүлөрүнө жаккан жетекчинин — «башчынын» ролун ойноого киришкен.

Тарбиячы сбордо эмнени жана кантип иштөө керекти-

ги жөнүндөгү тизме менен (эмнени иштөө керек экенин — чыгармачылык менен колдонуу үчүн тандап алына турган тизмеси жок эле) келсе, эгерде ал пионерлердин сунуштарын колдобосо же өсүп-өрчүтпөсө, а кайра ал сунуштарды сынга алса жана четке кагып, өзүнүн сунуштары менен алмаштырса, же пионерлердин айткандарын («мейли сүйлөп алышсын») адегенде жол берип, анан өзүнүн, мурдатан түзүлгөн планын көтөрүп чыкса жалпы сборлордо да ушундай эле көрүнүш байкалган. Мындай педагогдордун коллективдүү уюштуруучулук ишке карата мамилесин момундай деп айтууга болот: «Коллективдүү пландаштыруубу? Чалгындообу? Жогорку орган катары жалпы сборбу? Ооба, бул эң жакшы. Бул эң керектүү. Бирок мындай иш-аракет пионерлердин өз иши эмеспи? Ошондуктан пландаштырууну да, иликтөөнү да, аткарылган иштерди талкуулоону өздөрү жүргүзө беришсин. Бул алардын өз алдынчалыгы. А эми педагогдор көрсөтмөлөр берүүгө, сүрөмөлөөгө, өздөрүнүн талаптарынын орундалышын текшерүүгө, ага жетишүүгө, шалаакыларын жемелөөгө, аракетчилдерин мактоого тийиш...»

Мындай «жетекчилик» ишкердик жалпы иштин, тарбиячылардын жана тарбияланууучулардын жалпы ишинин бир бөлүгү (негизгиси) болбостон, мурдагыдай эле тарбияланууучуларды жетектөө мүнөзүн ээлеген. «Коллективдүү уюштуруучулук иш» тарбиячылардын жана балдардын улуу жана кичүү жолдоштор катары биримдүү коллективи эмес, тарбияланууучулардын коллективинин уюштуруучулук ишкердиги катары түшүнүлүп курулган. Өзүлөрүн өзү башкарууну жана педагогикалык жетекчиликти алар: окуучулар өз ишин башкарышат, а эми педагогдор окуучуларды башкарышат деп бир тараптуу түшүнүшкөн.

Биздин тажрыйбабыз көрсөткөндөй, тарбияланууучулардын ишине эффективдүү педагогикалык жетекчилик «сыртта», «жогортодон» багытталбайт: ал жалпы иштин, эң оболу тарбияланууучулар менен алардын улуу жолдошторунун уюштуруучулук ишинин өзөгү. Бул иш кандайча жүзөгө ашырылат? Биргелешкен коллективдүү уюштуруучулук ишкердиктин бардык үч звеносун: пландаштырууну, күндөлүк уюштуруучулук иш-аракетти, иштелгендерди талкуулоону жана баалоону ичине алган анын конкреттүү методикасына эмне кирет?

Коллективдүү пландаштыруу:

жалпы сбор (жалпы чогулуш, делегаттардын слету) — «старт», анда жалпы иштин же турмуштун бүтүндөй бир мезгилинин планы түзүлөт (эмнени жана ким үчүн жасай-

быз? Качан? Кайсы жерде? Кимдин катышканы жакшы? Ким менен чогуу жасоо керек? Жетектөөчү ким болот? деген сыяктуу суроо-милдеттердин жардамы аркылуу);

план боюнча мыкты сунуштарга, иштердин мыкты долбооруна конкурс;

сунуштардын анкетасы (Сен эмне жасоону каалар элең? Ким үчүн? Жана б. у. с.);

иштерди жана досторду чалгындоо — алдын-ала жана жапырт өткөрүлүүчү (мисалы, «Класс», «Китепкана», «Бөбөктөр», «Микрорайон», «Өз жаратылышыбыз», «Алыскы достор» сыяктуу маршруттар боюнча);

планга карата сунуштар киргизген «чагылгандар» (талкуулоо үчүн).

Кезектеги уюштуруучулук ишкердик:

отряд, дружина советтеринин, класстын ВЛКСМ бюросунун иши;

иш советтеринин (бардык баштапкы коллективдердин жана иш досторунун ичинен) жумушу;

ыктыярдуулардын курама бирикмелеринин командирлеринин иши;

иштерди жана досторду кезектеги чалгындоо;

класс коллективдеринин жалпы иштердин планынын аткарылышын контролдоо боюнча отряддын дежурныйы катары иши (кезек боюнча);

коллективдин советинин (мисалы, дружина советинин жана комсомолдордун) биргелешип эпкиндүү иштөө, жеке тажрыйбага карап окуу үчүн артта калган класс коллективдерине десанты;

пландын орундалышынын жүрүшүнө арналган «чагылган», дубал, радио, фото, түстүү, «жандуу» газеталар;

«тревога боюнча» жалпы сбор (жалпы чогулуш), анда күн ичиндеги турмуштун шашылыш маселелери талкууланат;

ишти өз ара контролдоо, ага баа берүү, тажрыйба алмашуу үчүн класстар жана мектептер ортосундагы достук кароолор;

чыгармачылык тапшырмаларды чакан коллективдерге ооштуруп туруу, ал коллективдердин ар бири кезек боюнча, бир же эки жума бою, өз классы жана курчап турган турмуш жөнүндөгү күн сайынкы түйшүгүнүн түрлөрүнүн бирин («класстын кожоюну», же «вахтада туруучулар», «китеп достору», «ойлоп табуучулар», «газетачылар»— дубал газетасын чыгарууну, «физоргдор», «гүл өстүрүүчүлөр» же «жаратылыштын достору» «журналисттер»— оозеки журнал чыгарууну, «акылмандар» же «такшалган-

дар»— баш катырма чыгарууну же викторина өткөрүүнү жана б. у. с.) уюштурат же ишке ашырат.

Ишке ашкандарды коллективдүү талкуулоо жана ага баа берүү:

жалпы сбор (жалпы чогулуш)— «очок боюнда», анда (адегенде баштапкы коллективдер боюнча, анан биргелешип) иштерди өткөрүүнүн же турмуштун бир мезгилинин жыйынтыгы талкууланат (биз эмнелерге жетиштик жана эмне үчүн? Эмнелер аткарылбай калды жана эмне үчүн? Келечекке кандай сабактарды алабыз деген типтеги суроо-милдеттер боюнча);

баа берүү анкеталары (Эмне баарынан көбүрөөк жакты? Эмне үчүн? Эмнеге үйрөндүк? Өзүн эмнеге үйрөндүң жана кимди үйрөттүң? жана б. у. с.);,

иштелгендердин жыйынтыгына арналган «чагылган», дубал, радио, фото, түстүү, «жандуу» газеталар,

чыгармачылык рапорттор берилүүчү линейкалар;

жалпы сбор (жалпы чогулуш, дружина слету), анын ичинде отчеттук кайра шайлоо чогулушу, анда адегенде баштапкы коллективдер (же класстар) боюнча, анан кийин биргелешип өткөн мезгилдеги турмуштун жыйынтыгы талкууланат жана жаңы мезгилге иштердин планы түзүлөт.

Ошентип, А. С. Макаренконун жана анын соратниктеринин педагогикалык мурасына толук таяныч жасаган биздин тажрыйбабызда коллективдүү уюштуруучулук иштердин азыркы кездеги методикасы түзүлгөн. Коллективисттерди кантип тарбиялоо керек деген сурооого жооп кыйла конкреттүү жана толук болуп калды. Бирок жаңы терендиктер ачылып, дагы көп нерселерди табуу жагы алдыда турду.

КОМСОМОЛДОР ЖАНА ПИОНЕРЛЕР: ЖЕТЕКТӨӨ ОРДУНА — КЫЗМАТТАШТЫК

...Үй-бүлөгө көбүрөөк окшошуп кеткен коллектив тарбиялык жагынан эң пайдалуу коллектив болот. Анда кичинекейлер жөнүндө камкордук кылып, улууларды сыйлоо, эң мыкты жолдоштук орун алат.

А. С. Макаренко

ЖОЛДОШТУКТУН ЖАҢЫ ГОРИЗОНТТОРУ. Жалпы мектептик коллективди түзүп ынтымакташтыруу жолдору жөнүндө ойлонуштуруу менен биз көп мектептерде эчак эле жолго коюлган комсомолдордун пионерлерди шефке алышы сыяктуу ишине кайрылдык. Бул иштин формасы ар түрдүү: комсомолдор саясий информацияларды өткөрүшөт жана сабакка жетишпей калгандар менен иш алып барышат, өзүлөрүнүн шефке алган класстарын жасалгалоого жардам беришет жана б. у. с. Бирок бул иш жогорку класстардын өзүлөрүнө эмне пайда берет?

Бул жагынан алар менен болгон ачык-айрым сүйлөшүүлөрдө дээрлик бардык (кээ бирлерин кошпогондо) шеф балдар жана көп шеф кыздардын көбү «бөбөктөр менен алпурушканды» жакшы көрүшпөгөндүгү, муну «керектиги», «тапшырышкандыгы», «класс жетекчиси талап кылгандыгы», «чогулушта иштебей жаткандарды урушкандыгы» жана б. у. с. үчүн гана жасашкандыгы айкындалды. Класс жетекчилери, өз кезегинде мындай деп белгилешти, жыл өткөн сайын шефке алууну камсыз кылуу кыйыныраак болуп баратат, эгерде сегизинчи класстагылар комсомолго өтүп жатып, пионерлер менен иштөөгө көңүлдөнүп киришишсе, а эми IX жана өзгөчө X класста аз гана окуучулар шеф болуп калышат. Жогорку класстагылардын шефтик активдүүлүгүнүн мындай деми суун баратканынын себеби эмнеде? Комсомол-шефтер шефке алынган пионерлерге эмне үчүн келишкен? Эң оболу жана баарынан көбүрөөк алар менен «тарбиялык иш чараларын» жүргүзүү үчүн, б. а. аларга даяр тажрыйбаны (билимди, шыкты, көнүгүүнү) берүү, аларга белгилүү тарбиялык талаптарды ачык-айкын коюу жана алардын аткарылышына жетишүү үчүн келишкен. А эми пионерлердин шефке алынгандар катары милдети эмне болгон? Берилип жаткан тажрыйбаны өздөштүрүү, комсомолдордун сунуш-талаптарын орундатуу болгон. Эгерде ошол учурда пионердик класстын көпчүлүк турмушу класс жетекчисинин пионерлерге пе-

дагогикалык ашыкча жетектөөсүнө негизделсе, шефтерге «аңшын» тарбияланууучулары менен эмнени иштөө жана кандай иштөө керектигин (өзүнүн тарбиялык ишине жараша кандай ангемелерди жана кантип өткөрүү керек, сабакка жетишпегендердин ичинен кимиси менен иштөө керек экенин) дал ошол класс жетекчиси аныктап, шефтерден өзүнүн көрсөтмөлөрүнүн аткарылышын талап кылган. Мындай учурларда комсомолдордун пионерлерге ачык-айкын тарбиялык таасирлери пионерлердин класс жетекчиси тарабынан шефке алынгандарды (жана шефтердин өзүлөрүн) алпештөөнү толуктаган жана күчөткөн.

Мына ошентип, шеф болуп калгандан кийин, комсомолдор мугалимдин кадыресе жардамчыларына айланышат, а эми пионерлер эми класс жетекчисинин эле эмес, ошондой эле жогорку класстардын окуучуларынын тарбияланууучуларынын ордун ээлешет.

Албетте, пионерлер кошумча билимдерге, шыктарга, көнүгүүлөргө ээ болушкан, окуу ишиндеги мүчүлүш жерлерин толукташкан, а эми комсомолдор тажрыйба үйрөтүү менен аны өздөрү да жакшы өздөштүрүп, андан түшүнүшкөн. Бирок ошол эле убакта пионерлерде даяр нерселерди алууга, башкалар ойлоп чыгаргандарды жана тапкандарды орундатууга кынык алууга бекемделген («Эмне үчүн муну иштеген жоксуңар?»— «Бизге шефтер айткан эмес...» же «Бизге шефтер эми сейрек келише турган болду» жана б. у. с.), а комсомолдор бул иште жаңы тажрыйбага ээ болушкан эмес («Биз эмнени үйрөнсөк, ошолорду жасап жатабыз»).

Дал ошондуктан комсомолдордун арасында да, пионерлердин арасында да шефке алууга карата ар түрдүү мамиле келип чыгып, күч алган. Жогорку класстагылардын бир даарлары башкаларды тарбиялоого, үйрөтүүгө шыктуу келип (муну балдар «бөбөктөр менен алпурушуу», «командалык кылуу» деп таамай аныкташат) отряд вожатыйлары жана шефтер болуп чын көңүлдөн иштешкен. Башкаларды окутууга көнүкпөгөндөрү, ачыктан-ачык окутуп чокутканды жактырбагандар шефке алынган класстын жетекчисинин айдоосу астында мындай ишти иштегиси келишкен эмес, же шефтик иштен тышкары таптакыр баш тартышкан, же анда-санда катышып, мүмкүндүк боло калганда эле бул милдеттен кутулууга шашып турушкан.

Пионерлер да өз турмушунун күн тартибине көнүп, шефтерге баш ийгендерге жана ачыктан-ачык зордукка каршылык көрсөтүшүп, ошондуктан коомдук турмушка катышпагандарга бөлүнүшкөн.

Демек, шефке алуудагы кемчиликтерди жоюу үчүн улуу жана кенже мектеп окуучуларынын мамилелеринин мүнөзүн өзгөртүп, жетектөөнүн ордуна пионерлерди жана алардын жетекчи-комсомолдорунун чыгармачылык ынтымакташтыгын өнүктүрүү керек эле. Эң оболу улуу-кичүүнү бирдей кызыктырган жалпы иште табуу керек эле. Комсомолдук-пионердик эмгек мелдешин уюштуруу мына ушундайча келип чыккан.

Март айынын ортосунда 193-мектептин V А классынын пионер отрядынын жана алардын улуу досторунун шашылыш сборунда отряд вожатыйы ВЛКСМ комитети, окуучулар комитети жана пионер дружинасынын совети 1) келечектеги биринчи класстагылар үчүн «кассалар», куурчактар жана эсептөөгө керектүү материал даярдоону; 2) география кабинети үчүн «Түндүк уюл» калкыма станциясынын макетин жасоону; 3) канаттуулардын күнүнө карата Тайцы поселогундагы совхозго белекке берүү үчүн кара чыйырчыктардын уясын көбүрөөк даярдоону тапшырат деп билдирген. «Бул оюнчук эмес, эң олуттуу коомдук мааниси бар иш. Эмесе, аны кантип жакшыраак орундатуу жагын биргелешип чечели». Укмуштуудай уу-дуу чыкты... Ошондо улуулар адегенде ойлонуштурууну, звенолордо улуу жолдоштор комсомолдор менен чогулуп кеңешип көрүүнү, ошондон кийин ар бир звено өз пикирин ортого салышын сунуш этишти. «Өз звеноңорго комсомолдорду чакыргыла...» Ошентип анан бардык тараптан кубанычтуу үндөр чыкты: «Жүрү биз менен, Лида! Эдик, жүр бизге!...» Сегизинчи класстагылар биринчи жолу пионерлерге «өздөрү барышкан жок», кайра уялып тартынган бирок ыраазы болгон аларды пионерлер звенолорго бөлүп ээрчитип кетишти.

10 мүнөт өттү, биринчи звено класста: тигүү, макет жана жыгач уста кружокторун уюштурууну сунуш кылышты. «А биз бул кружокторду жетектейбиз» деп кошумчалады сегизинчи класстын кызы Лариса. Экинчи звенонун өкүлдөрү буга макул болушуп, мындай деп кошумчалашты: «Бул биздин фабрика болсун, «Лениндик искраларда» жазылгандай...» Үчүнчү звено кружоктордо иштебестен, кайра звенолор боюнча иштөөнү сунуш этишти. Талаш келип чыкты. «Эгерде звенолор боюнча иштесек:— дешти биринчи звенонун балдары,— демек, бирдаарлары— кассаларды, экинчи бирлери — макет, а эми үчүнчүлөрү— кара чыйырчыктын уясын жасашат. Биз болсо, мисалы, кара чыйырчыктын уясын жасайбыз, а биздин кыздар тигүү ишин талап кылып жатышат. Андан көрө кружоктор

боюнча иштегенибиз он, ким эмнени кааласа, ал ошону иштей берсин». Бирок башка звенолордун кыздары каршы чыгышты: «Биз болсо, балким, тигүүнү эле эмес, кара чыйырчыктын уясын да жасагыбыз келип жаткандыр» — «Биз дагы ошентебиз!...» — «Анда эмне балдарга да бирдеме тигиш керекпи?»

Бара бара жалпы пикир түзүлдү: негизинен үчүнчү звенонун сунушу кабыл алынды, бирок көптөрүнө жаккан фабрика жөнүндөгү пикир пайдаланылды. Ырас, бардыгы бизде жөн эле фабрика эмес, кайра бүтүндөй бир «Достук» комбинаты пайда болот деген пикирди бир добуштан жакташты.

Кийинки күнү, чоң танапистин учурунда, V Б классына делегаттар «Достук» комбинатында биргелешип иштөөнү сунуш кылууга жана мелдешке чакырууга жетип келишти. Класс жетекчилери да кепешишти. А эми сабактан кийин VIII Б классынын комсомолдук тобу чогулуп, өздөрү шефке алган отряддын звенолорунун ишин жетектөөнү чечишти.

Бир нече күнү бою мектептин директорунун кабинетинде да, комсомол комитетинде да, пионер комнатасында да кызуу иш жүрүп жатты. Натыйжада бешинчи класстардын пионердик отряддары менен алардын жетекчилеринин — сегизинчи класстын окуучуларынын эмгектик мелдешинин конкреттүү программасы түзүлдү.

Мелдеш үч этапты караштырган: 24-марттан тартып 1-апрелге чейин (каникулда); 1-апрелден 15-апрелге жана 15-апрелден тартып 30-апрелге чейин. «Достук» пионердик комбинатында жыгач усталык, макет жана тигүү цехи ачылган. Ар бир цехте бардык звенолор кезектешип, жумасына 2 жолудан иштешкен. Мисалы, эки отряддын биринчи звенолору *биринчи* этапта макет цехтеринде «Түндүк уюл» калкыма станцияларынын макетин курушуп жана бири бири менен мелдешип иштешкен; экинчи звенолор ошол эле убакта тигүү цехтеринде болочок биринчи класстагылар үчүн кассалар даярдашкан, а эми үчүнчү звенолор жыгач усталык цехтеринде кара чыйырчыктын уяларын жасашкан.

Экинчи этапта биринчи звенолор жыгач устачылык цехтерине өтүшүп, келечектеги биринчи класстагыларга эсеп үчүн фанерадан «алмалар» даярдашкан; экинчи звенолор макет цехтериндеги ишти улантып, макеттердин үстүндө иштөөнү улантышкан, а эми үчүнчү звенолор тигүү цехтеринде «кассаларды» тигүүнү улантышкан, эң акырында, *үчүнчү* этапта биринчи звенолор тигүү цехте-

рине туш болушуп, «Иван дыйкандын уулу» деген пьесаны коюу үчүн биринчи класстагыларга куурчактарды белекке даярдашкан; экинчи звенолор жыгач устачылык цехтеринде «алмаларды» жасашкан, а эми үчүнчү звенолор макеттер жасоону аякташкан.

Бул мелдештеги эң башкы нерсе — мектеп жөнүндө жана шефке алынган совхоз жөнүндө камкордук көрүү максаты болгон. Ар бир пионердин жалпы ишке кошкон салымын эсепке алууга жана баа берүүгө зор көңүл бурулган. Желбиреген кызыл байрагы бар «достук чокусу» тартылган кооз панорамада V А жана V Б класстарынын отряддары чокуну көздөй басып өткөн жолу белгиленген. Ар бир иш күнүнөн кийин клеткалар отряддар бардык үч цехте алышкан баллдарынын санына ылайык боёлгон. Эсепке алуу төмөндөгүдөй түрдө жүргүзүлгөн: бир пионердин бир ишке катышкандыгы үчүн звеного жана отрядга бир балл берилген, ар бир даяр буюм белгилүү сандагы балл менен бааланган, ошол эле учурда баллдардын минимуму жана максимуму күн мурдатан аныкталган, а эми акыркы баа комбинаттын советинин заседаниесинде добуш берүү менен сапатына жараша чечилген.

Ар бир этап аяктаары менен комбинаттын советинин заседаниесинде жыйынтык чыгарылган жана өтмө желекче алган отряд аныкталган. Бардык алты звено ээлеген орундар бөлүштүрүлгөн, ошол эле учурда мыкты звеного ардактуу өтмө желекче да тапшырылган. Бардык жыйынтыктар эки отряддын линейкасында билдирилген, а эми бүт мелдештин жыйынтыгын чыгаруу жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо 1-Май майрамынын алдында дружинанын пионердик линейкасында мугалимдердин, ата-энелердин жана жогорку класстын окуучуларынын катышуусу менен жүргүзүлгөн.

Комбинат ачылганга чейин эле VIII В жана VIII Б класстарынын комсомолдук топторунун чогулуштарында комсомолдор цехтер боюнча бөлүнүшүп, ким начальник жана ким анын орун басарлары, а эми ким мастер боло турганын чечишкен. V Б классынын пионердик отрядынын цехтерине V Б классынын комсомолдору жетекчилик жүргүзүшөт. Кыздар тигүү цехтеринде, балдар макет жана жыгач устачылык цехтеринде иштегилери келишет. ВЛКСМ комитети комбинаттын директорунун жана башкы инженерлеринин кызматына онунчу класстын окуучуларын бөлүп, аларды комбинаттын советинин жетекчилери кылып бекитет, советке ошондой эле цехтердин начальниктери жана алардын орун басарлары киришкен.

Педагогдор (улуу пионер вожатыйы, класс жетекчилери, эмгек жана сүрөт мугалимдери жана ушул саптардын автору) комбинаттын советинин составына консультанттар катары киришкен.

Биринчи этап бүткөн кезде, салтанаттуу кырдаалда бардык алты цехтин начальниктери менен мастерлери педагогдордун катышуусу менен алгачкы жыйынтыктарды чыгарышкан: V А классынын пионерлери даярдашкан кара чыйырчыктын уялары жана кассалар V Б классынын пионерлеринин буюмдарынан сапаты боюнча алда канча артта калган.

Мелдештин биринчи этабынын жыйынтыктары кызуу талаштарды пайда кылды. «Жеңилгендер» жогорку класстагыларга жүйөөлүү дооматтарды коюшту: алар көндүм боюнча кенже класстагыларды өтө тескеп, алардын демилгесин колдоого алышкан жок, негизги ишти өзүлөрү жасаганды туура көрүштү дешти. «Силер үйрөтпөй эле башкарасыңар. Биз деле ишти кандайча жакшыраак жасоону каалап ойлонуштура алабыз».

Ошентип мелдештин экинчи этабында V А классынын бардык цехтеринен пионерлер буюмдардын эскиздерин коллективдүү талкуулашып, мыктыларын тандап жаткандыгын көрүүгө болот эле. Тигүү цехинде да, макет цехинде да буюмдардын бир нече варианттары пайда болуп, буюмдардын ар биринин авторлору жана жактоочулар анчалык чоң эмес бригадага өздөрү эле биригип кетишти. Бул варианттарды талкуулоого балдарга жардам берүү үчүн чакырылып келген ата-энелер да катышты. Ар бир бригада өз вариантын орундатып, иштөөнүн өзүлөрү тапкан ыгын колдонушту. Кимдики мыкты болуп чыгат? Ошентип, макет цехтеринде кичине авторлор коллективдери (ар бири 3—4 комсомол жана пионерлерден) бири бири менен мелдешке чыгышты: кимдин уюлчуларынын фигуралары мыкты да, ылдам да жасалат? Эгерде үйлөр же вертолеттор курулганда, сегизинчи класстагылар адатта иштин эң кыйынын аткарышкан — дилдиректин калакчаларын жылмалашкан же каркас даярдашкан, бешинчи класстагылар вертолеттордун фюзеляждарын жана үйлөрдүн пайдубалдарын жасашкан жана б. у. с. Макеттерди биргелешип чогуу иштешкен. Бригадалар өз буюмдарын дайыма салыштырып көрүшүп, ондоолорду киргизишип, аларды кантип мыктыраак жасоо керек экенин талкуулап турушкан. Ошол эле убакта жыгач усталар цехинде (иштин ар кыл ыктарын бир нече жолу байкап көргөндөн кийин) комсомолдор пионерлердин белсемдүү катышуусу

менен ойлоп тапкан конвейер иштей баштады. Бул өндүрүштүк процессти алар төрт баскычка бөлүшкөн: контурду фанерада өлчөп белгилөө, лобзик менен кесип алуу, кырма кагаз менен тазалоо, түстүү карандаш менен боёо. Ар бир занятиеде пионерлер жана сегизинчи класстагылар конвейерде орундарын алмашышып, ар түрдүү иштерге көнүгүшкөн.

Коллективдүү иште мектеп окуучулары өз ара жардамдашууга, ишке чыгармачылык, жоопкердик менен мамиле кылууга үйрөнүштү. Комбинаттын сбор-занятиелеринде пионерлердин, комсомолдордун жана улуулардын ортосундагы жолдоштук кырдаалында педагогдордун мектеп окуучуларына кыйыр тарбиялык таасири жүзөгө ашырылган. Ал таасир ачык-айкын тарбиялык таасир менен да: биринчи май майрамы жөнүндөгү, совет адамдарынын социалисттик мелдеши жөнүндөгү ацгемелер; Арктика музейине экскурсиялар: эмгек жана сүрөт мугалимдери өткөрүшкөн атайын кружоктук занятиелер менен; өзгөчө эмгек жана карым-катыш маданиятына жатуучу ачык-айкын талаптарды коюу; аларды түшүндүрүү, аларды аткарууга түртүү берүү жана үйрөтүү жана б. у. с. менен бекемделген. Комбинаттын ишинин ийгиликтери жөнүндөгү жалпы максатта улуулардын ачык-айкын тарбиялык таасирлери сегизинчи класстагылар колдоого алынып, алардын өзүлөрүнө карата да, пионерлерге карата да жеке талаптарына айланган.

Комсомолдордун жана пионерлердин жалпы чыгармачылык ишкердиги башка класс коллективдерин да кызыктырган. «Достук» комбинаты жалпы мектептик комбинат болуп калган. Мектептик комсомол уюмунун жана пионер дружинасынын көп балдар катышкан делегациясы Гатчинск районундагы Таицк орто мектебинин окуучуларына мейманга барып, биринчи класстагылар үчүн «массаларды», куурчактарды жана эсептөө материалын тартууга беришкен, Кара чыйырчыктын уяларын ошол жердеги совхоздун аймагына илишкен. Райондук пионердик слетто «Түндүк уюл» калкыма станциянын макеттеринин бири слеттун ардактуу мейманына — даңктуу уюл изилдөөчү А. Ф. Терешниковго тапшырылган болучу...

Эмгектик комсомолдук-пионердик мелдеш пионерлер менен комсомолдордун достугун өсүп-өрчүтүүдө жаңы мүмкүндүктөрдү ачкан. Ошол эле убакта дисчилер шайлануучу пионердик активди жана пионерлер менен иштөө үчүн жоопкер комсомолдорду баш коштуруу үчүн өзгөчө көп күч жана убакыт жумшашкан. Сөз жүзүндөгү баш

коштурууга эмес, кайра иштерди жана досторду алдынала (бириктирилген пионердик жана комсомолдук актив менен) чалгындоо; бүт мектепти кубантып, пайдалуу келген сюрпризде (оюн аянтчасын түзүү, «Алтын жомок» операциясы, күзгү жалбырактардын гүлчамбарлары менен мектепке кире бериш жерди, вестибюлду, дем алыш орундарын, мугалимдер бөлмөсүн кооздоо, «жандуу» газетанын жана ага «бардык деңгээлдердеги» сөздөрдү камдоо); дружина советинин жана комсомолдордун «кайдыгер» пионердик отряддарга аскердик оюндарды жана көңүлдүү спартакиадаларды, «убакыт ракетасына түшүп саякатка чыгууну» же бөбөктөр үчүн спектаклди биргелешип пландоо, даярдоо, өткөрүү жана талкуулоо үчүн десант жасоолору; айылдык мектепке достук рейд же кышкы жана жазгы каникулдарда үгүт-насият жүрүштөрүнө чыгуу жана б. у. с. жалпы чыгармачылык иштерге көп күч жана убакыт жумшашкан. Пионерлердин, комсомолдордун жана алардын улуу жолдошторунун мына ушул ар түрдүүчө жалпы иштеринде маанилүү эки милдет: бир жагынан алганда шайлануучу пионер активин комсомолдор менен бирдикте жалпы чыгармачылык ишке белсемдүү катышууга, бул ишке жетекчилик кылуу боюнча комсомолдордун кенже жолдошторунан болууга үйрөтүү жана экинчи жагынан алганда, комсомолдорду шайлануучу пионердик актив менен бирге чогуу аракет кылууга, коллективдүү уюштуруучулук жана практикалык ишке пионерлердин улуу жолдоштору болууга үйрөтүү милдети (бириктирилип!) чечилген. «Шефтер» пионерлердин жалпы «мамлекеттик маанилүү иштер» боюнча улуу жолдоштору на, «шефке алынгандар» — коомдук ишти аткаруучуларга, чебер уюштуруучуларга айланган.

ДИСтин мүчөлөрүнүн кызматташтыгынын күч алышы, алардын коллективдеринин жалпы иштерин да турмушка чакырган. Дружина советтеринин жолугушуулары, улуу пионер отряддарынын «достук кароолору» башталган, ар башка мектептердин комсомолдору менен пионерлеринин достугу келип чыккан. Ал жөнүндөгү ой-пикир иштерди жана досторду чалгындоолордун биринин маанилүү натыйжаларын талкуулаган кезде демилгечилер союзунда пайда болгон.

Бул чалгындоонун убагында 193-мектептин сегизинчи классынын окуучулары улуу достору менен бирге чогуу Ленинграддагы А. А. Жданов атындагы Пионерлер үйүнүн жер тааануу жана туризм боюнча бөлүмүндө болушту. Алар СССР илимдер академиясынын комплекстүү экспе-

дициясына катыша алуу мүмкүндүгү жөнүндө билишет, бул экспедициянын максаты. Муз кыргынынын — Александр Невскийдин жоокерлеринин тевтондук рыцарь-дөбөттөрүн талкалаган жерди так аныктоо болгон. Бизди тосуп алган жана өз иши жөнүндө кенен-кесири айтып берген экспедициянын жетекчисинин жоромолуна караганда, Александр Невский Новгородго баруучу жолду тороп чыккан. Бул божомолду текшерип көрүү үчүн Новгород жеринен Чуд көлүнө карай кургактагы жана суу жолдорун тактап чыгуу керек болучу. Ушул изилдөө милдетинин бир бөлүгүн аткаруу жагы бизге сунуш этилген эле.

Ошол эле күндөрү 157-мектептин жетинчи класстагыларынын бир тобу жана алардын улуу жолдоштору Ленинграддын пионер газетасында болушуп, газетанын эң карыя кызматкери, кызыл из кубарлардын кыймылынын демилгечиси А. Л. Мойжес менен таанышышып, Улуу Ата Мекендик согуштун жылдарында партизандык отряддардын биринде салгылашкан баатыр-пионер Юта Бондаревская жөнүндөгү ачгемесине кызыгып калышты. Бул чалгындоо иши, А. Л. Мойжестин кенеши боюнча, Ленинграддын Тарых музейинде улантылган болучу, ал жерде дирекция бизге отряддын салгылашкан жерлери боюнча жүрүш өткөрүүгө жана отряддын күжүрмөн аракеттери жөнүндө материал чогултууга сунуш кылды.

Бул чалгындоолордун натыйжалары сакталып келаткан салт боюнча 193-мектептин ВЛКСМ комитетинин кеңири заседаниесинде жана 157-мектептин пионердик активинин сборунда, андан кийин VIII А классынын ачык комсомолдук чогулушунда жана VII Б классынын дайыма өткөрүлүүчү жалпы сборунда ортого салынган болучу. Жүрүш-экспедиция 193-мектептин комсомол уюмунун жана 157-мектептин пионер дружинасынын эң эле маанилүү иштеринин бири деп табылган, бул иш сегизинчи класстагы комсомолдорго жана VII Б классынын пионерлерине ишенилип берилген.

Ошол учурда мындай деп чечилген эле: экспедициянын алгачкы 10 күнүндө сегизинчи класстагылар Илимдер академиясы үчүн иштейт (ушул саптардын автору жана 193-мектептин педагогу А. Н. Позднякова менен бирге), а эми андан кийин, Лугага келишип, 157-мектептин отряды (улуу пионер вожатыйы Г. А. Колесова башчылык кылган) менен жолугушуп, партизандык отряд салгылашкан жерлер боюнча он эки күндүк жүрүштү биргелешип уюштурушат.

ТУРМУШ МЕНЕН ТАРБИЯНЫН АЙКАЛЫШЫ. Жү-

рүш-экспедицияны кантип мыктыраак уюштуруу керек экенин ойлонуштуруп, уюштуруучулар үчүн көнүмүш адатка түшпөйбүз: биздин тарбияланууучуларыбыз үчүн жүрүштүн так план-графигин, керектүү шайман-жабдыктардын жана башка жолдомолордун тизмесин, эртең мененки, түшкү жана кечки тамактардын «менюсун» түзбөйбүз, милдеттерди (тапшырмаларды) белгилөөнү жана аларды бөлүштүрүүнү комсомолдор менен пионерлер үчүн чечпейбиз деген жыйынтыкка келдик. Албетте, биз мунун бардыгын өзүбүз даярдай алмакпыз, бирок анда ишти коллективдүү уюштуруунун салты бузулат.

Биздин тарбияланууучуларыбыз Пионерлер двореци, «Ленинские искры» редакциясы жана Ленинграддын Тарых музейи сунуш кылган адабияттар менен таанышып чыккандан кийин, жүрүш-экспедициянын жетекчилеринин эки класста тең старттык аңгемелешүүлөрдү өткөрүштү. Биз жүрүш-экспедициянын милдеттери жөнүндө окуучуларды эскертип, картадан иш жүргүзүлүүчү аймактарды көрсөттүк жана ойлонуп көрүү үчүн: кайсы маршрутту тандап алган жакшыраак жана кайсы жерден өргүү керек? Кандай аракеттенүү керек — «мектептик» бригадалар (звенолор) мененби же жаңы, атайын түзүлгөн командалар мененби? Кандай милдеттерди белгилөө керек жана аларды кантип бөлүштүрүү керек? деген суроолорду алдыга койдук.

VIII А классында бул суроолорго жоопторду бир нече күндүн ичинде бригадалар боюнча, VII Б классында — пионердик звенолор боюнча даярдашты. Бул күндөрдө балдар танапис сайын Ленинград областынын ага канатташ жаткан Новгород жана Псков жерлери кошо камтыган картасынын жанынан чыкпай жүрүштү, мектепте да, үйдө да бригада же звено боюнча достордун башы кошулду дегиче сүйлөшүп бүтө албай жатышты. VIII А классынын комсомолдук чогулушунда, кийин ушул класстын окуучуларынын жана VII Б классынын пионерлеринин бириктирилген сборунда дээрлик бардык балдар карта жанындагы талаштарда кийинки ойлорун айтышты: ар күн сайынкы жүрүштүн так чектерин азырынча белгилебей, тескерисинче баштапкы жана акыркы пункттарды гана белгилөө керек, анткени «биз байыркы новгороддуктардын, андан кийин партизандардын аракет кылган жерлеринин издерин иликтемекчибиз, а эми бул издер бизди таптакыр башка орундарга алып барып калышы мүмкүн». Мындан тышкары кайсы жерде өргүүбүздү бул жерде, Ленинградда отуруп чечүүгө болбойт, анткени эң кызыктуу материал

тапкан жерде токтоп эс алышыбыз керек, а эми бул кайсы жерде болоорун азырынча билбейбиз.

Тарбияланууучуларыбыздын сунушун макул көрүүгө туура келди. Экспедициянын биринчи бөлүгүн Оредеж станциясында 10-июнда, ушул наамдагы дарыянын төмөнкү агымынан тартып Луга дарыясынын жогорку агымына карай баштайбыз. 20-июнда Луга шаарында жетинчи класстагылардын отряды менен биригип Плюсса станциясына чейин жетебиз жана ал жерден Лышница кыштагы аркылуу Ляды — Волошова — Серебрянка станциясы багытын көздөй жөнөйбүз, ал жерде жүрүштү 2 же 3-июлда аяктайбыз деп макулдаштык.

Жүрүштөр үчүн командаларды кантип түзүүнү талкуулоонун жыйынтыктары да кызыктуу болуп чыкты. Бригадаларды жана звенолорду сактап калуу жөнүндөгү сунушту (а эми бул класстарда звенолор же бригадалар балдардан гана же кыздардан гана түзүлгөн эле) көпчүлүк четке какты: ар бири 4—5 кишиден болгон бириктирилген команданы «иштөөгө, бирине бири жардамдашууга жецилдетүү үчүн» түзүү керек, ал эле эмес улуулар да (аларды комиссарлар деп атоо жагы чечилди) ушундай командалар боюнча бөлүштүрүлөт деп чечишти. Отряддардын командирлерин туруктуу шайлоо, а эми командалардын командирлерин бир суткага шайлоо жагы чечилди. Ар бир командадагы «адистерди»: гидрологду, топографты, тарыхчы-журналистти (жергиликтүү жашагандар менен ацгемелешүүлөрдү жазып алуу үчүн), мүмкүн болсо — фотографты жана сүрөтчүнү, ошондой эле — башкы ашпозду, санитарды, чарба башчысын (команданын шайман-аспаптарына жоопкерди) дайындоо жагы чечилди. Изилдөө ишин иштин ар түрлөрүндө бирине бири жардам көрсөтүү менен бирге жүргүзүү белгиленди.

Тамак-аш даярдоо үчүн бир күнгө дежурный команда дайындалбасын, эртең мененки, түшкү, кечки тамак-ашты ар түрдүү командалар кезектешип даярдасын: керелик кечке казан-аяк менен алышып отурбай, из кубардык иш үчүн да убакыт калсын деген чечим да адаттагыдан тышкары болду. Бириктирилген сбордон кийин командаларга бөлүнүшүп, экспедицияга даярдануурга кирише башташты.

Алдын ала чалгындоо ишинин убагында жана «старттык» чогулуштарда эле биздин тарбияланууучуларыбызда бир нече жылдын ичинде топтолгон турмуштук маанилүү иштерди тартынбастан иликтөө, аларды чечүүнүн жакшыраак жолун табуу адаты, биргелешкен чыгармачылык изденүүдө бизге, тарбиячыларга улуу жолдоштор катары

мамиле жасоолору байкалды. Бирок биз муну жүрүш-экспедициянын убагында айкын байкадык.

Ар бир кечте анча жалындабаган от боюнда же жаан жаап турса айылдык мектепте биздин командаларыбыздын баары (жүрүштүн биринчи жарымында — беш, а эми пионердик отряддын комсомолдоруна кошулгандан кийин — он бир команда) тегерете отуруп, анан жалпы сбор — «огонек» башталчу. Эчтеке — суук да, ызылдаган чиркейлер да, чарчап чаалыгуу да, жөн-жай сүйлөшүүгө же кызуу талаш-тартышка; ар бир баланын пикирин сурап, ар бир кичинекей коллективдин кыскача кеңешмесин өткөрүп, андан кийин алардын өкүлдөрүнүн сөзүн угуп, талкуулап, биздин турмушубуздун ондогон маселелерин: эмнени иштөөгө жетише алдык жана кайсы себептүү? Бүгүнкү күнгө белгиленгендерден эмнени иштөөгө жетише алдык? Дагы эмнеге үйрөнүү керек жана ким үйрөнүшү керек? Жакынкы кыштакка жасалган чалгындоо иши эмнени көрсөттү? Эртең эмнени иштемекчибиз: «из кубардык» иштн кайсы жерде жүргүзөбүз, мындан ары кайда жана качан жөнөйбүз? Ар бир команда эмне иштегиси келет жана иштөөгө тийиш? Топографиялык картаны ким жүргүзмөкчү? Жергиликтүү жашагандар менен ким ацгеме жүргүзөт? А эми эгерде жаан болсочу? Эртең мененки тамакты ким даярдамакчы? Азык-түлүккө ким барат жана түшкү, кечки тамакты ким даярдайт? Отряд командирнинн кандай каалоолору бар? Комиссардачы? Биздин санитарларыбыздачы?... сыяктуу иштерди чечүүгө жолтоо боло алчу эмес.

Кийинки күнү биз биргелешип чечкен чечимдерибизди, ойлорубузду ишке ашырчубуз. Күндөлүк иште күтүлбөгөн милдеттер келип чыкты, аларды да тарбияланууучуларыбыз коллективдүү чечишчү. (Кайда түнөш керек: палаткалардабы же кыштактабы? Эгерде палаткаларда түнөсөк, лагерь кайда жайгашат? Чалгын кайра кайтып келди: дагы кечке чейин партизандын жесирнинн огородун айдап берсе болот! Ким барат? ж. б. у. с.). Отряддардын командирлери биз, комиссарлар менен кеңешип «кыскача» (5—10 мүнөткө) жалпы сбор чакырышчу же командалардын командирлерин чогултушуп, алар аркылуу ар бир «жоокердин» пикирин билип, андан кийин командирлердин кеңеши менен чечимдер кабыл алышчу.

Кезектеги пландаштыруу, кабыл алынган чечимдерди текшерүү жана аларга баа берүү, мына ошентип, ар бир командирдин чыныгы өз иши болду, ошол эле учурда бул уюштуруучулук аракеттер практикалык иш менен чиеленишип жүрүп отурду. Достук карым-катышуу күчөдү.

Комсомолдук отряд пионердик отряд менен биригкенден кийин партизандык үй-бүлөлөр үчүн биргелешкен иликтөө жана биргелешкен тимурдук иш, биргелешкен жалпы сборлор — «огонектор» башталды. Жалпы практикалык жана уюштуруучулук бул иштерде оң тажрыйба алмашуулар өзүнөн өзү жүрүп жатты. Жүрүш-экспедициясынын «ветерандарынан» артта калбаска аракет жасашкан комсомолдор да, пионерлер да олуттуу жоокер болуп чыгышты. Өспүрүмдөрдүн өз ара мамилелерин байкап отуруп, мындан бир нече жыл мурда эле арзыбаган нерсе боюнча бири-бири менен кыжындашкан, билгендерин жолдоштору менен бөлүшкүсү келбеген же анысына мактанган балдар менен кыздарды көз алдыга келтирүү кыйын. Эми алар узакка созулган оор жүрүштүн шартына: жаан-чачындуу күндөрү саздак жерлерде үч жума бою 10—15 километрдик жолдордо толо байланган рюкзактарды көтөрүп жүрүүгө, күндүзгү жолдон кийин лагерь үчүн орун издеп, палаткаларды тигүүгө, от жагып, 25 кишиге тамак-аш даярдоого, түнкүсүн — оттун жанында дежурлукта туруу, эртең менен — изилдөө ишин, андан кийин — кайтадан жолго чыгууга, анан күндүр-түндүр чымын-чиркейлердин талоонуна чыдоого туура келип отурат. Балдар мына ушундай шартта өзүлөрүн таптакыр башкача алып жүрүштү.

Мына эми күндүзгү жүрүш аяктады, түз эле шиберге суналып, эч нерсе ойлогун келбейт, бирок Ф. Гурий командирлерди чогултуп алып, лагерь үчүн «эң эле жакшы орун» издегени кетип баратат. Команданын түшкү тамак-аш даярдай турган балдарды жана ыктыярдуулар отунга куураган бутак-чегедектерди чогултуп, чакалап суу ташып жатышты. Кечки жана эртең мененки тамак-ашты даярдоого жоопкер командалар чалгындап келүүгө, анан эки иштен бир иш деп нан, сүт, картошка ала келүүгө кыштакка жөнөштү. Жалындаган оттон алыс эмес жерде биздин санитаркалар жайгашкан. Мурда эле кыскача тыныккан жерлерде да алардын иши аз эмес эле, эми ого бетер күчөдү: «жапа чеккен жоокерлерге» медициналык жардам көрсөтүү керек. Кыздар бул ишти эскерттирбестен, чебеленип, өзүлөрүнүн чарчаганына моюн бербей... иштешүүдө. Албетте, бизде ааразы болуп күнкүлдөгөндөр («А эмне үчүн отунга мен барышым керек? Биздин команда эчак дежурный болгон») болбой койгон жок, бирок бул жолдошторуна карата терс мамиле эмес, тескерисинче, мүнөттүк гана бошоңдук болучу. Өспүрүмдөр бири бири жөнүндө кам көрүп жатышты: балдар өзүлөрү эле түнкү дежур-

ный болуу убагында кыздарды алмаштырышкан, саздак аркылуу өткөн убакта алардын рюкзактарын көтөрүшкөн, чиркейлерге каршы «табылгыс» майларды аларга беришкен. Кыздар буттарын жоорутуп алышкан балдардын буттарын таңышкан, алардын кийим-кечелерин жамашкан, тамак-аш даярдоонун негизги түйшүктөрүн акырындап өзүлөрүнө алышкан (бул үчүн комиссарлардын жемесине калышса да). Бул жылдар ичинде көп тарбияланууучуларыбыздын көңүлдүү тамаша, кызыктуу аңгеме, күлкүлүү эскермелер же бардыгын толкундантқан аңгемелер менен жолдошторунун көңүлүн көтөрүүгө көнгөн адаттары да жүрүш учурунда эң орундуу болуп чыкты. Күндүзгү жүрүштөрдүн кыйын маалында катардын орто ченинен Г. Виктор менен О. Кириллдин тамаша сөздөрү чыгат же Б. Витя Пушкиндин ырларын жүрүштүн күүсүнө шайкеш декламациялайт, же кыздар «Демилгечилердин маршы» өндүү ырлардан созуп, чарчаган жетинчи класстын окуучуларынын көңүлүн көтөрүшөт.

Бири бири жөнүндө, коллективи жөнүндө камкордук көрүү жүрүш-экспедициясында күн өткөн сайын тарбияланууучуларыбыз биз менен бирге ыктыярдуу түрдө колго алышкан коомдук маанилүү иштердин ийгилиги жөнүндөгү жалпы камкордук менен уламдан-улам байып отурду.

Жүрүштүн биринчи бөлүгүндө балдар Оредеж дарыясында, Пристань көлүндө жана Луга дарыясынын башаттарында өздөрү иштеп көрө элек оор байкоолорду жүргүзүштү, көлдү жана байыркы коргондор жайгашкан аймактын топографиясын кагазга түшүрүштү, минералдардын коллекциясын жана гербарийлерди чогултушту, экспедициянын маршрутунда турган кыштактардын тарыхы жөнүндө, Новгороддон Пристань көлү аркылуу Луга дарыясынын орто агымына баруучу эзелки жолдор жөнүндө, эски кеме куруу жөнүндө көп жашаган адамдардын кызыктуу жомокторун жана аңгемелерин жазып алышты, сүрөттөрүн түшүрүп, фотографияларга тартып алышты, атап айтканда жасалышы, формасы жана ыгы эң байыркы замандан бери келаткан кайыктардын сүрөтүн чийишип, фотого тартышты.

Ленинградда жүргөнүбүздө эле окумуштуулар биздин алдыбызга койгон масөлелер жүрүштө кайтадан жаңыча пайда болуп, мектеп окуучуларынын аң-сезиминде фольклордук, гидрологиялык, ботаникалык маалыматтар аркылуу салыштыруулардан улам жаңыча ачылып жатты. Пристань деревнясын Новгороддон чыккан кургак жолдон суу жолуна өткөөл жер деп эсептөөгө болобу? Ново-

роддон чыккан кургак жер жолу Пристань көлүн көздөй кайсы жерден өткөн? Уламышка караганда, Иван Грозный курган эң эски чиркөө азыркы кезде эмне үчүн чон жолдон оолак турат? Новгороддуктар Луга дарыясынын жогорку агымдарынан пайдаланышканбы? Новгороддуктар Луга дарыясы аркылуу анын орто агымын бойлоп Чуд көлүнө кантип туш болушкан? Окуучулар изилдөөнү талап кылган бул маселелер жөнүндө жүрүш учурунда улам көбүрөөк ой жүгүртүштү, ал суроолор жөнүндө кечки «огонектордо» талкуулап-талашышты, аларды чечүүнү алынган материалды кайра иштеп чыгуу убагында күзүндө улантышты, өзүлөрүнүн чечимин (бардык фактылык материалдар менен кошо) СССР илимдер академиясынын комплекстүү экспедициясына тапшырышкан.

Биздин коллективдин ишине окумуштуулар мына мындай баа беришкен:

«...№ 3 отряддын экспедициялык отряды Ородеж жана Луга дарыяларындагы байыркы суу жолдору жөнүндө, ошол убакта колдонулган кемелер жана сакталып калган байыркы эстеликтер жөнүндө эң кызыктуу материал чогулткан. Мунун бардыгы илимий жактан бир кыйла кызыктуу болуп саналат жана биздин ишибизде пайдаланылмакчы. СССР илимдер академиясы өткөргөн экспедициялардын натыйжасында Муз кыргынынын ордун тактоо жөнүндөгү маселени алдыга жылдырууга жетишилди. Биздин жакшы достордун, пионерлердин сиңирген эмгеги мына ушунда».

Жүрүш-экспедициянын экинчи бөлүгүн пландаштыруу-да, биз мамлекеттик мекеменин — Ленинграддын Тарых музейинин тапшырмасын мүмкүн болушунча мыктыраак аткарууга далалаттандык. Бирок окуучулар да, алардын жетекчилери биз да биздин ишибизди биз кездеше турган адамдар кандай кабыл ала турганын ошондо ойлогон эмес экенбиз. А эми бул эң эле маанилүү болуп чыкты.

«Биздин биринчи эле жолку кездешүүбүз — Лышница кыштагынын колхозчусу Алексей Николаевич Барский жана анын үй-бүлөсү менен кездешүүбүз өзүбүздүн жүрүшүбүздүн бүт маңызын жаңыча ачып көрсөттү. Алар үйүнө «чалгынчылардын» бүт тобун — 20 кишини чакырышты. Ар бирибизди отургузуп, балдар анчалык чарчашкан жокбу, тамак-аш ичип жегилери келбейт бекен деп сураштырышты. Алексей Николаевич өзүнүн аңгемесин баштаганда толкунданганы бизди да тартып алды. Адегенде кыйналып-кысталып, андан кийин уламдан-улам кызуулап отуруп, ал партизандыкка кантип өтүшкөнү, алгачкы

салгылашууларды лышницкилик бир ууч уландар гана жүргүзүшкөнү жөнүндө, партизандык отряддын күжүрмөн иштери жөнүндө, өз өмүрүн аяшпаган жолдоштор жөнүндө айтып берди. Душман өрттөп кеткен кыштакты кантип калыбына келтиришкени, ал өзү азыр да бригадир болуп иштеп жаткан колхоз кандай кыйынчылыктарды жеңип чыккандыгы жөнүндө да эскерди.

Алексей Николаевич бизге кыштакты көрсөтүп жүрүп, партизандар 1944-жылы февралда бүтүндөй немецтик дивизия менен салгылашкан бардык жерлерди көрсөттү. Андан кийин мурдагы партизан мектеп окуучулары менен сүрөткө түштү. Алексей Николаевичтин аялы балдардын кээ бирлерин үйүндө түнөп кетүүгө («палаткаларда анчалык кысылышпас үчүн») чакырды, а эми эртең мененки тамакашка деп жаңы жумурткаларды жана сүт берип жиберди» (Жүрүш күндөлүгүнөн).

Барскийлердин үй-бүлөсүнүн ушундай мээрбандыгы окуучуларга жана алардын жетекчиси бизге зор таасир калтырды. Жаңы сбор — «огонекто» бул үй-бүлө менен жолугушууну талкуулоо менен биз мындай корутундуга келдик: биздин ишибизден эскертүүлөрдү жазып алуубузду, сүрөткө тартууну, документтерди чогултууну А. Н. Барский жана анын тууган-туушкандары алар жана курман болгон жолдоштор жөнүндөгү камкордук катары сезиптүюшту, аларды толкундаткан бул мамиле мүмкүн болгон бардык нерсе менен биздин отряддарга алкыш айтуу, биздин из кубардык ишибизге жардамдашуу ниетин пайда кылды.

Биздин ишибиздин мындай гумандуу маңызын өспүрүмдөр камкордуктун жекече тажрыйбалары топтолгонуна жана иштелгендердин кечки «огонектордо» талдоого алынышына жараша улам терең, улам толук түшүнүп жатышты. Балдар партизандык кыймылдын катышуучуларын иликтөөнү улам зор ынтызарлык менен жүргүзүштү, жолугушкан адамдардын — подполдук айылдык советтин председателинин, партизандык отряддын командиринин, ушул отряддын начальнигинин атасынын жана башкалардын аңгемелерин кылдат жазып алышкан, мурдагы партизандардын үй-бүлөлөрүнө тимурларча жардам көрсөтүштү.

Пионерлердин бөлөк-бөтөн, бирок жакын болуп калган адамдар жөнүндөгү камкордугу жүрүштөн кийин, экспедициянын материалдарын кайра карап чыккан убакта да байкалды. Бул мезгил бир катар «тажатма» иштер менен байланыштуу болгон: жазылып алынгандарды кайра

жазып чыгуу, бул жазмаларды ал кишилерге кол коюу үчүн почта аркылуу жөнөтүү, жоопторду күтүү, көргөзмө уюштуруу жана б. у. с. керек болучу. Бул иштердин бардыгы бир нече айларга созулуп, тек күз келгенде, өспүрүмдөр мектептик окуялар жана иштер менен алек болгон кезде өттү. Бирок бул ишке алар өзгөчө жоопкердик менен мамиле кылышкан. 193-мектептин комсомол уюму жана 157-мектептин пионер дружинасы үчүн жүрүштүн катышуучулары зор альбом жасашкан, а эми Ленинграддагы Тарых музейине өзүлөрү топтогон жана иретке келтирген материалдардын бардыгын өткөрүп беришкен. Бул материалдар эрдиктери жөнүндөгү эстеликти биз түбөлүккө сактоого далалат жасаган адамдар жөнүндөгү да, өз өмүрүн ушул ишке арнаган адамдар — музейдин кызматчылары, тарых илимпоздорунун кызматкерлери жөнүндөгү биздин коллективдин камкордугу эле.

Тээ жазында, жүрүш башталгандан мурда эле, музейдин директорунун илимий жактан орун басары Л. Ф. Яблочкина жана башка кызматкерлери окуучулар менен жолугушууларда Ленинград областындагы партизандык кыймылдын тарыхы боюнча материалдарды топтоонун илимий жактан маанилүүлүгү тарых илимпоздорунун экспедицияларын материалдарына коюучу талаптар жөнүндө айтып беришкен. Өспүрүмдөр көңүл коюп угушуп, суроолор беришкен, бирок окумуштуулардын жардамчылары катары өздөрүн конкреттүү элестете алышпаган. Тек мурдакы партизандар менен жолугушуулардын материалдары топтолушуна жараша гана алар өз ишинин маанисин улам толугураак түшүнүшкөн. Буга, албетте, окуучуларга ар бир анкеме, ар бир табылга жөнүндө ойлонууга түрткү берип, (күн сайын карым-катышууда да, жалпы сборлордо — «огонектордо» да) документтер аз сакталып, партизан кыймылынын активдүү катышуучулары улам азайып жаткандыктан өзгөчө тырышчаактарды колдоого алуу менен жүрүш жетекчилери биз да көмөктөш болдук.

Мына эми балдар Плюса — Ляды жолундагы партизандык буктурманын так ордун издеп табууга өтө тырышууда, бул жөнүндө аларга ушул салгылашууга катышкандар айтып беришкен эле. Жолдун ар бир бурулушу, даректардын жана бадалдардын жайгашуулары текшерилип, партизандарга кандай орун ынгайлуу болгону жөнүндө талаш-тартыш жүрүүдө. Р. Кирилл менен К. Сергей бардык балдарды кубандырып, партизандык бригаданын штабы орун алган үйдү табышкан. Аны сүрөткө тартып алышып, айлана-тегерегин тартипке келтирип, жергиликтүү

айылдык Советтин кызматкерлери менен бирдикте мемориалдык такта орнотушту... Жүрүштүн жетинчи күнүндө К. Володя менен Г. Виктор Заполье кыштагына жакын турган биздин лагерге Иван Дмитриевич Козыревден алышкан, саргарып калган бир нече барак кагазды алып келишти. Ошентип бул окуя баардыгыбыз — балдар үчүн да, чоңдор үчүн да майрамга айланды. Азми дагы бир көпкө күттүргөн жеңиштүү окуя: К. Лена жана анын командалаш жолдоштору мурдакы партизандардын жардамы менен биз Ленинграддагы Тарых музейине берген фото сүрөттү «тактап окуп чыгышат» — анда тартылган адамды табышат да, сүрөттүн санжырасын билишет.

Материалды кайра иреттеп чыккан мезгил балдар өздөрүн Ленинграддагы тарых музейинин илимий коллективинин жардамчылары катары көрүшү үчүн чечүүчү мезгил болуп калды. Жазылып алынгандарды, протоколдорду тандап алууга, салыштырып көрүүгө, кайра иретке келтирүүгө, фото документтерди иреттөөгө, салгылашуулардын схемаларын түзүүгө жараша мектеп окуучулары топтолгон материалдардын илимий жактан баалуу экенинин улам жүйөлүү далилдерине ээ болушту. Буларды музейдин дирекциясы да баалуу байлык катары карап, жүрүштүн катышуучуларынын баарына балдар баштаган изилдөөнү улантууга сунуш кылды. Ошентип ушул сунуш менен кошо эң эле кымбат сыйлыктар — биз жайында жолугушкан адамдардан, фашисттик басып алуучуларга каршы баатырларча күрөшкө катышкандардан алкыш айткан каттары келип жатты: «Мен биз жөнүндөгү силердин камкордугуңарга ырахмат айтамын». «Силердин көңүл бургандыгыңар жана тынчсызданган дыгыңар үчүн жана силердин бардык жакшы персенер үчүн силерге чоң ырахмат айтамын». Мен «Пионерлердин жана мектеп окуучуларынын бүткүл союздук экспедициясынын № 2 отрядынын мүчөлөрүнө ыраазылыгымды билдирем...»

Ошентип коомдук маанилүү милдеттерди орундатуу жөнүндөгү жалпы иште пионерлер менен комсомолдор биздин, педагогдордун гана эмес, ошондой эле өспүрүмдөрдө (алар менен болгон достук карым-катышта) терең тарбиялык таасир көрсөтүшкөн бардык чоң кишилердин да кенже жолдошторуна айланышты. Улуулар жөнүндө камкордук көрүп, аларга жардам берип жатышып, пионерлер менен комсомолдор алардан чыны менен көп нерселерди үйрөнүштү: Улуулардын ар кыл — илимий адептик, эмгектик эстетикалык тажрыйбаларын, граждандык, патриоттук мамиленин тажрыйбаларын көбүрөөк өздөштүрүштү.

Ошол учурда өспүрүмдөр үчүн улуу кишилердин алар менен ээн-эркин, достук баарлашуулары өзгөчө кымбат, бөтөнчө таасирдүү (алар жүрүштүн убагында жана андан кийин бир ооздон белгилешкендей) болуп чыкты. Мындай карым-катышта партизандык кыймылдын катышуучулары өзүлөрүнүн турмушунун эң жаркын, эң маанилүү окуялары жөнүндө айтып беришти, ал окуяларда жеке тагдыр элдик күрөштүн бир бөлүгү гана катары чыккан. Мектеп окуучуларына насаат айтып, тарбиялык максаттарын билдирбей эле, бири бирине бейтааныш, ар кандай адамдар элдик акылмандыкты ортого салып, ишенимди советтик түзүлүшкө жана фашизмди жек көрүүнү көрсөтүп, өспүрүмдөрдүн алдында жолдоштуктун ыйык экенин жана коркоктуктун, чыккынчылыктын жийиркеничтүүлүгүн ачып беришти. Окуучулардын адабият менен тарых сабактарынан үйрөнгөндөрү, китептерден окугандары жана кинодон көргөндөрү ушул аңгемелешүүлөрдө (көбүн эсе кечки жалындаган оттун жанында) алардын көз алдына, эмгекти сүйгөн, каарман, карапайым совет адамдарынын турмуш чындыгы катары тартылды.

Жүрүш убагында эле жана андан кийин өспүрүмдөрдүн жүрүш-турушуна жана мүнөзүнө бул «элдик университеттин» тикелей тийгизген таасирин көрүүгө болот эле.

Биздин «жоокерлеribиздин» үчөөнүн — К. Сергейдин, В. Галинанын, Р. Кириллдин — отряд эс алып жаткан маалда 20 километрдик алыскы рейдге кетүүгө даяр тургандыгы; экспедициянын катышуучуларынын бардыгынын акыркы, эң эле кыйын Вяжица — Серебрянка жолун басып өтүүдөгү өжөр чыдамкайлыгы; биздин сегизинчи класстагылар жүрүштөн келгенден кийин өз мектебин ремонттоого ынтымактуу киришүүлөрү — ушул жана башка көп фактыларда «партизандык сабактардын» таасири даана байкалды. Балдардын өзүлөрү биз менен, ата-энелер менен болгон сүйлөшүүлөрдө: «Бизге эми башкача жашаган уят...» деп ачыктан ачык моюндарына алышты.

Окуучуларга жардам беришкен кишилер да аларды көп нерсеге үйрөтүштү. Ленинграддагы Тарых музейинин кызматкерлери пионерлер менен коомсомолдорду тарыхый материалдарды топтоонун жана иретке келтирүүнүн негизги ыктарына үйрөтүштү, келечектеги муундар үчүн ленинграддыктардын ысымдарын жана эрдиктерин сактап калууга умтулуулары окуучуларды да кызыктырды. Окумуштуулар менен методисттер биздин топографтарга, геологдорго, тарыхчыларга чын көңүлдөн кеп-кеңештерин беришти, биздин байыркы ата-бабаларыбыздын турмушун жана эр-

диктерин окуп үйрөнүүнүн маңызы менен романтикасын ачып көрсөтүштү. Бирок өзгөчө баалуусу: улуулардын кыйыр түрдөгү эле эмес, ачыктан-ачык берилген тажрыйбасын өспүрүмдөрдүн үстүртөдөн жөн салды өздөштүрүлбөгөнүндө эле, анткени ал турмуштук мааниси бар милдеттерди чечүүдө жекече чыгармачылык изденүүгө таянуунун негизинде жүргөн.

Бул иликтөө коллективдүү уюштуруучулук жана практикалык иштерче жүргүзүлдү, жүрүш-экспедиция так айкындагандай, бул иш акырындап адамдар жөнүндө, курчап турган чөйрөнү жакшыртуу жөнүндө күндөлүк ишке айлана баштады. Мындай иштин, улуулардын тажрыйбасын жеке тажрыйба менен бирдикте талкууланып, андап түшүнүшүп, келечекке жаңы иштерди пландаштырууда жол көрсөткүчкө айланды. Изилдөө ишине чыгармачылык менен катышуунун жекече тажрыйбасы, жакындарын, бөлөк-бөтөндөр жөнүндө камкордук көрүү ойлонуштурулуп чыгып түшүнүктүү боло берген сайын, алар улуу муундун ондуу тажрыйбасы терең жана толугураак кабыл алынып, терс түшүнүктөр, көз караштар адаттар четке кагыла берген.

Тарыхчылардын жана методисттердин көп кеңештери өспүрүмдөр экспедициясынын жүрүшүндө гана, өзүлөрүнүн из кубарлык ишмердигинин алгачкы кадамдарын талкуулаганда, а эми кээ бир кеңештерин андан кийин-черээк — иштин жыйынтыктарын чыгарган учурда, материалдарды претке келтирүү процессинде эске түшүрүп ойлонуштуруп чыгышты. Мурдагы партизандар айтып беришкен көп окуялардын маани-маңызын жүрүштүн катышуучуларынын бардыгы бул аңгемелерди өзүлөрүнүн жеке байкоолору, жүрүштүк турмуштун жеке тажрыйбасы менен салыштырып чыгышкандан кийин түшүнүштү.

Улуулардын жеке тажрыйбасынан, алардын турмушка, кыйынчылыктарга карата жасаган мамилелеринен, алардын биздин жүрүшүбүздүн катышуучулары жөнүндөгү камкордугунан пионерлер менен комсомолдор алардын тынчын алган көп суроолорго жооп табышкан.

Ынтызарлар союзуна ой жүгүртүү жана корутунду чыгаруу үчүн бул экспедиция кандай бай материалды берди дейсиң! Анан экспедициянын жыйынтыктарын талкуулоо аяктаганда, биздин арабыздан бирөө ойлуу түрдө мындай деди: «А эми бул бар болгону эки мектептин эки классынын гана иштегени. Биздин бардык мектептерибиздин балдары менен канча иштерди бүтүрүүгө болор эле! Әгерде биригишсек...»

ЖАШ ФРУНЗЕЧИЛЕРДИН КОММУНАСЫ. Шайлануучу активди райондук масштабда окутууну жана тарбиялоону кантип жакшыраак уюштуруу керек деген суроо ДИСтин алдында турду. Пионердик дружиналардын өкүлдөрүн көнүмүш жол аркылуу: алар менен занятие өткөрүү («А эми иш планды кантип түзүү керек экенин уккула жана жазгыла...»), лекциялар жана докладдар жасоо, алар үчүн кызыктуу адамдар менен жолугушуулар уюштуруу аркылуу үйрөтүүгө болобу? Же аларды конкреттүү иштерде, комсомолдор менен бирге жана алардын жетекчилиги астында коллективдүү уюштуруучулук иштерде үйрөтүү керекпи? Такай иштеген коллективде кубанычтуу, пайдалуу, чыгармачыл турмушту куруу аркылуу үйрөтүү керекпи? Бул коллектив өз районундагы ар бир мектеп үчүн өрнөктүү үлгү, ушундай турмуштун модели болууга тийиш эле.

Шайлануучу пионер активин жана анын жетекчилерин — отряд вожатыйларын, комсомол комитетинин мүчөлөрүн, пионерлер менен иштөө үчүн жооптууларды, улуу пионер вожатыйларын окутуунун жана тарбиялоонун бирдиктүү системасынын демилгечилер союзунда түзүлгөн жалпы ой мына ушундай болчу.

Ушул ойдун конкреттүү ишке ашышы Ленинграддын Фрунзе районунда башталды, бул жерде бир нече дисчилер улуу пионер вожатыйлары болуп иштешкен, ал эми Л. Г. Борисова Пионерлер үйүнүн окуу бөлүмүнүн башчысы болгон эле. Райондун бардык мектептеринин делегаттарынан турган бириккен комсомолдук-пионердик дружинаны мына ошолор түзүшкөн эле. Дружинага 30 звено кирген (мектептердин ар биринен — саны 10—15 кишилик бириккен звено: дружина советинин председатели жана мүчөлөрү, ВЛКСМ комитетинин мүчөсү, пионердик иш үчүн жоопкер, бир нече отряд вожатыйлары). Звенолор 10 курама отрядга биригишкен. Ар бир отрядга аймагы жагынан бири-бирине жакын жайгашкан мектептерден үч звено кирген. Улуу пионер вожатыйлары өз звенолорунда комиссарлар болушкан.

Комсомолдун райондук комитети пионердик актив, улуу жана отряд вожатыйлары менен кадимки өзүнчө бөлөк өткөрүлүүчү занятиелердин ордуна бирикме дружинанын биринчи лагердик сборун жайкы каникулдарда өткөрүү жөнүндөгү биздин сунушубузду кабыл алды. Бул сбор демилгечилер союзу менен чогуу иштеп чыккан коллективдүү уюштуруучулук ишкердиктин принциби боюнча: башкы уюштуруучулук иштер менен (планга карата

мыкты сунуштар үчүн конкурс, иштерди жана досторду чалгындоо, биримдүү коллективдин турмушунун жогорку органы катары жалпы сбор өткөрүү, достуктун кароосу) жана кезектеги уюштуруучулук иштин ар түрдүү формалары менен (иш советтери, дежурный звено жана б. у. с.) өттү.

Марттын биринчи жарымында Пионерлер үйүндө бирикме отряддардын сбор-жолугушуулары болду, аларда өз ара таанышышып, звено вожатыйлары жана отряд вожатыйынын жардамчылары шайланды, отряддардын жана бирикме дружинанын ысымдарын биргелешип табышты, иштерди жана досторду чалгындоого старт берилди (Фрунзе районунун 30 мектебинин төрт мектебинде гана үч отряд вожатыйы жана дружина советинин мүчөлөрү коллективдүү уюштуруучулук иштердин методикасы менен тааныш болучу жана ал методиканы практикада пайдаланышты).

24-мартта Пионер үйүндө бирикме дружинанын биринин жалпы сбору болду. Анын советинин составы бекитилгенден кийин отряддар бөлмөлөргө бөлүнүп, ал жерде звенолордун чалгындоосунун жыйынтыгын чыгарышып, отряд жана бүт дружина үчүн иштин эң эле орундуу сунуш-багыттарын тандашты. Андан кийин бул сунуштарды бүт коллектив талкуулады. Ушунтип лагердик күндүн ар бир күнүнө негизги иштер белгиленди. Эң акырында бирикме дружинанын мыкты наамына, девизге, значок-эмблемага, закон-насаатка жана ыр-гимнге конкурс (отряддардын сунушу боюнча) жарыяланды. Конкурстун жыйынтыгын лагердик сбордун үчүнчү күнүндө чыгаруу жагы дружина советине тапшырылган.

Ошентип Пионерлер үйүндөгү жекшембилик биринчи практикалык иш болуп калды. Бардык балдар — бешинчи класстагылардан тартып комсомолдорго — онунчу класстагыларга чейин дилгирлик менен иштешкенин көрүү керек эле. Анан алар менен бирге кошо улуулар ынтаалуулук менен астаналарды жана дубалдарды жуун чыгышты. Алар менен бирге кошо ырлар ырдашты, тамашалашты, алган таасирлерин ортого салышты. Ушунтип биргелешкен иште жолдошчулук бекемделди.

Лагердик сбордун ар күнү анын катышуучуларын айлана-чөйрөдөгү турмуш өз коллективи, бири-бири жөнүндөгү жалпы камкордуктун жаңы көрүнүштөрү менен байытты. Пионерлер үйүндөгү (өз үйү жөнүндөгү камкордук!) ишембиликтен кийин эле отряддар звенолордун чалгындоолорунун убагында табылган досторго: типогра-

фияга, фабрикага, аскер бөлүгүнө, ТЮЗга барууларды уюштурушкан. Кожоюндар менен меймандар бири бирине өз турмушу жана иши жөнүндө айтып беришти. Балдар концерттер коюшту. Андан кийин кайтадан ишембилик уюштурулуп, бирок эми ал үйдүн курулушунда митинг ачылып, оркестр ойноп, ыр-бий менен башталып, 400 коммунардын жапатырмак иши менен өттү. Анткени ушул күнгө чейин эле биздин курама дружинабыз жаш фрунзечилердин коммунасы деген, же кыскартып айтканда, ЖФК деген наам алган эле. Бул наамда 20-жылдардагы мектеп-коммуналардан жана эмгек коммуналарынан, өзгөчө Ф. Э. Дзержинский атындагы коммунадан бери келе жаткан биздин салт-санааларыбыздын өтмө катарлыгы жана биздин турмуштун башкы мүдөө-максаты чагылдырылган. Мына ушул наам пионерлер, комсомолдор, коммунисттер муундарынын ынтымакташтыгынын негизги идеясын көрсөтөт.

ЖФК совети отряддардын сунушун талкуулагандан кийин, советтик эң сонун колбашчы М. В. Фрунзенин «Эч жалтанбай, тартынбай алга умтулгула! Кандай болсун жеңишке жетишүү керек!» деген аскердик буйруктарынын аягындагы сөзүн девиз кылып алды. Коммунар фрунзечилердин төмөндөгүдөй биринчи закон-насааттары аныкталды: «Жаңы турмуш жарчысы. Лениндин ишинин тайманбас күрөшчүсү бол, коммунар!». «Достор коммунасы билбейт «менди», жашайт жалаң «биз» деген кереметтүү сөз менен», «Коммунада ырсыз жашоо жок...»

Ушул девиз жана закон-насааттар турмуштун маңызы, андагы өз орду жана ар бир окуучунун келечек алдындагы жоопкерчилиги жөнүндө биргелешкен талкуулоолордун жана талаш-тартыштардын, ой-толгоолордун натыйжасында жаралганы эң маанилүү. Бул биздин мамилелерибиздин жана ишибиздин мүнөзүн аныктаган салт-санаалардын бекемделишинин өзү эле. Алар өз алдынча түшүнүлүп, кабыл алынган, ошондуктан сырттан таңууланган нерсе катары эмес, андап түшүнүлгөн, турмуш нормалары катары кабылданган.

Коммунарлар ВЛКСМ райондук комитетинин биринчи секретары лагердик сбордун акыркы күнүндө салтанаттуу линейкада бизге тапшырган Кызыл тууну коммунанын сыймыгынын жана ага ишенгендиктин символу катары кабыл алышкан.

Линейкада коммунанын комсомолдун райондук комитетине жазган катынын тексти окулган, анда өз милдетин, эң оболу В. И. Лениндин туулган күнүнүн жылдыгына ка-

рата пионер дружиналарынын эпкиндүү ишине жетекчилик кылууну орундатууга убадасы бар болучу. Бул катта ЖФКнын советинде ойлонуштурулуп, отряд сборлорунда талкууланган жана бардык коммунарлар жапырт кабыл алган практикалык иш: райондун бардык мектептеринде Ленинград областынын Фрунзе району шефке алган Ефимовск районундагы окуучулар менен педагогдор үчүн белектерди: китептерди, оюндарды, пособиелерди даярдоо жөнүндө да айтылган.

Каникулдан кийин ар бир мектепке 10—15 активисттер, комсомолдор жана пионерлер, өз класстарына жөнүнчө эле тарап кетпеген, тескерисинче дружина советине — кайра биригип, улуу пионер вожатыйынын жакын жардамчылары катары кайра келишти. Алардын дружинага жана отряддарга жетекчилик кылууга реалдуу мүмкүндүгү (укугу да!) бар болучу жана ошону менен бирге лагердик сбордо мындай жетекчилик кылууга даярданышкан да эле. Алар иш жүзүндө жолдоштуктун күчүнө ынанышкан, аларды чыгармачылык менен иштөө, калган пионерлер үчүн эмес, алар менен бирге иштөөнү каалагандык шыктандырат. Алар коллективдүү уюштуруучулук иш аракетти уюштурууга үйрөнүп чыгышкан жана андай ишкердикке, а эң башкысы жолдоштук сыйлашуу жана бири бирине жолдоштук талап коюу мамилелерине, өзүнүн жана курчап турган чөйрөнүн турмушун жакшыртуу жөнүндөгү жалпы камкордукка башка пионерлерди үйрөтө алышат эле. Ошентип бул мамилелерди улуу пионер вожатыйлары сакташкан жана колдоого алышкан мектептерде коллективдүү чыгармачылык өнүп-өрчүгөн.

ЖФКнын лагердик биринчи сборунун сабактары дружина турмушун пландаштыруу башталган иштерди жана достору чалгындоолор, коллективдүү иштердин пландарын түзгөн жалпы сборлор, В. И. Ленинди туулган күнүнө карата мектепке, алыстагы жана жакындагы досторго сюрпризделди даярдоо иштери менен улантылган. Бирок Фрунзе районунун бардык мектептеринин пионерлеринин (алар менен бирге чогуу октябряттардын да, жогорку класстагылардын да) маанилүү натыйжасы чыныгы массалык чыгармачылык иш болду, андай чыгармачылык иш шефке алынган айылдык район үчүн коммунарлардын түздөн-түз жетекчилиги астында өткөрүлгөн эле. В. И. Ленинди туулган күнүнө арналган салтанаттуу линейкадан кийин, ар бир курама звено бул иштин жыйынтыктары жөнүндө рапорт берип бүткөн кезде, Ефимовск районуна белектер: китептер, дептерлер, автокалемдер, пионердик

атрибуттар (жыйналган металл сыныктарынан жана макулатурадан түшкөн каражаттарга сатып алынган), мектеп окуучулары жана алардын достору жасашкан оюнчуктар, үстөл үстүндө ойнолуучу оюнчуктар, көргөзмө куралдар салынган бир нече вагон жөнөтүлгөн болучу.

Жаш фрунзечилердин коммунасынын (же, кээде аны атап жүрүшкөндөй, Фрунзе коммунасынын) аркасында бүт өлкө боюнча (ар түрдүү варианттарда) эмгек десанттары, ачылган жана ачыла элек сырлардын кечелери, космостон келген «делегаттар» менен пресс-конференция, жалындуу жүрөктөр кечелери, шайыр устаттардын шаарлары, диспуттар жана мектеп окуучулары менен алардын улуу жолдошторунун өз турмушун жана курчап турган чөйрөнү жакшыртуу жөнүндөгү жалпы граждандык ишинин көптөгөн башка формалары пайда болуп, таркала баштады. Ар бир иш, анын коомдук олуттуу жана чыгармачылык мүнөзү бул иштердин улуу-кичүү катышуучуларын коллективдин кубанычы жана пайдасы үчүн күч аябай эмгектенүүгө түртүп, окуп үйрөнүү ишинде алынган билимдерди, ыкмаларды өз алдынча колдонууну, жаңы илим-билим үйрөнүүнү, жаңы тажрыйбага ээ болууну, терс адаттарын жоюуну талап кылган. Ар бир катышуучуда жолдошторунун алдындагы жоопкердик сезими, өзүн коллективдин бир бөлүгү деп түшүнүү пайда болду жана бекемделди. Биз, балдардын жан-дүйнөсүндө жана жүрөгүндө из калтыра турган жакын жана алыскы адамдардын пайдасы жана кубанычы үчүн жалпы, конкреттүү иштерде гана дүнүйөкорлор менен кайдыгерлерди эмес, кубанычтуу турмуштун ынтаалуу куруучуларын, башканын түйшүгү менен кубанычына ортоктош, жалпы санаалаш, өзүнүкү менен жалпыныкынын айырмасын билген адамдарды, коомго эң пайдалуу болуш үчүн өзүн-өзү такшалтып турууга жөндөмдүү адамдарды өстүрүүгө болот деген корутундуга келдик.

Ар бир жалпы иште белгилүү бир закон ченемдүүлүк улам айкын көрүнө берди. Коллективде жана коллектив аркылуу инсанды калыптандыруунун тарбиялык процессинин маңызына жетүү мезгили келди.

БИРИМДҮҮ КОЛЛЕКТИВДИ ӨНҮКТҮРҮҮ

Мугалимдер коллективи жана балдар коллективи — эки коллектив эмес, тескерисинче бир коллектив, болгондо да, педагогикалык коллектив.

А. С. Макаренко

ЫНТЫМАКТАШТЫКТЫН АЛГОРИТМИ. Тарбия ишинин ийгилиги эң оболу тарбиячыга байланыштуу болору жалпыга маалым. Демек бул коллективчилдерди коллективдүү чыгармачылыктын казанында кайнап чыгып, күндөлүк турмушта коммунисттик тарбиянын принциптерин жүзөгө ашырып жаткан адамдар өстүрүшөт деген сөз. Ошондуктан педагогика окуу жайындагы студенттик жылдарда эле үйрөнүп алуу керек. Болгондо даяр нерселерди эле үйрөнүп албай, активдүү педагогикалык изденүү ишин жүргүзүү керек. Дал ошондуктан Ленинграддагы А. И. Герцен атындагы мамлекеттик педагогика институтунун студенттери менен окутуучулары коллектив түзүп, аны А. С. Макаренко атындагы Коммуна (кыскартканда КиМ) деп аташкан. 20—30-жылдардагы эң сонун советтик педагогдордун мурасын пайдаланып жана коллективдүү ишкердиктин тажрыйбасына, муундардын чыгармачылык ынтымакташтыгынын методикасына таянып коммуна өзүнүн башкы милдетин мындайча аныктаган: коллективдүү чыгармачылык иштерди уюштуруунун методикасын иштеп чыгууда, педагогдор жана мектеп окуучулары жөнүндө камкордук көрүү. Жана да бул иште тарбияланууучулардын улуу достору болууга үйрөнүүнү белгилешкен. Ал эми бул бирдиктүү тарбия коллективин түзүүгө үйрөнүү дегендик эле.

А. С. Макаренко атындагы коммунанын сбор-жолугууларында (КиМдин «кеңешинде») биз мектепке эмне жагынан кандайча жардам бере алабыз деген маселе талкууланат. Бул талкуудан мурда иштерди жана достордуу чалгындоо — педагогдор менен жолугушуу, педагогикалык адабияттарды окуулар өткөрүлөт.

КиМчилердин отряддары, өзүлөрүнүн долбоорлорун сунуш кылуу менен аларды салыштырып, негиздеп жакташат. Акырында 2—3 иш же бир эле иштин бир нече варианттары тандалып алынат. КиМчилердин кезектеги жыйынын (бүт коллектив менен) же кимчилердин десантын (аткара ала тургандардын күчү менен) мектептердин кайсынысында өткөрүү максатка ылайыктуу болору бир-

келешип чечилет. Биринчи учурда жалпы сбор коммунанын туруктуу отряддарына, экинчи учурда курама отряддарга тапшырма берет.

Белгиленген күнү кимчилер — биринчи курстан тартып бүтүрүүчү курска чейинки ар башка курстардын студенттери жана алардын жетекчилери мектепке келишет да ар кыл жаштагылар катышкан бирикмелерди (биз аларды гайдардык командалар деп атадык) түзүшөт. Ар бир командага педагогдор жана класстардын бардыгынан (кенжесинен тартып жогоркуларына чейин) балдар кошулушат. Кимчилер мүмкүн болгон (тандоо боюнча) иштер жөнүндө айтып беришет, анан бардыгыбыз биргелешип, кимдин кубанычына жана пайдасына эмнени кандайча жасаган жакшыраак экенин чечебиз. Иш совети кимчилердин бирикмесинин ар биринин жана алардын досторунун өкүлдөрүнөн шайланат. Бул совет алдыда турган операцияны майда-баратына чейин ойлонуштурат. Мындай жолугушуу адатта жекшембиде өткөрүлүп, а эми жекшембиде ойлонулгандар жүзөгө ашырылат.

Иштер аткарылып бүткөндөн кийин — жалпы сбор «огонек» өткөрүлөт. Мында ар бир катышуучу, а түгүл эң эле тартынчаак биринчи класстын окуучусу да, аткарылган иш жөнүндө ойлонуп, келечек үчүн сабак алууга үйрөнөт. Ошондуктан адегенде гайдардык командалар боюнча (а эгерде алардын саны көп болсо, анда аларды кичи бөлүмдөрү боюнча), андан кийин биргелешип, командирлердин жана бардык каалоочулардын ой-пикирлери боюнча өткөрүлгөн операцияга баа беребиз, өзүбүздүн тажрыйбабызды ар кыл класстарда кандайча пайдалана ала турганыбызды чечебиз. Кимчилердин кезектеги «кенешинде» эми өзүбүздүн педагогдук «огонегубузду» өткөрөбүз. Өзүбүздүн иш-аракетибизди, мурда каралган жана күтүлбөгөн кырдаалдарды, улуу жана кенже балдар жөнүндөгү ачык-айкын жана кыйыр тарбиялык иштердин мүнөзүн, педагогдордун сын пикирлерин жана сунуштарын талкуулайбыз. Жыйынтык чыгарып, эмнеге үйрөттүк жана эмнени үйрөндүк? Операциянын аягын суутпай эмне иштөө керек экенин талкуулайбыз.

Ар бир «огонек» ар түрлүү ойго салып, педагогикалык жактан өз алдынча билим алууга түрткү берет; коммунанын санжыра-эстафетасына кезектеги иштер жазылат; машинкада басылган кимчилердин «Башат» журналынын кезектеги саны үчүн өткөрүлгөн күн жөнүндө очерктер даярдалат жана талкууланат; методикалык сунуштар — Ленинграддагы макаренколук мемориалдык-методикалык

борбордун фонду толукталат; курстук жана дипломдук иштер үчүн материал жыйналат; мугалимдер, улуу вожатыйлар, мектеп жетекчилери үчүн сунуштар иштелип чыгат; Владивостоктук, Тюмендик, Тобольскилик, жана Пермдик, Свердловскилик жана Ташкенттик макаренкочул достор менен кат алышуулар жүргүзүлөт.

Ошентип кайтадан, нйгиликтердин жана каталыктардын тажрыйбасына карап, Ленинграддын шаардык жана областтык көп мектептериндеги достор менен бирдикте иштерди жана досторду чалгындоо, жаңы ойдун жаралышы, аны иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу башталды.

«...Лугадагы 8-мектептин педагогдору жана балдары мектептин эң сонун жетекчиси Л. Н. Колобов менен бирге — «Ветерандарга салют» операциясы (Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучулары жөнүндө гайдардык командалардын күч-аракеттери менен камкордук көрүү, бул командалардын ар биринде октябряттар, пионерлер, комсомолдор жана улуу жолдоштор жапатырмак иштешет).

...Тосно районундагы Ульянов, Никольск, Красноборск, Саблина мектептеринин педагогдору жана окуучулары менен бирге — М. А. Ульянованы эскерүүгө арналган жылдызduу марш-жүрүш жасоо (гайдардык командалардын маршрут-багыттар боюнча иши жана Ульяновск поселогундагы бөбөктөр үчүн корутунду майрам).

...Ленинграддагы 403-мектептин педагогдору жана бардык класстарынын окуучулары менен бирге —«Алтын күз» жана «Кар жомогу» аттуу жашыруун операцияларды өткөрүү (күздүн жекшембилеринин биринде ар кандай түстөгү күбүлгөн жалбыректардан гүлчамбар жасоо, а эми кышында — бөбөктөр үчүн муз үйлөрдү, сыйкырduу сарайларды, укмуштуу кемелерди куруу...).

...Тосно районундагы Рябовск мектебинин педагогдору жана окуучулары менен бирге — сүйүктүү иштердин эстафетасын өткөрүү (жаратылышка жана спортко, фантастикага жана кол өнөрүнө, техникага, жана сүрөткө, музыкага жана коллекция түзүүгө кызыккандардын (бардык нуктагылардын) бирикмелери тарабынан бири-биринин жана поселокто жашагандардын кубанычы менен пайдасына өздөрүнүн кызыкчылыктары жөнүндө айтып берүүсүн, коллекцияларынын көргөзмөлөрүн даярдоо).

Лугадагы 3-мектептин педагогдору жана окуучулары менен бирге — СССРдин Конституциясынын урматына концерт-саякат уюштуруу (гайдардык ар бир команда тигил же бул союздук же автономнялуу республиканын тарыхы жана маданияты, анын жетишкендиктери жөнүндө

анчеме даярдайт; балдар бири бирине чыгармачылык белектерин жазган ырларын, ыр-бийлерин тартуулашат; чогултулган материалдарды — тарткан сүрөттөрүн, сочиниениелерин Четки Түндүктүн мектеп окуучуларына жөнөтүшөт).

Гатчина районундагы Комсомол мектебинин педагогдору жана балдары менен бирге — Советтик Куралдуу Күчтөрдүн Күнүнө карата арналган аскердик оюн өткөрүү (эки дивизиянын салгылашуусун бирге ойлоп табуу жана даярдоо, анда командирлер — жогорку класстагылар, комиссарлар менен кенешчилер — кимчилер менен мугалимдер, негизги эпкиндүү күч — пионерлер менен октябряттар болушат)».

Убакыт өтүп, биздин коллективдүү чыгармачыл иштерибиздин кенчи же, аларды А. С. Макаренко атындагы Коммунанын улам кийинки студенттери жана бүтүрүүчү-тарбияланууучулары атагандай КЧИнин кенчи көбөйө берет...

Ошентип КЧИ бизге эмне берет, X А классынын окуучулары жана жетекчиси, дилгирлер союзунун жоокерлери жана тарбияланууучулары, «Достук» комбинатынын чоң жана кичине мээнеткечтери, жүрүш-экспедициясынын улуу-кичүү катышуучулары, Фрунзе коммунасынын улуу-кичүү чыгармачылары башынан өткөрүшкөн, а эми азыр КЧИ кенчин түзүп, тынымсыз толуктап жана аны пайдаланып жаткандардын баары башынан өткөрүп жатышкандарды өзүнө тарткан керемет күчтүн себеби эмнеде дегенди кайтадан ондоп түшүнүп чыгуу керек.

Эң оболу анын сыры коллективдүү чыгармачылык иш деп аталышында эле болуп жүрбөсүн. КЧИ деген эмне?

Бул — коомдун маанилүү иши. Анын эң башкы милдети — өз коллективинин турмушун жана курчап турган турмушту жакшыртуу жөнүндө камкордук көрүү, бул жалпы кубаныч жана пайда үчүн практикалык жана уюштуруучулук иш-аракеттердин ширетиндиси.

Ал — **коллективдүү** иш, анткени жалпы граждандык иш боюнча улуу-кичүү жолдоштор, тарбияланууучулар жана тарбиячылар тарабынан пландаштырылат, даярдалат, аткарылат жана талкууланат.

Ал — **чыгармачыл** иш, анткени ойлонуштурулган иштерди пландаштырып жана жүзөгө ашырып, иштелгендерге баа берип жана келечек үчүн сабак алуу менен бардык тарбияланууучулар тарбиячылар менен бирдикте жана алардын жетекчилигинде турмуштук маанилүү милдеттерди чечүүнүн мыкты жолдорун, ыктарын, каражаттарын

иликтөөлөрдү жүргүзүшөт. Ал догмага, көнүмүш ишке айланбай, дайыма жаңы варианттарда аткарылып, дайыма өзүнүн жаңы мүмкүндүктөрүн ачып бергендиктен улам да — анткени ал эң оболу, турмуштун бир бөлүкчөсү эмеспи,— чыгармачыл иш.

Бирок дал ушул өзгөчөлүктөрүнүн аркасында ар бир КЧИ тарбиялык милдеттерди чечүүчү каражатка, анын ар бир катышуучусунун өсүп-өнүгүшү жөнүндөгү жалпы камкордуктун: адегенде коллективдин жетекчилеринин тарбиялык кыйыр камкордугунун, андан кийин — жеке өз тажрыйбасын топтоонун жана ойлонуштуруунун даражасына жараша — тарбияланууучулардын өзүлөрүнүн өз ара жана жеке, ачык-айкын (окутуп үйрөтүүчү) жана кыйыр тарбиялык ишинин көрүнүшүнө айланат.

Коллективдүү чыгармачылык иш — бул көп кырдуу граждандык камкордуктун үч тарабынын: практикалык, уюштуруучулук, тарбиялык тараптарынын конкреттүү ишке ашырылышы.

Дал мына ошондуктан КЧИнин ар бир катышуучуга — октябрятка жана пионерге, жогорку класс окуучусуна жана чоң кишиге — тийгизген таасири ушунчалык терең, максаттуу, көп кырдуу.

Коллективдүү чыгармачылык иштер граждандык ар-сезимдин, нагыз гумандуу сезимдердин жана ишенимдердин калыптанышы, таанып билүүдөгү өз алдынчалыктын бекемделиши ар тараптуу жөндөмдөрдүн өнүгүшү кошулташып жүрүп, аларды жалпынын кубанычы, пайдасы үчүн жумшоого муктаждык пайда болот. Коллективдүү чыгармачылык иштерде курчап турган турмушка өзү үчүн пайда берүүчү булак катары, өзүн эң оболу даяр оокатты — материалдык жана рухий жыргалчылыктарды керектөөчү катары кароо жоюлат.

Коммунисттик тарбиянын, эң оболу коллективизмди тарбиялоонун комплекстүү каражаты катары коллективдүү чыгармачылык иштин бай мүмкүнчүлүктөрү ушундайча ачылды.

КЧИни ийгиликтүү пайдалануунун шарттары кайсылар?

Бул маселени А. С. Макаренко атындагы Коммунанын бүтүрүүчүлөрү жана достору РСФСР педагогика коомунун Ленинграддагы областтык бөлүмүнүн Макаренколук секциясына биригип, бул секциянын «акыл-эс борборун»— тарбиялоого комплекстүү мамиле жасоонун коомдук лабораториясын түзүү менен чечүүгө киришишкен.

Лабораторияны уюштуруучулар — Н. П. Царев, Л. С. жана С. В. Нагавкиндер, В. Д. Гамалей жана алардын

жолдоштору — А. С. Макаренко атындагы Коммунанын турмушуна көп жылдар бою катышып, анын тажрыйбасын колдоп таратуучулар болуп калышкан. Ошондуктан КиМдин биз ынтымакташтыктын алгоритми деп атаган маанилүү сапаттары коллективдүү чыгармачылык иштердин нйгиликтүүлүгүнүн коомдук лаборатория иштеп чыккан шарттарынын биринчисинин негизин түзгөн.

Биз бул шартты «алты стадиянын биримдиги жана ырааттуулугу» катары аныктаганбыз.

1-стадия — *тарбиячылардын алдын ала жүргүзүүчү иши.*

Ушул стадияда коллективдин турмушунда белгилүү бир КЧИнин ролу аныкталат; чечиле турган конкреттүү тарбиялык милдеттер алдыга коюлат; тарбияланууучуларга мисал катары жана тандап алууга сунуш кылынган иштердин ар кандай варианттары белгиленет; мүмкүн болуучу КЧИнин негизи түзүлө баштайт — ал тарбияланууучулар менен болгон киришүүчү аңгеме-маекте, биргелешип тандалган ар түрдүү маршруттар боюнча кичинекей коллективдер жүргүзүүчү иштерди жана досторду чалгындоо убагында иштелет.

2-стадия — *КЧИни коллективдүү пландаштыруу.*

Бул пландаштыруу коллективдин жалпы сборунда же ушул коллективдин кезектеги мезгилдеги турмушунун жалпы планын түзө турган сбордо же белгилүү бир КЧИ гана пландаштырыла турган атайын сборстартта болот.

Кайсы учурунда болсун тарбияланууучулар жана алардын улуу жолдоштору адегенде майда коллективдерде (жогорку класстарда — чыгармачылык бригадалар боюнча, орто жана кенже класстарда — звенолор жана жылдызчалар боюнча), андан кийин биргелешип төмөндөгүдөй суроо-маселелерди чечишет: бул ишти ким үчүн жүргүзүү керек? Аны кантип жакшыраак өткөрүү керек? Кимдер катышыш керек — бүт коллективби, же айрым (каалоосу боюнча) кичинекей коллективчеби, же ыктыярдуулардын курама бригадасыбы? Ким менен биргелешиш керек? Ким жетекчилик кылат — коллектив советиби, же бардык майда коллективдердин өкүлдөрүнөн түзүлгөн атайын иш советиби, же бирикме бригаданын командириби? Бул ишти кайда, качан өткөргөн жакшы?

Жалпы сборду алып баруучулар (алып баруучулар улуулар да, балдардын өзүлөрү да болушу мүмкүн) көмөкчү суроолор беришет, ар түрдүү пикирлерди салыштырышат, алардын жүйөөлүү болушун өтүнүшөт, өтө эле кызыктуу, пайдалуу сунуштарды колдоого алышат, а эми сбордун эң акырында аларды жыйнакташат жана керек

болуп калганда иш советин же курама бригаданын командирин шайлоону уюштурат.

3-стадия — *ишти коллективдүү даярдоо.*

Ушул стадияда дал ушул КЧИнин жетекчи органы ишти даярдоонун жана өткөрүүнүн планын тактайт, конкреттештирет, андан кийин ар бир катышуучунун демилгесин колдоого алып, бул пландын орундалышын тикелей уюштурат. Ар бир кичине коллективче (же бирикме бригада) өзүнүн жакшы сюрпризин даярдайт, а эми улуу достор бул ишке багыт берет жана «жашыруун түрдө» тарбияланууучуларга жардам беришет.

4-стадия. *КЧИни өткөрүү.*

Ушул стадияда жетекчи орган иштеп чыккан конкреттүү план бул органдын бардык мүчөлөрү коллективдүү чыгармачылык ишти даярдоого киргизишкен бардык оңдоолору менен кошо ишке ашырылат. Ошондой эле КЧИни өткөрүүдө ойго келбеген кырдаалдардын натыйжасында келип чыккан иштен четтөөлөр жана катышуучулар жиберишкен каталардан пайдалуу болот экен. Булар да турмуштун зарыл мектеби. Жетекчилер жана коллективдүү иштин башкы катышуучулары катары тарбиячылар үчүн эң башкы нерсе — өзүнө өзү шайыр-шайдоот маанайды, адамдарга кубаныч тартуулоого жөндөмдүүлүгүнө, ишенимди, кандай кыйынчылык болсун жоюуга умтулууну ойготуу жана бекемдөө.

5-стадия — *КЧИнин жыйынтыктарын чыгаруу.*

Ушул стадияда өткөрүлгөн иштин катышуучуларынын жалпы сбору олуттуу роль ойнойт: бул же өткөн мезгилдин ичинде коллективдин турмушу талкуулана турган сбор же дал ушул иштин жыйынтыгына арналган атайын сбор — «огонек» болушу мүмкүн.

Адегенде кичинекей коллективдер боюнча (анда ар бири өз пикирин айтат), андан кийин КЧИни даярдоонун жана өткөрүүнүн дурус жактарына (Эмнеси жакшы болду? Белгиленгендерден биз эмнени иштей алдык? Эмненин аркасында?), кемчиликтерге, каталыктарга (Эмне ойдогудай болбой калды? Себеби?) жана — бул өзгөчө маанилүү — келечек үчүн (Мындан ары да эмнени пайдалансак болот? Салтка айландырабызбы? Башкача кандай аракеттенсек болот?) болуучу тийиштүү маселелер биргелешип чечилет.

Сборду алып баруучулар бул маселелердин мыкты чечилишине багыт беришет, баалуу нерселерин колдоого алышат жана өнүктүрүшөт, айтылган пикирлерди жана сунуштарды системага салып жалпылаштырышат.

КЧИге баа берүүгө ар бир тарбияланууучунун катышуусу башка каражаттар менен да — анкемелер жана анкеталар өткөрүү менен (мисалы, сен жаңы эмнени жасадың? Билдиңби? Эмнеге үйрөндүң? Жолдошторуңду эмнеге үйрөттүң деген сыяктуулар менен), дубал газета же чыгармачылык рапорттор берилүүчү линейка менен камсыз кылынат.

Тарбиячылар тарбиялык милдеттердин жыйынтыктарын дал ушул КЧИге катышышкан педагогдордун кеңешмесинде, вожатыйлардын сборунда, ата-энелер активинин (кичинекей коллективчилдердин улуу досторунун) кеңешмесинде же ата-энелер чогулушунда чыгарышат.

6-стадия — *КЧИнин жакынкы иштери.*

Ушул стадияда жалпы сбор кабыл алган чечимдер орундатылат; кичине коллективчилдер кезектешип аткаруучу чыгармачылык тапшырмаларга өзгөртүүлөр киргизилет, коллективдүү чыгармачылык иштин материалдары боюнча китептер окулат, жаңы КЧИ ойлонуштурулат жана б. у. с.

Мугалимдер окуу ишинде топтолгон тажрыйбаны пайдаланышат. Тарбияланууучулардын улуу жолдоштору — алардын ата-энелери, вожатыйлар, педагогдор, иштелгендерди талкуулоодо келип чыккан сунуштар алар тарабынан андан аркы тарбиялык иште жүзөгө ашырылат.

I КЛАССТАН ТАРТЫП ЧЫГАРМАЧЫЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК. Кенже мектеп окуучуларын тарбиялоо үчүн коллективдүү чыгармачылык иштердин олуттуулугун далилдөө биздин лабораториябыз үчүн эң кыйын иш болду. А. С. Макаренко атындагы Коммунанын биринчи бүтүрүүчүлөрү эле — Л. С. Новикова-Воробьева, Ю. Н. Афанасьев, В. Л. Животовская, М. А. Бесова, А. И. Рогачева-Корикова жана алардын жолдоштору октябрятардын жана алардын улуу жолдошторунун — пионерлер менен чоң кишилердин мугалим жетектеген чыгармачылык жалпы ишин белгилей башташты.

Алар кеңири таркалган көнүмүш адаттарга каршы — кенже окуучулар менен иштөөнүн даяр тажрыйбаны түздөн-түз үйрөтүүгө: монтаждарды жаттоого жана чексиз репетицияларга, мугалим берс турган жана контролдой турган жеке тапшырмаларга, акыл-насааттарга, сабакка жетише албагандар менен тентектерди жемелөөгө алып барып такоого каршы чыгышкан.

Бирок алгачкы биздин жоокерлерибиздин октябрятарды мындай окутууга каршы иш-аракеттеринде көп нерселер жеткиликтүү негизделбей, чалалыктар көп эле. Биз

түзгөн алгоритм боюнча кенже класстарда тарбиялык иштин конкреттүү методикасын иштеп чыгуу керек болучу. Бул милдетти лабораториянын жетекчилиги астында ленинграддык көп мугалимдер, эң оболу биздин факультеттин сырттан окуучу студенттери чече баштады. Бирок биринчи чыйыр салуучунун ролун А. С. Макаренко атындагы Коммунаны негиздөөчүлөрдүн бири, азыр биздин коомдук лабораториябыздын кызматчысы, Ленинград областынын Гатчина районундагы 10-мектептин андан кийин 9-мектептин башталгыч класстарынын мугалими Лариса Ивановна Рогачева-Корикова өзүнө алган.

Л. И. Корикова кезектеги I классты кабыл алып, тарбия процессин сентябрда жана октябрда коллективдүү чыгармачылык иштин кызыл жылдызча майрамын алты стадия боюнча уюштурган. Августтун аягында жана окуу жылынын биринчи күндөрүндө ал алдын-ала иш жүргүзгөн: биринчи класстагылардын октябрятка өтүшүнүн тарбиялык милдеттерин аныктаган, бул милдеттер жөнүндө окуучулардын тууган-туушкандарына, IV класстын пионерлерине билдирген, алар менен бирге майрамдын мүмкүн болгон бир нече варианттарын (келечектеги жылдызчалардын бири бирине сюрпризди даярдоонун, бир катар класстар менен куттуктоолор алышуу жана б. у. с.) белгилеген, өзүнүн тарбияланууучуларына чакан коллективдерди түзүүгө (коншулаш жашап, үйү же балдар бакчасы боюнча ымаласы бар балдардан биригишкен) жардам берген, аларга кызыл жылдызчалар майрамын кандай өткөрүп, ага кандай даярдануу керек болгондугу жөнүндө айтып берген...

— Көрдүнөрбү, ар түрдүүчө өткөрүүгө болот, бирок биз кандай кылууну өзүбүз тандап алабыз. Силерге эмне көбүрөөк жага тургандыгы жөнүндө бири биринер менен кеңешип көргүлө, а эми кечинде ата-энеңерге айтып берип, алар менен макулдашкыла...

Кийинки күнү жалпы сбор-старт өткөрүлгөн. Бөбөктөр жана вожатыйлар-төртүнчү класстагылар, алардын апалары жана чоң энелери (биринчи шефтерден болушкандар) уй мүйүз тартып отурушту. Мугалим чогулгандарды куттуктады:

— Бүгүн биз улуу-кичүү жолдоштор катары биргелешип, биздин турмушубуздун маанилүү маселесин, кызыл жылдызча майрамын кантип жакшылап өткөрүп, даярдай ала тургандыгыбызды чечмекчибиз.

Мүмкүн болуучу варианттар жөнүндө эскертип, топ-топ болуп улуу жолдоштору менен бирге чогуу кеңешүүгө 15

мүнөт берди: ар бири өз каалоосун — ким менен бирге жана кайсы жерде майрам өткөрөрүн, кимди кубандырарын... айтсын.

Ар бир топто талкуулоо башталды. Вожатыйлардын улам бири өз топторунун сунуштарын билдиришти. Мугалим тартынгандарды шыктандырып, айтылган сөздөрдү салыштырып, эң эле кызыктуу пикирлерди колдоого алып, өсүп-өрчүтүп турду. Биринчи класстагылардын жана алардын улуу жолдошторунун көпчүлүгү белектерди топ-топ боюнча камдоону жактагандыгы айкындалды.

— Ким үчүн камдайбыз?

— Бири бирибиз үчүн. Бирок кийин башка биринчи класстагыларды да куттуктоого болот...

— А кандай белектерди камдайбыз?

— Табышмактарды! Оюндарды! Ырларды! Жомокторду! Бардык балдар үчүн кызыктуу оюн өткөрүү керек. Бирок ким кааласа белегин жашыруун түрдө да даярдай алат.

Ошентип майрамдын штабы — ар бир чакан коллективден вожатый жана биринчи класс окуучусунан командир шайланды. Штабдын кеңешчилери — Лариса Ивановна жана катышып отурган энелер менен чоң энелер болду.

Сюрпризддерди даярдоо бир айдан ашык убакытка созулду: балдар ар жумада улуу жолдошторунда мейман болушуп, башка топтор үчүн жана бүт класс үчүн өзүлөрүнүн белектерин жасашты. Тандап алынган ырлардын, биргелешип түзүлгөн оюндардын, табышмактардын, жомоктордун кейипкерлери, албетте, октябряттар менен пионерлер болду. Бул жөнүндө мугалим жана вожатыйлар кам көрүштү.

Ушинтип майрам да келди. Салтанаттуу линейкадан кийин эми жылдызчалар болуп калышкан топтор өзүлөрүнүн улуу жолдоштору менен класс имаратына барышты, ошол жерде күтүлбөгөн окуя болду: пионерлер классты гирлянддар, аппликациялар, шарлар менен кооздоп үлгүрүшүптүр. Ошентип улам бир күтүлбөгөн иштер башталды. Кийинки күнү жалпы сбор — «огонек» өткөрүлдү. Жылдызчалар кайтадан кеңешишти. Кайтадан ар бири өз пикирин айтты. Бирок пикирлер мурдагыдан бир кыйла ишенимдүү айтылып жатты. Жылдызчалардын атынан эми вожатыйлар эле эмес, командирлер да чыгып сүйлөп жатышты.

— Силерге эмнелер жакты?

— Бардыгы. Баардыгыбызга кызыктуу болду. Жапатырмак иштедик!..

— А эмнени сунуш кылабыз?

— Келгиле башка октябряттарды куттуктайлы!

Ошентип үч күн бою, чейректин аягына чейин, Лариса Ивановнанын тарбияланууучулары аны менен бирге сабактан кийин параллелдүү класстардагы жолдошторуна жакшы даярдалган оюндарын, ырларын, табышмактарын алып мейманга келип отурушту.

Алты стадиянын бардыгы бирдей эле коллективдүү чыгармачылык иш. Бирок бул башталышы гана. Кийинки чейректин ичинде Лариса Ивановна өз коллективи менен алиги эле алгоритм боюнча бир нече КЧИни — «Алиппе менен коштошуу» майрамын, Жаңы жылды тосууну, октябряттык-пионердик «Зарницаны», «Даңктуу эмгекчилерге сыйлык» операциясын, В. И. Ленинди туулган күнүнүн урматына жылдыздуу марш-жүрүштү, «Ветерандарга салют!» операциясын өткөргөн.

Л. И. Корикованын эстафетасын Ленинграддагы башталгыч класстардын ондогон жана жүздөгөн мугалимдери колдоого алышкан, алардын ичинде Ленинграддагы 144-мектептен Т. А. Рыбкина, 544-мектептен Л. К. Панкратьева, 155-мектептен Т. С. Викторенкова, 264-мектептен Т. Н. Пыжова, 124-мектептен В. П. Орлова жана Ленинград областынын Гатчина районундагы Никольск мектебинен В. А. Макарова-Афанасьевалар бар эле.

Бул тажрыйба ынтымакташтык алгоритминин таасирдүүлүгүнүн, КЧИни башталгыч класстардан баштап эффективдүү пайдалануу мүмкүндүгүнүн жаңы далили.

Бул тажрыйба коллективдүү чыгармачылык иштердин ийгиликтүүлүгүнүн дагы бир башка маанилүү шартын табууга баа жеткис жардам берди.

ӨЗ АРА БЕКЕМДӨӨЧҮ БАЙЛАНЫШТАР. Майрамдык КЧИлерди пландаштырууда жана даярдоодо, октябряттар жана алардын улуу достору башка комплекстүү чыгармачылык иштерди да: Жаңы жылды тосуунун алдында, мисалы, октябряттык-пионердик фабриканы жана «Кар жомогу» операциясын; Аялдардын эл аралык күнүнө арналган майрамдын алдында — «Апалардын жана чоң энелердин кесиптерине саякатты» өткөрүүнү чечишет. Майрамдын программасынын өзү да кеңейет. Мисалы, Советтик Куралдуу Күчтөрдүн Күнү «Зарница» менен гана белгиленбестен, ошондой эле «Мальчиш-Кибальчиш» спектакли менен да (өздөрү биргелешип ойлоп чыгарган сценариясы боюнча) белгиленет, а эми «Ветерандарга салют!» операциясы баатырларга эстелик жөнүндөгү эмгектик десант менен толукталат.

Коомдук-саясий КЧИ эмгектик, таанып-билүүчүлүк, көркөмдүк КЧИ менен; спорттук КЧИ — таанып-билүүчүлүк... КЧИ менен бекемделет. Коллективдүү уюштуруучулук ишкердик (жалпы сбор-старт, иш советтеринин ишкердиги жана б. у. с.) коллективдүү чыгармачылык ишкердиктин ар кандай түрлөрүнүн бүтүндөй бир борборуна айланат.

Башталгыч класстар үчүн да КЧИ жана коммунисттик тарбиялоонун башка каражаттарынын өз ара байланышы зор маанини ээлейт, аларда тарбиялык мамилелердин эки түрү: муундардын чыгармачылык кызматташтыгына жана жолдоштук чыгармачылык окуп үйрөнүү ишке ашырылат.

Ошентип, сабактарда жана кошумча тарбиялык чараларда алынган билимдер жана ыктар мектеп окуучуларына иште ийгиликтүү жүзөгө ашырууга жана аны аңдап түшүнүүгө жардам берет. Өз кезегинде коллективдүү чыгармачылык ишкердикте балдардын таанып-билүү кызыгуулары жана жөндөмдөрү, алардын жакшы окууга умтулуусу өнүгөт, ийгиликтүү окуу үчүн керектүү мүнөздөр (жоопкерчилик, ак ниеттүүлүк, эмгекти сүйүү жана д. у. с.) калыптанат. Коллективдүү ишкердиктин ийгилиги үчүн жолдоштук ымала өзгөчө маанилүү болуп эсептелет, бул ымалада кыйыр жана ачык-айрым тарбиялык таасирлер жиксиз айкалышат.

КЧИ эффективдүүлүгүнүн табылган шарты — алардын бирин бири өз ара бекемдеши жана коммунисттик тарбиянын башка каражаттары менен өз ара байланышы — ынтымакташтык алгоритминин келечегине эшикти кеңири ачты: «алты стадиянын биримдиги жана ырааттуулугу» айрым КЧИни коллективдүү уюштуруу үчүн гана эмес, ошондой эле бүткүл коллективдүү чыгармачылык турмушту коллективдүү уюштуруунун ачкычы, негизи боло алат.

Биз бүткүл тарбиялык процессти тематикалык мезгилдер боюнча уюштурууну чечтик. Бул мезгилдердин тематикалары биздин коомдун турмушунун маанилүү окуяларын жана тармактарын чагылдырат, идеялык-саясий тарбиялоонун милдеттерин коммунисттик тарбиянын адеп-ыймандык, эмгектик жана башка бөлүктөрү менен тыгыз байланышта чечүүгө мүмкүндүк берет. Тарбиялык процесстин ар бир мезгилинин өз темасы бар, мисалы, Улуу Октябрь социалисттик революциясы, В. И. Лениндин өмүрү жана осуяттары, СССРдин Конституциясы жана д. у. с. Коллективдүү турмуштун бардык стадиялары белгилүү бир мезгилде ушул тема менен бириктирилет.

Мисалы, бул иште Гатчина районундагы 9-мектептин

II классынын мугалими Л. И. Корикова мындайча уюштурган.

Мугалим жаңы окуу жылына даярдануунун, төмөндөгүдөй темаларды: «Биздин революция», «Жаңы жылды утурлап», «Ленинградды коргоочуларга салют!», «Эмгекчил жана баатыр аялдарга даңк!», «Жашасын жаз!», «Ленин биздин жүрөгүбүздө», «Татыктуу баатырлардан болобуз» темаларын тандап алып, тарбиялык иште аларга ылайык уюштурган.

Биринчи тематикалык мезгил мугалимдин V класстын жетекчиси, бешинчи класстын пионерлери, физкультура мугалими, мектептин китепканачысы, окуучулардын ата-энелери менен бирдикте алдын ала иш жүргүзүшүнөн башталат. Бирок эми алар тарабынан бир эле майрамдын варианттары белгиленбестен, тескерисинче, бир нече мүмкүн болгон КЧИ белгиленип, аңгемелешүүлөр гана өткөрүлбөстөн, ошондой эле Октябрь Революциясы орденинин ээси менен жолугушуу, музейге экскурсия, кинофильмдерди чогуу көрүү, шаарда сейилдөөлөр чогуу өткөрүлөт.

2-стадияда бир эле КЧИнин планы түзүлбөстөн, тескерисинче октябрят тобунун жана анын улуу жолдошторунун сентябрь-ноябрдагы бүт турмушунун планы түзүлөт: ленинграддыктардын жана гатчиналыктардын революциячыл, күжүрмөн жана эмгектик даңктуу жерлери боюнча жылдыздуу марш-жүрүш; «Октябрь Революциясы орденинин ээлери» операциясы; «Биздин шаарыбыз 2000-жылда» фантастикалык долбоорлорду жактоо; «Алтын күз» эмгек десанты; куурчак театрынын «Биз силердин иште улантабыз» деген спектаклин комсомолдорго тартуулоо.

Алгачкы үч иштин октябрят жылдызчалары пионердик звенолор менен бирдикте аткарышы, а эми десантты жана спектаклди — ыктыярдуулардын кошмо бригадаларынын күчтөрү менен ишке ашыруу чечилген.

3-стадияда (Октябрь майрамына даярдык) сборлордо-«огонектордо» жылдыздуу марш-жүрүш, «Алтын күз» операциясы жана комсомолдорго белек спектакль пландаштырылат, даярдалат, өткөрүлөт жана талкууланат. Марш-жүрүштүн жана «Октябрь революциясы орденинин ээлери» операциясынын убагында, эмгек десантынын алдында чалгындоодо жана спектаклге даярданган кезде тууган-туушкандар менен — Улуу Октябрь социалисттик революциясынын катышуучулары менен, согуш жана эмгек ветерандары менен, ар башка муундагы комсомолдор менен жолугушуулар өткөрүлөт, Гатчинанын ишканаларына экскурсиялар, СССРдин конституциясы жөнүндө аңгемелер, мугалим жа-

на мектептин китепканачысы сунуш кылган китептерди, балдар журналдарын жана газеталарды окуу өткөрүлөт. Ушул эле темага түшүндүрмө жана класстан тышкаркы окуу, сүрөт, эмгек сабактары, октябряттардын жана алардын улуу жолдоштарынын — пионерлердин, туушкандардын, педагогдордун күн сайынкы катышы, жылдызчалардын улуу жолдоштордо меймандагы сборлору, альбомдорду жана стенддерди жасалгалоо техникасы боюнча көнүгүүлөр... арналат.

Жылдызчалар вожатыйлардын жетекчилиги астында класс жана курчап турган турмуш жөнүндө камкордук кылуу боюнча: «вахтада тургандар», «жаратылыштын достору», «бөбөктөрдүн достору», «китеп достору», «жаш журналисттер» деген тапшырмаларды аткарышат — «Баатырлар биз менен бир катарда», «Биз эмнелерди биле алдык» деген баракчалары бар оозеки журналды чыгарышат. Ар бир эки жумада бул тапшырмалар алмаштырылып аткарылып турат.

«Улууларга татыктуу болобуз!» деген ураан астында окууда өз ара камкордук кылуу ишке ашырылат: жылдызчадагы ар бир октябрят ар бир предмет боюнча «Жардам бер» ишин аткарат...

4-стадияда Октябрь социалисттик революциясынын жылдыгы майрамдалат. Топтолгон материалдардын көргөзмөсү ачылат, ага балдар көп сандаган меймандарды чакырып келишет, аларга белектер — альбомдор, кол менен жазылган китепчелер тартуулашат. Меймандар менен бирге октябряттар жана пионерлер «Биздин шаарыбыз 2000-жылда» деген фантастикалуу долбоорлорду даярдашат (бир сааттын ичинде!) жана жакташат.

5-стадияда — эки жарым ай ичиндеги бүткүл иштин жыйынтыгын чыгаруу: баа берүү анкетасы, жаш журналисттердин кезектеги жылдызчасы чыгарган оозеки журнал, дубал газетасы, жалпы сбор-«огонек» жана... пионерлер менен «жашыруун» кеңешме, ата-энелер чогулушу.

6-стадияда — «Октябрь Революциясы орденинин ээлери» көргөзмөсү боюнча октябряттар жана пионерлер үчүн экскурсия, комсомолдор — мээнеткечтер жана жоокерлер үчүн спектакль коюу, «Биздин шаарыбыз 2000-жылда» деген альманахты Четки Түндүктүн мектептерине белек иретинде көркөмдөп чыгаруу, Гатчинадагы паркта эмгектик десант...

Улам жаңы тематикалык мезгилдер тажрыйбага тажрыйба кошуп жатты. Л. И. Корикованын жолун жолдоп башталгыч класстардын башка мугалимдери, а эми алар менен бирге улуу пионер вожатыйлар, жалпы мектептик

коллективдердин жетекчилери тарбия процессинде ынтымакташтык алгоритмин чыгармачылык менен колдонууда.

...Мектептин мугалимдери жана бүт педагогикалык коллективи үчүн «Саламатсыңбы, мектеп!» тематикалык мезгили тээ августтун ортосунда эле башталат. Директор отпускадан кайтып келишкен мугалимдер менен ачемелешет, алар менен чогуу жаңы окуу жылындагы эң биринчи иштерди жана досторду чалгындоо педагогикалык иш үчүн ким кайда жөнөй турганын чечет. Партия уюмунун секретары КПСС райондук комитетине барат, бөлүмдөрдүн кызматкерлери менен жолугушуп, мектеп ошол жашап-иштеп жаткан району үчүн эмне жасай ала турганын жана жасоого тийиш экенин чечет. Мугалимдердин комсомол уюмунун секретары жана улуу пионер вожатыйы алдыда турган иштердин «майданын» комсомолдун райондук комитетинде талкуулап чыгат, андан кийин Пионер жана окуучулар үйүнүн жетекчилери жана педагогдору менен ачемелешип, методикалык жаңы көрсөтмөлөр менен таанышып чыгат. Класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштин уюштуруучусу башчылык эткен педагогдордун тобу (эмгек, адабият, биология, музыка жана көркөмсүрөт искусствосунун, дене тарбия мугалимдери, китепканачы жана врач, а эми алар менен бирге ата-энелер комитетинин председатели) аткаруу комитетинин секретары менен, өндүрүштүк коллективдердин ишин, көрктөндүрүү, жаратылышты коргоону, саламаттыкты сактоону, ветерандар жөнүндө камкордукту, физкультураны жана спортту, райондун маданий-агартуу мекемелерин тейлеген бөлүмдөрдүн кызматкерлери менен жолугушат. Кийинки күндөрдө бул педагогдор 2—3 кишиден болуп, маршруттарды өз ара бөлүштүрүп алышып, өз микрорайонунун турак-жай пайдалануу конторалары на (ЖЭК), балдар бакчаларына барышат, мектеп алдындагы участокту, короолордогу оюн жана спорт аянтчаларын, чет жакалардагы скверлерди жана парктарды карап көрүшүп, коңшулаш кесиптик-техникалык окуу жайынын жетекчилери менен ачемелешишет.

Ушул эле күндөрдө эки педагог директордун тапшыруусу боюнча шефке алган айылдык районго барышып, алар менен бирге мектеп кандай жалпы иштерди аткара ала турганын билишет.

Анан албетте, директор өзү жана анын орун басарлары элге билим берүү жана райондук педагогика кабинетинин кызматкерлери менен жолугушат, окуу-тарбия иши боюнча жаңы материалдарды окушат жана талкуулашат,

алдыдагы окуу жылында алардын кеңештерин жана тактиптерин кандай пайдалануу керектиги жөнүндө кайра-кайра ойлонуштурушат.

Педагогикалык чалгындоонун корутунду этабы башталат: эми бул чалгындоонун маршруту — мектептин өзүндө жүрөт. Предметтик комиссиялар керектүү иштердин планын түзүшөт; жалпы мектептик жайларды жабдуунун жана жасалгалоонун жаңы мүмкүндүктөрү жөнүндө директор жана партия уюмунун секретары, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иш уюштуруучу, улуу пионер вожатыйы, окуу бөлүмүнүн башчысы жана мектептин чарба бөлүмүнүн башчысы ойлонуштурушат.

«Тышкы» жана «ички» чалгындоо, докладдар жана сөз сүйлөөлөр, август кеңешмесинин биринчи күндөрүндө мектептин педагогдоруна жана бүткүл тарбия коллективине андан ары талдоо ишин жүргүзүү үчүн кенен-кесири материал берет. Бул коллективдүү ойлонуштуруу, бул коллективдүү иликтөө кандайча болуп өтөт?

Август кеңешмесинин акыркы күндөрүндө предметтик комиссиялар чогулушат; ал комиссиялардын ар биринде чалгындоонун жана райондук конференциянын убагында келип чыккан таасирлер менен ой-пикирлерди ортого салышат, педагогикалык советке сунуштар даярдалат. Андан кийин класс коллективдеринин узартылган күнү бар топтордун тарбиячыларынын бирикмелери: биринчи, төртүнчү, жетинчи, онунчу класстардын «союзу», экинчи, бешинчи, сегизинчи класстардын «союзу», үчүнчү, алтынчы, тогузунчу класстардын «союзу» иштешет. Ошондой эле, чалгындоонун маалыматтарына таянып, педагогдор тарбияланууучулар менен алардын тарбиячыларынын ар кыл муундарынын чыгармачылык ынтымакташтыгынын — өз ара камкордугунун, айланадагы адамдардын, алыскы дүйнөлөрдүн өз мектебинин кубанычына жана пайдасына иштелчү жалпы иштердин перспективаларын айкындашат.

Жаңы окуу жылындагы биринчи педагогикалык совет өткөрүлөт. Директордун кыскача кириш сөзү эң эле маанилүү бир катар маселелер, аларды биргелешип талкуулоо жана чечүү жөнүндө болот. Педагогикалык жана бүткүл тарбиялоочу коллектив мектептин идеялык-тарбиялоо милдеттерин кантип жакшыраак чечиши керек? Билим берүүчүлүк функциянычы? Эмгекке даярдоочу функциянычы? Жалпыга бирдей билим берүүчү функциянычы? Адегенде — предметтик комиссиялардын сунуштары угулат. Комиссиялардын председателдери сүйлөшөт, андан кийин — суроолор, пикирлер, сын коюулар жана тактоо киргизүү-

лөр менен каалагандардын бардыгы сүйлөшөт. Андан кийин тарбиячылар союздары иштеп чыккан сунуштарды угуп чогуу талкуулашат. Мектептин директору коллективдүү ойлонуштуруунун ушул учуруна да жетекчилик кылат, кошумча суроолорду берип, тигил же бул сунушка түшүндүрмө берүүнү же аны жүйөөлүү төгүндөөнү, зарыл учурда тийиштүү кичине коллективдерде (предметтик комиссияларда, класстык коллективдердин же параллель класстардын жетекчилеринин союздарында) талаштуу маселе боюнча кыскача кеңешмелер өткөрүүнү сунуш кылат, эң мазмундуу сунуштарды колдоого алып, кеңейтет, жалпы чечим чыгарат.

Дал ушул чечим жаңы окуу жылына түзүлгөн перспективалуу пландарда такталып кеңейтилет, ал пландарды кийинки күндөрдө ар бир предметтик комиссия жана тарбиялоочу коллективдин ар бир органы түзөт. Жалпы чечим жана пландар класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы ишти уюштуруучу, улуу пионер вожатыйы, класстык коллективдердин жетекчилери жана узартылган күнү бар топтордун тарбиячылары түзүшкөн тарбия ишинин жеке өздүк пландарынын негизин түзөт.

Августтун ушул эле акыркы күндөрүндө эки бирикме отряд иштейт. Биринчисинде — комсомол комитетинин жана окуучулар комитетинин, дружина советинин жана октябряттардын достор советинин (СДО) мүчөлөрү, ВЛКСМ класстык бюро секретарлары жана отряд вожатыйлары иштейт. Улуу жолдоштор — педагогдор менен чогуу алар алдын ала гайдардык чалгындоонун маршруттарын аныкташат, командалар боюнча бөлүнүшөт, аракеттенүү программасын түзүшөт. Ар бир командада улуу достордон шайланган өз комиссары болот. Ошентип «Билим жана эмгек» маршруту боюнча (мектептин кабинеттери жана мастерскойлору, ВЛКСМ райондук комитети, шефке алган ишкана, коншулаш кесиптик-техникалык окуу жайы жана б. у. с.) балдарды — улуу пионер вожатыйы; «Искусство» маршруту боюнча — мугалимдер — эстетикалык жактан тарбиялоонун демилгечилери; «Басма сөз» маршруту боюнча — китепканачы; «Бөбөктөр» маршруту боюнча — мугалимдердин комсомол уюмунун секретары; башталгыч класстын мугалими; «Жаратылыш» маршруту боюнча — биология мугалими; «Спорт» маршруту боюнча — дене тарбия мугалими алып барат.

Ошентип ар бир маршрутта — байкоолор (ал тургай эчактан берки тааныш нерсе чалгындоодо таптакыр башкача болуп көрүнөт!), жолугушуулар, эмне жасоого болот

деген ой толгоолор, варианттардын кагылышуусу, талаштар жана — милдеттүү түрдө — эски жана жаңы достору 1-сентябрь майрамына чакыруулар болуп өтөт.

Экинчи бирикме отрядда «Саламатпы, мектеп!» майрамын уюштурууга катышууну чечкен ыктыярдуулар, ар кыл класстардын комсомолдору, пионерлери, октябряттары болушат. Класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иште уюштуруучунун башчылыгы астындагы педагогдор менен ата-энелер комитетинин активисттери, алар менен бирге болушат.

Жаңы окуу жылынын биринчи күнүн кантип жакшыраак өткөрүүгө болот? Кимди эмне менен кубандыруу керек? Ар бир коюлган суруш талкууланат. Бир нече чыгармачылык иштерди бириктире турган жалпы ой келип чыгат. Эми бригадаларга бөлүнсө болот... Бардык бригадалардын биргелешкен операциясы — «Акыркы белги»: 31-август күнү түштөн кийин мектеп имараты өзгөчө көркөм жана кирсе чыккыс болуп кетет. Бирок ар бир бригаданын, гайдардык бригаданыкындай эле өз милдети да бар (балдар улуу досу менен бирге чогуу орундатышат). Ветерандарды, мугалимдерди жана мектептин кызматчыларына ыраазылык куттуктоо айтуу менен майрамга чакыруу рейди. Жалпы мектептик линейканы уюштуруу. Биринчи класстагылар менен «Мектеп боюнча саякат», Педагогдорго (гүлдөр, эскерме значоктор-эмблемалар) жана техникалык кызматкерлерге белектер. Кечкурун мектеп стадионунда ата-энелер менен кошо көңүлдүү спартакиада өткөрүлөт.

2-сентябрда «Саламатпы, мектеп!» тематикалык мезгилинин аяктоочу, эң эле жооптуу стадиясы — майрамдын кийинки эле иштин жана андан мурдагы бүткүл иштердин стадиясы башталат. Эң оболу — гайдардык жапырт чалгындоо жүргүзүлөт, ага алдын ала чалгындоонун катышуучулары өзүлөрүнүн жолдошторун алып жөнөшөт. Вестибюлда жана ар бир кабатта — маршруттар жана бул маршруттар боюнча бара турган командалардын тийиштүү наамдары, жетектөөчүлөрдүн — ар бир командanын штабынын мүчөлөрүнүн составы, ар бир командanын сборунун орду жана убактысы көрсөтүлгөн чоң-чоң плакаткарталар илинген. Ошентип, ыктыярдуулар, керектүү жана кызыктуу иштерди, чебер жана ишеничтүү досторду жалпы иликтөөгө чыккыла! — Танапистерде плакаттардын жанында топтошкон балдар; ойго баткан «штабчылар» жана алардын достору өз маршруттарын жактап үгүт жүргүзүүдө...

Түштөн кийин мектептин айланасында ар кайсы жерлерге чалгындоочулардын топтору чогулууда; ар биринде — жогорку класстын комсомолдору, кызыл галстукчан өспүрүмдөр, чыйрак октябряттар бар. «Штабчылар», комиссарлардын үнсүз-сөзсүз колдоосу алдында, маршруттун ар кыл объектилери жөнүндө айтып беришүүдө. Эми бардыгыбыз бүткүл маршрут боюнча чыгуубуз кажетсиз, тескерисинче, ар бир объектини өтө кылдат чалгындоо керек! Ошондуктан маршруттун айрым участкаларында иштөө үчүн анча чоң эмес отряддар — каалоосу боюнча түзүлөт. Ар бир отрядга командандын штабынын мүчөлөрүнүн бири, алдын ала чалгындоого катышуучу (каалоосу боюнча) башчылык кылат. Эң эле кыйын объектиге балдар менен бирге комиссар барат. Мына эми бардык мектеп окуучулары курчап турган турмушка көз чаптырып карап көрүүгө, аны жакшыртуу үчүн эмнени жасоого боло тургандыгын, кишилердин кубанчына жана пайдасына өзүлөрүнүн билимин жана шыгын кантип колдонуу керектигин ойлоого өз тажрыйбасында үйрөнүшөт.

Кийинки күнү биринчи класстан тартып онунчу класска чейин ар бир класста ар түрдүү командалардын катышуучусу өз таасирлери жөнүндө айтып беришет, ой-пикирлерин ортого салышат. Класстык коллективдин жетекчиси отряд жана пионер вожатыйы менен, отряд советинин председатели же комсомолдук уюштуруучу (комсорг) менен бирдикте чогуу талкуу уюштурат. Жалпы мектептик иш планга карата «биздин класстын» сунуштарын чогуу иштеп чыгабыз. Жалпы мектептик слет-стартка делегация шайланат.

Бул слёт — маанилүү окуя! Бардык муундагы мектеп окуучулары өзүлөрүнүн улуу жолдоштору менен бирге жана алардын жетекчилиги астында биримдүү өз коллективинин турмушунун келечегин белгилешет. Директордун кириш сөзүнөн кийин «ракеталарда» — үч же төрт класс коллективдеринин делегацияларынын бирикмелеринде иш жүргүзүлөт. Ар бир делегация кезектештик менен өз классынын сунуштары жөнүндө билдирет, суроолорго жооп берет, андан соң бул сунуштарды талкуулоо жүрөт, эң керектүү жана кызыктуу сунуштар тандалып алынып, өсүп-өркүтүлөт. Аз болсо да саз болсун! Бирок бардыгы чыгармачылык менен иштелсин!

Андан кийин — жалпы иш башталат. «Ракеталардын» өкүлдөрү сунуштарын киргизишет. Эң башкысы — сунуш жасалып жаткан ишти негиздөө. Ким үчүн? Ким катышмакчы? Ким менен чогуу? Уюштуруучу ким болот? Чоң

плакатта ар бир сунуштун маанисн белгиленип жазылат. Жетектегендердин үчөө (класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштн уюштуруучу, комсомол комитетинин секретары жана окуучулар комитетинин председатели) балдар да, тарбиячылар да катышкан талкууну алып барышат, сунуштарды салыштырышат, аларды бириктиришет, эң келечектүүлөрүн толуктап кенейтишет. Жыйынтыгында — бирин бири бекемдеп тура турган жалпы мектептик узакка созулуучу алты операция жөнүндө слеттун төмөндөгүдөй сунуш-талабы келип чыгат: «Келечекти куруучуларга данк!», «Ойлоп чыгар, ойлоп тап, байкаштыр!», «Өз жергенден аянба», «Бөбөктөрдү кубант», «Стадион биздин айланабызда», «Ыптымакташтардын республикасы». Жаңы окуу жылында жалпы мектептик майрамдар жана жалпы мектептик коллективдин турмушунун тематикалык мезгилдери аныкталат. Алар Улуу Октябрь социалисттик революциясына, биздин өлкөбүздүн элдеринин достугуна, илимий-техникалык прогресске, В. И. Лениндин көөнөрбөс идеяларына, тынчтык үчүн күрөшкө арналат.

Слет алдыга койгон операциялар класстык пионерлер жана октябряттар коллективдеринин жалпы сбор-старттарында, класстык комсомол уюмдарынын ачык чогулуштарында, жалпы комсомолдук чогулушта жана пионер дружинасынын отчеттук-шайлоо сборунда, андан соң ВЛКСМ комитетинин жана жаңы составдагы окуучулар комитетинде (ошол эле жалпы мектептик слетто шайланган), дружина советинин жана октябряттардын достор советинде такташтырылат, өнүктүрүлөт, кошумчаланат. Анан албетте, мектеп окуучуларынын улуу жолдошторунун кенешмелеринде — предметтик комиссияларда жана тарбиялык бирикмелерде, мектептин жана ар бир класстын ата-энелер комитеттеринде, ата-энелер чогулуштарында жана микрорайондун советинде, партиялык, профсоюздук уюмдардын, мугалимдердин комсомолдук уюмунун чогулуштарында такталат, өнүктүрүлөт, кошумчаланат. Ар бир коллективдин, ар бир тарбиячынын өзүнүн жалпы кийинки ойду ишке ашыруу үчүн так планы, ал пландуу ишке ашырууда өзүнүн өзгөчө ролу болот. Анан ошону менен бирге ар бир операция — бул бүт муундагы тарбияланууучулардын жана алардын улуу жолдошторунун чыныгы жалпы граждандык ишинин, практикалык жана тарбиялык ишинин, жаңы адамдын инсанынын бардык тарабын калыптандырып өнүктүрө турган (тыгыз биримдикте) иштин көрүнүшү.

Ошентип, «Келечекти куруучуларга данк!» операциясы — бул шефтик ишканаанын, шефке алынган айылдык

райондун, алыскы сибирдик курулуштун жана Четки Түндүктөгү поселоктун мээнеткечтери жөнүндө, коммунизм үчүн күрөштүн ветерандары жөнүндө, өзүлөрүнүн бир туугандары жана жакындары жөнүндө камкордук; бул класстык коллективдер менен алардын «союздарынын» эмгектик чабуулдар жана десанттар, майрамдык талкуулоо, ар түрдүү коомдук-саясий, эмгектик, тааныш-билүүчүлүк, «Алыскы досторго белек», «Ветерандарга салют!», «Жылдыздуу марш-жүрүш», «Кесиптер боюнча саякат» сыяктуу КЧИлери. Бул — мектептик эмгек комбинатынын райондун ишканалары менен мекемелеринин заказдарын, тааныган-тааныбаган бөбөктөр үчүн оюнчуктарды даярдоо жана ремонттоо. Бул — мектептин күжүрмөн даңк музейин коммунизм үчүн күрөшүүчүлөрдүн даңк музейине айландыруу. Бул — интернационалдык достук клубунун жана «Прометей» клубунун ишкердиги. Бул — каникулдардагы үгүт жүрүштөрү жана эмгек отряддарынын «бешинчи» чейректеги иши... Ошондуктан «Келечекти куруучуларга даңк!» операциясына партия уюмунун секретары жана улуу пионер вожатый, ВЛКСМ комитетинин секретары жана дружина советинин председатели, комсомол комитетинин идеология жана эмгек секторлору, окуучулар комитетинин эмгек сектору жана эмгек комиссиясы, саясий-массалык жана коомдук пайдалуу ишке жооп беришкен дружина советинин жана СДОнун мүчөлөрү бирге жетекчилик кылышат.

«...Ойлоп чыгар, ойлоп тап, байкаштыр!» операциясы — бул ар бир окуучунун билимин арттыруу жана терендетүү жөнүндө, илимге, техникага, искусствого кызыгууну өнүктүрүү жөнүндөгү жалпы камкордук. Бул — класс коллективдериндеги ар түрдүү тааныш-билүүчүлүк жана камкордук иштер: сүйүктүү окуучулардын эстафетасы, чыгармачылык долбоорлорду жактоо, турнир-викториналар, «Айланабыздагы жашыруун сырлар» сборлору жана кечелери. Кичине дарыяларды жана шефке алынган райондун тарыхый өткөндөгүсүн үйрөнүү боюнча экспедициялар жана эмгек комбинатынын конструктордук бюросу. Микрорайондо жашагандар үчүн жана айылдык досторго барып тура турган мектептик маданият дворецин (кино студиясы, куурчак жана музыкалык-драмалык театр, бий жана ыр ансамбли) түзүү жана анын иши. Ошондуктан операциянын штабына ВЛКСМ комитетинин окуу жана маданий-массалык секторлору, дружина советинин мүчөлөрү жана СДО, мектептик илимий коомдун башкармаларынын председателдери, конструктордук бюронун начальниги, а эми булар менен бирге — алардын улуу жолдошто-

ру: окуу бөлүмүнүн башчысы, адабият, тарых жана башка предметтердин мугалимдери, ынтызарлар — ата-энелер мектептин ар кыл жылдагы бүтүрүүчүлөр киришет.

«...Ынтымакташтардын республикасы» операциясы — бул өсүп-өнгөн мектеп жөнүндө, анын турмушунун маданияты жана кубанычы жөнүндө, жайлуулук жана тазалык жөнүндө жалпы камкордук. Мектеп китепканасы жөнүндө, класстык жана үй китепканаларын түзүү жөнүндө камкордук көрүү. Мектептик оюн аянтчаларын түзүү жана дем алыштардагы акылга сыярдык эс алуу жөнүндө камкордук. Кичинекей коллективчилдердин ар бир класста улам алмашып туруучу чыгармачылык тапшырмаларды орундатуусу. Мектепти гүл-бакчага айландыруу. Көрсөтмө үгүт жана кереге газеталар жөнүндө камкордук көрүү. Ошондуктан операция штабында комсомол комитетинин, дружина советинин, октябряттардын досторунун советинин мүчөлөрү, класстардын старосталары жана мектептик кереге газеталардын редакторлору, окуучулар комитетинин председатели жана мектеп боюнча дежур болууну тейлеген класс коллективдеринин комиссарлары жана алардын «союздары» жапатырмак аракет кылышат. Ошентип мектеп окуучулары менен бирге коллективдүү уюштуруучулук ишке аларды жекече үлгүсү менен окутуп-үйрөткөн улуу жолдоштору — педагогдор менен коомдук ишке кызыккан тарбиячылар катышышат. «Ынтымакташтардын республикасында» — ишенимдүү авангарды бар!

Бардык изденүүлөрүбүздүн баскычтары: Х А классынын тарыхы, дисчилер жетекчилик кылышкан пионер дружиначыларынын өнүгүшү, «Достук» комбинатынан жүрүш-экспедициясына чейинки жол, КЮФтун иши, А. С. Макаренко атындагы Коммунанын жана ленинграддык мектептердин кызматташтыгы эми башкача көрүнүп калды. Бул баскычтар *тарбиялоо ишинин динамикасы* таанып-билүүгө алып келди.

Ар бир циклдин биринчи этабында тарбиялоо ишинин негизги звеносу — *тарбиячылардын өздөрүнүн өзүн өзү тарбиялоосу* (өз ара жана жекече). Бул тарбиялоочу коллективди жаңы милдеттерди чечүүгө тарбиялоо. Экинчи этаптын негизин эки звенонун биримдиги түзөт: тарбиячылардын өзүн өзү тарбиялоосу (улантылат жана терендетилет) жана *тарбиячылардын тарбияланууларды тарбиялоосу*. Биринчи жана экинчи этаптар ар бир мезгилдин баштапкы стадиясында — тарбиячылардын алдын ала иштеринде ишке ашырылат.

Үчүнчү этапта тарбиялоо процессинин негизин үч зве-

нонун биримдиги: тарбиячылардын өзүн өзү тарбиялоосу, тарбиячылардын тарбияланууучуларды тарбиялоосу жана *тарбияланууучулардын өзүн өзү тарбиялоосу* (өз ара жана жекече) түзөт. Бул этап ар бир тематикалык мезгилдин — коллективдүү пландаштыруунун, жалпы чыгармачылык ишке, майрамга карата даярдоонун, аларды өткөрүүнүн бир нече стадияларында жүзөгө ашырылат. Коллективдүү жыйынтык чыгаруу стадиясында ар циклдин төртүнчү, аяктоочу этабы башталат, анда жогоруда көрсөтүлгөн звенолордун бардыгынын өнүгүшү биримдүү тарбиялоочу коллективге анын бардык мүчөлөрүнүн жолдоштук талапкердигинин күчөшү менен бекемделет, бул ар бир мезгилдин акыркы стадиясынын — «жакынкы иштер» стадиясынын маңызын түзөт. Жаңы тарбиялык милдетти алдыга коюунун жана чечүүнүн зарылдыгы келип чыгат. Тарбиялык иштин жаңы тизмеги башталат.

* * *

Коллективде жана коллектив аркылуу тарбиялоону бирдиктүү тарбиялык коллективде тарбиялоо катары улам терең түшүнүп, улам ийгиликтүү уюштурабыз. Бул коллективди анын башкы бөлүгү — тарбия берүүчү коллектив жетектейт.

Бирдиктүү тарбиялоочу коллектив — бул тарбиячылар менен тарбияланууучулардын бирикмеси бул бирикмеде алардын жалпы граждандык иши — улуулардын кенжелер жөнүндө ачык-айкын жана кыйыр жолдоштук тарбиялоочу камкордугу менен багыттала турган уюштуруучулук, практикалык, тарбиялык иштери өнүгөт. Башкача айтканда, коммунисттик жолдоштуктун тарбиялык мамилелери — жалпы иштин реалдуу мамилелери жана жолдоштук кадырлоо менен жолдоштук талапкердиктин рухий мамилелери биримдикте өнүгө турган бирикме.

Бирдиктүү тарбиялоочу коллективде улуулардын (тарбиялоочулардын) даяр мурда топтолгон коомдук зарыл тажрыйбаны ачык-айкын бериши жана бул тажрыйбаны кенжелердин (тарбияланууучулардын) ачык-айкын өздөштүрүшү гана ишке ашырылбастан, ошондой эле тарбиячылардын мындай тажрыйбаны кыйыр түрдө бериши жана аны тарбияланууучулардын коллективдүү чыгармачылык иштерде кыйыр өздөштүрүшү тыгыз өз ара байланышта ишке ашырылат. Коомдук жана окуу милдеттерин чечүүдө бул тажрыйбаны колдонуу менен тарбияланууучулар тарбиячылар менен бирге жана алардын жетекчилиги ас-

тында өзүлөрү үчүн коомдук маанилүү жаңы тажрыйбаны түзүшөт. Бул жаңы тажрыйба мурда да өздөштүрүлгөн жеке тажрыйбага кошулат. Тарбиячылар менен тарбияланууучулардын ортосунда мындай тажрыйба алмашуу, бул тажрыйбаны колдонуу, аны коллективдин салттары түрүндө бекемдөө болуп өтөт. Натыйжада тажрыйба ар бирөөнүн энчилүү кенчине айланат.

Мына ошентип, бирдиктүү тарбиялоочу коллективде тарбиячылардын тарбияланууучуларды тарбиялоосу гана болуп өтпөстөн, ошондой эле кенжелердин да, ошондой эле улуулардын да өзүн өзү тарбиялашы да болуп өтөт.

Бирдиктүү тарбиялоочу коллективдин жетектөөчү бөлүгү — тарбиялык коллектив, улуу муундардын өкүлдөрүнүн кенжелер жөнүндө тарбиялык иштер боюнча жолдоштор катары бирикмеси, алар кичүүлөр менен бирдикте жана аларды жетектөө менен турмуштук маанилүү милдеттерди — уюштуруучулук, практикалык жана тарбиялык, анын ичинде окуу милдеттерин чыгармачылык менен чечишет. Тарбиялык коллективде өзгөчө орунду анын уюткусу болгон педагогдор өзгөчө роль ойнойт.

Кенжелердин жалпы чыгармачылык граждандык иштерине багыт берип, алар жөнүндө улуулардын жолдоштук тарбиялык камкордук көрүшү тарбиялык коллективдин өнүгүшүнүн кыймылдаткыч күчү болуп эсептелет. Бул кыймылдаткыч күч коллективдин жетекчисинин башка тарбиячылар жөнүндө, ар бир тарбияланууучу жөнүндө, алардын улуу жолдошу катары өзү жөнүндө жолдоштук тарбиялык ишинен башталат. Бул камкордуктун, өз кезегинде, башка тарбиячылардын өзү жөнүндөгү, тарбияланууучулардын улуу жолдоштору катары бири бири жөнүндөгү, ошондой эле тарбияланууучулардын өзүлөрү жөнүндөгү алигидей эле түйшүгүн козгойт жана күчөтөт.

Коллективдин жетекчисинин жана башка тарбиячылардын тарбияланууучулар жөнүндөгү жолдоштук тарбиялык түйшүгү, өз кезегинде, тарбияланууучулардын өзү жөнүндө жолдоштук тарбиялык ишин (өз ара жана жекече) жана алардын өзүлөрүнүн улуу достору катары тарбиячылар жөнүндөгү түйшүгүн козгойт жана күчөтөт.

Мына ошентип, жолдоштук тарбиялык иштин максаты — жалпынын пайдасы, кубанычы үчүн жасалган конкреттүү иштер менен жорук-жосунда адамдын чыгармачыл күчтөрүн айкындап, өсүп-өрчүтүү.

Жолдоштук тарбиялык иштин маңызы — жолдоштук урматтоонун жана адамга жолдоштук талапкердиктин биримдиги.

Коллективдин жетекчиси жана башка тарбиячылар жолдоштук урматтоону жана жолдоштук талапкердикти — бирдикте — өзүнө жана тарбияланууучуларга кайчалык толук жана терең көрсөтсө, тарбиячылардын жана тарбияланууучулардын айланадагы турмушту жана өз турмушун жакшыртуу жөнүндөгү жалпы чыгармачылык граждандык түйшүгү ошончолук ылдам, толугураак болуп, тереңдейт, демек, ар бир окуучунун коллективчил катары, башка кишилердин жолдошу катары ар тараптуу өнүгүшү ошончолук ийгиликтүү өтөт, тарбияланууучуларды жана тарбиячыларды коммунисттик тарбиялоо ошончолук ийгиликтүү жүзөгө ашат.

Бул педагогикалык закон ченемдүүлүк социалисттик коомдун турмушунун көрүнүшү болуп саналат. Бул закондун мааниси — бардыгы бирөө үчүн, бирөө бардыгы үчүн кам көрүү.

...Убакыт куштай учуп, жаңы милдеттер пайда болууда. Коммунисттик тарбиялоо иши, коллективчилдерди калыптандыруу процесси уламдан-улам татаалдап баратат. Бирок биз бул процесске улам ишенимдүү батып, сүңгүп кирүүдөбүз, себеби биздин ишенимдүү тажрыйбабыз, ишенимдүү теориябыз бар. Биздин улуу мугалимдерибиз жараткан коммунисттик жолдоштуктун педагогикабыз, келечектеги азыркы кездеги педагогикасы бар.

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

Е. Ю. САЗОНОВ

МАСТЕРЛЕРДИН ШААРЫ

ЖЧТ — Жаштар чыгармачылыгынын театры — Ленинграддагы эң сонун балдар мекемелеринин бири — Ленинград пионерлер Сарайында түзүлгөн. Бул мындан 30 жыл мурда 1956-ж. 22-апрелде В. И. Лениндин туулган күнүнө карата болуп өткөн. Биздин театр өзүнүн биографиясын Лениндик күндөн баштаганын биз эч качан унутпайбыз жана муну биз терең сыймыктануу менен эскеребиз.

«ЖЧТнын негизги милдети,— деп жазган театр жөнүндө жободо, анын түзүүчүсү РСФСРдин маданиятына эмгек сиңирген ишмер Матвей Григорьевич Дубровин,— терең жана шыктангандык менен чыгармачылыкты көрсөтүүгө жөндөмдүү, коммунисттик көз караштагы, эмгектин жана жүрүм турумдун коммунисттик билгичтигине ээ болгон гармоникалык өсүп өнүккөн инсанды тарбиялоо болуп эсептелет». Атайын педагогикалык билими жок болгону менен М. Г. Дубровин чыныгы педагог эле. Ошондой эле, ал режиссер катары психолог болчу, адамдарды түшүнчү, алардын айткандарын укчу! Чоң кичине дебей элдин баары андан кеңеш сурашчы. Ал эми балдар менен кыздарды, жөн эле актёрлук чеберликке гана эмес андан чоңго үйрөтчү. Ал биз менен көпкө, чебердик менен бүт күчүн жумшап репетиция өткөрүүчү. Азыр ойлосом бизди толук профессионалдуу репетициядан өткөрүптүр. Жашыруун сырдын маанисин мына ушунда: биз «алыбыздын бардыгынча» театр менен, сахна, бөлүктөр, ритмалар, этюддар менен иштөөчүбүз, өзүбүздүн спектаклди ойноочубуз, бизге болсо зор жана укмуштуудай, кооз дүйнө ачылчу. Ошол дүйнөдө дагы бир нерселерге, балким төмөнкүдөй суроолорго жооптор табылса керек. Кандайча жашоо керек? Кандай болуу керек? Биз ошол дүйнөнү, ошол суроо-жоопторду көз айырбай тиктеп кароочубуз, ал эми Дубровин болсо «кокусунан» бизди алар менен бетме-бет, жалгыз таштап койчу, ошондуктан ал суроолорду өзүбүз

чечип, өзүбүз жооп берүүгө тийиш болчубуз. Мына ошонун өзү биз үчүн эң оор, бирок эң керектүү жана кызыктуу эле. Андан кийин ал биздин ишибизден эмне келип чыкканын бизге айтып берүүчү. Ролдордун кандай аткарылгандыгын гана эмес, биздин «пайда боло баштообузду» айтып берүүчү. Мында ал бизди эч аёчу эмес! Ар кимибизге болгон чындыкты бетке айтуу. Мына ошол чындыкта мугалимибиз бизге ачып берген жана биз жетели, өсөлү деп үмүттөнгөн адамдык эң сонун бийиктик, тазалык бар эле.

Азыр ЖЧТда 200 жаш Ленинграддыктар — пионерлер жана комсомолдор, IV—X класстардын окуучулары бар. Алар жумасына үч жолу мектептеги сабактардан кийин өздөрүнүн театрына шашып жөнөшөт. Балдар бул жерге эмнеге келишээрин жана анын биздин бардыгыбыз үчүн кандай маанини бар экенин мен силерди ЖЧТ на чакырамын...

«Эгер сен театрды жакшы көрсөң...» Ар бир жылы күзүндө, сентябрь айында Ленинграддын мектептеринде биздин афиша пайда болот. Өзүнө тартып кызыктыруу үчүн ал афиша кээде типографиялык, ал эми көбүнчө колдон, бирок сөзсүз кандайдыр бир сүрөт тартылып илинчү. Афишада Жаштар чыгармачылыгынын театры кезектеги сезонун ача тургандыгы жана ошондуктан ага IV класстан баштап бардык куректагы балдар жана кыздар керек экендиги жазылат. Шарты бирөө гана: театрга ышкыбоз болуу керек. Афишада: «Эгер сен театрды жакшы көрсөң, анда...» деп жазылган. Андан тышкары афиша ЖЧТ на жазылуу үчүн качан жана кайсы жерге келүү керек экендиги көрсөтүлөт. Мына ошентип, балдар менен кыздар келишет. Алар ата-энелери же өз достору, тентуштары менен кээде дээрлик бүт классы менен да келишет.

— Сен ЖЧТ жөнүндө кайктан билесиң?
— Досум айтты. Ал сиздерде окуйт.
— А сенчи?
— Афишаны окудум.
— Менин апам мында окуган. Мени да баргын деди.
— Эмне үчүн?
— Коллективи жакшы. Киши болуп чыгасың дейт.
— Артист болгуң келеби?
— Ооба.
— А сен дагыбы?
— Жок, мен жалпы алганда, каалабайм...
— Анда эмнеге келдиң?
— Билесиңби... Театр өстүрөт да. Башкача айтканда

искусство пайдалуу дегим келет. Дүйнөгө көз карашың өзгөрөт.

— Түшүнүктүү, түшүнүктүү.

— Артист болоюн деген оюм жок. Мен арктикалык окуу жайына барам...

Мына ушундай иштер, ушундай сүйлөшүүлөр. Мен аларды жүргүзгөндү жакшы көрөм. Бардыгы жаңыдан гана башталууда, мына бул баланын жана мына бул кыздын, мобу жаш жигиттин жана бой жеткен кыздын болочок ЖЧТлык биографиясынын таза барагына азырынча эч нерсе жазыла элек... Албетте, мени менен ачгемелешкен жаштардын жоопторуна чоң маани берүүнүн зарылдыгы жок, анткени алардын жооптору дайым чындыкка туура келе бербейт. Жок-жок, мен алардын чын жүрөктөн эместигине же чынчыл эместигине ишенбей, шектенип жатат деп ойлобоңуздар! Алар ак ниеттүү жана чынчыл. Алар чын жүрөктөн уялып кысылуу абалында (тааныш эмес кишиге жүрөктөгү сырдын баарын айта албайт да) болушкан жана өздөрүнүн билбегендери, тагыраак айтканда, ким болоорун, өзүнүн турмуштук жолун кайсы жакка багыттоо керек экендигин билбегендери да чындык. Мүмкүн, кандай болуп өсүү керек — деген дагы бир эң маанилүү суроону азырынча бардыгы эле коё албастыр?

Аларды биз түшүнөбүз. Бул адатынча ар качан ушундай болчу. Жазында эле биз өзүбүзгө: «Бул жолу биз 30 киши кабыл алабыз. Ошол толук жетиштүү! Бизде ансыз деле иш көп, убакыт да күч да жетишпейт. Анын үстүнө мынчалык көп кишиге пьесаларды кайдан алабыз? Жок, жок —30 киши, андан бир да ашык эмес!» деп кесе айтканбыз. Кабыл алууга биз мына ушундай тактык менен киришебиз...

Биздин пландарыбызды ЖЧТчылар биринчилерден болуп бузушат. Алар педагогикалык бөлмөнүн тынчын алып: «Жакында кабыл алуу болот. Бул өтө маанилүү иш, анткени жаңы сезон башталат эмеспи?» дешет. Мен жана менин коллегаларым, албетте түшүнөбүз, бирок унчукпай уга беребиз, анткени иш каяка алып барарын сезип турабыз. «Ошондуктан биз — деп балдар сөздөрүн улантышат — атайын бригада түзүүнү чечтик. Болгондо да үч бригада түзөбүз. Алар мектептерди кыдырып ЖЧТ га окуучуларды үгүттөшөт. Анан, биз кичинекей радио берүүнү жазып алдык, аны да мектептерге кошо ала барабыз, аны мектептик радио түйүндөр боюнча угузуп көрүшсүн. Андан тышкары биз мектептерге афишаларды таратып берүүчү топту түздүк, анда бар болгону он бештей киши, би-

рок алар ал жумушту аткара алышат. Дагы биз төмөнкүдөрдү... каалайбыз».

Мунун өзү жакшыбы же жаманбы? Бир күнү мага эң урматтуу жана салабаттуу бир киши келип каргылданган үн менен мындай деди:

— Сиздер ЖЧТ нын айланасында эмнелерди жасап жатасыңар? Кандайдыр бир дүрбөлөңдүбү!

— ? ? ?

— Ооба — ооба. Кандайдыр бир туура эмес кызыгуучулук чыгып жатат. Мында театр жөнүндө сөз болуп жатпайбы, ошондуктан ого бетер өзгөчө сагыраак болуу керек.

— Эмне үчүн?

— Себеби бул театр. Жакшы иш, бирок бузуп алышыңыз ыктымал. Ал эми менин балдарым мында укмуштай жакшы иш жасоодо мен айлам түгөнүп кезек-кезек: — мүмкүн жанагы менин таанышым чынын айтып жүрбөсүн? — деп ойлойм. Чын эле дүрбөлөңдүр? Кандай жаман сөз... Кандайдыр биздики эмес. Балким, мунун баарын токтотсокпу? Мейли, өздөрүнүн сүрөттөрүн көтөрүп алып мектеп кыдыргандарын токтотушсун, мейли ЖЧТнын бир нече ырын анда ырдоо үчүн акыркы сабактан беш минута эрте кетүүгө суранышкандарын коюшсун, мейли мектептерге барып, бүт классты — бизге келгиле! — деп чын жүрөктөн чакырышпасын, спектаклдер, репетициялар, достук жөнүндө айтып берүүлөрүн токтотушсун! Мейли ЖЧТ дагы кулактандыруулардын доскасында графиктерди жасашпашсын, ал графиктерде ЖЧТ на кимдин канчаны үгүттөгөнү жазылбасын, андан кийин көздөрү кубанычка толгон бактылуулары мага: «Менин беш кишим келди! Баардыгы! Көрдүңүзбү? деп айтышпасын». Мейли кабыл алынуучулардын үндөрүн угуп көрүүдө менин жаныма олтуруп алышып «Алып коюңузчу... Бул меникин» деп кулагыма шыбырашпасын.

Же болбосо ЖЧТ нын бир кызы мени четке чакырып алып мындай дейт!

— Менин курдашымды ЖЧТка кабыл алып койсоңуз, бай болгур. Ал жөндөмсүз, уяң, бирок сиз кабыл алыңыз. Мен сизден суранам! Ансыз ал жок болот, түшүндүңүзбү? Бул кыз сөзсүз мында болуусу керек. Түшүндүңүзбү?

— Түшүнөм кабыл алабыз.

Биздин балдардын кимдир бирөөлөрү 16 жаштагы баланы ээрчитип келет, ээрчитип келе беришет... Анысы модалуу кийинген, чайкалып баскан «эч кимге көз карандысыз». Өзгөчө көздөрү жалгыздыкты билдирип турат.

— Менин досум. Алып коюңуз.

— Досуң болсо алабыз.

— Дагы эмне кыл деп буйрук бересиң? Досторуң, тентуштарың ээрчитип келе бериңет. Демек, алар коллективге, ЖЧТ на ишенишет. ЖЧТ ның аларга бергенин башкалар менен бөлүшкүлөрү келет. Мында эмненин «дүрбелоңу» болсун. Кубануу керек.

Бирок, чындыгында кээде «оор» да болуп калат. Бир жолу мектептин директору ачууланып мага телефон чалды. VI Б класстын окуучулары бир нече жашыруун кат алышыптыр. Кат алуучуларга баланча саатта түкүнбө жерге келесиңер деп сунуш кылыныптыр, бирок эмне үчүн, эмнеге экен түшүндүрбөгөн эмес. Бирок бул каттарда жазылган бир фраза «сөзсүз зыян келтирген». Каттар балдардын адресине жазылып: «...Эгер сен коркок болбосоң анда келесиң» деп аякталган. Кандай жол менен барып, кайсы жерден күтүп туруу керек экенинин схемасы кошо тиркелген.

Мен өзүбүздүкүнөн он экендигин дароо билдим. Директордун алдында актанганым да жок. Каттын авторлорун таптым да, аларды мандайыма олтургузуп алып, чын жүрөктөн ачемелештим, кат жазганда кол коюш керек экендигин түшүндүрдүм.

Баса ЖЧТ на кабыл алуу ишин мен өзүм эле бир-эки педогогдун жардамы менен бүт уюштуруп бүтүрсөм да болмок. 30 кишини таап алыш анчалык деле кыйын эмес. Бардыгы, тыңч эле оной бүтмөк. Бирок, анда негедир бир маанилүү, кандайдыр бир негизги нерсе иштелбей калмак. Мындай учурда ЖЧТ да: «Бул, албетте, ЖЧТ чылардай болбойт эле!»

...Мына ошентип, кабыл алынуучуларды угуп көрүү башталды. ЖЧТ ның кичине залында алма түшөөрго да орун жок, эл толтура. Баардыгы жаңы кабыл алынуучулар үчүн «күйөрмандар» келишкен. Столдо театр режиссёрлордон, педагогдордон, коомчулуктан жана бүтүрүүчүлөрдөн түзүлгөн акыйкат комиссия. Ким кабыл алынаар экен?

Эгерде бул театралдык институт же окуу жайы болсо, анда баары түшүнүктүү болмок. Мага ошондой көрүнөт. Бирок ким билсин... Алардын да сөзсүз, өздөрүнүн проблемалары аз эместир. Балким, анда да ушундай эле: —өздүк чыгармачыл театрында иш оной эле болот деп ойлошоору мүмкүн! Кайдан оной болсун... Көрдүңөрбү иштер канча экенин. Келгендердин баардыгы жакшы, ушунчалык сулуу, алардын ичинен тандоо оной эмес. Мисалы, мына мобу жигитти алалы. Ырас театр үчүн ал бир аз

эткелирээк, анткени менен көздөрү кандай сонун! А тигил бой жеткен кызчы. Ал «Карга менен Түлкүнү» кандай жакшы айтат! Чынын айтсам мен мына ушул күндөрдө «Карга менен Түлкүнү» жыйырма жолу уктум, мына эми жыйырма биринчи жолкусунда — дагы баягы — деп ичимден сеп эте түштүм. Бирок бул кыз сонун айтат экен! Ал бардыгын көрсөтөт! «Каргага...» дегенди көрсөтөт, «кайсы бир жерде...» дегенди көрсөтөт «кудай ай...» — ой шумдук, ал кудайды да көрсөтөт! Аны кимдир-бирөө атайлап үйрөткөндөй. Балким энеси, же «декламацияны» жакшы көрүүчү кошуналарынын бирөөдүр. Кыз болсо — таланттуу экени ачык. А мына бул болсо эч нерсени көрсөтө албайт. Үнү да, жандама кыймылы да жок. Өзү да кандайдыр көрксүз, ал аран эле көрүнөт... О! Сонун жигит! Фактурасы, сырткы көрүнүшү көрктүү. Ал эми үнүчү! Буга үндү үйрөтүүнүн да кереги жок, табият өзү үндү берген. Өзүнүн мыкты экенин билет көрүнөт, мүмкүнчүлүгүн толук жумшабастан декламацияны анчалык окуган жок. Тигил кыз IX класста окуса керек... Баса, албетте, ал Анна Ахматованы окубадыбы. Жакшы окуйт экен. Бирок актриса эмес. Жок, актриса эмес, жөнөкөй интеллигент кадик адам. А булчу? Ал кыз мына! Ал мына! Ермолова, Пашенная! Темпераменти, көз карашы, «натурасы!» ушунчалык дейсиң, эч нерседен коркпойт — эр жүрөк, кайраттуу! Сөзсүз алуу керек, алабыз! Анткени ал өзү жалгыз бүткүл спектаклди «сүйрөп тарта» алат. Аны менен трагедияны коюуга да болот!

Кийинкиси Атың ким? Кандай-кандай! ...Ла, түшүндүм. Бул акырын чыккан эркек баланын үнү. Өх, десең, бул бала үндөрдү даана айта албайт! Р ди таза эмес, Л ди эриндери менен айтат. Анысы аз келгенсип көз айнекчен. Баса, көз айнекти алып коюуга болот... Ал эми эгерде мүмкүн болбосочу? Кокус мүмкүн эместир?

Саатымы карадым, бүтүрүү керек, убакыт бүтүптүр. Мен канчалык карап «өткөрдүм?» Плюстарды санасам кырк үч болуптур. Ал эми келгендери канча эле? Элүү беле? Бул менин эмне кылганым? Эч болбогондо булардын жарымын кабыл албай коюу керек эле! Эми мына бул акыркыларды эмне кылышым керек? Же жогоруда көрсөткөндөрүмдү эмне кылышым керек? Коллегаларымдын жемелүү көз караштарына калмак болдум, анткени мен өзүм кече эле күпү аларга: катуурааак болуу керек дебедим беле...

Коридордон мени бир аял токтотту. Ал аябай толкундануп алыптыр.

— Мени кечирип коюңузду өтүнөм — деди ал ыйлап жибере таштап.

— Угуп жатам сизди.

— Кечирим сурайм... Ин мындай... Сиз азыр менин уулумду кабыл албай койдуңуз. Сегизинчи класста окуйт, свитерчен.

— Эсимде, эсимде.

— Мен түшүнөмүн... баарын тең кабыл алууга болбойт. Бирок... Ал жаман компанияга туш келип калды, ошондуктан мен... ойлодум эле.

Анчыча ал ыйлап жиберди, ыйын токтотуп жатып мындай деди:

— Мен анын тагдыры эмне болот деп корком!

— Сиз кабатыр болбоңуз — дедим мен. — Коркунучтуу эч нерсе жок. Муну ондоого болот. Биз аны кабыл алабыз. Мейли келсин.

— Чын элеби?!

— Ооба, ооба, ананчы.

— Рахмат сизге, рахмат! — колдорун көкүрөгүнө басып алып кайталайт аял. Ал өзүн бактылуудай сезип кетет.

Кызматчылардын бири мени кабинеттен жолуктурду.

— Сиз эмне кылып жатасыз?

— Эмнени?

— Сиз баарын тең эле катары менен кабыл алып жатпайсызбы!

— Баарын тең катары менен эмес. Жетөөнү өткөргөн жокмун. Тагыраак айтканда алтоону.

— Ооба. Бирок калгандарын бүт алдыңызбы?

— Алдым...

— Бирок алар таланттуулар эмес да!

— Ким?

— Балдар.

— Талантсыз балдар болобу?...

ЖЧТ менен биринчи жолугушуу. Бир-эки күндөн кийин бардык жаңы кабыл алынгандар ЖЧТна чогулушат.

— Балдар — дейм мен аларга. — Сиздер ЖЧТ ка кабыл алындыңыздар. Бул эмне экенин сиздер билесиздерби?

Унчугушпайт, коркуп турушат. Алар мени — «жалпысынан» сурап жатат, жооп бербесе да болот — деп ойлошот. Макул, мейли азырынча коркуп турушсун. Коркпоого үйрөтөбүз. Мен сөзүмдү улантам.

— Мен сүйлөйүн, каалайсыңарбы?

Эми шарт жооп беришет: «Каалайбыз!» Хор менен. Жакшы балдар. Уюшкандыкта.

— Анда угуп тургула. Бул дүйнөдө качандыр бир мез-

гилде бир киши жашаган. Аны Матвей Григорьевич деп аташчу, анын фамилиясы Дубровин болчу. Мындай фамилияны укпан жок белеңиздер?

— Жо-ок! — дешип балдар дагы хор менен жооп беришет.

— Анда эч нерсе эмес. Биздин театрды мына ошол киши түзгөн. Сиздер театр деген эмне экенин билесиздерби?

Мына эмесе! Кол көрүндү! Эркек бала колун сунуп жатат.

— Сен билесиңби? Айтчы...

Ордунан турду. Көрсө, баягы көз айнекчен экен.

— Театр — бул искусство. Театр — бул эң байыркы искусство, ал алгачкы коомдо эле пайда болгон, ал байыркы элдердин ритуалдык бийлеринен жана ырым-жырымдарынан башталган.

Карасаң, билет экен? А мен болсом муну эмне кылаар экенбиз деп ойлогон элем. Мына эмесе, дагы бир кол көтөрүлдү! Сүйлөшүп алышканбы. Эми кыз бала.

— Театр байыркы Грецияда, Римде да болгон...

Коштошасы шыбырайт:

— Маскалар комедиясы да болгон...

Кайра дагы бир эркек бала. Көрчү кандай шыпылдаак!

— Театр деген негизинен эң татаал искусство. Анын тарыхы чоң. Аны, кааласаңар, көпкө айта берүүгө болот — деди да кокусунан жылмайып бирдемеси үчүн уялгансыды. Жылмайганы жагымдуу, ак көңүлдөн.

— Сен туура айтасың. Азаматсың. Отур — дедим мен.

Мына ушундай: баары билишет. Лекция окуй алышат. Мына ушундай балдар. Азыркы замандын балдары аларды оңойлук менен таң калтыра албайсың! Таң калтыруу керек, ансыз алар тарап кетишет. Болуптур... Аракет кылып көрөлү.

Сөздү Юля Петровага беремин, ал бул сезондо ЖЧТ нын советине башкарма болуп шайланган.

— Балдар,— деп кулактандырды ал,— ЖЧТ — бул бөтөнчө театр. Бул башка эч кандай башка театрларга окшош эмес. Башка мындай театр дүйнөдө жок!

Мен сөзгө аралашууга аракеттендим, кокустан алар ишенип калышсачы? Ачыгы болбой ал сөзүн дагы мындай улантты.

— Жакында буга өзүңөр түшүнөсүңөр. Биринчиден биздин театр, абдан ынтымактуу, аны сөз менен силерге жеткирүү кыйын. ЖЧТ дагы достук — бул ... Юля бир аз убакыт ыңгайлуу сөз таппай ойлонуп калды. — Биз бардыгыбыз бир туугандайбыз — дегенди айтты ал акырын-

да. — Ооба, ооба! Күлбөй эле койгула! Тетигил бала, сени айтам! Муну Юля «жаман компаниядан» келгенге айтты.

— Экинчиден, спектаклди биз өзүбүз коёбуз. ЖЧТда спектаклдер абдан көп. Жакында «Таң алдындагы шаар» деген спектаклди койдук. Бул спектакль Комсомольск — на-Амуре шаарынын курулушу жөнүндө. Бул спектакль, ушундай спектакль: ушундай спектакль дейсин! Анда эң күчтүү образдар бар. Мисалы, Белоус же Зяблик. Ал жөн эле ЖЧТ нын кадимки дасыккан мүчөсүндөй. Биз аны кабыл алмак элек. Ал курман болду. Баатырларча курман болду. Комсомольск шаарын кургандардын бардыгы баатырлар. Дагы бир нерсе. Спектаклдин чоң сахнага эсептелинген декорациясы эң татаал. Биз аны Эл чыгармачылыгынын театрында ойнойбуз. Декорацияларын бүт өзүбүз жасадык. Биздин ЖЧТдагы балдардын колунан баары келет. ЖЧТда мына ошондой кол өнөрчүлүк цехи бар. Алар бардык спектаклдерге декорация жасашат. Чиймесин берсең эле болду, алар бардыгын жасашат, Ошондойбу, Алеша?

Алеша Удальцов — ЖЧТ нын кол чебери чыгып көтөрүлдү. «Таң алдындагы шаарда» ал Зорин болуп терс ролду ойнойт. Бирок Алёша өзү, мындайча айтканда, мүнөзү абдан жакшы. Быйылкы жылы ал мектепти бүтүрөт. Ал төртүнчү класста окуп жатканда ЖЧТына келген. Оор басырыктуу, иштерман, сценада ойноп жатканда гана анын ички темпераменти сыртына чыгып көрүнөт. Алеша уялып кызара түштү, бирок ал өзүн жоготкон жок.

— Так ошондой. Силерге да мына ошондой иштерге — бизге жазылууларга кепеш беремин. Кол өнөрчүлүк иштерине жазылсанар болот. Кыздарды да алабыз.

Алеша отурду. Ал өзү көп сүйлөбөйт. Юля сөзүн улантты.

— Азыр силер бардыгын өзүңүздөр көрөсүздөр. Азыр биздин цехтер сиздердин алдыңыздарга чыгышат. Андан кийин эч кимиңер эч жакка тарап кетпеңиздер, биз силерди цехтерге жазабыз. Түшүндүнөрбү?

Жарык жалп этет. Кичине тынымдан кийин жаңыдан кабыл алынгандарга музыка ойнойт жана жарык берилет. ЖЧТ нын цехтеринин парады башталат. Аны ЖЧТ нын монтировкалоочулары — «сахнанын башкы адамдары», аның жумушчулары, оор декорацияларды штанкеталар менен өйдө-төмөн түшүрүп, тез которуштурат. Монтировкалоочулар өздөрүнүн жумушчу кийимдери менен комбинезондорун кийишип курларына балкаларын жана кол кап-

тарын кыстарып алышкан. «Биз, монтировкалоочуларбыз, бизге сахнада эмгектенүүгө эч тоскоолдук жок,— деп ырдап алат.

— Сен баатыр, шамдагай-күчтүү болгун келсе — монтировкалоочу болгун. Коркончок начарыраак болсоң да базары бир келсең өзүбүз тарбиялап үйрөтүп алабыз!»

Монтировкалоочуларды эми радио добуш чыгаруучулар алмаштырышат. «Көңүл бургула!» — деген шаңдуу үн радиодон кулактандырылат. Бардыгыныздарды радиоцехке кабыл алабыз. Шаңдуу шайыр көрүнүштөр башталат: мында чагылгандын жарк-журк этиши, суунун аккан добушу жана куштардын үндөрү. Сахнага жалаң гана айлантуучу сабы бар барабанды элестетүүчү эки үн, добуш чыгаруучу аспап менен чыгышты. Бул аспапты алар жоолук менен жаап алышкан, бирөө сабын айлантат, экинчиси жоолукту жакындата кармайт, мындан биз кадимки шамалдын үнүн угабыз...

Радио добуш чыгаруучулардан кийин гримёрлор чыгышат, алар баш манжаларын укмуштуудай чакчарылта ойноктотушуп залда олтургандардын көз алдында аларды таң калтырып өздөрүнүн жолдошторунун бирөөнү түрү суук эргежээлге айландырат. Гримёрлор ачык сары халаттарды кийип алышкандыктан залга күн тийгендей көрүнөт. Андан кийин жалаң сыйкырчылык башталат. Жарыктын жарым жартылай жаркыраган тунук, жандуу, боёлонуп жанган нурлары биздин төбөбүздөн ары-бери учуп отүшүп бири-бири менен бирде кесилишип, бирде ажырашып, бирде топтолуп укмуштуу жомоктогудай жаркыроону пайда кылып жатышат, ал эми алардын борборунан жылмайышкан жарыктандыруучулар (прожекторлорду, «линзовкаларды», жарык берүүчү пистолеттерди колдорунда кармаган балдар жана кыздар) чыгышат. «Дайыма жарыктандыруу жана бардык жерде жарыктандыруу!» — деп алар акырын айтышат да сахнага мурда кандайча билинбей чыгышкан болсо азыр да дал ошондой эле билинбей жоголуп кетишти. Аларды ар түрдүү костюм кийишкен костюмерлер, кийим тигүүчүлөр алмаштырышты. Бул кадимкидей эле карнавалдагы салтанаттуу жүрүш болду: бийлөөдө кийүүчү көйнөктөр, испандык кыска плащтар, ачык камзолдор, түстүү көйнөктөр, арты тилик эркек кийимдер, жеңсиз сырт кийимдер — жамынмалар, ар түрдүү фасондогу шляпалар. Костюмерлердун артынан режиссердун жардамчылары — помрежлер, «ЖЧТнын турмушу» газетасынын редакциясы, бутафорлор, оюн көрсөткүчтөр чыгышат. Шаңдуу чуулдап-дуулдап ырдашкан, ар түрдүү

түстөрдө жаркылдашкан жана балдардын жылмаюуларына белөнгөн ЖЧТ бүт бойдон мына ушул жерде. ЖЧТнын бардык 200 мүчөсү мына ошол минутада өздөрүн бактылуу сезишип жаңы келгендерге өздөрүнүн ЖЧТын белек кылып тапшырышат.

Белек кылып берүүгө үйрөтүү эң маанилүү иш. Өзүң сыйлык алгандагыга караганда бирөөгө белек кылып берүүдөн алган кубаныч алда канча чоң. ЖЧТда мурдатан бери практикаланып келе жаткан сыйлыктар кечесин өткөрүү адаты бар. Аны мурда эле биздин практикабызга М. Г. Дубровин киргизген. Жолдошуна өзүндүн колун менен жасалган тамкалаарлык бир нерсени: токоч, оюнчук, ыр, фокус — белек кылып берүүн керек. Кубандыруу үчүн белек бересиң. Демек, ал белекке өзүндүн жан-дилиңден, оюңдан чыккандарды колдонушуң керек. Мындай кече жыл сайын өткөрүлөт жана жыл сайын аны чоң майрам сыяктуу күтүшөт. Ага даярдануу жашыруун түрдө жана кимдин кимге кандай белек камдап жатканын эч ким билбей тургандыктан гана эмес, бир кишинин экинчисине болгон көңүлү эч качан көнүмүштүү болуп же эскирип калбай тургандыгынан жана бири бирин түшүнүү, баштан кошо өткөрүү, кубанычты белек кылуу, жакшылык кылуу дайыма боло тургандыктын бардыгы ал кечени чыдамсыздык менен күтүшөт. Мындай сезимдер түбөлүктүү. Балдарды дал ошондой түбөлүктүү перселерге үйрөтүү зарыл. Үйрөтүүнү сөз жүзүндө гана эмес алардын турмушунда дайыма, саат мүнөт сайын жогорку деңгелде боорукерлик, акылмандуулук эмгекти сүйүү сыяктуу эң сонун адамдык сапаттардын аткарылышы үчүн мүмкүнчүлүк болуп тургандай кылып уюштуруу керек. Мына ушул сапаттардын ар бири инсандын жүрөгүнүн түпкүрүндө «өлүк капитал» болуп калбастан ар бир баланын, бүткүл коллективдин практикалык аракеттеринде жүрүм-турумдук, карым-катнаштардын, сезимдердин жана ойлордун жандуу чындыгына айландырылууга тийиш.

Ангыча сахнада ЖЧТчылардын бүтүндөй жыйыны чогулду. Алар аба шарчаларын булгалактап, колдоруна азыр жаңы кабыл алынгандарга тапшырылуучу гүлдөрдү карман алышкан. «Карыялар» тарабынан көпкө чейин аябай даярдалган майрам азыр эми ушул залда олтургандардын бардыгы үчүн жалпы болуп калды.

Кимдир-бирөө гитара черте баштайт. ЖТЧнын чууldаган үнү акырындап жүздөгөн жаштардын кошулушуп ырдашкан мастерлердин шаары жөнүндөгү ыры угулат:

Кылаңгыр тоону ары ашсаң,
Кырк шамалдуу жайы бар.
Усулдуу колдор жараткан,
Усталардын шаары бар.
Капкасы ачык, ал жактан,
Балтанын ыры угулат.
Жаш усталар чамдашса,
Жаңа бир шаары курулат.

Балдардын арка жагынан сахнада акырындык менен мына ошол шаар келип чыгат. Мастерлердин Шаары эң сонун, укмуштуудай жакшы шаар. Аны да ЖЧТчылары өздөрү ойлоп табышкан. Ал картада жок болгону менен, чындыгында ал жомок эмес. Мына ал жаркыраган түстүү көрүнүштө ал ырдап жатышкан балдардын көздөрүндө — өчүндө. Ал ошол ЖЧТнын эң башкысы.

Цехтерге жазылуу башталат. Балдарды карасам алар бүт баары менен таанышып көнүп калышыптыр. Көздөрү күлүндөп шайыр, кандайдыр «өзүбүздүкүндөй» (же биздикиндей) жана ЖЧТчыларга анча-мынча окшош! Ал гана эмес баягы «жаман компаниядан» келген бала да жазылып калгандай көрүнөт. Ал эми менин баягы «көз айнекченим» болсо гримдөөчү цехтин педагогу менен жазылсамбы же жазылбасамбы деп кеңешип жатат. Алеша Удальцовго «жармашып жабышкан» баягы кыз столярлар цехине жазылганы жатканы көрүнөт! Менин «трагедиялык актрисам» эмне кылып жатат болду экен? Анын редакцияга кирээрин мен мурда эле билгемин. Ал редакцияда иштөө оңой деп ойлойт. «Кара жумушту» ал жаман көрөт, каалабайт, үйүндө аны укмуштай тайрандатышат окшойт... Ыйык жөнөкөйлүк! ЖЧТда жеңил жумуш жана сайран куруп олтуруу болбойт. Бардык жерде жалаң эмгек. Ошондуктан менин «жылдызым» бекер эмгектенип жатат. Бирок эч нерсе эмес, жакында ал барып өзү түшүнөт, ошондо башкаларга салыштырмалуу чочуркагандыктын, кокурайгандыктын эң натыйжалуу, бирок өзү үчүн табыгый эмес кандайдыр бир маскасын ыргытып таштап ишке киришет. Ал кыз андай эмес экенин мен анын көзүнөн көрүп билип турбайымбы! Ал боорукер, ак көңүл кыз, тыюудан чыккан ашынган тентек, ыксыз кайраттуу жана чыныгы дос! Ал ошондой эле бойдон калат. Бирок жакшы адам болууга тийиш! Эмгектене баштайт да адам болот. Эмгек аны тарбиялайт, анын ишенимсиздиги да, мамиле түзүүчүлүгү да жоголот. Эмгек өзүн жана өзүнүн жолдошторун түшүнүүгө, турмуш алдындагы өзүнүн милдетин жана жоопкерчиликти сезүүгө жардам берет. Буга эмгектен башка эч нерсе жардам бере албайт.

Ал эми театр эмне болду? Сахнадагы декорациялардын жыты, репетициялардын тынчтанышы, устаттыктын сабактары, этюддардын татаалдыгы, образдардын терендиги, көркөмдүүлүккө карай жасалган кадамдар эмне болду? Искусство эмне болду? Баса бул жерге сахнада ойноо үчүн келишпеди беле! Баса — бул адамзаттын эң эзелки жана улуу чыгармачылыгы, табылбаган табышмак, укмуштуудай жөнөкөй, бирок дайыма табышмактуу жана сыйкырдуу — ушулар элди кызыктырбады беле! Кол чабуулар, гүл берүүлөр, рампанын ачык жарыгы кандай болот? Баса — бул — театр эмеспи?

Ооба, бул театр. Театр — майрам. Бирок театр — бул баарынан мурда эмгек. Репетиция да — эмгек, актерлук чебердиктин сабагы да эмгек, ролду аткаруу иши да — эмгек, эмгек жана эмгек. Ким эмгекти билбесе, ал эч качан чыныгы майрамды да түшүнбөйт. Албетте, ал эч качан Театр деп аталуучу майрамды андан бетер түшүнбөйт.

ЖЧТчылардын биринчи күнү аяктады. Ал ийгиликтүү өткөн сыяктанат. Дубровин системасында белгилегендей балдардын театрга болгон кызыгуусун аларды коллективдин эмгек турмушунун коомдук мааниси бар, чыгармачыл, көркөм кенири процессине тартуу үчүн пайдалануу биз иш жүзүнө ашыра алгандай окшодук.

Балдарды кызыкчылыктын бир агымынын андан кенири болгон башка агымына көчүрүү ийгиликтүү ишке ашырылды, эң негизгиси аны жаңы кабыл алышгандар сезбей да калышты. Тескерисинче, алар өздөрүн жакшы сезип, көңүлү көтөрүңкү абалда болуп калышты. Албетте, алар үчүн Театр али алдыда, Театр аларды — жаштарды, таланттууларды, шайырларды, күтүп жатат! Аларды — эң сонун, татаал, сыйкырдуу театр күтүп жатат. Ролдор да болот, репетициялардагы узакка созулган эмгек дагы, кыйынчылыктарды жеңип чыгуунун сүйүнүчтөрү да болот! Сөзсүз болот! — адамдын жан дүйнөсүн көккө көкөлөтүүчү чыгармачылыктын бактысы да болот! Искусство аркылуу дүйнө менен, адамдар менен жаңыча байланышуулар болот жана болууга тийиш! Андан ары — ийгиликтин таттуусунда, кол чабуулардын жаандай шатырап төгүлүүсү да, премьералык көз ирмемдердин шаттыгы да — бардыгы болот — булардын бардыгын театрдан тартып албайбыз, анткени ал нак ошонусу менен жандуу, ошонусу менен жашайт!

Бирок бул балдарда эч убакта: «Премьералык» жана «актерлук» көпкөнчөлүк, өзүнүн «мен искусствомун»

кенсиген эгоистик «артыкчылыктуулуктарына» ишенип камырабагандык болбойт, болууга да тийиш эмес. Албетте, алардын ар бири чоң, «башкы» ролдор жөнүндө калгандарынын баарынан жакшы ойноймун деп үмүттөнүп далалат кылып энсейт, өзүнүн артисттик ийгиликтерине кубанат. Сөзсүз ушундай болууга тийиш, анткени, алардын ар бири — жандуу, чыгаан талант. Бирок, алардын турмушун башкаруу аны алдыга жылдыруу биринчи болуунун жекече каалоо менен эмес, достук, өз ара жардамдаштык, өзүнө коюлган талапкерлик, оор басырыктуулук, токтоолук — бир сөз менен айтканда жалпы чоң максаттын аткарылышына арналган биргелешкен чыгармачыл эмгектен жарала тургандар аркылуу ишке ашырылат. Бүгүн алар менен ушул багыттагы жолдо эң биринчи, кичинекей, бирок ишенимдүү кадам жасашты. Бардык иш алар үчүн али алдыда — ЖЧТчылардын бүткүл чыгармачыл турмушу, бир топ узак, кызыктуу, жөнөкөй эмес жылдар.

Бирок мунун баары алдыда. Азырынча — музыка, күлкү, оюндар, көңүл ачуулар? Азыр эми булардын кайсылары, мурункулар, кайсылары жаңылар экенин биле албайсың. Баары — биздики!

БАШКЫ ТАРБИЯЧЫ. Ошентип мастерлердин Шаарына кирип көрөлү...

— Кандайча шаарга, силер сахнага эмеспи — деп сурайсынар — элди кирүүгө чакырып үчүнчү жолу коңгуроо кагылып, чоң люстра өчкөндөн кийин, көшөгөсү ачылып жаткан көрүү залына эмеспи? Театрга эмес шааргабы? Бул театр жаман же жакшы экенин биз анын көрсөткөн оюну боюнча объективдүү баалай ала турган спектакле эмеспи? Анын актерлору кандай, алардын талантынын жана устаттыгынын деңгээли кандай? Спектаклди койгон режиссеру кандай? Спектаклдеги музыка кандай экен, декорациялык жасалгалалары кандай чечилген? Театрга барганында да өзүнө берүүчү негизги суроолор ушулар эмеспи?

Ооба, чынында бул ошондой. Мен бул суроолордун жана буларга окшогон башка көп суроолордун маанисин төмөндөтөйүн деген ниетим жок.

Ошондой болсо да биз азырынча ЖЧТнын партериси орун алууга шашылбай токтой туралы. Адегенде дубровиндик башкы табылга — мастерлердин Шаары жөнүндө, коллективдин бүткүл тарбиялык методикасы үчүн анын мааниси кандай экендигине токтолуп айта кетели. Анткени, дал ошол мастерлердин Шаарында балдар инсандык башкы сапаттарга жана правалык багытталууларга ээ бо-

лушат. Турмушту түшүнүүнүн негиздери мына ушул жерде бекемделет жана эмгекти сүйүүчүлүк, жүрүм-турумдун стили жаралат. Жаш театрчылардын пьесаларынын жана спектаклдеринин тамырлары, коомдук маанилүү идеялар ушул жерден жаралып андан кийин сахнада жашап калат. Мына ушул жерде,— мастерлердин Шаарында — декорацияларды, бутафорияны, жарыкты гана эмес баарынан мурда адамдын өзү бирдиктүү эмгектенүүдөн калыптанат.

Мүмкүн, бул сөздү мындай деп жазуу керектир: Эмгек. Анткени эмгек гана ЖЧТнын негизин түзөт, анын альфасы да, омегасы да, мугалими да, тарбиячысы да эмгек.

«Мастерлердин шаары» деген атты балдар өздөрү ойлоп коюшкан. Келиңиздер, мына ошол сонун шаарды, анын көчөлөрүн жана булун-бурчтарын аралап чыгып карап көрөлү. Биз балкалардын кагылып жатканын, араанын шайыр чарылдашын, жагымдуу жыттанган чамындылардын шартылдаганын, өгөөлөрдүн кыркылдаганын ж. б. угабыз. Бул жерде чыныгы эмгек азаматтары жан дили менен, эмгектенип устаттыкка ээ болуп жатышат, алар сөзсүз мастер болуп чыгышат.

МОНТАЖДООЧУЛАРДЫН ЛЯНТЫНДА. Монтаждоо цехи декорацияларды алмаштырып коёт. Иши жөнөкөй. Спектакль башталаардан үч саат мурда келип «трюмдан» («чоң көндөйдөн) щиттерди, рамаларды, кулисалар (сахнанын арт жагы) жана көшөгөлөрү бар ящиктерди алып чыгып алардын бардыгын жыйнактап «планеркаларда» көрсөтүлгөндөй кылып жайгаштырып жана илип коюу, андан кийин тыным алып туруп спектаклди өткөрүү. Спектаклде бир нече көрүнүш болот, алардын ар биринин өзүнчө декорациясы бар. Демек, биреөнү алып келип экинчисин алып кетүүгө туура келет. Кээде бул иште көшөгө ачылып турганда, карангыда жасоо керек, анткени режиссердун ойлогон планы дал ошондой кылууну талап кылат. Кээде ачык түстүү костюм кийип алып музыка астында сахнада бийлемиш болуп буюмдарды көтөрүп ташып коюу анча деле оор эмес жеңил жана жагымдуу экенин көрсөтүп иштөө талап кылынат. Андан кийин — антракт. Антракт кезинде бардыгы дем алышат, ал эми монтаждоочулардын иши ошондо күчөйт. Театрдын көркөм сүрөтчүлөрү адатта которуштуруп жайгаштыруунун эң татаал оор бөлүгүн антрактка калтырат. Көрүүчүлөр дем алышканча монтаждоочулар кара терге түшүп иштешет. Экинчи же үчүнчү акт бүткөндөн кийин бардыгын кайрадан ажыратып жыйнашат да сахнаны кадимкисиндей үлгүлүү абалга келтиришип үйлөрүнө кайтышат.

Өзүңүздөр көрдүңүздөр го, кандай жөнөкөй...

ЖЧТдын балдары бул цехте иштегенди жакшы көрүшөт. Анткени ал цех чыныгы театрдык мүнөздө, анда иштегси оор да жана кызыктуу да. Монтаждоочунун жумушчу орулу — сахна. Бирок сахнанын полу — «планшети» гана эмес. Монтаждоочулар бардык жерде — көшөгөнүн алды-артында, «трюмда» ары бери өтмөлүү мостиктерде, татаал штанкеттик чарбанын кыймылын башкарып туруучу галеркте эмгектенишет. Алардын иши зор жана өтө жоопкерчиликтүү. Бир жолу трагедиялуу күлкүлүү учур эсимде.

Биз чоң шаарга гастролго келдик. Спектакль сахнада көрсөтүлүүгө тийиш болучу. Маданият Сарайында. Бул иш мектептик каникул мезгилинде болгон, албетте, биздин чакыруу билеттеribизди дароо эле ЖЧТрын көрүүнү каалоочулар талап кетишкен. «Таң алдындагы шаар» спектаклин ойнодук, ал декорацияланууу жагынан татаал болучу: штанкеттердин бир нече пландары вертикалдардан жана горизонталардан түзүлгөн массивдүү конструкцияны —«тайганы» өздөрү көтөрүп алып жүрүшөт. Сүрөт өң ишенимдүү кадимкидей көрүнөт. Бирок ар бир мындай тилкенин узундугу 6—8 метрден кем эмес, ал эми бир эле пландын жалпы салмагы 200 килограммга чейин жетет. Мына ушул килейген нерсе штанкеттерде жөн эле илинип коюлбастан, андан тышкары оюндун жүрүшүнө ылайык түрдүү абалда кыймылдап турууга тийиш: бирде жантыгынан төмөн түшүрүлүп, бирде бир жактан экинчи жакка термелип («бороон»); бирде колосниктин так түбүнө чейин өйдө көтөрүлүп турууcу керек. Маданият Сарайынын сахнасы монтировкалоонун мындай татаал маселесин чечүүгө толук мүмкүн болучу: конструкцияның жеңил кыймылын камсыз кылууга керектүү штанкеттер жана каршы салмактар жетишээрлик эле.

Бийик бойлуу боорукер, оор басырыктуу, ар дайым жылмайыңкы жүрүүчү, театрда көп жылдар бою иштеген сахнанын машинисти болбой койду. «Сиз эмне,— деди ал мага карап,— өзүңүз деле бул мүмкүн эмес экенин түшүнүп билбей турасызбы? Карацызчы кандай декорация — ал эми мында болсо кичине балдар! Коё бербеймин», деди да сахнанын эшигин камнага салынуучу чоң кулпу менен бекитип салды.

Баары ойрондой турган болду. Маданият Сарайынын директорунун кабинетинде шашылыш түрдө кеңешме өткөрдүк, бирок анын жыйынтыгы «эки нөль» эсеби менен биздин пайдабызга чечилбей калды: кулпуну ачууга бол-

бойт!— дегенге келишти. Мен бир барак кагаз алып ага төмөнкүнү жаздым: «Мына ушул татаал декорациянын бардыгы спектаклге катышуучу балдардын өз колдору менен жасалган. Алар аны буга чейин нечен жолу орногун келишкен жана иштегенди билишет, алар ЖЧТда монтаждоо ишин үйрөнүп жатышат, коопсуздук техникасы менен тааныш ж. б. ж. у. с.» Албетте, бул официалдуу кагазга мен өзүмдүн балдарыма ишенемин деп жаза алганым жок, анткени ЖЧТына ишенемин, себеби ал билгичтүүлөрдү жана өз алдынча иштөөчүлөрдү тарбиялайт. Мен бүткүл жоопкерчиликти өз мойнума аламын деп гана жаздым.

Кулпуну ачышты. Залга өрт-кароолдоо сакчысынын начальниги, башкы инженер, сахнанын машинисти жана медсестра келишти. Алар биринчи катарга олтурушуп күтүп калышты. Ал эми менин ишсиз олтурган монтаждоочуларым дароо тура калышып илчүүлөрдү илип, жүктөп «маркаларга коё башташты!»

Спектакль башталганда боорукер машинист көшөгөнүн ичинде турган. Жогору колосниктер жакты карап ал жакта герелкада брезент калпактарды кийип алышкан театрдын балдары зым жана жоон аркандарды шамдагайлык менен жайгаштырып жатышканын көргөнсүгөн.

— Андан кийин менин колумду кармап алып көпкө чейин силкилдетип кубанычтуу жылмайып: «Мына укмуш! Мен карап туруп, мына азыр штанкет чалынат да бардыгы ошону менен ойрон болот! — бузулду деп жаза бер! — деп ойлодум эле. Жок, андай эмес! Сиздин балдарыңыз шамдагай экен. Билишет турбайбы» — деп кайта-кайта кобурай берди.

Анан бир азга токтоп туруп «Театрды түшүнүшөт экен» деп кошумчалады.

Ал туура айтты. Монтаждоо цехинде балдар декорацияларды ары бери ташууга, көшөгөлөрдү байлап, чечүүгө, штанкеталар, көтөргүчтөр, жүктөр менен иштөөгө гана эмес, эң негизгиси алар театрды түшүнүп билүүгө үйрөнүшөт. ЖЧТнын монтаждоочусу — сахнанын жөн эле жумушчусу эмес, ал көркөмдөгүч, сүрөтчү-жумушчу, чыгармачыл-мастер. Ал бардыгы менен кошо искусствонун чыгармасын — спектаклди түзөт. Монтаждоо цехинин программасында техникалык жумуштар менен катар театрдын байыркыдан бүгүнкү күнгө чейинки, өзгөчө сахнанын өсүп өнүгүүсүнүн тарыхы боюнча чоң бөлүмдөр камтылган. Бардык доордогу сахналардын түрлөрү, көшөгөлөрдүн, декорациялардын типтери, декорациялык искусствонун өсүп

өнүгүшү окуп үйрөнүлөт. ЖЧТнын монтаждоочулары театрдын поэзиясын туюп билүүгө, музыканы, живописти түшүнүүгө үйрөнүшөт. Монтаждоочу — бул анткени артист. Чыныгы маанисинде айтканда да монтаждоочунун комбинезонун кийген балдардын каалаганы эртең эле сахнага такшалган актер катары чыга алат, ал эми бүгүн ал тейлеп жүргөн баланын өзү монтаждоочунун балкасын колуна алып штанкетага туруп тейлеп калат.

...Мен көрүүчүлөр менен залда олтуруп оюн кандайча аяктап, көшөгө жай, бир калыпта музыканын коштоосуна жалгашып түшүрүлүп жатканын карап турсам да көшөгөнүн артында ушул учурда эки бала бардык күчү менен жоон арканды тырышып тартып жатканын билемин. Эмне кылсын ал театр да, ал жөнөкөй.

Бирок дагы бир эскерээрим, биз көшөгөнүн мына ушундай бир калыпта жай төмөн түшүүсүн, кыймыл менен ойдун мына ушундай дал келүүчүлүгүн камсыз кылуу үчүн канча репетиция өткөрүлдү! Жана ошондо гана монтаждоочу — балдар: алар жөн эле көшөгө тартуучулар эмес экенин жакшы түшүнөм. Алар бардыгын ойлоп табышат.

ЖЫГАЧ УСТАЧЫЛЫК КӨЧӨСҮ. Буюмдарды колдон жасоочу цехте станоктор, верстактар турат, араалар жана стаместкалар, сүргүчтөр жана шерхебелдер, чоң сүргүчтөр (фуганки) жана балкалар жатат. Мында сүрүлүп жылмаланган тактайлар, алтындай жылтылдаган майда таарындылар, чамындылар жыттанат. Жыгачтын түбөлүктүү таң калаарлык жыты — таза жана кандай сонун. Ал жыт жердин, суунун, пандын жытына жакын...

Кол өнөрчүлүктүк — жыгач уста. Бирок бул жөн эле эмес бөтөнчө, театрдын жыгач устасы. Ал декорацияны, тагыраак айтканда, анын жыгачтан жасалуучу бөлүгүн: рамаларды жана станокторду, тепкичтерди жана колонналарды, үйлөрдүн керегелерин жана пандустарды, ошондой эле сүрөтчүнүн фантазиясы менен ойлонуп чыгарылган толуп жаткан башка көп перселерди жасайт.

Декорация жасоо эң кызыктуу иш, анткени ар бир жолу жаңы бир нерсени жасоого туура келет. Классикалык стилдеги, ошондой эле романтикалык стилдеги, реалисттик жана шарттуу декорация, эзелки «навильон» жана азыркы конструкция, көп сандаган өтмөлүктү, кичине шатычалары, көпүрөчөлөрү бар көп фигуралуу станок, кабатталма тегерек, кубдар, тосмолор чоң жана кичине фурлар — мына ушулардын баарын колдон иштетүүчү цехте жасашат. Албетте, декорацияны эскиздегидей кылып жасоо үчүн көп билим жана билгичтик талап кылынат.

Колдон иштетүү цехинин программасында — жыгачтын түрлөрүн (порода), алардын касиеттерин жана иштетүүнүн ыкмаларын үйрөнүү, жыгач устачылык аспаптар менен таанышуу, чиймелерди окуу камтылган. Эң негизгиси — эскизди түшүнө билүү керек. Эскизди карап туруп сүрөттөлүп көрсөтүлгөн декорациянын тигил же бул бөлүгүн эмнеден жасоо керек экендигин айта билүү талап кылынат.

Декорациялар кала берсе аның көрүүчүлөр көрө албаган жактары да бүт бойдон чын ыклас менен сапаттуу, мыкты бекем жасалууга тийиш, бул өзү кандайдыр бир белгисиз себептер менен сөзсүз көрүү залына таасир этип турат.

ЖЧТнин колдон иштетүүчүсү, сүрөтчү болууга да тийиш. Эң кызыктуу жана жакшы ойлонуштурулган сахналык көрүнүш, эгерде ал кайдыгерлик, көңүл коштук менен жасалса бардыгы бузулуп ойрондойт. Татаал конструкция же концерттик программа үчүн чакан кичине тосмо болобу баары бир өздөрү жасап даярдоочу декорацияны жан дили менен иштөөгө биз балдарды үйрөтөбүз.

Спектаклди эксплуатациялоо процессинде декорациялар, албетте, эскирип жыртылаары белгилүү. Аларга дайыма көз салып, ремонттоп туруу керек. Бул дагы театрчылардын милдетине кирет. Ар бир спектаклде сөзсүз кол менен иштетүү цехинен дежурный өзүнүн аспаптары салынган чемоданы менен сахнанын алыскы бир бурчунда дайыма олтурат. Декорациядагы кандайдыр бир тактай, тепкич, рейка кокусунан билинээр билинбес кыйч-куйч этип калса, ошол замат дежурный даяр болот. Ар бир сезондун башталаар алдында колдон иштетүүчүлөр театрдын бүткүл декорацияларын косметикалык (жеңил) же керек болсо капиталдык (толук) ремонттон өткөрүшөт.

Алар өздөрүнүн жумушу тууралу кандай деп айтышаарын төмөнкүдөн көрүүгө болот.

«Колдон иштетүүчүлөрдүн чарбасы чоң. Иши көп. Бүгүн, мисалы, өткөн кылымда театрдын декорациясы кандай жасалганын көрүү үчүн театр музейине барабыз. Эртең бизде премьера, анда цехтин мүчөлөрүнүн тенинен көбүрөөгү кармалат. Бүрсүгүнү болсо гримдерди жана театралдык костюмдарды чечип таштап, биз кайрадан жумушчу халаттарды кийип алып станоктор, электрофуганоктор, верстактар менен иштейбиз, анткени бир жумадан кийин ЖЧТнын дагы бир жаңы спектаклинин декорациясын даярдап бүтүп тапшырып өткөрүүбүз керек. Музыка ойнойт. Бүткүл ЖЧТ чогулат. Жарыктандыруучулар түстүү прожекторлорду күйгүзүшөт. Биз болсок өзүбүз жасап даяр-

даган декорацияларды — рамаларды, тепкичтерди, колонналарды репетиция өткөрүлүүчү чоң бөлмөнүн так ортосуна коюп көрсөтөбүз. Алардын ар биринин өзүнчө тарыхы бар. Мына, мисалы, бар болгону беш тепкичи бар кичине шаты спиралдай ийилген формада укмуштуудай жасалган. Аны жасоого канча убара болушту! А мынакей бул стенканын кармап туруучу бекиткичин биздин биребиз сунуш кылганбыз. Ал эми эч качан жыгылбайт, оюн аткаруучулар эч камырабастан ага жөлөнүп арта салынып «кадимкидегидей» эле олтура беришсе болот — эч сынбайт, түшүп кетпейт, бек жасалган!

Биз өзүбүздүн декорацияларыбызды тегеректеп туруп алып жыгачтын жана жыгач желимининн өзүбүзгө көндүм болгон жытын жыттайбыз. Биздин цехтеги кыздар — колдон иштетүү цехинде кыздарда бар — декорацияларга түстүү ленталарды байлашат, биз балдар, албетте, муну бекер кылашпар — мынчалык назиктиктин эмне кереги бар дейбиз! Бирок ичибизден ыраазы болуп сүйүнөбүз, анткени бүтүп майрам. Таланты катуу коюучу комиссия — ЖЧТнын совети, педагогдор, театрчылар — келет да ар бир рейканы, ар бир мыкты кыйкымчылдык менен аябай карап аларды чиймеге жана эскизге салыштырып ченеп чыгышат. Спектаклдин сүрөтчүсү — эң так судья да келет. Биз болсок, албетте, толкунданабыз. Андан кийин баары бизди куттукташат да: «Азаматсынар! Ушунчалык татаал декорацияны жасап бүтүрдүңөр» — дешет.

Андан кийин спектакль болот. Анда биздин декорациябыз да ойнойт. Көрөрмандар, албетте, булардын эч нерсесин билишпейт — алар роль аткаруучуларды тиктешип сюжеттин кандай экендигине гана көз салышат!». Биздин декорациябыз, болбосо спектаклдин өзү дагы болбой тургандыгын биз гана билебиз.

БУТАФОРАЛЫК СЛОБОДА. Бутафоралык слободада бардыгы бутафорадай! Гүлдөр жана идиштер, жемиштер жана статуэткалар, ичке таяктар, портфелдер, бир нече мом шам орнотулуп коюлуучу шамдалдар, конверттер, чемодандар, азем буюмдар, кылычтар, эски мылтыктар, сандыкчалар, шкатулкалар, радио кабылдагычтар, магнитофондор, намияндар, китептер, кертилген жыгачтар, күзгүлөр, майда-чүйдө жасалгалар, вазалар... Андагы, чыныгы бутафоралар — булар картон, кагаз, чопо, зым, чүпүрөк, фанеранын бөлүктөрү, органикалык айнектин кесиндилери сыяктуу кадимки эле материалдардан кандайдыр бир кайталангыс укмуштуудай буюмдарды жасай ала турган балдар менен кыздар болуп эсептелет. Бул болсо бутафориянын искус-

ствосу деп аталат! Бул өтө кызыктуу бирок жөнөкөй бүтүүчү иш эмес. Ар бир спектакль үчүн тап-такыр бөтөнчө, жалаң ошого гана ылайык келе турган бутафоралар талап кылына турганынан баштайлы. Анткени бутафория (жана реквизит, б. а. атайын даярдалуучулар эмес, тандалып алынуучулар) — бул спектаклдин предметтик, заттык дүйнөсү. Ал дүйнө ар кырдуу. Жомокторго, ыр түрүндөгү күлкүлүү кичине пьесаларга, драмаларга, комедияларга керектүү заттар ар түрдүү болушат. «Кар канышасындагы» Акылчынын таякчасы кандай болуп көрүнүүгө тийиш? Же розасычы? Кичинекей бөлмөдөгү Кай менен Герданын укмуштуудай сонун розалары эсиңердеби? Алар бирде канышанын муздай суук короосунда өндөрү өчүп соло баштайт да, андан кийин биздин эле көз алдыбызга ынтымактыктын, чыныгы берилгендиктин, кайраткерликтин ысык деми менен кайрадан жанданып ачылат. Аларды кантип жасоо керек? «Тан алдындагы шаардагы» («Город на заре») Белоус кармап турган эски компас жана «Жыйырма жыл өткөндөн кийин» («Двадцать лет спустя») спектаклиндеги типографиялык терүү, «Эч ким ишенбейт!» («Никто не поверит!») жомогундагы Илона үкүсүнүн граммофону жана «Баары бир ал айланып турат?» («А все таки она вертится?») спектаклиндеги Вася Лопотухиндин «башка дүйнөдөн» алып келген гүлдөрү кандай болуп көрүнүүгө тийиш.

Бутафора цехинде спектаклди даярдоо жумушу премьера болордон алда канча мурда башталат. Цех бир канча убакытка кадимки илимий лабораторияга айланат: бул жерге китептерди жана репродукцияларды альбомдорун, фотографияларды, каталогдорду, открыткаларды тандалмаларын алып келишет. Алардын арасынан керектүүлөрдү издешет, байкап көрүшөт, жаратпай ташташат жана кайрадан издешет. Бутафоралык столдордун үстүндө жыйналган эскиздердин тоодой үймөктөрүн бутафорлор өздөрү ойлоп табышат да боло турган спектаклге керектүү предметтик заттардын жаралууларын тандап алууну сунуш кылышат. Кээде керектүү сүрөттөрдү тартып, жазып келүү үчүн тиешелүү аспаптарды (фотоаппараттар, карандаштар, кагаздар) алышып башка цехтер менен бирге музейлерге жөнөшөт. Андан кийин пьесаны кайта-кайта кайталап окуп чыгышат, репетицияларга катышып олтурушат, андагыларды көрүп угушат, сүрөтчү, спектаклдин режиссеру аткаруучулар менен кеңешип көрүшөт да сахнаны көркүнө чыгарып ачык көрсөтүү үчүн кандай предметтер ылайыктуураак болоорун изденишет.

Бирок декорацияларды «сүрөтчүлүк техниканын бөтөнчөлүгү боюнча кабылдоо» деп аталган дагы бир жумуш бар. Ал кандай жумуш? Мисалы, кадимки эле мешокту алалы, аны желимге чылап, өзүнчө атайлап кандайдыр нерсенин үстүнө салып туруп чоң гранит таштан айырмасыз окшош болгудай боёго туура келет; же жыгачты «металлга» окшотуп, же «жыгачтын кабыгына» ж. у. с. жумуштар аткарылат. Мында болгондо да кичине өлчөмдөгү предметтер эмес, чоң декорациялар жасалат. Клей жана боёкту аралаштырып, кайчы ар түрдүү кистилер, балкалар жана көзөп кескичтер менен иштөө — бир сөз менен айтканда кадимкидей чоң жумуш аткарылат. Кээде иштеп жатып гипске же клейстрге таанылгыс болуп булганып да аласың. Албетте, ансыз театрдын сыйкырдуулугун камсыз кылуу да мүмкүн эмес!

«Майда» жумуштары деле, мисалы, эң кооз сөйкө жасаган сыяктуу өтө кылдат устаттыкты чыдамкайлуулукту, өзүнүн ишине терең берилүүчүлүктү талап кылат. Бутафор материалдарды (кездеме, гипс, жыгач, зым, металл) жакшы билүүгө жана аларды иштете алууга милдеттүү. Ал клей кайнатканды, кандаганды, лобзик менен араалап кесүүнү, тигүүнү, чаптап жасоону жана аштап жасоону билүүгө тийиш. Ал колунан көөрү төгүлгөн уста болуу керек. Албетте, сүрөтчүлүктү да билиши керек. Бутафорлор жасаган жумушту кумарданып карап гана тургун келет. Ал көркөмдүү сахнага жарашыктуу, көрүү залынын акыркы катарынан да турмуштук чындыкты чагылта элестетип эң сонун көрүнөт. Цехте жасалган айрым буюмдарды табигый буюмдардан айырмалап ажыратуу кыйын. Театрдын бутафорлору өзгөчө апельсиндер менен батондорду эң так өзүнө окшоштура жасашат! Алардын жасагандарын ЖЧТнын көргөзмөсүндө көрүүчүлөр накай өзү деп кабыл алышкан учурлар көп болгон.

ГРИМ БИР ТУУГАНДАРЫ. Грим бир туугандары — ЖЧТнын гримёрлору. Бирок алар да өздөрүнүн атактуу Грим бир туугандары аты «уйкашындай» эле мыкты жомокчулар. Болгону алар экөө эле эмес, туп-туура жыйырма жана өздөрүнүн жомокторун алар колдору менен чыгарышат. Кудуреттүү гримердун колунан эмне гана келбейт! Жашты карыга, сулуунун өңүн серт кылып айлантып жиберет. Андан тышкары бул жерде сенден укмуштуудай эртежээл, күлкү келтирүүчү клоун да жасашат — Грим бир туугандары кадимки ойлоп табуучулар! ЖЧТнын грим жасай турган жайын да алар өз колдору менен жасап алышкан. Эшикти ачсаң дароо эле күзгүлөр дүйнөсүнө туш ке-

лесиң. Алар сени алдыңан да, артыңан да, оң жагыңан да, сол жагыңан да көрсөтөт, ошондуктан сен өзүңдү бөлмөнүн ичинде эмес кандайдыр бир сыйкырдуу сарайдагыдай сезесиң. Күзгүлөрдүн үстү жактарында нечен ирээт чагылып көрүнгөн жаркыраган лампалар. бар. Күзгүлөрдүн астындагы кичинекей столдорго гримердук укмуштуу аспаптар үлгүлүү тартипте тизилип коюлган, алар: ар түрдүү түстөгү грими бар кутучалар, лак куюлган кичинекей бөтөлкөлөр, төмөн карай буралып түшүп турган чачты тармалдоого керектүү жаркылдаган кыпчуурлар, карандаш боё үчүн колдонулуучу атайын калемдер жана түсүн кетирип агартуу үчүн колдонулуучу кисточкалар, тарактар, атырлар, сөлөкөттөр, кошумча түстөр, вазелини бар баночкалар жана мындан тышкары дагы толуп жаткан башка белгисиз бир нерселер, бирок албетте, эң керектүү жана маанилүү буюмдар жылтанып, жаркылдап көздү кубандырат. Ушул эле жерден жыгач муляждарды табигый жана жасалма чачтардан жасалган сары, кара түстөгү тармалдантып таралып коюлган ар түрдүү өлчөмдөгү париктерди (кең чач) жана өрүлгөн чачтардын бардык түрлөрүн көрөсүң. Мындагы париктердин көбүн жаш театрчылар жасашкан, аларды даярдоого көп убакыт сарпталган, алардын кесиби — татаал өнөр. Белгилүү актерлордун ар кайсы ролдогу фотографиялары, портреттеринин репродукциялары, гримдердин эскиздеринен түзүлгөн альбомдор өзүнчө столго жайгаштырылып коюлган. Мынакей жогорку даражалуу төрө, мынакей дон казагы, дыйкан, африкалык киши, индус, мына белгилүү жомоктордун персонаждары... Адамдар, адамдар, адамдар... Орто кылымдын талапкер (адамдары), кайтадан жаралуу доорунун дем берүүчү, ырайларынан турмуштун нуру төгүлүп турган элдер, Франция революциясынын баатырларынын шыктанган ырайлары, балдардын, жаш өспүрүмдөрдүн портреттери... Орус адамдары — Толстойдун жана Чеховдун, Горькийдин жана Куприндин каармандары. Питерлик жумушчулар, дыйкандар, солдаттар, кылымдын башындагы интеллигенттер. Биздин күндөрдөгү — бүгүнкү жаштардын өкүлдөрү, космонавтардын, илим менен искусство ишмерлеринин портреттери. Көчөдө кетип бара жаткандар, трамвайдагылар, метродогулардын өндөрү, китепканада, концертте отургандар...

Адамдын өңүнө (бетине) жакшылап тигиле карагылачы. Гример дал ушундан башталат. Эгерде адам жаш курагы боюнча кичине болсо, анда анын өңү андерсендик жомоктогу боорукер жомокчунукундай же С. Маршактын,

«Мышыктын үйү» («Кошкин дом») жомогундагы байбиче Мышыктын «өңүндөй» болсун. Же болбосо, мышыктын балдарынын, короздун, кажылдаак кароолчу мышык Василийдин «ырайлары» болушу ыктымал. Же болбосо мектеп жөнүндөгү бир көшөгөлүү кичинекей пьесадагы балдар менен кыздарга окшогондордун өндөрү болушу мүмкүн. Эң негизгиси — карап көрө билүүгө үйрөнүү керек. Демек, ойлонууга көнүгүү зарыл. Өңүнө тигиле кароо менен ал адамдын мүнөзүн түшүнө билүү талап кылынат. Гримердик маселени улам татаалдаткандан татаалдатып жатып кароо жана көрүү, көркөм чыгарманын — пьесанын, образдын чындыгын турмуштун өзүнөн табылган чындык менен, ролду ойноп турган аткаруучунун адамдык тагдыры менен байланыштырууга туура келет. Бул маселени чоң балдар гана иштей алышат. Маселе оор, кызыктуу. Анткени грим-искусство жана ар кандай искусство катары ал ойлонууну, сезе билүүнү устаттыкты талап кылат.

Бирок адегенде эң эле жөнөкөйлөрдү үйрөнүп билүү керек. Карартып боёо үчүн колдонулуучу атайын калемди ишенимдүүлүк менен кармаганды үйрөнүү. Сыя, боёк тамызып так калтырбастан көздү тууралап керектүү түстү тактап түз боёп түшүрүү. Муну дароо эле аткара коюу мүмкүн эмес. Гримердик аспаптарды колдонууга даяр болгудай кылып таза кармап өздөрүнүн тийиштүү орундарында сактоо. Жаш гримдерди, андан кийин улгайган гримдерди жасоо. Бырыштарды кантип жасоо керек? Терини кантип улгайынкы көрсөтүү керек? Кантип жашартуу керек? Тегерек бетти кантип сүйрүлөнтүп, тескерисинче, узун бетти кантип тегерек кылуу керек? Мунун өзү кесипчилик болуп эсептелет. Укмуштуудай грим, фантастикалык грим, улуттук грим жана эң акырында гримдик иштин барын турган чокусу — портреттик грим? Мындан тышкары дагы Грим бир туугандары жайгашкан бөлмөдө жаш театрчылар чогулуп алышып, ким, мисалы, «күз» гримин же «конфета», же «космос» гримин чыгармачыл ойлоп табаарына көз салып олтурушканда гримердук фантазиялар гримердук оюндар жана гримердук мелдештер өткөрүлөт. Ойногон дайыма кызык да!

Андан кийин — спектаклдер. Спектаклдеги жаш театрчылардын гримерлорунун жумушу алардын тигил же бул ролду аткаруучуларды гримдөөгө киришүүдөн мурда нечен түйшүктүү иштерди иштеп басып өтүшкөн узак жолунун финалы болуп эсептелет. Пьеса окулуп чыгып ролдор бөлүштүрүлө баштаганда эле гримерчилер ойлоно башташат. Өздөрүнүн эскиздерин тартышат, режиссердон көп

суроолорду сурап чечишет. Ролду аткаруучулардыкындай эле гримерлордун да жолу татаал жана узак. Каармандын тышкы көрүнүшү репетиция өтүп бүткөнчө өзгөргөн учурлар да болот. Мен мындай гримерлук долбоорлорго тоскоолдук кылбастан аларды этияттык менен жөнгө салууга гана аракеттенемин. Ал эми кээде балдардын берген эң сонун сунуштары үчүн алардын талантына, акылына жана фантазиясына кубанып сүйүнөсүн. Кээ бир учурда гримдер сыпайы, «документалдуу» сыяктуу, кээде, — ачык, даана, театрлык экени ачык көрүнүп тургандай болууга тийиш! Ар бир спектаклдин өзүнүн гримерлик сыры бар.

ЖЧТ уюша элек качандыр бир убакта жөн эле драмкружок бар болучу, анда биз спектаклге гастролер — гримерчуну чакырганыбыз менин эсимде. Ал дайыма шашып келип, тезинен өзүнүн кичинекей сандыкчасын ачып: «Кимди ойнойсуң? Чоң эненби?» деп суроочу. Андан кийин ишке киришүүчү. Боёп, кооздоп, жазып, бүтүп кетип калуучу. Ал эми 13—15 жаштагы артисттер калып калуучу. Алар өздөрүн күзгүгө каранып көрүшчү, алардын сахнага чыккылары келчү эмес, анткени грим өздөрүнүн репетицияларында эптеп ойлоп тапкандарына такыр туура келчү эмес. Ыйлагыбыз келчү. Кандайдыр бир маанилүү баарыбызга кымбат нерсени, мына ошол чечкиндүү бир киши бузуп кеткендей болчу...

Азыр болсо, жаш театрчылардын спектаклинин алдында ондогон лампалардан ысыган гримерлор бөлмөсүндө 5—6 киши иштеп жатса да мен дагы эле кезек-кезек баягы «профессионалды» чакырып иштөөчү түйшүктүү тажрыйбаны эстеймин. Эстеймин да мындай деп ойлоймун. «Мүмкүн биздин жаштар театрынын Грим бир туугандары гримердук искусствонун татаал сырларынын бардыгын үйрөнүшө электир, бирок ошондой болсо да эң негизгиси алар аны өздөштүрө башташты. Бул эң башкысы — театрды сүйүү».

ЭСКИ ЖАРЫК, ЖАҢЫ ЖАРЫК. Бул аянт эмес, кыска буюткү көчө эмес, көчө да эмес. Бул азыркы тил менен айтканда, мүмкүн, бүтүндөй бир район. Мына ушул райондо бардык түрдөгү жана маркадагы прожекторлор: кип-кичинекей жарым ваттыктардан (же, аларды сүймөнчүлүк менен — «торсук» жарык бергич деп аташкандай) баштап орто линзалуулар, френелдер, топ жарыктар, софиттер, подфветниктер, ичке тумшуктуу «пистолеттер» жарык берип турушат. Бул жерде рампа жаркырайт, туташ желбиреп турган көшөгө сыяктуу жарык жарк этет, фантастикалык сыйкырлуу жарыктардын эффектилери адамдын көз алдына элестеткендеринин бардыгын тан калты-

рат. Бул жерде жарыктар дүйнөсү — түстөгү жана ак (жарык берүүчүлөр айткандай «таза») жарык, бул жерде жарыктын жылуу нурларынын укмуштуудай таасиринен буюмдар жанданышат, мейкиндик түпсүз болуп калат. Мында Эски жарык жана Жаңы жарык жарыктандыргычтар бар. Эски жарыкка ЖЧТ на эки, үч жыл же андан да мурда киргендер таандык, жаңы жарык — булар студиянын азыркы мүчөлөрү. Алар өз ара бири-бири менен достошот. Эскилери жаңыларын жарык берүүнүн искусствосуна үйрөтүшөт. Адегенде — жөн эле электрикке үйрөнүшөт. Мисалы, кадимки эле штепселдүү вилканы ажыратуу жана чогултуу. Биринчи жолу жай, андан кийин убакыт белгилеп, бара-бара көздөрүн жаап алып иштешет. Карап көрүп коюшпасын үчүн көз таңмай ойногондогудай көздөрүн байлап алышат. Бул таң каларлык оюндун маанисин өтө чоң: сахнада жарык бергич адам тез жана так, кээде дээрлик карацгыда иштөөгө туура келет. «Үйрөнүүгө оор болгону менен аткарганга жеңил болот».

Андан кийин жарык аппаратуралар курсу, тагыраак айтсак — жарык илимдеринин курсу башталат. Прожекторлордун жана жарык берүүчү башка приборлордун түзүлүшү. Жарыктын толук спектрин камсыз кылуучу чыпкалар — түстүү айнектер менен иштөө. Эффектерди түрдүүчө манипуляциялоо. Өзүнүкүн (вариантын) ойлоп айтуу. Мына ушулар биринчи «курска» кирет. Экинчи «курс» — жарык космосу. Жаратылыштагы жарык. Ааламдагы жарык. Жарык теориясынын башталышы. Жарык жана түс. Гельмгольц менен Гетенин окуулары. Жарыктын азыркы физикасы. Албетте, мунун бардыгы балдарга жеткиликтүү оюн катары түшүнүктүү мисалдар аркылуу берилет. Кайрадан практикага кайрылабыз. Жалпы жана жазылып алынган сценария боюнча ложаларда, планшетте аткарылуучу жумуштар. Жарыкты жөнгө салуучу жумуш — «жогорку пилотаж» болуп эсептелет.

Ар бир спектаклдин өзүнчө жарыгы бар. Биринде ачык, күнөстүү, экинчисинде — жарым-жартылай күңүрт жарык. Биринде жарык жалаң ак, «таза» — прожекторлор, экинчисинде ачык кызгылт, жашыл, ачык сары, көк түстөгү прожекторлордун тобу колдонулат. Актерду туура жарыктандырып, декорацияга ал «ойноп тургандай» ишенимдүү жарык бере билүү керек. Спектаклде жарык кыймылдап турат. Көзгө сайса көрүнгүс карацгылыктан кишилердин, предметтердин сөлөкөттөрү акырындап пайда боло баштайт. «Пистолеттерден» берилген нурлардын ичке тутамы каарманды ээрчий жандап анын жүзүнө токтолот — бул

театрдагы чоң устаттык план. Азыр эле биздин алдыбызда жадыраң жайнап турган окуя кокусунан ошол эле замат дайынсыз эрип жоголуп кеткендей көрүнбөй калат. Мына ушунун баардыгы — жарык берүүчүлөрдөн. Күндүн чыгышы, айдын жалтырашы, алыскы тереземден чыккан от, токойдогу алоолонгон өрт булар да ошол жарык берүүчүлөрдүн иши. Кадимки эле электр лампаларынын жана бир нече түстүү айнектердин жардамы менен жасалып жаткандарды, театрга келген көрүүчү чындыктагыдай кабыл алсын үчүн канчалык билим, канчалык ойлоп тапкычтык, канчалык ишке жан-дили менен берилүүчүлүк талап кылынат?

Жарык берүүчүлөрдүн бөлмөсүндө атактуу живопистердин сүрөттөрүнүн көп репродукциялары бар. Балдар ошолор боюнча, ошол сүрөттөрдөн пайдаланып сүрөтчүлөр өздөрүнүн полотнолорунда жарыкты жана көлөкөнү кандайча бөлүштүрүп жайгаштыраарын, алар өзүнүн каармандын же жалпы сахнаны кандайча «жарыктандырып» көрсөтөөрүн үйрөнүшөт. Мындай байкоолор эң пайдалуу. Андан тышкары дагы жарык этюддары бар. Жаш театрчылардын сахнасына прожектордун үч буттуу таянычын орнотушуп, аның үстүнө боз мүшөктүн бөлүгүн жаап коюшат. Мүшөктүн бөлүгүн парчага айландыруурга болобу? Баркуткачы? Атласкачы? Эгерде тиешелүү жарыкты ишенимдүү кылып туура берсе айландырууга болот экен. Ырас, бул үчүн түстөрдүн эң ылайыктуу айкалыштыгын изденип, көп эмгектенүүгө туура келет, нурлардын багыттарын аныктоо, проекциялык аппараттарды колдонуу талап кылынат. Түстүү музыканын негиздерине ээ болуу максатында театрдын жаш жарык берүүчүлөрү өздөрүнүн занятиелеринде бүтүндөй өзүнчө эле жарык спектаклдерин өткөрүшөт...

Албетте, жарык берүүчүлөрдүн башкы максаты спектаклдеги жарыктын образын табуу болуп саналат. Адегенде жумуш макетте аткарылат. Мында жарык берүүчүлөрдүн ар бири эркинче чыгармачыл иштей алат. Бул жерде ар ким өзүнүн жекече (демилгесин), фантазиясын, көрө билгичтигин толук көрсөтө алат. Андан кийин репетиция сахнада өткөрүлгөн кезде ар бир сүрөттүн, ар бир эпизоддун жарыктанууусу өтө кылдаттык менен иштелип чыгат. Эң акырында, спектаклдин өзү көрсөтүлөт. Спектаклде жарык берүүчүлөрдүн кээде 8—10 адамдан турган бүтүндөй бригадасы иштейт. Өтө тажрыйбалуу улуу балдар бүткүл спектаклди жарыктандырууну татаал приборлор, щиттер, пульттар коюлган жөнгө салгыч кабинадан туруп башка-

рат. Жарык берүүчүлөрдүн башкалары ложаларда иштешет. Ал жерде абдан сак болуу керек: белгилүү прожекторлордогу жарык чыпкаларын өз учурунда алмаштырып, көзөде нурлардын багыттарын өзгөртүп, аларды аткаруучулардын артынан шашпастан, жай бир калыпта ээрчите жылдырып туруу зарыл. Прожектор оор, ысык, опойлук менен жөнгө салынбайт, ошондуктан жарык берүүчүнүн милдети чынында эле өтө түйшүктүү. Бригададагылардын бир бөлүгү сахнанын эки жагындагы көшөгөнүн артында планшеталарда иштешет. Ал жерде үч буттукка орнотулган жарык берүүчү приборлорду кокустуктан болуучу титиреөлөрдөн, урунуулардан, козголуулардан сактап, сценарияда пландаштырылбаган эч кандай жалт-жулт өтүүлөрдүн болбошун, тиймектер бузулбай сакталышын камсыз кылуу керек. Сахнага көп учурда «булуттарды», «өрттү», «толкундарды», «жааңды» ж. у. с. эффекттерди берүүчү приборлор жайгаштырылат. Алардын иштешине көз салуу керек. Бир сөз менен айтканда, иш көп жана алардын бардыгы маанилүү, кечиктирилгис. ЖЧТнын көп жылдардан бери жарыктандыргыч аппаратураларынын саны бир кыйла көбөйдү. Аппараттардын бир нечесин балдар өздөрү жасашты. Мындагы бардык техника жакшылап сактоону, ремонттоону, реконструкциялоону талап кылат. Жарык бергич приборлор өтө морт болот. Анда электр механика гана эмес, оптика (линзалар, нур чагылткычтар, призмалар) да бар. Прибордун бир аз чаң болушу же анын кайсы бир жеринен кичинекей эле жарака кетиши спектакльдеги жарыктын сапатына таасир этет. Ошондуктан жарык берүүчүлөр өздөрүнүн аппараттарын өтө кылдаттык менен урунушат, аларды атайын жасалган жумшак ичтелген контейнерлерге айнектерин, рефлекторлорун тазалап аарчып, ылайыктуу жайгаштырып салышат, өткөргүч зымдарды жана туташтыргыч бөлүктөрдүн дайыма жумушчу абалда болуусуна көз салышат.

Спектаклди коёр күнү жарык берүүчүлөрдүн жумушу биринчи конгуроо болоордон бир жарым-эки саат мурда башталат. Жарык берүүчүлөрдүн бүткүл бригадасы иш менен алек: приборлорду сценарияда көрсөтүлгөндөй жайгаштырып орнотуп коюу, алардын кандай иштей турганын текшерип көрүү, керектүү орундарга зарыл болгон тиешелүү чыпкаларды тандап алып коюу, бөлүштүргүч щитке ар бир аппаратты туташтыруу жана аны штативге бекитип орнотуу.

Спектакль ойнолуп жатканда бөтөнчө дыкан жана жоопкерчиликтүү болуу зарыл, анткени мында кымындай

да жацылыштык же жарым-жартылайлык кетирүүгө болбойт. Мисалы, сахнада ойноп жаткан аткаруучу өчүргүчтүн кнопкасын баскан кезде бөлмөдөгү жарык сөзсүз ошол замат өчүүгө тийиш. Эгерде өчпөй калсачы... Анда окуянын болуп өтүү тартиби бузулат, көрүүчүлөргө көргөзүлүп жаткан окуянын чын экендиги төгүнгө чыгарылат.

Спектакль аяктагандан кийин жарык берүүчү бүткүл чарбаны жакшылап жыйыштырып, контейнерлерге жайгаштыра салып, алардын бир нерселери сынып же үзүлүп калбагандыгын кылдаттык менен текшерип чыгуу керек.

Кыскасын айтканда, жарык берүүчүлөрдүн бригадасында эч болбогондо бир эле жолу иштеп көргөн адам театр — бул баарынан мурда эң чоң түйшүктүү эмгек экенине түшүнөт. Сөз жок эле түшүнөт жана түбөлүккө эсинен чыгарбайт.

Ызы-чуу аянты. Булбул сайрап жатат. Арыктагы суу шырылдап агат. Алыстан күн күркүрөйт. Поэтикалык тил менен айтканда, мунун баары ызы-чуу аянты... Ал эми иш жагынан алганда, бул — радионун жардамы менен добуш берүүчү цех. «Радио» — анткени азыркы театрда (ал эми ЖЧТ — бул азыркы театр) магниттик пленкага жазып алынган жазуулар кеңири пайдаланылат. Ар бир же дээрлик ар бир спектаклде музыка катышат. Кээде музыка — спектаклдеги окуянын баштапкы көрүнүшү кээде ал аның аткаруучусу, бирок бардык учурда музыка — бул спектаклдин маанилүү көркөм компоненти болуп эсептелет. Эгерде спектаклде таптакыр музыка угулбаса, анда эч болбогондо сахнадан кандайдыр добуштар: кайсы бир жерден эшиктин жабылган үнү, кимдир-бирөөнүн тепкичтен түшүп келе жатканы, иттин үргөнү, алыстан автомобилдин жүрүп кеткени... сөзсүз угулат.

ЖЧТнын радиорубкасында (жаш театрчылардын добуш чыгаруучулары иштей турган антресолдордогу бөлмөчө дал ушундайча аталат) — тири укмуштай адам таң калаарлык, дароо эле түшүнүп билүүгө мүмкүн болбогон буюмдар өтө көп: рейкалардан жасалып окко кийгизилип коюлган туткалуу барабан, түбү жука булгаарыдан жасалган табак сыяктуу нерсе, эмне үчүндүр фанера ящикке бекитилип коюлган рельстин кесиндиси... Эшик ачылат да бөлмөгө радисттер жана добуш чыгаруучулар киришет. Алар мына ушул укмуштай аппараттарга келишип, колдоруна кандайдыр бир таякчаларды, көңгуроолорду алышат да, барабанды бурушат — мына ошондон... бүтактардан шамал шуулдайт, эски мунарадагы сааттын урган үнү угулат, жаандын тамчылаганы башталат. Ызы-чуу көрү-

нүшү башталат. Бул окуу. Ызы-чуу чыгаруучу уга билүүгө тийиш. Окуяны уга билүүгө тийиш. Турмушту уга билүүгө тийиш. Мына шаардын көчөсү. Бул болсо айылдын кичинекей тынч көчөсү. Дубалдагы кичине эшик чыйк этээр замат, короз кыйкыра баштайт. Же болбосо стадион. Анын добуштук политрасы бир башка. Токойдогу үндөр. Бөлмөдөгү үндөр. Поезддин үнү. Турбинавинттүү самолеттун үнү. От күйүп жаткандагы добуш. Бизди миндеген ар түрдүү добуштар, үндөр курчап турат. Алардын бардыгы театрда керек болушу мүмкүн. Бирок спектаклдеги добуш ал жөн эле үн эмес. Ал — образ. «Жыйырма жыл өткөндөн кийин» («Двадцать лет спустя») спектаклиндеги депонун төрт гудогу көтөрүлүштүн сигналы, көтөрүлүштүн образы. Алар кандай гудоктор? Кандай бийиктиктеги, кандай тембрдеги, канчалык узактыктагы гудоктор? Алар кандай үн чыгарышат — улам күчөйбү же улам акырындап өчөбү, же бир калыптабы? Бул маселелердин бардыгы эң маанилүү. Анык эмес добуш — анык эмес образды түзөт.

Мүмкүн болгон ар түрдүү үндөрдү чыгаруучу добуш аппараттарын жаш театрчылар өз колдору менен жасашкандыр. Бирок, жогоруда биз айтып кеткендей, «жандуу» добуштар гана эмес, алар менен «радиолук» да добуштар бар — тепловоздун гудогу, «Морзянкалардын» сигналдары, жалбыректардын шуулдаганы жана толуп жаткан башка добуштарды лентага жазып алып, андан кийин аларды керектүү убакта магнитофондун жана күчөткүчтөрдүн жардамы менен кайра угузууга болот. Спектаклге кандай добуш («жандуубу же радиолукпу») көбүрөөк ылайыктуу болоорун ар бир жолу аныктап алуу керек. Кээде керектүү добушту ойлоп чыгарууга туура келет. Өзгөчө мындай зарылчылык жомоктордо болот, мында укмуштуудай көп жомоктуу добуштар талап кылынат.

Араалаганды, сүргүлөгөндү, желимдегенди билүү менен гана чектелбестен, радио жана электротехниканы да жакшы билүү керек. Анткени радио ызы-чуу чыгаруучулар кошумча дагы микшерлер пультунда, б. а. жаш театрчылардын спектаклдеринин үн операторлор пультунда да иштешет. Пульт цехте жасалган, аны жасоодо улуу балдар көп эмгектенишкен. Мына эми азыр ал залдын эң аягында турат, ал кичинекей органга бир аз окшош. Чынында эле ал музыкалык аспапка түркүмдөш, анткени пульттагы магнитофондордун бөркү аркылуу өтүүчү пленка музыканы өзүндө сактайт. Үн операторунун колдору — музыканттын колдору. Ал спектаклди угуп, болуп жаткандардын бардыгын өзүнүн бүткүл турушу менен сезип турууга тийиш,

анткени өзүнүн музыкасын ал керектүү репликa боюнча гана эмес, керектүү көңүлдүүлүктө өз учурунда берип турууга тийиш. Музыкалык фонограмманы пленкадагы жазуу таптак кылып көчүрүп алууга болобу? Болот. Бул үн операторунун байкагычтыгына, талантына, билгичтигине байланыштуу. Өзүнүн аппаратураларынын мүмкүнчүлүктөрүн пайдаланып, үн чыгаруучу колонкаларды сахнада так жайгаштырууну ишке ашырып, үндүн бийиктигин жана тембрин түздөп, үн операторлук искусствонун дагы толуп жаткан майда, бирок маанилүү (жашыруун сырларын) колдонуп, механикалык фонограммадан да жандуу, чыгармачыл нерселерди жасап, спектаклди импровизациялап көрсөтүүгө болот. Радиоцехте балдар дал мына ушундай өнөргө үйрөнүшөт. «Үн оператору — бул сүрөтчү!» Жаш театрчылардын девизи — мына ушундай.

Спектаклге ылайыктуу музыканы тандап алуу да — чыгармачыл иш. Балдарды көп учурда симфониялык оркестрдин концерттеринде кездештирүүгө же алардын мыкты классикалык жана жакшы эстрадалык музыкалар жазылган пластинкаларды угуп жатышкандыктарын көрүүгө болот. Аларды балдар угушат, эстеп калышат, биздин спектаклдер үчүн музыка издешет, эң негизгиси, өздөрүнө жаккан музыканы табышат, аны түшүнүүгө аракеттенишет, өздөрүнүн музыкалык сезимдерин өркүндөтүшөт.

...Азыркы күндө ЖЧТнын радио ызы-чуу чыгаруучулардын иштери эң кызыктуу. Алар жомокту үндөштүрүшөт. Жомокту бардыгы окуп чыгышты, эми азыр ар бири өз жумуштарын терендетип иштеп жатышат: музыкалык фрагменттерди издеп, добуштарды сындап көрүшүп, аларды айкалыштырып, чыгармачылыктуу эмгектенип жатышат. Эки-үч күн өткөндөн кийин эмне пайда болгонун угуп көрүү үчүн алар кайтадан чогулушат. Бала кезден белгилүү жомок азыр эми кокусунан кайтадан жаралып, сонун үндөр менен коштолуп шаңдуу, ырлуу түргө келтирилет. Ал жомок үчүн балдардын кимиси эмнени ойлоп сунуш кылаарын ким билсин!? Анткени алардын ар бири — кыялкеч, чыгармачыл адам. Кызыктуу болушу ыктымал. Жомоктон кийин, дагы жаңы тапшырма картинаны (оюнду) үндөштүрүү берилет дешет. Бирок кайсы картинаны экендиги азырынча белгисиз: «Канаттууларды кармоочулардыбы» («Птицеловы») же «Помпейдин акыркы күнүнбү» («Последний день Помпей») Эмнеси болсо да аракет кылып көрөбүз. Ошон үчүн бизде ызы-чуу аянты да!

Кайраткер кийим тигүүчүлөрдүн ательеси. Театрдык костюм! Анын тарыхы байыркы доордон башталат. Ба-

йыркы кездеги театрда эле костюм белгилүү болгон. Италиялык карнавалдардын костюмдары кандай кооз, кандай көркүү жана укмуштуудай болгон! Ал эми орустардын жаз майрамдарындагы, сейилдөөлөрүндөгү, никелешүүдөгү костюмдарыңы! Костюм жөнүндө көп китептер жазылган, костюм музейлерге коюлган жана бардык учурдагы живопистердин тарткан полотнолорунда көрсөтүлгөн, аны скульптуралар жана фотографиялар, ошондой эле адабияттык баяндамалар жана мода журналдары боюнча окуп билүүгө болот. Азыркы костюм — өзгөчө, өзүнүн маанисин эч качан жоготпой турган жана ар дайым актуалдуу тема.

Бирок мен театр костюмунун өнүгүшүнө байланышкан татаал проблематикага терендеп кирип кетким келбейт. Бар болгону балдардын кызыктуу жана пайдалуу ишмердүүлүктөрү үчүн турмуш тиричилик жана театр костюмунун тарыхы, конструкциясы, стили, көркөм өзгөчөлүктөрү жанчалык бай жана пайдалуу экендигин гана белгилеп кетким келет.

Жаш театрчылардын кайраткер кийим тигүүчүлөрүнүн Ательесинде, б. а. костюм тигүүчү цехте, биздин спектаклдердин костюмдары сакталып турат. Мында ветеран костюмдар бар, алар эң алгачкы спектаклдерде ойношкон, эң жаңы костюмдар да бар, алар азыркы материалдардан жаш театрчылардын тиккен франталары жана франтикалары. Жомоктогу персонаждардын, айбанаттардын костюмдары, шинелдер, курткалар, плащтар жана көйнөктөр, куштун канаты менен кооздолгон шляпалар, баркуттан жасалган камзолдор... бар. Костюмерлик шкафтан эмнени гана таппайсың! Күн кеч киргенде жарыкты өчүрүшүп бардыгы кетишкен кезде костюм тигүүчү цехти кулпулагандан кийин, мына ошол шкафтын эшикчелери чыйык-чыйык этип ачылат да, андан костюмдар чыгып, бөлмөнүн ичинде аркы-терки басышып өткөн күндөр жөнүндө бири-бири менен ангемелешет окшойт...

Бул албетте, ой жүгүртүү гана. Чындыгында болсо шкафтын эшиктери эч бир сыйкырдуулук менен ачылбайт. Аларды жаш театрчылардын шайыр костюмерлору ачышат! Алар эшиктерди ачышып костюмдарды алып чыгышат да ишке киришет. Жумуш абдан көп. Көйнөктөрдү, пиджактарды, пальтолорду, комбинезондорду... эсептеп чыгуу. Белгилерди жабыштырып, тигүү. Обшлагдарды (жеңдин кайрылган учтарын), хлястиктерди (кийимдин артынан тигилүүчү ичке тарткычтарды) түздөө. Топчуларды кадап тагуу, кийимдердин ичтерин жамоо, жакында боло турган

спектакль үчүн керектүү костюмдарды бөлүп коюу, тышка барып берилүүчү концерт үчүн контейнер даярдоо, жарык берүүчүлөрдүн кечи үчүн үч бий көйнөгүн жана бир фрак кийип табуу...

Костюмерлордун жумуштары менен толтурулуп коюлган айнектелген текчелерден баардык доордун костюмдары кийгизилген жыйырмадай целлулоид куурчактарды көрөсүн. Ал күлкү келерлик куурчактар боюнча дүйнөлүк костюмерликтин бүт тарыхын байкап көрүүгө болот: алар-га байыркы египеттик жана байыркы гректик кийимдер, ошондой эле орто кылымдын жана классицизм доорундагы костюмдары, азыркы кийимдер кийгизилген. Ошолордун баардыгын жаш театрчылардын костюмерлору өздөрүнүн окуу занятиелеринде өздөрү тигишкен. Костюм тигүүчү бөлмөнүн дубалдарында бардык доордун жана бардык элдердин костюмдары тартылган сүрөттөр илинип коюлган. Анткени «костюмерлик иштин курсу» жалан эле ийне, жипти туура пайдалана билүүдөн, кездеменин түрлөрүн тааный алуудан жана тигүүчү машинаны иштете алуудан гана эмес, ошондой эле театрдык костюмдун тарыхын окуп үйрөнүүдөн да башталат.

Мына бул столдогу чоң альбомдордо костюмерлик эскиздер сакталат. Алар да жаш театрчылардын костюмерлеринин чыгармачылыгы болуп эсептелет. Ар бир спектаклге карата кайраткер кийим тигүүчүлөрдүн Ательесинде көп эскиздер түзүлөт. Тигил же бул персонажга кандай кийим кийгизүү керек экенин аныктоо оной-олтон иш эмес. Анын миндеген варианттары бар! Ошолордун ичинен эң кызыктуусун, эң айкын жана эң ачык көрүнүктүүсүн тандап алууга туура келет. Спектаклге эң ылайыктуусун тандоо керек. Анткени ар бир спектакль — бул бөтөнчө костюмдар. Жомокто ачык, түрлүү түстөгү, фантазиялуу костюмдар пайдаланылат. Азыркы пьесада — чындыкка жакын таанымал костюмдар. Өткөн заман жөнүндөгү пьесада болсо — ошол доорго туура келүүчү костюмдар пайдаланылат. Андан тышкары костюм — бул каармандын өзүнүн кандайдыр бир бөлүгүндөй нерсе, анткени ал анын мүнөзү жүрүм-турумү менен байланышкан. Мындан тышкары, костюм аткаруучу үчүн ыңгайлуу, ал өзүнүн ролун жакшылап аткаруусуна тоскоол болбостон жардам берүүгө тийиш.

Жаш театрчылардын спектаклинде костюмерчулар иштесиз олтурушпайт. Алар сахнага биринчилерден болуп келишет. Өздөрүнүн контейнерлерин ачышат да, бүгүнкү спектаклдин костюмдарын тиешелүү бөлмөлөргө илип чыгышат. Муну иштөөнүн алдында алар ар бир костюмду

текшерип карап чыгышат, ар бир бүктөмдү, ар бир тигишти үтүктөп даярдашат, анткени аткаруучулар сахнага «үлгүлүү формада» чыгууга тийиш. Ал гана эмес, эгерде спектаклдын талабы боюнча каармандын костюму бырыштуу болуу керек болсо да, ошол «бырыштуулук» сценарияга туура келтирилүүгө тийиш. Залда дежурный костюмер олтурат да, ал байкалган «костюмерлик кемчиликтердин» бардыгын кылдаттык менен өзүнчө дептерге жазып олтурат.

Спектаклдер ар кандай болот: нечен жолу кайра-кайра жаңылап кийинмей, же ансыз, аткаруучулар сахнага залдан же оркестр ойноочу чункурдан чыкмай же, аларды каяктандыр бир жогору жактан түшүрүү! Мына ушулардын баардыгы сөзсүз костюмерлердин ишине түздөн-түз таасир этет. Костюмер дайыма өз учурунда аткаруучунун жанында болуп, анын сахнага чыгаар алдында костюмун сын көз менен жакшылап карап, эгер керек болсо бир нерсесин токтоосуз ондоп, тигип, бекемдеп турууга тийиш. Түйшүктүү, жоопкерчиликтүү жумуш!

Спектакль бүткөндөн кийин бардыгын текшерип, эсептеп чыгып, бүктөп салыштырып, илүүлөрүн илгичтерге илип, тазалап, толук карап чыгуу талап кылынат. Анткени бир-эки жумадан кийин спектакль кайра кайталанып коюлат. Ошондуктан костюм кайрадан кийилет. Кээде бир эле костюм бир нече спектаклде пайдаланылат. Демек, аны этияттык менен сактап «дарылоо» керек. Костюмду жакшы көрүү керек — эң башкысы мына ушунда! Ал эми жакшы көрүү өзүнөн өзү жөн эле пайда боло койбойт...

КИЙИМ ТИГҮҮЧҮЛӨРДҮН КИЧИНЕКЕЙ-ТАР КӨЧӨСҮ. Кийим тигүүчү цех жайгашкан бөлмө чоң эмес — чакан. Тигүүчүлөрдүн өздөрү да көп эмес, жети-сегиз киши. Монтаждоо же жарык берүү деп аталган «гиганттарга» салыштырганда, мындагы цех эч нерсеге деле арзыбайт. Анткени бул цех эң жаш, мындан бир аз убакыт гана мурда уюштурулган, ал жаңыдан өзүнүн биринчи кадамдарын жасоодо. Ырас кийим тигүүчүлөрдүн цехи жөнүндөгү ой жаш театрчыларда эбактан бери эле айтылып келген. Бирок аны уюштуруу эч мүмкүн болбой келген. Бул иш эң эле татаал. Театрдын бычмачысы болуу оңой олтон эмес да! Театрдын сүрөтчүсү костюмдун эскизин жасайт, бул эскизди анча чоң эмес чиймеге түшүрөт, андан аркы ишти кийим тигүүчү баштайт. Ал бардыгын: берилген көйнөктү кандай кездемеден тигүү жакшы болоорун, берилген камзолду тигүү үчүн кандай жасалгаларды пайдалануу керектигин жана аны эмне менен алмаштыруу мүмкүн

экендигин, мисалы, көрүү залынан байкалбас үчүн парчаны баркут менен же тескерисинче алмаштыруу мүмкүн болоорун ж. б. билүүгө тийиш. Тигүүчү кийимдерди азыркыча жана мурдакыдай эскиче бычканды; машина жана кол менен тигүүнүн ыкмаларын билүүгө тийиш; керек болгон учурда кийимди сөгүп, ичин сыртына келтирип жаңылап тигүүнү да билүүсү зарыл. Тигүүчүнүн иши оор, бирок кызыктуу жана адамды өзүнө тартма.

Биринчи жолу А. Н. Островскийдин «Женитьба Бальзаминова» аттуу спектаклине карата костюмдарды өз алдынча даярдоону чечишти. Жумуш өтө көп болучу, эң эле татаал маселени чечүү талап кылынган. Өткөн кылымдагы орус костюму, купецтер чөйрөсү, чиновниктер отставкага чыккан аскер кызматкерлери. Эгерде бул жумушка күн мурунтан жөнөкөй буюмдарды жасап атайлап көнүкпөгөн болушса, анда жаш театрчылардын тигүүчүлөрү бул маселени чече алышмак эмес. «Миллионный посетитель» спектакли үчүн бир нече азыркы модадагы костюмдарды тигишти, «Тан алдындагы шаар» («Город на заре») спектаклине жана жомокту инсценировкалоого карата керектелинүүчү костюмдардын бир бөлүгүн даярдоону өздөрүнүн мойнуна алышты.

Азыр эми жаш театрчылардын тигүүчүлөрүнүн тажрыйбасы «чоң» болуп калды. Өздөрүнүн эң биринчи костюмун (ал огородго коюлган киши сөлөкөттүү каракчы: пиджак, кенен шым жана таякка кийгизилип коюлган шляпа болучу) алар кантип жасашканын жылмая күлүп эстешет, эки ай бою тигишсе да режиссер баары бир аны спектаклге кийгизбей койгон.

Эми болсо тигүүчүлөр жаңы спектаклге керектүү костюмдарды акыркы тигишке чейин өз алдынча тигүүнү кыялданып эңсешет. Мен дагы алар менен бирдикте иш ошондой болооруна ишенемин!

Мен алардын кичинекей бөлмөсүнө дайыма кирип турамын, ал абдан жайлуу, кадимки эле үйдөгүдөй абалда жасалгаланган, кийим тигүүчү машиналардын шакылдаганы угулат, бир жерде жаңы сатылып алынган үтүктү сынап көрүшкөндөн, үтүктөлгөн буюмдардын билинээр билинбес жыты жыттанат, кайсы бир жердеги столдордо кездемелердин ачык ар түстөгү кесиндилери, эскиздердин даректары мода журналдары жана бычылып алынган үлгүлөрдүн чиймелери менен аралашып жатат. Алдыда аларды чоң жумуш күтүп турат, татаал костюмдарды даярдоо керек, бул чыныгы устаттыкты талап кылат! Качандыр бир мезгилде биздин кийим тигүүчүлөрдүн кичинекей — тар

көчөсү тигүүчүлөрдүн чоң жана кенен проспектисине айланат деп ишенебиз!

Биздин бычмачы-тигүүчүлөрүбүздүн цехи өсүп чоноёруна гана эмес, театрда ага кошумча ушунчалык зарыл болгон баш кийимдер жана бут кийимдер цехтери, мебель жана макет даярдоо цехтери түзүлөт деп өз ишенчибизди дал ушул жерден айтууга балким убакыт жеткендир! Мындай цехтер ЖЧТда азырынча жок. Алар жөнүндө азырынча балдар эңсөө менен гана чектелишкен. Бирок эңсөө эртедир-кечтир иш жүзүнө ашырыла турганын турмуш көрсөтүп жатат. Ошондуктан аны аябай каалоо гана керек. Тигүүчүлөрдөй эңсеп каалоо керек!

ЖЧТнын цехи деген эмне? Мастерлердин Шаары жана жаш театрчылардын цехтери боюнча биздин кыскача экскурсиябызды аяктоо менен биз ар бир цехтин жалаң театрлардын гана функцияларына токтолгонубузду жана ар бир цехтин милдети — даярдалып жаткан спектаклди бардык зарыл перселер: декорациялар, костюмдар, жарык, грим ж. б. менен камсыз кылуу экенин толук түшүнүп билгеннибизди айта кетели. Бирок ЖЧТ нын бардык цехтеринин дагы башкача, мен айтаар элем, жогорураак, маанилүүрөөк функциясы бар. Ал функция ар бир театралдык өнөрчүлүктүн кайталангыс өз алдынчалыгынан жана андагы эмгектенин жаткандарга карата болгон бириктиргич күчтөн келип чыгат. «Цех» деген сөздүн өзү «өндүрүштү» гана эмес, андан маанилүү — жалпы бир иште эмгектенин жатышкан, бир максаттагы, правалык принциптери жана үрп-адаттары бирдей адамдардын жалпылыгын туюнтат.

Дал мына ошондуктан ЖЧТдагы цех коллективдин педагогикалык структурасынын негизги очогу, анын «алгачкы түзүүчүсү» болуп эсептелет. Бул эч кандай парадокс жана карама-каршылык эмес. Өндүрүштүк, эмгектик цехтер— балдардын, жаштардын театр коллективин түзүүчүсү болуп эсептелет. ЖЧТ цехтерден түзүлгөн театр. Мындай болушу мүмкүнбү?

Мүмкүн гана эмес ошондой болууга тийиш. ЖЧТрынын түзүүчүсү М. Г. Дубровин дал ушундай деп эсептеген. Ошондой жасоо керек, анткени ар кандай тарбияның негизи (кайталайбыз!) эмгекке таянат. Жөн эле кандайдыр бир нерсени өндүрүү процесси катарындагы эмгекке эмес, турмуштун өзүнүн реалдуу чындык катарында, анын зарыл жана керектүү шарты катарында кабыл алынып түшүнүлгөн эмгекке таянат. Эмгекти жөн эле өндүрүш процесси катары түшүнүп, өздөштүрүү эң эле оңой. Бирок, эмгекти турмуштук зарылчылык жана муктаждык катары

түшүнүп өздөштүрүү өтө оор. Анткени бул учурлардын экинчисинде ой менен практикалык ишмердүүлүктүн арасындагы, искусство менен өндүрүштүн арасындагы кылымдардан берки тоскоолдукту жоюуга туура келет. Мындай тоскоолдукту сөз жүзүндө эмес иш жүзүндө: **адам өзүндөгүнү өзү жоюуга тийиш.**

М. Г. Дубровин бул маселени чечүүнүн жолун тапкан. Искусство менен өндүрүштүн арасындагы тоскоолдукту жоюу үчүн ал: алардын бирин экинчиси менен театр формаларында бириктирген. Ошол союзду ал «ЖЧТ» деп атаган. Эң эле жөнөкөй экен туурабы?

Иштин маанисин дал ошондо, ал оңой эмес, оор жана татаал. Мына ушул искусство менен өндүрүштү бириктирүү деген жөнөкөй формуланын маанисин терең ойлонуп көрөлү. Бул эмнени түшүндүрөт? Бирин экинчисинин жанына катар коюп коюубу? Же бирин экинчисине тендештирүүбү? Албетте, андай эмес. Искусство деген искусство боюнча, өндүрүш деген өндүрүш боюнча калууга тийиш.

Формуладагылардын кайсынысы башкы, анын кайсы бөлүгү?

Башкысы — бул **бириктирүү!** Маселенин чыгарылышы да жана ачкычы да — мына ошондо. Бириктирүү — бул кошуу, тендештирүү же дагы бир ушул сыяктуу иш эмес. Бириктирүү — бул, демек **жалпы милдеттерди** коюп белгилөө.

Жалпы милдеттер — ар кандай бириктирүүнүн маанисин мына ушунда.

ЖЧТнын ишмердүүлүгүнүн бардык сфералары үчүн мындай жалпы милдеттер кайсылар, алар эмнеден турат? Жооп түшүнүктүү: ар ким өзүн инсан катары сезе билип, өзүнүн рухий-правалык мүмкүнчүлүктөрүн толук иш жүзүнө ашырууга мүмкүндүк берүүчү жана ар кандай ишке чыгармачыл катары мамиле жасаганда гана укмуш эң сонундарды жаратууга болот.

Бул театрдын ар бир өнөрканасында, мейли сахнанын жумушчусунун эмгегиндегиби, декоратордунбу, жарык берүүчүнүкүбү, бутафордукубу же гримердун ишиндегиби... терең мүмкүнчүлүктөрдү ачып көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Бул өнөрчүлүк өзүнүн конкреттүүлүгүнүн натыйжасында театрдык спектаклдин образдуу системасынын, татаал системасына караганда балдардын табиятына кандайдыр бир өлчөмдө көбүрөөк туура келет жана балдардын реалдуу ишмердүүлүгүндөгү муктаждыктарына жооп берет. Албетте, мындай бириктирүүнү ишке ашырууда педагогдон көп нерсени: кесиптик жана инсандык такай

өсүп өнүгүүнү адистик гана эмес философиялык, психологиялык, педагогикалык, искусствону таануу билимдерин өз алдынча өркүндөтүүнү, искусство менен таанышууну, предметтер аралык байланыштарды жана катнаштарды өздөштүрүүнү талап кылат. Мунусуз кандайдыр бир олуттуу натыйжа жөнүндө сөз болушу мүмкүн эмес. Жумушту жана цехтеги турмуштун өзүн артисттик занятиелердин жана театр өнөрчүлүктөрүнүн сферасынан башталган жогорку эстетикалык жана көркөмдүк кумарануулар балдар микроколлективи катарында цехтин бүткүл этикалык жана адептик атмосферасы менен бекемделгидей кылып уюштуруу эң чоң мааниге ээ.

Этика-адептик көз караштан алып караганда жаш театрчылардын турмушу деген эмне?

Мен, бул баарынан мурда эмгектик, өндүрүштүк коллективдин карым катнашы деп айтаар элем. Муну менен көп нерселер аныкталат. Ар бир цехтин, тиешелүү түрдө, цехтин ар бир катышуучусунун өндүрүштүк жана окуу планы бар. Демек, цехти окуу-өндүрүштүк чыгармачылык коллектив катары кароо, бирок андагы өндүрүш окуу тарбия процессин аныктоочу жана багыттоочу болуп эсептелингени бир кыйла тагыраак болот. Анткени ЖЧТ — театр. Ал эми театр болсо кандайдыр бир даражада өндүрүш болуп эсептелет: анда спектаклдер, алардын компоненттери коюлат, ошол спектаклдер эксплуатацияланат ж. б. Албетте, чыгармачыл процессти таза өндүрүш менен алмаштырып жибербөө керек, ошондой болсо да чыгармачыл жана өндүрүштүк зарылчылык тендештирилгенде гана толук айкалышат, ал гана эмес кийинкиси биринчисине көмөк берет.

Окуу программасына баш ийүү менен жаш театрчылардын цехи — бул окууну дайыма ЖЧТ нын конкреттүү милдеттерине, анын репертуардык планына туура келтирип ылайыкташтырат. Жумушту мындайча уюштуруу окуу процессин начарлатмак турсун, тескерисинче уюштуруучулук мүнөздөгү айрым кыйынчылыктарга карабастан аны бир кыйла жандандыра турганын айта кетүүгө тийишмин.

Жаш театрчылардын ар бир цехи өзүнүн программасы боюнча иштейт. Бул программалар бир жыл же эки жылдын ичинде эле түзүлө калган жок. Бул программаларда ар түрдүү профессионалдык жана өз алдынча эмгектенишкен коллективдердин жана ЖЧТнын бардык цехтеринин иш тажрыйбалары чогултулган программаларга жаш театрчылардын педагогдору, ошондой эле Ленинграддагы бардык театрларынын көрүнүктүү мастерлери: жарык боюнча

адистер, сахналык техниканын адистери, бутафория, грим, костюм радиодобуш иши боюнча ж. б. адистер өздөрүнүн сунуштарын жана түзөтүүлөрүн нечен жолу киргизишкен. Бул программалар ошондой эле Бүткүл Союздук театралдык коомдун Ленинграддык бөлүмүнүн сахнага коюу секциясында талкууланып, такталган. Бүгүн ал программалар жаш театрчылардын цехтеринин ишенимдүү таянычы болуп саналат.

ЖЧТ нын цехиндеги турмуш — бул эмгекчил чон үй-бүлөнүн турмушу. Биз үй-бүлөгө мүнөздүү болгон айрым элементтерди атайлап цехтик ишмердүүлүккө киргизебиз жана муну биз педагогикалык жактан алганда принципиалдуу түрдө маанилүү жана пайдалуу деп эсептейбиз. Цех — үй-бүлө, бирок болгондо да эмгектик үй-бүлө, мындагы, ар бир киши алардын бардыгы үчүн маанилүү жана зарыл иштерди аткарат, мында милдеттер бөлүштүрүлүп берилген, улуулары кичүүлөр жөнүндө кам көрүшөт, ал эми кичүүлөрү болсо улууларын сыйлашат жана өз кезегинде белгилүү тапшырмаларды аткарышат, жалпы иштерди чечүүгө активдүү катышат. Цех — бул үй, мында ар ким өзүнүн иштөөсү үчүн белгилүү орунга ээ. ЖЧТнын бардык цехтери алардын «үйлөрү» бири биринө окшош болбошуна, жайлуу болуп, алардын дайыма баргылары келип тургудай болуусу үчүн кам көрүшөт.

Мисалы, жаш театрчылардын монтаждоочуларынын көшөгөсүнүн артындагы кичинекей аянтчада, «чөнтөгүндө» сабак өтүү жолугушуулар, ангемелер жана ойлонуп, ой бөлүштүрүүлөр үчүн атайын класс жабдылып коюлган. Ал жерде шыптан түстүү айнектүү алты грандуу чон фонарь блок менен төмөн түшүрүлөт. Ал фонардын укмуштуудай жарыгына кичинекей столдун айланасына балдар өздөрүнүн монтаждоо планеркалары жана чиймелери менен келип чогулушат. Спектакль ойноло баштаганда столду алып салышат, фонарды блок менен шыпка карай көтөрүп коюшуп иштей беришет? Жаш театрчылардын костюмериндеги кыздар дүйнөсү десе болот, мында терезе пардалар, гүлдөр, көшөгөлөр ж. б. Костюмду чечип кийгизүүчүлөрдү ЖЧТда эркелетип «костюмерчики» деп аташат, алар бул бөлмөдөгүлөрдүн бардыгын кийим чеберчүжайды да, эскиздер тагылган стендаларды да, жумушчу орундарды да бүтүндөй өздөрү жасашкан. «Рококого окшоштуруп» жасалгаланган костюмерлик шкаф өзгөчө сыймыктануунун белгиси болуп эсептелет. Жарык берүүчү класста да шкаф бар — анда лампалар, аспаптар, фонарлар жайгаштырылган. Ал шкафты театрдын жарык бе-

рүүчүлөрү оор эшиктүү, ичке терезелүү, төбөсү готика тибиндеги чатырлуу эски сепилге айландырып салышкан. Бөлмөнүн бир капталындагы «кадимкидей» камин (меш) дагы жаш театрчылардын эмгеги. Оюн көрсөтө турган цех өзүнүн бурчун жаш театрчылар фойесинде жомоктогу театрдай кылып жасалгалап алган, ал эми радиорубкада болсо — добуш эффектилерин жасоого керектүү ар түрлүү музыкалык аспаптардын жана аппараттардын бүтүндөй көргөзмөсү жайгаштырылган.

Цех — үй-бүлө. Демек, цехте биримдүүлүк жана достук өкүм сүрөт. Бул — бардыгы: жумуш да, дем алуу да бирге дегенди түшүндүрөт. Бул — «акыйкаттык менен» жашоо дегенди билдирет. Жалпысынан алганда, цехте, мен айтаар элем, **турмушту фантазиялоону** ишке ашыруу-га болот. Бала мына ушул мүмкүнчүлүктүн негизинде өзүнүн жеке турмушун ойлоштуруп табууга тийиш. ЖЧТда балдар өздөрүнүн үйү болгон цехтин интерьерин гана эмес, андагы турмуштун өзүн да ойлонуштурат. Мындагы цехтердин бирин экинчиси менен эч качан чаташтырбайсың. Алардын ар биринин өзүнө гана таандык болгон көрүнүшү жана мүнөзү бар. Бул балким анын профессионалдык бөтөнчөлүгүн байланыштуулугунан гана эмес, негизинен балдар өздөрүн ким деп сезгиче тургандыгына жана алар кандай болгулары келиште тургандыгына көбүрөөк байланыштуу. Мисалы, монтаждоочулар кайраттуу, жарык берүүчүлөр — фантазерлер жана ойлоп табуучулар радисттер — ойчулдар, «теоретиктер», костюмерлер — кең пейилдүү жана меймандос, өздөрүнүн токочтору менен даназаланган-дар, ал эми гримерлор болсо эң шайыр экендигин бардыгы жакшы билишет. Майда-чүйдө нерселерди жасоочулардын шаардын сыртына уюштурган сейилдеп басууларын эч качан бутафорлордун жол жүрүүсү менен чаташтырбайсың, ал эми режиссердун жардамчыларынын (ушундай да цех бар, ал жөнүндө сөз кийинчерээк болот) уюштурган кечеси оюн көрсөтө турган сахна цехинин-кине түк окшошпойт.

Мунун мааниси чоң. Өз алдынча, кадимкидей эмес, кайталанбас болгону жакшы. Менин оюмча бул дагы этикалык талапка кирет, анткени ал жеке өзгөчөлүктүн көрүнүүсүнө (жаңы ачылып чыгышына) жардам берет. Бир сөз менен айтканда, ЖЧТда иштин баардыгы коллективдин бекемделишине жардам берүү менен ар кимдин чыгармачылыгынын ачылып өнүгүшүнө кенен шарт түзөт. Бул жеке жана коомдук кызыкчылыктардын биригүүсү эмесби. Бул, мүмкүн, гармониялык өнүгүүнүн жолудур...

ЖЧТнын цехтеринде балдар керектүү «өнөрчүлүк» кесиптерге көндүмдөрүнө ээ болушат: жыгач устачылыкка, темир устачылыкка, электр приборлорун пайдалана билүүчүлүккө, тигүүгө, сүрөт тартууга, боёого, желимдөөгө, модель жасоого, ар түрлүү аспаптарда ойноп алууга көнүгүшөт. Ошону менен катар алар музыка угууга, скульптуранын сулуулугун көрө билүүгө поэзиянын түсүн, буюмдарды жана предметтерди түшүнө билүүгө үйрөнүшөт. Кайсы адистикте иштешпесин мунун баардыгы, сөзсүз алардын турмушунда керек болот. Бирок жаш театрчылардын өндүрүштүк цехи техникалык кружок да эмес, театрдагы оюн көрсөтүүчү цехке да окшош эмес. Мында балдар баарынан мурда эмгекте жана достукта ынтымактуу жашоого үйрөнүшөт. Бул цехтен балдардын алып чыга турган башкы билгичтиги — бул адамдын турмушунун негизи эмгек экендигин сезе билүү.

Цехтик жумуштун натыйжасы — эмгектин сулуулугу жөнүндөгү ой. «Эмгек — бул эң сонун» — жаш театрчылардын бардык цехтери мына дал ошол үчүн эмгектенишет. Алардын ишиндеги эң башкы идея дал мына ушул эмгекти эстетикалык, рухий категория катары кабыл алуу, аны эң сонун сулуулук менен теңештирүү баарынан маанилүү. Ал инсандын багыт алуусуна өтө таасир этет, өспүрүмдүн өзүн өзү түшүнүүсүн өзгөртөт, ага өзүн жөн эле артист эмес адам катары, инсан катары сезүүгө жардам берет.

Дал мына ошондуктан ЖЧТнда «артист» деген түшүнүк колдонулбайт. Болгону — «аткаруучу» деп айтылат. Бирок бул «артист», «актер» деген сөздөрдүн кадыр-баркын жана маанисин төмөндөткөндүккө жатпайт! Мындай деп ойлонуу жаңылыштык болоор эле. Мунун өзү жалан профессионалдык баалуулуктарга азыраак багытталып, жалпы адамкерчилик, нравалык, рухий баалуулуктарга көбүрөөк көңүл буруп туюп сезүүнү билдире тургандыр. Ошондуктан балдар ЖЧТда «өздөрүн аныктоодо» ар дайым: мен — гримермун, мен майда-чүйдө иштерди аткаруучумун, мен — бутаформун, мен — жарык берүүчүмүн, мен — монтаждоочумун, радистмин ж. б. деп такташат. Ал эми башкаларга карата болсо «Мен — ЖЧТмын» дешет. «Мен — кишимин!» деген деп түшүнүү керек.

Менин оюмча бул баланын ар кандай коллективде иштөөсүнүн натыйжасында келип чыгуучу башкы сезим, башкы ой болуп эсептелет.

ЖАЛПЫ ЧОГУЛУШ. Жылдын башында жалпы чогулуш өткөрөбүз. Ага атайын майрамга же туулган күндү

белгилөөгө даярдангандай даярданабыз. Бир четинен алганда, бул — чындыгында эле туулган күн. Жалпы чогулушта жаш театрчылардын өзүн өзү башкаруусу тууулуп белгиленет. Биздин өзүбүздү өзүбүз башкаруу деген эмнени түшүндүрөт? Формалдуу жактан алганда, бул бардык цехтердин улуулары аларды «ЖЧТ нын совети» деп аташат. Цехтер — 12, алардын 8 и техникалык (мен алар жөнүндө жогоруда айтып өттүм) жана 4 уюштуруу цехтери — РУБ (режиссердук-уюштуруучулук башкармасы), режарлар, (режиссердун жардамчылары), газетанын редакциясы жана оюн көрсөтүүчү цехи (же көрүүчүлөр менен байланышуунун группасы) — жана улуулар 12. Ой үчүнчүсү — советтин төр агасы, олуттуу фигура, кезектеги сезондо ЖЧТ дагы эң башкы адам. Кимдин төрага боло тургандыгы жөнүндөгү маселе жаш театрчылардын кулуарларында жалпы чогулуш болоордон бир кыйла мурда эле талкууланат. Төрага кандай болсо, совет да ошондой, ал эми совет кандай болсо, ЖЧТ да ошондой болоорун бардыгы түшүнүшөт.

Мына ошол түшүнүү эң маанилүү. Анткени ага ишеним жасалат. Өзүн өзү башкаруунун акыйкаттуулугуна, реалдуулугуна жана адилеттүүлүгүнө ишеним жасалат. Өзүн өзү башкаруу бул өз алдынчалыктын жана жоопкерчиликтин оюну эмес, ал чыныгы өз алдынчалык жана жоопкерчилик экендигине болгон ишеним.

Чогулуш кызуу өтөт. Көп талашып-тартышуулар менен дискуссиялардан баштары ооруй баштайт, бирок эч ким кетип калбайт. Бардыгы биздин чакан залга олтуруп алышып, талкууну уланта беришет. Чогулушка жаш театрчылардын педагогдорунун бири да калбай катышат. Алар биринчи катарга олтуруп, бардыгын угушат... бирок унчугушпайт. Чогулуштагы талаш-тартышууларда кандай гана «болбогон» сунуштар айтылбасын, талкууланып жаткан маселеден кандай гана четке чыгып кетпесин педагогдор өздөрүнүн туруктуулугун көрсөтүү менен унчугушпай олтура беришет. Анткени ЖЧТнын жалпы чогулушу — бул өзүн өзү башкаруунун маанилүү жана эң биринчи актысы, ошондуктан аны балдар өздөрү, башынан өткөрүшүп өздөрү аткарышы керек! Албетте, тиешелүү педагогикалык даярдыксыз ийгиликтин болушу мүмкүн эмес. Бул кенешүү цехтерде, балдар менен жалпы жана жекече ачемелешкенде болот, бирок мунун бардыгы чогулушка чейин совет шайланганга чейин иштелет. Эми мына ушул жерде, жаш театрчылардын жалпы чогулушунда көп убакыттан бери иштелип келе жаткан түйшүк-

түү жумуштун натыйжасы көрүнүшү керек. Мында өзүбүздүн бүткүл ишибиз менен балдардын ан сезиминде ЖЧТ нын түшүнүү идеясы коллективди жана анын талаптарын түшүнүү конкреттүү аракеттерде ишке ашырылат. Дал мына ушунда, жалпы чогулушта иштин негизгиси жаш театрчылардын ан сезиминде өздүк жана коомдук кызыкчылыктардын айкалышынын аткарылганы же аткарылбагандыгы, коллективдин кызыкчылыгы негизги, аныктоочу боло алдыбы же жокпу ошонун бардыгы ачык көрүнөт.

Бул планда биз эч качан биздин балдардын ишинен иренжибейбиз. Биздин иренжибей тургандыгыбыз алардын ушунчалык идеалдуу экендигинен эмес. Жөн эле, эгерде ал мындай болбосо, анда жалпы чогулушту чакыруунун кереги да жок болчу. Жалпы чогулушту өткөрүү үчүн коллектив даяр жана жеткилең болгондо гана болушу мүмкүн. Жалпы чогулуш — бул коллективдин жалпы жана коомдук сезими сыяктуу. Ан сезимди болсо ойготуу жана тарбиялоо зарыл.

Бул дароо эле кокусунан ишке аша койбойт. Бул жумуш узак убакытка созулат жана көп кырдуу, ал убакытты жана чыдамкайлыкты талап кылат. Бул иште коллективдин ар бир мүчөсүн тарбиялоодон баштоо керек. Чынында эле ал жаш театрчылардын занятиелеринде жана репетицияларында жана албетте өздөрүнүн кимди шайлай тургандыгы жөнүндө далилдүү сунуштары менен жалпы чогулушка келүүчү цехтерде өткөрүлөт. Цехтердин бул сунуштарына эч ким каршы чыкпайт дегендикке жатпайт. Ар кимге өзүнүн оюн талашып, далилдүүлүк менен сактап калууга туура келет. Кээде көрсөтүлгөн кандидатура жалпы чогулуштан өтпөй калат. Биз балдарга ишенебиз. Эгерде алар жаңылыштык кетиришсе, анын эмнеси бар экен... Биз алардын жаңылыштыгына да ишенебиз. Бул окуучуларга жаңылууга, ката кетирүүгө укук берүү өтө маанилүү, ал кетирилген жаңылыштыкты ондоого мүмкүнчүлүк берет. Ал эми жаңылыштык кетирип, болгондо да ЖЧТ нын советин шайлоодо ушунчалык олуттуу жаңылыштык болсо, андан кийин анын каталыгын түшүнүп ынануугa ушунун бардыгын башынан өткөрүп, аргасы кетип, эң акырында өз катасын өзү мойнуна алып ондоого мүмкүндүк алуу — бул өз алдынчалыктын бактысы эмей эмне, бул жүрүш-туруштун репетициясы эмей эмне?!

СОВЕТ КАНДАЙ БОЛСО — ЖЧТ да ОШОНДОЙ! Ошентип акыры совет шайланды. Ал уюштурулуп бүтүп, өзүнүн толук составы менен биздин чакан сахнабызга

чыгат, алар — уялып онтойсузданган, бирок баары бир ыраазы болушкан балдар жана кыздар... Антпегендечи, алар эми жаш театрчылар советинин мүчөлөрү да! ЖЧТ-ның өзү канча жыл жашаса анын совети да ошончо жылдан бери эмгектенип келе жатат. Советсиз ЖЧТ нын болушу мүмкүн эмес. Ал гана эмес ЖЧТ дан анын совети бир аз улуу, анткени адегенде биринчи совет түзүлүп, андан кийин ЖЧТ түзүлгөн. ЖЧТ нын биринчи Советинин мүчөлөрү театрды түзүштү, цехтерди уюштурушту, биринчи жаңы мүчөлөрдү кабыл алышты. ЖЧТнын Советинин, мисалы 15-сезонунда, же 8 чи, 120-сезонундагы төрагасы ким болгонун бардыгы билишет. Жаш театрчылардын советтеринин төрагасынын жана алардын мүчөлөрүнүн фамилиялары, өздөрүнүн демилгелеринин, сүйүүлөрүнүн жана берилгендиктеринин күчү менен ЖЧТ-рын ишин «алга жылдырган» балдар менен кыздардын фамилиялары ЖЧТнын коллективинин эсинде сакталып турат. Совет — бул олуттуу уюм. Анткени өзүн өзү башкаруунун өзү олуттуу. М. Г. Дубровин жаш театрчылардын өзүн өзү башкаруусу жөнүндө сөз айтып жатып качандыр бир жолу мындай деген: «Өзүн өзү башкаруу — бул балдарды тарбиялоого багытталган идея».

Мына эми быйылкы сезондогу ЖЧТнын Советине шайлангандар тизилип турушат. Алар өздөрүнө кандай жоопкерчилик жүктөлүп жаткандыгын жакшы сезишет. ЖЧТрынын жоопкерчилиги өтө чоң. Анткени алар жаш театрчылардын эстафетасын өз колдоруна алышып, аны театрдын бүткүл иштери, спектаклдери, жаш театрчылардын бардык турмушу аркылуу өтүп кийинки сезондо шайлана турган жаңы советке өткөрүп берүүлөрү тийиш. ЖЧТнын өзүн өзү башкаруусунун алдына дал ушундай эң жогорку, коомдук маанидеги милдет коюлуп отурат. Театрдын өзүн өзү башкаруусу эң башкыны — үрп адаттарды коллективдин закондорун, анын нравалык жана эмгектик атмосферасын сактоого тийиш. Сактоо деген — бул минут сайын, саат сайын аларды өзүнүн эмгеги, чыгармачылыгы өзүнүн жашоо-турмушу менен бекемдеп терендетүү дегендикке жатат. «Жана дайыма ЖЧТ башталат...» — анткени жаш театрчылардын эски ырында дал ушундайча ырдалат. Бирок мурдагыларды сактоо, улантуу, ар бир жолу кайрадан «баштоо» оңой иш эмес, бул чоң эмгекти талап кылат. Өзүн өзү башкаруу бул эмгек. Адамдын эмгеги, демилге менен уюштуруунун эмгеги, анткени өзүн өзү башкаруу — андан тышкары дагы уюштуруучуларды тарбиялоо, өзүнүн турмуштук жашоосун өз акылы менен

максаттуу жана кызыктуу кылып түзүү билгичтигине жана ыкмаларына ээ болуу болуп эсептелет. Бир сөз менен айтканда, ЖЧТнын иши алга жылгыдай эмгектенүү. ЖЧТнын азыркы советинин мүчөлөрү да мурункулар сыяктуу эле мына ушул эмгекти ишке ашырууга милдеттүү. Советке шайланган балдар ошол милдетти кандай аткаргандыгына жараша аларды баалашат. Бүткүл театрдын жана анын цехтеринин иш пландарын түзүү керек, декорацияларды чыгарууну жана чогулуштарды өткөрүүнү, техникалык советтерди, отчётторду, дем алуу кечелерин жана сейилдөөлөрдү пландаштыруу зарыл. Мындан тышкары дагы жаш театрчылардын миң түркүн иштери бар. Пландоо гана эмес алардын баардыгын иштеп жасоо керек. Өздөрү жасап башкаларды да кызыктырып тартуулары керек. Албетте бул оңой иш эмес. Албетте, советтин мүчөлөрүнүн турмушу жеңил болбойт. Алардын баары, эреже катары, жогорку класстарда окуша тургандыгын унутпайлы. Кээде менден: «Силерден балдардын жумушу өтө көп эмеспи? Алар баарына үлгүрүп жатышабы?» — деп сурашат. Эмне деп жооп бериш керек? Иштери абдан көп. Бирок ошондой болсо да өздөштүрүп, үлгүрүп жатышат. Анткени иштер дагы ар түрлүү болот эмеспи. Эмне менен иши көптүгүнө жараша болот: максатсыз убакыт өткөрүү мененби же кызыктуу, пайдалуу жана бардыгына керектүү иш менен жүктөлгөнүбү? Акыркысы — бул иши өтө көптүккө жатпайт, ал балдар үчүн кубаныч. Кыйын, албетте, бирок кубануу. Кыйын болсо эле жаман болуп, жеңил болсо эле жакшы болмок беле? Менин оюмча тескерисинче болууга тийиш. Советке шайлангандардын ичинен бир кыз жаш театрчылар менен көрүүчүлөрдүн жакында болуп өткөн жолугушуусунда мындай деди: «Мурда мен эч нерсени жасап үлгүрчү эмесмин, анткени ЖЧТда окуган эмесмин. Ал эми азыр менин ишим ушунчалык көп дейсин! Бирок бардыгына үлгүрөм. Мен өзүм: үлгүрбөй калуу деген эмне? — деп айтамын. Мен жаш театрчыларданмын да, мен советтин мүчөсүмүн да. Үлгүрүү керек! Сөзсүз үлгүрөмүн».

КООРДИНАЦИЯЛЫК БОРБОР. Бул цехтин аталыш наамынын өзү эле анын мазмунун аныктап турат: режиссерлук-уюштуруу башкармасы, кыскача — РУБ деп айтылат. РУБнын советинде группалардын жана цехтердин иштерин координациялоочу, расписаннелерди түзүү, мастерскойлор боюнча орун которуп туруу графиктерин түзүү ар кандай бригадалардын, студиялардын, спектаклдердин группаларынын репетицияларын түзүп иштөөчү жаш

театрчылардын группасы бар. РУБ театрдын бардык мүчөлөрүнүн ишке катышуу эсеби жүргүзүлөт, кечигүүлөрдү же келбей калууларды белгилейт, алардын себептерин тактайт, жаш театрчылардын ар бир мүчөсүнүн окуган мектебинин номерин, классын, үй адресин, иштеген цехин, артисттик группасын, ойногон ролдорун ж. б. маалыматтарды көрсөтүү менен аларга картотека толтурат. РУБ жаш театрчыларга өздөрүнүн күнүн туура жана рационалдуу уюштурууга, убакытты туура бөлүштүрүп иштөөгө жардам берет, ошондой эле «ашыкча иштөө» жана «аз иштегендерди» эсепке алып турат. Кыскасы, РУБ — бул ЖЧТнын диспетчерлик пункту, жаш театрчылардын өзүн өзү башкаруусунун координациялоочу борбору. РУБдын мүчөлөрү өздөрү дыкан, жыйнактуу болуулары керек, анткени алар калгандардын бардыгына уюшкандыктын жана тартиптин үлгүсүн көрсөтүүгө чакырылган.

РУБдун карамагында жаш театрчылардын өзүн өзү башкаруусунун маанилүү «институттарынын» бири — ЖЧТнын жооптуу дежурныйлары бар. Жооптуу дежурный, тактап айтканда «жолдош жооптуу дежурный» бул жаш театрчылардын өзүн өзү башкаруусунун гана эмес, бүткүл ЖЧТнын башкы фигураларынын бири болуп эсептелет. Анын ролу маанилүү, жоопкерчиликтүү, бирок оор. ЖЧТнын эмблемасы тагылган көк пилотканы кийип алуу менен жөнөкөй эле бала же кыз «жолдош жооптуу дежурныйга» айланат. Бардыгы педагогдордон баштап ЖЧТнын кичинекей мүчөлөрү да аға «сиз» деп гана кайрылышат. Аны менен талашып-татышууга болбойт, аны баары угууга милдеттүү. Анын дежурлугу ЖЧТнын бардык булун-бурчтарын жана бөлмөлөрүн кыдырып көрүп чыгуудан башталат: бардыгы жайында экендиги текшерилет. Андан кийин дежурный педагогго же көркөм жетекчиге рапорт берет, мына ошондон дежур болуу башталып улантылат. Жооптуу дежурный группалардагы жана цехтердеги окуулардын башталышы жана аяктылышы жөнүндөгү рапорттору кабыл алат, жумушка киришүүгө уруксат берет же бербейт, окуулар бүткөндөн кийин мебелдерди өз орундарына жайгаштырып коюуга буйрук берет, телефондук звонокторго жооп берет, педагогдорду сабактарга чакырат, ЖЧТнын конокторун урматтап тосуп алат, өзүнүн чыгармачылыгы менен жаш театрчыларды өзүнө тартат. Жооптуу дежурныйдын чыгармачылыгы деген эмне? Ал — мына бул. Бардыгынан мурда келип күзүү гүлдөрдүн букети салынган вазаны ордуна коюу. Же болбосо бардык бөлмөлөргө жыйырмадай ар түрлүү

түстөгү аба толтурулган шарларды илип чыгуу, же 150(!) дөй кагаздын беттерине күлкүлүү сүрөт тартылган медалдар жасоо: «Репетициянын жакшы өтүшүн каалайм! ЖЧТчы» деген жазууну жазып жаш театрчылардын ар бирине ушундай медалды белек кылып тапшыруу. Же кандайдыр адам тең калгандай плакат тартуу. Же болбосо кандайдыр таптакыр укмуштуудай, бирок бардыгына жаккандай жана бардыгын кубандыргандай бир персеин ойлоп табуу.

Жооптуу дежурный бүт бир күнү кечке «жумушта» болот. Ага оор: ЖЧТ чоң, иштер эң көп. Мындан тышкары ал дагы жооптуу дежурныйдын дептерин — күндөлүктү толтурууга үлгүрүшү керек. Жаш театрчылардын архивинде мындай калың жана жука ондогон дептерлер сакталган, алар жүздөгөн ар түрдүү балдардын колдору менен жазылып толтурулган, жаш театрчылардын бардык муундары, ЖЧТнын жооптуу дежурныйлары анын тарыхын күн сайын жазып толтурушкан. Эмнени көрүшсө ошону жазышат, ошондуктан алардын жазуулары жөнөкөй, кээде колунан келбегендиги, кээде тажрыйбасыздык менен жазылат, бирок ал дайыма чындыктуу, жүрөктөн чыккандык сезим менен жолдошторун, өзүнүн коллективин бүткүл ЖЧТды сүйүүчүлүк сезим менен жазылган. ЖЧТды алар театр катары эмес, кандайдыр бир укмуштуудай, кээде кадимкиге окшобогон бир керемет катары кабыл алышат... Ал үчүн, келиниздер жооптуу дежурныйлардын дептерлерин барактап көрөлү.

«Мен майда-чүйдө жасоочулардын кенже группасынын занятиесине келип, эшикти ачкан кезимде, бир кичинекей кыз мындай деди: «Опера. Чоң ата чамгыр олтургузду». Андан кийин алар ошол операны көргөзүштү. Адегенде чоң ата чыкты, ал чамгырды олтургузду да кетип калды. Он беш секунда өткөндөн кийин чамгыр чоңойгондон чоңоюп өсүп чыкты, эми чоң ата аны жерден сууруп тарта баштады. Андан кийин кемпири келди, андан кийин небереси, анын артынан Жучкасы, мышыгы, жана чычканы чыгып келишти, алардын ар биринин чыгышы ария менен коштолуп турду...»

Улуу группа иштеп жаткан жердеги чоң репетициянын эшигине жакындап келген кезинде... Жок койчу! Кайсы улуу группа! Ал өзүнчө эле бир бүтүн реввоенсовет... Мына эми мен эки прожектордун билинээр билинбес жарыгы менен жарыктандырылган алардын жүздөрүн карап турамын, жарым-жартылай карангы болгон репетиция өтө рүлүүчү бөлмөдө алардын көздөрү жаркырайт, мына мен

жаш театрчылардын комиссарларын эстеймин. Дагы бир аларга көз арта турганым: алар Михаил Светловдун «Жыйырма жыл өткөндөн кийин» деген спектаклин репетициялашат эмеспи. Мына ошондуктан колунду алардын иййине коюп, жакшы тилек каалап алдыга: «ЖЧТры боюнча, турмуш боюнча, дүйнө боюнча алдыга баскыла жана ЖЧТда силер реввоенсоветте болгонунарды дайыма унутпай эстегиле!»... дегиң келет.

«Жаш театрчылардын адаттагыдай дагы бир күнү өттү. Демейдегидей эле бирдемелерди талашып-талкуулоо менен жаш театрчылар үйлөрүнө тарап кетишет. Бул күнү, башка күндөрдөгүдөй эле, репетициялар, цехтердин занятиелери, күлкү, ызы-чуу, талаштар болду. Бирок бул күндү башка күндөрдөн айырмалай турган да кандайдыр бирдемелер болду. Кандайдыр бир проблемалар чечилди, актерлук жана образдар табылды, цехтерде кандайдыр бир кызыктуу перселер ойлонуп сунуш кылынды. Мына ушул «кандайдыр бирдемелер» кадимкидей эле ушул күндү башка күндөрдөн айырмалап турат».

ЖЧТчылардын просценнумунун артисттери. Сиз ЖЧТчылардын спектаклине келгенинизде, сизди биринчи болуп көк пилотка кийишкен балдар жана кыздар тосуп алышат. Мына ошолор ЖЧТчылардын «оюн көрсөтүүчүлөрү», же ЖЧТчылардын просценнумунун артисттери. Мына ошолор спектаклди коюунун алдында мектептерге барышат да, ЖЧТ жөнүндө ырааты менен түшүндүрүп айтып беришет ушул спектаклге атайлап жасалган чакыруу билетин жана афишаны калтырышат. Мына ошолор эми ЖЧТчылардын «контролдоочу» пунктунда сиздерге жылмая карашып, чакыруу кагаздарын катары жана орду көрсөтүлгөн атайы карточкага алмаштырышат. Алар сизди үчүнчү звонок болгончо Фойеге ээрчитип барып, ойноп, ЖЧТчылардын ырларын ырдап же цехтердин жасаган көргөзмөсүн — фотографияларды, газеталарды, плакаттарды, майда-чүйдө буюмдарды... карап чыгууну сунуш кылышат. Ошондон кийин сиз дароо эле театрда сизди күтүп, келгенинизге булар кубанып жатышканын сезе баштайсынар. Андан кийин «оюн көрсөтүүчүлөр» залдын эшиктерин ачышып, сизге керектүү катарды табууга жардам беришет. Ырас жаш театрчылардын чакан залында катарлар деле көп эмес, ошондуктан ар ким өзүнүн катарын оной эле табат, анын үстүнө ар бир стулдун аркасына кызыктай оюнчук пил бекитилген, анын тумшугунда табличкада цифра жазылган — мына ошол сиздин ордунуз болуп эсептелет. Кичинекей пилди да «оюн

көрсөтүүчүлөр» өздөрү ойлоп таап, өздөрү жасашкан. Көптөн бери күтүлүп жаткан үчүнчү звонок болоор замат «оюн көрсөтүүчүлөр» эшиктердеги оор шторлорду жабышат да, алардын жанына туруп, башталган спектаклдин тынч өтүшүнө сак болушат.

Спектакль дайыма эле акыркы реплика финалдуу көрүнүштүн акыркы аккорду менен аякталбайт. Көп учурда көрүүчүлөр өздөрүнүн орундарында олтура беришет, ал эми аткаруучулар гримдерин алып таштап сахнага чыгышат да, кызуу ангемелешүү башталат. Мындай ангеме оюн ойногондор үчүн да жана оюнду көрүүчүлөр үчүн да эң маанилүү. Бирок ар кандай жолугушууларга да жакшылап даярдык көрүү керек, бул да «оюн көрсөтүүчүлөрдүн» иши. Алар ангемелешүүнүн эң кызыктуу формасын айтып беришет, «суроолорду» түзүшөт, «көрүүчүлөр менен бетме бет тирешип» деген кийинирээк чыгарылуучу газетага керектүү интервью алышат.

«ЖЧТ сүйлөйт!» ЖЧТда редакция-цехи да бар, бул цех гана эмес, өзүнчө эле бүтүндөй чыгармачылыктын лабораториясы. Анткени бул жерде ырлар жана проза жазышат, повесттерди, ангемелерди, жомокторду жана... уландылары бар романдарды да ойлоп чыгарышат. Мунун бардыгы жаш театрчылардын жумалык кереге газетасына чыгарылат. Ал газета кандайча аталат? «Коллективдин үнү» «ЖЧТ — мажор», «Ак кагазга кара менен», «Бүгүн жана эртең», «Фортиссимо» «ЖЧТчылардын турмушу», «ЖЧТ сүйлөйт», «ЖЧТ деген болуптур»,... Ар кайсы жылдары газетанын аттары ар кандай аталуучу. Бирок ал коллектив үчүн дайыма керектүү жана оперативдүү болуп калган. Ал газетада спектаклдерден жана репетициялардан, цехтерден жана ЖЧТ нын советинин заседаниелеринен кабарлар, өткөрүлгөн кечелер жана сейилдөөгө чыгуулар жөнүндөгү отчеттор, туулган күндөр менен куттуктоолор, репортаждар — бир сөз менен айтканда, ЖЧТчылардын түгөнбөс фантазиясынан жарала ала тургандардын бардыгы басылып чыгарылат. ЖЧТчылар гастролдо жүргөндө да газета чыгарышат. Поезд Ленинград областынын чегин кесип өтө элек жатканда эле «ЖЧТчылардын вагонунда» газетанын биринчи номери чыгарылат. Бирок, мында тан калаарлык эч нерсе деле жок. Анткени кереге газета чыгаруу — бул өзүндү коллектив деп, жалпы бир чоң идеяга берилген, биргелешип иштөөгө кызыккан адамдардын жалпылыгы деп сезүүнүн дагы бир ыкмасы болуп эсептелет. Газета, ал кандай гана болбосун — олуттуу же мыскыл — тамашалык боло-

бу, кооздолгон же жөнөкөй болобу дайыма биздин коллективдеги эң башкыны анын турмушун ырастап бекемдөөчү, чыгармачыл, боорукер духун туюнтат. Мына ошондуктан газетанын чыгышы дайыма өзүнчө эле бир окуя. Ошондуктан ЖЧТда анын чыгышын күтүшөт жана ал ЖЧТчылардын керегесине чыгарылаар замат анын айланасына балдар жыйылып топтолот. Бул жөнөкөй эле кызыгуу эмес, коллективдин бүгүнкү турмушу кандай экенин, кандай суроолор аны сүйүнтүп, толкундатып же капалантып жатканын билүүгө карата болгон ынтызарлык жана дилгирлик.

Балким газетанын редакциясынын мүчөлөрү коллективдин жүрөгүнүн катуусун бөтөнчө курчтук жана сезгичтик менен билүүгө тийиштир, өзгөчө «анын жанын, кыймылдаткыч күчүн» терең сезүүгө тийиш чыгаар. Ошондуктан, редакцияга эреже катары ЖЧТда бир топ иштеп жүрүп анын идеясын баамдап билгендер, коллективдин милдеттерин өзүнүн жеке милдети катары кабыл алуучулар иштешет. Бекеринен ЖЧТчылардын кереге газетасынын туруктуу эпиграфы катары А. С. Макаренконун: «Биздин ар бир жүрүм-турумубузда коллектив жөнүндөгү ой, жалпы жеңиш жөнүндөгү, жалпы ийгилик жөнүндөгү тилек болууга тийиш» деген сөзү алынган.

ЖЧТнын жашоо жылдарында жүздөгөн газеталар, фотогазеталар, плакаттар, кол жазма түрүндөгү журналдар — «Чыгармачылык», «Когорта», «Премьера»... чыгарылган. Алардын бардыгы биздин архивдерде сакталып турат. Аларды окуп карап көргөндө биздин балдар кандай таланттуу экенине таң каласың! Аларда канчалык ойлор жана фантазиялар, канча оригиналдуу жаңы пикирлер, юморлор, боорукерлик жана сүйүнүчтүүлүктөр камтылган! Биздин газета балдарга өздөрүнүн адабияттык чыгармачылыкка керектүү жөндөмдүүлүктөрүн, поэзияга: публицистикалык жанрларга сүрөт тартууга, фотография чыгарууга болгон чыгармачыл талаптарын толук ачып көрсөтүүгө, пайдалануга толук мүмкүндүк берет. Ал ой бөлүшүүгө ойлонууга, талашып-тартышууга жардам берет. Эң башкысы (муну дагы бир жолу белгилеп кетели) — өзүн жана өзүнүн башкалар менен, коллектив менен болгон байланышын баамдап билүүгө, өзүн жана өзүнүн жолдошторун эң баалуу, коомдук маанилүү иштин — турмуштун жана жаштар театрынын катышуучусу деп сезүүгө жардам берет.

ЖЧТда ак кол-ак чүчтөр жок. Мындагы жумуштар да «таза» жумуш жана «кара» жумуш болуп бөлүнбөйт. Ар

бир ЖЧТчы: ал театрда жумушчу, эмгекчи экенин жакшы билет.

ЖЧТ дагы моралдык-нравалык атмосфераны эмгек цехтерден келип чыккан өзүн өзү башкаруу аныктай тургандыгын биз эң маанилүү фактор деп эсептейбиз. Ошондуктан бул атмосфера да эмгекчил жумушчу болуп эсептелет. ЖЧТнын байлыгы — бул жумушчу, эмгекчил коллективдин байлыгы

«Ким эмгектенсе ошол кожоюн» деп Максим Горький айткан.

Талаш-тартышсыз иш болбойт! ЖЧТчылардын турмушу талашып-тартышуусуз болбойт. Тескерисинче. Ырас эле жандуу, иштеп жаткан жана өсүп-өнүгүүсү коллективде башкача болуу мүмкүн эмес. Менин оюмча талаш-тартыш — бул ар дайым жыргалдуу турмуш эмес. Албетте, ал сөзсүз нервди козгогон эмоцияларга байланыштуу, ал эми эмоциялар дайыма эле он таасир бербестен, көпчүлүк учурда тескери да болот, ошондой болсо да талаш-тартыштын пайдалуу жагы бар. Талаш-тартыштын пайдалуу жагы бул баарынан мурда бүткүл коллективдин же анын айрым мүчөлөрүнүн турмушундагы принципиалдуу, негизги маселелердин чечилиши болуп эсептелет. Жоопкерчиликтен качып, элдешүү же жылмалоо эмес, ал маселелерди сөзсүз чечүү. Талаш-тартышуунун тарбиялоочу функциясы дал мына ушунда.

Талаш-тартыш жанжалдашуудан айырмаланып дайыма терең. ЖЧТчылардын талаш-тартышуусунун негизги «темалары» — булар: чыгармачылык менен чыгармачыл эмес, көркөмдүк менен жагымсыздыктын, принципиалдуулук менен мүнөзсүздүктүн, жалган менен чындыктын, коллективдүүлүк менен өзүмчүлдүктүн, эмгекчилдик менен бекерчиликтин бири бирине каршы туруусу. Мындай талаш-тартыштар ЖЧТчыларда гана бекен? Менин оюмча дал мына ушул суроолор боюнча ар кандай коллектив бүткүл чыныгы эмес, биздин коллективдүүлүк моралыбызга, коммунисттик, нравалуулукка каршы келүүчүлөргө сокку бере алат.

ЖЧТчылардын талаш-тартыштары кандай?

Эгерде аларды жөнөкөйдөн татаалга карай өсүү тартибинде жайгаштырып класстарга бөлүштүрүүгө аракеттенсек, анда болжол менен төмөнкүдөй көрүнүш пайда болот.

«Түшүнөмүн түшүнбөймүн» талаш-тартышы. Эң жөнөкөй, мындайча айтканда, балалык деп аталуучу талаш-тартыш. Мисалы, студияның мүчөсү ЖЧТ га келди. Ал

биринчи жолу сабакка келди. Рапорт берүү керек, ал болсо күлөт. Же качып кетет, ошентип аны издешет... Мындай талаш-тартыш да оной эле чечилет. Качканды табышат, аны ордуна алып келип эмне үчүн рапорт берүү керек экенин (эң сылыктык менен!) түшүндүрүшөт. Андан кийин ага: «Азаматсың рахмат!» деп айтышат. Ошентип, аны тынч коё беришет. Эгерде чатак кайталана турган болсо, анда окуя кайра кайталанат. Мындай окуя толук түшүнүктүү болуп, көнүмүшкө айланмайынча кайталана берет, б. а. «түшүнбеймүн» деген «түшүнөмүн» дегенче кайталана берет. Албетте, мындай ыкма эң жөнөкөй учурларда гана, тактап айтканда, анча талаш-тартыш деле жок кезиңде пайдаланылат. Анткени, «эгер чындыгын айтсак», анда бул студиец — бала тартип деген тартип экенин эң соңун түшүнөт, занятие бүтө электе качып кетүүгө же жумушта күлүп олтурууга болбой турганын жакшы эле билет. Аның буларды билээрин биз да билебиз. Ошондуктан жылмайып сүйлөшөбүз!

«Каалаймын — каалабаймын» талаш-тартыш. «Мурдагыдагыга караганда кыйыныраак, мисалы, адам жалкоо болуп көнүп калды дейли. Мында болсо иштөөгө, тапшырманы аткарууга туура келет. Каалабайт, бирок айла жок милдеттүү. Иштебей коюунун толуп жаткан себептерин дароо эле табышат. Мындай абалда кандай кылуу керек? Жооп жөнөкөй: мажбурлоо керек. Жок себептерди убара болуп каран, түшүндүрүп, сүйлөшүп олтуруунун кереги жок... Мажбурлап иштетүү керек, ошону менен сөз бүтөт. Мындайча иштөөнү толук педагогикалык деп айтууга болот! Кээде мындайларды советке чакырышат (бул айла кеткен учурда), же ЖЧТ чылардын улуулары аны ээлетип чыкырып алып, таасирдүү түрдө: «Дос, иште, бай болгур...» деп сунуш кылат. Жардам берет.

«Силерге керек — мага кереги жок» талаш-тартыш. Мындай талаш-тартыш «мен» жана «баары» дегендердин каршы туруусу. Бул талаш-тартыштан арылуу кыйын. Адам «жеке өзүнө» өзүнүн пайдасына багытталган жана ал башкаларды, бүткүл айланадагы чындыкты, кээде дүйнөнү да дал ошол призма аркылуу баалайт. Мындай багытталыш аның «макро» жүрүм-турумунан баштап реакциялардагы, баалоолордогу, умтулууларындагы көзгө көрүнбөгөн нюанстарга чейинки бардык жүрүш-турушун аныктайт. Мындай талаш-тартышты ЖЧТга келген биринчи күндөн баштап дарылашат. Тактап айтканда, ЖЧТда ойлонуп табылгандардын бардыгы мына ушундай «өзүмчүлүк» оорунү айыктыруунун өзүнчө бир дарысы болуп

эсептелет. Мына ошондуктан биз бул дарыны бизге келгендердин профилактика катары бардыгына беребиз. Бирок, дары таасир этпей, оорусу адегенде анча сезилбей бара-бара кабылдап кеткен учурлар да болот. Бирок бул башталышында гана, эртедир-кечтир ал оору баары бир билинет, бирок күчөгөн формадагы талаш-тартыш деп аталуучу түргө айланып кетет. Анын бөтөнчө татаалдыгы бир эле түшүнүккө таптакыр ар башкача кээде карама-каршы маанилер бериле тургандыгында. Мына ушунун өзү «маанининн тоскоолу» болуп эсептелет. Мисалы: «жакшы», «жаман» «сонун», «көрксүз», «ак ниет менен», «ак ниетсиз», деген түшүнүктөр талаш-тартыштагы жактар үчүн таптакыр ар башка маанилерди түшүндүрөт.

Бул сыяктуу талаш-тартыштар ЖЧТда — дайыма окуя, дайыма бүткүл коллектив үчүн сыноо, дайыма анын жетилгендигин жана акылмандыгын текшерүү болуп эсептелет.

Жогорудагы классификацияга туура келгидей «таза» түрдөгү талаш-тартыш, эреже катары көп кездешпей турганын айта кетүү керек. Ар кандай талаш-тартыш жагдайда «түшүнөмүн-түшүнбөймүн», «каалаймын-каалабаймындын», талаш-тартыштын, ошондой эле «маанилүүлүк тоскоолдон» да кандайдыр бир нерсени дайыма көрүүгө болот. Бул театрдагы өтө сейрек кездеше турган «таза жанр» болуп эсептелет. Дал ошол «таза жанрдын» жоктугу талаш-тартыштын картинасын татаалдаштырат, кээде аны чатыштырып, чечилишин кыйындатат, бирок ошону менен эле бирге негизгини көрүүгө жана анын негизинде «бүткүл тизмекти чубап чыгууга» мүмкүндүк берет. Көп элементтер «аралашкан» талаш-тартышта таасир этүү жеңил болоору тан калаарлык: адегенде «каалаймын-каалабаймынга»: же «керек-кереги жокко» таасир этесиң, андан ары карап турсаң каардуу «маанининн тоскоолдугу» ошондон баштап, кыйыр жол менен таасир этүүлөргө баш ийип калганын көрөсүн.

ЖЧТда (менин оюмча ЖЧТда гана эмес) өтө сейрек байкала турган талаш-тартыштын кээде жалгыз бир гана катышуучуларга тиешелүү болгон, айрым учурда жашырын өтө турган дагы бир түрү бар. Бул **өзү менен өзүнүн талаш-тартышы** (же өз ичиндеги конфликт). Бул сыяктуу талаш-тартыштардын — өзүн өзү тарбиялоонун, өзүн өзү өркүндөтүүнүн жолу болуп эсептелет. Анткени аның негизинде адам өзүнүн жеке ички дүйнөсү менен ага коллектив ачып берип көрсөтүп жаткан идеалдардын айырмачылыгын баамдап түшүнөт. Бул драмалык жагдай адамды өзүн өзү тал-

дап көрүүгө шыктандырат, өзүн жана өзүнүн жүрүм-турумун коллективде кабылданып бекемделген нравалык жана коомдук идеалдарга туура келгидей кылып өзгөртүүгө мажбур кылат, демек ал оңолуп жакшы боло баштайт. Адамдын мына ушул ички тенденциясын анын жекече кемтөөсүнө айландыруу менен жаш театрчылардын турмушунун бардык сферасына жайылтууну биз өзүбүздүн тарбиялык башкы милдетибиз деп эсептейбиз.

Биз ошондой эле коллектив талаш-тартыштардан коркпостон, андан качпастан, сөзсүз аларды чечүүгө тийиш деп ишенебиз. Талаш-тартыштар акыйкаттык, ак ниеттик менен, адилеттүү чечилиши керек. Анткени дал ошолорду жеңүүдө гана адам инсан катары өсүп-өнүгөт, ал эми коллектив болсо биримдүү болуп жана өркүндөйт. Бул жөнүндө А. С. Макаренко мындай деп жазган: «...биздин советтик адам талаш-тартышсыз эмес. Тескерисинче, биздин турмушубуздун мүнөздүү өзгөчөлүгү талашып-тартышуунун өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Биздин дал ошол эркин турмушубуз баарыдан мурда талаш-тартыштын чыгыш себебине жана ага чабуул коюуга мүмкүндүк түзөт. Ошондуктан биздин турмуш эң сонун, анткени биз күрөшүүгө, б. а. талаш-тартыштарды чечүүгө, аларга тайманбастан каршы турууга, кайгыларды жана кемчиликтерди тайманбастан туруктуулук менен баштан өткөрүүгө, турмушту жакшыртуу жана адамдын өркүндөп өсүшү үчүн күрөшүүгө жөндөмдүүбүз».

Мындан тышкары дагы чыгармачыл талаш-тартышуулар, ишке байланышкан жана өндүрүштүк акырында, темпераменттердин жана эмоциялардын талаш-тартыштары бар. Аларды мен өзүмдүн классификациялоомо киргизген жокмун, анткени жандуу чындыкты аягына чейин бир дагы схема чагылдыра албайт. Чыгармачыл, ишкердүү, өндүрүштүк, темпераменттик-эмоциялык конфликттер — бул жаш театрчылардын татаал жана адамды кызыктыруучу турмушунун ачык, толук жана даана көрүнүшү. Мисалы, цехтердеги улуулар пландар жана иштердин аткарылыш мөөнөттөрү жөнүндө канчалык ачууланышып талашышса, жаңы пьесанын же ойнолгон спектаклдин талкууланышы канчалык кызыгуу менен жана канчалык дискуссиялуурааак өткөрүлсө, советтин кеңешмелери канчалык сын мүнөздө талкууланып каралса менин оюмча ошончолук жакшы. Демек, бул ЖЧТ жашап, өнүгүп-өсүп жана күрөшүп жатканын билдирет.

Балдардын жана жаштардын коллективи күрөш менен жашоого тийиш. Коллектив көңүл коштук жана мещандык

менен, уят сыйыты жоктук, адепсиздик жана калпычылык менен, жүрөк заадалык, кош көңүлдүк жана майда-чүйдө эсептегичтик менен катуу күрөшүүгө тийиш. Күрөш — бул өзүндүн алсыз начарлыгыңды жеңүү, демек өзүнө багытталган жол. Күрөш — бул турмуштун мааниси. Идеал үчүн күрөшүү менен гана ага ээ боло аласың жана аны турмушка ашыра аласың.

ТЕАТР ДҮЙНӨСҮНӨ БИРИНЧИ КАДАМДАР. В. И. Немирович-Данченко качандыр бир жолу театр — бул аянтчанын ортосуна салынган килемчеде ойноочу эки актер деп айтыптыр. Улуу режиссер муну менен театрдагы эң татаал, эң байыркы жана мүмкүн, «карматпас» искусстволордун бири актердук чеберчиликтин борбордук, башкы ролун белгилегиси келгендир. Актер — бир эле мезгилде чыгармачы да, түзүүчү да, аспап да, өзүнүн искусствосу үчүн материал да, демек мүмкүн ошондуктан кээде артисттик чеберчилик эмнеде экенин баамдап билүү ушунчалык кыйындыр, чынында эле анын чеберчилиги эмнеде: сахна аянттарында негизинен табигый жашай билгичтигиндеби, же кыймылда болуу менен катар сөз сүйлөй алгандыгындабы, же аракеттене билгичтигиндеби?... Ал эми булардын бардыгын аныктап билүү ЖЧТга биринчи жолу келишип студиячы деген наамды алып жатышкан балдар менен кыздарды туура окутуу үчүн өтө зарыл.

К. С. Станиславскийдин театрдык системасы менен Балалыкты бири бирине кантип бириктирүүгө болот? Жаш катышуучулар үчүн артисттикке үйрөнүү деген, жалпысынан алганда, эмне дегенди түшүндүрөт — кесипке ээ болуу жолунда башталышыбы, маданиятты жогорулатуунун каражатыбы, дүйнөгө болгон көз карашын кенейтүүбү? Мүмкүн, жөн эле жеткире ойлонуштурулган кызыктуу дем алуу болуп жүрбөсүн — бул дагы олуттуу жана маанилүү...

Мына ушул (жана ушуларга окшош) суроолордун бардыгы өтө зарыл. Бул суроолорго берилүүчү жооптор театр коллективдеги балдар жана өспүрүмдөр менен иштелүүчү кесиптик жумуштун «магистралдык багытын» аныкташат, максаттарын тактайт, иштөөнүн жолдорун жана ыкмаларын көрсөтүп айтып берет.

Мен актердун башкы билгичтиги — сахнада ар кандай ролдордо, ар кандай спектаклдерде инсан боло алуусу деп айтаар элем. Профессионалдык көнүмүштөрдүн бардыгы эң жыйынтыгында келип адамдын чыгармачыл өзгөчөлүгүнүн эң ачык, өзүнө гана таандык жана кайталангыс көрүнүшү үчүн негиз гана түзөт.

Ошондуктан биз ЖЧТнын башкы милдети — жаш адам-

га анын **инсан болуусуна** жардам берүү деп эсептейбиз. Анын бүткүл өмүрү, анын ишмердүүлүгүнүн бардык чөйрөсү дал ошого багытталууга тийиш.

ЖЧТда балдар менен өткөрүлүүчү артисттик занятиелер (чеберликтин, речтин, сахнада жүрүүнүн сабактары, спектаклдердин репетициялары) — мына ушундай сфералардын бири. Балдардын театрдык коллективинде аларды кээ бир профессионалдык машыгууларга үйрөтүү инсанды калыптандыруу контекстинде ишке ашырылышы керек, бул иш ошол контекстке үзгүлтүксүз багытталып, аны менен текшерилип турууга тийиш. М. Г. Дубровин туура белгилеп айткандай, артисттик занятиелер барыдан мурда балдардын жана өспүрүмдөрдүн чыгармачыл муктаждыгын канааттандырууга, андан кийин гана тигил же бул натыйжага (спектаклди же анын айрым бөлүгүн ойноого) багытталууга тийиш.

Бул чыгармачылык талаптар кайсылар? Албетте, сахнада ойноо актерлук искусство менен иштөөнү каалоо. Балдардын көбү ЖЧТ га киришкенде алар дал ушуну каалап келишет. Бирок «чыгармачылык керектөөлөр» деген түшүнүккө мындан башка да толуп жаткан каалоолор кирет, аларды балдар көбүнчө андан сезишпейт, бирок ошондой болгону менен алар чындыкта бар жана алар сезилип түшүнүлгөн каалоолордой эле маанилүү. Бул, баарыдан мурда өзүндө сүрөтчү, жараткыч болуу сезимдерди пайда кылууну каалоо, искусство менен мамилелешүү аркылуу өзүнүн рухий дүйнөнү байытууну, өзүнү, адамдарды, турмушту терең баамдап билүүнү эңсөө.

Артисттик занятиелер балдардын дал ушундай каалоолорун канааттандыргыдай өткөрүлүүгө тийиш, балдардын адегендеги сахнада ойноого болгон кызыкчылыгын канааттандыруу менен гана чектелип калууга болбойт. Ошондо гана занятиелер башкы милдетти аткарууга — инсандын чыгармачыл муктаждыгын канааттандырууга, демек, анын өсүү өнүгүүсүнө жардам берет.

Актерлук чеберчиликке үйрөтүү занятиелерин биз балдарды көңүл топтоо ыкмасына көнүктүрүүдөн баштайбыз. Искусство көңүл топтолгон жерде пайда болот. Көңүл — бул угуу, көрүү, сезүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болуу үчүн зарыл түрдө көтөрүлүүчү биринчи баскыч. Көңүл бөлүү — чындыкка багытталган жол. Көңүл бөлүү ыкмасына тарбиялоо, «көңүл коюп жашоо» — бул айланадагы чындыкты, искусствону абдан терең сезип, баамдай билүү дегендикке жатат. Көңүл коюу «багытталган», ошондой эле ал кеңири, кубулуштун жана окуянын ички жана тышкы маңызын,

туюп билиши керек. Көңүл коюу чыгармачыл, фантазия менен элестөөнү ойготууга тийиш.

ЖЧТда көңүл коюуну тарбиялоонун өзүнчө системасы иштелип чыккан. Биринчиден, көрүү, угуу, туюп кабылдоо жана анын башка түрлөрүн өркүндөтүүчү бир катар атайын актерлук көнүгүүлөр жана этюддар бар. Бул көнүгүүлөр ар түрдүү окуу куралдарында жана теориялык эмгектерде толук баяндалып жазылган. Мында төмөнкүнү гана айта кетүү керек: ЖЧТда балдарды жана өспүрүмдөрдү театрдык искусствого үйрөтүү занятиелери орустук жана советтик театрдын реалисттик традицияларынын талаптарына, К. С. Станиславскийдин негизги системасынын жоболоруна, ошондой эле К. С. Станиславскийдин көрүнүктүү окуучуларынын жана ишин улантуучуларынын жетишкендиктери менен ачылыштарына толук туура келгидей ылайыкташтырылып түзүлөт.

Экинчиден, биз көңүлдү өзүбүзгө, өзүбүздүн ички абалыбызга, өзүбүздүн чыгармачыл процессти баштоого даяр экендигибизге бурабыз. Дал ошондуктан ар кандай сабак же репетиция, жалпысынан алганда, жаш театрчылардын ар кандай занятиеси жөнөкөй, бирок эң маанилүү, ичтен мобилизациялоочу «Көңүл бургула!» деген өтүнүч суроо команда менен сунуш кылуучу командадан башталат. Бул, чынын айтканда, ЖЧТдагы биринчи сөз. Ал сөз угулаар замат сыйкырлап койгонсуп катышуучулардын бардыгы өздөрүнүн жүрүм-турумдарын, темпин, ритмин, эң негизгиси — мазмунун өзгөртүшөт, алар көңүлдөрүн токтотуп, назар салышып, кандайдыр чыгармачылыкка даярдангансып калышат. Он жылдар бою жаш театрчылардын күнү мына ушул сөздөн башталып келе жатат, аны ЖЧТнын жооптуу дежурныйы өзүнүн милдетин аткарууга киришип жатып айтат.

«Көңүл бургула» деген сөз жүрүм-турумдун жана абалдын чындыгына айлансын үчүн биз адам жана актер үчүн эң маанилүү болгон бул билгичтикти иштеп чыгуунун үчүнчү ыкмасына — жаш театрчылардын аңгемелерине кайрылабыз. Сөз менен тарбиялоо эң маанилүү. Балдар менен өспүрүмдөргө азыркы ургаалдуу алга умтулуулардын дүйнөсүндө көп учурда адамдык мамилелешүү жетишпейт. Бирок сөз менен сөздүн айырмасы бар. Эгерде сөз бири бирине ишенимдүүлүк атмосферадагы аңгемеде колдонулса жана ал ушул атмосферадан келип чыкса, анда ал таасирдүү күчкө айланат. Мындай аңгеме адамга жана анын турмушуна, андагы жакшылык менен жамандыкка, сулуулукка жана бийиктикке, чындыкка, рухий байлыкка,

эгер кааласаңар, түбөлүктүүлүккө, бирок ар ким өзү үчүн жаңыдан ачып ала турганга тиешелүү болгон маңыздуу суроолор жана проблемалар боюнча жүргүзүлүүгө тийиш. Бешинчи — алтынчы класста окушкан ЖЧТчылардын студиячылары мындай чындыктарды түшүнүүгө жөндөмдүүбү? Жөндөмдүү деп ишенемин. Ал гана эмес, алар буга муктаж. Албетте образдар, суроолор алардын жашына (курагына) туура келе тургандай, жооп берүүчү ойлорду жана сезимдерди ойготууга алып келгендей сөздөрдү, мисалдарды табуу керек.

Жаш театрчылардын көңүлүн мынчалык буруучу мындай этикалык аңгемелердин борбору деген эмне? Албетте, театр! Балким — Театр деп айтуу керектир! Анткени, биз актерлук сабакта экенибизди унутпашыбыз керек... Театр анын ишмерлери жөнүндө, искусствонун бийик даражадагы коомдук ариалышы жөнүндө, анын граждандык ролу, орус, советтик, чет өлкөлүк көрүнүктүү артисттердин өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө, өткөн мезгилдеги жана азыркы атактуу спектаклдер жөнүндө айтып берүүлөрү балдар окуп үйрөнүүчү биздин сабактардан алардын искусствого кызыгууларын арттырып, жандандырууга тийиш. Балдар азырынча коркоктук кылып анча билбей, одоно аткарып жатышкан көнүгүүлөрдүн, этюддарын талкууланышы да тарбиялык мүнөздө болушу ыктымал. Анткени буга окшогон ар бир «жөнөкөй» этюдда анын жаш автору көп нерселер менен (өзүнүн кооздук сезими, элестик түшүнүгү, өзү көрсөтүүчү персонаждарды сезүү деңгээли менен) катышат. Ар бир жолу этюд же көнүгүү жөнүндөгү аңгемени аларга профессионалдык баа берүү менен гана чектелбестен, алардын мазмуну, мааниси, көркөмдүгү жана кооздук жактарын да толук камтыгандай кылып алып баруу керек. Студиябыздын мүчөлөрүнүн аткаргандарынын жана көрсөткөндөрүнүн бардыгын биз көркөмдүк жана нравалык жалпы критерияларга гана эмес, конкреттүү театрдын тажрыйбасы менен салыштырууга аракеттенебиз. Мисалы, балдарга адегенде кызыктуу деталдарды, эпизоддорду угузуп коюп, андан кийин «бул МХАТта кандай болгонун» же муну «Современникте» кандайча аткаргандыгын толук айтып берүүгө болот. Мындай сүйлөшүү акыл-насыят үйрөтүү катары болууга тийиш. Биз бул сөздөн коркпойбуз. Акыл-насыят үйрөтүүчү деген бул адептүүлүккө үгүттөө, жакшы нравалуулуктун үлгүлөрүн көрсөтүү жана ошондой мисалдарды улантууга үгүттөө болуп эсептелет. Бирок мындай сүйлөшүү эч качан кызыксыз, адам тажатма болбооого тийиш! Маселенин мындай коюлушу олуттуулук жа-

на терендүүлүк талаптарына эч карама-каршы келбейт. Анткени күлкү, кубануу, шоктук, ал гана эмес тентектик да балалыктан ажырагыс. Менин байкоомдо балдар эгерде маанилүү олуттуу ойлор юморлуу, ачык-айрым так жана образдуу айтылса, анда балдар маанилүү жана олуттууну бир кыйла даражада тереңирээк баамдап билүүгө жөндөмдүү. Юмор адамдык мамилелешүүнүн зарыл боёгу, ал кимге арналса, ошол кишиге жасалган урматтын белгиси: «Мен сизге тамашалап, ойноп айтып жатамын, демек мен сизди сыйлаймын. Демек, мен сизде да акылдын жана адамкерчиликтин ушундай жөндөмдүүлүгү юмор менен айтылган олуттуу ойдун бүткүл көп кырдуулугун туура кабыл алат деп ойлоймун. Ал эми балдар менен өспүрүмдөр аларды элдер, өзгөчө улуулар менен чоң кишилер кандай баалаша тургандыгына укмуштуудай сезгич келишет. Юмор, тамаша, такмаза гана көп учурда биздин өз ара бири бирибизге ишенүүбүзгө, бири бирибизге жакшылап түшүнүүбүзгө жол ачат. Артисттик занятиелерде гана эмес бүткүл ЖЧТындагы педагогикалык мамилелешүүлөр олуттуу маселелер боюнча ар түрдүү ишмердүүлүктөрдү жогорку романтика, тамаша, парадокс, юморлор менен айкалыштыруунун негизинде жүргүзүлө тургандыгын айтууга тийишмин. Мына ушулардын бардыгы жаш театрчылардын цехтериндеги балдардын өз алдынчалык демилгелерин жана өзүн өзү башкарууларын «ЖЧТда бардыгын жасоого болот» деген эң маанилүү сезимди пайда кылат. Албетте чектөөлөр бар, ошого карабастан, жалпысынан алганда, чынында эле иш дал ушундай. Мындай сезимдин негизинде жеке өзүндүн чыгармачылык эркиндигиндин, жеке өзүндүн «мен» деген кадыр баркы, анын адамдык жана көркөмдүк көрүнүштөрү жатат. «Бардыгы болот» чындыгында эле «бардыгы мүмкүн!» дегенди билдирет. Коллективдин кызыкчылыгы бар, бирок тыюу салуу жок. Бул фактынын өзү адамды ачып көрсөтүү менен, эң зор жаратуучу күчкө ээ. Ошондуктан тыюу салуу системасынын зарылдыгы болбой калат. Ал система сезилип түшүнүлгөн зарылчылыктын системасы менен, б. а. эркиндик менен, алмаштырылат, ЖЧТ нын ар түрдүү иштерине аралашуу менен балдар акырындап жаш театрчылардын муктаждыктарын биринин артынан экинчисин таанып билишет деп айтууга болот. Алардын мындай муктаждыктары чыгармачылык эмгектин зарылчылыгы, адамдык мамилелешүүнүн зарылчылыгы, өзүнө жана коллективдин турмушуна сулуулукту жаратуу зарылдыгы. Дагы бир башка зарылчылык бар, аны М. Г. Дубровин болбой койбой турган сөзсүз болуучу за-

рылдык деп атаган. Бирок, биз азыр артисттик занятиелерге кайрылабыз. Алардын ар бири — адамды ачып көрсөтүүгө, анын чыгармачыл күчтөрүнө, көркөмдүк мүмкүнчүлүгүнө азаттык берүүгө жасалган кадам.

Адегенде көңүл коюуга үйрөнүү менен балдар бир перселерди фантазиялоого мүмкүндүк алганча бир кыйла убакыт өтөт. Фантазиялоо — деген бул өзүндүн жеке ойлонуудун негизинде эркин жана кызыгып берилип, сезимдүү жана чыгармачылык менен жаңыны, сенин ойлоп тапканыңды жаратуу болуп эсептелет. Бул али театрдын өзү эмес — бул театрда ойноо же театрдык оюн болуп саналат. Бул оюнга эмне киргизилиши мүмкүн? Мүмкүн болгондордун баары! Бүткүл дүйнө жүзү биздин көркөмдүк, театрдык, ойноочулук өздөштүрүүбүздүн предмети болуп калат. Албетте, биз оюнга театрдык арсеналдын атайын өзгөчө масселерин киргизебиз: мында «пустышкалуу» («желөпкөлүү», бош) же ойдон чыгарылган нерсени, этюддарды фактыга, партнерго (шеригке), предметке болгон мамилении өзгөрүшүн туюнтуруучу этюддар да, «негизги унчукпастыкты», адамдардын жана айбандардын жүрүм-турумдарын өз калыбындай кайталап көрсөтүүчү этюддар да, мамилелешүүгө карата болгон этюддар да бар. Бирок биздин максат профессионалдык, «техникалык» машыгууларга ээ болуу эмес. Ооба, албетте, балдар «мектептин» эң башталгыч маалыматтары жөнүндөгү толук жана олуттуу түшүнүктү алуулары керек, бирок алар сөзсүз анын башкы талабын — чындыктуу болуу талабын! сезимдүү түрдө өздөштүрүүлөрү зарыл. Бул жалаң эле көркөмдүүлүк, профессионалдык талап эмес, баарынан мурда ал адеп-ыймандык талап.

Театрдык «Мектептин» бардык элементтерине жаш театрчылардын студиячылары оюндун предметтери катарында ээ болушат. Артисттик программанын тигил же бул бөлүмүнө мындайча мамиле кылуу эң маанилүү. Мындай мамиле, бир жагынан алганда, занятиелерди өткөрүүнүн олуттуулугун сактоого мүмкүндүк берет, экинчи жагынан, алардын кызыктуу, ачык, адамдарды өзүнө тартып алуучу деңгээлинде болуусуна шарт түзөт. Оюндун чегинен чыкпастан туруп биз балдарды жана өспүрүмдөрдү керексиз «профессияланаштыруудан» сактап калабыз. Бул жөнүндө унутуп оюндун предметтерин профессиянын предметтерине айланып кетсе, анда ошол эле замат кайра орду толбос иш болот: эстетикалык жана этикалык тарбиялоо процесси профессионалдык окутууга айланат, демек балдардын жана өспүрүмдөрдүн театрдык коллективинин милдеттери бу-

зулат. Бул туура эмес, анткени ЖЧТна келген жүз баланын ичинен көп болсо бирөө гана мүмкүн театрды өзүнүн түбөлүк кесиби кылып алаар. Демек, «артист болууга даярдануу да жетишээрлик даражада кеңири жана адамды тарбиялоочу мүнөздө болууга тийиш».

Ошондуктан биз ойнойбуз. Жылдын орто ченинде жаш театрчыларды, педагогдорду, ата-энелерди чакырып аларга биз ойлоп чыгаргандардын бардыгын: «циркти», «ярмарканы» же «зоологиялык бакты», же «оюнчуктар дүкөнүн», же «белгисиз планетаны» көрсөтөбүз. Мына ушул балдардын өздөрү ойлоп табышкан бардык оюндарда биз өзүбүздүн артисттик машыгууларыбызды демонстрациялап көрсөтөбүз, бирок аларды ойноп жатып демонстрациялайбыз. Мындай оюндун белгилеринин бири — студиялык занятиелер өткөрүүнүн бардык процессинде биз бир дагы жолу кандайдыр бир атайын терминди пайдаланбагандыгыбыз болуп эсептелет. Ооба, жалаң эле студиялык занятиелерде гана эмес, жалпы эле ЖЧТ нын иштей баштаган бардык мезгилинде сабактарда же репетицияларда театрдык профессионалдык мектептеринде кеңири пайдаланылуучу эң бай терминдердин бирин да угушпайт. Албетте, бул кокусунан эмес: ар кандай термин оюнду профессионалдаштырып жиберет. Оюн, ал канчалык эң жөнөкөй, куулукшумдуксуз болсо да, дайыма бир нерсеси менен табышмактуу экендигинде. Оюн жашыруун сырдуу, сыйкырдуу. Ал — ажайып, укмуш. Бала жана өспүрүм куракта театр менен таанышып иштөө, сөзсүз укмуштуу керемет менен жолугушуу болуп эсептелет. Ал эми укмуштуу кереметти болсо сөз аркылуу, аныктап айтканда, жалаң сөз аркылуу гана эмес кабыл алышат. Адегенде аны адам өзүнүн бүткүл турган турпаты жан-дили менен сезип, баамдап, кабылдап, ага ишенүүгө тийиш. Ошондо гана, эгерде андан кийинчерээк сөздөр болсо да, биз кереметтүүлүктүн пайда болгон бул сезимин жоготпойбуз. Эгерде сөздөрдөн башталса, анда кереметтер, укмуштар жоголуп кетиши ыктымал. ЖЧТ — бул башталышы. Бул жерде биз театрга кириишүүнү гана баштайбыз. Ошондуктан биз терминдерди берүүгө шашпайбыз.

Көрсөтүүдөн кийин кандайдыр бир чакан үзүндүнү же бир актылуу пьесаны тандап алабыз да, ошонун үстүндө иштейбиз. Бул «студиянын окуу спектакли» деп аталат. Ага эч кандай декорациялар түзүлбөйт, костюмдар тигилбейт, бардык керектүү буюмдар ЖЧТ нын «чарбасында» болгондордон тандалып алынат. Спектаклдин өзү деле бар болгону бир гана жолу көрсөтүлөт, анткени жогоруда ай-

тылгандай анын максаты белгилүү — ал окуу материалы катарында гана өткөрүлөт. Студиянын мүчөлөрү үчүн бул биринчи чакан спектакль менен иштөөдөгү башкы максаты — пьесанын текстинен анын премьерасына чейинки таптаал жолду биринчи жолу басып өтүүгө аракеттенүү. Ырас бул азырынча балдар кийин өздөрү ойноп көрүшө турган премьера эмес. Алардын спектакли эреже катары өзгөчө жарыктанышы жана эффекттери болбогон бөлмөдө көрсөтүлөт, анткени оюнду кадимкидей көрсөтүүгө керектүү жасалгалар азырынча жок, алар негизги актердук ойноодон көңүлдү алагды кылышы мүмкүн. Бирок, ошондой болсо да бул премьера! Бул анын катышуучулары жана мындай учурда биздин атайын чакыруубуз боюнча келишкен көрүүчүлөр үчүн майрам. Студиянын узак убакытка — бир жылга созулган жумушунун ийгиликтүү, мактоого арзырлык майрамдай болуп аякталышы маанилүү. Ошондуктан окуу спектаклинин «ЖЧТ нын ичиндеги» премьерасы дайыма чоң окуя болуп эсептелет. Студиячылар үчүн бардыгы толкунданып, бардыгы аларга боор тартат, алар өздөрүнүн биринчи ролдорун кандай аткарыша тургандыгын көрүүгө келишет. Андан соң гүлдесте тапшырышат, мында жазылган ырлар ырдалат, кээде ЖЧТ чылар, студиячылар, алардын ата-энелери, жолдоштору жалпы чай ичүүнү уюштурушат.

Ошентип, студиялык жыл аяктайт. Ал ЖЧТ нын жаңы мүчөлөрү үчүн эмне болуп бүттү, алар эми жаңы болуп эсептелбейт, анткени алар атайын приказ менен студиянын составынан ЖЧТ на көчүрүлөт.

Бул театр менен таанышуунун анын театр дүйнөсүнө кириишүүнүн жылы болду. Бул ЖЧТ ндагыларды өздөштүрүү жылы, театрдагы көп жакшы нерселер жалаң эле артисттик занятиелерде гана эмес, анын башка бардык чейрөлөрүндө болду. Эгерде бир жылдын ичиндеги басып өтүлгөн жолду ойлонуп, көз чаптырган болсок, анда ал:— Көңүл бургула,— Ангеме — Фантазия — Оюн — Премьера деп аталуучу чекиттер аркылуу өтөт.

БИЗ КАЙСЫ ПЬЕСАНЫ КӨЁБУЗ? Бул суроо жөнөкөй эмес, тескерисинче, ал өтө маанилүү. Эреже катары ЖЧТ нын студиячылары бул суроону биринчи эле занятиеде сурашат. Бул олуттуу суроого кандай жооп берүү керек?

Коюла турган пьесаны тандоо — оной иш эмес. Мындай тандоодо кокустук болбоого тийиш, ал балдардын бүткүл турмушунан алынып, жалаң эле көркөмдүк талаптар менен гана эмес, коллективдин бүткүл граждандык, коомдук

позициясы менен аныкталышы керек. Пьесаны тандоодо коллектив өзүнүн көз карашын жана ишеничин туюнтат. Өз кезегинде, пьеса өзүнүн идеяларынын бүткүл системасы өзүнүн адептик-ахлактык жана көркөмдүк маңызы менен балдардын жана өспүрүмдөрдүн турмушуна таасир этет да, аларда жаңы ойлорду, сезимдерди пайда кылат. Репертуар жөн эле наамдардын тизмеси болбой, эң зор тарбия берүүчү арсеналга айланат. Иштин негизги маңызы мына ошол дүрмөттөрдү бошотуп алардын эң зор таасирин башкы нерсеге — инсанды калыптандыруу ыкмасына багытталууга тийиш.

ЖЧТнда дал мына ушундай ыкманы табууга аракет жасалган. Бирок адегенде балдар коюучу пьеса жана ага коюлган айрым талаптар жөнүндө айта кетели.

Пьеса кызыктуу, таланттуу болууга тийиш. Ал идея жагынан гумандуу болуп, проблематикасы боюнча жаш аткаруучулардын курагына ылайык болуу керек. Ал жеткиликтүү жатык тил менен жазылып, маанилүү ойлорду, ак ниеттик сезимдерди, белгилүү даражадагы юморду камтыган, кээде, эгерде ал комедия болсо жөн эле күлкүлүү болууга тийиш. Эгерде ал балдар, өспүрүмдөр тарабынан аткарылууга атайын ылайыкталып, алардын «психотехникасын» эске алуу менен жазылса эң сонун болоор эле. Бирок, тилекке каршы мындай пьеса өтө эле сейрек кездешет. Кээпри маанинде айтканда, өспүрүм «пьеса менен ойлонууга» көнүгүүгө тийиш, анын рухий, адептик категориялары аркылуу өзүн жана айлана чөйрөсүн ачдап сезип өзүндө адамдык бийик сапаттарды жаратып, аларга көнүгүүлөрү керек.

Пьеса сөзсүз турмушка оптимисттик менен мамиле кылуучулук мүнөздө болуп, балалыкка жана өспүрүмдүккө ылайык келүүгө тийиш.

Өзүнчө алынган ар бир пьесанын да, балдар театры коллективинин бүткүл репертуарынын да башкы мааниси — бул турмушка ишенүү болуп эсептелет. ЖЧТ нын репертуарын дал ушундай спектаклдер түзөт. Алар: Лениндик сыйлыктын лауреаты М. Светловдун, СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты А. Арбузовдун пьесалары, ошондой эле Ю. Принцевдин, Е. Шварцтын, А. Н. Островскийдин пьесалары, А. Чеховдун, А. Гайдардын, В. Маяковскийдин, С. Маршактын, Р. Рождественскийдин, Г. Полонскийдин, Н. Носовдун, В. Драгунскийдин, А. Хмеликтин ж. б. советтик драматург, акын, прозаиктердин, о. э. чет элдик авторлор — Ж. Барри, Я. Экхольм, А. Линдгрендин чыгармалары. Х. К. Андерсендин жомоктору, пио-

нерлер жана комсомол жөнүндөгү азыркы пьесалар, музыкалык оюндар, водевильдер (чакан пьесалар), концерттик программалар. Жаш театрчылардын сахнасында коюлуучу пьесалардын бир тобу ЖЧТнын өзүндө аны тарбияланууучулары. ЖЧТчылардын драматургдары тарабынан жазылган. Жогорку класстын окуучулары жөнүндөгү «Поезд дальнего следования» жана «Максим», «Тили-тили-тесто» лирикалык комедиясы, «Миллионный посетитель» фантазиясы, пионерлерге арналган романтикалык «Три шпаги на троих» комедиясы — ушулар жана жаш театрчылардын башка пьесалары театрдын чегинен тышкары белгилүү болуп, басмага жарыяланды, профессионалдык жана өз алдынча ойноочу сахналарда коюлду. Бул пьесалар ЖЧТнын коллективинин балдардын, өспүрүмдөрдүн эң керектүү курч проблемаларына ачык жооп берүүнү, турмушка активдүү катышууну өтө күчтүү каалагандыгынан келип чыгат. Бүгүн дагы ЖЧТнда концерттик программалар, пионердик обозрениелер, тамашалуу «капустниктердин» тексттери балдар тарабынан жазылат. Мына ушунун бардыгы драматургиялык биринчи тажрыйбаларды мүмкүн катары пайда кылуучу жана пайда кылып да жаткан, ар түрдүү көркөмдүк жөндөмдүүлүктөр өнүгүп жана бекемделет. Жаш театрчылардын көп пьесалары үчүн материал болуп ЖЧТнын өзү, бирок бул сөздүн жалаң эле түз маанисинде гана эмес, моралдык жана рухий деңгээлдик жагынан да пайдаланылды. Мисалы, ЖЧТ да эч качан Генка, Вовка жана Димка кайраттуу шамдагай үч мушкетердин окуялары болгон эмес, комедияда алар өздөрүнүн данктуу жол көрсөткүчтөрү Атос, Партос жана Арамистерге окшоп, укмуштуу окуяларга кабылып изденүүгө, ар-намыс, чындык, адилеттүүлүк үчүн күрөшкө жөнөшөт. («Три шпаги на троих»). Жаш театрчылардын эч кимиси «Дон Кихотту жана Санчо Пансуну» ойношкон эмес, демек муну менен алар өздөрүнүн досторун же тан калтырып, же суктандырып, айланадагы элди көп убарага салып жана аларды кээде эч болуп көрбөгөндөй жагдайларга дуушар кылышкан («Миллионный посетитель»). ЖЧТ да эч качан «Максим» пьесасындагыдай курч, «дуэлдүү» чыр-чатак болгон эмес жана жаш театрчылардын эч кимиси «Поезд дальнего следования» пьесасындагыдай татаал карама-каршылыктуу абалда болбогон. Мунун бири да ЖЧТ да болгон эмес. Мунун баары тең болгон! Алар чоң, татаал коллективдин адептик, рухий турмушунда болгон, мындагы достуктун жана принципиалдуулуктун, чындыктын жана ар намыстын, боорукерликтин жана адилет-

түүлүктүн проблемалары дайыма актуалдуу, бул жерде тан калаарлык укмуштуудай тамашалуу окуяларга, күлкүлүү же кээде драмалык коллизияларга дайыма орун берилет.

Коюлууга кабыл алынган ар кандай пьесалар сөзсүз балдар менен толук жана узак убакытка талкууланат. Алардын тигил же бул пьесаны коюу жөнүндөгү каалоолору же каалабастыгы эң маанилүү, ал гана эмес чечүүчү ролду ойнойт. Албетте, балдар пьесанын сулуулугун жана терендигин тез эле же аягына чейин баалай албаган учурлар болот. Чындыкка, чыныгы сулуулукка, сонундукка, акылдуулукка болгон балдардын жана өспүрүмдөрдүн «сезими» эң күчтүү, бирок ага дайым эле толук ишенүүгө болбойт. Кээде балдардын кооздук сезими аларды адаштырып, патыйжада алар үстүртөдөн болгон, схемалык, бирок мисалы, курч сюжеттүү же көңүлдү козгоочу үндүү драмалуу пьесага кызыгып, берилип кетүүгө жөндөмдүү. Мына ошентип, пьесаны тандоо да жана аны балдар менен талкуулоодо да педагогикалык актыга тарбиялоого айланат. Жаңы пьеса алгачкы жолу кандай абалда, кандай шарттарда окулуп чыга тургандыгы өтө маанилүү. Мында биз К. С. Станиславскийдин биринчи пикирдин мааниси, демек, драматург, жазуучу, акын тарабынан түзүлгөн дүйнөгө пьесага биринчи жолу катышуунун мазмуну жөнүндөгү айткан акылман эскертүүлөрүнө ылайык иштейбиз. Белгилүү убакытка чейин жаңы пьесанын атын эч ким билбөөгө тийиш. Мындай жашыруундуулук, кесирдүүлүк же амалкөйлүүлүк эмес, ал жөн эле чыгармачылык процесске болгон сарамжалдуулук, ыраатгуулук мамилеиин көрүнүшү, чыгарманын биринчи жолку окулушунун өзү да сөзсүз ошондойго кирет.

ЖЧТнда пьесанын биринчи жолку окулушу — кубаныгтуу окуя: окуу өткөрүлө турган бөлмө так таза болуп даярдалган, угуучулар үчүн эмеректер — стулдар, табуреткалар, режиссер үчүн столчо, гүлдөр дайындалып коюлган. Окуу кунт коюп угуу менен өткөрүлүүгө тийиш. Аны эч токтотууга жана тартибин бузууга болбойт. Пьесаны мүмкүн болушунча бир эле ыкма менен окуган максатка ылайыктуу. Бирок эгерде пьесанын көлөмү чоң болуп, балдар чарчай турган болсо, биз окуунү экинчи күнгө которуп улантабыз жана бардыгы тең мурдагыдай эле кунт коюу менен жыйынтыктуу өткөрүлөт. Пьеса дайыма ролдорду бөлүштүргөнгө чейин окулат. Антпесе кээ бир балдар пьесанын өзүн эмес, өзүнүн ойной турган ролун гана угуп тим болушу мүмкүн.

Окууну бүтүрүп биз дароо тарап кетебиз. Бул күнү пьеса же боло турган спектакль жөнүндө эч кандай талкуулоолор, ачгемелер жана сүйлөшүүлөр болбойт. Укканларды ойлонуштуруп баштан өткөрүү үчүн убакыт керек.

РОЛДУ АТКАРУУГА ДАЯРДОО. Мына ошентип ролдорду бөлүштүрүү башталат. Муну бардыгы күтөт. Күткөндө да чыдамсыздык менен, толкунданып, ишеним менен күтүшөт. Балким, адамдык сезимдердин болгон түрлөрү мына ушул күндөрдө даана көрүнөт. Айлац жок — театр да! Жаш театрчылар мына ушул кыйын сыноону татыктуулук менен баштан өткөрүшө турганын айта кетишим керек. Балдардын ичинен кимдир-бирөөлөрү кежирленген, же демонстративдүү түрдө ачык макул болбогон, же андан да жаманы, ролду жалынып сураган бир дагы учурдун болгонун мен билбеймин. Ырас алар кээде капаланышат, ал турсун эгерде өзү эңсеген роль тийбей калса ыйлашат, муну мен билемин. Бирок, бул да өтө маанилүү, анткени алар өздөрүнүн мындай ички сезимдерин эч качан башкаларга билдиришпейт. Жаш театрчылардын закондору буга жол бербейт. К. С. Станиславскийдин «Кичинекей ролдор жок — кичинекей артисттер бар» — деген сөздөрүн жаш театрчылар дайыма осуят кылып алышкан. Албетте, ар кандай ролго искусствонун олуттуу фактысы катары сезимдүүлүк менен мамиле кылууга барынан мурда ЖЧТнын педагогдорунун жана режиссерлорунун сергектик, сылыктык жана адилеттүү позициялары тарбиялайт. Алардын мындай позициясы балдардын ички дүйнөсүн түшүнүүгө алардын кызыкчылыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн билүүгө негизделген.

Ролдорду бөлүштүрүү, театрдагы эң татаал жана жооптуу процесстердин бири болуп саналат. Мунун туура аткарылышы конкреттүү спектаклдин ийгилигин бир канча даражада алдын ала аныктайт, психологиялык, көркөмдүк абалын, коллективдеги өз ара мамилелерин, спектаклдин катышуучуларынын чыгармачылык тагдырын, алардын инсандык калыптанышы да дал ролдорду бөлүштүрүүдөн көз каранды. Тескерисинче, ролдорду жаңылыш туура эмес бөлүштүрүү коллективдин турмушундагы мына ушул маанилүү элементтерди соккуга учуратат, алардын ырааттуулугун бузат, жеке өзгөчөлүктүүлүгүн, демилгелерин жокко чыгарат. Ролдорду туура бөлүштүрүүнүн дагы бир татаалдыгы мында бүтүндөй бир катар ар түрлүү, бирок эң маанилүү факторлорду эске алуу, тактап айтканда, аларды максатка ылайыктуу интеграциялоо зарылдыгы орун алат. Алардын арасында — пьесанын идеялары жана проблема-

тикасы, жанры, авторлук жазуунун манерасы, образдардын «фактурасы», режиссерлук ойдун мацызы жана катышуучулардын жеке өзгөчөлүктөрү, пьеса коюлуп жаткан учурдун талаптары, ал гана эмес спектакль ойноло турган сахналык аянттын мүмкүнчүлүгү... Кагаздын бетине спектаклге катышуучулардын аттарын жана аларды аткаруучулардын фамилияларын жазууга киришүүдөн мурда педагог — жетекчи көп маселелерди ойлоп чыгууга тийиш.

ЖТЧ да ролдорду бөлүштүрүү — бул барынан мурда дагы педагогикалык акт. Тигил же бул ролго дайындоо — бул аткаруучунун кандайдыр көркөмдүк, актерлук мүмкүнчүлүктөрүн билүү гана эмес, ал аны менен бирге анын инсандык тигил же бул сапаттарын белгилөө, өзү жөнүндө ойлонтуу да болуп эсептелет. Спектаклде балдар ойношо турган катышуучуларды жөн эле атап койгонго караганда, аларды ролдорго дайындоо бир кыйла маанилүү. Бул дагы «Менин аталышым», «Мен киммин? Баатырмынбы? Же, балким коркокмунбу? Мага бул ролду бергенге жараша менде ошондой мүнөздөр барбы?» — бул суроолор балдарды дайыма ойлонтот. Албетте, балдар түз эле бир мааниде өзүн ролго байланыштырат деген ойдон мен алысмын. Алар мунду татаал, айрым учурларда андан тышкары сокур сезим менен болсо да байланыштырышат. Мына ошол сокур сезимдүү татаал байланышты эске албай коюуга болбойт. Ошондуктан ролдорду бөлүштүрүү — бул белгилүү даражада балдардын жана өспүрүмдөрдүн инсанына кайрылуу, болгондо да жөнөкөй, сезимдүү аракеттер аркылуу кайрылуу болуп эсептелет. Жалпысынан ЖЧТ дагы балдарга таасир этүүнүн көптөгөн ыкмалары жана каражаттары дал мына ушул принциптерден келип чыккан: сезимдүүлүк аркылуу сокур сезимдүүлүккө карай, туюнууга карай, «сыйкырдуу — жаратылышка карай» (К. С. Станиславский).

Көркөмдөп айтканда ЖЧТ — бул адамдагы чыгармачылык баштапкыны турмушка чакыруучу, шарт болуп эсептелет. ЖЧТдагы бардык турмуш, бардык иш инсандын терендегилерди турмушка чакыргыдай, бийик ойлорду, боорукерлик сезимдерди, рухий алга умтулууларды ойготкудай болуп түзүлгөн. Ошолордун бардыгы активдүү, темпераменттүү жана маанилүү болуп чыккандай жасоо керек. Ролдорду бөлүштүрүү да ушул эле максатты көздөйт. Ал иште кош көнүлдүүлүк, камырабастык же жеке өзгөчөлүгүн басынтуу болбоого тийиш. Ролдорду бөлүштүрүү дарыгерлөөчү жана ардактоочу болууга тийиш. Мындай бир учурду карап көрөлү.

Жаш жигит, аны Андрей деп коёлу, ЖЧТ га үч жыл мурда кирген. Ал начар үй-бүлөдөн болуп, ага үй-бүлөсүндө көп көңүл бурушкан эмес. Бала боорукер, актерлукка жөндөмдүү, бирок таптакыр «көңүл бурулбаган» болучу. Ал мүмкүн, өзүнүн «керексиздигин», жалгыздыгын ичинен сызып сезип жүрсө керек, бирок мунусун ал куру кайрат, жөнү жок эрдик, тентектик, зөөкүрдүк, начар жүрүм-туруму менен жаап жашырууга аракеттенген. Администрациядан баштап жооптуу дежурныйга чейинкилердин бардыгы аны бир нече жолу мага «карап чыгууга» даттанып алып келишкен. Ал күнөөлүү башын шылкыйтып, айткандарды угуп туруп баш ийкеп, оңоломун деп убада берүүчү. Андан кийин баары кайтадан кайталануучу. Биз аны «тарбиялай бердик». ЖЧТ нын советине чакырып, ар түрлүү тапшырмаларды бердик, бирок мунун баары натыйжа берген жок. Мына күндөрдүн биринде мен аны ролго дайындадым. Бул дал «анын» ролу болучу. Анда бардыгы: — эрдик да, акыйкаттык да, жакшылык жана боорукерлик да, жүрүм-турумдун айкындуулугу да, чыныгы эркектик мүнөз да бар эле. Бул ошонун өзү болучу, бирок ал ошондой болгусу келгенин ичинен өзү гана билчү, өзүнө — ошондойго ишенүүдөн коркчу.

Ал ролдорду бөлүштүрүү барагын окуп жаткан учурдагы анын көздөрүн жана анын өзүн карап туруу керек эле. Ал бир топко чейин баракты тиктеп кадалып турду да, анан соң четке чыгып кетти. Мен анын толкунданганын көрдүм: анын оюн таап, ага ишеним көрсөтүштү. Ролго дайындоо — мына ушуга ачык далил болуп эсептелет!

Андрей да өзүнө ишенип, ага тапшырылган ролго чейин өсүп жетиле баштады. Албетте, буга ал дароо эле жетише койгон жок. Дагы эле болсо кезек-кезеги менен анын жүрүм-турумунда мурдагылары кайталана калып жүрдү, бирок ошондой болсо да ал азыр башка, өзүнүн ролуна, тагыраак айтканда, өзүнө окшогон киши болуп калды. Анын өзүнө карай мына ушундай чыныгы жогору көтөрүлүүсү ролдорду бөлүштүрүү баракчасын окуган күндөн башталат.

ЖЧТ да бир эле ролго аткаруучулардын үч составы дайындалат. Анын схемасы жөнөкөй: бирөө ойнойт, экинчиси спектаклди тейлейт, үчүнчүсү залдан карап отурат. Экинчи жолу булардын бардыгынын орундары алмашат. Бирок бул схеманын пайдаланышында практикалык гана эмес, педагогикалык да маани бар. Үч составдын болушу — бул премьералуулукка, кекирейүүчүлүккө, өзүн, өздөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн, өзүнүн артыкчылыгын баа-

лөого каршы туруучу өтмө «буфер» болуп эсептелет. Ошону менен бирге үч состав — бул чыгармачылык менен адамкерчиликтик достуктун тажрыйбасына ээ болуу. Албетте, бул жерде көп нерселер режиссердон жана педагогдон, алардын ар бир аткаруучуга жасаган мамилесинен, кызматташтык, чыгармачылыктуу мамилелер, персонаждын чыныгы образын чыгармачылык менен жалпы изденүүдөгү өз ара жардамдаштык, канчалык даражада билгичтүүлүк жана сылыктык менен өстүрүлө тургандыгына көз каранды.

ЖЧТ нын мүчөсү болуп киргенден баштап окуу мүнөзүндөгү эмес, кадимки сахнада жаш театрчылардын спектаклиндеги ролду ойноого чыга турган бактылуу күнгө чейин, эреже катары, бир жарым жылдан ашык убакыт өтөт. Ошондой болсо да ЖЧТ на келген балдардын бирөө да эч нааразы болушпайт. Бул эң сонун көрүнүш. Албетте, ойноону каалашат, бирок жаш театрчылардын турмушуна аралашкандан кийин балдар андагы маанилүү бир чындыкты: спектаклге баруучу жол, ролго баруучу жол, жалпы эле искусстводогу кандайдыр бир «жыйынтыкка» ээ болуучу жол татаал, түйшүктүү эмгекти жана убакытты талап кылат — дегенди акырындык менен терен өздөштүрүшөт. Муну түшүнүүгө аларды, жаш театрчылардын бүткүл системасы багыттайт — студиялык ишке катышуу, формалары жана мазмуну боюнча татаал жана көп кырдуу репетицияларды өткөрүү процесси, цехтердеги иштер, коллективдин көп пландуу коомдук иштери... ушул системаны түзөт.

«ТЕГЕРЕКТИН ЧЕГИНЕН ЧЫГУУ», ЖЕ ЧЫНДЫКТЫ ИЗДЕНҮҮЛӨӨР.

ЖЧТнын спектаклдеринде алардын көркөмдүк жагы гана эмес, спектакль даярдалып жаткан күндөрдө, жумалыктарда, айларда ЖЧТ кандай жаңа эмнеинин үстүндө эмгектенип жашап келгени да маанилүү. Бул кокусунан эмес. Репетиция өткөрүп жатып, спектаклди анын каармандарынын тагдырларын «жашап», баштан өткөрүп жатып балдардын пьесанын идеялык-адептик мазмунун өздөштүрүп, өздөрүнүн да рухий байлыктарынын кеңири болуп калышы эң маанилүү. Спектаклге даярдануу алардын өздөрүнүн жеке турмушунун ажырагыс бөлүгү, гумандуу мамилелешүүлөрдүн тажрыйбасына ээ болуунун процесси болуп калууга тийиш.

Педагогикалык ыкма мына дал ушуга багытталган, аны биз шарттуу түрдө «тегеректин чегинен чыгуу» деп атайбыз. Ал эмнени түшүндүрөт? «Тегеректин чегинен чыгуу» — бул балдарды жаңа өспүрүмдөрдү спектаклдин

таза көркөмдүк милдеттеринин тегерегинен алып чыгып, аларды коомдук маанилүү адамкерчиликке, адептик баалуулуктарга катыштырып тааныштыруу дегенди түшүндүрөт. Негизинен ал балдарды театр аркылуу тарбиялоо дегенди билдирет. Мына ушуга байланыштуу мен төмөндөгүнү эске салгым келет. Театрдын бийик даражалуу искусствосунун өзү эле инсанга өзүнүн асыл мыкты жана тарбиялык таасирин тийгизиш үчүн атайын театрдык занятиелерди өткөрүү эле жетиштүү деген ойлорду балдардын жана жаштардын өздүк көркөм чыгармачылыктарынын кээ бир жетекчилеринен көп уккамын. Мындай таасир этүүнүн күчүн жокко чыгарууга болбойт, бирок ошондой болсо да каалагандай тарбиялык натыйжага ээ болуу үчүн сөзсүз ойлонулуп аткарылуучу педагогикалык жетекчиликтин, балдарды театрдын чыгармачылык ишине катыштыруунун системасынын болуусу зарыл деп эсептеймин. Театр менен иштөө — максат эмес, ал инсанды өстүрүүнүн каражаты. Мындай болбогон учурда өспүрүм инсан менен искусствонун, эмгек менен нйгиликтин, ички менен тышкынын, процесс менен натыйжанын өз ара бири бирине байланыштуулугу жөнүндөгү жалган түшүнүктөрдүн торунан чыга албай калышы мүмкүн. Театр окуя катары, дүйнө катары, көркөмдүк жана коомдук тааныш-билүүнүн жана чындыкты өзгөртүүнүн кылдат назик аспабы катары инсанга көп кырдуу жана укмуштуудай күчтүү таасир этүү үчүн эң бай, кенири мүмкүнчүлүктөрдү берет. Балдарды театрга катыштыруунун, тагыраак, айтканда, аларды театр аркылуу тарбиялоонун атайын педагогикалык системасы театрга жана жаштарга бири бирин көздөй жалпы жолго чыгууга жардам берүүгө тийиш. Мындай жалпы жолдо алар театрдын сулуулугу жана гумандуулугу жөнүндө, анын адамдын духун жаратылышка ылайыкташтырып өзгөртүүчү чыгармачылык эмгеги жөнүндөгү жөнөкөй жана түбөлүктүү чындыктарга ээ болушат, балдарга жогорку адептик жана граждандык идеалдардын баркын сезип гана эмес, аларды өздөрүнүн жеке турмушунда бекемдөөгө жардам берет.

ЖЧТ дал ушундай системаны түзүүнүн аракети болуп эсептелет.

Ошентип, «тегеректин чегинен чыгуу»... Пьесаны тандап алып, **ошол боюнча жашоо.** Болгондо да пьеса менен эмес, спектакль менен эмес, пьеса боюнча, болочок спектакль боюнча жашоо. Бул өтө маанилүү. Мындай карама-каршы коюунун мааниси эмнеде? Анын мааниси мындай. Чоң киши — ышкыбоз же профессионал актербу —

пьесанын көркөмдүк, жалпы адамкерчилик, граждандык, моралдык мазмунун окуп чыгуу жана баамдап сезүү аркылуу туюп билет, ал эми бала жана өспүрүм болсо — түздөн-түз аракет аркылуу жана жашап көрүү менен туюп сезет. Аракеттик жол балдарга жана жаштарга жакын. Ал аларга түшүнүктүүрөөк, анткени аракеттин, жүрүм-турумдун тили — бул балалыктын жана жаштыктын тили. Бирок ал — театрдын да тили.

Ошентип, биз спектаклди «жашап көрүү» ишмердүүлүгүнө театр менен балдарды байланыштырабыз. Биз кар капышасын коёбуз, ошого жараша ЖЧТ да муздан жасалган жаркыраган сепилди курабыз. Бул кар капышасынын сарайы. Анда Кай деген баланын жүрөгү тоңуп калган. Аны жылытып, ага адамдык жылуулукту, сүйүүгө, достошууга, күлүүгө жана ыйлоого керектүү жөндөмдүүлүктү кайтарып берүү керек. Кантип? Кандай жол менен?

Биз кайтадан ошон үчүн күрөшө баштайбыз. ЖЧТ бүт бойдон, анын бардык цехтери мына ошол муздак жаркыраган сепилге карай жүрүшкө чыгат. Биз анын муздан жасалган керегелерин эритебиз, биз женебиз!

Тоо, токой, дарыялар тартылган эң чоң карта пайда болот, бул биздин женишке карай болгон жолубуз. Анын эң бийик чокусунда ак сепил жайгашкан. Биз ошого барабыз. Ар бир цехке конверт алып келишет — анда тапшырмалар көрсөтүлгөн, жениш үчүн көп перселерди жасоо керек: пьесаны репетициялап декорацияларды куруп, костюмдарды тигүү керек. Эң негизгиси — ынтымактуу, адилет жашоо керек! Жомоктогу «Биз силер менен, силер биз менен, ошентип биз баарыбыз биргебиз!» деп айтылгандай жашоо керек.

Андан кийин — кайрадан премьера, жалпы сүйүнүч, жалпы майрам. Бирок эң маанилүүсү биздин жомок боюнча иштелген буга чейинки жаш театрчылардын жүрөгүндө жалаң эле кызыктуу репетициялар жана чыгармачыл көп жумуштар (чынында да дал ушундай) жөнүндө гана эмес, өзү үчүн жана башкалар үчүн пайдалуу, эң кызыктуу, акылдуу, шайыр жашап өткөн өмүрдүн учкуну жөнүндө да тийиштүү эскерүүлөрдүн сакталып калышында. Болгондо да турмуштун бир үзүмү эскерилип калышында. Пьеса жана спектакль менен иштөө, жөн эле унутулуп калуучу, учур, эпизод эмес, ал балдардын жашоо турмушунун ажырагыс бир бөлүгү. Эгерде ал ошондой болсо — ал чынында эле ошондой! — анда пьесаны түзүүнүн өзү да турмуштун өзүндөй татаал болууга тийиш. Ал чыгармачылык, эмгек мамилелешүү менен байыган азыр-

кы турмушта коюлуучу «талаптарга» шайкеш келиши керек. Андан тышкары дагы ал чындыкты изденүүгө айлануунга тийиш.

Балдар жана өспүрүмдөр чындыкты күтүшөт. Чындыкты алар бардыгынан — искусстводон, эмгектен, адамдык мамилелерден күтүшөт. Бул табигый энсөө — адам дүйнөгө кирип жатат. Пьесанын, спектаклдин «чегинен сыртка чыгып» биз балдарга: «келгиле мына ушул чындыкты бирге издейли» деп айткансыйбыз. Ал чындыкты спектаклден жана сахнадагы образдардан гана эмес, биздин өзүбүздүн турмушубуздан изден көрөлү. Келгиле издейли, жаңылып ката кетирели, ошол каталардан кайгыралы жана аларды жеңип чыгуунун кичине жана чоң табылгаларынын, ачылыштарынын бактысына баталы. Пьеса, режиссердун ою бизге жардам берет, ал биз издеген багытты көрсөтөт. Алар кымбат баалуу чындыкты изденип жөнөп бара жаткан адамдык турмуш денизиндеги адептик маяк сыяктуу бизге жардам берет. Биз аны издеп тапкандан кийин, мейли баары болбосо да, ошол чындыктын, ошол адилеттиктин күкүму болсо да аны биз спектаклге алып келип жандандырабыз жана байытабыз, ошону менен бирге биздин өзүбүздүн турмушубузду да жана биздин оюнду көрүүчүлөрдүн турмушун да байытабыз...

Спектаклди көрүүчүлөр түзөт. Бул жаңылыш айтылган сөз эмес. Көрүүчүлөрсүз, алардын жандуу чыгармачылыктуу катышуусу болбосо, анда спектакль да болмок эмес. Бош залдагы спектакль — бул жөн эле репетиция.

ЖЧТнын залы дайыма топтолтура. Мына 25 жылдан ашык убакыттан бери ага дайыма — пионерлер, комсомолдун мүчөлөрү, бардык курактагы мектеп окуучулары, жаш театрчылар артисттеринин жашташ замандаштары — кыскасы ЖЧТ кимдер үчүн иштеп жатса, ошолордун бардыгы келишет. Өз кезегинде ЖЧТнда көрүүчүлөргө барып, мектептердин сахналарында, пионердик жана комсомолдук лагерлерде, заводдук жана айылдык клубдарда өздөрүнүн оюндарын көрсөтүшөт. Биздин жаш театрчылар өлкөбүздүн башка көп шаарларындагы балдарга да өздөрүнүн оюндарын көрсөтүштү, алар Киевде, Минскиде, Вильнюста жана Новгороддо, Таллинде жана Москвада болушту. ЖЧТ чылардын спектаклдеринен ата-энелерди, мугалимдерди, пионер вожатыйларын, комсомол активдерин дайыма кездештирүүгө болот. Ленинграддын жумушчулары, өндүрүштүн алдынкылары, айыл чарбасынын ардагерлери да театрдын спектаклдеринде көп болушат.

ЖЧТнын көрүү залы түз эле заводдук цехке же талаа станына «көчүп барган» учурлар да болот — бардык жерде жаш театрчыларды алардын достору — көрүүчүлөрү жылуу тосуп алышат.

Жаш театрчылардын спектакли жөн эле «оюн» эмес. Биз аны дайыма театр менен көрүүчүлөрдүн олуттуу жана ишенимдүү сүйлөшүүсү катарында түзүүгө аракеттенебиз. ЖЧТ — бул дүйнөнүн модели, аны өздөштүрүп алуу менен балдар кийинчерээк бул дүйнөдөгү бардык нерселер менен жана алардын ар бирин өзүн өзү менен толук тегиз байланыштырууну камсыз кылуучу түшүнүктөргө ээ болушат. Мындай моделди өздөштүрүү процесси өтө терен чыгармачылыктуу экендиги шексиз. Бул процесс жаш адамдын бүткүл турмуштук, чыгармачыл күчтөрүн — анын рухий жана дене тарбиялык күчтөрүн аябай аракетке келтирүүнү талап кылат, анткени дүйнө менен болгон байланышты, б. а. дароо эле бир нече багытта: интеллектуалдык — таанып-билүүчүлүк, көркөмдүк, адептик, эмгектик ж. у. с.— ишке ашыруу зарыл. Мына ушунун өзү жалпы адамзаттын кеңири маанидеги чыгармачылыгы болуп эсептелет.

ЖЧТ — бул жылдан жылга анын эшигин ачып көрүүчү, анын ичинде өзүнүн күжүрмөн, укмуштуудай, кайталангыс турмушу менен жашаган жана аны кийинчерээк андан ары — турмуш куруу үчүн биротоло таштап кетүүчү балдар, ондогон, жүздөгөн, миңдеген балдар. Ал эми балдар болгон жерде жаш адамга мына ушул дүйнөгө кирүүгө, аны түшүнүүгө жана сүйүүгө, ага пайда келтирүүгө жана ошонун натыйжасында өзү да байып, жогору болуп калууга жардам берүүчү педагогика, илим сөзсүз болууга тийиш. Чындыгында эле жаш театрчылардын режиссерлору, цехтердин мастерлери — поделочниктер (кол өнөрчүлөр) жана жарык берүүчүлөр, гримерлор жана радиоинженерлер, театрдын уюштуруучулары жана музыкалык жетекчилер педагогика жөнүндө ойлошот, аны үйрөнүшөт, өздөрүнүн «педагогикалык ачылыштарын» жасашат, өздөрүнүн ийгиликтери же ийгилик болгону боюнча пикир алмашат, ой толгошот. Театрдын педагогикалык совети сыяктуу эле ЖЧТнын методикасы нечен жылдардан бери жыйналып куралган. Иштөөнүн жолдорун, ыкмаларын, методдорун... биз майда чүйдөсүнө чейин изденип жыйнадык. Биздин каалаган жалгыз тилегибиз балдардын бактылуу болуусу гана. ЖЧТнын шартында өткөрүлүүчү алардын балалыгы жана өспүрүм бала чагы толук жана акылга сыярлык, эстүү болуп, алар бул жерде Эмгек жана Искусство менен, Достук жана Акыйкаттык менен кездеш-

кидей болушсун. Алар ойноого жана мамилелешүүгө, чыгарма жаратууга жана ойлонууга толук мүмкүндүк алгыдай болушсун! Алардын качандыр бир убакта актер болуусу жөнүндө биз барынан аз ойлонобуз. Биз эң биринчи алардын кадимки советтик адамдардан, биздин Мекенибиздин чыныгы гражданы болушун каалайбыз. Биз өзүбүздүн милдетибизди да дал мына ушунда деп түшүнөбүз жана аны ишке ашыруу үчүн үй-бүлөгө; мектепке жардам берип, ынтымактуу эмгектенүү аркылуу бул ишке өзүбүздүн бир азыраак салымыбызды кошууга аракеттендик. Анткени бул биздин жалпыбыздын милдетибиз эмеспи!

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

А. А. ДУБРОВСКИЙ

«РОССИЯНЫН КӨӨРҮ»

Бизде болгон жакшылардын бардыгы — балдарга.
В. И. Ленин

«РОССИЯНЫН КӨӨРҮ». Ар бир жолу ушул сөздү айтканымда менин алдыма куш учкан бийиктиктен карагандагыдай майрамдык картина ачылып көрүнөт: көгүлтүр деңиз, пляждын алтын кумдары, андан ары дароо эле эң чоң парктын гүлдөрүнүн жана көгөргөн өсүмдүктөрүнүн арасында, — кардай аппак имараттар. Алар кеменин сүзүп кетүүсүнө даярданганын жана аларды кеменин палубалары сыяктуу кенен лоджалардын үч катары тегерете курчап тургансыйт. Мен кызыл жагоочон балдардын жайдары жүздөрүн, алардын бакыттан жаркылдаган көздөрүн көрүп, шайыр-шандуу ырларын, күлкүлөрүн жана деңиз жээгиндеги толкундардын шарпылдаган үндөрүнө аралашкан бака-шака түшкөн ызы-чууларын угуп турамын. Мындан тышкары дагы өзүнүн башкы кымбат баалуу мүлкүн жана ишеничин — балдарды — назиктик менен сылап-сыйпап эркелеткен Мекендин жылуу жана сарамжалдуу алаканын элестетип турамын. Анткени пионерлердин Бүткүл Союздук санаторийи дал ушундайча аталат. Бул биздин өлкөдө да, чет өлкөлөрдө да өзүнө тендеши жок жалгыз бир дең соолукту жакшыртуучу мекеме. Азыркы кезде анда бир сменада 7 ден 14 жашка чейинки 2 миң бала дем алып дарыланышат; келечекте дең соолукту чыңдоонун бул шаарына бир мезгилде 7 миңден ашык бала кабыл алынат. Бул мекемени түзүү — өсүп келе жаткан граждандар жана алардын дең соолугу тууралу Коммунисттик партия менен Совет өкмөтүнүн көргөн зор камкордугунун дагы бир чыңдыгы жана ачык далили болуп эсептелет.

Бүгүнкү күндөгү «Россиянын көөрү» — бул «Космос», «Сокол», «Солнечный» жана «Приморский» деген пионерлердин санаторийлик 4 лагерин (ПСЛ) өзүнө камтыган комплекстен турат. Ар бир лагерде 500 орундуу үч этаждуу уктоого (жатууга) арналган корпус, ал корпустан

балдар үстү жабылган өтмө галерея аркылуу ашканага барып тамактанышат, балдардын кызыгуулары боюнча түзүлгөн көп сандаган кружоктору жана клубдары бар 8 жылдык мектеп, пионердик жана оюн ойнолуучу аянтчалар, зоологиялык бурчтар, медициналык илимдин жана техниканын акыркы жаңылыктары менен жабдылган дарылоочу база бар.

Өлкөбүздүн курортторунун Дружба дендропаркы жөнүндө өзгөчө эскертип айткым келет. Анын мындайча аталып калышынын себеби — аны түзүүгө биздин улуу Мекенибиздин дээрлик бүт республикаларынын территориялык жана республикалык курорт советтери катышкан. Анда кайсы гана бак жок дейсин! Көк карагайлар, жашыл пихталар, келишкен чынарлар, крым жана пицунд кызыл карагайлары, клёндор, ясень жыгачтары, майда жалбырактуу кара жыгачтар, ленкорандык жана ак акациялар, мажрум талдар, канадалык, пирамида түрүндөгү, ак жалбырактуу теректер. Санаторийдин территориясында (анын аянты — 64 гектар, б. а. Ватикан мамлекетинин территориясынан 20 гектарга чоң) мындан тышкары ар түрдүү бадалдар, көп жылдык гүлдөрдүн 4800 түрү отургузулган, газондор жасалган. Бирок биздин парк ар түрдүү жыгачтардын жана өсүмдүктөрдүн жөн эле жыйындысы эмес. Ал — ден соолукту чыңдоого укмуштуудай таасир этүүчү табигый дарылагыч жай. Андагы жыгачтар ден соолукту ондоого таасир этүү функцияларына жараша тандалып алынган. Биздин паркты түзө баштоодон мурда өсүмдүктөрдүн адамды дарылоо жана анын эмоциясына оң таасир этүү проблемалары менен иштөөчү советтик жана чет өлкөлүк окумуштуулардын эмгектерин окуп үйрөнүп чыктык.

Кандай жыгачтар жана бадалдар өздөрүнөн фитонциддер (органикалык учма кошулмалар) бөлүп чыгаруу менен катар бактерияларга каршы активдүүлүктү көрсөтө алышат? Анткени, мындан тышкары, фитонциддердин кандайдыр бир бөлүгү бөйрөк үстүндөгү бездин С витаминин көбөйтөт, өзгөчө жазгы-жайкы мезгилде кандын лейкоциттеринин фагоцитардык активдүүлүгүн жакшыртат.

Кайсы жыгачтардын чанчалары (эркектик уруктары) аллергияны козгогуч таасирге ээ боло алат? Ясень жалбырактуу клён, осина сыяктуу жыгачтардын чанчалары өнөкөт жөтөлдүн жана баш ооруунун себеби болуу менен, көпчүлүк жээрге зыян келтирет. Демек, алар бизде өстүрүлбөшү керек.

Батыш туясы, эвкалипт, сибирь пихтасы, ак акация, япон софорасы, көк карагай, мажрүм тал, ийне жалбыракчуу клён, кадимки кызыл карагай абадагы бактериялардын санын кескин азайтат. Демек, дал ушул жыгачтарды көбүрөөк отургузуп өстүрүү керек.

Крым кызыл карагайынан бөлүнүп чыккан фитонциддер учук оорусунун палочкаларынын өсүшүн токтотот. Ошондуктан, крым кызыл карагайы бизде өзгөчө көп.

Жецил терс иондор менен байытылган аба адамга пайдалуу экендигин окумуштуулардын изилдөөлөрү көрсөттү. Мындай аба менен өтө чарчоону, уйкудан калууну бронхиалдык астманы жакшы дарылоого болот. Эң жагымдуу аэронизация кызыл карагайлуу токойлордо болот. Азыр балдар бири бирине «ауу» деп кыйкырышып, биздин кызыл карагайларыбызда козу карын терип жүрүшөт, ал эми мындан 10 жыл мурда скептиктер бизге мындай дешкен эле: «Мына бул туздуу кумдарга күмүш өндүү лохтон башка (жапайы маслина) эч нерсе өспөйт, бекер эле убара болуп иштеп жатасынар». Бирок биз жүз миңдеген тонна эң сонун кара топурак ташып келип төктүк, отургузулган өсүмдүктөрдү жакшылап бактык, ошондуктан азыр биздин кооз паркыбыз жылдын бардык мезгилинде балдарга жакшы таасир этип, көңүлдөрү куунак, алар дайыма өздөрүн чыйрак, эсен-соо сезишет.

Кышында жалаң эле ийне жалбыракчуу жана дайыма көгөрүп туруучу өсүмдүктөрдү гана көрүп жарпың жазылып, кубанып калбайсың. Жалбырактары түшүп туруучу жыгачтар жана бадалдар да өздөрүнүн архитектоникалары, фактуралары жана сөңгөктөрү, бутактарынын боёлгон өңдөрү менен да эстетикалык чоң таасир беришет. Бутактардын укмуштуудай ийилген жерлери, кабыктын бетиндеги сүрөттөр жайында калың жалбырактардан көрүнбөй калат. Кышында алардын декоративдүүлүгү, кооздугу же бутактары жана жалбырактары менен бирге жыгачтын баш жагынын түзүлүшүнүн үзгүлтүксүздүгү ачык көрүнөт, ал эми алардын фактурасы жана кабыгынын түсү аппак кардын фонунда эң эле даана болуп калат.

Биздин паркта шар түрүндөгү акациялардын көптөгөн экземплярлары бар. Анын баш жагы жайында — укмуштай сонун кочкул-жашыл чатырдай, кышында болсо — ажурлуу торго окшош шардай.

Пирамида формасындагы жыгачтардын белгилүү бир интервал боюнча бир сызыкта тизилип, биринен кийин биринин туура алмашылып турушу өзүнчө эле бир ритм катарында кабыл алынат (сезилет), ал эми алардын ас-

манга умтулган уятуу кронлору (баш жактары) болсо көңүлдү көтөрүп, өзүндү кубандырат.

Кайындарды алып көрөлүчү. Алар бизде анча көп эмес, бирок алар жөнүндөгү камкордук — өзгөчө. Анткени кайын — Россиянын символу эмеспи. Кайындын архитектоникасы жеңил жана келбети келишкен көрктүү. Бутактары ичке, кочкул, каралжын жана кыштын күнү асмандын фонунда дандаана болуп бөлүнүп турат. Алар (бутактары) сөңгөктөн тар бурч боюнча тик өйдө багытталышат да скелеттик бутактардын багытын улап, андан соң — төмөн карай чукул ийилип жалбыректары менен бирге мажрүм кронду узун сабактары менен саландап турат.

Ясень — бул узакка чейин жашоочу чоң жыгач (бизде анын жүзгө жакыны бар). Азыр ясендердин баш жагы (крону) сөңгөккө тар бурч боюнча жогору багытталган жаш жоон бутактуу келип сүйрү формада болот. Өсүп жетилген кезде ясендин крону чачырап жайылып динамикалык мүнөзгө ээ болот.

«Приморский» аттуу пионерлердин санаторийлик лагеринин (ПСЛ) жанынан денизге карай кеткен аллеяга кара жыгач тигилген. Жаш кара жыгачтын бутактары чымчыктын канаттары сыяктуу көтөрүнкү болуп туш тарапка багытталышкан. Жыл өткөн сайын анын укмуштуудай ийилген бек скелеттик бутактары, дубдун бутактарындай болуп, ичкерээк бутактары туш тарапка чачырап, алардын кээ бирөөлөрү төмөн карай саландап өсөт. Жаңы өсүп чыккан бутактары, ичке бутактары жогору, төмөн жана туш тарапка өсүп куюндаган каскаддарды пайда кылат. Кара жыгачтардын кыш мезгилиндеги кронду ору эң сонун кооз көрүнөт! Кара жыгачтын козголондуулугуна жыгач турпаттуу талдардын жайбаракат салмактуу кронду ору каршы турушат. Талдын караандары (сөлөкөттөрү) жайлуу жана тынч көңүлдү пайда кылат. Ошондуктан нерв системасы тез дүүлүкмө балдар талдын эке кол чатырга окшоп саландаган мажрүм кронду ууу башка жыгачтардын түбүнө тургулары келгени бекеринен эмес.

Жыгачтардын мына ушундай эмоционалдык таасирин тарбиячы В. Д. Зябов биринчи болуп байкаган. Паркта сейилдеп жүргөн учурда балдар өзүнөн-өзү эле эки группага бөлүнүшкөн жана алардын айрымдары пирамида түрүндөгү жыгачтарга, экинчилери — талдарга жана чынарларга умтулушканын байкаган. Узундугу бир километрге жакын аллеянын бир жагында чоң чынарлар,

экинчи жагында пирамида түрүндөгү теректер өсүп турганын сиз качандыр бир кезде кандайдыр бир жерден көрдүңүз беле? Бизде дал ушундай аллея бар жана ал өзгөчө функцияларды аткарат. Кандай функцияларды? Бул жөнүндө балдардын өздөрү мындай дешет.

«Биз эмнегедир деңизге карай пирамида түрүндөгү теректердин түптөрүн жандап барабыз да, үйгө (балдар өздөрүнүн лагерин мына ушундайча аташат — А. Д.) кайтканыбызда — чынарлардын түптөрүн жандап келебиз».

«Мен чарчаганымда чынардын түбүнө баргым келет. Мен чынардын түбүндө көп отуруп дем алам да, андан кайтканымда өзүмдүн досумдан ажырагандай капаланам. Ага кайрадан келгенимде: «Амансыңбы, досум!» деп айтамын, ал болсо мага өзүнүн бутактары жана тегерек жумшак шариктери менен баш ийкейт.

Чынар — менин досум, мен бул жерден кеткенимде ансыз кантем деп ойлономун».

Жыгач өзүнүн өлчөмү жана кронунун формасы менен, ийне жалбыректарынын боёкторунун интенсивдүүлүгү менен, алардын ачыктыгы, ароматы жана кала берсе шуулдаганы менен, жердин рельефи менен имараттардын архитектурасынын туура ыкташкан айкалыштыгы менен чоң эмоционалдык таасир этет. Биз паркты түзөөрдүн алдында мына ушулардын бардыгын эске алып, анын дарылоочу таасирин долбоорлогонбуз.

Бизге психикасы тормоздолгон (тоскоолго учураган) балдар келишет. Алар пирамида түрүндөгү жыгачтардын салют берүүчү аллеясын көздөй өздөрү умтулушат (биз болсо муну аларга сунуш кылабыз!). Мындай аллеялар «космос» аттуу ПСЛдин балдар уктай турган корпусуна параллель жерде жана «Россиянын көөрүнүн» территориясынын кире беришинде бар.

Стимулдаштыруучуларга ошондой эле кронду ору чоң, конус же пирамида формасындагы жана чокулары ичкерип учтанган жыгачтар (терек, карагай, пихта) да кирет. Биздин паркта мындай жыгачтар да бар.

Бизге психикасы дүүлүккөн (козголгон) балдар да көп келишет. Аларга аяп-тынчтандыруучу кронду ору чачырама, саландама, кол чатыр түспөлдүү, шар түрүндөгү жалбыректарынын боёгу ачык эмес же кубарган күңүрт мажрум кронду уу жыгачтар керек.

Балдар эмне үчүн чынардын түбүнө жыйналганды жакшы көрүшөт? Чынар аларды калкалайт, сооротот, көңүлүн көтөрөт, сактайт! Балдарды өзүнө тартуучу анын дагы бир таасири балким төмөндөгүдөдүр — анын теге-

рек, узун саптуу, жумшак түктүү шариктери бар. Шар түспөлдүү, тегерек тарткан, сүйрү форма адамдын көңүлүн тынчтандырат. Ошондуктан жакшы перселерди талдап кечешүү үчүн адамдардын тегерек столго отуруп сүйлөшкөнү бекеринен эмес.

Пионер лагерлерин курууда жашылдандыруучулар көбүнчө салют берүүчү, пирамида, колонна түрүндөгү кроңдуу жыгачтарды отургузууга көңүшкөн. Мындай жыгачтарды чеги жок көп отургузуу нерв системасын өткөрө козгоого алып келиши мүмкүн экендигин түшүндүрүп биз ошол жашылдандыруучуларды арандан зорго ынандырдык.

Ошондуктан биздеги жыгачтардын көпчүлүгү адамды аяп-тынчтандыруучу кроңдуулар.

Өсүмдүктөрдүн боёктору да эмоционалдык таасир тийгизишет, анткени алар адамды женил же оор, көңүлдүү же кайгылуу ойго келтиришет.

Жашыл түс — жаратылыштын түсү — бул физиологиялык көз карашта алганда эң оптималдуу болуп эсептелет. Күндүн, алтын күздүн, көтөрүнкү көңүлдүн түсү — сары түс сыяктуу эле жашыл түс да психоневроздорду дарылоо үчүн пайдаланылат.

Жылдын бардык мезгилинде биздин парк акылдуу жана сыр билги дос, чын көңүлдөн максат көздөөчү, мугалим жана тарбиячы катары балдарды өзүнө тартат.

Жомоктогудай сонун бул бурч (муну бизге келип кеткен Анна Ивановна Сухомлинская «бейиш жер» деп атаган) сыйкырдуу таякчанын жандоосу боюнча пайда болгон сыяктанат. Бирок 1974-жылдын май айында эле бул жерде зор курулуш аянтынан башка эч нерсе жок эле, келечектеги пионерлер лагеринин комплексинин башкы врачы болуп дайындалган мен ал кезде белден батпаккка батып, антарылып ташталган топурак таш менен ар түрдүү техниканын арасында жүрүп, бир жылга жетпей биринчи пациенттерди кабыл аларыбызга анча ишенүүчү эмесмин. Бирок болуп көрбөгөндөй кыска мөөнөттүн ичинде комплекс курулуп бүтүп, ачылышы 1975-жылы 23-мартта болду.

ДАРЫЛООЧУ ПЕДАГОГИКА. Албетте, буга жетишүү үчүн бизге толуп жаткан проблемаларды, барыдан мурда дарылоочу педагогикага байланышкан проблемаларды чечүүгө туура келди. Анткени биздин комплекс бүткүл жыл бою иштейт, ошондуктан ал дарылоочу мекеменин, мектептин жана пионер лагеринин функцияларын бириктирип аткарууга тийиш болучу. Бизге тери оорусу менен ооруган, дем алуу органдары ооруган, ревматизмдин кээ

бир формалары менен жабыр тарткан балдар Союздун бардык булуң бурчтарынан келишет. Бир сменанын узактыгы кышында — 65 күн (бир окуу чейреги), жайында — 45 күн. Ушул мезгилдин ичинде балдарды айыктыруу менен гана чектелбестен, аларды дарылоону окутуу жана пионердик активдүү жумуш менен бирге айкалыштыра аткарууга тийишпиз. Муну айыктыруучу жана тарбиялоочу натыйжалары максималдуу болгудай кылып кандайча ишке ашырууга болот?

Санаторийлик лагерде болуп кетүү — балдардын турмушунун бир бөлүгү (аз эмес!). Бул алар үчүн алардын адеп-ыймандык калыптанышына, рухий жана ички дүйнөсүнүн өсүшүнө таасир этүүчү коллективдик, өз ара бири бирин байытуучу гумандуу мамилелешүүнүн тажрыйбасы болуп калсын үчүн аны кандайча уюштуруу керек? Балдарды кызматташтыкка үйрөтүү үчүн, алардын демилгелүүлүгүн, өз алдынчалыгын өнүктүрүп, өз алдынча өнүгүүгө жана чыгармачылыкка багыттоо үчүн аларды кандай ишке жана кандайча жол менен катыштыруу керек? Ушул жана буга окшогон башка суроолор мейли врач, мугалим, вожатый, медсестра, ашпозчу, бакчы (садовник) болсун ар бир чоң кишинин алдында бөгөт болуп турду. Кызматкерлердин коллективине кошулуу менен алардын ар бири ошол эле мезгилде жана баарынан мурда тарбиячы болуп калды. Оорулуу балдар менен иштөө үчүн өзгөчө сүйүү, сергектик, сарамжалдуулук, балага көңүл буруучулук, туруктуулук жана токтоолук гана эмес андан башка дагы жайдары мүнөз, жан дили менен берилген боорукерлик, оптимизм талап кылынат. Ошону менен катар катуулук жана талапкерлик, балага ишеним көрсөтүүчүлүк, анын өз алдынчалыгынын жана ан-сезимдүүлүгүнүн өсүп өнүгүүсүнө туура жардам көрсөтүү, анын акылга туура келбеген иштерге курулай сарп кылынуучу энергиясын пайдалуу ишке бура билүүчүлүк да эң зарыл. Мына ушунун бардыгы чоң кишини дайыма жан дили менен эмгектенүүгө, өзүнүн бардык иш аракеттерин жана балдар менен мамилелешүүлөрүн аябай ойлонуп чыгууга, алар менен иштөөнүн оптималдуу методикасын изденүүгө милдеттендирет. Бирок мындай ишке бардыгы даяр эмес. Мындай бир окуя эсиме келет. Сырткы көрүнүшү келбеттүү, орто жаштагы эркек киши менин кабинетиме ишенимдүү кирип келип:

— Мен силерге тарбиячы болуп иштегим келет, антким мурдагы ишимден чарчап бүттүм.

— А бизге дем алганы келдиңизби?..

Биздин сүйлөшүүбүз мына ушуну менен аяктады.

Дагы бир окуя мына мындай болду. Врачтардын бирөө жумуштан бошонуу жөнүндө арыз жазып келди, жакшы адис жана курорттук иштин мыкты уюштуруучусу болучу, бирок биз аны кетпегин деп үгүттөгөнүбүз жок. Анын балдар менен иштеше албастыгы бизге белгилүү болучу.

— Бала коридор боюнча чымын-куюн болуп жүгүрүп бара жатканда мен ал азыр сөзсүз жыгылат да, бир жерин кокустатып алат деп ойлодум, — деп айтты бул адис коштошуп жатып.

Кадрларды тандап алуу бул иштин башталышы гана, барыдан бир тилектеш коллективди түзүү өтө кыйын, анткени мындай коллективде анын ар бир мүчөсү жалпы чыгармачылыкка өзүнүн салымын кошууга аракеттенүү менен ошол эле убакта өзүнүн кызматташтарынан дайыма үйрөнөт, башкалар тарабынан сунуш кылынган натыйжалуу идеяны колдой билет. А. С. Макаренко үйрөткөндөй: «бири бирине жардамдашуу болбогон жерде, бири бирине катуу талап коюучулук жок жерде, өз жолдошуна анын көнүлүнө жакпаган нерселерди айта билүү жок жерде, өз жолдошуна, башка жолдошторуна буйрук бере билүү (а бул болсо өтө кыйын билгичтик) жана жолдошуна баш ие билүү (бул андан да татаал) болбогон жерде педагогикалык коллектив да жок, болушу да мүмкүн эмес».

Биздин негизги камкордугубуз тарбиячыларды тарбиялоо, алардын педагогикалык позициясын калыптандыруу болуп калды. Анткени чоңдордун өз ара мамилелешүүлөрү, жүрүш-туруштары, бири бирине карым-катнашуулары-нын мүнөзү айтылган сөзгө караганда балдарга күчтүү таасир этет. Ошондуктан тарбиячылардын жүрүш-турушу, жашоо мүнөзү алардын балдарга айтып ынандырганда-рынан айырмалуу болбошунун мааниси эң чоң.

Биз врачтардын, мугалимдердин, пионер вожатыйлардын аракеттерин бириктирүүнү дарылоону, окутууну жана пионердик иштн бирдиктүү тарбиялык процесс катары түзүүнү — көнүлдүн борборунда бала, анын инсандык калыптанышы жана коллективдүү мамилелешүүнүн тажрыйбасы болгондой кылып үйрөнүшүбүз керек болучу. Врач канткенде дарылоо иши тарбиялоонун каражаты боло ала тургандыгы жөнүндө, ал эми мугалим менен пионер вожатый болсо — канткенде баланы окууга жана пионердик жумушка катыштыруу анын ден соолугунун оңолушуна таасир этээри жөнүндө ойлонууга тийиш болучу, башка сөз менен айтканда, тарбиялык таасир этүү-

нун методикасын оорулуу баланын психологиясы менен бириктирүү керек эле. Ал үчүн тигишсин да, мунусун да терен үйрөнүү керек болучу.

«Эгерде адамдын алдында кубанычтуу эч нерсеси жок болсо, анда ал бул жарык дүйнөдө жашай албайт. Адамдын турмушунун чыныгы стимулу болуп эртеңки кубаныч эсептелет», — деп айткан А. С. Макаренко.

Ал эми биздин балдарыбыздын эртеңки кубанычы — бул барыдан мурда деп соолук. Балдардын мына ушул каалоосу бүткүл дарылоо жана тарбиялоо процессин конструкциялоодогу ишибиздин таяныч башаты болуп эсептелет. Балалык жана өспүрүмдүк курак — адамдын өмүрүндөгү эң маанилүү мезгилдери, бул мезгилдерде анын мүнөзү жана өз алдынча ак-сезими калыптанат. Оорулуу баланын абалын түшүнүп билүү үчүн дени соо баланын психологиясынын негизги өзгөчөлүктөрүн, мындайча айтканда, нормаңы билүү керек. Адамдын жан дүйнөсүнүн эң сонун жөрөлгөлөрү балада болот: митаамдыгы жоктук: көөдөктүк, талаптануучулук, ар бир нерсени билүүгө тырышуучулук, уялчаактык, жөнөкөйлүк, эрдик жана кайраттуулук, жүрөктүүлүк, боорукерлик, сезип кошо кайгыруучулук же сезип кошо кубануучулук, адилеттүүлүктү эңсөө. Балага мына ушулардын баркын андап билүүгө жардам берүү, аларды өнүктүрүү жана бекемдөө — тарбиячылардын милдети болуп эсептелет.

Балдар өздөрүнүн жаратылышы боюнча коллективисттер болушат, алар айланадагылар менен карым-катнаш жасоого талыкпастан талпынышат.

Эгерде биз чындыктуу күндөлүк турмушта кээ бир балдардын башкалардан четтеп жалгыздануура, «өзү менен өзү болууну» каалоосун байкап калсак, анда аны мүнөздүн белгилүү бир өзгөчөлүгү катары (айрым индивидуумдардын мүнөзүндө ушундай белги болсо да) эмес, тескерисинче, аның өмүрүнүн белгилүү мезгилиндеги убактылуу оорулуу абалы деп түшүнүү керек.

Дени таза балдардын психологиясын турмушка оптимисттик мамиле кылуучулук айырмалап турат. Балдардын негизги көңүлү жана табигый сезими — бакытты (бактылуулукту) сезүү болуп эсептелет.

Бакыт жүрөт кай жагында караба —
Ал апаке — күзгү бакта сыртта,
Терезеден кирип жаткан авада...

Балдардын жүздөрүнө назар салып карап көргүлөчү. Алардын көпчүлүгүнүн жүздөрүнөн кубаныч (эгер бал-

дардын дени таза болсо) сезилет. Бул эмнеликтен? Себеби балдар бүгүнкү күн менен жашаганды билишет. Өзүн өзү талдоого алууну, рефлексияны балдар билишпейт. Келечекте ал гана эмес жакынкы убакта эмне болооруна балдар чоңдордой көп кызыгышпайт, алар бул жөнүндө анда-санда гана ойлонушат.

Оорулуу балдар менен иш башка. Телегейи тегиз турмушту сезүүдө ал өзүнүн оорулуу абалынан убараланып убайым тартат. Оорулуу бала, эреже катары, көбүнчө өзүнүн оорусу жөнүндө ойлонот, ал курулай шектенчээк боло баштайт, ызакор, тез таарынчаак, башкалар менен мамилелешпес болуп кетет, ошону менен катар ал өз куралтагыларынан четтеп калганына абдан кейийт.

Балдар өз оорусу тууралу дайыма ойлонушат. Алардын дээрлик бардыгы: «Өзүмдүн оорум жөнүндө ойлонбой коё албаймын, ал дайыма менин башымдан чыкпайт»; «Ойлонбой эле коёюн дейм, бирок мен анте албай койдум»; «Ойлонбой эле коёюн деп аракеттенемин, бирок болбойт»; «Ойлонбоого аракеттенемин, бирок ошондон баштап менин көңүлүм бузулат»; «Ойлонбоого аракеттенемин, бирок теримдин кычышканы мага дайыма ооруну эсиме салып турат»; «Ооба, албетте, өзүмдүн оорум жөнүндө күнүгө ойлоном», — деп жазышат.

Балдардын мына ушундай оор ойлонуу абалда экенин тарбиячылар билип, аларды туура түшүнүп, айыгып кетүүгө мүмкүн экендигине ынандыруулары зарыл. Тарбиячы милдеттүү түрдө жетекчиликке ала турган бирден бир талаптар — балага камкордук, боорукердик менен сылык мамиле кылуу болуп эсептелет. Дүйнөнү сүйүнүчтүү кабылдоо, ага оптимизм менен кароо оорудан айыгууга ар кандай дарыдан жакшы жардам берет. Ошондуктан балдарга алардын жаратылышына тиешелүү болгон оптимисттик көз караштa болууну кайрадан жаратуу, алар менен достук мамиле түзүү, алардын врачтарга жана тарбиячыларга болгон ишенимин пайда кылуу биздин башкы камкордугубуз болуп эсептелет. Педагогикалык кичинекей эле этиятсыздык нервдик бузулууну пайда кылып, баланын өзүн-өзү сезүү абалын кескин начарлатышы мүмкүн. Мындай бир мисалды келтирели. 10 жаштагы бала энесинен кат алып, бош убактыны күтпөстөн отряддык линейкада туруп аны окуй баштаган. Тарбиячы ага эскертсе да окуй берген. Ал катты окуп энеси менен ачемелеше берет: мына апамдын тааныш жазуусу, мага арналган жалыгган сөздөрү. Ачыча кимдир бирөө анын колунан катты жулуп алат. Айран-таң калып, ыза

болуп, ыйлап акыры туталанып долуланат. Мындай реакциянын себеби тарбиячынын ылайыксыз иши, анын конфликттик ситуацияны педагогикалык жактан туура чече албагандыгы эсептелет. Балдарды түшүнө билүү, алар менен мамилелешүүнү үйрөнүү зарыл экендигин айтып отуруу керекпи?

Балдардын турмушун башкарууну аларды дарылоонун нйгиликтүүлүгүн арттырууга зарыл түрдө керек болуучу режимдик талаштардын аткарылышы бала үчүн көңүлсүз, тажатма милдет болуп калбастан, тескерисинче, ага маанилүү жана кызыктуу болуп анын ишке активдүү катышуусун камсыз кылгыдай кылып уюштуруунун маанисн бөтөнчө зор. Дал мына ушул маселеде балдардын оюнча айланадагы чындыкты фантазиялоого болгон табигый муктаждыктары тарбиячыга чоң жардам берет. А. С. Макаренко белгилеп кеткендей «оюн баланын турмушунда чоң мааниге ээ, чондор үчүн ишкердүүлүк, жумуш, кызмат өтөө кандай маанилүү болсо, оюн да балдар үчүн дал ошондой мааниге ээ. Бала оюнга кандай катышса, ал чонойгондо жумушка да көбүнчө дал ошондой катышат. Ошондуктан келечектеги ишмерди тарбиялап даярдоодо барыдан мурда оюндун таасири чоң».

Адегенде биз дарылоо процессинде оюндун элементтерин өтө эле коркоктук менен пайдаландык. Бизге бир окуя жардам берди. 1-отряддагы (13—14 жаштагылар) балдар «адмиралдардан», «генералдардан», «лейтенанттардан» турган өздөрүнүн жашыруун уюмун түзүшкөн. Наамдарды бөлүштүрүүдөн алардын арасында талашып-тартышуулар жана конфликттер келип чыккан. Натыйжада алардын жашыруун сыры ачылды, ал эми биз, чондор, ошондон улам балдар оюнсуз жашай алышпай тургандыгын эстен чыгарбоо өтө маанилүү экендигине дагы бир жолу ынандык.

Азыр болсо оюн балдар менен иштелүүчү бүткүл дарылоо жана тарбиялоо жумуштарынын бардыгында тең орун алат.

Мисалы, «Космос» пионерлердин санаторийлик лагеринде лагердик сменанын ачылыш алдында бүткүл дружина космостук кеме болуп калат да, анын экипажы узактыгы 65 күнгө созулган учууга жөнөтүлөт. Учуу нйгиликтүү болуп өтсүн үчүн дарылоо бөлмөлөрүндө дем соолукту эң мыкты чындап, космостук мектепте билимдерди жакшылап топтоо зарыл экендиги балдарга кулактандырылат.

Ар бир экипаждын командири жана комиссары шай-

ланат. Учуу убагында экипаждардын мүчөлөрү врачтардын бардык буйруктарын так аткарып, космостук мектептеги занятиелердин бирин да калтырбай катышууларын тийиш. Өзгөчө жакшы ийгиликтерге ээ болгондор кеме «жерге түшкөндөн» кийин медалдар, грамоталар, мактоолор менен сыйланышат.

Жайында балдардын деңизге баргысы келет. «Суудан алыс болгула», «Сууга таш ыргытпагыла», «Катарга тургула» деп үн бүткөнчө кыйкырууга, же болбосо деңизде аскер оюнун өткөрүүнү сунуш кылууга болот.

— Биз деңизде салгылашууну баштайбыз. Батальондорго бөлүнөбүз, да комбаттарды дайындайбыз. Катапульттары ядрону бардыгынан алыс ыргыткан батальон жеңип чыгат. Батальондор, согушка! Бирок адегенде терең дем алып алгыла, бул энергияңардын жаңа күчүңөрдүн запасын көбөйтөт,— деп тарбиячы сунуш кылат.

Бронхит, бронхиалдык астма, өпөкөт болуп калган пневмония оорулары менен ооруган балдар үчүн деңизди жээктеп басып, анын абасынан терең дем алуу пайдалуу экенин чондор жакшы билишет.

— Терең дем алып, кайта дем чыгарууну бир нече жолу кайталайбыз,— деп сөзүн улантат тарбиячы. Күчүңөрдү толуктадынарбы? Аткыла! Жакшы! Баарыңар азаматсыңар! Мукай Бейшенов командалык кылган батальон баарынан мыкты салгылашты, буга таңыркоого болбойт. Мукай өзү жана анын аскерлери Сахалинде, чек арада жашайт, ошондуктан алар биздин деңиздик чегибизди сактоого дайыма даяр болууга тийиш. Мукайдын батальонуна байге тапшырылат! Калган батальондорго командачынын атынан алкыш айтамын!

Балдар жылмайып унчукпай турушат.

— Командачынын алкышына кантип жооп берүү керек? Туура, дал ушундай: «Советтер Союзуна кызмат кыламын!»

Деңиздин үстүндө ар бир совет адамына ыйык сөздөр айтылат.

Оюн бардык балдарды санаторийлик режимге көндүрүүгө да жардам берет.

Балдар зарядкага көңүлсүз араң чыгышат. Ошондуктан биз оюндун элементин пайдаланабыз. Бир түрлүү, кызыксыз, тажатма көнүгүүлөрдүн ордуна балдар деңиздеги стихияга каршы күрөшүшөт. Шандуу музыканын коштоосу менен кайраттуу, баатыр матростор мачталарга кыйындык менен жөрмөлөп чыгышат, 360° ка бурулушуп деңиз мейкиндигине көз чаптырышат, палубаны жулуп суурушат, чайпалууга каршы күрөшүшөт, кайыктарды ка-

лак менен айдап жүргүзүшөт, аркандардын учтарын ыргытышат, кеме токтоочу жайга шварттап бекитишет, эң акырында матлот деген эски матростук бийди жандары калбай бийлешет. Ал эми эртенки зарядканын мазмунун цирк түзөт, бүрсүгүнү — спорттук аянтчага доктор Айболит келет.

Кичине балдардын айрымдары тамакты начар ичишет. Ошондуктан ашканада «таза табактардын коому» уюштурулат. Ага тамактарды түгөтө жеген ар бир бала кабыл алынат. Натыйжада аппетитим «начар» дегендер жок калат, анткени Карлсондун байгесин алардын бардыгы алгысы келет. Карлсон болсо үйдүн чатырында жашайт, анын тамактарды түгөтө жей тургандыгы дүйнөгө белгилүү.

Кичине балдарда башкалардын жасаганын окшоштуруп тууроо жагы жакшы өнүккөн. Кимдир бирөө кокусунан: «Фу, сүт жыттанып калыптыр!» — деп койсо эле алардын бардыгы стакандарын өздөрүнөн алыстата түртүп коюшат. «Көңүл бургула!»,— дейт вожатый.— Биз азыр силер менен «Заря-1» аттуу космостук кемедебиз. «Марс» планетасынын айланасында 48-айлануу аяктап жатабыз. Учуунун программасы боюнча — эртең мененки тамактануу. Космонавттардын менюсунда май сүйкөлгөн нан сыр менен, акталган таруудан жасалган ботко жана бир стакан сүт. Космонавттардын аппетити?»—«Космостук!»,— деп балдар бир добуштан жооп беришет. Эртең мененки тамак бүт желди. Табактар таза.

Тарбиячыларыбыз менен вожатыйларыбыз ар түрдүү куракгагы бардык балдар үчүн эң ар түрдүү оюндардын бүтүндөй системасын иштеп чыгышты: кыймылдуу, таанып билүүчүлүк, столдо ойнолуучу, спорттук ар түрдүү турнирлер, жолугушуулар, конкурстар, майрамдар. Мына ушул оюндардын жардамында балдарды дарылоо менен гана чектелбестен, аларды окутабыз жана тарбиялайбыз.

Өспүрүм куракгагы балдардын психологиялык бөтөнчөлүгү — алардын колунан келбесе да жеке демилгеге ээ болууга аябай умтулушу, өз алдынчалыгы жана көз каранды эместиги жоопкерчиликсиз авторитет изденүүсү менен карама-каршы айкалыша тургандыгында.

«Годы искания» («Изденүү жылдары») аттуу китебинде С. Т. Шацкий: «...кичинекей адамдын турмушу татаалданат, жөндөмдүүлүгү, активдүү болууну, жалпы жолдошторунун тобуна өз үлүшүн кошууну каалоосу өсүп-өнүгөт, курч маселелер келип чыгат, пикир келишпестиктер, иштин өз ордунан чыкпай калышы кескин көбөйүп

күч алат, ишеничтүү үмүттөнүүлөрдүн ордуна көңүл калгандык, иренжүү пайда болот. Чыныгы адамды — ким болсо ошол болсун, жагымдуу жолдошту, мугалимди же тааныш чоң кишини суктанып изденүү башталат. Ошондуктан «Чыныгы» адамдыкка сыналып көрүүгө эң чоң даярдык бар»,— деп жазган.

Бул жөнүндө М. И. Калинин: «Балдар авторитетти издешет, ошондуктан биз аларды авторитетти сыйлоого үйрөтүүгө тийишпиз»,— деп айткан.

Мына ушулардын бардыгына таянуу менен биз балдар коллективинин турмушун өзүн өзү башкаруунун жана алардын турмушуна билдирбей жетекчилик кылуунун негизинде уюштуруп иш кылабыз. Иштн сыртынан караганда балдар өздөрүнүн каалоолору боюнча толук эркин аракеттенип эмгектенишс тургандай кылып уюштуруу керек. Мындай эркиндикке коюлуучу ар кандай чектөөлөр алардын өздөрүнөн, б. а. шайланган уюмдардан сунуш кылынууга тийиш.

Дружинанын өзүн өзү башкаруусунда да оюн кеңири пайдаланылат, болгондо да мында барынан мурда коллективдүү оюндар балдарды активдештирүүнүн, алардын демилгесин өстүрүүнүн, турмушун романтикага айландыруунун каражаты катарында пайдаланылат. Н. К. Крупская жазгандай «коллективдүү оюндарда өзүнүн артынан башкаларды кызыктырып ээрчитип талыкпай максатка умтула билүүчү уюштургуч балдар, баштоочу балдар даярдалып өсүп чыгат».

Бир күнү эртең менен лагердеги радиодон мындай үн чыкты: «Көңүл бургула! Көңүл бургула! Лагерге каардуу жана жаман ойлуу душман жакындап келди. Бул душман — зыяндуу уу чөптөр. Биз «С» операциясын жарыя кылабыз. Ыктыярчылар керек». Операциянын штабында ар бири 15 аскерден турган отряддар түзүлөт, алардын командирлери шайланат жана чабуулга өтүү участкалары белгиленет. Отряддар жөнөп кетишет, бирок алардын штаб менен байланышы үзүлбөйт.

Кабарчылар ал жакка оперативдүү буйруктарды жеткирип турушат. Радио: «Ветер» отряды чабуулга өтүүнүн бүткүл фронту боюнча душманды талкалап жер менен жексен кылып 3 метрге алга жылды. «Мальчиши» отрядынын участкасында душман жарып өттү. Балдар, мүмкүн силерге жардам керектир?»,— деп кулактандырды.

Зыяндуу отоо чөптөр менен күрөшүү бир саатка созулат, бирок кимдир бирөө «Неунывай» отрядындагылар чыныгы душмандардын ордуна башкалар менен салгылашып

кандыктары жөнүндө тамашалуу ыр жазыптыр, дагы кимдир бирөө душманды бардыгынан мурда талкалап жеңип «Тревожная» заставасына жардамга чыккан «Янтарный» отрядынын каармандыгын данктаган жеңиш гимнин ойлоп чыгарган.

Коллективдүү чыгармачылык оюндар — бул балдардын коомдук турмушунун өзүнчө бир өзгөчө формасы, тарбиялоонун жана өзүн өзү тарбиялоонун каражаты. Атайын тандалып алынган оюндардын жардамы менен балдардын нравалык мамилелешүүлөрүнүн өнүгүшүн башкарууга болот, аларды «бирөө бардыгы үчүн, бардыгы бирөө үчүн» деген принцип боюнча биргелешип иштөөгө үйрөтүүгө, акылды жана сезимди өнүктүрүүгө, эркти жана мүнөздүн эң сонун сапаттарын бекемдөөгө болот.

Балдардын өзүн өзү башкаруу проблемаларына арналган Н. К. Крупскаянын, А. С. Макаренконун эмгектери, В. А. Сухомлинскийдин педагогикалык осуяттары, азыркы педагогдордун эмгектери, пионерлер лагеринин алардын ичинде барыдан мурда «Орлёноктун» иш тажрыйбалары менен таанышуу бизге тарбиялоонун методикасын өнүктүрүүгө, биздин астыбызга турмуш тарабынан коюлган проблемаларды чыгармачылык менен чечүүгө жардам берет.

Дарылоо жана тарбиялоо иштеринин ийгиликтүү болушу балдардын лагерге келишинин биринчи күндөрү кандай уюштурулгандыгына бир кыйла даражада көз каранды. Адаптацияланууга мезгилинде балдардын лагерь турмушуна эмоционалдык-психологиялык жактан көнүлдөнүшүнө, аларды айыктырып, ден соолуктарын чыңдоого айрыкча чоң маани беребиз.

АТА-ЭНЕЛЕРСИЗ БИРИНЧИ КҮНДӨР. Бул мезгил дайым эле тынч өтпөйт, чынын айтсак — дайыма тынчы жок өтөт. Канча убакытка болсо да баланын өз үй-бүлөсүнөн ажыратылышы аны ички трагедия сыяктуу санааркатат.

Эмне кылуу керек? Формализмден, штамптан, даяр рецепттерден башкалардын бардыгын жасоо керек. Барынан мурда боорукерлик менен көнүл буруп, баланын турмушуна активдүү кийлигишүү керек.

Жалгыздыкты, көнүлсүздүктү жана туугандарын ойлоп сагынгандыкты жоюуда балдарга кантип жардам көрсөтүү керек? Бул мезгилде чондордун боорукерлик жана сергек мамиле кылуулары аларга өтө керек. Балдардын группалары (ар биринде 15 тен ашпаган бала) менен атайын занятиелерди — ишенимдүү ангемелешүүлөрдү өт-

көрөбүз. Мисалы, 7—9 жаштагы балдарга тарбиячы алар өз каалоолорун, ой-пикирлерин жашырбай ачык айтуусун сунуш кылат. Өз каалоолорун бир барак кагазга жазышып, аларды боорукер сыйкырчыга багытташат.

Алардын типтүү жоопторунан мисал келтирели.

«Ден соолукта болуу — бул менин биринчи каалоом. Үйүмө кетүү — экинчи каалоом. Мугалим болуу —үчүнчүсү» (Дамир И., 8 жашта).

«Менин биринчи каалоом — ден соолукта болуу. Экинчи каалоом — дарыланып айыгуу. Үчүнчүсү — сүрөтчү болгум келет» (Тамара С., 8 жашта).

«Биринчи каалоом — менин экземам жоголсун. Экинчи каалоом — этим кычышпасын. Үчүнчү каалоом — врач болгум келет» (Алла С., 9 жашта).

15 баланын 13ү мына ушундай планда жооп беришкен. Бул сыяктуу жооптор биз үчүн каалаган вариант болуп эсептелет. Анткени балдардын дарыланып айыгууга умтулуулары бири бирибизди туура түшүнүшүбүзгө жардам берет.

Бирок, кээде мына мындай да жооптор болот: «Менин биринчи каалоом — үйүмө кетүү. Менин экинчи каалоом үйгө кетүү. Менин үчүнчү каалоом — үйгө кетүү» (Медер С., 7 жашта).

Экинчи күнү Медер кайтадан минтип жазат: «Түндө ойлонуп чыгып мен оору болсом да үйгө кетүүнү чечтим». Төрт күндүн ичиндеги Медердин жооптору үйгө кетүүнүн айланасында топтолду. Лагерде бешинчи күн болгондон кийин гана атайын ынандыруу иштерин жүргүзгөндөн кийин уктабай сергек болуп турган абалында ал: «Мен дарыланып айыгууга калууну чечтим, анткени ден соолукта болгум келет» деп жооп берди.

Ынандыруунун болжолдуу текстин келтирели:

«Балдар, силер өзүңөрдүн боорукер сыйкырчыга багытталган каалоонордо бардыгыңар тең «ден соолукта болгум келет» («бардыгыңар» дегенди атайлап белгилейбиз) деп жаздыңар. Акылдуу балдардын бардыгы так ушундай ойлошот, анткени адамдын негизги байлыгы анын ден соолугу болуп эсептелет. Силердин мугалим, врач, учкуч болууну каалаган тилегинер, эгерде силер ден соолукта болсоңор гана ишке ашып орундалат.

Силер келген мына ушул Бүткүл союздук балдар санаторийи «Россиянын көөрү» деп аталат. Бул жерде силер айыгып, ден соолугунарды чыңдап, күчтөнүп кетишинерге зарыл шарттардын бардыгы бар.

Силердин тууганларыңар силер аларды сүйөсүнөр жана

врачтын буйрун жазгандарынын бардыгын аткарасынар деп ишенишет, алар үйүнөргө силердин ден соолукта болуп келишиңерди күтүшөт. Силер үйүнөргө айыгып, күч топтоп, ден соолугунарды чындап, күнгө тотугун кайтсанар алар аябай сүйүнүшөт. Силердин тарбиячыларынар жана вожатыйларынар силерге лагерде болуу жагып калуусун өтө каалашат. Бул жерде силер балдар менен да, чондор менен да сөзсүз көп достошосунар. Лагерь да силердин үйүнөр, бул үйдө силерге жакшы болот деп биз ишенебиз».

Балдарга алардын азыркы абалын түшүндүрүп жатып биз мындай дейбиз, силердин азыр башынардан өткөрүп жаткан абалынар ностальгия, өз жериңерди, жакындарынарды ойлонуп сагынуу деп аталат. Мындай абал адамдардын бардыгында эле болот: Ата Мекенди сүйүү «кичине мекенди» кыйбастыктан башталат. Балдардын башынан өткөргөн мындай абалдарынын биздин өлкөбүздүн чегинен тышкары калган адамдардын ностальгиясынан айырмачылыгы эмнеде экендигин ачып көрсөтөбүз. «Бир аз убакыт өткөндөн кийин,— дейбиз биз балдарга,— силер врачтарды, тарбиячыларды жакшы таанып билесиңер, лагерь силердин чоң үй-бүлө болуп калат, бул үй-бүлөдө ар кимиңер үйүңөрдү, мектебиңерди, кайсы райондон келгениңерди айтып таанышасынар. Лагерде турмуш кызыктуу жана көңүлдүү, шайыр болсун үчүн бардыгыбыз жакшылап аракеттенишибиз керек».

Мындай маектешүүлөр балдардын чондорго ишенимин пайда кылат, аларга «обочолонуунун тоскоолун» жеңүүгө жардам берет, өз баштарынан өткөрүп жаткандарын баамдоого, башкалар да өздөрүн ошондой эле сезип жатышкандыктарын түшүнүүгө мүмкүндүк берет.

Врач В. В. Сотник атайын психотерапевтикалык кызматты уюштурган. Аутотреннинг балдарга өзүн, өз организминин мүмкүнчүлүгүн жакшылап таанып билүүгө, эркин жыйынтыктап, аны ооруну жеңүүгө багыттоого жардам берет. Мындай занятиелер эң сонун жасалгаланган психотерапиялык кабинетте, өзүнчө бир өзгөчөлүгү бар сүйүнүч тартуулаган бөлмөдө өткөрүлөт. Бул бөлмөгө жаратылыштын бир бөлүкчөсү көчүрүлүп келгенсип көрүнөт.

Жыгачтан жасалып, лак менен майланган кашпо — жайык чоң жалбыракту дайыма көгөрүп туруучу лиандар, чачыран өсүүчү кытай розалары, бөлмөнүн терезелерине коюлуп өстүрүлүүчү түрдүү түстөгү фиалкалар, традесканциялар, кабинеттин бурчтары жашыл майда жалбыракту аспарагустар менен курчалган, глоксиния, цикла-

мендер, амариллистер гүлдөп турат. Какаонун шар түрүндөгү майда жыгачтар өсүп чыккан түптөрү декабрдан майга чейин кызгылт-көк назик түстөгү аромат жыттуу гүлдөргө жамынып турат. Бүткүл жыл бою ачык түстөгү өсүмдүктөр жана гүлдөр өсүп турат. Салкындык жана жарым көлөкө бактын ичи токойду элестетет.

Көгөрүп өсүп тургандардын бардыгын балдар өздөрүнүн достору катары жакшы көрүп сакташат. Алар бардык өсүмдүктөрдүн аттарын жана аларды багуунун эрежесин билишет, көп гүлдөрдүн калемчелерин жана бутактарын бардык жолдорго жана кабинеттерге тигип отургузушкан. Азыр ар бир имараттын өзүндө өзүнүн «өсүмдүктөр бурчу» бар.

Гүлдөп туруучу өсүмдүктөрдүн көп болушу астма менен ооругандарга тескери таасир этпейт, анткени биз абанын таза болушуна өзгөчө кам көрөбүз (кабинетте жайында кондиционерлер иштейт). Ал эми кубанууну сезген абал адамды турмушка оптимисттик мамиле кылуучулукка багыттайт, ооруга «жеңдирүүнү» алдын ала жокко чыгарат. Оорулуу балдарды жаман ойлордон алаксытып, аларга оптимисттик дүхту берүү — бул психотерапевттин гана эмес, балдардын чоң достору катары ар кандай адистиктеги врачтын да эң биринчи милдети болуп эсептелет.

Бирок кабинеттин жабдылышы бул бар болгону психотерапевтикалык жакшы фон гана. Балдар врачка ишенишсин үчүн мамилелешүүнүн искусствосун билүү зарыл, врач баланын ички дүйнөсүн сөзү менен да, өзүнүн жүрүм-туруму менен да толук үйрөнүп, билгени жакшы. Ошондо гана врач балага түшүндүрүп, аны ынандырып, берилтип жатып аны өзүнө өзү ишенүүгө, өзүнүн жүрүш-турушун, өзүнүн организмин, өзүнүн бүткүл күч-кубатын ооруга каршы багыттап, башкара алуу мүмкүндүгүнө ишенүүгө жардам берет.

Биз балдарды мындай деп ишендиребиз:

«Силер өзүңөрдүн денеңерге өзүңөр ээсиңер, силерге оору кожоюндук кылбайт, тескерисинче, ал силердин колуңарда, силер өзүңөрдүн организминердин оору менен күрөшүүсүнө активдүү жардам бересиңер, өзүңөрдүн көңүлүңөргө, өзүңөрдүн жүрүш-турушуңарга өзүңөр ээсиңер, өз каалооңор боюнча өзүңөрдү ан-сезимдүү түрдө кайра жасайсыңар...

Укмуштуулар эмгектен, эмгектен гана жаралат, эч кандай сыйкырчылык жок, каалоо бар, эрк бар, туруктуулук, максатка умтулуучулук, жаратылыштын ойлонуучу кереметі катарында өзүнө ишенүүчүлүк бар.

Күч эмгеги дайыма көз алдыбызда: гимнастика булчуңдарды бекемдейт, жүгүрүү кандын айланышын, дем алууну тездетет. Психологиялык эмгектин натыйжасы дарөө эле аныкталбайт, бул эркtин көзгө көрүнбөгөн адамдын өзүнүн ички дүйнөсү (душасы) жана денеси менен иштеген өтө назик иши, бирок анын натыйжасы деле ошол эле — духту, күч кубатты, дене бойду бекемдөө».

Врач балдарга, эгер алар каалашса кандай боло ала тургандыгы жөнүндө айтып, аларга жүрүм-турумдун адеп-ыймандык багыттарын түшүндүрүп берет.

«Силердин духуңар жана дене боюнар күчтүү, силердин денинер сак жана жоошсуңар, оор басырыктуу жана боорукерсиңер, силер дайыма каалаганыңарды эмес, кандай керек болсо ошондой жасайсыңар, силер өзүңөргө, өзүңөрдүн каалоонорго, өзүңөрдүн керектөөңөргө, өзүңөрдүн аракеттенип умтулууларыңарга өзүңөр ээсиңер. Силер жайдарысыңар, шайыр жана боорукерсиңер, мүнөзүңөр жумшак силер эмгекчилсиңер жана талапкерсиңер, элдин арасында болуу силерге жеңил. Адам, эгер ал кааласа, бардыгын жасай алат, адам — өзүнүн оюнун жана ишинин кожоюну. Силер өз дене боюңардын. өз акыл эсиңердин, өз көңүлүңөрдүн кожоюнусуңар, ал дайыма кубанычтуу болууга тийиш».

Ушундан кийин балдар таптакыр өзгөрүлө башташат. Аларда оорудан айыгууга болору тууралу ишеним пайда болот, ал эми «айыгам деп ишенүү — бул айыга баштоо» экендиги белгилүү эмеспи.

Жандануп ойгонгон ан-сезим, өзүн өзү, өзүнүн кылык жоруктарын сындап баалоочулук жолдоштор менен өз ара мамилелешүүгө оң таасир тийгизет, балдар жадырап-жайнап шайыр, киши менен байланышууну сүйгөн, бири бирине чыдамкайлык менен мамилелеш, тарбиялоочу таасирге ачык-айкын болуп калышат.

Врач-психотерапевт В. В. Сотник мына мындай же ушуга окшош мазмундуу көп кат алат: «Мен Сизди көп эстейм, атам менен апама, жолдошторума бизди эң сонун доктор дарылады деп айтамын. Сиздин үнүңүз мага азыркыга чейин жаңырып турат, мен ооруп калган кезде Сиздин сөзүңүздү кайталаймын да менин ишим сөзсүз жакшы болот жана мен эч качан оорубаймын деп ишене баштайм. Ырас, башымда дагы эле бир аз жара калды, бирок ал жакында жоголуп кетет деп ишенемин...» (Ира В., 13 жашта, Чебоксары шаары).

Башкаларды бактылуу кылуу иши — адамдык эң улуу сүйүүчтүн өзү эмеспи? Башка адамга жардамды жүрө-

гүндөн жана болгон душандан көрсөтсөң ал ошончолук байыйт деген мамилелешүүнүн акылман законун түшүнүп билүүгө бизге балдардан башка ким жардам берет?

Жекече психотерапияга караганда группалык психотерапия бир кыйла таасирдүү экендиги белгиленген. Мүмкүн, группада кандайдыр бир жол аркылуу биринен бири индуцирленишет, өз ара чын жүрөктөн пикир алышып көп нерсени үйрөнүшөт, бир максатка — ден соолукту чыңдоо менен гана чектелбестен өзүн өзү өркүндөтүүгө, өзүн өзү тарбиялоого кызыгышат.

Бул жөнүндө балдар мындай дешет: «Мурда мен таарынчаак элем, бул жерде мен ал сапатымды ондодум» (Елена Н., 13 жашта, Муром шаары); «Элдердин арасында өзүмдү эркин сезем, өз жолдошторумду жакшы түшүнүп аларга жардам бере баштадым» (Анатолий А., 14 жашта, Воронеж шаары); «Лагерде мен өзгөрдүм, өзүмдү токтоо кармоого үйрөндүм» (Инесса Т., 13 жаш, Брест обл.).

Көп учурда оорунун жана ооруга окшогон абалдын себеби — душанын өсүп жетилбегендиги, бекерчилик, зериккендик, ырайымсыздык, мерездик жана таш боордук, оройлук жана өз ара бирин бири түшүнбөөчүлүк, түнтүк жана көңүл коштук, акылынын аздыгы жана агрессивдүүлүк болуп эсептелет. Ошондуктан биз өзүбүздүн негизги милдетибизди балага сый көрсөтүп, ишеним жасоо аркылуу аны адам болууга жана эл арасында жашоого үйрөтүү деп түшүнөбүз.

Баланы түшүнүп, ага кең пейилдик, боорукерлик, чыдамкайлык жана ишеним көрсөтүү — мына ушулар биздин башкы дарыларыбыз. Мындан тышкары дагы эмгек, мамилелешүү жана башкалар жөнүндө кам көрүүгө бөлөнгөн толук кандуу, кубаныч тартуулаган ачык турмуш бизге чон жардам берет. Оорулуу бала дал мына ушундай абалда гана өзүн ар тараптуу өсүп жетилген адам деп сезе алат. Биз дайыма балдарды «Ооруга карабастан, активдүү болууга үйрөнгүн, ооруга көңүл бурбагын, ал өзүнөн өзү жок болот»,— деп үйрөтөбүз.

ЭМГЕК-КАМ КӨРҮҮ. «Көөрдүн» пионерлери ар түрдүү, кызыктуу жана пайдалуу иштердин бүтүндөй системасына тартылышат.

Алар комплекстин территориясын жакшыртуу боюнча «Мекенге — Миллион» деген операцияларга, ишембиликтерге жана жекшембиликтерге катышышат. Канаттуулар Күнүнө карата алар пионердик өнөрканаларда канаттууларга үйлөрдү жана жем салгычтарды жасашат, дары чөптөрдү жана мөмөлөрдү терип жыйнашат. Жөнөкөй көр-

сөтмө куралдарды даярдап жасашат, китепканадагы китептерди жана окуу китептерин ондоп-чаптоого жардам беришет. Октябряттардын коомдук пайдалуу эмгегин уюштурушат. Алиппе майрамын, кызыл жылдызча майрамын, утренниктерди, конкурстарды, көңүлдүү мелдештерди өткөрүүдө аларга жардам беришет. Балдар бакчасын шефке алышып анын территориясын жакшыртышат, бөбөктөр үчүн ар түрдүү оюнчуктарды жасашат. Пионерлердин Бүткүл союздук эмгек иштерине, Лениндик коммунисттик ишембиликтерге, эмгектин Лениндик вахталарына активдүү катышышат, тарыхый окуялардын болуп өткөн жерлеринде мемориалдык белгилерди курууга жардам беришет, эстеликтерди карап багышат. Чоңдор менен бирге колхоздордо жана совхоздордо түшүм жыйнашат. Балдардын жасаган иштеринин бардыгын санап чыгуу кыйын. Коомдук маанилүү жана керектүү иште табууга пайдалуу иштерди чалгындоо жардам берет. Аларга катышуу менен балдар айлана-чөйрөдөгү турмушка сарамжалдык менен көз чаптыруурга, анын эмнелерин кантип жакшыртуу керек экендигин аныктоого үйрөнүшөт. Андан кийинки этап — коллективдүү иште пландаштыруу жана аны аткаруунун уюштуруу, ар бир пионердин кызыкчылыгын жана мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен милдеттерди бөлүштүрүү.

Чалгындоонун жардамы менен пионердик аракеттин зонасы (ПАЗ) белгиленет. Пионердик аракеттин зонасындагы эмгек иштери — булар барыдан мурда башка адамдар жөнүндө кам көрүүнүн тажрыйбасын топтоо. Мындай кам көрүү ишинин реалдуу көрүнүшү балдарга жакшылык кылуунун кубанычын баштан өткөрүүгө жардам берет, жумушту мүмкүн болушунча жакшы жасоого кызыктырат.

Отряддар зонада кандай иштеп жатканын бүткүл дружина билет. Буга радио берүүлөрдүн атайын бөлүмдөрү, пионердик аракеттин зонасынын картасы, материалдары: «Эмгек обьектилеринен келген кабарлар», «ПАЗдын штабынын тапшырмалары», «Чалгындоо билдирет», «ПАЗдын активисттери» ж. у. с. рубрикаларда дайыма жаңыланып туруучу стенд жардам берет. ПАЗдын штабы пионерлердин оозеки газеталарды жана журналдарды, дубал газеталарды, фотомонтаждарды чыгарып туруудагы иштери жөнүндө билдирип турат; отряддардын иши пионердик линейкаларда жана жыйындарда талкууланат.

Вожатыйлар жана тарбиячылар уюштуруучулардын окуусуна көп көңүл бурушат. «ПАЗдын штабы — зонадагы жумуштун уюштуруучусу», «ПАЗдын отрядынын жана звеносунун жумушун кандай уюштуруу керек», «Тынмурчу-

лардын командасынын жумушун уюштуруу», «Отрядын совети — эмгектик массалык иштердин уюштуруучусу» — мына ушул темалар боюнча пионердик активдин мектебинде занятиелер өткөрүлөт.

Пайдалуу иштерди чалгындоо дайыма жүргүзүлөт. ПАЗдын штабына тынымсыз келип туруучу чалгынчылардын кабарлары балдарга пионердик кам көрүү жана жардам айрыкча кайсы жерге керек экендигин ачык көрүүгө мүмкүндүк берет. Эмгектик тарбиялоодо пионерлердин үнөмдөө жана сарамжалдоо үчүн болгон кыймылга катышуулары, жашыл жана көк патрулдарга иштөөлөрү чоң мааниге ээ. Ар бир отрядда үнөмдүүлүктүн посттору түзүлгөн, алардын милдети — электрди кур бекер күйгүзбөөгө, сууну курулай коромжулабоого, нанга кайдыгерчилик мамиле кылбоого көз салуу. Рейддердин жыйынтыктары боюнча күжүрмөн баракчалар, фотогазеталар чыгарылып турат. Китеп жаңылыктары дайыма талкууланып, аларда эмгек адамдарынын образдары ачылып көрсөтүлөт. Мисалы, тарбиячылардын сунушу боюнча балдар И. Филоненконун «Хлебопашец» деген документалдуу повесттин окуп чыгышын өздөрүнө көп пайда келтиришти. Повесттө ВАСХНИЛдин ардактуу академиги, Социалисттик Эмгектин эки жолку Баатыры Т. С. Мальцевдин тагдыры жана турмуштук эрдиги жөнүндө айтылган. Повестти талкуулоо балдарды көп маселелер жөнүндө, барыдан мурда турмуштук-жашоонун мааниси жөнүндө, адамдын чыныгы бактысы, мындай алып караганда жөнөкөй эле дыйкандын эмгегинин ушунчалык улуулугу жөнүндө, анын эмгеги элге жана биздин багуучубуз жерге кызмат кылуунун бийик идеясы менен, жаратылыштын жашыруун сырларын жана жердин түшүмдүү көп берүүчүлүк закондорун таанып билүүгө аракеттенгендиги менен жүрөктү кубандырат.

Пионердик аракеттин зонасында коллективдик чыгармачыл иштерди уюштуруунун методикасы жетишээрлик даражада кеңири белгилүү. Бирок биз үчүн бул жумуш жаңы, мурда аныкталбаган болучу, анткени эмгек иштерине бизге оорулуу балдарды тартууга туура келди. Алардын көпчүлүгү өздөрүнүн мектептеринде оорулуу абалда болушкандыктан коллективдин коомдук турмушунан обочолонуп калышкан, аларды үйлөрүндө да «аяп» бардык күч эмгегине катыштырышкан эмес. Дайыма опекага жана камкордукка көнүп калышкан. Эми өздөрү башкалар жөнүндө камкордук кылууну үйрөнүп оорубаган адамдардын турмуш абалына тартылууга тийиш болучу. Албетте, балдарга берилүүчү бардык күч эмгектер врачтар менен

макулдашылып жөнгө салынып турду, бирок муну балдардын демилгесин, алардын өз алдынчалыкка жана чыныгы ишке умтулууларын жоготпоо үчүн өтө этияттык менен жасоо керек болчу. Кенже балдардын эмгеги оюн формасында болуп өтөт, бирок мында да аткарылуучу иштин коомдук мааниси, орчундуулугу жана зарылдыгы белгиленип көрсөтүлөт.

Пионердик символдор, атрибуттар, ритуалдар, эмгек майрамдары, эмгектик иштердин стартындагы (башталышындагы) жана финишиндеги (аягындагы) салтанаттуу линейкалар, көрсөтмө агитация — мына ушулардын бардыгы эмгектик ишмердүүлүктүн процессинде келип чыгуучу эмоционалдык баштан өткөрүүлөрдү күчөтөт, анын бийик мааниси сезип, баштан өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берет, демилгечиликке, чыгармачылыкка өбөлгө түзөт.

Жолдоштору, башка адамдар, лагерь жөнүндө кам көрүү катарында уюштурулган ар кандай эмгекти, мейли бөлмөлөрдү, территорияны тазалоо болсун, мейли тажрыйба участогунда иштөө же түшүм жыйноо болсун балдар аларды кызыгып, канааттангандык жана жоопкерчилик менен аткарышат.

Эмгекти сүйүү граждандык башка касиеттер сыяктуу өзүнөн өзү келип чыкпайт. Ал — педагогдордун жана тарбиячылардын абдан ойлонулган максаттуу эмгектеринин натыйжасы. Балдардын ишмерлик сапаттарын, кызыгууларын, мүмкүнчүлүктөрүн эмгек процессинде үйрөнүп билүү үчүн аларды билгичтик менен коомдук пайдалуу иштерге тартуу керек.

Колдон келе турган, чыныгы, гигиенанын сунуштары менен макулдашылган жана акылдуулук менен уюштурулган эмгек баланы өзгөртүп, анын өзүнө ишенимин арттырып ооруну жеңүүгө ага жардам бере турганын биздин тажрыйба ырастады.

В. А. Сухомлинский: «Балалык, өспүрүм жана боз улан кездердеги эмгектик турмуш — бул адамдын гармоникалык калыптанышынын маанилүү шарттарынын бири» — деп белгиленген. Эмгекти сүйүү — бул биздин улуу Мекенибиздин татыктуу граждандары катары бактылуу адамдар болуп өсүп-өнүгүшөт, өздөрү жана айланасындагы турмушту «кайрымдуулуктун жана сулуулуктун» (К. Маркс) закондору боюнча жаратып түзүшөт. Бул маселе — азыр болуп жаткан мектеп реформасынын башкы мааниси жана негизги өзөгү.

Балдарды эмгекке тартуунун эң сонун жолу — бул тарбиячылардын өздүк жеке мисал көрсөтүүлөрү, биргелеш-

кеп кызыктуу жана коомдук маанилүү иштерде балдар менен кызматташ болушу. Жакшы башталгандардын бардыгын балдар өздөрү көргөп сакташат жана улантышат. Буга биздин парк ачык мисал боло алат. Аны биз балдар менен бирдикте отургузуп, өстүрүп көрктөндүрдүк. Скептиктер бизге: «Бир сменада эки мин бала болсо! Эмнелерди отургузуп, кандай гүлдөрдү тигүү керек? Алар бардыгын басып таптап ташташат да!» — дешип нечен жолу бизди токтотушкан. Тапташкан жок! Анткени, адам өзүнүн эмгеги сиңген нерсени гана кадимкидей баалайт эмеспи. Мындай касиет балдарга да таандык. А балким көбүрөөк таандыктыр.

Балдардын эмгектенүү ишин биз алар биринчиликке жана сыйлыкка эмес, өзүнүн эмгегинин натыйжалары менен башкаларды кубандырууга, ынтымактуулук менен аткарылган коллективдүү жумуштан ыраазы болууга умтулгудай кылып уюштурууга аракеттенебиз. Биздин балдар тигил же бул нерселер кандай эмгектин натыйжасында пайда болорун ойлобостон даяр нерсенин керектөөчүсү, көркомдуктун жөн эле камырабай сыртынан байкоочусу болуп өсүшүнө жол бербөө керек.

Биз бир жолу мындай «эксперимент» өткөрдүк. «Россиянын көөрү» өзүндө өскөн розалар менен данкталат. Розарийинде гүл өстүрүүчүлөрдүн жаш отряды дайыма иштейт. Балдар бардык гүлдөрдүн аттарын, аларды багып өстүрүүнүн өзгөчөлүктөрүн: жерди иштетүүнүн ыкмаларын, семирткичтерди чачуунун мөөнөтүн, сугаруунун мезгилин ж. б. жакшы билишет. Бир күнү балдардын ичинен кимдир бирөө Канадада жашоочу роза гүлдөрүн жакшы көрүүчү бир миллионер жөнүндө айтып калды. Өз үйүнүн балконуна отуруп алып ал кереэли кечке өзүнүн эң бай розарийин суктана карап отурган.

— Укмуш, чынбы? — деп сурашты менден балдар.— Эс алыш деп ушуну айт: карап отуруп рахаттана бер?

— Келгиле биз да ошентип көрөлү! — деп сунуш кылдым мен.— Ким жарым саатка ошол миллионер болгусу келет?

Эки «миллионер» лоджадагы креслолорго жайланып отурушту, балдардын калгандары розарийге кетишти. Жумушка кызыгып иштешкен балдар баягы эки «байкоочу» жөнүндө унутуп коюшту, бирок алар өздөрү тез эле чуркап келишип жолдошторуна кошулушту. «Башкалар иштеп жатканда жумушсуз отура берүүгө мүмкүн эмес» — деп түшүндүрүштү «миллионерлер» өздөрүнүн жүгүрүп келгенин. Бири бирин шылдыңдашып тийишип балдар дароо

күрөктөрдү жана суу сепкич чакаларды алып ишке киришишет. Пионерлер менен кошо гүл өстүрүүчү мастер да иштейт. Ал топуракты гүлдүн түбүнөн канчалык алыстыктыктан майдалоо керек экенин, ар бир түпкө канча чака суу куюу керек экенин айтып кеңеш берет. Ыр, тамаша менен билинбестен бир саат убакыт заматта өтөт. Жумуш аяктайт. Бул жасалган камкордук жумушка жооп катары розаларда ушунчалык атыр жыттанышып алардын желекчелериндеги суунун тамчылары күндүн кулагынын бардык түстөрү менен кубулжуп тургансыйт.

Балким мына эми ушундан кийин ар ким павлыштык акылмандын айткан сөздөрүн жүрөгү менен түшүнүп унутпай эстешээр: «Эгерде бала розаны анын сулуулугуна ырахаттануу үчүн өстүрсө, эгерде эмгектенүүнүн жалгыз акысы сулуулукка ырахаттануу жана бул сулуулук башка кишинин бактысы жана кубанычы үчүн жаратылса, анда ал жамандыкка, жүзү каралыкка, бепактыкка (цинизм), ырайымсыздыкка, таш боордукка бара албайт».

Кечкурун, тамактангандан кийин чогулабыз: сүйлөшөбүз, ырдайбыз, ар нерселер жөнүндө кыялданабыз. Ушундай сүйлөшүүлөрдүн арасында балдарга мындай деп сунуш кылабын: «Келгилечи, биздин бир эле жатакана корпусубузду курууга жана жабдып жасалгалоого мамлекет канча чыгым болгонун эсептеп көрсөк эмне болот?» Маселе оной эмес болуп чыкты. Балдар бир жума бою керектүү маалыматтарды сураштырып, эсептеп, болжолдоп, тактап жүрүштү. Канча тонна арматура керек кылынган? Канча квадрат метр айнек керектелиниген? Канча куб метр жыгач? Канча квадрат метр аянтка килем төшөлгөн? Канча кровать, кресло, диван, түмбочка жана башка мебелдер коюлган? Курулушта канча жумушчу жана кайсы адистер иштешкен жана аларга эмгек акылар кандай төлөнгөн ж. б. у. с.

Мына жума күнү кечинде биз кайтадан чогулдук (айтмакчы, ар бир жума күндүн кечи розаларды сугаруу кечи деп аталып калды — дагы бир эмгектик традиция мына ушундайча пайда болду).

Жатканга чейин пикир алмашып сүйлөштүк, эң эле чоң цифра — үч миллион сомдон ашык акча сарп кылынганы айтылды. Балдар буга аябай ойлонуп калышты. Алардын ойлогону жакшы. Биз дал мына ошондой болсо экен деп ойлогонбуз.

ЭМГЕК-КУБАНЫЧ. Балалык кез эске түшөт. Бардыгынан да төмөнкүлөр эсимден кетпейт. Чалгычылар чалгыларды чыңап жатышат: алардын ар түрдүү үн менен

ырдан жатышкан кооз обондору, алда кайдан угулат. Жүрөгүн толтура кубанычты — чөп чабууну күтөт!

Чыгыш тараптан тан агарып келе жатканда эле кээ бир үйлөрдүн каалгасы кыйч-куйч ачылып, улам бир үйдүн терезелеринен жарык күйгүзүлгөнү көрүнчү. Ошентсе да эч ким: «Эмне үчүн мынчалык эрте турушту — дагы уктай турушпайбы» — деп айтчу эмес. Анткени: «Чалгычынын чөптү тан азандан шүүдүрүм барда чаап, шүүдүрүм кургаганда үйгө кайтканы жакшы» экенин бардыгы билишчү. Мына эми күн чыгып чөп чабындыга балдар колдоруна түйүнчөктөрүн кармап алышып каз катары тизилип жөнөшөт. Бизде — Сальск талааларында — аны эмнегедир «мынтус» деп аташчу. Балдардын колдорундагы түйүнчөктөрдө аталардын жей турган тамактарын энелери дайындап берише турган. Балдар таңыркай ооздорун ачып аталарын карап турушат, а аталары болсо өз солдорун чаап аяктап калышты.

— Кана эмесе шам-шум этип алалы — тиги балдар тизилип күтүп турушат.

— Жок, аягына чейин чаап жетели, андан кийин тамактанабыз,— дейт алардын башчысы.

Алардын башчысы — биринчи баратканы, ал эң тажрыйбалуу, эң билгич, эң күчтүү, эң шамдагай, эң чыдамкай.

Эч ойдо жок эле, кокусунан балдарга кайрылган мындай үндү угасын:

— Эмне? Өзүнөрдү сынап көргүнөр келеби?

Чалгы чапканды билбеген биринчи шилтөөлөр. Чалгынын учу жерге такалып андан ыргыган топурактар эмнегедир көзгө жана аракеттенгенден улам ачылган ооздорго да учуп кирип жатат. Топуракты түкүрүп таштап, көздөрдү аарчып жатканы менен чалгыны ыргытып таштай албайсын, анткени башка эч ким ыргытып таштаган жок да.

— Эч нерсе эмес. Кызыгып кааласан бат эле үйрөнүп аласың. Кишинин баары эле адегенде ушундай абалда болот, анан көнүгүп кетет,— деп тажрыйбалуу чалгычылардын бирөө балдардын көңүлүн көтөрөт...

Чондордун тажабаган такай камкордугуна бөлөнгөн биздин балдар мындай кубаныч жөнүндө эмнени билишээр экен? Анткени К. Д. Ушинский эбак эле өз учурунда «талаада, огороддо, бакта жана кол өнөрчүлүктө иштетүүчү жумуш дене бойду жана адеп-ыймандуу тарбиялоонун кубаттуу жана эң туура каражаты болуп эсептелет»,— деп айткан. Балдарга тан атып күндүн башталганын көрсөтүү үчүн, аларды шүүдүрүмдүү чабындыда колдоруна чалгы карматып күндүн биринчи нуру менен кездештирүү үчүн

балким санаторийлик режимди бузууга туура келээр? Чоң балдар биздин сунушубузду кубанып кызуу колдошту. Бирок биз алардын көпчүлүгү чалгынын өзүн анын сүрөтүнөн гана көргөнүн билүүчүбүз.

Демек, эч кандай кокустук болбосун үчүн ага аябай даярдануу керек. Мына ошентип «Чөп чабуу» операциясы кулактандырылат. Жашылдандыруунун тажрыйбалуу устаты А. В. Облиенконун жетекчилиги астында бүткүл апрель айында балдар керектүү инвентарларды даярдашын, чалгы чыноону үйрөнүштү. Акырында, май айы да кирип келип, чөп чабуу мезгили башталды. «Россиянын көөрүнүн» территориясында мурда жайыт болгон участок бар, анда чөп эң сонун өсүп чыгат. Күндөрдүн биринде мына ошол жерге жаш чалгычылардын отряды тең атпай жөнөштү? Оюнбу? Албетте. Бирок чыныгы эркектердин жумушу да эмеспи.

Ким билет, балким, мына ушул сааттар эмгектин биринчи сабактары катары эң сонун эсте кала турган эстеликтердин бири болоор?

Биздин балдарыбыздын көбү өсүп жетилип кесипке ээ болушту. Бирок, алар лагерде өткөргөн күндөрүн унутушпайт. Анткени, бул жерде аларды дарылап айыктыруу менен гана чектелишпестен, аны менен кошо аларды ар кандай эмгектин урматтоого жана берилип иштөөгө үйрөтүштү.

«Мен «Приморскиде» дарылангам. Азыр мен БАМ.ды куруучулардын арасындамын, мен БАМды куруп жатканымма сыймыктанамын» (Вячеслав И., 21 жашта, Тында шаары). Мындай каттарды биз сөзсүз балдарга окуп беребиз. Мындай каттар дарыланып айыгууга ишенимди арттырат, бүгүнкү ар бир күндө өз келечегин көрүүгө мүмкүндүк берет, ошол күндү жакындатууга аракеттендирет.

Балага өзүнүн бүткүл ички дараметин оору менен күрөшүүгө мобилизациялап, бирок ошол күрөштөн чыдамкай, башкалардын кайгысын назик сезгич, элдердин арасында жакшылап жашай билгич болуп чыгууга кантип жардам көрсөтүүгө болот? Оорулуу абалы анын душасын таш боор кылбасын үчүн, адамдарда жана айлана-чөйрөдө алардын жалаң гана жакшы жактарын көрүүгө тоскоолдук кылбасын үчүн, эмнелерди иштөө керек, адамдын өзүн өзү өркүндөтүүгө жана жакшылыкты жаратууга умтулуучулук бийик сапаттарын оорулуу балада кантип пайда кылуу керек? Балдарды ар түрдүү ишмердүүлүккө жана мамилелешүүгө тартуу менен алардын нравалык түшүнүктөрүн байытып, алардын ар бирине өзүн жана өзүнүн башка адамдар менен, айлана-чөйрө менен болгон

өз ара мамилелешүүсүн баамдап сезүүгө жардам берип, биз бул жөнүндө дайыма ойлонуп кам көрөбүз.

Жаш бала өз жүрүш-турушун күчтүү мүнөзгө багыттап, өзүн бек кармап, жагымсыз кырдаалдарды жеңип чыккан адамдарга теңелүүгө аракеттенгени абдан маанилүү! «...Мүнөзү жумшактан өткөн бактысыздык жок! Ар бир көпшөк шөлбүрөгөнгө жаратылыш кандайдыр коргонгуч тоскоол, мисалы, таш бакага панцирь, кирпиге ийнелер, жылааңга уу жана суук өң берген, бирок мүнөзү жумшак адамдын сактануучу коргонуучусу жок» (М. Шагинян).

Баланын өспүрүм чагы — мен киммин? Мен кандаймын? Бул турмушта мен эмне кыла алам? — деп кыйналып ойлонуулардын мезгили. Өзүн өзү аңдап билүүнүн бул процесси оорулуу балада өзгөчө курч мүнөздө өтөт, анткени мындай оорулуу бала өзүнүн оорусун барыдан мурда турмуштук пландарды орундатууга, мамилелешүүдөгү жана ишмердүүлүктөгү керектөөлөрдү иш жүзүнө ашырууга тоскоолдук кылат. Ошондуктан лагерге келген биринчи күндөн баштап биз аны турмуштан ажыратпастан, ага өз мүмкүнчүлүгүн сынап көрүүгө, өз жөндөмдүүлүгүн көрсөтүүгө, өзүн жолдошторунун көзү менен карап көрүүгө толук мүмкүнчүлүк беребиз.

ТУРМУШТУ РОМАНТИКАЛАШТЫРУУ. Эркек балабы, же кыз балабы алардын кимиси болбосун баатырлар, тагдыры укмуштай өзгөчө адамдар жөнүндөгү китептерди көп окушуп деңиз жөнүндө, эрдик кесиптер жөнүндө эңсебей коюшпайт го? Балдардын баатырдыкка, эрдикке болгон мындай керектөөлөрүнөн баштап биз аларды «каалаймын» жана «жасай аламын» дегендердин арасындагы аралыкты жоюуга жардам берүүчү, өз мүмкүнчүлүктөрүн сезүүгө, жоопкерчиликтин, милдеттүүлүктүн жана жолдошчулуктун сезимдерин жандандырууга карай багыттантып иш кылабыз.

Мисалы, «Приморский» атындагы ПСЛ да «Морская эскадра» деген согуштук оюн өткөрүлөт (жетекчиси — тарбиячы В. Д. Зябов).

Сюжеттин романтикасы балдардын көңүлүн көтөрүп, аларды кубандырып кызыктырат. Оюнга дароо эле бүткүл дружина тартылат, өзгөчө деңизден алыс жашаган балдар активдүү кириишет. Дал ошолор алыска сүзүүлөрдүн капитандары, суу астында иштөөчүлөр, матростор болууну эңсеп каалашат.

Адегенде кемени кандай деп атоо керек экендиги боюнча конкурс өткөрүлөт. Мынакей эми «Стремительный», «Стерегущий», «Отважный», «Героический» ж. б. эсминец-

терден (эскадралык миноносецтерден) туруучу деңиз эскадрасы салгылашууга даяр. Балдарга моряк-чек арачылар коноккко келе турган убакыт да келип жетет. Шефтердин келишине балдар аябай жакшы даярданышат: матростук формаларды үтүктөшөт, Морзенин азбукасын үйрөнүшөт, флоттун тарыхын, эң сонун суу флотчулардын турмуш жолун, деңиз салгылашууларынын баатырларынын тарыхын окуп үйрөнүшөт.

Сурнайдын сигналы угулганда, аскердик марштын шаңдуу үнүнүн коштоосу менен эскадранын эсминецтеринин экипаждары түптүз катарга тизилип салттанаттуу линейкага чыгышат. Балдардын бул жүрүштөрүн чыныгы моряктар — чек ара сакчылары трибунадан байкап карап турушат.

Деңиздик эскадранын команда берүүчүсү (дружина советинин председатели) рапорт берүү жөнүндө приказ жарыялайт. Бардык командалар эч буйдалбастан жана эч жаңылышпастан орундалат.

Стройдо тизилип турушкан пионерлердин жанынан эскадранын ачык кызыл туусун шуулдата алып өтүшөт. Эркек балдардын толкунданган үндөрү угулат:

Ак чардак, канат какпа кайкып учуп,
А деңиз, тынчтан сен да, акырын дейм!
Көрдүңбү, тууга карай какайышып,
Катып тур моряктар баарысы тең.

Микрофонго моряк-чек арачы келет да ал балдарга кайрылып, орус моряктарынын данктуу традицияларды, деңиз закондору, «Варяг» моряктары жөнүндө, Цусима, Порт-Артур, Севастополь, Одесса жөнүндө, деңиз данкын чыгарган советтик моряктардын салымы жөнүндө айтат.

«Деңиз эскадрасы! Түздөнгүлө! Түз тургула! Жаш моряктын антын кабыл алууга даярдангыла!» деген команда угулат.

Микрофонго кадимки флоттук формада кийинген жаш бала басып келип бүткүл строй тарабынан бир ооздон кайталанылуучу анттын сөздөрүн айтат:

«Мен, «Морская» дружинасынын жаш моргы Кызыл туунун астында: өз Мекенимдин деңиздик чек арасынын каарман сакчысы болуп өсүүгө, кайраттуу жана чечкиндүү болууга, улуу муундардын эстафетасын татыктуу алып жүрүүгө, советтик моряктардын жолу менен ишенимдүү барууга, флоттун данктуу традицияларын ыйык сактоого жана өнүктүрүүгө салтанаттуу ант беремин».

Мекенге ишеним көрсөтүү антын берип жатышкан пио-

нерлер менен октябряттардын олуттуу жүздөрүн карап көрүнүздөрчү: мындай минуталар эч унутулбайт. Матростук марштын үнү угулуп балдарды шефке алышкан моряктар-чек арачылар эскадралык эсминецтердин командирлерине кадимки деңиз жакаларды таншырышат.

Балдар аларды этияттык менен колдон колго өткөрүп беришет, мына эми бүткүл стройдогулардын бардыгы тең периметри боюнча үч ак тилкеси бар матростук көк жакалар менен жаркылдайт.

Азырынча сен чыныгы эсминецтин палубасында эмес болсон да анын анча маанисси жок, анткени деңиз жээгинин шуулдаганы жана ак чардактардын үндөрү угулуп турат. Башкача айтканда деңиз да, ак чардактар да кадимкилер — чыныгылар. Сенин катарында стройдо турган досторун да чыныгылар жана ишенимдүүлөр. Алар да сен сыяктуу, деңиздик бир туугандыкка таандык болгонуна сыймыктанып, ар кандай сыноолорго жана кыйынчылыктарга даяр болгондук сезимин баштан өткөрүп жатышат.

Эркек баланын шандуу үнү кайрадан стройду бойлото угулат. 1941-жылдын ноябрь айында Балтика деңизинде өз кайыгы менен курман болгон суу астында иштөөчү адис штурман Алексей Лебедевдин флоттук позициясынын флагманынын ыр саптарын жаш моряктар чын эле алардын өздөрүнө кайрылгандай суктанып угушат.

Деңиздерде, мухиттерде тайманбай,
Чек коргогон уулдарына сүйүктүү
Согуштагы баатырдыкты ар кандай,
Мекен өзү сунуп турат умуттуу.

Аны алууга кайрат керек кажыбас,
Аны алууга эң бир албан эрк керек,
Аны алууга сүйүү керек арыбас,
Кыйын кезде сатып ийбес шерт керек.

Марш угулат, ошол замат трибунанын жанынан жаркыраган, бактылуу жана сыймыктуу жаш моряктар таптак шартылдап түптүз басып өтүшөт.

Салтанаттуу линейкадан кийин балдар шефтерди-моряктарды тегеректеп ортого алышат. Эзилишип сүйлөшүүлөрдүн акыры жоктой көрүнөт. Мында матростук тамашалар, ырлар, бийлер, мелдешүүлөр жана викториналар да болбой койбойт: флоттук үрп-адаттарды жана традицияларды, флоттун баатырдык тарыхын, анын баатырларын ким жакшы билээри такталат.

Андан кийин дагы кызыктуу жолугушуулар, балдарды өзүнө тартуучу конкурстар, сыртган саякатка чыгуулар,

согуштук даңктуу жерлер боюнча жүрүштөр өткөрүлөт, бирок бул күндү, жаш моряктарга атайын арналган күндү балдар түбөлүккө эстеп калышат.

Биздин мурдагы тарбияланууучуларыбыз, азыркы аскердик моряктар бул жөнүндө мындай деп эскеришет:

«Мындан төрт жыл мурда мен «Морская» дружинасында эс алдым, ошондо мени жаш моряктардын катарына кабыл алышкан. Мен ошондон бери жүрөгүмө ошондо жанган өз тилегимден эч кайткан жокмун. Мына, мен эми Тынч океандык флоттун морягымын.

Сиздер бизге өзүнөрдү чектей билүүгө үйрөнгүлө деп айтчу элеңиздер. Кымбаттуу тарбиячылар, мына ушул билгичтикке ээ болуу менен мен моряктык кызматты чексиз аткарып жаткандыгым жөнүндө Сиздерге сүйүнүч менен айткым келет» (Виктор И., 19 жашта).

ЭРДИК МЕНЕН СЫНАЛУУ. В. А. Сухомлинский: «Адеп-ыймандуулуктун топтолгон түйүнү болуп милдет эсептелет»,— деп жазган. Эң ыйыгы — бул Мекен алдындагы милдет. Мына ушул эң ыйык милдеттин урматына, өз Ата Мекенин сүйүүнүн урматына биздин тынч жерибизди жана жыргал деңизибизди коргоп өзүнүн өмүрүн аябагандар жөнүндө жаштарга кандайча билдирүү керек? Дал ушундай милдеттин адамдарынын бири Советтер Союзунун Баатыры Дмитрий Семенович Калинин болучу.

Традиция боюнча ар жылы жаш деңизчилердин күнүнөн кийин биз 1943-ж. 1-Майда капитан Д. С. Калинин башчылык кылган деңиздик десант түшүрүлгөн жерге тургузулган монументке барабыз.

Кубандык атактуу С. Г. Лариков калининчи-моряк чалгынчылардын эрдиги жөнүндө балдарга көп жолу айтып берет. Ал согуш башталаардын алдында Краснодар крайынын Анапск районундагы Варваровка селосунда жашаган. Айылдык советтин секретары болуп М. В. Фрунзе атындагы колхоздун партиялык уюмун жетектеген. Коллективдештирүү мезгилинде эле кулактар аны атып, колун жарадар кылышкандан кийин колун кесип салууга туура келген. Согуш жылдарында партизан, чалгынчы болгон. Аскердик кызматы боюнча ал Д. С. Калининдин десантына туш келген.

Чалгынчы-моряктардын тагдыры, Д. С. Калининдин эрдиги жөнүндөгү Лариковдун айтып бергендерин балдар көздөрүнө жаш ала дым чыгарбай угушат: «Оор жарадар болгон Дмитрий Семенович Калининди душмандар тегеректеп курчашты. Алар аны тирүүлөй кармап алабыз деп ишенишкен. Бирок бүт денесинен кан төгүлгөн Дмитрий

Семенович душмандын солдаттарына жакындап барып, өзүнүн акыркы күчүн жыйып чымырканып туруп астындагы танкага каршы гранатты жарып жиберип, аны курчаган фашисттерди жок кылган. Моряк өз милдетин аягына чейин аткарган...»

Биз балдарга мына ушундай кескин толкундантkан минуталар эң зарыл деп эсептейбиз, анткени алардын духу бекемделет, эрдиги өсөт, баатырларга теңеле жашап курман болгондордун эстелигине татыктуу болууга аракеттенишет. Биз В. А. Сухомлинскийдин биздин балдар дал ушул азыркы кезде аларды мурда эч болуп көрбөгөндөй даана түшүнүшөт деген сөздөрүн окуйбуз жана ага ишенебиз:

«Адамдардын кырсыктарынын ичинен эң кайгылуусу — бул эрдикти жоготуу, майдачыл, мыжык, коркок, жек көрүнчү жан болуп калуу. Эгерде сен эрдигиңди жоготсоң, анда сен бардыгын: абийириңди, ар-намысыңды урматтап сыйлоону, ишеничиңди, өзүңдү жараткан жана сага фамилия, ат, наам берген өзүңдүн тукумуң менен болгон түбөлүктүү байланышты да кошо жоготушуң мүмкүн: сен Ата Мекениңди да жоготушуң ыктымал, анткени коркоктуктан чыккынчылыкка чейин бир гана кадам».

«Көөрдүн» пионерлери Д. С. Калининдин эстелигинин жанына гүл тигишет, аны жакшылап коргоп багышат, аны менен бирге алар анын турмуштук өмүрү жөнүндөгү материалдарды, ал жөнүндөгү эскерүүлөрдү жыйнашат. Баатырдын эстелигине болгон алардын милдети жана анын эрдигинин, ашынган баатырдыгынын башталган булагына жакындашууга умтулуулары мына ушунда.

Эрдик, милдеттүүлүктү түшүнүп сезүү ар бир тарбиялануучунун турмуштук нормасы болуп калуусун камсыз кылууну тарбиячылар өздөрүнүн башкы милдети деп эсептешет. «Эч ким унутулган эмес, эч нерсе унутулбайт» деген жыйындарда согуштун ветерандары менен жолугушуулар салтка айланып калган. Советтер Союзунун Баатыры А. Я. Ломакин балдарга тез-тез келип турган. Анын Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы эрдиктер жөнүндөгү улуу муундардын үлүшүнө туш келген кыйынчылыктар жана алардын көп нерселерден ажырап калышкандыктары жөнүндөгү айтып берүүлөрүн кызыгуу менен угуп балдар мына ошол баатырлык күндөрдү өз баштарынан өткөргөндөй болушат, ушундай убакта турмуштун чечүүчү минутасында өзүбүз да дал ушундай кайраткер, эр жүрөк боло алабыз? — деген суроонун үстүндө ойлонушат.

Советтер Союзунун маршалы И. Х. Баграмян бир жолу мындай деген: «Биздин элде таамай айтылган сөз бар: «Турмушта дайыма эрдиктин орду болот». Бирок эрдик көрсөтүүнү каалоо жетишсиз (аздык кылат). Буга моралдык жактан даяр болуу керек. Мындан тышкары дененин чың болушу жана эң маанилүү, өзүндө чыдамкайлуулукту, ар кандай жүрүштөрдүн жана салгылашуулардын кыйынчылыктарын көтөрө билүүгө үйрөнүп көнүгүү зарыл». Туруктуулук, чыдамдуулук, тапкычтык, коллективизм биздин балдарга партизандык жолдор боюнча жүрүштөргө чыгууга, согуштук-спорт оюндарын, конкурстарды өткөрүүгө жардам берип тарбиялайт. Мисалы: «А ну-ка парни!» конкурсу (ал А. И. Токарев тарабынан иштелип чыккан) бизде салтка айланып калды. Бул граждандык коргонуу боюнча, строевой, санитардык, дене бойду чыдоого даярдануу боюнча билимдердин жана көндүмдөрдүн жыйынтыктарын кароо, моралдык сапаттарды, жолдоштукту, тарбиялангандыкты, чынчылдыкты текшерүү.

Балдарга келип туруучу космонавттар («Россиянын көөрүнүн» ардактуу пионерлери — СССРдин учкуч-космонавттары А. Н. Николаев, П. Р. Попович, В. В. Горбатко, Е. В Хруновдор) менен, Советтик Армиянын жана Аскер-Деңиз Флотунун аскерлери менен болгон жолугушуулар турмуштун жана эрдиктин сабактары болуп калды. Алар пионерлерге өздөрүнүн өтөгөн кызматы жөнүндө, күндөлүк күжүрмөн эмгек жөнүндө, Мекен алдындагы милдеттүүлүктү түшүнүү жөнүндө айтып беришет.

Милдетти сезүүнүн негизин өзүнүн жакындарының жана башка адамдардын алдында өзү кылгандардын жоопкерчилигин баамдап сезүү түзөт.

Балдарды эмгектик жана оюн түрүндөгү коомдук пайдалуу ишмердүүлүккө катыштырып тартуу менен биз аларды акыйкат жана ыймандуу жашоого, өзүнүн башкалар менен болгон мамилесин биздин коомдун гумандуу, адеп-ыймандык нормаларына таянып жасоого үйрөтөбүз.

Балдарды түздөн-түз этикалык тарбиялоо милдети «Россиянын көөрүндөгү» атайын түзүлгөн ойлонуулар бөлмөсүнө жүктөлгөн, анын максаты — өзүнүн адамдарга жасаган мамилеси жөнүндө ойлонуусун жандандыруу, өзүн жана өзүнүн жүрүш-турушун улуу педагог В. А. Сухомлинскийдин айткан моралдык осуяттары боюнча текшерип көрүү.

ОН ТУРДУУ «БОЛБОЙТ». Бул бөлмөнүн эшигинде: «Киргин жана ойлонгун — сен он «болбойтту» аткарып жатасынбы?» — деген жазуу бар.

Ошондуктан ага каалабасаң да киресиң. Мынакей, эркек балдардын бирөө жазгануу менен эшикти акырын ачып жатат. Анын артынан кирип андан ары эмне болоорун карап көрөлү. Бөлмө жашыл бурчту элестетет, бөлмөнүн ичинде толтура гүл, өсүмдүктөр, акырын чыккан музыканын үнү угулат.

А мына бул кичинекей ылайыктуу дүмүрдүн үстүнө: «Мен сени көптөн бери күтүп жатамын, отур, бир аз эс ал да, ойлонуп көр» деген сөздөр күйгүзүлүп жазылган. Эркек балдар ал дүмүргө отурду да дубалда илинип турган плакаттардын биринде жазууларды окуп жатат:

Бардыгы эмгектенип жатканда бекер жүрүүгө БОЛБОЙТ; *улуулар дем албай эмгектенип жатышканын сен жакшы билип туруп курулай эле ар кандай көңүл көтөрүүчүлүккө берилип кетүү — маскарачылык, уят.*

«...Бекер жүрүүгө болбойт... Бул сыягы мен жөнүндө го. Үйдү тазалап жыйноо иштери башталганда мен дал ошол убакытка үйдөн качып кетким келет, кайтып келсем үй бүт бойдон жаркырата тазаланган, мага да жагымдуу, бирок мен эч нерсе жасашкан жокмун да. Үйгө кайтканымда мындай кылууга «болбой» турганын далилдеймин, аткарууга аракет кылам».

Мындай дагы бир жазуу жазылган:

Карылыкка жана карыган адамдарга күлүүгө БОЛБОЙТ — *бул касиеттүүлүктү кордогондук болот...*

«Эмне үчүн мен мынчалык жаман болуп жана ысып чыктым? Балким кызарып да кеткен окшойм... Эмнеликтен? Мунун себеби бар: бир күнү досум экөөбүз скамейкада отурсак колуна үч литрлик айнек банка кармаган кемпир жаныбыздан өттү. Анчыга болбой досум мага: «Күлгүн келеби?» деди. Мен эригип отурган элем, ошондуктан ага: «Күлгүм келет» дедим. Ал катуу кыйкырып жиберсе, кемпир чочуп кетип колун силкип жиберди эле, анын банкасы майдаланып жатып калды. Күлкүбүз тыйылсачы.

Кимге күлдүк? Мен азыр ойлосом абдан уялам. Мындан кийин эч качан карылыкка күлбөймүн.

А мен канча жолу трамвайдан, автобустан улгайган кишилерди көрмөксөн болуп койдум?..»

Урматтуу жана чоң кишилер менен, өзгөчө карылар менен талашып-тартышууга БОЛБОЙТ; *улуулардын кеңеш катары айткандарынын чындыгына шектенип ишенбөөчүлүктү өтө эле шашылып билдирүү адамдык акылдуулукка жана эстүүлүккө жатпайт; эгерде кандайдыр күнөм саноолорду айткың келсе, аларды башыңа сактап*

кармай тур да, ойлонуп көр, калыстык кылып байкап көр, андан кийин улуу кишиден дагы бир жолу сурагын — сураганда да аны таарынтпагыдай кылып сура.

«Кана дагы бир жолу окуп чыгайынчы: «...эгерде кандайдыр күнөм саноолорду айткың келсе, аларды башыңа сактап кармай тур...»

Мына кызык, эгер «айткың келип жатса» аларды кантип «кармай турасың»? Ушуга окшошту мен бир жерден буга чейин да уккамын — мектептенби, үйдөнбү, мүмкүн мектептен да, үйдөн да укпам керек, бирок анда мен ага эч кандай маани берген эмесмин. Күн сайын мага «Болбойт!» деп аз айтып жатышкандыр.

А бул жерде болсо «...адамдык акылдуулукка жана эстүүлүккө жатпайт...» деп жазылыптыр.

А чынында эле улуулардын айтканындай жасабаганымдан мен көп жолу сызга отуруп калбадым беле.

Демек, эгер мен адам болсом, акылмандыкты үйрөнүүгө тийишмин. Мунун эмнеси бар, аракеттенип байкап көрөйүн.

А мен канча жолу улууларга жабышып алып, алардан бирдемелерди сураганымда алар мазаны алган чымындан кол серпип коргонгондой менден качышчу эле.

А менден кол серпип коргонушкан болсо, демек, аларды мен ыза кылгамын.

Бул жердеги «Болбойт» өтө узун экен, ошондуктан аны бир нечеге бөлүүгө болот».

А дагы мына:

Сенде тигил же бул буюмдун жоктугуна нааразыланып кыжырлануугa БОЛБОЙТ...

«Арткы чөнтөгүндө эмблемасы бар импорттук шым сатып бер деп мен апамдан канча жолу сурандым. Сатып бер, сатып бер деп ыйлап да кыйнадым. Апам мага: «Кымбат — менин бир жарым айлыгыма жакын»,—деди эле. Анда мен ага: «Башкаларга ата-энелери сатып берип эле жатпайбы» — дечүмүн.

Акыры апам мага ошондой шымды сатып берди. Мен кийип алып биринчи эле күнү футбол ойноп, айрып алдым: жерден билинээр-билинбес болуп чыгып турган кандайдыр бир шишке илинип айрылды.

Үйдө мени урушушту, бирок аягында мени кечиришти. Менин көп нерселеримди кечиришет, мен оорулуу баламын. Минтип сурануу уят экенин мурдатан билсемчи...»

Володя Ульяновдун энесинин портретинин жанында дагы бир осуят жазылып турат:

Энең өзүнө ыйгарбагандарды — столдун үстүндөгү, та-

мактын жакшысын, көйнөктүн жакшысын...— сага ыйгарганга КАРШЫ БОЛ. *Эгерде сага белек кылып берген буюмду энең өзүнө ыйгаруудан баш тартканын билсең, анда сен андан баш тарта билгин...*

«Энем мага дайыма эң жакшыларды берет, буга көнүп калгамын. Конфеталарды да көрсөтпөй жей берем, бирок аларды көп жегенге болбойт, анткени денеме чыгуучу кызылдар күчөйт».

Бул «Болбойттун» дагы уландысы бар:

Кандайдыр бир жекече артыкчылыкка укугу жөнүндөгү ой — бул сенин душаңды уукгуруучу уу болуп эсептелет...

«Мына кызык... Кантип уу болсун — анткени мен оорулуу эмесминби, элдин бардыгы тең ошентип эле айтып жүрүшпөйбү: «Акырын, бала уктап жатат, ал оорулуу да», «Балага жакшысын калтыргыла, ал оорулуу да», «Жакшылап жылуулангын, сен оорулуусуң да». Ошентип ар дайым эле: — сен оорулуусуң, болбойт — сен оорулуусуң, барба — сен оорулуусуң, чуркаба — сен оорулуусуң.

Албетте, үй-бүлөдө мен көп артыкчылыктарга ээ инсанмын, а бул жерде «душаны ууктуруучу уу».

А бирок туптуура белгиленген, мага пайдалуу жерлерде мен ооруга шылтоо кылам, мунун өзү эле уу эмеспи?

А энемдин жада калса кир жуугуч машинасы да жок, ал ошондуктан кирди колу менен тез-тез жуугандан колдорумду порошок жеп жиберди деп көп даттанат. Менин байкуш энем. Үйгө кайтайынчы, ишти кир жуугуч машина сатып алуудан баштайбыз».

Улуулар жаман деп табышкандарды (аларга жакпагандарды) алардын көзүнчө да, алар көрбөгөн жерде да жасоого болбойт...

«Бирок буга эч бир макул болууга мүмкүн эмес. Чондор бардыгын тең эле жаман дей беришет: бал муздак жегенге болбойт, тердеп туруп нымдуу жерге отурууга болбойт, катуу сүйлөшүүгө болбойт, магнитофондун жана телевизордун үнүн катуу чыгарууга болбойт, эшикти катуу жабууга болбойт... А эгерде ойлонуп көрсөкчү? Бал муздак жегенден кийин тамагым ооруп, үч күнү температурам жогору болуп жаттым; футбол тээп жүрүп бүткөндөн кийин жерге дем алып отура калдым эле, буттарыма чыйкандар чыкты. Магнитофонду катуу сүйлөткөндөн кийин, кошунабыз ачууланып үйдүн дубалын каккылады (анын үстүнө курулушчулар да үйдүн дубалдарын жука жасашат!). Үйдүн эшигин үч ирет кармап акырын жаппаганымдан ал түшүп кете жаздап, жыгач устаны ча-

кырууга туура келди. Мына ушулардын бардыгында тең өзүм күнөөлүүмүн, ошондуктан мага берген кеңештер туура болгон».

Өзгөчө анча зарылдыгы болбосо деле өзүң жөнүндө обу жок эскертүүгө, өзүңдүн талаптарыңды көрүнөөгө чыгарууга жол коюлбайт.

...Энең менен атаң сени эч качан унутушпайт.

«Бул жердегилер бардыгын каяктан билишет? Чынында эле мен экскурсияга бараарымда жей турган тамагымды пакетке салып дайындап коюшчу эле: уктап жатып ойгонсом менин жаныма кат жазып коюп кетишчү, ал катта кайсы тамактын кайда экени, эмнени алып жеш керектиги, эмнени жылытып ичүү керектиги, дагы эң акырында: сочинение жазуу керек экендигин унутпоо керектиги жазылган болоор эле».

...Эгер сен алардан кичине эле алыс болсоң, анда сен алардын жанында турганыңа караганда алар сен жөнүндө көбүрөөк ойлонушат...

«Бардыгы туура, мен «Россиянын көөрүндө», Анападамын, атам болсо Норильскиде, бирок ал мага велосипед керек экендигин жакшы билет. А менчи, мен ата-энеме эмне керек экенин билемби?»

Бир туугандуу улуу кишини, өзгөчө энеңди, эгер анын сенден башка эч кимиси жок болсо, жалгыз калтырууга болбойт: кубанычтуу майрам күндөрүндө аны эч качан жалгыз калтырба: анын турмушундагы жалгыз кубаныч — сенин өзүң — сенин сөзүң, жылмаюуң. мамилең болушу мүмкүн: адам карыган сайын ал жалгыздыктын кайгысынан ошончолук жапа чегет; чоң атаңы жалгыз калтырууу, карыган абышка болгон атаңы, жада калса өзүң да абышка болуп калсаң жалгыз калтырууу — бул адамкерчилик эмес, бул айбанчылык; адамдын өмүрүндө кишилер менен мамилелешүү кубанычынан башка анын эч бир кубанычы болбой турган мезгил келип жете тургандыгын билип, эстеп кой.

«Апамды мен таштабаймын, а чоң атам болсо материкте жашайт (мен болсом Таймыр жарым аралындамын), ал жашаган кыштакта мен мындан эки жыл мурда болгомун, биз аны менен коштошконубузда ал: «Неберем, тез-тез келип турсаң» — деп менден аябай суранды эле. Мен ага: «Макул» дегемин, а чындыгында андай болбой калып жатат. Чоң атам кандай капа болуп карап калды эле. Үйгө кайтып барганымда апам менен атама чоң атама барып келүү керектигин айтамын, чоң энем эбак эле өлүп калыптыр. Ошентип ал жалгыз, аның тур-

мушу эми оор: ал отун жарышы керек, суу алып келиши керек, мешке от жагышы керек. Чоң атамдын туулган күнү болгондо апам ага куттуктоо открыткасын жибер деп мага эскертти. «Жиберем» деп мен убада кылдым, бирок унутуп калып жиберген жокмун. Ушуну мен кантип унутуп калдым экен?

Чоң атам 3-Белорус фронтунда генерал Черняховскийдин командасында бирге согушкан анын эң акыркы досу өлгөнүн мага айтып берген. Ал эми анын өзүнүн бели ооруйт жана колдору сууктан кубарып кетет, ал колдорун Ленинград фронтунда үшүтүп алган. Менин чоң атам кандай эмгек сиңирген адам, анын ордендери да бар, анын ордендери согуштук гана эмес. Ал жакшы эмгектенгендиктен Эмгек Кызыл Туу ордени менен да сыйланган».

Улуулардан уруксат сурамайынча жана алардын кеңешин укмайынча... алар менен коштошмоюнча, алардан жолуңар шыдыр болсун деген батаны алмайынча жана аларга жакшы калыңыздар деп каалоо айтмайынча жолго чыгууга БОЛБОЙТ.

«Мунун бардыгы туура, мен дал ушундай кыламын. Эң болбогондо бир «болбойтту» так аткарсам көңүлүмдө жеңилдик болот.

Улууларды тамакка чакырмайынча түшкү тамактануу-га отурууга болбойт, чоң киши, өзгөчө улгайган киши, бөтөнчө аял туруп турганда отурууга болбойт.

«Дагы эле мен, көп учурда мындай кылбаймын, эң өкүнүчтүү жери бул жаман экенин ойлоп да койбойм».

Улуу киши саламдашат деп күтүп турууга болбойт, сен ага биринчи болуп салам беришиң керек, кезиккенде жана узатканда анын сак саламат болушун каалоого тийишсиң; этикеттин мына ушул эрежелеринде адамдык кадыр-барктын урматтоонун терең ички мазмуну камтылган.

«Чынында эле кызык, бул жөнүндө ойлонуп көрүү керек. Балдар менен талкуулап вожатыйдан «этикет» деген эмне экенин суроо керек жана мектепке барганымда мына ушул бөлмө жөнүндө сөзсүз айтып беремин».

Мына дагы бир жазуу. Эң акыркысы:

Сен күчтүүсүң! Айлана-чөйрөдөгү дүйнөдө сенден алда канча начарыраак көп сандаган жандыктар жайланышкан — сен аларды коргоого жана сактоого тийишсиң.

«Кандай сонун жазылган: «Сен күчтүүсүң!» А мен болсом начармын деп ойлочумун. Жана мен канча жаман иштерди кылдым: таштарды рогаткага салып алып аттым, бутактарды сындырдым, жадагалса өзүмөн кичүү карындашымды да мурунга черткиледим (кандай уят иш...), а

бир жолу мен таранчынын уясын буздум эле андан кичинекей балапандар учуп түшүштү... Ой, кандай уят иш... Ооба, булар жөнүндө ойлонууга тийишмин. Бул бөлмөгө эч болбогондо дагы бир жолу келип, айрым бир нерселерди көчүрүп алуу керек...»

Биздин бөлмө жөнүндө айтылган пикирлер балдардын сочинениелеринен алынды. Бул бөлмөдө болгон балдардын баары ушундай же ушуга окшош ойлорду жазышат.

Биздин бул бөлмө балдарды өзүнүн абийири менен өзү жекеме жеке калууга үйрөтөт, аларды өзүн тарбиялоого муктаж кылат. Биз В. А. Сухомлинскийдин башка ойлорун да жазып илип коебуз, мисалы, анын чыныгы кадыр-барктуу тарбиялоо жөнүндөгү ою, ошондой эле башка педагогдордун, жазуучулардын, ойчулардын бакыт, милдет, жашоонун мааниси, Мекенди сүйүү жөнүндөгү айткан сөздөрү жазылып коюлган. Бул айтылган сөздөр балдардын сочинениелеринин, коллективдүү жолдоштук аңгемелешүүлөрүнүн негизин түзөт, балдарга өзүн өзү куруунун туура багыттарын көрүүгө, өз мүнөзүн өркүндөтүүгө жардам берет.

КИТЕП МЕНЕН МАМИЛЕЛЕШҮҮ. Балдарга, өзгөчө өспүрүмдөргө ишенимдүү, ачык айтылган этикалык аңгемелердин өз тендүүлөрдүн жана чоң кишилердин турмушундагы жана дүйнөдөгү өзүн өзү баамдап билүүнүн жана өзүн өзү аныктоонун аңгемелери эң зарыл экендигин биздин тажрыйбабыз ырастады. Тарбиячы тарабынан өз убагында сунуш кылынган акыл кошуучу китеп балдардын дал ушундай жакшы кеңешчиси боло алат. Биз балдарга китептерди көп учурда үн чыгарып окуп беребиз. Алардын көбүнүн китепке кызыгуусу, ойлонуп окууну керектөөсү дал ушул лагерде жанданып пайда болду. Балдар үйлөрүнө кайтканда өз тарбиячыларына кат жазышат, ал каттарында алар өздөрүн толкундаткан китептер жөнүндө пикир алмашышат, өздөрүнүн сүйгөн чыгармалары жөнүндө айтышат, эмнени окуу жөнүндө кеңеш сурашат. Биз мындай каттардын ар бирине кубанып жооп беребиз.

Балдарды китепке тартууда китепкана чоң роль ойнойт. Лагерге келген биринчи эле жумада балдарды отряддар боюнча китепканага жазуу уюшкандык менен өткөрүлөт. Китепканачы А. Кулакова алдын ала жаңы китептердин көргөзмөсүн, «Эмнени окуу керек?» деген сунуш

---

[1] Карагыла: *Сухомлинский В.* Потребность человека в человеке. М., 1978, 58—67-беттер.

кылынуучу тизмени даярдайт. Ар бир отрядда китепканалык актив шайланат да анын иштеген ишинин журналы жүргүзүлөт. Китептин достору окуу залында дежур болушат, окуу конференцияларын уюштурушат, эскирип тытылган китептерди ондоп чапташат, мезгили менен «Пионерская правда» газетасынын, «Пионер», «Вожатый» журналдарынын, китеп жаңылыктарынын обзорун (жалпылаштырылган маалыматтын) өткөрүшөт. Китепкананын активисттери: «Сенин сүйүктүү китептериң», «Биз лениндик достук менен күчтүүбүз», «Чыныгы адам болуп өс», «Сенин окуу китебиңдин беттеринен кийин» ж. б. наамдагы китеп көргөзмөлөрүн жасалгалоого жардам беришет.

Китепкананын иш практикасында китепканалык сабактар деп аталгандар кеңири таралды. Алардын айрым темаларын атайлы: «Китепке — узак өмүр», «Китеп жана китепкана жөнүндө», «Китеп кандайча түзүлгөн», «Картотекалар менен таанышуу», «Китепти тандап ала билүүчүлүк жөнүндө», «Библиографиялык көрсөтмөлөр, Энциклопедиялык сөздүктөр жана маалымат бергичтер», «Окуп чыккан китептер жөнүндөгү пикирди эмне үчүн жана кантип жазуу керек», «Газета жана журнал менен кандайча иштөө керек», «Илимий-популярдуу китеп деген эмне», «В. И. Ленин жана китеп», «В. И. Ленин эмнени окуган жана ал китеп менен кандайча иштеген», «Володя Ульяновдун китеп текчеси», «Совет бийлиги — элдик бийлик», «В. И. Лениндин образы сүрөтчүлөрдүн сүрөттөрүндө», «В. И. Ленин — Октябрдын жол башчысы», «Биздин тынчтык Программабыз», «Космонавттар жерде жашайт», «Советтик Мекен — балдарга», «Эки дүйнө — эки башка балалык».

«Дүйнөдө балдар кандай жашашат» деген адабияттык оюн-саякат, Лениндин болгон жерлери («Кашиного баруу», «Мен Москваны аралап жүрөм» ж. б.) боюнча сырттан саякатка чыгуулар традиция болуп калды.

Китепкананын кызматчыларынын жардамы менен отряддарда: «Өзүңдү өзүң таанып бил»; «Азыркы адам — ал кандай?», «Баатыр болуп төрөлбөйт, эмгек менен баатыр болот», «Элдин өлбөс-өчпөс эрдиги», «Алар менен өлкөбүз сыймыктанат», «Бул китептер эрдикке үйрөтөт» деген темаларда аңгемелер жана диспуттар өткөрүлөт.

«МЕН ЖАНА БАШКАЛАР». Балдар менен болгон биздин тарбиялык ишибиздин мааниси алардын ар биринде өзүн өзү тарбиялоого умтулууну жана кызыгып керектөөнү жандандыруу болуп эсептелет деп айтууга болот. Ал үчүн баланы өзүн четтен башка бирөөнүн көзү менен

көрө билүүгө, өзүнүн жеке жүрүш-турушуна сын көз менен катуу баа берүүгө үйрөтүү керек, өзүнө өзү жана өзүнүн каалоолоруна кожоюндук кыла билүүгө, өзүнүн күнөөсүн жана кемчиликтерин өз алдынча моюнга алып сезүүгө жана аларды оңдоого аракеттенүүгө көнүгүү зарыл. Биздин тарбиялык кредобуз мындайча айтылат: балдар менен мамилелешүүдө алардын ар бирин инсан деп таанып алар менен мамилени ишенимдин жана урматтоонун негизинде түзүү. Биз балдарды адамдын душасынын абалын, өзүнүн жолдошторунун кабагы ачык же бүркөө экенин сезе билүүгө, бири бирине сергек жана көңүл бөлүү менен мамиле кылууга үйрөтөбүз.

Мисалы, Витя М. капаланды. Биз балдарды аны эмне капалантып жатканын акырын билгиле деп сурандык. Көрсө, ал далайдан бери үйүнөн кат албаптыр, ошондуктан ал абдан тынчсызданып жаткан экен. Жолдоштору бул жөнүндө анын ата-энесине кат жазып жиберишти эле көп узабай Витя үйүнөн жакшы кат алды. Бул бала көңүлдүү, шайыр болуп калды, ал эми жолдоштору андан бетер кубанышты. Алар досунун абалын түшүнүп гана тим болушпастан, ага жакшы жардам кылышты.

Кең пейилдик, өз ара бири бирин түшүнүүчүлүк, өз ара жардамдашуу, макул боло билүүчүлүк. Балдар адамдын дал мына ушул сапаттары жөнүндө ойлонушканы жана аларды өздөрүндө тарбиялаганы кандай сонун! Биз сегизинчи класстын балдарына ушул тема боюнча сочинение жазууну сунуш кылдык. Сочинениелерде өспүрүмдөр өздөрүн ар түрдүүчө ачып көрсөтүштү.

«Колунар келгендин бардыгына макул бол. Эгерде башкалар сага сенчелик жооп бербесе да баары бир сен макул бол» (Инна Б.).

«Эч качан эч кимге макул болбо. Эгерде мен бардыгына макул боло берсем, анда мага качан макул болушат?» (Валя. О.).

«Досторумдун бактысы жана кубанычы мени менин жеке өзүмдүкүнөн да көп кубантат. Бүгүн досумдун туулган күнү — бул менин туулган күнүмдөн да чоң кубаныч. Биз ага көп белектерди бердик, түшкү тамактануууда бизге чоң торт беришти. Ал бизге «Россиянын көөрүнөө» чейин туулган күнү белгиленбегенин айтты». (Игорь С.).

Эмнесин айтасың, туулган күндү белгилөө бизде салтка айланган. Баса, буга биз дароо эле жетиште койгон жокпуз. Тилекке каршы, биздин бардыгыбыз үчүн өзгөчө балдар үчүн ушунчалык зарыл традиция иштелип чыкканга көп жылдар талап кылынды.

Балдар бизге, жогоруда эскертилгендей, бир чейректе, 65 күнгө келишет. Эки миң келүүчүлөрдүн ичинен орто эсеп менен эки жүзгө жакынынын туулган күнү ушул мезгилге туура келет. Адегенде, алар үчүн атайын майрамдык стол жасап, балдарды чакырып, аларга белектерди камдоочубуз. Бардыгы сыртынан караганда туура көрүнгөнү менен чынында туура эмес экен. Туура эместиги мына мында: бактысына кубанган именинник отрядына келип болгондордун бардыгын төкпөй-чачпай мактануу менен толук айтып берчү, алардын бардыгы аны менен бирге кубанышчу жана тиешелүү үлүштөн өздөрүнүн куру калтырылганын сезишчү.

Бир күнү мен отрядга барып калсам кезектеги ошондой именинник кичине залда аның туулган күнүн кантип белгилешкенин «мактанып айтып», белектерин көрсөтүп жатыптыр.

Ошондо мен балдардын көздөрүнөн: «Эмне үчүн мен ушул айда төрөлбөдүм экен?» деген жашыруун кайгыланууну байкадым.

Ошондон кийин туулган күнү белгиленген бала бар отряддын бардыгына майрамдык стол даярдоочу болдук. Кайрадан бардыгы эле туура болгонсуп көрүнгөнү менен дагы эле ката (жаңылыштык) кетирген экенбиз.

Мүнөздүн жакшы белгилери, «башканы сезе билүү» өзүнөн өзү келип чыкпайт. Ошондуктан биз мүмкүн болушунча көп учурда «мен жана башкалар» жагдайларын түзүүгө аракеттенип умтулабыз, ал үчүн балдарды адеп-ыймандык категорияларды сезип билүүгө, өзүн өзү баалоо боюнча болгон оюй эмес жандуу ишке муктаж кылып түртку беребиз. Этикалык проблемалар боюнча ойлонуп жазылуучу сочинениелер «чын көңүлдөн пикир алмашуу» ачгемелери, мамилелешүүнүн маданиятын тарбиялоочу атайын коллективдүү иштер, мисалы, именинниктин туулган күнү сыяктуу традициялык эң сонун майрам мына ушуга багытталган. Бул бүткүл дружина үчүн кубаныч-туу окуя жана ага даярдануу чондор тарабынан мындайча жүргүзүлөт: «Эгерде сен өз белегиңе чын жүрөгүңөн чыккан тилегиңди жана сүйүүңдү кошсоң, анда жолдошуна кубанычты, бакытты белек кылган болосуң». Ошентип, именинниктен же именинниктерден (көп учурда алар бир нече болот) жашыруун түрдө ар ким өз белегин камдайт. Анын бир гана шарты бар: ал ар кимдин өз колунан жасалууга тийиш, ага байланыштуу куттуктоо (чыгарма, ыр) болууга тийиш. Атайын газета (же газеталар деле!) чыгарылып, анда «жаңы төрөлгөндөргө»

арналган жакшы жолдоштук каалоолор ырлар, сүрөттөр болот, алардын урматына театрлаштырылган оюндар ж. б. көрсөтүлөт. Ошондуктан бул күндүн дээрлик ар бир катышуучусу өзүн керектөөчү эмес, жалпы кубанычтын жаратуучусу деп сезет, таасирлентүүчү жакшылыктын жана сүйүүнүн тажрыйбасына үйрөнөт, ошондон улам ал рухий жактан бай жана ар тараптуу боло баштайт.

Жан дүйнө башкаларга жарыгын чачуу менен гана өсөт. Бул акылмандыкты бала кезден түшүнүп баштоо керек.

Бөлмөгө кирсем бир кыз бурчка отуруп алып өнгүрөп ыйлап жатыптыр.

— Эмне болду?

— Ыза кылышты...— көз жашын токтотпой.

— Кантип?

— Биздин грузиндердин ырлары украиналыктардыкынан жаман дешти...

— Ошого сен ишендинби?

— Жок, ишенген жокмун...

— Азаматсың! Өзүң ырдаганды билесинби?

— Билем...

Ошентип биз эл ырларынын майрамын өткөрүп жатабыз, ушул кыз досторуна «Сулико» деген ырды белек кылып тартуулады, украиналыктар Днепр жөнүндө, а орустар болсо «Не одна в поле дороженька пролегла» деген ырды ырдашты. Ар биринин душасы (ички дүйнөсү) байыды, анткени бул ырларда жакшылыкка, сулуулукка жана акыйкаттыкка сергек мамиле кылган элдин душасы айтылган бул ырлар жана алар сыяктуу башка ырлар биздин жалпыбызга жагымдуу, сүйүктүү ырлар. Аларды балдар көп учурда кечкурун канааттануу менен ырдашат.

БОШ УБАКЫТ ДА АДАМДЫН ДҮШАСЫНЫН ЭМГЕГИ. «Өзүнүн» убактысы дарылоонун жардамчысы болушу ыктымал, ал кызыктуу болушу мүмкүн, бирок эгерде бала эмне иштерин билбесе, анда ал оордук келтирүүсү да мүмкүн. «Көөрдө» ишсиз калууга онтойлонгон балдар жок.

Эркек бала рогатка жасап алып учуп бара жаткан таранчыны көздөй «атты». Мен андан (сменанын башталышында) мындай деп сурадым: «Эмне үчүн сен мындай кылдың?» Ал «Жөн эле!» деп чынын айтты. Анын кылаар иши жок болсо керек. Анын себеби бирөө гана — өзүнүн бош убактысын кызыктуу уюштура билбегендик. Мындай болбоого тийиш.

Балдардын лагерге келген биринчи күнүнөн баштап

педагогдор аларда өздөрүнүн дем алуусун кызыктуу уюштуруп туура пайдалана билүүгө үйрөтүшөт. Бирок муну биз балдардын ички каалоолорун эске алуу менен, алар өздөрүнүн боштондугунан кубаныч жана пайда көргүдөй кылып этияттык менен жасайбыз. «Россиянын көөрүндө» «Азыр токтоткун!»; «Бар, ойно!»; «Ал жакка баспагын!»; «Эмне үчүн окубайсың?»... деген сөздөрдү укпайсыздар.

Бизде бала өзүнө жаккан ишин өзү тандап алат. Тарбиячылар болсо, эгерде бала ишти тандап ала элек болсо, анда ага белгилүү бир ишти өкүмдүк кылбастан сунуш кылат, же эгер иш тандалып алынган болсо, анда занятиелерди уюштурууга жардам беришет. Биз баланын кызыккан дүйнөсүнө обу жок кириштүүгө жана анын дем алуусуна өзү билгендей буйрук берүүгө болбойт деп эсептейбиз. Бирок өзүнө жаккан ишти тандап алуу үчүн мындай иштердин мүмкүн болгон ар түркүнүн жасап, тандап алууга шарт түзүү керек.

Биздин эң сонун паркыбызда укмуштуудай бурчтар көп, алардан көп нерселерди көрүп билүүгө болот, жөн эле досун менен отуруп дем алсаң да, окуп же розалардын жыпар жытын искеп алардын кантип кызарып алоолонгонун көрсөң да, кичинекей дарыячалардын үстүнөн мажрум талдын жалбыректарынын шуулдаганын уксаң да кандай сонун. Стадион бар, анда топ, теннис же шахмат ойноого болот. А ыңгайлуу пляжы бар деңиздин жээгичи? Деңиз мейкиндиги, эч тынбаган жээктин үнү, деңиздин бетиндеги күн баткан кездеги сулуулук... Балдар жомоктордун табышмактуу бөлмөсүн жакшы көрүшөт, бул бөлмөдө свечанын жарыгы менен Арина чоң эненин жомокторун угууга болот; деңиз бөлмөсүндө деңиз балыктарынын көнгөн адаттарын билүүгө болот, балырлар кандай өсөөрүн байкоого болот, бул жерге келечектеги ихтиологдор, деңиз биологдору, суу астындагы дүйнөнү изилдөөчүлөр чогулушат.

Эң сонун фонотекалуу музыкалык салон балдардын карамагына берилген. Каалаган музыканы тандап алып аны наушниктер аркылуу ыңгайлуу креслого отуруп, же паласка жатып алып түстүү слайддарды көрүү менен угууга болот. Бардыгы бирге, бирок эч ким эч кимге тоскоолдук кылбайт.

Сен капа болуп турасыңбы, сүрөт тарткың келип жатабы — чыгармачылыктын бөлмөсүнө келүүгө чакырабыз. Боёкторду, кагазды, кыл калемди ал да капалуу күзгү пейзаждын сүрөтүн тарт, бул үчүн сени эч ким айыптабайт. Адамдын ички дүйнөсүнө кубаныч кандай болсо

кайгы-капа да ошондой эле керектүү экенин түшүнөбүз. А көркөм жетекчи болсо өзүнүн сага айткан кепеши менен сүрөтчүлөрдүн керектүү репродукцияларын, искусство боюнча китептерди, колдонмолорду тандап берет.

А балким сен процедураларды алып бүткөндөн кийин күйгүзүп оюу салганды, жабыштырып жасаганды, тиккенди, конструкциялаганды, араалаганды каалаарсың? Сен каалагандай болсун! Өзүндүн жасаганынды апама белек кылып ала барганды каалайсынбы? Эң сонун! Сага аны жасоого да инструкторлордун уз колдору жардам берет.

Административдик корпустун экинчи этажында сүрөт галереясы жайгашкан. Сен аны көрө элексиңби? Шашылгын!

Мына ойлонуу бөлмөсү, космос бөлмөсү, ырлардын жана тилек кылуулардын бурчу жана башка дагы көптөгөндөр.

В. И. Сухомлинскийдин сөзүн эстеп көргүлөчү: «Эгерде балдарды жаратылыш курчап турса, анда ушул фактынын өзүндө акыл жактан өсүүнүн кубаттуу стимулу камтылган болот деп эсептегендер терен жаңылышат. Жаратылышта акылга, сезимге жана эркке таасир этүүчү жашыруун күч жок. Адам жаратылышты таанып билип, анын себеп-натыйжалуу байланыштарына ою менен сүңгүп киргенден кийин гана жаратылыш тарбиялоонун кубаттуу булагына айланат».

«Россиянын көөрүнүн» тарбиячылары бош убактыда балдардын дем алуусун уюштурууда аларды жаратылышка сейилдөөгө чыгарып, жаратылыштын сулуулугун жана акылмандыгын ачып көрсөтүшөт. Сейилдөөлөр бизди өз балдарыбыз менен жакындаштырат, өз ара бири бирин туура түшүнүүчүлүккө негизделинген достук байланыштарды түзүүгө жардам берет. Тарбиячылар балдарды жаратылыш менен мамилелешүүгө үйрөтүп алардын акылын өстүрүшөт, алардын көңүл бөлгүчтүгүн, байкагычтыгын көнүктүрөт. Ар бир эс алууга чыгуу майрамдагыдай кубанычтардын жана жакшы сезимдерди баштан өткөрүүнүн фактысы болуп калуусуна аракеттенебиз.

Эгерде бала ар түрдүү бардык жандыктарды сүйсө, анда ал бөөрукер, башканын кайгысын түшүнө билген жана ага өз убагында жардам берүүчү адам болуп өсөт, ал гражданин болуп чоноёт, Адамдарга жакшылык кылуу бардык жаныбарларга гумандуу мамиле кылуунун тажрыйбасынан келип чыгат, а гражданин болуу болсо жөнөкөй сезимдерден жана кылык-жоруктардан, айланада-

ты жаратылыш жөнүндө, улуулар жөнүндө кам көрүүдөн, начарлар үчүн жоопкерчиликтүү болуудан, жакынына кайрымдуу болуудан башталат. Мына ушул жерде «Россияның көөрүнүн» тарбиячылары өткөрүүчү «жаратылыштын (кайрымдуулуктун) сабактары» жардам берет. Бул иште алар: «Жаратылышты сүйүү — чыгармачылык» деген принципти жетекчиликке алышат. Бул чыгармачылыкта балдар менен бир катар педагогдор, боорукер жана чын жүрөгү менен жардамдашуучу, балдардан жаратылышты, элдерди, Мекенди аң-сезимдүү сүйүүчүлөрдү тарбиялап өстүрүп чыгарууга аракеттенишкен адамдар эмгектенишет. Алардын айрымдарын атай кетейин: Н. И. Дворянова, В. Г. Короткая, Л. А. Стулей А. М. Рыбакова, Л. А. Торбина жана башкалар.

Балдардын сарамжалдык менен катып сактаган укмуштуу табылгалары — турмушта болуп көрбөгөн таңкаларлык кичинекей деңиз ташы, кандайдыр бир куштун кооз канатынын бир талы, кызыл карагайдын чайырынын сыныгы, түстүү айнекче жана башка көп нерселер — жаратылыш дүйнөсүнө кирүүгө жардам берет, жандуулардын жана жансыздардын жашыруун сырларын ачууга балдарга жардам берүүчү аңгемелердин негизин түзөт.

«Россияның көөрүндөгү» таштардын көргөзмөсүнө кирип көрүңүздөрчү — анда балдар тапкан таштардын эң бай коллекциясы бар, алардын ар бири жөнүндө балдар жомоктогудай же чындыктан алынган бүтүндөй бир тарыхты айтып бере алышат. Мыкты билгичке — билимдердин чордонунун символу катарында чоң тегерек шагыл таш ыйгарылат.

А булар болсо «Теремок» клубунан келген балдардын группасы. Клубдун жетекчиси В. В. Остроушко тарбиялануучуларга кадимкилердин сулуулугун көрө билүүгө жардам беришет, жаратылыштын тилин билүүгө жана түшүнүүгө, ал жөнүндө кам көрүүгө үйрөтүшөт. Сейилдөөнүн жана жүрүшкө чыгуулардын натыйжасы болуп «Жаратылыш — сенин досуң. Аны корго деген сүрөттөрдүн, биздин «кичүү бир туугандарыбыз», сүйүктүү гүлүбүз жөнүндөгү сочинениелердин конкурсу уюштурулушу эсептелет.

А мынакей «Солнечный» атындагы ПСЛдин пионерлеринин жумуштарынын фотокөргөзмөсү: жөргөмүштүн кубулма желеси гүлдүн бетиндеги шүүдүрүм тамчысы; уядан чыгарган карап турган балапан; күн карама жана көптөгөн башка нерселер. Ушулардын бардыгын көрүп, өзүнүн таңкалуусун жана абдан ыраазылыгын билдирүү-

гө балдарга сүрөт ийриминин жетекчиси Л. Сокол-Кутыловский жардам берди, анткени ал жаратылышты мыкты билген адам жана сүрөт ишинин чоң чебери.

Өзүндүн кооз Мекениндин чыныгы гражданини болуу — бул анын жаратылыш байлыктарын сактоо, ар бир чөбүнө, көпөлөгүнө камкордук менен мамиле кылуу, жаратылышта болгондордун бардыгын сүйүү дегендикке жатат. Биз балдарды дал ушуга үйрөтөбүз. Мындан тышкары дагы өз эмгегиңди сиңирип, камкордугуңду жумшап жаратылышта иштөө зарыл. «Бир түп розаны өстүрүп, биринчи гүлүнүн кубанычын баштан өткөрүү, гүлдү адамга берип ошол минутанын толкундантkан бактысын сезип сынап көрүү — бул жаңы адамды тарбиялоо үчүн эгин талаасын айдап дан өстүрүп, чымыркангандыктан, тердин, чоролордун эмне экенин билип, эмгек менен ырахаттангандыктын так өзүндөй эле эң чоң маанеге ээ», (В. А. Сухомлинский).

Балдардын коштошуу сочинениелеринен төмөнкүдөй саптарды көп кездештиребиз:

«Азыр мен чемоданыма буюмдарды салыштырып жатамын, бирок көзүмдөн жашым төгүлүп ыйлап жатам. Жолдошторум, лагерь менен ажырашуу мен үчүн өтө кыйын болуп жатат. Мен бул жерден таптаза айыктым, мендеги кызылдардын баары жоголуп бир да жара калган жок» (Наташа П., 14 жашта).

«Мен лагерден кетким келбейт. Ажырашуу мен үчүн кыйынга турат. Мен бул жерде ким менен таанышсам, аларды мүмкүн эч качан унутпайм» (Жана П., 14 жашта).

«Биздин лагерь бүткүл 65 күн бою өз үйүбүз болду» (Нина Ф., 14 жашта).

«Бул жерде мен өз алдымча жашоого жана өзүмдүн кылык-жоруктарыма жооп берүүгө, жолдошторум менен аларга таарынбастан мамилелешүүгө үйрөндүм. Мен чоң кишилер менен мамилелешкенди да үйрөндүм. Мен жаратылышты сүйүүнү жана аны коргоону үйрөндүм» (Лариса Н., 14 жашта).

Ал эми Белая Церковьдон келген Наташа Н. өзүнүн сезимин ыр менен түшүндүргөн:

Алкыш, алкыш баарына:
Айкөлсүңөр тептегиз,
Камкорсунар дайыма,
Сүйүүнөр да чектегис.

Лагердеги бүткүл турмуш жана пионердик иштер өзүн өзү башкаруунун негизинде, балдардын демилгесин жана

өз алдынча ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн негизинде түзүлүп уюштурулат. Ал эми биз болсок, чоңдор, врачтар, тарбиячылар, педагогдор, вожатыйлар биздин тарбияланууучуларыбызда жандандырып өнүктүрүүгө аракеттенип жасаган бардык жакшылыктарыбыз басандабастан бекемделип, үйлөрүнө кайтышканда аларга чындыктын, акыйкаттыктын жана пионердик достуктун закондору боюнча ачык, кызыктуу, пайдалуу жашоого жардам берет деп ишенебиз. Поэтикалык «Россиянын көөрү» деген наамдагы пионердик республикада аларды кандай үйрөтсө, ошондой жашашат деп ишенебиз.

А. Боев.

«ПЕДАГОГИКА» БАСМАСЫ — МУГАЛИМДЕРГЕ СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР

Алексеев А. Н. Атеистическое воспитание в процессе преподавания истории. 1987.

Айзерман Л. С. Уроки нравственного прозрения. 1983.

Айзерман Л. С. Сочинение о сочинениях. 1986.

Амонашвили Ш. А. В школу — с шести лет. 1986.

Васильев И. А. Быть хозяином: Размышления публициста. 1984.

Волков А. К., Пирогов В. И. Идейно-политическое воспитание старшеклассников. 1985.

Вульфов Б. З., Поташник М. М. Педагогические ситуации. 1983.

Глотов В. В. Учитель для сына: Размышления журналиста. 1985.

Загвязинский В. И. Педагогическое творчество учителя. 1987.

Иванов И. П. Воспитывать коллективистов: Из опыта работы школ Ленинграда и Ленинградской обл. 1982.

Ильин Е. Н. Рождение урока. 1986.

Коллективная учебно-познавательная деятельность школьников / Под ред. И. Б. Первина. 1985.

Лёзер Ф. Рациональное чтение: Более быстрое и основательное: Пер. с нем. 1980.

Лиханов А. А. Драматическая педагогика: Очерки конфликтных ситуаций. 1986 (2-е изд.).

Народный учитель СССР: Сб. очерков / Сост. А. Э. Сухорукова. 1981.

Народный учитель СССР: Сб. очерков / Сост. В. Я. Ермолаев, Н. И. Целищева. 1985.

Ориентир дает партия: Школа на путях реформы. 1987.

Производительный труд школьников / Под ред. В. А. Полякова. 1987.

Скаткин М. Н. Проблемы современной дидактики. 1984 (2-е изд.).

Скульский Р. П. Учиться быть учителем. 1986.

Соловейчик С. Л. Вечная радость: Очерки жизни и школы. 1986.

Хамблин Д. Формирование учебных навыков: Пер. с англ. 1986.

Храпов В. Е. Твой лучший учитель, школа! 1987.

Шаталов В. Ф. Педагогическая проза: Из опыта работы школ г. Донецка. 1980.

Шаталов В. Ф. Точка опоры. 1987.

Щетинин М. П. Объять необъятное: Записки педагога. 1986.

Щуркова Н. Е. Когда урок воспитывает: Нравственный аспект. 1981.

Щуркова Н. Е. Вы стали классным руководителем. 1986.

Эрдниев П. М. Обучение математике в начальных классах: Опыт обучения методом укрупнения дидактических единиц. 1979.

«Алдынгы педагогикалык тажрыйба» сериясы

1979-ж.

Зверев С. М., Мейксон Г. Б. Учитель физкультуры: Опыт работы преподавателя Криулянской школы Молдавской ССР Е. Д. Новика.

Из опыта обучения истории союзной республики / Под ред. Н. П. Кузина, А. Г. Колоскова, Е. П. Лаврова.

Лиферов Л. А. Трудовое обучение и воспитание: Из опыта организации общественно полезного труда в школах Москвы и Московской области.

Подготовка школьников к жизни и труду: Из опыта учебно-воспитательной работы песчанокопской школы № 1 / Под ред. М. П. Кашина, Г. Ф. Суворовой.

Сила педагогического коллектива: Из опыта работы школы № 18 г. Павловского Посада / Под ред. О. С. Газмана.

Шаталов В. Ф. Куда и как исчезли тройки: Из опыта работы школ г. Донецка.

1980-ж.

Забота о здоровье детей: Из опыта работы школы продленного дня № 710 Москвы / Под ред. А. Г. Хрипковой, М. В. Антроповой.

Носов В. В. Будущие хозяева полей: Из опыта внешкольной работы.

От передового учителя к передовому коллективу: Опыт совершенствования учебно-воспитательного процесса в школах Москвы / Под ред. Ю. К. Бабанского, А. Н. Зевиной.

«Педагогикалык изденүү: тажрыйба, проблема, табылга» сериясы 1981-ж.

Гузик Н. П. Учить учиться: Из опыта работы учителя химии Ананьевской средней школы Одесской обл.

Лысенкова С. Н. Когда легко учиться: Из опыта работы учителя начальных классов школы № 587 Москвы.

1982-ж.

Волков И. П. Учим творчеству: Опытная работа учителя труда и рисования школы № 2 г. Реутова Московской обл.

Газман О. С., Матвеев В. Ф. Педагогика в пионерском лагере: Из опыта работы Всероссийского п/л «Орленок».

Ильин Е. Н. Искусство общения: Из опыта работы учителя литературы школы № 516 Ленинграда.

Пионерская дружина: Из опыта работы дружины им. В. И. Даниловича школы № 428 Москвы / Под ред. Г. М. Иващенко, Л. П. Ивановой, Б. Е. Ширвиндта.

1983-ж.

Апраушев А. В. Воспитание оптимизмом: Записки директора Загорского детского дома для слепоглухонемых детей.

Дзенушкайте С. А. Наш дом: Из опыта воспитательной работы Куршенайского детского дома Литовской ССР.

Чистякова С. Н. Профессиональная ориентация школьников: Из опыта работы школ Литовской ССР.

1984-ж.

Гордин Л. Ю. Школа инициативы и самостоятельности: Из опыта работы школ г. Таганрога.

Ермолаев В. Я. Школа Кобахидзе: Из опыта работы школы № 77 г. Тбилиси.

Каруле А. Я. Обучение шестилетних детей в школе: Из опыта работы подготовительных классов в школах Литовской ССР.

Носов В. В. Будущие хозяева полей: Из опыта внешкольной работы (2-е изд.).

Сазонов Е. Ю. Город мастеров: Из опыта работы театра юношеского творчества Ленинградского Дворца пионеров им А. А. Жданова.

1985-ж.

Дубровский А. А. «Жемчужина России»: Из опыта работы Всесоюзной пионерской здравницы в г. Анапе.

Лысенкова С. Н. Когда легко учиться (2-е изд.).

Резник А. Б. Гражданское становление школьников: Из опыта работы учителя обществоведения гайворонской средней школы № 1 Кировоградской области.

Стрельцова В. Б. Наш друг — природа: Из опыта экологического образования в школах Москвы.

1986-ж.

Гончарова Т. И. Уроки истории — уроки жизни: Из опыта работы учителя истории 536-й школы Ленинграда.

Ермолаев В. Я. Моя рабочая академия: Из опыта работы СПТУ № 1 Москвы.

Кубичев Е. А. ЭВМ в школе: Из опыта работы школы № 183 Москвы.

1987-ж.

Дзенушкайте С. А. Наш дом: Из опыта воспитательной работы Куршенайского детского дома Литовской ССР (2-е изд.).

Иванов А. Ф. Сельская школа: Из опыта работы Мятлевской средней школы Калужской области.

Колесников Л. В. Школа: время перемен: Из опыта работы школ Новосибирской области.

Моложавенко В. С. Наследники бригадного комиссара: Из опыта воспитательной работы Невельского детского дома Псковской области.

Яковлев Ю. А. Города на память: Из опыта работы СГПТУ-33 г. Казани.

МАЗМУНУ

Кириш сөз

Ш. А. Амонашвили. Мектепке алты жашынан 9
С. Н. Лысенкова. Окуу оной болсо 60
И. П. Волков. Чыгармачылыкка үйрөтүү 99
В. Ф. Шаталов. Бардыгын окутуу, ар бирөөн окутуу 140
Е. Н. Ильин. Баарлашуу чеберчилиги 210
Т. И. Гончарова. Тарых сабактары — турмуш сабактары . . . 288
А. Б. Резник. Окуучулардын граждандык жактан калыптанышы . 322
И. П. Иванов. Коллективдерди тарбиялоо 390
Е. Ю. Сазонов. Мастерлердин шаары 478
А. А. Дубровский. «Россияның көөрү» 552

Научно-популярное издание

ПЕДАГОГИЧЕСКИЙ ПОИСК

Составитель **Баженова Ирина Николаевна**

Переводчики *Бекбоев Исак, Андашев Акун, Ибраев Аскар*
Автор предисловия *М. Н. Скаткин*.

Издательство «Мектеп»

(На киргизском языке)

Илимий-популярдуу китеп

ПЕДАГОГИКАЛЫК ИЗДЕНҮҮ

Редакция башчысы *Д. Б. Андашев*
Редакторлору *Шейшеналиев Ж., Эсенгелдиев А., Жакыпбеков А., Байтокова К.*
Кенже редактору *Садабаева Г.*
Техн. редактору *Руф-Заде С.*
Корректору *Ороскожоева Д.*

ИБ № 4656

Терүүгө 13. 03. 89. берилди. Басууга 08. 08. 89. кол коюлду. № 1 типография кагазы. Кагаздын фоматы 84×108¹/₃₂. Адабий арнби. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 19,0 физ. басма табак, 31,92 шарттуу басма табак, 36,05 учёттук басма табак, 32,24 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 18000. Заказ № 51. Баасы 1 с. 30 т.

«Мектеп» басмасы.
720361. ГСП. Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

ЖАРЫЯ!

«Мектеп» басмасы 1990-жылы чыгарат

Бешенков А. К., Васильченко Е. В., Иванов А. И. Эмгекке үйрөтүү, 5 класс.

Казакбаев М. Орто мектепте эмгекти коргоо жана коопсуздуктун ыкмалары.

ЖАРЫЯ!

«Мектеп» басмасы 1990-жылы чыгарат

Акулова А. И. Из опыта воспитательной работы с детьми во внеурочное время

Төрөбеков З. Из опыта работы на уроках географии.